# МАНАС

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# МАНАС

*Баатырдык эпос*

***САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВДУН** варианты
боюнча академиялык басылышы*

8- жана 9-китеп

*Түзгөн жана даярдаган Самар **МУСАЕВ***

*Абдылдажан **АКМАТАЛИЕВДИН** жалпы редакциясы астында*

«Турар»
Бишкек 2014

УДК 821.51
ББК 82.3 Ки –6
М 23

*Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын Улуттук борборунун, Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун окумуштуулар Кеңештери тарабынан сунуш кылынган.*

**Кеңештин мүчөлөрү:**

***Акматалиев А. А.*** – башкы редактор
***Жайнакова А. Ж.***
***Кыдырбаева Р. З.***
***Мусаев С. М.***
***Мукасов М. М.***
***Мураталиев Т. Т.***
***Токтоналиев К. Т.***

М 23 **МАНАС: Кыргыз элинин баатырдык эпосу.** 8- жана 9-китеп: Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу б-ча академиялык бас. /Түзгөн жана даярдаган *С. Мусаев.* – Б.: Турар, 2014. – 800 б.

ISBN 978-9967-15-359-2

Кыргыз элинин улуу мурасы, улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосу мазмунунун кенендиги, баяндаган ой-түшүнүктөрүнүн терендиги, көркөмдүк деңгээлинин кол жеткис бийиктиги, теңдешсиз көлөмү менен жалпы адамзаттык руханий казынада ардактуу орундардын бирин ээлеген уникалдуу көрүнүш. Аны окумуштуулар дүйнөсү өзгөчө орунга коюп, жогору баалашат.

Улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын академиялык басылышы дүйнө элдеринин бул чыгармага кызыккан өкүлдөрү! «Манастын» терең мазмун, жогорку көркөмдүк касиеттерин, улуттук өзгөчөлүгүн таасын көрүп, терең түшүнүүгө көмөк болмокчу. Эпостун тексттери толук түрдө, ирээти менен биринчи жолу жарыяланып жатат.

Бул VIII китеп VII китептин түздөн-түз уландысы. VIII китепте эпостогу негизги окуялардын бири болгон «Көкөтөйдүн ашы» жана «Чоң чабуул» («Чоң казат») жайгаштырылган.

**УДК 821.51**
**М 4702300500–14** **ББК 82.3 Ки – 6**

© Манастаануу жана көркөм маданияттын Улуттук борбору, 2014
© Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту, 2014

ISBN 978-9967-15-359-2

# МАНАС

Кыргыз
элинин
баатырдык
эпосу

VIII
китеп

## МАНАСТААНУУЧУГА ТААЗИМ!

Самар Мусаевич быйыл 90 жашка чыкмак. Улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы өзү текстин даярдаган «Манас» эпосунун академиялык басылмаларынын кийинки томдорунун жарыкка чыкканын көрбөй кетти. Самар Мусаевичтин башкы максаты – эпостун түп нускасын коомчулукка жеткирүү болчу, ошол үчүн өзүнүн бүткүл өмүрүн «Манас» эпосуна арнап келди. Каражаттын тартыштыгынан улам чыкпай жаткан кол жазмаларды көрүп, каңырыгы түтөп калар эле. Бирок Самар Мусаевич эртеби-кечпи бир күнү өзүнүн колунан жаралган академиялык басылыштардын жарык көрөрүнө ишенген. Бул Манастаануу илиминдеги зор маанилүү иш, Сагымбай Орозбаковдун «Манас» эпосунун вариантындагы академиялык басылыш узак жыл бою уланып келип, тагыраак айтканда, 1992-жылы башталып, 2014-жылы жыйынтыкталып, Самар Мусевичтин туулган күнүнүн 90 жылдыгына туш келип отурат. Самар Мусаевич кыргыз маданиятына өлбөс-өчпөс эстелик-эмгек таштап кетти. Мындай эстеликти жандүйнөсү менен «Манас» эпосуна 60 жылдай берилген улуу адам – Самар агай жасай алат болчу.

Ошондуктан, урматтуу окурман, окумуштуу өз колу менен түзүп кеткен маданий-руханий эстеликти – жыйынтыктоочу томду Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын эки жолку лауреаты, «Манас» эпосунун варианттарын жыйноочу жана изилдөөчү Самар Мусаевичтин өзүнө – 90 жылдыгына арнап коюуну туура көрдүк.

Жаткан жериңиз жайлуу болсун! Сизди кыргыз эли, маданий коомчулук унутпайт. «Манас» турганда, адамзат турганда Сиздин ысым да жаркырап жанып турат.

**Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ,**
«Манас» эпосунун академиялык басылыштарынын
демилгечиси жана жетекчиси
02.07.2014.

## КИРИШҮҮ ОРДУНА

*Ирээти менен келе жаткан бул 8-китепке 7-китепте жарык көргөн окуялардан кийинки удаа келүүчү эпизоддор айтылыш нугуна жараша айтуучудан кандай түрдө жазылса ошол үлгүсүндө берилди.*

*Бул китептен орун алган «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң чабуул» жеке эле Сагымбайдын варианты боюнча гана эмес, жалпы эле «Манас» эпосунун илимге белгилүү тексттеринин жалпы сомосу, нугу – негизги мазмуну боюнча да чыгарманын акыркы – жыйынтыктоочу да жана бүт эпостогу элге кеңири тарап, көп аткарылган, жамы журтка сырдана тааныш, улуу мурастын темалык, идеялык, көркөмдүк маңыздарындагы өзгөчө мааниге ээ бөлүмдөрдөн.*

*«Манас» эпосунун салттык курулушунда бардык варианттарда чыгарманын 1-бөлүмү болгон «Манастын» өзүндөгү ушул бөлүмдү жыйынтыктоочу окуялар – «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат», «Кичи казат». Адатта, ар бир бөлүм өз-өзүнчө аталганы менен курулушу жактан жалпы бир композициялык бүтүндүктү түзүп турган, бир чоң окуя катары айтылат жана кабыл алынат.*

*Сагымбай манасчы эпостун мурдагы окуяларынын чоң-чоң бөлүмдөрүн «казат» деген термин аркылуу атаса да башка айтуучулар көндүм адат боюнча «Чоң казат», «Кичи казат» дешкен бөлүмдөрдү «Чоң чабуул», «Кичи чабуул» деп берет. Мындай салттан четтөөнүн сыры азырынча белгисиз, балким, башкалардан айырмаланып өзүнчө болгусу келүү, же тигиге окшош айтасың деген сын пикирлерге жооп катары көрүлгөн аракет болуусу да ыктымал (бул багытта кеңири айтылуучу ойлор бар).*

*Белгилүү айтуучулардын айрымдары «Көкөтөйдүн ашын эпостун «Манас» бөлүмүндө эмес, «Семетейдин» окуяларынын арасында айтылат (мисалы, С. Каралаев). Мурда эпосту эл арасында өз алдынча айтып жүргөндө Сагымбай деле «Көкөтөйдүн ашын» «Семетейде» айтчу эле – деп, эскергендер да бар. Бирок Сагымбай чыгарманын тексттерин кагаз бетине түшүрткөн учурда «Чоң чабуулдан» мурда, бул орчундуу окуяга байланыштырып жаздырыптыр.*

*Чынында чыгарманын жалпы окуяларынын өнүгүш жолун ирээти менен фабулалык ыкта көз алдыга келтиргенде «Көкөтөйдүн ашынын» логикалык туура орду ушул Сагымбай айтып жаздырган түрдө экени чын. Балким, муну мурдатан эле сезип жүргөн манасчы өзү аткарган тексттерди кагаз бетине түшүрүү учурунда окуялардын курулуш ыгына өзгөртүү киргизип, алардын ирээти менен өнүгүш жолун логикалык туура үлгүгө келтирип берсе керек.*

*Ошентип, колдо турган бул сегизинчи китепте «Көкөтөйдүн ашы» менен «Чоң чабуул» окуялары жайгаштырылды.*

*Опсуз чоң бай Көкөтөй өлгөндө анын керээзи боюнча уулу Бокмурун Манаска барып кеңешсе баатыр ага атаңды зор урмат менен коюп, атайын даярданып туруп, эң көп эл чакырып, мурда эч ким укпаган салтанаттуу аш бер деген насаатын айтат. Манастын негизги максаты өзүнө көп жардам кылган сыйлуу адамына кызмат көрсөтүп, урматтоо жана ошонун шылтоосу менен кыргыз элинин байлыгын, ынтымактуу, күчтүү эл экендигин чогулган кас-дос элдердин өкүлдөрүнө көргөзүп, атагын чыгарып, таанытуу болот. Мыкты даярдык менен өткөрүлгөн ашка ат жеткен жердеги элдер бүт чакырылып, салтанатты Кошой бийлеп, Манас башкарат.*

*Манастын ашты жеке башкарганына ичтери тарып, көрө албаган уруу – эл башы кандар ага тийиштик кылып, чыр чыгармак аракеттеринин натыйжасында көп кол чогулуп, өчмөндүү жоо Коңурбай менен беттешүү үчүн Бээжинге аттанышат. Чыгармадагы мерчемдүү окуянын бири – «Чоң казат» ошентип башталат.*

*Сагымбай манасчы бул окуяны өз вариантында «Чоң чабуул» деген тема менен айтып жаздырган.*

*Отуз жүз миң кол менен аттанган баатырлар узак жана татаал жол басып кытай жергесинин чегине жетип, чалгынга барган төрт баатыр жылкы тийип, кууй келген кытайдын калың колу менен чечүүчү кармашта кыргыздар үстөм болушат. Кайра качкан кытай колу шаарынын чебине кирип корголошот. Манастан найза жеп, катуу жарадар болгон Коңурбай абалын билдирип түпкү кан Эсенканга кат жазып, анын акылы менен кытай тарап кыргыздарга көп тартуу тартып, эки эл жарашып, баргандар арбын олжо алып, жер-жерине кайтышат.*

*Бул 8-китепке жайгашкан тексттерди басмага даярдоодо түп нусканын эки дептер-томдору негиз катары пайдаланылды: инвентардык номуру 209-дептер жана 210-дептер-том.*

*209-дептерде «Көкөтөйдүн ашы» баштак аяк бүт, ал эми 210-дептерде «Чоң чабуул» жазылган.*

*Тексттер жазылган дептерлердин буга чейинки дептерлерден айырмасы жок – сызыксыз ак кагазды белинен бүктөп кол менен тигип-көктөп жалпы дептер түрүнө келтирип, аларды тексттер жазылып бүткөндөн*

*кийин кошоктоп тизип бириктирип, сыртынан картон кагаздан кесип даярдалган мукабага желим менен чаптап, жалпы дептер-том түрүнө келтирилген. Томдордун көлөмү андагы жазылган тексттердин санына жараша бир кылка эмес, бири жука, экинчиси калың – «Көкөтөйдүн ашы» жазылган дептер 379 беттен, «Чоң чабуул» жазылган дептер 545 беттен турат.*

*Көңүлгө алынуучу эки дептердеги орчундуу белгинин бири – катчы тексттерди бул нускаларда 1924-жылы кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрү эске алынып реформаланган араб тамгалары менен жазгандыктан сөздөрдүн бурмаланган түрдө чийилиши сейрек, сөздөр негизинен өз айтылыш үлгүсүндө жазылган (айрым көңүл бурууга негизи бар көрүнүштөр өз-өз учурларында тексттер арасындагы комментарияларда эскертилди).*

*Буга чейинки кол жазмаларда да айрым кийлигишүүлөр, мурда жазылган тексттерге оңдоолор киргизүү учурлары кездешүү эле (алар жөнүндө өз учурларында эскертилген). Ушул басмага даярдалган тексттер түшүрүлгөн эки дептер-томдордо кийин иштелгени даана көрүнүп турган кийлигишүүлөр – айрым ыр саптарын, сөздөрдү сызып салуу, өчүрүү, башка сөздөр кошуу, бир сөздү башка сөз менен алмаштыруу сыяктуу учурлар өтө көп экен (алардын ар бири ички комментарияларда эскертилди). Мындай абал, биздин оюбузча, эпостун окуяларын отузунчу жылдардын аяк чендеринде орус тилине көркөм которуп басмадан чыгаруу аракетинин учурунда редакторлордун «Манасты» тазалап, тарыхый шарттын ыңгайына жараша оңдоп берүү далалаттарынын натыйжасы өңдөнөт. Буга өчүрүлгөн, оңдолгон, башка сөз, сөздөр менен алмаштырылган жерлердин басымдуу көпчүлүгү ислам динине, түрк элдеринин бирдигине байланышкан тексттерде жолукканы күбө өтүп турат (тексттердин оңдолгон жерлери бүт ордуна келтирилди жана андай учурлардын ар бири ички комментарияларда белгиленип эскертилди).*

*«Көкөтөйдүн ашы» жазылган дептер-томдун мукабасынын оң жактан алгандагы араб тамгалары менен жазылган дептер-китептердин башталыш тарабындагы сырткы бетинде жабыштырылган агыш көк түстөгү төрт чарчы баракчада азыр кыргыздар пайдаланып жүргөн тамгалар менен «С. Орозбаков. «Манас». «Көкөтөйдүн ашы» делген жазуулар бар. Жазуунун аяк жагына Тил, адабият жана тарых институтунун сүйрүрөөк тегерек кол жазмаларга коюлуучу атайын эн-тамгасы – печаты басылып, анын ортосуна инв. № 209, 372 стр. 1979 деген жазуулар бар. Мукабанын ичиндеги жабыштырылган ак кагаздын 1-бетинин баш жагына кызыл карандаш менен кашаага алынып «аргинал» делип жазылган (орфографиясы турушу боюнча берилди). Дептердин негизги барактарынын 1-бетинде (баракка катар номер коюлган эмес) баш жагында «Көкөтөйдүн ашы», андан ылдыйраакта «Сегизинчи бөлүгү», андан төмөнүрөөк «Сагымбай Орозбак уулу», астына «Ыбырайым Абдыраман уулу», барактын төмөнүрөөк жа-*

*гында «Атбашы, Акталаада» делген катчы Ы. Абдыракмановдун колу менен жазылган жазуулар бар. Ошол адрестер жазылган жердин сол жагындагы ачыкка институттун төрт чарчы жана сүйрүрөөк тегерек атайын печаттары басылып, алардын ичинде «инв. № 209, 372 стр., 1979 г.» жана «Рукопись № 9, 15(Х 1939 г.» деген белгилер коюлган. Ошол эле барактын кийинки бетинин башына «Жыйнагы» делген тема коюлуп, төмөн жагына жана кийинки барактын 1-бетине дептердеги тексттердин 18 темадагы аталыштары катар номер коюлуп тизмеленип, ар бир теманын орун алган беттери көрсөтүлгөн.*

*1-делип катар номер коюлган дептердеги экинчи барактын 2-бетинен тартып тексттер жазылган. Ыр саптары ар бир бетке реформаланган араб тамгалары менен жогортон төмөн карай (мурдагы томдордо экинчи сап биринчи сапка улай түз жазуу ыкмасы менен иштелген эле) ирээти менен түшүрүлүп, эки колонка түрүндө ишке ашырылган (беттер арасында катар номер коюлбай кошулган беттер, барактар, баракча түрүндөгү кесилип бир, кээде эки бетине тексттер жазылган кагаздар бар. Алардын ар бири ички комментарияларда эскерилди).*

*«Чоң чабуул» жазылган калың дептер-том көрүнүшү, форматы, жасалуу ыгы, кагазынын түрү, тексттерди түшүрүүсү жактан «Көкөтөйдүн ашы» аттуу дептерден айырмасы жок, болгон айырмасы бул томдун 323-бетине чейинки кагаздар сапаты дурус, калың ак кагаздардан куралып жасалган. Ошон үчүн ал жердеги жазуулар да салыштырмалуу жакшы сакталган, кагаздарынын убакытка чыдамдуулугу да дурус.*

*Бул том-дептердин мукабасынын башталыш оң жаккы сыртына адаттагыдай эле төрт чарчы агыш көк кичине кагаз жабыштырылып, анын бетине бүгүн пайдаланган тамгалар менен «О. Сагымбай», алды жагына «Чоң казат» делип жазылып, андан төмөн кол жазмаларга басылуучу мөөр – печаттын изи бар, мөөрдүн ортосундагы ачыкка «210» делген кол жазма дептердин катар номери жазылган.*

*Бардык башка том-дептерлер сыяктуу эле мукабадан кийинки негизги дептерлерден мурда жабыштырылган жука ак кагаздан (адатта, бул барак актай болчу эле) 1-бетинин баш жагына кызыл карандаш менен кашаага алынып «оргинал» (орфографиясы, тамгалары туруш үлгүсүндө) делген жазуу бар. Андан төмөн кара сыя менен «мазмуну» деген тема коюлуп, катар номер аркылуу кол жазмада орун алган окуялардын тизмеси, кайсыл беттен башталып, качан бүтөрү көрсөтүлүп жазылган (8 тема барактын биринчи бетинде, дагы жетөө экинчи бетинде). Кол жазманын негизги беттеринин катар номер коюлбаган биринчи барагынын 1-бетинде жогору жагында «9-бөлөгү», анан «Чоң казат», андан төмөн ирээти менен «Манас баатырдын Чоң-Бээжинге барганы», айткан – Сагымбай Орозбак уулу, жазган Ыбырайым Абдыракман уулу (катчы эмне үчүндүр өз атасынын атын эки башка, кээде «Абдыраман», кээде «Абдыракман» түрдө жазат. «Көкөтөйдүн*

*ашы» жазылган дептерде «Абдыраман» эле), «Нарын, Кочкордо, Атбашыда жазылды, 25-жыл, апирил, өктөбүр айларында» делген маалыматтар берилген. Ушул беттин төмөн жагында эки жерде кол жазмаларга басылуучу мөөрдүн изи түшүрүлүп, ортосунда биринде «Кол жазманын № 10, 15-январь, 1939 г.», экинчисинде «Инв. № 11, 24-декабрь, 46 г.» делген белгилер бар. Бул титулдук барактын 2-бети актай. Биринчи делген катар номер коюлган кийинки барактын башынан тартып тексттер жазылган. Бирок ошол 1-делип белгиленген барак кол жазманын өз барагы эмес, кыясы, 1-барак эскирип, жараксыз болуп калгандыктан же кандайдыр башка себеп менен башка барак чапталып бириктирилип, тексттер Ы. Абдыракмановдун колу менен эмес, башка адам тарабынан барактын эки бетине бир колонка аркылуу жазылган (ушул жана кол жазмадагы башка белги – өзгөчөлүктөр өз-өз ордунда ички комментарияларда белгиленди).*

*Дептер-томдун мукабасынын сол жаккы сырткы бетинде чапталган төрт чарчы ак кагазга азыркы пайдалануудагы тамгалар менен «Сагымбай Орозбаков. «Манас». («Чоң чабуул») делген жазуулар бар. Алардын төмөн жагына мөөр басылып, ортосунда кызыл сыя менен «210, 542 стр., 1979 г.» делген кабарлар берилген. Ошол эле жердеги көк сыя менен жазылган «Инв. 1976» делген жазуу кызыл сыя менен сызылып салынган.*

*Сагымбай манасчынын вариантынын жарыяланып жаткан томдорунун бул 8-китебине бир эле окуяны – «Көкөтөйдүн ашын» жайгаштырууну туура таппадык. Анткени андай болгондо томдун көлөмү өтө эле кичине болуп, мурда жарык көргөн китептерден кескин айырмаланып калмак. Ушул жагдайды эске ала бул томго бири-бирине тыкыс байланыштуу эки окуяны баштан аяк толук берүү оң деп чечтик эле. Бирок тексттерди басмага даярдаганда аталган эки окуянын жалпы көлөмү 50 басма табактан ашып кетти.*

*Мурдатадан басма кызматкерлери менен кеңешип, алардын өтүнүчтөрүн эске ала чечилген салт боюнча жарык көрүп жаткан томдордун ар биринин көлөмү 50 басма табактан ашпаш керек эле. Андай чечим китепти даярдоодогу техникалык талаптардан да жана андай томду турмушта пайдалануу ыктарынын зарылчылыктарынан келип чыккан. Ушул жагдай эске алынып жана чыгармадагы бүтүн бир эпизодду экиге бөлүп – «Чоң чабуулдун» окуяларынын жарымын бир китепке, калганын кийинки томдо бербөө үчүн 8-китепте эпостун эки окуясын үзбөй толук жайгаштырып, ал эми талап кылынган илимий аппараттарды ушул окуялардын түздөн-түз уландысы болгон «Кичи чабуулдун» окуяларынын аягында чогуу берүү туура болор деп, эсептедик.*

*Бул китепте орун алган тексттерди басмага даярдоо жумуштарын бүт С. Мусаев жүзөгө ашырды.*

**Самар МУСАЕВ**

# КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

## *Биринчи*[1]

### КӨКӨТӨЙ ООРУП, ӨЛӨРҮНДӨ АЙТКАН КЕРЭЭЗИ[2]

Сыямун, Алтай жеринде,
Кырк уруу кыргыз элинде
Бабур кан, Буура кан,
Төбөй[3] кан, Көгөй кан,
Көгөйдөн болгон үч бала,
Улуусунун аты Ногойдур,
Ортончусу Шыгайдыр,
Кенжесинин аты Чыйыр экен.
Угуз кандан бөлүнгөн
Кара кыргыз кыйыры экен.
Алтайдын жеринде,
Кыргыздын элинде
Башкы атасы Кара кан,
Кара кандан тараган,
Андан ары Карач кан,
Өкүмүнө караган
Өңкөй кыргыз канча жан.
Ногойдун уулу Жакыптыр,
Ушу жалган дүйнөдө
Олор да өлүп жатыптыр.
Жакыптын уулу Манастыр,
Так ушунун тушунда
Жам болгон кыргыз алачтыр[4].
Шыгайдын уулу Жапактыр,
Ал Жапактын баласын
Чынкожо – деп, атаптыр.
Манастын жалгыз баласы,
Аламын – деп, катынын
Чынкожо чындап талашты.
Урушкан жери алардын
Шаар Үргөнүч калаасы.
Эр Манастын тушунда

[1] *биринчи.* Сөздүн мааниси так эмес – эмненин биринчиси экени белгисиз. Кыясы, эпостогу мындан кийинки окуя-бөлүмдөрдүн биринчиси дегенди туюнтат өңдөнөт.

[2] Сүйлөм тема эмес, кара сөз түрүндөгү киришүү болушу да мүмкүн.

[3] *Төбөй* деген сөз мурда жазылып, бирок өчүрүлүп салынган сөздүн үстү жагына жазылган. Мурда жазылган сөздү окууга мүмкүн эмес. Төбөй деген сөз Ыбырай Абдыракмановдун, б.а., башка тексттерди жазган адамдын кол тамгасы менен түшүрүлгөн.

[4] *жам болгон кыргыз алачтыр.* Ыр сабы өчүрүлгөн. Башкы үч сөз окулат, аяккы сөз «алачтыр» дегенден «ала» дегенди окууга болот, сөздүн аягын контекст боюнча гана болжолдоого мүмкүн.

Эчен түрдүү калбаны
Душманга салган ушунда.
Калмакты канап,
Каңгайды талап[1].
Шашкелиги Ымалай,
Куйшөгөн журтту бир далай.
Кыям жагы Ындыстан
Өткөн душман кыйласы
Өкүмөт[2] көргөн кыргыздан.
Оң кол жагы[3] Каракум,
Жаткан жайы мына бул.
Аягы Багдат, Кейиптир,
Балык менен Бадакшан
Башында кыргыз жеридир.
Олуята, Чоң[4] Ташкен,
Оргун Кокон, Маргалаң,
Оргон шаар, Жазыйра,
Ала-Тоодо Ысык-Көл,
Илебинин чети чөл,
Башы Алтай, Амуру,
Энесай[5] дайра, Кош-Мүрү,
Эртиш, Уркун эки суу –
Кыргыздын жатар жери бу.
Ары жагы Кумул чөл,
Итичпестин Ала-Көл,
Бар-Көл, Тур-Көл, Кер-Көлү,
Батпай жаткан шондо да
Баштагы кыргыз көп эли.
Алтайдан Манас чыкканда,
Асыльшкан душмандын
Ар жерден туусун жыкканда
Тил алган кирип динине,
Тил албаган капырды
Башын кесип, акыры
Башын тыгып таштаган
Кардындагы жинине.
Калмакты алып – Текеси,
Ойрон кылып Оргону,
Чуудан алып Тулусту
Анжиянда Алооке[6]
Заарына чыдабай,
Салалбай качты урушту.
Кара кыргыз бу дагы,
Как Ташкенде турганы
Жанадил[7] уулу Көкөтөй,
Өкүмөтү мунун[8] кытайда,

---

[1] *Калмакты канап,*
*каңгамды талап.* Ушул эки сап ыр баракт ын жогор жагына, башка ыр саптарынан бөлөк жазылган. Кол тамга башка тексттерден айырмаланбайт.

[2] *өкүмөт.* Сөз башка сыя менен «Өкүмүнү» делип оңдолгон. Контекст боюнча маани өзгөрбөйт.

[3] *оң кол жагы.* Сөз сызылып салынып, саптын үстү жагына башка сыя менен «орто жери» – делип жазылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү.Оңдолуу качан иштелгени жана максат эмнеде экендиги белгисиз.

[4] *чоң.* Сөз мурда жазылбай калса керек, ыр сабынын жагору жагына башка сыя менен жазылып кошулган. Бул жерде андай сөздүн болуусу зарыл, ансыз ыр сабындагы муун ченеми жетпей, ыргак бузулуп калат. Ташкенди бул түрдө керек учурда чоң «Ташкен» түрүндө айтуу башка жерлерде да учурай бере турган адаттагы көрүнүш. Сөздү катчы өз колу менен жазып кошкон.

[5] *янасай.* Кыясы, катчыдан ката кеткен, же манасчы айткан сөздү ушул түрдө жазган. Эпосто «Янасай» делген топоним мурда-кийин эч жерде учурабайт. Ошон үчүн «Энесай» – чоң сай, чоң суу, башкы сай маанилерин туюнткан, эпосто Сагымбайдын вариантында да, башка варианттарда да кеңири айтылуучу топоним болсо керек дешке негиз бар.

[6] *алакүү.* Сөз сызылып, ага улай «Алооке» делип, башка сыя менен оңдолгон. Кол тамга катчынын өзүнүкү. Бул адам атын катчы мурда да «Алакүү», «Алооке» катары аралаш жаза берчү эле. Бул жерде кыясы катчы өзү тактоо киргизген өңдөнөт.

[7] *жанедл.*

[8] *өкүмүтү.* Сөздүн аяк жагы башка сыя менен «Өкүмү мунун» делип оңдолгон. Кол тамга катчынын өзүнүкү. Контекст боюнча эки учурда тең бир эле маани. Кыясы, катчы тактоо киргизмекчи болгон өңдөнөт. Эске алынуучу нерсе бул өзгөртүү, тактоолордун баарын катчы тексттер жазылып жатканда эмес, көп убакыт кийин жүргүзгөн. Буга, жазылган сыянын негизги тексттер жазылган кара сыядан башка – көк сыя болуусу эле эмес, биз өзүбүз күбө болгон Молдоке (Ыбырай Абдыракманов) антпеңиз десе да болбой өзү жазган тексттерди алып окуп, оңдой берүү адаты да күбө.

Өздөрү турган бир жайда.
Панус экен улугу,
Он эки капка Ташкендин
Ортосу экен туругу.
Бери чети беш жылда
Бээжинге өтөт сурагы,
Эсенкан өкүмөтүнө[1]
Карайт экен бу дагы,
Алты жылда, беш жылда
Араң бир келет сурагы.
Ошентип турган чагында
Панус кан минип тагына
Алтайдан Манас чыгып,
Алышкан жоосун жыгып,
Түмөн кыргыз[2] элим – деп,
Түркүстөн менин жерим – деп,
Чүйдөн ылдый салыптыр.
Эки жүз миң адамын
Эр Көкөтөй алыптыр,
Өз тууганым келет – деп,
Калаага карап олтурбайт,
Баары көчмөн элет – деп,
Манасты тосуп чыгыптыр,
Баркын мурун угуптур.
Баашасы Панус кан болгон,
Карабастан Көкөтөй,
Манасты тосуп кеткенге
Капаланып таң болгон.
Өзүн өзү билип,
Кол баштап, жолго кирип,
Өзү бек болду – деп,
Өзүнө кылып койду – деп,
Акыры аман койбос,
Өкүмөт муну сойду – деп,
Бадышасы Панус айтып салыптыр.
Жалпы кыргыз тукуму[3]
Заңытынын бир аты[4]
Өзүбек атка калыптыр.
Манасты баштап,
Өз канын таштап,
Ташкенди алды.
Панус кытай койгон каны,
Ал да мусулман болуп калды.
Баш койбогондун башын кесип салды,
Тууган – деп, тосуп келгенине
Манас ыраазы болуп калды.
Арбын келген алачы,
Ыраазы болуп Манасы,
Көкөтөй экен карысы,
Көп ыраазы болушуп
Көңкү кыргыз баарысы.
Ыраазы болгондуктан,
Көңүлү толгондуктан
Көкөтөй агасына,
Көп жашаган бабасына
Мал берсем – деп, ойлосо,
Байкап Манас болжосо,
Байлыгына бенде жеткис,

---

[1] *өкүмөтүнө.* Эмне үчүндүр сөздүн аяк жагы башка сыя менен «өкүмөтү да» делип оңдолгон. Чынында, контекст боюнча мурдагы үлгү эле туура.

[2] *кыргыз.* Мурда жазылган сөз башка болсо керек. Ал өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «кыргыз» делип жазылган. Мурда эмне сөз жазылганы окулбайт, болжол менен «алач», же «түрк» болушу мүмкүн.

[3] *жалпы кыргыз тукуму.* Ыр сабынын ордунда мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ушул сөздөр жазылган. Мурдагы жазылгандардан «тукуму» деген сөз өчпөй калган. Ага карабастан башка сыя менен жазылган сөздөрдө «тукуму» дегенди кайра да жазган. Натыйжада, бул жердеги ыр сабы «Жалпы кыргыз тукуму тукуму» түрүндө. Кыясы, мурдагы жазылган сөздөр «Жалпы алачтын тукуму», же «Жалпы түрктүн тукуму» түрүндө болсо керек.

[4] *заңытынын бир аты.* Ыр сабында мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Мурдагы сөздөрдү окууга мүмкүн эмес. Бул ыр сабы да сызылып салынып, сапка улай «Ураанынын бир аты» деген сөздөр жазылган. Контекст боюнча бул жерде ушул сап келүү туура болор эле.

Байкаса дөөлөтү кеткис,
Малы бар, булу бар,
Сатып алып коё берген
Жети жүз отуз беш кулу бар.
Жери да арбын,
Эли да арбын.
Тосуп келген кызматына[1]
Ыраазы болуп,
Көк жал Манастын көңүлү толуп,
Кылымдан тандап кыз алып берейин десе
Сексен төрт жашта,
Катынга каруусу келбейт,
Кантерин Манас баатыр билбейт,
Ошондо туруп оюна бир иш түшөт:
Бул дүйнөдө мал керек,
Акыретте ыйман керек,
Көкөтөй карыган экен,
Көп жашка барган экен.
Акыры ажалы менден мурун жетсе,
Өлбөй тирүү турганымда
Көкөтөй өлүп кетсе
Кыргыз[2] тукумун бүлдүрүп,
Ушу кылган кызматы үчүн
Дүнүйө жүзүнө билдирип,
Кудайы кылып, мол кылып,
Элден ашык жол кылып,
Канча дүйнө карыштап,
Канчалык өнөр баштап,
Калгандардын баарына
Үлгү кылып таштап,
Көкөтөйдүн ашы дедирип,
Көңкү кыргыздын[3] малын
Көрүнгөнгө жедирип,
Мусулманды, капырды
Бир чогултуп акыры,
Кызыгын адам айтып алгандай,
Кыяматка калгандай
Өнөрдү кылсам – деп,
Өз көңүлүм ошентип тынсам – деп,
Ойлогон Манас башында,
Кезеги келди жомоктун
Көкөтөйдүн ашына.
Казак, кыргыз аш берген,
Аш бербей калганды
Адам эмес деген.
Атасына аш бермек үчүн
Чыгарып малдан күчүн
Бар малын берип салган да бар,
Намыс үчүн
Олтуруп журтта калган да бар.
Не себептен
Тууганым – деп, ызат кылып,
Көкөтөй тосуп чыккан,
Ан үчүн Манас чыгарды
Ашка күчүн.
Казак, кыргыз калкы бүтүн,
Аш берүүгө наркы бүтүн,
Өзүбектин[4] өзү бар,
Өлгөндү урматтагын – деп,
Шарияттын сөзү бар.
Тукуму Ташкенде,
Туюнтпады башка элге,
Манас – Манас болгондо,
Дөөлөтү көлдөй толгондо,
Жакыптан тууп,
Кайнаган кытайды
Каканга кууп,
Белди бекем бууп,
Турган чагында,

[1] *кызматына.* Сөздүн мурда жазылган үлгүсү өчүп калгандыктан башка сыя менен ар бир тамга жаңыртылып үстүнөн бастырылып кайра жазылган.
[2] *кыргыз.* Бул сөздүн ордунда мурда башка сөз (балким, «түрк») болсо керек. Ал өчүрүлүп, ордуна «кыргыз» деген сөз жазылган.
[3] *кыргыздын.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна ушул сөз жазылган. Мурдагы сөз окулбайт, кыясы «түрк» же «алач» болушу мүмкүн.
[4] *өзүбөктүн.*

Дүкөндү курган табында,
Көкөтөй ооруп,
Ажал тооруп,
Кабыргадан кагынып,
Каса* ажалы табылып,
Акылынан жаңылып,
Как төбөдөн сезгенип*,
Шайманы кетип,
Ажалы жетип,
Өлөөрүндө,
Өтүрүк дүйнөдөн*
Чын дүйнөгө* жөнөөрүндө
Бай дегени тууганы бар,
Башынан биргелешип турганы бар,
Баймырза деген баласы,
Айтканын ордуна келтирген
Акылынын даанасы бар,
Баймырза байдын баласы,
Баарынын Ташкен калаасы,
Чакыртып кашына алды,
Жаткан Көкөтөй
Жаздыгын башына алды,
Керээз кылып кебин салды:
«Ажалым жеткен окшоду,
Аманат жанды* копшоду.
Балам жаш калды,
Малым бош калды.
Амбар* толгон алтын калды,
Айымкүлдөй катын калды,
Атпай кыргыз калкым калды,
Ат коюудан кызганып,
Алда кандай болот – деп,
Аманат жаным кысталып,
Мурдунан чыгып чимкирик,
Бала койбой чимкирип,
Эркелетип эл жүрүп,
Элге кошо мен жүрүп,
Бокмурун болуп атагы,
Атын жакшы койбогон
Атасынын чагагы.
Өлгөнүмдү элге билдирбей,
Өз малымды бүлдүрбөй,
Келген келин тоюндай,
Мени көмсүн
Жаш балдар кылган оюндай.
Кемпирдин ашы кылсын,
Кедейдин башы кылсын.
Өлгөнүм, тирилигим билинбесин,
Өз журтум бүлүнбөсүн.
Эки, үчтөп кара союңар,
Элүү, кырк чапан кийит кылып,
Эптеп мени коюңар.
Өзөнгө бүтөр байтерек,
Өлгөнгө да мал керек,
Өтүрүк[1] чачып не керек.
Тиккенден өнөр байтерек,
Тирүүге да мал керек,
Ат семирсе жал керек,
Атасы өлгөн балага
Ар иш кылса мал керек.
Тогуз миң токсон жылкым бар,
Токсон миң беш жүз коюм бар,
Ошончо малды окустан
Жалгыз балам Бокмурун
Чачабы деген оюм бар.
Эки миң үч жүз төө бар,
Он бир жерге кыз бердим,
Ойроттон он бир күйөө бар,
Алты миң сексен сыйыр бар,
Адам уулу мал бакмак
Атабыз салган чыйыр бар.
Эшектен бар эки миң,
Ажал* жеткен окшоду,
Аманат жандан шекидим.
Топозум тогуз миң болгон,
Чоңдугум журтка дүң болгон.

[1] *өтүрүк.* Сөздү сызып салып, үстү жагына башка сыя менен «өткөрө» деген сөз жазылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү, бирок анын бул жердеги тактоосу туура эмес, анткени Сагымбайдын стилдик өзгөчөлүгүнө кийлигишкен.

Амбарга жыйган алтын бар,
Алты ата кыргыз калкым бар,
Көкөтөй деген көп бай – деп,
Ааламга кеткен даңкым бар.
Эки там толгон күмүш бар,
Алтымыш сарай карк толгон
«Актатып койгон күрүч бар.
Көөхар* таштан миңи бар,
Зумуруттан токсон бар,
Көрүп баарын билип ал.
Лагыл*, жакут*, мариат*
Эки тамда бу да бар,
Кулак уккан, көз көргөн
Сонундардан жуда* бар.
Буулум* да бар, бута* бар,
Дейилдеден* сексен миң,
Кызылдан кымкап* жуда бар,
Зерисабар* бу да бар.
Жалгыз балам Бокмурун,
Башынан билем шоктугун,
Баламда акыл жоктугун.
Жашы быйыл он беште,
Жалгыз жанды албай кеңешке,
Ооганда Акун, Түлкү – дейт,
Анын да арбын мүлкү – дейт,
Түлкүнүн кызы Канышай
Самаганы, санаасы
Оюн менен күлкү – дейт,
Ошого балам кетиптир,
Ошондон кайтып келгиче
Оңбогон ажал жетиптир.
Көрбөй кеттим баламды,
Балам кетип алыска
Көңүлгө салды аланды*,
Өкүмү күчтүү бир кудай*
Өлбөс кылып койсочу
Өрттөнүп кеткен адамды!
Сайылган бойдон тал калды,
Жайылган бойдон мал калды,
Жыйылган бойдон пул калды
Алганым жесир тул калды,
Далай дүйнө малды ээлеп,
Тарсадан* алган кул калды.
Мал берди кудай, башым аз,
Жалгыз балам Бокмурун
Жөнүн билбейт, дөөлөт мас.
Козусун союп салбасын,
Энеси маарап калбасын!
Энесин союп салбасын,
Козусу жетим калбасын!
Чачпасын дүйнө буюмду,
Мөөрөтүп таштап уюмду,
Торпогун союп салбасын,
Тозокко жаным калбасын!
Боздотпосун төөмдү,
Кишинетип бээмди,
Кызырак* тайдан сойбосун,
Кишинетип койбосун,
Акылды терең ойлосун,
Ар дүнүйө мүлүк бар,
Ааламга чачып койбосун!
Ат Мааникер күлүк бар,
Алты там толгон мүлүк бар,
Казынам* оозун ачпасын,
Капыр* менен мусулман*
Калайыктын баарына
Карк алтынды чачпасын!
Алты өзөн толгон жылкы бар,
Арбын малдын мүлкү бар,
Талатып молдо, кожого,
Назарын салбай ошого,
Казынам оозун ачпасын,
Карк* алтын, кара малымды
Капыр менен мусулман
Калайыкка чачпасын!
Келинге кете* кийгизип,
Кете тондун этегин
Керилтип жерге тийгизип,
Кыздарга кызыл кийгизип,
Кызыл кымкап этегин
Кыйгачтап жерге тийгизип,
Бүлүнтпөсүн мүлкүмдү,

Бүлдүрбөсүн жылкымды.
Кара ашка токсон сойдуруп,
Казган жерин аземдеп
Казыналап* койдуруп,
Азууларын аркайтып,
Астыңкы ээрдин шалпайтып[1],
Эки өркөчүн коркойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп
Дооранга[2] үч жүз[3] төө байлап,
Тогуз жүз кысыр бээ байлап,
Үч миңдеп уйдан байлатып,
Арасына ал уйдун
Аркагай мүйүз өгүздөн
Алты жүзүн[4] айдатып,
Ааламдын[5] көөнүн жайлатып,
Аябай койдон кырбасын,
Андай түйшүк кылбасын!
Орчун дүйнө бош калды,
Он беште балам жаш калды,
Жамбыдан санап миң кылып,
Бай Көкөтөй өлдү – деп,
Жалпы журтка дүң кылып,
Дилдени* санап сан кылып,
Бай Көкөтөй өлдү – деп,
Дүнүйөгө даң кылып,
Жети кылым эл жыйып,
Жердин жүзүн чаң кылып,
Коросон оттук чактырып,
Капыр менен мусулман
Койбой баарын чакырып,
Дүнүйөмдү минтип сап кылып,
Астыма алтын так* кылып,
Ак Ыстампулга* оротуп,
Асемдеп өлүк жаткырып,
Акырет* кеткен мен үчүн
Арбын дүйнө зарп кылып,
Кылыч менен кырдырып,
Кымыз менен жуудуруп,
Аяк менен башымды
Кымкап менен буудуруп*,
Сай* төрөгө* карматып*,
Сарбап* менен буудуруп,
Замзам* менен жуудуруп,
Чарайнага* чаптатып,
Шайиңгиге* каптатып,
Ырчыларга мактатып,
Ыжыктарга*[6] сактатып,
Таратып дүйнө көбүмдү,
Таштап коюп сөөгүмдү,
Чындай кылып төгүндү,
Чыгарбай таштап сөөгүмдү*,
Мааникер атты мингизип,
Бадана* тонду кийгизип,
Жалган дүйнө* жүзүнө
Баары журтка билгизип,
Бай Көкөтөй өлдү – деп,
Бааны* дүйнө, чын жайды*
Барып акыр көрдү – деп.
Кыздарынын чачтарын
Беш көкүлдөп өрдү* – деп,
Көкөтөйдүн дүйнөсү
Көктөмдө чөптөй өндү – деп,
Салыңар – деп, топурак*,
Санды* түмөн* журт келип,
Аскер түшүп топурап,
Андай түйшүк кылбасын,

---

[1] *шалгайтып.* Кыясы, катчыдан ката кеткен. Сөздүн туура үлгүсү – «шалпайтып».

[2] *доорога* – Катчыдан ката кеткен. Сөздүн туура үлгүсү – «дооранга».

[3] *эч жүз.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурдагы сөз окулбайт.

[4] *жүздөн.* Контекст боюнча бул жердеги сөздүн туура формасы – «жүзүн».

[5] *алымдын.* Кыясы, ката кеткен го. Сөздүн контекст талап кылган туура үлгүсү – «ааламдын» – элдин, көпчүлүктүн маанисинде.

[6] *ышыктарга.* Катчыдан ката кеткен, же ал сөздү даана укпай, жаңылыш жазган. Сөздүн туура үлгүсү – «ыжык».

Жалгыз балам Бокмурун
Насыятым тыңдасын!
Күн алдына барбасын,
Күбөйгө кабар салбасын,
Күлдү* журтка кылганы
Үлгү болуп калбасын!
Ай алдына барбасын,
Абайга кабар салбасын,
Адамдын баары жыйылып
Ашыма*[1] келип калбасын,
Атпай* кыргыз журтуна
Азапты кылып салбасын,
Алына балам карасын.
Жердин-суунун желпиниш,
Желпиништен* жай алган,
Жазыйра чөлүн таянган
Доңгоктун уулу Чоюн алп,
Чоңдугунда эсеп жок,
Дөөдөн болгон бу бир калк,
Кайчы кулак Каман алп,
Жажуч-мажуч* жаман калк,
Четине кабар салбасын.
Киндиги темир китен журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Дөөдөн эмес, periден,
Көйкап* тоонун керiден,
Жин* менен бар алаткак*,
Аларда бар алтын так,
Алтынды жерден өндүргөн,
Арып* менен көндүргөн,
Сагыранын сайы бар,
Сак перинин жайы бар.
Мааникер атын мингизип,
Бар дүнүйө жүзүнө
Баянымды айтып билгизип,
Кара дугул дөөсүнө
Кабарымды киргизип,
Кайра тартып калбасын,
Какандын шаарын каралап,
Каз моюл журтун аралап,
Жетиген жакка барбасын.
Жетим мурук журту бар,
Желмогуздай ушулар:
Бир кулагы жамынчы,
Жоо дегенде камынчу,
Бир кулагы төшөнчү,
Айбаты бар ошончо,
Маңдайда бар көздөрү,
Басып жүргөн айбандай
Макоодон жаман өздөрү,
Байкап адам түшүнгүс
Балдырлаган сөздөрү.
Адам десең айбандай,
Ар бирөөнүн мүйүзү
Найзадан мурун сайгандай,
Алда Таала кудурет
Жан жараткан ар кандай!
Күшөндү деген улугу,
Дөө менен перинин
Арасынан уругу,
Капылет барып бендеси
Көрүнүп калса куруду,
Көйкаптын чети туругу.
Айтып кабар салбасын,
Калкы адам уулунун
Каргышына калбасын!
Күн батышта кызыл дөө*,
Мал минбеген баары жөө,
Буттары бар мунардай,
Колдору бар чынардай,
Жүз кулач жерди бир басат,
Жер топосун жем кылат,
Жүрсө, турса жер казат.
Андайга кабар салбасын,
Атпай кыргыз[2] уулунун
Убалына калбасын!

---

[1] *ашымда.* Кыясы, ката кеткен го. Контексттеги сөздүн туура үлгүсү – «ашыма».
[2] *кыргыз.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сөз менен «кыргыз» делип жазылган. Балким, мурдагы жазылган сөз «алач», же «түрк» болушу мүмкүн.

Күн батыш журтун сыдырып,
Күн жүрүш жагын* кыдырып,
Канаты алты, аягы төрт,
Туягы тийген жерлери
Тутанып күйгөн кызыл өрт,
Булуттуу көктүн астынан,
Буралган шибер үстүнөн
Жүгүргөнү, учканы
Түк адамга билинбей,
Даңканы тийген таштары
Шашкелик жерге бир түшүп,
Эчтемеге илинбей,
Мааникер тулпар атым бар,
Байдын уулу Баймырза
Балама айтар датым бар:
Мен өлгөн соң окустан,
Жалгыз балам Бокмурун
Келип калып кокустан
Өңкөй баатыр жолдошу,
Бай Жакыптан туулган
Баатыр Манас жолборсу
Адамдан чыккан арстандыр,
Айбаты журтту баскандыр,
Атам өлдү, келгин – деп,
Айтып кабар салбасын,
Кырк уруу кыргыз балдары
Кыйкырып келип калбасын.
Өкүрүп келген адамга,
Өкүмүм жетсин ааламга,
Туугандыгым билгизем,
Тубардан* сарпай* кийгизем,
Атакемди жоктосо,
Айкыра түшүп токтосо,
Атакеңди сыйласа,
Айгайлаган доошу
Ай-ааламга сыйбаса
Сыйлаармын андай адамды,
Эч болбосо берермин
Бай болгун – деп, батамды*,
Бу сөздү айтып салбасын,
Курчтук кылып куу бала
Кумулдун журтун албасын.
Олуя-Ата, Ташкенди,
Оолактан жыйып көп элди,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Ойдогу шаар Самаркан,
Оро-Төбө, Кожонттон,
Койнотто шаар Котондон,
Козголоң салып ошо элден
Жетимиш шаар Жеркентти,
Барып Багдат журтуна,
Бадакшан, Балык ошого,
Кырым менен Балыкка,
Кыдырып жүрүп айтпасын
Кытай, орус калыкка.
Атакемдин өлүгүн
Киргизем – деп, барыкка,
Кабар салып барбасын
Караңгы менен жарыкка!
Желпиниш деген жери бар,
Жетимиш урук эли бар,
Араптын журту чөлдө бар,
Аяттын журту көлдө бар,
Эргежээли, итаалы,
Катыны адам, эркеги ит,
Кабарын уктум мен аны,
Аларга кабар салбасын,
Мисир, Кудус калаасын,
Зор мээнетке койбосун
Кара кыргыз баласын!
Казак, кыргыз, катаган,
Жедигер, нойгут, думара
Баарыбыз бир атадан.
Калмак жатыр канча жан,
Баарыбыз бир маңгулдан.
Маңгулга тууган татар бар,
Бар[1] болгон соң бир өлүм,
Баары жанга катар бар.

[1] *баш.* Катчыдан ката кеткен. Контекст боюнча бул жерге туура келүүчү сөз – «бар».

Кара калпак, үйшүн бар,
Каңыры, тейит, багышы,
Канча журтка угулган
Кара кыргыз дабышы.
Калмактан тыргоот, шибээн бар,
Жегени бака, жылан мар.
Кыргызга калба[1] салбасын,
Кыжылдап каткан кытайды
Чакырып ашка албасын!
Коросон шаар Ындыстан
Коркуусу арбын кыргыздан,
Өкүм менен чакырып,
Өткөрөм – деп, кылычтан.
Лоп дарыя, Шор дайра,
Ар түрдүү журт бар ол жайда.
Көчүгү балык, башы адам,
Миң жылга бири жашаган,
Кутурук деген жандар бар
Отуз кулач жаянды
Оп тартып бир-бир ашаган.
Аягы адамдай бөлүнгөн,
Башы балык көрүнгөн
Баяндас деген бири бар,
Дагы суунун адамы
Жетелек деген жини бар.
Дарыянын ичинде
Кырк канаттуу кушу бар,
Кыйла сонун ушу бар,
Биринин сексен башы бар,
Зумурут* таштан ашы бар,
Ар бирөөнүн жана да
Алты миң, беш миң жашы бар.
Кетечек деген аюу бар,
Алты кулач, беш кулач
Аргамжыдай чачы бар.
Кургакта канча жандар бар,
Кургакта жүргөн жандардан
Арбын жандар анда бар,
Кабылан, жолборс, шер да бар,
Суу жолборсун камаган
Суу айыс, сурук эл да бар:
Кээ[1] бирөөндө эки баш,
Кээ[1] бирөөндө жети баш,
Тырмагы кылыч, көзү таш,
Киндиги темир, тиши албарс,
Ал жандардын баарысы
Чээнге кирбес кышы, жаз.
Дарыя бар, көл да көп,
Дарыя суунун ичинде
Жан жүргүсүз чөл да көп.
Дарыя ичинде тоо да көп,
Көрсө жуткан бири-бирин
Эче түрдүү жоо да көп.
Андайга кабар салбасын,
Атпай кара кыргыздын
Убалына калбасын!
Менин көзүм өткөн соң,
Бу дүйнөдөн көчкөн соң,
Нан чырагым өчкөн соң
Жети суу толо мал калды,
Жети таш* жерге тигилген
Жетимиш уруу тал калды,
Жети үйдө алтын-зар калды,
Жети миң беш жүз нар калды,
Үч миң айры төө калды,
Кошунам Кошой дөө калды.
Чарбактагы жемишим,
Аңдап уккун Баймырза,
Телегейи тегизим,
Алма, жаңгак[3], мейизим.

---

[1] *калем.* Катчыдан ката кеткен. Контекст боюнча бул жерге туура келүүчү сөз – «калба».
[2] *каа.* Ката кеткен өңдөнөт. Контекст боюнча бул жерде «кай» же «кээ» болуу керек эле.
[3] *жанак.* Атайын ушул түрдө жазганбы, же ката кеткенби белгисиз. Сөздүн туура үлгүсү – «жаңгак».

Айтканда журтум түшүндү,
Алты таш жерге толтурдум
Албан түрлүү жүзүмдү.
Кыргыздар үлгү албасын,
Кылган, бүткөн өнөрү
Кыяматка калбасын.
Сары башыл койдон сан кылып,
Аш берем – деп, агама
Санатын журтка даң кылып,
Жылкыдан он бир миң кылып,
Кабарын калкка дүң кылып,
Төөдөн төрт миң кылдырып,
Кара малдан канча айдап
Байгенин башын жылдырып,
Төөдө болуп төөчүсү,
Кишиден барып төрт жүзү,
Жылкыга барып жылкычы,
Байлаганы бээ болуп,
Ошол төрт жүз кишиден
Он экиси ээ болуп,
Уй деген бар улук мал,
Урматтуу сөзүм угуп ал,
Эки миңдеп айдатып,
Алиги төрт жүз адамдан
Элүүсүн ага шайлатып,
Отуз катын, жыйырма эркек
Ошого ээ болбосун,
Ордодогу мүлкүмдү
Кара журтка көргөзүп
Калкайтып жыйып койбосуң!
Зумурут, көөкар, зерзабар,
Лагыл, жакут таштар бар,
Көргөзүп тулга койбосун,
Көөдөнү тетик уулум бар,
Көп дүйнөмдү жойбосун!
Инжи*, маржан* шурумду,
Жарыя кылып мунумду,
Калкка нуска калбасын,
Капкайдагы асылды
Калдайтып тулга* салбасын.
Калктын көзү түшпөсүн
Ар түрдүү сонун булума,
Алган жарым Гүлканыш
Олтурбасын тулума!
Буулум*, бута*, дүрүйө*,
Бу бир жалган дүнүйө*,
Эртели-кечти үн салып
Калкымдагы катындар
Какшабасын күнүнө.
Келин-кызым жоктошуп,
Бадыша* атам кетти – деп,
Мактап айтып токтошуп,
Байлыгымды дайындап,
Байкабаган кай бирөө
Мактап куру айтты – деп,
Башын чайкап айыңдап,
Эртели-кечти жоктотуп,
Эт бышым айтып токтотуп,
Ар маалда жоктотуп,
Аш бышым айтып токтотуп,
Өлүктү кылып шаанилүү,
Өзөк сөз айтып маанилүү,
Ташкендин бою кең Арал,
Талаада толгон биздин мал,
Тозоңдун бою кең Арал,
Тоодо толгон биздин мал,
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп,
Жагынага* кой союп,
Аябастан малымды,
Ченебестен алымды,
Кыргызга кылган кандыгым,
Кырк кез* темир сандыгым,
Ачкычы тогуз, тили жүз,
Акылын таап ачпасын,
Кызыл дилде, ак жамбым*
Кылымга* бутун чачпасын!
Кара ашын* токсон сойдуруп,
Конок ашын жүз кылып,
Кадырлап келген адамды
Кардын сыйлап тойдуруп,
Каталга мүрзө ойдуруп*,

Казыналап койдуруп,
Казгандарга ыйгарып,
Казынанын оозун
Оң кол жактан чыгарып,
Кыбыла* кылып бетимди*,
Насыят акыл бериңер
Бокмурун бала жетимди,
Сарбап менен буудуруп,
Токсон кишээ карматып,
Замзам менен жуундуруп,
Кыябын* кымкап буудуруп,
Буугучунун баарысын
Кымыз менен жуудуруп,
Чарайнага чаптатып,
Шайиңгиге каптатып,
Ыжыктарга сактатып,
Ырчыларга мактатып,
Азиздерге сактатып,
Акындарга мактатып,
Бадакшандан, Балыктан,
Баштатан болгон мусулман
Баштагы арап калыктан,
Мисир менен Кабылдан,
Билими артык элинен
Келе молдо куранды
Кетирбеген колунан,
Молдолуу жердин молунан,
Ак төөдөн токсон байлатып,
Азиздин тосуп жолунан,
Буурул айгыр, тору айгыр
Бурак атка* токутуп,
Бу дүйнөлүк аалымга*
Үч ай куран* окутуп*,
Келе молдо* келтирип,
Кемигенин жеткирип,
Абу замзам* суусунан
Кепиниме* септирип,
Тогуз миң дооран* сур байлап,
Баарысын семиз кур* байлап,
Көкөтөй өлгөн экен – деп,
Көрмөккө келген адамдын
Көңүлүн басып, куп жайлап,
Өз дүнүйөм бүлүнсүн,
Өлгөнүм журтка билинсин!
Дүнүйөнү жыйнаган
Чабалдын баары өкүнүп,
Кайырым тийген калк бар,
Кадимден өлүм нарк бар,
Байдам тийген маала бар,
Бабасы өлгөн бала бар,
Өткөнүмө өкүнтүп,
Жан келгендин баарысын
Жарым таш жерден өкүртүп,
Арбагымды* сыйлатып,
Ак жоолукчан айымды
Айттырып менин жайымды,
Аталатып ыйлатып,
Калганга болсун бир нуска.
Жалгыз балам Бокмурун
Ашык экен бир кызга.
Ашык жарын алганча,
Асты мени койбоңор
Балам топо салганча.
Барганда байкап билермин
Баламдын салган топосун,
Баштатадан билгемин
Бадирек дүйнө опосун.
Жалган дүйнө опосуз,
Жаткырбаңар топосуз!
Бар Кудай жаңгыз кыларын,
Байбичеси туумак жок,
Туулган менен бендеси
Өлбөй тирүү турмак жок,
Жыйганы калган талаага
Адамдан артык курган жок.
Азыс кылган адамды,
Адам тосот ар жанды.
Кабылан бар, жолборсу,
Андап көрсөң ага-ини
Аяктууда бар бекен
Адамга банди* болбосу?
Арыстан бар, шери бар,

Айбандын түрдүү эри бар,
Жабырбаян* бир жандар
Жай алып турар жери бар,
Адамдан ал да кутулбас,
Амири* менен Алданын*
Кырк чилтен* колго тутулбас,
Айбанаттан да бирөө
Кетелик* деген бири бар,
Кутулас*, булан*, били бар,
Анын баарын айланткан,
Арыптап колго байланткан
Адам уулу билип ал!
Илбирс, аюу, бөрү бар,
Баары коркот адамдан,
Адам көрбөсө экен – деп,
Алардын да көөнү бар,
Баарысынан адам зор,
Напсини* берген кудурет*,
Напси ичке кирген соң
Арылбаган биздин шор,
Ажал деген кетирбес
Айлана турган темир тор.
Торго бүгүн түшүпмүн,
Жалган дүйнө чиркинден
Жаман күдөр үзүпмүн!
Адырмак тоолор болбосо
Талаанын билбес кадырын,
Адамдан жаман болбосо
Жакшынын билбес кадырын,
Айбанаттар жай алар
Ак чаңгыл тоонун адырын.
Башы кара, буту ийри
Байкап көргүн буларды,
Андасаң анын баарысы,
Адамдан туулган кубаары*,
Акыры жалган дүйнөгө
Адамдын жоктур турары,
Турамын десем койбоду
Туюктап ажал кубаары.
Көрүнбөй туруп көзүңө,
Көктүн, жердин ээси
Кошо жүрөт өзүңө.
Кубат экен, күч экен,
Тамырда экен – үч экен,
Бейилиңе жараша
Бере турган ушу экен.
Өзүң кылып жамандык,
Өзүңө жана тилейсиң
Жаныма бер – деп, амандык.
Аралаш жүргөн өзү бар,
Жамандык кылып жатканда
Аңдап көрүп, билип ал.
Өлбөй турган бир душман
Өзүңдө кошо тири бар,
Ачуу деген бири бар,
Ал ачуунун өзүндө
Азазилдин* тили бар.
Напси менен ачуунун
Тозоктон* келген зили бар.
Бир душманың текебер,
Текеберлик каяктан –
Азазилден жеткендир,
Чоң душманың азазил,
Чоң-кичүү муну баарың бил.
Сенин жакын тууганың,
Жардам берип турганың
Акыл, нысап, сабырың.
Ал үчөөнү жар көрсөң
Акыр түбү тартпайсың
Акыреттин жабырын.
Жаныңдын болсун аманы,
Бар душмандын жаманы
Эң кыйыны эринчээк,
Эрине берсең ар ишке
Калдың өзүң жалгыз тек,
Жанадилдин Көкөтөй
Баймырзага айткан кеп,
Кеңүлүм жакын киши элең,
Ашыкпагын иним – деп,
Сексен төрт келген жашымда
Жеткен өлүм башыма,
Керээз-кебим укпады

Бокмурун туруп кашымда!
Жыл маалына толтуруп,
Жыл он эки ай болтуруп,
Канышай жарым Гүлайым
Кара кийип отуруп,
Карадан кымкап жамынып,
Карк алтындан гүлдөгөн
Карадан жоолук салынып,
Казынага бул салып,
Албан түрдүү сонундан
Ак сарай үйгө тул салып,
Өзүмө кылып сыйларын.
Өксөп тыйбай ыйларын,
Олтуруп акыр калбасын,
Ойротко кабар салбасын!
Мааникер атты мингизип,
Бадана тонду кийгизип,
Баянсыз жалган дүйнөнүн
Баарына кабар тийгизип,
Адамдан бери бөлүнгөн,
Жатындашын өзү алып,
Атага жаман көрүнгөн.
Анын үчүн бөлүнгөн,
Кара нээт кытайга
Кабар айтып ар жайга,
Бүлүнүштө не пайда!
Мал семизин сойдуруп,
Байгеден бөлүп койдуруп,
Кызыл чоктуу көп ойрот,
Кытайдын журту дини кар,
Кыйла сонун чоңдор бар.
Кырмустун уулу Мурадил
Кылжейрен атың байла – деп,
Кысабы жок байге бар,
Атың оссо аласың,
Андай дүйнө кайда бар,
Ал сөздү айтып кетпесин,
Кызыл чоктуу Незкара
Кытайдын зор бир улугу[1],
Чабдарыңды байла – деп,
Чабууга көңүл жайла – деп,
Мындай байге кайда – деп,
Кара кыргыз калкынан
Көкөтөй өттү бирөө[2] – деп,
Тоотору сакта сүрөө – деп,
Жетимиш түрдүү тил билген,
Дин дегенде дилгирген,
Жетиминен жетилген,
Жеген-ичкен ырыскын
Жер-суудан Кудай келтирген,
Жаш Айдар андан өтпөсүн,
Кара жалдуу Бороончу
Кабар айтып кетпесин,
Кылымда мындай кайда – деп,
Кылкүрөң[3] атың байла – деп,
Чабарга бала шайла – деп,
Ашыгып андан өтпөсүн,
Оюктун боюн жердеген,
Ойроттон киши жеңбеген,
Оронгуга жетпесин.
Оронгу деген катындыр,
Орою суук капырдыр,
Он эки таман бети бар,
Карт кокодой эти бар,
Алты таман көтү бар,
Кула бээнди байла – деп,
Мындай өнөр кайда – деп,
Көкөтөй деген бай өттү,

---

[1] *зор бир улугу.* Мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул үч сөз жазылыптыр. Ушул ыр сабынан кийинки сап такыр эле өчүрүлгөн. Мурдагы сөздөр окулбайт. Контекст боюнча маани өзгөрүү, окуя үзүлүү байкалбайт.

[2] *бирөө.* Бул жерде мурда «бүрөө» деген сөз жазылган экен. Аны өчүрүп, ордуна башка сыя менен «бирөө» деп оңдоптур.

[3] *кыркүрөң.* Кыясы, катчыдан ката кеткен өңдөнөт. Адатта, бул Бороончу баатырдын аты «Кылкүрөң» делчү эле.

Кең Түркүстөн жайда – деп.
Сыйкын деген журту бар,
Сукан аттуу дөөсү бар,
Өмүрүнчө ат көрбөс
Журтунун кыйла жөөсү бар,
Сыйкылыктын калкы бар,
Беш жүз кулач бойлору,
Бенденин ишин кылбаган
Эчен түрдүү алпы бар,
Дайралардын жаянын
Тамак кылган салты бар,
Салкашка атың байла – деп,
Чабышка көңүл жайла – деп.
Толгоно тартып түштүккө,
Солоондордун Алооке
Акбөйрөк атты байла – деп,
Чабууга бала шайла – деп,
Кабар берип өтпөсүн,
Калмак Ушаң дегенге
Кабар айтып жетпесин:
Салкуланды байла – деп,
Санатта мындай кайда – деп,
Байгеге саяр малдарын,
Маалым кылып баарыга
Бай Көкөтөй алдарын,
Андан ары өтпөсүн,
Атасында бата жок,
Айтканында ката жок
Алп Жолойго жетпесин.
Энесинде нике жок,
Элде мындай бөкө* жок,
Ачбуудан атың байла – деп,
Акылман бала шайла – деп.
Токшукер деген уругу,
Чоюнчаңда туругу,
Бозкертикке барбасын.
Боору жазы, мойну узун,
Боз дөбөдөй заңкайтып.
Бозчаңгыл аттын зоорусун
Күлүгүң болсо байла – деп,
Көкөтөй деген бай өткөн
Түркүстөн деген жайда – деп,
Чабарга бала тапкын – деп,
Чаңгылбозду чапкын – деп,
Кабар салып өтпөсүн!
Солобонун Соорондук
Чоң Бээжиндин баатыры,
Согушканын соо койбос
Чоң улук эле акыры,
Телкүрөңүн байла – деп,
Ат чабыш деген өнөр бар,
Көңүлүңдү жайла – деп.
Андан өтүп албасын,
Эмилдин эки суусу бар,
Эл сонуну ушу бар.
Айткан сөзгө бир макал,
Азыркы күндө аксакал,
Кытайдын барган кыйрына,
Жерге кадам салбаган
Кыргыздын баскан чыйрына,
Калмактын барган калкына,
Кайрылып токтоп тура албай
Кара кыргыз наркына,
Кан Алооке кары бар,
Адамын арбын баштаган,
Анжиян жерин таштаган,
Атышар жоодон шашпаган,
Алоокенин кыйыны
Коңурбайга барып айт,
Коопсуз кабар салып айт[1],
Алгара атын байласын,
Аты чыккан эр көрөт
Бай Көкөтөй байдасын.
Баргандардын баарына,
Жашы менен карыга,
Жүк көтөрчү нарына

[1] *өт.* Ушул түрдө болуу да мүмкүн, бирок эпостук стиль боюнча «айт» деш, б.а., жогорку саптагы аяккы сөздү кайталоо уйкаштыкка да, ыргакка да туурараак болмок.

Таштабай айтсын өнөрүн,
Талапкер эрдин баарысы
Акыры калбай токтолуп,
Намыс үчүн жөнөөрүн.
Темирдүү найза алышкан,
Мелтиретип беттешип,
Коркпой найза салышкан
Баатырдан эме калтырбай,
Багалектен тутушкан,
Басташканын жутушкан
Билеги жоон балбандан,
Миңди бири алгандан
Балбандан эме калбасын!
Бай Көкөтөй деген ким,
Барбай жатам үйгө тим,
Мына шондой кеп айтып
Атакемдин ашына,
Калың кыргыз уулунун
Келбей койсо кашына,
Өтүрүк жок, чыным шул
Өлүм жетер башына,
Өкүмөт айткан сырым шул!
Уругу кытай журтунан
Узап өтүп ушундан,
Эргежээли, итаалы
Кабар салып кайтпасын,
Кан Көкөтөй өлдү – деп,
Эргежээли улугу
Чакчайышка айтпасын.
Катыны адам, эркеги ит,
Кадыр Алда буйругу,
Сууга салса күн жааган
Иттеринин куйругу,
Аккан суу жок, баары көл,
Жаккан оттон дагы ысык,
Жел жүрбөгөн баары чөл,
Анда болор малдан төл.
Аралап акыр өтпөсүн,
Кусайшын деген улугу,
Кабар берип кетпесин!
Тоосунда бугу, марал бар,
Түрмө-Карыш арал бар,
Бери жагы Лоптун дайра бар,
Албан түрдүү жайлар бар,
Күн жүрүшү пери бар,
Беш айлык дайра көлү бар,
Кубайыстын чөлү бар,
Чоюнкулак алпы бар,
Чоң тараң деген калкы бар,
Чокунуп өскөн салты бар,
Чоңала атың байла – деп,
Чабарга бала шайла – деп,
Издегениң дүнүйө
Түркүстан биздин жайда – деп,
Бараңга[1] кабар салбасын,
Басылбаган дуу болуп,
Баары кыргыз балдары
Балакетке калбасын!
Күн батыш жакка бет алып,
Күчүнө аттын салбасын,
Күүсүнө келип Мааникер
Күркүрөп учуп албасын,
Байгамбар десе тилдеген,
Бадышадан башкасын
Баянын айтса билбеген,
Баштан аяк кеп айтат,
Бадышабыз жараткан,
Андан бөлөк биздерди
Жаратпаган – деп, айтат.
Капырдын жаман капыры,
Кабар салып акыры,
Кашалак деген зору бар,
Как өзүнө караган
Жети жүз миң чору* бар.
Беришге менен шайтанды,
Ушу түрдүү жан бар – деп,

[1] *тараңга.* Кыясы, катчыдан ката кеткен. Адатта, көпчүлүк учурда, бул эл аты «бараң» делүүсү туура эле.

Аял кылбай өлтүрөт
Андай кепти айтканды.
Канынын аты Кашалак,
Капырдан капыр санталак.
Шалкыкер[1] деген аты бар,
Бендеден башка заты бар,
Шалкыкериң байла – деп,
Күн батышка кетпесин,
Желпинишке[2] жетпесин.
Күркүрөп болгон шамал бар,
Аманат жанга жаман бар,
Учуруп кетсе шамалы
Кууурулар эрдин амалы,
Башы таштан болсо да
Түшөр акыр заманы.
Өлүмдөн бөлөк даба жок,
Эгер учса шамалга
Атаң да болсо сага жок.
Андан өтүп албасын,
Оң колдун аяк жагына
Чакырчуусу барбасын,
Периси жок, дөөсү бар,
Бетинде сере көөсү бар,
Курчанып белин буубаган,
Миңге жашы жетсе да
Бир күнү бетин жуубаган,
Тырмагы өссө албаган,
Өмүрүнүн ичинде
Боюн суугa салбаган,
Жыланайлак, жыланбаш,
Түктөрү бар сыртында,
Басып жүрөт жыланач,
Даш* казандай баштары,
Комдонгон кара дөбөттөй
Көз үстүндө каштары,
Узун кара чылбырдай
Бир-бир жалгыз чачтары,
Оздору аттын башындай,
Тиштери зоонун ташындай,
Кулактары салбайып
Бадачынын тумактай,
Мурунунун чимкирик
Муздактан аккан булактай.
Уругун уксаң көшөңгүр,
Периден* эмес, жин эмес,
Бендеге* окшош бир эмес,
Атагын уксаң дөө деген,
Айбанга окшош чөп жеген.
Бир кулагы жамынчы,
Бир кулагы төшөнчү,
Жайылдыгы ошончо:
Таш дагы анын оруну,
Суу дагы анын оруну,
Айбанга окшош боруму,
Жабуу, төшөк кулагы,
Жазыйра Кап[3] турагы,
Төшөлүк дөөдөн бу дагы.
Эсепсиз калың калкы бар,
Элинин жинди наркы бар,
Дөө менен перинин
Арасында алардын
Алда канча баркы бар.
Биринин аты – Акдөө,
Билимдүүсү, улугу.
Биринин аты – Көкдөө,
Кап Жазыйра турагы,
Адамга жакын бу дагы.
Көйкапка барса көнбөгөн,
Ар бирөөсү айбандын
Көп жашаса өлбөгөн,

---

[1] *чалкыкер.* Ушул түрдө болушу да мүмкүн. Бирок кыргыздарда көбүнчө «шалкыкер» түрүндө айтылчу эле. Анын үстүнө 2 сап ыр төмөндө «шалкыкер» делип туура жазылган.

[2] *челпиниске.* Катчыдан ката кеткен. Сөздүн туура айтылышы – «Желпиниш».

[3] *кабы.* Бул жердеги жазылышты «Жазыйранын кабы» маанисинде окууга да болор эле. Бирок он сап төмөндө «Кап Жазыйра» делип, эки сөз эки бөлөк мааниде берилген. Ошон үчүн сөздү Кап» түрүндө окуу жөндүү.

Ургаачысы дагы бар,
Жан сактоо кылып, үй тикпей,
Жаланда жүргөн чагы бар.
Элинен азып бөлүнсө,
Эгер бизге көрүнсө,
Жеринен азып бөлүнсө,
Жетип бизге көрүнсө,
Эң сулуусу кызыны,
Эсиңе алгын ушуну,
Кыргыздын уулу көргөндөй,
Жүргөнүн көрсө кокустан
Жүрөгү чыгып өлгөндөй.
Көкдөөгө кабар салбасын,
Көңкү кыргыз уулунун
Убалына калбасын
Медине, Меке жерине,
Беш дүркүм арап элине,
Бир дүркүмү курайыш,
Кудурет кылган бул бир иш,
Байгамбардын оолаты,
Мазабыл кары өз аты,
Төрөсүнө барбасын,
Көкөтөй деген бай өттү,
Урматын көргүн жүрүп – деп,
Айтып кабар бербесин,
Андан өтүп келбесин.
Оролдун ою конуш бар,
Он эки тайпа орус бар.
Баатыры да, балбаны
Бар ишин колго алганы,
Басташып келген душмандын
Баарынын чыгат далдалы.
Айтып кабар салбасын,
Атпай кыргыз уулунун
Азабына калбасын!
Басып өтүп келбесин
Бадакшан менен Балыкты,
Башкы атасы бир бөтөн
Баары тажик калыкты.
Абдылкадыр каны бар,
Аскери жүз миң саны бар.
Качыркерди байла, – деп,
Кан Көкөтөй өлүптүр,
Кадиксиз көңүл жайла – деп,
Атың кокус бир чыкса
Ааламда жок байда – деп,
Айтып кабар бербесин,
Азабы журтка келбесин
Мындан өтүп Айдарың,
Аттанып калса кокустан
Билет менин көңүлүм
Бирин койбой айтарын,
Букарай шарып* ары жагы,
Бузулган чамбыл бери жагы,
Орто Чаткал жердеген,
Ойротко тизгин бербеген,
Ок өтпөстөн тон кийген,
Буудайык уулу Музбурчак
Музкараңды байла – деп,
Көкөтөй сындуу бай өлдү,
Бузбай көңүл жайла – деп,
Андан өтүп албасын,
Күн жүрүшкө салбасын.
Татым кыйын, тузу арзан,
Жайы кыйын, кышы арзан,
Кыпчактардын кыйыны,
Кыйрынан кетпейт жыйыны,
Элеман деген байы бар,
Козголбос Котон жайы бар,
Ургаачысы кийгени
Торгун*, тубар, шайы бар,
Эр Төштүккө барбасын,
Эртелеп кабар салбасын,
Чалкуйрук атын байлатып,
Керме тоого жайлатып,
Бай Көкөтөй өлдү – деп,
Байгеге малын бөлдү – деп,
Аты озгон адам алат – деп,
Күлүгү жоктун баарысы
Күйүп-бышып калат – деп,
Кабар берип өтпөсүн,
Самарканда Санчы бар,

Кабар айтып кетпесин!
Кең Таласты жердеген,
Каары катуу эр деген,
Кармашып душман жеңбеген,
Нурку жери Таласка,
Улук баатыр Манаска
Кан Көкөтөй өлдү – деп,
Кадыр* Алда Кудаанын*
Өкүмүнө көндү – деп,
Касиеттеп көмдү – деп,
Айтып кабар бердирип,
Ашын бийлеп сен бер – деп,
Алып мында келтирип,
Азганакай журтума
Азапты арбын жеткирип,
Ар ким кылар аалимдик,
Адам уулу болгондо
Арбын экен залимдик,
Албан түрдүү душмандын
Ачуу айткан угуп сөздөрүн,
Алекке салып өздөрүн,
Ачпастан жумуп көздөрүн,
Аманат жанын кыйнаса,
Арбын дүйнө жыйнаса,
Арбып кетип айбаны
Жер жүзүнө сыйбаса,
Алганы туубай токтолсо,
Артында бала жок болсо,
Калса малы талаага,
Бербесе бөлүп балага,
Мал жайында турганы,
Баарын бөлүп, олжо – дейт,
Аталаш кыйыр тууганы,
Залимдиктин жолу – деп,
Боштон калган малдардан
Душмандын кетпейт колу – деп,
Тууганы талап алат – деп,
Тумшугу жок өлгөн жан
Беш мүрүчө* байда жок
Бекерге жатып калат – деп,
Эр Манаска айтып кеп,
Акыры кылган кудайы*
Акыретте байда – деп,
Арстанга айтып андай кеп,
Мааникер атты чаалытып,
Баатырды минтип наалытып,
Кабарын айтып өтпөсүн,
Көңүлү жакын эр эле
Көптүрбөсүн өпкөсүн,
Андан бери өтпөсүн.
Кылымга чечен үлгүсү
Кыпчактардын Үрбүсү.
Таздын уулу Үрбүнүн
Эгиз кара ат байлатып,
Элин сыртка жайлатып,
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көрүүгө сонун ушу – деп,
Көңкү капыр, мусулман
Кудайы ашка жыйылып,
Кубанар кези ушу – деп,
Баатырлар жүрөк салышып,
Балбандар билек алышып,
Чечендер сөздөн жеңишип,
Атка болгон чабандес
Ат үстүнөн эңишип,
Мергендер мылтык атышып,
Аш болду – деп, жатышып,
Ар түрдүү даам татышып,
Билимдүүлөр иш бүтүп,
Бир-бирине катышып,
Күлүктөр алып байгесин,
Күлдү журт көрүп байдасын,
Балбан күрөш, төө чечиш,
Кесемдер ойноп көл кечиш,
Билдерге сынап[1] жүк артыш,
Билмекке күчүн ит тартыш,
Тартынбай шарга түшүшүп,
Таз жеңишип сүзүшүп,

[1] *самаб.* Катчыдан ката кеткен, контекстке туура келүүчү сөз – «сынап».

Көп билип бенде өлөрүн,
Көрсүн – деп, журтка айттырып,
Көкөтөйдүн өнөрүн,
Бу да кыргыз[1] баласы
Аш башкарчу болот – деп,
Бай Жакыптын Манасы,
Чакырчууң андан өтпөсүн,
Такаат кылып токтобой,
Мааникер менен кетпесин.
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Салышкан жоодон тайбаган,
Көгала атын байлаган,
Алтындан наал*, жез өкчө*,
Айдаркан уулу эр Көкчө.
Угуздун ушу балдары,
Убайым көрөт бардары,
Убайым тартат жоктору,
Кайнап жаткан бир душман
Калмак, кытай чоктору[2],
Кыпкызылдай өрт экен
Калмак, кытай балдары,
Кан Көкөтөй ашы – деп,
Каалап келер бар даары,
Чакырдык ашка келгин – деп,
Казактын Көкчө зардары,
Кабар салар казакка,
Калтырар журтумду азапка,
Жайын айтып билдирер,
Жапаны маа илдирер[3].
Жардылыкты жеркирер
Жайнаган кыргыз элине,
Жанымдагы Баймырзам,
Салдыңбы кулак кебиме?!
Аттансам ушу дүйнөдөн,
Акыры жаным чыкканча
Ашыкпайын сүйлөөдөн,
Ким жүрөр тирүү жалганга,
Менден калган бир нуска
Үлгү болсун калганга,
Болгон сөздүн баарын айт
Бокмурун деген балама.
Козусун саабай түрк* кылсын,
Кочкорду бычып, ирик кылсын,
Айгырды бычып, ат кылсын,
Бирок балага айтарым:
Миң бир аты Алданын
Бирин койбой жат кылсын,
Үйрөнүп актын* аттарын,
Урматтап күтүп калктарын,
Ынтымагын бузбасын
Өңкөй адам баласы
Өлүмдүн билип барктарын,
Ыраакы менен жакынын.
Мурункулар айткан кеп:
Бир адамдын ырыскы
Бирөөгө ырыс болбойт – деп,
Баштагылар айткан кеп:
Башка адамдын дүйнөсү
Башкага дүйнө болбойт – деп,
Алтын, күмүш зар калды,
Аңдабай күттүм жалганды,
Айры* менен нар калды,
Азар түмөн* мал калды,
Айганыш, Күлжар жар калды.
Ак ислам дини экен
Асманга тийген учу бар,
Аалымдарда ушу бар,
Ак шарыят* бай терек,
Өлүк-тирик экөөнө

---

[1] *кыргыз.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурда эмне жазылганы окулбайт.

[2] Ушул жана жогорку ыр сабы эки колонка ыр саптарынын арасындагы ачыкка кыйгач жазылган.

[3] *илерине.* Жазылыштан маани чыкпайт. Кыясы, катчыдан ката кеткен. Контекст жана уйкаштык талап кылган сөз – «илдирер».

Ар кандай болсо мал керек.
Мээнетти тарттым жашымда,
Бербердигер* кудурет
Берди дөөлөт башыма.
Кайыптан күттүм баланы,
Балага айтса жетеби
Атанын айткан саламы.
Уругу кыргыз[1] – улуу журт,
Көпчүлүгү кара курт,
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Оро-Төбө, Самаркан,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Ошончо журт караган,
Каадабыз калмак дининде,
Калмак бойдон калалбас
Кара кыргыз зилинде,
Арзымды балам жеткирсин
Арстан Манас иниме!»
Бул сөздү айтып Көкөтөй
Көк түтүнү «бур» этти,
Көкүрөктөн жан кетти,
Көз алдында тургандар
Көпчүлүгү «чур» этти.
Өткөндөргө өкүнүш,
Олордон калды өкүрүш[2].
Өттү дешти өкүнүп,
Өбөктөштү өкүрүп.
Өтүрүк дүйнө жалганы,
Өңкөй кыргыз уулуна
Өкүрүк андан калганы.
Алып койгон* заманда
Эр Бокмурун баласы
Эми жетип барганы.
Түлкүнүн кызы Канышай
Кайын атасы өткөнгө
Кайгырып ыйлап жайма-жай,
Наалып айкай салыптыр.
Келиндин аягынан – деп,
Койчунун таягынан – деп,
Андан нуска калыптыр.
Бокмурун келди өкүрүп,
Көрбөй көчүп кеткенге
Боздоп ыйлап өкүнүп:
«Мамыкка салып бөлөткөн,
Майышкан жерде жөлөткөн,
Ыйлаганда сooроткон,
Ак кадек* менен ороткон,
Таттыдан тандап бал берген,
Майдан тандап жал берген,
Жоргодон тандап тай берген,
Торкодон* тандап шайы берген,
Күлкүм чыкса сүйүнгөн,
Ыйым чыкса күйүнгөн,
Сары башыл коюнан
Садагага чаптырган,
Көрүнбөй калсам чакырган,
Жедирип дүйнө жемишин,
Жеке мага бийлеткен
Дүнүйөнүн тегизин,
Акырет атам кеттиңби?
Айланып мени бир көрбөй
Арманда бойдон өттүңбү?
Укпадым урмат кебиңди,
Узактан барып келгенче
Уу өлүм тапты эбиңди.
Айттырбай керээз* сөзүңдү,
Ажал торгоп өзүңдү,
Тириликте көрбөдүм

[1] *кыргыз.* Мурда башка сөз жазылган, ал өчүрүлүп ордуна башка сыя менен «кыргыз» делип оңдолгон. Мурда жазылган сөз окулбайт.

[2] Кол жазманын 43-бети менен 44-бетинин арасына катар номер коюлбай кичинекей, бир жак бети актай баракча кошулуп, анын кийинки бетине «Экинчи. Баймырза Көкөтөйдүн айткан керээзин баласы Бокмурунга айтканы» делген сөздөр жазылган. Аткарган милдети боюнча темачанын милдетин аткарат окшойт. Кыясы, темачаны катчы өз демилгеси менен кийин кошсо керек. Темачанын орду так көрсөтүлгөн эмес, болжол менен ушул ыр сабынан кийинки орунга туура келиши мүмкүн.

Атакем сенин көзүңдү!»
Ал сөздү айтып акырып,
Айгай салып бакырып,
Бокмурун ыйлап болкулдап,
Сууга, салган чыбыктай
Тула бою солкулдап.
Кеңгиреди кары-жаш
Кең Ташкендин калаасы,
Кейибеген киши жок
Өңкөй кыргыз баласы:
«Жөө болгонго ат эле,
Залимдерден жат эле.
Ач болгонго аш эле,
Өзүбүзгө көп күйгөн,
Кыргыздын анык башы эле!
Кейиште төккөн жашыбыз,
Кеттиби кыргыз башыбыз!
Журттан алым алмагы
Мурункунун жолу эле,
Үшүгөнгө тон эле,
Ушу жалган дүйнөдө
Дүнүйөсү мол эле.
Мүлүшкөр болсо куш эле,
Булүнсө кыргыз балдары
Качырганын куткарбас
Карчыга* кара куш* эле,
Кан* заадабыз* ушу эле.
Текөөрү* болот темирим,
Текөөрү болот шуңкарга*
Жеткирген ажал теңирим*,
Серпкени өлгөн себилим,
Карагай болсо денеси
Катар-катар чайыры бар,
Калың кыргыз уулуна
Канча түрлүү кайыры бар».
Өткөнүн көрүп өкүнгөн,
Өбөктөп ыйлап өкүргөн,
Кеткенин көрүп кейиген,
Кейибеген жан калбай
Кең дөөлөт кыргыз[1] элинен.
Бу сөздү айтып буркурап,
Албан түрдүү кара журт
Айгай салып чуркурап.
Кой дээрге бенде жок болуп,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн жармысы болгондо
Күлдү журту басылып,
Күңгүрөнүп токтолуп.
Калайык карап тек турса
Кара сакал Баймырза
Бакырган үнүн басылтып,
Баланын жашын чачылтып,
Жетелеп чыгып эшикке,
Эки жакта жан жокпу,
Салып көзүн тешикке,
Олтургузуп баланы,
Ойдогу сөзүн салганы:
«Келиндин кыл – деп, тоюндай,
Кемпирдин кыл – деп, ойнундай,
Атакеңдин өзү – деп,
Айткан мага сөзү – деп,
Керээз айткан кеби – деп,
Кыргыз[2] менин өз журтум,
Булдүрбөсүн теги – деп.
Булдүргөн менен өлүктүн
Тирилип келмек наркы жок,
Зөөкүрлүк кылбай тим көмсүн,
Сөөгүмдү көмсүн баркы жок.
Калайлуу капка-дарбаза,
Калкыма кылып каргаша,
Ачкычтап кулпун ачпасын,
Агар алтын, ак күмүш
Дүнүйөнү чачпасын.
Атаң керээз кеп айтты,

---

[1] *кыргыз.* Мурда «угуз» делген сөз болгон. Ал сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган.

[2] *кыргыз.* Мурдагы сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Айрым окууга мүмкүн болгон тамгаларга караганда бул жерде мурда «кыр угуз» деген сөздөр жазылган өңдөнөт.

Акыры калган дүйнөдөн
Азар түмөн эл айтты.
Атагын угуп билбеген,
Адам болуп зилдеген
Адамдын уулун койбоду,
Ажал жетип өлөрдө
Ар түрдүү кеңеш ойлоду.
Эти жаман ачынып
Элиргенин билбедим,
Эче түрдүү журт угуп,
Уругун анын ким – дедим.
Жеткенин билип ажалы
Желиккенин билбедим,
Эки-үч күнү жатканга
Эрикkенин билбедим.
Жалган дүйнө жүзүнөн
Жалгыз бир жерди койбоду,
Жатып алып атаңыз
Далай акыл ойлоду.
Кара жаны кыйналып,
Каз ажалы жетип жыйналып
Ойлогонун билбедим,
Же кара күчкө шоок кылып
Ойногонун билбедим.
Өтүп кетсем окустан,
Өлүп кетсем кокустан
Мааникер атты кыйна – деп,
Күн чыгыштан – күн батыш
Күлдү баарын жыйна – деп,
Кылымга тийбес салмагым,
Дүнүйөм арбын кыйла – деп,
Бар журтка кабар салып – деп,
Жердин жүзү жыйылар,
Кара кыргыз калык – деп,
Калкыма салба салык – деп,
Каражат канча кылса да
Толуп жаткан дүнүйөм бар,
Тосулбасы анык – деп,
Адам атын укпаган,
Асилин колго тутпаган
Ар бир түрдүү эл айтты,
Адам уулу болгондон
Асты койбо – деп, айтты.
Адам турсун бу жакка,
Айтып кабар бер – деди,
Дөө, бери тыякка.
Кабар сал – деди,– калыкка,
Баарына даам бергин – деп,
Дайрада жаян балыкка.
Атакең айткан керээзи
Адам укпас кеп экен,
Кургактагы жүргөндөн
Дайрада жандар көп экен.
Байлыгым журттан башка – деп,
Баарын чакыр ашка – деп,
Он эки айга толтуруп,
Ушу жерден былк этпей,
Бир жыл бүтүн олтуруп,
Жыл он эки ай болгондо
Жыл маалына толгондо
Сакчыларды койсун – деп,
Ташкендеги коргонго.
Такыядай Ташкенден,
Жар-жоро кошпой башка элден,
Айлым көчүп чыксын – деп,
Аш кудайы деген сөз
Атпай журт кабар уксун – деп,
Чымыгенттин чыбырга
Чыбырата кулун байлатып,
Жатакчыдан бөлөгүн
Жан таштабай айдатып,
Астында көчкөн айлымды
Сары-Арка чыга жайлатып,
Козу-Башы, Копого
Кой көктөтүп ошого,
Алматынын Боролдой,
Жайытта малың семирбес
Жайы-кышына оролбой.
Алтыбайдын бөксөгө
Ат семиртип өтсүн – деп,
Аземденип көчсүн – деп,
Кер жорго аттан минсин – деп,

Кериге туяк тийсин – деп,
Келиним кете кийсин – деп,
Кызылдан жорго минсин – деп,
Кырчынга туяк тийсин – деп
Кыздарым кызыл кийсин – деп,
Уландар урум* атсын – деп,
Урматка журтум батсын – деп,
Балдарым бараң* октосун,
Бабабыз өлгөн экен – деп,
Баары кыргыз жоктосун.
Төөгө буйла тактырбай,
Жөн жайлуу киши бастырбай,
Уйга тагып мурунтук,
Баласын байлап сыйыр* саап
Баданы жүрбөй курутуп,
Кочкорго белдик байлабай,
Козголтуп көчкө айдабай,
Койчуга өкүм кылдырып,
Бир жерге эки кондурбай,
Койчулар айдап жылдырып,
Малды кыл – деп, туусары*,
Айтып жатып атаңыз,
Абыдан аңкап суусады.
Үч-Каркыра жайлатып,
Мааникер атты байлатып,
Эсебин үч жыл айлантып,
Элимди ашка шайлантып,
Үч-Каркыра боюна,
Үч-Булактын оюна
Үйүн тигип жайлантып,
Өз элимди бүлдүртүп,
Өлгөнүмдү билдиртип,
Атакең айтты буларды,
Акылман киши – деп, жүрсөм,
Аныктап арбак урарбы,
Аш берип акыр зарп кыл – деп,
Адам кылбас кумарды,
Күлүк сынап, ат чап – деп,
Күйгүзүп айтты кыйла кеп.
Көк желектүү көк тууну,
Өлсө дагы атакең
Көңүлүнө алды көп чууну,
Көтөрүп тууну чыксын – деп,
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көп адамдар уксун – деп,
Көттө калган көп журтум[1],
Мурас кылып тутсун – деп,
Астына озгон күлүгү,
Ар качантан бир качан
Аңдыган угуз[2] балдарын
Ант урган кытай бүрүгү,
Байгесин күлүк алсын – деп,
Байдасын көрүп калсын – деп.
Ал эле болсо немене,
Сайышка киши салсын – деп,
Кагышса капыр, мусулман
Кай жыкканы алсын – деп,
Күрөшкө балбан чыксын – деп,
Күчү артыгы жыксын – деп,
Чабандес эңиш эңсин – деп,
Дүнүйөдө өнөрпоз
Түк калбай баары келсин – деп,
Түгөтүп журтуң жесин – деп,
Өчмөндүү журтту чакыр – деп,
Өз журтумду чаптыр – деп,
Атаң сенин Көкөтөй
Айбандан жаман айтты кеп.
Бура – деп, айтты моюнду,
Бирин да кылбай койбо – деп,
Бул дүйнөдө оюнду.
Кайнардын суун кечтир – деп,
Катын, эркек аралаш
Байлатып төөнү чечтир – деп,
Какшыгы, чыны билбеймин,

[1] *журтум.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «журтум» деп, жазылган. Мурда жазылган сөз окулбайт.
[2] *угуз.* Мурда жазылган бул сөз өчүрүлүп, ордуна «кыргыз» делип, башка сыя менен жазылган.

Кан Көкөтөй айткан кеп,
Калганга үлгү болсун – деп,
Баймырза сөзүн баштады,
Бокмурун көзүн жаштады:
«Кызык жалган дүйнөдөн
Кыяматка кайтканы,
Кылсын – деп,– аны айтканы!
Баймырза досу сен элең,
Баласы бакыр мен элем.
Кылалыкпы, жокпу? – деп,
Кыяматтык досусуң,
Сен айтчы мага жоопту – деп,
Бербердигер бир билер
Берсе күнөө-соопту» – деп,
Бокмурун кайра сурады.
Башын чайкап Баймырза
Кылбасак – деп, турады.
«Кары-куру бээлерден,
Каткан чүрүш мээлерден,
Какчеке* болгон тайлардан,
Анча-мынча мал жыйнап
Айылы жакын байлардан,
Кемпирдин кылып ашындай,
Келиндин кылып тоюндай,
Айтканына көнсөк – деп,
Атакеңди көмсөк» – деп,
Айтып турду Баймырза.
Айтканын бала угуптур,
Аңкаарып карап туруптур:
«Ишенген кишим сен болсоң,
Иш кылары мен болсом!»
Ал сөздү айтып Бокмурун
Алаканын уруптур.
«Анан кандай болот?» – деп,
Алиги турган Баймырза
Аңырайып туруптур.
«Баймырза как баш сен белең,
Баладан бозой мен белем,
Атакем айткан керээзин
Кылбай коёр кем белем?
Кылба – деп, – айтып салыптыр,
Кыямат кетип калыптыр.
Кыямат кеткен өзү экен,
Кыл – деп, айткан сөзү экен!
Акырет кеткен өзү экен,
Артындагы калганга
Аш бер деген сөзү экен!
Аш бермек бизге карыз экен,
Атамдын айткан арзы экен,
Уругу угуз[1] баласы
Акыр бир нуска чыгарып,
Аш бердирмек дарты экен.
Бадыша болгон алачка[2]
Бабам айтып кетиптир
Башкача сонун тамаша,
Барайын – деди – Манаска.
Алтайдан Манас чыкканда,
Кабарын канык укканда
Карабай каны Пануска
Тозгон экен атам – деп,
Кабарсыз коюп баатырды
Кантип үйгө жатам – деп,
Кылымдын баары жем болгон,
Кылганы журтка эм болгон,
Кыйшайып иши баратса
Кырк чилтен кайып дем болгон,
Жараткан Алда жар болгон,
Ар кылган иши шар болгон,
Аскери алты сан болгон,
Алачтын[3] журту жам болгон,

---

[1] *угуз.* Сөз өчүрүлүп, ордуна «кыргыз» делип башка сыя менен жазылган. Мурда жазылган сөз «угуз» экени окулат.

[2] *алачка.* Сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «атама» деген сөз жазылган. Мурдагы сөз «алачка» экени баамдалып окулат.

[3] *алачтын.* Сөз өчүрүлүп, ордуна «кыргыз» делип, башка сыя менен жазылган. Мурдагы сөз «алач» экени окулат.

Атанып айкөл кан болгон,
Айтканы журтка дүң болгон,
Аскери токсон миң болгон,
Асирет Аалы пир болгон
Алганы назик нур болгон,
Жери Талас кур болгон,
Жемиши көктөп гүл болгон,
Ченине келген эр болгон,
Эр болбосо не болгон,
Сүзүшүүчү душмандын
Жүрөгүнө чер болгон
Арстан Манас баатырга,
Айтканын алып акылга,
Эр Манаска барайын,
Атакемдин баянын
Эртелеп кабар салайын
Эп алганын билейин,
Же не – деп, айткан кебиң – деп,
Кек алганын билейин.
Кызматын билсе атамдын
Кылууга болор санаасы,
Атам дагы, а дагы
Кызырдуу кыргыз[1] баласы,
Байкайын – деп, Манасты,
Эртеси жок, кечинде,
Күн эңкейген кезинде
Айбандын зору Мааникер,
Он бешинде жашында
Ошондойду ойлогон
Бокмурун деген кандай эр!
Мааникер минип алганы,
Манасты көздөй бет алып
Кечинде жолго салганы.
Алда билер бул сөздүн
Чыны канча, жалганы.
Эмдиги элдин атына
Эче күндүк жол экен,
Шамда кирип барганы.
Учту десе баскандай,
Жер жүйөсүн чыгарып,
Жебенин* огун аткандай
Ал кырга барып бир тийип
Сом туягы жер чийип,
Созулуп жаанын огундай,
Бу кырга барып бир тийип,
Кулагын шамдай көтөрүп,
Куйругун жерге чөгөрүп,
Тар колтуктан суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Тери чыгып сызылып,
Деми чыгып кысылып,
Даңканы тийген таштары
Талкаланып бузулуп,
Октой белин байлаган,
Оттой көзү жайнаган,
Эрлик белги дагы бар
Эрдин кесе чайнаган,
Эр Бокмурун барганы
Эртеси жок, кечинде,
Жылдыздар чыккан кезинде.
Мааникерин кындыйтып,
Бадана тонун зымпыйтып
Барып калды Бокмурун.
Дөбөдөн жыйын тараптыр,
Төрө Манас бет алып
Үй жагына караптыр.

---

[1] *кыргыз.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «кыргыз» делип жазылган. Мурдагы жазылган сөз окулбайт.

*Үчүнчү*[1]

## КӨКӨТӨЙ ӨЛГӨНДӨ УУЛУ БОКМУРУН МАНАСКА КЕҢЕШКЕ БАРГАНЫ[2]

Салам берип баатырга,
Баатыр көзүн салыптыр
Атасы өлгөн бакырга.
«Атыңды айт, бала, кимсиң? – деп,
Ачылбаган кабагың,
Айтчу датың бар өңдүү
Наалыштуу ичиң кирсиң» – деп,
Көз байланган караңгы,
Көңүлүн сурайт баланын.
Көк жал эр сурап калганда
Көзүн жаштап алганы,
Көшүлүп ыйлап Бокмурун
Эр Манаска карады:
Кыргыз болуп атагым,
Өткөрүп ийип атамды
Өзүмчө кыйла чатагым!
Кыргыз болгон уругум,
Өткөрүп ийип атамды
Өзүңө келип турумун.
Жанадил уулу Көкөтөй
Жаандан*, баатыр көчкөнү,
Жарыктуу шамым өчкөнү!
Атым менин Бокмурун,
Атам өлгөн кезинде
Айылымда менин жоктугум!
Үч айлык жолго мен барып,
Үргөнчкө кетип мен калып,
Алган жаңы колуктум,
Айылыма келген кезимде
Армандуу күнгө жолуктум.
Оогандa жүрүп сенделдим,
О дүйнө атам кеткенде
Бир замат өтпөй мен келдим.
Келсем атам өтүптүр,
Келбес жайга көчүптүр,
Күйгөн[1] шамым өчүптүр,
Күйдүргү жайга көчүптүр.
Барса-келбес барыптыр[2],
Башкы атабыз Угуздан
Кыргыз атка калыптыр,
Башында бизди сураган
Бадырек кытай калыктыр,
Баатыр өзүң келгенде
Баашасын тажап, астыңдан
Бабам тосуп барыптыр.
Кайнымдан кайтып келгенче,
Кайтпаган жолго салыптыр,
Баймырза деген досуна
Бар сөзүн айтып калыптыр.
Айткан сөзүн аңдасам
Тапшырыптыр сизге – деп,
Тарчылык түштү бизге – деп,
Акыретке жөнөөрдө
Айткан экен атакем
Эр Манас сизди изде – деп!
Көп сөздө болсо катам – деп,
Көмүлө элек атам – деп,
Кейиште калган жаш башым,
Кеңешиң угуп кайтам – деп,
Кас тулпарда жал калды,

[1] *Үчүнчү.* Ушул белгинин биринчиси бар, «экинчи» деген белги жок. Эми бул жерде «үчүнчү» делиптир. Кыясы, булар катчыдан кеткен мүчүлүштүктөр.
[2] Сөздөр тексттер арасына тема катары жазылган.
[3] *Күрсүсүдөн.* Кыясы, катчыдан ката кеткен. Контекст боюнча талап кылынган сөздүн туура үлгүсү – «күйгөн».
[4] *Көчүптүр.* Сөз сызылып салынып, ылдый жагына «барыптыр» делип жазылган. Контекстке да, ыргак менен уйкаштыкка да ушул үлгү туура келет.

Канчалык дүйнө мал калды,
Бактырып жерден өстүргөн
Канчалык кайың, тал калды.
Алма, жаңгак жемиши,
Атпай журтка белгилүү
Ар дүнүйө тегизи.
Кыргыздын кыйла улугу,
Ыйлоого кылып уруксат,
Сизге айтылсын биздин дат,
Катындар какшап куруду.
Дүйнө малы түткүсүз,
Кыргыздын өзү мен түгүл
Кытай уруу күткүсүз,
Байкап турсам айтканын
Маңгулдун баары түткүсүз.
Кабар айт – дептир калкына,
Дөө менен бериге,
Жалпы кабар айт – дептир,
Дарыянын элине.
Баткан күндүн, чыкканын,
Баарын айтып кетиптир
Укпаган менен укканын.
Намыз үчүн баш бер – деп,
Алты суу толгон малым бар,
Аябастан аш бер – деп.
Най үмүт адам калбасын,
Артык дүйнө, күткөн мал
Азапка мени салбасын,
Топуракка көмөрдө
Токсон миң дооран байласын.
Төрт түлүктүү малымдан,
Дөбөдөй алтын зарымдан,
Зумурут, көөр таштардан,
Өнөр көрсүн жаштардан,
Өткөрсүн дүйнө аштардан.
Мындайын мурун жудайын,
Берсин – деп, аш кудаайын,
Эл кылбаган ишти айтып,
Атам кетти акырет
Жан көрбөгөн түштү айтып.
Акылын табар сиз – дедим,
Наристе бала биз – дедим,
Аргамды таппай алдырап,
Анан сизди издедим».
Ыйлоодон бала токтолду,
Ыңгыранып эр Манас
Ышкы ичине чок болду:
Көмүлүп калсам кокустан,
Көчүп кетсем дүйнөдөн
Ажал жетип окустан,
Кара кыргыз нуркуна,
Калың кара журтуна
Кайраты болор бекен – деп,
Болуп калса мажилис*
Кашкайтып айтып далай кеп,
Арбын ойлоп жүрчү элем
Адам болор бекен – деп!
Киши-миши болбодуң,
Көңүлүмө толбодуң!
Уркун суусу, Ташкенге,
Улуктук кылган өңдөнүп
Учкулук жүргөн башка элге,
Көкөтөй атам өттү – деп,
Көздөгөн ажал жетти – деп,
Көңүлүнө түшүрсүн
Мен жиберген кепти – деп,
Жигиттен кабар салсаңчы,
Жигиңди жанга билдирбей
Өкүмөт сүйлөп калсаңчы!
Биздин кылар иш эле,
Кызматына карасам
Кызыр* чалган Көкөтөй
Атамдан жакын киши эле.
Байгамбарлар жолу – деп,
Башараты* болду – деп,
Биринин дини* Мусада,
Биринин дини Ыйсада,
Бирөөнүн көөнү жиликте[1],

[1] Ушул ыр сабынан тартып «Атакелеп жоктотуп» деген сапка чейинки 35 сап тексттер өзүнчө сызыксыз ак кагазга жазылып, ал баракча негизги дептердин барактарына кошулуп бириктирилбей, бош салып коюлган. Кыясы, тактоо киргизүү максатында айтуучу коштурган өңдөнөт.

Бирөөнүн көөнү учада,
Агала сакал Айкожо,
Аз заманда биз кирдик
Исламдын* динине.
Нарк нускасы чыккан жок
Катын алып, үй тигиш
Калың кыргыз зилине.
Калмактын журту бөлүндү,
Капырлык жолго көрүндү,
Казак, кыргыз, думара
Кайсындай наркты кыларын
Билалбай болду убара.
Катын алмак, кыз бермек
Калкка болду чоң эрмек,
Өлүмдүн наркы чыга элек,
Өнөрүн калк уга элек.
Карыябыз Көкөтөй
Кандык туусун аштагын,
Каркап кырк күн болгончо
Көмбөй үйгө таштагын!
Кан атакем өлдү – деп,
Калкка кабар салдырып,
Катуу, катуу кеп менен
Кабардап мени алдырып,
Келбесе кесем башын – деп,
Сапардан санайм жашын – деп,
Опуза менен айттырып,
Ортодо жүргөн кишини
Оң сүйлөбөй кайттырып,
Ойрот журттун баарысын
Ошентип жүрөк майтарып,
Жесетин* жерге токтотуп,
Ак жоолуктун баарына
Атакелеп жоктотуп[1],
Нарк болсун кийинки өлгөнгө,
Айтуу болсун көргөнгө,
Аянбайлык Бокмурун
Атаңды жакшы көмгөнгө!
Кыяматка* кыйла бар,
Кылганың калсын бир үлгү,
Кылымга болсун сөзүң шар,
Кыла бер өнөр аянбай,
Кызматыңда мен да бар!
Тук токтолбой кеткин – деп,
Түн боюнча жеткин – деп,
Өзүңдү өзүң дөө кылып,
Өчмөндүүнү жөө кылып,
Өзүңдү өзүң чоң кылып,
Өнөрү артык жол кылып
Жата бергин бала – деп,
Жаным чыгып кеткенче
Жардамчымын сага – деп,
Жалган дүйнө мал үчүн
Табылып калар даба – деп,
Кызмат кылып, жол тосуп
Кайрат берген мага – деп,
Кан Көкөтөй аба – деп,
Көөнүнө койбой аланы,
Көтөрмөлөп баланы,
Суусун берип жандырып,
Айтып сөзгө кандырып,
«Улама* бар, молдо* бар,
Берсең дүйнө колдо бар,
Акыреттин камы үчүн
Ажылык* кылган жолдо бар,
Дубана* бар, эшен* бар,
Тилге жүйрүк чечен бар,
Бечара-карып нечен бар
Жеткенче берип алгын – деп,
Жетпей калса дүнүйөң
Жеке өзүмө салгын!» – деп,
Акырет* кеткен бабасы,
Айтып берип Манасы,
Кедей-байы бөлүнсүн

[1] Ушул ыр сабынан кийин бир сап ыр такыр өчүрүлүп салынган. Текстте үзүлүү жок. Кыясы, ортодо кошулган кичине баракчанын эң акыркы сабы мурда ушул жерде жазылган өңдөнөт. Такто киргизилгенде кайталанып калган ашыкча сап өчүрүлгөн.

Кең Ташкендин калаасы,
Жолго баатыр салыптыр,
Жоодураган Бокмурун
Жообун угуп алыптыр.
Учкан куштай Мааникер
Ушу түндө барыптыр,
Бокмурун антип жүрүшүн
Болжолун билбей калыптыр.
Акыл үчүн барыптыр,
Айтып кабар салыптыр,
Андай иште жүргөнүн
Адамдар билбей калыптыр.
Өкүмүмө көнсүн – деп,
Өнөрүмдү көрсүн – деп,
Токмок жалдуу тору айгыр,
Айбанаттан зор айгыр –
Ат күлүгүн мингизип,
Алтындуу тондон кийгизип,
Айланасы алты айлык
Айдарды жолго киргизип.

## *Төртүнчү*

## БОКМУРУН ЭЛГЕ КАБАРГА ЖИБЕРГЕНИ. КӨКӨТӨЙДҮ КОЙГОНУ[1]

Ашым урук четине
Айтып кабар тийгизип.
Аягы Ысар, Көлөптү,
Башы Жазык, Жөлөктү,
Кабар берип баарысын
Капырлардан бөлөктү,
Бадакшан менен Балыкты,
Багдатта кара калыкты,
Олуя-Ата, Ташкенди,
Көмгөнүндө жыйбады
Мусулмандан башка элди.
Кабар берди Кашкарды,
Калк жыйылган саны жок,
Карыя Кошой башкарды.
Жердеген жери Талас – деп,
Топурак салсын атама
Токтолбой келип Манас – деп,
Айдаркан уулу Көкчөнү,
Кызматын кылым көптөдү,
Кылган зыйнат – коюшун
Кылымда мындан өтпөдү.
Кабарды калкка салыптыр,
Казактан Көкчө барыптыр.
Көкмөктүн уулу Керкөкүл,
Көчпөс байдын Жанайын,
Көкөтөйдү койгондо
Чакырган дүйнө далайын,
Аземин элге көргөзүп,
Алтындап салып сарайын.
Атама көңүл айтат – деп,
Атама көңүл айткандар
Кантип куру кайтат – деп,
Аалимдер олжо алар – деп,
Акимдер* куру калар – деп,
Улама олжо алар – деп,
Улуктар куру калар – деп,
Өнөрлүү олжо алар – деп,
Өкүмөт куру калар – деп,
Кан баласы Бокмурун
Канчалык журттун камын жеп,

[1] Тема катары тексттер арасына жазылган, бирок ой, окуя бүткөн жерде эмес, сүйлөм бүтө элек жерге жайгаштырылган. Буга караганда демилге-аракет манасчынын эркинен тышкары, катчы тарабынан иштелсе керек. Балким, кол жазма алгачкы түп нуска эмес, көчүрмөдүр. Антпесе жазуу ишинин жүрүшүндө мындай болбойт эле.

Коколору көнөктөй
Коңгуроолуу кара нар,
Жалаң жыйган жамбысы*
Кош дөбөгө барабар,
Алтынына үй толгон,
Жайыттагы малына
Анжыян менен Чүй толгон,
Байлыгы башка мол үчүн,
Баатыр Манас баш болуп
Баары кирген ол үчүн,
Акырет кеткен адамдын
Артында калмак жол үчүн
Алтын берген аябай,
Мал көзүнө карабай.
Шылтоолоп дүйнө алсын – деп,
Ат күлүгүн салсын – деп,
Ат күлүгүн чапсын – деп,
Аты чыгып кай бирөө
Арбын дүйнө тапсын – деп,
Аалимдер куран айтсын – деп,
Агер келген адамдар
Най үмүт болбой кайтсын – деп.
Кылганым калсын бир өнөр
Кыяматтын* калкына,
Айтуу болсун акыры
Кара кыргыз наркына.
Нарк башталсын ушунда,
Аземи калсын нуркуна,
Айтуу калсын басылбай
Акыр заман* журтуна.
Бай экен өткөн Карынбай,
Кашыкка сузуп суу бербей,
Калды малы жайма-жай.
Бакылдыгы* башкача
Айып болуп калыптыр,
Малынын баары байдасыз
Кайып* болуп калыптыр.
Булунун баары таш болуп,
Дүнүйөсү жер толуп,
Опосуз ошо жалган – деп,
Эчен-эчен жан өтүп,
Ээн малы калган – деп,
Өлүү эмеспиз, тирүүбүз,
Өлгөн жандын бирибиз,
Ойлонуп аны Бокмурун
Ойроттун баарын чакырып,
Озгон күлүк кыйласын
Көрканага чаптырып,
Өлгөн жандар тирилбес,
Өрттөнгөн жыгач тигилбес,
Өкүрбөгөн жан келбес,
Келгендин баарын өкүртүп,
Кейишке салып өкүнтүп,
Жүргөндүн баарын өкүртүп,
Дүнүйө үчүн өкүнтүп.
Айгайды мен да салбай – деп,
Ак теңге булдан албай – деп.
Казынасын ачтырып,
Кара кыргыз уулуна
Канча дүйнө чачтырып,
Карып-мискин* бакырды
Дүнүйө берип шаштырып.
Азоодон кармап ат берип,
Албаска кайра дүйнөдө,
Ага ишентип ант берип.
Нокто, жүгөн таба албай,
Ойрону чыгып бир далай,
Мойнуна курун салышып,
Кай бирөө колдон чыгарып,
Бозорушуп калышып:
Макоосу экен малдын – деп,
Байдан мүчө* алдым – деп,
Башына катар жүгөн жок,
Мойнуна курум салдым – деп,
Курумду ага жулдуруп,
Куру кол болуп калдым – деп,
Жөө жүргөнү дагы бар,
Кайсы бирин кубалап
Кармап келген чагы бар.
Кайсы бирин минем – деп,
Алчайтып аяк салышып,
Үстүнө мине калышып,

Жакшы жылкы экен – деп,
Тегеректеп туруптур,
Бастырам десе баш бербей,
Көтөрүп жерге уруптур.
Алган аттан жыгылып,
Кулап жүргөн дагы бар,
Астынан тосо көргүн – деп,
Аркасынан кубалап,
Чуулап жүргөн дагы бар,
Немене үчүн берди – деп,
Сурап жүргөн дагы бар.
Жылкынын ыгын билгендер
Башына жүгөн салышып,
Байлап минип алышып,
Ээр-токум камдашып,
Эр көңүлүн жамдашып,
Дуулап жүргөн дагы бар.
Баланча бакыр келбей – деп,
Ал баш көтөрбөс кедей – деп,
Байдан мүчө албай – деп,
Баш көтөрбөй үйүнө
Жатышы мунун кандай?! – деп,
Жемелеген андан көп.
Жакшы жылкы болот – деп,
Жебелеген* сандан көп,
Кай биреөнө караса
Азуулары аркайган,
Астыңкы эрди шалпайган,
Өркөчтөрү коркойгон,
Өрдөктөй мойну койкойгон
Кандоого басса теңселген,
Чуудалары сеңселген
Атан төөдөн алышып,
Адам болуп калдым – деп,
Бай Көкөтөй өлгөн соң
Мамындайын алдым – деп,
Жетелеп жүргөн чагы бар.
Баланча бакыр келбептир,
Бат алып бачым келгин – деп,
Энтелеп жүргөн дагы бар[1].
Үйүндө калган жардыга
Ат жетелеп чаптырып,
Айылы жакын кай биреөн
Айгай салып чакырып,
Оонобой жатып алдың – деп,
Ойрон болгур тез келгин,
Олжодон куру калдың – деп,
Учкаштыра чабышып,
Ушуну алып берсең – деп,
Бири-бирине жабышып,
Минтип жүргөн дагы бар.
Тар саналуу залимдер
Эски тамын оодарып,
Не да болсо алсам – деп,
Тинтип жүргөн дагы бар.
Музоо, торпок мөөрөтүп,
Сааса сүтүн көлдөтүп,
Бакырдын чыгып кыйрынан,
Байлатып алып сыйырынан*,
Бакыры барып бай болуп
Көкөтөйдүн сыйынан,
Ондон-бештен кой алып,
Ушуну мындай баксам – деп,
Убайымды ойлонуп,
Коюнан куру калдым – деп,
Эчки деген эптүү мал,
Эми ушуну алдым – деп,
Ондон-бештен айдашып,
Ойлонуп көңүл жайлашып.
Кан Көкөтөй өлдү – деп,
Калкка малын бөлдү – деп,
Катар-катар нар калган,
Канча дүйнө мал калган,
Казынада зар калган,

---

[1] Ыр сабы эки колонка тексттердин арасындагы ачыкка ылдыйдан жогору карай кыйгач жазылып, кайсыл саптан кийин келери белги-чекиттер менен көрсөтүлгөн. Кол тамга катчыныкы. Сыя да башка тексттердикине окшош, тактоо үчүн киргизилген.

Калкы кыргыз, өзүбек
Алда кандай жумуш[1] – деп,
Акылын таппай сандалган.
Өспөсө куурап калбайбы
Өзөнгө бүткөн байтерек,
Өлүк менен тириктин
Экөөнө да мал керек.
Өткөнү жума түн болду,
Бай Көкөтөй өткөнү
Отуз алты күн болду,
Ойлоп көрсөң өлгөндөн
Ойротто мындай ким болду?
Келген журттун баарына,
Кашы менен карыга
Түштүгүнө бээ союп,
Түндүгүнө тай союп,
Кызматкери кыйлача,
Кыдырата чай коюп,
Ар даамды бүт берип,
Киш-миш чайкап, сүт берип,
Эрикkенче эт берип,
Бакырдан эме калтырбай,
Байкап туруп жеткирип.
Жаткан өлүп бир чалы
Жаандан ашкан бай экен,
Ар тарапта көп малы.
Алайда жүз миң кою бар,
Калтырбаска жалгыз кой
Бокмурундун ою бар.
Кара-Кулжа тар экен,
Анда да жүз миң бар экен,
Анын баарын жыйнаган
Бай Көкөтөй бай экен,
Төрт түлүгү шай экен,
Баш жагына зар экен.
Ташкендин үстү тоо экен,
Там салынбай зоо экен.
Наманген, Ташкен арасы
Айкымдын сары талаасы,
Анда жүз миң бар экен,
Атага кылган кызматты
Эр Бокмурун бала экен.
Андап көрсөң байлыгы
Атан төө токсон миң экен,
Арбагы журтка дүң экен.
Анча малын сарп кылган
Акырет кеткен адамга
Ааламда мындай ким экен?
Олуя-Ата, Чымкентте,
Орол менен Сайрамда,
Арт жагы Аксы жайларда
Төө деген мал экен,
Төрөнүн жайы ат экен,
Сыр боюна салдырган
Сыйыр деген мал экен,
Эсеп кылса уйлары
Эки жүз миң бар экен.
Топосу тоодо бөлүнгөн,
Толук дүйнө көрүнгөн,
Жети жүз миң жылкысы,
Жети жүз экен жылкычы.
Айгыр, аты бөлүнгөн,
Анда-санда бир келип,
Айтып эсеп көрүнгөн.
Эки жүз миң Алайда,
Байлыгынан атанып
Арбагы кеткен далайга.
Эки жүз миңи жатыптыр
Кашкардын үстү Ак-Сайга.
Үч жүз миңи батыптыр
Арпа менен Соң-Көлгө,
Анын үчүн Көкөтөй
Айтылган экен көп элге.
Чабыр малы батыптыр

[1] *жумуш* – ушул сөздүн ордунда мурда башка сөз жазылса керек, ал сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «жумуш» делип жазылыптыр. Мурда жазылган сөздү окууга, же болжол айтууга мүмкүн эмес.

Кетмен-Төбө[1] боюна,
Ал кезекте кыргыздар
Бир кенелип калыптыр
Көкөтөйдүн тоюна,
Жаңгыз мал алып калбаска
Бокмурун алган оюна.
Ачылса жүзү гүлдөнгөн,
Алтын менен түрдөгөн,
Анча-мынча адамдар
Наркын билбей сүрдөгөн,
Эки миң, үч миң дилдеге
Эрте базар сүйлөгөн
Дейилдеден* сексен миң,
Бабалары өкүмөт,
Баштатадан Көкөтөй
Дүнүйөнү жыйган тим,
Бар дүнүйө ар кимде,
Өлгөнүнүн артынан
Бул өңдөнтүп кылган ким?!
Кызыл кымкап* саны жок,
Кылымдын мындай малы жок.
Атылес*, тубар*, торгунга*,
Анын баарын толтурган
Алты сарай коргонго.
Доолон*, чүчтө* бу да бар?
Буулум, бута жуда бар.
Беш тамга толо бейкасам*,
Боо окшогон дүнүйө
Бендеге бүтпөйт байкасаң.
Баашайы* бар, барча* бар,
Багып турган аларды
Токсон алты калча* бар,
Айткан менен атаксыз
Башка дүйнө канча бар.
Жамбысы дөбө тоо болгон,
Аяк-башы он кадам
Алтынына үй толгон.
Кыргыз кандын уругу,
Нускалуу кыргыз тунугу,
Жанадил дөө баласы,
Бакатил баатыр бабасы,
Көкөтөй болгон атагы
Көсөл* кыргыз баласы.
Көкөтөй өткөн дүйнөдөн,
Көргөндөр сөзүн сүйлөгөн,
Биринен бири үйрөнгөн,
Билгендер минтип сүйлөгөн:
– Узагы жок, чукулу,
Угуз кандын тукуму.
Казак, кыргыз калыктыр,
Өлгөнүнө мал чачкан
Ошонун наркы калыптыр.
Отуз алты күнүндө
Оён Манас барыптыр,
Ар тарапка кабарын
Аябай Манас салыптыр.
Барабан согуп дүңгүрөп,
Баатырдын эли күңгүрөп,
Тозоңун тоодой бурдуруп,
Тууну тууга урдуруп,
Сурнай* кулак тундуруп,
Сурнай деген чоң өнөр,
Уккан, көргөн адамда
Бокмурундай ким көрөр.
Керней* үнү бапылдап,
Жезнай* тартып такылдап,
Чылмардан* согуп шакылдап,
Асабасы* жалпылдап,
Айчыктуу* туулар* жаркылдап,
Асан* айтып каркылдап,
Сандыргалуу* кырк бөрү
Санатын айтып көрөлү:
Баатырлардын баары бар,
Бакай абаң дагы бар,
Эр Алмамбет баатырдын
Жайланып турган чагы бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,

[1] Кетмен дөбө.

Кыргыздан кыраан Кутунай,
Каратоко Мажиги,
Камбарбектин Чалиги,
Саргыл бийдин Сатайы,
Ардалыктын Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргын Каракожосу,
Акылга бирге кошосу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Болумдуу экен пикири.
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү,
Топ башысы Токотой,
Кырк башчысы Кыргыл чал,
Эл башкарган Элеман,
Калк текшерген Калкаман,
Аздырбай айыл бийлеген,
Ат жыгылып турганча
Алтымыш акыл сүйлөгөн,
Жапырагы алтын байтерек
Сандыргалуу эр Серек,
Ал өнөрү болбосо
Серек демек не керек.
Сундурса найза тартпаган,
Качып[1] жоодон кайтпаган,
Кашындагы кан Сыргак,
Баатырларын байкап бак!
Серек менен Сыргагы,
Серпишкен жоодо чыйрагы.
Коңгуроолуу байдын кош Абыш,
Кош башкарган эр Ыбыш,
Алымбек уулу Алакең,
Аярдын бири ал экен,
Арстан Мажик бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Казатка кыргыз жол жүрсө
Карсактын* изин жаңылбас
Кадыр жайнак Шууту бар,
Кан жолдошу ушулар.
Түн ичинде кол сүрсө,
Түмөн кыргыз жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас,
Жол адашып зарылбас
Түмөн жайнак Шууту бар,
Түмөнгө* маалым ушулар.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка* Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Жоону алыстан көргөнү.
Ыкчы уул, Боз уул[2] ыктуусу
Эр Тазбаймат мыктысы,
Аскер жүрсө бир жакка
Асаба алып чыкчуусу.
Ал кезекте Ташкенге,
Өкүмөт тийбейт башка элге,
Панусту Манас алган кез,
Бадышалык өкүмөт
Көкөтөйгө калган соң
Алтайдан келген бабасы,
Баягыдай боюнча
Кымыз кылчуу сабасы,
Кышында кирип там үйгө,
Жайында кирип кыргызча
Асемдеген ак үйгө,
Кайыңдан түндүк ийдирген,

---

[1] *качырып.* Контекст боюнча «качып» делиши туурараак. Кыясы, катчыдан жазууда жаңылыштык кеткен.

[1] *бозуул.* Сөз ыр сабынын үстү жагына башка сыя менен жазылып кошулган. Кыясы, тактоо максатында иштелген. Кошулуу туура, антпесе ыр сабынын мазмуну бузулмак, анын үстүнө саптагы ыргак бузулуп, ырга окшобой калмак.

Каалга, таяк босого,
Канча түрдөп чийдирген,
Ууктарын нылдаган*,
Каалга менен кереге
Канча түрдөп сырдаган,
Чийин жибек чырмаган,
Асемдеген ак сарай,
Салтанаты бир далай,
Коргондон оолак көтөртүп,
Өкүрүп келген кишини
Аркы-терки тиккен үй
Арасынан өткөртүп,
Көкөтөйдүн кызыл туу,
Көтөрүлгөн мынабу,
Айчыгы көктө жаркылдап,
Асабасы жибектен,
Шамал тийсе жалпылдап,
Ойлоп көрсөң ушуну,
Тууга сайган жыгачы
Отуз кулач узуну.
Алыстан көрдү белгини,
Арстан Манас дүңгүрлөп,
Ат чабым жакын келгени.
Келе жатыр баатыр – деп,
Канкоруң келе жатыр – деп,
Астынан барды кабары,
Аламан деген чабары,
Кырк уруу кыргыз балбарын,
Кыйрында кошо бардаарын,
Аз болгондо алты миң
Баланы жыйып кашына,
Кызылдан селде чалдырып
Баарысынын башына,
Башына селде чалдырып,
Инжирден* таяк алдырып,
Атакелеп өкүр – деп,
Акыретке ким кетсе
Алда* кылган өкүм – деп,
Бай баласы Бокмурун
Өзү турду башына,
Өбөктөп ыйлап өкүрүп,
Өңүрүн жууп жашына:
«Эрбейип атка минбедим,
Эл кадырын билбедим!
Какайып атка минбедим,
Калк кадырын билбедим!
Жуулбастан кирдедим,
Журт кадырын билбедим!
Эркелик менен жаш жүрүп,
Эчтеме туйбас мас[1] жүрүп,
Элкимдик менен аз жүрүп,
Атакем өтүп дүйнөдөн,
Аңдабастан жүрүпмүн,
Арманда калган өзүм бар,
Наалыштуу калган сөзүм бар!
Ар ишке көнбөй башынан[2],
Акыры бала калбасын,
Атасынан жашынан!
Жаткан атам сен болдуң,
Жаш айрылган мен болдум,
Тагдыры актын ушу экен,
Жар-жородон кем болдум.
Он бешке жашым жеткени,
О дүйнөгө бет алып,
Оёнум атам кеткени,
Ойронум чыгып Бокмурун,
Өксөбөсө неткени!
Кагылтып атка мингизбей,
Калк кадырын билгизбей,
Кайып болдуң атам – деп,
Жалгыздыктын зарпынан
Караңгы түнгө батам – деп,
Карасам кара жолдош жок,
Кайгыда минтип жатам!» – деп,

---

[1] *жаш.* Контекстке туура келбейт, анын үстүнө жогорку ыр сабындагы сөздү кайталап да калган. Талап кылынган туура сөз – «мас».
[2] *жашынан.* Контекст боюнча туурараагы – «башынан». Анын үстүнө «жашынан» деген сөз кийинки сапта бар.

Өткөнүн көрүп өкүнүп,
Өбөктөп ыйлап өкүрүп,
Бокмурун боздоп буркурап,
Кара кыргыз уругу
Келди Манас чуркурап.
Кырк нөкөрү* мунун бар,
Манас күткөн кырк баатыр
Жүк көтөрчү нары бар,
Ак сакал менен сеңселип,
Боз жорго менен теңселип,
Башчысы Бакай, Кыргыл чал,
Баатырларды карап ал!
Сексен миң адам күркүрөп,
Жер көчүрүп дүңгүрөп,
Чаң обого буркурап,
Чапкылашып чуркурап
Манас келип калыптыр,
Баары журт айгай салыптыр,
Казак, кыргыз калкына
Өкүрүктүн адаты
Өткөндөрдөн калыптыр.
Жүргөн адам жүз миңче,
Кызмат кылган кырк миң бар.
Кызматкер атын алыптыр,
Он беште бала Бокмурун
Аларды жайлап салыптыр:
Кермеге атын байлатып,
Келгендин көөнүн жайлантып,
Керилтип орун жайлатып[1].
Өкүмөт кылып четине,
Коногуна көндүрүп,
Жайланып жаңы турганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Артынан келди бу дагы.
Отуз миң киши жолдошу,
Оён Көкчө жолборсу.
Элин бөлүп болгончо,
Элеман келди күңгүрлөп,
Эки миңдей кол менен,
Эриш-аркак жол менен,
Өкүргөнүн көрүшүп,
Айтканына көнүшүп,
Адамдын баарын сыйлайт – деп,
Айлына жакын барганда
Аябай үнүн акырып,
Айгай салып ыйлайт – деп,
Акылы терең тунугу,
Эштектердин улугу:
«Булардын кандай наркы – деп,
Ушунун кандай калкы – деп,
Карап биз да турбайлык,
Как өзүндөй чуулайлык,
Өткөн экен карысы,
Өбөктөшүп ыйлашкан
Өңкөй кыргыз баарысы.
Жамгырчы келди буркурап,
Кыргыздын кандай наркы – деп,
Кыйгылашып чуркурап[2].
Кызматкер атын алганы,
Келгендердин алдына
Кырмызы килем салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Аны-муну кылганча
Үрбү келди үч миң кол,
Келгендерди көрүшүп,
Өкүргөнгө көнүшүп,
Дарыя боюн жердеген,
Тамандашкан душманга
Талашып намыс бербеген,
Балыктын башы Көмөктөн
Бактысы ашык бөлөктөн,
Кыргыз уулу бу дагы
Улугу[3] Багыш жедигер,
Жедигердин Багышы

---

[1] Ыр сабы сызылып салынган, анын үстүнө ушул жерде мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, тиги сызылган сөз ошонун ордуна жазылган. Мурдагы сызылган сөз белгисиз.

[2] *буркурап.* Контекстке жана уйкаштыктын талабына караганда бул жерде «чуркурап» делиш туура.

[3] *уругу.* Кыясы, катчыдан ката кеткен, натыйжада ыр сабынын мааниси бузулган. Контекст боюнча талап кылынган туура сөз – улугу».

Уруудан чыккан бу бир эр.
Эки миң жарым кол алып,
Сарколдон ашып жол алып,
Дагы келип калганы,
Өлүккө келген адамды
Таратып конок алганы.
Улуу Чатка жайлаган,
Урматтап күлүк байлаган
Карыя Шыгай бу келди,
Кара жер көчкөн чуу келди,
Кайнап жаткан калың журт
Конокко бөлдү бул элди.
Эртеңки күнү кечинде,
Түш эңкейген кезинде
Ордо шайы*, көк жеке*,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө, Самаркан,
Аягы Асы, Жөлөктөн,
Туурасы Ысар, Көлөптөн
Саалай датка*, Сынчыбек,
Сарттан келди токсон миң.
Мындан да кыйын бай өлөт,
Өлгөнүн анын ким көрөт,
Өлгөнүнө чакырса
Өкүмүнө ким көнөт.
Маютк* келген эл толду
Кең Ташкендин талаага,
Талаада, үйдө орун жок
Далайы кирди калаага.
Атасы үчүн зарп кылган,
Эсеп жеткис дүйнөсүн
Не десе болор акыры
Эр Бокмурун балага!
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп,
Жагынага* кой союп,
Өлгөн кишээ той союп,
Эче түрдөп нан коюп,
Сары аякка бал коюп,
Казы кертип, жал коюп,
Жүз миң өгүз мал союп,
Жүдөгөндөр карк тоюп,
Ак байгамбар* мустапа*
Айтып кеткен шарият
Чачкан экен бу жакка
Агала сакал Айкожо,
Башына алып дагы аны,
Аалимдин баарын жыйдырып,
Шарыятка сыйдырып,
Кетте, кичик ыйгарып,
Кеперетин чыгарып,
Эки жүз миң кой айдап,
Токсон миң кара мал байлап,
Бурак атын* токутуп,
Жаназасын* окутуп,
Кырк бир экен молдосу,
Кыйла келген жолдошу,
Табытка салып көтөрүп,
Бидиясын* өткөрүп,
Салоогу* намаз* жаназа,
Сап-сап болуп жанаша,
Караган менен көз жетпейт,
Кыйкырып айтса сөз жетпейт.
Окуп намаз болушуп,
Текбирин* айтып коюшуп,
Сажидесиз* намаз окушуп,
Чоңтору[1] деген күлүгүн
Бурак атка токушуп,
Бай Көкөтөй бабаңдын
Коюлганы шо болду,
Дубалап салган топурак
Бир дөбөдөй тоо болду.
Андан бери карата
Көп дүйнө өттү далайы,
Ушу күндө дагы бар
Көкөтөй бабаң сарайы.
Молдолор дүнүйө бөлүшүп,
Ошондо да талашып,

[1] *чаңтору.* Кыясы, катчы ката кетирген өңдөнөт, адатта «Чоңтору» делиши жөндүү эле.

Мушташып жүрүп өлүшүп.
Бери чети шарыят,
Андан өөдө акыйкат,
Андан өөдө тарыйкат,
Башы болор маарипат*.
Билгени чандан билер – деп,
Атка ышкылуу кай бирөө
Өлүк өлдү – деп, укса
Напсиси айдап кирер – деп,
Тогуз миң кара мал байлап,
Байлаган малы гүл жайнап:
Он беш миңи төө болду,
Төө деген малга дөө болду.
Жыйырма беш миңи жылкы экен,
Кыргыз уулу болгонго
Урматы артык мүлк экен.
Отуз миң сыйыр байлатып,
Уйга кошуп топоздон
Белгилеп беш миң айдатып,
Баш байгеси ал болуп,
Бирден кийни байгеси
Ошонун жармы мал[1] болуп,
Аяк аттын байгеси,
Ала турган байдасы
Тогуз кара, токсон кой,
Көкөтөм деген бай өтүп,
Ойротко болду кыйла той.
Отуз атта байге бар,
Ондой өнөр кайда бар?!
Най үмүт адам калбасын,
Аттарды даек* кармасын,
Атпай кыргыз көрүптүр
Ал күнү абаң байдасын.
Атты төмөн айдасын,
Кокондон коё берсин – деп,
Кыябына келген ат
Коёндой чуркап келсин – деп,
Атты айдатып ийиптир,
Атпай журттун баарысы
Аңгемеге кириптир.
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкырыгы* бапик* кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул
Көк жал Манас келгенде
Көкөтөйдү жоктогон,
Азыраак айтып токтогон:
«Кудай кылган кутман бай,
Дүйнөнүн малын туткан бай,
Кабыргасы карыш май,
Кара кыргыз журтуна
Кадыры жеткен жайма-жай.
Кыздары кийген кызыл шай,
Балдары минген жорго тай».
Бу сөзүн айтып бу барган,
Артынан алты туу барган,
Айгайлаган чуу барган,
Алиги айткан сөзүнө
Эр Бокмурун кубанган.
Жоргодон тогуз байлатып,
Торкодон* токсон шайлатып,
Миң дилделик дейилде
Тогузун катар кийгизип,
Какылдаган ырчысын
Кадыр түнгө* киргизип,
Көп ичинде жайнатып,
Ат чаба[2] турган жеринде
Көчөгө салып айдатып,
Казактар талап алганы,
Карасаң дүйнө жалганы,
Өлгөндөргө ырчы айтмак
Андан мурас калганы.
Атты түндө айдаган,
Адамдар көңүл жайлаган,

[1] *мол.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн, бирок мааниси боюнча контекстке «мал» делиш тууравак болор эле.

[2] *чапкан.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн. Бирок ыргактын таламы үчүн «чаба» делиш туура. Эки учурда тең маани бир эле.

Кыйласы турат дегдешип,
Кындыйтып күлүк байлаган.
Кыбыла жакка карашып,
Кылымдын баары жардашып,
Ат келет – деп, андашып,
Сүрөөнү* алар билбеген,
Сүрдүгүп жолго кирбеген.
Күлүктөрдү айдап салыптыр,
Атты сүрөп чыгармак
Ашында болуп калыптыр.
Аккула аттын артынан
Ачбуудан кысып алыптыр,
Аның үчүн эр Манас
Кырылдыңбы кырк жигит,
Аккуланы сүрө! – деп,
Айгайды бийик салыптыр,
Ат сүрөмөк аңгеме
Андан чыгып калыптыр,
Азыркысын сүрөө жок,
Атка минген бирөө жок.
Жалча-жалча дөбө бар,
Жалпы чыккан төрө бар.
Кай бирөөнө караса,
Ат көрмөктү кааласа
Кашатка чыгып калышып,
Калдайган кара талаага
Карап көзүн салышып.
Кечээ айдаган кечинде,
Бүгүнкү бешим* кезинде
Кокондун жогор жагынан
Коюу чаңы бөлүндү,
Кеңди-Бадаң келгенде
Бириндеп аттар көрүндү.
Анжиян күңгөй тоосунан
Чыкканы озуп бөлүндү.
Багыштын аты Сүркийик
Анда-санда бир тийип,
Чаң артында буркурап,
Жедигер журту жер жарып,
Кыйкырып берди чуркурап.
Тизгинге бала асылып,
Кара болот суулугу*
Жерди көздөй басылып,
Туяк тийген жерлери
Жер очоктой казылып.
Ушу да кыргыз балдары,
Ошолордун баарысы
Кыйкырыкты салганы.
Тулпардын бири ал экен,
Бирден кийин келгени
Элемандын малы экен,
Телтору деген ал экен.
Үчүнчүсү эр Көкчө
Көп жылкынын кимиси,
Көгала аттын иниси
Кара төбөл Жармандай,
Кара сыны тайгандай.
Төртүнчүсүн караса
Төрөндүн аты Телтору,
Бешинчиси Мээнеткөк,
Сынчыбектин малы экен.
Алтынчысы Аргымак
Музбурчакта бар экен.
Жетинчиси Желкайып
Акбай, Мамбет дээр экен,
А да күлүк неме экен,
Сегизинчи болгону
Бакайдын аты Малтору,
Тогузунчу көрүндү,
Тозоңу тоодой бөлүндү
Сейиттин аты Желкара.
Онунчусу Оркызыл,
Жүгөрүнүн малы экен,
Ал заманда калайык
Жүйрүктүн баары бар экен.
Көр байгенин атыны
Көбүн айтып нетели,
Отуз атка байге бар,
Ондой өнөр кайда бар,
Кыйкырып күлүк чапмагы
Кырдагы элет жайда бар.
Байгесин бар журт алыптыр,

Аты күлүк адамдар
Байдалуу болуп калыптыр.
«Аскер келген топурап,
Атама салган топурак.
Най үмүт адам калбасын,
Ат чапкан эрлер албасын,
Атамды Алда жалгасын».
Ал сөздү айтып Бокмурун:
«Келген канча көпчүлүк,
Атам өлүп калган соң,
Башыма түшкөн көп түлүк.
Жашынан жанын кыйнаган
Жаандын малын жыйнаган.
Байкабай койсом бекер – деп,
Акырет жайы кыйындыр,
Байдасы болор бекен?» – деп,
Барыптыр үйгө тепеңдеп.
Алты там толгон теңгесин*,
Ачтырбастан өңгөсүн,
Эки там ачып салыптыр,
Эки тамда теңгеден
Немесин койбой алыптыр.
Бокмурун амыр кылгандыр,
Андагы теңге дирамдыр*,
Адамдарга үйрөтүп,
Алты араба күмүшүн
Алып чыгып сүйрөтүп,
Капкасын бүгүн ачтырды,
Кара журтка чачтырды.
Дыйкандар буудай салгандай,
Этекке салып алгандай,
Кол менен[1] берсе шаа жетпейт,
Комсонуп куру жан кетпейт,
Жеткениң жерден алгын – деп,
Кайдан алам дегениң
Караган бойдон калгын – деп,
Улук-кичик алгын – деп,
Убара болом дегениң
Ушу бойдон калгын – деп,
Улактырып[2] ыргытып,
Асмандан түшкөн буурчактай
Ак теңге чачып өткөнү,
Кайсы бирөө жыгылды
Кара жерди кучактай.
Асмандан түшкөн мөндүрдөй,
Көмүлгөнү көрүнбөй,
Топуракка аралаш
Уучташып жүргөн дагы бар,
Мен алчууну алдың – деп,
Мушташып[3] жүргөн дагы бар.
Чачылган жерден термелеп,
Жармашып жүргөн дагы бар.
Мен алгыча алдың – деп,
Кармашып жүргөн дагы бар.
Көмүлдү топуракка – деп,
Издеп жүргөн дагы бар,
Үчтөн, төрттөн мушташып,
Иштеп жүргөн дагы бар,
Бирин бири байлашып,
Тиздеп жүргөн дагы бар,
Так кырк күндө эл тарап,
Кайта турган чагы бар.
Карматкан* токсон кишиге,
Калайык айран калгандай
Ал замандын ишине,
Тогуз катар торкодон
Токсон сарпай кийгизди,
Бай баласы Бокмурун

---

[1] *менен.* Мындай сөз түп нускада жок, анда «кол берсе шаа жетпейт» – делип жазылган. Натыйжада маани да кудук, ыргак бузулуп, сап ырга окшобой калган. Кыясы, катчыдан ката кетип, «менен» деген сөз жазылбай калса керек.

[2] *улактырып.* Сөздүн туура үлгүсү «ылактырып», же «лактырып» (ыргытуу), ыр саптарындагы үндөшүү законуна ылайык «улактырып» катары айтылган өңдөнөт.

[3] *мучташып.* Сөздүн туура үлгүсү – «мушташып». Кыясы, катчыдан ката кеткен, же диалектилик өзгөчөлүк.

Тойгондугун билгизди.
Түшүрсүн келе* молдо – деп,
Атакемдин арбагы
Алың келсе колдо – деп,
Кырк миң молдо токтолуп,
Окторултуп октолтуп,
Кырк аргымак токугун,
Кырк күн куран окутуп.
Кылмак болду кырк ашын*
Кырдагы кыргыз тукумун
Жыйып, жыйнап эл башын:
Катагандын баарысы,
Кошой баштык карысы,
Жедигердин Багышы,
Жеткир чалдын Агышы,
Эл башчылар барышты.
Көкөтөйдүн санаты,
Көп жылга калган дабышы.
Алымсейит, Айдаркан
Атпай алач журтуна
Атагы чыккан бу бир жан,
Баштатан жери Бадакшан,
Башкарганы Чегиш кан.
Ат чабат экен дагы – деп,
Жүйрүк күлүк аттардын
Жүгүрүүчү чагы – деп,
Аты чыгып да келер
Ачылган эрдин багы – деп,
Аш бергенде ат чапкан
Кыргыздын кызык[1] заңы – деп,
Ой жагында тарса бар,
Ондон бери парсы бар,
Парсы деген тажик тил,
«Манас» алган молдолор
Байкап көрүп сөзүн бил,
Каптал жакта калча бар,
Олжо берген аларга
Кыргыз уулу канча бар,
Кетелик, Дөгүш эр келди,
Эче түрдүү эл келди,
Казак, кыргыз мол болуп,
Каптаган кара сел келди.
Оогандан Акун кан келди,
Ойроттон далай жан келди.
Белдери тыкыс мекчейип,
Кош кулагы коёндой
Чокусунда чекчейип,
Соорулары даңкайып,
Тоо кайыптай шаңкайып,
Мойну зымга тарткандай,
Болжогонго шайтандай,
Көркүн көргөн адамдар
Айбандан мындай туубайт – деп,
Ар бир жерде айткандай,
Чаткаягы Чаткалдай,
Чатына тана баткандай
Туягы чулу темирдей,
Чакмак эти сеңирдей
Күлүктөр келди туш-туштан,
Жер басканы болбосо,
Жүгүргөнү кем эмес
Кара кузгун бу куштан.
Учкурлугу кузгундай,
Туягынын чулусу
Туюк ташты бузгундай.
Күлүктүн баары жыйналган,
Күлдү журтту жыйнаган
Бокмурун деген кандай жан?!
Акырет кеткен Көкүм кан,
Наалып калган канча жан,
Ат келиптир төмөнкү
Жет менен тарсадан,
Каратегин, калчадан,
Кабар угуп да келди
Кадимки баатыр Манас кан.
Катагандан кан Кошой,

[1] *кыйын.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн. Бирок контекстке «кызык» толугураак туура келет. Балким, катчыдан жазууда каталык кеткендир.

Казактардын Көкчөсү,
Кыпчактан келди Элеман,
Эштектен келген Жамгырчы –
Бас журтунда бу бир кан,
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын жээни Жүгөрү
Көгүш уулу Керкөкүл,
Көчпөс байдын Жанайы,
Кырк ашына жыйылган
Кылым журттун далайы.
Анжыяндан Сынчыбек,
Агала сакал Музбурчак,
Анын баары жыйылып,
Аш – деп, келди ушул чак.
Кан Көкөтөй жоктолду,
Калайык үч күн токтолду.
Кызыл чок ойрот, кытайдан
Кыркында киши жок болду,
Калк үч күнү токтолду.
Жер очогун ойдуруп,
Жети жүз бээ сойдуруп,
Жээк-жергенин баарысын
Аппак майга тойдуруп,
Аземин элден арттырып,
Алты күн табак тарттырып,
Байгесин башка бөлдүрүп,
Барган сайын дүнүйөнү
Бокмурун алып өндүрүп.
Ар кайсы малдан бир жүздөн
Даярдатып салдырып,
Жамбыдан жүзүн алдырып,
Аты шаңшуур* жамбынын,
Бокмурун баарын кам кылган.
Он миң санап дилдени,
Ордодо баккан чорунан*
Отузу атка мингени.
Он беши эркек эр болду,
Он беши аял болгондо
Санаты чогуу не болду?
Бирөө катын, бирөө эр,
Башта сатып, малга алган,
Атагын анын эмне[1] дээр?
Катыны күң, эри кул,
Кадимкиңдин сөзү бул.
Көкөтөй зайбы болгон тул*
Өлгөндөргө кылганы,
Өңкөй кыргыз балдары
Өткөнүңдүн сөзү шул.
Байгенин башы ал болду,
Экинчи аттын байгеси
Башына сайган байгенин
Жартысындай мал болду.
Кылымга кылды байданы,
Кырк атка сайды байгени.
Он беш эркек, ургаачы,
Оболу сатып алган соң
Байгеге багып турбасын,
Тогуз атка бөлүндү,
Онунчу ат болгон жеринде
Бир ургаачы, бир эркек
Эки киши көрүндү.
Кырк атка байге сайганы,
Кылып кетип андай иш
Кыргызга калба салганы.
Башкарып байге шайлады,
Баатырлар көңүл жайлады.
Жеткен буудан туш-туштан,
Жети жүз атты айдады.
Түшүрдү түшкөн кыядан,
Аяк жагы Ташкендин
Адамдын көзү жетпеген
Аңкаган чөл-биябан.
Ат айдаган жүз киши,
Канга ылайык тыңынан,
Калп айтпаган чынынан
Калыс барды үч киши.
Атты кечке айдады,
Бейсарамжал балдардын

[1] *немен.* Катчыдан ката кеткен. Талап кылынган сөз – «эмне».

Бекерге шору кайнады.
Барганы деңиз Кара-Көл,
Мага ишенбей барып көр.
Токтотуп атын тонотуп,
Томпоюп уктап балдары.
Таң атканда баргандар
Ойготуп жүрүп жүдөдү.
Оозунан суулук алдырып,
Ат бүткөндүн баарысын
Ары-бери чалдырып,
Оздугун чыгарып,
Ошо суудан сугарып,
Камышы көп жер экен,
Кара деңиз дээр экен,
Камышы үйдөн жоон экен,
Кайгарар жери шол экен.
Күндүн мурду чалганда,
Жаңы чыгып калганда
Кылкылдатып баядарды,
Кырка коюп салганы
Ат айдаган зардалы.
Башкарып атты салууга
Баймырза кошо барганы.
Алдоо акбар, баргын! – деп,
Жооп берип калганы.
Жолго балдар салганы,
Кай бирөөнү караса
Көзгө илинбей калганы.
Шамалдайын дыркырап,
Жаа огундай зыркырап,
Тарткан саадак* огундай,
Кай бирөөнү карасаң
Жазайыл* мылтык тобундай*.
Төрт аяктап тик түшүп,
Даңканы тийген жерине
Жан жагына жик түшүп.
Башкача буудан тулпарлар,
Байлоодо катып тургандар
Багалчагы малынып,
Маралдай төшү салынып,
Бар кудай колдой көргүн! – деп,
Балдардын көбү сабылып.
Адырмакты көргөндө
Ач күсөндөй бүгүлүп,
Ай-талааны көргөндө
Ач аркардай жүгүрүп,
Чаң обого буркурап,
Чапкан балдар чуркурап,
Жүгүргөн буудан зымылдап,
Ат чапкан балдар чыңылдап.
Эртеси жок кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Келсе экен – деп, көпчүлүк
Карап турган кезинде
Кош-Аралдын боюнан
Коюу чаңы бөлүнүп[1],
Закымдын кара дөбөдөн
Самсаалап аттар көрүнүп.
Атагы жери Ак-Дөбө,
Алда кантер экен – деп,
Аңдап турган көй* төрө.
Асты жагын карасаң:
Кадимден элде үлгүсү,
Кештелүү*2 кыпчак журтунун
Кара жаак Үрбүсү
Эгизкара дегени
Эң алдында келгени.
Аркасында Керкашка,
Арышы малдан бир башка,
Керкөкүлдүн аты экен,
Айбандан артык заты экен,
Кыркына чаап салыптыр,
Бир күндүк тери калыптыр,
Арман менен жаныбар

---

[1] *көрүнүп.* Кыясы, катчы ката кетирген. Адатта мындай учурда «бөлүнүп» делчү эле. Ал сөз контекстке толук туура келет. Анын үстүнө «көрүнүп» деген сөз кийинки саптарда бар, ушул сөзгө уйкашат.

Бирдин соңу барыптыр.
Үчүнчүсү Карткүрөң,
Ажынын аты киргени,
Төртүнчүсү Таркызыл,
Сейиттин аты жүргөнү.
Бешинчиси Акборчук,
Кыргылдын аты киргени,
Алтынчысы акырып,
Ураанын узун чакырып,
Калчанын аты кириптир,
Сегизинчи Желкызыл,
Тейиштин аты жүрүптүр.
Тогузунчу караса
Токотойдун Тоотору,
Онунчусу Оркызыл,
Сарттан алган мал экен,
Сынчыбеги бар экен.
Бирден-бирден чубашып,
Минген балдар чуулашып,
Таанымбаган көпчүлүк
Бир-биринен сурашып.
Кырк атка саны толуптур,
Андан кийин барганын
Кысып тыйып коюптур.
Көкүм абаң өлгөнү
Көп тамаша болуптур.
Баатырың Манас башында,
Бабаң Кошой кашында,
Байгесин берди ирээттеп,
Баланча аттын байгесин
Бастанча киши билет – деп.
Көргөн-билген жерлерде
Көп дүнүйө калганы,
Эң аяккы аттарга
Тогуздап берип салганы.
Кырк ашын антип өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Эл жайына тарады,
Бет-бетине карады.
Өзгө журт кетти, өз калды,
Өткөндөрдүн баарынан
Өөдө-төмөн сөз калды.
Өткүр бала Бокмурун
Өз журтуна сөз салды:
«Шарият туура, ак дини,
Шашпайлык эми ага-ини.
Бакардын* сүтү көлдөсүн,
Малдын баары төлдөсүн.
Быйылдан бөлөк эки жыл,
Үчүнчү жылда аш берсек
Ага-ини, журтум амал кыл –
Кочкорду баккын, түрк* болсун,
Козуну баккын, ирик болсун,
Тайлакты баккын, төө болсун,
Ат бакпаган жөө болсун.
Бадачы баксын сыйырыны,
Байытса кудай кыйырымы,
Бадачы баксын уюну,
Арбысын үйдүн буюму,
Бузбаса кудай куюму
Кылым журт олжо алгандай,
Кызык бир сонун аш болсун
Кыяматка калгандай.
Айгырды бычкын, ат болсун,
Асты-үстүнө дүйнөнүн
Ар тарапка кат болсун,
Айдатып шалы, күрүчкө
Алты миң үйлүү сарт болсун.
Ага чейин кара журт
Бириң эмес, баарың ук,
Жашың менен карың ук,
Көкөтөй деген бай экен,
Көп дүйнөсү бар экен,
Жайыттагы малынан,
Жалган дүйнө баарынан
Өлүү малы көп экен,
Өзүнө муну зарп кылып

[1] *кашталы.*

Өткөрүүчү кеп экен.
Жазуудан артык жан өлбөйт,
Так үстүндө кан өлбөйт,
Жерде жатса дан өлбөйт,
Ырыскы берчү кудайым,
Атпай угуз уругу[1]
Жаратканың жалгыздан
Ынтымак тиле жудайын.
Өлүккө кылсак бир санат
Өчтөшкөн душман арданат!
Ким жүрөт тирүү жалганга,
Үлгү болсун калганга.
Караган ага-туугандар,
Канча там толгон дүнүйө бар,
Арттырып бокчо* катпаңар!
Жалпы кыргыз[2] баласы,
Жайнап турат жанында
Анжыян,Ташкен калаасы,
Жалгыз улак сатпаңар,
Буулум да бар, бута бар,
Мынча дүйнө жуда бар,
Угарманга сөз да бар,
Кадек* да бар, бөз* да бар,
Комуз тили* шайы бар,
Кол жеткендин баары бар,
Торгун, тубар дагы бар,
Ошончонун баарысы
Толуп жаткан чагы бар.
Соолан* да бар, дүрдүн* бар,
Дагы бириң кокустан
Малдан сатып жүрбөңөр,
Алчын байыр*, атилес,
Аларыңдын баары бар,
Азат* деген дагы бар,
Көйнөгүң тозсо көйнөк ал,
Көтөрүлүп өссүн мал.
Чапаның тозсо аныңды ал,
Семире берсин баккан мал.
Күрмө кийсең баалап ал,
Кулду сонун баары бар.
Аягың азса булгаары,
Казынамда бу баары,
Кара кыргыз тукуму
Жалгыз мал сатпа кубаары.
Жайкыңа кийсең калпак бар,
Салынам десең талпак бар.
Кышыңа кийсең көрпө бар,
Жук артарга кара нар.
Көкөтөйдөн көп калган
Көп сарай толгон мүлкү бар,
Бөркүңө суусар, түлкү бар.
Эсебин алып жоктоңор,
Мал сатуудан токтоңор!
Жүз элүү миң түтүнүң,
Жыртылбай турсаң бүтүнүң,
Калайык сага сөзүм бул
Аш берүүгө күтүнгүн!
Күтүнүп турсаң ашыңа
Күлдү журт келер кашыңа.
Жердин өзү дөңгөлөк,
Жеткен жан келер жөрмөлөп.
Алдыңкы баскан жериңдин,
Аялың менен эриңдин
Санатын санап билермин,
Забарың менен зериңдин
Жер астында эрлер бар,
Эчен түрдүү элдер бар,
Дөө менен бери бар,
Шыба менен Чери бар,
Алаткак* бар, чыңыроон*,
Адамноо* деген жандар бар
Бирөөнүн бели билден жоон.

---

[1] *кыргыз баласы.* Мурда жазылган «угуз уругу» деген сөздөр өчүрүлүп, ордуна «кыргыз баласы» делип башка сыя менен жазылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү. Оңдоо кийин катчы Ы. Абдыракманов тарабынан иштелсе керек. Оңдоонун жалпы мазмунга зыяны деле жок.

[2] *кыргыз.* Бул сөз да өчүрүлгөн сөздүн ордуна башка сыя менен жазылган. Балким, мурда жазылган сөз «угуз» болушу мүмкүн.

Саяса деген жандар бар,
Убара чаркөө* заңгар* бар.
Эргежээл, итаалы,
Не түрдүү жандар бар баары.
Мусулман, капыр бу да бар,
Бул дүнүйө жалганда
Көйөктүн[1] журту жуда бар.
Көйөктүн журту көп болот,
Жегени кыткыл чөп болот.
Чакырсак ашка баарысын
Кемитип койсок дүйнөнү
Кетирер кыргыз намысын!»
Ал сөздү айтып салганы,
Анда турган көпчүлүк
Акыл ушу сөзү – деп,
Айтканын кабыл алганы.
Жалгыз улак мал сатпай,
Жалгыз табак дан сатпай,
Көкөтөй жыйган көп дүйнө
Көйнөгүн андан алышып,
Тозулуп кетсе кийими
Сарайды көздөй салышып,
Бакканы бар башында,
Баачысы бар кашында,
Өтүккө берип булгаары,
Өзү бакты буларды.
Сойбой, сатпай мал сактап,
Үч жыл өттү жан сактап.
Басырыкты көрбөдү,
Малдары өсүп жөнөдү.
Жаманчылык көрбөдү,
Жандыктар өсүп жөнөдү.
Элдин баары туусары,
Эрке өскөрдү буларды.
Эр Бокмурун башкарган,
Эгем өзү бир билер
Эми мындай тууларды.
Ат семирди, жык толду,
Ашты качан берет – деп,
Адамдын баары бук болду.
Эр семирип эрикти,
Кыйындар келсе көрсөк – деп,
Кыз-келиндер желикти.
Кышында буура күркүрөп,
Кыргыздын журту дүркүрөп,
Жазында бука өкүрүп,
Жаандагы жүргөндөр
Аш бербейт – деп, өкүнүп,
Айгырдын баары кишинеп,
Акырып теке титиреп,
Кочкордун баары сүзүшүп,
Козунун баары түрк болуп,
Калчаңгир болуп түшүшүп,
Жаткандан малдар тура албай,
Букалар моюн бура албай,
Котосу толуп койнотко,
Кан Көкөтөй өлгөнү
Кабары тийип ойротко.
Баашалыкка бактырган,
Байкаган күчүн жактырган,
Териси калың айбандан
Алты чаюш били бар,
Эки керик дагы бар,
Эр Көкөтөй мурунтан
Баарын жыйган чагы бар.
Жолборстон баккан үчү бар,
Кызыл чаар арыстан,
Бир-биринде жолборстун
Кырк кишилик күчү бар.
Илбирстен баккан беши бар,
Өзүнчө жаткан ойношуп,
Бир-бирине эши бар.
Аюудан алты машы бар,
Кабылан деген жандардан
Багылган эки жашы бар,
Катылет деген жандар бар,

[1] *көйаттуң.* Катчы жаңылыш, же чала угуп ката жазса керек. Ошол эле сөз – этноним кийинки ыр сабында «көйөктүн» делип жазылган.

Аягы жаңгыз, колу үчөө,
Адамга душман заңгар бар.
Тыкшы маймыл деген бар
Албан түрдүү бийлеген,
Тогуз түрдүү тоту бар
Адамдын тилин сүйлөгөн.
Кабары жок башка элдин,
Калаасында Ташкендин,
Бай Көкөтөй башында
Сарамжалы жанда жок,
Баарын баккан жашында.
Качыры эки миң болгон,
Кара кыргыз журтунун
Калкында мындай ким болгон?!
Камданып ашка турганы,
Аш кудайы берүүгө
Ойлонуп дүкөн курганы*
Үргүлүп үч жыл болуптур,
Үйү-сырты баарысы
Дүнүйөгө толуптур.
Аттары үркүп куландай,
Кулундарын караса
Үч жашаган кунандай,
Бээлерине караса
Беш байса салган дубалдай,
Кызыктырып желигип,
Эр тандачу жубандай,
Катыны кийген кара киш*,
Кара кыргыз журтунан
Кадимден чыккан сонун иш.
Ат мойнуна жал күтүп,
Адамынын баарысы
Албан түрдүү мал күтүп.
Суусамырды, Алайды,
Журту жайлап далайды,
Ак-Сай, Арпа, Соң-Көлдү,
Аны да жайлап көп эли.
Уй бакканы Ак-Дөбө,
Ушу түрдүү көй төрө,
Койлору Ысар, Көлөптө,
Ат коюп Арсы, Жөлөккө.
Сыр боюна төө коюп,
Чымген менен Сайрамда,
Төө жаткан ушу жайларда.
Каркап үч жыл толгондо,
Убадасы тосулуп,
Убакты күнү болгондо
Туу көтөрүп, үй тикти
Бадышалык коргонго.
Кадырлайт экен ошону,
Катагандын Кошою,
Казактардан Көкчөнү,
Агыш менен Кожошту,
Акпай, Үмөт, Мамбетти,
Эр Көккоён султанды,
Эми жыйды буларды.
Оогандан алды Акунду,
Көп элден көңүл жакынды.

*Бешинчи*

## БОКМУРУН КӨКӨТӨЙГӨ АШ БЕРҮҮ ҮЧҮН ЭЛДИ ЧОГУЛТУП, КЕҢЕШ КЫЛГАНЫ[1]

Эр Бокмурун кеп айтат,
Эй, агайын – деп, айтат,
Азыркы турган кезимде,
Ар бир жумуш эсимде,
Атам өлүп калганы,
Акыры дүйнө жалганы.
Кайыныма кетип кашайып,
Өз оозунан укпадым,
Өкүнчү болду тутканым.
Атамдын тирүү чагында
Эркелик менен ар качан
Эртеден кечке уктадым.
Атамдын ашын бермекке
Абаке, азыр сурасаң
Ар түрдүү дүйнө чуктадым.
Аманат койгон дүйнөгө
Наадандар кылат кыянат,
Акыры жалган сөз эмес
Артында болот кыямат.
Кыргыздан болду бул иш – деп,
Кылым журт айтып салгандай,
Кыямат кайым болгончо
Артына айтуу калгандай,
Кудайы кылып, аш кылып,
Курган Манас канкорду
Ушу ашына баш кылып,
Көмүктөн алтын ачууга
Көңүлүм турат калайык
Көп дүнүйө чачууга.
Айтууга калсын сөз үчүн,
Күткөнүн күбүп зарп кылсам
Атакемдин өзү үчүн,
Айткан керээз сөзү үчүн,
Байкап кебин туттум – деп,
Баштан аяк айтканын
Баймырзадан уктум – деп,
Баяндап кебин тыңда – деп,
Баймырза азыр мында – деп,
Эр Бокмурун кеп айтат,
Ээ, калайык – деп, айтат.
Аксакалсыз баарыңар,
Сиздерден кантип мен өтөм,
Атам айткан сөз үчүн,
Нарк чыгарсак бир бүтүн
Кара кыргыз иши үчүн,
Кайып болгон атакем
Карып калган киши үчүн.
Аябай атам мүлүгүн,
Айлым тартар түлүгүн,
Аттын сынап күлүгүн,
Азар түмөн кеп ойлойм,
Ат чапсамбы – деп, ойлойм,
Абаке Кошой, бу кандай?
Акыры кыргыз уулусуң,
Ар качандан бейлибиз
Аталаш бирге туугандай.
Темирдүү найза алышып,
Сезгенбестен салышып,
Мусулмандан, капырдан
Эр сайышып эки жан
Мындай өнөр кылсам – дейм,
Атакемдин ашыны
Арбыта берип тынсам – дейм.
Алптан күчтүү дөө салып,
Эки балбан жөө салып,
Күрөшүн күлдү журт көрсүн,

[1] Манасчы өзү ушул түрдө тексттер арасына тема коюп айтканы күмөн. Кыясы, бул түрдөгү темачалар катчы тарабынан кошулса керек.

Балбандыгын куп көрсүн.
Эки журттан эки адам
Эңишип оюн салса – деп,
Эркеги жеңип алса – деп,
Артында калган адамга,
Ашка келген ар жанга
Үлгү болуп калсын – деп,
Мындай акыл оюмда,
Талыкпайм – деп, дүйнөдөн
Кайратым кара боюмда.
Жаркыраса башы – деп,
Эки журттан сүзүшүп,
Эки киши тазы – деп,
Атамдан калган дүнүйө
Билинсин көбү, азы – деп,
Жамбаштан жерди ойсок – деп,
Казык кагып, төө байлап,
Жыпжылаңач чечинип,
Чечип ал – деп, койсок – деп,
Как жыгачтан-сулатып,
Карагайдан бир жүзүн
Асманды карай улатып,
Алтындан жамбы тактырып,
Мергениң атып алгын – деп,
Мергендерге аттырып,
Мындай оюн чыкса – деп,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Жүргөн адам уулунун
Андиси атып жыкса – деп,
Ал жумуш бар оюмда,
Аянгым жок, абаке,
Атакемдин тоюнда!
Куп көрөм элдин келгенин,
Айтууга калбай тим болду
Кудайы кылып бергеним.
Акыры кылар ишимдин
Акыл салар кишимсиң».
Абакеңиз Кошойго,
Бокмурун айтат ошого.
Болкулдап күлдү Кошой дөө:
«Кыларың кыйын иш экен,
Кыямат кеткен атаңыз
Арманы жок киши экен!
Кандардан калат алтын так,
Алдаң берген артык бак,
Уругу угуз[1] балдары
Толгон кезиң ушул чак.
Мынча оозанып алган соң,
Оюңа түшүп калган соң,
Кылсаң балам, кылып бак!
Төгүлгөн жерде жин калат,
Төгүн жалган дүйнөгө
Өлбөй тирүү ким калат?
Жуулган жерде кир калат,
Акыры жалган дүнүйө,
Ажал келсе бир калат.
Танаптуу жерде бөз калат,
Андай ишти бир кылсаң,
Кыяматтын журтуна
Кыйла сонун сөз калат!
Акыры бенде өлөрдө
Ажал жетти – деп, калат,
Атыштуу жерде чеп калат,
Андай кылсаң кой дебейм,
Акыр заман журтуна
Айтууга жакшы кеп калат!
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көпчүлүккө дүң болор,
Душмандын көөнү кир болор,
Кыяматтын журтуна
Кызык жумуш бир болор!
Кылсаң кылгын, балам – деп,
Карыя Кошой абаң – деп,
Мен да жардам саган» – деп,
Эр Кошой сүйлөп салыптыр.
Не кыйындын баарысы

---

[1] *кыргыз.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна ушул сөз башка сыя менен жазылган. Мурдагы жазылган сөз «угуз» экени билинип турат.

Болсо болсун, болсун! – деп,
Чуркурашып калыптыр.
Бокмурундун көңүлүн
Көтөрүшүп алганы,
Көк жал бала Бокмурун
Көңүлү тынып калганы.
«Дабыртың кетер башка элге,
Такыядай Ташкенге,
Аз күндөн бери эледим,
Ашты кандай беремин?
Кылып алган камы көп,
Кыжылдаган тамы көп,
Не түрдүү жыгач баары бар,
Жаңгак, өрүк, талы көп.
Кыргыздан улай Ооган бар,
Капталы татар көп жандар,
Туура жакта калча бар,
Андан ары карата
Түрдүү душман канча бар,
Шаарга кирсе кокустан
Дыйкандарга кол салар.
Күн батыштын жагында
Кызылбаш бар, тарса бар.
Кызыл баш койгон эренди,
«Каталдык кылса эр Манас
Кыйратып иер дегени.
Ашка келсе анча көп,
Алакандай Анжыян
Ага туруш кандай кеп?
Абаке Кошой, сүйлө – деп,
Аш берер жерди бийле» – деп,
Бокмурун айтты мындай кеп.
Ак сакал бар, көк сакал,
Мурункудан калган сөз,
Айтканда чыгар кеп макал.
Бабасы Кошой олтуруп,
Акылын ойлоп болтуруп,
Баланын сөзүн байкады,
Башын Кошой чайкады:
Күн батыш жакта көл да көп,
Суу жүрбөгөн чөл да көп!»
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе*, бото* кур,
Алтындан наал*, жез өкчө*
Айдаркан уулу эр Көкчө
Ал жыйынга кеп айтат:
«Абаке Кошой,– деп, айтат.
Сары-Арка деген жер көрдүм,
Алтайдын туура как тушу,
Салтанатын кең көрдүм.
Адыры жайык, жери кең,
Айып жери – суусу кем».
Ал сөздөн Көкчө басылды,
Акундун оозу ачылды:
«Эми көчүп бу жерден
Жетиген жакка* кетеби?
Күн батышта күлдү журт
Жети ай көчсө жетеби?
Айттың Көкчө жолборс – деп,
Адамга керек жолдош – деп,
Ал жерге барып болбос» – деп.
Жанган көзү чырактай,
Жайдардын уулу эр Акбай:
«Кеңдиги кыйла далай бар,
Каратегин башында.
Атактуу жайлоо Алай бар,
Суусу тунук, чөп – деди,
Арбын жери көп» – деди.
Анда Мамбет кеп айтат,
«Алайың болбойт – деп, айтат.
Арбын түшөр бизге топ,
Көпчүлүк иши тарткан ок,
Отундан жутап аларбыз,
Осол болуп каларбыз».
Бокмурун эми кеп сүйлөп,
«Болбодуңар – деп, сүйлөп,
Журт жыйылып кеңешкен
Зулжалалдан* бир амыр,
Күн чыгышта Суусамыр,
Аш берсек кантет ага – деп,
Аксакал Кошой аба» – деп,
Бокмурун сүйлөп салганы.

Кожош балбан кеп айтат,
«Коюңар аны – деп, айтат,
Тоосу бийик, жери тар,
Токою арбын кыйла бар?
Ар кайсысы бирди айтып,
Аш берер жерин тандады,
Абаң Кошой токто – деп,
Көбүнө сүйлөп калганы:
«Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар айткан кеп болсо,
Күн батыш жагы Ысык-Көл,
Текестин жери Терс-Сууну,
Жетиген жагы дагы чөл,
Ар тарабы бирдей тең,
Иледен ылдый айдаса
Ат чабуучу жери кен,
Ашка ылайык ушу бар,
Ар тараптан сандалып,
Аккан булак суусу бар,
Кең Каркыра атагы,
Сиркедей шакел чыкпаган
Кайнатып алма тузу бар.
Карагай, кайың, тереги,
Канчалык жагып жатсаң да
Отунга тиер кереги.
Ат чабылар жери мол,
Ашка ылайык жер ошол».
Абаң айтып болгону,
Баары улуктар чогулуп,
Мына шу жерге бармакка
Бата кылып койгону.
Бата кылып тарады,
Өлчөөсүн аштын карады.
Жай чилдеси оогондо,
Мал семирип толгондо,
Күз эсепке болгондо,
Дыйкандар эгин салганда,
Самаркандык, Кокондук
Кайрактын алдын алганда
Конмок болду баарысы,
Кошой баштык карысы.
Эми көргүн неткенин,
Кеңешке келген кесек дөө
Тарап алып кеткенин.
Саратан өткөн кезинде,
Жай эңкейип күзүндө,
Калк жыйылып аш бермек
Каркыранын түзүндө.

*Алтынчы*

## БОКМУРУН КӨКӨТӨЙДҮН АШЫН БЕРҮҮГӨ ЭЛИН ЖАЛПЫ КӨЧҮРҮП КАРКЫРАГА БАРГАНЫ

Эл таратып Бокмурун,
Эсебин элдин алдырды,
Эми орто бай кылды
Эчтемеси жокторун.
Анжыяндан, Жызактан,
Азирет Айып жеринен,
Ашуулуу Көк-Арт белинен,
Андан канча үй алып
Атагы кыргыз элинен,
Сайрам, Чымыгентинен,
Санатып казак элинен,
Өзүбектин өзүнөн,
Өткөн жерден сөз кылып,
Өргүлтүп алып Бокмурун
Үч жүз миң үйлүү кишини,
Үлгүсү калган биздерге
Үлкөндөрдүн ишини,
Койбоду беле семиртип
Кочкорду бычып ирик кылып,
Козуну саабай, түрк кылып,

Куп ондоптур элдерин
Куржуну толо мүлк кылып,
Айгырды бычып, ат кылып,
Кызматкери кырк миңче
Кызыл аяк сарт кылып.
Эң жардынын көчүнө
Кырмызы* килем жаптырып,
Он жаштан озгон кыздарга
Кош коңгуроо тактырып,
Келинге кете кийгизип,
Керегин журтка тийгизип,
Кызга кызыл кийгизип,
Кызматын журтка тийгизип,
Кызыр чалган экенин
Кылым журтка билгизип,
Кемпирге куйрук чайнатып,
Кедейге миң кой айдатып,
Кең Ташкендин кыргызын
Керини көздөй жайлатып,
Катынга камка* кийгизип,
Кара журттун баарысын
Кадыр түнгө киргизип,
Жетегинин баарысы
Желмаяндан төө болуп,
Түгү жок кедей түгөнгүр
Байлаганы башкарып
Он-он бештен бээ болуп,
Уйдун баарын мөөрөтүп,
Ушинтип элин жөнөтүп,
Койдун баарын мааратып,
Башка элден көргөн адамды
Таңыркатып каратып,
Жылкынын баары кишинеп,
Байкабаган башка журт
Баарысы бай киши – деп, –
Акылмандар билишип
Манастын кылган иши – деп,
Төөнүн баарын боздотуп,
Жөн жарагын окшотуп,
Найзанын баарын копшотуп,
Азаматын окшотуп,
Коколору көнөктөй
Жүк артканы баарысы
Коңгуроолуу кара нар,
Кол менен көчү барабар,
Боз үйлүү кыргыз тукумун
Кылган иши караңар!
Намыс үчүн баш бердик,
Жакшы болду бу дээрге
Жакын жерге аш бердик.
Жаткырып төө комдошуп,
Жарактын баарын ондошуп,
Жебилгеси* жер чийип,
Жекесан* үнү баш жарып,
Көкөтөйдүн көк туусун
Көтөрүлтүп калкылдап,
Асабасы жалпылдап,
Алтындан кылган айчыгы
Ай тийгендей жаркылдап,
Көркү бүтүн азамат
Көчтү жандап шалкылдап,
Баяндап айтсаң сөз жетпей,
Баш-аягы көз жетпей,
Алды-арты үч күндүк,
Чубаса бирден жүз күндүк,
Жылдыртып жылкы айдашып,
Жылмайтып күлүк байлашып,
Сызылтып казы чайнашып,
Үй кондуруп жанаша,
Кылганы күлкү тамаша,
Арада жүрүп төрт күнү,
Акең кыргыз түркүнү
Олуя-Ата, Чымыгент,
Сай жакасы Сайрамы,
Самсып көчү жайнады.
Түмөндөгөн көпчүлүк
Дүңгүрөтүп жылкы айдады.
Желеге кулун байлашып,
Жети күн конуп жайлашып,
Андан көчүп алышып,
Аңгеме оюн салышып,
Козу-Башы, Копого,

Ара жолго бир конуп,
Азыр келди ошого.
Кой семирип алсын – деп,
Конок болгон адамдар
Май жей албай калсын – деп,
Жылдырып көчүп алыптыр,
Жыйырма күн өтүп ал жерде
Алматыга барыптыр.
Алты күн анда өргүтүп,
Ат сергитип алыптыр.
Эшик менен Түргөндү
Эгин салган жери экен,
Эртелеп элин сүргөнү.
Чабдарды ашып чаң кылып,
Көкөтөй ашы болот – деп,
Көп адамга даң кылып,
Үч-Каркыра боюна,
Үч-Булактын оюна,
Көңкү кыргыз камданып
Көкөтөйдүн тоюна,
Толо конуп калың журт
Каркыранын боюна.
Токсон миң жигит жыйдырып,
Тоодон отун кыйдырып,
Арча, четин, карагай,
Алашем жашын карабай,
Куу дөңгөчтөн кыйдырып,
Кең өтөккө жыйдырып,
Алтын айчык кызыл туу
Асмандатып аштады,
Ашты бүгүн баштады.
Жетим уул, тул катын
Не кылсаң өзүң билгин – деп,
Эт кайтартып таштады.
Суктар колун сунбасын
Аштын бышкан этине,
Ар кандай жандар болсо да
Акимсинген адамдын
Карабагын бетине,
Кармап алган кишиңдин
Казык как – деп, көтүнө,
Кол сукпасын бөөдө – деп,
Көкөтөйдүн ашына,
Чоңсунгандын бирөөсүн
Жолотпо – деп, кашыңа
Өлөрмөндөн, бакырдан
Өзгөн, Кокон, Маргалаң
Май жебеген жакырдан
Корукчу коюп салыптыр.
Кара кыргыз тукуму
Миңден, жүздөн бир күндө
Күчөп келип артынан
Үй тигилген көп экен,
Каркыранын талаасы
Үзөңгүдөн чөп экен.
Бетеге белде булаган,
Элиги ээн сулаган,
Бадалынын баарында
Марал, бугу чураган.
Эми келген өзүбек[1]
Эмне деген жер бу – деп,
Бир-биринен сураган.
Жер жараштуу ашка – деп,
Эр Бокмурун сүйлөдү
Акылым менин башка – деп,
Мааникер тулпар байлалуу,
Баштатадан тапталуу,
Калкка кабар берүүгө
Качантан бери сакталуу.
Калкка кабар салалык,
Карыздын зору бу болду,
Кутулалык, калалык.
Бул сөздү айтып Бокмурун
Кашымбек деген карысын,
Кашына жыйды баарысын:

[1] *өзүбек*. Мурда жазылган «өзүбек» деген сөздүн үстүнө башка сыя менен «кыргыздар» делип жазылган.

Абдыкадыр, Дагулук,
Чакырганда Бокмурун
Адамы келди жабылып.
Мырза Байыз, Нуркабыл,
Мыктынын баары жыйылды.
Кабарын калкка салыптыр,
Кашымдын уулу Баймырза
Баарысын жыйып алыптыр.

## *Жетинчи*

## БОКМУРУН МААНИКЕРДИ МИНГИЗИП, АЙДАРГА ЭЛ ЧАКЫРТКАНЫ

«Көкөтөй ашы болот – деп,
Кыйла адамдар изденди,
Кыябына иш келди,
Ат семирип жык болду,
Адамдын баары бук болду,
Атакемдин өткөнү
Үч жылга быйыл жык толду.
Кабарды кандай кылабыз,
Калкты канча жыябыз?
Ашты мыктың бийле – деп,
Акылмандар сүйлө» – деп,
Сурап калды Бокмурун.
Баймырза кепти баштады,
Баарысы сөзүн коштоду:
«Анжыянды, Коконду,–
Айтып сөзүн которду,
Чакырып ашка калалык,
Кара калмак журтуна
Чактап кабар салалык,
Бир чакырсак билимдүү,
Бадышалык илимдүү
Манасты гана алалык.
Казак, кыргыз, калмакты,
Кадырлайлык арбакты.
Ашка кошор март келсин,
Анча-мынча сарт келсин.
Өткөрүп атам ашыны
Калың кыргыз[1] тукумун
Катырбайлык башыны».
Баймырза сөздү баштады,
Болжоп көрүп бейилин,
Бокмурун көзүн жаштады:
«Байдын уулу Баймырза, как баш,
Ичкениң кара чай мырза, как баш,
Минерге таппай тай мырза, как баш,
Билгениңди макул дээр
Нааданга чалыш кай мырза, как баш?
Өкүмөт койдум башыңды, как баш,
Өзүңдүн билгин ашыңды, как баш!
Алып берген мен элем
Айлыңды Саргыл бөлгөндө,
Ашыңды мыктап берип ал, как баш,
Атаң Кашым өлгөндө, как баш,
Түпкүлүктү ойлоймун,
Түгөнүшүм болжоймун,
Дүнүйөнүн жүзүнөн
Типти неме койбоймун, как баш!
Мусулманды, капырды
Мунун баарын бир жыям
Буюрса кудай акыры,
Мынча бакыл болгонуң,
Ким айткан сага акылды?

---

[1] *калың кыргыз.* Мурда жазылган сөздүн үстүнө башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Мурда эмне деген сөз жазылганы даана окулбайт, кыясы «өзүбектин» болсо керек.

Адам түгүл, ар жакта
Бери-дөө калкты,
Бери түгүл бу жерде,
Дайрадан жыям балыкты.
Жесең, ичсең тойбойсуң,
Ар качандан бир качан
Жезиттигиң* койбойсуң,
Баркыңды өзүң биле албай
Бакылдыкты ойлойсуң,
Эки айтсаң ушу сөзүңдү,
Эртелеп өлүп сойлойсуң!
Ээрчишкениң беш киши,
Мурунтадан ар качан
Бузуктукту ойлойсуң!
Салынарга киш болсун,
Заман акыр журтуна
Санат болор иш болсун!
Өнөр мурун башта жок,
Өлгөндөр жаткан аш да жок,
Аш кудайы ачмакка,
Ааламга дүйнө чачмакка,
Урууга кабар салууга,
Акыр заман журтуна
Нуска болуп калууга
Кылып турган ишим бул,
Арбын кеңеш табар – деп,
Акылдашкан кишим бул?!
Атам менин Көкөтөй
Арбын дүйнө жыйыптыр,
Жыйган менен дүнүйө
Ажалы туура жеткенде
Апыны кайда кылыптыр,
Көкүрөктөн көк түтүн
Чыгып, анан тыныптыр.
Как бир кие* карасаң,
Чырпыгында сыныптыр,
Кадыр актын өкүмү,
Кай бирин чынар кылыптыр.
Кай бир жанда ата жок,
Капыз кылар жаныңды,
Өлмөк анык катаа жок.
Кай бирөөнү карасаң,
Атасы жүрөт, бото жок,
Боору терең кара жер
Көмүлбөй турган жото жок.
Кай бирөөнү карасаң,
Энеси жок, кыз калган,
Не кылбаган бу жалган
Кай бирөөнү карасаң,
Эне жүрөт, бала жок,
Эгем өкүм кылган соң
Эч бир кылар дабаа жок.
Сапарда самсып жол жүрсөң
Чаппай жүрүп, жылып өт,
Бендеге келет бир кезек,
Заманыңда кылып өт,
Душмандык кылса кумурска
Санап туруп кырып өт,
Нөөмөт эрге бир тиер,
Өнөрүңдү кылып өт.
Капырда калган канча кек,
Кашында турат канча бек,
Ата уулунун баарысы,
Атаң Кашым карысы,
Абдыкадыр, Дагулук,
Чакырганда Бокмурун
Баарың келдиң жабылып.
Мырза Байыз, Нуркабыл
Аш берүүгө бир кайрат
Мыктылар кылдың быйыл жыл.
Түгөттү – деп, Бокмурун
Ушагыңды узун кыл!
Аянбаймын мал күчүн,
Дүйнө жүзүн чакырам
Намыс деген иш үчүн,
Асты капа болбоңор
Ашка келген киши үчүн.
Атам жыйган дүнүйө,
Аңдап аны карасам
Арбып турат күнүгө.
Бакырың калбай бай болдуң,
Балдарыңдын мингени

Ар түрдүү жорго тай болдуң,
Кыз-келиниң кийгени
Кызыл-тазыл шай болдуң,
Баары атамдын дөөлөтү,
Акыр заман журтуна
Айтылсын жомок сөөмөтү.
Канча конок келерин
Кадыр Алда бир билер,
Өкүмөтүн кудаанын
Өзүнөн бөлөк ким билер.
Көөнүмө түштү көп кыял,
Көп кыялды ким тыяр,
Көп сүйлөбө жакшылар.
Ар жумушка дилгирген,
Алтымыш түрдүү тил[1] билген,
Ары тилмеч, ары акын,
Ар жакшыга көп жакын,
Ыраакы, жакын иш кылсак
Ыкчылдыгы бар эле,
Жалпы кыргыз[2] журтунда
Жакшы болчу бала эле.
Жаман, жакшы сөз келсе
Жатык жооп кайтарган
Тыңчылдыгы бар эле,
Усталарга кошулса
Сырчылдыгы бар эле,
Узактан сөздү көп айткан
Ырчылыгы бар эле,
Жалпы кыргыз бектери,
Өзгөң ишке катышпай
Өзүмө койгун!» – дегени.
Өзүбүзгө жакшы эле,
Өкүмөт колдо турса – деп,
Өзүң билгин мырза – деп,
Абдыкадыр, Дагулук,
Акылдашып сабылып,
Олтуруп алар калганы,
Бокмуруну чакырып
Жаш Айдарды алганы.
Кашына келди жаш Айдар,
Бокмурун ага кеп айтар,
Жаш Айдар тыңда – деп, айтар,
Баасына жете албай
Балыктын журту сынган – деп,
Бабылдык соода кылган – деп,
Баасын уксаң карандын
Миң асый атка тынган – деп,
Баркын тондун бил – деди,
Алтындан кылган соот экен
Бадананы кий – деди,
Мааникер атты мин – деди,
Бастырып жолго кир – деди.
Үлкөн тулпар Мааникер,
Өнөрүн акыр барып көр.
Кара байыр* казанат*
Калбыр өпкө, жез канат,
Камыш кулак, жез билек,
Коё берсең тушабас,
Мээ кайнаган ысыкка,
Кырылышкан кызыкка
Кырк күн чапса суусабас,
Чөл-биябан жазыкка,
Бок кайнаган сасыкка,
Кырк күнү чапса кыйналбас,
Ошондой чөлдө жүрсө да
Оозуна ууртап суу албас,
Сүрөтү жылкы зымпыйган,
Териси кошо жыйылып,
Капталга катып зыңкыйган.
Канчалык күнү чапса да
Кардыкпай турган адаты,
Оң жагында кырк чалгын,

[1] *бил.* Катчыдан ката кеткен. Талап кылынган туура сөз – «тил».

[3] *кыргыз.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурдагы сөз окулбайт.

[3] *канызат.* Кыясы, катчыдан ката кеткен, же сөздү жаздым угуп калган. Сөздүн туура үлгүсү – «казанат».

Сол жагында кырк чалгын
Туу кара кыл канаты.
Бир жумадан бир жума
Жүгүргөндө жупжуда,
Анан кийин кызыган
Нак өзүнүн адаты.
Энеси аркар жел[1] кайып,
Атасы тулпар чөл кайып.
Сексен куну чуркаса,
Желпиндиси, даңканы
Сегиз таш* жерге бураса
Күчөй турган мал эле,
Айлансаң дүйнө жүзүнө
Арыктабас жан эле,
Артык өнөр бар эле.
Алтымыш күндүк дайрадан
Аттап өтөр жан эле,
Токсон күндүк тоолордон,
Эчки[2] жүрбөс зоолордон
Басып өтөр мал эле,
Бар өнөр мында бар эле.
Кастык нылса кай душман
Карматпасаң кокустан,
Алдоого кирип акыры,
Алдырбасаң окустан
Кечип чапса чок өтпөс,
Кездеп атса ок өтпөс,
Жазайыл менен топ жетпес,
Жанаша атса ок жетпес
Мааникер буудан миниңиз,
Байкап сөзүм билиңиз,
Кыбыланы бет алып
Кылчайбай жолго кириңиз.
Эң бери чети элиндин,
Эсебин уккун кебимдин,
Букарай шарып ары жагы,
Бузулган Чамбыл бери жагы
Орто-Чаткал жердеген,
Ойротко тизгин бербеген,
Жарагы болот бир кучак,
Буудайык уулу Музбурчак.
Аттан түшпөй туруп айт,
Амандык сурап, ылдам кайт.
Көңүлгө көп иш толду де,
Көкөтөй ашы болду де,
Чеңгелдинин четине,
Каркыранын бетине
Кара кыргыз конду – де,
Аяк-башы айчылык
Айылы шондо толду де.
Баш булгачу жаны жок,
Байге саят саны жок,
Кулак уккан, көз көргөн
Өнөрдүн баары бар дегин,
Байгенин башын сураса,
Тогуз миң кызыл нар дегин.
Үй, жылкысы аралаш,
Токсон миң кара бар дегин,
Жүз миң саяр кой дегин,
Көкөтөй үчүн ушундай
Көпчүлүк берет той дегин.
Эң аягы байгенин
Тогуз кара, токсон кой,
Айтканда билер акыл ой.
Бокмурун кылар иши де,
Эркек, ургаачысы бар
Эки даана киши де.
Алышса душман жат болот,
Байге алаары аттардын
Алтымыш бир ат болот,
Алтымыш атка байге де,
Алгандарга байда де,
Акыры жалган дүйнөдө
Мындай өнөр кайда де.
Телкүрөң агың байла де,
Аскериң арбын айда де.

[1] *жер.* Катчыдан ката кеткен, талап кылынган туура сөз – «жел».
[2] *Эчикин.* Катчыдан ката кеткен, талап кылынган туура үлгүсү – «эчки».

Бул ашыма келгин де,
Бул ашыма келбесең
Бузулдум – деп, билгин де!
Залал эмес, байдага
Чакырып келдим биз дегин,
Эгер ашка келбесең
Чабылдың де, сиз дегин!
Чапканга келбес Телкүрөң,
Кабар айтып мен жүрөм,
Кармап ылоо минем де,
Салкында жаткан жылкыңды
Сайга салып тием де,
Ок өтпөс олпок* күбөңү*
Тоноп алып кием де.
Босогоңду кыйратып,
Боз уланың ыйлатып,
Боордон бээң туйлатып,
Керегеңди кыйратып,
Кериден байтал туйлатып,
Келин-кызың ыйлатып,
Там коргонуң талкалап,
Кум коргонуң куйкалап,
Тап кушундай мырзаңды
Таманга басып жүн кылып,
Тал чыбыктай кыздарың
Даңкайтып кара күң кылып,
Маараган коюң топтотуп,
Бакыр кылып элиңди
Мал жагынан копшотуп,
Мөөрөгөн уюн байлатып,
Бөлөк өлүү дүйнөңдү
Бөлүккө салып жайнатып,
Төө малыңды боздотуп,
Жылмайган күлүк жылкыңды
Жылжылас кылып коштотуп
Билген ишин кылат де,
Бириңди койбой кырат де!
Андан ары сен барсаң
Бадакшан, Балык жери бар,
Албан түрдүү эли бар,
Маамытсултан каны бар,
Так өзүнө караган
Дагы канча жаны бар[1],
Аскерге чыгар адамы
Алты жүз миң саны бар.
Кан Көкөтөй өлдү де,
Кайта келбес акырет
Караңгы жайды көрдү де.
Көкөтөй ашын берүүгө
Бокмурун деген баласы,
Бу күндө барып конду де
Каркыранын түзүнө
Бүтүн ташкен калаасы
Аш деген бир кудайың,
Кудайы үчүн чакырдым,
Келсин дегин жудайын.
Аргымагын байласын,
Аскерин арбын шайласын,
Өзүнүн кылсын байдасын.
Келсин дегин ашыма,
Эгер ашка келбесең,
Кесир дегин башыңа!
Көрүнбөсүн көзүмө,
Таарынбасын өзүмө!
Тополоңду салат де,
Тоо да болсоң томкоруп
Алма ордуна алат де.
Беш көкүлдүү кыздарын,
Бейпай кылып өздөрүн,
Оёт дегин көздөрүн.

---

[1] *дагы канча жаны бар.* Ушул ыр сабынан тартып «Аты чыккан алат де» деген ыр сабына чейинки 72 сап тексттер өзүнчө баракка жазылган, бирок ал бетти жалпы дептерге кошуп бириктиргенде бет алмашып калыптыр, окуя үзүлүп калбоо үчүн «так өзүнө караган» деген ыр сабынан кийин дароо катар бетти окубай, ал барактын кийинки бетин окуу зарыл. Ал бет бүткөн соң кайра бетти ачып окуп, андан нары ирээти менен кете берсе болот. Бул жерде түп нускадагы үлгү эмес, тексттердин туура берилиши боюнча оңдолуп келтирилди.

Ойлонсун – дегин – сөзүмдү,
Оңой киши экен – деп,
Ойлонбосун өзүмдү!
Там коргонун талкалап,
Айыра албас адам баласы
Так ошондо өзүңдү
Азыр менден калкалап.
Кум коргонуң куйкалап,
Кыргынды кызык салам де,
Кырмызы кийген кыздарың
Кызмат үчүн алам де.
Чапканым журтка дүң кылып,
Чатыраган сулуусун
Салпылдаган күң кылып,
Булгаарысын көң* кылып,
Ийрисин түзөп, жөн кылып,
Билгенимди кылам де,
Бириң койбой кырам де!
Андан өтүп сен барсаң,
Мысыр менен Көпө бар,
Миң сан кирген көчө бар.
Мысыр журтун бийлеген,
Бетине даңкан тийбеген
Сейиттин уулу Кемел бар,
Серпишкен жоосун жеңер бар.
Кан Көкөтөй өлдү де,
Капылет жайды көрдү де,
Кадыр Алда кудаанын
Өкүмүнө көндү де.
Ашын көргүн жүрүп де
Ашына барбай калганды
Катаасы жок өлдү де,
Кара кыргыз уулунун,
Кадыр Алда кулунун
Бере турган ашы де,
Токсон миң кара, жүз миң кой
Байгесинин башы де.
Дагы өнөрү бар дегин,
Баш байгеде тогуз миң
Кызыл куйрук нар дегин.
Ал малына ээ болгон
Кырк кишиси бар дегин.
Бир ургаачы, бир эркек,
Баш байгеге турары
Сексен эки жан дегин.
Аты чыккан алат де,
Аты келбей калган жан
Ал олжодон калат де.
Андай өнөр кайда де,
Алганга болор байда де,
Алтымыш атта байге де,
Тогуз кара, токсон кой
Аяк аттын байгеси,
Алса болор байдасы.
Кылымга маалым ушу де,
Кыргыздын кылар иши де,
Ургаачылуу, эркектүү
Эң аяккы байгеде
Эки жупту киши де.
Келсин дегин ашыма,
Келбеген болсо ашыма
Ырайым кылбайм* жашына,
Кесири тиер башына.
Качырын сайдан туйлатып,
Катын, кызын ыйлатып,
Каалгасын кыйратып,
Там үйүн талкан кылам де,
Табылганын кырам де,
Талынан койбой кыям де.
Курулган үйүн кум кылып,
Ургаачысын тул кылып,
Колго тийген эркегин
Коржойгон кара кул кылып,
Угузуп журтка дүң кылып,
Солкулдаган мырзасын
Таманга басып жүн кылып,
Ургаачысын күң кылып,
Тоздурам де топторун,
Аздырам де айлыны.
Кара кыргыз уулуна
Казынасын таптырып,
Кайраты бар жигитин

Капкайда баарын саттырып,
Сап кылам де элдерин,
Сай кылам де жерлерин.
Кан олтурар тагында,
Күн батардын жагында,
Капырга каршы жол тозуу,
Как дүйнөнүн ортосу,
Жан жараткан кудаа эмес,
Кудай болбой турса да
Кудайдан алыс жудаа эмес,
Жар-жоросун жар кылып,
Кудай берген ынтымак,
Куралган арбын ырыс бак,
Астына минген алтын так,
Жебирейил* актан жеткирген,
Жер-дүнүйө баарына
Шариятын келтирген,
Дүйнөнү алган тамамы,
Мустападан* кийинки
Айкожо арап имамы*,
Көчүп журту конду де,
Көкөтөй ашы болду де.
Шапаат* кылса байгамбар,
Жардам берсе Кудайым
Жаандын баарын ашына
Жыймак болду жудайын,
Чакырды дегин сизди да,
Адам десе бизди да.
Андан өтүп аларсың,
Күн батарга саларсың.
Кубайыстын чөлү бар.
Ар жагынан аңдасаң
Дарыя Шор көлү бар,
Кубайыстын чөлүндө
Түрдүү сонун эли бар:
Биринин чачы үч кулач,
Биринин чачы жүз кулач.
Узун көрсө чачтарын
Улук кылып бир жолу
Урматтаар экен баштарын.
Жел жеринде жок экен,
Жетимишке жетсе да
Желп эткен көрбөйт шамалды,
Чачтарына карата
Берет экен амалды.
Баары жүрөт жылаң баш,
Басып жүрөт жылаңач[1].
Өкүмүнүн өзүнө айт,
Улугунун көзүнө айт.
Айкожого айткандай
Ага сылык сөзүңдү айт.
Андан өтсөң дайра бар,
Албан түрдүү жайлар бар,
Тайып урук бери бар,
Беринин жүргөн жери бар,
Тайыптын Көпөк беги бар,
Машырыкты* көрбөс – деп,
Баштагы элдин кеби бар.
Жаны турса башында
Чакырдык – деп, кабар айт
Көкөтөйдүн ашына.
Мааникер менен жетерсиң,
Барган менен бекерсиң,
Жер урунту Желпиниш
Ага кирип кетерсиң.
Канаты бардан жин жүрөт,
Кайраты бардан бил жүрөт,
Андан бөлөк ким жүрөт?
Сол тарапка барарсың,
Оң колду көздөй саларсың,
Дарыянын жээги бар,
Тышында даңгыт эли бар.

---

[1] *Басып жүрөт жылаңач.* Ушул ыр сабынан кийинки «Кейүс сонун эли бар» деген сап кара карандаш менен сызылып салынган. Жазылганды: «Кейүс сындуу эли бар» – деп, окууга болор эле. Бирок баары бир сап мааниси боюнча башка тексттерге тике байланышпайт. Кыясы, жаңылыш жазылып, ошон үчүн сызылган өңдөнөт.

Даңгыттын Чоюн алпы бар,
Жайнаган сонун калкы бар.
Дарыянын балыгын
Мал кылып күткөн наркы бар,
Жаандан жалгыз менмин – деп,
Кыйынсыган каркыбар.
Азыркысын Чоюндун
Жан көрүнбөйт көзүнө
Такып айткын өзүнө:
Уругу улук түрк де,
Урматын көргүн жүрүп де,
Аскериң арбын баргын де,
Даңгыттын журтун сүрүп де.
Көп жыйылар кашы де,
Көкөтөй кандын ашы де.
Уругу кыргыз баласы,
Шаар Ташкен калаасы.
Аш берген жери Каркыра,
Абыдан жет де баркына,
Жетпеген болсоң баркына
Кайгы түшөт калкыңа.
Жоголгонуң табылып,
Жок болосуң чабылып,
Чабылганың дүң болот,
Сурайылдай суналган,
Суу чыбыктай буралган
Сулууларың күң болот,
Көрөр ишиң бул болот.
Дөөкүрсүгөн төрөңүз
Төрт каралык кул болот,
Катыны жесир тул болот,
Көрөр күнүң шол болот.
Аны менен өтөрсүң,
Аялдабай кетерсиң,
Эки күнү жол жүрсөң
Орус канга жетерсиң.
Керке канга барып айт,
Эт жүрөгүн жарып айт.
Көрүнгөнүм ушу де,
Көпчүлүктүн башы де,
Көкөтөйдүн ашы де,
Көрөргө сонун ушу де,
Бул ашыма келгин де,
Келбеген болсо ашыма
Тилединң балаа башыңа.
Кирериңе көрүң жок,
Эшик тапсаң, төрүң жок,
Этиңди тапсаң сөөгүң жок,
Ачууланып бекем айт,
Айтканымда төгүн жок,
Нокто тийбес күлүгүң,
Ойротко түшүп түлүгүң,
Таш үйүңдү талкалап,
Табынсаң канча өзүңдү
Айра албас адам калкалап.
Талаадан союп танаңды,
Ат сооруна кондуруп
Сары башыл балаңды,
Талкалап жагар отуна
Араба менен чанаңды
Бакка сайган талыңды,
Бапылдатып чалыңды,
Уруугa сөзүң дүң болор,
Ургаачың кетер күң болуп,
Эркегиң кетер кул болуп,
Катының калар тул болуп,
Сатылган малың бул болуп,
Зайыбың калар тул болуп,
Айнегиң калар ачылып,
Алтының калар чачылып,
Күпкөдөн башың ачылып,
Күмүшүң калар чачылып,
Адамыңдын баарысы
Күң-кул болор сатылып.
Оруска бул сөздү айтарсың,
Эсен-аман кайтарсың.
Андан ары өтөрсүң,
Бараңга барып жетерсиң,
Балтаматка барып айт,
Эт жүрөгүн жарып айт,
Кан Көкөтөй өлгөн де,
Кайтпас жолду көргөн де.

Замзам менен жуудуруп,
Сарбап менен буудуруп,
Санат кылып көмгөн де.
Ашын берет келгин де,
Эгер ашка келбесең
Ажалым – деп, билгин де.
Кыйырыңа кыргын салат де,
Кызыңдан тартуу алат де,
Кыяматтын журтуна
Кыйла сонун сөз болуп,
Кылымга сөзүң калат де.
Жалдуудан алып жылкыңды,
Жайыттан алып уюңду,
Сапырып иер сап кылып
Сандыкка тыккан буюмду.
Айрыласың мүлкүңдөн,
Оюн менен күлкүңдөн.
Кылайып бирин таштабай,
Кыл куйруктуу жылкыңдан,
Кызың катын болот де,
Катының отун болот де,
Көзүңдү минтип оёт де,
Көрүнгөңдү соёт де.
Сулаймандын тушунда
Журт бузулуп ушунда,
Жабырга малын салыптыр,
Кытайдан качып кыйла журт
Жапан болуп калыптыр.
Жайы жакшы болуптур,
Жапан атка конуптур.
Көтөрүш деген эри бар,
Сыймун арал жери бар.
Башчысына барып айт,
Албан түрдүү арып айт.
Өнөрү артык өзү де,
Бокмуруундун сөзү де.
Өлүмдүн жок катаасы,
Өткөн экен дүйнөдөн
Көкөтөй кандай атасы.
Казкуласын байласын,
Калдайтып аскер айдасын.
Чакырдым ашка келгин де,
Бул ашыма келбесе
Чын өлөрүн билгин де.
Дүмүрүн казып бактарын,
Кыйратып алтын тактарын,
Жемишин казып, жер кылып,
Жүрөгүн кара чер кылып,
Мал басарын сел кылып,
Акыры тирүү жүрбөскө
Аманат жанын тел кылып,
Айдаарына мал койбой,
Амбарына дан койбой,
Аман-тирүү жан койбой,
Аалимине сан койбой,
Шамалга учаар чаң койбой,
Төр үйүң төрткүл* кылам де
Төгүнү жок кырам де.
Сыр үйүң жылас кылам де,
Шыпкай баарын кырам де.
Кабар берип өтөрсүң,
Кара калмак дөөсү,
Азыркы күндө ушулар
Эче жүз миңдин ээси.
Жолой менен Ушаң бар,
Ошону көздөй узап бар,
Чакырдым, ашка келгин де,
Эгер ашка келбесең
Чабылдың, анык билгин де.
Жайытыңа мал калбай,
Чабар атта жал калбай,
Жагарына тал калбай,
Жамынарга тон калбай,
Жай бастырар жол калбай,
Бүтүн кирер үй калбай,
Бүлк этерге күү калбай,
Арманда болуп жүрбөсүн,
Талкалаймын баарысын
Тамынын койбой жүлгөсүн.
Такалуудан тай койбой,

Там саларга жай[1] койбой,
Катын алар бой койбой,
Кыргынды кызык саламын,
Кызынан тартуу аламын,
Кейишти катуу саламын,
Келинин тартууга аламын
Катын алар эринен,
Качып барган жеринен,
Кара калмак элинен,
Кара менен канынан,
Кары-жаштын баарысы
Үмүт үзсүн жанынан.
Босоголуу боз үйүн
Боорго жаңсап жыгамын,
Боз чалдыбар кыламын!
Керегелүү кең үйүн
Кериге жаңсай жыгамын,
Кейиштен минтип чыгамын
Кең чалдыбар кыламын!
Ачбууданды байласын,
Чабарга бала шайласын,
Акыры ашка келбесе
Кетирермин айласын!
Андан ары өтөрсүң,
Анжылыкка жетерсиң,
Кырмустун уулу Мурадыл,
Кызыл чоктуу Незкара.
Кыйынсыган аларга
Катуу сөздү барып айт,
Кабар берип, андан кайт
Карматармын күлүгүн,
Калкына түшөр түлүгүм!
Нуратып кара коргонун,
Акыр барсам уйпаармын
Алтындуу сарай ордосун,
Ашыма акыр келбесе
Биле берсин бир катар
Аман-эсен болбосун.
Жоголгону табылар,
Жойкунду түшүп чабылар
Ойлогону табылар,
Ойрон болуп чабылар!
Кыргын кылып өздөрүн,
Кашайтып кара көздөрүн,
Кызматка алып кыздарын,
Катаасы жок чын билсин
Кара бою сыздаарын!
Кара түгүл канына,
Акыр азап салармын
Амандык бербей жанына.
Кылыч тиер мойнуна,
Кызыл кан кирер койнуна,
Көрмөк үчүн чакырам
Көкөтөйдүн ойнуна.
Чакырдым, келсин ашыма,
Чакырыкка келбесе
Аскер барар кашына,
Азап болор башына.
Асты ырайым боло албас
Кары менен жашына,
Көтөн аарчып таштаармын
Көөр, жакут ташына.
Аттарын ашка байласын,
Аскери кумдай жайнасын,
Ат чабар бала шайласын,
Агер ашка келбесе
Адам таппас айласын!
Андан өтүп барып айт,
Чын калаанын боюнда,
Каңгар тоонун оюнда
Алоокедей карыга айт,
Чакырдым атам тоюна,
Каспаңдан Кара-Тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда

---

[1] *там салат кой койбой.* «Кой» деген сөз сызылып өчүрүлүп, үстү жагына «га жай» деген сөз жазылып оңдолгон. Оңдолуу туура.

Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган
Коңурбайга барып айт,
Кош Алооке[1] карыга айт:
Ат минбеген жөө болсун,
Алп болмоктон дөө болсун
Бул ашыма келгин де,
Бул ашыма келбеген
Бузук көрдүң, билгин де.
Бакчалары жыйылып,
Багынын баары кыйылып,
Бай баласы Бокмурун
Барбак калбас тыйылып.
Жазгы күнүн күз кылып,
Жалын бузуп, түз кылып,
Коргонун өрттөп, кок кылып,
Зыяратын бок кылып,
Сыңарын койбой жок кылып,
Тыйтайын тыйпыл кырармын,
Чын астын-үстүн кылармын.
Алгара атын байласын,
Азаматын жайласын,
Чабарга бала шайласын.
Агер ашка келбесе
Кетирермин айласын,
Кара кыргыз калкына
Келтирермин байдасын.
Бийиктен бүтүн там койбой,
Бир урунар кам койбой,
Минер атка жал койбой,
Ойбойлотуп карысын,
Ойрон кылам баарысын.
Ол сөздү айтып салгын – деп,
Өтүп андан баргын – деп,
Кара жалдуу Бороончу
Каңгайдан бар Оронгу,
Катаа дебей бул ашка
Келсин дегин олорду.
Кылкүрөң менен Кулабээ
Кыябы менен байласын,
Кызылдын тоосун жайласын,
Чабууга бала шайласын.
Келбеген болсо ашыма,
Кесири тиер башына!
Дүкөндөн өрттөп булдарын,
Түк койбой кырып кулдарын,
Жайыттан талап малдарын,
Чактасын менин алдарым,
Кейишке салып коёрмун
Кемпир менен чалдарын.
Кез келгенин соёрмун,
Канын ичип тоёрмун,
Карадан көзүн оёрмун.
Там коргонун талкалап,
Кум коргонун куйкалап,
Табылгысын нуратып,
Табылганын сулатып,
Таш коргонун кулатып,
Жаш-карысын чуулатып,
Көкөтөйдүн көк туусун
Көрүп калар үстүнөн,
Көркүн алып жүзүнөн,
Көрдөй болуп жүрбөсүн?!
Булуттай буудан байласын,
Чабууга бала шайласын!
Келбеген болсо тоюма,
Кекенчим калар оюма.
Көрүнбөсүн көзүмө,
Көрүнүп калса көзүмө
Таарынбасын өзүмө!
Андан өтүп аларсың,
Күн чыгыш Күбө жери бар,
Күлдү дугул эли бар,
Адам, дөө аралаш

[1] *Алакуу.* Катчы ушул адам атын Алакуу, Алооке түрлөрүндө аралаш жаза берет. Себеби белгисиз.

Суянын журту бери бар,
Жанында жажуч-мажуч бар,
Алардан кабар салайын,
Аттарын айтып калайын:
Киеңкес деген дөөсү бар,
Кишидаш деген жөөсү бар.
Кишидаш жайын сурасаң
Сайса найза теше албайт,
Чапкан кылыч кесе албайт,
Жаракка адам ишенсе
Адам уулу бет албайт.
Кишидашка окустан,
Жолукса бенде кокустан
Көргөн жерде кеп айтса,
Я* Зулжалал* – деп, айтса
Ал капырдын акыры,
Өзүнүн болбойт өтүмү,
Ушу болор өлүмү.
Ок, кылычтан байда жок,
Я, Зулжалал деген сөз,
Андан башка айла жок,
Көш эмес, бою кызыл чок,
Актын атын бир укса
Жамгырдай тийип өчүүчү,
Жааннамга көчүүчү.
Ойлонсун аны акылың,
Кылыч, мылтык, бар жарак,
Огу да ошо капырдын.
Жан-жагында дагы бар,
Жамандардын баары бар,
Жарты дене адам бар,
Сонун түрдүү калкы бар,
Адам, дөө, бериден
Аралаш чыккан каркыбар.
Жору куйрук жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп,
Кулан куйрук Кутан алп,
Киндиги темир Китен алп,
Кишиден эмес, жез тумшук,
Чыңыроо деген бу бир калк.
Чакырдык ашка келгин де,
Келбегениң өлдүң де,
Кемчиликти көрдүң де!
Андан ылдый өтөрсүң,
Эргежээл, итаалы
Эл четине жетерсиң.
Көрүүгө сонун ушу де,
Көкөтөйдүн ашы де,
Ашка барбай ким калса
Аман калбайт башы де!
Ак дөө, Көк дөө, Кызыл дөө,
Ат көрбөгөн баары жөө.
Шордун бурчу арал бар,
Шолордон өтүп ага бар,
Тогуз уруу бараң бар,
Качала атын байласын,
Чатаңайыш каны бар,
Өзүнүн кылсын байдасын,
Чабарга бала шайласын!
Эгер ашка келбесе
Кетирермин айласын!
Суудай агар каның де,
Аман калбас жаның де,
Кетер сенин саның де.
Келбеген болсо бул ашка
Түк калбас сенин жаның де.
Андан өтүп аларсың,
Дөбөттүн беги кан Дөмүл
Ашыма келсин бу такыр,
Ашка келбей ким койсо
Аманат жанга чоң жабыр.
Тоокара атын байласын,
Чабууга көңүл жайласын!
Эгер ашка келдиң де,
Келбей калсаң, өлдүң де!
Бирөөнүн каны Атала,
Бирөөнүн каны Үндүчак,
Ашыма келсин ушул чак.
Келбеген болсо ашыма,
Кезикпесе кашыма
Кесирмин кара башына!
Эркеги бөөдө кул болор,

Катыны кара тул болор,
Ургаачысы сатылар,
Улуксунган эмеси
Тирүү калбай атылар!
Андан кайра тартарсың,
Акун канга айтарсың.
Кошой абаң кары бар,
Андан бери жагында
Мусулмандын баары бар.
Элемандын Төштүк бар,
Эштектен бар Жамгырчы,
Кара жаак Үрбү бар,
Кан Жүгөрү, Чегиш бар
Уругу кыргыз уулунан
Улук Манас теңиз бар.
Көрүнүп калсаң көзүнө,
Жолугуп калсак өзүнө
Өлөмүн – деп, жатпасаң,
Өлүмгө туура батпасаң
Акыретке кетүүнү
Абдан самап жатпасаң,
Ажалга туура батпасаң
Келсин – деди, ашка де,
Кербестик кылар жумушуң
Сенин ишиң башка де.
Өзүнө айткын бу сөздү.
Өзгөсүнө айтып салбагын,
Өлүп бөөдө калбагын.
Ала-Тоонун бетинде,
Анжыяндын ары жагы
Мыргаптын туура четинде,
Жазире, Жет-Кайт белинде,
Аркы атасы Жедигер,
Берки атасы Жадигер,
Уюктун уулу Багышка айт,
Сур кийик атын байласын,
Аш деген болот, барам – деп,
Журтунун көөнүн жайласын.
Келсин дегин ашыма,
Келбеген болсо ашыма
Айбалта тиер башына.
Талоонго[1] кетер баарысы,
Зарданып калар карысы.
Өкүмүмө көнсүн де,
Өнөрүмдү көрсүн де.
Көрбөймүн десе өнөрдү,
Чын билсин жерге көмөрдү,
Талап алып таптаза,
Барган аскер жөнөөрдү,
Балакетти көрөрдү.
Ушу кепти айткын – деп,
Угузуп андан кайткын – деп,
Мааникер болду мингени,
Бадана болду кийгени,
Баруруга жооп тийгени.
Уруксат угуп алыптыр,
Узап жолго салыптыр.
Улаан күлүк Мааникер
Жаңы болуп жылма тер,
Буралган чөптүн үстүнөн,
Булуттуу көктүн астынан
Жүгүрдү десе учкандай,
Учту десе, союлгур,
Даңканы ташты бузгандай,
Аркыратып кетиптир,
Айткан, деген жерине,
Ар түрдүү сонун элине,
Толгонуп дүйнө жүзүнө
Тогуз айда жетиптир.
Тогуз ай тамам толгондо,
Мал семирип болгондо.
Аш берүүчү жерине
Азырданып конгондо
Көк ала байрак көк тууну
Көтөрүлттү бийиктеп,
Көргөн душман көөнүнө
Көрүнөө түшсүн күйүт – деп.

[1] *талаанга.* Балким, ушул түрдө да айтылар.

Үч жүз миң тиккен үйү бар,
Үч ата уулу бийи бар.
Үзүгүнүн баарысын
Ак манат менен тыштатып,
Ууктарын учтатып,
Учу сайын ууктун
Учуна манат тыштатып,
Көчкөн болсо бүктөгөн,
Көлүктөргө жүктөгөн,
Көрбөгөндүн баарысы
Көзүн салып тиктеген.
Бай Көкөтөй ашында
Камданышып ушунда,
Ар ким кылар тушунда,
Конок келер бекен – деп,
Жасалгасын бекемдеп,
Кароолчу коюп ар жолго,
Качан келер экен – деп,
Эл эриккен, бук болгон,
Төрт жылы болуп туусары
Калкына дөөлөт карк толгон,
Карап турган кезинде
Атасы жакын туугандыр,
Айтты эле мага кабар – деп,
Ашыгып карап тургандыр,
Аны ойлонуп эр Багыш.

## *Сегизинчи*

## КӨКӨТӨЙДҮН АШЫНА ЭЛДИН КЕЛИП ТҮШКӨНҮ[1]

Суркийик деген аты бар,
Султандык туура заты бар.
Чыйраша менин калаам – деп,
Чын эрмегим, карам – деп,
Толтоюмду ээрчитип
Токтолбой ашка барам – деп,
Барбасам болор жаман – деп,
Башкача бу бир заман – деп,
Көңкү жакшы жыйылат
Көрүп келсин, балам – деп,
Атасы барда эл көрсүн,
Аңгемени кең көрсүн,
Аты барда жер көрсүн,
Жер көрбөсө не көрсүн.
Ээрчитип алып эрмекке,
Элди-журтту көрмөккө
Багыш жолго салыптыр.
Аз жүрбөдү, мол жүрүп,
Он уч күнү жол жүрүп,
Үч-Булактын боюна,
Үч-Каркыра оюна,
Үй тигилип калыптыр
Көкөтөйдүн тоюна,
Эртеси жок, кечинде,
Түш кыйшайган кезинде,
Төрт миң аскер кашында,
Төрөсү Багыш башында
Барып түшкөн тушунда,
Союшун берип дайындап,
Койгон чакта ушунда.
Анын арка жагынан
Кызыл байрак туу менен

[1] Теманы манасчы ушул түрдө айтышы күмөндүү. Анын үстүнө мазмунга туура келүүчү логикалык өз ордунда эмес, ыр саптарындагы сүйлөмдүн ортосуна коюлган. Манасчы айтса ой бүткөн жерге тууралап берет эле го. Мындай абал жеке эле ушул темачага гана эмес, буга чейинки темачалардын көбүнө таандык белги.

Кыйгылаган чуу менен
Кытайдын зор эр Коңур,
Кыйынсыган оңбогур,
Уруму мылтык* аткандай,
Уул-келинин чапкандай,
Качкыны бүгүн качкандай,
Кайратын көргөн шашкандай,
Катынын кара баскандай,
Алмабаш мылтык аткандай,
Айылын жоо чапкандай,
Керикке* кошун арткандай,
Керней, сурнай тарткандай,
Коло найлуу канжага,
Козголоң түштү канчага,
Коросондон* куу коюп,
Коркурата бир соруп,
Коңурбай тушту жүз миң кол.
Кырмустун уулу Мурадыл,
Кыйгылап кытай бу дагы
Кылкылдап тушту он миң кол.
Кызыл чоктуу Незкара
Бу түшкөндө жети миң,
Калмактардын Ушаңы
Кайлап түштү эки миң.
Солондордун Алооке[1]
Ал түшкөндө элүү миң,
Доңуз кыял Жолой дөө
Ошо келди отуз миң.
Токшукердин Бозкертик
Бу да түштү отуз миң,
Солобонун Соорондук
Бу да түштү отуз миң.
Кара жалдуу Бороончу
Бу да түштү отуз миң.
Каңгайдан бар Ороңгу
Толгонуп түштү токсон миң.
Каткаландын Сайкалы[2]
Жуда түштү отуз миң.
Катарынан калбастан,
Кан жээни Жүгөрү
Жыйрантынын жол менен,
Жыйырма миң аскер кол менен
Бу да түшүп калганы.
Ал күнү алар[3] жатканда,
Эртеңки таң атканда
Көкмөк уулу Керкөкүл
Азыр келди эки миң.
Көчпөс уулу эр Жанай
Бу да келди жети миң.
Мунун арка жагынан,
Бай Бокмурун баланын
Муңканганы табылган,
Абакеңиз Кошой дөө[4]
Боз жоргону чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Азан айтып каркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Келгин каздай каркылдап
Келди Кошой бабаңыз.
Чаңды обого бурдуруп,
Сурнай кулак тундуруп,
Тууну тууга урдуруп,
Отуз миң орчун кол келди,
Ойротту басып мол келди[5].

---

[1] *Алооке.* Сөз алгач «алакүү» – делип жазылып, ал сызылып, үстү жагына башка сыя менен «Алооке» делип оңдолгон.

[2] Кол жазмада «Каткалаңдын Сукалы», бирок башка учурларда дайым «Каткалаңдын Сайкалы».

[3] *ал.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн, бирок жалпы контекстке «алар» делиш тагыраак туура келет. Катчы ката жазса керек.

[4] *Абакеңиз Кошой дөө.* Ыр сабы башка сыя менен саптар арасына жазылган. Кыясы, тактоо ирээтинде катчы өзү оңдосо керек. Оңдоо жалпы мазмунга туура келет.

[5] *Отуз миң орчун кол келди,*
*Ойротту басып мол келди.*

Ыр саптары барактын четиндеги ачыкка кыйгач башка сыя менен жазылган. Тактоо контекстке каршы келбейт.

Жер астына түшкөнү,
Жети жылга толуптур,
Жергесине келгени
Жети күн араң болуптур,
Сыпаанын жөнү башка – деп,
Барбай болбойт ашка – деп,
Төрт миң аскер кашында,
Төштүк келди ушунда.
Олтуруп орун алганча,
Ону-муну кылганча
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Келиштирип кермеге
Кертөбөлдү байлаган,
Кезенишкен душмандын
Келдесин жулуп чайнаган,
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе, бото кур,
Алтындан наалы, жез өкчө
Айдаркан уулу эр Көкчө
Оролдон чыккан жол менен,
Отуз миң аскер кол менен
О да келип калганы[1].
Аркасынан токтолбой,
Атышканда душманга
Ар тарабын чаң кылган,
Майдандын ичин кан кылган,
Айбатын көргөн душманы
Айбатынан жаңылган,
Эштек уулу Жамгырчы,
Эми келди жети миң.
Анын арка жагынан
Эки-Кемин жайлаган
Эгиз кара ат байлаган,
Айтышар сөздөн тайбаган,
Динге балбан Үрбүнүн
Эшендиги белгилүү,
Тилди жүйрүк сүйлөгөн
Чечендиги белгилүү,
Кыпчактардын кыйыны,
Он эки миң жыйыны,
А да келди бул ашка,
Салтанаты бир башка.
Мунун арка жагынан
Букарай шарып ары жагы,
Бузулган Чамбыл бери жагы,
Орто-Чаткал жердеген,
Ойротко тизгин бербеген,
Орус, немис биригип
Он бир жылы урушуп,
Оодарып аны жеңбеген,
Жарагы белде бир кучак
Буудайык уулу Музбурчак
Тогуз миң толук кол менен,
Дагы Чабдар жол менен
Келип түштү бул ашка.
Андагандын баарына
Аштын түрү бир башка.
Коноктун алды келгенге,
Ашка келген элдерге
Он бир күн бүтүн болгондо,
Он экиге толгондо,
Сакалаттан Сары дөө
Самсып келди алты миң.
Сандыргалуу Кейкубат
Бу да келди жети миң.
Дөбөттүн беги кан Дөмүл
Төгүлө келди үч миң кол.
Дөөкүрсүгөн Чоюн алп,
Жору куйрук Жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп,
Киндиги темир Китен алп,
Жез тумшуктун уругу,
Жергеси бөлөк бу бир калк,
Башаасы келген үч миң кол,
Башкасы келди жүз миң кол.

---

[1] *О да келип калганы.* Мындай ыр сабы кол жазмада жок. Кыясы, катчыдан ката кеткен. Бул сап болбосо сүйлөм бүтпөй, айтылып жаткан ой түшүнүксүз болуп калат.

Алыстан келген жол менен,
Эр азамат мыктыдан
Эки жүз араң кол менен
Маамыт султан да келди.
Келди Кемел жүз киши,
Айкожо келди үч киши.
Чабдардан ашып жол менен
Бир жүз араң кол менен
Ыйбанкуп келди жүз киши,
Бакуруш келди миң киши,
Бастырбайт чеки бир киши.
Ала-Тоолук жол менен,
Алты миңче кол менен
Акун кан келди Оогандан.
Көпчүлүктү көргөндө
Көңүлү тынбай далай жан.
Отуз экен бир айың,
Ойроттун көрдүк далайын,
Конок менен өткөрдүк
Бүтүн бойдон бир жайын.
Коноктун баары болгончо,
Бир ай өтүп болгончо
Келбеди Манас баатыры,
Мусулмандын баарынын
Эч калбады акылы.
Манаска барган жаш Айдар
Кеби болсун акыры.
Сырттан Сыргак, эр Серек
Ошол экен оёну,
Ырайымсыз баатыры
Акбалта бийдин Чубагы,
Ачуулуу экен бу дагы.
Элге айткан сөзүн жаш Айдар
Аларга айтып салыптыр,
Өзүбүз экен дегенсип
Өкүм сүйлөп калыптыр.
Чып дедире эр Сыргак
Чылбырдан кармай калыптыр,
Чын ушу жерге соймокко
Жыланачтап алыптыр.
Абийиримди ачпа – деп,
Башымды чаап ташта – деп,
Каш Айдар бүгүн карыптыр.
Өлтүргөнү жатканда
Ууга кеткен эр Манас
Ушуларга барыптыр,
Үстүнөн чыгып калыптыр.
Жаш Айдар ыйлап жалынып,
Бозоруп турду бу байкуш
Боздоп ийди сабылып:
«Алакандай Анжыян
Ашты кантип берем – деп,
Эгин жайы, жер байы
Элди кантип жыям – деп,
Такыядай Ташкенге
Тамаша кантип кылам – деп,
Талаасында тамы көп,
Жан сактоо кылган камы көп
Жайытта жүргөн малы көп,
Бышып турган даны көп,
Төрт булуң арбын сабам – деп,
Төрткүл эски коргон көп,
Атты кандак чабам – деп,
Аш башкаруу башына
Баатыр сизди алам – деп,
Чакыра келдим сизди – деп,
Сыргак, Серек, Чубагың,
Өлтүргөнү жатыр бизди – деп,
Көрдүм көк жал сени – деп,
Көсөмдөрүң шу жерде
Өлтүргөнү жатыр мени» – деп,
Эл чакырган жаш Айдар
Эси чыгып энтигип,
Эчен түрдүү кеп айтар.
Муну көрүп эр Манас
Чочуганын билиптир,
Доошу чыгып күлүптүр.
Кылая багып күлбөгөн,
Кылганы ашык дүйнөдөн,
Күлгөндүн сырын билбеген
Каалгадай кашка тиш,

www.bizdin.kg



Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр,
«Баатырлар, кандай ушул иш?!»
Каткырыгын салыптыр.
«Өкүмөт айткан өзүмдүр,
Өчөшпөңөр айтканга,
Өзүмдүн айткан сөзүмдүр!»
Бул сөздү айтып[1] билгизип,
Чакырчу барган Айдарга
Буулумдан бирди кийгизип,
Буурул жорго мингизип,
Мына, аз күндө барам – деп,
Баргандарга салам – деп,
Айдарды жолго салыптыр,
Аркасынан эр Манас
Аскерин жыйнап калыптыр:
Башын Арсы, Жөлөктөн,
Аягын Ызар, Көлөптөн,
Аскер жыйбай кошуна
Кыргызынан бөлөктөн
Жүрсүн Манас дүңгүрлөп,
Барабан согуп күңгүрлөп.
Ала-Тоону кыдырып,
Аккан суусун сыдырып,
Салкынга жолун салыптыр,
Суусамырлап алыптыр,
Шамалдуу Кочкор жол менен,
Санды түмөн кол менен
Чолпон-Ата боюна,
Чоңкой суунун оюна
Кечке жуук жатышып,
Ойноп ордо атышып,
Көл жакалай конуптур,
Көл менен тоонун арасы
Көп аскерге толуптур,
Аскеринин кийгени
Көпкөк темир болуптур.
Эртесинде шашкеде,
Эркин жүрүп түш ченде
Ашып Кызыл-Кыяны,
Аскерге тийбей зыяны
Арстан Манас барганда,
Айттырып кабар салганда
Жаш Айдар барды чабары.
Канкор Манас келди – деп,
Каарданса бир жолу
Кадиксиз кырып жиберер
Карарып жаткан элди – деп,
Астына барган кабары,
Айтып барды чабары.
Ал сөздү угуп Бокмурун
Кызмат буйруп элине,
Кызыл-Кыя белине
Токсон сарай үй тигип,
Тогуз жүздөй бий күтүп,
Тогуз миң киши жол тосуп,
Көрүшмөккө жолгошуп,
Улуктугу билинип,
Уюп жаткан көпчүлүк
Ушу бүгүн бүлүнүп,
Кабарын катуу билгени[2],
Кайнап жаткан көпчүлүк
Кан Манасты көрмөккө
Жабыла атка мингени,
Тогуз жүз тосуп үй күтүп,
Тогуз жүз толук бий күтүп,

---

[1] *айтып.* Сөз мурда түшүп, жазылбай калган окшойт, башка сыя менен ыр сабынын жогор жагына жазылып киргизилген. Тактоо туура, ансыз ыр сабынын мааниси да, ыргагы да бузулмак.

[2] Ушундан тартып төрт сап ыр кол жазмада башка сыя менен тексттин арасына сыйлыгыштырылып жазылган, демек, кол жазмага кийин киргизилген. Отузунчу жылдардагы кол жазмада да так ушул калыбында бар. Буга караганда жана контексттин өзү боюнча да мурда эле тактоо максатында киргизилсе керек.

*Тогузунчу*

## КӨКӨТӨЙДҮН АШЫНА МАНАСТЫН КЕЛГЕНИ

Токсон жерде бээ союп,
Жолго даяр эл коюп,
Башканын баарын байкабай,
Кеңешин айтып жайкабай,
Бастырганын билбестен,
Баарын көзгө илбестен,
Ушунчаны тоготпой,
Уюп жаткан Бокмурун
Ушу күнү бүлүндү.
Урматтуу кыргыз[1] тукуму
Улуктугу билинди.
Андаганга азаптуу,
Катылганга казаптуу
Канкордун кылган иши бу.
Астында жүрөт жыйырмасы,
Атканын жазып куткарбас
Андис мерген жыласы.
Мылтыктары октолуу,
Милтелери чоктолуу,
Билгендерге бир шумдук,
Мүрүдө кундак токтолуу.
Мылтыкты кырка сундуруп,
Келди Манас бул ашка
Келмеси* кулак тундуруп.
Арт жагында жыйырмасы,
Саадагы тайдын белиндей,
Тартканын жазбас жыласы.
Бөрү тил мизин чыгарган,
Учун ууга сугарган
Алеңгир жааны* кездешип,
Астапыралда* сөздөшүп,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы,
Кылычты кындан алыптыр,
Чаба турган баштанып
Кылкылдап жолго салыптыр.
Сол жагында жыйырмасы,
Жоо бөрүсү жыласы.
Ак күрөөкө* соотон
Аркасына бектөрүп,
Айбатын журттан өткөрүп,
Сол жагында баатырлар
Эшик эндүү айбалта
Чабуучудай көтөрүп.
Саадакчандын артынан
Мубакүлдүү* сыр найза
Букта кармап тыкыстап,
Жолго түшкөн кылкылдап,
Жоо көргөндөй ыкыстап.
Аскер жарып өткөрүп,
Алтындуу соот бөктөрүп,
Найза бою алтын так
Арасында жаркылдап,
Алтымыш жайсаң* көтөрүп,
Баатыр кирди жөнөлүп,
Тобун жазбай артынан
Токсон миң аскер өмөлүп:
Керней* үнү бапылдап,
Сурнай* үнү такылдап,
Жезнай* чыгып шакылдап,
Доол* согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Аралап ашка киргенде
Айбаты башка жүргөндө.
Заарына чыдабай,
Салам айтар киши жок,
Саламың менен иши жок.
Арт жагынан сурнайлап,

[1] *кыргыз.* Сөз өчүрүлгөн, сөздүн ордуна башка сыя менен жазылган. Мурдагы сөз белгисиз.

Алтын айчык* туу байлап,
Отуз бөгөл* жолдошу,
Ойротту бузган жолборсу,
Абыке датка колду айдап.
Асты жагын караса
Алты жасоол жол баштап,
Ортосунда чоң Кула ат,
Он эки желдет* бош коштоп,
Жети мыршап* астында
Жерин ачып бош-боштоп.
Урматтуу күлүк чоң Кула ат
Үкүнүн жүнүн тактырып,
Үртүктү кабат жаптырып,
Кумдуу жерден оонатып,
Кудуктуу жерден сугарып,
Куландай жалын ыйгарып,
Доолдой соорун чыгарып,
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Сол жамбаштын үстүндө
Айкожосу сылаган
Колунун тийген калы бар,
Кондурдай болгон жаныбар,
Айбандан артык шаңы бар.
Аккуланы кындыйтып,
Аскеринин баарынын
Ак күрөөкө соотун
Кынай кийип зыңкыйтып,
Кырк баатыры дүңгүрөп,
Кыргыл чалы күркүрөп,
Кыйгактуу найза доолдап,
Кырк баатыры зоолдап,
Себилдүүсү* сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт,
Кылымда мындай жок болуп,
Кыйыры кызыл чок болуп,
Аралап ашка киргенде,
Арстандыгын билгенде
Айбаты башка көргөнгө.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Көңүлдө кайгы жок мурун,
Айбандан чыккан шуңкарың,
Арчатору тулпарын,
Астынан азан айттырып,
Арчатору тулпарды
Астынан тартуу тарттырып,
Сарыдан улак таптырып,
Садагасын чаптырып,
Кызылдан дилде чачтырып.
Кырк баатырды карасак,
Кыйырын бузбай бастырып.
Карыптар түндү көп малга,
Каары катуу көк жалга
Нускалуу сөзүн айтмакка,
Улугу келип калган соң,
Учурашып кайтмакка
Ак боз ат менен теңселип,
Ак күбө тонду белсенип,
Ак сакалы сеңселип,
Урматты кудай берди – деп,
Улугуңар келди – деп,
Жаан кезген анткорду,
Жайыл Манас каңкорду
Саламдашып салалы,
Учураша баралы,
Заарына калбайлы,
Байкабай жатып албайлы,
Балдар жүрө коюңар,
Манасты арзан экен – деп,
Ойлобосун оюңар,
Келгениң отуз күн болду,
Башталбады тоюңар.
Тең тууганды тургандыр,
Деңизден терең бу каңкор
Теңирим берген ургандыр!
Бир тууганды тургандыр,
Бир тууганды турса да
Билими артык ургандыр!
Баралык – деп, жол тосо,
Баңзаттан* алып жолдошко,
Баатыр Манас жолборско
Катагандын Кошою,

Казактардын Көкчөсү,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Жедигердин Багышы,
Жеткир бийдин Агышы,
Кара жаак эр Үрбү,
Карашактын Жүгөрү
Каршы алдынан жүргөнү.
Баарысы улук, баары кан
Барган тосуп сегиз жан.
Асабасы жалпылдап,
Айчыгы туунун жаркылдап,
Азан* айтып заңкылдап,
Аларга жеткен жакындап.
Улуктардын баарысы,
Кошой баштык карысы
Эр Манастын доорунда,
Кол куушуруп бооруна
Астында Кошой дөө турду,
Акимдердин баарысы
Атынан түшүп жөө турду.
Сандыргалуу эр Манас
Аксакалдуу Кошойго,
Алп агасы ошого
Салам берди заңк этип.
Абакеси эр Кошой
Алик алды барк этип.
Келгенде Кошой кеп айтты,
Кекээр кылып бек айтты,
«Келдиңби, каңкор? – деп, айтты.
Мурунку өткөн калкта жок,
Мусулманда, капырда
Мындай шумдук наркта жок.
Атабыз Адам а да өттү,
Албан түрдүү жан өттү,
Алтын такка олтурган
Кылымдан кыйла кан өттү.
Адамдын уулу Шиш өттү,
Албан түрдүү киши өттү.
Искендер өттү, Сулайман,
Көкөтөй деген кишиңиз
Артык беле булардан?
Эчен султан, эчен кан,
Дүйнөдөн өттү канча жан.
Бул өңдөнгөн түлүк жок,
Мусулмандын уулуна
Бу түрдөнгөн бүлүк жок.
Кулак уккан, көз көргөн
Куруп калсын бу жалган,
Кудурет минтип өзгөргөн,
Көңүлү жарым ала бол,
Көмүлүп калсын Бокмурун,
Мындай бейбаш бала бол!
Жүргөндөн дөөлөт көрө албай,
Түгөнүшүн ойлоптур,
Дүнүйөнүн жүзүнөн
Типти неме койбоптур.
Келгениң бүгүн кезиктиң,
Курутуп кыйла журтуңду,
Мынча несин кечиктиң?
Сени келет дегени
Бир ай каркап толду – деп,
Бир ай өтүп болду – деп,
Ана келет – деп, жатып,
Аскер талап жеп жатып,
Мына келет – деп, жатып,
Мыктылар талап жеп жатып,
Эртең келет – деп, жатып,
Эми келет – деп, жатып,
Не түрдүү малдын баарысын
Эсерлер талап жеп жатып,
Капыр канап жеди – деп,
Калкыңдын кетти эби» – деп,
Карыя Кошой айтып кеп,
«Суу тийбесе өнөрбү
Дыйкандын салган аштыгы,
Султан Манас» – деп, жүрсөк
Дин мусулман баштыгы,
Көрсөң айт көңүл алага,
Өчөшкөнүң бар беле
Бокмурун деген балага?!
Улуктугуң билдирип,

Урулуу журтту булдуруп,
Баашалыгын билдирип,
Баары журтту булдуруп,
Салсаң кулак сөзүмө
Забын кылып салдың – деп,
Уругу угуз уулунун
Убалына калдың – деп,
Копшоп жонор тал калбай,
Конокко соёр мал калбай,
Минер атта жал калбай
Элдин кетти эби – деп,
Томаяк болду көбү – деп,
Капыр канап жеди – деп,
Кандайлыктан каңкорум
Сен кечигип келдиң?» – деп,
Улуктардын баарысы,
Урматтуу Кошой карысы
Ушуну сүйлөп салганы.
Жоо бөрүсү султаның
Жооп берип калганы:
«Отун болбой от болбос,
Мылтык болбой ок болбос,
Бел байлабай мээнетке
Бендеге дөөлөт токтолбос.
Мал чачпаган, Абаке,
Бай Карынбай канаке?
Кыйратармын, кырармын
Кыйынсыган жоо болсо,
Кыйрашып жаным тынармын!
Кылымга калмак үлгү үчүн
Кыябымды сынаармын,
Кыргыздан калбай калса да
Кыялга келген бир жумуш
Кылып болуп тынармын,
Ошондой ишти бир кылып
Ойроттун күчүн сынаармын!
Ойду-дөңдү иш кылып,
Оюма келген бир жумуш
Орунун кылып тынармын.
Оболоп чыккан чынармын,
Кош көрбөсө кудурет
Омурулуп сынармын.
Азуусу болот арыстан
Ажыдаар керептир,
Ар бутагы алтындан
Асмандап чыккан теректир,
Ар канча айтсаң, Абаке,
Намыс эрге керектир!
Ааламдан жыйган кишим бар,
Намыс үчүн бел байлап
Азыр бир кылган ишим бар!
Арыстандай чабыттап
Ачыгып калган ичим бар!
Түрмөгүн айтам сөз сага,
Сүйлөдүң кепти сен аба,
Дүнүйөгө караба!
Чапкан балта өтөбү
Чакырлоонун ташына,
Нелер келип, не кетпейт
Эр жигиттин башына!
Көңүлү жакын эрендер
Көп айныта бербеңер
Көкөтөйдүн ашына.
Асманда турган жарык күн,
Азыр батып кеткен соң
Артынан жетер кара түн.
Карарган бойдон түн турбайт,
Калкылдап жайнап күн турбайт!
Кезектүү дүйнө экенин
Кейпинен аба билбейсиң,
Курулган мынча дүкөнгө
Кезирет кылар ким дейсиң?
Акылыңдан айрылба,
Дүнүйө – деп, кайгырба!
Дүнүйө болсо табылар,
Табылбай кетип баратса
Түмөндөп жаткан капырдын
Бир калаасы чабылар.
Сасык айран, көк курут
Көкөтөйдүн Бокмурун
Өкүмүнө көнгөндөй,
Өзү билип көп журту

Төрт күндүктөн жол тозбой,
Төрөсүн билип кол кошпой
Дөөкүрсүнүп алганбы,
Төрө атанып калганбы?!
Беш күндүк жерден жол тозбой,
Мени менен жолгошпой
Бейил күтүп алганбы,
Бекер болуп калганбы?!
Камдуусунган кайбарды,
Каада билбес айбанды
Калк ичинде карматып,
Карсылдатып байлатып,
Минтип шорун кайнатып,
Эл ичинде жөөлөтүп,
Эки бетин көөлөтүп,
Ашына азап салармын,
Айылын талап алармын.
Тоюна тозок салармын,
Тобун чаап алармын!»
Токтолбостон күүлөнүп,
Тозоктой заар сүйлөнүп,
Тополоң сүйлөп салганы,
Айтып оозун жыйганча
Тогуз кара ат жалпооштоп,
Бай баласы Бокмурун
Тартууга келип калганы.
Барганына баатырдын
Бек кубанып акыры
Салам айтып салганда,
Учурашып улукка,
Үйүн көздөй барганда
Көкөтөйдүн көпчүлүк
Көрбөгөндөр арманда.
Торум кыздын ак сарай,
Салтанаты бир далай:
Кереге, уук сырдалуу,
Чийи жибек чырмалуу.
Аземдүү боо тактырган,
Ак манат* менен жаптырган.
Тагылганы зымдарбоо,
Баатыр кирди как ошоо.
Алыскы, жуук адамдар,
Албан түрдүү журттан бар.
Ашта жаткан эригип,
Бир айдан бери зеригип.
Минтип жаткан көпчүлүк
Аттанып алып эрмекке,
Арстан Манас баатырдын
Аңдап түрүн көрмөккө
Калк камалап калганы.
Касиеттүү каңкорго
Эл чамалап барганы,
Жаман-жакшы баары өткөн
Капилет дүйнө жалганы.
Алты желдет аттанып,
Колго кылыч, камчы алып,
Баш айрып, кан чыгарып,
Кол сууруп, сан чыгарып
Коруп колду турганы.
Көпчүлүктү карасаң
Өмөлүп арбак урганы:
Таяк жеген андан көп,
Таягын алып мойнуна,
Манасты көрсөм экен – деп,
Талапкер болгон сандан көп.
Токмок жеген андан көп,
Токмокко болуп ыраазы
Тооруп жүргөн сандан көп.
Эртеден бери көрдүң – деп,
Эми тура бергин – деп,
Жакалашып, учташып,
Далайы жүрөт мушташып.
Качкын, ары кеткин – деп,
Камчылаган дагы бар,
Камчысына ыраазы,
Кай бирөө көрмөккө
Кайта келген чагы бар.
Желдеттер шайы кеткенде,
Эл коруудан эс кетип,
Эт бышымга жеткенде
Баарың бирдей барчы – деп,
Колуңдан келсе Манасты
Койбой талап алчы – деп,
Коё берип токтолду.

Кокуй, атым кантет – деп,
Минип жүргөн атына
Бир караар адам жок болду.
Торум кыздын ак сарай,
Толкуган аскер бир далай,
Жабылып жетип жалпы журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Көрмөккө барган көңкү журт
Жабыкты түргөн андан көп,
Жабылган бенде сандан көп,
Тушун тилген андан көп,
Туурдук тешкен сандан көп.
Эл ошентип атканда,
Чурулдашып жатканда
Алооке[1] кандын Чагырай,
Өзү сынчы капырай:
«Мусулмандын-буруттун*[2]
Бул ааламды куруткан
Баашасына барайын,
Манасын сынап карайын.
Калкка каар сыры – деп,
Канчалык экен сыны» – деп,
Аны ойлонуп Чагырай,
Аярдап асты капырай,
Чагырай келди сыноого.
Далай жандар сынчынын
Кебин угуп тыңдоого
Чагырайга жармаша,
Ашта-тойдо адамдын
Арсыганы тамаша,
Кыйла журт кошо барганы.
Кытай сынчы Чагырай
Басып келип калганы,
Жыртыктан көзүн салганы.
Берен Манас баатырды
Бет алдынан карады,
Көргөн жерде көк жалды
Көзүн басып калганы.
Көк жалга көзүн салыптыр,
Көргөн жерде сынчынын
Жүрөгү чыгып калыптыр.
Жабинийин жагы* – деп,
Жылас болгон Чагырай
Жыгылып кетип, жан берди.
Сынаган сынчы өлдү – деп,
Жыйындар көрүп даң берди.
Манас келди кечинде,
Башкарылбай ашыңыз
Барксыз жаткан кезинде.
Эртесинде бешимде,
Түш эңкейген кезинде
Желмаянды* чөгөрүп,
Жез казанды көмкөрүп,
Карап турса көз көрүп
Күрөөкө тонду бөктөрүп,
Канга ылайык баары бек,
Кош артканы кара лөк*,
Кара кыргыз сандан көп,
Бай Жакыптын кызыл туу –
Бадышалык узун туу
Аягын жерге сайылтып,
Асабасын карасаң
Асманды көздөй жайылтып,
Ак асаба туу байлап,
Аркасынан сурнайлап
Кырк миң кыргыз кол келди,
Кылымды басып мол келди,
Кырааны Бакай зор келди,
Башка журттун баарынан
Баатырдын колу мол келди.
Мааникер атын кындыйтып,
Бадана тонун зымпыйтып,
Бай баласы Бокмурун
Ашты кандай берем – деп,
Ар бир түрдүү дүнүйөнү
Азыр кылдым белен – деп.

[1] *алакуц.* Мурда жазылган бул сөз катчы тарабынан башка сыя менен үстүнө «Алооке» делип оңдолгон.
[2] *мурут.* Сөздү катчы мурут, бурут түрлөрүндө аралаш жаза берет. Чынында туура үлгүсү – «бурут».

*Онунчу*

## КОҢУРБАЙ БОКМУРУНДАН МААНИКЕРДИ ӨКҮМ МЕНЕН СУРАГАНЫ[1]

Өчмөндүүнү кырасыз,
Өзүң билгин, баатырым,
Өнөрдү кандай кыласыз.
Кеңешин кылып эки дөө,
Аттуу эмес, алар жөө,
Эр Бокмурун кеп айтып,
«Ээ, султаным, – деп, айтып,
Ашка келген адамдын,
Албан түрдүү эр жандын
Арбындыгын карадым:
Күн батышын карасам,
Улабастын учунда,
Кырга да аскер толуптур,
Кызыл-Кыя тушунда.
Жетиген жагын карасам,
Чарындын куйган оюнда,
Атакемдин тоюнда.
Күн чыгышын карасам,
Кетмендин бели кол болду,
Кара курттан мол болду,
Капыр менен мусулман
Чогулган жери шол болду».
Бул сөздү айтып салыптыр,
Буудан Манас, Бокмурун
Эр Кошой билсин муну – деп,
Экөө сүйлөп калыптыр.
Кебелбеген султаны
Кайта кошко барыптыр.
Арбыны келген алачтын,
Аскери келген Манастын,
Келген колдун баарысы,
Бакай баштык карысы
Бири союш жебеген,
Бири балан дебеген.
Өз союшу өзүндө,
Дүйнө илинбей көзүнө,
Булар орун алыптыр,
Жайнап жатып калыптыр.
Ал аңгыча болбоду,
Калмактын балбан Жолою
Карыны ачып калыптыр,
Алты батман нанды жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой!
Жетимиш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой!
Каалгадай таманы,
Качыргандан кайтпаган
Кара калмак каманы.
Өкүм[2] менен чакырып,
Өзүң көргөн Бокмурун
Кылмышкер болгон заманы.
Аргын, субун кыйла калк
Алиги Жолой кыйын алп,
Атасы бар, бата жок,
Энеси бар, нике жок,
Элде мындай бөкө жок.
Көлдөлөңү көп жоон,
Көк торгундан кийген тон,
Туурасы жоон, бою бас,
Дулдугуй беттүү, өңү саз,

---

[1] Темачанын логикалык орду чынында бул жерде эмес. Эмне үчүн мындай болуп калганы белгисиз. Кыясы, бул жерде катчыдан кеткен кемчилик бар окшойт.

[2] *Өкүмөт.* Ушундай айтылса да болот, бирок контекст жактан тууравраак үлгү – «өкүм».

Душмандын зору динге кас.
Малакай кийди башына,
Алты жаң-жуң* ээрчитип,
Жолдош алып кашына.
Жаң-жуң деген улугу,
Жаткан экен жылкычы
Жаңыбайдын куругу[1].
Укуругун шиш кылды,
Аш башкарган адамга
Унуткусуз иш кылды.
Манас келген кечинде,
Эртесинде бешимде,
Бакай келген кезинде
Алтын туудан аштаган,
Ашты соё баштаган:
Кудайысын кылмакка,
Кур семиз малды кырмакка.
Жүзүктөй* жүздү сойдуруп,
Жүз немеге ойдуруп,
Эт карашып турнакка
Эки жүз жигит койдуруп,
Эртесинде шашкеде
Миң кемеге ойдуруп,
Ар кемегеде бир киши
Миң азамат койдуруп,
Көгөргөнү миң отоо,
Эт жыйнатып ошого.
Бирден-бирден чал турган,
Эт кайтарып босого.
Күрүчтүн камын койбосун,
Этинин каны болбосун,
Арыктан бирди сойбосун.
Күрүчтүн камын койгондо,
Этинин каны болгондо,
Аралаш арык сойгондо,
Көрүнбө – деп, көзүмө
Көк жал Манас сүйлөгөн,
Таңда күнү[2] Бокмурун
Таарынба – деп, өзүмө,
Ашыңа азап салам – деп,
Айлыңды талап алам – деп,
Тоюңа тозок салам – деп,
Тобуңду талап алам – деп,
Айтып Манас кекетип,
Андай кылган иши бар.
Алиги Колой калмактын
Копшоп алган колунда
Эки кулач, бир карыш
Укуруктан шиши бар.
Ушу шиши кайыңдан,
Узап чыгып айылдан:
Конок болбой койбодум,
Конокко тарткан этине
Жолдошум менен тойбодум.
Эт бышырып жатат – дейт,
Акырында ал этин
Адамдарга тартат – дейт.
Адамыңды чаптырып,
Ашка кел – деп, чакырып,
Ач коёсуң – деймин – деп,
Ашка жыйган этинен
Азыр барып жеймин – деп,
Малакайы башында,
Жаң-жуңдары кашында,

---

[1] *куругу*. Сөздүн туура үлгүсү – «укурук», бирок манасчы ыр сабындагы ыргакты, уйкаштын таламы үчүнбү, же башка себеби барбы сөздү дайым ушул түрдө айтат. Сөз «укурук» экендигине ошол эле сөздүн кийинки саптагы кайталанышы далил болуп турат.

[2] *күнү*. Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурда эмне деп жазылганы белгисиз. Биздин оюбузча, мурда деле ушул сөз болсо керек. Анткени 1936-жылкы көчүрмөдө (түп нусканын латын тамгасындагы биринчи көчүрмөнү 1936-жылы жүзөгө ашырылган экен, ага чейин көчүрмө даярдалганы илимге белгисиз. Ырас, катчы Ы.Абдыракманов мурда эле өзү жазган тексттердин айрым бөлүмдөрүн өзү көчүрүп жазып, каалаган адамдарына берип жүргөнү эскерилет. Бирок түп нуска толук түрдө расмий көчүрүлгөнү, биз билгенден 1936-жыл) «таңда». Айрым сөздөрдү Ы.Абдыракманов оңдоо аракети алда качан кийин болгон.

Көңүлү тоё эт жешке
Көкөтөйдүн ашында,
Көтөргөн үйгө барганы,
Эт кайтарган чалдары
Эгер үйгө киргизбей,
Эшигин тосуп калганы.
Керүүлөй басып чоң Жолой
Кемегеге барганы,
Сукумбек деген баланын
Казанына карады:
Карыш казы, кыйма жал
Казанына кайнады.
Бенде бакпай бетине,
Жүйүртө басып чоң Жолой
Олтура калган жери ушу
Очогунун четине.
Калмагынча калдырап,
Бышты бы? – деп, маканың*
Баладан сурайт балдырап.
Калмактын тилин биле албай,
Карады бала жалдырап,
Копшогон шишин алганы,
Казандагы этинин
Бирин сая салганы.
Таң болду бала ишине,
Табактай болгон бир этти
Сайып алып көтөрүп,
Колундагы шишине.
Казан баккан[1] баласы
Койгун, мындай кылба – деп,
Колунан шишин талашты.
Балбан Жолой капырың,
Ачуусу келди акыры,
Казандагы бул этти,
Немесин койбой жемекке
Эр Жолойдун акылы.
Көзү кетти чекчейип,
Көкүрөк жүнү сексейип,
Сакалы кетти түксүйүп,
Чачы кетти үксүйүп,
Үтүгүңө шоодай* – деп,
Үтүрөңдөп бу капыр.
Аминиңе даним* – деп,
Кармаша бала турганы,
Сол колу менен чоң Жолой
Көтөрүп жерге урганы.
Бакпады бенде бетине,
Казан баккан жигитти
Баса олтурду көтүнө,
Көзү түштү Жолойдун
Казандагы этине.
Жүйүртө басып олтурду,
Чала бышкан эт экен,
Шишине сайып толтурду.
Лайлама* дегени,
Шишкебектей шыпырып,
Балбан Жолой жегени.
Баланы басып алганы,
Арбак урган алп Жолой
Бир казан көштү жалмады,
Бир немеси калбады.
Бир казан этке тойбоду,
Эки казан этти бул
Жемек үчүн ойлонду.
Жолой алды мазаны,
Көтүнө баскан жигиттин
Куру калып казаны,
Экинчи казан бет алып,
Эми Жолой басканы.
Мурунку бала бакырды,
Зордугун көрүп акыры,
Чоң Жолойдой капырды,
Мында келгин, мырза – деп,
Бокмурунду чакырды.
Чакырганда Бокмурун
Мааникерди кындыйтып,

[1] *баскан.* Кыясы, катчыдан ката кеткен. Контекст боюнча туура маанидеги сөз – «баккан», б.а., кайтарган, кызмат кылган, эт бышырып жаткан маанини туюндуруучу сөз.

Баланы көздөй бастырды.
Жетип келип караса,
Этчиден кетип көп маза,
Эки казан этти жеп,
Немесин койбой таптаза,
Болжолсуз дөө зор Жолой,
Бош адамдар жолобой,
Мойну бука белиндей,
Оозунан чыккан илеби
Улуу белдин желиндей.
Жан казандай көздөнүп,
Жалпак дөбө төштөнүп,
Өрттөнгөн өлөң чачташып,
Өчмөндүү душман баштанып,
Карап турду бу капыр,
Кан Бокмурун балага
Каршы турду таптакыр.
Мааникер аты балкылдап,
Бадана тону жаркылдап,
Бай баласы Бокмурун
Ак шумкар куштай каркылдап,
Жолойго келди күүлөнүп,
«Жолу каткыр жогол!» – деп,
Ачууланып сүйлөнүп:
«Улук болбой улуп кал,
Суң-дуң болбой куруп кал!
Кемегеден эт жеген,
Кейпиң курсун, ит деген.
Жер очоктон эт жеген
Жерге кирген ит деген.
Жан болбой куруп калсаңчы,
Кошуңа* жатып алсаңчы,
Кардым тойбой койдум – деп,
Кабарды мага салсаңчы.
Тойгузбай койсом кардыңды
Тозокум шондо келсеңчи,
Ашка атаган бул этти
Анан кийин жесеңчи.
Наадансыңбы акыр – деп,
Адам кылар иш эмес,
Айбансыңбы, капыр?!» – деп,
Бокмурун айтып турганы,
Болбогон улук бу дагы,
Ал Бокмурун баланы
Назарына албады.
Адам экен бу да – деп,
Аңдап көзүн салбады.
Адырайган дөө Жолой,
Азыркысын байкасаң
Ат минбеген жөө Жолой,
Бокмурун тилин билген жок,
Кутургандай Жолойдун
Кулагына кирген жок.
Аңдабай бала сөзүнө,
Астындагы Мааникер
Аты түштү көзүнө.
Минген аты Мааникер,
Калабалуу дөө Жолой
Кара калмак журтунан
Кашкая чыккан бу бир эр,
Атка карап эмне дээр:
«Алакандай бурутта[1],
Алты, беш үйлүү журутта
Буудандын башын бурарбы,
Бул өңдөнгөн тулпарлар,
Мусулманга турарбы?!
Буудандын башын буруптур,
Мусулман түгүл бу тулпар
Бурутка[2] бүтүп туруптур.
Чулу темир туягы,
Туура тулпар сыягы.
Жал-куйругу түпөктөй*,

[1] Ушул жана кийинки сап ыр эки колонка ыр саптарынын арасына башка сыя менен (көк сыя менен, башка тексттер кара сыя менен жазылган) кыйгач жазылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү, тактоо туура иштелген.

[2] Сөз «мурутка» делип жазылып, кайра ошол эле сыя менен «бурутка делип оңдолгон, сөздүн башкы тамгасы жазуу учурунда оңдолуп, такталган.

Тумшугуна карасаң,
Суусарга койгон күбөктөй*.
Соорусу сокkон[1] тамыңдай,
Кулагына карасаң,
Чоң мазардын шамындай!
Дабыртын укса талаада
Кырдан кайып узабас,
Кырк күндүк жерге суусабас,
Башынан арам байламак,
Коё берсе тушабас,
Жеткире байлап жарышса,
Жел кайыптар узабас,
Бакбаягы малынып,
Маралдай төшү салынып,
Куюшкандык узарып,
Кулжадай көзү кызарып,
Шыйрагын шыпшап жонгондой,
Кулагынын боруму
Гүл тотусу конгондой,
Күнү-түнү кырк күнгө
Чабуулга минсе эр адам
Көңүлү өсүп оңгондой.
Сыр найза алса боосу жок,
Алакандай бурутта
Алыстан жоолор жоосу жок.
Беш, алты үйлүү буруттур[2],
Аз түтүндүү бурутта
Ашыкча тулпар туруптур,
Эбактан бери муну албай,
Биздин калдайды* кудай уруптур!»
Ал сөздү айтып, ант ургур
Балдыр-салдыр эткени,
Баскан бойдон кеткени.
Кызыл чоктуу ойроттун
Кыйыны экен Коң төрө,
Кытайда кыйла чоң төрө,
Кара чоктуу капырдын
Кайраттуусу Коң төрө,
Кан Алооке карыдан,
Кара кытай баарынан
Кайраты ашык чоң төрө,
Коңурбайдын кошуна,
Кирди Жолой кашына.
Балбан Жолой кеп айтат:
«Байка Коңур – деп, айтат.
Минетерин[3] биз билбей,
Бириндеп келип калыппыз,
Тамакка болуп ыраазы,
Талпайып жатып алыппыз,
Сонунду билбей калыппыз.
Тойгонго болуп ыраазы,
Томпоюп жатып калыппыз,
Тойгондукту салыппыз.
Мурдаа күнкү кечинде,
Мырдар* экен Бокмурун,
Манасы келген кезинде
Акындарын айттырып,
Аземин элден арттырып,
Астынан улак чыгарып,
Арчатору тулпарын
Тартуусуна ыйгарып,
Арчатору ат тарттырып,
Обурагын арттырып,
Тулпардан тартуу берди – деп,
Билими артык жанысың,
Бир кылымдын канысың,
Байкап турсам бу сизди,
Сизге жакын бу бизди
Айбанга катар көрдү – деп,

---

[1] *созгон.* Катчыданката кеткен, талап кылынган туура сөз – «соккон».

[2] *муруттур.* Азыраак эле жогоруда катчы сөздү «мурут» деп жазып, өзү кайра «бурут» – деп оңдогон эле (5996-сап).

[3] Ушул сөз башка сыя менен оңдолуптур. Башта эмне сөз бар экенин окууга мүмкүн болбоду, кыясы, «Милолдарын» же «Элолдарын деген сөз окшойт. Ондолгондон кийинки сөздүн мааниси да бизге белгисиз, контексттеги мааниге караганда. «Минетерин» деген сөз тууpараак келе турган экен.

Арчатору тулпарды
Манаска тартуу берди – деп,
Намысың болсо Коңурбай
Аңдап көргүн сөздү жай.
Бардым бүгүн ашына[1],
Кезим менен мен[2] бардым
Кемегенин кашына.
Кезикти мага жолумда,
Мааникер деген мал экен
Бокмурундун колунда.
Алгара менен Торайгыр,
Аны албасаң көп кайгыр,
Мааникердин жанында
Мал эмес экен Алгара.
Көкүлү көздө чок экен,
Көргөн дүйнө жүзүндө
Айбанда андай жок экен!
Акылы бөлөк бир түрдүү,
Адамга жакын бар экен,
Аңдап көрсөм сыягы
Ааламдан ашкан мал экен,
Алы келген азамат
Ала турган ал экен!
Сынын сизге айтайын,
Чынын айтып кайтайын.
Белдемчисин байланып,
Беш калаадан айланып,
Бээжин барар ат экен.
Карыпчысын байланып,
Кара шаар айланып,
Калдайлар минер ат экен,
Бокмурундун колунда
Мааникер деген бар экен,
Санап турсам Мааникер
Сага ылайык ат экен.
Мааникер албай болбо – деп,
Мааникер үчүн Коңурбай
Аш берген ушу бурутту
Балаага салып торго[3]» – деп,
Атты Жолой айтканы,
Өрттөнгөн Жолой муну айтып
Өз кошуна кайтканы.
Коңурбайдан кем эмес,
Жолойдун да шайтаны[4].
«Андай болсо акыр – деп,
Аш бергенди чакыр – деп,
Жолоюм айтты акыл – деп,
Мааникерин алайын
Жоолашкан болуп акыр – деп,
Дебеги менен Шылкым – деп,
Аш берген күлдү чакыр!» – деп,
Коңурбай буйруп салганы.
Бокмурундун кашына
Дебеги, Шылкым баш болуп
Алты жайсаң барганы.
Чакырды – деди, Коңурбай
Чыгып үйдөн Бокмурун
Коңурбайдын кошуна
Келип калды жайма-жай.
Эр Коңурбай дегендин
Аскери арбын шайма-шай.
Олтурган экен очоюп,
Очогунун кашында,
Алтындан таажы* башында.
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалдары туу куйрук –

---

[1] Ушул ыр сабынан тартып «Белдемчисин байланып» деген сапка чейинки тексттер (21 сап ыр) өзүнчө кичинекей баракчага жазылып, негизги тексттердин кайсыл жерине кошулары шарттуу белги менен көрсөтүлгөн.

[2] Түп нускада «мен» деген сөз жок. Отузунчу жылдардагы көчүрмөдө жана андан кийинки көчүрмөлөрдө «мен» деген сөз кошулган. Ырдын ыргагы үчүн «мен» деген сөздүн болушу туура.

[3] *толго.* Кыясы, катчыдан ката кеткен. Сөздүн талап кылынган туура үлгүсү – «торго».

[4] Мурда 5722-саптан кийин коюлган, «Онунчу Коңурбай Бокмурундан Мааникерди өкүм менен сураганы» делген темага ушул саптан кийин коюлса логикалык жактан туура болуп, мазмунга шайкеш келмек.

Сараптан тешип өткөндөй.
Көзү өгөгөн темирдей,
Муруну бар капырдын
Бузулган тоонун сеңирдей.
Түлөгөн жору каштанып,
Өгүздөй болгон чоң доңуз
Өрттөнгөн доңгөч баштанып.
Мурдун көрсөң[1] бородой*,
Эки көздүн чуңкуру
Казып койгон ородой,
Кирпигинин чылпагы
Мергендердин шородой.
Көк күбө тонун жамынып,
Арстандай чамынып,
Ачууланды киргенден
Сөз айтууга камынып:
«Сасык айран, көк курут
Салпылдаган бадирек*,
Кан Көкөтөй ашы – деп,
Эсеби жок мал айтып
Байгесинин башы – деп,
Келгенди конок алам – деп,
Чактуураак айтсаң болбойбу
Келбесең чаап салам – деп!
Бокмурун өттү мазагың,
Болжолу жок сөз айтып
Болду го сенин азабың!
Тыйтай*, суң-дуң баарысы
Чабабыз – деп, күүлөнүп,
Кайнап жаткан капырдын
Кайсы бирөөн басамын!
Макул көрсөң сөзүмдү,
Баскын десең өзүмдү
Жана да жардам кылайын
Аш берүүчү жолуңда,
Мааникер деген бир жылкы
Бар экен сенин колуңда.
Атаң өлгөн айыпкер,
Аш бергениң чын болсо
Мааникерди мага бер.
Манас келсе көрүпсүң,
Айтканына көнүпсүң,
Арчатору тулпарды
Астына тартуу берипсиң,
Мусулмандын төрөсүн
Калктан ашык көрүпсүң!
Каарым келсе катасыз
Как өзүмдөн өлөсүң,
Мусулмандын төрөсүн
Менден өөдө көрөсүң,
Бейжайлыгым кармаса
Бекер жерден өлөсүң.
Мааникерди берерсиң,
Мааникерди бербесең
Балакетти көрөрсүң!
Белдемчисин* байланып,
Беш калааны айланып
Бээжин минер мал экен,
Карыпчысын* байланып,
Кара-Шаар айланып
Калдайлар минер ат экен.
Эми келген жазында,
Эсенкандын алдына,
Эркечтей мойнун койкойтуп
Тартуу барар мал экен,
Азыр сенин колуңда
Мааникер деген бар экен.
Мааникерди бересиң,
Мааникерди бербесең,
Балакетти көрөсүң!
Киши-миши дебеймин,
Тарткан этиң жебеймин!
Ашыңа азап саламын,
Айлыңды талап аламын!
Тоюңа тозок саламын,
Тобуңду чаап аламын!»

[1] *көрсөң.* Түп нускада мындай сөз жок, бирок ансыз саптын мааниси да, ыргагы да, муун өлчөмү да бузулат. Кыясы, катчы керек сөздү жазбай калып, ката кетирсе керек.

Арбак урган чоң Коңур
Атпай кытай журтунан
Айбаты ашык оңбогур
Ал сөздү айтып салганы.
Айтканын угуп Бокмурун
Айран-азыр калганы.
«Ат алар напси сенде бар,
Акылдашып көрөйүн
Ага-тууган менде бар.
Эл-журтума мен барып
Акылдашып көрөрмүн,
Байкап элдин мүнөзүн,
Эби болсо эл-журтка
Мааникерди берермин».
Эр Коңурбай баатырдын
Айтканын антип угуптур,
Бай баласы Бокмурун
Арты менен чыгыптыр.
Атына минип алганы,
Кейишке минтип калганы,
Кеңгиреген боюнча
Эр Кошойго барганы.
Катагандын Кошойго,
Карыясы ошого
Барган бойдон Бокмурун
Баянын айтып салганы,
Абаң Кошой ал ишке
Айран-азыр калганы.
«Бээжиндиктин чоң Коңур,
Бели бузук оңбогур.
Анжы* Бээжин чоң Коңур,
Арбак урган оңбогур.
Манас тартуу алганга,
Мусулман журту[1] өмөлүп
Ызат кылып калганга
Намыс кылган экен го,
Ат бербесек бекер го.
Кылса кылып кетпейби
Кытайлардын чоң Коңур,
Кызыл чоктуу ойроттон
Кыйын чыккан оңбогур.
Көпчүлүктүн ичинде
Көркөм күлүк Мааникер
Көзүнө түшкөн экен го.
Көрүп алып, ал чочко,
Мааникерин алсам – деп,
Көтүнө түшкөн экен го!
Мааникер берсек макул го,
Балакет баскан Коң төрө
Бадышага жакын го!
Бек Коңурбай сураса,
Берен калсын бир жылкы,
Берүүгө келген кезеги.
Кырса кырып кетпейби,
Кылса кылып кетпейби
Кытайдын Коңур кесеби.
Асилиңе жакшы го
Айлыңдын болмок[2] эсени,
Арам өлгөн Мааникер
Бир байталдын тезеги.
Ат аяган жер карайт,
Жер карабай не карайт,
Куш аяган көк карайт,
Көк караса көп карайт.
Берен калсын Мааникер,
Бербей аны болбос – деп,
Бейли бузук бу капыр
Бет алышкан жолборс – деп,
Мааникер тартуу кылбасак
Аягы аштын оңбос» – деп,
Кан Кошой айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча

[1] *Мусулман журту.* Мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна ушул сөздөр башка сыя менен жазылган. Мурдагы жазылгандар окулбайт. 1936-жылкы көчүрмөдө бул жер «мусулман журту».

[2] *болмок.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок контексттин мааниси үчүн да, ыргак, муун талабы боюнча да андай сөз керек. Кысы, катчы ката кетирген.

Бокмурун сүйлөп калганы:
Ат алдырып минейин,
Андай болсо, абаке,
Айтканың акыл, билейин.
Эр Бокмурун бек айтып,
Жанындагы жолдошун
Атка жөнө – деп, айтып,
Айрылдым кайран тулпардан,
Атамдай көрүп тургандан!
Азыр бармак болгону,
Ал аңгыча эр Кошой
Акыл ойлой койгону:
«Калабалуу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Алсыраган алданып,
Аш бергенден жалтанып
Мааникер берип салбайлык,
Баягы Манас каңкордун
Мага айтпай атты бердиң – деп,
Азабына калбайлык.
Баш тартпагын ушундан
Баары бектер[1] мусулман,
Арстаныңа баралык,
Акылдашып карайлык.
Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар билген кеп болсо,
Андан кийин Коң төрө
Мааникерди берелик.
Бастырып барып баатырга,
Азыр карап тим турбай,
Акылдашып келелик,
Орду келер иш болсо
Ошондон кийин берелик».
Бу сөздү айтып эр Кошой
Буйрук кылган жери ошо.
Казактардан Көкчөнү,
Кара тилдүү Үрбүнү,
Элемандын Төштүгүн,
Эштектерден Жамгырчы,
Жедигердин Багышы,
Жеткир бийдин Агышы,
Кан жээни Жүгөрү
Калкылдашып баарысы,
Баштаган Кошой карысы,
Ар кайсысы жүздөн кол,
Алар жакын барышты.
Улуктардын баарысы,
Улуу, кичүү, карысы
Арстаны Манас баатырга
Ушулар жакын барышты.
Байкап көрсө баатырды
Көйкашкалар кашында,
Көкөтөйдүн ашында
Отоодон оолак барыптыр,
Жыдымак*, сызык* арасы,
Жыргалына карачы,
Токсон таман чоң ордо
Ойлоп чийип алыптыр,
Сексен үчү чүкөсүн*
Жерин өлчөп салыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл болуп калысы
Атып жатыр шакылдап,
Кыргыл чалы баш болуп
Башкарып турат бакылдап
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көрөргө сонун ушу – деп
Көпчүлүккө аш кылып,
Аткан экен сексени
Алеңгир жаа маш кылып.
Аттырып коюп эрмекке,
Арстан Манас баатыры
Аңгемесин көрмөккө.
Ордонун оолак четинде,

[1] *бектер.* Мурда башка сөз жазылган экен. Ал өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «бектер» делип жазылган. Мурдагы сөздөн эң аякки «л» тамгасы билинет. Башкасын окууга мүмкүн эмес. 1936-жылкы көчүрмөдө – «баары бектер».

От жайнаган оёнуң
Ажыдаар түгү бетинде,
Алтын күрсү* көтүндө,
Мамык жаздык башында,
Бай Көкөтөй ашында
Султан эр сулап жатыптыр.
Кылынан чыккан албарстай,
Комдонгону жолборстой,
Дүйнөдөн кем болбостой,
Каптын[1]* тоосун кармаса
Чеңгелине толбостой.
Султан эр сулап жатыптыр,
Андистер ордо атыптыр.
Ал мүнөзүн көргөндө
Кошой баштык карысы,
Кол башчынын баарысы
Аттан түшүп жөө болду,
Баштаган Кошой дөө болду.
Барган жерден Кошой дөө,
Баатырга келди баары жөө,
Салам берди заңк этип,
Арстан Манас баатыры
Алик алды барк этип.
Келгин аба, келгин! – деп,
Илгеркиден калган кеп,
Оңунан берди орунду,
Олтурду Кошой борумдуу.
Кыйынсынган көйкашка,
Сыпаанын жолу бир башка,
Кадырдап келген бул ашка
Кандардын жолу бир башка,
Баатырына бата албай,
Баштап сөзүн айта албай
Кандарды кудай уруптур,
Айтыңыз – деп, бир-бирин
Түрткүлөшүп туруптур.
Улуктун баары бата албай,
Угузуп сөзүн айта албай,
Же аттанып кайра кайта албай
Камалышып туруптур.
Кандардын шайы кеткенде,
Айталбай туруп арасы
Аш бышымга жеткенде
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган
Таздын уулу эр Үрбү
Эки жагын карады.
Эптүүдөн барбы айтчу – деп,
Эр Үрбү көзүн салыптыр,
Эч айтар болбогондон соң
Сүйлөйүн – деп, калыптыр,
Эргий түшүп Үрбүңүз
Ээ, Манас! – деп, салыптыр.
Үрбү Манас дегенге,
Үлкөндөр сөзгө келгенге
Кандай жүрөт булар – деп,
Карады Манас жалт этип,
От көзүнөн жарк этип.
Заары чыгып өзүнөн,
Шаркырап жалын көзүнөн
Үрбүгө көзүн салганы,
Үшкүрүп Үрбү шол бойдон
Сүйлөй албай калганы.
Кашында турган көй улук
Каңкорду кудай урду – деп,
Түрткүлөшүп алганы.
Айталбай Үрбү токтолду,
Андан кийин бул топтон
Үн чыгар киши жок болду.
Айтуудан чечен адашты,
Акимдердин баарысы
Бир-бирине караштьг.
Үрбү токтоп калганы,
Үтүрөйүп эр Кошой
Үрбүгө көзүн салганы:
«Атаңа наалат ит Үрбү,
Алдыңкы жерге жит Үрбү,
Адам болбой кет Үрбү!

[1] *кандын.* Катчыдан ката кеткен. Контекстке туура келүүчү сөз – «каптын».

Айтпайсыңбы кепти, Үрбү!
Анча озунуп алган соң,
Айтып ийсең нетти – деп,
Айталбай турган болгон соң
Абаке Кошой, сүйлө – деп,
Мени күүлөп бир койсоң
Кайсы намысың кетти? – деп.
Карыса да карпайып,
Карт буурадай тартайып,
Кашыңда Кошой турбайбы,
Как ушу жерде каңкорго
Карап туруп мен сени
Өлтүртсөм кудай урбайбы!»
Бул сөздү айтып эр Кошой,
Мурутун бурап ийирип,
Буластаган Үрбүнү
Жемелеп жерге кийирип,
Үрбүнү таштап салганы,
Үтүрөңдөп эр Кошой
Манаска карап калганы:
«Ээ, кулунум, эр Манас,
Байкачы баатыр, сен Манас.
Бээжиндиктин Коңурбай,
Бейли бузук чоң калдай,
Анжы Бээжин Коңурбай,
Арбак урган чоң калдай,
Аскери арбын бир далай,
Намыстанып калыптыр,
Бокмуруңдун башына,
Келип алып ашына,
Бейорун* өкүм салыптыр.
Манас баатыр көрдү – деп,
Айбандан чыккан шуңкарын,
Арчатору тулпарын
Астына тартуу тартты – деп,
Дин мусулман[1] болгону
Бай[2] кошомат айтты – деп,
Мааникериң бергин – деп,
Мааникерди бербесең
Басырыгым көргүн – деп,
Калса мейли көөнүң – деп,
Калабаны көргүн – деп,
Киши-миши дебеймин,
Тарткан этиң жебеймин,
Айлыңа кыргын салам – деп,
Азыр эле бу күндө
Ашыңды чаап алам – деп,
Кан Коңурбай айтыптыр,
Бул олтурган иниңиз
Капаланып кайтыптыр.
Баары мага келген соң,
Кантебиз аба деген соң
Баарыңарга эп болсо,
Абаңар билген кеп болсо
Кытай да болсо кылым журт,
Кысталактын* сөзүн тут,
Капыр да болсо кандуу журт,
Калбаны сүйгөн камдуу журт,
Мааникерди берсек – деп,
Мына бу сөздүн баянын
Сизге айтып келсек – деп,
Берeликпи, жокпу – деп,
Береним айтчы жоопту?» – деп,
Эр Кошой айтып турганы.
Ошо сөзүн укканда
Оёнду* кудай урганы.
Оң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Оозунан ойрондун
Ок жазайыл, топ чыгып,
Баткалашта мараган
Кабыландай караган,
Чагарак куйрук чаар тон,
Чамынганы соо болбос

---

[1] *дин мусулман.* Мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, башка сыя менен ушул сөздөр жазылыптыр. Мурда эмне деп жазылганы белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө «дин мусулман».
[2] *бай.* Бул сөздөрдүн үстүнөн бастыра башка сыя менен «чоң» делип жазылган.

Шаңы чыкты сур жолборс.
Адам сыны бөлүнүп,
Арстан сыны көрүнүп,
Балан-бастан дебеди,
Баатыр Кошой абаңа
Башкарып жообун бербеди.
Доол кагар шаң жыгач
Толгоп колуна алганы,
Алтын курбу доолду
«Даң!» – дедире салганы.
Доол катуу кагылды,
Ордодогу кырк баатыр
Бири калбай таптакыр
Кошту көздөй жабылды.
Ыкчамдыгын карагын,
Коштон кийди жарагын.
Кийген тону көк темир,
Сыйынганы бир Теңир.
Соот*, чарайна, кыягы*,
Кырк баатырды карасак,
Соо калбастай сыягы.
Туулгасы* болоттон,
Душманды минтип колоткон.
Найза, кылыч, ок өтөр
Асты жери калбады,
Алышканда душманы
Азыр чыгар далдалы,
Беттерине жабылтып,
Ок өтпөс темир барданы.
Ачып көзду-жумганча,
Алтындан доол урганда
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Күлүктүн бели ийилип,
Көргөндө көңүл сүйүнүп,
Көсөлдөрдүн баарысы
Көпкөк темир кийинип,
Мылтыктын баары октолду,
Милтенин* баары чоктолду,
Мылтык атар, жаа тартар
Мыктынын баары жоктолду.
Көптөн бери байлаган,
Көзү айнектей жайнаган,
Чаба турган чоң Кула ат
Чалкактата жетелеп,
Ат башкарган Жоорунчу
Тартты алдына энтелеп.
Октой болгон чоң Кула ат
Окторултуп алганы,
Оёнго тарта салганы.
Ачуусу келген арстан эр
Арыштаган боюнча
Аргып минип алганы,
Алтындан куйган үзөңгү,
Аягын төрө салбады.
Баса минип бул атты,
Атырылтып чуратты,
Бура тартып калганы,
Мубакүлдүү найзаны
Сайып койгон жеринен
Найзаны жулуп алганы.
Аккула атты каргылтып,
Ач тайгандай аргылтып,
Ак сакалдуу Кошойдун
Алдына барды ошонун:
«Аттигине абаке,
Акылыңыз канаке?
Сенден бөлөк бири айтса,
Өлүк эмес тири айтса,
Албас белем жанын – деп,
Төкпөс белем канын – деп!
Жаш экенден сыйлаган,
Жамандыкка кыйбаган
Кошойлуктан калдың – деп,
Кол тийбеген кары элең,
Ошондуктан калдың – деп.
Кордук сөзду, кокуйгун,
Не үчүн айтып салдың – деп,
Кайда жүрөт жанагы
Ээсиз калган малың – деп.
Ойронуң Манас өлгөндө,
О дүйнөнү көргөндө

Ошондо тартуу барсаңчы,
Тагында Манас турганда.
Таалайыңдан көрсөңчү!
Таарынасың дагы айтсам,
Так ушундан көрөкчө
Тирүү жүрбөй өлсөңчү!
Кыраанын Манас өлгөндө
Мен кыяматты көргөндө
Кылымды капыр бөлгөндө,
Кыңк эттирбей билгенде,
Кынжылабай мингенде
Атың түгүл эр Кошой
Кызыңдан тартуу бер Кошой.
Кыямат жакын келгенде,
Кыстап капыр бергенде,
Кыз бала тартуу тартсаңчы,
Азыр менин барымда
Манасым бар! – деп, айтсаңчы[1]
Бүгүнкү күндө бу капыр,
Көтөргөнү туу капыр,
Сырыңды тартып албайбы,
Тырп эттирбей салбайбы,
Бүгүнкү күндө Мааникер
Кадырына албайбы,
Эртеңки күндө Кула атты
Каалап кармап калбайбы,
Жылып-жылып жыласың
Бүрсүгүнкү күнүндө
Эр Төштүктүн Чалкуйрук
Эбин таап албайбы,
Дин ислам баласы
Сай тулпардан айрылса
Сай кучактап калбайбы?
Атандар жонго жатпайбы,
Ат бүткөндөн айрылса
Азамат шору катпайбы?!
Атышпай атың бердиң – деп,
Азабын артык тартпайбы,
Акыреттин күнүндө
Тозокто Манас жатпайбы.
Мааникер берем дегенче
Манасты өлдү десеңчи,
Баатырым өлгөн экен[1] – деп,
Бу көрөкчө, абаке,
Батаңды кыла келсеңчи,
Муну айтканча өлсөңчү!»
Ушу түрдүү кеп айтып,
«Урушту сүйгөн бу доңуз
Кайда жүрөт?!» – деп, айтып,
«Күлпөңүм күндөй турганда
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бу чочко,
Күрпөңдөшүп көрөөйүн!
Күч-кубат берсе кудурет
Күлдү журттун ичине
Күлкү кылып жөнөйүн![2]
Айдыңым айдай турганда
Арбак анык урбаса,
Атымды кантип берейин,
Арбыган экен бу доңуз,
Алпурушуп көрөйүн!
Акыр заман журтуна
Аңгеме кылып жөнөйүн,
Арга недир тагдырга,
Ажалым жетсе өлөйүн!»
Ал сөздү айтып эр Манас
Алтын доол кагылды,
Аккелте мылтык чаңырды.
Араң турган кырк баатыр
Аламан коюп жабылды.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл эрт,
Доолдун үнү түрсүлдөп,
Тээ мылтык* атып күрсүлдөп,

---

[1] *экен.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок ансыз ыр сабынын мазмунунун түшүнүктүүлүгү жана ыргак бузулат.
[2] Ыр сабы эки колонка тексттердин арасына жазылган.

Жазайыл үнү чаңырып,
Койчагыр* үнү жаңырып,
Араң турган кырк баатыр
Капырды көздөй жабылып,
Ураан тартып ийгени,
Мусулмандан[1] түк калбай
Дүңгүрөп атка мингени.
Найзанын учу чабышты,
Адамдын башы кагышты,
Аңдаганга бир катар
Балакет баса жабышты.
Бейкут жаткан капыры
Мээнетке калды акыры,
Башында калбай акылы.
Жабуу*, жабуу, жабуу – деп,
Жабуулаган көп капыр
Жабыла качып баратыр,
Сандыргалуу көй баатыр
Сайып өтүп баратыр,
Заман акыр башына
Салып өтүп баратыр.
Ак ала калпак, көк күрмө
Ар жерден тоноп мусулман
Адып өтүп баратыр,
Өлүктөрү дардайып,
Калып өтүп баратыр.
Мөндү*, мөндү, мөндү – деп,
Мөндүлөгөн көп капыр
Бөлүнү качып алыптыр,
Бөрү жолдуу көй баатыр
Соңуна түшүп калыптыр.
Бөрү кирген кой өңдүү
Бөлүп кетип баратыр,
Бөксөлөнүп капырлар
Өлүп кетип баратыр,
Өкүмүнө алардын
Көнүп кетип баратыр,
Көрбөгөндү ушинтип
Көрүп кетип баратыр.
Аламанды кара журт
Коюп кетип баратыр,
Айбалталап чокусун
Оюп кетип баратыр,
Алты, бештен ар жерге
Союп кетип баратыр,
Кара канга камбылдар
Тоюп кетип баратыр,
Капортосун капырдын
Оюп кетип баратыр.
Кош-Дөбөнүн тушунда –
Коңурбай баатыр ушунда.
Кырганды көрүп кысылып,
Булуттай өңү бузулуп,
Каарданса Манас нетер – деп,
Кан Коңурбай энтелеп,
«Камданганча бу канкор
Кыргын кылып кетер – деп,
Ат албасам жок – деди,
Ар качандан бир качан,
Ушул Манас шок – деди.
Ат минбесем коёмбу,
Арстан Манас оёнду
Кызматка сөздү айтыңар,
Кылкара тартуу тартыңар,
Агасы анын Алгара,
Аземи артык Кылкара,
Кылкара тартуу бериңер,
Кырдырып ийбей кытайды
Кызмат кылып көрүңөр».
Бу сөздү айтып Коң төрө,
Бузукту сүйгөн чоң төрө,
Коркпогондо не болду,
Колу качып жоголду,

[1] *Мусулмандан.* Сөз өчүрүлүп, ордуна ушул сөз жазылган. Мурда эмне жазылганы белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө «мусулмандан». Көчүрмөдө сөз өчүрүлгөн да, оңдолгон да эмес. Буга караганда бул жерде мурда деле ушул сөз турушу ыктымал. Молдоке өчүрүп оңдоп, анан антүүгө болбойт дегенди укканда кайра өчүрүп, мурдагы сөздү кайра жазуусу да толук мүмкүн.

Кыргыз уулу болгондон
Кыйласы кууп омолду.
Кызыл чоктуу Незкара
Кыргындан чочуп бечара,
Кырмус шаанын Мурадыл,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Карыясы Алооке
Дабыртын угуп алыптыр,
Кылкара атты кындыйтып,
Астынан тартып калыптыр.
Жазайыл мылтык октолду,
Милтенин баары чоктолду,
Азыр тартуу чыкканда
Аламан чабуул токтолду.
Бадышалар кашында,
Бай Көкөтөй ашында
Кызыл чоктон Коң төрө,
Кытайдан чыккан чоң төрө
Кыргынды көрүп токтолду.
Алооке баштык карысы,
Алтымыш жаң-жуң баарысы
Астына тартуу барышты,
Ат алам – деп, ат берип
Абийири кетип калышты,
Абыдан кетти намысы.
Уюган чаңы жазылып,
Урушу тарап басылып,
Кош-кошуна барышты,
Корккон калмак, кытайлар
Эси чыккан талаада
Эки конуп калышты.
Ал күнү антип жатканда
Эртеңки таң атканда
Супа саадак чалганда*[1],
Мусулмандар чуркурап
Азан айтып калганда
Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү калкылдап,
Көк асаба жалпылдап,
Көңкү журттун баарысы
Аттанып алып шаркылдап,
Аяк, башы көз жетпей,
Айткан менен сөз жетпей
Алтымыш катар кол болду,
Арасы көчө ол болду,
Карап турсаң көпчүлүк
Кара курттан мол болду,
Көкөтөйдүн өлүгү
Көп адамга той болду.
Баш байгеге сайганы
Сексен миң жылкы, миң атан,
Жана жүз миң кой болду,
Тогуз миң толук үй болду,
Эсебин малдын ала албай,
Эң жакшысы буй болду,
Жабыкбашы кундуздан
Жана токсон үй болду,
Үй башына карасаң
Бирден эркек ээси бар,
Экиден шайдоот күң болду.

[1] Супу садык чалганда.

www.bizdin.kg



## *Онунчу*[1]

## АТТАРДЫ ЧУБАТУУГА САЛГАНЫ, БАЙГЕНИ ЭЛГЕ УГУЗГАНЫ[2]

Экинчи аттын байгеси
Эл алуучу байдасы
Беш жүз атан төө болду,
Башкарып баарын иштеген
Бабаө Кошой дөө болду.
Кырк миң жылкы, төрт миң уй,
Эсебин малдын ала албай,
Далай адам болду буй.
Элүү миң толук кой болду,
Үй башына карасаң
Бир азамат бой болду,
Ургаачыдан күңү бар,
Угууга шондой дүңү бар,
Үчүнчү атка сайганы,
Үлкөн кылды байгени,
Эки жүз элүү атан төө,
Үй башында бир-бир жөө,
Жыйырма миң кой болуптур,
Он миңге жылкы толуптур,
Төртүнчү атка он миң кой,
Акең кыргыз тукуму
Өлүп калган кишиге
Ушундай берген улуу той!
Жүз жыйырма беш атанды
Азыр кылып матады.
Беш миң жылкы, сыйыр жүз,
Мал байлаган жери түз.
Эң аягын айталы,
Эми шу жерден тарталы:
Тогуз кара, токсон кой,
Бир ургаачы, бир эркек
Мунусунда дагы бар,
Алтымыш атка байгени
Азыр сайган чагы бар.
Нурку кыргыз болгонго
Аш[1] бермеги ант болду,
Байге аларын байкасаң
Алтымыш бир ат болду.
Жөөт да бар, тарса бар,
Жөн жүргөн адам канча бар.
Кызыл баш менен Кыйбадан
Кылымга бенде сыйбаган.
Орус да бар, немис бар,
Ойроттун баары тегиз бар.
Уругу кытай бу да бар,
Уюган калмак жуда бар.
Мусулмандын баары бар,
Арабынын журтунан
Айкожо ымам[4] дагы бар.
Көчө болгон көпчүлүк,
Ар качан болсо ушундай
Аш бергенге көп түлүк.
Аны көрүп турганы,
Ат чубатсак экен – деп,
Абакеси эр Кошой
Манаска айтты бу дагы.

---

[1] *Онунчу.* Ушундай катар белгинин «онунчу» делгени эки жолу кайталанып калыптыр, онунчу мурда да бар болчу.

[2] Темача өз ордунда эмес, мындай тема мурдараак, мисалы, 6774-саптан кийин коюлса логикалык жактан туура келип, мазмунга шайкеш болмок.

[3] *ант.* Катчыдан ката кеткен, талап кылынган сөз – «аш».

[4] *Айкожо ымам.* Мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Мурда эмне жазылганы белгисиз. Балким, мурда деле ушул сөздөр болушу да мүмкүн. 1936-жылкы көчүрмөдө бул жерде «апку Жуймам – деп жазылыптыр. Балким, сөздү катчы туура эмес жазып алып (апку Жуймам дегенден эч маани чыкпайт), кийин ошону тактап оңдогондур.

Анча турган көпчүлүк
Айтканга түшөр көп түлүк.
Шаңшуурдан санап онду алып,
Жамбыдан отуз чоңду алып,
Калкка сөзүн айтмакка,
Кабар берип кайтмакка
Акысын санап дал алып,
Алты тогуз мал алып,
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул
Атка минди мына бул.
Жанына алган жолдошу
Жайма көкүл жаш Айдар,
Жар чакырып кеп айтар,
Жалган дебе – деп, айтар.
Атыңа жабуу жабыңар,
Аркы-терки чабыңар.
Азамат жүрөт дегдектеп,
Атың болсо тердет – деп,
Кас буудан болсо билесиң,
Кара чобур минесиң,
Атың чыгып келген жан
Кадыр түнгө киресиң!
Кадыр түн анык ушу – деп,
Эртең атың айдалат,
Ат тердетер түшүң – деп,
Кабар салды жарчысы,
Камданды журттун баарысы,
Жашы менен карысы,
Өркөчү бийик, ээри бас,
Өкүм күлүк бир канча,
Өөдө жерден ноюбас,
Токсон күн минсе жоорубас
Тобурчак* бар бир канча,
Аркасы бийик, зээри бас
Аргымактан* бир канча,
Адырлуу жерден ноюбас,
Алыска минсе жоорубас.
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат.
Камыш кулак, сом туяк
Каса тулпар андан көп.
Кара байыр түрсүлдөк,
Чарчабаган күрсүлдөк
Буудандары андан көп.
Торкодон үртүк жаптырган,
Тогуздан тумар тактырган
Тобурчактан бир канча.
Абайы үртүк жаптырган,
Аземдүү тумар тактырган
Аргымактан бир канча.
Адамдар жүрөк дегдетип,
Атты бүгүн тердетип,
Чапкылаган көпчүлүк,
Саяпкерге көп түлүк.
Чабиякей учкандай,
Чубурганы чычкандай,
Ат чубатып болуптур,
Талапкер атты санаса
Эки миңге толуптур.
Аны көрүп эр Манас:
«Кызыталак калайык,
Кыргын кылсам ылайык,
Жемге байлап тугурун,
Торпокко жетпес чобурун,
Байгесине Көкөмдүн
Баары агытып обурун,
Буудандын жолун бубар – деп,
Айдоо бербей көпчүлүк
Бул элди кудай урар – деп,
Баланы ноот* кылар – деп,
Туюктап алып жол бербей,
Тулпардын баарын кырар» – деп
Баатыр келип кошуна
Көп кызмат кылдым билгенге
Көкөтөйдүн ашына,
Көсөл Алма султанды
Чакырып алды кашына.
«Өнөрүң артык өзүңдүн,
Өкмөтүн уккун сөзүмдүн».

Алмамбетке кеп айтып,
Айкөл Манас бек айтып,
«Аянбай күндү жайлагын,
Алмамбет баатыр – деп, айтып.
Кабыргасы как Кула,
Каса тулпар Аккула,
Өркөчү бийик эр Кула,
Өзү айбандан зор Кула
Омурткалуу ор Кула
Октой болгон зор Кула,
Астына келер бекен – деп,
Аксакал Кыргыл нээти бар.
Азыркысын чоң Кула ат
Бир күнчүлүк эти бар.
Аябай күндү жайлап көр,
Каркыра бою бийик эр,
Катыра күндү жайдап көр.
Ат семизи кымпыйсын,
Сыртына тартып зыңкыйсын,
Этине келген аттар бар,
Арыктын баары дыңкыйсын!»
Арыстаның эр Манас
Ал сөздү айтып[1] ийгени,
Алмамбет жайга киргени.
Ибарат алган Кырымдан,
Арткан өнөр кылымдан,
Нурку асили кытайдан,
Өнөр алган ар жайдан,
Касидадан* кат алган,
Калмакча кара дуба жат окуп,
Барайыздан* бат окуп,
Бачымыраак жат окуп[2],
Тегерете терс окуп,
Кытайча дуба нече окуп,
Сурданып Алмаң калганы,
Суугa жай таш* салганы.
Ачып көздү-жумганча,
Аны-муну кылганча,
Атын жаап тынганча,
Жаканын баары жамгырлап,
Мөндүр түштү дабырлап.
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Туурадан туман дүркүрөп,
Кыбыладан түнөрүп,
Кызыл мунар күркүрөп,
Астыңкы келген аязга
Ат менен адам зиркиреп,
Арыктын баары жыгындап,
Аң-коктулар тыгындап,
Асмандан сегиз сай мөндүр шыбыргак,
Борошосу бургулап,
Караганга өлчөөсүз
Каршы-терши ургулап,
Астында түшүп жамгыры,
Адам аттын баарысын
Суусу басып жам кылды.
Артынан түшүп мөндүрү,
Арык-торук малдарды
Аяз менен өлтүрдү.
Кудуктун баары онжоюп,
Бүгүн күүсүнө келип конжоюп,
Буудандын баары кымпыйып,
Шымаланып зымпыйып,
Чобурдун баары ал түгү
Ээси жакшы жаба албай,
Жапкандын эбин таба албай,
Кыйласы өлгөн дыңкыйып,
Тулпарлар эти тартылып,
Чокуда кулак артылып,

---

[1] *ал сөздү айтып.* Бул сөздөр кийинки сапта да кайталанат. Кыясы, катчыдан ката кеткен. Сөздөр жөнөкөй кайталанганга караганда контекстке ушул үлгү көбүрөөк жакын өңдөнөт.

[2] *Бачымыраак жат окуп.* Ыр сабы бүт өчүрүлүп, башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Мурда эмне жазылганы белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө ушул эле сөздөр, б.а., «бачымыраак жат окуп» делип турат. Ыр сабы ушул түрдө башка жерлерде да жолугат. Буга караганда мурда деле ушул сөздөр болгон дешке негиз бар.

Буудандын баары бурулуп,
Булкуна басып жулунуп,
Туягы тийген жерлери
Туш-тушуна туурулуп.
Баатырдын аты Аккула
Кабыргасы как Кула,
Каса тулпар Аккула
Этине келип ээлигип,
Эликтей башын көтөрүп,
Баскысы келип желигип,
Жарым күндүк эти бар,
Жаңыдан тердеткенинде
Жайына келип алыптыр,
Жаадай болгон чоң Кула ат
Табына жетип калыптыр,
Ал күнү антип жатканда,
Аяз менен, суук менен
Эртеңки таң атканда,
Чымы учуп чырылдап,
Чымчык учту чурулдап,
Жер жүзүнөн жел туруп,
Жерден булоо бурулдап,
Күлдү журт келген ашка эми,
Күн кызыган шашкеде
Көкөтөй туусу калкылдап,
Атың болсо чубат! – деп,
Бакырып Айдар баркылдап,
Көк асаба жалпылдап,
Куучабдар минип талпылдап,
Аралап колго киргени,
Атпай журттун баарына
Жар чакырып ийгени.
Кечээги күнү кечинде
Алмамбет күндү жайлаган,
Күн жайлаган себеби
Көкөтөйгө чапмакка,
Көп чобурду байлаган,
Көрөр болсоң көңкү журт
Көбү өлүп шору кайнаган.
Аттарынан айрылып,
Наалып ээси кайгырып:
Ашына жыят топ – дешип,
Ар кылган иши шок – дешип,
Ашы менен курусун,
Байге албасам жок – дешип,
Аргасы анык түгөндү,
Атынан алып жүгөндү,
Аты түгүл анча журт
Кара жаны жүдөдү.
Ат чубаткын дегенде
Адамдын баары чуу – деди.
Кытай журту бир түркүн,
Кыргыз журту бир түркүн,
Кырым журту бир түркүн,
Орус журту бир түркүн,
Ооган журту бир түркүн,
Түркүн-түркүн болушуп,
Дүйнө жүзү толушуп,
Найзанын баары жылтылдап,
Адамдын башы кылкылдап,
Орчун кара кол болду,
Ортосу көчө жол болду.
Уруксат барбы, бурут? – деп,
Аттын баары чубоого
Азыр болуп турат – деп,
Ургаачы жолу улук – деп,
Өзү каңгай урук – деп,
Оронгунун Кула бээ,
Окторулган курган бээ,
Чубатууга чыгыптыр.
Мурунтадан салты экен,
Көт жагына бээнин
Бир жарым ичмек тыгыптыр.
Желип алып болкулдап,
Желмаяндай союлгур
Көчүк жагы коркулдап,
Анын[1] арка жагынан
Алтындап тумар тагылган,

[1] *анан.* Катчыдан ката кеткен, талап кылынган сөз – «анын».

Мандайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар,
Тумшугунун үстүндө
Ноктонун кескен агы бар,
Кондурдай болгон жаныбар,
Оң жамбашта калы бар,
Октой болгон жаныбар
Аккула кирди чубоого.
Анын арка жагынан
Арзыганы табылган,
Чаткаягы чаткалдай,
Чатына киши баткандай,
Туягын жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып,
Ачбуудан кирип алганы,
Жолойдун аты Ачбуудан
Чубатууга салганы.
Канкор Манас каарынан,
Калаба салган заарынан,
Мааникер сурап салыптыр,
Бадырлатып киргенде
Баатырсыган Коң төрө
Кылкара берип тартууга,
Кылчайбай качып Коңурбай
Төтөнүн бели артууга
Качып кетип калыптыр.
Элинин кандай болгонун
Эгер өзү биле албай,
Эл-журтунан тил албай,
Элге кайтып кире албай,
Ээн жерге барыптыр,
Эки түнөп калыптыр.
Ачкадан өлөмүнбү – деп,
Алты жүз токсон кемирчек
Ай-талаада казып жеп,
Аты тердеп калыптыр,
Артынан киши чаптырып,
Аксакалы Алооке
Араң издеп таптырып,
Дөгдүрдүн учку башынан
Төтөнүн кара сазынан
Араң таап алыптыр,
Алгара чаппай калыптыр.
Ачбуудандын артынан
Боскертиктин Бойтору
Чубатууга[1] салыптыр.
Анын арка жагында
Азыр келбей табына,
Жер астына түшкөнү
Жети жылга толуптур,
Жер үстүнө чыкканы
Жети күн араң болуптур,
Жети жандуу Чалкуйрук
Алты жандан айрылып,
Арман кылып кайгырып,
Чалкуйрук кирип калганы.
Мунун арка жагынан
Мурадылдын Кылжейрен,
Мунун арка жагынан
Музбурчактын Телкүрөң.
Анын арка жагынан
Эр Кошойдун чоң Сары ат
Үрбү чапкан кош Кара ат
Көкчөнүн аты Көгала,
Ат чубаткан жер талаа,
Миң атты тамам айтканча
Бизге болор көп балаа.
Ат чубатып болуптур,
Санаты миңге толуптур,
Эки миң канча ат эле,
Элдин байге дарты эле,
Алмамбет күндү жайлаган,
Ээ боло албай атына
Элдин шору кайнаган.
Атын издеп кайгырып,

[1] *Чубоотуга.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн, бирок сөздүн кеңири кабыл алынган туура үлгүсү – «чубатууга».

Калган экен кай бирөө
Ээр-токум, ат жарак
Баарысынан айрылып.
Ат чабуучу көпчүлүк,
Алакең салды көп түлүк.
Ээри жок жапжайдак,
Ээгинен чалып, ат минип,
Элге келди көп бүлүк.
Ат чубатып болгондо,
Санаты миңге толгондо
Ат кай жерге барат? – деп,
Кайсы жерден келет? – деп,
Канкор жооп берет – деп,
Мусулман, капыр баарысы,
Катаган Кошой карысы
Болду Манас калысы,
Өлчөөсүн айткын баатыр – деп,
Өзүң билгин акыр – деп,
Эл жыйылып калганы,
Эгей-Шыгай* көй төрө
Манасты ортого алганы.
Арстан Манас ойлонуп,
Ары-бери толгонуп,
Балан-бастан дегенче,
Баатыры жооп бергенче
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Чубутураак жан экен,
Чукулчул аты бар экен,
Кепти кечээ айта албай,
«Манас!» – деп, коюп токтолуп,
Кеп айтууга бата албай,
Жемесин угуп Кошойдун,
Кайратын угуп ошонун
Өкүнүчтө калган өзү бар,
Өкүмөт Манас канкорго
Үрбүнүн айтар сөзү бар:
«Сапардан адам сабылды,
Сай тулпарлар чабылды,
Ары баскын эки күн,
Бери келсин бир күн – деп,
Мен өлчөдүм бүгүн – деп,
Бөлөгүң сөздөн түңүл» – деп,
Эр Үрбү айтып салганы.
Айтканын угуп Манастын
Каары келип калганы.
Оң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Илебинен ок чыгып,
Кызыталак көл* кул – деп,
Өз ашыңды бил кул – деп,
Мына мынабу жерде
Манасты көзүңө ил кул – деп,
Кызыталак таз кул – деп,
Иш билбеген мас кул – деп,
Эми үнүңдү баскын – деп,
Бу качан сен[1] бийлөөчү аш кул!» – деп,
Чокусунда чогу бар,
Өзөгүнүн ичинде
Сомдоп койгон огу бар.
Толгомо түшкүн чоң камчы
Оң имерип алганы,
Обдула түшүп Үрбүнү
Оройго тартып калганы.
Жаак жарылды, кан чыкты,
Көпчүлүктүн ичинде
Менменсиген бектериң
Көтү менен укчукту.
Эстен танып[2] кеңгиреп,
Эси оогандай зеңгиреп,
Токтоп Үрбү калганы.
Токтоп Үрбү калганы,
Үтүрөңдөп эр Кошой

---

[1] *сен.* Түп нускада мындай сөз жок, бирок контексттеги маанинин тактыгы жана ыргак үчүн андай сөз зарыл керек. Кыясы, катчы жаңылып, жазбай кеткен өңдөнөт.

[2] *тандаб.* Катчыдан ката кеткен, контекстке туура келүүчү сөз – «танып».

Манаска кирип барганы:
«Ээ, кулунум, эр Манас,
Не мүнөзүң сен Манас?
Жакшыны жакшы билбейсиң,
Жаманды көзүңө илбейсиң,
Бу чапканым ким дейсиң?
Үрбүнү башка саларсың,
Колуң коонуп каларсың,
Кокустан чеки иш кылсам,
Кошойду башка саларсың!
Колдогонуң болсо да
Андан кийин каңкорум
Кордук көрүп каларсың,
Кошой минсе каарына
Кокус өлүп аларсың.
Коюп жүргүн акыры
Бу бейлинди Манасым!
Манас, Манас дегенде[1]
Барбая калат экенсиң,
Чала үйлөгөн чаначтай
Дардая калат экенсиң!»
Абаң Кошой баркылдап,
Ак сакалы каркылдап,
Ачууланып барганы.
Болушат экен Кошой – деп,
Кокус Манас кол салса
Койгулашат кошо – деп,
Эрээркей түшүп Кошойго
Кошойдун айткан бир сөзү
Кубат болду ошого,
Тилге жүйрүк чечен кул,
Динге балбан эшен кул,
Үрбүндүн сөзү мына бул:
«Самарканда сарт Манас,
Мен болормун дарт Манас!
Сары кулак ит Манас,
Алдың жерге жит Манас,
Ушу күндө жакандан
Кубулгөн экен бит Манас!
Кылымды билип алгансып,
Кырк жигит күтүп калгансып,
Кыйынсынып ар качан
Кылычың менен чабарсың,
Ажалың жетип бир күнү
Айбалтамдан табарсың!»
Ачуусу келип эр Үрбү
Ал сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп эр Манас
Арстан сыны баатырдын
Азыр чыга калганы.
Баткалашта мараган
Кабыландай караган,
Ар качандан бир качан
Ачуусу ишке жараган,
Чагарак куйрук, чаар тон,
Чамынганы соо болбос,
Шаңы чыкты сур жолборс.
Адам түрү жоголуп,
Арстандай комдонуп,
Алтындаган доолду
Кагарында оңдонуп,
Доолу калса кагылып,
Кашындагы кырк бөрү
Кыя чаап Үрбүнү
Өлтүрөт эле жабылып,
Абакеңиз эр Кошой
Акылы кетип жаңылып:
«Андай айтпа кепти – деп,
Ачуу түпкө жетти – деп,
Кырк баатыр кыргын салбасын,
Акыр заман журтуна
Айтууга жаман калбасын!
Капыр кектээр кекти – деп,
Катыгүн Үрбү, нетти – деп,

[1] Ушул саптан тартып төрт сап ыр барактын сол жагындагы ачыкка кыйгач жазылган. Кол тамга катчыныкы, сыя да башка тексттерге окшош. Кыясы, жазуу жүрүп жатканда жүргүзүлгөн тактоо.

Калбалуу доңуз оозуң бас,
Кырк жолборс түпкө жетти» – деп,
Кошой абаң шашканы,
Коштоп алып Үрбүнү
Колдон чыга качканы.
Эр Кошойду кыя албай,
Кайраты бойго сыя албай,
Өз ачуун өзү тыя албай,
Абакең антип жүргөндө
Ким калчу экен уялбай,
Өткүрлүк кармап өзүнөн,
Өрт күйүп эки көзүнөн,
Кайраты бойго карк толуп
Үрбүнүн айткан сөзүнөн,
Тиктеген соо болбостой,
Күзгү кирген жолборстой,
Кышкы кирген буурадай
Кыйрына бенде тура албай,
Айбатын басып деңгиреп,
Арстаның Манас кеңгиреп,
Ачуусу жеңип зеңгиреп,
Ал өңдөнүп ким турду,
Аш бышым токтоп тим турду.
Андан кийин жооп берди:
«Атпай кыргыз калкыбыз,
Атадан калган наркыбыз,
Алтымыш киши ат айдап,
Ат айдаса бат айдап,
Чабдардын белин ашырып,
Иленин боюн бастырып,
Улуу өзөн менен сыдыртып,
Уландын учун кыдыртып,
Түркүстөн дүйнө белгиси,
Бир өткөн соң дүнүйө
Эгер жоктур айланып
Эки кайта келгиси,
Аттарды айдап алыңар,
Алты күн ары барыңар,
Түркүстөндүн шайыгы*
Азизден* бата алыңар,
Алло акбар* кеп угуп,
Анан жолго салыңар,
Аттын келер жолуна
Ак желек алсын колуна,
Алты миң адам барыңар,
Адаштырбай түнүндө
Атты жолго салыңар.
Алты күнү айдаса
Түркүстөндүн түбүнө[1],
Сак болуңар түнүнө!
Эки күндө, бир түндө
Эрте келер күлүктөр,
Ээсинин тийсин колуна
Байге кылган мүлүктөр.
Бузукту сүйүп жүрбөсүн
Мырдар кытай бүрүктөр».
Бу сөздү айтып салганы,
Айдаган киши алтымыш,
Кыйгактуу найза алганы,
Кыйкырып жолго салганы,
Ишенимдүү жакшыдан
Кыргыздын кыйла зардалы
Аркасынан алты миң
Аздырбас калыс барганы.
Эрте күздүн кыска түн,
Атты айдатып так бүгүн,
Адаштырбай алууга,
Баланы жолго салууга
Алты миң киши барганы.
Ат чапкандын ал кезде
Калганы жок арманы.
Атты айдатып ийгени,
Атпай журттун баарысы
Ашты көздөй киргени.
Койгон этти бышырып,
Колдун баарын түшүрүп,

[1] *түбөнө*. Маани белгисиз. Кыясы, катчыдан ката кеткен. Контекстке «түбүнө» деген маани туура келер эле.

Улук-кичик баарысы,
Жашы менен карысы
Жай-жайына барышты.
Кош-кошуна түшүшүп,
Ошондо да көпчүлүк
Кийими жука кай бирөө
Конжондоп жүрөт үшүшүп.
Ошоңгуча болбоду
Ойрот журттун баарына
Кызматкерлер толгонду,
Ал Бокмурун баланын
Алган экен дүйнөсүн
Анжиян, Ташкен калаанын,
Аптама* чыкты алтындан,
Аземи журттан артылган,
Чылапчыны чылк алтын,
Кызматкери бүгүлүп,
Кош-кошуна жүгүрүп,
Кызматкерлер суу куйду,
Көкөтөйдүн байлыгын
Көңкү барган эл туйду.
Торгундан кылган дасторкон
Тобун жазып өткөнү,
Аны көрбөйт коштогу,
Талаадагы, бостогу
Олтурган ойрот көп журтка
Бир дасторкон жеткени,
Бабаңыздар Көкөтөй
Байлыгы эмей неткени!
Барбай адам калган жок,
Бир дасторкон жеткирди,
Экини эгер салган жок.
Ичке-тышка баарысын,
Өнтөлөшүп карысын,
Ар даамды бүт берди,
Киш-миш чайкап, сүт берди.
Көкөтөйдүн дүйнөсүн
Көптүгүнөн түткөрдү.
Бендеде мындай болорбу,
Бек Бокмурун кылышын,
Мейиз салып баарысын
Ачыткан экен кымызын,
Апторой * журт көрүптүр
Атаңардын кылышын.
Эрикkенче эт берди,
Эсте жоктун баарысын
Ээк алдына жеткирди.
Сары казы, кыйма жал,
Салтанатын карап ал!
Экиден табак тарттырып,
Чабалдардын баарысы
Этин жебей арттырып,
Түгөтө албай түмөн журт
Элине кеткен артынып.
Эл тамакка тойгону,
Эки күнү жаткырып,
Эл табагын тарттырып,
Ак сакалдуу Кошой дөө,
Ат минбеген баары жөө,
Эки этегин кайрыптыр,
Абакеңиз эр Кошой
Элге табак айрыптыр.
Айбандан чыккан шуңкарды,
Арчатору тулпарды
Астына минип алыптыр,
Аралап журтту калыптыр,
Жетпегенин айттырып,
Жебелеп* табак тарттырып,
Сырты кара бөрк кийген,
Сылай-сылай камчылап,
Сырттан Манас башкарып.
Эки күнү, эки түн
Эт тарттырып бүпбүтүн
Эл тамакка тойгону,
Ыслам* журту баарысы
Куран окуп койгону.

## *Он экинчи*[1]

### ЖАМБЫ АТЫЛГАНЫ

Эл эригип алар – деп,
Сегиз күндө ат келет,
Зеригип жатып калар – деп,
Бекерге кантип жатсын – деп,
Белсенип жамбы атсын – деп,
Каркыранын карагай,
Кыскасына карабай,
Узунунан кыйдырды,
Устунду бир миң жыйдырды.
Түбүнө түркүк буратып,
Алты жүзүн асманга
Чыгарып ийди улатып,
Бу немене кылат – деп,
Билбегендин баарысын
Бир биринен суратып,
Жамбыга танап кылмакка
Болоттон боосун улатып.
Көкөтөй жыйган бул экен,
Бай Көкөтөй өлгөн соң
Кулайым каныш тул экен,
Жүргөн алтын бир жамбы
Жүз адамдын куну экен.
Темирди зымга тарттырып,
Аземин антип арттырып,
Жамбыны бийик зоо кылды,
Сары алтынды жоо кылды,
Кызыгын көргүн кырандын
Кырк эки танап боо кылды.
Ат менен чаап жөнөл – деп,
Атып алсаң өнөр – деп,
Өзгөңөр куру каларсың,
Өнөрлүүң атып аларсың,
Аскер куру калсын – деп,
Андистер атып алсын – деп
Айтканы кабыл келген бар,
Албан түрдүү элден бар,
Атканын жазбас мерген бар.
Мылтыкка андис мыкты бар,
Саадакка андис ыктуу бар,
Талапкериң аткын – деп,
Жарагы жогуң жаткын – деп,
Жарчылары киргени,
Жар чакырып ийгени.
Жайнап жаткан көпчүлүк
Жабылып атка мингени.
Мергендер мылтык октошуп,
Андистер милте чоктошуп,
Элүүдөн, жүздөн топтошуп,
Жабылып жамбаа[1] барганы,
Атып кайра тарта албай,
Көпчүлүктөн шыкалып
Жайнап туруп калганы,
Кайсы бири жамбынын
Түбүнө түшүп алганы.
Түк калбастан аянып,
Туш-тушунан тиреген
Түркүгүнө таянып,
Арта салып түркүккө
Ата берди көпчүлүк,
Мергенге түштү көп түлүк.
Бараңдын баарын майлашып,
Атууга көңүл жайлашып,
Жазайыл бар, очогор*,
Замбирек бар, койчагыр,
Чотола* үнү чопулдап,
Асмандан түшкөн октору

---

[1] *Он экинчи.* Ушундай катар белгинин «он экинчи» дегени жок. Он ондон кийин эле «он экинчи» делген.

[2] *жамбаа.* Сөздүн туура формасы – «жамбыга», ыр сабынын тутумунда ыргактын таламына ылайык, атайын бурмаланган түрдө айтылган.

Көктөн түшкөн мөндүрдөй
Көк коргошун топулдап.
Окту көктөн жаадырды,
Ойроттун баарын таң кылды,
Ой-тоонун баарын чаң кылды.
Ошондой ишти ким кылды,
Оёнуң Манас кан кылды!
Мылтыктын үнү быдырап,
Адамды айран-таң кылды.
Ошондо да көпчүлүк,
Ойротко түштү көп түлүк,
Кыйып туруп жаа тарткан
Кытай, калмак көп бүрүк.
Ошончо журттун баарысы,
Ок жаңылып окус – деп,
Калабыз өлүп кокус – деп,
Баарын турган башкарып
Бабаң Кошой карысы,
Ошончо жаткан калайык,
Ок тосулуп болууга
Оруну келди ылайык.
Октун баары тосулуп,
Мергендердин баарысы
Кутуда калбай дарысы
Куудай мойну созулуп.
Ок-дарысы күбүлүп,
Олтуруп атып бүгүлүп,
Ошончонун баарысы
Ол жамбыдан түңүлүп.
Ойроттун баары ок атып,
Жазайыл менен топ атып,
Ок ортодон өткөн жок,
Жамбыга жакын жеткен жок,
Мынчалык жаткан көпчүлүк
Мылтыгы даарып кеткен жок.
Жамбысы турат байлалуу,
Ок-дарыдан түк калбай
Мергендер шору кайнады,
Жамбынын түбү жайнады,
Атарга дарың жок болсо
Аттанып мындай чыккын – деп,
Абакең Кошой айдады.
Эл жамбыдан чыкканда,
Жадасаң чыга бергин – деп,
Жарчылардан укканда
Манастын келди кабары,
Мажик төрө чабары:
Капыр менен мусулман,
Ашка келген канча жан,
Калайык чыга берсин – деп,
Карап туруп көпчүлүк
Тамашасын көрсүн – деп,
Мажик келип чабары,
Баатырдын келди кабары.
Төрө, кара кыжылдап
Төш таянып быжылдап,
Карагайлуу кара тоо
Кара журт барды таянып,
Колунан келсе көпчүлүк
Коёр эмес аянып,
Аттан түштү атпай журт
Туш-тушунан жай алып.
Калың аскер кашынан,
Каркыранын жогорку
Күн чыгыш жаккы башынан
Кабылан Манас баатыры
Атка минип акыры,
Кыраандар баары аттанып,
Кыбылага бет алып,
Кыраан төрө турганда,
Кызыл алтын доолду
«Тарс» дедире урганда
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт,
Эки жаак бөлүндү.
Манаска жолдош кырк баатыр
Байкабайт экен өлүмдү!
Баары мылтык октоду,
Баары милте чоктоду,
Өкүмөттүү кырк баатыр
Өйүз-бүйүз токтоду.
Арада турган эр Манас,

Аңкаарып турган көп алач,
Манастан доол күп этти,
Ооз оту үрп этти,
Сексен төрт мылтык баарысы
Бир унчугуп дүп этти.
Мылтыктан түтүн булады,
Жарандардын баарысы
Жаа-Алдалап чуулады,
Жайсаңдардын баарысы
Аттарынан кулады.
Ок тийгендей шалк этип,
Сексен төрттүн баарысы
Жерге түштү жалп этип.
Калды Манас короюп,
Жалгыз турду сороюп,
Жалгыз өзү турганда
Кыйынсынган кырк баатыр
Өлгөндөй болду тороюп.
Ат менен Манас турганы,
Алтын доол урганы.
Жайнап калган көп баатыр
Ачып көздү-жумганча
Аттаныптыр таптакыр,
Адамдан жетпейт эч акыл.
Сулап калган көй төрө
Үзөңгө аяк салбады,
Атка минип алганы,
Атка кандай мингенин
Адамдар көрбөй калганы.
Жаандагы көпчүлүк
Жардап карап турганы,
Жана доол урганы.
Кашындагы Кыргыл чал,
Кыйладан ашык дыңгыл чал,
Кары бою тебетей
Кайытып көккө ыргытты.
Асмандай түшүп тебетей
Кайра тартып калганы.
Кайра келе жатканда
Кан Бакай тосуп атканда
Мергендик чыкты көркүнө,
Ок тийип ошо бөркүнө
Көтөрүлүп көк жакка,
Түшүрбөс болду көп чакка.
Кайра тартты бер жакка,
Тебетей келет жер жакка.
Бакай кандын соңунан
Бар иши келген оңунан
Кыргыл[1] чал түзөп атканда
Кырданды бөркү асманга.
Жана келет бер жакка,
Тебетей келет жер жакка.
Алмамбет тосуп бир атты,
Алардай кылып ким атты.
Тебетей жерге жетпеди,
Арстан заада кырк баатыр
Атканы жазып кетпеди.
Алмамбет аткан алмабаш,
Алмабаш огу жеткени,
Мурункудан дагы өөдө
Найза бою кеткени.
Кайра тартты калпагы,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Бу да артынан атканы.
Асмандагы бөркүңүз,
Артынан атты Ажыбай,
Ашыкпай атат жайма-жай.
Тебетей жерге жеткен жок,
Тербелгенде көй баатыр
Атканы сая кеткен жок.
Андистер мылтык октотуп,
Милтенин баарын чоктотуп,
Бир калпакты эт бышым
Асманга атып токтотуп,
Түк келтирбей бер жакка,
Түшүрбөдү жер жакка.

[1] Бул адам атын катчы «Кыргыл», «Кыргын» түрлөрүндө аралаш жаза берет. Көбүрөөк жолукканы – «Кыргыл».

Арстан Манас баатыры,
Аңдап туруп акыры,
Эл айран-таң болгондо
Эт бышымга толгондо
Кагып доол салганы,
Калпак жерге калганы,
Калпакта чолоо калбады,
Каңкору бар чагында
Калды бекен дүйнөдө
Кара кыргыз арманы!
Башында төрө турганы,
«Барс» дедире дагы да
Манас доол урганы.
Алиги турган сексен төрт,
Аткойгон жагы кызыл өртү,
Жыйырма бирден бөлүнүп,
Жыластар минтип өрүнүп,
Төрт тарапка турганы,
Төрө доол урганы.
Боз жорго аты теңселип,
Ак күбө тонду белсенип,
Агала сакал сеңселип,
Кашында жыйырма жолдошу,
Казатка көнгөн жолборсу
Качырды Бакай Кыргылды,
Кара жемсөө дыңгылды.
Анын да жыйырма жолдошу,
Андис болгон жолборсу.
Аңдап көрүп тургандын
Калар эмес акылы,
Карыя Кыргыл акырды,
Каар төгүп бакырды,
Бакай канды бет алып
Баатыр Кыргыл качырды.
Бакайдан найза жеткени,
Эмчекке найза неткени,
Кыйынсынган Кыргыл чал
Кырданып аттан кеткени.
Бакай чалдын жолдошу
Баары соо-саламат.
Баары журтту таң кылып,
Баатырың кылган алаамат.
Кыргыл чалдын жолдошу
Кылайып бири калган жок,
Абаң Бакай жолдошу.
Аттан тайып алган жок.
Манас токтоп турганы,
Дагы доол урганы.
Сарала атты моюндап,
Томогону коюндап,
Алмамбет баатыр жеткени
Кыргыл чалдын жолдошун
Бөрк эңгендей илишип,
Атына коюп кеткени.
Кыргыл чалдын кишисин,
Чийкиси жок бышысын
Акылына киргизип,
Ачып көздү-жумганча
Аттарына мингизип,
Адамдардын баарына
Андистигин билгизип,
Алмамбет андан өткөнү,
Алдыңкы кеткен Бакайга
Аламан коюп жеткени.
Кыргылдын баарын жыкканда,
Кырданып жаңы чыкканда,
Атынын башын бурганча,
Андистиги бир канча,
Алмамбет баатыр жеткени,
Абакеси Бакайды
Аңтара салып кеткени.
Алмамбеттин жолдошу,
Андис жоонун жолборсу,
Аман-эсен кеткени.
Аркасынан Ажыбай
Ат койгон бойдон жеткени,
Алмамбетин баш кылып,
Алар сайып кеткени.
Баары аттан кулады,
Узунунан сулады.
Артынан жетип эр Бакай
Улак эңген эмедей

Алмамбетти эңип алганы,
Атына коё салганы.
Абаң Бакай баш болуп
Жерде киши калбады,
Көргөндүн чыгар арманы.
Көтүнөн келип Бакайды
Көгала сакал Кыргыл чал
Көмө коюп салганы.
Жалгыз Бакай жыгылбай,
Жан жоросу калбады.
Абаңыз аттан учканы,
Баары да жерди кучканы.
Алардын иши оңунан,
Ажыбай жетип соңунан
Бакайын атка миңгизди,
Маштыгын алар билгизди.
Баягы Манас да турду,
Алтын доол бир урду.
Маңдай-тескей турушту,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Аңдасаң сонун жумушту,
Оройпо* жебе чалганы,
Октордү кездеп алганы,
Ошолордун баары өткөн
Опосуз дүйнө жалганы.
Оён Манас баатыры,
Сокту доол акыры,
Ошону көргөн капыры
Калган эмес акылы.
Шарт этип саадак тартылды,
Өнөрү журттан артылды,
Саадактын огу жеткени,
Бөркүнө таккан чогуну[1],
Үзгөн[2] бойдон кеткени.
Саадактын көрдү огуну[3],
Баары кыркып өтүптүр
Тебетейдин чогуну[4].
Али да аман сексени,
Артынан Манас жеткени,
Атагы чаккан кырк баатыр
Андистиги эмей неткени,
Жана доол урганда,
Кылычты кындан суурганда,
Кылычты кындан чечишти,
Кызылдай жандан кечишти,
Кыйкырышып жетишти,
Таң болду калың ойнуна,
Чапканда кылыч мойнуна
Тийгизбестен кагышып,
Кылычка кылыч чагышып,
Кыпкызыл жалын жагышып,
Кылыч менен кырк катар
Кыйкырышып чабышып,
Кызык оюн салышып,
Кылган өнөр ишине
Кылым журт айран калышып.
Денесинен чийгизбей
Жалаңган албарс кылычты
Жалгыз жерге тийгизбей,
Кырылышчу немедей,
Кылычты колго алышып,
Аз болгондо аш бышым
Аркы-терки салышып,
Ал ишин көргөн адамдар
Айран азыр калышып.
Кырк баатыр баары мыкты экен,
Ал заманда сексен төрт
Өнөр үчүн чыкчу экен,

---

[1] *чогуну.* Сөздү өчүрүп, ордуна «чокторун» деп, башка сыя менен жазып оңдоптур. Мурда жазылган сөз «чогуну» экени билинип турат.

[2] *ускөн.* Сөздүн үстүнө башка сыя менен бастыра жазылып, «үзгөн» делип оңдолгон. Оңдоо жазуу эрежесине туура келет.

[3] *огуну.* Сөз башка сыя менен «окторун» делип оңдолгон.Сагымбайга таандык ыкты эске алганда мурдагы жазылыш туура.

[4] *чогуну.* Сөз башка сыя менен «чокторун» делип оңдолгон.

Бир жерине так түшсө
Өкүмөттөн жыкчу экен.
Так түшүрбөйт боюна,
Ушу кулду жыксам – деп,
Күнүчүлүк кусамат[1]
Кай бирөөнүн оюнда.
Билгенине көнбөгөн,
Бир-бирин жакшы көрбөгөн,
Бул кыргыздын[2] болгон тукуму
Ушул үчүн өнбөгөн.
Өрттөнүп кеткен бу кулду
Өлтүрсөм экен – деп, жүргөн.
Өчмөндүүсү дагы бар,
Өлтүрөйүн – деп, чапса,
Өнөр менен кылычын
Тийгизбей жүргөн чагы бар.
Кесиреттүү бу кулду
Кетирсем – деп, дүйнөдөн
Сексен төрттүн ичинде
Кезеңгени дагы бар,
Андистик менен кылычты
Чаптырбаган чагы бар.
Эл карашып толгондо,
Эч болбосо урушу
Эт бышымдай болгондо
Жана доол салганы,
Айбалта колго алганы,
Акырышып бир-бирин
Аркы-терки салганы,
Шилтеген жакка калканы
Азыр болуп калганы.
Калканга балта кагылып,
Караган эстен жаңылып,
Кара кызыл от чыгып,
Кара жерге жабылып,
Мусулман, капыр мынча журт
Карап турду зарылып,
Кандай ушу жандар – деп,
Эстен танып сабылып,
Түрдүү оюн салганы,
Түмөн журт айран калганы,
Дүмөктүү Манас баатырдын
Түбүнөн күткөн зардалы,
Түртүшкөн душман ким болсо
Түгөнүп чыккан далдалы.
Түш эңкейген бешимде
Жамбыны оюна алганы,
Башка журттун баарысы
Жалгыздан огу калбады.
Өзүндөй көрүп өзгө журт
Жамбы калган экен – деп,
Жалгыз Манас нетер – деп,
Аткан менен ок жетпейт,
Алыстан тиккен экен – деп,
Карап турган жардашып,
Каңкор эрге таңдашып,
Атпай капыр, мусулман
Аңгемеге карашып.
Салтанаттуу сай кашка,
Сайышы журттан бир башка!
Кызыл байрак кырк кашка,
Кырааны Манас бадыша,
Кылыгы журттан бир башка!
Кыйгактуу* найза, көк түпөк*,
Кылымды бузган кырк бөрү,
Кыраан эрдин жөкөрү*

[1] *кусумат.* Мурда жазылган сөздү өчүрүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурдагы сөз белгисиз. Жазылган сөздүн туура үлгүсү – «кусамат».

[2] *бул кыргыздын.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурдагысы белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө деле «бул кыргыздын» делип турат. Жазылган сөздөр контекстке маани жактан толук туура келет. Буга караганда мурда деле ушул сөздөр болсо керек.

Катарлап карап турганы,
«Карс» дедире эр Манас
Доолду катуу урганы.
Эң астында эр Бакай,
Эрдиги ашык бир далай,
Боз жоргону моюндап,
Ак сакалды коюндап,
Көкчыбык мылтык сундуруп,
Кыраан чал жөнөп бергенде
Кырк баатырдын баарысы
Кыйкырык кулак тундуруп,
Көк милтеден чок жетип,
Көкчыбыктан ок жетип,
Көкчыбык мылтык тарс этти,
Танаптын бири чарт этти,
Кыя аткан бойдон кыйкырып,
Кыраанын Бакай да кетти.
Аркасынан акырып,
Ак сакал Кыргыл бакырып,
Жазайылы тарс этти,
Жана бир танап чарт этти,
Аркасынан токтолбой
Алмамбет баатыр да жетти,
Ак милтеден чок жетип,
Алмабаштан ок жетип,
Жана бир танап солк этип,
Артынан барды Ажыбай,
Андистин бири Чалыбай,
Каратоко Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Саргыл аттуу Сатайы,
Шагыл бийдин Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы
Баргандардын баарысы
Бир танаптан кайсады.
Жамбысы бийик зоо экен,
Кырк эки танап боо экен,
Алтын жамбы жоо экен,
Аларда болбойт соо кеткен,
Аткан сайын кыркылып,
Бир-бирден танап боо кеткен.
Алардын арка жагынан
Аргын Каракожосу,
Акылы бирге кошосу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү
Манаска кошо пикири,
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөн уулу Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төрөлөрү бир-бирден
Танап кыркып жөнөдү.
Агыдай далы көрүүчү,
Ар кандай келер жумушун
Ашкере айтып берүүчү.
Топ башкарган Токотой,
Калк текшерген Калкаман,
Эл башкарган Элеман,
Манаска нөкөр болгондор
Сырттан Сыргак, Сереги
Кысылышкан жерлерде
Кыйла тийген кереги.
Коңгуроонун кош Абыш,
Кош текшерген бала Ыбыш,
Алымшаа уулу Алакен
Ашкере мерген бала экен,
Арстан Манас бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Казатка* алыс жол жүрсө,
Карсактын* изин жаңылбас
Кадыр жайнак Шууту бар,
Кашкая мерген ушу бар.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн кыргыз жол жүрсө,
Түлкүнүн изин жазбаган,
Түн – деп, жаза баспаган
Түмөн жайнак Шууту бар,
Түбүнөн мерген ушулар.
Казактардан Жооруичу,

Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Бир-бирден атып салганы,
Улуу атасы Ногой дөө
Уруулуу кыргыз зардалы
Бир-бир сыйра атышып,
Минтип чыгып калганы.
Аркасында арстаны,
Асмандан алтын жамбыны
Атарына баштады.
Алтын кемер* чалынып,
Алдасына жалынып,
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу дажаал, огу ажал
Аккелтени колго алып,
Жамбыны көздөй жол салып,
Арасы алыс, ат чабым,
Арчатору күлүккө
Арзан эмес иш табым,
Атка камчы салганы,
Арстан эр жөнөп калганы.
*Арчатору закымдап*,
Жамбыга жетти жакындап.
Көтөргөндө мылтыкты
Көк түтүнү бурады,
Көктөгү жамбы кулады.
Түркүгүн түптөн сындырды,
Дүйнөнүн көөнүн тындырды.
Туура таңган жыгачын
Туйгунуң Манас сындырды.
Душмандын көөнүн тындырды,
Тууганга кубанч кылдырды,
Түшүрдү көктөн жамбыны,
Түмөнгө сөзүн даң кылды.
Арчатору чуратып,
Арстан Манас жеткени,
Тоголонуп калганча,
Көктөн түшкөн жамбысы
Токтоп орун алганча
Чапкан баатыр жеткени,
Кыргый илген торгойдой
Илип алып кеткени,
Арстан Манас баатырдын
Андистиги эмей неткени!
Ошол жамбы атканда,
Ошол ашта жатканда
Бири да эмес, баары бар.
Катаган Кошой кары бар,
Казак Көкчө дагы бар.
Элемандын Төштүк бар,
Эштектерден Жамгырчы,
Жедигердин Багышы,
Кара сакал эр Үрбү,
Калайык ашта жүргөнү,
Көкөтөйдүн ашына
Көрмөк үчүн тамаша
Көп адамдар дүрбөдү.
Көкмөк уулу Керкөкүл,
Көчпөс байдын Жанайы,
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көрүп кызмат кылышкан
Көңкү түрктүн[1] далайы,
Ашка чапкан күлүк көп,
Манаста жарак мүлүк көп,
Башта кытай бүрүк көп.
Ошол ашта жаткандар,
Ойноп жамбы аткандар

---

[1] *түрктүн.* Сөздүн үстүнө бастыра башка сыя менен «журттун» деп, оңдогон. Мурдагы жазылган сөз «түрк» экени даана окулат.

Кыйындардан кыйла бар,
Кытайлардан Коңурбай,
Кырмус шаанын Мурадыл,
Кызыл чоктуу Незкара,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайдан бар Ороңгу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы.
Солондон бар Алооке,
Доңуз кыял эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук,
Түңша кытай Ороңгу,
Ойлонгус бенде олорду.
Алда билер бул иштин
Арты кандай болорду.
Ороңгу жүрөт ороңдоп,
Желке чачтын түбүндө
Жетимиш чычкан сороңдоп,
Олорду таштап салыңыз,
Оён Манас баатырдын
Алда эмне сөзү бар
Аңгеме тыңшап алыңыз.
Жер жайнаган мусулман
Жеткирген кудай арбагын.
Көрбөдү беле көзүңүз
Жерден жамбыны алганын.
Козгойлук эрлер даңктарын,
Колуна алып жамбыны,
Коё элек кыргыз нарктарын,
Миң жетимиш жыл болгон,
Алигиче айтылып,
Кете элек жүрөт салттары,
Баатырдын бар күнүндө
Баарыга тийген жаркыны.
Баабединди айтып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Колундагы жамбыны
Колго тамам көргөзүп,
Түркүгүн түптөн бүлдүрүп,
Мусулман уулу болгонго
Дүбүртүн минтип билдирип,
Түмөндөп жаткан капырды
Көңүлүн жоюп бүлдүрүп,
Арбагы журттан артканы,
Ак сакалдуу Кошойго,
Алп агасы ошого
Апарып тартуу тартканы.
«Абаке, муну алгын – деп,
Ак сакалдуу карымсың,
Калк көтөргөн канымсың,
Касиеттүү жанымсың,
Мына ушуну алгын – деп,
Батаңды берип салгын!» – деп,
Кошомат сөзүн айтканда,
Кошой абаң кеп айтып,
«Койгун, балам – деп, айтып,
Кашыңдагы бир чалды,
Карып калган бир жанды
Өзүңдөн азиз көрбөгүн,
Артты журттан өнөрүң,
Тырмак асты олжоңду
Алган бойдон жөнөгүн
Мылтыкты атсаң мындай ат!»
Кошоюң айткан кошомат.
Манас жамбы атканда,
Басып капыр жатканда,
Кимдер бар да, кимдер жок,
Наадандар аңдап билген жок.
Бил мингенден бир канча,
Кериктүүгө билден жок,
Ат көтөрбөй калган бар,
Ат ордуна даңкайтып,
Керик минип алган бар,
Бир айбанат көтөрбөй,
Билден минген балбан бар,
Миңди бирдей иштеген,
Билкми артык зардал бар.
Күн батыштын журту бар,
Калдайган калың нурку бар,
Маамыт султан каны бар,
Көтөк дөө дагы бар,

Көргөн-уккан баары бар.
Керген жаадай Кемел бар,
Келген ашка көп эл бар.
Суктурдун уулу Карача,
Дүйнөдө жандар көп экен
Журт ойлонуп караса,
Көкөтөйдөн көп өтпөс
Турган-жүргөн тамаша,
Кыңк эткен кылым болбоду
Кыраан төрө Манаска.
Жамбы атылып, кеч кирди,
Манастай өнөр билбей – деп,
Жаанга далай эс кирди.
Ал күнү анда жатканда,
Эртеңки таң атканда,
Керней-сурнай тартканда,
Керней үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Чылмардан согуп шакылдап,
Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү калкылдап,
Кулак тунган көп чуусу,
Жер майышкан калың кол,
Мусулман, капыр оң мен[1] сол.

*Он үчүнчү*

## КОШОЙ МЕНЕН ЖОЛОЙДУН КҮРӨШКӨНҮ. ЖОЛОЙДУ КОШОЙ ЖЫККАНЫ

Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү калкылдап,
Ырамандын Ырчы уулу
Жар чакырды баркылдап[2].
Майдан тартып баары журт
Барып турган жери ошол.
Көргөндүн көзү айнышып,
Көпчүлүк турду жайнашып,
Айтып сөздү жыйганча
Аны-муну кылганча,
Ачып көздү-жумганча
Ырамандын Ырчы уул
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар сөзү шоктуу кул
Атка минген мына бул.
Жанында бар жаш Айдар,
Жалпы баары кеп айтат,
Жарчылар журтка бек айтат:
«Мусулман, капыр эки журт,
Көпчүлүгү кара курт,
Көкөтөйдүн ашында
Көк жал Манас сөзүн тут.
Урук кууп ала албайт,
Ушунчалык көпчүлүк
Убарага сала албайт.
Ата кууп албады,
Азар-түмөн көпчүлүк
Арбын балбан салбады.
Калкым кабар уксун – деп,
Каалап капыр калкынан
Кадиксиз балбан чыксын – деп,

---

[1] *мен.* Сөздүн туура үлгүсү – «менен». Бул жерде ыргактын таламы үчүн атайын кыскартылып айтылган. Оозеки сүйлөөдө, айрыкча ыр тутумунда мындай ык колдонула берет.

[2] Темачадан кийинки төрт сап ыр темадан калган ачык жерге жана сап арасындагы бош орунга кыйгач башка сыя менен жазылган. Кыясы, катчы кийин киргизген өңдөөт. Чынында ушул төрт саптын кереги жок эле. Буга темага чейинки ыр саптары менен кошумча төрт саптан кийинки саптар уйкаштыкка келип турушу да күбө өтүп турат.

Каруусу келсе жыксын – деп,
Уксун – деди, силерди,
Улуктар бизди жиберди.
Уюп жаткан көп элди,
Баары арманда калбасын,
Балбандан балбан тандасын,
Бас кишиден салбасын.
Жердеги чулу кара таш
Топурактай ушатып,
Тозоң кылып кармасын,
Ошол өңдүү адамдан
Тобунан киши тандасын!
Темирди талдай сындырган,
Бил, керик араң жылдырган,
Душманды басып сындырган,
Туугандын көөнүн тындырган,
Дөө жеңбеген бөкөдөн*,
Көптөн коркпос жекеден,
Журтка болгон чегеден
Мусулмандан, капырдан
Бура тартпас баатырдан
Эки балбан чыксын – деп,
Кабар ушул уксун – деп,
Жыкканы мөрөй алсын – деп,
Жыгылган куру калсын – деп,
Алты жүз жылкы, бир жүз төө
Байгесинин саны – деп,
Аз десеңер аны – деп,
Эки жүз сыйыр, беш жүз кой,
Көңкү журтуң жыйылып,
Көкөтөйгө берген той.
Балбандан чыгып калсын – деп,
Майданга күрөш салсын – деп,
Жыгылганы калсын – деп,
Жыкканы жыргап алсын!» – деп,
Айтып айгай салганда,
Ар жердеги аш, тойдон
Болбойт мындай жалганда,
Күн батыштын капыры,
Күн чыгыштын капыры
Кулду баары жыйылып,
Биригишти акыры,
Бир балбанды салууга
Бирдей болуп акылы.
Капыр калкы бир жагы
Дарбый түшүп жазылды,
Ара жери ачылды,
Ошондо көрдү тамаша
Оңбогон Жолой капырды.
Орто жери ачылды,
Топосу тоодой чачылды,
Тозоң учуп ачылды,
Ошондо көрдүк акыры
Оңбогон Жолой капырды.
Баары капыр баалаптыр,
Балбанга аны каалаптыр.
Тырмагына караса
Ак жолборстун салаадай,
Муруттарын караса
Тегирмендин күпчөккө
Текши каккан барадай,
Өлчөөсү жок өзгөчө,
Чечекейи чарадай!
Атасы бар, бата жок,
Айтканы бар, катаа жок,
Энеси бар, нике жок,
Элде мындай бөкө жок!
Туурасы жоон, бою бас,
Дулдугуй беттүү, өңү саз,
Душман чиркин динге кас.
Комдонуп жаткан кара иттей
Маңдайында кашы бар,
Козголуучу дөө эмес,
Даш казандай башы бар,
Артында түшкөн айдары
Кыл чылбырдай чачы бар,
Кырктын орто жеринде
Кысталактын жашы бар,
Мунарадай бою бар,
Бу жаандын балбанын
Койбойм деген ою бар.
Кулагы калкан кол чатыр,

Калмактан чыккан бир баатыр,
Майданга басып келатыр,
Кулактын көркү калкандай,
Кирпигине караса
Киричке чыккан чалкандай,
Колуна тийген душманы
Боло турган талкандай.
Кейпин адам караса
Эки ийиндин арасы
Кере кулач төш жары,
Кан Коңурбай баатырга
Көңүлгө жакын өз жары,
Эки ийнине караса,
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса
Эки даңгыт* тойгондой,
Сөөнө басып жөнөдү,
Кез келгенде келбети
Сүрөткө тартып койгондой.
Караса көздүн чуңкуру
Казылган кал* ороодой,
Көзүндөгү чылпагы
Мергендердин табакка
Кайнатып[1] алган шородой.
Балтыры өгүз белиндей,
Оозунан чыккан илеби
Орто белдин желиндей.
Кол жагына караса
Кырк жылдык терек чынардай,
Кабагына караса
Качырганын куткарбас
Кара кашка тынардай*
Төш жайыгын караса
Тоого жакын керидей,
Ар мүнөзүн аңдаса
Ачыккан көк жал бөрүдөй.
Арка жагын караса
Ат жарышчуу талаадай,
Эки эмчегин караса
Он беш жашар баладай.
Балбан үчүн бекинип,
Байкаган душман шекинип,
А дедирбей ант ургур
Басып чыкты чечинип.
Көк теректе бедер жок,
Көпчүлүктө нелер жок,
Айтса кепти шыбырап,
Алыстан уккан тыңчы бар,
Көпчүлүктүн ичинде
Көргөндү билчү сынчы бар,
Жыгат эле – деп, турду
Көркүн көрүп капырлар.
Сынчылар сынап кеп айтат,
Чыккан экен дүйнөдөн
Бир азамат! – деп айтат.
Өгүз көөдөн, өкүм сөз
Өрдүк жери дагы бар,
Өткүр кылыч, куу найза
Эрдик жери дагы бар.
Өз билгенин бербеген
Бектик жери дагы бар,
Бу күрөшкө Жолой дөө
Журт каалаган чагы бар.
Булчуңу буура санындай,
Балбандык жайы дагы бар,
Музбурчакты бир жыгып
Алгандык жайы дагы бар,
Өлөрүн өзү билбеген
Айбандык жайы дагы бар.
Калмак, кытай, тарса, жөөт
Карап турган канча көп
Өз дининче окунуп,
Күн чыгышка бет алып,
Көкө* Теңир* колдо! – деп[1],

[1] *байлатып.* Катчыдан ката кеткен. Талап кылынган туура сөз – «кайнатып».

[2] Жогорку жана ушул сап өчүрүлүп, ордуна тексттеги сөздөр жазылган. Мурдагы сөздөр белгисиз. Кол тамга катчынын өзүнүкү. 1936-жылкы көчүрмөдө ушул эки саптагы сөздөр жазылыптыр. Жалпы контекст боюнча да ушул эле сөздөрдүн болуусу жөндүү.

Батасын кылды чокунуп.
Көркүн көргөн бенденин
Оно бою дүркүрөп,
Майданга кирип олтурду
Мас болгон билдей күркүрөп.
Жез казандай канжасы
Көк түтүнү буркурап,
Кекиртек, кызыл өңгөчү
Куйган суудай куркурап,
Кубанып, капыр айгайлап,
Кулак тунду чуркурап,
Каар менен караса
Көз жалындап шыркырап,
Олтурду Жолой очоюп,
Ортого жалгыз чочоюп.
Дин ыслам уулунан
Динге балбан кулунан
Талапкер киши чыкпады,
Далдаланып ыктады.
Абакең Кошой акырат,
Балдар, бириң чыккын – деп,
Мактантпай итти жыккын – деп,
Айгай салып бакырат.
Жүндөй аскер токтолду,
Түшөр бенде жок болду.
Көркүн көрүп Жолойду,
Жолойдун түрүн көргөн соң,
Жакындап адам жолойбу.
Ырыска кемчил жакыр кул,
Ыйманы* жок капыр кул,
Намысы жок айбан кул
Калкы каалап калганга
Кан башы менен бу доңуз
Түшкөнүн кара балбанга!
Топ башкарган дөөлөргө,
Тоо көтөргөн жөөлөргө
Бет-бетинен айтмакка,
Жообун алып кайтмакка
Ак сакалын сеңселтип,
Ак сур жорго теңселтип:
«Жоо көргөндө кан төгүш
Жоодарынын эр Чегиш!
Боло турган бала элең,
Борумуң башка жан элең,
Жазыра, Мемси каны элең.
Барсаң кантет балбанга,
Майданда Жолой капырга
Барып күрөш салганга?»
Айтып оозун жыйганча
Жооп берди Кошой абаңа:
«Жолобоймун Жолойго,
Жолу каткан капырга»,
Жооп берди Кошой баатырга.
Абакең андан өткөнү,
«Кабарыштын калкысың,
Бир атадан жалкысың
Саяттын Абдыраманы,
Азыр болуп калыптыр
Келмекөйдүн баарысы
Кайрат кылар заманы,
Балбанга Жолой чыкты – деп,
Жолоюбуз мыкты – деп,
Кубанды капыр тамамы».
«Жолобоймун Жолойго,
Жолуга албайм андайга»,
Жообун берди Кошойго.
Ак сакалын жаркытып,
«Ак сур атын аргытып,
Абакең андан өткөнү,
Керкөкүлгө жеткени,
Сен кандайсың? – дегенде,
Жетип абаң келгенде
Жолобойм – деп, Жолойго,
Тийишпейм – деп, ондойго,
Абаң андан өткөнү.
Эр Жамгырчы баатырга
Жетип абаң келгенде
Сен кандайсың? – дегенде,
Жолобойм – деп Жолойго,
Жообун берди Кошойго.
Абаң андан өткөнү,
Таздын уулу Үрбүгө

Кычака кыйын үлгүгө
Сен кандайсың, балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Барып айтып салганда
Жашынан кылган иши экен,
Тили куу киши экен:
«Аттиң, Кошой, абаке,
Акылыңыз канаке?
Буластаган бу Жолой,
Майданга кирген куу Жолой,
Булчуңу жатыр булкактай*,
Мунуң үчүн майданга
Олтуруун көр жайма-жай,
Буга кайсым чак келет?
Балтыр эти баладай,
Барган менен абам, ай,
Бас келе албас биздин шай,
Булчуңу буура санындай,
Муруту балта сабындай,
Чатындагы калтасы
Кандалчынын кабындай,
Колуна тийсем кокустан
Калабы – деп, ойлоймун
Түлкү шимширге немем табылбай.
Чакмак эти чаначтай,
Көбүк эти көнөктөй,
Көт тамыры билектей,
Чекенин эти челектей,
Кол мүнөзүн карасак
Эскирген чынар теректей.
Тарамышы таяктай,
Эки энегин карасаң
Үч карыш кырган аяктай,
Көрүп туруп өзүмдү
Кор кылба бекер сөзүңдү!»
Угуп алып эр Кошой
Ушундай чунак бала – деп,
Уяты мунун кана – деп,
Абакең андан өткөнү,
Эр Көкчөгө жеткени.
«Сары-Арканы жайлаган,
Сандатып казак айдаган,
Келиштирип кермеге
Кертөбөлдү байлаган,
Кезенишкен душмандын
Келдесин үзүп жайлаган,
Казактан Көкчө эр элең,
Кайратың бар неме элең!
Жолой чыкты балбанга
Жоодон намыс алганга,
Капырлар турат камданып,
Балбаны жыкса бир жолу
Басырыкты салганга!»
Барып абаң сөздөдү,
Көзөл Көкчө Кошойдон
Кутулар жагын көздөдү:
«Кулжа көөдөн, таш коркок
Курган киши мен өзүм,
Күчтүүсүң – деп күүлөгөн,
Абаке Кошой, не сөзүң?
Казактан Көкчө барды – деп,
Калмактын Жолой балбаны
Капшырып жерге салды – деп,
Жаманатты жаман кеп,
Жолобоймун Жолойго
Жоо бөрүсү ондойго.
Алты батман* дан жесе
Тойбой турган ит деген,
Алышканды аман-соо
Койбой турган ит экен.
Жети батман нанды жеп,
Тойбой турган ит деген,
Жекелешкен душманды
Койбой турган ит деген.
Жети каптан буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Жетимиш дөөнү бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.
Алты каптан буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой!»

Ал сөзду Көкчө салганы,
Абакеңиз Кошойдун
Ачуусу келип калганы:
«Атаңдын көрү ит Көкчө,
Алдың жерге жит Көкчө!
Адам болбой кет Көкчө,
Бу кандай айткан кеп Көкчө?
Мусулман уулу баарысы
Улук-кичик, карысы,
Башка журттун калысы,
Байкап карап турбайбы,
Айтканыңды угуп албайбы,
Түшкөнү турган эр болсо,
Дин мусулман[1] эл болсо
Жүрөгү чыгып калбайбы,
Көңүлү коркуп алган соң
Барганы турган балбаны
Ушу сөзду сен айтсаң,
Батына албай калбайбы?
Типти жаман сөзүң – деп,
Түшпөсөң түшпө өзүң – деп,
Өлүңкү турат көзүң – деп,
Өзүң түшпөй койгон соң
Өзгөдө барбы өчүң» – деп,
Эр Көкчөнү жемелеп,
Ак сур атын жебелеп
Эр Кошой өтүп кеткени,
Эр Төштүккө жеткени.
Кашында калың жыйыны,
Кыпчактардын кыйыны
Төштүккө сүйлөй кеткени.
Тогуз уул кенжеси,
Элемандын эркеси,
Не түрдүү жан караткан
Кудуреттин пендеси,
Төрө Төштүк баатырга
Абаң Кошой келбеспи.
«Башкы атасы маңгулдан,
Басташканын нан кылган
Лаанатты жат алган,
Мусулмандан бөлүнүп[2],
Түгөнгүр калмак атанган.
Балбанга Жолой түшүптүр,
Байкап көргөн адамдар
Жыгуудан күдөр үзүптүр,
Намысы жок капырга,
Ыйманы жок жакырга
Түшөсүңбү эр Төштүк,
Намысты түшпөй сап кылба,
Жыгылып жылас Жолойдон
Көңкү турган мусулман
Көкүрөккө так кылба!»
Бу сөзду айта салганы,
Барганың соң эр Төштүк
Барбаймын – деп, айта албай,
Бабаңдын сөзүн кайтарбай,
«Атсыз калып нечен жөө,
Алышканым кыйла дөө,
Менин уруш кылганым
Дөө – бери, жин – деди,
Ошону жеңген Төштүктү
Төмөн кылчуу ким?! – деди
Ай качабы жылдыздан,
Айрылып кетип кыргыздан,

[1] *Дин мусулман.* Мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул эки сөз жазылган. Мурдагысы белгисиз. Балким, мурда деле ушул сөздөр болушу мүмкүн. Молдоке (катчы Ы.Абдыракманов) эпосту учурдун саясатына ылайыктоо үчүн өзүката деген сөздү өчүрүп, башка сөз жазып, бирок антүүгө болбойт дегенди угуп, кайра өчүргөндөрүн калыбына келтириши да мүмкүн. Молдокенин андай ээнбаштыгына өзүбүз деле көп жолу күбө болгонбуз. Далай адамдар антүүгө болбойт – деп, Молдоке менен урушууга чейин баргандарын да укканбыз. 1936-жылкы көчүрмөдө – «дин мусулман».

[2] *Мусулмандан бөлүнүп.* Ыр сабы бүт өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Саптагы маани жалпы контекстке каршы келбейт. 1936-жылкы көчүрмөдө ыр сабы ушул эле түрдө турат. Ал сап өчүрүлгөн эмес, кийлигишүү да жок.

Көйкапта көп канча кан,
Алптар менен алышып,
Дөөгө кыргын салышып,
Бери менен беттешип,
Капыр бери журтуна
Канча жылы кектешип,
Көрбөгөнүм калган жок,
Көптөп душман алган жок,
Жүдөп калган табымда,
Сапардан келген чагымда
Жүзүңдү көрдүм арман жок!
Айткандан уктум сөзүңдү,
Азып кетип айылдан
Абаке Кошой, акыры
Аман көрдүм өзүңдү!
Көрүшкөнүм кубанчым,
Көтөрүлгөн Жолойдон
Көңүл айнып турбасмын!
Кагылайын кудайга,
Өлбөй тирүү бендеден
Адам жүрбөс бу жайда.
Калк бетин аман карасам,
Абаке, менин тилегим,
Ордуна келсин тилегиң,
Карып калган чагыңда
Бу ишиңе жарасам».
Ал сөздү Төштүк сүйлөгөн,
Арманым жок – деп, дүйнөдөн.
Айтканын угуп алганы,
Кайратын көрүп кан Кошой
Батыл көзүн салганы
Батылын салып байкады,
Башын Кошой чайкады.
«Балам Төштүк, кеп тыңда,
Көп тыңдасаң бек тыңда.
Албан дайра, суу дайра,
Лоп кошулган шор дайра,
Бул дүйнөдө зор дайра,
Топурак, топон ол дайра,
Жети жылдык сол дайра,
Жетимиш жылдык тел дайра.
Жетпес жерге жетипсиз,
Жетимиш жылдык жол басып,
Жети жыл кетип эл азып,
Тартыпсың азап көп жылда.
Жолойго түшө коём – деп,
Балам Төштүк, сөз кылба!
Бооруна басып кымырып,
Бир жылдык жолго бир күнү
Учкан экен зымырык.
Мусулман, капыр эки журт
Мурунтан кирбейт бир динге,
Сенин барган жериңде
Адам уулу болгондон
Бир мыскал* эти миң дилде*,
Жараткан жардам бериптир,
Жаның тирүү келиптир.
Кошуң калып көк жашык,
Каның калган бир кашык,
Каруун келбейт – деп, ойлойм
Калмак менен кармашып».
Ал сөздү айтып эр Кошой
Андан өткөн жери ошо,
Алигиче олтурган
Майданда Жолой эр ошо.
Көргөндү кантип тим коём,
Көрүнөө чыккан бир оён
Көкбөрү уулу Көккоён.
Абасы Кошой барганы,
Астында кол куушуруп,
Абакеңиз Кошойго
Саламын айта салганы,
Аликти Кошой алганы.
Ээ, кулунум, Көккоён!
Кызыл чок ойрот, кытайдан
Кызыгып балбан салганы,
Кан боло туруп бул акмак
Калмактын кара жолтою
Жолой чыгып калганы,
Кандайсың – деп, балбанга»
Карыя Кошой барганы.
Карап алып, аба,– деп,

Кайрат-күчтү ким берди,
Как шу жерде мага – деп,
Жыгылып калсам жыластан
Капырдан канар таба – деп,
Биздин күч булкак болгондо
Сиздин күч артып турбайбы
Көрөңгөлүү сабаа* – деп,
Көккоён айтты мындай кеп,
Абакең Кошой дагы өттү,
Болбодуң Коён бала – деп,
Андан өтүп алганы,
Аралап калың журтуну
Акбайды көздөй барганы.
Мүнөзүнө карады,
Жарга ойногон улактай,
Кайратына караса,
Таштан аккан булактай,
Жанган көзү чырактай,
Сандыргалуу эр Акбай.
Оюлган кара кашы бар,
Он жетиде жашы бар,
Жан казандай башы бар,
Жайылган кара чачы бар.
Жетип Кошой келгени,
Балам, сен кандайсың? – дегени.
Курчтук кылып куу бала
Куп сүйлөдү бу бала:
Бендеден качар нээтим жок,
Мен барбайм – дээр бетим жок,
Кааласа калың турган эл
Качууда жок биздин бейил,
Не да болсо тобокел,
Барса бара салсам – деп,
Түшсө түшө калсам – деп[1],
Акбай жан айта салганы,
Батыны[2] ачык эр[3] Кошой
Байкап карап калганы:
Орто бойлуу, он беш жаш,
Кобул колдуу, колоң чач,
Өрдөк моюн, түймө баш
Таанышкан кызы Зыяндаш.
«Сулуу катын алыпсың,
Көп асылам – деп, жүрүп,
Көк жашык болуп калыпсың.
Көшүң калган көк жашык,
Каның калган бир кашык,
Карууң келбес Акбайжан
Бу Жолойго кармашып.
Балтыр этиң толо элек,
Балбан кезиң боло элек,
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек.
Балапан жүнүң маңдайда,
Эненин сүтү таңдайда.
Боорутку жүнүң боорунда,
Боло элегиң кезиңде
Күч-кайратың чыңалып,
Толо элегиң кезиңде,
Чырымтал жүнүң сооруңда,
Түшө элегиң кезиңде,
Жыгачтан чыбык сындырып,
Үзө элегиң кезиңде
Толукшуган Жолой дөө
Колуңду жулуп албасын,
Коргоп кирип мусулман,
Койгулашып канча жан
Коога чыгып калбасын!
Бутуңду бутап салбасын,
Мынча турган мусулман
Былчылдашып калбасын!

---

[1] *деп.* Мындай сөз түп нускада жок, бкрок анын болуусу зарыл. Ансыз ыр сабынын ыргагы жоголот. Кыясы, катчы ката кетирип, сөздү жазбай калса керек.

[2] *батыны.* Сөздү катчы «батып», «батыл» түрлөрүндө аралаш жаза берет.

[3] *эр.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок бул жерде эр, дөө, алп сыяктуу бир муундан турган сөздүн болушу зарыл. Ансыз ыр сабынын ыргагы бузулат. Кыясы, бул жерде да катчы керек сөздү жазбай калтырып кетип, каталык жиберген.

Жолой деген зор балбан,
Согушта далай жоону алган,
Арзан го – деп, ойлобо,
Ал капырга ойнобо,
Агер, балам, беттешсең
Болом соо – деп, болжобо,
Кызыкпа – деп, олжого.
Абаң андан өткөнү,
Буудайык уулу Музбурчак
Буга кезек жеткени.
Абаң Кошой келгенде,
Сен кандайсың? – дегенде
Жайым менин кеткен – деп,
Жашым менин өткөн – деп,
Жолобоймун Жолойго,
Жолу катуу капырга,
Барып бенде болобу
Майданда Жолой баатырга!
Абаң Кошой өткөнү,
Арман кылып кеткени[1],
Манаска жакын жеткени.
Салтанаттуу сай кашка,
Сайышы журттан бир башка,
Кызыл байрак кырк кашка,
Кылыгы журттан бир башка,
Кыраны Манас бадыша
Боз жорго менен теңселип,
Ак сакалы сеңселип
Салып Кошой барганы,
Сандыргалуу эр Манас
Салам айта салганы,
Абакең алик алганы.
«Намысы жок капыр кул,
Айбаты бар баатыр кул.
Ыйманы жок жакыр кул,
Ырысы жок такыр кул
Кедердин уулу Жолой дөө
Балбанга чккты басып жөө.
Дин мусулман уулунан,
Динге балбан кулунан
Беттешер бенде жок болуп,
Бекзааданын баарысы
Бейли кетип токтолуп,
Калайык качып ыктады,
Калабалуу капырдын
Каршысына чыкпады.
Каңкор да болсоң эр элең,
Кайратың ашык неме элең.
Мырдар Жолой майданга
Мурун келип олтурду,
Бу жүргөн журттун баарысын
Жүрөгүн алып болтурду.
Карысам да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап
Мен түшпөсөм капырга
Каңкор да болсоң эр элең,
Кайратың ашык неме элең
Сен түшпөсөң капырга
Кандай адам катылат
Кабылан Жолой баатырга!»
Бу сөздү Кошой салганы,
Бу сөзүн угуп эр Манас
Мукактана калганы:
«Келгениңиз эп эле,
Айтканың айтар кеп эле,
Аянып калсам капырдан
Анда мени жемеле!
Айтайын жооп сөзүңө,
Абаке Кошой өзүңө,
Ат үстүндө турганда
Ажалга тууган ок элем,
Эзелден жөөгө жок элем,
Кырдагы кыргыз уулунан
Кыялым чата, шок элем.
Жыгылсам соо болбосмун,
Сырттан Кошой жолборсум.

---

[1] Ыр сабы бүт өчүрүлүп, башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. 1936-жылкы көчүрмөдө да «Арман кылып кеткени» делип турат.

Жыксам соо койбосмун,
Карыя Кошой өзүң бил,
Каңкоруңдун сөзүн бил.
Намыс үчүн бекинип,
Арбак үчүн чечинип
Балбанга беттеп чыгармын,
Барсам итти жыгармын.
Арт жагынан арбайып,
Атка минип дардайып,
Тулпар минип суйсалып,
Тура албай колго найза алып,
Сайышка кантип чыгамын?
Эгем Таала жар болсо,
Эзелки күчүм бар болсо,
Сайыш менен балбанын
Экөөнү бирдей алармын,
Элинен салбай койду – деп,
Эриш сөзгө калармын!
Урушса да алармын,
Олжосуна карайт – деп,
Ушак сөзгө калармын!»
Жообун берип салганы,
Зор Кошой абаң зардады,
Кайгыланып калганы,
Карыя Кошой бабаңыз
Бу сөздү айтып салганы:
«Дин мусулман уулунан,
Динге балбан кулунан,
Кара кыргыз калкынан,
Кайраты бар алпынан
Бели катуу, бек айбат,
Бейли катуу, кара нээт
Белдүүнүн бирөө чыкпады,
Бейбактар качып ыктады,
Бери урган итти жыкпады!
Кайрат кылып баарына
Канчалык айтсам укпады,
Карарган кулду жыкпады!
Кара оозуңа кан толгур,
Кайрылгысыз күн болгур,
Куру оозуңа кум толгур,
Кубангысыз күн болгур,
Каражолтой мусулман
Качса баары ушундан
Кара журтка ээсиң – деп,
Карысаң да дөөсүң – деп,
Каалап өзүмдү албады,
Калбалуу кулга салбады!»
Ол сөздү алып оюна,
Касиеттүү абаңдын
Кайраты толуп боюна,
Ээрдеги чагарак
Кылдырата кагыптыр,
Кара жерге багыптыр.
Кабылан Манас баатыры
Кайратын билип акыры
Карчыгадай кагынып,
Кабыландай чамынып,
Кайыптан акыл табылып
Жайдары Кошой баатырды
Жандай түшүп акыры:
«Коң карга үчүн тор кылбай,
Кордун баарын зор кылбай,
Камашкан капыр, мусулман,
Башкага башты кор кылбай
Азыр келдиң мага аке,
Айтканың чын абаке,
Карысаң да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап
Сен түшпөсөң капырга,
Калк ичинде ынагың,
Каңкор Манас чунагың
Мен түшпөсөм капырга
Жолойго киши жолойбу,
Жолосо соо коёрбу?
Жолочу киши өзү жок,
Жер дүйнөдө мусулман
Тең келүүчү көзү жок,
Өлөрүн санайт өздөрү,
Өлүңкү турат көздөрү,
Байкап турам баарысын

Мас[1] немедей сөздөрү!
Карчалышкан бул ашта
Кандыктын жөнү бир башка.
Капырдан камоо көрдүк – деп,
Кан аба, өзүң түшпөсөң,
Жылас болгон Жолойго
Чыкпай байге бердик – деп,
Балбанды макул көрүңүз,
Барып күрөш салууга
Бап келбесе көөнүңүз
Байгесин айдап бериңиз!»
Арстан Манас баатыры
Ал сөздү айтты акыры,
Ол сөздү угуп эр Кошой
Ордуна келди акылы.
Аттигине дүнүйө
Жашаган сайын шайманың
Бошойт экен күнүгө!
Дүнүйөнүн жүзүндө
Түрдүү-түрдүү толгон жан,
Ардемеден катышып
Аралашып болгон жан.
Дөө, бери, жининен,
Адам уулу не түрдүү
Аралашып зилинен
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көрүүгө сонун ушу – деп,
Боз[1] үйлүүнүн дөөлөтү
Түгөл өскөн түшү – деп,
Карасынан кандар көп,
Карап турсам жер жайнап
Канча түрдүү жандар көп.
Кичигинен улук көп,
Эсеп жетип болгусуз
Эчен түрдүү урук көп.
Ушинтип турган чагымда
Убара кылдың каңкорум
Сакалымдын агында.
Арманым арбын, дартым зор,
Ажал деген чиркиниң
Туюк соккон темир тор,
Азыркысын абаңыз
Жаш жагынан болду кор.
Кара жер жүзү кең болуп,
Капыр менен мусулман
Мурунтан жүрсө тең болуп,
Бабаң Кошой баш болсо,
Жылас болгон Кошойдо
Жыйырма беште жаш болсо,
Чын ушундай аш болсо,
Жолой чыкса жолумдан
Башы таштан болсо да
Соо кетпес эле колумдан!
Отуз беште жолукса
Ойрондобос эр белем,
Ошол иттен кем белем!
Обдулуп найза салышса,
Ойду-дөңдү алышса,
Оролтуп аяк чалышса
Ондобой турган мен белем,
«Оосурак иттен кем белем!
Кырк бешке чыгып калышса,
Кыйгактуу найза алышса,
Кызышып күрөш салышса
Кыйып кара башыны,
Кызып-кызып чыгарып
Оозунан ичкен ашыны
Кустурбай турган мен белем,
Кутурган кулдан кем белем!
Элүү беш жашта кезиксе
Эптебей турган эр белем,
Эптеп жердин тешигин

---

[1] *Манас.* Катчыданката кеткен. Контекстке туура келүүчү сөз – «мас».

[2] *боз.* Сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган, мурдагысы белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө бул ыр сабы жазылбай, көп чекит коюлуп калыптыр. Балким, көчүрмөчү ыр сабын окуй албай койгондур.

Көктөбөй турган эр белем,
Эсирген кулдан кем белем!
Абаңдын шайы кеткенде,
Сексен бешке жеткенде,
Арасынан отуз жыл
Арманда өтүп кеткенде
Калкымдын каалап калганы,
Каңкорум айта салганы,
Карап турсам опосуз
Кашайган дүйнө жалганы!
Капырдын көөнүн тындырбай,
Каңкорум шагын сындырбай,
Калкыңа уят кылдырбай,
Төгүлбөй турган кан барбы,
Өлбөй турган жан барбы,
Майданга кирип уялбай
Бакайып келип олтурган
Баягы Жолой заңгарбы?
Булуттан чыгар муздак жел,
Мырдар кул мынча келген соң
Карысам да тобокел,
Тобокелге салайын,
Токтолбоюн, барайын!
Бирок сизге айтарым:
Алда билет капырдан
Намыс албай кайтарым,
Алармын[1] деймин намысты,
Абыдан керсем арышты,
Арманым катуу, дартым зор,
Арылбаган менден шор.
Кара сакал агымда,
Карып калган чагымда
Катыным чоркок киши эле,
Калдыратып көтүмө
Кылып берген иши эле.
Арык эчки териси,
Атасынын көрүсү,
Ашаткыга жатыптыр,
Чыгы менен катыптыр,
Ийи катып алыптыр,
Кылдыр ийлеп салыптыр,
Арбак урган дөө Жолой,
Ат көтөрбөс жөө Жолой
Алаасынан албасын,
Айра тартып салбасын,
Али да болсо абаңкы
Абийири кетип калбасын!
Көтөнүн айрып салбасын,
Абаңдыкы шалбырап
Көрүнүп көпкө калбасын.
Тартынбайын балбандан,
Дардайган кулга баргандан.
Корунбайын балбандан,
Коржойгон кулга баргандан.
Кагылайын каңкорум,
Калк чайкаган анткорум
Кара журт калың көрчү – деп,
Кандарыңды чакырып,
Как шу жерге келчи – деп,
Калк ичинен маа батар
Кандагай* таап берчи – деп,
Чоюлса токтоп айрылбас,
Бош турганда жайылбас,
Тартып көрсө чоюлган,
Коё берсе жыйылган,
Кылдай өөнүн байласа
Адамдын бели кыйылган
Кандагай калкта барбы? – деп,
Карыя Кошок айтып кеп,
Карап тура калганы.
Кокондон келген Санжыбек
Сары жаргак шым менен,
Эр Кошой айткан чыр менен
Бура тартып алганы,
Муну көрүп эр Манас
Мырдар, бери тарткын – деп,

[1] *алазмын.* Катчыдан ката кеткен. Контекстке туура келүүчү сөз – «алармын».

Буйрук кылып калганы,
Бура тартып Санжыбек
Маңдайына барганы.
Мунун шымы кандай шым,
Батар бекен, аба – деп,
Баатыр сүйлөп калганы.
«Сандыргалуу кулунум,
Сарысын көрүп мунуңун[1]
Киесиңби дегениң
Жайын көрүп турумун.
Согончок өтпөй калбайбы,
Катуу тээп мен кийсем
Как жарылып албайбы.
Байкап айткын баагыр – деп,
Батпайт мага акыр» – деп,
Абаң Кошой айтып кеп.
Оң тарапта туруптур
Оён Көкчө баатыры,
Ойрон Кошой абаңыз
Көзүн салып акыры:
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе, бото кур,
Наалы алтын, жез өкчө,
Айдаркандын баласы,
Ала көөдөк эр Көкчө
Көргөндөрдөн кеп угам,
Кербендерден мен угам,
Сенин зайбың Акеркеч
Иштүү киши – деп, угам.
Көкчө күйөө, келгин – деп,
Көтүңдө шымды бергин» – деп,
Эр Кошой сурап калганы.
Казактын Көкчө зардалы
Шыпырып шымын алганы,
Абаке Кошой, мына! – деп,
Кандагайын калдайтып,
Керип-чоюп далдайтып
Кошойго бере салганы.
Кара кыргыз зардалы,
Каары катуу балбаны
Карыя Кошой абаңыз
Оң жаккы бутун салганы,
Ойрон Кошой абаңдын
Балтыры батпай калганы.
Сол жаккы бутун салганы,
Согончок өтпөй калганы,
Шыйрагынан шыпырып,
Шымды колго алганы:
«Муну кылган катынды,
Мууну кеткен капырды
Оң бетинен тилбейби,
Тирсегинен илбейби,
Оң чачынан кыркпайбы,
Ордого уруп жыкпайбы,
Кер байталга мингизип,
Кементайды кийгизип,
Алачтын журтун сыдыртып,
Аяк-башын кыдыртып,
Атасынын колуна
Апарып берип салбайбы,
Алы келген азамат
Жаңыртып зайып албайбы.
Түндө басып лыпылдап,
Күндүз күлүп шыпылдап,
Кымыруу болуп жүрөргө,
Кыз-келинге кирерге
Жаштык жериң деги жок,
Чучуктай куу шым киерге
Ушу күндө эбиң жок.
Басташып жоого калышсаң,
Майданга чыгып салышсаң,
Душман менен сайышсаң,
Жер таянып окустан,
Жыгылып калып кокустан,
Кайтып ыргып минерде
Капталып калат дегендей,
Жоодон ибеп жегендей
Найзакерден сен эмес,

[1] *Муңумун.* Катчыдан ката кеткен, контекстке туура келүүчү сөз – «мунуңун».

Берер кишиң мен эмес,
Куучуйган шымың баткандай
Куруса да эр Кошой
Куурай шыйрак кем эмес».
Бу сөздү айтып абаңыз,
Капа болду караңыз.
Шымың менен кургун – деп,
Оолак кет, ары тургун – деп,
Томолоктоп турганы,
Башына шымын урганы.
Көргөндүн көөнү тынганы,
Көкчөнүн шагы сынганы.
Кандагай чыкпай Кошойго,
Капаланып ошого,
Батарга шымы жок болуп,
Баатыр Кошой токтолуп,
Баянсыз дүйнө жалганы,
Бабаңар токтоп калганы.
А дегенче болбоду,
Арбак азыр колдоду,
Колдобосо неткени,
Кошойго Манас жеткени,
Барып сүйлөй кеткени.
Карчыга куштай камынып,
Кабыландай чамынып,
Канкор Манас баатырга
Кайыптан акыл табылып,
«Каныкей экен мыкты – деп,
Каныкейдин колунан
Кандагай бир шым чыкты – деп,
Казат үчүн сакташып,
Катып алып тапташып,
Ажыбай менен Чалыбай
Жүрөт эле макташып.
Алдырып кийчи[1], баатыр – деп,
Байкайлык аны акыр – деп,
Батса ошо батар» – деп,
Манас айтты мындай кеп.
Каңкор эми болбоду,
Катынын мактап койбоду,
Тим турууга болбоду,
Тийишкенин койбоду.
Ажыбай менен Чалыбай,
Айтты Кошой жайма-жай
Алып келгин шымын – деп,
Билейин калпын, чынын – деп,
Как шу жерде көрөйүн,
Катынынын тыңын – деп,
Эр Кошой сүйлөп салганы,
Ажыбай менен Чалыбай
Буйрукту Кошой айткан соң
Бура тартып калганы,
Көрпөчөнүн астынан,
Көмкөрөээр үстүнөн
Кандагай шымды алганы,
Кан Кошойдун колуна
Алып келип бере салганы.
Ойрон болсун Кошой дөө,
Аттан түшкөн баары жөө,
Оң жак бутун салганы,
Балтыры батпай калганы,
Сол жакка бутун салганы,
Согончок өтпөй калганы.
Батырууга бу шымды
Аракет Кошой кылганы,
Аягы чыкпай бу шымдан,
Ажыбай менен Чалыбай
Экөөнө көзүн ымдады:
«Эки кул бери олтур – деп,
Эптеп муну батыр – деп,
Батпай калса бу шымы,
Мага берген куу шымы,
Жардыгы жалган болбогон,
Жалган кылган оңбогон,

---

[1] *кийчи.* Сөз өчүрүлүп, башка сыя менен оңдолгон. Кыясы, мурда ката жазылганды катчы тактап, оңдогон өңдөнөт. Анткени бул жерде башка сөз жазылуу мүмкүн эмес эле. 1936-жылкы көчүрмөдө – «кийчи».

Жаратканы колдогон,
Өкүмү экөө болбогон,
Экөө кылган оңбогон,
Өзүн кудай колдогон
Жайыл Манас көрбөсүн,
Жаңы келген келиндин
Жакшылыгын көмбөсүн!
Оң бетинен тилдирип,
Нур сыпатын бүлдүрүп,
Ордодон сүйрөп чыкпасын,
Оң чачынан кыркпасын,
Кер байталга мингизип,
Кементайын кийгизип,
Кыргыздын[1] журтун сыдыртып,
Аяк-башын кыдыртып,
Каракандын колуна
Кайтарып берип салбасын.
Кара кыргыз оңбо! – деп,
Каныкей айтып калбасын.
Таңдайында мөөрү бар,
Тамагында сөөлү бар,
Кайсы түрдүү иш кылса
Кадыр Алда эптеген,
Кас кылып бенде жетпеген,
Каргышы катаа кетпеген,
Катындардын баарысын
Калыңдык менен тепсеген
Канынштан каргыш албасын,
Кара кыргыз баласы
Кайгылуу күнгө калбасын.
Эки кул, бери олтур – деп,
Эптеп муну батыр – деп,
Не болор экен акыр» – деп,
Эр Кошой айта салганы.
Энтелешип[2] эки дөө
Ажыбай менен Чалыбай
Абаң Кошой жанына
Алар барып жайма-жай,
Оң жагында бири бар,
Сол жагында бири бар,
Шымы батса экен – деп,
Ал экөөнүн дили бар,
Агер антип батпаса
Арстан Манас баатырдын
Айтканын кылма жини бар.
Батыра албай жатканда,
Байкуштар минтип тартканда,
Чыгара албай шыйрагын
Чытыратып атканда
Жыйындын тыяк четинде,
Ажыдаар тугу бетинде,
Кыраакы[3] көздүү кыраан эр
Балбанга көзүн салыптыр,
Бастырып келип калыптыр.
«Батпаганы чынбы? – деп,
Баатыр Кошой шымы – деп,
Мактап жүрүп мына бу
Эки доңуз кылды – деп,
Каракан кызы Каныкей
Катышкан экем[4] бепбекер,

---

[1] *кыргыздын.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. 1936-жылкы көчүрмөдө бул ыр сабы «журтун сыдыртып» делип жазылган. Кыясы, мурда эле кол жазмада ыр сабындагы биринчи сөз же туура жазылбай, же даана болбой калып, аны көчүрмөчү катчы окуй албай калтырып кеткен. Катчы кийин тактоо киргизип оңдогон. Алгачкы сөз «кыргыз», же ошондой эле түрк, алач, угуз болушу мүмкүн. Өчүрүлгөн сөздүн биринчи тамгасы «А» экени айкалат. Буга караганда мурда жазылган сөз «алач», же ошол сөздүн туура эмес жазылып калган үлгүсү болушу ыктымал.

[2] Кол жазмада «энтелишип», ушул түрдө айтылышы да мүмкүн, бирок биздин оюбузча, контекстке көбүрөөк «энтелешип» туура келер эле.

[3] *кыраака.* Катчыдан ката кеткен, сөздүн туура үлгүсү – «кыраакы».

[4] *экен.* Контекстке так, туура келүүчү үлгү – «экем».

Бул өңдөнгөн[1] заңгарды,
Каардансам кырармын
Кашында канча жандарды,
Алганым – деп, жагдайлап,
Ак күбө чечип тактайлап,
Акырына ат байлап,
Каныкей жүзүн көрбөскө,
Кайта үйүнө кирбеске
Аккелте мылтык огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун,
Шым – деп, кармап абаке,
Не кылып карап олтурсуң!»
Бу сөздү айтып эр Манас
Булкуп алып бу шымды,
Батпай калган куу шымды
Абакеңиз Кошойдун,
Алп агасы ошонун
Аягынан жулуп алганы,
Арстан Манас бу жерден
Кайра басып калганы,
Ажыбай менен Чалыбай
Аларга көзүн салганы:
«Мактап жүрүп башынан,
Кылмак элең эки кул,
Кыянатың мына бул!
Каныкейди сокбосмун,
Каңкор Манас атагым,
Кан ичүүдөн тойбосмун,
Калабалуу эки кул
Экөөңдү тирүү койбосмун!»
Бу сөздү айтып эр Манас,
Бура басып калганы.
Муну көрүп Ажыбай
Ордунан тура салганы:
«Чоңдугуң да курсун – деп,
Чоң болгонуң мен болсом,
Чогоолдор сазай берсин – деп,
Алп, атактуу дөөлөрү
Азыр ушу жалганга
Аз-аз эле келсин – деп,
Келгендин кейпи курусун,
Он жашабай өлсүн – деп,
Ушу түрдүү кордукту
Кандай бенде көрсүн!» – деп.
Сунган бутун тарта албай,
Жумган көзүн ача албай,
Кошой калды далдайып,
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
Кой Манас – деп, айта албай,
Кошой абаң далдайды,
Ажыбай менен Чалыбай
Бул экөө да шалдайды,
Өлүм келип эсине,
Эки чоро бирдей тең
Караңгы түшүп көзүнө,
Жаан келбеди эсине.
Шашып турган кезинде,
Эми түшүп эсине
Эр Чалыбай кеп айтат,
«Ээ, Ажаке – деп, айтат,
Кандагай тегин болгон жок,
Каныкей тегин койгон жок!
Жаан көрүнбөй көзүмө,
Жаңы түштү эсиме.
Андан бери карата
Аңкарып адам караса
Таамай алты жыл болду,
Жаанга бу сөз чын болду.
Баштаганы бу шымды,
Батпай турган куу шымды
Жаңы аракет кылганга
Так он эки жыл болду.
Анжыяндык ар жагы,
Айым Мүнсөк бер жагы

[1] *бул өңдөнгөн.* Мурда жазылган сөздү өчүрүп, башка сөз жазганы, же даана окулбай өчүп калган сөздү үстүнө жазып жаңылганы белгисиз, башка сыя менен ушул сөз жазылган. 1936-жылкы көчүрмөдө «бул өңдөнгөн» делип турат. Кыясы, мурда жазууда катчыдан ката кетип, аны кийин өзү ондогон окшойт.

Дандуң баштын тоо теке,
Аң уулап адам көрбөгөн
Сырты кара зоо теке,
Абыкени баш кылып,
Алтымыш мерген аткарып,
Териге залал[1] кылдырбай
Бир-бир көзгө аттырып,
Күндүн жүзүн чалдырбай
Кургатканын кундуйтуп,
Ак сандыкка каттырып,
Ашаткысын эринбей,
Аярлык менен Каныкей
Жез челекке жаткырып,
Алма кабык алдырып,
Алты ай малма салдырып,
Анжыяндын Шагыл сарт
Боёкчусун алдырып,
Катын бычып, кыз тигип,
Оймоктуудан уз тигип,
Өңкөй уздар иштеген,
Кайып бектин Арууке
Токсон кызга баш болуп,
Тогуз күнү тиштеген.
Тиштегени билинбей,
Кайсы түрдүү иш кылып
Иштегени билинбей,
Карап көрсөң өлчөөсүн
Кайыгы көзгө илинбей,
Жымырата тиктирген,
Жылан боор бүктүргөн.
Кош кобулдан тиштеген,
Ичине буулум ичтеген.
Гайза тийсе тешер – деп,
Быжыктабай койгондо
Мында да ишим бекер – деп,
Болот эгеп ширеткен,
Жетимиш балбан бөкөгө
Жеке шу шым каранды
Алым салып ийлеткен,
Боёгун каныш бийлеткен,
Сынамакка бу шымды
Сыр бараң атсам ок өтпөйт,
Так үстүнө карандын
Табылгы жаксам чок өтпөйт,
Бүктөөсүн адам таппаган,
Уздар көрүп мактаган.
Бабам Кошой кийсе – деп,
Бала үчүн жүрөм ынтызар,
Батасы мага тийсе – деп,
Арнап кылган абаңа,
Андай жөнүн айтпаган
Аралаш жүргөн адамга.
Кандагай тегин шым эмес,
Калкка бу сөз сыр эмес,
Абакеме бергин – деп,
Айткан мага кеби бар,
Акыры болду-болбоду
Манаска чактап бир жерин
Катырып койгон чени бар.
Кадырың жетик ажысың,
Кара бөрк эмес, таажысың,
Баатырыңа жүрчү – деп,
Кандагай сурап көрчү» – деп,
Чалыбай айта салганы,
Ал сөзүнө Ажыбай
Айран азыр калганы.
Андан мурун эр Манас
Жаман камап калганы.
Камаганын көрүптүр,
Ал Чалыбай баатырдын
Айтканына көнүптүр.
Не да болсо жүрөлүк,
Эл доорунан сүрөлүк,
Эр Манастын бу шымын
Экөөлөп сурап көрөлүк,
Каар кылса каңкордон

---

[1] *задал.* Сөздөн маани чыкпайт, талап кылынган туура сөз – «залал».

Каза* жетсе өлөлүк,
Кайта сурап көрөлүк,
Айлантып акыл чыгарса
Айтканына көнөлүк.
Сен кексесип Чалыбай
Кебиңди айтып салбагын,
Мени түртүп бейжайга
Кетенчиктеп калбагын.
Келген кыстоо башыма,
Жолдош бол – деп, – кашыма»,
Ажыбай менен Чалыбай
Кол куушуруп кожурап,
Коёндой көзү жоодурап,
Манаска айтып барып кеп:
«Колуңдагы кандагай
Баатыр, бере турчу – деп,
Алда салса башына
Адамга түрдүү керим* бар,
Кандагайды кайта бер,
Өктөлүү калган жерим бар.
Ушу шымды чыгарган
Каныкей сындуу келин бар,
Башта бир уккан кебим бар,
Мына шу шымды башынан
Айткан экен Каныкей
Баатыр Кошой киер – деп,
Нраазы болсо кызматка,
Бир байдасы тиер – деп,
Чактаган экен Кошойго,
Жүргөн менен тургандан
Өлчөөсүн угуп ошого,
Мусулман[1] ата – деп,
Кызматка болсо ыраазы
Келиним эркек туусун – деп,
Берер[2] бекен бата – деп,
Ойлоп кылган шым экен.
Оболунда, башында,
Ого эле жакшы кеп болду
Көкөтөйдүн ашында.
Калктын шыш бар келбей
Камалып турган чагында,
Чалбары элдин чак келбей
Шашып турган табында,
Бере тур баатыр, шымды – деп,
Шыйрагына шым батпай
Абаң Кошой сынды» – деп,
Ажыбай сүйлөп калганы,
Аны көрүп эр Манас
Колундагы кандагай
Бурай кармап салганы.
«Шымың менен кургун – деп,
Оолак алып тургун – деп,
Башкадан шагым сынды – деп,
Душманым көөнү тынды – деп,
Мактай берип шымды» – деп,
Ажыбай менен Чалыбай
Аларга көзүн салганы,
Акырая бир карап,
Ачууланып калганы.
Манас менен ойнобо,
Батпай калса бу шымы
Соо калам – деп, ойлобо.
Ал сөздү айтып салганы,
Ажыбай менен Чалыбай
Кандагай шымды алганы,
Чатына көзүн салганы.
Алаасы турат бүгүлүп,
Багалекке жеткенче
Байкаса бенде тигилип
Бүктөлгөндөй көрүнөт,
Көргөндүн көөнү бөлүнөт.
Ажыбай айтты тигиш – деп,

---

[1] Бул жерде мурда эки сөз жазылган экен. Аларды өчүрүп, башка сыя менен «мусулманга» делип оңдолгон. Мурда жазылган сөздөрдүн биринчисин окуу мүмкүн эмес, экинчиси «бүтүн» деп окулат. Кыясы, мурда «Алачка бүтүн» делсе керек.

[2] *кетер.* Сөздүн мааниси контекстке туура келбейт, талап кылынган сөз – «берер». Кыясы, катчыдан ката кеткен өңдөнөт.

Чалыбай айтат кириш – деп,
Каратоко сүйлөдү
Өнөр менен өткөрө
Кылып койгон бир иш – деп,
Калайыкка чыр кылды,
Каныкей кандай шым кылды,
Өнөрү болсо көрүнсүн,
Өчмөндүүлөр көмүлсүн,
Ачуулантпай каңкорду
Айрылсын да, бөлүнсүн.
Ал сөздү айтып Ажыбай
Кел бери – деп, Чалыбай,
Олтуруша калышып,
Алаасынан алышып,
Алп күчүнө салышып,
Тамандашып тартканда
Шарт – деп, чыгып жазылды,
Көрдүк мындай асылды!
Арасынын баарына
Желдүү желим куюптур,
Жыйылган ойдон жыласың
Жымырайып туруптур.
Ажыбай көөнү басылды,
Чойгонунда кандагай
Карыш сөөм жазылды.
Кайра басып келгени,
Карыясы Кошойго –
Калк агасы ошого
Кандагайды бергени.
Аба, кийип көрчү – деп,
Алдырап калды балдарың,
Айтканын кылып берчи – деп,
Колуна берди Кошойдун,
Алптыгын анда ошонун.
Оң жаккы бутун салганы,
Ойроттун Кошой балбаны,
Атанын шымын алгандай,
Аягына бала салгандай
Балбалактап калганы.
Сол жаккы бутун салганы,
Кыраан Кошой карыя
Кыргыздын кыйын балбаны.
Аганын шымын алгандай,
Иниси бутун салгандай,
Баары бою тең болуп,
Балбалактап кең болуп,
Кийип Кошой алганы,
Көбөөлөрү көйкөлүп,
Куп жарашып калганы.
Бабаң Кошой сүйүнүп,
Оң багалек түрүнүп,
Жоон санга барганы,
Ойрон Кошой абаңыз
Багалектин ичине
Оң гана колун салганы,
Оң имерип алганы,
Сыртын көздөй кергени,
Капталына кол келип,
Кайра коё бергени.
Жыйылып этке жеткени,
Жылас болгон бу шымдын
Асылдыгы эмей неткени.
Сол багалек түргөнү,
Жоон санга сүргөнү,
Сол жаккы колун салганы,
Сол имерип алганы,
Сол бөйрөккө кергени,
Бөйрөгү тушка кергенде,
Кайра коё бергенде
Калыбына барганы,
Канча түрлүү чакырлап,
Доош чыгып калганы.
Асылдыгын билгени,
Кыл муруту солк этип,
Мыйыгынан күлгөнү.
Мактанып Кошок балбактап,
Манаска көздөй далбактап,
Басып бабаң барганы,
Кашаттан шымды кармады,
Каары катуу канкорум,
Калк чайкаган анткорум,
Дүнүйөнүн жүзүндө

Не түрдүү тери толуптур,
Байкап билдим ушундан
Баары армандуу болуптур,
Териден асыл чыгарып,
Жеткириптир, коюптур.
Бу кандагай бу шымды,
Бул өңдөнгөн куу шымды
Кандай түрдүү жан кылды?
Тиштеген киши ким эле,
Тиштеген киши ким эле?
Жайын-күйүн бу шымдын
Айта кой – деп, тим эле»
Эр Кошой сурап калганы.
Токтолбостон эр Манас
Жооп берип салганы:
«Иштеген киши табылар,
Тиштеген киши табылар,
Келиниң жүрөт бир куу баш
Абийири качан жабылар?
Бу Каныкей[1] келиниң
Бир жарым жыл иштеген,
Кайыптын кызы Арууке
Бир ай жарым тиштеген[2].
Иштегени Каныкей
Өңүнө сарысы өтүптүр,
Ошо күндөн ушу күн
Өргүй албай кетиптир.
Тиштегени келиниң,
Тишине заары өтүптүр,
Тиш саргарып кетиптир.
Касиеттүү карысың
Бата берсең нетиптир!
Төрөбөгөн зарпынан,
Барзантынын дартынан
Баатыр абам көрөр – деп,
Көрсө бата берер – деп,
Ишенсең аба сөзүмө,
Ашка келбей койсоң да
Каттоочудан байлантып
Жибермек экен өзүңө».
Ал сөзүн угуп эр Кошой
Каныкей балам кайда? – деп[3],
Айтып муну салганы,
Кундактай бели ийилип,
Тизеси жерге тийилип,
Каныкей басып барганы.
Абакеңиз Кошой дөө
Сын көзүн эми салганы.
Атаганат, каңкорум,
Ушу балам Каныкей
Күйүп турган чок экен,
Дегеле ак жоолукта жок экен.
Желке чачы жүн экен,
Өзүңдүн көзүң өткөндө
Эмгекке тууган күң экен!
Азиздер мында келсин! – деп,
Айгай салган жери ошо.
Дин ыслам балдары
Тигилип баары барганы.
Не токтолгон чалдары,
Түмөндөгөн көпчүлүк
Мусулмандын[4] зардалы
Атпай журттун баарысы
Аңгемеге барышты.

---

[1] *бу Каныкей.* Өчүрүлгөн сөздөрдүн ордуна башка сыя менен жазылган. 1936-жылкы көчүрмөдө деле ушул сөздөр турат. Бул жерде башка сөздөр болуу мүмкүн да эмес эле. Кыясы, катчы туура эмес жазылып калган сөздөрдү тактап, кайра жазган өңдөнөт.

[2] *иштеген.* Катчы жаңылган, сөздүн туура үлгүсү – «тиштеген».

[3] Ушул ыр сабынан тартып он төрт сап ыр өзүнчө баракчага жазылган, ал баракча барактарды дептер түрүндө бириктиргенде эки бет мурда жабыштырылып калган. Бирок баракча негизги тексттердин кайсыл жерине кирери көрсөтүлгөн шарттуу белги аркылуу өз ордун туура табууга болот.

[4] Мурда эки сөз жазылган экен, аларды өчүрүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурда жазылгандар окулбайт. Кыясы, «түрк уулунун» деген сөз окшойт.

Абакеңиз эр Кошой
Дастарын кыйгап чалынып,
Жаратканга жалынып,
Алакан жазды буркурап,
Атпай журттун баарысы
Бата кылды чуркурап.
Көп жыйылган өзү ушул,
Көпчүлүктүн көзүнчө
Кошойдун айткан сөзү ушул:
«Тилекти берсе бир Алда,
Туулса мындан бир бала
Ургаачы болбой эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун,
Атышканын алсын – деп,
Күрөшкөнүн чалсын – деп,
Мусулмандын баласын
Күрмөлтпөстөн алсын – деп.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Өзүнөн бенде өтпөгөн,
Туландуу жерди тутантып,
Туугандын баарын кубантып,
Кара сууга кан куюп,
Кайратын калк – эл туюп,
Суу ордуна кан төгүп,
Тон ордуна кол сөгүп,
Бөрк ордуна баш кесип,
Бөз ордуна көз тешип,
Кол жеткендин баарысын
Ушаласын көмүрдөй,
Катылышкан душманын
Өгөөлөсүн темирдей,
Акыры тууса эркеги
Аты болсун Семетей!
Арууке келин баласы
Акылдашы ар качан,
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро!
Кыдыра кырчын тал болсун[1],
Кырга чыга бергенче
Семетейге кылуучу кудай жар болсун.
Ак болотун майласын,
Ачуусуна келгенде
Абыке, Көбөш, кан Жакып
Ошолорду жайласын!
Көк болотун майласын,
Кыйыгына тийгенде
Кырк чорону жайласын!
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде
Кан Коңурду жайласын!»
Кошой бата бергени,
Капыр менен мусулман
Кошо бата бергени,
Жер дүңгүрөп калганы!
Ал сөздү айтып абаңыз,
Бата кылып, жүз сыйпап,
Басып калды караңыз.
Баатырга бата бергени,
Баскан бойдон майданга
Бабаң Кошой келгени.
Олтурган Жолой оксоюп,
Олут алып соксоюп,
Жолойду көздөй бет алып
Абакеңиз Кошойдун
Жолборстой көзү тутанып,
Алты-жети кадамдай
Аягын жерге салганы,
Баса түшүп эр Кошой
Токтолуп тура калганы.
«Мусулман уулу аз болуп,
Капырдын журту кас болуп,
Капырга дөөлөт токтолуп,
Мусулмандан ошондо
Кайраттуу жакшы жок болуп
Койгулашып майданга,
Намыс бербей ар жанга,
Алышып жүрүп жашымда,
Ак дөө, Көк дөө заңгарга

[1] Ушул ыр сабынан тарта он жети сап ыр өзүнчө кичинекей баракчага жазылып, кайсыл жерге кошулары шарттуу белги менен көрсөтүлгөн. Баракча барактардын арасына бош салынып коюлган.

Салышып жүрүп башында
Күлдү журтка жообум бар,
Күрсү тийген жонум бар.
Кылыч тийген кыйлача,
Кабыргам жаман кайышкан
Кыргыздын журту ыйласа.
Балта тийген башыма,
Мусулмандан жолдош жок
Жүргөн менин кашыма.
Азыркы күндө карасам
Көзүм барат чекчейип,
Белим барат мекчейип,
Мойнум барат кекжейип.
Арканы алып сары суу,
Омуртка менен кабырга
Ойлоп турсам бул кезде
Ортосунун баары суу,
Куймулчак, жамбаш ашташы
Толгон деймин сары суу.
Калмактын Жолой дөөсүнө
Каалап журтум калыптыр
Балбан күрөш жөөсүнө.
Мен турамын бу жерде
Бир Алдага сыйынып,
Белим барат ийилип,
Карылыктын зардабын,
Бери келиңер, балдарым,
Беш-алты бала келиңер,
Белимди басып бериңер.
Белимди бектен басыңар,
Курушуп калган кургурдун
Боюн эптеп жазыңар».
Ол сөздү айтып болкоюп,
Абакеңиз эр Кошой
Жатып берди солкоюп,
Узунунан узарып,
Арстандай көзү кызарып.
Карап турган кара журт
Тебелөөгө камынды,
Желдеттен жетөө жабылды.
Абаң аны билбеди,
Өңкөй эргежээлиби,
Кел бери – деп, тилдеди.
Кошойду көздөй камынды,
Токтолбостон жонуна
Тогуз киши жабылды.
Аянбай басып бар күчүн,
Так он алты кишини
Көтөрүп абаң бүпбүтүн.
Кара жан камын жеп бас – деп,
Калбалуу балдар, кантесиң,
Кара жан карыштап бек бас – деп
Эр Кошой айтып салганы.
Не болду Кошой баатыр – деп,
Мусулмандар[1] жыйылып
Кандай иш кылып жатыр,– деп,
Жүзгөндүн уулу Каманбек
Аралап келип калганы.
Калмак экен ал өзү,
Калкка тийди бу сөзү:
Кужулдаган бурутту,
Дүнүйөдөн көрбөдүм
Мындай арсыз журутту,
Өзүлөрү тепкилеп
Курган чалын курутту.
Чалынын шору катты – деп,
Өзүлөрү тебелеп
Өлтүргөнү жатыр – деп,
Ошондо да коёбу
Биздин оён Жолой баатыр – деп,
Каманбек айтып салганы,
Коюңарчы балдар – деп,
Кошой сүйлөп калганы.
Ошо сөзгө арданып,
Окторулуп эр Кошой
Ордунан тура калганы.
Жонундагы жүргөндөр
Томолонуп алганы,

[1] Мурда жазылган сөз, же сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган, мурда жазылганы окулбайт. 1936-жылкы көчүрмөдө – «мусулмандар». Балким, катчы башка сөз жазмак болуп, бирок кайра мурдагыны эле жазып койгондур.

Чоң кишээ чыккан балдардай
Кыйрап жерге калганы.
Кылымдын[1] Кошой балбаны
Агала сакал сеңселип,
Нар буурадай теңселип,
Алышууга белсенип
Аста басып барганы.
Арбак урган Жолой дөө,
Алышмак болгон экөө жөө,
Ооздон оту буркурап,
Көздөн жалын шыркырап,
Кармагандан кан чыккан,
Карагандан жан чыккан,
Ордунан турду күр этип,
Аны көргөн адамдын
Оно бою «дүрр» этип.
Кошойду кордоп кеп айтып,
«Компойбой калгын – деп, айтып,
Кара сакал агында,
Каруундун кеткен[2] чагында,
Казааң жакын табында,
Буурул сакал агында,
Муунуң кеткен чагында,
Өлүм жакын табында
Ажалыңдын жеткени,
Абийириңдин кеткени,
Кетпегенде неткени,
Жашыңдан киши чыга албай,
Жакшыраактан ыйгарбай
Карыганда түшүп балбанга,
Карап көрсөм өзүңө
Каргыш тийип калган да!
Атым менин – Жолойдур,
Ар душман качып колойдур!
Жолойго киши жолоорбу,
Жологон бенде оңорбу?!
Бир башында, Кошоюм,
Миң жаның болсо коёмбу,
Ичип канга тоёмбу!»
Бу сөзүн айта салганы,
Абакеңиз Кошойдун,
Ачуусу келди ошонун:
«Атаңдын көрү капыр кул,
Ыйманы жок жакыр кул,
Наадандыгың мына бул.
Үкүрчүнүн оюнда,
Үч-Капкактын боюнда,
Үйшүнбайдын тоюнда[3],
Ушу күнчө оюмда,
Өлтүрбөй сени тирүү алдым,
Үйүңдөн байлап бир алдым.
Балчакайдын белинде,
Айлым арбын дегенсип,
Мыктылык кылган жеринде
Айтышып сөздөн бир жеңдим[4],
Алыша кетип урушуп,
Ач бөрүдөй жулушуп
Ат үстүнөн бир эндим.
Кулусунга кууратып
Өңөрүп бардым өзүңдү,
Көрбөй жүргөн кишидей
Эмне үчүн мага айттың
Өкүмат кылып сөзүңдү.
Оболдон бери, доңузум,

[1] *кылымдын.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурдагы сөз «түрктүн» экени байкалат.

[2] *кеткен.* Сөз сап үстүндөгү ачыкка башка сыя менен жазылган. Жазылуу туура, ансыз ыр сабынын мааниси так болбой калмак. Кыясы, катчы мурда ката кетирип, кийин тактаса керек.

[3] *Үйшүнбайдын тоюнда.* Ыр сабы барактын четиндеги ачыкка кыйгач жазылган. Тактоону катчы башка тексттерди жазуу учурунда эле жүргүзсө керек – сыя да, кол тамга да башка тексттерге окшош.

[4] Мурда жазылгандар өчүрүлгөнү, же жазуу эскирип, начар окулуп калган үчүн эле оңдоп койгону белгисиз, ыр сабы башка сыя менен жазылган. Кийинки бетте ушул эле ыр сабы кайталаныптыр. Кайталануунун зарылдыгы жок эле. Буга караганда мурда жазылган сөздөр бар өңдөнөт. Эмне деген сөздөр экени белгисиз. Кайталануунун зарылдыгы болбогондуктан кийинки беттин башындагы биринчи сап ыр тексттерге киргизилген жок. 1936-жылкы көчүрмөдө ыр сабы эки жолу кайталанган.

Оё жүрдүм көзүңдү,
Ойрондоп жүрдүм өзүңдү,
Ойлонуп айткын сөзүңдү!
Кулжа тоонун оюнда,
Кутман байдын тоюнда,
Казактын[1] Калдар беги бар,
Калкка маалым кебиң бар,
Катылам – деп, Кошойго
Кан жуткургөн жериң бар.
Бөрү жолдуу Кошойду
Бөлөк болду дейсиңби?
Болжобой бокту жейсиңби!
Ар бир жерде алышып,
Аркы-терки салышып
Алып жүргөн мен элем,
Наадан Жолой сен элең!
Алың качан жетти – деп,
Наадандык айттың кепти – деп,
Мына барсам, неттиң?» – деп,
Кошой салды билегин,
Кор кылба – деп, Кошойду
Мусулман тилеп тилегин.
Жолой бекем тутканы,
Колун Кошой булкканы,
Кара диндер балбаны
Кан Жолой бекем кармады.
Касиеттүү эр Кошой
Бир тартуу менен Жолойдон
Билегин сууруп алганы.
Кол терисин шыпырып
Жолой алып калганы.
Кара калмак кытайдын
Каалап салган балбаны
Абакеңиз эр Кошой
Ач билектен алганы,
Эки жулкуп эр Жолой
Эптеп сууруп алганы,
Шыпырылып кол тери
Кошойго кетип калганы.
Кайра басып Жолой дөө
Калмакча намаз окунуп,
Карк алтын сүрөт буту* бар,
Бурканына* чокунуп,
Кайра басып калганы.
Абакеңиз эр Кошой
Азырланган жери ошо
Сеждеге* коюп башыны,
Селдей төгүп жашыны.
Качанкысын ойлошуп,
Карыя Кошой, чоң Жолой
Кармаша кетти бойлошуп.
Абаңды тутуп алганы,
Калмактын Жолой балбаны
Асманды көздөй атканы,
Кармаган бойдон абаңдын
Жолойдон колу кетпеди,
Абакеңиз Кошойдун
Кайраты толгон ошонун,
Аягы жерге жеткени.
Таманы менен тик түштү,
Жазылган талпак ордундай
Тийген жерге жик түштү.
Аяктаган абаңыз,
Ал-кубатын караңыз,
Колуна тийген Жолойду
Козголтуп жерден алганы,
Айлантып асманга атканда
Кылым кытай балбаны,
Кырдана түшүп, бадырек,
Аяктап тура калганы,
Таманы тийген жерлердин
Далайы чыкты далдалы.
Арбытты антип жумушту,
Токтолбостон бир-бирин
Асманга топтой урушту.
Топ аткандай атышып,
Ал экөөнүн жанына
Адам уулу болгондон
Барар эмес катышып,
Карагандар таң болду,

[1] *калдардын.* Катчыдан ката кеткен, адатта бул каарман «Казактын» делет.

Кара тозоң чаң болду,
Капыр менен мусулман
Көрө албай көбү таң болду,
Чаң жашырды сан колду.
Ал аңгыча болбоду,
Алмамбет баатыр толгонду,
Тамаша көрбөй калдык – деп,
Жалпы журт сүйлөп калганы,
Сандыргалуу Алмамбет
Жай ташты сууга салганы,
Ачып көзду-жумганча
Алда канча бир булут
Байда болуп калганы.
Үзүктөй кара бир туман
Үстүнө элдин жазылды,
Кара жамгыр, ак мөндүр
Төгүп өтүп басылды,
Күлдү журт көрдү таңыркап,
Күрөштөн башка таңы жок,
Жел басылып, жеринен
Желп этип чыккан чаңы жок,
Майданда Жолой, Кошою
Байкаган көрдү ошону.
Ылактырып ыргытып,
Урулуу журтту дыргытып,
Аны менен жыга албай,
Тегирмендин барадай,
Азап болуп бир далай,
Бирин бири бу күндө
Өлгөнүнө карабай,
Тегеренип калышып,
Өнөрүн артык салышып,
Бир-бирине эки дөө
Өчөшкөн бойдон калышып,
Куйрукка шымын түрүшүп,
Кур бакадай сүрүшүп,
Кармаган жерден кан чыгып,
Чарпышкан жерден чаң чыгып,
Качан бирөө жыгат – деп,
Ашыгып адам жан чыгып,
Оёндор күрөш салганы,
Ойду-дөңдү булкушуп,
Ойрот журт айран калганы.
Намысына чирешип,
Акырек менен тирешип,
Согончок тийген жерлерин
Тоз-тоз кылып жирешип,
Топозу тоодой тозулуп,
Тозоңу көккө созулуп,
Баскан жери казылып,
Чаң асманга жазылып,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Алышып жүргөн эки дөө
Арстан шердей күркүрөп.
Бирин бири жыга албай,
Үдөөсүнө чыга албай,
Күүгүм жетти, күн кетти,
Бабаң Кошой канетти?
Жайы менен Алмаңдын
Жазылган кара чаң кетти.
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо
Жолойдун үнү күркүрөп,
Доошун уккан бенденин
Жон териси дүркүрөп.
Таң атса жарык чыгат – деп,
Карыган Кошой баатырды
Капыр Жолой жыгат – деп,
Майданда балбан Кошойдон
Баары журттун баарысы
Үмүтүн үзүп ошондон,
Не үчүн чыкпайт доошу,
Кобурашат көпчүлүк –
Кошойдун шайы бошогон.
Ээрге көчүк талдырып,
Эче миң чырак жандырып,
Банардын баарын алдырып,
Барпырата жандырып,
Аскерди көрсөң курт кайнап,
Ай-талаада жык жайнап,
Аралашкан көпчүлүк
Алтымыш жерге туу байлап,
Туусун карап таанышып,
Турган журт айран калышып,

Балбан Жолой, эр Кошой
Майданга күрөш салышып,
Көтөргөн туусу болбосо
Ажап эмес ал ашта
Көбү адашып жоголсо.
Айчыктуу туусу болбосо
Ажап эмес ал ашта
Адашып киши жоголсо.
Түн ортосу кеткенде,
Таң жакындап жеткенде
Я Алда! – деп, барк этип,
Кошойдун үнү карк этип,
Жолойдун колу кандай уу,
Абакеңиз Кошойдун
Жонундагы баягы
Уюп калган сары суу,
Аркасын Жолой эзиптир,
Абакеңиз Кошойдун
Алыш-күрөш ар качан
Жашынан кылган кесиптир,
Омуртканын ашташка
Жолойдун күчү жетиптир,
Колдун уусу нетиптир,
Уюп калган сары суу
Кармоосу менен Жолойдун
Боюна тарап кетиптир.
Аткып Жолой жүрүптүр,
Ары-бери сүрүптүр,
Абакеңдин соорусу
Кармаганын сүйүптүр,
Ит чиркин, бекем туткун – деп,
Имерилтип жүрүптүр.
Супу садык чалганда,
Таң сөгүлүп калганда,
Ушу өңдөнгөн балбандар
Болгон экен жалганда!
Баатыр Кошой, эр Жолой
Калмактын[1] болгон уругу,
Мусулман, капыр эки журт
Экөө да элдин улугу.
Азырет шерим колдо – деп,
Колдой көр ушу жолдо – деп,
Кошойдун үнү күркүрөп,
Кары чал кайрат кылды – деп,
Капырдын бою дүркүрөп.
Кечеги күнү чак түштө
Кармашкан экөө карк түштө,
Калайык айран бул ишке,
Жыгыша албай түн жеткен,
Күрөшүп жүрүп күн кеткен,
Арадан өттү бир түнү,
Күнү-түнү кармашып,
Жыгыша албай ал күнү,
Эртеси чыгып да күнү.
Күн обого толгондо,
Жалган түш жаңы болгондо
Алышып жүрүп абаңыз,
Алптыгына караңыз,
Көңүл кетип күүгүмдөп,
Көз илинип бүлбүлдөп,
Көшүп кетип үргүлөп,
Анда-санда бир айтып,
Кыр арканын балык эт
Кыйын кармап жүргүн – деп,
Уйкуга абаң кириптир,
Ушуну Жолой билиптир.
Башта күнү бадырек
Балаалуу жумуш баштаган,
Бар бөкөлөр чогулуп
Алачык үйдөй бир ташты
Балбан таш кылып таштаган.
Ал ташка тийген бенденин
Айласы келбес туруууга,
Абакеңиз Кошойду
Апарып ташка урууга
Көөнүнө Жолой салыптыр,
Көк ала сакал Кошойду
Көтөрүп колуна алыптыр.

---

[1] *калмактын.* Бул жерде мурда башка сөз жазылган өңдөнөт, ал сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «калмактын» деп оңдолуптур. Мурдагы жазуу окулбайт. 1936-жылкы көчүрмөдө – «калмактын».

Көрө салып эр Манас
Айгай салып акырды,
Абаке – деп, бакырды,
Намысың колдон кетти – деп,
Напсиң түпкө жетти – деп,
Как баш Кошой көзүңдү ач,
Кай кара басып кетти – деп,
Каманга качпай чалдырдың,
Капырга намыс алдырдың,
Мусулмандын уругун[1]
Жаман атка калтырдың!
Адамдан сонун иши бар,
Арстан кыял, ичи чаар,
Каарданса түсү заар,
Караганда көзү заар,
Каар айтса сөзү заар
Каңкордун үнү барыптыр,
Кошой абаң кулагы
Манастын үнүн чалыптыр.
Чың-чың үнү чың чыгат,
Чымырканып бу Манас
Доошу ачуу чоң чыгат.
Каарданып бу каңкор
Кайда жүрүп унчугат?
Ойлоно салып ошону,
Оңой киши дебеңер
Оён абаң Кошойду,
Ачса көзүн акыры,
Ачканда келди акылы,
Ташка урууга даярдап
Калыптыр Жолой капыры,
Түрмөктөй кармап турмакка,
Даярданып калыптыр
Кошойду ташка урмакка.
Уйкудан көзү ачылып,
Жулкунуп Кошой чачылып,
Кайраты толуп кеткени,
Карыя Кошой абаңдын
Аягы жерге жеткени,
Абакеңиз Кошой дөө
Ачуулана кеткени.
Андан мурун аш-тойдо
Майданга күрөш салмак жок,
Аякты байлап чалмак жок.
Абакеңиз эр Кошой
Артылтып колун салыптыр,
Ар жагынан шымынын
Кашаттан кармап калыптыр.
Көтөрмөккө дөө Жолой
Көңүлүнө алыптыр,
Оң бут менен абаңыз
Астын торгоп чалыптыр.
Жалпы журт карап туруптур,
Тоодой Жолой балбанды
Томкоруп жерден алганы,
Көтөрүп жерге уруптур,
Көпчүлүк карап туруптур,
Жолойду кудай уруптур.
Башынан аттап алганда,
Басып Кошой калганда
Аякты тушап алдың – деп,
Армандуу бойдон калдым – деп,
Бутту бууа[2] салдың – деп,
Бурдап жыгып алдың – деп,
Бугум чыкпай калды – деп,
Манастан алган кандагай
Багалектен аларда
Булгап-булгап абаңды
Жерге чаап саларда
Сылай-сылай камчы алган,
Сырты кара бөркү бар,
Сырттан Манас каркыбар:
Атаңдын көрү капыр кул,
Ыйманы жок жакыр кул,
Бир жыгылып алдың – деп,
Немене үчүн абама
Кол узатып салдың – деп,
Чокусунда чогу бар,

[1] Ыр сабы өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Мурдагы жазылгандар окулбайт. 1936-жылкы көчүрмөдө – «мусулмандын уругун».

[1] *бууа.* Оозеки сүйлөөдө ушул түрдө да айтыла берет, сөздүн туура үлгүсү – «бууй».

Өзөгүнүн ичинде
Көк коргошун огу бар.
Толгомолуу камчыны
Сол имерип алганы,
Качырып келип капырды
Жоңгулдата салганы.
Кабыргасы сөгүлүп,
Каны жерге төгүлүп,
Кабылан Манас баатырдын
Кайраты калкка көрүнүп,
Кармаган Жолой колунан
Кан Кошой кетти бөлүнүп.
Мусулман[1] баары дүңгүрлөп,
Күлдү журту мусулман
Кубангандан күңгүрлөп,
Бабаң Кошой баатырды
Бүт мусулман акыры
Арбагын бийик чакырды.
Баштан аяк кеп айтып,
Балбан көтөр – деп, айтып,
Көтөрдү Кошой балбанды,
Көргөн журт айран калганы.
Кубанбаса неткени,
Куюлуп аскер жеткени.
Акылы таштын булактай,
Ар мүнөзүн карасак
Жарга ойногон улактай,
Жанган көзү чырактай
Сандыргалуу эр Акбай,
Намыс эмей неткени,
Абакеңиз Кошойду,
Алп агасы ошону
Көтөргөн бойдон кеткени.
Чатына башын салыптыр,
Алты жашар баладай
Абакеңди эр Акбай
Так көтөрүп алыптыр.
Көпчүлүк көргөн ошону,
Көтөрүп чуркап Кошойду
Алып келип мусулман,
Намысын алып берген соң
Аянбады ушундан,
Ашка келген канча жан,
Алтындуу таажы кийгизип,
Астына такта миңгизип,
Карыяңыз Кошойго
Калк башкартып билгизип,
Капырды жыгып житирип[2],
Карыяңыз эр Кошой
Кадыр түнгө киргизип.
Байгесин айдап бабаңа,
Баатыр Кошой абаңа
Баары журту келгени,
Сандыргалуу эр Кошой
Санап туруп малдарын[3]
Карыптарга бергени.
Санап туруп баарысын
Жалгызын койбой малдарын[4]
Бечарага бөлүштү,
Бекзааданын баарысы
Карыпка кайыр кылмакты
Как ошондон көрүштү,
Капырга кайрат кылууга
Как ушинтип көнүштү.
Баарынын бугу чыгышып,
Балбанды минтип жыгышып,
Кубанычтуу болуп мусулман,
Кутуруп ойноп канча жан?

[1] Мурдагы сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурдагысы окулбайт. 1936-жылкы көчүрмөдө – «мусулман».

[2] *житирип.* Сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. 1936-жылкы көчүрмөдө деле «житирип». Бул жерде сөздү оңдоонун эч кажети жок эле. Кыясы, катчы тактоо киргизсе керек, Ыбырай молдокенин апендилик адаты олтуруп алып кол жазманы окуп, анан көңүлүнө туура келбей калган жерин учтуу курч макиси менен өчүрүп, оңдой берер эле. Эмне кылып жатасыз, антүүгө болбойт деген сөзгө: «Туура эмес болуп калыптыр, кичине оңдоп койдум» дечү эле.

[4] *малдарын.* Эки учурда тең «малдарын» деген сөз мурдагы жазылганы өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен жазылган, мурунку жазуу окулбайт.

Антип ойноп калганы.
Ал аңгыча эр Кошой,
Арбагы бийик шер Кошой
Ак сакалын жайкалтып,
Боз жоргону чайпалтып,
Баатыр Кошой бабаңыз
Башкарышын караңыз:
Мусулманы, капыры,
Бу турган журт акыры,
Ордунда болсо акылы,
Чың деген доош чыкпасын
Айгайды кулак укпасын,
Майданга басып түшүшсүн,
Эки журттан эки таз
Ортого келсин, сүзүшсүн,
Байгесине башкарып,
Токсон кара жайлады,
Тогуз төө байлады,
Жеңгени муну алсын – деп,
Токсон соолук айдады.
Мардыкелең таз чыгып,
Майданга кирип алганы,
Баруга тазы жок болуп,
Дин ыслам балдары
Тигилип турду токтолуп.
Алчуу малың ушу – деп,
Аңгемеге айтып кеп,
Жаш Айдар турду чапкылап,
Мардыкелең капырга
Барбады бенде жакындап.
Ал аңгыча күн батты.
Дүнүйөдөн калкылдап,
Таз чыкпады алгын – деп,
Абакеңиз эр Кошой
Айгай салды баркылдап.
Көрдүк өнөр ар кандай,
Мында капыр баарысы
Мыктылык менен алгандай
Ат коюшуп чуркурап,
Асманга чаңы буркурап,
Ойрот оңуп калгандай,
Олжону арбын алгандай,
Жүзү кара, жүзү кой,
Көпчүлүк алсын көңүлгө
Көкөтөй өлүп, берген той.
Күн кызарып батканы
Күлдү журт тарап кеткени,
Эртеңки таң атканы,
Эл көпчүлүк жайнаган,
Тогуз ак төө байлаган

*Он төртүнчү*

## ОРОҢГУНУН ТӨӨ ЧЕЧИП АЛГАНЫ, ТАЗ ЧАБЫШКАНЫ[1]

Аппак төөдөн бир тогуз,
Калкка болгон бир доош,
Кара төөдөн бир тогуз,
Боз төөдөн кызыл нар болду,
Үч аргымак ат кошуп,
Баарысы отуз мал болду.
Устун менен түркүктөн,
Ургаачы менен эркектен
Экөө чыгып алсын – деп,
Эл-журт көзүн салсын – деп,
Ургаачысы соолук болсун – деп,
Кочкор болуп эркеги,

[1] Адаттагыдай эле темача өз ордунда эмес, окуя бүткөн жери эмес сүйлөмдүн арасына түшкөн, анын үстүнө «таз чабышуу» окуясы мурда бүттү да. Кыясы, ушул темачалар манасчыга эмес, катчыга тиешелүү демилге өңдөнөт.

Көргөндүн көөнү толсун – деп,
Ургаачысы кунажын,
Эркеги бука болсун – деп,
Ортого оюн салсын – деп,
Көрүнөө кылып көп ишти.
Бул олжону алсын – деп,
Айгыр болсун эркеги,
Байтал болсун кыңылдап,
Ургаачынын келгени,
Бүгүнкү күнү бу болсун
Караган калктын эрмеги.
Катыны какмал бассын – деп,
Буура болуп эркеги
Буйдалбастан ашсын – деп,
Мынча кылым көрсүн – деп,
Катыны каймал бөксүн – деп,
Эркеги буура чөксүн – деп,
Карап турган калайык
Аңгемесин көрсүн – деп,
Кирип калды жарчысы[1],
Элге кабар салчуусу.
Сырттан Манас баатыры
Мусулмандан ким чыкса
Өлтүрмөк экен акыры.
Калкамандын кара аты –
Кайгылчуу* эрдин канаты,
Кара ат сындуу ат минип,
Каруу-жарак көк темир,
Казатка киер тон кийип,
Карчыгадай кагынып,
Кабыландай чамынып[2],
Кара атты минип сабылып,
Накери* бутта чойкоюп,
Найза колдо койкоюп,
Тоокара менен болкоюп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Мусулмандан ким чыкса
Соо койбостой ыңгырап,
Эр Манас минтип алыптыр,
Алиги сөзгө айран-таң,
Кара журт айран калыптыр.
Ыйманда болор уят – деп,
Уяты жок адамга
Ыйман кантип турат – деп,
Абийирден кантип кечебиз,
Токсон эмес төөлөрү
Тогуз жүз болсо нетебиз.
Энеден туума жыланач
Кантип барып чечебиз?!
Ал сөздү айтып алдырап,
Айнектей көзү жалдырап,
Мусулман минтип турушту,
Капырдан көрдү калайык
Калабалуу мындай жумушту.
Оронгу деген бар экен,
Капырдан чыккан кар* экен,
Жыбытта жылга булагы,
Чоң казанга койдурган
Таш тулгадай тылагы,
Айланасы түк экен,
Байкап көрсө баарысы
Бир эшекке жүк экен,
Кере кулач төш жары
Келет окшойт жыбыты,
Кере карыш түк экен
Илебинде тыбыты.
Алты карыш, төрт эли
Так узуну тешиги,
Анча-мынча адамдар
Кыламын – деп, асылса
Кирип кетип бүпбүтүн
Соолот экен кешиги.
Таманы жазы күрөктөй,
Эки эмчегин караса
Салынган тоонун жүрөктөй.

[1] *Кол жазмада «чарчысы».* Талап кылынган сөз – «жарчысы».
[2] *Кол жазмада «жамынып».* Катчынын катасы, талап кылынган сөз – «чамынып».

Көмкөргөн даш казандай
Көзгө толук башы бар,
Көк чаткалдай чаты бар,
Алтымыштын-элүүнүн
Арасында жашы бар.
Ороңгу басып ороңдоп,
Желкесинде караса
Жетимиш чычкан сороңдоп,
Ноот көлдөй көздөнүп,
Оолуга басып бу капыр,
Майданга келет бу жакыр
Жин тийгендей сөздөнүп,
Күйгөн токой каштанып,
Өрттөнгөн дөбө баштанып.
Эки көздүн чуңкуру
Калга казган ороодой,
Мурунy келген бородой,
Чылпагы көздүн шородой,
Шыйрагы бүтүн теректей,
Эки эмчектин үрпүсү
Алты казан атала
Аз келүүчү челектей,
Чачын бууган жоолугу
Асабалуу желектей.
Эки ууртуна караса
Чылгый кайыш чойгондой,
Эки бетин караса
Эки бөрү тойгондой.
Басып калды балкылдап,
Мас болгон билдей шалкылдап.
Аркасынан чыкканы
Мардикелең чал болду,
Ант аткырдын алары
Төөсү бар бир тогуз,
Жүздүктөй* жүз бир мал болду.
Бири кочкор, бири кой,
Көкөтөйдүн көрктүү той,
Көөсөрдүн[1] ишин айтпай кой!
Мардикелең ушундай,
Баякысын коборуп
Бастырма тамдын устундай,
Кунажын болуп Ороңгу,
Куп көрүптүр олорду.
Бука болуп бу тазы,
Ар кайсы жерден бир сайып,
Мардыкелең бу басты,
Бука болуп өкүрүп,
Бурдап басып калсам – деп,
Мардыкелең өкүнүп,
Аркасынан алкылдап,
Мардыкелең баркылдап
Улам жетип жакындап,
Ороңгу калат тоңкоюп,
Ойрон болгон Келеңдин
Баягысы коoп зоңкоюп,
Айгыр болуп ашып жүр,
Бети курсу капыр – деп,
Ал жердеги мусулман
Ар тарапка качып жүр.
Сайып коюп баржыга.
Сары сийдик төгүп жүр,
Инген кылып чөгөрүп,
Буура болуп Келеңи
Ар бир жерде чөгүп жүр.
Капырдын журту кубанып,
Көтүнөн дүрбөп карап жүр
Көргүсү келбей мусулман
Көк өтөк төшкө тарап жүр.
Ороңгу кар кеп айтат,
Ой, калайык – деп, айтат
Калк турасың мунайым,
Экөөбүз кылган бул иштен
Калы эмессиң жудайын.
Кармасаң битиң сыгасың,
Карап турган калайык
Как эле ушу болбосо

[1] *көсөлдүн.* Какшык, шылдың маанисинде ушул түрдө айтылышы мүмкүн, бирок биздин оюбузча сөздүн контекстке туура келер үлгүсү – «көөсөрдүн».

Өзүң кайдан чыгасың!
Коңурбай менен Жолойду
Кошо тапкан бу көтүм,
Не уялсын бу бетим,
Кырмус шаанын Мурадыл,
Кызыл чоктуу Незкара
Муну тапкан бу көтүм.
Бу сөздү айтып шакылдап,
Мырдардын оозун чапкылап
Алооке менен Бороончу,
Аны тапкан бу көтүм,
Асты уялбайт бу бетим.
Солондордун Алооке,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук
Муну тапкан бу көтүм,
Кимге уялсын бу бетим.
Коңурбай менен Манасты
Кошо тапкан бу көтүм,
Түк уялбас бу бетим.
Элеман уулу Төштүктү,
Эштектердин Жамгырчы
Сени тапкан бу көтүм,
Эчен албан дүйнөдө
Эрди тапкан бу көтүм,
Эчен кылым жайнаган
Элди тапкан бу көтүм,
Эч уялбайт бу бетим.
Сакалактын Сары дөө
Сени тапкан бу көтүм.
Арбак ургур алпылдап,
Айтып кепти талпылдап,
А...нын оозун бу чочко
Алакан менен чапкылап,
Кашына келет кандардын,
Аркасында коржоңдоп
Мардыкелең заңгарың.
Бетине келет бектердин,
Баягы жерин балчайтып,
Ууртунан чоюп жалжайтып,
Аркасынан Мардут чал
Ургулап жүрөт заңкайтып,
Себилинин териси
Бужур-бужур жыйылып,
Артынан коюп кеткенде
Арбак урган Ороңгу
Туңгуч уйдай ыйынып,
Ошондой оюн салганы,
Коборгон болдон Келең чал
Тиреп турат зоңкоюп,
Жер казып барып байлаган
Төөнү барып Ороңгу
Чечип жатыр тоңкоюп.
Төө буйласын алыптыр,
Тегерете эл көрүп,
Антип-минтип келгенче
Алты болуп калыптыр.
Мал алып жөнөп чыкканда
Капырлар айгай салыптыр,
Кужулдашып кубанып,
Олжо алгансып калыптыр.
Олжо – деп, олор алыптыр,
Олжо албай ойрон болсун – деп,
Мусулман журту калыптыр,
Эртең менен иришкен,
Ошондой ишке киришкен,
Мардыкелең, Ороңгу,
Байкаганга олорду
Көңүлдөн кеткис иш болду,
Жай саратан чилгир күн
Күн ободо түш болду.
Түш болгончо көрсөңүз
Түгөнгөн бузук иш болду.
Ошонгуча болбоду,
Ойроттун баары толгонду,
Капыр менен мусулман
Кабар ал – деп, ушундан.

## *Он бешинчи*

# МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШЫ. МАНАС КОҢУРБАЙДЫ САЙГАНЫ

Көкөтөйдүн көк туусу[1]
Көтөрүлдү калкылдап,
Жайнап жаткан көпчүлүк
Атка минди шаркылдап.
Күлүктөн тандап минишип,
Күрөөкө тондон кийишип,
Күчү менен тийишип,
Айтканына көнүшсүн
Ажалдуусу өлүшсүн,
Найза колго алышсын,
Арага сайыш салышсын!
Мусулман, капыр бу журттан,
Эрегишкен куу журттан,
Сайышка кыйын зардалдан,
Сайышкан жоосун алгандан,
Билеги жоон балбандан,
Билими ашык зардалдан,
Кичик эмес, улуктан,
Кир болбогон тунуктан,
Көзгө атар мерген машынан,
Көп жалтанган[2] башынан,
Көзгө токтоор жакшыдан
Баатырдан сайыш салсын – деп,
Жыкканы мөрөй алсын – деп,
Жыгылган куру калсын – деп,
Тобурчак жүз ат байлатып,
Ага кошуп карадан
Тогуз жүз жылкы айдатып,
Байгеде мындай ким болду,
Баарысы жылкы миң болду,
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көп адамга дүң болду.
Кошой баштап карысы,
Жарчылардын баарысы
Кабар берди элине,
Каны менен бегине.
Карап көргүн, калайык,
Кара кыргыз журтунун
Мурунку кылган кебине.
Кайры диндин баарысы[3]
Кытайды көздөй барганы,
Кытайдын журту кылкылдап,
Дүнүйө толуп былкылдап,
Орус, немис, борусу,
Ойроту даяр болушту.
Калмактан чыккан түгөнгүр,
Дүнүйөсү, үбөлгүр,
Башында[4] чыккан балакет,
Баарысы кылып аракет,
Өнөрү каркап толгондон,
Өсө берип малдары
Дүйнөгө баткыс болгондон,

---

[1] Ушул ыр сабынан тартып төрт сап ыр теманын төмөн жагындагы ачыкка сыгылыштырылып, башка сыя менен жазылган. Эң акыркы – төртүнчү сап ыр батпай калып, барактын четиндеги ачыкка кыйгач жазылган. Ал жазуу дептерлерди бириктирип түптөгөндө көрүнбөй калып, чети эле чыгып турат. Жазуулар кийин же тактоо иретинде киргизилсе керек. 1936-жылкы көчүрмөдө ушул жердеги тексттер бүт жок.

[2] *жалтанбас.* Сөздүн аяккы муунy өчүрүлүп, башка сыя менен «бас» делип оңдолгон. Контекст боюнча талап кылынган туура үлгү – «жалтанган». Кыясы, мурда туура эмес үлгүдө жазылып, кийин катчы туура эмес оңдоп койгон өңдөнөт.

[3] Ыр сабы өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен жазылган. 1936-жылкы көчүрмөдө бул жер жок.

[4] Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, башка сыя менен «башында» – делип оңдолгон. Мурда башка сөзбү, же ушул эле сөздүн өзүбү белгисиз.

www.bizdin.kg



Алтынды жыйып тоо кылып,
Асылды байлап боо кылып,
Күмүштү таштай урунуп,
Дин мусулман[1] улуу журт
Баары бирдей куралып,
Баары кылып кеңешин,
Чогоолдукка чыгарып
Манас деген немесин,
Багалашкан эмедей
Кошой билип кеңешин,
Башкы уругу катаган,
Угуздан[2] чыгып ушул эл
Баары да бир атадан.
Манасындай балаа жок,
Арасында ала жок,
Кылган иши бул болду,
Карап турсам өлчөөсү
Эски диндик элибиз
Катыны жесир – тул болду.
Калысын Кошой сүйлөгөн,
Мардыкелең таз алды
Анча-мынча дүнүйөдөн,
Орондгу алды олжону,
Сайышына көп сайып,
Ойлоп турсак ушул эл
Өзү алууга болжоду.
Ар кайсысы бир өттү
Өнөр кылган ар жолу,
Эми келген окшойт го
Эр өлүүчү тар жолу.
Сайышка андис машынан,
Карысын коюп, жашынан,
Жаманын коюп, жакшыдан,
Жиндисин коюп, бакшыдан,
Кирпичин коюп, ташынан,
Көрмөк болдук сонунду,
Көкөтөйдүн ашынан.
Шамал тийсе жалп этпес
Чатырлары көп окшойт,
Өлүмүн издеп таппаган
Баатырлары көп окшойт,
Өз билимин бербеген
Капырлары көп окшойт,
Калыстык сөздү как жарган
Далдалдары көп окшойт,
Калайыгы алынган
Зардалдары көп окшойт,
Кармашканын соо кылбас
Балбандары көп окшойт,
Басташып келген душмандын
Башын үзүп алмадай
Алгандары көп окшойт.
Манас деген чыкканы
Баарыбызды жеп койду,
Жамбы атканда көрдүңөр,
Өнөрүнөн жан тойду.
Жарагын мыктап жамдайлык,
Жалтанбай турган баатырдан
Биз да таап камдайлык.
Эрден тандап экчейлик,
Олжого койгон жылкысын
Оңуна келсе биз жейлик,
Алооке баштык карысы
Акылдашып калышты.
Бозкертик туруп кеп айтат:
«Ой, калайык, – деп, айтат,
Кытайдан турат Коң төрө,
Кылымга маалым чоң төрө,
Найзакерден жоого маш,
Сайынганы көөкар таш,

[1] *Дин мусулман.* Мурдагы сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган, мурдагысы окулбайт. 1936-жылкы көчүрмөдө бул жерлер такыр эле жок – 15 бет үзүлүп калыптыр. 358-беттен кийин 373-бет келет, арасы жок.

[2] *кыргыздан.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «кыргыздан» делип оңдолгон. Мурдагы жазылганы «угуздан» экени билинип турат.

www.bizdin.kg



Кырмус шаанын Мурадыл
Өткүрлүгү арбын, өзү жаш,
Кызыл чоктуу Незкара
Кыябынан бу кезде
Өткөн экен бечара,
Муруту буурул чалыптыр,
Айдарынын түбүнө
Ак аралап калыптыр.
Калмактардын Ушаңы
Кайратына бу күндө
Каркап толгон кези экен,
Камалган болсо калкыңыз
Салбайсыңбы ушуну».
Калмактын Суркан карысы
Кайраттанып айтышы:
«Калмак түшүп өң эле
Кылымга жакшы эмес ко
Кытайдын түшпөй калышы.
Балбанга салдык Жолойду,
Бар экен Манас чогоолу,
Балбандан Жолой жыгылып,
Бактысы качып жоголду.
Чанак Чоюн эр турат
Жаңшаа кытай баласы».
Ал сөздү айтып салганы,
Чоюн баатыр кайсы – деп,
Чогулуш сурап калганы.
Чоң карагер аты бар,
Адамдан башка заты бар,
Кол чатырдай кулагы,
Мурдунан чыгат булагы,
Аты семиз, бою бас,
Балбандан экен бу дагы.
Балбан күчү мол экен,
Жүрөгү тайкы ол экен.
Сайышка чыгар – деп, ойлойм
Самсыган кыргыз[1] Манасы,
Амал менен сайышып,
Өлтүрүүгө жүрөт го
Алоокенин баласы,
Каалаганы как ошо,
Тиктегени тим ошо,
Темирдүү найза алышкан,
Теминишип салышкан,
Тең келер киши теги жок,
Манаска беттеп барышка
Коңурбайдан бөлөктүн
Эч бирөөнүн эби жок.
Азыркысын аңдасак,
Мусулманга чыгууга
Капыр аттуу калыктан
Кайраттуусу деги жок.
Жалтаналык калалык,
Сайышың менен куру – деп,
Чыкпай жатып алалык.
Капырдын баары кожурап,
Кары-жашы божурап,
Өлөмүн деген барбаса,
Өзгөдөн киши барбас – деп,
Ажалы жеткен барбаса,
Асили киши барбас – деп,
Калкы капыр кайрыдин
Кажылдашып айтып кеп,
Айнышып аскер алыптыр.
Алиги сөзүн уккан соң,
Алооке уулу Коң төрө
Ачуусу келип калыптыр:
«Эки миң жашап өлбөгөн
Элинде киши турабы,
Кыргыздан[2] качып камалып

---

[1] *кыргыз.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган, мурдагы жазуу окулбайт, бирок алач, же түрк болушу мүмкүн. Катчы Ы. Абдыракманов молдоке кийин «Манас» катуу сынга алынып жатканда аны ушул түрдө колдогонун баары билет.

[2] *бизден.* Мурдагы жазылган сөздү өчүрүп, ордуна ушул сөз башка сыя менен жазылган, мурдагы сөз «кыргыздан» экени баамдалып окулат.

Кытайды кудай урабы,
Канча жашап өлбөгөн
Калкында киши турабы?
Кайгуулдан качып токтолуп,
Калдайды кудай урабы?
Жеткен болсо ажалым
Жерге да кирсем кутулман[1],
Сайышка Манас чыгат – деп,
Кандай жан айтат кутурган?
Эртеден байкап мен турам,
Баарыңа кошо тең турам.
Көңүлүм кайтып, бек турам,
Көк жал Манас каңкорду
Сайышка чыкпайт – деп, турам.
Чын кылгын Манас чыгарын,
Көкө теңир бир билер
Кайсынысы жыгарын,
Манас чыкса сайышка
Байласаң болбой чыгамын,
Каңкор чыкса сайышка
Камасаң болбой чыгамын,
Кантип билдиң капырлар
Кытайды түрк[2] жыгарын?»
Бу сөздү айтып салыптыр,
Чабылбай калган чоң кара ат
Жарактап токуп калыптыр.
Караган кытай калың журт,
Көпчүлүгү кара курт,
Алооке баштык карысы,
Кашына келди калдайып
Кайрыдиндин баарысы.
Сакалат, шибе чогулуп[3],
Самсыган капыр барганы,
Сандыргалуу Коңурбай
Анын жарагына айран калганы.
Атышкан жоосун колоткон,
Найзасынын темири
Кулач кары болоттон.
Жарды сайса эшкендей,
Каарданып бир койсо
Кара ташты тешкендей,
Бөрү тил мизин чыгарган,
Заар менен сугарган,
Кармаган бенде кубанган,
Найзага таккан желеги
Алтымыш түрдүү кубулган,
Сарысы бар, көгү бар,
Жаалданган капырда
Салтанаттын көбү бар.
Түбүндө кыргак сай болгон,
Аткан жандар жай болгон,
Ортосу болот, оозу албарс,
Бетке алганы соо калбас,
Көт жагы көк жал алма баш,
Көнбөгөн бенде кармабас,
Ат чабым жерге ок учкан,
Атышкан жоосу жер кучкан,
Тарс дегенде доошу
Жер көчүрүп, тоо бузган,
Сүмбөсү коло-жез болгон,
Ажалдуу жандар кез болгон,
Алтындан маша салдырган,
Атышкан жоон талдырган
Очогор кара мылтыкка
Огун салып даярдап,
Одурайган чоң Коңур
Сайышмак үчүн аяңдап,
Калыңдыгы бир эли,
Кара курчтан бедери,

---

[1] *кутулман.* Оозеки сүйлөөдө, балким, ушул түрдө да айтылышы мүмкүн. Бул жерде, биздин оюбузча, манасчы сөздүн «кутулбайм» деген туура үлгүсүн «кутурган» деген кийинки саптагы сөзгө так уйкаштыруу үчүн атайылап эле өзгөртүп, сөз жасап айткан. Мындай ыкты Сагымбай көп колдонот.

[2] Мурдагы сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «кыргыз» делип оңдолгон, мурда жазылганы «түрк» экен.

[3] Сөз өчүрүлүп, оңдолгон. Мурда башка сөз бар экени, же ката жазылган сөз такталганы белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө бул жерлер жок.

Кайкы келген учу бар,
Камданды капыр байланып,
Каруу жарак шайланып,
Эки учун кайрып ийдирген,
Айбалтанын жүзүнө
Кыл кыял чаап чийдирген,
Сабыл* менен саптаган,
Бекерче жайда чаппаган,
Чапканы аман таппаган,
Байнеги* алтын кылычты,
Айбалта кошо байланып,
Самады калча* бул ишти,
Соот* менен кыягы*
Согушка даяр сыягы,
Самбур* шымын шымданып,
Салтанаттуу Коңурбай
Салышмакка тыңданып,
Капылет туруп окустан,
Кырылтып кыйла журтуну,
Качып калып кокустан,
Чакырып алган коногун
Кырып иет ойдо жок,
Шашып качып кечээ күн
Жарагы жалпы бойдо жок,
Өкүнүчтө болгон өзү бар,
Өрттөнүп кеткен Калчанын
Өрт жалындай көзү бар,
Манас чыкса сайышка
Кезешсем деген кези бар.
Намысты арбын кылыптыр,
Ачуусун бойго жыйыптыр,
Кагышмакка каңкорго
Каргышты катуу кылыптыр,
Кайратты бойго жыйыптыр,
Карк алтындан сооту бар,
Денеге араң сыйыптыр.
Муздай темир кийинип,
Лаанатка* сыйынып,
Бурама темир курчанып,
Каарданып сурданып,
Чарайна төшкө тартынып,
Чакчарылып Коң төрө,
Көпкөк темир артынып,
Тегин байка ушундан,
Темир тондун тышынан
Көк күбө чопкут* жамынып,
Көсөл баатыр Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Көк теңир – деп, жалынып,
Этеги жайык көк күбө,
Найза өтпөгөн бек күбө,
Топчулугу бир тогуз,
Толукшуган чоң доңуз,
Үпчүлүгү бир тогуз,
Үтүрөйгөн чоң доңуз,
Үстү-башын үпчүндөп,
Толо боюн топчулап,
Өнөрүн билген канчанын,
Өңү суук калчанын,
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалынын кайраты
Сарапты тешип өткөндөй.
Көзү сүрдүү темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей,
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Кыйындыгы Коң төрө
Кылымга маалым эски сөз.
Кындырдай болгон чоң кара ат
Кытайча ээр-жарагын,
Ачууланып ат минип,
Кылган ишин карагын,
Октой болгон Алгара
Окторултуп бастырып,
Очогор мылтык асынып,
Оңду-дөңдү бастырып,
Көк найзаны колго алып,
Көркүн көргөн таңданып,
Алгара ат менен шаңданып,
Айбатын көргөн таңданып,
Чоң күрсү сабы чочоюп,
Чоң кара ат менен очоюп,

Найзасы колдо койкоюп,
Алтын наал, жез өкчө
Кытайча өтүк чойкоюп,
Кылычы белде кыңгырап,
Көтөргөндө колуна
Көк найзасы зыңгырап,
Ак канжар жанда шыңгырап,
Ач арстандай ыңгырап,
Көк желеги жалпылдап,
Көркүн көргөн душманы
Барар эмес жакындап,
Даярданып алыптыр,
Салышууга Манаска
Талап кылып калыптыр.
Байкабай туруп башта күн
Басырык көрүп алыптыр,
Ызалыкка чыдабай
Ырастанып калыптыр.
Жаалы катуу мыкты – деп,
Сайышка Коңур чыкты – деп,
Аралашкан адамдар,
Абаң Кошой анда бар,
Жарагын жалпы кийинип,
Лаанатка сыйынып,
Алгара ат токуп салды – деп,
Адырайган чоң калча
Чыкмак болуп сайышка
Даярданып калды – деп,
Сайышка Коңур чыккандай,
Рүстөм Дастан келсе да
Үйлөп[1] жерге жыккандай.
Көйнөк-дамбал болбосо
Көк темир экен кийгени,
Көзүбүз көрдү биз азыр,
Сайыш болбой калса да
Даярданды таптакыр
Мусулманга[2] тийгени.
Абаке, Кошой аңдап көр,
Асынды мылтык Акжөкөр,
Очогор мылтык жонунда,
Он кулач найза колунда
Ушу күндө кайраты
Сыйбады кийген тонуна.
Угуп Кошой алганы,
Алашбек деген бир адам
Айтып аны барганы.
Аңдайынчы муну – деп,
Кылым кытай каны эле,
Кыйын дечү жан эле,
Каарданган экен го
Кара кытай каны – деп,
Боз жорго ат менен теңселип,
Ак сакалы сеңселип,
Абакеңиз эр Кошой
Аралап атпай кытайын
Азыр барган жери ошо.
Нар[3] буурадай кеңгиреп,
Намыс үчүн зеңгиреп,
Турган экен Коң төрө
Сайышты самап желбиреп.
Найы алтын, башы жез
Колундагы канжага
Кочуштап салып тамеки,
Турган экен ушу кез:
Коросондон куу коюп,
Коркурата бир соруп,
Оздон түтүн буркурап,
Көздөн жалын шыркырап.
Абаң Кошой барганы,
Баянын айт – деп, ишиңдин,

---

[1] *үйлөп.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, башка сыя менен ушул сөз жазылган, мурдагы сөздүн да биринчи тамгасы – «ү». Балким, сөз ката жазылып калып, катчы тактагандыр.

[2] *мусулманга.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурда жазылганы «түрк уулуна» окшойт, же не болсо да сөздүн баш жагында айрым тамгалардын изи сакталган, аларга карап «түрк» дегенди божомолдоого болот.

[3] *мор.* Катчынын катасы, талап кылынган сөз – «нар».

Сайышка түшөр кишиң ким?
Карыя Кошой сурады,
Карыяңыз Кошойго
Кара жалдуу Бороончу
Жообун берип турады:[1]
Иш бүтөрбү чоркоктон,
Чыгабы киши коркоктон,
Саятка тиксең чатыр – деп,
Сайыш үчүн камданды
Кан Коңурбай баатыр – деп,
Мусулмандан ким чыкса
Майданга чыгар акыр – деп,
Бороончу жообун бергени,
Боз жоргосун аргытып,
Артынан чаңды баргытып,
Абаң Кошой келгени,
Дин мусулман уулунун,
Динге түзүк кулунун
Баарысына карабай,
Барган менен баарысы
Көсөл Кошой абаңдын
Көңүлүнө жарабай,
Баатыр менен балбаны
Баарысы жолдо калганы,
Баатыр Манас каңкорго
Бабаң Кошой барганы.
Барган жерде кеп айтып,
Бабаң Кошой бек айтып,
«Балакет болду – деп, айтып,
Ээ, кулунум, эр Манас,
Сөз тыңдагын сен, Манас!
Бээжиндиктин Коңурбай,
Мээнет баскан чоң калдай,
Анжы Бээжин Коңурбай
Арбак урган чоң калдай
Намыстанып алыптыр,
Ачуусу келип калыптыр,
Бутканага* чокунуп,
Булуттай кара ат токунуп,
Кайрыдиндин баарысы
Каалаган окшойт чогулуп,
Азырданып алыптыр,
Алгара ат минип алкынтып,
Алтындуу туулга жаркытып,
Сайышты самап калыптыр,
Жаалын жүзгө алыптыр.
Алп болмоктон дөө болсун,
Ат тартпаган жөө болсун,
Бил мингени келсе да
Билгенимди кылам – деп,
Миң келсе да кырам – деп,
Сайышка самап ким чыкса
Жалмап жанын кыям – деп,
Келтирип керик минсе да
Кез келгенин соём – деп,
Кекенип калган өзү бар,
Кейиштүү айткан сөзү бар.
Кечээ күнү урушта
Мааникер атты бергин – деп,
Балакет болгон жумушта
Ызаланып алыптыр.
Ыйманы жок, жакыр кул,
Намысы жок, капыр кул,
Кездешкенин алууга,
Кекенген экен бу доңуз
Чыр чыгарып салууга.
Мусулманга[2] чыр кылып,
Түмөнгө маалым сыр кылып,
Талабына жетсем – деп,
Чатакты катуу чыгарып[3],
Өчүмдү алып кетсем – деп,
Өчөшүп турган өзү бар,

[1] *турады.* Сөз башка сыя менен «турганы» делип оңдолгон.

[2] *Мусулманга.* Өчүрүлгөн сөздүн ордуна башка сыя менен жазылган. Мурдагы жазылган сөз белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө – «мусулманга».

[3] *Чатакты катуу чыгарып.* Өчүрүлгөн ыр сабынын ордуна башка сыя менен жазылган, мурдагы жазылган сөздөр белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө – «Чатакты катуу чыгарып».

Өткүр калча Коң төрө
Өрт күйгөндөй көзү бар.
Калабалуу каңкорум,
Калк чайкаган анткорум,
Карыса да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап,
Мен түшпөсөм капырга,
Каңкор да болсоң эр элең,
Кайратың ашык неме элең
Сек түшпөсөң капырга,
Кандай адам бет алат
Кан Коңурбай баатырга?
Боз талабын бөктөрүп,
Болоттуу найза көтөрүп,
Болжоп келдим көз көрүп,
Болгон капыр журтунун
Көңүлүн бүгүн өскөрүп,
Кара болот байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каар жүзүнө айланып,
Кандай жан болсо койбойт – деп,
Капырдын баары ойлонуп,
Салмактап сабын чыгарган
Заар* менен сугарган
Айбалта кыстап белине,
Алдырбастай көрүнүп
Атпай капыр элине,
Очогор мылтык асынып,
Ойроттун көөнү басылып,
Октой болгон чоң кара ат
Даңканы тийген жерлери
Далдалы чыгып казылып,
Күчөнүп капыр калыптыр,
Күрсүнү күүлөп алыптыр,
Адам түрү жоголуп,
Арыстандай толгонуп,
Атка минип алыптыр,
Арбак урган Коңурбай
Ар мүнөзүн карасам
Ачууланып калыптыр.
Кантесиң, каңкор баатыр?» – деп,
Карыя Кошой айтты кеп.
Айтканын азыр угуптур,
Арстан Манас баатырдын
Көзүнөн жалын чыгыптыр.
Айткан Кошой сөзүнөн
Арстан Манас баатырдын
Айбаты ашты өзүнөн:
Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш*,
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр
Эр мүнөзү көрүндү.
Алакан жазык, кол ачык,
Аттанып чыкса жол ачык
Алп мүнөзү көрүндү.
Кең көкүрөк, жайык төш
Аркасы кең, асты кууш
Азыр келди алптык тууш.
Айбаты катуу, заар жүз,
Билбей турган өлүмдү
Бул мүнөзү көрүндү.
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз,
Уккан заман баатырдын
Кайраты толду ошол кез!
Бөрү кулак, шер кабак,
Бөлөкчө шаңын карап бак!
Кайраты бойго карк толуп,
Кайтарып жооп бербестен
Карап турду токтолуп,
Көзү жалын чок болуп,
Көркү калча, көзү тик,
Көк жолборстой октолуп.
«Каражолтой мусулман
Кадимден башсыз, бузулган.
Мурунтан бирөө кеп айтса,
Бу сайышка Коңурбай

Түшөт экен – деп, айтса
Байге албасам жок элем,
Омоктуу күлүк чоң Кула ат
Чаппай койбос ол белем,
Акылым дайра мол белем.
Аккула болсо астымда,
Ак күбө болуп үстүмдө,
Айбатым турса жүзүмдө,
Сыр найза болсо колумда,
Өчтөшкөн ушу Коң төрө
Өзү турса жолумда
Койгулашып бир жолу
Көрбөс белем шорумда!
Андай болсо келгин – деп,
Акылды узун кергин – деп,
Аттын баары чабылды,
Мен минерге бир атты
Белендеп, аба, бергин!» – деп,
Берен эр айтып салганы.
Ат карады Кошой кан,
Карап турган канча жан
Кандай ат жагар экен – деп,
Кадиктүү деген аттарды
Камчыланып тепеңдеп,
Чубатуу салды көчөгө,
Көргөзүп Кошой көсөлгө.
Калкамандын Кара атын
Кара журт көрүп жаратты.
Карыя Кошой кеп айтып,
Кадырын малдын билбейсиң
Кара кыргыз – деп, айтып,
Карып калган мал экен,
Катуу чыкса кыйкырык
Качып калар ал[1] экен.
Карандай жылкы өзү эмес,
Кайыптык бейли бар экен,
Карап турсам өзү да
Каражолтой жагына
Чалып калган мал[2] экен,
Өөдө жерге майышкан,
Жүрөгү калган сайыштан
Өзү калак сан экен.
Минип муну болбос – деп,
Качкы атты минсе каңкоруң
Кан Коңурбай койбос» – деп,
Өткөрүп аны салыптыр,
Өкүм кара ат барыптыр.
Эр Үрбүнүн малы экен,
Таздын уулу Үрбүдө
Эгиз кара ат бар экен.
Өнөрлүүсүн ыктайлап,
Ашка чаап салыптыр,
Өкүм кара ат калыптыр,
Абаке, ушу кандай? – деп,
Алып жетип барыптыр.
Ар жеринде белги бар
Акжолтой болчу мал экен,
Жарышканда токтолор
Чабалдык жайы бар экен.
Коң төрөдөй капырды
Оңой – деп, ойлоп билбе – деп,
Коюңар, муну минбе – деп,
Абакең Кошой өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Атагы думар элден бар,
А да кыргыз баласы[3]

[1] *жал.* Катчынын катасы, контекстке да, ыргакка да туура келүүчү сөз – «ал». Сөздү катчы мурда жазылгандын үстүнөн башка сыя менен бастыра жазып, «ал» деп оңдогон. Буга караганда өчүрүлүп кайра үстүнөн башка сыя менен оңдолуп жазылган сөздөрдүн баары болбосо да айрымдары ушул түрдөгү мурда ката жазылып калгандарды тактоо түрүндөгү оңдоолор деш да мүмкүн. Албетте, көбү Молдокенин саясаттан коркуп, эпоско түзөтүү киргизгендери – алач, түрк, ислам ж.б. сыяктуу сөздөрдү башкага которуу аракети экенинде шек жок.

[2] *жан.* Катчынын катасы. Сөздү катчы өзү башка сыя менен үстүнө жазып, «мал» деп оңдогон.

[3] *кыргыз баласы.* Өчүрүлгөн сөздөрдүн ордуна башка сыя менен жазылган. Мурдагы жазуу окулбайт, сөз «түрк» болушу мүмкүн.

Алтынкөкүл деген бар
Бир аты бар тору кашка,
Айбаты малдан зор кашка,
Бир аты бар кер кашка,
Келбети малдан бир башка.
Кер кашка чаап салыптыр,
Тору кашка топто калыптыр,
Жараар бекен, аба – деп,
Жайдары Көкүл барыптыр.
Абакеңиз эр Кошой
Аныктап көзүн салыптыр,
Мусулмандын[1] сынчысы
Алар сүйлөп калыптыр.
Тулпарлык жайы бар экен,
Тулпар да болсо жаныбар
Туушу качкан мал[2] экен.
Капырга бет алышса
Беш, төрт келип калышса
Жүрбөй калар жайы бар,
Кулунунда байланбай,
Куру эмген бойдон союлгур,
Жумурунун учунда
Жудуруктай майы бар.
Майы эрисе кокустан
Баспай калып союлгур,
Баатырынды Коң төрө
Майып кылар окустан.
Муну да минип болбос – деп,
Коңурбай деген катуу жоо,
Капаста кара жолборс – деп,
Жаратпай аны чыгарды,
Жаадай болгон Сарала ат
Коён сыны бар экен,
Колдо тууду мал экен.
Уй куймулчак Сарала ат
Уюлгуткан Алмамбет.
Бир катар турган эл айтты,
Минсе кантет – деп айтты.
Анда Манас нени айтты:
«Ай, калайык – деп, айтты,
Эркегинин баарысын
Нээти казат караткан,
Ургаачысын ар жерде,
Уруш-кыстоо, тар жерде,
Үлкөн дүмөк бар жерде
Ак түлөөгө жараткан,
Камбарбоздун үйрүнөн
Кармалбаган мал эле,
Эркелетип каранды
Эң май болпоч ал[3] эле.
Катуу тартыш болгондо
Ката калар бекен» – деп,
Узагыраак сайышсам
Жата калар бекен – деп.
Каалабады калайык:
Атын берип, жөө туруш,
Алда кандай иш болот,
Алмаңа болбос ылайык.
Аны өткөрүп ийгени,
Аркасынан карасаң
Алымсарык киргени,
Кан Көкчөнүн малы экен,
Кара төбөл Жармандай
Алым бийде бар экен,
Көчөгө муну салыптыр,
Көңкү журт карап калыптыр.
Көрө салып эр Кошой
Бери кел![1] – деп, айтып калганы,
Бетине Сарык барганы.
«Алымсарык, сен – деди,
Атыңдан түшүп кел – деди,
Жаадай болгон Жармандай
Сайышка, балам, бер – деди.
Кара төбөл Жармандай

[1] *мусулмандын.* Өчүрүлгөн сөздөрдүн ордуна башка сыя менен жазылган. Мурунку жазуу айрым тамгалардын изине караганда ушул эле сөз окшойт.
[2] *жан.* Сөз башка сыя менен үстүнө жазылып, «мал» делип оңдолгон. Оңдоо туура.
[3] *жан.* Сөздү башка сыя менен үстүнө бастыра жазып, «ал» деп оңдогон. Оңдоо туура.

Кара сыны тайгандай
Мээ кайнаган ысыкка,
Бет алышкан кысыкка,
Бээжин алты ай бузукка
Кырк күн минсе оюбас,
Кызыл чыгып жоорубас,
Өркөчү бийик, зээри бас,
Өрткө кирсе эрибес,
Коё берсе тушабас,
Качкан кайып узабас,
Чөлгө минсе суусабас,
Акжолтой жайы дагы бар,
Ал кайраты ашкере
Азыр толгон чагы бар.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Чуу укканда күчөгөн
Тулпарлык жайы дагы бар?»
Бу сөздү айтып салганы,
Алып келип, току – деп,
Абакең буйруп калганы.
Аккуланын чоң тердик
Жармаңдай атка салганы,
Жаадай болгон союлгур
Комсоо келип калганы.
Асты жагы тердиктин
Шилиге кетип калбайып,
Арка жагы тердиктин
Жамбашка жетип далбайып,
Чакан болуп калганы,
Дагы анын үстүнө
Ак каңкы* ээр салганы.
Аккуланын жарагы,
Аңдап көрсө ал дагы
Куюшкан, олоң, басмайыл
Ар кайсысын кыскартып,
Эки карыш, төрт эли
Ар кайсысын тартылтып,
Куюндан бүткөн Жармаңдай
Кулактан жалын артылтып,
Ат жарагын келтирип,
Абыдан токуп болтуруп,
Кайратын бойго карк кылып,
Кабылан Манас олтуруп,
Кандагайды шымданып,
Кара боюн чыңданып.
Бороондуу күндө суук өтпөс,
Жаандуу күндө суу өтпөс
Чыйырчык алтын, чымчык көз,
Чың бадана торгой көз,
Торгой көзү жыбырап,
Тоок көзү шыбырап,
Машанын мурду батпаган,
Чиркейдин мурду өтпөгөн,
Ачык түштө караса
Алакан жүзү көрүнбөс,
Ак күрөөкө торгой көз,
Жакалыгы сары алтын,
Түймөсүнүн баары алтын,
Ок, найзага ол артык
Ойлогонго баарыдан,
Жеңи чолок карыдан
Күрөөкө-соот кийинип,
Күч-кубатты бергин! – деп,
Кудайына сыйынып,
Дөөгөр уста баштаган,
Төңөлүгү төрт бөлөк,
Купа согуп аштаган,
Купасы* кумган түбүндөй,
Жаактыгы сары алтын
Накышы кыял* түрүндөй,
Курбусу болот эгеген,
Кулак түпкө теңеген
Туулга кийди башына,
Коңурбай, Манас сайышкан
Көкөтөйдүн ашында.

---

[1] *беркел.* Сөз башка сыя менен үстүнө бастырыла жазылып, «бери кел» делип оңдолгон. Оңдоо туура.

Коңурбай кытай улугу,
Туңша Бээжин уругу.
Башкы агасы паң* болгон,
Басташкан жоосу нан болгон.
Мас жолборстой зеңгиреп,
Кышкы кирген буурадай
Кыраанын Манас кеңгиреп,
Жарагын белге чалынып,
Шаймерденге* жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кечкен эрлердин
Арбагы келип колдо! – деп,
Арстан эриң бу күндө
Аманат жандын камын жеп,
Алдам өзүң жар бер! – деп,
Агала сакал Айкожо
Алакан жайды буркурап,
Жетимиш урук мусулман
Жер көчүрдү чуркурап,
Мусулман салды айгайды,
Муңайтты төрөң далайды.
Атка баатыр мингенде,
Арыштата бастырып
Арстан эр жолго киргенде
Ак жоолук байлап башына,
Арстан Бакай, эр Төштүк
Кошо чыкты кашына.
Бу Коңурбай чоң төрө,
Алып Какан журттарын,
Ар кылган иши оң төрө.
Астындагы Алгара ат
Айбандан шаңы бөлүнүп,
Азыркысын Коң төрө
Үстүнө темир кийинип,
Үрүстөмдөй көрүнүп,
Алгара менен Коңурбай
Айбаты журттан бөлүнүп,
Ат, тону менен бу капыр
Кап тоосундай көрүнүп,
Каары жүздөн төгүлүп,
Катылган соо болбос – деп,
Кайратын көргөн мусулман
Кайышып көңүл сөгүлүп,
Алтындан куйган бутуна –
Алооке кандын кутуна
Атпай капыр жыйылып,
Лаайламалуу – деп,
Аздырганын билбеген,
Азазилге сыйынып,
Атка Коңур мингенде
Айгайын салды жыйылып,
Найзаны алып колуна,
Айгай салып, көп кытай
Сүрөөн кылды соңуна.
Алтындан туулга жаркылдап,
Алгара ат менен алкылдап,
Адырайган чоң калча,
Найзада желек жалпылдап,
Майданга капыр киргени.
Сандыргалуу эр Манас
Жармаңдай болуп мингени,
Аскерден чыккан бөлүнүп,
Айбаты катуу көрүнүп.
Коң төрөгө кошулуп,
Короздой моюн созулуп
Бозкертик менен Будаңчаң,
Коң төрөм аман келсе! – деп,
Койдой чуулап канча жан.
Майданга кирип калганы,
Бирин бири көргөндө
Атка камчы салганы,
Алда билер бу сөздүн
Чыны канча, жалганы,
Чымырканып эки дөө
Маңдайлашып калганы.
Мелтиретип найзаны
Бет алышып калганы.
Асабасы желбиреп,
Найзанын учу мелтиреп,
Бөлөк жерин ташташып,
Оң көз менен сол көздүн,
Ойрон кылып жутмакка

Көрөр көзүн жанчташып,
Мелтирете тигилип,
Тулпардан тизе бүгүлүп,
Өлбөй бири калбас – деп,
Көргөндүн баары түңүлүп.
Шилтөөгө найза жетиптир,
Көздөрүн өлчөп нетиптир,
Туулганын катебин*
Катепке найза чак тийип,
Жаактарын жанып өтүптүр,
Жаалданып эр Коңур
Мусулман жакка кетиптир,
Жаалданып кан Манас
Капырга жакын жетиптир.
Бура тартты бу жерден,
Буластаган төрөндүн
Жалынганы Шаймерден,
Түгү чыгып бетинен,
Мусулмандын четинен
Бура тартып эр Коңур,
Буластаган оңбогур
Кара атка камчы салганы,
Кайра тартып каңкорго
Качырып бу да калганы,
Кайраттансын төрө – деп,
Капырлар айгай салганы.
Жармаңдай атты чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Мелтиретип найзаны,
Намыс үчүн чирешип,
Акыры эске келбеген
Аманат кара бир жаны
Каңкор шондо ойлонуп:
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Алтын ээр чети – деп,
Айбалка төштүн бети – деп,
Өлчөдү Манас акыры.
А да кыйын баатыр кул[1]
Эр Коңурбай капыры:
Алтын ээр кашы – деп,
Нак жүрөктүн башы – деп,
Ажалдын жетер тушу – деп,
Найзадан өлөр ушу – деп,
Качырып каршы жетишти,
Найза менен бир-бирин
Аянбай коюп кетишти.
Шилтеди найза очоюп,
Астында минген аттары
Олтурган иттей чочоюп,
Ат жалынан алышты,
Күч менен күрсү салышты,
Күркүрөшүп эки дөө
Аман-эсен калышты.
Болотко болот чабылып,
Болгон жалын ширенди
Оно бойго жабылып,
Көргөндүн көөнү жаңылып.
Кыябына иш келип,
Бир-бирине умтулуп,
Бир канча кылыч чабылып,
Кызыл жалын өрт болуп,
Кыйла жерге жагылып.
Айбалта колго алышып,
Орой төбө тушу – деп,
Оюлар бекен ушу – деп,
Жаалданып жетишти,
Оройго тартып кетишти.
Туулгасы көтөрүп,
Болотко болот тийгенде
Тутанып жалын өрттөнүп,
Турган журт карап көз көрүп
Алышууга жеткени,
Андай жумуш эмес – деп,
Аламан уруш эмес – деп,
Абасы Бакай, эр Төштүк

[1] *бул.* Сөздүн үстүнө бастыра башка сыя менен «кул» делип оңдолгон. Жалпы контекстке ушул сөз тагыраак туура келет.

Арстан Манас баатырды
Коштоп чыкты акыры.
Эр Коңурбай баатырды
Бозкертик менен Будаңчаң
Коштоп чыкты акыры,
Жакындан жайын көргөндөр
Калбады башта акылы.
Өлчөөсүнө келишти,
Найза менен сайыш – деп,
Жана коё беришти.
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Кылымга маалым ушу сөз,
Кыйкырыгы баш жарып,
Кытайлардын чоң Коңур
Каарданып бу дагы
Кайра тартты оңбогур.
Кара төбөл Жармаңдай,
Кара сыны тайгандай,
Туякты жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып,
Артынан тозоң бургутуп,
Арстан Манас бу дагы
Атына камчы урганы,
Мелтиретип найзаны
Бет алып Манас калганы.
Бери ургандай Коңурбай
Алтын ээр кашына,
Как жүрөктүн башына
Коңурбай найза салганы.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Эр Манас араң токтолуп,
Эңгиреген Жармаңдай
Өтө түшүп октолуп,
Оңолуп баатыр алганы.
Кыйгап өтө бергенде
Кыл чач айдар ачылып,
Кулактан чачы чачылып,
Туулганын чети – деп,
Туура чыкчыт бети – деп,
Чылк темирден бөлүнүп,
Кулактын арка жагында
Чыкчыты калды көрүнүп,
Жакасынан соottун
Артылта түшүп алганы,
Туулганын этек жагынан
Туйгунуң найза салганы.
Чыкчытка найза мылгыды,
Чыйраксынган Коңурбай
Алгара аттан ыргыды.
Коңурбай калды жыгылып,
Тозоңго башы тыгылып,
Чыкыйга найза сайылып,
Көк күбө тондун этеги
Көпөлөктүн канаттай,
Көп жерге кетип жайылып,
Чыкыйдын каны куюлуп,
Чымырканган кайраты
Бойдон тарап суюлуп,
Коңурбай жерге сойлоду,
Колдон кара ат ойноду,
Көөдөктүк кылып көк жал эр
Коңурбайдын Алгара ат
Коштоп алып койбоду.
Жыкканына кубанып,
Азирет! – деп, чуу салып,
Ногой кандап! – күркүрөп,
Деп ошондо мусулман
Айгай салып дүркүрөп,
Кубат байлап ушунда
Ашка келген канча жан,
Кубанышып мусулман,
Кайратын көргөн баатырдын
Калайык баары болду таң.
Ураан тартып алышып,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы
Жандап алып баатырды,
Уйгу-туйгу салышып,
Байгенин саны тогуз миң,
Тогуз жүзү төө экен,
Шол кезде Манас дөө экен.
Кан Кожонун өзүнө

Төрт миң кара малдарын
Алыңыз – деп, сиз аны,
Карып-мискин алсын – деп,
Жана калган беш миңин
Калкка чачты тамамын.
Капырдын шагы сыныптыр,
Касташары кан Коңур
Кара жердей кылыптыр,
Дин мусулман уругу
Калкынын көөнү тыныптыр.
Казак, кыргыз аш бермек
Кадимден калган кылыктыр.
Кырк чоро деген кырк баатыр,
Баарысы кан таптакыр,
Манас чыкты чак түштө
Баары журт айран бул ишке.
Эми болор бир өнөр,
Эл жыйылып, көз көрөр.

## *Он алтынчы*

## ЭР ЭҢИШКЕНИ

Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлдү калкылдап,
Ырамандын Ырчы уулу
Жар чакырды баркылдап:
«Эми мусулман токтоп калсын – деп,
Күн батыштын капыры
Кытай экөө беттешип,
Алар эңиш салсын – деп,
Чабандеси жеңсин – деп,
Көк бөрү кылган улактай
Көрүнөө аттан эңсин!» – деп,
Калкка кабар салыптыр,
Токсон кара, беш жүз кой
Байге байлап алыптыр.
Карасы токсон, беш жүз кой
Көкөтөйдүн ашындай
«Дүнүйөдө болбойт той.
Күн батыш калкы арбышып,
Ары-бери дарбышып.
Ал аңгыча кытайдан
Шандөөгөр чыгып калыптыр,
Туңша кытай нуркунан,
Түп-Бээжиндин журтунан
Шандөөгөр чыгып ойнотуп,
Ачбуудан аттын иниси.
Куучабдарды сойлотуп,
Шандөөгөр чыгып калганы,
Ал чыккан соң токтолбой,
Күн батыш жаккы капырга
Эми булар барганда,
Көкөтөй ашын көрбөгөн
Көп адамдар арманда,
Чыноончук дөбөт баатыры
Чыгып калды акыры,
Байкап көргөн бенденин
Башында калбай акылы.
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Эки ийнин жапкандай
Эки кулак калдайып,
Койтору минип бу дагы,
Кайратын көрүп ушулар
Күн батыш эли чуулады,
Кол чатырдай кулагы,
Жан казандай көздөнүп,
Бери ургандай жүздөнүп,
Темирден тонду кийинип,
Лаайламага* сыйынып,
Жалаң кийип соотуну,
Чагылтып көздөн отуну,
Жөнөп кирди майданга,
Көрүнөө кирди көсөлдөр

Көз жетпеген көп жанга.
Куучабдар атты чуратып,
Тозоңду тоодой буратып,
Шандөөгөр беттеп алыптыр,
Маңдайлаша калганда
Чыноончук колду салыптыр.
Ат менен экөө алышты,
Айрып чыгып, коё берип,
Бирин бири жеңе албай
Алтымыш кайра салышты.
Күн батыш калкы күңгүрлөп,
Кара жер көчүп дүңгүрлөп,
Айкырышып турушту,
Аңдачы намыс жумушту.
Кытай жагы кыйкырып,
Кытайга калмак болушуп,
Кылымга дүйнө толушуп,
Эки дөө эңиш кылганда
Кылымдын көөнү солушуп,
Күүгүм жетти, күн кетти,
Балбандарың канетти?
Кармаган жерден куюлуп,
Кара кочкул кан кетти,
Балбанын айрып алууга
Карыя Күшөң чал жетти.
Күшөңдү көздөп бет алып
Кыргыз Акбай да жетти.
Шандөөгөр балам, койгун – деп,
Күшөң чал айта салганы,
Коштоп бура тартарда,
Коё бербе, туткун – деп,
Акбай айтып калганы[1].
Бейкут болгон бастырып
Бээжиндиктин балбаны,
Бастырамын дегенче
Күн батыштын Чыноончук
Атынан алып салганы,
Алдырып салып балбанын
Кытай журту калганы.
Кеч кирди, конок болсун! – деп,
Жарчылар[2] айгай салганы.
Кыямат кайым болгончо
Кыргыз, кытай кектешип,
Өчтүү болуп калганы.
Каркыранын боюнда,
Кара-Суунун оюнда,
Кайнар-Кашат, Үч-Башат,
Кетменге кеткен эл чети,
Кызыл-Кыя бир чети,
Туура жагын караса
Агыяздын ашуу жол,
Жетигенин караса
Чабдардын бели дагы кол.
Бир жагы Төтө белинде,
Өзгө журт конок болуптур
Кара кыргыз элине,
Алиги кытай өчмөндүү
Акбайдын айткан кебине.
Мусулман болгон жерине
Кысырак эмген[3] тай берип,
Каканчындын кытайга
Кою менен уюнан
Бышырып аппак май берип,
Жабуу, төшөк кылганы
Торгун, тубар, шай болуп,
Күн батыштын калкына
Кайнатып кызыл чай берип,
Жей турганын бир бөлүп,
Жылкы союп, май берип,
Жамысына кой берип,
Өңкөй кыргыз балдары
Өткөн экен бабаңар
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көп адамга той берип,
Ал түнү жатты, таң атты.

[1] Бул сап туп нускада жок, бирок контекст боюнча зарыл керек, ансыз окуянын жүрүшү өксүп, үзүлүп калат. Кыясы, катчыдан ката кеткен, керек сап жазылбай калса керек.
[2] *чарчылар.* Катчыдан ката кеткен, талап кылынган сөз – «жарчылар».
[3] *минген.* Катчыдан ката кеткен, контекстте талап кылынган туура сөз – «эмген».

## *Он жетинчи*

## ЧАПКАН АТТАРДЫН КЕЛГЕНИ

Ары айдаган алты күн,
Арадан токтоп жети күн,
Элдин баары дегдешип
Атка минди так бүгүн,
Бери келмек эки күн,
Беленденип так бу күн
Арбып-дарбып дүрбөшүп,
Аттана көр, жүр! – дешип,
Түркүн-түркүн болушуп,
Дүнүйө жүзү толушуп,
Эл козголуп алыптыр.
Кытайлардан Коң төрө
Кызыл чоктуу ойротко
Кың дедирбес чоң төрө:
«Жакынырaак ат келсе
Жаалды катуу салыңар,
Жан аябай баарыңар,
Жашың менен карыңар
Мусулмандан ат келсе
Түк койбоңор баарыңар,
Жүргүзбөй жыгып салыңар.
Аянбагын баарыңар,
Атын жыгып салыңар!
Айыл жакын турбайбы,
Алакандай чантуугa*[1]
Алдырсак арбак урбайбы.
Келсе чантуу атынан,
Кечээги кылган дартынан,
Астынан каршы чыгыңар,
Атын тосуп жыгыңар,
Айтканымды азыр угуңар,
Мурунтан берип сурагын
Буруттун бизде бугу бар,
Бу сөзүмдү угуңар!
Ачып азыр баштарын,
Өлүп калган кишиге
Ааламга берип аштарын,
Өз алдынча болгонсуп,
Өнөргө каркап толгонсуп,
Төштүк, Манас болгонсуп,
Дөөлөткө жедеп толгонсуп.
Баштатадан жок кылбай
Катагандын Кошоюн,
Как шу жерге келгени
Кайратын көрдүк ошонун.
Артынан чыгып балдары,
Акылман болуп бардаары,
Түркүстөн жери кең болуп,
Кылым кытай журтуна
Кырдагы кыргыз тең болуп,
Өтүп кетип баратыр,
Жаккан оту кытайдын
Өчүп кетип баратыр,
Жаандагы балбандар
Жайын таап дүйнөдөн
Көчүп кетип баратыр.
Чалгыны күмүш ак шуңкар
Чаңыттуу күндө чабыттаар,
Түркүстөндүк кыргыздар
Дүйнөгө түйшүк акыры
Салабы деген көөнүм бар,
Түп Бээжинге кол салып
Барабы деген көөнүм бар.
Ашын бузуп, чыр кылып,
Атын жыгып, сын кылып,
Ушу баштан урушуп,
Убатпасак болбос – деп,
Урган тамын түбүнөн

[1] *жантууга.* Катчыдан ката кеткен, талап кылынган сөздүн туура үлгүсү – «чантууга».

Кулатпасак болбос – деп,
Улуу-кичүү, жаш-кары
Чуулатпасак болбос – деп,
Улук коюп кытайдан
Суратпасак болбос – деп,
Гүлбагын бузуп, күл кылып,
Уратпасак болбос – деп,
Баш көтөргөн мыктысын
Сулатпасак болбос – деп,
Кыргыздын көбү биздерде,
Алтайдан өөдө жери жай,
Кумул, Чаган, Агылык,
Эмил, Бөкөн, Тагылык,
Сыябушта калмак бар,
Калмакта Ушаң, Карамар,
Чантууга кылган ызалык
Калайык байкап караңар.
Уркун, Эртыш эки суу
Калмактын жайы мына бу.
Эрименин чөлү бар,
Күн жүрүшү жагында
Ит ичпестин көлү бар,
Баарында калмак эли бар,
Бастан келген төрт бурут
Не – деп, кылар деми бар?
Ашына азап кылалык,
Айтууга мазак кылалык,
Тоюна тозок кылалык,
Тобуна азап кылалык,
Чоңойтпой журтун кыралык,
Жогорулаган чантууну
Жоготуп алып тыналык!
Ушундай кайрат кылбасак,
Уулуңду сатар Урумга,
Кызыңды сатар Кырымга,
Кылганы кетер кылымга.
Уучтайлык ушу жашынан,
Кыралык ушу башынан,
Кызы өспөсүн жашынан.
Бир башы өсүп үч болор,
Үч башы өсүп жүз болор,
Какандын калың журтунан
Кара кыргыз элине
Каяша айтар ким болор,
Казып салып дүмүрүн
Какандын журту тик болор».
Бул сөздү айтып Коң төрө,
Кызыл чоктуу Незкара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук,
Чыраштардын Бедөөңү,
Дагырлардын Көдөңү,
Жалпы кытай улугу
Күлүктөн атын минишип,
Мусулмандын элине
Бармакка кытай тийишип,
Кеңеш кылып алышты,
Кесенип жүргөн Коңурбай
Кермекчи болду арышты.
Калмактан Сукал баш болуп,
Ороңгу менен Жолойго
Бозкертик баштап барышты.
Калмактан Ушаң карысы
Акылга келди баарысы:
«Күлүгү келсе окустан
Атты бууп токтотсо
Күйүк чыгар ушундан.
Кылычты кындан чечишип,
Кыргыз, калмак болгону
Кырылышып кетишип,
Балаанын оту жанбасын,
Башынан душман кытайдын
Бар табасы канбасын?!
Калганыңды да сүрүп,
Калмак урук эл жүрүп

Каканга кирип барбасын[1],
Кара кытай уругу[2]
Калыссып жатып албасын,
Кара кыргыз, калмакка
Кытай турат камданып[3],
Кыргызга кыргын салмакка.
Кыргызга кылыч чабылса,
Кысталаң түшөр калмакка,
Челише кетсе түрк уулу
Чет болорбуз арбакка.
Болушпасак болот – деп,
Кытайга калмак болушса,
Кара кыргыз тукуму
Кайраты каркап толот – деп,
Кыямат кайым болгончо
Кыргынын баспай коёт – деп,
Калганы калмак капыр – деп,
Кара көздү оёт» – деп,
Кан Ушаң сөздү баштады,
Аягына сөзүн чыгарбай
Жолойду кара басканы:
«Ушу жерде бурутту[4],
Чакырып алып ашына
Келгенден салып кейишти,
Ызалантып курутту.
Тууган – деп, кантип турайын,
Аминине* буруттун
Апсап шоодай* урайын.
Кыя тартып сөз айтып,
Кылыксып келип турганың,
Кытай эле болот тууганым!
Аралашып сүйүшүп,
Ат чылбырын түйүшүп,
Өлгөнүнө күйүшүп,
Тирисине күлүшкөн,
Эңкейип бара жатканга
Тирөөч болуп жүрүшкөн,
Кытайдан кантип кетейин,
Кыргызды самап нетейин,
Какандан кантип кетемин,
Казакты самап нетемин,
Кан Коңурбай айткан соң
Кара жандан кечемин!»
Башкасы турду майышып,
Түбү тууган түрк – деп,
Кантерин билбей кайышып,
Ороңгу Жолой ал экөө
Болбоду журтка тайышып.
Коңурбай ыза болуптур,
Манас менен сайышып.
Кайрыдин – деп, айтканга,
Азгырган кытай шайтанга,
Балбанга түшүп алыптыр,
Кошой дөөдөн жыгылып
Кордугун көрүп калыптыр,
Аркасын Манас айра чаап
Зордугун көрүп калыптыр.
Ал себептен көжөлүп
Болбой Жолой туруптур,
Калкы кирип кытайга,
Ал себептен бөлүнүп
Калмакты кудай уруптур.
Атка минип алганы,
Кытайдын журту кылкылдап,
Чабдардын бели былкылдап,
Жайнап жолго салганы,

[1] *Каканга кирип барбасын.* Ыр сабы эки жолу жазылган: кириндиi катарында кошулган кичинекей баракчанын эң аяккы сабы (ал баракчага жалпы катар номер коюлган эмес) жана негизги барактардын катардагы бетинин биринчи сабы. Ыр сабынын кайталанылуусунун эч зарылдыгы жок, бул жерде жөн гана катчыдан кеткен каталык.

[2] *Кара кытай уругу.* Ыр сабы бүт өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Өчүрүлүүнүн себеби белгисиз, контекстке ушул ыр сабы толук туура келет.

[3] *Кытай тур данып.* Ыр сабынан маани чыкпай калган. Кыясы, катчы ката жазган окшойт. Контекстке туура келиш үчүн ыр сабы – «Кытай турат камданып» болуш керек эле.

[4] *мурутту.* Кол жазмада «мурут, бурут» аралаш келе берет, бирок көбүнчө «бурут» делет.

Орус, кытай, калмагы
Журттун баары чогулуп[1]
Болжогон жерге барганы,
Тарса, жөөт, сакалат,
Аягы барып бул иштин
Ат келишке такалат[2].
Ат токтолгон жер экен
Түркүстөндүн ары жагы
Куу-Жекендин аралы,
Аттын баарын токтотуп,
Алтымыш киши калысы
Астын тосуп калышты,
Баарысын кырка тургузуп,
Бата берип салышты.
Куу деген бас экен,
Аяк-башы түшчүлүк
Дайрага жакын саз экен,
Саз боюнда жайнаган
Жапан учкан каз экен.
Астында минген жылкыңыз,
Айдап жүргөн мүлкүңүз,
Ашепке айткан бу сөз – деп,
Аңдасаң келер күлкүңүз,
Балдар жөнөп кеткени,
Ошо чапкан аттардын
Күлүктүгү эмей неткени,
Каркыра бар, казы бар,
Жекендинин сазы бар,
Каркыра менен казынан
Кыргын кылып кеткени,
Көтөрүлүп учканча
Көбүн тепсеп кетиптир,
Ат айдаган алтымыш
Аркасынан жетиптир,
Аттарына артынып,
Арбын алып кетиптир.
Кээсинин мойнун кыйыптыр,
Каз, каркыра өлүгүн
Артынан келген алтымыш
Алда канча жыйыптыр.
Кай бирөө сынган канаты,
Калп-чынына көз жетпейт,
Калган экен бу күндө
Көкөтөйдүн санаты.
Учкан куштай сай тулпар
Урунуп жолго салыптыр.
Учкур учкан ак шуңкар,
Жерге жакын кузгунду
Желдей учкан көй тулпар
Жерге басып ушуну,
Куткарбаган көй күлүк
Кудайдын жүргөн кушуну.
Оозун жайып балдары
Оң-солдоп камчы салганы
Ошолордун баары өткөн
Ойрон дүйнө жалганы,
Шашкеде коё берген ат
Улаан учу Кара-Кум
Кечинде келип калганы.
Алты миң калыс адам бар,
Атка көзүн салгандар.
Атты салып жолуна,
Жибербей оңу-солуна,
Таамай миң ат толгончо,
Миң ат өтүп болгончо
Өткөрүп жолго салыптыр,
Андан кийин өздөрү,
Мурункуңдун сөздөрү,
Артынан жөнөп калыптыр.
Алты миң калыс өткөрдү,
Аттын аман өткөнүн
Артынан карап көз көрдү.

---

[1] Жогорку жана ушул эки сап ыр мурда жазылгандары өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен жазылган, мурдагы сөздөр окулбайт. Бул жердеги мазмундун талабына ыр саптары толук туура келет.

[2] *Ат келишке такалат.* Ыр сабы төмөнүрөөктө да бар. Балким, катчыдан кеткен каталыктыр.

Аккан Иле суусу бар,
Ары жагы Капал тоосу бар.
Капал, демек, эмине
Кабарын уксаң дегеле
Байгамбар Муса тушунда,
Кабарсыз калып ушунда,
Капылет капыл болдук – деп,
Капыл койгон ушунда.
Аттын баары кыдырып,
Кең Иленин суусунда
Улуу өзөн жолго салыптыр,
Чабдарга жакын келгенде,
Өргө тарта бергенде
Өркөчү бийик эр Кула,
Өзү айбандан зор Кула,
Омурткасы оң Кула,
Ойротто жок чоң Кула,
Кабыргасы как Кула,
Каса тулпар Аккула
Кара тер басып камыгып,
Кара бою нымыгып,
Сөөгүнөн суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Тар колтуктан суу чыгып,
Өпкөдөгү канаты
Өсүп жаны жазылып,
Туяк тийген[1] жерлери
Жер очоктой казылып,
Кара болот суулугу
Жерди көздөй басылып,
Желмаяндай чоң Кула
Желдей учуп бүгүлүп,
Карaанын көргөн кара журт
Баш байгеден түңүлүп,
Жети аттын арка жагында
Жетпей келген Аккула
Жебе огундай кыркырап,
Үстүндөгү баланын
Жеңи чолок сур күрмө
Үзүлүп калчуу немедей
Делбиреп этек дыркырап,
Даңкандан аткан таштары
Төөмылтыктын огундай
Төбөсүндө чыркырап.
«Асты жакта карасаң
Жолойдун аты Ачбуудан
Жолго түшүп алыптыр,
Көй тулпардан – көп аттын
Астына чыгып калыптыр.
Төштүктүн агы Чалкуйрук
Көрүп көйкап жерини[2],
Мээнетин бекем көп тартып
Көп беринин элини[3]
Аярдын тартып азабын,
Артыкча көрүп мазагын,
Кыярдын көрүп кыйынын,
Дөө менен беринин,
Нургабилдин жыйынын,
Арман кылып кайгырып,
Андан келген жаныбар
Алты эсе күчтөн айрылып.
Жети жандуу Чалкуйрук
Жел учкандай бурулуп,
Алты жандан айрылган,
Арман кылып кайгырган,
Калбас эле аянып,
Жайы кеткен бу күндө
Жалгыз жанга таянып.
Ачбуудандан өтсөм – деп,
Ашка чукул жетсем – деп,

---

[1] *жерген.* Катчыдан ката кеткен. Сөздөн маани чыкпайт. Контекст боюнча талап кылынган сөздүн туура үлгүсү – «тийген».

[2] Сөз башка сыя менен үстүнө бастыра жазылып, «жерлерин» делип оңдолгон. Мурдакы эле үлгү туура, андай айтылуу Сагымбай манасчынын кеңири жолуккан ыгы.

[3] *элини.* Сөз чала өчүрүлүп, үстүнө башка сыя менен бастыра жазылып «элдерин» делип оңдолгон. Туурасы – «элини».

Көй күлүктөн чыксам – деп,
Көкөтөй туусун жыксам – деп,
Чалкуйрук чуркап алыптыр,
Жолойдун аты Ачбуудан
Чаң илээшпей калыптыр.
Ачбуудан келет аркырап,
Оозунан карандын
Канды көбүк барпырап,
Туяктын тийген таштары
Асмандап учуп заркырап.
Бир күндүк тери калыптыр,
Билбестиктен дөө Жолой
Тер албай байге салыптыр,
Куйругу кулач бурулуп,
Капталдан тери куюлуп,
Коендой кулак жапырып,
Даңканын көккө сапырып,
Байгенин алдын талашып,
Чалкуйрукка жанашып,
Аркасынан карасаң,
Кошойдун аты Чоңсары
Ач маралдай бүгүлүп,
Ачкүсөндөй түйүлүп,
Көкүлү көккө шүйүлүп,
Үстүндөгү баланын
Күрмөнүн чаңы күбүлүп,
Арыштап чуркап алыптыр.
Мунун арка жагынан
Будаңчаңдын Салкара ат
Бу да келип калыптыр.
Мунун арка жагынан
Музбурчактын Телкүрөң
Удаа келип калыптыр.
Аркасынан арыштап,
Аманат жанды карыштап,
Семиз чаап салыптыр,
Керкөкүлдүн Керкашка,
Келбети малдан бир башка,
Чаткаягы чаткалдай,
Жүгүргөндө чатына
Жүктүү төө баткандай.
Аркасынан караса
Карачтын аты Жаркызыл,
Анын арка жагынан
Алоокенин Наркызыл.
Көкчөнүн аты Көгала,
Көзүн жаштап үстүндө
Чаап жүргөн шум бала,
Саяпкерсинип алыптыр,
Көкөтөйдүн ашы үчүн
Көбүрөөк байлап салыптыр,
Этинен оогон кези бар,
Атты чапкан бу бала
Арбынраак эси бар.
Өткөрө байлап салдым – деп,
Көкчөнүн тилин алам – деп,
Убалына калдым – деп.
Катарында калбастан
Калкамандын Казкара,
Анын арка жагынан
Султакандын Тазкара
Чегиштин аты Сарала,
Агыштын аты Карала,
Көчпөстүн аты Чабдары,
Көт жагынан чукулдап
Бакайдын аты барганы.
Үмөттүн аты Жаркызыл,
Аркасынан калбастан,
Башы кытай журту экен,
Бакча бийдин Баркызыл,
Багыштын аты Суркийик,
Шыгайдын аты Акмоюн,
Бай Көкөтөй ашында
Кылымга болгон чоң оюн.
Аталабектин Акжамбаш,
Сынжыбектин Саркызыл,
Чынөнчүктүн Чияла,
Айта берсе аты көп,
Акыр заман журтуна
Аңгемелүү бу бир кеп.

Алтымыш атта байге бар,
Алганга сонун байда бар.
Элүү тогуз, алтымыш,
Эсебин алсын калкыңыз.
Эң аягы Кула бээ,
Эң жүгүрчү курган бээ,
Артынан ичмек түшүптүр,
Алсырап андан алыптыр,
Алтымыш болуп калыптыр.
Бу сөздү таштап салыңар,
Мурунку кеткен буудандын
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Ашып өтүп Чабдарын,
Айдап кытай бардаарын
Коңурбай жөнөп алыптыр,
Чоң Иленин боюнда
Короготу Кош-Көлдүн
Сары-Жазы оюнда.
Коңурбай байкап караса
Короготу Кош-Көлдөн
Коюу чаңы бөлүнүп,
Суук-Дөбөнүн оюнан
Ат сүрөөчү көрүнүп,
Ат бубагы баары буу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Астындагы Ачбуудан,
Артындагы Чалкуйрук.
Эликтей чуркап Чалкуйрук
Эңкейиш жерде өтүптүр,
Өөдө жерде Ачбуудан,
Өкүм күлүк союлгур
Астына чыгып кетиптир.
Ал экөөнүн артынан
Эти кысып, бою ысып,
Эш Кула ат жетиптир.
Бакайы жерге малынып,
Маралдай төшү салынып,
Атын көрүп эр Манас
Алдасына жалынып.
Аңдабай мурда калыптыр,
Кырк төрт кытай жабылып,
Баш болгону Коң төрө,
Манжулукка чоң төрө,
Аккуланы жыгууга
Аракет кылып калыптыр,
Эки жайсаң чаптырып,
Туура тосуп салыптыр.
Арстандын аты Аккула
Абыдан кызып калыптыр,
Арышын керип салыптыр,
Жолдогу эки суңдуңдан*
Аттап өтүп алыптыр.
Алгара менен чуратып
Коңурбай жөнөп калыптыр.
Алгара ат менен жетсем – деп,
Манастын аты Аккула,
Омуроо менен урдуруп,
Ойрон кылып кетсем – деп,
Коңурбай жөнөп калыптыр,
Чаңга аралаш чапкылап
Манас да жетип барыптыр:
Арчатору чуратып,
Артынан чаңы буратып.
Аккулага жетерде,
Алгара менен Коңурбай
Көмө коюп кетерде
Чокусунда чогу бар,
Өзөк кылып салдырган
Көк коргошун огу бар,
Толгомолуу камчыны
Оң имерип алганы,
«Атымда капыр, нең бар?» – деп,
Оройдон ары салганы.
Малакайдан чаң чыкты,
Жаак жарылды, кан чыкты,
Эстен танып эңгиреп,
Эрдемсиген Коң төрө
Аттын жалын кучактап,
Акылдан танып зеңгиреп,

Аттын жалын кучактап[1],
Жаагы кеткен жарылып,
Аккан каны бурчактап.
Аккула озуп кеткени,
Аркасынан акырып,
Алмамбет баатыр жеткени,
Атка кара санаган
Андай эмес, мындай! – деп,
Колойдун аты Бууданды
Чокудан ары урганы.
Мүргүп барып жыгылып,
Ачбуудан араң турганы.
Чалкуйрук өтүп алыптыр,
Антип-минтип оңолуп,
Кайтып жолго киргенче
Үч ат өтүп калыптыр.
Үтүгүңө* шоодай – деп,
Үтүрөңдөп эр Жолой
Алмамбетке барыптыр.
Аккуланы жыгууга
Коң төрөң кылды аракет,
Ат жыгыш мына мындай – деп
Алмамбет кылды балакет,
Канетет элең капыр – деп,
Кан Алмамбет айтып кеп,
Андан бөлөк сөзү жок,
Аял кылаар өзү жок,
Алмамбет жөнөп алыптыр.
Алиги Жолой капыры
Алеңгир жаага ок кездеп
Атамын – деп, калыптыр.
Жааны кездеп жатканын
Акбалтанын Чубагы
Көргөн экен бу дагы.
Эшик эндүү айбалта
Белден суурун алыптыр,
Бейли бузук Жолойду
Оройдон ары салыптыр.
Айбалта башка чабылып,
Жаа кездеп аткан Жолойдун
Акылы кетип жаңылып,
Жаасы колдон түшүптүр,
Жаалданган чоң Жолой
Жанынан үмүт үзүптүр.
Кылчайып артын караса
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Жабылышып калгандай,
Башы таштан болсо да
Жайын кылып салгандай.
Аны көрүп чоң Жолой
Качып кирди калмакка,
Ушаң айтса болбостон
Калды бүтүн чатакка[1].
Аттын баарын өткөрүп,
Алтымыш атты көз көрүп,
Арстан Манас баарысы,
Ак сакал Кошой карысы
Баш байге кыргыздардыкы – деп,
Башка элдин атын башкарып,
Байгенин баатыр камын жеп,
Келген атты тутууга,
Сак болгун – деп, ушуга,
Алтымыш бир киши бар,
Арстан Манас баатырдын
Калыстык кылмак иши бар.
Даяр келсе туткун – деп,
Алтымыш киши коюптур.
Али да шондой нуска бар
Аты даек болуптур.
Аскердин баарын токтотуп,
Аттын баарын жоктотуп,

---

[1] *Аттын жалын кучактап.* Ыр сабы эки жолу жазылган. Катар болбогону менен бул түрдө бири-бирине жакын туруп ыр сабы эки кайталануу Сагымбайга мүнөздүү көрүнүш эмес. Балким, катчы жаңылыш ыр сабын эки жолу кайталап жазып алгандыр.

[2] *Калды бүтүн чатакка.* Ыр сабы бүт өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Мурда эмне делгени белгисиз. Ыр сабынын мааниси жалпы коктекстке каршы келбейт.

Ар кайсыга мал бөлүп,
Жүргөнүндө топтотуп,
Челек менен Чарында,
Байге койгон баарына,
Үч-Алматы боюна,
Байге бөлүп токтотуп
Үч-Булактын оюна.
Аяк аттын байгесин,
Ала турган байдасын
Кызыл-Кыя белине,
Тологойдун жерине
Сан кой солоп салыптыр
Акыр заман журтуна
Агы Сары-Тологой
Атак болуп калыптыр.
Аттын ээси чапкылап,
Арстан эрди бошотпой,
Азапты алар салыптыр,
Айланышып ал элге
Кечигип баатыр калыптыр.

## *Он жетинчи*

## КЫТАЙ-КАЛМАК БАЙГЕГЕ ЗОРДУК КЫЛЫП, УРУШ БОЛГОНУ

Жүүт, тарса, калча бар,
Жөн жүргөн журт канча бар,
Арап, ажам, аталат,
Атактуу жөнүн билдиңиз,
Ынды менен сакалат,
Байкаганга калайык
Баары журттун сөздөрү
Байгамбарга такалат,
Орус, немис бу да бар,
Кытай, калмак жуда бар.
Келген аттын байгесин
Санап бөлүп салыптыр,
Санап, көптү таратып,
Эртеси жок кечинде,
Көз байланган кезинде
Көсөл Манас барыптыр.
Үч-Булактын Кара-Суу,
Баш байгени байлатып,
Коюп кеткен жери бу.
Келип Манас караса
Он алты чоро калыптыр,
Он алтысын ойрондоп,
Башы-көзүн жарыптыр,
Байгени тартып алыптыр.
Жылас кылып жылдырып,
Калмак өкүм кылдырып,
Кытайдан бар Коң төрө,
Кырмус уулу Мурадыл,
Кызыл чоктуу Незкара,
Калмактан бар Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Катқаландын Сайкалы[1],
Солоондон бар Алооке[2],
Доңуз кыял эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солоон башы Соорондук,

---

[1] *Сукалы.* Бул адам аты салттуу түрдө «Сайкал» аталат, бирок кол жазманын айрым жерлеринде кээде «Сукал» катары жазылуу да учурайт. Себеби белгисиз. Балким, манасчы өзү жаңылуусу да мүмкүн, же катчы жаңылыш угуп жаңылыш жазып коюусу да ыктымал.

[2] *алакүү.* Башка сыя менен сөз сызылып салынып, «алөөке» делип оңдолгон. Деги эле ушул адам аты Алооке, Алөөкө, Алөөке, Алакүү түрлөрүндө аралаш жазыла берет. Башка манасчылардын айткандарын эске алганда ысымдын салттык аталышы – «Алооке».

Карача, Кычар канынан
Кандай жумуш болот – деп,
Эми бүгүн келиптир
Эсенкандын жанынан,
Төө айдашып боздотуп,
Жөн малын айдап топтотуп,
Кишинетип жылкы айдап,
Кишисин көрсөң айгайлап,
Тай, кулуну чуркурап,
Талаадан тозоң буркурап,
Уй айдашып мөөрөтүп,
Атыбыз келди, алдык – деп
Эр Коңурбай жөнөтүп,
Кой айдатып мааратып,
Талаадагы малчыны
Кокуйлатып таратып.
Астындагы Аккула,
Артынан барган Чалкуйрук,
Үч атым удаа келген – деп
Коңурбай айтып чоң буйрук
Үчүнчүсү Ачбуудан,
Үч аттын алып байгесин
Кыйгылап кытай мал кууган
Шол ишин көрүп таң калып,
Жаратканга жалбарып,
Тогуз уул кенжеси
Элеман байдын эркеси
Астынан чыгып акырып,
Чаңды обого сапырып,
Төрт сан экен жолдошу,
Төрө Төштүк жолборсу
Жөнөтпөскө жол тосту.
Төрт саны кырк миң кол экен,
Кытайдын журту сан жеткис,
Башчысы Коңур зор экен,
Тепсеп кирип барганы
Терс-Маёнун жолу экен.
Терс-Маёо деген суу экен,
Манасты тууй электе
Текес[1] кан турган бул экен.
Текести Манас алганда
Терс-Маёо аты жоголуп,
Текес атка калган да.
Абасы Бакай кеп айтып,
Кызыктуу жер Терс-Маёо
Кыяматтын журтуна
Текес болду – деп, айтып,
Калмак менен кыргызга
Качан да болсо талаш – деп,
Качып алыс кете албас
Калганы мында алач – деп,
Бакай кан айткан башында.
Тартынбай кытай кол салып
Бай Көкөтөй ашында
Байгесин тартып алыптыр,
Барсылдашып эр Төштүк
Жоболоң жолдо салыптыр.
Кытайдын журту кыжылдап,
Кумурскадай быжылдап,
Калмактын журту кажылдап:
Байге берип нетебиз,
Баарысын алып байгенин
Элге эсен кетебиз.
Тулпардан чапкан экенбиз,
Байгеси эмес, бурутту
Коңурбай, Жолой жооп берсе,
Тундура чаап кетебиз!
Кыргынды кызык салабыз,
Кызыталак чантуунун*
Кызынан тартуу алабыз.
Уруксат тийсе чоңдордон
Уйпалап чаап салабыз,
Уруп кеткен буруттун
Уулунан тартуу алабыз
Босогосун кыйратып,
Боз уланын ыйлатып
Боордон байтал туйлатып,
Керегесин кыйратып,

[1] *тейкес.* Катчыдан ката кеткен, адатта бул адам аты «Текес» делет.

Келин, кызын ыйлатып,
Кериден бээсин туйлатып,
Укуругун шиш кылып,
Унутулгус иш кылып,
Туурдугун ичмек кылабыз,
Туташын койбой кырабыз,
Үзүгүн ичмек кылабыз,
Үлгүртпөстөн кырабыз!
Каралашса каңкорго
Канын суудай төгөлү,
Кабыргасын сөгөлү,
Кыргыз уулу болгонго
Касапташып көрөлү.
Ачбуудандын байгесин
Алдырганча коёлу,
Байге түгүл баарысын
Черикке салып бөлөлү,
Чекчеңдеген каңкордун
Челишкенин көрөлү.
Аш берем – деп, чакырды,
Адамды акмак кылууга
Чакырган экен акыры,
Баштагыдан кеп уктук,
Дүнүйөдөн ким көргөн
Манас өңдүү капырды.
Самаркан, Кокон жер алыс,
Самсып жаткан көп адам
Башка элден бар көп калыс.
Туура жакта турпаны,
Күн чыгышта кыргыз бар
Каңкорго карап турганы,
Ажыбай эли ал жерде,
Кутубий эли дагы бар,
Кутуруп жүргөн бу кыргыз
Кылым толгон кытайды
Көрбөй жүргөн чагы бар.
Эртеңки күнү кечинде,
Мусулмандын элинин
Четине чыгып кеткенче,
Терс-Маёодон өткөнчө,
Эчкиликтин эки чат
Эптеп ошо жеткенче
Жылдырып малды айдайлык,
Жолуккан чантуу бар болсо
Жылас кылып байлайлык,
Терс-Маёодон өткөн соң
Колдо жүргөн адамын
Койдой союп жайлайлык.
Бу сөздү айтып сөздөшүп,
Бакалыкка көздөшүп,
Бара турсун капырлар.
Кыргызга кыргын салууга
Кытай, калмак акылы,
Байге берип таратып,
Кечинде келди баатыры:
Сынып жатыр куругу[1],
Ылайланып тунугу,
Өлөрчө болгон жарадар
Он алты баатыр улугу.
Кара жандан шекинип,
Кай бир ногой калыптыр.
Кайыңга чыгып бекинип.
Ногой уулу болгонун
Ойрон кылып салыптыр?
Дин мусулман уругу
Уйпаланып калыптыр.
Каркыранын карагай
Кай бирөө качып кириптир,
Калганына карабай.
Эз боло албай кытайга
Элдирешип калыптыр,
Күн дигерде чагында
Эр Бокмурун барыптыр,
Башка журттун калганын

[1] *куругу*. Сөздүн туура үлгүсү – «укурук». Сагымбай саптагы ыргактын таламы үчүн бул сөздү бир нече учурда «курук» түрүндө колдонот. Укурук деген сөздүн өзү түбүндө «узун кургак» деген укурукка пайдаланылуучу жыгачтын негизги белгилерин сыпаттоодон чыккандыктан, манасчы сөздү «курук» – кургак түрүндө айтышы жөндүү сыяктуу.

Баатырга таштап салыптыр.
Баары журтун алган соң
Бокмурун эми барыптыр,
Көкөтөй туусун көтөрүп,
Көтүнөн жөнөп калыптыр,
Алмалуу сууга барганда
Астынан чыгып эр Төштүк,
Бокмурун алган жүз миң кол,
Бокмурундун кайраты
Болжолун көрсө тоодон мол.
Ушуларды көргөндө
Ушаң баатыр кеп айтат,
Урушпадым – деп, айтат,
Отуз беш миң жолдошу,
Ол бөлүнүп алыптыр,
Ойрон болгон дөө Жолой
Оройлугун салыптыр.
Кытайдан кырк миң киши алып,
Кыйынсынып Жолою,
Элүү миң аскер өзүндө,
Жан көрүнбөй көзүнө,
Желегин жерге жапырып,
Ушаңды көздөй качырып,
Чаңды обого сапырып,
Кытайы келет кыйгылап,
Калмагы келет кайгайлап,
Найзага желек туу байлап,
Ал ишти көрө салыптыр,
Будаңчаң, Ушаң бу жерден
Кайра качып калыптыр,
Соңунан нууп калмактар
Токсон бешин түшүрүп,
Ат-тонун олжо алыптыр.
Алар минтип жүргөндө,
Бузулуп калмак бул күндө,
Ал кезекте түн экен,
Кара калмак бузулуп,
Карсылдашкан күн экен.
Супа садык чалыптыр,
Таң сөгүлүп калыптыр.
Конокторду таратып,
Жай-жайына каратып,
Кечинде барган Манасың,
Кетте, кичик калайык
Кебине айран каласың:
«Кытай да болсо кылым журт,
Кыжылдаган кызыталак,
Көпчүлүгү кара курт.
Калмак да болсо кандуу журт,
Жайнаган бу да кара курт.
Кытайдын жөнү бир бөлөк,
Кызыталак калмактар
Кыйырымда жүрүп дөө болуп,
Казалы кытай бир бөлөк,
Калабалуу калмактар
Калкымда жүрөт дөө болуп,
Акыры тууган болор – деп,
Алы куруур жүрүп – деп,
Ойлосом алыс жумушту,
Ойрон болгон ит Жолой
Самаган экен урушту.
Тилегенин берейин,
Жаратканым жар болсо
Талпагын ташка керейин,
Болгон душман кытайдын
Болушканын көрөйүн,
Ат байгесин тарттырып,
Алдырганча өлөйүн!
Байгени берди дегенче
Манасты өлдү дегиле,
Дин мусулман балдары
Батаңды кыла келгиле!»
Бу сөздү айтып акыры,
Буудан Манас баатыры
Эр Төштүктү чакырды,
Төштүк нууп кетиптир
Коңурбай, Жолой капырды.
Байгесин жаңы алыптыр,
Жедигердин Багышы
Жаткырып күткөн айлынан
Жаңы келип калыптыр.
Байгесин тартып алды – деп,

Кыргыз уулун кыйратып,
Узап кытай калды – деп,
Уккан жерден күүлөнүп,
Ушу кандай кордук – деп,
Урган таштай сүйлөнүп,
Айгайлаган чуу менен,
Айчык алтын туу менен
Ал жөнөдү жети миң,
Агыш жүрдү эки миң.
Акбай алды колуну,
Кытайдын түштү соңуна,
Текестин кирди жолуна.
Катагандын Кошою
Кабарын угуп ошонун
Он бир миң аскер алыптыр,
Оёндор жолго салыптыр,
Түн боюнча жыйылып,
Түмөн кол болуп калыптыр.
Будаңчаң, Ушаң бул экөө
Кендегердин коосуна,
Кез болуп кытай жоосуна,
Турган экен бөлүнүп,
Мусулманды[1] көргөндө
Түк калбай баары төгүлүп,
Оң жактан келип калганы,
Ойрон кылды Жолой – деп,
Ой-боюн Ушаң салганы.
Ошо күндө эр Кошой
Ак сакалын жайкалтып,
Боз жоргону чайпалтып,
Аскердин чыкты астына,
Арстан Төштүк, Бокмурун
Абаңдын келди кашына.
Күн жаңыдан чалганда,
Көлөкө тоодо калганда,
Көтөрүлдү канча жан
Көк жал Манас барганда.
Аргымак, бедөө жалпоочтоп,
Азаматты шайдооттоп,
Аккуланы бош коштоп,
Алмамбет, Сыргак, Чубагы,
Ар жакта жүрүп арстандар
Аман калган убагы,
Ажыбай менен Чалыбай,
Кыраан баатыр Кутунай
Эр Манаска кошулуп,
Эми келди жайма-жай.
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Төрө Манас баш болуп,
Жер союлуп былкылдап,
Баатырлар жолго салыптыр,
Оң жагынан оролуп,
Астын тосуп торолуп,
Будаңчаң, Ушаң барыптыр.
Буюрганын көрөрсүз,
Жеткен ажал бар болсо
Жер кучактап өлөрсүз,
Алда Таала жар берсе
Аңгемени көрөрсүз,
Байге малга кошултуп
Макоонун малын бөлөрсүз.
Бу сөздү айтып салганы,
Сүмбөдө айлым баатыр – деп,
Сүрдөөнүндө жүрөрмүн,
Азыркысын кытайды
Алганыңды сүйөрмүн.
Ал сөздү айтып кошулуп,
Асманга чаңы созулуп,
Куугунчу жөнөп калыптыр.
Кужулдап кытай, калмагы
Кулжага жакын барганы.
Тескей тоосу түгөнбөй
Алтайга кирген учу бар,
Аңгемеси ушу бар,
Күңгөй тоосу түгөнүп,

[1] *түрк.* Эки сөздөн турган мурдагы жазуу өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «мусулманды» делип оңдолгон. Мурда жазылгандын биринчи сөзү «түрк» экени окулат. Кыясы, мурда «түрктүн колун» же «түрк уулуну» деген сөздөр болсо керек.

Талаа болгон тушу бар.
Текестин суусу барыптыр,
Тегеренип бурулуп,
Тоо түгөнүп калыптыр
Сууга жетип урунуп,
Күркөө, Күкүк жери бар,
Кундактын суун бойлошуп,
Кутурушуп ойношуп,
Кужулдаган калмактар
Кутулдук – деп, ойлошуп,
Кайрыдин кытай, калмагы
Как ошо жерге барганда
Кара башыл туу менен,
Кара жер көчкөн чуу менен
Каптап кыргыз[1] кол келди,
Кайгайлаган капырга
Кара жанга зор келди.
Айдатып коюп элине,
Жеттим – деп, калмак жерине,
Аскар уулу Жумабек,
Азыр мында турба – деп,
Чанактагы айлымды
Тоодон түшүп алсын – деп,
Жолго конуп калсын – деп,
Сулуу Кыяш катын – деп,
Кан Коңурбай баатырдын
Астын тосуп калсын – деп,
Какайдан* канча сойсун – деп,
Ак чучугун күрүчтөп,
Азыр кылып койсун – деп,
Аракты арбын тартсын – деп,
Коросон арак тарттырып,
Кош атанга артсын – деп,
Байгени тартып алганда
Төрө Коңур баш болуп,
Төтөнү көздөй салганда
Чаптырган Жумабегини,
Түн боюнча ол жүрүп,
Ат аябай жүрүптүр,
Чанактан журтун сүрүптүр.
Убаң тоонун оюна,
Өйүз жагы Кулжа бар,
Курдум суунун боюна
Толо конуп алыптыр,
Кыргызды, кыргын кылдык – деп,
Кыйрына кабар салыптыр.
Кырк уруу калмак баары бар,
Ичиңде кыйла кары бар.
Акылмандар кеп айтып,
Ашыгып бекер эл көчтү,
Арстан Манас бар болсо
Алдырбайт эле – деп, айтып,
Кужулдашып калыптыр.
Айтканына түк болбой,
Жумабектин[2] көтүнөн
Жолой жолго салыптыр.
Караламан карасы,
Азыркысын айрылбай
Калмак, кытай арасы,
Мал айдашып, жайышып,
Байгени тартып алдык – деп,
Баатырсынып калышып,
Коң төрө бар кошунда,
Незкара баатыр ушунда,
Кырмус шаанын Мурадыл,
Каңгайлардан Ороңгу,
Каткаландын Сайкалы,
Чытантуу деген баатыры,
Чылгый динсиз капыры.
Оң тарабы түштүктө
Оркойгон улуу тоосу бар,
Убайың түзгө келгенде
Артынан жетер жоосу бар.
Керней үнү бапылдап,

[1] *кыргыз.* Мурдагы сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөз жазылган. Мурда түрк, же алач болушу мүмкүн.

[2] *Жумарбектин.* Катчыдан ката кеткен, буга чейин бир нече жерде «Жумабек» делген болчу.

Сурнай үнү такылдап,
Асабалар жалпылдап,
Алтындуу туулар жаркылдап,
Атылган мылтык тарсылдап,
Түмөндөгөн түрк уулу[1]
Түрүлүп муну көп куулап[2],
Эки күнү, эки түн
Токтобо жүрүп бүпбүтүн
Кутулдук – деп, калганы,
Кутулдук деген кезинде
Кудай уруп салганы,
Алты түмөн мусулман
Аламан коюп калганы.
Төрт жүз миң аскер кол экен
Кытайдын колу шол экен,
Ал кездеги кыргыздар
Ай-ааламдан мол экен,
Чабуулду коюп ийгени
Алач[3] уулу болгону
Урушка баштап киргени.
Жабуу, жабуу, жабуу – деп,
Жабуулаган калмагы
Жабылып атын алганы,
Атка тердик салганы.
Жайнап жаткан мусулман
Жайнап кирип барганы.
Урушту баштап киргени,
Ушул ишти көргөндө
Кытайдын көөнү кирдеди.
Ат мингени арбышып,
Аламандап дарбышып,
Калбаны Жолой кылды – деп,
Жоголуп кеткен кезинде
Кытайды кыргыз кырды – деп,
Калмактын баарын жакалап,
Кытайдын баары таталап,
Таталаган өздөрү –
Уруш деген сөздөрү,
Чаңга толуп көздөрү,
Кырк уруу кыргыз[4] буркурап,
Кыргын салып чуркурап,
Төшкө найза коюшуп,
Айбалталап капырдын
Төбөлөрүн оюшуп,
Мойнуна кылыч салышып,
Бейкут жаткан бейбакты
Бойбойлотуп алышып,
Алыскысын найзалап,
Кыйрына келген кай бирөөн
Кылыч менен кайсалап,
Мылтык менен атышып,
Капыр менен мусулман
Капталдан канга батышып,
Ажалдуудан жан чыгып,
Зоңкоюп сулап жатышып,
Айдаганы көп олжо
Аз эле калды жер болжоо,
Калмактын калың элине
Эртеңки күндө киребиз
Бээжинге тийиш жерине?
Жетиген жакки жери – деп,
Зубуну калмак эли – деп,
Бейкут жаткан бейбакка
Жалбарышып бир акка,
Белсенип кыргыз кириптир,
Менменсинген бектериң

[1] *мусулман.* Мурдагы жазылган «түрк уулу» деген сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «мусулман» делип ондолгон.

[2] *куулап.* «Кубалап» деген сөздү ыр тутумунда өзгөртүп айтканы го.

[3] *мусулман.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна жазылган. Мурда «алач» делип жазылганы окулат.

[4] Мурдагы жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «Кырк уруу кыргыз» делип ондолгон. Мурдагысы окулбайт.

[5] *кыргыз.* Жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен жазылган. Балким, «алач» болушу мүмкүн. Анткени өчүрүлгөн сөз өтө кыска сөз.

Белин бүктөп ийиптир.
Чоюн баш оюп төбөсүн
Сойлотту далай төрөсүн.
Бейкам атка мине албай,
Бекинер жерин биле албай,
Каары катуу көрүнүп.
Мусулмандар көзүнө,
Кытайдын көбү кырылды
Канжар уруп өзүнө.
Өзүнө канжар салышып,
Өбөктөп жатып калышып,
Өлүп жаткан андан көп,
Өөдө-төмөн жүгүрүп,
Жашынарга жер таппай
Шашып жүргөн сандан көп.
Мине качып атына,
Жетер адам жок болуп,
Бир-биринин датына,
Кужулдаган капырлар
Качкандары тыгылып
Курдум суунун чатына.
Чантуудан чабуул көргөнчө,
Чапкылатып өлгөнчө,
Кыргыздан чабуул көргөнчө,
Кылычтатып өлгөнчө,
Казактан каар көргөнчө,
Камчылатып өлгөнчө
Суута качып жетишип,
Чулп – деп, түшүп кетишип,
Мусулман калба башташып,
Кутулбасын билген соң
Курдумга боюн ташташып,
Агып жүргөн андан көп,
Аманат жанын корголоп
Багып жүргөн сандан көп.
Алты жүз миң мусулман
Айгай салган канча жан,
Аксакалы алардын
Алооке деген карыган кан.
Алмамбет жетип кошуна,
Азап салды бир катар
Аскеринин башына.
Он беш миң аскер кол менен
Алооке качып жөнөдү
Алкымга кирип жол менен.
Алгара атын миниптир,
Албарсын белге илиптир,
Мурадыл менен Коң төрө,
Кызыл чоктуу Незкара,
Жүз элүү миң колу бар,
Ичинде Коңур зору бар.
Ол үчөөнө кошулуп,
Обого чаңы созулуп,
Ороңгу келди ороңдоп,
Кула бээнин куйругу
Көтөрүлүп сороңдоп.
Жаадай учкан Кула бээ
Жаман жери быркылдап,
Жабылбастан тыркылдап,
Көгала болгон башы бар,
Элүү менен алтымыш
Арасында жашы бар,
Колунда атар жаасы бар.
Жаасы өгүздүн белиндей,
Жаадай болгон Кула бээ
Чуркашы сырттын желиндей,
Жоо дегенде эринбей
Ороңгу чыкты ороюп,
Оң колунда капырдын
Токсон кез найза сороюп,
Ороңгу менен төрт болду,
Эр Коңурбай калчанын
Эки көзү өрт болду,
Кайраты бойго карк толду,
Калабалуу калчага
Кайрат кылар чак болду.
Майданга кирип бакырып,
Чылабалап акырып,
Чын ураанын чакырып
Жекеге чыгып калганы,
Уруксат бергин баатыр – деп,
Ушул итке коё бер,

Өлүшөйүн акыр – деп,
Бокмурун баатыр барганы,
Барсаң баргын, мырза – деп,
Уруксат берип салганы[1].
Бадалда басып жүргөндөй,
Бала жолборс киргендей,
Бокмурун жоого чамынып,
Бадана тонун жамынып,
Башына кийип туулга,
Бар жарагын камынып,
Найзасын алып темирден,
Жардам тилеп Теңирден:
«Талаага кетти сыйлашым,
Кургабады көз жашым,
Сыйласам сыйрып турганын,
Капырды кудай урганын,
Эчен күн тартып мээнетти
Эл башкарып күн өттү,
Канча күн тартып мээнетти,
Калк башкарып күн өттү.
Чыканак жерге салдырбай,
Чырым уйку алдырбай,
Аяк-колду чойдурбай,
Жаздыкка башты койдурбай
Бул иттин кылган кордугун,
Ким көтөрсүн зордугун!»
Найзасын колдо зыңкыйтып,
Алгара атты кындыйтып,
Көк жолборстой чамынып,
Көк күбө тонду жамынып,
Калканын тартып башына,
Незкараны алып кашына,
Найзаны колдо сойлотуп,
Алгара атын ойнотуп,
Коңурбай түштү майданга,
Кайгы түштү мусулман
Карап турган көп жанга.
Лаанаттап акырып,
Лаайламалуу – деп,
Кан Коң төрө бакырып,
Үзүктөй темир жамынып,
Арстандай чамынып,
Акырып чыгып калганы,
Он тогузда Бокмурун
Ол иштн көрө салганы.
Тилегеним ушу – деп,
Дин ислам уулунун
Кайрат кылар тушу – деп,
Караганым как ушу,
Кара кытай журтунун
Калаба сүйүп иш кылып,
Тартып алып байгени
Кутурганы так ушу.
Бул аскердин ичинде,
Мааникер менен аралап,
Байкадым кечээ кечинде,
Жок көрүндү Жолою,
Жолу каткан калчага
Менден бөлөк жолоорбу.
Тобокелге салайын,
Тогошмокко барайын.
Айбан чалыш нааданга
Алдырсам арбак урбайбы,
Алсырасам качармын,
Атым күлүк турбайбы.
Ок жетпеген Мааникер,
Ороңдогон калчага
Ой, калайык, коё бер!
Кадырдын болсо жардыгы
Кан төгүлбөй калабы,
Койгулашса душманга
Кол сөгүлбөй калабы,
Токтолбостон баруuга
Жекеге чыккан Коң төрө –

[1] Ушул жерде окуяда чаташуу бар: Бокмурун кимден уруксат сураганы, ким ага: «Барсаң бар, мырза» – деп, уруксат бергени белгисиз. Кийинки окуяларда Бокмурун кайра Кошойдон жекеге чыгууга уруксат сурайт, ал каршы болот. Мүчүлүштүк манасчыдан кеткен айтуучу окуянын ирээтин так түзө албай калган.

Жебилгеси алтын чоң төрө,
Жараткан мага жар берсе
Жайыл кул жеңип алабы.
Бу сөздү айтып бууланып,
Муздай жүзү нурданып,
Бокмурун чыкмак болгону,
Болжолун көрүп эр Кошой
Кой! – деп, айтып койгону.
Балтыр этиң толо элек,
Балбан күчүң боло элек,
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек,
Өрөпкүп балам, барбагын,
Өчмөндүү болгон доңузга
Алдырып намыс салбагын.
Намысың кетип окустан,
Ажалың жетип кокустан
Жетим уул, тул катын,
Жергеңдин баары кападар,
Алсыраган айлың көп
Айрылып калган алынан,
Аш беремин – деп, жатып,
Түк калбаган малынан.
Майдан жакка барбагын,
Баатырлыгы ашык эр деген,
Балбандыгы башкача,
Капаста кара шер деген,
Казат десе дегдеген,
Каны суюк сен түгүл
Каңкор Манас жеңбеген.
Урушка барба, ага – деп,
Уруксат жок сага – деп,
Эр Кошой айтып турганы,
Ал сөзүн угуп Бокмурун
Кошойдун сөзүн бурганы.
Бурбаганда неткени,
Ачуусу келип кеткени,
Кайраты каркап жеткени:
«Ата, кокуй, абаке,
Акылыңыз канаке!
Кудурет ажал салабы,
Кудурет салган ажалдан
Куру сөз айрып калабы?
Тагдырды кудай салабы,
Алдадан келген ажалдан
Тантык сөз айрып калабы?
Жазуудан артык жан өлбөс,
Тактада жатып кан өлбөс.
Ажал жалгыз, айда өлбөс,
Адам уулу кайда өлбөс,
Өлбөгөн бенде не көрбөс,
Өзү кадыр Алданын
Өкүмүнө ким көнбөс,
Абаке, Кошой акылман,
Ак сакалдуу болгондо
Айрылдыңбы акылдан?
Алда Таала бир өзү
Ааламга дайын бар өзү,
Үйгө жатып алгандай,
Үтүрөйгөн бенде эмес,
Бирди көрө салгандай,
Бирин билбей калгандай
Бизге окшогон бенде эмес,
Кошо жүрүп өзүндө,
Бирге жүрүп өзүңө,
Бир көрүнбөй көзүңө,
Түшө элек беле кулагың
Ыкыластын сөзүнө.
Жалпы кыргыз[1] балдары
Өлгөн ашка чакырып
Келгенинче дарманы,
Кызыталак итиңдин
Сайыштан Манас жыкканга
Калган экен арманы.

---

[1] *жалпы кыргыз.* Өчүрүлгөн сөздөрдүн ордуна башка сыя менен жазылган. Мурдагы жазуу окулбайт. Жазылган сөздөр контекстке каршы келбейт. 1936-жылкы көчүрмөдө ушул эле сөздөр турат.

Айылым жакын, жерим – деп,
Айланасы бар калмак,
Кылым кытай элим – деп,
Кылып турган кордугун,
Көзүң көрүп турбайбы
Көпсүнүп кылган зордугун.
Катагандын калкысың,
Карыса да алпысың,
Мындан теги аяба
Көкөтөйдүн жалгызын!
Намысым үчүн өлөйүн,
Адырайган калчаңа
Ат салышып көрөйүн,
Абаке, Кошой, бата бер,
Ажалым жетсе өлөйүн!»
Ал сөздү айтып салганы,
Абакеңиз эр Кошой
Батасын берип калганы.
Колдосун жапар* Алда – деп,
Кошой кан айтты мындай кеп:
«Камалган кытай канчасы
Кан Коңурбай калчасы
Байгемди айдап алганы,
Балаага өзү калганы.
Манас ойлоп кыйла кеп,
Мусулмандын[1] журтунан
Кызыталак калчага
Баруучу киши жоктур – деп,
Бек Коңурбай калдайга
Бери барар, жин барат,
Бендеден адам беттейби,
Менден бөлөк ким барат?»
Бу сөздү айтып эр Манас,
Бокмурун чыгып калганын,
Кошойдун коргоп салганын,
Аны менен иши жок,
Бокмурун минтип жатканын
Теги билген киши жок,
Ооздугун чыгартып,
Октой болгон Аккула ат
Кара суудан сугартып,
Кара боюн каптатып,
Кандагайга* чаптатып,
Кечип жүрсө чок өткүс,
Кездеп атса ок өткүс
Атка тердик салдырып,
Ак каңкы ээр алдырып,
Арстан Манас баатыры
Айнектей көзүн жандырып,
Кандагайын шымданып,
Кара боюн чыңданып,
Кайраты каркап толуптур,
Камданып баатыр болуптур.
Казатка чыгар камын жеп,
Кадыр Алда колдо – деп,
Каңкор минтип калыптыр,
Атка минер кезекте
Казактардан Жоорунчу
Баатырга жетип барыптыр.
Мааникер минип алды – деп,
Бабаң Кошой кой десе
Жаман көрүп салды – деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Көпкөк темир тон кийип,
Майданга кирип калды – деп,
Барып айта салганы.
Айтканын угуп арстаның
Манас да чочуп калганы:
«Алда кандай шумурай
Алаптабай тим турбай,
Намыстанып алган го,
Сыйласа сыйрып турганга
Ачуу келип калган го,
Жакшылыкка жамандык
Жайы ушундай жалган го».
Ал сөздү айтып эр Манас

[1] Мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен «мусулмандын» делип оңдолгон. Мурдагы жазылганы белгисиз. 1936-жылкы көчүрмөдө деле ушул сөз турат.

Амыры актын катуу – деп,
Амырына көнбөсө
Адам уулу жарты – деп,
Алып кел бери атты – деп,
Аккуланы тарттырып,
Арстан Манас баатырың
Алтындуу жарак артынып,
Жаалы чыгып сөзүнөн,
Жалыны чыгып көзүнөн,
Күркүрөшү күн болуп,
Карарышы түн болуп,
Бетинен чыгып заары
Беш байпактык жүн болуп,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кыялына баатырдын
Айран азыр калышты.
Түбү кыргыз[1] тукуму
Кыргыз, казак, думара,
Карап турду буларга
Кыпчактан кыраан Төштүгү,
Кызайлардан Жоорунчу,
Катагандан Кошою
Карап турду ушуну.
Кыпчактын кыраан Үрбүсү,
Кадимден берки үлгүсү,
Туу көтөрүп калкылдап,
«Мусулман, капыр эки журт
Сап тартышып жакындап,
Калмак, кытай колунан,
Чаң созулуп жолунан,
Алгара атын ойнотуп,
Атырылтып толгонтуп
Коңурбай чыкты тыяктан.
Мааникерди кындыйтып,
Бадананы зымпыйтып
Бокмурун чыкты быяктан.
Кара кан ичсем тойбойм – деп,
Челишмекке жекеге
Чыкканың чынбы, Бокмурун?
Ал сөзду айтып акырып,
Желегин желге жапырып,
Качырып калды Коңурбай,
Каршы турду Бокмурун
Жүрөгү сезбей жайма-жай.
Ак эле буга[2] ишим – деп,
Ат байгесин алган соң
Ачынган эле ичим – деп,
Кадыр Алда жар берсе
Оңолбос капыр ишиң – деп,
Желеги жибек найзаны
Жетимдин колго алганы.
Жебе огундай Мааникер
Көз жумганча жетиптир,
Эр Бокмурун жаш бала
Жүрөккө найза нетиптир.
Күлүк экен Мааникер,
Күүлөп найза алганча.
Бокмурунга салганча
Буйдалып калып Коң төрө,
Муруннтадан мындайды
Көрө элек экен чоң төрө,
Колуна найза алганы,
Ондолгончо Бокмурун
Төшкө коюп калганы.
Бокмуруңдун найзасы
Чарайнага чак этип,
Катуу тийип, шак этип,
Эрдемсиген Коң төрө
От көзүнөн жарк этип,
Бокмурун менен Мааникер,
Бокмурун да болгон эр,
Кайраты каркап толгон эр,
Эр Коңурбай эмне дээр:

---

[1] *Түбү кыргыз.* Мурдагы жазуу өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Мурдагы жазуу айрым чала өчкөн тамгалардын белгилерине караганда – «түбү түрктүн» өңдөнөт.

[2] Мурдагы жазылган «боо» дегендин үстүнөн бастыра башка сыя менен «буга» делип ондолгон.

Кезексиз салып найзаңды,
Кедеңдеген кызыталак,
Кетирем – деп, айланды,
Кара атка камчы салганы,
Баланы көздөй бет алып,
Качырып Коңур калганы.
Болжобой туруп Бокмурун
Боорго найза салганы.
Жанагы тийген найзадан
Шашкан экен Коң төрө,
Кызыл чоктуу ойроттон
Кыйынсыган чоң төрө
Ээрдин минип көтүнө,
Каар толуп бетине,
Эргип ээрге мингенче
Эр Бокмурун жетиптир,
Соо жери ушу – деп,
Табарсыктан төмөнкү
Шоодайынын тушу – деп,
Дагы найза салыптыр.
Мурункудай Коңурбай
Жарасы жок калыптыр,
Кийинки найза салганда
Көтөн тамыр, чыбыгын
Жара коюп салыптыр.
Алданын көргүн буйругун,
Бөрү тарткан кой өңдүү
Бөрү тилдүү сыр найза
Бөлдү чыбык, куйругун.
Урушмакка Бокмурун
Ушу бүгүн бел бууган,
Калабалуу калчанын
Көчүк жагын кан жууган.
Кайрылып уруш салууга
Каруусу келбей баатыр
Кан куюлуп шыркырап,
Кайраты бойдон быркырап.
Керектүү жери темир тон,
Найза өткүсүз баары тоң.
Ээриме минем – деп,
Көтөрүлүп алыптьр,
Көтөрүлгөн көт жакка
Соо жери – деп, Бокмурун
Жоконго коюп калыптыр.
Найза жарып өтүптүр,
Кара самбыл кытай шым
Канга толуп кетиптир.
Андай азап көргөн соң
Адырайган чоң Коңур
Намысынан кечиптир,
Башын буруп кара аттын
Колун көздөй кетиптир.
Коёндой чуркап Мааникер
Дагы артынан жетиптир.
Өлчөөсүнүн түшү – деп,
Өлөр жери ушу – деп,
Сооттун жогор чети – деп,
Туулганын катеби,
Как чыкыйдын бети – деп,
Бокмурун найза салганы,
Жакасына сооттун
Найза илинип калганы,
Алгара мойнун кучактап,
Артынан каны бурчактап,
Коңурбай качып калыптыр,
Кошо келген Незкара
Эр Бокмурун балага
Кыйкырып кылыч салыптыр.
Өзүн чаппай, найзасын
Коңурбайдын дартынан
Кыя чаап салыптыр.
Найза колдон кесилди,
Эр Коңурбай жутканча
Незкара кылды кесирди.
Ал ишти көргөн эр Манас
Кейиштен боору эзилди.
Аккула камчы салганы,
Атаңдын көрү кырк баатыр,
Кырылдыңбы таптакыр?!
Ал сөздү айтып эр Манас
Аккула атты чуратып,
Артынан чаңын буратып,

Алда! – деп, жөнөп калганы
Колунда найза жок болуп,
Жарымы колдо токтолуп,
Бокмурун калган балаңыз,
Мурунку өткөн бабаңдын
Өнөрүнө караңыз!
Манас күткөн кырк бөрү –
Бадышалык жөкөрү
Баары койду аламан,
Чаң обого бурады
Чаталактын талаадан,
Өкүмдүк кылган кытайлар
Кутулуп көрсүн балаадан!
Боз жоргону аргытып,
Артынан чаңын баргытып
Кошой кирди урушка,
Самсып турган кара журт
Кошо кирди урушка.
Чал куйрукту чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Төштүк кирди урушка.
Азыркы да аштын аягы чыр,
Аңдап көргүн калайык,
Атаңдан калган жумушка.
Калмак, кытай карабай,
Кайрылышка жарабай,
Олжосу калды талаага,
Олжо түгүл жолукту
Ойрон болчу балаага.
Коңурбай качып алыптыр,
Коржоңдогон Незкара
Колго түшүп калыптыр.
Чатак кылам – деп, туруп[1],
Капырлардын бу күндө
Башынан качып сыймыгы,
Жерге түштү жылдызы.
Айбалта башка шак[2] тийип,
Ат соорусун салганда
Капырлар качып калганда
Найза жонго так тийип,
Кылыч тийип мойнуна,
Кан куюлуп койнуна
Шылкыйганы дагы бар,
Эбак өлүп, жан чыгып,
Зыңкыйганы дагы бар,
Жуушаган койдой кыргыны
Болуп калган чагы бар.
Кулжанын башы Кетелик,
Алтайдын арка жагында
Куру сөздү нетелик,
Артынан түшүп мусулман
Напат болду канча жан,
Аз кутулду ушундан.
Чылбырын сүйрөп ат калды,
Зыңкыйып ээси жатканы.
Төгүлгөн жерде кан калды,
Чөгүп кыйла жан калды.
Качканы качып кутулду,
Карарган малдын баарысы
Кыргызга бүтүн[3] тутулду.
Чылбырын сүйрөп ат жүрөт,
Чыр чыгарган эл билет.
Эл билбесе неткени,
Эр Коңурбай жарадар,
Каспанга качып кеткени.
Байгесин тартып алганы,
Көпсүнөм – деп, отуруп,
Балаага башы калганы.
Кара калмак калкыны
Койбостукка алганы,

[1] *чатак кылам туруп.* Мурда жазылган сөздөр өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ыр сабын ушул түрдө жазган. Ондогондо «деп» деген сөз түшүп калгандыктан ыр сабынын мазмуну, ыргагы бузулган. Мурда жазылгандары белгисиз.

[2] Мурда жазылгандар өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул түрдө оңдолгон. Оңдоонун себеби, ошондой эле мурдагы сөздөр да белгисиз.

[3] *кыргызга бүтүн.* Мурда жазылган сөз өчүрүлүп, башка сыя менен ушул түрдө оңдолгон. Алгачкы жазуу белгисиз.

Коюңар, балдар, тууган – деп,
Айткан тилге ынабай
Кокус болуп турган – деп,
Кошой айтып салганы.
Койбойбуз, аба, сизге – деп,
Кордугу өткөн бизге – деп,
Бакай баштап карысы,
Кырк чоронун[1] баарысы
Чаталакка Жолойго
Чабуул коюп барганы.
Андаңар, балдар, аста – деп,
Келиңер акыр артта – деп,
Аккула менен чуратып
Арстан Манас барганы.
Коңурбайды тосууга,
Башын, малын кошууга
Улуу Өзөккө барыптыр,
Уютуп айлын кондуруп,
Убарага салыптыр.
Таң атпай тосуп барам – деп,
Калкына айтып канча кеп,
Катынынын кашында,
Очогунун башында,
От жактырып кактанып,
Катынына мактанып:
«Кантейин кара журутту,
Калкты кууруп курутту,
Казасын окуттум белем
Каңкор Манас бурутту!
Кетирдим анык айласын,
Мусулман болгон кыргыздын[2]
Келтирдим кыйла байдасын,
Алып келдик ал түгүл
Аккуланын байгесин.
Кырк жигитин кыйраттым,
Кызыл канга бөлөдүм
Кыйынсыган кыйласын,
Кыямат билчү кыргыздын
Кыз-катыны ыйласын!
Канетейин кордугун,
Кашкайта кылган зордугун,
Калмактын динин кар ойлоп,
Өзүнүн динин бар ойлоп,
Манас деген кедейин.
Анын сөзүн не дейин,
Жаратканым кудаа – дейт,
Кудайдын тилин албайсың,
Тозокко салат жудаа – дейт.
Тозок деген оттон – дейт,
Капырдыктан toktон – дейт.
Калкты азгырып салыптыр,
Бадирек ногой уругу
Байгамбар деген немени
Дагы таап алыптыр.
Жайында жаткан элдерин
Калабага салыптыр.
Кылдым белем каңкорго,
Кылымды бузган анткорго,
Кырк жигитин кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Босогосун кыйратып,
Боз уланын ыйлатып,
Аш берүүчү бурутту
Аскер талап курутту,
Курутпаса неткени,
Кужулдаган кытайлар
Кол салган соң мен өзүм
Куп кана талап кеткени.
Коюн айдап мааратып,
Койчуларын байлатып,
Уюн айдап мөөрөтүп,
Уй караган уйчусун

[1] *кырк чоронун.* Мурдагы жазуулар өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул сөздөр жазылган. Алгач эмне жазылганы белгисиз.

[2] *кыргыз.* Мурдагы жазылган сөз өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен жазылган. Мурда эмне бар экени белгисиз. Адатта мындай учурларда алачтын, түрктүн болушу мүмкүн. Молдоке ал сөздөрдөн коркуп, адатта, ушул түрдө ондогонун көбү билчү.

Уруп-согуп жөнөтүп,
Жылкысын жылас алганы,
Мылтык атпай, жаа тартпай
Жылдырып жолго салганы.
Ээн жаткан малыны
Эңгиреттик баарыны,
Алсыраттык алыны.
Такалуудан тай койбой,
Тамгалуудан кой койбой,
Айдап келдик баарыны».
Иш ойлобой сактанып,
Олтуруп отко essence
Катынына мактанып,
Айтып көңүл тындырып,
Айлын минтип тундуруп,
Жолой келип калганга,
Ойлоп көргүн, калайык,
Ким жүрөт ушу жалганга,
Айлынын келип баарысы,
Жалпы келип олтурган
Жашы менен карысы.
Акылман-аяр катыны,
Айганыш[1] дээр атыны:
«Түпкө жеткен экенсиң,
Түгөнгүрүм акыры.
Кайсы бирин тозосуң
Кайнап жаткан алачты,
Жамандайсың Манасты.
Манас бекер эр эмес,
Ак динине талашты,
Тууганынан бөлүнүп,
Байгамбар Муса тушунда
Калмак болуп ушунда
Калмакка калган атагың,
Калбаган сенин чатагың.
Манаска кылым жем болгон,
Кылганы журтка эм болгон,
Кыйшайып кетип баратса
Кырк чилтен*, кайып* дем болгон.
Манаска кусур айтасың,
Байкап турсам өзүңдү
Балакет баскан шайтансың.
Бээжин кайда, жер кайра,
Белиңе таңуу кыласың,
Кытай кайда, эл кайда?
Өз тууганды жат кылып,
Айбанча жүрсүң ар качан
Соо башыңды мант кылып,
Тууганды душман көрөрсүң,
Тумшугуң катып өлөрсүң,
Байкап турсам кордойсуң
Мусулмандын[2] төрөсүн.
Кыргызды душман баалайсың,
Кытайды тууган каалайсың.
Кытай түбү карабас,
Караса да түбүндө
Азыркысын Манаска
Сен дегенге карабас.
Калмак сенин атагың,
Башкы атаң маңгул болсо да
Басылбады чатагың».
Бу сөзгө келип калганы,
Атаңдын көрү катын – деп,
Ажылдайсың капыр! – деп,
Карагын сөздүн соңуна,
Камчысын алды колуна.
Камчысын колго алганы,
Катынды жонго салганы.
Кайкалактап катыны
Качып чыкты акыры.
Калкын коюп токтотуп,
Кан Жолойдун бейилин
Көрмөк үчүн акыры
Үйүнүн турган тушунда,
Кебин угуп ушунда.
Катын качып чыкканы,

[1] Жогоруда Жолойдун аялынын аты Кыяш (12671-сап) делет.
[2] *мусулмандын.* Өчүрүлгөн сөз, же сөздөрдүн ордуна жазылган.

Артынан куба чыкканда
Ай балта менен бир салып,
Нак шу жерге жыкканы.
Жыгылды Жолой жер кучуп,
Акылы баштан чын учуп.
Арстан Манас акырды,
Аскерди жүр – деп, бакырды,
Аңдып турган кара журт
Асманга чаңын сапырды.
Жаа Алдалап буркурап,
Жар чакырып чуркурап,
Доол согуп карса-курс,
Мылтык атып тарса-турс,
Былчылдатып калмакты
Ар кайсы жерде барса-барс,
Колдун баары күңгүрлөп,
Алты жүз миң аскери
Каптап кирди дүңгүрлөп.
Баатыр Кошой бакырып,
Өлтүрбөгүн, балдар! – деп,
Айгай салып акырып.
Айгай салып абасы,
Аксакал Кошой бабасы:
«Жамандык мындан болсо да
Жайлабаңар балдарым!
Душмандык кылып жүрсө да
Тушунда көрүп каларбыз,
Аңдып турган кара журт
Жуда кырып салган соң
Кайдан оңуп каларбыз.
Малын ал да, байын кой,
Баарысында жазык жок,
Бадырек Жолой көзүн ой».
Бу сөздү айтып эр Кошой
Арачалап калыптыр,
Арстан Манас баатыры
Жалгыз ууру баштанып,
Жалгыз келип калыптыр,
Алигидей Жолойдун
Айтканына каныптыр,
Ай балта менен бир салып,
Ал жерде башын жарыптыр,
Как өлтүрөр кезекте
Абакеси эр Кошой
Соогат, баатыр, соогат! – деп,
Жанын сурап алыптыр,
Жаткан жерде коркурап,
Жарыктан каны шоркурап,
Жатып Жолой калыптыр,
Жардактагы калмакты
Тундура чаап салыптыр.
Отуз миң үйлүү киши экен,
Оён Манас барында
Ошондой кылар иши экен:
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Турнадай мойну созулуп,
Жолойдун көргөн иши бу.
Кара куйрук нарларын
Айдап жүргөн андан көп,
Кажылдатып катынын
Байлап жүргөн сандан көп.
Кызыл куйрук нар алып,
Айдап жүргөн андан көп,
Кыжылдатып кыздарын
Байлап жүргөн сандан көп.
Миң дилделик торко алып,
Кийип жүргөн андан көп,
Бир өзөндөн жылкысын
Тийип жүргөн сандан көп.
Минерине жорго алып,
Минтип жүргөн андан көп,
Жамбысын жардын боорунан
Көмө салган жеринен
Тинтип жүргөн андан көп.
Буулум менен бутасын,
Мындайы бар экен – деп,
Бүктөп жүргөн андан көп,
Сандыктарын төөгө артып

Жүктөп жүргөн андан көп.
Аша[1] качып Чардакты,
Алтай жаккы багыты
Эмилди менен Дардакты.
Кыргызга кирип кутулуп,
Кытайга карап турганы
Кыргызга калып тутулуп,
Ак сакал Кошой кары бар,
Абакең Бакай дагы бар,
Башына залал[2] кылба – деп,
Арачалап карысы
Айрып койгон чагы бар.
Түбү бизге тууган – деп,
Түшүнө албай турган – деп,
Не кыласың өлтүрүп,
Ой, эси жок, урган – деп,
Өлтүрбөстөн коё берип,
Элин чаап Жолойдун,
Эки күн жатып той берип,
Эл тамакка тоюшуп,
Чабылып калган калмакты
Жанын тирүү коюшуп,
Өзүң кылган иш – деди,
Абаң Кошой кары айтып,
Аксакалдын баары айтып,
Башыңа тийген муш – деди.
Кырылып кетер окус – деп,
Кылайып мал калбаса
Ачкадан өлөр кокус – деп,
Малын алды, дан калды,
Көп өлбөгөн жан калды.
Кыраандар кызык баштады,
Эки үйүнө бир саан
Кара малдан таштады.
Кай биреөндө бээ калды,
Кай биреөндө төө калды.
Саан берип сыйырынан,
Санды түмөн мал алып
Кара калмак кыйырынан
Коңурбайын кор кылып
Жолоюнун шилисин
Айбалта менен чор кылып,
Катагандан кан Кошой,
Казактардын Көкчөсү,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы –
Аш башкарган төрт баатыр
Аман-эсен кайтты акыры,
Бадыша Манас башында,
Баатырдын баары кашында.
Кошой журттун карысы,
Кол салам – деп, кыргызга
Кор болуптур баарысы,
Атын укса Манастын
Өңкөй калмак, кытайдын
Өңүнөн чыгып сарысы.

[1] *ача.* Катчынын катасы, контексттеги талап кылынган туура сөз – «аша».
[2] *залал.* Катчыдан ката кеткен.Контекст талап кылган сөз – «залал».

# ЧОҢ ЧАБУУЛ[1]

## МАНАС БААТЫРДЫН ЧОҢ БЭЭЖИНГЕ БАРГАНЫ

### *Биринчи*

### ЖЕТИ КАН КУРАЛЫП МАНАСКА КЫЛМАК БОЛУП КЕҢЕШКЕНИ

Көкөтөйдүн ашы болуп,
Көк жал Манас жакшы болуп,
Кары Кошой башы болуп,
Калк жыйылган кашы болуп,
Кан Көкөтөй ашы болуп,
Эргежээли, Итаалы,
Не түрдүү жандарды,
Алаткак заңгарды,
Чыңроо, жез тумшук
Чакырган баарысын,
Окуган оёндор
Чыгарсын маанисин.
Көпчүлүккө сөз кылып,
Узартпай тез кылып,
Манас баатыр
Башкарып акыр,
Мейли мусулман, мейли капыр
Кээ бирин тилдеди,
Кетте-кичигин билбеди,
Кээ бирин урду,
Кекээр менен турду.
Кеби кекээр болду,
Кеттелер бекер болду.
Туусун аштады,
Жолду баштады,
Баары кыргыз болгону
Малдан кечип таштады.
Ар түрдүү салтанат менен,
Айбаттуу сыпат менен[2],
Мылтыктары октолуу[3],

[1] Кол тамга Ы. Абдыракмановдуку – Сагымбайдын негизги катчысыныкы эмес, 1-беттин милдетин аткарган бир баракты эки бетиндеги тексттерди аты-жөнү белгисиз адам жазган.

[2] Ушул ыр сабы менен кол жазманын башка адам жазган 1–2-беттери (1-барактын эки бети) бүтөт. 2-беттен тартып тексттерди жазган кол тамга Ы.Абдыракмановго таандык.

[3] Ушул ыр сабынан – кол жазманын 2-бетинен тартып, тексттерди Ы.Абдыракманов жазган.

www.bizdin.kg



Милтелери чоктолуу
Жыйырма жигит астында болду,
Алеңгир жаа, сыр жебе чойгон,
Айбатын көргөн адам
Жандан тойгон
Оңунда жыйырма кылычкерден,
Солунда жыйырма айбалта алган,
Найзакерден жыйырма
Артынан түшүп калган,
Ушулар да өткөн убара жалган,
Ар тарапка Манас бастырса
Адамдар айран калган.
Көкөтөйдүн ашында
Катаган Кошой,
Казак Көкчө,
Калмак Санжы,
Элемандын Төштүгү,
Эштектен Жамгырчы,
Агыш, Кожош,
Акбай, Мамбет,
Көккоён, Султан,
Көргөн-уккан
Азия калкы,
Дөө менен алпы
Жыйылган жалпы.
Нойгут, Чегиш,
Оён Эгиш,
Кырк уруу кыргыз
Жыйылган тегиз.
Башында, Байгур,
Ушундан уйгур,
Калган мындан бөлүнүп.
Калмак деген кургур,
Калсактан казак,
Кан Көкөтөйгө аш берип,
Канкор Манас баатыр
Аскерин жасап,
Кара кыргыз малын
Каржы кылып ашка,
Кайраты башка,
Башында мээ болбой,
Малына ээ болбой,
Ар түрлүү кордук көрүп,
Азаптуу зордук көрүп,
Кыяпаттап Манаска
Кылмак болуп,
Колдорунан келсе
Кырк баатырын кырмак болуп
Аш үстүндө күүлөнүшүп,
Ачууланып сүйлөнүшүп,
Кыргыз жакшылары
Кыжың-кужуң чыкты,
Кашында кошо жүргөн
Катаган Кошой мыкты.
Кыпчактан Үрбү
Кыйкырып жүрдү.
Аш үстүндө
Бузук болот экен – деп,
Абаң Кошой билди,
Арасына кирди:
«Оой, балдар,
Ойлонгун жандар!
Түбүбүз түрк,
Жүрбөйлүк бүлүп,
Ушул ашты
Манас өткөрсүн билип,
Манасты басмак арзан
Баш болуп өзүм кирип,
Туу көтөрүп мен чыксам
Турбаңар ирип,
Жөнөтсүн ашты билип,
Манасты басмак арзан
Туш-тушунан кирип.
Өз элин бүлдүрүп,
Өзгө журтту күлдүрүп,
Өкүмөттү билдирип,
Кызы катын балсун,
Катыны отун болсун,
Калпагы топу болсун,
Калганы сопу болсун».
Кошой айткан экен,
Ашын аман өткөрүп,

www.bizdin.kg



Кайткан экен.
Азиялыктын[1] баары келди,
Бадышасы, каны келди,
Башка журттан дагы келди.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Чакырган жок дөө-перинин журтун.
Адам уулунан койбоду,
Аш берген Манас
Ар түрлүү акыл ойлоду.
Ашка келген адамдар
Албан турлүү ойноду.
Жаа тартмак,
Мылтык атмак,
Доол какмак,
Дагыра сокмок,
Бирин бири жоктоп,
Миңден, жүздөн топтоп,
Керней тартылып,
Керикке[2] кош артылып,
Чилмардан* чалынып,
Чырак оту жагылып,
Сурнай тартылып,
Өзгөдөн өнөр артылып,
Супсоорун* учуруп,
Шордуулар утулуп,
Токойду бойлошуп,
Топ* атып ойношуп,
Балбандар күрөшүп,
Ат чаап, сүрөшүп,
Чечендер сүйлөшүп,
Чеберлер иштешип,
Кылычты миздешип,
Кылыктууну издешип,
Кызык болор ушу – деп,
Кыргыздын ашы – деп,
Кызыл чок кытай келди,
Кара чок калмак келди.
Жадоо, жапаң келди[3],
Аштагылар көргөн
Албан түрдүү сонун элди.
Оозу түктүү орус келди[4],
Ойдон немис[5] келди
Ойроттун баары тегиз келди.
Улуу журт урум келди,
Бараң[6], ооган мунуң келди.
Кыяндан кырым келди,
Кыргыз ашка жыйган
Кылым элди.
Арап Абунасыр келди[7],
Ааламда эч ким жыйган жок
Андай элди.
Миң жашаган Жаангер

---

[1] *азиялыктын.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстү жагына кара карандаш менен «калайык журттун» деген ыр сабы кошулган. Бирок ал сөз кызыл сыя менен сызылып өчүрүлгөн. Ошол эле кызыл сыя менен «азиялыктын» деген сөздүн алды сызылып, сөз да өчүрүлгөн.

[2] Түп нускада бул сөз «керекке» деп жазылган. Бирок кызыл карандаш менен сөздөгү экинчи «е» өчүрулүп коюлган. Натыйжада сөздү «керикке» деп, окууга болот. Контекстке караганда ушул үлгүсү туура.

[3] *жадоо, жапаң келди.* Ыр сабы кызыл карандаш менен курчала тегеректелген, башка сыя менен сызылган. Кыясы, кийин окугандардын бири өз алдынча редакциялык иш жүргүзгөн өңдөнөт.

[4] *Оозу түктүү орус келди.* Ушул жана кийинки ыр сабы да кызыл карандаш менен тегеректелген жана жазылган тексттер башка сыя менен сызылган кол жазмадагы тексттерге ушул түрдө орой кийлигишип, «редакциялоо» аракеттери арбын жолугат экен. Андай учурларды улам кайталап олтурбас үчүн мындан нары атайын белгиленбей эле түп нускадагы жазуу калыбына келтирилип берилет.

[5] *намыс.* Немис деген сөздү эле катчы ката жазган го. «Нымыс» делген уруу, же эл мурда эч жерде жолуккан жок эле.

[6] *бараң.* Сөз кызыл карандаш менен тегеректелип, сөздүн өзү кызыл сыя менен чийилген, саптын үстү жагына кара карандаш менен «кызылбаш» делип жазылган.

[7] *арап Абунасыр келди.* Ыр сабы кызыл сыя менен чийилген.

Кожо келди,
Бир жаандан билимдүүлөр
Кошо келди,
Байкагандар майышып,
Баатырлар сайышып,
Алтын, күмүштү,
Аңдагандар күлүштү,
Узун жыгачка байлап,
Атып түшүргөнүң ал – деп,
Адамдардын көңүлүн жайлап,
Аярлар* өнөр салышып,
Аскери менен,
Бир-бирин уурдап алышып,
Жай толуп, күзгө өткөнүнө
Бир ай болуп,
Семиздер союлуп,
Жер очок оюлуп,
Кайткандардан калган сөз экен,
Билбеймин канчасы жалган сөз экен,
Каруум келбейт, калп дээрге,
Каркыра деген жерге,
Отун-суулуу,
Ойлонсок муну –
Очок казган орундары туру.
Таяк жегени таяк жеп,
Саа кылбасак Манас! – деп,
Тил укканы тил угуп,
Тил укса да тим туруп.
Кошойдун тилин алып,
Койгулашып өлбөй – деп,
Комуттары ичинде калып,
Кээси ыйлап, кээси жыргап,
Кээ бирөө ырдап,
Келген, кеткенден кептерин тыңдап
Аш аман тарап,
Ар ким ал-абалын карап,
Жыл маалы болуп,
Ай он экиге толуп,
Келгин алды каз менен,
Жаңы келген жаз менен
Ата уулу улуктар,
Акылы тунуктар
Кошойго барышып,
Кобурашып калышып:
«Уругу кыргыз,
Убададан жылгыс,
Уруш десе токтолбойт,
Өлбөй тынгыс,
Эжер кыргыз,
Өчпөй тамбаган,
Өчү канбаган,
Кеги кетпеген,
Келгенин эптеген,
Кеткенин жектеген,
Намыска айланган,
Ажалга байланган,
Урушка шайланган
Кырк уруу кыргыз элек,
Кырда мал багып,
Кылган ишибиз агып,
Кыйлага ырыс элек,
Нээтибиз эгеме* жагып,
Не түрлүү малды багып,
Кенжебиз калмак болду,
Кеңири дөөлөт конду,
Тарап таранчы кетти,
Талабыбыз далайга жетти,
Тогуз уруу кыргыз калдык,
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Тополоңду жаман салдык.
Катарында казак болду,
Калгандарга аш деген азап болду.
Угуз[1] уулу Манаска
Мазак болду.
Мыктылыгын көрөт элек,
Былтыркы жыл же өлтүрүп,

[1] *Угуз.* Сөз кызыл карандаш менен тегеректелип, кызыл сыя менен сызылган, үстү жагына кара карандаш менен «кыргыз» деген сөз жазылган.

Же өлөт элек.
Кой-койчу болдуң өзүңүз,
Коюп койдук өзүбүз.
Канкорду канап* бермексиз,
Канакей ошо сөзүңүз?!»
Кыргыздын он төрт беги
Ушу болду Кошойго айткан кеби.
Кошой абаң кеп айтат,
«Кой балдарым – деп айтат,
Алтайың алыс калды,
Азия да арзан жер эмес,
Айдадыңар арбын малды.
Алда Таала* аябай
Арбакты* берип салды,
Аш бердиң балаа – деп,
Айтканың кана – деп,
Капа кылбаңар мага окшогон
Кары чалды.
Бар кудай Манас кылып салды,
Мен кылган Манас эмес,
Бекер журт алач эмес.
Оңдурчу Манас эмес,
Оңой журт алач эмес[1],
Кобурабаңар,
Кошой силерге тамаша эмес.
Тил алганың тим бол,
Тил албаганың кайратка катуу тол,
Чабуулду коюп кал,
Барып Манастын
Башын кесип, союп сал.
Маа несин айтасыңар,
Башыңар кошулса,
Манасты басып алып кайтасыңар.
Басташып Манаска
Барганыбыз болбос биздер.
Байкабай башың малынып алып,
Балаага калар бекенсиздер,
Кой десем болушкандай
Көрөсүздөр.
Козголоң кокус бир салсаң,
Кордугунан өлөсүздөр.
Арачыдан учуп көзүңүздөр,
Алек болуп калар бекенсиздер
Өзүңүздөр».
Кошойдон бу сөздү укту,
Ал жерден он үчү кайра чыкты
Кошойдун тилин алды,
Акбай, Мамбет калды,
Агыш, Кожош калды.
Көккоён, Султан калды,
Жедигер Чегиш калды,
Жети бек тегиз калды.
Төштүктүн жерине келди,
Дөгөөн кыпчак элине келди.
Балыктын башы,
Алайдын асты,
Аңырдын сазы.
Кейүүнүн бою,
Сары-Колдун ою,
Жыйылган жери Төштүктүн тою,
Кыйындар кыйла олтуруп,
Кызык оюн болтуруп,
Кыйла кепти салышты:[2]
Көкөтөйдүн ашы – деп,
Көрдүк мазакты,
Тарттык азапты.
Дүнүйө берип жалдаптыр,
Кошой бизди алдаптыр.
Манас менен Кошойдон
Байда көрөр жайыбыз калбаптыр.
Башын таардашып,
Манас менен баардашып,
Айылын каптап,

---

[1] Ушул ыр менен кошо жогорку эки сап да кызыл карандаш менен тегеректелип, кызыл сыя менен сызылган.

[2] *Кыйла кепти салышты.* Ыр сабы башка сыя менен саптардын арасына жазылган. Мааниси боюнча контекст үчүн зарыл керек. Кыясы, тактоо өңдөнөт.

Алын чактап,
Келсе алыбыз
Кетелик жерге таптап.
Калалыкпы басылып,
Алыбыз келсе асылып,
Келтирип эсине,
Оңдурбайт бизди
Келип калсак кезине,
Көрүнүп көзүнө,
Көптөп кирип өзүнө,
Тең атанын уулубуз*,
Теңиринин кулубуз,
Таягын жеп, тил угуп,
Тарап кетип, тим болсок,
Теги болбос мунубуз,
Музбурчак турат карыңар
Бу тургандар баарыңар.
Элемандын Төштүгү,
Эштектен бар Жамгырчы,
Казактан Көкчө сен элең
Ар кайсысы бирди айтып,
Аңдаша албай токтолду,
Айтканы келип ордуна,
Камдаша албай токтолду.
Тору кыпчак Үрбүнүн
Доошу чыкпай жок болду.
Казак Көкчө, Музбурчак
Үрбүнү көздөй октолду.
«Көкөтөйдүн ашында
Камчы ойноду башыңа!
Намыс кылдык сен үчүн,
Араң-араң токтолдук
Аксакал Кошой эр үчүн.
Элдин баары сүйлөсө,
Эртеден бери кыңк этип,
Сүйлөбөдүң не үчүн?!
Манас менен окустан,
Басташа кетсек кокустан,
Чарпыша кетип окустан,
Чабыша кетсек кокустан
Болушар, болушпасыңды,
Бар кудай берсе бадикти*[1]
Басалы – деп, отурбуз
Манастан кылып кадикти.
Алдырсак да, алсак да,
Же көтөрүлүп обдулуп,
Көрүнүшүп калсак да,
Болушар, болушпасыңды
Билдир» – деп, булар асылды.
«Ким акыл тапса ошо билсин[2],
Жеке өзү эмес,
Жети канды кошо билсин.
Манас дегенден кыйыныраак
кообубуз,
Жакшы кылсаң сообубуз,
Так бергин биздин сенден
Сурай турган жообубуз.
Жаман кылсаң убалыбыз,
Манас да биздин тууганыбыз.
Баатыр Үрбү сен билгин,
Баарыбыз сага берип турганыбыз».
Кара[3] кыргыз уругу,
Тору кыпчак улугу.
Атасынын аты – Таз,
Шаар Үрүмчү дөөлөт мас.
Манас менен ысышып,
Дос болушкан ошол жаз.
Бектердин сөзүн кайтарбай,
Мен болбойм – деп, айта албай,
Кандардын сөзүн кайтарбай,
Качамын – деп, айта албай,

[1] *Бар кудай берсе бадикти.* Ыр сабы кара карандаш менен сызылып салынган.

[2] *Ким акыл тапса ошо билсин.* Ушул ыр сабынан тартып он бир сап ыр өзүнчө баракчага жазылып, бош бетке чапталган, кайсыл жерге кошулары атайын белги менен көрсөтүлгөн. Бирок дептер бириктирилгенде кошумча баракча ушул бетке – өз ордуна эмес, онунчу бетке туура келип калган.

[3] *кара.* Сөз кызыл сыя менен «калың» делип оңдолгон.

Коркогу качып жылсын – деп,
Калганы кайрат кылсын – деп,
Жаманы айнып алсын – деп,
Жакшылары жайланып,
Кайрат кылып калсын – деп,
Талапкери барсын – деп,
Тартынганы калсын – деп,
Тагдырда жазуу бар болсо,
Талап Манасты алсын – деп,
Эр Үрбү баштайт эми кеп.
Динге балбан Үрбүнүн
Эшендиги белгилүү,
Тилге жүйрүк Үрбүнүн
Чечендиги белгилүү:
«Маа ишенбеңер[1],
Кимге кудай берсе ошо жеңер,
Баштасаңар башымды алып качып,
Сактана албайм,
Баштасаңар Манасты
Башын кесип берем – деп,
мактана албайм,
Астыңардан кан чыгарам – деп,
айта да албайм,
Артыңардан чаң чыгарбай кайта да
албайм.
Маанайым бас, айылым аз,
башым таз,
Өз тууганым өзүмө[2] кас.
Кыраан Манас баатырга
Кылымдын баары жем болуп,
Кылганы журтка эм болуп,
Кызыталак каңкорго
Кырк чилтен кайып* дем болуп,
Жараткан Алда жар болуп,
Кылган иши шар болуп,
Аскери алты сан болуп,
Алачтын[3] журту жам болуп,
Айкөлүң Манас кан болуп,
Айтканы журтка дүң болуп,
Аскери токсон миң болуп,
Азирет Аалы пир болуп[4].
Алганы назик нур болуп.
Орто Азия Түркүстөн[5]
Ушу күндө күр болуп[6],
Ченине келген эр болуп,
Челишүүчү душмандын
Жүрөгүнө чер болуп,
Жалпы алачтын[7] журтуна
Шамал тийгис ык болуп,
Жан жолдошу кырк болуп,
Сайышамын дегендин
Жүрөгүнө дык болуп.
Абунасыр арабы[8]
Айбатын көрүп таанытан,

---

[1] *Маа ишенбеңер.* Ушул ыр сабынан тартып, он сап ыр өзүнчө баракчага жазылып кошулган. Бирок тексттер кайсыл жерге киргизилерин көрсөткөн шарттуу белгини катчы туура койбой жогорку эки саптан мурда коюп койгон. Эгер ал белги так аткарылса, Үрбүгө туруктуу эпитетмүнөздөмө катары айтылуучу төрт сап ыр эки бөлүнүп калып, натыйжада мазмунга зыян келмек, бөлүнүп калган эки сап ыр кийинки ордунда башка саптар менен байланышы жок турган түшүнүксүз тексттерге айланмак. Ошон үчүн кошумча он сап ыр катчы көрсөткөн жерге эмес, андан эки сап кийин жайгаштырылып берилди.

[2] *өзүмө.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок контексттеги мазмундун так ачылышы үчүн да, ыргак үчүн да зарыл керек. Кыясы, катчы жаңылып, жазбай кетсе керек. Ушул саптар башка жерлерде кайталанганда андай сөз бул жерде бар.

[3] *Алачтын.* Ыр сабы кызыл карандаш, кызыл сыя менен тегеректелип, «алачтын» деген сөз сызылып, үстү жагына «ар түрлүү» деген сөз жазылган.

[4] *Азирет Аалы пир болуп.* Ыр сабы кара карандаш менен сызылып салынган.

[5] *Орто Азия, Түркүстан.* Ыр сабы кызыл карандаш, кызыл сыя менен тегеректелип, текст кара сыя менен сызылып салынган.

[6] *Ушу күндө күр болуп.* Бул сап да жогорку саптай редакциядан өткөн.

[7] Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелип, «алачтын» деген сөз сызылып, үстү жагына кызыл сыя менен «кыргыз» деп жазылган.

[8] *Абунасыр арабы.* Ушундан тартып алты сап ыр кызыл сыя менен сызылган.

Абурагым көтөр – деп,
Алдага күндө наалыган,
Алты жашта соо болбой
Аны Кызыр даарыган.
Кожосанга* кол берген,
Кошуунга кожо жол берген,
Дөөлөтүн кудай мол берген,
Айтканын Алдам эп кылган,
Атышкан жоосун мерт кылган.
Арбагын угуп биз түгүл
Бакбурчундун баашасы
Бээжиндин каны шек кылган.
Дубалын туюк уруптур,
Туйгунуң Манас туруптур,
Төрткүлүн төрт кат уруптур,
Төрөң Манас туруптур.
Күндө күчөп бу канкор
Күйгөн оттой дүрүлдөп,
Күчөгөнүн көрө албай,
Күлдү кандар күнүлөп,
Күчөтпөйлү муну – деп,
Атаан кылдык ар жакшы,
Акылдаштык бар жакшы.
Жан баарынан жалтанып,
Жата бербей жалпайып,
Аткарып алып канкорду,
Алыс бир жоого барсакчы,
Обурактуу төрөнүн
Айдыңында жүрсөкчү,
Атышканын көрсөкчү,
Ажал жетсе өлсөкчү,
Күлпөңүндө жүрсөкчү,
Күрөшкөнүн көрсөкчү,
Күрөшүп жүрүп душманга,
Күнүбүз бүтсө өлсөкчү,
Бу канкорду мүнтпөсөк,
Бир бокчосун тинтпесек,
Бек айтарга бек да жок,
Бет алышар эр да жок,
Каш кайтарар кан да жок,
Кашайган кара дүйнөдө
Каяша айтар жан да жок.
Кызыл-Кыя ашып эл тапты,
Кызыталак* бул канкор
Кытайдын элин бир чапты,
Кылымды андай алган жок,
Кытайдан боо даба жок,
Кыраан Манас канкорго
Кылчаяр бенде калган жок!
Оролду ашып эл тапты,
Орусту барды, бир чапты,
Ойротту мындай алган жок,
Орустан боо даба жок.
Ойрон болгон канкорго
Ок атар бенде калган жок.
Алар түгүл карасаң,
Мурунку Муса дини – деп,
Бузулбайбыз зили – деп,
Минтип туруп алганда
Сарт Коконду санады,
Сандыргалуу султандын
Сайбаган жоосу калбады,
Сапырылтып апарып,
Самаркандын калдайын
Түп-Бээжинге камады,
Сандыргалуу султандын
Түк калган жок арманы,
Салышууга Манаска
Азыркы турган алты кан
Асили келбес дарманы.
Улуктун баары кеп кылдың
Узактан бери кек кылдың,
Убадаңды бек кылдың,
Урушун көрбөй шек кылдың.
Кандын баары кеп кылдың,
Казаттын сөзүн эп кылдың,
Кан Манасты чет кылдың.
Камалып корко бергендей
Ал бадирек канкордун
Айлы бизден арбынбы,
Адамы бизден баатырбы?
Эли бизден арбынбы,

Эрдиги бизден артыкпы,
Өбөгү бийик өрдөбү,
Өзү бизден өөдөбү,
Өткүр Манас канкордун
Өнөрү болсо көрөлү,
Актан келген ажалга
Арга барбы, өлөлү.
Төрө болсоң жорткун – деп,
Төгүн болсоң корккун – деп,
Баатыр болсоң жорткун – деп,
Бастык кылсаң корккун – деп,
Бадиректин колуна
Колотуп кагаз берелик,
Кол чакырып көрөлүк.
Конок менен шылтоолоп,
Кордук кылып коёлук.
Өрүштөн бээсин жаралык,
Өкүм менен баралык,
Өзүң кылган жумуш – деп,
Милдетти кайта салалык,
Билден күчтүү канкордон,
Билими артык анткордон
Минтип, билдирбей кекти алалык.
Ары-бери кеп айтса,
Андай-мындай – деп, айтса,
Арачысын сабайлы,
Аламандап талайлы,
Күл багына камайлы,
Күлдү журтун камайлы,
Көсөмсүгөн көй төрө
Көрүп калсын далайды.
Төрүнө кудук казалык,
Төшүнө казан асалык,
Төрт түлүк малын чачалык,
Дөөкүрсүгөн канкордун
Төбөсүнөн басалык.
Кармашса канын төгөлүк,
Кан деңиздин суусундай
Калкытса оюп, чөгөлүк.
Канкор менен бир жолу
Казапташып көрөлүк.
Желээсин жоодой кыялы,
Желиккенин тыялы.
Семизин кармап соёлу,
Көтүнөн барган ээсин
Чыгара чаап мээсин,
Чыгаралы журтунун
Капкайдагы кээсин.
Тууганы калсын күйүнүп,
Душманы калсын сүйүнүп,
Алачы[1] калсын бүлүнүп,
Акимсиген канкорго
Минтип, бир коёлук билинип.
Кырк жигитин кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Кысырагын туйлатып,
Бошогонун чыйратып,
Босогосун кыйратып,
Боздогу малын жыйнатып[2],
Боз уланын ыйлатып,
Болбогон көйгө салалы,
Оболу Манасты барып чабалы,
Ошондон кайтып келген соң
Чалдардын эбин табады.
Катагандын Кошойду
Кадырладык ошону,
Кадырласак билбеди,
Ортодогу оңбогур
Оогандын каны Акунду
Кол чакырсак келбеди,
Кабылан Манас баатырга
Каяша айтар ким – деди,
Карарган журттун баарысын
Кирпигине илбеди,
Киши экен – деп, билбеди.
Оболу Манаска кыргын салалы,

[1] *алачы.* Сөз сызылып, үстү жагына башка сыя менен «эли» деп ондолгон.
[2] *боздогу малын жыйнатып.* Ыр сабы барактын ачык жерине кыйгач жазылган.

Ошондон кайтып келген соң.
Чалдарын чаап алалы.
Ушу сөздөн жанганды,
Убадасын танганды,
Кийин ибеп жегенди
Киргеним жок дегенди
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак бараңдын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Убадаңар чын болсо,
Ушуга кандар кол көтөр,
Жалпы баарың олтурсуң».
Бу сөздү айтып буркурап,
Баашалардын баарысы
Батасын* кылды чуркурап.
Ак боз бээден алышып,
Ай туягын* чалышып,
Качкандардын баарысы
Как ушундай болсун! – деп,
Карысынан кандарың.
Канга колун малышып,
Кайтпай турган убада
Кандар болду убара.
Бүтүп эрлер жумушту,
Аркы-терки турушту.
Алиги көргөн кандарың,
Аянбастан жандарын,
Ат башындай чоң куран
Алып келип баары да,
Көкүрөгүн урушту.
Манаска элчи салмакка,
Байкап ишин алмакка,
Келгин десе бармакка,
Кенебесе, үстүнө
Келсин мында бизге – деп,
Кол чакырып алмакка,
Убадасы токтолду,
Мындан белек кандардын
Кылар иши жок болду.
Элемандын эр Төштүк
Ал чыгарды бир жигит,
Эштектердин Жамгырчы
Ал чыгарды бир жигит,
Казактардын Көкчөсү
Каалап чыкты бир жигит,
Кара жаак Үрбүңүз
Тандап чыкты бир жигит.
Анжыянда Санжыбек
Ал чыгарды бир жигит,
Буудайыктын Музбурчак
Бул чыгарды бир жигит,
Ар бирөөнү аңдасаң
Жүз жанбаган эр жигит,
Жүздөн чыккан жүйрүктөн,
Миңден чыккан күлүктөн,
Калп айтпаган чынынан,
Казатка чыгар тыңынан,
Беттешкен жоого белдүүдөн,
Белдешкен жоого демдүүдөн,
Өткүр чечен тилдүүдөн
Калк ичинен ыйгарды,
Каалап элчи чыгарды.
«Ушундан ары барсаңар
Урааны бүтүн алач бар[1],
Улуксунган Манас бар,
Нурку жери Талас бар,
Талаада жүрүп кезиксе
Улук – деп, урмат кылбаңар,
Урат – деп, коркуп калбаңар,
Тупатуура баарыңар,
Ат менен салам бериңер,
Үйдө олтурса үстүнө
Камчы сүйрөп кириңер.
Мүдүрбөсүн тилиңер,
Чогоол-чогоол айтыңар,

---

[1] *Урааны бүтүн алач бар.* Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелип, кызыл, жашыл сыя менен сызылган, капталына жашыл сыя менен суроо белгиси коюлган.

Чоңдук кылып сүйлөсө,
Бузукташып кайтыңар,
Биз жумшадык, сиздер бар,
Манасты көздөп издей бар.
Өлтүрүп ийсе сиздерди
Бир-бириңдин ордуңа
Эки кылып ач алчуу,
Элин чаап, көч алчуу,
Боор жарып, өт алчуу
Мында жаткан биздер бар.
Тайбай турса эбиңер,
Манаска айтар кебиңер;
Төрө Манас болдуң – де,
Дөөлөтүң көлдөй толду – де.
Баатыр киши болдуң – де,
Башыңа сыймык конду – де.
Кол чакырдык келгин – де,
Кошуун барсак үстүңө,
Конок күтүп бергин – де.
Капырдын калкын көргүн – де,
Как шу сөзгө көнгүн – де.
Кыр жагыңда кытай бар,
Кылар жумуш мындай бар,
Капталыңда Каңгай бар,
Кармашар душман далай бар.
Ой жагыңда орус бар[1],
Кеңитсең кенен конуш бар,
Капырдын калкын бүлдүрүп,
Мусулманды күлдүрүп,
Өтпөйт бекен дүйнөдөн
Өкүмөтүн билдирип!
Ушу сөздү айтыңар,
Учурашып кайтыңар,
Биз жумшадык, сиздер бар,
Жамандык кылса биздер бар».
Бул сөздү айтып алты кан
Күлүк тандап мингизди,
Күрөөкө тондон кийгизди,
Күүлөп-күүлөп кандарың
Элчини жолго киргизди.
Алты азамат аттанып,
Жолго түшүп шаттанып,
Кылычын кыя байланып,
Кыйша-Тоо сеңирин
Кыдырып өтүп айланып,
Кейүүнү кечип алганы,
Тобокел жолго салганы.
Кумар айым бадыша,
Улук мазар дейт ошо,
Зыярат кылып алганы,
Сызып жолго салганы.
Намуттун чөлүн сыдырып,
Кытмырдын боюн кыдырып,
Жети күн бүгүн болгону,
Жеркенге кирип конгону.
Эртеси андан аттанып,
Кашкар түштү бакалап,
Кас* буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Семизинен арытып,
Сейиндейин* жаратып,
Аягынын баарысын
Темир менен чарытып,
Эртең андан аттанып,
Чакмактын белин ашыптыр,
Чатыр-Көлдү басыптыр,
Арадан Нарын кечкени,
Жумгал өтүп сыдырып,
Суусамырлап кыдырып,
Султаныңдын айылына
Бара турсун баш ылдый.

[1] *Ой жагыңда орус бар.* Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелген, бирок ал сызык кызыл сыя менен өчүрүлгөн.

### *Экинчи*

## ЭЛЧИЛЕРДИН МАНАСКА БАРЫП УЧУРАГАНЫ

Элчини таштап салыңар,
Кабылан Манас каныңар,
Кайсы түрдүү сөзү бар
Кабарын угуп алыңар.
Сурагы султан Манастын
Кыйын болгон кези экен,
Дөөлөтүнүн толгону
Быйыл болгон кези экен,
Арстан эрдин үстүнө
Ак калпак кыргыз чогулуп,
Жыйын болгон кези экен.
Капкасы алтын коргондо,
Каныкейдин ордодо.
Оң жагында баатырдын
Отуз эки каны бар,
Сол жагында олтурган
Кырк баатырдын саны бар.
Астында алтын тагы бар,
Башында дөөлөт багы бар,
Түгөнгүрдүн бу күндө
Түтөп турган чагы бар.
Айланасын камаган,
Албарс кылыч колго алып,
Акырая караган
Алты миң аскер дагы бар.
Кан кашында жолдошу –
Казы*, убазир, молдосу,
Өкүмөттүн баары бар,
Ак куранды жат айткан
Эче түрлүү кары* бар[1].
Ортосунда олордун
Эки каны таажыдаар[2],
Сураккана үйү бар,
Ал үйүнө сологон
Токсон тогуз бийи бар,
Тентекке болор ийи бар,
Дердеңдебей кыргыздар
Тек-жайыңды билип ал[3].
Карап турсаң ушунда,
Калаанын ичи-тышында
Кайнап жаткан киши бар,
Кабылан Манас баатырдын
Шондой сонун иши бар.
Коргону коло, тоо болгон,
Алып барса кадимден
Байлатма жинди соо болгон,
Бадышалык чоң коргон.
Каалгасы сом калай,
Салтанаты бир далай.
Капка кармап турчуусу
Он эки күзөт бар малай.
Бек* заададан* бешөө бар,
Желдеттерден жетөө бар –
Айбатын көргөн адамдар
Акылынан жаңылган,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган,
Каарлары түсүндө,
Канды тону үстүндө
Карап турсаң ыпымдай

[1] *Эче түрлүү казы бар.* Бул жана жогорку ыр саптары кара карандаш менен сызылган.

[2] *Эки каны тажы даар.* Ыр сабынын мааниси түшүнүксүз. Кыясы, катчыдан жазууда ката кеткен өңдөнөт. Балким, сап «эки каны таажыдаар» болушу мүмкүн. Анда Манастын тегерегиндегилердин ичинде эки таажылуу кан да бар деген түшүнүк чыгар эле (4754-сапта ушул сөз «таажыдаар» делип так жазылган).

[3] Ушул жана жогорку сап ырлар кызыл карандаш менен тегеректелип, кызыл сыя менен сызылып салынган.

Ырайым жок жүзүндө.
Желдеттен жетөө туруптур,
Жергесин кудай уруптур,
Бектерден бешөө туруптур,
Эр кайратын көргөндө
Элчини кудай уруптур.
Адам барар жер эмес,
Башын салган бендеси
Тирүү чыгар көр эмес,
Кайык минип капталса,
Чөкпөй өтөр көл эмес.
Муну көрүп алганы,
Алиги барган элчилер
Муңайып токтоп калганы.
Не кыларын биле албай,
Эр Манастын үстүнө
Эбин таап кире албай,
Же сүйлөшүп тил албай,
Санаалары бузулуп,
Таноолору кысылып,
Тер боюнан сызылып,
Карап турду тыш жакта
Кара коргон кыштакта.
Батына албай ордого,
Бак-бакчалуу коргонго,
Эч бир кеби жок болду,
Дарбазанын башчысы
Казактардан Жоорунчу
Карап көрдү бул алтоон.
Элчи экенин билгени,
Экчеңдей басып бүгүлүп,
Эр Жоорунчу жүгүрүп,
Жоорунчу турду босого
Жоо бөрүсү сунтандын
Көзү түштү ошого.
Жоорунчудан кеп сурап,
Жолуң болсун Жоорунчу
Не түрлүү жумуш? – деп, сурап.
Муну айтып Манас токтолду
Андан бөлөк ал топто
Сүйлөгөн киши жок болду.
Эр Жоорунчу кеп айтат:
«Ээ, султаным! – деп, айтат,
Кабылан Манас төрөбүз,
Кабагыңды бүркөсөң,
Кар түшкөндөй көрөбүз,
Каар айтып сүйлөсөң
Жүрөк чыгып өлөбүз.
Күлүстөн Манас төрөбүз,
Күлп койсоң жарк этип,
Күн тийгендей көрөбүз,
Күңгүрөнө сүйлөсөң,
Жүрөк чыгып өлөбүз.
Эшиктен көрдүм бир топ жан,
Тааный албай болдум таң.
Минген атын карасам,
Бука булчуң, буура сан,
Букта бакай, кулан жал,
Кебежи курсак, кең соору
Кең Кашкар жактын тулпары,
Аттарына карасам,
Аркар шыйрак, нар тамак,
Азаматын карасам,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Оңо турган эл эмес,
Оңой менен адамга
Омурулар бел эмес,
Ойлоп көрсөм, султаным,
Мен көргөн журттан теги эмес.
Алыстан келген элчи окшойт,
Аттары жадоо, ченчи окшойт!»
Айтканда баатыр билди эми,
Кыл муруту солк этип,
Кыраанын Манас күлдү эми.
«Андай болсо Жоорунчум,
Кербендерден кеп уктум,
Келгендерден мен уктум,
Кеңеш кылып кесек дөө,
Баары мыкты чогулуп,
Басканы жүр – деп, уктум.
Кандардан келген элчидир,
Кастыкка жүргөн ченчидир,

Андай болсо Жоорунчу
Сырттандыгың билгизгин –
Сыяпат[1] менен киргизгин,
Улуктугуң билгизгин –
Урбай-сокпой киргизгин.
Көрбөгөнү көр болсун,
Көңүлдөрү кир болсун,
Эркексинип эгерде
Ушундан кийин бул элге
Элчиге келгис бир болсун!»
Төрөсү бул сөздү айтканы,
Макул болот баатыр – деп,
Баянын угуп Жоорунчу
Арты менен кайтканы.
Кетенчиктеп кеткени,
Ордонун орто жерине
Эр Жоорунчу жеткени.
Оңоло түшүп турганы,
От ордундай көк доол,
Күрсө-күрсө урганы.
Доол катуу кагылды,
Самаганы табылды,
Он эки миң аскери
Ошо жерде азыр жабылды.
Бир миң колу кызарды,
Билсең жумуш узарды,
Бир миң колу көк болуп,
Курттай кайнап чыгыптыр
Кумурскадан көп болуп.
Бир миң аскер сапсары,
Билсең сонун булары,
Бир миң аскер ак болуп,
Жоо-шайманы чак болуп,
Жарагы бойго карк толуп,
Түркүн-түркүн түмөн кол
Дүңгүрөп чыгып алыптыр,
Дүнүйө жүзүн чаң басып,
Капкара болуп калыптыр.
Сырт капкасы ачылып,
Сырттандардын баарысы
Сырлуу бараң асынып,
Албарсын аса байланып,
Алиги келген элчинин
Айланасын айланып,
Аскер курчап алыптыр,
Айбатын катуу салыптыр.
Камап алды элчини,
Кароого келген ченчини,
Кай бирөөнө караса,
Көз темири кылайып,
Көк түпөгү булайып,
Сайып алчуу немедей
Кескерип найза чунайып.
Туш-тушунан жуукундап,
Келе жатыр чукулдап.
Асабасы жалпылдап,
Найзалары калкылдап,
Айбатын салып жакындап,
Ар бирөөнө караса,
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп,
Мүрүгө кундак токтошуп,
Кай бирөөнө караса,
Кылычты кындан алыптыр,
Чаба турган баштанып,
Чакчайышып калыптыр.
Ар бирөөнө караса,
Айбалтаны кескерип,

---

[1] *сыяпат.* Сөздү бирөө кара карандаш менен «с» тамгасынан кийин «а» (1) тамгасын кошуп жазып, натыйжада сөз «сайясат» делип калган. Кыясы, жазууда катчыданката кеткен. Контекст боюнча тагыраак туура келүүчү сөз – «сыяпат». Сыяпат менен киргизүү – урмат көрсөтүп, сылык-сыпаа киргизүүнү түшүнтөт. Бирок Манас кийинки саптарда айткан сөздөрү аркылуу ошол эле учурда сүр көрсөтүп, эси-көөнүнөн калгыс кылып, жүрөгүнүн үшүн алуу эскертилет. Албетте, мындай ыкты саясат дешке да болор эле. Ошентсе да урбай-сокпой, сыяпат менен кабыл алуу жалпы мазмунга төп келет.

Жагжайышып калыптыр,
Барган сайын жакындап,
Бадана тондор жаркылдап,
Элчинин келди кашына,
Келгенге болду бушайман,
Эмгек түштү башына.
Эки жагын карабай,
Караганга жарабай,
Элчини кудай урганы,
Көздөрүн жумуп турганы,
Жумуп турду көздөрүн,
Өлдүк! – деп, турду өздөрүн.
Ача албады көздөрүн,
Айтып ыйман сөздөрүн,
Айтса салам, алик жок,
Амандык айтса, шүгүр жок,
Шыкаалашып мылтыгын,
Милтенин баары кызыл чок.
Токтолуп элчи турганы,
Капкадан доол урганы,
Капканын оозу ачызып,
Колуна жубар[1] чачылып,
Ар бирөөнүн жылоондо
Экиден желдет асылып,
Карысы жок, жаштыгы,
Он эки миң аскердин
Ошолор экен баштыгы,
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Ырчы уул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу
Бедөөлөрү* алкылдап,
Белде кылыч шаркылдап,
Туулга башта жаркылдап,
Тулпар аттар алкылдап,
Ар бирөөнүн жылоондо
Экиден желдет талпылдап,
Он эки жайсаң келгени,
Ушу Манас экен – деп,
Алиги турган алты элчи
Озунуп салам бергени.
Саламга алик дебеди,
Келген жерден карасаң,
Ордо доол күп этти,
Ооз оту үрп этти.
Он эки миң мылтыктын
Бири да калбай дүп этти.
Мылтыктан түтүн буралы,
Тунуп калды кулагы,
Айбанча тамдар кулады,
Обону көздөй ок кетти,
Чочугандан элчилер
Ат үстүнөн солк этти,
Көктөн жааган мөндүрдөй
Төбөсүнө булардын
Көк коргошун топ этти.
Көргөндөрдү таң кылды,
Көк менен жердин арасын
Көз айныган чаң кылды.
Оң жагына төрт миңи,
Сол жагына төрт миңи,
Аркасына төрт миңи
Азыр болуп өмөлдү,
Дарбазаны бет алып,
Айдаган бойдон жөнөлдү.
Аскер чүмөп бекитип,
Аманат жанын шекитип,
Ичке кийрип жиберди
Айдаган бойдон секиртип.

---

[1] *жубар.* Сөздүн үстү жагына кызыл карандаш менен «жыпар» делип жазылып, бирок «жубар» сызылган эмес. Кыясы, «жубардын» маанисин билбеген адам күдүктөнүп, «жыпар» го деп, жазса керек.Чынында «жубар» эле туура. Жубар бул жерде жолго таза суу себилип, же жол тазаланып маанисин туюнтат.

Кирбей тышта калганы
Он эки миң калың кол,
Капкадан кирип караса,
Узун кеткен көча жол.
Өйүз-бүйүз жолунда,
Кыйма чаптуу немедей
Кылычы жалаң колунда,
Кескерип кылыч калыптыр,
Аларды көрүп алты бек
Салам айтып салыптыр.
Саламына алик жок,
Оң караган калык жок,
Оң жагынан он беши,
Абалда бүткөн кеңеши,
Сол жагында он беши,
Аттан түшүп камынып,
Алтооно кирди жабылып.
Ой-боюна койбостон,
Оодарып алды атынан,
Ошентип шорун катырган.
Оң колунан бирөөбү,
Сол колунан бирөөбү,
Артынан түртүп бирөөбү,
Ар бирөөнү көрсөңүз
Үчтөн киши сүйрөдү.
Ашыккандан байкуштар
Астакпур Алданы сүйлөдү.
Алек-далек жүгүртүп,
Аманат жандан түңүлтүп,
Жүткүндүрүп алыптыр,
Жүгүртүп жолго салыптыр,
Жүдөгөндөн элчилер
Жүрөгү кетип калыптыр.
Алкындырып алыптыр,
Акылынан таныптыр,
Алсыратып элчини
Арстан эрдин чаркага
Алып кирип барыптыр.
Сыяпат менен киргизди,
Баса калды баарысын,
Башын жерге тийгизди.
Бу дүйнөдөн кайттың – деп,
Ыйманыңды ырас айткын – деп,
Жаагы менен жаткырды,
Минтип шорун катырды.
Артынан айгай салганы,
Ал жаннатка* барганы,
Кандарга салам берсин – деп,
Капилет жайды көрсүн – деп,
Улукка салам берсин – деп,
Андан кийин ушулар
Узак жолду көрсүн – деп,
Кайгыл айгай салыптыр,
Жаткырып койгон элчинин
Кайра башын көтөртүп,
Айландырып алыптыр.
Арка жагын караса,
Уч кырлуу канжар колунда,
Адам сойчу желдеттен
Алтоо түшкөн соңуна.
Ал ишти көрүп алганы,
Айран-азыр калганы,
Кандарга салам бат айт – деп,
Каар менен барганы.
Карап турган элчиңиз
Мууну кетти калтырап,
Көз маңдайда жалдырап,
Акылдан танып алдырап,
Саламды дурус айта албай,
Тили калды балдырап,
Тиктеп турду жалдырап.
Карап көрсө ордодо
Карк алтын кийген кандар тур,
Жалгыз бирөөн карасаң
Санга тийген заңгар* тур –
Таажылары башында
Нөкөрлөрү кашында.
Башында дөөлөт багы бар,
Астында алтын тагы бар,
Айланасын камаган,
Албарс кылыч колунда,
Алты миң аскер дагы бар.

Ортосунда олтурат,
Эки каны таажыдаар[1].
Салам айтса, алик жок,
Жалдыраган кой төрө,
Сүйлөгөн бенде өзү жок,
Сүкүттөн* бөлөк сөзү жок,
Кандай жүргөн адам – деп,
Карап койгон көзү жок.
Жерге багып кылтыйып,
Мойнун салып шылкыйып,
Кырка олтурган зыңкыйып,
Кыраандарды көргөндө
Эси кетип селейип,
Элчилер токтоп калганы,
Аксакалы чүчтөдөй,
Устукан сөөгү мистедей
Эр Бакай алик алганы.
Алик алды, токтолду,
Андан бөлөк бу топто
Кыңк эткен адам жок болду.
Аны менен элчиңиз
Аш кайнамдай токтолду.
Бир убакта карасаң,
Алтын таажы башында,
Алтымыш нөкөр кашында,
Үзүлгөнүн улаган,
Жыгылганын жөлөгөн,
Айрылганын септеген,
Ажыраганын эптеген,
Арбагы баштан кетпеген,
Намыстанып иш кылып,
Ал баатырлар кыйласы
Акылына жетпеген,
Ак калпак кыргыз кыйласын
Акыл менен тепсеген,
Кой оозунан чөп албас,
Коңур чечен Ажыбай,
Сөзү ширин жагыштуу,
Өзү ширин накыштуу,
Акылга дыйкан табыштуу,
Ажыбай шондо кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Көмүктөн ачып алгандай,
Көрдөн чыга калгандай,
Мүнөзүңөр ар кандай,
Ким болосуң өзүңдү,
Ачпайсыңбы көзүңдү,
Курулай келип бу жерде
Алаңдатпай көзүңдү,
Жыластар, жыйбайсыңбы эсиңди.
Бу сөздү айтып салганы:
«Не келген жансың өзүңөр?
Айтууга барбы сөзүңөр?!»
Ушул сөзүн укканда
Уялбас ултаң бетиби,
Ушу түрлүү келдик – деп,
Умтулуп жооп айтууга
Элчилердин көтүбү,
Камоого түшүп калышты,
Кайдан кылсын намысты,
Кампаңдашып байкуштар
Капчыкка колун салышты,
Кандардын берген кагазын
Калдайтып сууруп алышты,
Алаканга салышты,
Арстандардын астына
Арзын тозуп калышты,
Алган адам жок болду,
Аны менен жана да
Аш кайнамдай токтолду.
Бир убакта оң жактан
Зерлүү таажы башында,
Сексен нөкөр кашында,
Алтын кемер белинде,

[1] *Эки каны таажыдаар.* Ушул ыр сабы мурда «Эки каны тажы даар» делип жазылган эле. Кыясы, катчы «таажыдаар» деген сөздүн маанисин так билбегендиктен сөздү экиге бөлүп «тажы даар» түрүндө жазып, натыйжада маани ачык болбой калган. Бул жерде туура үлгүдө.

Адылдык кылган элине
Сыргак баатыр зымпыйып,
Ордунан турду кымпыйып,
Басып келип калганы,
Баягы катын алганы,
Баатырынын астына,
Баашалык такта үстүнө
Барып жазып салганы,
Ойрон болгон султаның
Окуп-окуп билди эми,
Мыйыгынан күлдү эми,
Тийишкен экен бектерим,
Тилекти кудай бергени,
Көктөн тилеп жүргөнүм
Көрүнөө жерден келгени,
Алданын анык бергени.
Ал сөздү айтып акыры,
Кубанычка баатыр батканы.
Кубанганын көргөн соң,
Тура калып оң жактан,
Төөдөй болгон көк доолду
Төрт азамат какты эми.
Кубанычка доол كактырды,
Катчыга катын жаздырды,
Ар тарапка баатырың
Алтымыш жигит чаптырды,
Өкүмөт ээси баатырың
Өз элин тойго чакырды.
Азаматтын баарысын
Катындан бөлүп бой кылды,
Кабылан Манас баатыры
Бүгүндөн баштап той кылды,
Союшуна койгону
Сан сары башыл кой кылды.
Казынасын ачтырып,
Агар алтын, ак күмүш,
Алып чыгып үрөндөй
Көчөлөргө чачтырып,
Элчилерди апарып
Бир сарайга жаткырып,
Билимдүүгө бактырып,
О дөбөдөй эт кылып,
Ноот көлдөй чык кылып,
Ойротун жыйып, жык кылып,
Алты күндө той тарап,
Калктын баары кайта бейм[1],
Аксакалдан карысы,
Акылмандын баарысы
Балдарга акыл айта бейм:
«Ой-ой балдар, ой балдар,
Осолдукту кой балдар,
Ойлоп турсаң так ушу
Оңдурбай турган той балдар!
Бу бадирек канкордун*
Катыны эркек тууган жок,
Же калмактан жылкы кууган жок,
Же атасы өлгөн аш эмес,
Аягы ушунун жакшы эмес.
Алда кандай заман – деп,
Калгай эле жаныбыз
Калбасынан аман – деп,
Балдар, баарың байкабай
Алаптайсың наадан» – деп,
Аксакалдар жемелеп,
Антип айтып турду эле,
Боз балдары болбоду,
Болбой моюн толгоду:
«Карысынбай калыңар,
Ашкере көрбөй жамандык,
Алжыйсыңар баарыңар,
Азыркысын аңдасаң
Азыр ордодо аман жатыр го
Оён Манас каныңар,
Манастын бары чагында
Катыла турган душманды
Кайдан таба салдыңар?!

[1] *кайта бейм.* Сөз курулмасы ушул эле үлгүдө төмөндө кайталанганына караганда катчы ката кетирбей эле манасчы өзү ушундай айткан өңдөнөт. Маани «кайтты бейм» дегенге жакын го.

Арстан эр аман турганда
Урунарга тоо кайда,
Урушарга жоо кайда,
Кожурабай калыңар,
Асан кайгы не пайда!»
Алты күндө ой тарап,
Калктын баары кеткенин,
Дагы көргүн неткенин,
Бүгүн жети күн болуп,
Элчиге нөөмөт жеткенин.
Элчилерди жоктотуп,
Арстан эрдин үстүнө
Айдап келди топтотуп.
Элчилерди киргизди,
Аягын тике тургузуп,
Алтын жака дейилде
Ар бирөөнө карасаң
Алтымыш сарпай кийгизди.
Айкөл Манас көк жалың
Арстандыгын билгизди.
Аны менен тим койбой,
Алты бедөө мингизди,
Алты аргымак ат берди,
Колдоруна кат берди.
Бар, элчилер, кайт – деди,
Немине көргөн-укканың
Кандарга салам айт – деди,
Ошо жерге барып окутсаң
Оюңдагы сөзүңдү
Айтуучу ушу кат – деди.
Адиги келген элчиңиз,
Аңдоого келген ченчиңиз
Жандары тирүү калганга,
Жаркырап кымкап алганга
Соодагердей кампайып,
Тонду артынып дампайып,
Жолго түшүп тамтайып,
Тубарын туура бүктөшүп,
Тулпарга кошуп жүктөшүп,
Туйгун Манас баатырдан
Кутулдукпу шүк – дешип,
Камканы кайрып бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Кабылан Манас канкордон
Кайттыкпы аман шук – дешип.

*Үчүнчү*

## МАНАС БААТЫРДЫН АСТЫНА БАРГАН ЭЛЧИЛЕРДИН КАЙТЫП, КӨРГӨН-БИЛГЕНДЕРИН ӨЗДӨРҮНҮН КАНДАРЫНА АЙТЫП БАРГАНЫ

Азгана эмес мол жүрүп,
Арасында алты элчи
Он үч күнү жол жүрүп[1]
Татым кыйын, туз арзан,
Жайы кыйын, кыш арзан,
Катын кыйын, кыз арзан[2]
Керме-Тоонун оюнда,
Кең Котондун боюнда
Эр Төштүктүн тоюна
Элчи келип илинди,
Элчи келди деген сөз
Элге текши билинди.

[1] Ушул саптан кийинки эки сап ыр такыр өчүрүлгөн. Эмне жазылганын билүү, же ордуна келтирүү мүмкүн болбоду.

[2] *Катын кыйын, кыз арзан.* Ыр сабы кызыл карандаш жана кызыл сыя менен тегеректелген, бирок өчүрүлгөн-сызылган эмес.

Тойдо жүргөн кары-жаш
Торгоп-торгоп кеп сурайт,
Токтоңор, балдар – деп, сурайт.
Аралап көрдүң алачты,
Басып келдиң Таласты,
Байкадыңар Манасты.
Алар кандай эл экен,
Таласы кандай жер экен,
Арбагы кыйын угулат,
Манас кандай эр экен?
Антип сурап турду эле,
Анда элчилер кеп айтат,
«Ай, ага-ини – деп, айтат
Манасты сурап нетесиз,
Айта берсек башкарып,
Тамам болбойт бир күндө,
Эртең эмес бүрсүгүн,
Ушу маалга кетесиз,
Манас деген бар экен,
Баашалыгы ашкан жан экен.
Азыр жүргөн борумун,
Алтын так минген орунун,
Ооз менен ойрондун,
Ошо жерде жүрүп ойлондум,
Эп келтирип айталман,
Ачыган экен байталман,*
Коюнарчы ага-ини,
Коркуп келдик кашында
Кырк чоро деген шайтандан.
Азыр жалган дүйнөдө
Ага кусур айталман».
Андан бөлөк сөзү жок,
Аял кылган өзү жок,
Кандарды көздөй кабырап,
Калды жөнөп дабырап.
Кара аламан кара журт
Калды сүйлөп жабырап:
Токтолуп бизге турбады,
Тоготуп кебин урбады,
Кандарга барып айтар,– деп,
Кошо барган адамдар
Канып сөздөн кайтар – деп,
Шуттуунун баары жабырап,
Сөз сүйлөшүп дабырап,
Артынан кошо жөнөлдү,
Тойдо жүргөн кары-жаш
Топурап кошо барыптыр.
Кан кашында жолдошу
Элчи келип калганы,
Эңилтип атын алганы,
Абыр-дабыр сүйлөшүп,
Камчыларын сүйрөшүп,
Салам айтып бүкчүйүп,
Сай кашканын баарысы
Кырка олтурду чүкчүйүп,
Аш-тамакка тойгон соң,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып койгон соң
Алтындуу селде* бир кучак,
Аксакалдуу Музбурчак,
Элчилерден кеп сурайт,
Не деди Манас? – деп, сурайт.
Анда элчилер кеп айтат:
«Ой, улуктар – деп, айтат,
Манасың да курусун,
Адамзаат бендеси
Айтар эмес жумушун,
Ким билиптир мунусун.
Барган күнү камады,
Акыл башта калбады,
Ар бир арстандай желдет талады,
Алып барып бир үйгө
Алты күнү камады,
Акыл башта калбады,
Камоосунан чыкпадык,
Манасыңдын оозунан
Бир ооз кебин укпадык.
Алты күнү жаткырды,
Ар даамын таттырды.
Алты күндө жол берди,
Алтын жака дейилде,

Ар кишинин башына
Алтымыштан тон берди.
Алты бедөө ат берди,
Колубузга кат берди,
Эшикте бедөө аты – деп,
Мына бу берген каты – деп,
Акылыңа току – деп,
Алып молдоң оку» – деп,
Элчилериң муну айтып,
Эгей-Шыгай кандарга
Кагазын сунду булайтып,
Кан кашында жолдошу –
Казы, убазир, молдосу
Кагазды алып колуна,
Окумакка болду ошо,
Жазып алып четине,
Кармап алып бетине.
Окуп молдо караса,
Ойлоп турду баарысы[1],
Канкордун берген каты бар,
Эң башында катынын
Кадыр Алда аты бар.
Мындан кийин окуса
Төрт мукарап* берилште
Азми* керим заты бар.
Төрт жүз миң төрт жүз байгамбар,
Алтымыш төрт наби* бар,
Төрт чалыяр* дагы бар.
Булар тамам өткөн соң,
Мужтайыттер* кеткен соң,
Байгамбарлар өткөн соң,
Баштагылар кеткен соң,
Атым Айкөл Манас – деп,
Өзү чыкты каркыбар.
Бир сөзүндө караса,
Миң дилделик баркы бар.
Кагазында кеп айтат*:
«Мен канкор Манас – деп, айтат,
Тилимди билген мусулман[2]
Ыйбарат* алсын ушундан,
Тилим менен келсин – деп,
Тил билбеген журт болсо,
Тилмечи жооп берсин – деп,
Катымды көрүп келсин – деп,
Канкор Манас – деп, жазган
Атымды көрүп келсин – деп.
Өзүмдү билген мусулман[3]
Өзүмдү билип келсин – деп.
Өзүмдү билбей калгандар
Өткүр Манас – деп, жазган
Сөзүмдү билип келсин – деп,
Акыл айттым ойлонгун,
Акыры чыгар ойронуң,
Ары чети болжолум
Так кырк күндө келгин – деп,
Ал кырк күндөн калганың
Талкаландың, билгин – деп.
Укумуңан тукумуң,
Ужутуңдан* үрөнүң
Убайым кылып жүрбөгүн,
Жээниңден тайыңды,
Жеп жутармын баарыңды.
Бошотормун шайыңды[4],
Бос кылармын шаарыңды,
Боздотормун карыңды,
Жоботормун карыңды,
Жоготормун баарыңды.
Жол кылармын шаарыңды».

---

[1] Ушул ыр сабынан тартып он сегиз сап ыр кызыл карандаш менен тегеректелип, кызыл сыя менен сызылып салынган.

[2] *мусулман.* Сөз кара сыя менен сызылып, үстү жагына «калайык» деген сөз жазылып оңдолгон.

[3] *мусулман.* Сөз сызылып, үстү жагына «адамдар» деген сөз жазылып оңдолгон.

[4] Ушул саптан тартып үч сап ыр эки колонка ыр саптарынын арасындагы ачыкка кыйгач жазылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү.

Жоктугуңду билбейсиң
Жети[1] каным арыңды.
Болжогонум[2] кырк күндө,
Айттым катка сөзүмдү,
Ачып кара көзүңдү,
Алгың келип өчүңдү,
Аябагын өзүмдү,
Үрпөк баштуу туу келгин,
Үстүн-астын чуу келгин,
Үйөр аккан суу келгин,
Үпчүн* кийген эр келгин,
Кара куйрук шер келгин,
Айдама шыңга кол келгин,
Азаматың мол келгин,
Үн токтоткус жел келгин,
Үн токтоткус жел келсең
Тобокелчил бир өзүм,
Алтын бакан тирөөчүм.
Тобокелге турармын,
Үйөр аккан зел келсең,
Айры кетмен колумда,
Алым келсе бурармын,
Бербесе теңир аргам жок,
Бендеге беш ооз жалынбай,
Алдадан жардам сураармын.
Баксасы бийик дубалмын,
Тобокелге тургамын.
Майышпасаң басып чык,
Бариги алтын чынармын,
Балтаң өтсө кесип жык,
Жалгызың кой да, жамың кыл,
Жетөөң эмес жети кан,
Жетимишиң чогулуп,
Жеңер жериң камын кыл.
Канкоруңдун кагазы
Аягы тамам болгону,
Аңдап турган кандарга
Акыр заман болгону,
Акылмандын баарысы
Көңүлү жаман болгону,
Кан кайгыда калыптыр,
Кара аламан букара,
Каралашкан буларга
Эмине шумдук бу сөз – деп,
Экиден, үчтөн бүкчүңдөп,
Үй артында чүкчүңдөп
Сөзгө кирип алыптыр.
Алиги карган каныңыз
Барабыз – деп, күүлөнбөй,
Же барбас жагын сүйлөбөй,
Кыйындардын баарысы,
Өңүнөн чыгып сарысы,
Кырка олтурду уңкуюп,
Көсөмдөрдүн баарысы
Көк жорудай зуңкуюп,
Дасторкондун четинде,
Сарысы чыккан бетине,
Барабыз – деп, күүлөнбөй,
Же барбас жагын сүйлөбөй,
Башын булгап кайталбай,
Же барабыз – деп, айта албай,
Убайымы кеп болуп,
Өң бузулуп чөп болуп,
Барабыз – деп, айта албай,
Баштагы сөздөн кайта албай,
Кырка олтурган кыраандар,
Аралашкан арстандар,
Айбаты журтту баскандар
Үндөгөн бенде жок болду,
Антип-минтип арасы
Аш бышымдай токтолду.
Чыдай албай кандарга,

[1] *жети.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстү жагына ошол эле кызыл карандаш менен «алты» делген. Бул Манаска каршы чыккан кандардын саны жогоруда манасчы делгендиктен ошого ылайыктоо аракети өңдөнөт. Бирок аракет туура эмес, анткени эпосто сандардын ар түрдүү болуп калуу учурлары адаттагы көрүнүш.

[2] *болжогум.* Катчыдан ката кеткен. Сөздүн туура үлгүсү – «болжогонум».

Эркек болуп, эл билип,
Элге маалим зардалга
Төрө Төштүк күүлөндү,
Кандарга карай сүйлөдү:
«Атаңдын көрү алты кан,
Айтарын билбей тантыган,
Айлында жүрсө мыкты жан,
Бабаңдын көрү алты кан,
Мааланда жүрсөң мыкты жан.
Урсун кудай баарыңды,
Музбурчак баштап карыңды,
Жайына жатса тынч койбой
Жайдары Манас каныңды,
Оолугуп калса ол Манас
Оңдурарбы баарыңды,
Сойлоп жаткан ажыдаар,
Сонун иши кыйла бар,
Куйругун басып алдыңар,
Оозун ачып, оп тартса,
Алкымына Манастын
Кирбей кантип калдыңар?!
Күн чыгышта бириң бар,
Күн батышта бириң бар,
Күлдү баарың күүлөнүп,
Төгүлгөн жүргөн жиниң бар,
Төрө Манас баатырга
Аккула менен качырса,
Айбатына жол тозуп,
Тура турган кимиң бар?!1
Эми Манас иш кылар,
Бир кишиңди ич кылар,
Бир кишиңди тыш кылар,
Жай күнүңдү кыш кылар,
Бир кишиңди ич кылар,
Билдирбестен иш кылар,
Аягында апарып,
Жалпы баарыңды бирдей мыш кылар,
Төштүктү айтар төрөм – деп,
Музбурчакты кекетер
Бузукту сенден көрөм – деп,
Жамгырчыны айтар эрсиң – деп,
Санжыбекке[1] сүйлөнөр
Жаман киши сенсиң – деп.
Кеп ичине кеп айтар,
Көкүш Көкчө – деп, айтар,
Үрбүнү айтар чабал – деп,
Көкчөнү айтар жаман – деп,
Бириңди бириң менен уруучу,
Билдирбей бүтөт жумушу,
Эми кайтып айныба,
Айнып шоруң кайнаба,
Төгүлбөй турган кан болбойт,
Өлбөй турган жан болбойт,
Өлүмдөн качкан жан оңбойт,
Тобокелге салалык,
Толкуган аскер алалык,
Келгин дептир кекетип,
Токтолбостон баралык,
Эсеп жеткис эл менен,
Эл бийлеген эр менен,
Конуш жеткис кол менен,
Кол бийлеген зор менен,
Жайыт жеткис жан менен,
Саркерделүү кан менен,
Түмөн аскер алалы,
Түгөнгүрдүн үстүнө
Дүбүрөп түшүп калалы.
Карарып жаткан калаадан,
Катын менен баладан
Оолак чыгып алган соң,
Ордосуна барган соң,
Оң кыялы кармаса,
Ойрондоп берер орусту[3]
Кеңейтип берер конушту,

[1] Ушундан кийинки бир сап ыр өчүрүлүп салынган. Окууга, же болжол айтууга мүмкүн эмес.

[2] *Санжыжибекке*. Катчыдан ката кеткен, адатта бул адам аты «Санжыбеж» кээде Сынчыбек» делет. Сөздү кимдир бирөө кызыл карандаш менен «Санжыбекке» деп оңдогон.

[3] *орусту*. Сөздү кимдир бирөө кара сыя менен сызып өчүргөн. Үстү жагына кара карандаш менен «оёнду» деген сөз жазылган.

Кыйратып берер кытайды,
Кылымдан туубайт мындайды!
Канап берер Каңгайды,
Баргандын баары тунарсың
Карк алтын кылып сарайды,
Баарың жыргап калыңар,
Калмактан салып малайды.
Итчилиги кармаса,
Ырайым, керим анда жок,
Тозо турган жан да жок,
Каары катуу санда жок.
Мага десе барганда
Кырып ийсин баарыңды,
Кыйып ийсин жаныңды,
Кыпкызыл кылып шол жерде
Ичип алсын каныңды.
Барбаган менен маалаңар
Мына шу жерде чабылды.
Ар кайсың барсың ар жерде
Акыр аман калбайсың
Арстан Манас бар жерде.
Алапайың табылбай,
Ар кайсыңар ар жерде
Аңдоосуздан чабылбай,
Тобокел кылып көрөлүк,
Алдырсак да, алсак да
Чогулган бойдон өлөлүк,
Илгери-кийин калбайлык,
Итчилик кылып салбайлык.
Билден күчтүү канкорду
Бир күндө барып камайлык!»
Бу сөздү айтып кандары,
Төштүктүн тоюн таратты.
Опкоктордун баарысын
Омураңдатып ол күнү
Очоктун ордун каратты.
Казактын Көкчө жолборсу,
Кашында төрт жүз жолдошу,
Атка минип алганы,
Арал менен салганы,
Арадан кечти дайраны,
Кытмырдын чөлүн кыдырып,
Шыбаңдын боюн сыдырып,
Шыйкуунун жерин кыдырып,
Эртыштын боюн сыдырып
Эр Көкчө барды үйүнө.
Үрбү келди буякы
Эки Кемин, Чүйүнө,
Кара-Кулжа тар ашып,
Катары менен жол басып,
Анжыяндын Санжыбек[1]
Ал жөнөдү Алайга,
Аңдап турсаң бу сөздүн
Арты кетет далайга,
Мыргаптын жолун сыдырып,
Буудайыктын Музбурчак
Букарай көздөй кыдырып,
Жамгырчы билген Кашкарды,
Жалпы журтун башкарды,
Жети кан бирдей барат – деп,
Жеткендер олжо алат – деп,
Барбагандын баарысы
Арманынан арылбай,
Акыретке калат – деп.
Аты бардын баарысы
Ат-атына минишип,
Ат кадырын билишип,
Аттингина дүйнө – деп,
Алты эшегин бир атка
Сатып алып минишип,
Саадагын белине илишип,
Салпылдаган кашкарлык[2]
Жайнап жолго киришип.
Убада сааты толгондо,

[1] *Санжыбек.* Сөз кара карандаш менен сызылып, үстү жагына «Сынчыбек» делип жазылган.
[2] *Салпылдаган кашкарлык.* Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелип, кара сыя менен сызылып өчүрүлгөн.

Убакты күнү болгондо
Элемандын эр Төштүк
Туу көтөрдү коргонго.
Туу көтөрдү, кол жыйды,
Душманга туура чабуучу
Баатыр, балбан мол жыйды.
Билеги жоон балбандан,
Билими артык зардалдан
Жүз миң[1] түмөн кол алды,
Төөдөй боздоп күңгүрөп,
Төрө Төштүк дүңгүрөп,
Төрөңдү көздөй жол алды,
Артыш басып жол менен,
Алты түмөн кол менен
Астында жүргөн Жамгырчы,
Экинчиси эр Төштүк,
Үчүнчү болгон Үрбүңүз.
Аксыдан жыйып аскерин,
Үрумчү, Кара-Шаарынан,
Үлгүртө жыйып баарынан
Эки жүз миң кол менен,
Эгиз кара ат байлаган,
Эки Кемин жайлаган,
Кара үңкүрүн үй эткен[2],
Кара токой мал эткен,
Эр Үрбү жүрдү күңгүрлөп,
Чүй бою менен дүңгүрлөп,
Сары-Аркадан жол алып,
Сапырылып эр Көкчө
Санды түмөн кол алып,
Көкчө жүрдү Манаска,
Азыркысын кол курап,
Аталган жери Таласка,
Ордо шайы, көк жеке,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Анжияндын Санжыбек
Таласты көздөй жол менен
Жеке башы Санжынын
Жети түмөн кол менен,
А да жолго салганы,
Опасыз дүйнө жалганы.
Буудайыктын Музбурчак
Букардан чыгып жол алып,
Элим алыс дегенсип,
Эки жүз миң кол алып,
Эми келсин Музбурчак.
Ар тараптын коногу,
Мурункундун жомогу,
Сөзүнүн калсын оролу.
Аны шу жерге коёлу,
Айкөлүң Манас не болду,
Кабарынан бололу.

---

[1] *Жүз миң.* Сөз кызыл сыя менен сызылып, үстү жагына кызыл карандаш менен «толгон» делип, жазылган.

[2] Ушул жана кийинки сап ыр саптар арасына башка сыя менен жазылган. Кол тамга катчыныкы.

*Төртүнчү*

## КАНДАРДЫН МАНАСКА БАРЫП ЖОЛУГУШКАНЫ, АЛАРДЫ МАНАС КАНДАЙ КҮТКӨНҮ[1]

Ушу бүгүн караса,
Эсеп кылып санаса,
Кылымга саны толуптур,
Болжогону кырк күнү,
Эртеңки күн болуптур.
Эртең конок конор – деп,
Курттай кайнап толор – деп,
Азыноолак журт эле
Атактуу жери ногой – деп,
Кайдан бул иш оңой – деп,
Кабылан Манас баатырың
Калкы үчүн кайгы жеп,
Кадыр Алдам колдо – деп,
Чыканак жерге салбады,
Чырым уйку албады,
Султан Манас ойлонуп,
Суу чыбыктай толгонуп,
Чыканак жерге салбастан
Чырым уйку албастан,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо,
Түгөнгүрдү карасаң,
Түйшүк салмак коргонго,
Ак күбөнү жамынып,
Арстандай чамынып,
Иш баштоого камынып,
Калары жок аянып,
Аккелте мылтык таянып.
Алтын доол көтөрүп,
Айбат менен жөтөлүп,
Эшикке элким чыгыптыр,
Эшигинин астында
Астын акыр чаптырган,
Азем менен бактырган,
Кумдуу жерге оонотткон,
Кудуктуу жерден сугарган,
Үртүктү каба жаптырган.
Үкүнүн жүнүн тактырган,
Урматтуу күлүк чоң Кула ат
Чылбырын чечип жетелеп,
Айылдын четин чекелеп,
Сандыргалуу бадыша
Жан киши жок кашында,
Боз дөбөнүн башына
Болукшуп келип турганы,
Колундагы мылтыкка
Кочуштап дары куйганы.
Кой боорундай коргошун,
Кололуу сүмбө колго алып,
Колдуратып урганы.
Күн чыгышты карата
Көтөрө түшүп көк жалың
Күркүрөтө бек атты,
Нээти казат! – деп, атты.
Аркасынан токтолбой,
Алтын доол бек какты.
Аккелте үнү чаңырды,
Арстан эрдин бу күндө
Ач кыйкырык жаңырды.
Айгайын уккан адамдар
Акылынан жаңылды,
Жазайылчы желдеттер
Дүрбөп туруп баарысы
Замбирекке камынды.
Казынага жаткырган,
Казат үчүн аттырган,
Жеке башын карандын
Жетимиш киши бактырган

---

[1] Сүйлөмдүн аягы болгон «кандай күткөнү» деген сөздөр барактын четиндеги ачыкка кыйгач жазылган. Буга караганда тема, же тексттерди жазуудан кийин жазылган, же жалпы эле тексттер алгач манасчы менен бирге кагазга түшүрүлгөн үлгү түп нуска эмес, түп нусканын кийин жүзөгө ашырылган көчүрмөсү болуу мүмкүн.

Абзел деген замбирек,
Атпаганы көп болгон,
Таңуулары бек болгон,
Катар, катар, кат болгон
Ичи кызыл дат болгон,
Он эки желдет киргени,
Кыргы менен кырдырып,
Кызыл кум салып сүрдүрүп,
Араба менен дарысын,
Аябастан баарысын
Алып келип куйдуруп,
Алачыктай чоюнду,
Аңдап көргүн оюнду,
Ок ордуна урдуруп,
Түбү менен карагай,
Түз-ийрисин карабай,
Сүмбө кылып алдырып,
Түртүп барып салдырып,
Куржун көзү дарыны
Куп аябай баарыны
Кулагына салдырып,
Алты жүз аркан алдырып,
Алтымыш чынар терекке
Аябай чырмап таңдырып,
Алыстан туруп муршаптар
Найза менен от берди,
Атканда дүйнө солк – деди,
Укканда жүрөк болк – деди.
Күн күркүрөп басылды,
Туман түшүп ачылды,
Жер дүңгүрөп басылды,
Жердин көбү казылды,
Уйкудагы жаткандын
Умачтай көзү ачылды,
Дөөкурсүгөн төрөлөр
Төшөгүнөн чачылды.
Төшөктө чалдар туйлады,
Бешиктен балдар ыйлады,
Кумган отто кыйрады,
Журтту кудай сыйлады,
Байлоодо күлүк туйлады,
Төө боздоду буркурап,
Ит улуду чуркурап,
Камоодон эшек акырды,
Матоодо тайлак бакырды,
Бети курсун бул ишти,
Беймаал тоок туш-тушта
Кулак тунуп чакырды,
Кудай уруп салды – деп,
Не калба* чыгып калды – деп,
Коргондуктун баарына
Түлүк түшкөн түн болду,
Корбашынын* баарына
Мүлүк түшкөн күн болду,
Найзакерден ыктууга
Түлүк түшкөн күн болду,
Айыл билген мыктыга
Мүлүк түшкөн күн болду,
Сандыргалуу кырк бөрү,
Санатын айтып көрөлү:
Башында Бакай кары бар,
Кырктын башы Кыргыл чал[1],
Баатырлардын баары бат[2],
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздын беги Кутунай,
Кара Токо Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Саргыл аттуу Сатайы,
Сабай бийдин Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргын Каракожосу –
Акылына кошосу.
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Арбандардын Алтайы,

---

[1] *Кырктын башы Кыргыл чал.* Ыр сабы башка сыя менен ыр сабынын ортосуна сыгылыштырылып жазылган. Кол тамга катчыныкы.

[2] *Баатырдардын баары бар.* Ыр сабы мурунку беттин аягына жана кийинки беттин башына эки жолу жазылып калган. Катчынын катасы, сапты эки жолу кайталоонун зарылдыгы жок эле. Бир гана сап берилди.

Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү –
Төлгөсү журтка бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү –
Ашкере айтып берүүчү,
Топтун башы Токотой,
Элдин чети Элеман,
Калк башкарган Калкаман,
Серек менен Сыргагы –
Сезбей турган чыйрагы,
Коңгуроолуу байдын кош Абыш,
Кош башкарган эр Ыбыш[1],
Алымдын уулу Алекен,
Арстан Мажик бар экен,
Түн ичинде жол жүрсө,
Түмөн кыргыз кол жүрсө,
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөн жайнак Шууту –
Түмөндөн чыккан куусу.
Караңгыда кол жүрсө,
Кара кыргыз жол жүрсө,
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр жайнак Шууту –
Калк чайкаган куусу.
Ырчы уул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу –
Казат десе камданып,
Каршы жоого чыкчуусу.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгүл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү –
Жоону алыстан көргөнү.
Баатырлардын баарысы
Баш болгон Бакай карысы,
Жайсаң амал кырк баатыр
Жан-жабыла ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Манасты көздөй бет алып,
Жалпы жөнөп калыптыр,
Алардан мурун озунуп,
Ак куудай мойну созулуп,
Ашмаранын ары жагы
Алмалуунун оюнда,
Аккан суунун боюнда,
Арстандар келер жолунда,
Дөөлөт кушу башында
Төрө Алмамбет кашында,
Абакеңиз эр Бакай
Турган экен ушунда,
Ар ким дуулаар тушунда,
Аркасынан бир-бирлеп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы,
Кырк чоро баары келгени,
Кыраан Бакай карыга
Ийилип салам бергени.
Абакең алик алганы,
Айлана курчап кырк баатыр
Курчап тура калганы.
Абасы Бакай кеп айтып,
«Азаматтар! – деп, айтып,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Туйбай, билбей турдуңбу?
Туйбасаңар айтайын,
Кызматкер кийди кызылды,
Кыйла күн болду, капырай,
Манастын кую бузулду.
Баарың жүрүп алаптап,
Байкабайсың ушуну.
Бузулгандын белгиси,
Булбулу сайрап үн катты,
Бугусу өксөп түн катты,
Тотусу сайрап үн катты,

[1] *аулыз.* Кыясы, катчыдан ката кеткен өңдөнөт. «Аулыз» аттуу ысым эч жерде учураган жок эле. Салт боюнча бул жерде «Ыбыш» делчү.

Доошун баспай түн катты.
Бозала тулпар түлөптүр,
Болоттун баарын бүлөптүр.
Ак борчук аттар түлөптүр,
Албарстын баарын бүлөптүр,
Аргымактар жараптыр,
Асман-көккө караптыр,
Тобурчак аттар жараптыр,
Тоонун башын караптыр.
Тозок кылмак болгон бейм,
Толкуп чыгып бир жакка,
Казат кылмак болгон бейм?
Алакандай журтуна
Азап кылмак болгон бейм?
Тербелди тоонун эгизи*,
Чайпалды дайра теңизи.
Уруп кеткен канкордун
Улуу черүү кыларда
Ушундай эле белгиси.
Угуңар муну элдерим,
Аңдаңар арстан бектерим,
Аттанып чыккан элдериң
Алда билер үйүнө
Аман кайтып келерин!»
Эс оодарган бир сөздү
Эр Бакай айтып салганы.
Акылы терең кырк баатыр
Абасы айткан бу сөзгө
Айран азыр калганы.
Не да болсо жүрөлү,
Эр төрөнү көрөлү.
Бу сөздү айтып салышып,
Буудан минген көй төрө
Булкунтуп атын жарышып,
Таңдын эре-середе
Дабырлады чапкылап,
Жетип келди төрөгө.
Сырттан Манас баатыры
Чыгыптыр жалгыз дөбөгө.
Байкап көрсө баатырдын
Баягыдай түсү жок,
Баштагыдай жүзү жок.
Арбып каары калыптыр,
Ажыдаар түгүн салыптыр,
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди калбайып,
Карарышы түн болуп,
Бүркүлөшүн караса,
Кайра жаар күн болуп.
Астыңкы ээрди албайып,
Кандалчынын* кабындай.
Муруттарын караса
Бурган балта сабындай.
Көздөн чыгып зардабы
Көөрүктүү оттун жалындай.
Кайраты кара түн болуп,
Беттен чыккан ызгаары
Беш байпактык жүн болуп.
Кышкы кирген бууралай
Кычырап тиши үн болуп,
Олтурган Манас оёну,
Аны көрүп кырк баатыр,
Аттарын байлап алыска,
Айтып салам калыска,
Баш көтөрөр бир жан жок,
Баатыр кандай жумуш? – деп,
Баянын сураар тири жан жок.
Кудай урган экен – деп,
Кужурланып бу канкор
Кайратына неткен? – деп,
Каарына чыдабай,
Кара жерди чукушуп,
Астыртадан бөйрөккө
Бирин бири нукушуп.
Мындай каары тутчуу эле,
Каары катуу тутканда
Кайыр кылып кайтарбай,
Карк[1] миң кишини жутчу эле

[1] *карк.* Кимдир бирөө сөздөгү «р» тыбышын кызыл карандаш менен сызып салып, сөздү «как» кылып оңдогон. Оңдоо туура эмес, «карк» дегендин маанисин билбегендиктен оңдосо керек. Чынында «толук» деген маанини туюнткан «карк» бул жерде контекстке так төп келет.

Же казат кылып аттанып,
Бир шаарды бузчу эле,
Минтип турган кезинде
Түрүн көргөн адамдар
Үйүнөн ашын иче албай,
Үч күнү коркуп кузчуу эле.
Бир шумдукту кылчу эле,
Кара[1] кыргыз, ойроттон,
Казак, маңгул, уйгурдан
Миң кишини кырчу эле.
Ушунусу толуптур,
Ойрон болгон бу канкор
Оңдурбай турган болуптур.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштык карысы,
Кылым кыргыз калысы
Кырка олтуруп калышты.
Кырка олтурду кымпыйып,
Кылыч, мылтык, бар жарак
Боюна алып зыңкыйып,
Кырк баатыр келди төрөгө,
Кырка олтурду дөбөгө.
Ал аңгыча болбоду
Адамдардын баарысы
Арстандай толгонду.
Эрендерде сөзү жат,
Эртеңки намаз багымдат*,
Мунарадан каңгырап,
Азан чыкты заңгырап,
Бет алып бектер жүрбөдү,
Даарatына дүрбөдү,
Мечитине кирбеди,
Көй төрөсү кашында,
Көк дөбөнүн башында,
Окуду намаз ушунда.
Окуду намаз талаага,
Талаага намаз болгон соң,
Кайраты толук кырк баатыр
Калыппыз – деди, балаага,
Капкайда жеген-ичкени
Бүгүн түштү санаага.
Сопусу* алтын сур теспе*
Солбуп алып бу кезде,
Эшендердей эпеңдеп,
Сүйлөшөргө шайман жок,
Кырк баатырдын баарысы
Сукүткө кирди тепеңдеп,
Баштагы кылган күнөөбүз
Бар кудай кечер бекен – деп.
Баяндостун* үстүндө
Байпаңдап өскөн көй төрө,
Бүгүнкү күндө карасаң,
Мамык болду көк дөбө.
Жекендостун үстүндө
Жайкаңдап өскөн көй төрө,
Ушу күндө карасаң,
Орун болду куу дөбө.
Куйруктары муздашып,
Куймулчагы сыздашып,
Курудук эми биз – дешип,
Кырк баатыр кырка олтурду.
Ошо отурган боюнча
Жай саратан* чилгир* күн
Күндү чак түш болтурду.
Күн обого толгондо,
Чачырап чак түш болгондо.
Аларды таштап салыңар,
Келе турган каныңар,
Алты кандын аскер бар,
Кабарын угуп алыңар,
Коноктун алды кол экен,
Эң мурунку келмеги
Эр Жамгырчы зор экен.
Желкек ылдый жол менен,
Жети жүз миң кол менен,
Ак асаба, кызыл туу,

[1] *кара.* Сөз кызыл сыя менен «калың» делип оңдолгон. Ондоо эмес, текстке туура редакциялоо максаты менен кийлигишүү.

Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Желкек ылдый куңгүрлөп,
Жерге сыйбай дуңгүрлөп,
Бөрү жондуу көй баатыр,
Бөлөсү экен Жамгырчы,
Дүркүн-дүркүн түмөн кол
Дуңгүрөп чыккан жери ошол.
Караанын көрүп канкоруң,
Баш көтөрүп алганы,
Кабагын серпип, каш кагып,
Ишаарат кылып салганы.
Жети мыршап жүгүрүп,
Желмаяндай Кула атты
Туура тартып калганы.
Арстан Манас баатыры
Атка минди акыры.
Атка минип алганы,
Бастырарда баатыры
Доол согуп салганы.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт,
Айбандын зору Аккула
Как чокусу как Кула,
Баса минген баатыры
Баштап алып акыры,
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргыл чалы күркүрөп,
Кыйгактуу найза доолдап,
Кырк баатыры шоолдап,
Төрөлүк шаңы көрүнүп,
Төрт сап болуп бөлүнүп,
Астыңкысы Бакай баш,
Артына жүргөн Кыргылмаш,
Андан кийин Алмамбет,
Алардай болсоң ал милдет,
Артында арстан Сыргагы,
Арстандар бүгүн жыйналды,
Аскер жерге сыйбады,
Аккула менен заңкайып,
Ак кайыптай шаңкайып,
Арстан эр каршы барыптыр,
Каршы келген Жамгырчы
Каарына тура албай,
Кантип турсун уялбай,
Улук эрди көргөндө
Учуп түшүп атынан,
Кол куушуруп бооруна,
Салам айтты дооруна.
Алигин баатыр алганы,
Амандык, соолук сурашып,
Айкалыша калганы.
Алты-Шаар уйгуру
Азыркы сен улугу.
Арбын келер бекен – деп,
Ишенгеним сен болсоң,
Иришкениң мен болсом,
Аз жыйыпсың колду – деп,
Аз кишиң ала койгудай,
Азыркысын бу Манас
Арзан кандай болду – деп.
Андан бөлөк сөзү жок,
Аял кылар кези жок.
Бура тартып муну айтып,
Баштап жолго салганы,
Жамгырчынын аскерин
Абаң Бакай алганы.
Аскердин баары дүрбөшүп,
Айгайлашып, жүр – дешип,
Алты шаар коногун
Абаң алып жөнөлдү.
Эр Бакайдын соңунан
Нече жүз миң уйгурлук
Немеси калбай өмөлдү.
Бакай абаң тобунан
Семиз малы көп өлдү.
Жабыгы бийик боз үйгө
Жамгырчыны киргизди,
Жалпы колдун баарына
Чатыр тигип бергизди,
Салтанатын көргөздү,

Туу байталдан сойдуруп,
От ордундай даңкандан*
Отуз, кырктан койдуруп,
Чай кайнатып, кант салып
Чатыраш* ойноп, даң салып,
Дасторкону жыйылбай,
Тамашасы тыйылбай,
Ала табак* тарттырбай,
Али да болсо Манаска
Жалгыз адам арттырбай,
Абаң Бакай күткөнү,
Барлык менен түткөнү.
Олтуруп орун алганча,
Ону-муну кылганча,
Алардын арка жагынан
Алты-Шаар аскери
Арстан Төштүк баш болуп,
Эңиш желкек жол менен
Эче жүз миң кол менен,
Желеги алтын туу менен,
Жер жарылган чуу менен,
Ак асаба, туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Көк асаба, туу менен,
Көк жаңырган чуу менен
Төрө Төштүк аскери
Төөдөй боздоп күңгүрлөп,
Жер көчкөндөй дүңгүрлөп
Жайнап чыгып калганы,
Ак найза колдо зыңкыйтып,
Арстандарын шыңкыйтып,
Аккула атын кындыйтып,
Астынан тосо барганы,
Арстан эрди көргөнү,
Төрө Төштүк баатыры
Ат менен салам бергени,
Тогуз уул кенжесин,
Элемандын эркесин
Келгениң жакшы болду – деп,
Алып келгин колду – деп,
Ат үстүндө турушуп,
Амандашып көрүшүп,
Учурашып алганы,
Буйрук кылган кандарга
Бура тартып калганы.
Сакалы кызыл сеңселип,
Сарала ат менен теңселип,
Сарынжы* тонду* белсенип,
Байрак булгап бакырып,
Эр Төштүктүн аскери
Немең калбай жүргүн! – деп,
Эр Алмамбет чакырып,
Баштап жолго салганы,
Алмамбетке караган
Алда канча улук бар,
Талап-бөлүп алганы.
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп,
Жагынага кой союп,
Кыя тарткан жал коюп,
Эче түрлөп нан коюп,
Сары аякка бал коюп,
Алмамбет эли күтүптүр,
Барлык менен түтүптүр.
Олтуруп орун алганча,
Ону-муну кылганча,
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Таздын уулу эр Үрбү
Кумулдан берки кол менен,
Куюндуу Мерки жол менен
Ашмара ашып буркурап,
Азирет! – деп, чуркурап,
Үрбүнүн колу көрүнүп,
Үстүртөн чаңы бөлүнүп,
Айчык алтын туу менен
Айгайлаган чуу менен,
Келип Үрбү калганы,
Аккуланы булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп,
Арстан Манас барганы.
Каршы келген кан Үрбү

Аттан түшүп алганы,
Арстан эрдин доорунда
Кол куушуруп бооруна,
Эр Манастын дооруна
Салам айтып салганы,
Алигин баатыр алганы,
Келген заман эр Үрбү
Кеби менен күлдүрүп,
Чечендигин билдирип,
Энди баатыр шашпагын,
Алтын туудан аштагын,
Баатырсыган кандарды
Барса-келбес баштагын.
Көйкап деген жер бар – дейт,
Көргөзүп аны таштагын,
Көк жалдык кылгын шашпагын
Ал сөздү айтты Үрбүңүз.
Арстан Манас баатыры
Аңдады сөзүн акыры.
Кылая багып күлбөгөн,
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген
Кыраан Манас баатыры
Күлүмсүрөп акыры,
Бура тартып алганы,
Тай чабым жерге барганы.
Эр Серектин аскери
Талап кетип калганы.
Оңунан келген ишим – деп,
Ушул курган Үрбүм го
Өзүмө теңтуш кишим – деп,
Серек баатыр алыптыр,
Жер жайнаган аскерин
Бөлүп кетип калыптыр.
Ысылыкка май берип,
Суусалыкка бал берип,
Эттен тандап жал берип,
Эчен түрлөп нан берип,
Туу байталдан сойдуруп,
Туурап нарын койдуруп,
Азиянын аскерин
Аппак майга тойдуруп,
Баатыр Серек күтүптүр,
Барлык менен түтүптүр.
Олтуруп орун алганча,
Ону-муну кылганча,
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Келиштирип кермеге
Кер төбөл ат байлаган,
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе, ботокур,
Алтындан наал, жез өкчө,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Тек-Турбастын учунан,
Тегеренип ушундан
Көкчөнүн колу көрүндү,
Көккө чаңы бөлүндү,
Караанын көрүп кан Манас
Астын тосо жөнөлдү.
Аркасынан кырк баатыр
Алар кошо өмөлдү.
Тек-Турбастын учунан,
Тегеренип ушундан
Көкчөнүн колу көрүндү,
Чаң менен аскер көмүлдү.
Караанын көрүп кан Манас
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргыл баатыр күркүрөп
Кыраандар каршы жөнөлдү.
Өзөнгө сыйбай буркурап,
Өзүң көргөн көп казак
Өлөңүн айтып чуркурап,
Баатыр Көкчө келгени,
Аттан түшүп, Манаска
А да[1] салам бергени,

---

[1] *Адам.* Катчыдан ката кеткен. Контекст боюнча бул жерде « а да», же «ал да» болуу зарыл.

Аликти баатыр алыптыр,
Алиги жерден баатырың
Бура тартып калыптыр.
Эр Көкчөнүн аскерин
Энди Сыргак алыптыр,
Талаадан бөлүп казагын
Талап кетип калыптыр.
Семизден тандап мал союп,
Казыдан тандап жал коюп,
Канча түрлөп нан коюп,
Ар даамды бүт берип,
Киш-миш чайкап, сүт берип,
Эрикkенче эт берип,
Эсте жоктун баарысын
Ээк астына келтирип,
Эр башына, карасаң,
Экиден табак жеткирип,
Аземин элден арттырып,
Ушул опкок дечү – деп,
Эр башына карасаң,
Экиден табак тарттырып,
Баатыр Сыргак күтүптүр,
Барлык менен түтүптүр.
Олтуруп орун алганча,
Ону-муну кылганча,
Ордо шайы, көк жеке
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө, Самаркан,
Анжыян элин айдаган
Асили мангул[1] Санжыбек
Чаткалдан ашып чаң чыкты,
Жарагы алтын жаркылдап,
Эр Санжыбек[2] кан чыкты.
Селде оронуп кырдашып,
Кылычтын кынын сырдашып,
Зелдей каптап Анжыян,
Кыз-катынын ырдашып,
Нече жүз миң кол менен,
Чаткал ашып жол менен,
Көрүп көк жал карааныn,
Ферғананын колу – деп,
Байкап көрүп бараанын,
Аккуланы кындыйтып,
Арстандардын баарысы
Найзаларын зыңкыйтып,
Арстан Манас баш болуп,
Астын тосо барганы,
Аттан түшүп Санжыбек,
Салам айтып салганы,
Алигин баатыр алганы,
Кабылан Манас баатыры
Кайта тартты акыры,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыямы кыргыз Кутунай
Колун бөлүп алыптыр,
Тогуз жүз миң кол экен,
Ошондо да кырк баатыр
Аз экен – деп, аскери,
Комуту толбой калыптыр.
Мал семизин сойдуруп,
Башына жаздык койдуруп,
Малайы, байын ылгабай,
Кол-аягын чойдуруп,
Аземин элден арттырып,
Баштан аяк басмалап,
Чачма күрүч тарттырып,
Шимигени жал болуп,

---

[1] *Асили мангул.* Ыр сабы бүт кызыл карандаш менен тегеректелген, башкы эки сөз кызыл сыя менен сызылып, ошол эле сыя менен сызылган сөздөрдүн үстү жагына «айры сакал» делип жазылган. Чынында эпостун башка жердеги тексттеринде «айры сакал Санжыбек» делүү бар экени чын, анын үстүнө Санжыбектин түпкү теги маңгул деген маалымат да учурабайт. Ошентсе да түп нусканын өзүндөгү маалымат берилүү оң.

[2] *Санжыбек.* Сөз сызылып, үстү жагына кызыл карандаш менен «Сынчыбек делип жазылган. Жазуунун үстүнөн көк сыя менен да дагы бекемделип оңдолгон.

Суу ордуна ичкени
Сур ырандуу бал болуп,
Олтуруп орун алганча,
Ону-муну кылганча,
Букарай шарып ар жагы,
Бузулган Чамбыл бери жагы
Буудайыктын Музбурчак,
Фарсы-тажик тили бар,
Кош арткан жети били бар,
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Желеги алтын туу менен,
Жер жаңырган чуу менен,
Асманга чаңы тозулуп,
Ак куудай мойну созулуп
Азыр келип турганы,
Акбалтанын Чубагы,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Аскерди бөлүп алыптыр,
Аскерден киши жетпеген,
Аяк жагын аңдасаң,
Алты чоро калыптыр.
Күл куржундан сөктүрүп,
Дасторконго жемишти
Күрөп, күрөп төктүрүп,
Ордун калың салдырып,
Отуна чырак жандырып,
Оюнга кумар кандырып,
Кылым аскер аттарын
Кызматкерге алдырып,
Ушунча колдун баарысын
Отуз чоро алыптыр.
Он чактысы чабышып,
Конок таппай калыптыр.
Он чактысы ороктоп,
Качан келет конок – деп
Өөдө-төмөн сороктоп,
Комсунуп куру калыптыр,
Коногуң менен комур бол,
Аскериң менен аңга түш,
Аз келерин билгенде.
Аскердин алды келгенде,
Суктук кыла салсакчы,
Сурабастан четинен
Бөлө качып алсакчы.
Эсепсиз келет – деп, туруп,
Эптүү куру калсакчы.
Таңда күнү таң атар,
Шарабан* татар күн да бар,
Конок алган көй баатыр
Көтөрүлүп көп айтар,
Көп айтканда нени айтар:
Урушка Манас кол жыйды,
Кол жыйса да мол жыйды,
Бизге окшогон баатырды
Тандап конуп алды – деп,
Сага окшогон жакырды
Таанығбай таштап салды – деп.
Кепке кемтик болобуз,
Анан кайдан оңобуз.
Сөзгө сөлтүк болобуз,
Түбүндө кайдан оңобуз.
Койбой конок алууга,
Бербейм десе коногун,
Белсенишип чыгышып,
Койгулашып калууга
Азырланып аттанып,
Колдон колду кыдырып,
Коштон кошко сыдырып,
Конок таппай чуулашып,
Адамы арбын экен – деп,
Отуз-кыркка көнсөң – деп,
Эч болбосо биздерге
Он чактылап бөлсөң – деп,
Ат сураган эмедей,
Кадырын салып сурашып,
Үлөшүп жүрөт чуулашып,
Ошол ишин көргөндө
Келген колдун баарысы,
Кексесиген ар кошто
Эл эскирткен карысы

Боз балдарга кеп айтып:
«Ой, мырзалар – деп, айтып.
Эми бекер жатышты
Кой, мырзалар! – деп, айтып.
Кара кыргыз баласы,
Кабылан төрө Манасы
Калайыкка бир берген
Той мырзалар! – деп, айтып.
Татарды[1] Бакай күтүптүр,
Барлык менен түтүптүр.
Алты-Шаар уйгурун
Алмамбет баатыр күтүптүр,
Эрдик менен түтүптүр.
Бакай деген бай деген,
Тарт түлүгү шай деген,
Коногуна сойгону
Козудан мурун тай деген,
Алмамбет деген эр деген,
Алачка тизгин бербеген,
Азыркы бенде жеңбеген.
Баланды кандай күттү экен,
Бастанды кандай күттү экен,
Байкап көргүн, балдарым,
Алары кантип түттү экен».
Шылуун жигит боз балдар,
Шылкылдаган көй зардал
Макул болот карым – деп,
Байкап келип берейин,
Бул аскердин баарын – деп,
Колдон колго сыдырып,
Коштон кошко кыдырып,
Аралап жүрүп аңдаса,
Адамдардын баарында
Атлес көрпө, алтын так,
Конок баксаң мындай бак!
Күлдү журттун баарында.
Күлгүндөн көрпө, күмүш так,
Сулап жаткан ушул чак,
Азат бою дүркүрөйт
Конок үйгө кириштен,
Жадап болду боз балдар
Жалпы көрүп жүрүштөн.
Ар кошунун баарысы
Астыңкы тагы күмүштөн,
Жадап болду жакшылар
Жардап басып жүрүштөн,
Андыктан аңдап караса,
Атынын жеми күрүчтөн.
Көрүп алып кайтышты,
Катаа кылбай көргөнүн,
Каалаган уксун эрмегин,
Кошундагы калганга
Кожурашып айтышты.
Ошо сөзүн укканда
Колдун баары буркурап,
Койдой маарап чуркурап:
Арбак урган алты кан,
Алын билбей тантыган,
Айлына мыкты ар бир жан.
Жерге кирген жети кан,
Жеринде жүрсө мыкты жан.
Катынынын кашында,
Очогунун башында
Олтурганда кеп айтып,
Ойрондойлук Манасты,
Оңдурбайлык – деп, айтып.
Мыктысыган кан шайтан,
Мындайын билбей нени айткан
Биз кыйынбыз – деп, айткан.
Карыдан каргыш алдык ээ,
Катынды жесир салдык ээ,
Кайра чыкпас капаска
Өзүбүз түшүп калдык ээ.
Баланы жетим кылдык ээ,
Байкуш жанды кыйдык ээ,
Башка кесир кылдык ээ,

[1] *татарды.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстү жагына ошол эле карандаш менен «эштекти» делип жазылган. Оңдоо негизсиз, текстке кийлигишүү.

Карага болду кесир – деп,
Катындар болду жесир – деп,
Кайгырып айтып канча кеп,
Манасты олжо кылууну,
Марытпай тобун кырууну
Макул көрүп жыйылдык,
Жыйылбай жылас болсокчу,
Үйдү көрбөй кырылдык.
Көргөнсүңөр көзүңөр,
Көрбөгөнүң бар болсо,
Уга жүргөн сөзүңөр.
Кырк чоросу кырк жерден
Кыдырып келген кул болсо,
Кылган иши бул болсо,
Кылымда мындай болобу,
Кыраан Манас канкорго
Кылапат айткан оңобу?!
Ар чоросу ар жерден
Азып келген кул болсо,
Аттуу, жөөлүү чубашып,
Басып келген кул болсо,
Алдасына бир катар
Жарып келген кул болсо,
Ачкасынан чыдабай,
Татырандын тамырын
Казып келген кул болсо,
Азыркы күндө карасаң,
Азар түмөн кол консо,
Аш ичкенче болбосо.
Арстан Манас жолборско,
Алган экен дүйнөнү,
Ааламда мындай болобу[1],
Арстан Манас баатырга
Арамдык кылган оңобу?!
Арбак аткан алты кан,
Алын билбей тантыган,
Артык саз не сүйлөдү,
Көргөнсүңөр көзүңөр,
Көрбөсөң да көй төрө
Көптөн уккан сөзүңөр.
Жалгыз аяк, куу таяк,
Жакыр келген кулдары,
Жакшылыктуу дин билбей,
Капыр келген кулдары,
Кара курттай кол консо
Кайышпас экен булары,
Кара башыл адамдан
Кайраттуу мындай тубарбы?!
Бу сөздү айтып буркурап,
Баштан аяк чуркурап,
Казан асып, кар салып,
Катын алып, үй тигип,
Атка минип эрбейип,
Найза кармап сербейип,
Эркекпиз – деп, дердейип,
Манаска кантип теңелдик,
Теңелебиз экен – деп,
Купкурулай тепендеп,
Теңирим айдап не келдик!
Карап туруп аңдабай,
Мындайын кайдан биз билдик!
Кырк чоросу кырк жерден
Кыдырып келген кул болсо,
Кыраан эрге таянып,
Кылган иши бул болсо.
Кылымда мындай болобу,
Кызыталак ногой уулуга
Кылапат айткан оңобу!
Көргөнсүңөр көзүңөр,
Көпкө маалим сөзүңөр,
Жалгыз аяк, куу таяк
Жакыр келген кулдары
Жайнаган аскер кол түшсө
Жалгыз жанча көрүшүп,
Шашпайт экен булары.
Эрегишип эрсинип,

[1] Ушул ыр сабынан тартып үч сап ыр барактын четиндеги ачыкка удаалаштыра кыйгач жазылган. Сыя, кол тамга башка тексттерге окшош. Кыясы, катчы үлгүрбөй калып, өз учурунда тактоо киргизсе керек.

Биздин бектерди кудай урарбы?
Бендеден да ушундай
Белдүүлөрдү тубарбы?!
Айткан сөзү бу болду,
Арылбаган дуу болду,
Баштан аяк баарысы
Басылбаган чуу болду.
Аскер конуп болгон соң,
Кара кыргыз уругу
Кара курттай толгон соң
Эми Манас кеп айтат,
Ажыбай менен Алмамбет
Айтам жарлык билиңер,
Жарагың белиңе илиңер,
Жаңы келген аскерге
Аралап азыр кириңер.
Минтип жаткан көпчүлүк,
Миңин кайдан кубамын,
Бириндеп кимге турамын
Бирөөнөн жооп сурайын,
Санын кайдан кубамын,
Сенделип кимге турамын,
Жалгыздан жообун угамын,
Калкты бүтүн билерди,
Кан көтөр – деп, бир эрди,
Кабылан Манас баатыры
Эки жайсаң жиберди.
Биринин аты – Ажыбай,
Биринин аты – Алмамбет,
Бири минген Карала ат,
Бири минген Сарала ат,
Туягын жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып,
Чарайнасы даңгырап,
Доолбасы каңгырап,
Туулгасы шыңгырап,
Үстүнө темир кийинип,
Үстүртөдөн колдо – деп,
Кудуретке сыйынып,
Каар менен азабы
Жүздөрүнөн куюлуп,
Муруту шаптай бурулуп,
Ажыбай менен Алмамбет
Аралап кирди көп колго,
Айгай салды оң-солго:
Казатка башың байла – деп,
Каныңарды шайла – деп,
Канкор бизди жиберди,
Калкты бүтүн билерди,
Кан көтөр – деп, бир эрди.
Камдансын – деди – силерди.
Ажыбай менен Алмамбет
Айтып кабар салганда,
Аралап кирип барганда
Алиги эки баатырды
Тааныгандар бар экен,
Көбүн көрсөң кай кашка
Тааныбай турган жан экен.
Бир-биринен кеп сурап,
Билчү белең акетай,
Манас деген балакет
Мына бул келген экөөнүн
Кайсынысы? – деп, сурап.
Таңыркады тал түштө,
Айран болду бул ишке.
Тааныгандар кеп айтат,
Такылдайт элең жериңде,
Тантыбагын – деп, айтат.
Манас деген бул эмес,
Манас деген бадирек
Азыр жүргөн адамга
Өлчөө кылар кул эмес.
Бири келген Кайбардан,
Билими артык далайдан.
Бири келген Каңгайдан,
Илими артык далайдан.
Биринин аты – Алмамбет,
Биринин аты – Ажыбай.
Билалбай турган болгон соң
Тим жүрсөңчү алжыбай.
Билимдүүсү муну айтып,
Билбегенин муңайтып.

Ажыбай менен Алмамбет
Аралап жүрүп карчады,
Айтып жүрүп чарчады.
Канчалык айтса укпады,
Кош-кошуна ыктады,
Канча түмөн аскерден
Кандыкка киши чыкпады.
Ажыбай менен Алмамбет
Кан көтөр – деп, айтканы,
Калкынан киши түк болбой,
Кеч киргизип кайтканы,
Көргөн, уккан сөздөрүн
Көк жал Манас баатырга
Түндө барып айтканы.
Калайыктан кан чыкпай,
Кан болууга жан чыкпай,
Кандай адам кан болот,
Кан боломун деген жан
Калбай тири нан болот,
Бендеден кантип бек болот,
Бек боломун деген жан
Беш күнү кантип токтолот.
Бери бакпай жок болот.
Жаңы келген коногуң
Баштан аяк чуу болду,
Басылбаган дуу болду,
Акылмандын баарынын
Ичкен ашы уу болду.
Ал күнү аскер жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр,
Кабылан Манас баатыры
Кайраты толуп акыры,
Чогулуш айтты журтуна,
Чоң мечиттин* бурчуна,
Калайыгын карк кылып,
Канча катар сап кылып,
Окуп намаз болгону,
Алакан жазып кол ачып,
Бата кылып койгону.
Төрт бурчуна мечиттин
Төөмылтык атты күркүрөп,
Төгүлө чыгып көп алач[1]
Атка минди дүркүрөп,
Эшикти көздөй бет алып,
Эр Манас жүрүп калыптыр.
Жети мыршап жетелеп,
Желмаяндай Айбанбоз
Туура тартып алыптыр.
Арстан Манас баатыры
Айбанбоз минип акыры,
Бадышалык салтанат
Бар сөөлөтүн салмакка,
Кандарга каршы бармакка
Доол кагып ийгени,
Жолго терең киргени.
Астында бар жыйырмасы –
Аңдыс мерген жыласы,
Ата турган баштанып,
Мылтыктын баары октолуп,
Милтенин баары чоктолуп,
Мүрүгө кундак токтолуп,
Аркасында жыйырмасы –
Алеңгир жаа, сыр жебе
Жазбай аткан жыласы,
Оройпо огун чалышып,
Керип жаасын алышып,
Кескеришип калышып,
Оң жагында жыйырмасы –
Ойротту бузган жыласы,
Көктү, жердин арасын
Көз айныган чаң кылып,
Көргөндөрдү таң кылып,
Кылычты кызыл кан кылып,
Кылычтарын кескерип,
Кыйрын бузбай бастырып,
Сол жагында жыйырмасы –

---

[1] *алач.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстү жагына ошол эле карандаш менен «кыргыз» деген сөз жазылган.

Жоо бөрүсү жыласы,
Айбалта колго алышып,
Айбатын суук салышып,
Аркасынан караса.
Кыйгактуу найза, көк түпөк
Кыркы келет сундуруп,
Кыйгыйы кулак тундуруп.
Асты жагын караса,
Алты жасоол жол баштап,
Ортосунда чоң Кула ат
Онжоңдотуп жетелеп,
Он эки жайсаң бош коштоп,
Жети желдет желдирип,
Жол ачкын – деп, бош-боштоп.
Алтын жака күрөөкө
Аркасына бөктөрүп,
Найза бою алтын так
Арасында жаркылдап,
Алтымыш жайсаң көтөрүп,
Калбанын кара оюнан,
Кайнарлуу суунун боюнан
Төрт миң кулан айдатып,
Төгөрөктөтүп ойнотуп,
Жетимиш кулач ажыдаар,
Бул өнөрү дагы бар,
Жети жерден чынжырлап,
Жетимиш жерден кишендеп
Ажыдаарын сойлотуп,
Азуулуу арстан жолборстон
Алты жолборс байлатып,
Арып менен үстүнө
Алп кара куш айлантып,
Токой көчкөн эмедей,
Тоо жыгылган немедей
Доол согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Толкундуу көлдөй шарданып,
Айбатын көргөн адамдар
Алыстан карап жарданып,
Аралап кирди конокко,
Коногу калды домокко.
Кечээги келген коногун,
Коноктун көргүн домогун,
Кудай уруп салды – деп,
Кара дажаал дегенди
Көйкапка кетти дечү эле,
Калп айтыптыр молдобуз,
Бу жерден чыгып калды – деп,
Жаман айтып сүйлөшүп,
Уктап жаткан жолдошун
Уруп кеткир тургун – деп,
Жакадан тартып сүйрөшүп,
Элире качып тобунан
Шашып жүргөн андан көп.
Майга тоюп магдырап,
Чайга тоюп чалкалап,
Этке тоюп элдиреп,
Ээ, бир жакшы жайга келдик – деп,
Жатпады беле колуңуз,
Шашкандан болсун жолуңуз.
Алиги жаткан аскердин,
Астын-үстүн көп элдин
Орто жери ачылып,
Ээр-токум, басмайыл
Элдин ордунда калды чачылып,
Ыштаны менен олоңду,
Алалбай калып олорду,
Ээси качып жоголду.
Аралап келип аскердин
Ортосунда турганы,
Бадышалык көк доол
Тарс дедире урганы,
Доол соккон жерине
Алты кулач алтын так
Алып келип курганы.
Куландар, кайып кийиги,
Алиги курган алтын так
Алты кулач бийиги,
Арстан эр акыл ойлоду,
Алиги курган тактаны
Ажыдаар курчап сойлоду.
Алты бурчка карасаң,

Алты жолборс байлады,
Азууларын кайрады,
Арстандардын баарынын
Айнектей көзү жайнады.
Аларды курчап сыртынан
Себилдүүсү сексен төрт
Серп салган жагы кызыл өрт,
Көлүктүн бели ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Чарайна, соот, кыягы,
Чамынган арстан сыягы,
Бадана, соот тондорун
Баса кийип үстүнө,
Манаска салып жондорун,
Аңдаганга тамаша,
Ат соорусун-аркасын
Баары салып Манаска,
Милтелери чоктолуп,
Мылтыктары октолуп,
Бетине кундак токтолуп,
Курчап алар калганы,
Алардын асты жагына
Айдап келип куланды,
Койдой жайып өрүтүп,
Коё берип буларды,
Анын арка жагынан
Ок, саадакты кездеген,
Ушу жерден көрөбүз,
Он жүз миң орчун уланды.
Сексен төрт турган чорого,
Атышуучу эмедей,
Ок сундуруп олорго,
Алты курчап алыптыр,
Айкөл Манас баатыры
Арасында калыптыр.
Сандыргалуу бадыша
Алда нече катардын
Ортодо калган жери ошо.
Бакайды алып кашына,
Чыкты тактын башына
Кабылан Манас бадыша.
Каар тагын миниптир,
Казат таажын кийиптир,
Өкүмдү төрө өзү айтат,
Карап туруп көз айтат,
Калкына маалим сөз айтат:
«Жанагы кандар кайда? – деп,
Кандарды бери айда – деп,
Кандарды бери айдап кел,
Келбегенин байлап кел,
Кежирлик кылып тартынса,
Келдесин кесип, жайлап кел!»
Бу сөздү айтып эр Манас
Мыршаптан буйруп ийгени.
Бөрк ал десе, баш кескен
Мырдарлар атка мингени.
Салды заман акырды,
Каар төгүп бакырды,
Улуксуган кандарды
Ушундан барган желдеттер
Аттан түшпөй чакырды.
Бири убазир, бири кан,
Азапка калган он төрт жан
Айдап алып дүргүтүп,
Койдой кылып үркүтүп,
Коркокторун мүргүтүп,
Алып жетип келгени,
Алты катар курчаган
Арстан Манас элдери.
Жарагы бойдо калың кол,
Ортосу ачык көчө жол.
Чубуруп кандар киргени,
Чукул жерден көргөнү,
Бет алдында сексен төрт,
Милтелери кызыл чок,
Бизди атабы, кокуй – деп,
Кылчайып артын караса,
Кежигелеп туруптур
Керилип турган саадак ок.
Алиги кирген эшик жок,
Кайра чыгар тешик жок.
Камоодо калып турганы,

Бир ышкырык чыкканда
Куланды кудай урганы,
Бакырлары* бакырып,
Көдүктөрү* акырып,
Балалары секирип,
Кулактарын жапырып,
Тозоңун тоодой сапырып,
Ары кетти дүргүшүп,
Аркы-терки үркүшүп,
Бери кетти дүргүшүп,
Бет-бетинен үркүшүп.
Калбаны катуу баштады,
Астыңкы катар кандарды
Тепсеп кете таштады.
Кандар жаман шашканы,
Арасында кандардын
Ата уулу арстан зардалдын
Тааныгандар бар экен,
Куланды мурун көрбөгөн,
Далайы билбес жан экен.
Бул немене, бул эшек,
Баары окшошкон куу эшек,
Баары семиз кур эшек,
Баары окшошкон сур эшек.
Санатын билбей эсептеп,
Коркуп көзү чекчектеп,
Өлтүрөт экен тепсеп – деп,
Эшек эмес, кулан – деп,
Эмдигиче куланды
Көрөлек белең, урган – деп,
Баашалыкка бактырган,
Салтанат үчүн турган – деп,
Жамандык болбос мындан – деп.
Чаңга калып адашып,
Бирин бири кармашып,
Кутурган кандар жок болуп,
Кучакташып токтолуп,
Камалып кандар турганы,
Капкара чаң бурады.
Бир убакта караса,
Мылтыктын үнү тарс этти,
Куландар жуушап жалп этти.
Куландын баары жуушады,
Төрт аягы узарды,
Моюндары жалпайып,
Курсактары дампайып,
Кулан жуушап калганы,
Бир убакта артынан
Чылмардан согуп салганы.
Кара кыргыз калкынан,
Карап турган канча жан,
Депкир* айтып калганы.
Айбанаттар бышкырып,
Так түбүндөгү ажыдаар
Сойлоп чыкты ышкырып.
Жетимиш эки бүгүлүп,
Тактага карай жүгүнүп,
Кандарга көзү тигилип,
Ажыдаар сойлоду,
Ал жердеги кандарың
Жеди го – деп, ойлоду.
Заар чачып зыркырап,
Оозун ачып аркырап,
Казандай көзү жаркырап,
Ажыдаар сойлоп жеткени,
Анык жутат экен – деп,
Кандардын шайы кеткени.
Аркасынан анын да
Алло акбар! – деген сөз
Азандын үнүн укканы,
Кайра сойлоп ажыдаар
Тактага башын тыкканы.
Аркасынаң дап* какты,
Дап доошун укканы,
Алты жолборс чубашып,
Алты жерден чыкканы.
Куйруктары чубалып,
Кундактай бели буралып,
Алакандай көздөрү,
Азыр алып салчудай
Айбатын салып өздөрү,
Кандарды кыя карашып,

Кабыландар марашып,
Кандардын көзү жалдырап,
Кайраты кетип шалдырап.
«Бул немене дөбөт? – деп,
Бир тиштеген өлөт – деп,
Акыры кудай салганга
Адам уулу көнөт! – деп.
Таанығандар кеп айтып,
Тантыбагын – деп, айтып,
Дөбөт эмес, жолборс – деп,
Мындан да залал болбос – деп,
Кандар сүйлөп калганы,
Аркасынан жана да
Доол кагып салганы.
Жолборстор тутту буйругун,
Чатына тыгып куйругун,
Барып жатты жайына,
Байкап турган кандардын
Балакет болду баарына.
Баатыр бүгүн чыгыптыр
Бадышалык тагына.
Аңдап көрсөң баатырдын
Адам түрү жоголуп,
Арстан сынын салыптыр,
Алтындаган тактага
Азыр чыгып калыптыр.
Астыңкы эрди албайып,
Үстүнкү эрди калбайып,
Кандалчынын кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Көзүнөн чыккан ызгаары
Көөрүктүү оттун жалындай.
Карарганы түн болуп,
Бүркөлгөнү күн болуп,
Бетиндеги чырымтал,
Бери болсо бейбактын,
Беш байпактык жүн болуп.
Калктын баары токтолду,
Бир үн дебей дүм болуп.

## *Бешинчи*

## КАНДАРДЫ ЖЫЙЫП АЛЫП, ТАК ҮСТҮНДӨ МАНАСТЫН АЙТКАН СӨЗҮ

«Кандар сизге жол болсун,
Катылба десем болбойсуң,
Ар качандан бир качан
Камаганың койбойсуң.
Бектер сага жол болсун,
Тим жүр десем болбойсуң,
Ар качандан бир качан.
Тийишкениң койбойсуң,
Кандай акыл ойлойсуң,
Кай түрлүү оюн ойнойсуң,
Каар кылсам, кандарым,
Капылет өлүп сойлойсуң!
Атым Манас болгону,
Арбагым башка конгону
Албай жоону койбодум,
Ичип канга тойбодум,
Ойдон алдым Ооганды,
Оңойсунтуп катылып,
Оңур кайсы жоо калды,
Оболку жери Тундура,
Орус качан соо калды[1],

[1] Ушул жана жогорку ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелип, кара сыя менен чийилген. Капталына кара сыя менен суроо белгиси коюлган. Андай иштер бир нече адам тарабынан иштелгени күмөнсүз, бирок ал адамдардын аты-жөнү белгисиз. Тексттерге Ы. Абдыракманов – катчы да редакциялоо, оңдоо максаттарында кийлигишчү эле. Бул жерде ал адам эмес өңдөнөт. Анткени Ы. Абдыракманов, адатта, сызган сөзүнүн ордуна башка сөз жазып, же айрым сөздөрдү алмаштырчу. Бул жерде ыр саптары жөн эле сызылып салынган.

Кыйба менен кыйрашып,
Кызматка алдым Ооганды,
Кыйынсынып катылып,
Кытай кайда соо калды.
Бастан алдым баранды,
Айланып өттүм аралды,
Атпай жөөт, тарсага
Аябай салдым каранды,
Ойдон алдым калчаны,
Ойрон кылдым канчаны,
Озунган душман кол салып,
Ушу күндө биздерге
Ок атуудан чарчады.
Кара-Шаар, Камбылды,
Кара кыргыз уругун
Кадыр Алдам жам кылды,
Кара кытай калкынын
Өлгөнүн эче сан кылды.
Маңгул менен Каңгайды,
Басып алдым далайды,
Буртабаңдын кытайы
Эси чыгып элейип,
Эки көзү алайды.
Жанарда бар Жаңша тоо,
Жапан да калбай бизден соо.
Баста жатыр Бакбурчун,
Байкаймын кытай баш журтун.
Чынмачын менен Каканды,
Жыйылып мынча келген соң
Чыгарыңар капамды,
Чыңалып келген кандарым
Чын сырымды айтамбы.
Жолдошсуз алдым аларды,
Кудай билет бүгүндө
Жоо болгон аман каларды.
Карасыз алдым аларды,
Алда билер бу күндө
Катылган аман каларды.
Кандар силер билиңер
Кай жакка уруш саларды.
Ат жетер жерде жоо калбай,
Ар тарапка челиштик,
Атышкан душман соо калбай.
Мал жетер жерде жоо калбай,
Басташкан душман соо калбай,
Байкап өлчөп карасам,
Бара электен ким калды
Маңгу, Саяң, Каканда
Бакбурчун журту тим калды.
Аккула ат изи жете элек,
Ак болот мизи кесе элек,
Ак найза учу теше элек,
Ак келте огу тие элек,
Ажалдуусу окко учуп,
Өлүмдүн тонун кие элек
Өмөлүп душман кире элек,
Ала элек жоодон ким калды
Анжы, Манжы, Таңышаң
Ант урган кытай тим калды.
Барыңарга зп болсо,
Баатырың айткан кеп болсо,
Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда,
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Жоо дегенде шайланган,
Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке кандын кенжеси,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Казат кылсак канетет?
Калк жыйылып, топ келдиң,
Мазаат* кылсак канетет.
Карып жанды тозоктон
Азат кылсак канетет,
Түп Бээжинде кытайга
Казат кылсак канетет,
Дүркүрөгөн тозоктон
Түйүн кара жаныңды
Азат кылсак канетет.
Бээжиндеги кытайга
Казат кылсак канетет,

Бейпай кара жаныңды
Мелтиреген мээнеттен
Азат кылсак канетет.
Кайнап жаткан Каканга
Барып казат кылалы,
Капкараңгы тозоктон
Жаныңды азат кылалы!
Кел, Бээжинге баралы,
Өлүп калсак капырдан
Бейиштен талап алалы!
Учмакты көздөп учарсың,
Урушуп өлсөң кытайдан
Нурдун кызын кучарсың.
Калкым, уккун бир мазаат,
Капырга кылып бир казат,
Кыргызга кызык чоң жумуш,
Кытайга салып чоң уруш,
Кайнап жаткан кытайга
Барып калса канетет,
Карып, жетим, тул катын
Байып калса канетет.
Жатып калган жамбысын
Ачып алсак канетет,
Жараганча баргандар
Алтын алса канетет,
Бой-бойдоктун баарысы
Моймолжутуп кытайдан
Катын алса канетет.
Кожодон кабар келгенде,
Кошуун жүрсүн дегенде,
Туу көтөргөн кан болуп,
Душманга уруш салбаса,
Тутушкан жоосун албаса,
Алда салган карыз үчүн,
Байгамбар айткан парыз үчүн,
Уламанын дарсы үчүн
Аттанып аскер чыкпаса,
Алы келсе капырдын
Атышып, туусун жыкпаса
Карзы кетер оюна,
Парзы кетер мойнуна,
Баатырлар тийдиң колума,
Коесуңбу оюма,
Киресиңби жолума?
Бээжин барып өлсөңөр,
Мен калганым сообуңа.
Азыркы турган кандарым
Ашыкмын айтар жообуңа.
Барасыңбы, жокпу? – деп,
Бат айтыңар жоопту» – деп,
Бакбурчун барып өлсөңөр,
Батыра таптың соопту – деп,
Баатырың айтып турду эми,
Коркkондон кандар кожурап,
Коёндой көзү жоодурап,
Куру кайрат баш айрат,
Барбайбыз десек бекер – деп,
Алды-артыбыз бирдей ок,
Кутуларга жериң жок,
Куру кайрат бекер – деп,
Ажал азыр жетер – деп,
Баарыбыздын башыбыз
Карыш кадам баса албай,
Ыргып, ыргып кетер – деп,
Эси чыгып кандары,
Элейишип калганы,
Нени айтарын биле албай,
Селейишип калганы.
Канкор кандай иш кылса,
Кошо кылып салганы[1].
Барбайбыз – деп, айта албай,
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
Оң колун алып обого,
Оездору келди тобого,
Камоого кандар калганы,
Каарына баатыр алганы,

[1] Ушул ыр сабынан кийин эки сап ыр такыр өчүрүлгөн. Сызып салынуу түрүндө эмес, курч бычак, же макинин учу менен жазуулар кырылып салынгандыктан такыр из калган эмес. Контекстке карап эмнелер жазылганын божомолдоого болбойт, анткени окуяда, ойдо үзүлүү жок.

Кайда барсаң турдук – деп,
Кандар айгай салганы.
Каарданган канкоруң[1]
Кайра ырайга жанганы.
Андай болсо келгин – деп,
Келе мөөр бергин – деп,
Катчыга катын жаздырды,
Жыйып алып кандардын
Жыгалуу* мөөрүн бастырды
Чоң дептерге тапшырды.
Ошо жерде кеп айтат,
«Ой, кандарым – деп, айтат,
Мындан кийин айныштьı
Кой кандарым – деп, айтат.
Барабыз – деп, окустан,
Мына шу жерде айтканың,
Бара түшүп ортодон
Айныдым – деп, кайтканың,
Айныдым деген кеп уксам,
Мойнума минер шайтаным,
Бээжинди не үчүн көрөрмүн,
Айнып кайткан ким болсо,
Аркасынан жөнөөрмүн,
Ажал берсе кудайым
Бирим калбай жудайын
Атышып жатып өлөрмүн.
Алым келсе бир жолу
Азык кылып таптаза,
Талап алып жөнөөрмүн.
Азыр турган кандарым,
Бирак менин айтарым,
Айнып, көргүн өнөрүм!»
Арстан Манас баатыры
Ал сөздү айтып турду эми.
Айныбайбыз, баатыр! – деп,
Кандар моюн сунду эми.
Кана, каныңарды каала – деп,
Кан болгонго кай бирөөң
Эт жүрөгүң баала – деп,
Баланча жан болду – деп,
Баян кылгын мага – деп,
Баатырың турду тагында,
Кандар келип астына,
Карап турган чагында,
Үлкөн Манас тагында,
Улуктардын баарысы
Урмат кылган чагында
Кан болгун – деп, камады,
Карап турган кандардын
Кайраты бойдо калбады.
Кандардан доош жок болуп,
Камоодо турду токтолуп.
Үч кайтара сурады,
Үлкөн жыйын турганы,
Үндөй албай бир адам,
Үшкүрүп кандар курганы.
Кан кайышып калганы,
Каныңарды каала – деп,
Кан болгонго кай бирөөң
Эт жүрөгүң баала – деп,
Канкор сүйлөп салганы.
Кылымдын баары токтолуп,
Кыңк эткен бенде жок болуп,
Элдин шайы кеткени,
Камалганы кандардын
Эт бышымга жеткени.
Чыдай албай чыйрак эр,
Бир арышка кемеңгер,
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Бендеден сөзүн тайбаган,
Таздын уул эр Үрбү

[1] Ушул жана кийинки сап ыр эки колонка ыр саптарынын арасындагы ачыкка кыйгач жазылган. Орду шарттуу белги менен көрсөтүлгөн. Кол тамга катчынын өзүнүкү, тексттер да башка саптар сыяктуу эле кара сыя менен жазылган. Контекст боюнча саптардагы маани жалпы нукка каршы келбейт.

Ордунан туруп кеп айтат,
«Ой, султаным – деп, айтат.
Эми айтайын чынымды,
Эл билбеген сырымды,
Маанайым жок, бас элем,
Башым жаман таз элем,
Айылым жок, аз элем,
Өз тууганыма кас элем.
Кан болгон соң кампайып,
Карааным чыгып заңкайып,
Жигитти кайдан табамын,
Сакалым менен сарбаңдап,
Кайсы колго чабамын,
Арбын колду башкараар
Аскерди кайдан табамын,
Азабын тартып көпчүлүк,
Кай бирөөнө чабамын».
Аны уккан соң калайык,
Чынын айтты акыр – деп,
Сырын айтты такыр – деп,
Калайык антип токтолду,
Андан кийин кандардан
Кеп айтары жок болду.
Элдин шайы кеткенде,
Антип-минтип арасы
Аш кайнамга жеткенде:
«Канчалык айтсам укпадың,
Камалдың баарың ыкталдың,
Кандыкка киши чыкпадың.
Аскер ээси зардалым,
Амандык болсо жандарың,
Армаңың ичте калбагын.
Өкүмөттөн корксоңор
Өзүм да бирди камдадым,
Капилетке калбадым,
Кара кыргыз журтунан,
Кара ногой нуркунан
Касиетин тандадым.
Бектер сага эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуп чыкса акжолтой,
Жоого тийсе сан колдой,
Айтышканда сырдашым,
Наалышканда муңдашым,
Коштогону Коёнбоз,
Төшөнгөнү баяндос,
Жоо тепсесе ойгонбос,
Качырса жоого шаңдуу кул,
Кармаганы кандуу кул,
Урунганы жамбы бул
Аксакал Бакай абамды,
Калк агасы бабаңды
Кан көтөрсөк канетет,
Калайыкка маалымдап,
Даң көтөрсөк канетет?
Эби келсе баарыңа
Өкүмөт берип карыңа,
Көтөрсөңөр кантет?» – деп,
Көк жалың айтты мындай кеп,
Колдун баары кубанып,
Коркоктун көбү кубарып,
Макул айтты төрөбүз,
Касиеттүү Бакайды
Канга ылайык көрөбүз.
Бизди бол десе өлөбүз,
Бир сураса Бакайга,
Миң мартаба беребиз!
Ал сөздү айтып көпчүлүк,
Айгайды бийик салганы,
Аксакалдуу абаңды
Карып калган чагында
Көңүлүн бир көтөрүп алганы.
Бу сөздү макул көрдүк – деп,
Буйрук айтса көндүк – деп,
Бул аскердин өкүмүн
Эр Бакайга бердик – деп
Таруудай тарлык жок болду,
Бакайга кандык токтолду,
Андай болсо келиңер,
Келе мөөр бериңер,

Катчыга катын жаздырып,
Жыйып алып кандардын
Жыгалуу мөөрүн бастырып,
Эр Бакайга тапшырып,
Эми Манас кеп айтат,
«Ээ, калайык! – деп, айтат,
Өкүмүм экөө болор – деп,
Өзүм барда ойлобо,
Өлгөнчө мага ойнобо,
Жарлыгым жалган болот – деп,
Жаным барда ойлобо,
Жатканча мага ойнобо.
Алган болсоң Бээжинден
Абам Бакай мөөсүлү*,
Эр башына төлөйсүң,
Жетелеп келип кол менен,
Жеткирип берип жөнөйсүң,
Кара куйрук нар болсун,
Албай калсаң Бээжинден
Кайтып үйгө келгенде
Катаа дебей камдалуу
Бир-бир төөңөр бар болсун.
Ал төөнү таппаса,
Төрө Бакай мөөсүлү
Төрттөн бодо мал болсун,
Төрт кесимди бербесең,
Төрөнүн сөзү дебесең,
Көрбөгөндү көрөрсүң,
Өкүмөттөн өлөрсүң,
Үйүңдө жалгыз балаңды
Мөөсүлүнө төлөөрсүң,
Аягын айтып коёюн
Башыңды берип жөнөөрсүң.
Баш булгаймын дегениң
Басырыгым көрөрсүң,
Мааланьдан калбай өлөрсүң!»
Бу сөздү айтып салды эле,
Муңайып журту калды эле,
Айтканын угуп алсырап,
Найза тийбей кансырап,
Аттигине дүнүйө!
Арбыды мээнет күнүгө!
Айткан Манас бу сөздү,
Адам уккус куу сөздү,
Бул немене кордугу,
Минтип кылган зордугу,
Бул немене мазагы,
Минтип кылган азабы.
Алып калсак нар бердик,
Албай калсак үйдөгү
Жалгыз төөнү да бердик,
Төө таппаган[1] кедейлер
Төөсүнө өлчөп мал бердик.
Малы бардын баарысы
Малын берип кутулду,
Малы жоктун баарысы
Баласын берип кутулду,
Баласы жок, малы жок,
Эсерлер жүрөт ушунда,
Өзүнүн башы тутулду.
Кан өкүмү шол болду,
Катыны жесир – тул болду,
Кайтарбайт экен кашайтып,
Казатка келип мыктуусуп,
Как өзүнүн ким болсо,
Кара башы кул болду.
Бу сөздү айтып буркурап,
Баштан аяк чуркурап,
Калайык карап турду эле,
Басылсын – деп, көпчүлүк
Баашалык доол урду эле.
«Мен Манас деген баатыр – деп,
Бээжин бекер жатыр – деп,
Чакырдымбы баарыңды,
Канча ыйласаң, анча ыйла,
Айт кудайга зарыңды.

[1] *тапкан.* Сөз кара сыя менен сызылып, үстү жагына «таппаган» делип оңдолгон. Оңдоо туура.

Ак кылбасын каарды,
Азамат ачар баарды,
Акыр түбү көрөрсүң
Анжы, Манжы, Таңышаң,
Айтылуу Бээжин шаарды.
Казаттан калбай тартынып,
Талап кылып талпынып,
Атка минип Алда – деп,
Арыбактар колдо – деп,
Жүргөн журтум барсыңбы?
Артык доорон атtанып,
Сүргөн журтум барсыңбы?
Чүйдүн кургак аралын
Көргөн журтум барсыңбы?
Өкүмүнө баашанын
Көнгөн журтум барсыңбы?
Кордой менен кол салып,
Көл-Камышка жол салып.
Ашкан журтум барсыңбы?
Ары багыт кең Иле
Түшкөн журтум барсыңбы?
Чыңыроо тартып жез найдан,
Чыбыраган кең сайдан,
Сурнай тартып жез найдан,
Суу жүрбөгөн кең сайдан
Жүргөн журтум барсыңбы?
Өткөрмөлүү, Даркандан,
Өгүз-Кечүү, Калкандан
Өткөн журтум барсыңбы?
Өз талабың нээтиңе
Жеткен журтум барсыңбы?
Жүгүрүктүн Жүгөн-Таш
Жүйүрмөнүн Кара-Саз,
Баскан журтум барсыңбы?
Жүлүндүн Сары-Кыядан
Атышар жоого беттешип,
Шашкан журтум барсыңбы?
Тарбагатай башынан
Ашкан журтум барсыңбы?
Ары жагы Шалпылдак,
Аскер менен шалкылдап.
Аягүздө Чук-Терек,
Эгиз-Кара-Былкылдак,
Эгизектин Кара-Саз,
Эртыштын башы Буурул-Түн
Муну көргөн барсыңбы?
Алтай тоодон айланып
Өткөн журтум барсыңбы?
Айын өлчөп жол жүрүп,
Көчкөн журтум барсыңбы?
Дарыя Эртыш суусунан
Кечкен журтум барсыңбы?
Акка кылып тобокел
Кеткен журтум барсыңбы?
Алаткактын жайына
Жеткен журтум барсыңбы?
Кесендисин* кыйратып,
Кетте черүү жыйналтып,
Өлчөөсүн көрүп жеринин,
Өнөрмат жабай элинин,
Алып өтүп олжосун,
Ай жармына жол жүрүп,
Эртыш, Оргун ортосун,
Шакшактын ою шамалкөй,
Кара калмак амалкөй
Карасынан лөк алып,
Кара малдан көп алып,
Капыр жоодон кек алып,
Кызыл чайын, ак нанын
Кызматына жеп алып,
Кеткен журтум барсыңбы?
Оркундун улуу суусунан
Кышын өлчөп көз менен
Кечкен журтум барсыңбы?
Тоо түгөнүп, уч болуп,
Жол түгөнүп түз болуп,
Суу түгөнүп, чөл болуп,
Тоо түгөнүп, бел болуп,
Бенденин башы тел болуп,
Томуктай болгон тоо көрбөй,
Тоо көрсө да соо көрбөй,
Убара, Чаркоо, чыңыроон

Ошону көргөн барсыңбы?
Жалгыз канат өгөрөк*
Кушун көргөн барсыңбы?
Киши кийик*, төө кийик*
Жапайы көргөн барсыңбы?
Катын аюу*, алаткак
Кара боюн чүмүгөн,
Саамайын көргөн барсыңбы?
Кашыктай болгон кар көрбөй
Чөлдө жүргөн барсыңбы?
Кайык минип, кеме айдап,
Көлдө жүргөн барсыңбы?
Эңсеримдин боз чөлгө,
Тирүүлөй кирип бир көргө,
Түштүк жагын бет алып,
Түп-Бээжинди нээтке алып,
Адамдын тийип таманы,
Айбандын тийип туягы,
Жерлерге окшоп сыягы,
Адыр-адыр жери бар,
Адырдын чөбү суюлуп,
Аркары кумдай куюлуп,
Аркары киши тааныбай,
Арыздуу адам наалыбай.
Будур-будур жерлери
Будурдун чөбү суюлуп,
Бугусу кумдай куюлуп,
Бугусу киши тааныбай
Муңдуу адам наалыбай.
Курбусунда кулжа бар,
Кайыптын баары мында бар,
Будурунда бугу бар,
Көрбөгөндүн муңу бар,
Муну айтамын угуңар.
Талаасында сары* бар,
Токоюнда чары* бар,
Жан бүткөндүн баары бар.
Кулан-булан ойногон,
Бөрү-түлкү жойлогон,
Кызыгын көргөн тойбогон,
Ала карга азандап,
Кара карга казандап,
Туйгун, тунжур балалаш,
Баласына каралаш,
Баарысы tууп аралаш,
Чымыны бар чымчыктай,
Чычканы бар күчүктөй,
Жекени бар желектей,
Камыштарын карасаң
Кере кучак челектей.
Өрдөгү учуп, көл толгон,
Өлүүсү чирип дөң болгон,
Өзү чыккан жапайы
Өрүгү чирип көң болгон.
Сары каз учуп, көл толгон,
Жапырак жатып дөң болгон,
Жаңгагы чирип көң болгон,
Жер кайыбы өм болгон,
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай,
Салтанаты ушундай.
Короолу бар короздой,
Жалган дүйнө жарыкта
Салышса мындан жер озбой,
Корозу бар тоодактай,
Ала канат деген куш
Чалгыны тарткан саздактай,
Таш бака деген немеси
Чарага кырган табактай.
Балтыркан бала белиндей,
Жез тумшук* жүрөт желбиреп,
Жаңы келген келиндей,
Алп кара куш* учканда
Канатынын күүсү бар
Кара белдин желиндей.
Кара бүркүт кушу бар,
Кадиксиз сонун ушу бар,
Канаты үйдүн үзүктөй,
Кармашары мамонут*,
Кас тамагы кериктен,
Тырмагы бар кылычтай,
Бил, керикти кармаса,

Бир да басып жылышпай
Азык болот өзүнө,
Анча-мынча жаныбар
Түк көрүнбөйт көзүнө.
Кара куйрук, жейрени
Картаң болгон аркардай,
Кайыпта болор ар кандай,
Сырасты деген жылан бар,
Аз болгондо кыскасы
Алты кулач аркандай,
Жер болор, журтум, ар кандай,
Кумурскасын карасаң
Куу ашык болгон тайгандай,
Бадалдагы элиги
Байдын коюн жайгандай
Акыр жалган дүйнөгө
Жан жаралган ар кандай.
Көгөөнү койдун башындай,
Алтын, күмүш кени бар
Агарган сайдын ташындай,
Кара барпы* дарысы
Сагасанын* ашындай,
Бөрүсүнүн чоңдугу
Алтайдын асый тайындай.
Жайында ысык, кышы суук,
Адамдын жүргөн жерине
Айчылык жүргөн жери жуук.
Жабыр баян жандар бар,
А а ык* жеген заңгар бар,
Адамга окшош бою бар,
Аңгемесин коюңар,
Алды-артында көзү бар,
Адамга окшош өзү бар,
Кай бирөөндө эки баш,
Тамагы анын сумбул таш,
Ташты нандай чайнаган,
Оттой көзү жайнаган,
Алыс басып жүгүрбөйт,
Аягын кудай байлаган,
Тиши болот, эти жез,
Анык ажал жеткен жан
Ага барып болот кез.
Муну көргөн барсыңбы?
Аңдап өтүп аларды,
Аралап өтүп бадалды,
Андагы бенде ылгабайт,
Арам менен адалды.
Шымал* жагы эскимус[1],
Күн батыш жагы тундура,
Күн жүрүш жагын Чиге – дейт,
Чаңшаңдын кара тоосу бар,
Анын журту бир түрлүү,
Жин, периден жоосу бар.
Арбын черүү кол менен,
Бээжинди беттеп жол менен
Жүргөн журтум барсыңбы?
Качырткынын кытайын
Кара-Шаар, Таңшаңга
Сүргөн журтум барсыңбы?
Арып менен байлаган,
Ага ылайык жай салган,
Аңдабай барган адамды
Арманда жутуп кайсаган,
Талугур деген жери бар,
Ак кулжа деген кийиги,
Талугур тоонун бийиги,
Ашырганың[2] барсыңбы?
Асылы жин, куу өрдөк
Алдыра албай кушуңа
Качырганың барсыңбы?

---

[1] Ушул саптан баштап алты сап ыр көк сыя менен тегеректелип, кара сыя менен сызылган, капталына чоң суроо белгиси коюлган. Сызылган саптар калыбына келтирилди.

[2] *качырганың.* Бул сөз кийинки саптарда бар. Сагымбайда бул түрдө уйкаштыкка түшкөн сөз жөн эле кайталанып айтылуу учурабайт. Кыясы, катчыдан жаңылыштык кеткен. Сөз кийикти бийик тоодон ашыруу жөнүндө бара жатат десек, бул жерде «ашырганың» деген сөз контекстке тагыраак туура келет.

Күн жүрүшкө бет алып,
Күдүрлөгөн бор менен,
Күрпүлдөгөн шор менен,
Шашкеликке бет алып,
Шараты деген жол менен
Жүргөн журтум барсыңбы?
Каспандын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда,
Кан Коңурбай калча бар,
Калкында[1] жылкы канча бар,
Коён өңдүү сурчасын,
Сырты сулуу туучасын
Коодон бузуп тартынбай,
Алган журтум барсыңбы?
Коркпой уруш Бээжинге
Салган журтум барсыңбы?
Качырын сайдан туйлатып,
Катын, кызын ыйлатып,
Капкалуу Бээжин таш коргон,
Каалгасын кыйратып,
Бузган журтум барсыңбы?
Кажылдатып кытайды
Кыскан журтум барсыңбы?
Майдан тартып турушуп,
Тосуп чыккан аскерин
Тоз-тоз кылып урушуп,
Көтөрүп күрсү салышып,
Көөдөнгө найза сайышып,
Көсөлдөр менен алышып,
Камбылдар менен чабышып,
Мылтыктын отун чагышып,
Өмөлүп кирип капырга,
Өлүгүн отко жагышып,
Аярлар амал салышып,
Арстандайын алышып,
Баатырлар минип каарына,
Баарын сүрүп шаарына,
Амалдап кылган ажыдаар,
Алтындан салган тили бар,
Түшүрүп алып колуңа,
Дүмөк кылып кытайга –
Түп-Бээжинде зоруна,
Калаасын жолборс кайтарган,
Душмандын көөнүн майтарган,
Көчөсүн тозгон көк бөрү,
Көрбөгөн адам өтпөдү,
Баары сүрөт, жан эмес,
Бакбурчун арзан шаар эмес.
Шер сүрөтү дагы бар,
Аскер болуп, жер жайнап,
Эсеп жетпей, курт кайнап,
Эл сүрөтү дагы бар.
Барган адам соо болбос,
Асты баткак, үстү суу,
Аңгемеси мына бу,
Айдың талаа түз болуп,
Жол сүрөтү дагы бар,
Жол – деп, кадам койгондо,
Кандай жандар болсо да,
Кайра чыкпас чагы бар.
Барса-келбес жолу бар,
Баары сүрөт колу бар,
Каалагандын баары бар,
Каңкуш аттуу шаары бар.
Кадам койсо тутанып,
Өрттөп кетме дары бар,
Өнөр менен жол туткан
Өкүмүнүн баары бар.
Аяк-башы алты айлык
Ажаапы* сепил, жары бар,
Андан кирсе шаарына
Адам айран калуучу
Аңгеменин баары бар.
Аралап көрүп шаарыны,
Андап билип баарыны,
Кыйып кытай жаныны,

[1] *Калкымда.* Кыясы, катчы ката кетирген. Контекстке тагыраак туура келген сөз – «калкында».

Кыжылдаган капырдын
Кысталып көрүп каарыны,
Көргөн журттан барсыңбы?
Өмүрү өтүп урушта
Көнгөн журтум барсыңбы?
Өчмөндүүсүн соо кылбай,
Көмгөн журтум барсыңбы?
Эзилбесин көөнүңөр,
Эр болгонуң көрдүңөр,
Эл бийлеген эриңер
Эртелеп жообун бериңер».
Эр Манас сурап турду эле
Баягыдан бешбетер
Элди кудай урду эле.
Аттиңе кокуй, катыгүн,
Ашкере түштү каран түн.
Атабыз уккан кеп эмес,
Адам көргөн жер эмес.
Энебиз уккан кеп эмес,
Эч ким билер жер эмес,
Ээчигенде нетебиз,
Эсен жүрсөк, ээ курдаш,
Ушул айткан жерине
Нече жылда жетебиз?!
Аттиңе дүйнө азаптуу,
Арманда өлгөн экенбиз!
Арбак урган кандар ай,
Алаптаган заңгар ай,
Казан асып, кар салып,
Катын алып, үй тигип,
Атка минип эрбейип,
Найза кармап сербейип,
Эркекпиз – деп, дердейип,
Манаска кантип теңелдик,
Теңелебиз буга – деп,
Теңирим айдап не келдик?
Мындайын кайдан биз билдик
Мыктуусунуп биз келдик,
Карап туруп дүнүйө,
Карыдан каргыш алдык ээ,
Кайра чыкпас капаска
Өзүбүз түшүп калдык ээ.
Баланы жетим кылдык ээ,
Байкуш жанды кыйдык ээ.
Катынды жесир кылдык ээ,
Калкка кесир кылдык ээ,
Кадырлуу жанды кыйдык ээ.
Манасты олжо кылмакты
Макул көрүп жыйылдык,
Жыйылбай жылас болсокчу,
Үйдү көрбөй кырылдык!
Айткан сөзү бу болду,
Арылбаган дуу болду,
Баштан аяк баарысы
Басылбаган чуу болду.
Башы Күлтөк, Кумулдан,
Аягы Күлсар, Урумдан
Ушунчалык мусулман[1],
Ойроттун баары кысылган.
Кара-Кум болуп түн жагы[2],
Катасты болуп күн жагы,
Башкарган Манас кыругуз[3] кан,
Баш койгон буга канча жан.
Баары текши мусулман
Көрбөгөн экен жалгыз жан,
Көрдүм деген жок болуп,
Көңкү журттун баарысы
Көлдөй жайнап токтолуп,
Элдин шайы кеткени,
Жалдырап жооп бере албай,
Жарым кунга жеткени.
Үлкөн жыйын турады,

---

[1] *Ушунчалык мусулман.* Ыр сабы кара, көк сыя менен улам-улам сызылган. Ушул ыр сабынан тартып алты сап көк сыя менен тегеректелген, бирок кимдир бирөө көк карандаш менен ал тегерек сызыкты чийип, саптарды мурдагы абалына келтириптир.

[2] *кыругуз.* Сөз кара карандаш, көк сыя менен сызылып, үстү жагына «кыргыз» делип жазылган. Сагымбайда кыргыздын түбү «кыругуз» делүү адаттагы көрүнүш.

Көргөнүң болсо чыккын – деп,
Көк жал Манас баатыры
Үч кайтара сурады.
Көрдүм деген жок болуп,
Көпчүлүктүн баарысы
Көлдөй жайнап токтолуп,
Бардым деген жок болуп,
Баары журту жалдырап,
Мактана албай токтолуп,
Баары журт карап турганы,
Бакбурчунда кытайга
Баруулга моюн сунганы.
Ошогуча болбоду,
Оён Алма көк жалың
Орунунан турганы.
Арстан эрдин доорунда
Кол куушуруп бооруна,
Карадан тууп, ак болгон,
Арамдан* тууп, пак* болгон,
Айрысын таштап, так болгон,
Ак ислам дин каалап[1],
Атасынан жат болгон.
Эгизин таштап, так болгон,
Эгем салып дилине[2],
Энесинен жат болгон,
Таштап Бээжин журттарын,
Талак* кылып буттарын,
Келме келген тилине[3],
Ыйман кирген дилине[4].
Ыклас берип баш койгон
Ак мусулман пирине*.
Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар бары ак*, дини ак,
Капырда калган алтын так.
Калаба салып кытайга,
Качып келген ошол чак.
Аркы атасы Чылаба,
Чылабадан Солобо,
Солобо уулу Соорондук,
Соорондуктун баласы,
Чоң Бээжинде калаасы,
Алтын айдар, чок белбоо*[5]
Алмамбетке кез келди,
Арстан Манас баатырга,
Сексен төрттүн ичинен,
Аттан түшүп тез келди.
Келген жерде кеп айтып,
Кеңеш баштап, бек айтып,
«Султаным, бадыша шикирам*,
Сураган жообуң мен берем.
Кашында бар кырк бөрүң,
Канга ылайык жөкөрүң,
Калмактан келген бир кул – деп,
Калмактын куну бир пул – деп,
Калжырабай тим тур – деп,
Кытайдан келген бир кул – деп,
Кытайдын куну бир пул – деп,
Кажылдабай тим тур – деп,
Сезбеген баатыр сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт,
Кашыңдагы кандардын,
Калк бийлеген зардалдын
Бирөө айтып салбаса,
Шагым сынып калбаса,
Көпчүлүк айтып салбаса,
Көңүлүм сууп калбаса.
Айтып турган жеринде,
Ант урган кытай элинде
Жүргөн чоро мен бармын,
Жаба журтун жадатып,

---

[1] Ыр сабы көк сыя менен сызылган.
[2] Ыр сабы көк сыя менен сызылып салынган.
[3] Ушул ыр сабынан тартып жети сап ыр көк сыя менен сызылып салынган. Баары калыбына келтирилди.
[4] *демине.* Катчыдан ката кеткен, сөздүн талап кылынган туура үлгүсү – «дилине».
[5] *белди.* Катчыдан ката кеткен, талап кылынган сөздүн туура үлгүсү – «белбоо».

Сүргөн чоро мен бармын.
Ашуу бийик тоосунан
Ашкан чоро мен бармын.
Арбак урган Кытайдын
Арбын черүү колунан,
Аскер башчы зорунан,
Алмаңдын чыгып жолунан,
Шашкан чоро, мен бармын,
Канын суудай капырдын
Чачкан чороң мен бармын.
Кара күрмө, жеңи жок,
Калдайы бар, беги жок,
Кызыл күрмө, жеңи жок,
Кытайы бар, беги жок,
Атка минсе эби жок,
Арбак урган капырды,
Кашыңдагы мен кулуң
Нанын суудай сапырды,
Кыл такыя, кызыл чок,
Кызыталак капырдын
Кыргынын мендей көргөн жок.
Тубар күрмө, туура жең,
Туюк өтүк, кончу кең,
Чобдор[1] өтүк такасыз,
Торгун чепкен жакасыз
Чоң Коңурбай баатырды
Шорун Алмаң катырды.
Алгарадан албайтып,
Найза сайып далбайтып,
Жыккан чоро мен бармын.
Камал бузуп, кан сузуп,
Капкалуу Бээжин шаарынан
Чыккан чороң мен бармын!»
Алмамбет айтып токтолду,
Андан бөлөк бу колдо
Көрдүм деген жок болду.
Арстаны Манас турганы,
Кандардан собол сурады,
Кандар калды камоого,
Кара журт калды санаага,
Калк ушинтип урганда,
Казатка моюн сунганда
Канкор Манас кеп айтат
«Ай, калайык – деп, айтат,
Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар айтар кеп болсо,
Айтканын макул көрөлүк,
Ушу жолдун бийлигин
Алмамбетке берелик.
Көргө түшсө түшүүгө,
Көлгө түшсө, тобокел,
Кет жагынан сүзүүгө,
Дабан ашса ашууга,
Жол бийлетип ушуга,
Шамалга учса учууга,
Кара жер кучса, кучууга,
Каралашып ушуга,
Барып калсак канетет,
Бакырлардын кыйласы,
Бар кудайым жар берсе,
Байып калса канетет.
Жол бийлигин[2] талашар
Жоомартың болсо көрүн – деп,
Жооп айтыңар көбүң» – деп,
Сурап Манас калганы,
Журт бейлине салганы,
Бакай канга кол берип,
Алмамбетке жол берип,
Бирлик кылсак кандай? – деп,
Минтип айтып калганы.
Айтканын угуп аскери,
Азар-түмөн көп эли
Макул айтат төрөбүз,
Баарыбыз кабыл көрөбүз,
Билип айтты төрөбүз,
Бир сураса экөөнө

[1] *чобдо.* Катчы ката кетирген, сөздүн туура үлгүсү – «чобдор».
[2] *жол билем.* Жазууда ката кеткен. Контекст боюнча бул жерде же «жол билем» деп, же «жол бийлигин» болуу керек эле. «Жол бийлигин» контекстке тагыраак туура келет.

Миң мартаба беребиз.
Макул баатыр, макул – деп,
Баары журтка болгон эп,
Айгайды аскер салганы,
Алмамбет, Бакай кеңүлүн
Да көтөрүп алганы.
Алмамбетке жол берди,
Жол бергенин кол көрдү.
Кан Бакайга кол берди,
Кол бергенин эл көрдү,
Канкоруң камын жегени,
Калайыкты былк этпей,
Жата бергин дегени.
Доол согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Ал күнү барып айкөлүң
Алтындуу сарай коргонго,
Акылайдын ордого,
Такка олтуруп кеп айтат:
«Ажыбай менен Чалыбай
Аттаныңар – деп, айтат.
Жарлык айтам билиңер,
Жаныңа кылыч илиңер,
Жаңы келген аскерге
Аралап азыр кириңер.
Ар кошуна туруңар,
Алтын доол уруңар,
Азыркы келген аскердин,
Азар түмөн көп элдин
Атым арык дегени,
Атынан ибеп жегени,
Арман менен келгени,
Ушу бүгүн кайтсын де,
Кайтамын – деп, айтсын де,
Тонум жыртык дегени,
Тонунан ибеп жегени,
Дозок тартып келгени,
Ушу бүгүн кайтсын де,
Кайтамын – деп, айтсын де,
Бүгүнкү кечтен калган соң,
Элди санга салган соң,
Санатымдан билинсе,
Санжырама илинсе,
Атым арык дегендин,
Атынан кайгы жегендин
Атын союп, жеп кетем,
Аскерди таштай бекитем,
Тонум жыртык дегендин,
Тонунан ибеп жегендин.
Өзүн союп кекетем,
Аманат жаным өлбөсөм
Аскерди таштай бекитем,
Ушу кепти айтыңар,
Угузуп журтка кайтыңар».
Бу сөздү айтып эр Манас[1],
Буйругун туткан көп алач,
Ажыбай менен Чалыбай
Аттарына минишип,
Аралап колго киришип,
Алтын доол урушуп,
Ата уулулап турушуп:
Ушу келген көпчүлүк
Силерге айтам көп түлүк,
Аңдап уккун баарың – деп,
Арыстан Манас каның – деп,
Жарлыгы ушул анын – деп,
Кайтуучуңар кайтасың,
Кайтабыз – деп, айтасың.

---

[1] Ушул жана кийинки сап ыр көк сыя менен тегеректелип, кара сыя менен сызылган. Дагы башка кара сыя менен тегеректелген сызыкка өчүрүлгөндүктү билдирген белгилер коюлган – сызыктын ар кайсы жеринен туура чийилген. Ушул жердеги жана мурдагы ушул сыяктуу белгилердин сыры отузунчу жылдардын аяк чендеринен тарта башталган ар кайсы учурларда эпостун тексттерин редакциялоо, ондоо аракеттеринин натыйжасы өңдөнөт. Андай укукка ээ болгондор бирөө эле эмес, көп болуп, ар бири өз белгисин койгондуктан түрдүү түстөгү карандаштар, сыялар менен сызуу, жазуу пайда болсо керек.

Калуучуңар каласың,
Тобокелге саласың.
Ал сөздү айтып ажыңыз,
Аралап кабар салганы,
Аскердин баары туюнуп,
Кубанышып калганы,
Чарайнасы даңгырап,
Доолбасы каңгырап,
Туулгасы шыңгырап,
Аралап кабар бергенде,
Ажыбай менен Чалыбай
Аскерге кирип келгенде,
Аралап көптү карчады,
Атпай колду кыдырып,
Айтып жүрүп чарчады.
Чарчаганда кайтканы,
Көргөн, билген жумушун
Көк жал Манас баатырга
Түн боюнча айтканы,
Ал күнү антип жатканы,
Эртеңки таң атканы,
Сандыргалуу султаның
Такка олтуруп кеп айтып.
Баары колду, баатырлар,
Байкаңарчы – деп, айтып,
Ажыбай менен Чалыбай
Жалпы журтка айткан соң,
Жар чакырып кайткан соң,
Колдун баары буркурап,
Койдой маарап чуркурап,
Уктуңарбы, ага-ини?
Кудай жалгап салыптыр,
Улук Манас канкордон,
Уруксат тийип калыптыр,
Олжосунан кечели,
Ой, акелер кетели.
Ээрчийбиз – деп, нетели,
Элди көздөй кетели.
Эгин айдап, мал багып,
Эл ичине биз барып,
Эптеп күндү өтөлү.
Ойрон болгон канкордун
Олжосунан кечели,
Ой, акетай, кетели.
Ошону айтып көпчүлүк
Оюна түшүп көп түлүк,
Кетүүчү келгин баштанып,
Кейишке түшүп кай бирөө,
Кемин тонун жазданып,
Жобурлашып, чуулашып,
Жол билгенден сурашып,
Баландын жолу баштуу – деп,
Бастанчанын кыясы
Атка жаман таштуу – деп,
Баланчанын дайрасы
Агыны катуу, суюк – деп,
Баланчанын өрдөшү
Башы барып туюк – деп,
Элүүдөн, кырктан жамдашып,
Кайтуучу жолун камдашып,
Кол бузулуп алыптыр,
Ата уулудан сабыркап,
Араң бирден калыптыр.
Атасынын көрү – деп,
Калганың келгин бери – деп,
Калгандар сүйлөп салыптыр,
Кара кыргыз уругу
Кадимден шондой калктыр.
Калк бузулуп жатканда
Кабылан Манас барыптыр.
Кырк чоросу дүркүрөп,
Кыргыл чалы күркүрөп,
Аккула менен болкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Найза колдо койкоюп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Сыр найза колдо зыңгырап,
Аккелте жондо жаркылдап,
Ала байрак, сур желек,
Асабасы жалпылдап,
Аралап колго киргенде

Таанығандар бар экен,
Далай кыйла адамдар
Таанибаган жан экен,
Бир-биринен кеп сурап,
Айбаты катуу, заары күч,
Астыңкы жүргөн кула аттуу
Ким дегени? – деп, сурап.
Көпчүлүгү сурады,
Көп таңыркап турады.
Таанығандар кеп айтып,
Тантыбачы – деп, айтып.
Оң бөйрөгү олк этсе,
Оң муруту солк этсе,
Ойротко түйшүк салуучу,
Оңолбогур как ушу!
Сол бөйрөгү солк этсе,
Сол муруту былк этсе
Солонго кыргын салуучу,
Согушту сонун көргөндөр
Собун болуп калуучу,
Солтон Манас как ушу!
Качырганы жолборстой,
Кайсаганы албарстай,
Булбул мукам үнү бар,
Торгой доош тили бар,
Бети толгон бейбактын,
Ажыдаар түгү бар,
Жүрөгүндө жүнү бар,
Акырганда, канкорго,
Адам уулу бас келбес,
Ач арстан үнү бар,
Айбаты катуу дүмү бар
Арстанга көзүн салышып,
Айран азыр калышып,
Эми көргөн эл айтат,
Эл айтканда нени айтат:
Манасыңар бул болсо[1],
Бар кудайга кул болсо,
Түрк уулунун нуркунан,
Түмөн кыргыз журтунан
Берген экен теңири,
Аябай берген экен го
Арыбагын кеңири,
Доол келсе, жел тийбес,
Чытырман токой турбайбы
Доочу келсе, мал бербес
Жүгүрүк чечен турбайбы.
Жазайыл атса, ок тешпес,
Жасалуу коргон турбайбы,
Ушу Манас турганда
Жалтансак кудай урбайбы!
Аңдадык, көрдүк акыры,
Ааламдан ашык акылы
Арстан Манас баатырды!
Аркасында жүрөлү,
Атышкан жоосун сүрөлү,
Аңгемесин көрөлү,
Ажалдуубуз өлөлү!
Катарында жүрөлү,
Кармашкан жоосун сүрөлү,
Калабасын көрөлү,
Казабыз жетсе өлөлү!
Кулпөңүндө жүрөлү,
Күрөшкөн жоосун сүрөлү,
Күчтүүсүн күүлөп бөлөлү,
Күнүбүз бүтсө өлөлү!
Сандыргалуу султандын
Саясында жүрөлү,
Салышканын көрөлү,
Санатыбыз[2] жетсе өлөлү!
Жакшысы турду бел байлап,
Жаманы турду дем байлап,

[1] Ушул жана кийинки сап ыр көк сыя менен сызылып салынган. Себеби белгисиз, кыясы, «Бар Кудайга кул болсо» деген түшүнүктөн чочулаган го.

[1] *Санаабыз.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн, бирок контекстке «санатыбыз» делиш тагыраак туура келер эле.

Бармак болуп баарысы,
Макул кылып алышты.
Жаалына чыдабай,
Жалгыз-жарым кайта албай,
Кайтамын – деп, айта албай,
Жандын баары буркурап,
Барабыз! – деп, чуркурап,
Баары журт айгай салыптыр,
Баатырың боо кубанып,
Көңүлү тынып калыптыр.
Орчун кара кол менен,
Ортосу көчө жол менен,
Оң жагынан айланып,
Оёнуң көзүн салыптыр.
Калем, дөөт* жылтылдап,
Жорголору кылтылдап,
Отуз молдо шылкылдап,
Он эки дептер өңөрүп,
Шо жерге келип калганы,
Орчун колдун баарысын
Эсеп катка салганы.
Элди бүтүн караса,
Эсеп кылып санаса,
Эче түмөн болуптур,
Көз жеткен жердин баарысы
Көпкөк темир жарагы,
Көп аскерге толуптур,
Ушу жерде санаса
Отуз жүз миң болуптур.

### *Алтынчы*

## МАНАС БААТЫР ӨЗҮНҮН ЖЫЛКЫЛАРЫН КОЛГО ТАЛАТКАНЫ, КОЛДУН АТТАНЫП БЭЭЖИНГЕ ЖӨНӨГӨНҮ

Жүз миңи отуз болгондо,
Дүйнө колго толгондо,
Атиңине дүйнө – деп,
Арман кылган баатыры,
Жүз миңим кыркка толгондо
Кыжылдаган кытайга
Кылбас белем акыры,
Ошондо төрө кеп айтат:
«Оо, калайык! – деп, айтат.
Жарлыгым жалган болот – деп,
Жаным барда ойлобо,
Жатканымча болжобо,
Өкүмүм экөө болот – деп,
Өзүм барда ойлобо,
Өлгөнчө мени болжобо.
Ай жармына карк толду
Айдап жылкы жыйнаттым,
Ат семизин кыйнаттым.
Алтайдан бери которуп,
Айдап баккан малымды.
Аябайын барымды,
Башы Казык, Жөлөктөн,
Аягы Ысар, Көлөптөн,
Жыйнадым жылкы барымды,
Аябай колдон малымды.
Ушу жаткан калың кол
Жарлыгым ушу билиңер,
Жабылып атка миниңер,
Аралдагы жылкыга
Аламан коюп ийиңер.
Аягын уксаң жылкынын
Арстын куйган оюнда,
Башын көрсөң жылкынын
Кара-Кырчын боюнда,
Бери чети жылкынын
Короготу коосунда,
Нары чети жылкынын
Канардын кара тоосунда.

Өзөн толгон өз малым,
Жарлык айтам билиңер,
Жабылып атка миниңер.
Жалпы аламан көпчүлүк
Кан аябай кириңер.
Кош башына бир айгыр
Кош тартууга коюңар,
Кош башына бир байтал.
Коштоп келип союңар,
Бүгүнкү түнкү коногуң
Өз мойнуңда болуңар.
Эр башына бир атты
Чукул коштоп алыңар,
Эркиң менен барыңар,
Жалгаса кудай жалгасын,
Жалпы журтум калайык
Көңүлгө албай калбасын,
Жалгабаса жараткан,
Кырылып калсак кытайдан,
Кыргын тапсак Бээжинден,
Кайтпай калсак капырдан
Каза тапсак Бээжинден,
Кан Коң төрө баатырдан
Чылбыры тутам, боосу жок,
Чын ушул алган жылкыңдын
Чын дүйнөгө барганда
Сыңар* чака* доосу жок?
Алгын, бердим малымды,
Аябадым барымды».
Ал сөздү айтып эр Манас,
Айгай салып акырды,
Алтын доол кактырды.
Ал сөздү уккан көпчүлүк
Аксакалдан өтүнүп,
Жаның жайыл Манас – деп,
Мун үчүн Манас экен го,
Балаадан болсун калас – деп,
Учуң узар Манас – деп,
Ушун үчүн эр экен,
Укумда жок неме экен.
Карыясы кампаңдап,
Дуңгулардын* баарысы
Атка минди дампаңдап.
Атка мине салышып,
Найзаларын сербейтип,
Укурук кылып алышып,
Арстан эрдин жылкыга
Аламан жөнөп калышып,
Эр башына бир атты
Чукул коштоп алышып.
Кош башына бир айгыр
Кош тартууга коюшуп,
Кош башына бир байтал
Коштоп келип союшуп,
Кошундун баары тоюшуп,
Өзөндүн баары толушуп,
Өз алдынан болушуп,
Азууларын аркайтып,
Астыңкы ээрдин шалпайтып,
Кең соорусун даңкайтып,
Жакшы болду жолго – деп,
Күлүк тийди колго – деп,
Күдүңдөгөн андан көп,
Ошондо да тим жүрбөй,
Тетигини көрдүңбү?
Тетик кылгын көөнүңдү,
Күлүктүгүн билиптир,
Күйүмдүүсүн миниптир,
Доолап калса нетер – деп,
Куру суктук бекер – деп,
Ушу топордун башы кетер – деп,
Сен да көрүп, ошондо
Күбө болсоң экен – деп,
Бужуңдөгөн сандан көп,
Салып кетсе шамал – жел,
Өзү шаңдуу, коён бел,
Жакшы болду жолго – деп,
Жоргосу тийди колго – деп,
Тизгинге колу карышып,
Өөдө-төмөн жарышып,
Кумардан чыккан мындан көп.
Ач көздөрдүн баарысы

Тегеректей калышып,
Мойнуна чалма салышып,
Семиз экен – деп, туруп,
Мойнуна боолук бир уруп,
Асоону кармап алышып,
Балакетке калышып,
Чылбырларын чырт үзүп,
Тизгиндерин тырс үзүп,
Кудай урган канкорду,
Кутуруп өлгөн анткорду
Уруп арбак салганбы,
Көп жылкынын ичине
Куюгуп жүргөн куланды
Кошо багып алганбы,
Жылкы бекен, куланбы,
Жылкыдан тууган урганбы.
Бул жылас болгон немени
Жылоолоп кармап турамбы.
Бу сөздү айтып муңканып,
Байкабадык, көрбөдүк
Малдан мындай кууну – деп,
Таанып бергин муну – деп,
Агала сакал карыдан,
Акылмандын баарынан,
Көгала сакал карыдан,
Көп көргөндүн баарынан
Сурап жүргөн андан көп.
Жылкы экенин уккан соң
Үйрөтүп мине коём – деп,
Үстүнө чыгып жыгылып,
Кулап жүргөн сандан көп.
Коштон кошко кубалап,
Чуулаганы андан көп.
Эл ошентип жатканда,
Эркинче болуп атканда
Атка минип эрмекке,
Аралап колду көрмөккө
Арстан Манас жолборсу,
Алты нөкөр жолдошу,
Аралап колго киргени,
Төрөңүз колду сыдырып,
Төштүктүн элин кыдырып,
Жамгырчы колун саралап,
Музбурчак тобун аралап,
Көрүп Көкчө колуну,
Аралап Үрбү тобуну,
Алардан өтүп алганы,
Арстан Манас барганы.
Кырк чоро деген кырк баатыр
Ар кайсысы тиккени
Кымкаптан кылган көк чатыр,
Ар чатырда жүз миңден
Жайнап аскер кол жатыр.
Кыдырган бойдон барганы,
Кырктын башы Кыргылдын
Эшигине турганы,
Алтын доол урганы.
Доолун угуп бүгүлүп,
Кол куушуруп коржоюп,
Кыргыл келди жүгүрүп.
Эми Манас кеп айтат:
«Ээ, Кыргыл чал! – деп, айтат.
Кырктын башы Кыргылым,
Кылымды жеген дыңгылым,
Жаттыңызбы жамбаштап,
Турбайсыңбы туу аштап,
Коппойсуңбу кол баштап,
Жүрбөйсүңбү жол баштап,
Эгизиң Бакай карыңа айт,
Бүгүндөн калбай барып айт.
Атка минсе оң күнү,
Аттанып чыкса чоң күнү,
Сапарга чыкса оң күнү,
Тараза-мыйзам чоң күнү
Дин мусулман шаттанган,
Кайбарга калба салганда,
Капырлык динин алганда
Азирет Аалы аттанган,
Эртеңки күнүң бейшемби,
Бейшемби жүрсүн десемби,
Бейшемби улук күн деген,
Бенденин көбү билбеген».
Бу сөздү баатыр айтканы,

Айтып коюп кайтканы.
Ал күнү аскер жатканы,
Эртеңки таң атканы.
Супу садык чалганда[1],
Таң саргарып калганда,
Сандыргалуу эрлерди
Көрбөй калдык арманда,
Эрте туруп эр Бакай,
Эли арбын бир далай,
Алтын туусу жаркылдап,
Асабасы жалпылдап,
Азан айтып баркылдап,
Келгин каздай каркылдап,
Абаң Бакай жөнөлдү,
Жүргөн Бакай соңунан
Жүз миң аскер өмөлдү.
Анын арка жагынан
Желеги алтын туу менен,
Жер жарылган чуу менен
Эштектердин Жамгырчы
Энди жолго салыптыр,
Аркасында Төштүктүн
Аскери жөнөп калыптыр.
Анын соңу Үрбүңүз,
Кара кыргыз аскери
Катардан калбай жүрдүңүз.
Анын арка жагынан
Өзөндүн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн көп казак
Өлөңүн айтып чуркурап
Көкчөнүн колу жүргөнү,
Көп аскер минтип дүрбөдү.
Анын арка жагынан
Курун селде чалынып,
Куржундарын салынып,
Кудуретке жалынып,
Аргымак аттар арымдап,
Алтындуу калкан дарылдап,
Алтын айчык туу тартып,
Азирет! – деп, чуу тартып,
Анжыяндын Санжыбек
Анын колу жөнөдү.
Анын арка жагынан
Чыңыроо тартып, жез найдан,
Кулак тунуп сурнайдан,
Керней үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Туу көтөрүп калкылдап,
Буудайыктын Музбурчак
Мунун колу жөнөлдү.
Булардын арка жагынан
Кырк чоронун аскери -
Кылымды баскан көп эли,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Антип жолго салыптыр,
Аскердин арка жагынан
Алтын сарай коргондон,
Акылайдын ордодон
Арстан Манас баатыры,
Атка минип акыры,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Минтип жолго салыптыр.
Дөөлөт кушу башында,
Кырк баатыры кашында.
Ар кылган иши оңунан,
Аскеринин соңунан
Салтанаттуу сай кашка,
Дөөлөтү журттан бир башка,
Кызыл байрак, кырк кашка,
Кылганы журттан бир башка

[1] *Супу садык чалганда.* Ушул эле маанини туюнткан сөздөрдү мурда катчы «Супа саадак чалганда» түрүндө жазган эле (к. 6777-сап ыр). Кээде ушул сөздөр «Сопу саадак чалганда», же «Сопу садык чалганда» түрлөрүндө да жазыла берет.

Кыраан Манас бадыша,
Алыстан болуп талабы,
Алтындан болуп жарагы,
Арстан заада эрендер
Алда! – деп, жүрүп калганы.
Бөксө жол Бөкөй белине
Бөлүнүп кеткен жерине,
Кара жол Каңгай белине
Кайрылып кеткен жерине,
Как ошо жерге барганда
Каарданып бүркөлдү,
Кайра баштан чүмкөлдү.
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди калбайып,
Оозунан чыккан сөзү жок,
Оёндун келген ачуусу,
Оңдуруучу көзү жок.
Каарын салып бүркөлүп,
Кайраты толуп чүмкөлүп,
Кужурланды баатыры,
Муну көрүп кырк баатыр
Кужулдашты акыры.
Ээрчибей кайра кайта албай,
Кабылан Манас баатырга
Не болду? – деп, айта албай,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Санаалары бузулуп,
Таноолору кысылып,
Тер боюнан сызылып,
Кырк баатырдын баарысы
Кыяматтай кысылып:
Аттанганы алыс жол,
Астына кеткен калың кол,
Айтпай-дебей бүркөлгөн
Атанын кыйын азап бул.
Кубана турган кезинде
Кужурланып калды – деп,
Мындай кылып отурса
Бизди кудай уруп салды – деп,
Арстандардын баарысы
Айбатына таң калып,
Аркасынан сандалып,
Тим жүргөндө канкордун
Тилегени бул эле,
Тиктегени бул эле,
Оюндагы жүргөнү
Отуз түмөн кол эле,
Ошондо кадам басары
Орчун Бээжин жол эле.
Санаадагы жумушу
Комсоо болбой жык болуп,
Жүз миңден отуз жык толуп,
Колубузга киргенде,
Кармашарың Каканчын,
Барар жолуң Бакбурчун,
Жолубузга киргенде
Канкордун кужурланышы,
Кандайлыктан минтет – деп,
Күбүрлөшүп калышты.

17–1207

www.bizdin.kg



*Жетинчи*

## МАНАС БААТЫРДЫ КЫРК ЧОРОСУ МЕНЕН ҮЙҮНӨ КАЙТА ТҮШҮРҮП, КАНЫКЕЙДИН АЙТКАН СӨЗДӨРҮ ЖАНА КЫРК ЧОРОГО БЕРГЕН КИЙИМ-КЕЧЕЛЕРИ

Ачуусу келген Манаска
Артынан келип Алмамбет,
Бастырып калды жанаша,
Байкаганга тамаша.
«Кашында бар кырк бөрүң,
Канга ылайык жөкөрүң,
Калмактан келген бир кул – деп,
Кайда болсо ушундай
Калмактын куну бир пул – деп,
Кытайдан келген бир кул – деп,
Кыргызга башы кошулса,
Кытайдын куну бир пул – деп,
Өкүмөт ээси кырк баатыр
Өткөрө айтып салбаса,
Шардаанда жүргөн Алмамбет
Шагым сынып калбаса,
Амандык жүрсөм канагат,
Алда берген аманат,
Аманат жанга карзым бар,
Арстаным сизге арзым бар:
Султаным уксаң дартымды,
Сурасаң баатыр арзымды
Ойдонгон сөзүм ушу эле,
Онунан келген иш эле,
Сарамжалга карк толгон,
Саа ылайык киши эле,
Олуя кандын кызы эле,
Оймоктуудан уз эле,
Кара кан кызы Каныкей
Ордосуна барсак – деп,
Оң батасын алсак – деп,
Ушинтип жолго салсак» – деп,
Алмамбет айтып салганы,
Айтканын угуп эр Манас,
Арсаңдап күлүп калганы.
Акылдашы арстаны
Алмамбет айтып таштады,
Сырын билген сырттаны
Алмандан кеңеш чыкканы,
Айтканын баатыр укканы,
Ар качандан бир качан.
Айтпасам сырым билбейт – деп,
Ачууланган баатыры.
Күлкүсү чыгып акыры,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып алыптыр,
Каткырыгын салыптыр.
Катарында кырк баатыр
Катын жандуу канкор – деп,
Кара күчкө күлгөн анткор – деп,
Күбүрөшүп калыптыр,
Күңкү болуп алыптыр.
Андай болсо баатыр – деп,
Барып тийип өтөлүк
Жеңеңизге акыр – деп,
Каныкей үйүн бет алып,
Канкор жолго салыптыр.
Катарында кырк баатыр.
Кадимкидей бир катар
Кайбатын айтып калыптыр.
Келе бери, баатыр – деп,
Тартышалык акыр – деп,
Анжыяндан алдырган,
Сагаса* күлүн салдырган,
Тартса кумар кандырган,
Кара мурчтан буулаган,
Калемпир менен суулаган,
Тарткан адам уулаган,
Шалдыркандуу чакчаны

www.bizdin.kg



Колдоруна алышып,
Алаканга салышып,
Насыбайын тартышып,
Аңгемесин айтышып,
Шыбырлашып сүйлөшүп,
Шыңкылдашып күлүшүп,
Кырк баатыр жолго салганы,
Капкасы алтын коргонго,
Каныкейдин ордого
Алар жакын барганы.
Бара турсун көй баатыр,
Манасы бар кашында,
Кырк улугу келатыр.
Аларды коё салыңыз,
Акылга дыйкан Каныштын
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңыз.
Келбей кантип кетер – деп,
Келбесе иши бекер – деп,
Айылына кабар салыптыр,
Ак жоолуктуу зайыптан
Арбын жыйып алыптыр.
Сөзү жатык ширинден,
Акылы артык билинген
Кызыл мүнсөк*, кымча бел,
Кыпылдаган тасма бел,
Кынай бууган бек белин,
Каныкейдин кырк келин
Атилес көйнөк шоодурап,
Айнектей көзү жоодурап,
Жыпар күңкүп,* жез бурап,
Астын тосуп алыптыр,
Баштап жеңең Каныкей
Баатырга беттеп калыптыр.
Най тамагын кылайтып,
Ак булчуңун булайтып,
Алиги келген апаңыз
Арстан эрге муну айтып:
«Жаныңда жасоо, жолборсуң,
Жарашкан жалпы жолдошуң,
Сапарга чыксаң жол болсун,
Жараткан эгем колдосун.
Кылган ишиң күч болсун,
Самаган душман түз болсун.
Сапарга барган сай кашкаң
Аз болгондо санаты,
Сайган аты жүз болсун,
Салынганы киш болсун,
Заман акыр журтуна
Айтылгандай иш болсун!
Атка минип оң күнү,
Аттаныпсыз чоң күнү,
Сапар кылып чоң күнү,
Тараза-мыйзам* оң күнү.
Алтын айчык, кызыл туу
Асмандатып аштапсыз,
Аскерди арбын баштапсыз,
Жетим уул, тул катын,
Жергеңди каран таштапсыз,
Аксактар сүйөнч таякка,
Аскериң жүрдү каякка?
Казаттан болсун жолуңуз,
Катын да болсо угалы,
Кабарын айтып коюңуз,
Каякка жүрдү колуңуз?
Баатыры жообун бергенче,
Балан-бастан дегенче,
Карчыгадай камынып,
Кабыландай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Эр Алмамбет кеп айтат,
«Ээ, жеңеке – деп, айтат.
Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин бозунда
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң Кара атын байлаган,
Жоо дегенде шайланган,
Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке кандын кенжеси,
Калдайдын уулу капырга
Кан Коң төрө баатырга,
Тагдырга жоктур даба – деп,

Талап кылдык ага – деп,
Учураша бурулдук
Каныкей жеңе, сага – деп,
Кылабы жардам бизге – деп,
Кызматка келдик сизге» – деп,
Алмамбет айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштап карысы
Кыргын тийген эмедей
Кыйрап түшүп калганы.
Кырк кенизек* жүгүрүп,
Кырк бедөөнү алганы.
Алтын чынжыр, жез түркүк
Аса байлап көй күлүк,
Арасынан албайып,
Аккуладан калдайып,
Баатыр түшүп калыптыр,
Каныкей жеңең алыптыр.
Элден мурун ат байлап,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапа-шупа бат байлап,
Эң алдында жүгүрүп,
Эликтейин түйүлүп,
Эшик тартты баатырга,
Баатыр баштап киргени,
Артынан Кыргыл жүргөнү.
Андан кийин кырк баатыр
Ата уулдашып киргени,
Төөдөй болгон алтын так
Төрөсү төрдө мингени.
Оң жагында жыйырмасы,
Орундук алтын жыласы,
Сол жагында жыйырмасы,
Сом алтындан жыласы,
Жекендос жерден алдырып,
Баяндос мамык салдырып,
Алтындуу күрсү койдуруп,
Ак боз бээ сойдуруп,
Ашап алып кетсин – деп,
Нарын* тартып койдуруп
Азырлаган апаңар.
Ошо кирген кырк баатыр,
Оён эрге кошулуп,
Кошо кирген кырк баатыр.
Кырк баатырдын ичинде,
Кылым журт айран ишине,
Молдолуу жерде молдо өсүп,
Молдолору колдо өсүп,
Ак шарият жолдо өсүп,
Аалым чоро дагы бар.
Болбой ичип бозону,
Боздотуп урган кожону
Залим чоро дагы бар.
Кожолуу жерде кожо өсүп,
Кожолорго кошо өсүп,
Сопу* чоро дагы бар,
Көзү кагаз таанибас,
Сокур чоро дагы бар,
Көөнүнө келсе бербеген,
Кокуй чоро дагы бар.
Кымыз ичип кызышып,
Сөөктөрү ысышып,
Арак ичип алкынып,
Арак, шарап, мисалдаш*,
Албан түрлүү сонун аш,
Сырткы кабы бермет таш,
Зире, шекер, шербет аш,
Адам татса болгон мас,
Кызматкерлер сунушуп,
Кырк кенизек баарысы
Кыдырата турушуп,
Ичкиден ичи ысышып,
Кымызга бою кызышып,
Чекеден тери сызышып,
Азыркы кепти ташташып,
Аңгемени башташып,
Баланчаны сойдум – деп,
Баланча жоону өлтүрүп,
Башын кесип койдум – деп.
Баланчаны алдым – деп,
Балан жерде мен да бир

Баатырлык кылып салдым – деп,
Дууга кирип калыптыр,
Басылбаган бир үлкөн
Чууга кирип калыптыр.
Кайсы бири кеп айтып:
Калп айтасың – деп, айтып,
Калп айтасың өзүң – деп,
Качан болсо душмандан
Качып жүргөн жериңде
Көрүүчү эле көзүм – деп,
Бастанча жоону сая албай,
Коркоктун бири сен элең,
Бакатай жакшы чаба албай,
Чорколтун бири сен элең,
Капия сөздү айта албас,
Торпоктун бири сен элең.
Аңгемеге салышып,
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калышып,
Ыксызынан кай бирин
Ызалантып алышып,
Ырсаңдап күлүп калышып,
Катарлашып кырк баатыр
Кандыктан орун алыптыр,
Ал аңгыча Каныкей
Арага келип калыптыр.
Нуска сөз узун баштады,
Сөз айтуудан шашпады,
Алмамбетке бет алып,
Асталык менен кеп салып,
«Аяшым, тыңда – деп салып,
Бул олтурган кырк чоро,
Чоро деген чоркок саз,
Кырк чоро эмес, кырк жоро
Кырк уруу угуз баласы,
Кыраанына жолдоштур
Кылымды билген даанасы,
Азыркы турган кырк баатыр,
Ак сарай үйгө жык баатыр,
Кеби суук жеңеңе
Келип жүргөн дагы бар,
Келбей жүргөн кырк баатыр
Бүгүн келген чагы бар.
Басташып душман жеңбеген,
Барса-келбес жер деген,
Уругу кытай улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Кылым кытай эл деген,
Кыяматка жеткенче
Кылайып душман жеңбеген.
Кыйын жоого бет алып,
Кыраандар чыктың аттанып,
Алыстан болду сапарың,
Ажалдан болор капарың.
Кара жан үчүн киерге,
Кажыбай жоого тиерге
Жогу болсо табайын,
Жолдошуң сайын бир-бирден
Сарпайы кийит жабайын.
Конор болсоң анынды айт,
Түштөнөр болсоң жайыңды айт,
Капилетке калбайын,
Конок ашың камдайын.
Ал сөздү айтып Каныкей,
Алмамбеттен сурады.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Аяшым, тыңда – деп айтат.
Калк туткасы кан болот,
Казат улуу жол болот.
Кан кайрылып конгон соң,
Канткенде жылдыз оң болот.
Бизди конгун дебе – деп,
Конбосок болор жеңе – деп,
Талапкер жатса талаага,
Калктан калып бөлүнсөк
Калгандай болуп көрүнүп,
Калбалуу кара балаага!
Бу сөздү айтып салганы,
Бурала басып Каныкей,
Эшикке чыгып барганы.
Даярдап койгон эшикте,
Так отуз-кырк балбаны,

Барган бойдон Каныкей
Жанчыкка колун салганы,
Сапсалгалуу* сан ачкыч,
Баары алтындан сары ачкыч,
Санабай бирин алганы,
Казынаны ачтырып,
Балбандарды шаштырып,
Алып чыкты бир куржун,
Атан эмес, пил куржун.
Ыраңы жашыл көк куржун,
Аз болгондо атандык эмес лөк куржун,
Көтөргөнү көп балбан,
Көргөн адам таң калган.
Алып келген балбаны
Ортого коюп салганы.
Ортого коюп кеп айтат:
«Ой, аяшым – деп, айтат,
Сары алтында бедер жок,
Бу куржундун ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Бээжин ысык жер деген,
Ысыгы маза бербеген,
Аптап урса нетер – деп,
Ал-кубаты кетер – деп,
Ал өңдөнгөн жумушун
Аңдабай койсом бекер – деп,
Кедик* койдун тармал жүн,
Таза жерге жыктырып,
Тасмалдатып* кырктырып,
Тогуз жүз кемпир чогултуп,
Тырмакка салып тыттырып,
Келинге кесе бастырып,
Кызга кыя тиктирип,
Тогуз ай башта кылдатып,
Уздан узга сындатып,
Сайса найза тешкисиз,
Чапса кылыч кескисиз,
Баары алтындан чоктолуу,
Баалары калпактын
Каймал төөгө токтолуу.
Кырк чорого кырк калпак,
Ысыктуу күндө кийип бак.
Ышынбай жоого тийип бай,
Жай киерге калпагың,
Жалпы баарын камдадым,
Даяр кылып алгамын,
Чоң куржундун түбүнө
Чогуусу менен салгамын.
Кытайды кылым эл деген,
Кыргыз уулу болбосо
Кылайып бенде жеңбеген.
Кыштын күнү турушса,
Кытай, кыргыз урушса,
Урушуп жүрүп окустан,
Жулушуп жүрүп окустан,
Кулагы түшсө кулжуюп,
Муруну түшсө мулжуюп,
Жаман атты болом – деп,
Жайланып кайдан оңом – деп,
Кыш киерге тумагың
Кылып коюп тургамын.
Ичин суусар ичтетип,
Тышын буулум тыштатып,
Үч талаа кылып бычтырып,
Жаактыгын түшүрүп,
Туулганын сыртынан
Тумчуланып кийсин – деп,
Алкымына бүчүсүн
Айкаштыра түйсүн – деп,
Басырык уруш салышса,
Башынан түшпөй жүрсүн – деп,
Кырк чорого кырк тумак
Кызматым билсең а турмак,
Баары да баргек* чоктолуу,
Баалары карандын
Каймал төөгө токтолуу.
Бээжинди бекем жер деген,
Кытайды кылым эл деген,
Эки жыл, бир жыл жатышса,
Эртели-кечти турушуп,
Мылтыкташып урушуп,

Жылбай жатып атышса,
Намысын кытай бербесе,
Азамат тандап иргелсе,
Ак кийимден кирдесе,
Көңүлү чөгөт болор – деп,
Көп сөкөт* бизге коёр – деп,
Эр башына кылганым
Он эки көйнөк, он дамбал,
Бээжинге салсаң чоң жаңжал,
Бейыйман өлсөң, бурак жок,
Суп* кийгенге сурак жок,
Ак чүчтө көйнөк, суп дамбал,
Казатка кийсең куп дамбал
Ондон кылып жүргөмүн,
Оромолго түйгөмүн,
Оюма абал алгамын,
Чоң куржундун түбүнө
Чогуусу менен салгамын.
Капыр менен мусулман[1]
Каршы-терши турушса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушса,
Жебенин огу кыркырап,
Жетип тийсе зыркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Акыретке бет алып,
Аттанган болсо дүйнөдөн,
Кемегедей бир жерди
Кемире чаап оёр – деп.
Кызылала боюнча,
Киймин чечпей коёр – деп,
Кез келсе өлүм башына
Кемин тону болор – деп,
Кылып койгон мунум бар,
Кызматымды угуп ал!
Токтоп туруп кебимди ук[2],
Кыркыңа кылдым кырк чопкут,
Узун чоро барсыңар,
Узун үлгү салгамын,
Нускаңды мурун алгамын.
Кыска чоро барсыңар,
Кыска ченеп алгамын,
Кыска үлгүгө салгамын.
Ченеп алып баарыңды,
Кыргыл баштык карыңды,
Малдан ачып баарды,
Кыдырттым кыйла шаарды,
Андижанды, Бомбайды,
Аралаттым далайды,
Туура жакта Көйүстан,
Тунуп жаткан Иркистан,
Ара шаар Түркүстан,
Алыскы шаар Ындыстан,
Анжы менен Манжыдан,
Кара-Шаар Камбылдан,
Чынмачындан, Кумулдан,
Ойдо жаткан орустан[3],
Орчун шаар немистен,
Тегеретип деңизден,
Алымды журтка салдырып,
Бир мыскалы миң дилде,
Кыйбат баа кырмызы
Кыдыртып журүп алдырып,
Кылабыма толгон соң,
Кырмызы жыйып болгон соң,
Алачтын тандап миңинен[4],

---

[1] Ушул ыр сабынан тартып он жети сап ыр өзүнчө баракчага жазылып, 130-бетке жабыштырылып бекитилген. Кайсыл жерге кошулары шарттуу белги менен көрсөтүлгөн. Кол тамга катчынын өзүнүкү. Кыясы, тактоо катары кошулган. Окуяга каршы келбейт.

[2] Ушул ыр сабынан кийин бир сап ыр такыр өчүрүлгөн. Окуяда үзүлүү байкалбайт.

[3] Ушул саптан тартып үч сап ыр көк сыя менен тегеректелип жана сызылып салынган, бирок кара сыя менен калыбына келтирилген белги коюлган.

[4] Ушул жана кийинки сап ыр көк сыя менен тегеректелип сызылган, бирок сызылуу туура эмес делген белги коюлган.

www.bizdin.kg



Акылга дыйкан биринен,
Кыргыздан чыккан миңинен,
Кылымдан ашык биринен,
Ногойдон тандап миңинен,
Ойроттон озгон биринен,
Наамасы* жок, молдосун,
Бар келтирип жолдошун,
Алтымыш келин, кырк кызга
Алты кабат курдатып,
Кырк бир күндөн шырдатып,
Жакпаганын сөктүрүп,
Табак-табак болот ко
Албарс эгеп аралаш,
Арасына төктүрүп,
Алардай кылып ким сайган,
Аятил күрсү* дубаны
Алтымыш окуп, бир сайган.
Кайыганда, каранга,
Болоттон кылган шибеге
Он-он бештен сындырган,
Кийгендин көөнүн тындырган,
Жоого ылайык кылдырган,
Ушундай ишке жорогон,
Арасынын баарына
Арыптап* окту сологон,
Айкөлүңдүн казына
Арбынырак корогон
Ички-тышты сегиз тон,
Жака, жеңи тегиз тон,
Ичи кадек, тышы бөз,
Тышы торгун атилес,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Калыңдыгы жарым кез.
Аны кийип турсаңыз,
Айгайлаган душманга
Аралап боюң урсаңыз,
Акыры сенин өзүңө
Ажалы жеткен катылар,
Айбалта менен бир салса,
Алтымыш мылтык атылар,
Ажалга өзү чатылар.
Жоболоңдуу кырк баатыр
Тон талашар окус – деп,
Коога болор кокус – деп,
Жасаган салган аты бар,
Жакасынын ичинде
Жабыштырган каты бар.
Болжолунан билерсиз,
Молдоңор окуп киерсиз.
Кытайга барсаң сапарга
Кызматым ушу айтарга,
Кырк баатырга кырк чалбар
Кылып койгон ишим бар,
Кызматка койгон кишим бар.
Кытайга салсаң чырың бар,
Кылайтып айтсам сырым бар,
Кырк чорого ылайык
Кыйбат баа шымым бар.
Кербендерден кеп угуп,
Көргөндөрдөн көп угуп,
Даңдуң-Баштын текеси
Териси калың – деп, угуп,
Даңдуң тоонун тоо теке,
Териси калың бир эли,
Сырты кара, зоо теке,
Абыкени баш кылып,
Алтымыш мерген аткарып,
Көзгө атууну маш кылып,
Андистерге аттырып,
Кургатканда терисин
Күндүн жүзүн чалдырбай,
Ак сандыкка калтырып,
Ашаткысын мен кедей,
Алты ай жайлай эринбей,
Жез челекке жаткырып,
Алма кабык алдырып,
Алты ай малма салдырып,
Анжиянда Шагыл сарт,
Боёкчусун алдырып,
Катын бычып, кыз тигип,
Оймоктуудан уз тигип,
Пери заада Аруукe,

www.bizdin.kg



Токсон кызга баш болуп,
Тогуз ай бүтүн тиштеген,
Келиштирип баарысын
Буулум менен ичтеген,
Багалегин кайыган,
Байкаган менен токтолбой,
Адамдын көзү тайыган.
Каттоо менен бүктөгөн,
Марал-Башы көчкөндө,
Башка көлүк тарта албай,
Нар буурага жүктөгөн,
Жымырата тиктирип,
Жылан боор бүктүрүп,
Тиштегени билинбей,
Бүктөгөнү билинбей,
Найза тийсе тешер – деп,
Болот эгеп ширетип,
Ийи чала калат – деп,
Алтымыш беш балбанды
Алым салып ийлетип,
Боёгун жеңең бийлетип,
Сынамакка баарына
Сыр бараң атсам ок өтпөй,
Табылгы жаксам чок өтпөй,
Мактанчылык болбосун,
Баарын кылган каркыбар,
Жеке башы бир шымдын
Жети тайлак баркы бар.
Бээжин деген жер деген,
Ысыгы маза бербеген,
Көргөндүн көзү жайнаган,
Кумга койгон кумганы,
Куркурап чыгып кайнаган,
Аш бышымга токтолсо,
Кашык суусу калбаган.
Жер ысыгы өтөр – деп,
Кылбай койсом бекер – деп.
Аягынан азган соң,
Канга ылайык кырк баатыр
Кайраты бойдон кетер – деп,
Кербендерден кеп угуп,
Көргөндөрдөн кеп угуп,
Багыландын булгаары
Баасы кыйын – деп, угуп,
Алтын берип аябай,
Мал көзүнө карабай,
Багыландан алдырып,
Бапырларга салдырып,
Алымсокту баш кылып,
Жүз өтүкчү алдырып,
Апырык менен сапырык,
Шири менен жары – деп,
Не болгон үйдүн баары – деп,
Көсөлдөр көзүн салат – деп,
Баатырың көрсө ал ишти
Көңүлүнө алат – деп,
Мейманкана беш сарай,
Бекемдиги бир далай,
Сыр ордого житирип,
Сыр алдырбай бүтүрүп,
Алтындатып чордотуп,
Айнегин күмүш орнотуп,
Такасынын кыюусун
Тасмал менен куратып,
Таманынын баарына
Сары алтын салып буратып,
Көңгүрөөлүү көк жеке*,
Ок кеспеген бек жеке,
Таканын ичин ойдурган,
Таманды калың койдурган,
Кош жылаажын салдырган,
Кийсе кыба кандырган,
Кырк чорого кырк өтүк,
Кылып салган мунум бар,
Кызматымды угуңар.
Жай кийериң бир бөлөк,
Барчадан байпак жоролуу,
Ак кадек чулгоо оролуу,
Кыш кийериң бир бөлөк,
Түлкү байпак жоролуу,
Дүрүйө чулгоо оролуу,
Ылайыктап алгамын,

Чоң куржундун түбүнө
Чогуусу менен салгамын.
Бээжинди бекем жер деген
Кытайды кылым эл деген,
Казатка барса ушундан,
Капыр менен мусулман
Маңдай-тескей турушса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушса,
Жебенин огу кыркырап,
Жетип тийсе зыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Андай кыйын жайларда,
Арнап белди байлаарга
Аяк жагын карасаң,
Табарсыкты чаптаган,
Жогору жагы жүрөктүн
Айбалкасын каптаган,
Жаркыраган карк алтын,
Жигин бенде таппаган,
Карк алтындан өзү бар,
Көөкар таштан көзү бар,
Алакандын четинде
Аят*, адис* сөзү бар
Кыркыңа кемер курум бар,
Кызматым билсең мунум бар.
Бээжин бекем жер деген,
Кытай кылым эл деген.
Жайлап-кыштап жатышса
Эки жылга, бир жылга
Эрикпестен атышса,
Ок, дарысы күбүлсө,
Ойрон жандан түңүлсө,
Кастарлуу эле Каныкей,
Кантип куру койсун – деп,
Куржунга колун салар – деп,
Кокус кылбай мен койсом,
Колу уялып калар – деп,
Сексен төрт чанач дары бар,
Жүдөгөн жерде кырк баатыр,
Жүздөн огуң дагы бар,
Оттук, бычак, белбоо,
Милтеге чейин баары бар.
Кармашканга каргаша,
Калса капыр жармаша,
Эт жүрөккө саларга
Эки миздүү тинте* бар,
Эр башына соктурган
Элүү кулач милте бар».
Айтып болду Каныкей,
Алиги турган кырк баатыр
Астыртан аста кеп айтар:
«Айтканы какшык – деп, айтар,
Капыр киши өзү – деп,
Конбой бара жатканга
Какшык айткан сөзү» – деп,
Арамзаалар аны ойлоп,
Акылмандар иш болжоп,
Каныкейге айтып ыракмат,
Кандарың кылып ыракат,
Катар токтоп турушту.
Кабылан Манас кеп ойлоп,
Бу Каныкей катындын,
Буластаган капырдын
Ушу сөзү чын болсо,
Ургаачыдан тың болсо,
Атаң-анаң дебеске,
Артылта камчы салбаска,
Артынан күнү албаска
Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун[1].
Канкоруң касам кылганы,
Катындан көөнү тынганы.
Не турдуңар кырк баатыр,
Жөнөңүздөр – деди, акыр.

---

[1] Ушул ыр сабынан кийин бир сап такыр өчүрүлгөн, окууга мүмкүн эмес. Бирок окуяда үзүлүү байкалбайт, кыясы, катчы ката жазып алып, өзү өчүрсө керек.

Жарлыгын угуп алыптыр,
Жаадай учуп Тазбаймат
Эшик тартып калыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштап карысы
Тышка чыгып караса,
Кырк чорого кырк бедөө,
Кыйладан бери бактырган,
Соорусуна баарынын
Жолборс үртүк жаптырган,
Дилде жүгөн каттырган,
Куранды ээр токутуп,
Кундуз көрпө тарттырып,
Мамык жаздык арттырып,
Басмайылды үчтөн тарттырып,
Ыкчырылтып ыргытып,
Ыкыстатып ойнотуп,
Ок жыландай сойлотуп,
Ооздугун чайнатып,
Оттой көзүн жайнатып,
Кол канжыга башына
Бирден доол байлатып,
Билериги баары алтын,
Билезиги* сары алтын,
Сары алтынга саптаган,
Бил терисин каптаган,
Чымын тийсе чыңк эткен,
Чыбык тийсе, кадимки
Мылтык аткан эмедей,
Кулак тунуп заңк эткен,
Курбусу алтын көк доол
Кол канжыга көмкөрүп,
Алтын соот күрөөкө
Аркасына бөктөрүп,
Бороондуу күнү суук өтпөс,
Жаандуу күнү суу өтпөс,
Чыйырчык алтын, чымчык көз
Чың бадана торгой көз,
Торгой көзү жыбырап,
Тоок көзү шыбырап,
Машанын мурду батпаган,
Чиркейдин мурду өтпөгөн,
Айга салып караса,
Алакан жүзү көрүнбөс,
Ак күрөөкө торгой көз,
Жакасы алтын жапмалуу,
Топчусу көөхар такмалуу,
Канжыгадан өткөрүп,
Кас буудандын баарына,
Бирден соот бөктөрүп,
Өзүнүн атын боштотуп,
Жолдошуна коштотуп,
Койгон экен баарысын
Коёндой кылып окшотуп.
Кылганын көрүп алышты,
Кырк баатыр айран калышты,
Кырк чоронун артынан,
Кызматы минтип артылган,
Баатыр жөнөп калганда,
Жерди басып аягы,
Жети кадам салганда
Токтой тургун, баатыр – деп,
Тозулган киймиң акыр – деп,
Катар киймиң эски – деп,
Кара торпок кескилеп,
Эшендерди жандатып,
Эски киймин талатып,
Эгесине зар айтып,
Басып үйдөн чыгарда
Сары улактан таптырып,
Садагасын чаптырып,
Жүз дубана, он кожо
Батакөйдү чакырып,
Жүдөбөй баккаң чагы бар,
Сакалында агы бар,
Жетимиш эки кары бар,
Жети жүз жетим баланын
Жергелеш турган баары бар,
Жеңеңдин иши ушундай,
Жетим бала башына
Бирден жамбы муштумдай,
Эси бары дүйнө – деп,

Колтугуна катышып,
Көөдөктүн ишин көрүп ал,
Көчөдөгү бакалга*
Жети, сегиз жаңгакка
Бир жамбыны сатышып,
Көчөгө салып атышып,
Жетим менен жесирди
Жергесине келтирди,
Баштап чыгып баатырды,
Кол көтөрүп акыры,
Көпчүлүк көзүн жаштады,
Көсөмдөр сөзүн баштады:
Азиздердин жаны үчүн,
Шейиттердин* мубарек*
Сызылган кызыл каны үчүн,
Алда Таала өзүңдөн
Тиленебиз аны үчүн,
Канымды астын кылба – деп,
Капырды үстүн кылба – деп,
Карып мискин тиленди
Дубабызды сыйла – деп,
Бегимди астын кылба – деп,
Бейжайды үстүн кылба – деп,
Бечара карып* тилендик,
Дубабызды сыйла – деп.
Казат мындай болорбу,
Калкы кытай оңойбу,
Кан козголгон оңорбу,
Мээнет мындай болорбу,
Бээжин шаар оңойбу,
Бек козголгон оңорбу,
Барса-келбес жер деген,
Башкы Адамдан бери жакка
Беттешип бенде жеңбеген.
Аттанганы алыс жол,
Отуз түмөн орчун кол,
Он кишиче көрүнбөс,
Жараткан өзүң жардам бол,
Сапарга чыккан оң мен сол.
Ал сөздү айтып буркурап,
Адамдын баары чуркурап,
Колунда бардын баарысы,
Койдой чуулап калышты,
Тогуз кылып той союп,
Оокаты орто адамдар
Базардан алып кой союп,
Бечаранын баарысы
Чоң көчөнүн четине,
Жоолугунун бетине
Жетиден санап нан коюп,
Тоо таянган байлары
Бирден байтал байлады,
Ай туякка чалганы,
Бакырлар нанын коюшуп,
Байлары байтал союшуп,
Жалпы ушуну көргөн соң,
Жакшылар жандан тоюшуп,
Бадачылар балбаңдап,
Баса калып танасын,
Талаага мууздап далдаңдап,
Койчу балдар кодоңдоп,
Колундагы кестигин
Ташка кайрап сороңдоп,
Боруктан кармай калышып,
Боздоп туруп жаш балдар,
Ак сары башыл чалышып,
Адамдын баары наалышып,
Кылымга түшүп түлүгү,
Кыргызга түшүп мүлүгү,
Карап көрдү канкору
Калктын баары муңайган,
Жайын көрүп эр Манас
Жардам тилеп кудайдан,
Көздүн жашын имерип,
Үстүнө минди кула аттын,
Үзөңгү бутун жиберип,
Бир кудайга зар айтып,
Пил баштаган нар айтып,
Канкор атка мингени,
Саламат уулу Кыргыл чал,
Заңк дедире бир уруп,
Доол кагып ийгени,

Кылымдын көзү жаш болуп,
Кыраанын Манас баш болуп,
Дарбазанын тышына
Жаңы чыкты ушунда,
Кол башчысы Кыргыл чал
Доол каккан тушунда.
Кырмызы жоолук колунда,
Кырк баатырдын соңунда,
Күрөөкө тондой жылп этип,
Күкүктөй үнү зыңк этип,
Аяш бери токто – деп,
Каныкей басты шыңк этип.
Каныкейден өтө албай,
Кайрылбай таштап кете албай,
Кан Алмамбет айланды.
Алмамбеттен өтө албай,
Нары жүрүп кете албай,
Арстан Манас байланды.
Манаска карап токтолду,
Андан кийин ары жакка
Бастырган бенде жок болду.
Төрө Манас жолборсу,
Төгөрөк тартып токтолгон
Төрт жүз экен жолдошу,
Каныкей көзүн жаштады,
Кайгылуу сөзүн баштады.
«Жайкы чилде кырк күндүр,
Кыш чилдеси кырк күндүр,
Эки *кыркың сексендир,*
Көрбөгөн бенде жексендир,
Жайлоо каркап толуптур,
Жаңыдан чилде коนуптур,
Сай төрөлөр жыйылып,
Сапарың алыс болуптур.
Азык алдың дилдеден,
Атка миндиң чилдеден,
Мен сурайын бу жерде,
Бээжин жериң не жерде?
Бет алды кыргыз жолборсу,
Бектерден болгон жолдошу,
Бээжиниң канча жол болчу?
Канча күндө барасың?
Канча күндө келесиң?
Кабарын айтып бергейсиң?
Алда билет аларды,
Алда билет алдырып,
Анжы, Манжы, Таңшанда
Арстандар жатып каларды,
Алда билет өлөрдү,
Арстандардын баарысы
Алыска сапар жөнөлдү,
Аттанган жандар аманат,
Алда билет сиздерди
Аман кайтып көрөрдү.
Ат кубаты жал менен,
Адамдын күчү мал менен,
Аарынын күчү бал менен,
Айымдын күчү кан менен,
Булуттун күчү жел менен,
Буудандын күчү тер менен,
Улуктун күчү эл менен,
Дыйкандын күчү жер менен,
Кыяндын күчү зел менен,
Катындын күчү эр менен.
Таянар жалгыз төрөмдү,
Жаман жоого жөнөлдү,
*Жанын тирүү көрөмбү,*
Айрылып алып арстандан,
Арманда бойдон өлөмбү.
Сүйүп мээрим канбады,
Аркасында баатырдын
Сөөнөр туяк калбады,
Алып мээрим канбады[1],
Аркасында баатырдын
Алдейлээр мерзент калбады,
Кейишти санап жеңеңдин

[1] Ушул жана кийинки сап ыр барактын четиндеги ачыкка кыйгач жазылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү.

Кетип турган дарманы.
Баатырымдын барынан
Мамыкка жаттым, уктадым,
Барча журтун тутканым,
Басылбаган чоң арман,
Баркыратып ыйлатып,
Баланын үнүн укпадым!
Беренимдин барынан
Мэлүүнгө жатып уктадым,
Беш тайпа журтун тутканым,
Бекерге өткөн өмүрүм,
Безилдетип ыйлатып,
Перзенттин үнүн укпадым!
Аттанган канча жамагат[1],
Алачка болгон алаамат,
Азырда төрөм саламат,
Арзыган кытай арбын жоо,
Ан үчүн жаның аманат.
Кара курттай жоо болсо,
Касаба кара тоо болсо,
Каптаган калың жоо болсо,
Кайраттуу төрөң толгонсо,
Кайнар кара суу болсо,
Кайгайлаган чуу болсо,
Калкылдаган туу болсо,
Кашында киши жок болсо,
Камоодо төрөң токтолсо,
Чалчыктуу кара суу болсо,
Чабуулдаган чуу болсо,
Жаркылдаган туу болсо,
Жанында киши жок болсо,
Жайдары төрөң токтолсо,
Ойлонсоң ушу сөзүмдү,
Окко уруп өзүңдү,
Каралашар сиз деймин,
Камалап кытай кол салса,
Кайратты сизден издеймин!
Амир болуп Алдадан,
Алып калсаң капырды,
Мөөсүлүм бөлөк акыры,
Кырк чородон кырк жетек
Кызыл куйрук нар болсун,
Нар үстүнө артканың
Кызыл дилде зар болсун.
Анык болсо Бээжинди
Аралап кирип чапканың,
Асылдан издеп тапканың,
Нар үстүнө жапканың
Кырмызы килем бул болсун,
Жалгыз бой жайын билесиң,
Казан-ашка карашар
Нара борчо калмактан
Он эки, он үч кул болсун,
Мен бечара жеңеңдин
Мөөсүлү бөлөк шул болсун».
Каныкей айткан кеп эми,
Как шу жерге келди эми.
«Токтой тургун, жеңе – деп,
Арбак урган кытайды
Арзан душман дебе» – деп,
Эр Алмамбет шол жерде.
Эскиси түшүп эсине,
Жаш имерди көзүнө,
Капаланып кан Алмаң,
Каныкейдин жанагы,
Мөөсүл деген сөзүнө,
Оболку иш түшүп оюна,
Такааты турбай боюна,
Аттиңине жеңеке,
Аскердин камын жедиңиз,
Арстанды жалгыз дедиңиз,
Аягы тийди өзүмө
Ар түрлүү айткан кебиңиз.
Наалыш кылып, арыз айтып,
Нак шу жерде өзүмө[2]
Арман менен келдиңиз.

---

[1] Ушул ыр сабынан тартып үч сап ыр кызыл карандаш менен тегеректелип көк сыя менен чийилип салынган. Чийилген тексттер калыбына келтирилди.

[2] *өзүнө.* Контексттин талабына туура келүүчү үлгү – «өзүмө»

Бербердигер бербесе
Бенденин баары бейдарман,
Бек тапшырып мени айттың,
Менде тоодон чоң арман.
Жалгыз дейсиң баатырды,
Жайңап жаткан көп кыргыз
Кимге тууган акыры?!
Энеси бөлөк нечөө тур,
Жергеси бирге жетөө тур.
Артында арстан баатырдын,
Аңдагын сөздүн акырын,
Абыке, Көбөш ини бар,
Ак ислам дини бар[1],
Астыңда турган бир кулдун
Өзүнөн бөлөк кими бар?!
Сөөктөш кытай элим жок,
Сөз байлашкан эрим жок,
Уругу кытай элим жок,
Убада кылган эрим жок,
Кытайга кылган пейлиме,
Кылчайып азыр карасам,
Узап кетер жерим жок.
Өрттөп өзүм элимди,
Өткөрө бузуп бейлимди,
Жалмадым жат боор элимди,
Жаман бузуп бейлимди.
Сулаттым султандарымды,
Сумсайттым тууган баарыны,
Суудай төктүм каныны,
Өз элимди өрттөдүм,
Жат элимди жалмадым,
Кадырын билбес Көкчөнү
Канчалыкка кармадым.
Жергесин сураар жээним жок,
Эңсеп[2] барар элим жок.
Таянарга тага жок,
Тагдыр жетсе даба жок,
Бөлөктү койдум бөлө жок,
Эңкейип кетсем жөлөк жок,
Кадырым билер калкым жок,
Кадимкидей наркым жок,
Карсылдашып[3] келгенде
Капырдан качар салтым жок.
Өчтөшүп жүргөн капырдан
Өлүп калсам окустан,
Өчөгүшкөн доңуздан
Өчүп калсам кокустан
Арбагымды ким сыйлайт,
Аманат жанын ким кыйнайт,
Азып жүргөн бир кулга
Абыдан кейип ким ыйлайт?!
Тутунарга тууган жок,
Журтумдан эч ким кууган жок.
Аманат кара жан үчүн,
Акыреттин камы үчүн,
Ата-энемден айрылып,
Алдырадым ан үчүн,
Чын дүйнөнүн жайынан,
Чымындай жандын айынан,
Чын коркуп актын каарынан
Чыгып келип мен турам,
Чынмачындын шаарынан.
Алдымдан караар ага жок,
Ажал жетсе дабаа жок,
Аманат жанга бир себеп –
Алдадан бөлөк паана жок.
Артымдан караар ини жок,
Айланар тууган бири жок.
Ар кандай тартсам азапты,
Алдадан бөлөк билүү жок,
Акыретке бет алсам
Наалуучу адам бири жок!»

---

[1] Ыр сабы көк сыя менен чийилип салынган.
[2] *эксеп.* Катчыдан ката кеткен. Талап кылынган туура үлгү – «эңсеп».
[3] *карсылдашып.* Катчыдан ката кеткен. Контекст боюнча туура келүүчү сөздөр: «карсылдашып» же «карчылдашып».

Алмамбет арман баштады,
Атпай турган кырк чоро
Агызып көзүн жаштады.
«Жанымда турган кырк баатыр
Жакшыраак болсом көрө албас,
Жарлык кылсам көнө албас,
Шашкаландуу күн болсо,
Жанымдагы кырк баатыр,
Жакшылап жууп, көмө албас.
Чала болду кулга – деп,
Боо окшогон кытайдын
Жатар жайы жылга – деп,
Жараткан Алда бендеңди
Так ушундай кылба – деп,
Мойнуна илдик тулга – деп,
Жесетим жерден албастан,
Челишип жоого барбастан,
Таштаган бойдон жөнөөр – дейм,
Жайбаракат күн болсо,
Туз көмгөндөй көмөр – дейм!
Жалгыздыгым билинип,
Жар мойнума илинип,
Жатып калам – деп, ойлойм,
Жаадымда далай кеп ойлойм.
Баркырап ыйлаар балам жок,
Баркымды билер адам жок,
Кайышып калар карам жок,
Каңгырган кара бир башым,
Карманарга балам жок.
Тутунуп алар туяк жок,
Жалган дүйнө каранга,
Же туруп калар сыяк жок.
Катыным кара кийинер,
Кадырлаш болсо кай бирөө
Калмакка жакшы болду – деп,
Кадиги жок сүйүнөр.
Атпай журтта акым жок,
Ары-бери карасам,
Алганымдан жакын жок,
Алганым анык күйбөсө,
Атылган ташка биздин ок.
Кара журт сенде акым жок,
Карап турсам дүйнөдө
Катынымдан жакын жок,
Катыным какшап күйбөсө,
Кагылган ташка биздин ок!»
Кыраан Алмаң муну айтып,
Кырк баатырды муңайтып,
Муңдуу чоро кыйла бар,
Мурунунан чимкирик
Үзүп алып булайтып:
Ар канча улук болсо да,
Акылы тунук болсо да,
Жалгыздыгы курусун,
Жайын айтып кайран эр,
Жашып ыйлап турушун!
Ушуну айтып кырк баатыр
Муңайышып калышып,
Мурундан чыккан көк сууну
Булайтып жерге салышып,
Найзанын баары солкулдап,
Бөйрөктөрү болкулдап,
Караан Алмаң бу жерде
Кыйла сөз айтып салыптыр,
Кырк чоро баштык төрт жүзгө
Кыямат болуп калыптыр.
Келе бери баатыр – деп,
Тартышалык акыр – деп,
Анжыяндан алдырган,
Сагаса кулун салдырган,
Тартса кумар кандырган,
Кара мурчтан буулаган,
Калемпирден суулаган,
Тарткан адам дуулаган,
Жанашалап турушуп,
Жанчыктан чакча суурушуп,
Келе бери баатыр – деп,
Кеп көбөйүп жатыр – деп,
Тартышалык акыр – деп,
Акылга кайрат тегишип,
Насыбайын чегишип,
Аркы-терки турушуп,

Алып келип кай бирөө,
Насыбайын сунушуп,
Кайтып келер акыл – деп,
Кайгы болбос акыр – деп,
Канетесиң баатыр – деп,
Арстан заада чоролор
Тартып ал муну баатыр – деп,
Насыбайын сунушту,
Катар турган көй баатыр
Кайрат айтып турушту.
Алмамбеттин өзүнө,
Наалыш кылган сөзүнө,
Кара доол мөндүрдөй
Кара жаш келип көзүнө,
Пери заада Арууке
Медер болор бекен – деп,
Арууке бейбак айтат кеп:
«Болжолун билбей тим жүргөм,
Боюмда бар бир күмөн,
Майыштың ыйлап бала үчүн,
Баян кылдым ан үчүн,
Боздодуң ыйлап бото үчүн,
Болор-болбос бир күмөн,
Болжой албайм ошо үчүн!»
Арууке айтып токтолду,
Каныкей кайта сурады
Баштагы айткан жоопторду:
«Аяш, аттандың сапар алыска,
Акылым жетпейт Бээжинге
Аз күндө жетип барышка,
Жүргөнүң отуз түмөн кол,
Бээжиниң канча күндүк жол?
Канча күндө барарсыз,
Канча күндө келерсиз?
Келе турган маалыңды,
Кебиңди айтып бергейсиз.
Артык айтып койбоңуз,
Наалытын жүрүп сойбоңуз,
Кемитип айтып койбоңуз,
Кейитип жүрүп сойбоңуз,
Кеңешти кенен ойлоңуз.
Алып калсаң жыргадың,
Алтын, күмүш асылды
Артынып жүрүп жылбадың.
Алдырып салсаң кыйрадың,
Арманың ичке сыйбадың,
Сайдырып салып кокустан,
Качып кирип окустан,
Арык черүү болбосун,
Кайта келип, калкыңа
Аламанды койбосун,
Семизин кармап сойбосун,
Көтүнөн барган ээсин,
Чыгара чаап мээсин,
Жолго жарып бээсин,
Чыгарбасын журтуңдун
Капкайдагы кээсин.
Тышкыдан арбын келген кол,
Улуу черүү, улуу жол,
Ушул экен ойлосом,
Алдырып салып кытайга
Атынын бутун чарыктап,
Аскериң келсе арыктап,
Четинен кармап союуга,
Ачыгып келсе аскериң
Дасторконго коюуга
Согумун камдап алайын,
Келген заман астына
Дасторконун салайын,
Кайтар маалың кайсы маал
Кабарын, аяш, айтып сал.
Алдам арбак берген соң
Аянып жоодон нетесиң,
Ары карай жүргөн жол
Нече күндө жетесиң?
Узакка сапар барасың,
Уруп кеткен капырга
Урушту качан саласың?
Кадыр Алда жар берсе,
Канча жылда, канча айда
Кайра тартып каларсың?
Көңүлгө төтөп угалык,

Ушунча жылда келмек – деп,
Күтүнгөн болуп туралык.
Жашырбай жайын айтыңыз,
Алда Таала жар берсин,
Арбак урган капырга
Алдырбай аман кайтыңыз
Чыгарып чынын айтыңыз,
Чынын айтсаң бул жерде
Чылк ырыс болсун артыңыз,
Чыгармак үчүн калбаны
Чынмачын болду дартыңыз.
Көпчүлүк кылган кытайга
Көрүнмөккө барасыз,
Көрүп турсам өзүңдү
Көп адамдан даанасыз.
Жалпы кытай бир болуп,
Жалгыздаган өзүңдү,
Жандырса кудай өчүңдү,
Жар жолдошуң Аруукe
Качан көрөр көзүңдү?»
Ал сөзгө Каныш келгени,
Оозунан кандай чыгат – деп,
Ошо күндө Алмандан
Ойроттун баары дегдеди.
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Ай, калайык – деп, айтат.
Алда билет аларды,
Алда билет алалбай,
Ажач* урук кытайга
Арманда жатып каларды.
Алда билет өлөрдү,
Өлүп калсам ал жерде,
Азыркы турган кырк чоро
Аруулап жакшы көмөрдү.
Ажалдан анык билемин
Ашыгыштуу күн болсо,
Атасынын көрү кытай – деп,
Талаага таштап жөнөөрдү.
Арбагым башта бар болсо,
Аттанган жолум шар болсо,
Алда Таала жар болсо,
Аз гана эмес, мол жүрүп,
Ары карай Бээжинге
Үч ай – токсон жол жүрүп,
Эсен койсо кудурет
Эртыш, Уркун эки суу,
Эл катары мына бу,
Эгем таала сактаса
Уркун улуу дайрадан
Кечип өтсөк таптаза.
Элөө Мастын боз чөлгө,
Быткыл-быткыл көп көлгө
Жатып алып, кол кыштап
Түтүнү менен тооректын
Чатыр менен кош ыштап[1],
Аларбыз алты ай кышыны,
Азыр кантип бийлейбиз
Алданын кылар ишини,
Аңдаңар азыр ушуну,
Жайчылыктуу күн болсо,
Саларбыз таптап кушуну,
Өтсө кыштын алты айы,
Өтүрүк дүйнө далайы,
Ал жерден орун аларбыз,
Алты ай жатып каларбыз.
Амыр болсо кудайдан[2],
Ат кара тил болгондо*,
Тогуз айга толгондо,
Бээжинден чалгын чаларбыз,
Алдырсак да, алсак да
Алтай уруш саларбыз.
Кайра тартып жол жүрсөк,
Карк үч айга мол жүрсөк,
Бир жарым жыл болгондо,
Он тогуз айга толгондо
Келип түшөм – деп, ойлойм

[1] *тыштап.* Каптатып маанисинде ушул түрдө айтылышы да мүмкүн, бирок контекстте «ыштап» тагыраак туура келет жана саптагы маани да оңой түшүнүлөт.
[2] Ыр сабы жашыл сыя менен (тексттер кара сыя менен жазылган) сызылып салынган.

Түркстан жери борборго»[1].
Ал сөзгө Алмаң келгени,
Азыр жөнөп кетерде
Адамдын көбү дегдеди.
Аксакалдуу Кыргылы
Кагып доол салганы,
Амандык айтып чуркурап,
Адамдын баары буркурап,
Аскердин арка жагынан
Арстандар жөнөп калганы.
Жамандардын баарысы
Өңүнөн чыгып сарысы,
Үшкүрүгү көп болуп,
Өңдөрү сары чөп болуп,
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Мууну кетип шалдайып:
Алмамбет коркту, ким билет,
Аттанган жандын баары өлөт,
Өзөндө суула жекенбиз,
Өлүмгө кеткен экенбиз.
Көпчүлүгү куңгүрөп,
Көчүрүп жерди дүңгүрөп,
Амандашып, коштошуп,
Айры төөдөй боздошуп,
Адамдар наалып алыптыр,
Алиги ишти көргөндө,
Арстан эр айран калыптыр.
Ашуусу бийик тоо белем,
Ант ургур кыйын жоо белем,
Атамдан берки өчмөнтөй,
Атышсам кантип соо келем?!
Тарса, жөөт, калчага,
Талкалаштым канчага,
Кыйба менен кырыштым,
Кызылбаш менен сүрүштүм,
Каңгай менен кагыштым,
Калмак менен бир жолу
Кадимден бери салыштым,
Орус менен оюштум[2],
Ооган менен союштум,
Ойлонбой турган Каныкей
Кылган иши кандай? – деп
Кыйынырак жоо белем
Кытайдын зору калдай – деп,
Көңүлүн түрлүү жиберип,
Көк жал Манас ойлонуп,
Көзүнүн жашын имерип,
Бир кудайга зар айтып[3],
Бил баштаган нар айтып,
Жаракты белге чалынып,
Жалгай көргүн, кудай[4] – деп,
Жаратканга[5] жалынып,
Аскердин арка жагынан
Азыр жүрдү көй баатыр,
Аргымак аттар арымдап,
Ала байрак дарылдап,
Алтындуу калкан жаркылдап,
Ала байрак жалпылдап,
Туулга башта жаркылдап,
Тулпарлардын туягы
Жерге тийсе тарсылдап,
Бедөө тулпар алкылдап,
Белде кылыч шаркылдап,
Күрөөкө соот жылтылдап,
Жортуулга минген көй буудан

---

[1] Ыр сабы көк сыя менен тегеректелген, бирок көк карандаш менен ал белги жокко чыгарылган.

[2] Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелген жана көк сыя менен сызылып салынган.

[3] Ушул жана кийинки сап ыр көк сыя менен чийилип салынган.

[4] *кудай.* Сөз көк сыя менен сызылып, үстү жагына ошол эле сыя менен «бизди» – деп, жазылган.

[5] *жаратканга.* Сөз көк сыя менен сызылып, ошол эле сыя менен сөздүн үстү жагына «жалпы калкка» делип, жазылган. Кол тамга катчыныкы эмес.

Жоргосу чыгып кылтылдап,
Астында Кыргыл аксакал,
Айтылып турган ушу сөз
Азелден берки чоң макал,
Арстан Манас ортодо,
Жамандын баары онтоодо,
Артында калып Алмамбет,
Алдам, өзүң колдо – дейт[1].
Жобонгон менден менмин – дейт,
Жоо журтка элдей келдим – дейт,
Жолдошум Кудай сенсиң – дейт.
Элкимдик түшүп эсине,
Эки жаан дүнүйө
Караңгы болуп көзүнө[2],
Сенделип аскер артынан,
Жалгыздыктын дартынан,
Бара турсун Алмамбет.
Аны коё салыңар,
Алдыңкы кеткен көп колдун
Кабарын угуп алыңар.
Найзанын учу чабышып,
Аскердин[3] башы кагышып,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин[4] башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Туусу тууга урунуп,
Чаң обого бурулуп,
Тоо түгөнгөн өңүргө,
Чөмүчтүн кара сеңирге,
Жалынып жапар теңирге,
Кара суунун боюна,
Кашыктын кирген оюна
Колдун алды жабылып,
Өйүз менен бүйүзгө
Найзасы жерге сайылып,
Асабасы жайылып,
Аттын баарын кишендеп,
Кишенине ишенип,
Аттын баарын чидерлеп,
Арбын экен шибер – деп,
Ачка өлөр дейсиңби,
Арам өлгөн доңузду,
Балдар, анда-санда имер – деп,
Коё берип кол[5] атын,

[1] *Алдам өзүң колдо – дейт.* Ыр сабы катары менен келүүчү кийинки баракка эмес биринчи бетине тексттер жазылган. Буга чейин дайым актай калтырылып келген, бaрактын сырткы бетине жазылган. Барактын жогору жагындагы ачык жерде латын тамгалары аркылуу кызыл карандаш менен жазылган «164-бет жок» деген белги-жазуу бар. Жазуунун алды кызыл карандаш менен эки жолу сызылган (көңүл бур деген белги го).

Дептердин ортосунан бир барагы эмне үчүн, качан жоголгону белгисиз.Ошондой эле ал жоголгон беттеги тексттер качан, ким тарабынан, эмнеге таянып калыбына келтирилгени да эч жерде эскерилбейт. Жоголгон беттеги тексттерди калыбына келтирүүдө мурдагы тексттерди жазган катчы Ыбырай Абдыракманов катышканы, же катышпаганы да күмөн, не болгон күндө да жаңы жазылган тексттердеги кол тамга анык эмес. Жоголгон беттеги тексттер өзүнчө жаңы баракка эмес, бир бетине мурда тексттер жазылган 163-беттин сырткы актай бетине бир колонка түрүндө жазылып (20 сап ыр), батпай калгандары өзүнчө, мектеп дептеринен айрылып алынган эки тайкы баракка бир колонка түрүндө жазылган (19 сап), дагы уландысы ошол барактын сырткы актай бетине жазылган (4 сап ыр).

Жазуунун грамматикасына, ар бир сөздүн чийилүү эреже-ыгына караганда жоголгон бетти калыбына келтирүү иши кийинчерээк, б.а., отузунчу жылдардын орто чендеринде, же андан да кийин жүзөгө ашырылган өңдөнөт. Эгер андай болсо жоголгон бетти калыбына келтирүүдө түп нусканын көчүрмөсү, тагыраак айтканда, 1936-жылы латын алфавити менен машинкага басылган үлгү негиз катары колдонулушу ыктымал.

Тексттер жазылган бет, баракка катар номер коюлган эмес. Жаңы жазылган тексттердин төрт сабы өчүрүлүп, ордуна башка сыя менен ушул саптар жазылган, мурдагы жазылгандар окулбайт.

[2] Ушул ыр сабынан тартып үч сап ыр сызылган. Сызылуу туура. Анткени кайталоо.

[3] *аскердин.* Сөз жашыл сыя менен сызылып, ордуна «адамдын» деген сөз жазылган.

[4] *аскердин.* Сөз жашыл сыя менен сызылып, «адамдын» деп, оңдолгон.

[5] *кул.* Катчыдан – ушул жердеги тексттерди жазган белгисиз адамдан кеткен каталык. Туура үлгүсү – «кол».

Чапанын чечип алышып,
Чатыр кылып салышып,
Чалкадан жатып калышып,
Көйнөгүн чечип алышып[1],
Көлөкө кылып салышып[2],
Көлпүгүп жатып калышып,
Көгөнөк тийген жылкыдай
Так секирип турушуп,
Чиркин кандай неме – деп,
Чиркей менен урушуп,
Басып жүргөн андан көп.
Чот-керкиси колунда,
Чоқондотуп жер очок
Казып жүргөн сандан көп.
Сууга түшүп чулпулдап,
Кулач уруп култулдап,
Куулугун уучтап бултулдап[3],
Чурап жүргөн андан көп.
Эмене деген жер экен,
Машасы башка неме экен,
Сурап жүргөн сандан көп.
Эл ушинтип жатканда,
Эркинче болуп атканда,
Артынан келип Алмамбет,
Оң жагына бир карап,
Ок тийгендей ыңгырап,
Сол жагына бир карап,
Топ тийгендей зыңгырап,
Аскердин бейлин жактырбай
Айтып сөзүн так кылбай,
Алмамбет жолго салыптыр,
Аскердин жаткан бейлине
Ачуусу келип калыптыр.
Андан мурун эр Манас
Аралап өтүп көп колдон,
Айтууга дастан кеп болгон,
Как Чумуштун башына,
Кабылан Манас бадыша,
Кашага кара ташына,
Кымкаптаган чатырга,
Кырк жигит менен баатырга
Кызыгып ойноп жатарга
Чай кайнатып, нан салып,
Сары аякка бал салып,
Чатыраш ойноп, даң салып,
Туу байталды сойдуруп,
От ордундай даңкандан
Отуз-кырктан койдуруп,
Олтурган баатыр кошунда,
Оюна түшүп ар жумуш,
Алмамбет келди ушунда,
Арстан Манас баатырдын
Бейкут жаткан тушунда.

*Сегизинчи*

## АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫ КАН КӨТӨРГӨНҮ, АЛМАМБЕТ АСКЕРДИ БАШКАРГАНЫ

«Кабылан Манас барсыңбы,
Катаасыз уккун арзымды,
Калк ээси кан десем,
Кашкая чыккан карсыңбы?
Арстаным Манас барсыңбы,
Абыдан уккун арзымды,
Аскердин ээси – деп, жүрсөм,
Ашкере чыккан карсыңбы?

---

[1] Ушул ыр сабы менен жоголгон бетти калыбына келтирген тексттер бүтөт.

[2] Ушул ыр сабынан тартып (165-бет) мурда жазылган негизги текст кайра башталат. Кол тамга катчынын – Ы. Абдыракмановдун өзүнүкү.

[3] Ыр сабы кара карандаш менен абдан сызылган.

Жыйганың отуз түмөн кол,
Барарың Бээжин алыс жол.
Кыйгактуу найза бооладың,
Кытайдын журтун жooладың.
Кытай деген кылым журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Кыйла чыгар кыяры,
Кыпындай жери маа жакпайт
Адамыңдын кыйлы.
Арбын чыгар аяры,
Арзан дебе аларды,
Адамың баары эндекей,
Абалыңыз бу болсо
Алда билет адамың
Аман бири каларды.
Колуңду баштап нетемин, төрөм,
Жолдошуң бейли бу болсо,
Жообумду бергин, кетемин, төрөм.
Колуңду баштап нетемин, төрөм,
Колуңдун түрү бу болсо,
Корктум, кайра кетемин, төрөм.
Узун сөз айтсам суусаймын, төрөм,
Уруксат берсең узаймын, төрөм.
Чатыраш ойнуң чачылсын, төрөм,
Уйкудан көзүң ачылсын, төрөм.
Кумалак ойнуң курусун, төрөм,
Минткенде катар ырысың, төрөм!
Ушу кылган ишиңе,
Ушу жыйган кишиңе,
Ичим кантип жылысын, төрөм!
Карадан мылтык түздөйүн, төрөм,
Кабарыңды үзбөйүн, төрөм,
Кароолуңдан түшпөйүн, төрөм,
Кечигип кетсең издейин, төрөм,
Дин мусулман уулунун[1]
Керегар* ишин иштейин, төрөм!»
Алмамбет түрү бузулду,
Аскердин баары кысылды.
Алмамбет кылды кайратты,
Аскердин көзүн жайнатты.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштык карысы,
Кыңк эте албай калышты.
Кыраан Алма султаның
Кылган кыйла намысты.
Ары-бери бир карап,
Арстаны Манас кеп айтат,
«Азаматтар – деп, айтат.
Сегиз жандын үстүнө
Арбак сөөп дөө болгон,
Кан кылганым көө болгон.
Карып өзү калганбы,
Эр Бакайга не болду,
Эмине үчүн башкарбайт
Эндөөлөтпөй көп колду,
Айдаган колу аз эмес,
Аңдабайт, билбейт дегидей
Абакем Бакай мас эмес.
Ажыбай, Серек барыңар,
Алда эмине кылат – деп,
Аялбасын жаныңар,
Аксакал Бакай карыңар.
Айтып салам бериңер,
Азыр анда өкүмөт,
Кандыгын сурап келиңер,
Сөзүмдү сөгүп салбаса,
Көңүлүнө албаса,
Айтты – деп, наалат кылбаса,
Насиятым тыңдаса,
Сөзүмдү сөкөт кылбаса,
Дөөрүдү дебей тыңдаса,
Айтканым макул көрөр – деп,
Азыркы жолку кандыгын
Алмамбетке берер – деп,
Айтыңар Бакай сенсиң – деп,
Ааламды билген эрсиң – деп,
Азыркы жолку кандыгын

[1] Ыр сабы көк сыя менен сызылып салынган.

Алмамбетке берсин» – деп,
Эр Манас айтып салыптыр,
Бакайга баргын дегенде
Кырк баатырдын баарысы
Элейишип калыптыр.
Аталаш тууган Манаска,
Арбагы бийик алачка[1],
Калк каалаган өкүмөт,
Кайтарып бере койгун – деп,
Кандай айтыш тамаша.
Бу сөздү айтып салышып,
Муңайышып калышып,
Кандыгыңды бергин – деп,
Касиеттүү Бакайга
Кандай адам айтат – деп,
Өткүрсүнүп айткан жан
Өлбөй кантип кайтат – деп,
Сабыркаган кырк баатыр,
Шатмандык кайра келишип,
Ажыбай менен Серекти
Атын атап койгон соң
Шакылдашып күлүшүп,
Күлкүсү чыгып алышты.
Күлүп ойноп калышты[2].
Ажыбай, Серек эки бек
Алдам өзүң колдо – деп,
Атынын боору баткактап,
Багалчагы шаткактап,
Ийри-муйру Кара-Суу,
Илебинде кырчындуу,
Кара Суудан каргытып,
Атырылтып, аргытып,
Алыс жолго салыптыр,
Ашыгышты булар – деп,
Адамдар айран калыптыр.
Дөбөдөгү чатырдан,
Бизди көздөй чапкылап,
Келе жатыр эки жан,
Тааный албай болдук таң.
Катуу келет жарышып,
Кара десек каргадай,
Карга десек бутадай,
Кан Абаке, бу кандай?
Сүйүнчүгө чабышып,
Катыны эркек туугандай,
Карсылдашып ашыгып,
Калмактан жылкы куугандай,
Желе жатыр бир-экөө,
Кийгендери күрөөкө.
Айтып балдар киргени,
А дедирбей эр Бакай
Айтканында билгени,
Абакеңиз эр Бакай
Мыйыгынан күлгөнү.
«Андай болсо жүгүрүп,
Ат алыңар балдарым,
Ажыбай келе жаткандыр,
Айтар сөзгө балбаным,
Баштуу журттун баласы,
Бадышанын сарасы*
Ишинде жок чаласы,
Алтын айдар, чок белдүү
Алмамбет келип калгандыр,
Азыркы иштин оңунан,
Аскердин келип соңунан,
Аламан өскөн бу элдин,
Ээнбаш өскөн куу элдин
Кылыгын көрүп алгандыр.
Аламан экен айлың – деп,
Эсер экен элиң – деп,
Эркиндикке өзүмө
Эми уруксат бергин – деп,

[1] Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелип, кара сыя менен сызылып салынган.

[2] Ушул саптан кийин түп нускада бир бетке жазылган текст жок (169-бет). Жазылган беттин ордуна түп нусканын 168 (179)-бетинин сыртына кызыл сыя менен 12 сап ыр жазылган. Ал саптар үзүлүп калган окуяны бириктирип турушат. Бир беттеги тексттер он эки сап эле ыр болушу арсар. Чынында андан көп болсо керек, бирок так кандай экенин айтуу кыйын.

Жолуңду баштап нетем – деп,
Жолдон кайра кетем – деп,
Колуңду баштап нетем – деп,
Колдон кайра кетем – деп,
Кыйбат баа Алмамбет
Кыйыктанып калгандыр,
Кыраан Манас баатырың
Кыңк этип жооп айта албай
Туюктанып калгандыр.
Бадышалык өкүмөт
Бакай абам берер – деп,
Баянсыз жалган дүйнөдө
Мага болгон медер – деп,
Барып калса Ажыбай,
Бакай абам берер – деп,
Ажыбай менен Сереги,
Азыр тийип калгандыр
Эки кулдун кереги,
Анын үчүн биз жакка
Ажыбай, Серек келгени».
Абаң айтып мындай кеп,
Ылдам чыгып жүгүрүп,
Ат алыңар, балдар – деп,
Эр Бакай буйруп салыптыр,
Айтып оозун жыйганча,
Аны-муну кылганча,
Арылдатып эки кул,
Азыр келген жери ушул.
Ажыбай, Серек келгени,
Аманбы, балдар – дегени.
Атын желдет алыптыр,
Ачып эшик калыптыр.
Салам айтып бүгүлүп,
Кол беришип жүгүрүп,
Эки баатыр бүкчүйүп,
Оң капшытта ал экөө
Олтурушту чүкчүйүп.
Астына даам койгон соң,
Аш-тамакка тойгон соң,
Алакан жазып, кол ачып,
Дуба кылып болгон соң,
Эр Бакай кары кеп сурайт,
«Не жумуш, балдар? – деп, сурайт.
Не келдиңер өзүңөр,
Айтууга барбы сөзүңөр.
Жайы кандай жумушуң,
Жашылданат көзүңөр,
Кайрат кылар кезиңер,
Кимден чочуйт эсиңер?
Чочубасын жүрөгүң,
Чоңойбосун дүмөгүң,
Жоодурабай сүйлө» – деп,
Эр Бакай сурап калганы,
Ажыңыз сөздү салганы:
«Азыркысын Манасың
Ай-ааламдын зардалы,
Аман болсун жандары,
Ар жагы Жапыш балдары[2].
Төрөң бизди жиберди,
Алда Таала кудурет
Дөөрүтө жасап коюптур
Абалдан бери силерди.
Ногой уулу болгонуң,
Осол Серек дебестен,
Абаке, азыр ойлогун.
Туу га желек байлады,
Турган жуда мусулман
Кандыкка сизди шайлады.
Кечээ берген кандыкты
Кайта сурап келгин – деп,
Канкоруң бизди айдады.
Улугубуз сизсиз – деп,
Убара болгон бизбиз – деп,
Иниңдин айткан сөзүн бил,
Өлүмгө келдик экөөбүз,
Не кылсаң, аба, өзүң бил!»
Ал сөздү айтып Ажыңыз,
Мойнун салып шылкыйып,

[1] Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелип, көк сыя менен сызылып салынган.

Жерге багып зыңкыйып,
Айтып Ажы салганы,
Айтканын угуп эр Бакай,
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калганы.
«Атым Бакай болгону,
Арбагым башка конгону,
Жаманатты кабарым
Жалгыз бенде уккан жок,
Нече жерде кан болдум,
Караңарчы, балдарым,
Башыма мүйүз чыккан жок.
Нече жерде бек болгон,
Кеңдигинен абаңа
Кетпеген дөөлөт токтолгон,
Так ошондон бер жакка,
Абакеңиз Бакайда
Таруудай тарлык жок болгон,
Кеңдигинен ан үчүн,
Кеңири дөөлөт токтолгон.
Нече жерде кан болдум,
Калайыкка белгилүү,
Кандыгым журтка даң болдум.
Жарлыгын жалган ким кылсын
Жайдары Манас төрөмдүн,
Жалдырабай эки кул
Чапчаңыраак жөнөгүн,
Ал Алмамбет арстанды
Манастан да артык көрөмүн,
Бир сураса ал үчүн
Миң кайтара беремин.
Баатыр Алма султанды
Баламдан жакын көрөмүн,
Башкарып алсын аскерин,
Бачымыраак жөнөгүн!»
Абасы Бакай кеп айтып,
Жан нөкөрү Жайнакты
Алып кел бери – деп, айтып,
Абаң буйруп салыптыр,
Жайнак туруп сандыгын
Көтөрүп келип калыптыр.
Шарк дедире сандыкты
Жайнак оозун ачканы,
Кашындагы бектерге
Сандыктагы кагазын
Молдолорго чачканы,
Ар кайсысы бир катты
Алып бетин ачканы,
Сырлуу сыя жаздырган,
Жыгалуу мөөр бастырган
Каталбек молдо тапканы.
Алиги катын алыптыр,
Кагазың мында экен – деп,
Бакайга берип салыптыр.
Калемин Бакай алыптыр,
Дөөтүнө малыптыр,
Дөөгөр Бакай абаңыз
Өзү жазып калыптыр.
Сураганда султандын
Сөзүн кабыл көрдүм – деп,
Алмамбет деген улуктун
Айтканына көнгүн – деп,
Аягына бастым мөөрүм – деп,
Алда кандай жумуш – деп,
Айныбасын көөнүң – деп,
Апторой журтум көргүн – деп,
Айтканына көнгүн[1] – деп,
Жарлыгын жалган кылганың
Жаман болуп өлдүң! – деп
Катчыга катын жаздырып,
Касиеттүү эр Бакай
Калдайта мөөр бастырып,
Ажыбай менен Серекке
Жарлык катын тийгизип,
Эки чопкут кийгизип,
Эки жорго мингизип,

[1] *көңдүң.* Катчыдан ката кеткен өңдөнөт, контекстке «көнгүн» деген маани тагыраак туура келер эле.

Касбайырдын кара атын
Карк алтын доол байлатып,
Кандын атын шайлатып,
Куру келген кулдарга
Кубантып үч ат айдатып,
Эр Бакай жолго салыптыр,
Кандын катын алышып,
Каткырыгын салышып,
Казаттын атын алышып,
Кайра тартып жарышып,
Алтын түркүк чатырга,
Арстан Манас баатырга
Алар жакын барганда,
Чыдамы жок жигиттер
Чыгып карайт эшиктен,
Кайсы бирөө жыртайтып,
Шыкаалап көрүп тешиктен
Кудай уруп салыптыр,
Баягы Бакай карыңар,
Бадышадан өөдө – деп,
Мактап жүргөн жаныңар,
Кандыгын бербей калыптыр.
Акыры болду-болбоду,
Ногой уулу болгонун
Оболдон кудай колдоду,
Канкоруна бир тартуу,
Сыйын кылып салыптыр.
Ажыбайга бир тартуу,
Алмамбетке бир тартуу
Үч ат берип салган го,
Серендеп жүрүп чапкылап,
Серек куру калган го.
Чолок акыл чыгарып,
Чогулган чоро муну айтат,
Чоң-кичисин кубантат.
Ал-аңгыча болбоду,
Аңдагын ишин олорду,
Ажыбай, Серек барганы,
Желдеттер атын кармады.
Сандыргалуу төрөгө
Салам айтып киргени,
Киргенде баатыр билгени.
Булардын ушак сөзү – деп,
Мурутунан күлгөнү.
Кобур-кобур кобурлап,
Кобурлаган капырлар,
Кобур сөзүң сөз эмес,
Койсоңорчу ушакты.
Бул Ажыбай баатырдын
Куру келген көзү эмес,
Мен сураган кандыкты
Бериштелүү эр Бакай
Бербес киши өзү эмес.
Ал сөздү айтып ийгени,
Ажыкең сөзүн билгени,
Ушу олтурган жигиттер
Ушак-айыңды иликтээр.
Калкыңда барбы калыс – деп,
Калыстык кеткен алыс – деп,
Айтасыңар ар качан
Ажыбайды калпыс – деп,
Карасам көбү какшык кеп.
Какшыктыгы жалганбы,
Канча кыйын жумуштар
Эзелден бүтпөй калганбы.
Кандыгын Бакай берди – деп,
Барганды макул көрдү – деп,
Сураган кандык өкүмөт,
Султаның үчүн берди – деп,
Алмамбет алат дегенге
Абаң артык көрдү – деп,
Кандыгы түгүл, карыя
Аттарын кошуп берди – деп,
Эшикте бедөө аты – деп,
Мынакей берген каты – деп,
Кагазын колуна алганы
Канкорго сунуп калганы.
Колуна алып эр Манас,
Коюп койду жанына,
Чакыртып киши жиберди,
Эр Алмамбет канына.
Кагаз жерде калыптыр,

Чайды сунуп бүкчүйүп,
Олтурган экен чүкчүйүп,
Чай куйганы Боз уул,
Чала молдо байкуш бул.
Жердеги катты алганы,
Окуюн – деп, калганы.
Бээнин ордун тээ – деди,
Тээнин ордун сээ – деди.
Билбей калган бир жерин
Абдылдадан сурады:
«Ажаке, берегиси не?» – деди.
Билимдүү Ажың кеп айтып,
Балам, билген богуң же – деди.
Кырк баатыры каткырып,
Бир сыйра күлүп калганы.
Боз ала болду Боз уул,
Ызалантып салганы,
Ал аңгыча Алмамбет
Кошко келип калганы.
Баашалыгын билгизди,
Барган жерден баатырың
Башына таажы кийгизди.
Сандыргалуу Алмамбет
Сарала туусу салбырап,
Соотунун чачысы
Туш-тушуна шоодурап,
Көрөргө көзү жоодурап,
Карагандан жан чыгып,
Кармагандан кан чыгып,
Күңгүрөнүп унчугуп,
Каарданып караса,
Айбатынан жан чыгып,
Аркасынан Алмаңдын
Айдар кара жал чыгып,
Кармаарын кандын билгени,
Кабылан Манас баатыры
Кара журттун баарына
Жар чакыртып ийгени.
Ушу жаткан кара журт,
Бириң эмес, баарың ук.
Жашың менен карың ук,
Жалпы аламан баарың ук!
Бакайдан кандык кетти – деп,
Бадышалык өкүмөт
Алмамбетке өттү – деп,
Аңдаңар ушу кепти – деп,
Жарлыгы жалган дегенди
Түбүнө казбай жетти – деп,
Түшүнгүн ушу кепти – деп,
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкырыгы бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул
Жаратып атка миниптир,
Жалпы журттун баарына
Жар чакырып ийиптир.
Эче түрлүү эл айтат,
Эл айтканда нени айтат:
Эгер Манас оңбосун,
Элге мурун көргөзүп,
Эр Бакай сындуу жолдошун,
Азыр журтка кан кылып,
Алмамбет сындуу жолборсун,
Калмактан келген жай таппай,
Казактан келген бай таппай,
Тентиген бир кул сай таппай,
Кан көтөрүп салыптыр,
Калк бирдигин алыптыр,
Эми кимди оңдурат,
Ырайымсыз куу кытай,
Алыс жолдо бул элди
Айдап жүрүп болтурат.
Айткан сөзү бу болду,
Баштан аяк көпчүлүк,
Арылбаган дуу болду,
Баштан аяк баарына
Басылбаган чуу болду.
Эл ошентип жатканда
Эркинче болуп атканда,
Токсон нөкөр оңунда,
Алтымыш сакчы соңунда,
Алмамбет кирди колуна,

Ата уулунун тобуна.
Кайра баштан караймын,
Калайык сени санаймын,
Бу санаттан калганды
Этиберге албаймын.
Жалынса жанын койбосмун,
Жалбарган менен болбосмун.
Каргантпай соём өзүңү,
Каратпай тешем көзүңү,
Калайык уккун сөзүмү.
Кайра баштан келгин – деп,
Эсебиңди бергин – деп,
Алмамбет айгай салганы,
Калабалуу калмак – деп,
Кай балаага салмак – деп,
Калайык айран калганы.
Бакайда тынчтык бар эле,
Балкытып жүрчү жан эле,
Атты өзгөртсө бээ кылат,
Бу ант урган калмак не кылат!?
Кылганы болсо көрөлүк,
Кызыталак кытайдын
Өнөрү канча бар экен,
Ант ургур жаман бала экен,
Аркыны бери чакыр – деп,
Айгайлап жүргөн андан көп.
Отунга кеткен бар экен,
Биздин ойрон болгур кан экен,
Ойбойлогон сандан көп.
Уктап калган бар экен,
Уруп кеткир кан экен,
Ушуну айтып сүйлөнүп,
Ойготуп келген андан көп.
Сууга кеткен бар экен,
Биздин сулап калгыр кан экен,
Ушуну бери чакыр – деп,
Чуулаганы сандап көп.
Кылымдын баары келиптир,
Кырка олтуруп бериптир,
Сегиз, тогуз, он кылды,
Ону болгон жериңе
Бир кишисин чоң кылды.
Онун санап өтүптүр,
Он кишиге бир киши
Он башы коюп кетиптир,
Оён Алма султаның
Ошентип түпкө жетиптир.
Жүзүн санап алганы,
Жүз адамга бир адам
Жүз башы коюп салганы.
Миңин санап алганы,
Миң кишиге бир киши
Миң башы коюп салганы.
Он миңди баатыр башы – деп,
Ойлонсоң жумуш ушу – деп,
Жүз миңге барып бек кылды,
Дүйнөгө сонун кеп кылды.
Түмөн колдун баарысы
Түйүлдүк – деп, шек кылды.
Отуз болду бек саны,
Ойбойду Алмаң бек салды,
Ойлогун журтум – деп, салды.
Жүз миң[1] деген бир түмөн
Дүйнөдө мындай ким жүргөн,
Бек белгиси туу болду,
Бет алган жагы чуу болду.
Он миңге керней келтирди,
Орчун колдун баарынын
Эсебин алып болтурду.
Туу саны отуз болуптур,
Турганга дүйнө толуптур,
Үч жүз керней бапылдап,
Үч миң сурнай такылдап,
Байрактын саны отуз миң,
Баашада мындай болгон ким,
Бар-дөөлөтү толгон ким,

[1] *жүз миң.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстү жагына «он миң» делип оңдолгон. Оңдолуу туура. Бирок бул жерде манасчы өзү айткан үлгүнүн калышы эле туура.

Орто Азия жери жай[1],
Оболдон акыр эли бай,
Азаматы шайма-шай,
Ал ишти бүтүп болгон соң,
Алмамбет көөнү болду жай.
Эсебин элдин алган соң,
Өкүмөтүн башкарып,
Өзүнөн коюп салган соң,
Эми Алмамбет кеп айтат,
«Ээ, калайык – деп, айтат,
Ушу турган кара журт
Бириң туруп баарың ук,
Жашың менен карың ук,
Жалпы аламан баарың ук,
Өкүмүм экөө болот – деп,
Өзүм барда ойлобо,
Өлгөнчө мага ойнобо,
Жарлыгым жалган болот – деп,
Жаным барда ойлобо,
Жатканча мага ойнобо,
Бүгүн мында жатканда,
Таң саргарып атканда,
Супа садык чалганда,
Таң саргарып калганда,
Мындан ары карата
Ат чалдырып өтпөйсүң,
Азык ичип көчпөйсүң,
Чыканак жерге салбайсың,
Чырым уйку албайсың
Бу жүрүшкө кандайсың?!
Ат керт этип чөп жебей,
Чөп жесе да көп жебей,
Эр кылт этип суу ичпей,
Аманат жаның күн кечпей,
Күнү-түнү бел чечпей,
Аз гана эмес, мол жүрүп,
Аз болгондо арада
Үч ай токсон жол жүрүп.
Күнчыгыштын жолуна,
Күбөлүктүн боюна,
Күрпүлдөктүн шоруна.
Алты ай кыштап аларсың,
Ат кара тил болгондо.
Бээжинден чалгын чаларсың.
Андан бери карата
Үйдөгүдөй болом – деп,
Үлпөт көрүп оңом – деп,
Айылдагыдай болом – деп,
Азем күтүп оңом – деп,
Акыры түбү ойлобо,
Алмамбет менен ойнобо!
Алмамбет айтып билдирди,
Аскердин көөнүн бүлдүрдү,
Эгер Манас оңбосун,
Элге угузуп кан кылып,
Эр Бакайдай жолдошун,
Эми кайра кан кылып
Эр Алмамбет жолборсун,
Алмамбет кан болгон соң.
Аскердин билдик оңбосун,
Кыйын күнгө калыппыз,
Алда Таала колдосун.
Берен калсын Бээжини,
Кыргын алсын кытайын,
Ким билиптир мындайын,
Жан адам тирүү калбайт ко,
Жайыл кытай жалмайт ко,
Мындан ары карата
Ат чалдырып өтпөсөк,
Азык ичип көчпөсөк,
Чыканак жерге салбасак,
Чырым уйку албасак,
Ушинтип жүрүп, ээ курдаш,
Кай жакшылык көрөбүз?!
Уйкудан катып өлөрбүз,
Азапты артык көрөрбүз,

[1] Ушул ыр сабынан тартып үч сап кызыл карандаш менен тегеректелип, кара сыя менен сызылып салынган.

Ачкалыктан өлөрбүз.
Акыры бул кул билген соң,
Айтканына көнөрбүз,
Айтканына көнбөсөк,
Ажалдан мурун өлөрбүз,
Акыретти көрөрбүз!
Ал сөздү айтып алдырап,
Аскердин көзү жалдырап,
Мууну бошоп шалдырап,
Эл менен эсен барармын,
Эгер барсак ал жерге
Эс алып тынчып калармын,
Эсебин элдин алармын.
Ушу болгон он башы
Койнуна толор көз жашы.
Ондун бири жоголсо,
Ортодон азып токтолсо,
Караң түгүл каныңдан,
Катаа дебей калайык,
Үмүтүңдү үзгүн жаныңдан!
Ушу болгон жүз башы
Жүзүңдү жуур көз жашы,
Жүздөн бири жоголсо,
Жүдөп жолдо токтолсо,
Кашык тамбас каныңдан,
Үз үмүтүң жаныңдан.
Ушу болгон миң башы
Миңиң аман келбесең,
Билип эсеп бербесең,
Ажалыңдын жеткени,
Абийириң анык кеткени.
Түмөндү билген бектерим,
Түккап* калдык дебеңер,
Түшүнтүп айтып бергеним.
Жалган болбос жарлыгым,
Жалпы угуңар барлыгың,
Жалган болсо жарлыгым,
Жарабасын кандыгым.
Экөө болбос өкүмүм,
Өзүңөрдөн өтүндүм,
Өкүмүм экөө дегенди
Өрнөгүм ушу өлтүрдүм.
Алмамбет кебин жат кылды,
Алмабаш мылтык аттырды,
Ар тарапка Алакең
Алтымыш желдет чаптырды.
Аралап желдет калганы,
Алигини айтып акырып,
Айгай салып бакырып,
Желдеттер кирди колуна,
Желдеттен кебин уккан соң,
Желигиш кирди тобуна:
Түбү душман кытайды,
Түмөн көрдүк мындайды,
Бээжинге барат дегенге
Бекем каар кылмакка,
Бечара карып кыргызды
Жеткирбей жолдо кырмакка
Алмамбет кылган иши го,
Арстан Манас дегениң
Кыра берсин, мейли – деп,
Кылчайбай турган киши го.
Кытайдан улук кылган соң,
Кырылат деген ушу го.
Карыдан каргыш алдык ээ,
Катынды жесир салдык ээ,
Баланы жетим кылдык ээ,
Байкуш жанды кыйдык ээ.
Ат чалдырып өтпөгөн,
Азык ичип көчпөгөн
Адамдын кылар ишиби,
Ушу сөздү айткан Алмамбет
Ондуруучу кишиби.
Чыканак жерге салбаган,
Чырым уйку албаган
Бенденин кылар ишиби,
Бейли бузук бу кытай
Мерт таптырбас кишиби,
Каранга калган экенбиз,
Кайгырган менен нетебиз,
Калмакка берип бийликти,
Капилет өлгөн экенбиз.

Кайгы баскан калың кол,
Карап турса оңду-сол,
Кадырыгы түтөшүп,
Кайгырып айткан сөз ошол.
Айткан сөзү бу болду,
Аскеринин баарысы
Аяк, башы дуу болду,
Акылмандын баарынын
Ичкен ашы уу болду.
Ошондо да карасаң,
Топ башында берендер,
Тобокелчи эрендер
Кап менен кошо көрөм – деп,
Жеткен ажал бар болсо,
Жеримде жүрсөм да өлөм – деп,
Тобокелге салганы,
Томпоюп уктап калганы.
Тобокел эрдин жолдошу,
Уктап, тынчып жай алган,
Жалганбы жолдош болбосу.
Аскер антип алганы,
Топ башкарган берендер
Тобокелге салганы,
Томпоюп уктап калганы.
Асан кайгы адамдар
Аскерде бүтүн аалам бар,
Жамандын баары буркурап,
Жашып, ыйлап чуркурап,
Ат чылбырдан кармашып,
Алты канды каргашып:
Арбак урган алты кан,
Алын билбей тантыган,
Балаага башты салды – деп,
Баары журтту кыйратса,
Убалга анык калды – деп.
Бактырбай бакча дубалды,
Бар журтка кылып убалды,
Кандарды кудай урганы,
Калкынын баары куурады.
Куурабаса не болду,
Кутуруп өлгөн бир кытай
Куралган журттун баарысын
Кууп алып жоголду.
Ал сөздү айтып алсырап,
Найза тийбей кансырап,
Айылда жүрүп баш бербей,
Акылдуусунган адамдар
Айтарын билбей тантырап.
Эл кайгыдан тил албай,
Эрдемсинген элиңиз
Не кыларын биле албай,
Алакандан чаң чыгып,
Жаш ордуна көзүнөн
Тамчыдай кара кан чыгып,
Үй-жайын санап алышты,
Үшкүрүп жүрүп түн бою,
Ал күнкү асыл уйкудан
Дагы куру калышты,
Кайгыланып кол жатты,
Караңгы кетип, таң атты.
Супу садык чалганда,
Айтканындай Алмамбет
Таң саргарып калганда,
Алмабаш мылтык чаңырды,
Аттангын! – деп, бу түндө
Алмамбеттин ач кыйкырык
жаңырды.

*Тогузунчу*

## АСКЕРДИН ЖОЛДО БАРА ЖАТКАНЫ. КЫРГЫЗ ЧАЛДЫН АТКА ЖҮРӨ АЛБАГАНЫ

Алмабаш мылтык чаңырып[1],
Алмамбеттин ач кыйкырык
жаңырып,
Аскериңдин баарысы
Адырды кэздэй жабылып,
Кордой менен кол салып,
Көл-Камышка жол салып,
Адамдын баары камынып,
Ат-атына жабылып,
Найзанын башы чабылып,
Адамдын башы кагылып,
Он башысы ороңдоп,
Бат жүргүн! – деп, сороңдоп,
Найзалары короңдоп,
Жүз башчысы лыкылдап,
Жүздөн бири жоголсо,
Өлөмүн – деп, кыпылдап.
Миң башынын байрагы,
Миңге байрак байлады,
Минтип колун айдады.
Кордой менен кол салды,
Көл-Камышка жол салды,
Ары багыт Илеге
Артып түшүп алганы,
Аскердин баары лыкылдап,
Ара жолго салганы.
Чыңыроо тартып жезнайдан,
Чыбыраган кең сайдан,
Сурнай тартып жезнайдан,
Суу акпаган кең сайдан,
Көз учунда мунарык,
Көктүн, жердин арасы
Көз жетпеген тунарык.
Өткөрмөлүү Даркандан,
Өгүз-Кечүү, Калкандан
Өтүп аскер алганы,
Жүгүрүктүн Жүгөн-Таш,
Жөйүрмөнүн Кара-Саз,
Жүргөн Алмаң жолго маш.
Жүлүндөй сары кыядан
Ашып өтүп баратыр,
Аскериңдин кайраты
Ташып өтүп баратыр,
Тарбагатай башынан
Ашып өтүп баратыр.
Ары жагы Шарпылдак,
Аягүздө Чук-Терек,
Эгиз-Кара, Былкылдак,
Эгизектин Кара-Саз,
Эртиштин башы Буурул-Түн,
Эр Алмамбет баш болуп,
Жолдо жүргөн ушу күн.
Алтай тоодон айланып,
Өтүп кетип баратыр,
Азаматтын көңүлү
Өсүп кетип баратыр.
Аягы Эртиш, Буурул-Түн,
Аскерлер өтүп ушул күн,
Боло-Кайың, Чер-Доол,
Катар басып жол менен,
Калдайган аскер кол менен
Алаткактуу тоо менен,
Аңгеле сары коо менен,
Кесендесин кыйратып,
Кетте черүү жыйнатып,
Кез келгенин ойротуп,

[1] Ушул саптан тартып алты сап ыр кичинекей баракчага жазылып, барактын четине жабыштырылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү.

Кериги бар, пили бар,
Көрүнгөнүн сойлотуп,
Өлчөөсүн көрүп жеринин,
Өнөрмөт жабай элинин
Алып өтүп олжосун,
Ай жармына жол жүрүп
Эртиш, Уркун ортосун,
Шакшактын ою шамал көй,
Кара калмак амалкөй,
Карасынан лөк алып,
Кара малды көп алып,
Канап-бутап жеп алып,
Капыр жоодон кек алып,
Кызыл чайын, ак нанын
Кызматына жеп алып,
Жапайы жүргөн адамдан
Сөз айттырып, кеп алып,
Алтымыш айры бугунун
Атып этин жеп алып,
Ар тараптан сонунун
Атып жолго салыптыр,
Булгун* киштин* терисин
Артып жолго салыптыр,
Айдалып жолго киргени
Кырк күн болуп калыптыр.
Кырктын башы Кыргылга
Кылыгы чата Боз уул
Он башы болуп алыптыр,
Күнү кырк бир болгондо,
Кыргыл чал жүдөп калыптыр.
Жүрө албай атка бокчоюп,
Бастыра албай чокчоюп,
Аксакалы арбайып,
Кыл муруту сарбайып,
Жүрө албай Кыргыл шалдайып,
Он башы экен Боз уул,
Орой сөздүү байкуш бул,
Боз уулга Кыргыл кеп айтат:
«Болбоду шайым – деп, айтат.
Ээ, кулунум Боз уул,
Көңүлүң жакын дос уул,
Кол баштаган калмагың
Калбалуу кандай доңуз кул.
Калмак кулдун зарпынан,
Каңгай кулдун дартынан
Жүрүп-жүрүп жүдөдүм,
Жете албадым артынан.
Кылым кыргыз баласын,
Не болгонун билбеймин
Эсепсиз эсер Манастын,
Калмакка берип өкүмдү,
Карап турсам бу канкор,
Кан ичмек болгон шекилдүү.
Жолу каткан бу кытай
Жол билүүгө бекилди,
Конуш алып кондурбай,
Жолго кырат шекилдүү!
Орун берип оңдурбай,
Ушундай зордук болобу,
Он күндө бир кондурбай,
Ушу бүгүн карасам,
Эсеп кылып санасам,
Күнү кырк бир күн болду,
Түнү кырк бир түн болду,
Эсеп кылсам экөөнү
Сексен эки күн болду,
Караламан букара
Калктын аты ким болду.
Мындай ыраак жүргөндө
Мыктылык кылыш бекер – деп,
Кол кырылып кетер – деп,
Кырылып кетсе кокустан,
Ушунчалык көпчүлүк,
Убалы кимге жетер?! – деп,
Ойрон Кыргыл мен болдум,
Он башы Боз уул сен болдуң.
Азапты артык көргөнчө,
Айдалып жүрүп өлгөнчө,
Балааны башка көргөнчө,
Байлоодо жүрүп өлгөнчө,
Башымды кесип алсаңчы,
Манасыңа барсаңчы.

Кыргыл баатыр өлдү – деп,
Кыяматты көрдү – деп,
Кызыталак калмакка
Барып кабар салсаңчы,
Мен кылымдын сообун алсамчы.
Эстен кеткис иш көрүп,
Эмгекте мындай жүргөнчө,
Энеден туубай калсамчы.
Айтканымды аңдап алсаңчы,
Аңдап көргүн Боз жигит,
Азапты мынча тартканча,
Атадан сызбай калсамчы.
Атагым Кыргыл болгону,
Алтымыш жашка толгону,
Азапты мындай көрбөдүм,
Ажалдан мурун өлгөнүм.
Өлбөгөндө неткеним,
Өбөктөп шайым кеткеним».
Кыйналгандан Кыргыл чал
Кырданып айтып турганы,
Кыйыгына чын алып,
Боз уулду кудай урганы.
Урбаганда неткени,
Аксакалдуу Кыргылга
Ачуу кыла кеткени.
«Аксакал Кыргыл не дейсиң,
Аскердин камын не жейсиң.
Азыр сени карасам,
Алсыраган кедейсиң.
Айтарыңа сөз таппай,
Тантыраган кедейсиң.
Башымды кесип ал дейсиң,
Манасты көздөй бар дейсиң,
Өзүң өлүп калган соң,
Өзгө элдин камын не жейсиң.
Айтканың кылып салармын,
Башыңды кесип алармын,
Манасыңа барармын.
Кызыталак неттиң – деп,
Кыргыл чалым өлтүрүп,
Кыйынсынып кеттиң – деп,
Кыяматка жеткенче
Кыйыгына калармын,
Кылайган тешик шоола жок,
Туюгуна калармын.
Өлсөң өзүң өлүңүз,
Өнөрүмдү өлүп көрүңүз.
Өзүмө калба баштабайм,
Өлүгүң жерге таштабайм,
Кыргыл чалдан кутулдум,
Илая* шүгүр*, шүк деймин,
Белиңизди бүктөймүн,
Астындагы Акборчук
Арта салып жүктөймүн.
Өгүз-Өтмөк, Тай-Өтмөк
Өрдөшүнө барганда,
Колду санга салганда,
Эсебин элдин алганда
Айдап берип жигитин,
Азыркы турган тогуз – деп,
Кыргыл менен он эле,
Өлдү Кыргыл доңуз – деп,
Эсебиңди эсен беремин.
Эгер андай кылбасам,
Манастан балаа көрөмүн,
Каарына калып ким жүрсүн
Кан Алмамбет төрөнүн.
Койгун баатыр Кыргылым,
Калжырабай жөнөгүн».
Бу сөздү айтты Боз уул,
Мурунтан кектүү капыр кул,
Анда Кыргыл кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Болду Боз уул жолборсум,
Күм-жам болор жеримде
Күйө турган жолдошум,
Он башыны чыгарган
Ойрон калмак оңбосун!»
Ал сөздү айтып Кыргыл чал,
Алсырап жолго салыптыр,
Ачуусу келип калыптыр,
«Башымды кесип алса да

Манасына барбасам.
Кырасыңбы колду – деп,
Кыямат азыр болду – деп,
Кылымга калсын макалым,
Кыйкырып туура айтпасам,
Кыркылып калсын сакалым!»
Бу сөздү айтып алганы,
Нардай болгон Акборчук,
Атка камчы салганы,
Аксакалды коюндап,
Акборчукту моюндап,
Кыргыл чал жөнөп калганы.
Аны көрдү Боз уул,
Баягы Кыргыл бабасы,
Өзүнөн улуу агасы.
Токтоторго он башы
Келалбады дабасы.
Он башысы Боз уул,
Ой-бойлоду бакыр бул.
«Бу түгөнгөн чал эле,
Дүмөгү далай бар эле.
Түбүбүзгө жетер – деп,
Жоголуп кокус кетер» – деп,
Тогузун айдап топулдап,
Кубалап алып сопулдап,
Кыргылдын кеткен дартынан,
Он башысы Боз уул
Онун айдап артынан,
Көрбөй калсак бекер – деп,
Көк сакал болгон түгөнгүр,
Жоголуп кокус кетер – деп,
Иришип кошо жүрбөсөк
Ишибиз болор бекер – деп,
Тогузун кууп дүрбөтүп,
Жолду ката жүдөтүп,
Боз уул жолго салыптыр,
Аксакал Кыргыл аргытып,
Алыска кетип калыптыр.
Бара турсун он башы,
Баары жандын агып жүр
Басылбаган көз жашы,
Баатыр Манас кайышып,
Майышпайт экен өз башы.
Астындагы Аккула,
Кабыргалуу как кула,
Казанат күлүк Аккула
Багалчагы малынып,
Маралдай төшү салынып,
Куюшкандык узарып,
Куюндан бүткөн чоң кула
Кулжадай көзү кызарып,
Төрт аягын тик салып,
Төөдөй болгон союлгур,
Кый сүбөгө жик салып,
Туягын жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып,
Бакайы кумга балчактап,
Баатырдын аты чоң Кула
Басыгы чыгып алчактап,
Шайбырына төндүрүп,
Жоргосуна көндүрүп,
Эрикчүү Манас бул эмес,
Эми эле атка мингендей,
Эригип жолго киргендей
Эр Манас кетип баратыр.
Аркасында Кыргыл чал
Жолуккан элден кеп сурап,
Жолу каткан Манасты
Көрдүңөрбү – деп, сурап.
Кезиккен элден кеп сурап,
Кедери кеткен канкорду
Көрдүңөрбү – деп, сурап.
Көргөндөрү кеп айтат,
Кеп айтканда нени айтат,
Өрттөнүп кетсин канкоруң,
Өгүнү эле биздерден
Өтүп кеткен – деп, айтат.
Көрбөй жүргөн эл айтат,
Эл айтканда нени айтат.
Ойротто жок шок чалбы,
Он башысы жок чалбы,
Билинбеген шок чалбы,

Миң башысы жок чалбы,
Дүйнөгө бүткөн шок чалбы,
Жүз башысы жок чалбы.
Айтор, оңор чал эмес,
Адам өлчөөр жан эмес.
Оозунда орой кеп жүрөт,
Сөгүп-сагып Манасты,
Жолу каткыр – деп, жүрөт.
Бу сөздү айтып таңыркап,
Минтип келет көпчүлүк.
Манаска качан жетем – деп,
Акборчук менен тепеңдеп,
Астындагы Акборчук
Аркардай колу сайылып,
Акырек менен төшүнө
Аксакалы жайылып,
Кыргыл чал жолго салыптыр.
Кыраан Манас кол алды,
Нардай болгон чоң кула ат,
Аркардай колу сайылып,
Аркасында куйругу
Асаба туудай жайылып.
Анжияндан алдырган,
Сагаса күлүн салдырган,
Тартса кумар кандырган
Шалдыркандуу чакчаны
Оң колуна алыптыр,
Сол колуна салыптыр,
Насыбайын бур тартып,
Анда-санда бир тартып,
Андан бөлөк эрмек жок,
Аскерди карап көрмөк жок,
Арстан эр кетип баратыр.
Карыя Кыргыл акырды,
Байрагын булгап бакырды,
Бачагар, эми жуттуң – деп,
Үн аябай чакырды.
Кыргылдын үнүн укканда,
Кыйкырыгы чыкканда
Ушу тушта дечү эле
Көмасара чоң бели,
Ары жагында жердеген
Нескаранын көп эли,
Аскер чыгып алганбы,
Биздин элди капталдап,
Атышып калба салганбы,
Ашыккандан Кыргылым
Аркамдан жөнөп калганбы?!
Аны ойлонуп эр Манас,
Аялдап токтой калганы,
Аксакал Кыргыл чапкылап,
Арстан эрге барганы.
Салам айтып, алик жок,
Амандык айтып, шүгүр жок,
Кыргылдын ичи кызыл чок,
Кыраан Манас баатырдан
Кыңкайып калар жери жок.
Барган жерде күүлөнүп,
Баатыр Кыргыл сүйлөнүп:
«Манас сенин кордугуң,
Баш жутуучу зордугуң,
Элкин келген кытайды
Эл бийлетип зор кылдың,
Эл-журтуңдун баарына
Эрибеген шор кылдың.
Каңгып келген бир кулду
Кан көтөрүп, зор кылдың,
Калайыктан эригис
Калдайган кара шор кылдың.
Берен калсын Бээжиниң,
Кыргын алсын кытайың,
Ким билиптир мындайын.
Ат чалдырып өтпөстөн,
Азык ичип көчпөстөн,
Уктап уйку канбастан,
Уучтаган колду жазбастан
Узакка сапар кылууга,
Уруштурбай кытайга
Убара кылып кырууга
Каалаган белем калмак кул,
Кара санаа кытайдын
Каршылык иши мына бул!

Каршылык болбой не болду,
Калктан кайрат жоголду,
Душмандык болбой не болду
Журттан кайрат жоголду!
Конуп калса нетер – деп,
Койгулашып жоо чыкса
Кол кырылып кетер – деп,
Колду кырып салган соң
Компоюшуң бекер – деп.
Кытайдын кыяң дубалы
Кырылып кыргыз калган соң
Кимге жетет убалы!»
Кыйкырып барып Кыргыл чал,
Кыйла сөз айтып турганы.
Кырктын башы Кыргылдын,
Кылымды жеген дыңгылдын
Кыйналганын билгени,
Кыраан Манас бу жерде
Кыл муруту солк этип,
Мыйыгынан күлгөнү.
«Оройлукту Кыргыл чал,
Ушу жолу коё сал,
Ойротту билер карыбыз,
Оён Алма каныбыз,
Орчун колдун баарысы
Оңуп барат дейсиңби,
Калбаган кайрат алыбыз,
Капалык менен оройлук
Ушу жол коё салыңыз,
Койгун, баатыр Кыргыл чал,
Он башыңа барыңыз».
Ал сөздү айтып Манасы
Атын санга салганы,
Маңкандата бастырып,
Манас жөнөп калганы,
Бастырып Манас кеткенин,
Кыргылдын көргүн неткенин,
Кылчайбай Манас кеткенин,
Бакырайып артынан
Байкап калды Кыргыл чал,
Түңүлгөн соң баатырдан
«Манасың менен куруп кал,
Казатың менен чирип кал,
Калмагың менен чогулуп,
Баарың жерге кирип кал!
Бээжиниң менен берен кал,
Кытайың менен кыргын ал,
Талаада калды сөзүм – деп,
Буга окшогон кордукту
Көрө элек эле көзүм – деп,
Баятадан чапкылап[1],
Ооп калды эсим – деп,
Ооруп калды көтүм! – деп,
Чаңга жуулду бетим» – деп,
Кыргыл чал токтоп калыптыр,
Он башысы Боз уул
Тогузун айдап топулдап,
Кубалап алып сопулдап,
Жолуккан элден кеп сурап,
Жолуң болсун эрендер,
Жолу каткан бир чалды
Көрдүңөрбү? – деп, сурап.
Кезиккен элден кеп сурап,
Кедери кеткен бир чалды
Көрдүңөрбү? – деп, сурап.
Он башы келген артынан,
Оройлонуп Кыргылдын
Жөнөп кеткен дартынан.
Көргөндөрү кеп айтып:
«Көсөмүрөөк жан беле,
Көгала сакал чал беле,
Эми эле бизден өттү» – деп,
Алмамбет менен Манасты
Аралаш сөккөн боюнча

[1] Ушул ыр сабынан тартып кырк беш сап ыр эки ичке баракчага өзүнчө жазылган, кол тамга катчынын өзүнүкү, сыя да башка тексттерге окшош, бирок башка-башка тексттер жазылган ак кагаздан өзгөчөлөнүп, саргыч кагаз. Анын үстүнө тексттер өз ордунда эмес, 191-бетке, аяк-башы кылынып тескери жабыштырылган. Туура орду 195-бет.

Ат аябай кетти – деп,
Илгери көздөп чабасыз,
Чаба берсең табасыз.
Айтканын угуп алганы,
Он башысы Боз уул.
Айдап алып тогузун,
Аргытып жолго салганы.
Алыстан көрдү караанын
Кыргыл чалдын бараанын,
Кыргылды көрүп алганы,
Кыйналып Боз уул барганы,
Кыргылга келип токтоду,
Он кишисин жоктоду.
Ошондо Боз уул кеп айтат,
«Кыргыл, баатыр – деп, айтат.
Манасыңа бардыңбы?
Арзыңды айтып салдыңбы?
Алмамбет, Манас биригип,
Сенин тилиңди алдыбы?
Конуп жаткан береги
Кыргыл чалдын колубу?[2]
Шу жерде конуп калдыңбы?
Барба десем болбойсуң,
Бадирек Кыргыл өзүңдү,
Байкабай менин сөзүмдү,
Кудай уруп салдыбы?!
Мен он башы деген улугуң,
Ушу күндө мен сага
Оңой болуп турумун,
Оройлук кылсаң курудуң,
Оолугуп чеки бастырсаң
Байлатып алып урумун[3].
Аксакал – деп, сыйлайм – деп,
Баятадан бери жакка
Байкуштарды кубалап,
Бараанын таппай куруду.
Бастырып көрчү сен чеки,
Баш жутмакка турумун!»
Каарданган он башы,
Караламан букара,
Карап көрсө буларга
Катарлап аккан көз жашы,
Карыясы Кыргылдын
Капа болгон өз башы.
Ачуу келген Кыргылы,
Ааламды бузган дыңгылы,
Он башыга бет алды,
Оттой көзү тутанды.
Болду, Боз уул, жолборсум,
Маа күйүмдүү жолдошум,
Он башыны чыгарган,
Ойрон калмак оңбосун!
Ол сөздү айтып шылкыйып,
Акборчук менен зыңкыйып,
Бара турсун Кыргыл чал,
Манастын ишин тыңдап ал.
Кыргылдан узап кетиптир,
Кыйла жерге жетиптир,
Алда! – деп, атка мингени
Айдалып жолго киргени
Күндү катка салыптыр,
Күн эсебин алыптыр[4].
Түндү катка салыптыр,
Түн эсебин алыптыр.

---

[1] *кетүм.* Сөз карандаш менен сызылып салынып, үстү жагына «белим» делип оңдолгон.

[2] Өзүнчө ичке тилке кагазга жазылган тексттер ушул сап менен бүтөт.

[3] *урумун.* Сөздүн туура үлгүсү – «урамын». Кыясы, катчы ката жазбай эле, манасчы өзү жогорку саптардагы уйкаштыкка кирген «турумун», «курудуң» деген сөздөргө уйкаштык так келүү үчүн сөздү атайын өзгөртүп бурмалап айткан өңдөнөт. Мындай ык жалпы эле оозеки чыгармаларда, айрыкча Сагымбайдын вариантында учурай бере турган адаттагы көрүнүш.

[4] Ушул ыр сабынан тартып, 195-беттеги эки колонка катары жазылган тексттердин 1-колонкасы калтырылып, экинчи колонка ырлар бар бөлүк кесилип салыныптыр. Бир барак кошулуп тексттердин аягы ошол катар номер бет коюлбаган баракка жазылган. Окуяда үзүлүү жок, кол тамга катчынын өзүнүкү. Кыясы, тактоону ал өзү иштеген өңдөнөт. Ага баруунун себептери белгисиз.

Эсебин эми караса,
Күнү кырк бир күн болуп,
Түнү кырк бир түн болуп,
Эсеп кылса экөөнү
Сексен эки болуптур,
Сезип төрө калганы,
Сезиндин сары тектирге
Чаап чыгып барганы,
Айнек оозу кызарган,
Алты имерип чойгондо,
Кылабына койгондо
Жарым кездей узарган,
Тиктегенин өлтүргөн,
Эр Манас чындап караса
Алты күндүк жолдорду
Аркан бою келтирген
Турнабай көзгө салыптыр,
Туйгунуң Манас бу кырдан
Аскерди карап калыптыр.
Аскерин андап караса
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Жетелөөдөн кош кетип,
Кош ат колдон бош кетип,
Эки көздөн төгүлгөн
Он эки талаа жаш кетип,
Ооган жакка баш кетип,
Өбөктөгөн андан көп,
Өөдө болуп бастыр – деп,
Жөлөктөгөн сандап көп.
Жедеп шайы кеткенди,
Өлүмгө жакын жеткенди,
Жүрө албаган дартынан
Жыга тартып атынан,
Боо окшогон адамды
Атасынын көрү – деп,
Алып жүргүн бери – деп,
Чатырга кошо бүктөшүп,
Узунунан оңкойтуп,
Дөңгөч арткан эмедей,
Эки-экиден зуңкуйтуп,
Экиден атка артышып,
Отун арткан эмедей
Ороп туруп белинен,
Аргамжы менен тартышып,
Айдап жүргөн андан көп.
Кол-аягын сарпоштоп,
Ууруга түшкөн эмедей
Байлап жүргөн сандан көп,
Кай бирөөнү караса,
Он башысы ормоюп,
Оозу кетип борбоюп,
Өзү жалгыз сороюп.
Кай бирөөнү караса,
Жүз башысы жүдөптүр,
Таяктан тону түтөптүр,
Алмамбеттин жүрүшү
Так ушундай күчөптүр.
Кай бирөөнү караса,
Миң башысы биле албай,
Миңинин бири тил албай,
Кайсы экенин биле албай,
Казбай көргө кире албай,
Кайгырганы андан көп,
Кара жоро тобунан
Айрылганы сандан көп.
Аны көрүп эр Манас,
Ашыгып жүрүш бекер – деп,
Кол кырылып кетер – деп,
Ушунча аскер кырылса,
Убалы кимге жетер – деп,
Аккула менен тепеңдеп,
Алмамбетке жетем – деп,
Эр Манас жөнөп калыптыр.
Эңкейген сары талаада
Эшилген кызыл топурак,
Жол баштаган Алмамбет,
Эгиз туусун көтөрүп,
Кол баштаган Алмамбет.
Калдайган кара талаада
Казылган кара топурак,
Жол баштаган Алмамбет,

Кара туусун көтөрүп,
Кол баштаган Алмамбет.
Астындагы Сарала ат
Баладай жалы былкылдап,
Макмалдай жүнү жылтылдап,
Басыгын салып зыпылдап,
Баатыр Алмаң баратыр
Мас немедей шылкылдап.
Чымчык учса жылтылдап,
Чычкан көрсө кылтылдап,
Төрт аяктын такасы
Таш кагышса чыртылдап.
Азыр атка мингендей,
Эми эле жолго киргендей.
Эригүүчү эр эмес,
Майышуучу неме эмес,
Бардашына караса,
Бадышадан кем эмес.
Карааның көрүп акырды,
Кабылан Манас бакырды,
Кан Алмамбет султанды
Баатыр көрүп алыстан
Байрак булгап чакырды.
Баатырдын үнү чыкканда,
Бакырыгын укканда,
Эр Алмамбет ойлонду,
Эми артына толгонду.
Ушу тушта болчу эле
Кумсаранын ач бели,
Ар жагында болчу эле
Чоң Жолойдун көп эли.
Кошун жөнөп алганбы,
Кол аттанып калганбы,
Биздин элди бөйрөктөп,
Келип уруш салганбы,
Ашыккандан эр Манас
Аркамдан жөнөп калганбы?
Аста токтоп турайын,
Айткан кебин угайын,
Алда кандай жумуш – деп,
Алмамбет токтоп калганы.
Артынан келип эр Манас,
Салам айтып салганы,
Кашына жетип барганы,
Акырет азыз жан үчүн,
Аскерге болгон кан үчүн,
Айтты салам ан үчүн,
Андан билгин алардын
Ыкыбалы бардыгын,
Ката кылбай жарлыгын,
Ызат кылып кандыгын,
Айтып салам салганы,
Алигин Алмаң алганы,
Ашыгышың кандай? – деп,
Алмамбет сурап калганы.
Анда Манас кеп айтат:
«Алмамбет уккун – деп, айтат.
Жадоо, Чулун боюнан,
Ророготу оюнан
Алда! – деп, атка мингени,
Айдалып жолго киргени
Сексен эки күн болуп,
Селдей болгон аскердин,
Жер жайнаган көп элдин
Үстүнө каран түн болуп,
Өзгө элдин шайы кетиптир,
Өлүмгө жакын жетиптир,
Коно калсак нетиптир?
Коно калсак нетер – деп,
Эми бир күн жүргөндө
Кол кырылып кетер – деп,
Мынча журт кетсе кырылып,
Убалы кимге жетер – деп,
Кыргыл чал чарчап калыптыр,
Кыянатчы Боз уул
Ошо курган чалыма
Он башы болуп алыптыр.
Өлөмүн – деп, арыз айтып,
Өзүмө келди дарт айтып.
Айткан арзын билбедим,
Тим жүргүн – деп, тилдедим.
Андан келип карасам,

Айландыра санасам,
Аскердин шайы кетиптир,
Ажалы жакын жетиптир,
Арстан Алмам бу жолго
Коно калсак нетиптир!»
Ал сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп Алмамбет
Ачуусу келип калганы.
«Катыгүн, төрөм, не дейсиң?
Карыяңа шылтоолоп,
Как өзүңдү карасам,
Кайышып калган кедейсиң.
Алаткүн, төрөм, не дейсиң?
Аскердин камын не жейсиң,
Аксакалга шылтоолоп,
Алсырап калган кедейсиң.
Жалган болсо жарлыгың,
Жарабаса кандыгым,
Кандыгыңды алыңыз,
Калабалуу жумуштан
Качкын жүргөн бир кулду
Калас кылып салыңыз.
Өзүңдөн төрөм өтүндүм,
Экөө болсо өкүмүң,
Өлмөк болду Кыргыл – деп,
Өзүңдө болсо өкүнчүң,
Өкүмүңдү алып тоюңуз,
Өкүнгөнүң коюңуз,
Кыргыл чалым өлдү – деп,
Өкүргөнүң коюңуз!
Кылымда мындай кол болбойт,
Асили чынын айтканда,
Кыргылың өлбөй жол болбойт,
Кыргыл чалың өлбөсө
Кыяматты көрбөсө,
Кыргыздын иши оңолбойт.
Кылымдан эчен жан болбойт,
Кыргылдай эчен чал өлбөйт.
Кандыгың алып тоюңуз,
Калк кырылат экен – деп,
Какаарыңды коюңуз!»
Андан бөлөк сөзү жок,
Аял кылган өзү жок,
Астындагы Сарала ат,
Атка камчы салганы,
Арстан Алмаң токтолбой,
Жөнөп кетип калганы.
Анда Манас кеп айтып:
«Атасына ыракмат
Алмамбеттин – деп, айтып,
Кудай бардыр Кыргыл – деп,
Кыргыл доңуз кылдың – деп,
Кыргылдын тилин алам – деп,
Шагым жаман сындым» – деп,
Аккула ат менен далайып,
Акыл ойлоп салайып,
Жайдары Манас баатыры
Жай бастырды акыры,
Жайсаң Алма султандын
Далайга жеткен акылы.
Аларды таштай туруңуз,
Астыңкы кеткен аскердин
Аңгемесин угуңуз.
Кыдырата санабай,
Кыраан Алма султаның
Кылчайып артын карабай,
Аз жүрбөдү, мол жүрдү,
Жаалданган Алмамбет
Жана күндүк жол жүрдү.
Шарыптын улуу кырына
Салып чыгып барганы,
Санаага ар иш алганы,
Сандыргалуу Алмамбет
Эсеп катын карады,
Карап көрсө катына
Айтканындай баатырдын
Күнү кырк бир күн болуп,
Түнү кырк бир түн болуп,
Эсеп кылса экөөнү
Сексен эки күн болуп,
Сезип Алмаң калганы,
Сөзү болсун эрмекке,

Дүрбү салды көрмөккө,
Булгаарыга каптаткан,
Бурамалуу каркыттан,
Оозуна жакут орноткон,
Алты имерип толготкон,
Айнеги чаңдап калат – деп,
Ак кадак менен ороткон,
Алыскы жолго жороткон,
Алтымыш уста, кырк зергер
Айнегин артык орноткон.
Болоттон кылган сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар,
Алыстан соргон табы бар,
Болжолу жок дүрбүнүн
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып койнунан,
Көзүнө Алмаң салыптыр,
Көпчүлүктүн баарысы
Көк жал Алмаң караса
Көшүүн тартып алыптыр,
Көбү жүрбөй калыптыр,
Асты келет айдалып,
Арты келет байланып,
Бирөөгө убал кылат – деп,
Бүлүнтүп жанын кыят – деп,
Бирөөгө забын кылат – деп,
Сапарда жанын кыят – деп,
Бели катуу, бек айбат,
Бейли катуу, кара нээт,
Кара журтка карашкан,
Ыктуулардын баарысы,
Кайраты кабат боюнда,
Мыктуулардын баарысы
Артынан жыйып аскерди
Айдап келе жатканы,
Ат үстүндө сарпоштоп,
Байлап келе жатканы.
Алмамбет көрүп алганы,
Алы чак экен аскер – деп,
Айран-азыр калганы.
Эми жүрсөм бекер – деп,
Кол кырылып кетер – деп,
Убаралык мээнети,
Убалы кимге жетер – деп,
Эртеңки күндө эрте түш[1]
Уркун дайра жетер – деп.
Ошону ойлоп Алмамбет,
Кобулдуунун өзөнгө
Колду күтүп турганы,
Аскердин алды келгенде
Конуңар – деп, бул элге,
Алтындан доол урганы.
Кудай жалгап салды – деп,
Конмок үчүн бу жерге
Уруксат тийип калды – деп,
Кай бири аттан түшүшүп,
Маталып калган байкуштар
Басалбай жерди сүзүшүп,
Кайсы бирөөн карасаң
Аттан түшөр алы жок,
А карашар дагы жок,
Аттан түшөр чагы жок,
Кулап аткан андан көп,
Өлүмдү алып оюна,
Сулап жаткан сандан көп.
Баланча жок табыңар,
Колдон колго чабыңар,
Ал сөздү айтып ар жерде,
Чуулап жаткан андан көп.
Аттын баары бош кетип,
Артылган бойдон кош кетип,
Ооган жерге баш кетип,
Көпчүлүктүн көзүнөн
Он эки талаа жаш кетип,
Көрөр болсоң калыкты, ай,
Көбөөттөгү балыктай,

[1] Ушул жана кийинки сап ыр кызыл карандаш менен тегеректелген, бирок ал кашаача кара сыя менен жокко чыгарылган белги коюлган.

Үсты-үстүнө тыгылып,
Үңкүрдөгү салыктай,
Кара журт жатып калганы,
Ат-атыңды байла – деп,
Кан Алмаң айгай салганы.
Айгай үнүн укпады,
Аттарын киши тутпады,
Акирет кетчү немедей
Аңтарып көзүн уктады.
Аттын баары бозуп жүр,
Алмамбет айдап, тозуп жүр,
Кай бирөөнө караса
Ээри кетип бооруна,
Куюшкан кетип сооруна,
Сүйрөп жүргөн андан көп,
Жүдөгөндөн жыгылып,
Сөөнгөнү сандан көп.
Ээр-токум калдырап,
Ооздугу шалдырап,
Бошоп барган кол аты
Боз көбөөн* отту чалганы,
Тамашасы дагы бар,
Суунун жытын алган соң,
Сууну көздөй бет алып,
Чубап калган чагы бар,
Табандынын суусуна
Так чубады ушунда,
Алмамбет кирди кабакка,
Аттардын баарын караса,
Кашатка келип калыптыр,
Кырга чыгып алыптыр,
Көрүп, көк жал Алмамбет
Көлүгүнүн баарысы
Ысык суу ичип алар – деп,
Жоор чыкса жонунан
Кемчилик болуп калар – деп,
Атты адамга кошууга,
Алмамбет атты тозууга
Ак доолду карс коюп,
Алмабаш мылтык тарс коюп,
Алмабаш үнү чаңырып,
Алмамбеттин айгайы,
Ач кыйкырык жаңырып,
Алмамбеттин көрүңүз
Аттарын айдап кууганын.
Айгай салып калмакча,
Кытайча салып урaанын,
Каңгай, каңгай, каңгай! – деп,
Калдай, калдай, калдай! – деп,
Манжуулап Алмаң бакырып,
Шыйкуулап ураан чакырып,
Аттын баарын үркүтүп,
Адамдын баарын дүргүтүп,
Коркоктун баарын мүргүтүп,
Колду койдой үркүтүп,
Аскерге кирди аралап,
Аскер турган дүрбөшүп,
Бир-бирине каралап.
Кужулдады көпчүлүк,
Колго түштү көп түлүк,
Ыштан салды кылгандар
Ыргып тура калышып,
Шымын бутка салышып,
Мүдүрүлүп жыгылып,
Жүрөк оозго тыгылып,
Ычкырларын үзүшүп,
Үстөмөндөн түшүшүп,
Алсырап барган көпчүлүк
Аркы-терки сүзүшүп,
Кыйрап жаткан андан көп,
Калмакка кудай бардыр – деп
Ыйлап жаткан сандан көп,
Ыштанына байланып,
Туйлап жаткан андан көп.
Кудай бардыр калмак – деп,
Колун жыйып кытайдын
Койгон экен камдап – деп,
Кор кылмакка биздерди
Келген экен бу жерге
Кондурбастан айдап – деп,

Каргап жүргөн андан көп,
Караңгыда аламан
Биринин атын бири кууп,
Кармап жүргөн сандан көп.
Эл ушинтип жатканда,
Элдирешип атканда,
Эми Алмамбет кеп айтат:
«Ээ, калайык – деп, айтат,
Маңдайкы жак баткалда,
Жадоо, Чулун, Чаткалда,
Кокон менен Кашкарда,
Букар менен Ташкенде,
Сары-Арка менен Сары-Колдо,
Жайылган элиң оң-солго,
Иле менен Чүйүңдө,
Жатып алып үйүңдө
Кыйгыл суудан бир жутсаң,
Кыздын тынчын аласың,
Кыйынмын – деп, каласың.
Ачкыл суудан бир жутсаң,
Ат уйкусун аласың,
Айылга дүрбөөн саласың,
Аттанып түштүм, эрмин – деп,
Адамсынып каласың,
Эки күнү жол жүрсөң
Эс-акылдан танасың,
Эми жайың кандайсың?!
Бээжин кайда, жер кайда,
Кытай кайда, эл кайда,
Конуп алып арада
Куру дүрбөш не пайда.
Баландын аты жоор – деп,
Жолдошуна ошонун
Тиет экен оору – деп,
Баландын аты ошондо
Кеткен экен ысык – деп,
Байкаганга бир катар
Андайдын иши бузук – деп,
Оң кулагым укпасын,
Уккан болсо кулагым,
Билесиң го, калайык,
Жаныңдын тирүү чыкпасын!
Сол кулагым чалбасын,
Чалган болсо кулагым,
Билесиң го, калайык,
Жаныңдын тирүү калбасын!
Али да Бээжин кыйла – деп,
Атыңды таңга ашырып,
Анан уйку сыйла – деп,
Абыдан жатып кыйра» – деп,
Алмамбет айтып мындай кеп,
Аскерди багып калганы,
Акылманы кеп айтып:
«Атасына ыракмат
Алмамбеттин – деп, айтып,
Элкин жалгыз бу кытай[1],
Эр экен го куу кытай.
Эр экени чын экен,
Элден ашык тың экен.
Эч бир оюп койбойт – деп,
Не түрлүү ойду ойлойт» – деп,
Аскеринин баарысы
Айткан сөзү бу болду,
Арылбаган дуу болду.
Аны Алмамбет билген жок.
Бакмак үчүн бу колду:
Мында туруп нетейин,
Дарыя Уркун кечейин,
Куу өрдөк жаткан көлү бар,
Ак Кулжа кароол бели бар.
Кырмус шаанын Мурадил
Кызыталак капырдын

[1] Ушул ыр сабынан башталган 209 (109)- беттин теңи – экинчи колонкадагы ыр саптары жазылган бөлүгү кесилип салынган – ыр саптарынын орду байкалып турат, бирок кийинки бетте ушул эле баракка уланган окуя баяндалат, үзүлүү жок.

Четки кароол жери бар.
Батыра чалгын чалайын,
Байкап ишин алайын.
Муну ойлонуп Алмамбет
Буудан кулук Сарала ат,
Бучкакка камчы бир салат,
Сарала ат менен чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Кудурлөгөн бор менен,
Күрпүлдөгөн шор менен,
Күн чыгыш карай жол менен,
Алакең кетти аргытып,
Артынан чаңын баргытып,
Алмамбет жолго салыптыр,
Уркундун улуу суусуна
Бешимде кирип барыптыр,
Байкап көрсө дайрасы
Башынан мөңгү бузулуп,
Аз болгондо ар туштан
Алтымыш дайра кошулуп,
Капкара болуп ыраңы,
Кан жыттанып жошулуп,
Карагайы, тал агып,
Кайың менен сал агып,
Карагандын баары агып,
Үстү жагы көбүктөп,
Үйөр жүрүп алыптыр,
Үзүктөй таштар үстүндө
Күлдүрттөп агып калыптыр.
Ак көбүгү бурулуп,
Аркы-терки урунуп,
Агыны катуу улуу суу
Чамгарактап калыптыр.
Ошол Уркун суусуна,
Суунун тийген буусуна,
Жээгинде жекен желпилдеп,
Камыштын баары калкылдап,
Аттай кара балыктар,
Ар жеринен карасаң,
Атылып түшүп жаркылдап,
Алмамбет баатыр болбосо,
Адамзаат бендеси
Барар эмес жакындап.
Ошо сууну көргөндө
Оён Алма султаның
Өөдө-төмөн бойлобой,
Өлөмүн – деп, ойлобой,
Атка камчы салганы,
Агыны катуу дайрага
Алда! – деп, кирип калганы.
Сууга түшүп жоголуп,
Жоголуп барып оңолуп,
Аты болуп улактай,
Алмамбет болуп тумактай,
Ортосуна жеткени,
Оён Алма султаның
Аттанар жакка атынан
Ооп түшүп кеткени.
Атынан түшүп алыптыр,
Ооздуктун төңөрүк
Оң бармагын салыптыр,
Сал байлаган эмедей,
Салаңдап алып Алакең
Итбалдак уруп калыптыр.
Суксур моюн Сарала ат,
Султан Алма көк жалың
Суудан аман чыкканы,
Суунун күүсүн укканы,
Сарынжынын өңүрүн
Сандыргалуу Алмакең
Шаркырата сыкканы,
Сарала аттын үстүнө
Алакең азыр чыкканы.
Куу өрдөктүн көлүнөн,
Тыртыштын ысык чөлүнөн,
Канатынын баарысын
Карк алтынга каптаган,
Куйругунун баарысын
Чылк күмүшкө чаптаган
Куу өрдөк жатса көлүндө,

Ок жетер жерден көрүнсө[1],
Атып алек кылсам – деп,
Алмамбет ойлойт көөнүндө.
Атып алек кылсам – деп,
Алмамбет ойлоп мындай кеп,
Аргытып жолго салыптыр,
Аяр экен өрдөгү,
Алмамбетти көргөндө
Алыстан көрүп ушу жин,
Асмандап учуп жөнөдү.
Өрдөктөн кабар алыптыр,
Өрмө-Өтөктө ак кулжа
Өзүнчө качып калыптыр.
Кырмусшаанын Мурадил
Кырк күнү жатып ал жерге,
Шашкеде кеткен ордуна
Бешимде Алмаң барыптыр.
Такыядай таш дөбө,
Жатып кеткен көй төрө,
Кой боорундай когу бар,
Жылынып жыргап кетүүчү
Жолум үйдөй чогу бар,
Капырдын кырып таштаган[2],
Канжадан калган богу бар,
Жан-жагына караса,
Жаадан калган огу бар.
Кеткен экен капыр – деп,
Кез үстүнөн капырдын
Бир чыкпадым акыр – деп,
Эр Алмандын ою бар,
«Кутуруп кулан атыптыр,
Кубанычка минтип батыптыр,
Буулугуп булан атыптыр,
Бу жерде кырк күн жатыптыр.
Мындайын мурун ойлонбой,
Мынчалык шорум катыптыр.
Кыркына кыргын салбадым,
Кызылала кан кылып,
Кылычтап башын албадым,
Ар качандан бир качан
Арылбаган арманым.
Көй төрөсүн бүлдүрүп,
Эрдигимди элге билдирип,
Оң бөйрөктөн салбадым,
Олжолоп атын албадым.
Солкулдаган сыр найза
Сол, бөйрөктөн салбадым,
Сонун күлүк бууданды
Топтотуп айдап албадым,
Соогаттап журтум таласа,
Ошондо калбайт эле го
Шордуу менин арманым!
Куу өрдөк көлдөн учуптур,
Кулжасы белден качыптыр,
Бир күнү мурун келбеген
Өзүмдү кара басыптыр».
Ар жагына караса,
Адам жүрөр жери жок,

---

[1] Ушул ыр сабы менен 211-бет бүтөт. Ошол беттин текст жазылбаган актай сырткы бетинде көк карандаш менен 212 бет, ар бетте кырк саптан, 8480 жол, Кусейин, 5-май, 30-жыл» делген латын тамгасы менен түшүрүлгөн жазуу бар. Буга караганда «Кусейин» кадимки Карасаев болушу ыктымал. Демек, тексттерде жолуккан «редакциялык» кийлигишүүлөргө, эч курбаса көк карандаш менен коюлган белгилерге, Кусейин Карасаевдин тиешеси болушу мүмкүн. Кусейин агай «Манастагы» жер-суу аттарына, айрым географиялык түшүнүктөргө Ыбырай молдонун таасири болгон, ошол киргизген – деп калар эле. Көрсө, ошол оюн жазылган тексттерге белгилер коюу менен да билдирсе керек.

[2] Ушул ыр сабынан башталган кол жазманын 213-бети түптөлгөндө 212-беттен кийин келбей, ортодо 214-бет берилип, андан кийин 213-бет берилген. Ушул 213-беттен тартып, тексттер барактын эки бетине тең жазылган. Буга чейин тексттер ар бир барактын бир гана бетине жазылып, экинчи сырткы бети актай калтырылып келген эле. Барактын катар номеринин туура келбей калышы да ушул дептер алгач өзүнчө туруп, анан бир канча дептер бириктирилип, өзүнчө том катары түптөлгөндө кетирилген мүчүлүштүк өңдөнөт.

Ач кайкалаң бели жок,
Агарар кары теги жок,
Кашыктай болгон кары жок,
Калактай болгон жары жок,
Караган бута баары жок,
Томуктай болгон тоосу жок,
Токум батар коосу жок,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Ээн талаа, эрме чөл,
Эңгиреген каран чөл,
Эмки турган калайык
Эринбесең барып көр.
Таз кара учса шашкандай,
Таңдайы күйүп качкандай,
Таз адам барса шашкандай,
Маңдайы күйүп качкандай,
Куркулдай учса шашкандай,
Куйругу күйүп качкандай,
Куландар жүрсө шашкандай,
Туягы күйүп качкандай.
Көрдү чөлдү биябан*,
Көк жал Алма султанның
Бура тартты шол жерде
Көк-Аргындын кыядан.
Кайра тартып калганы,
Аз жүрбөдү, мол жүрдү,
Арстан Алма султанның
Ары-бери жүрүшү
Алты күнү жол жүрдү.
Жетинчи күнү кечинде
Жетип элдин четине,
Алмамбет келди кошуна
Эл уктаган кезинде,
Аскеринин кашына,
Куранды ээр, көк жаздык
Алмамбет коюп башына,
Нардай болгон Сарала ат
Аса байлап терекке,
Алмамбет жарап керекке,
Актап кызмат кылбаса
Адам таппас береке,
Башына жаздык коюлуп,
Бар напсиси тоюнуп,
Алмамбет жатты чоюлуп,
Бир жумадан бир жума
Уйкусу канбай жупжуда,
Өлүп калган адамдай,
Өз башын жерден ала албай,
Талып калган адамдай,
Далысын жерден ала албай,
Өлдү десе, деми бар,
Өлчөөсү жетер жери бар.
Коңуругу баш жарат,
Колдогу адам таң калат.
Аскерлер көрүп жарданат,
Адамдар көрүп таңданат.
Бир жумадан бир жума
Минтип уктап жупжуда,
Сегиз күн жатып алыптыр,
Бу бойдон өлөт белем – деп,
Аскерлер айран калыптыр.
Арытып келип жол жайын,
Анан келип Алмамбет,
Алп уйкусун салыптыр.
Күнү-түнү он алты,
Күпүрлөдү көп калкы,
Уйкусу араң каныптыр,
Учуп туруп ордунан,
Улук Алма султанның
Колун сууга салыптыр,
Кол дааратын алыптыр,
Бутун сууга салыптыр,
Бут дааратын алыптыр.
Казаа болгон намазын
Касыр окуп болгону,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып койгону,
Арстан Алмаң ар ишти
Акыл кылып ойлонду:
Улуу черүү колум бу,
Узак сапар жолум бу,

Астымдагы бир душман –
Уркун дайра улуу суу.
Кечүүнүн камын кылайын,
Кечирсем көңүл тынайын.
Өтүүнүн камын кылайын,
Өткөрсөм көңүл тынайын,
Өнөрдү артык үйрөндүм,
Өз күчүмдү сынайын.
Уркун дайра суусу үчүн,
Убара болуп ушу үчүн,
Жайташты сууга байлайын,
Жаратканга жалбарып,
Жакшылап күндү жайлайын.
Жайнаган журт мусулман,
Дарыяны көрбөгөн,
Жаман коркор ушундан.
Улуу сапар жиберип
Убайымга калбайын,
Куп жазыктуу иш кылып,
Кудайыма барбайын.
Муну ойлонуп Алмамбет,
Бу жердеги сөз эмес,
Мурункудан калган кеп,
Манастын келди кашына,
Таажысын кийип башына.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыргыз уулу болгонуң[1]
Атаңардын өнөрүн
Аңдап угуп алыңар,
Айта берсе улуу сөз,
Аңгеменин баары бар.
Арстан Алмаң кеп айтат,
«Ай, калайык! – деп, айтат,
Казатка чыккан көй баатыр
Капырды жоолап келатыр,
Үлкөн жаштуу кары бар,
Улук кандын баары бар,
Угуп сөзүм алыңар,
Каршы алдында бир катар
Уркун улук дайра бар,
Урматтуу кыйла жайлар бар.
Тоо көрүнбөс талаа бар,
Адам уулу өтпөгөн
Толуп жаткан балаа бар.
Түз жери жок тоосу бар,
Түктүүдөн кыйла жоосу бар.
Катын аюу алаткак,
Калкым аны аңдап бак.
Киши кийик, төө кийик,
Кайып болгон адам бар,
Убара чаркөө, чыңыроон,
Ушу түрдүү наадан бар.
Жабыр баян жандар бар,
Жадоочу деген заңгар бар.
Жакын барган адамды
Жалмап соруп алган бар.
Мүйүзү бар адам бар,
Бүлүндүрчү ар жандар.
Аркалар деген кушу бар,
Аңдасаң сонун ушу бар.
Ар тарапка учуучу,
Адамды көрсө кокустан,
Үстүнө жаба чычуучу.
Чычкан богу ок болот,
Түшкөн жери кок болот,
Ар кандай адам болсо да,
Күйүп-жанып чок болот,
Кез кылбасын кудайым,
Келет экен ошо – деп,
Кейип кылба убайым,
Кетте черүү үлкөн кол
Кебимди уккун жудайын,
Келип калса кокустан,
Ат ичмегин алыңар,
Аябай отко салыңар,
Өтүктөн батек алыңар,
Өрттөп отко салыңар,

[1] Ушул саптан тартып үч сап ыр кызыл карандаш менен тегеректелген.

Ат тери менен эр тери
Агер барса мурдуна
Учалбай калат бир жери,
Акылы кетип, аз болуп,
Астыңа түшөт мас болуп,
Чалгыны узун бир кулач,
Жанына барбай оолак кач,
Тула бою уу болот,
Душмандын бири бу болот,
Азыркы саа чоң душман
Алдыңда Уркун суу болот.
Жаратканга жалбарып,
Күндү бүгүн жайлаймын,
Жай ташты сууга байлаймын,
Жайлап сууну кечпесек,
Жан калбайт – деп, ойлоймун.
Азырлангын бу күндө
Арбын отун түшүрүп,
Азык-түлүк бышырып,
Адамдар көңүл жайлаңар,
Азыкты арбын шайлаңар,
Ар тараптан чөп чалып,
Атыңды отко айдаңар.
Аттарың жатсын семирип,
Адамың жаткын желигип,
Алмамбет бизди кырды – деп,
Нааданың жатсын ээлигип».
Ал сөздү айтып салганы,
Акылга дыйкан улуктар
Айран-азыр калганы,
Азыгын аскер шайлады,
Аттарын отко айдады,
Сандыргалуу Алмамбет
Жай ташын суугa байлады.
Тегерете терс окуп,
Тескери дуба нече окуп,
Касыйдадан кат окуп,
Калмакча дуба жат окуп,
Байгамбар болгон Сулайман,
Мына ушунун тушунда
Дуба келген кудайдан,
Барайыздан бат окуп,
Кыраан Алма султаның
Кытайча дуба жат окуп.
Жөнүн билет мурунтан
Жөөт, индинин өнөрүн,
Арбын билет мурунтан
Аркан бою түшүрсө
Адамды карга көмөрүн,
Аны ойлонуп Алмамбет,
Тиктегенин көргөн кул,
Тирешкенин көмгөн кул,
Тилегин кудай берген кул,
Атканын жазбас мерген кул,
Айтканы кабыл келген кул,
Алдасы тилек берген кул
Алакең жайы мына бул:
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Туурадан туман дүркүрөп,
Кыбыладан караса,
Кызыл мунар күркүрөп,
Аязына чыдабай
Адамдын баары зиркиреп,
Арыктуу жерлер жыгындап,
Аңдуу колот тыгындап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак
Борошолоп бургулап,
Карандай мөндүр шыбыргак
Каршы-терши ургулап,
Тоолорго толук кыш болду,
Жакага жалтыр муз болду,
Жалпы аскердин баарысы
Кыңшылашып кыз болду.
Орундун баары сыз болду,
Оюнан кеткис иш болду,
Төрөлөрдүн баарысы
Төшөнгөнү киш болду.
Карасы түгүл канынан,
Калың аскер баарысы
Үмүтүн үздү жанынан.
Эшикке чыккан зарыгып,

Эки көзү карыгып,
Жаткандан жамбаш талыгып,
Өлүмүн алып эсине,
Кардан бөлөк көрүнбөй
Караганда көзүнө.
Жай илдеси кыш болду,
Жаткан жери сыз болду,
Жайнап жаткан көпчүлүк
Жадыдан кеткис иш болду.
Бир жумадан бир жума
Күн ачылбай жупжуда.
Адамдын көбү бүгүлдү,
Наадандардын кыйласы
Аманат жандан түңүлдү.
Жакшынын баары шалдайып,
Жамандардын баарысы,
Жашы менен карысы
Жаткан жерде далдайып,
Карасы менен канынан,
Кары-жаштын баарысы
Үмүтүн үзгөн жанынан.
Көпчүлүктүн баарысы
Көзү көргөн Алмамбет
Жашы менен карысын,
Карап тургун Алмаңдын
Жай ташын суудан алышын.
Эки кулач көк чыбык
Эр Алмаң суудан алыптыр,
Эрдемсиген кыйласы
Эс-акылдан таныптыр.
Оң буту менен Алмамбет
Ошо сууну кечиптир,
Он бир дуба түйүнүн
Отуруп алып чечиптир,
Ободогу көк булут
Оодарылып кетиптир.
Булуттан неме калбады,
Буркурап шамал айдады.
Тумандан неме калбады,
Туш-туштан шамал айдады.
Күн көрүндү жаркырап,
Күчтүү жел жүрдү заркырап,
Чымын учту чыркырап,
Чымчык учту чуркурап,
Жердин буусу буркурап,
Аттан, аттан, аттан – деп,
Аскердин баары чуркурап,
Кош-колоңун тартышып,
Кош атка жүгүн артышып,
Кол башчынын баарына
Кошоматын айтышып,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Асаба туусу жалпылдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу тондор жаркылдап,
Жер жайнаган көпчүлүк,
Жетек ат алган жаштары
Жергемден калам, ойбой – деп,
Жете чаап талпылдап,
Калкандын баары калкылдап,
Каруу, жарак жаркылдап,
Калың кол баштап Алмамбет,
Кара Уркун дайрага
Жетип барды шаркылдап.
Кара журт көзүн салыптыр,
Карап көрсө дарыя
Какшып соолуп калыптыр.
Какырда суулар как соолуп,
Кашка булак так соолуп,
Сай көрүнүп заңкайып,
Таш көрүнүп даңкайып,
Агынды болгон дөңгөчтөр
Ар жерде жатыр каңкайып.
Дүмүрлөр чыгып сороюп,
Жыгачтын калган тамыры
Жылгалардан короюп,
Өзүң көргөн өгүңкү,
Өгүздөй кара балыктар
Өлүп жатат тороюп.
Билимдүүсү бир-бирден,
Миң башы койгон бир миңден,

Минден-минден бир салды,
Билимдүүлөр таң калды.
Кыркаарга салды кылымды,
Мурун кечсек экен – деп,
Жол талашкан кай бирөө
Токмоктошуп кырылды.
Топ-топ болуп турушуп,
Жол талашып урушуп,
Мурун кечсек экен – деп,
Бузукулар тепеңдеп.
Чылбырлашып кармашып,
Тиктегени дарыя,
Бир-бирине жармашып.
Аяк жагы кылкылдап,
Жогору жагы лыкылдап,
Суу чыкканда ийнине
Ээрден көчүк былкылдап,
Эт жүрөк чочуп болкулдап,
Эсерлердин кыйласы
Эси чыгып солкулдап.
Андай дайра көрбөгөн,
Мурунтан кечип көнбөгөн,
Үйдө жатчу адамдар,
Үтүрөйгөн наадандар
Ортосуна жетишип,
Барганда суунун ортого,
Башы айланып кетишип,
Калбаны катуу башташып,
Сууга боюн ташташып,
Дайрага калкып аккан бар,
Агып өлөт кокус – деп,
Арт жагынан акмалап,
Андайларды баккан бар,
Чуркурап суудан барышып,
Акканын тутуп алышып,
Ат сооруга салышып,
Башын сууга малышып,
Не жыгылдың сууга – деп,
Энтиктирип алышып,
Эсен-аман маңдайга
Сүйрөп чыгып салышып,
Эсен чыктык суудан – деп,
Сүйүнүшүп калышып,
Кайра карап, кай бирөө
Дайрага көзүн салышып,
Таңыркашып калышып,
Сууга көзүн салышып,
Сумсайышып калышып,
Аркы өйүздөн берки өйүз
Аңдап аны караса
Адам, айбан бөлүнбөй,
Ачылып анык көрүнбөй,
Көз жетпеген көл экен,
Көрбөгөн бенде жүргүсүз,
Казылуу кара көр экен,
Көлкүлдөгөн зел экен,
Көргөндүн башы тел экен,
Көрүп келген шону да
Көңкү кыргыз эл экен,
Аскер баштап, туу алган
Айкөл Манас эр экен.
Жамандыкка жоробой,
Ошончо жүргөн аскерден
Жалгыз адам коробой,
Аман кечип кеткени,
Арып менен суу тарткан
Арстан Алма султаның
Эрлиги эмей неткени.
Аркы өйүзгө барышып,
Аралга конуп алышып,
Ар кошуна бир жылкы
Ай туякка чалышып,
Аттын баары зеригип,
Алты конуп ал жерге,
Адамдын баары эригип,
Атышсак – деп кытайга,
Азаматтар желигип,
Тондун баарын кагышып,
Тоого чыгып барышып,
Кийимдин баарын күбүнүп,
Кишинин баары бүгүлүп,
Киши кийик деген бар,

Ашып тоодон кеткени,
Атаңды ат – деп, жүгүрүп.
Аттырбайт экен бу да – деп,
Адам экен жуда – деп,
Аскерлер андан түңүлүп.
Алтындан туусун аштады,
Жетинчи күндө Алмамбет
Дагы аскерди баштады,
Жүлгөрдүн тоосун ойлоду,
Жүлүндүн суусун бойлоду,
Эрдемсинген көпчүлүк
Эркине Алмаң койбоду.
«Алтайдын тоосу түгөнүп,
Адаа болгон учу – деп,
Ашар белиң ушу – деп.
Ар жагы Анжуу шаары бар,
Чындап жүрсө төрт күнү
Чынмачындын тушу – деп.
Күн чыгышы Чынмачын,
Күлдү журт боюн чыңдасын.
Басар жолуң Көк-Аргын,
Бадышам кудай колдо – деп,
Баатырларым ойго алгын,
Жетиген жагы тарабы,
Жеринин аты Салаңу,
Кыштачу жериң Эриме,
Жакын калдың, калайык,
Кытайдын кылым элине.
Менин сөзүм бир төлгө,
Ушу бугүн киресиң
Он бир күндүк бир чөлгө.
Менден муну угуңар,
Мешке* сууну куюңар,
Чаначка сууну чалкытып,
Арадан өтүп эки күн,
Атың менен адамың
Бир жуткузуп калкытып,
Ортосу чөл-биябан,
Көзүң учар көрө албай,
Тоого бүткөн кыядан,
Томуктай болгон тоо көрбөй,
Тоонун баары кесенде,
Тоо көрсөң да соо көрбөй,
Кашыктай болгон кар көрбөй,
Калактай балгон жар көрбөй,
Караган-бута да көрбөй,
Жол жүрөсүң жети күн,
Жобонор кезиң так бүгүн».
Ал сөздү айтып Алакең,
Эриме көздөй жөнөлдү,
Эл артынан өмөлдү,
Кадимден адам көрбөгөн,
Кайыптар мындан көп өлдү.
Адыр-адыр жерлери,
Адырдын чөбү суюлуп,
Аркары кумдай куюлуп,
Аркары киши тааныбайт,
Ал жерге барып жолукса,
Арыздуу адам наалыбайт,
Аралап келет таңыркап,
Найза менен коюшуп,
Арасында аскердин
Алты, бештен союшуп,
Ал аркардан алгандар
Аппак майга тоюшуп,
Аңгемеси артык болушуп,
Буруштан келген сайы бар,
Бугунун жүрөр жайы бар.
Будурдун чөбү суюлуп,
Бугусу кумдай куюлуп,
Бугусу киши таанибайт,
Бул аскерге баргандан
Мундуу бенде наалыбайт,
Азыр колго түкүрүп,
Найзаны кылып укурук,
Атаң кыргыз баласы
Аскерде жүрүп кутуруп,
Аралап келген бугуну
Алмак үчүн да муну
Мүйүзгө курук салышып,
Жулдуруп ийип бугуга
Куру кол болуп калышып,

Түбүмө бугу жетти – деп,
Найзамды жулуп кетти – деп,
Жолдошторун чакырып,
Топону тоодой сапырып,
Жакыны жааны атышып,
Андистер саадак тартышып,
Мыктылар мылтык атышып,
Талаа, чөлү биябан
Тамашага батышып,
Курбусунда кулжа бар,
Кайыптын баары мында бар.
Талаасында сары бар,
Токоюнда чары бар,
Жан бүткөндүн баары бар.
Кутуруп кулан ойногон,
Бөрү, тулку жойлогон,
Кызыгың көргөн тойбогон,
Ала карга азандап,
Кара карга казандап,
Баласына каралап,
Баары тууган жер экен
Туйгун, тунжур аралаш,
Чымыны бар чымчыктай,
Чычканы бар күчүктөй,
Дөгөчү деген жалбырак
Төрт канат үйдүн үзүктөй.
Жекени бар желектей,
Кээ бир жерде камыштар
Кере кучак челектей,
Үчүнчү күндө суу көрдү,
Суулуу жерге барганда
Сапыраң деген куу көрдү,
Канаттары чатырдай,
Кандай кылып алууну
Калыктын баары батынбай,
Эки кулач мойну бар,
Көлдүү жерди көргөндө
Элдин чыккан ойну бар,
Тепшидей куунун башы бар,
Сеңселген аппак чачы бар.
Үнү муңдуу куусу бар,
Көлчүк кара суусу бар,
Көргөнгө сонун ушу бар,
Кайыбы чөбүн жиреген,
Кара жыгач, кайыңы
Карасаң обоо тиреген,
Баркын билген адамдар
Малы-башын үрөгөн.
Түрдүү гүлдөр гүлдөгөн,
Түрмөктүү булбул сүйлөгөн,
Кызыгы артык дүйнөдөн,
Короолусу короздой,
Корозу бар көнөктөй,
Балтыркаы билектей,
Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей.
Алмасы бар аяктай,
Кымыздыгы таяктай.
Алчалары дагы бар,
Кунан койдун жүрөктөй,
Машаларын байкаса
Суудагы суксур чүрөктөй.
Жекендерин караса,
Желектүү найза түпөктөй.
Кара каз деген бирөө бар,
Тумшуктарын карасаң
Суусарга койгон күбөктөй.
Байыркынын сөздөрү,
Баркылдап учкан кара каз,
Балык жейт экен өздөрү,
Куйруктары кучактай,
Тумшугунда тиши бар
Курчутуп салган бычактай.
Жалгыз канат кушу бар,
Казылык дейт кай бирөө,
Уксаң сонун ушу бар.
Жалгыз канат өгөрөк,
Кан көрбөсө не керек,
Таш бакасы чарадай,
Жаткан сөөк тегерек,
Жандын баары мында бар,
Жайын угуп тыңдаңар,

Арс, кесенде анда бар,
Адам билбес жандар бар,
Мамонуту жапан бар,
Жалгыз аяк, чыңыроон,
Адамга душман жаман бар,
Зор өгүздөй каман бар,
Бери жак, ары жак чөл үчүн
Бенде жетпей калган бар,
Чочкосу койдой жайнаган,
Кудук-кудук суулар бар
Даш казандай кайнаган.
Жолборс, илбирс, аюу бар,
Шолордун жүрөр жайы бар,
Бал жыйноочу аары бар,
Дүйнөдө жоктун баары бар,
Жүргөн жапан малы бар.
Эми Алмамбет элге айтат:
«Ушу жерден орун алыңар.
Кысылсаң кайып атарсың,
Кысталбасаң жатарсың.
Ачыксаң аркар атарсың,
Ачыкпасаң[1] жатарсың.
Бууруксаң бугу атыңар,
Муңайбастан жатыңар.
Кутурсаң кулан атыңар,
Ушу жерге кыштайсың,
Куп экен – деп, жатыңар.
Бадалдан марал атыңар,
Башкадан душман келет – деп,
Баш көтөрбөй жатыңар.
Чыйраксып чыккан эрлерим,
Чыйрыгып мында келгениң,
Чыйрыкканың жазылсын,
Жолдо тарткан мээнетиң
Чың ушул жерде басылсын.
Мылтыгың атып түздөй бер,
Көңүлүңө нени алсаң,
Көрөсүң мындан издей бер.
Очогор атып, түздөй бер,
Оюңа алган кайыпты
Ушу жерден издей бер.
Алдадан келсе ажалың,
Аманат курган бир жаның,
Айт кудайга датыңды.
Алда кандай болот – деп,
Алып колго байлабай,
Айдап ийип атыңды,
Ат минер кезде алыңар,
Аңгеме сүргүн баарыңар.
Айдап, айдап атыңды,
Агытып отко салыңар,
Кош тигиңер жанаша,
Ары-бери жөө басып,
Кыла бер, кызык тамаша.
Түтүнүнө тооректын
Кош түндүгүн ыштаңар,
Так ушу жердин өзүнө
Козголбой жатып кыштаңар».
Алмамбет айтып акылын,
Ал сөздү макул алыптыр
Арстан Манас баатырың.
Жана Алмамбет кеп айтат:
«Жаткан ушу жериндин
Жайын уккун – деп, айтат.
Чилдеден мурун он күнү
Чиркей учар маша бар,
Тим жаман жоо ошо бар.
Жейрени бар аркардай,
Жерден чыгат жыланы
Жети кулач аркандай.
Кара куйрук аркардай
Кара жылан деген бар,
Катаасыз учуп келген бар.
Амал кыл айткан сөзүмө,
Ушу жаман бир душман
Учуп тиет өзүңө,

---

[1] *ашыкпасаң*. Контексттеги мааниге – «ачыкпасаң» тагыраак туура келер эле.

Көрүнбөй келет көзүңө.
Артыңдан тийсе астыңдан,
Астыңдан тийсе артыңдан
Жаа огундай өтүүчү,
Ар кандай кыйын болсоң да
Жайлар салып кетүүчү.
Оңуңдан тийсе солуңдан,
Солуңдан тийсе оңуңдан
Ок ордуна өтүүчү,
Ойрон кылып кетүүчү
Учмуюл деген жылан бар,
Ушундай мээнет кылган бар,
Жайланып жатып калыңар,
Чигилик деген жаачы бар,
Алың келсе жүздү бак,
Эч таппасаң үчтү бак,
Ушу жылан тушунда
Учуруп коюп уктап жат,
Чегиртке болор тамагы,
Зерикпей баккын сен аны.
Арашыт деген бири бар,
Аңдап аны билип ал.
Жөргөмүштөй бою бар,
Жөнүн билсе жыланды
Жөн койбоско ою бар.
Алың келсе андан бак,
Айтканымдын баарысын
Аңдагын дейм, ушу чак.
Төрт жарым айда кыш өтөт,
Бендеден бекер иш өтөт.
Жети айда учар жыланы,
Беш айдан калбай урушуп,
Бээжинге мээнет кылалы.
Алдырсак да, алсак да,
Ажалдан аман жалсак да,
Алты айда акыр тыналы».
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Аскерден алган көп милдет,
Туюнтту журттун баарына,
Туйгуну Манас канына,
Жалпы журттун баарына,
Жашы менен карыга,
Жай айтты журттун баарына.
Айтып болуп, Алмамбет
Кетти өзүнүн кошуна,
Кетте черүү, калың кол
Ээрчип келген кашына.
Жатты кошун жайлашып,
Атын отко айдашып,
Келбеди беле жол басып,
Жаратып күлүк байлашып,
Айтканындай Алмамбет
Ар түрдүү кайып атышып,
Аңгемеге батышып,
Ар кайсынын этинен
Тандап даамын татышып,
Так шу жердин өзүндө
Талыкпай төрт ай жатышып,
Арадан өттү алты айы,
Аскерге барган адамдан
Айылды качан көрөм – деп,
Алдыралы далайы,
Үч айда барган шу жерге,
Үшкүрүк болду көп элге,
Тогуз айга толуптур,
Токтолуп төрт ай жатканда.

### *Онунчу*

## АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН ЧАЛГЫНГА СЫРГАКТЫ ЭЭРЧИТИП БАРГАНЫ
### (Анда таарынып, Алмамбеттин капа болгону Чубак экөөнүн)[1]

Ат кара тил болуптур.
Кар кеткенде көк чыкты,
Кара шибер көп чыкты.
Ат семирип жык болуп,
Атыш, чабыш жоо көрбөй,
Адамдын баары бук болуп,
Элдин баары зеригип,
Эми кайда жоосу – деп,
Эр азамат эригип,
Кытайын көрсөк экен – деп,
Кыйла адамдар желигип,
Калктын баары зеригип,
Кайраттуулар ээлигип,
Уйкунун баары канышып,
Чыйрыкканы жанышып,
Кытайды көрсөк экен – деп,
Чыңалышып алышып,
Барсак – деп, Бээжин жолуна
Кобур кирди колуна.
Баары аскер антип бүлүптүр,
Баатыр Алма султаның
Байкап муну билиптир,
Баатырынын үстүнө
Барып Алмаң кириптир.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Элеман уулу эр Төштүк,
Эштектердин Жамгырчы,
Казактардын Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Анжыяндан Санжыбек,
Буудайыктын Музбурчак,
Бул улуктар жыйылып[1],
Олтурган экен ушул чак.
Кол барган аскер курашып,
Эр Алмамбет олтурду
Эсендик, соолук сурашып.
Эми Алмамбет кеп айтат:
«Эсептеп элди көрөлү,
Эгем таала тагдыры
Не жазганга көнөлү.
Сапарга келген калың кол,
Санасам Бээжин алыс жол.
Миң башы бар, беги бар,
Билимдүүгө бир сапар
Аман-соосун аскердин

---

[1] Теманын милдетин аткаруучу бул сүйлөмдөр 234-беттин жогору жагындагы ачыкка сыгылыштырылып жазылган. Кол тамга катчынын өзүнүкү, жазылган сыя да башка тексттердикине окшош, бирок тема делген тексттерди катчы манасчынын катышуусу менен кеңешип, жазуу процессинин өзүндө эмес, кийин жүзөгө ашырса керек. Буга ошол темачанын сүйлөмдөрүнүн аягы бүтпөй, жабылган кашаа качан, кайсы жерде ачылганы белгисиз болуудан да көрүнүп турат. Сүйлөмдүн аягы бүтпөй калуу жазууга жарактуу ачык орундун жетишсиздигинен болгон окшойт.

Эгер башка ыр тексттери жазылып жатканда тема кошо жазылса андай болбойт эле да. Тема кийин жазылып, туура болбой калганына ошол тема ой бүткөн жерге эмес, сүйлөм арасына коюлуп калышы да далил (теманын милдетин аткарган сүйлөмдөрдүн аягында каша жабылган, бирок ал качан ачылганы көрсөтүлгөн эмес. Мындай оркойгон катаны жоюу үчүн сүйлөмдүн экинчи бөлүгүнүн башталышында «анда» деген сөздөн мурда кашаа ачылган белги койдук).

[2] Ушул ыр сабынан тартып, алты сап ыр кичинекей баракчага өзүнчө жазылган, бирок ал баракча өз ордунда 234- же 235-бетке жабыштырылбай, 240-бетке жабыштырылып калган.

Алууга кандай эби бар.
Миң башы менен жүз башы,
Билимсизден бир катар
Кургабай аккан көз жашы,
Амандыкка кубанар
Ар адамдын өз башы.
Эл жыйылып келсин – деп,
Эл бийлеген эрендер
Эсебин бүгүн берсин – деп,
Калк жыйылып келсин – деп,
Калк бийлеген калайык
Катасыз эсеп берсин – деп,
Бу санаттан калганды,
Тоотпой жатып алганды
Билгенимди кыламын,
Миң да болсо кырамын.
Көңүлдө ишим кылармын,
Көп да болсо кырармын.
Жалынса жанын койбосмун,
Жаан кечти бир кытай,
Жайымды бул журт ойлосун,
Жалбарган менен болбосмун.
Каратпай тешип көзүнү,
Каттам* кылам өзүнү,
Карап турган кара журт
Катаа дебе сөзүмү.
Каргантпай кесем тилини,
Каалабай чыгып келгенмин
Кара кытай динини,
Айтпасам да билесиң,
Атпай журт менин зилимди,
Атаңар Угуз[1] болгон соң,
Аламан өскөндүгүңөр
Так ушу жерде билинди.
Эрендер азыр келсин – деп,
Эсебин элдин берсин» – деп,
Жаалына Алмаң миниптир,
Жалпы журттун баарына
Жар чакыртып ийиптир.
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар сөзү шоктуу кул,
Жарчы башы мына бул.
Элим түгөл болгой – деп,
Эси чыкты эчен кул.
Түпкү улугу бек болгон,
Угуздун[2] улук экени
Түмөнгө маалим кеп болгон,
Мансап тийген эрлерге
Башына өлүм шек болгон.
Кол жоголуп кокус – деп,
Тобумдан киши жок болуп,
Өлбөйлүк бөөдө окус – деп,
Миң башы бар, беги бар,
Бир-биринен сурашып,
Аскери аман бекен – деп,
Антаңдашкан кеби бар.
Жүз башы менен он башы
Жүдөгөндөн кыйласы
Койнуна толду көз жашы.
Он башысы ороктоп,
Найзасы колдо короктоп,
Онун айдап сороктоп,
Ол Алмаңдан өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Жүз башысы далактап,
Жүр бери – деп, шалактап,
Бу да Алмаңдан өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Миң башылар келгени,
Минтип эсеп бергени.
Бектердин баары келгени,

[1] *Угуз.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстү жагына «кыргыз» делген.
[2] *Угуз.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстү жагына ошол эле карандаш менен «кыргыз» делип жазылган.

Белендеп эсеп бергени
Беренин Алмаң кеп айтып,
Бере албасаң эсебин
Мерт табасың – деп, айтып,
Убада кылган өзү бар,
Угузган журтка сөзү бар,
Ойрот журттун баарына
Оён Алма султандын
Оң карабас көзү бар,
Ойрот журттун баарысы
Эсебин берген кези бар.
Эсебин элдин алыптыр,
Отуз жүз миң орчун кол
Эсен чыгып калыптыр.
Эсебин элдин билиптир,
Элдин амандыгына
Эр Алмаң анда күлүптүр.
Калк аманын билиптир,
Калктын амандыгына
Кан Алмаң катуу күлүптүр
Башкадан эсеп алыптыр,
Баатырдын кошу калыптыр,
Оёндор, санап бил – деди,
Баатырыңдын өз кошу,
Он башысы ким? – деди.
Он башы сөзгө келгени,
Он башысы ушу – деп,
Тазбайматты бергени.
Он башы болгон Байматты
Он кишиңди көз көрсүн,
Он эсебин өткөрсүн,
Келсин ылдам! – дегени.
Тогузун алып топулдап,
Өзү менен он болуп,
Өткүр Алмаң султанга
Өттү эсептен сопулдап.
Алмамбет ага токтолду,
Аңдап көрсө, Байматтан
Бир кишиси жок болду.
Билерманы сен – деди,
Бир кишиң кайда? Кем – деди.
Билинген сенин иттигиң,
Эсебиң азыр, бер! – деди.
«Жадоо, Чулун боюнда,
Короготу оюнда
Тогузу тийген колума.
Айдап аман тогузун,
Өзүм менен он кылып,
Жүргөмүн элдин соңунда.
Эр Тазбаймат кеп айтат
Колума тийген тогузун
Аман айдап астыңа
Алып келдим – деп, айтат.
Өзүм менен он болуп,
Онум аман экен – деп,
Ошондон бери ойлонуп,
Алып жүргөм мен – деди,
Ажалым үчүн кытайдан
Келген балсоң сен – деди,
Аргам барбы, өлүмгө
Туруптурмун мен» – деди.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Отуз жүз миң орчун кол,
Келгениң Бээжин алыс жол.
Отуз жүз миң – көп аскер,
Ошонун баары аман – деп,
Башка журт аман болгон соң,
Так эле сенден бир киши
Жоголгону жаман – деп.
Өзгө элден киши жоголсо,
Өлүмгө буйруп саламын.
Өзүбүздөн жоголсо,
Өлтүрбөй кантип каламын.
Жардыгым жалган болбос – деп,
Жалганчы адам оңбос – деп,
Өкүмүм экөө болбос – деп,
Өтүрүк айткан оңбос – деп,
Кайда кетти тутуңар,
Канча желдет, жолдош – деп,
Алмамбет айтып салыптыр.
Алты желдет жабылып,

Азыр башын чабууга
Даярданды камынып.
Катаа боло калбас – деп,
Кандын кылган өкүмү.
Калайыктан калбады
Канын кеч – деп, өтүнүү.
«Кан кылбай киймин алгын – деп,
Ыслам, ыйман келтирип,
Кабакка союп салгын» – деп,
Аргын Каракожосу
Ал сөздү айтып салганы,
А дегенче ордунан
Серек тура калганы,
Айтты сөздү эр Серек,
Мурунку аты Байсабай,
Мындай акыл таппаса,
Серектиги не керек.
Ордунан туруп кеп айтат,
«Ой, баатырлар! – деп, айтат,
Элди эсепке албасын,
Катары менен калкынын
Канкоруң кирип калбасын?
Ойротту санга салбасын,
Окусунан санатка
Оёнуң кирип калбасын?
Он башыдан бөлөгү
Башканыкы он экен,
Байкуш болгон Байматтын
Бир кишиси жок экен.
Башкасынын баарынын
Ондон болгон чен экен,
Оюлуп калган Байматтын
Бир кишиси кем экен.
Манаска болгон он башы,
Байкаңар, кандай неме экен?»
Чукулдан акыл чыгарып,
Чубагандай сөз айтып,
Чунак Серек салганы.
Туруму жок дүнүйө
Тупатуура жалганы.
Серектин сөзү макул – деп,
Турган журттун баарысы
Сездейише калганы.
Жадоо, Чулун боюнда
Жардык тийип колуна
Кан Алмамбет кан болгон,
Кандыгы журтка даң болгон,
Калмак кандай кылат – деп,
Кайгы баскан жан болгон.
Миң башы бекке байланган,
Билбегендин баарысы
Сийдиги булут айланган,
Он башы менен жүз башы
Ошо жерде шайланган.
Он башы болгон оёнго
Ошо жерде жазган каты бар,
Он кишинин аты бар.
Каталык жумуш болбосун
Казатта жүргөн жолдо – деп,
Кагазын оку, молдо – деп,
Кан Серек айтты мындай кеп.
Айтканын угуп алганы,
Кадырсейит молдосу
Катка көзүн салганы,
Манастын аты Байматтын
Онунан чыгып калганы,
Серектин сөзү айткандай
Ордунан чыгып калганы.
«Байкабай кара бастым – деп,
Баатырым Манас, сен үчүн
Кытайдан келген кулуңдан
Кызылдай өлө жаздым?» – деп,
Кыйкырып Баймат барганы,
Кыргыздын көбү каткырып,
Кыйындар күлүп калганы.
Кыраны Манас күлүптүр,
Кыйындыгын Алмаңдын
Атпай журт азыр билиптир.
Анда Манас кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Арбак урган Тазбаймат
Уялбай мага кеп айтат,

Жоготкон кишим жолборсум
Сен экенсиң – деп, айтат.
Уруп кеткен Тазбаймат,
Улук кишим сен болсоң,
Унуткан кишиң мен болсом,
Ушу жорук саа чала,
Он башы ойрон сен болсоң,
Оюңда жогуң мен болсом,
Серекти айтпай койдурбай,
Сени ушу жерде сойдурбай,
Эстебей койсоң мени сен,
Эр Алмамбет баатырга
Өлтүртүүм экен сени мен!»
Баатыр Манас болкулдап,
Башкача күлдү солкулдап.
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн
Кыраан Манас күлүптүр,
Кыйынсынган Байматтын
Кыйналганын билиптир.
Аман-эсен саламат
Аскерге барган жамагат,
Эсебин Алмаң алганы,
Эр Манастын үстүнө
Эми Алмамбет барганы.
Алмамбет барып кеп айтат:
«Султан Манас баатырым,
Ук сөзүмдү! – деп, айтат.
Эр кайраты жык толду,
Элиңдин баары бук болду.
Ат семирип карк толду,
Аттана турган чак болду.
Кабылан Манас, өзүң ук,
Калмагың айтар сөзүн ук.
Кырааным Манас, өзүң ук,
Кытайың айтар сөзүн ук.
Калп айтпаган чының ким?
Казатка чыгар тыңың ким?
Беттешкен жоого белдүүң ким?
Белдешкен доого демдүүң ким?
Өткүр чечен тилдүүң ким?
Өлүмдөн кайтпас жиндиң ким?
Көзгө атар мерген машың ким?
Көп жалтанар башың ким?
Көңүлү бузук касың ким?
Көөнүңө толбос басың ким?
Көп дөөлөткө масың ким?
Көрбөгөн жоого барчууң ким?
Бээжинден чалгын чалчууң ким?
Беттешкенин алчууң ким?
Мен барам – деп, тобуңдан
Белсенип чыгып барчууң ким?
Капырдан чалгын чалчууң ким?
Касташканын алчууң ким?
Капырдан коркуп каш тартпай,
Казаттан качып баш тартпай,
Кашкая чыгып барчууң ким?
Урматтуу улук баары тур,
Улуу, кичүү, кары тур,
Карасы менен каны тур,
Калк башчысы баары тур,
Бүгүнкү күнүң шейшемби,
Акыры жакшы көрүнөт
Аманат жандын эсени.
Жалгызга жардам күн деген,
Жарыгы тиер дүйнөдөн,
Бет алып Бээжин барганга,
Беттешкен жоосун алганга
Мен барам – деп, чыкчууң ким?
Беттешкенин жыкчууң ким?
Каканга чалгын чалчууң ким?
Капырга ойрон салчууң ким?
Кармашкан жоосун алчууң ким?
Казаттан башын тартпастан
Кайрат кылып барчууң ким?»
Ал түрдөнгөн бир сөздү
Алмамбет айтып салганы,
Ал сөзүн уккан адамдар
Айран азыр калганы.
Барууга киши жок болду,

Баарысы чочуп токтолду.
Алмандын кебин укканы,
Айтканын кабыл тутканы,
Ата уулу – арстан, улуктар
Аяндап коркуп ыктады.
Барууга киши жок болуп,
Баарысы чочуп токтолуп,
Бирин бири карашып,
Бирге олтурган жанашып,
Башка жоо болсо, барам – деп,
Баарысы чыкмак талашып.
Баашалуу журт Бакбурчун,
Кайнап жаткан Каканчын,
Чылгый динсиз Чынмачын,
Чын ушуга барууга
Чыгар киши жок болду,
Баатырлардын баарысы
Бараргa болбой токтолду.
Эми Манас кеп айтат,
«Эр Алмамбет – деп, айтат.
Элге айтар нечен сөзүң бар!
Эзелден жайын билесиң,
Эрдик кылсаң, өзүң бар!
Калкка айтар кандай сөзүң бар,
Кадимден жайын билесиң,
Кайрат кылып өзүң бар!
Барган менен баатырлар
Байкап жайын биле албас,
Балдыраша сүйлөшүп,
Бадиректен тил албас.
Кытайдын жайын биле албас,
Кыжылдаша сүйлөшүп,
Кызыталактан тил албас.
Капкага каршы кире албас,
Кажылдаша сүйлөшүп,
Капырдын жайын биле албас.
Бадыша болуп башкарып,
Колун билип жүргөнсүң,
Бакбурчундун мурунтан
Жолун билип жүргөнсүң,
Байкап көрүп баштатан,
Басы менен кытайдын
Зорун билип жүргөнсүң,
Эндөөлөгөн Какандын
Элин билип жүргөнсүң,
Эгизи канча, ой канча
Ченеп көрүп өлчөөсүн,
Жерин билип жүргөнсүң.
Аяры менен кыярын
Анык билип жүргөнсүң,
Улук болуп уучуңа
Алып билип жүргөнсүң,
Анжы, Манжы, Таңшаңды
Жарык билип жүргөнсүң,
Кайрат кылар дөөлөрүн
Каньк билип жүргөнсүң,
Канча жашка жеткенче
Капырда дooран сүргөнсүң.
Калкыма кайрат сөзүң бар,
Кары, жашка эп болсо,
Канкоруң айткан кеп болсо,
Кан Алмамбет, өзүң бар!
Колдон тандап кошчуңду ал[1],
Аскерден тандап адам ал,
Алмамбет өзүң чалгын чал!
Көптөн тандап көсөмдү ал,
Көргөн жолдон чалгын чал,
Жаныңа күйөр жакынды ал,
Жан аябас баатырды ал,
Өлүмдөн коркпос өткүрдү ал,
Жекеге чабар жеткирди ал,
Билеги жоон балбанды ал,
Билими артык далдалды ал,
Миңден качпас зардалды ал.
Аттан минсең, тулпар мин,
Айтканымды туура бил.

[1] *котчуңду ал.* Катчыдан ката кеткен. Контексттин талабына жооп бере турган туура үлгү – «кошчуңду ал».

Соот-чарайна, кыягың,
Жоодон качпас сыягың,
Жолдошуңду чыңдагын,
Жорукка минер атыңды
Көп ичинен тандагын,
Атым жүрбөй калды – деп,
Ал жерде арман кылбагын.
Каканчындын калкы көп,
Калк ичинде алпы көп,
Кара боюң чыңдагын.
Ат минбеген жөөсү бар,
Адамдан айбан дөөсү бар,
Кулагын жабуу кылган бар,
Тозоку кытай журтунда
Тоо ордуна жылган бар
Айтканды билбес наадан бар,
Акыры Какан журтунда
Албан түрлүү адам бар,
Өлүмүн билбес ажөр бар.
Эми Какан журтунда
Нече түрлүү өнөр бар.
Шайтанга жолдош болгон бар,
Дар башына конгон бар,
Жиндерге болгон жолдош бар,
Кынжылалуу жолборс бар,
Жыландын ажыдаары бар,
Какан каран шаарында
Каалагандын баары бар.
Көнгөйлүк деген шаары бар,
Көрбөгөндүн баары бар.
Ургаңкы деген шаары бар,
Укпагандын баары бар,
Уруп кеткен кытайдын
Узактан уксаң заары бар.
Шайтаны бар, жини бар,
Баштатан батыл* дини бар,
Бакмада канка пили бар.
Байкоосуз адам бара албас,
Батынып чалгын чала албас,
Тигилип тилин ала албас
Титинип чалгын чала албас,
Эгер калса туюнуп,
А барган тирүү кала албас.
Отуз жүз миң ушу кол,
Улуу черүү ушул жол.
Бу чалгынга жардамчы
Бууданым Алмам, өзүң бол!»
Бу сөзүн айтып салганы,
Мында отурган көй төрө
Мукактанып калганы.
Аттанып чалгын чалууга
Алмамбетти кармады.
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
Барбаймын – деп, айта албай,
Башын ылдый салганы.
Ойлоп Алмаң олтуруп,
Көңүлгө ыйман толтуруп,
Көтөрүп Алмаң башыны,
Көзүнүн төгүп жашыны,
Барууга белин байлады,
Баатырдын көөнүн жайлады.
Акка кылып тобокел
Аттанмак болду Алмамбет.
Анжы шаар барууга,
Аралап уруш салууга,
Алы келсе капырдан
Алыскы кегин алууга
Алмамбет белин байлады.
Ал жерде турган акимдер
Алды-алдынан сайлады.
Кош-кошуна кеткени,
Компоңдогон көй төрө
Коркпогондо неткени.
Алмамбеттин сыры бар,
Аңдай турган сыны бар.
Ордунан туруп Алмамбет,
Орчун колго тигилип,
Оёнуң Манас астында
Ойронуң Алмаң бүгүлүп,
Отурбай туруп кеп айтат,
Ой, султаным – деп, айтат,
Кылым элге тигилип,

Кыраанын Алмаң бүгүлүп,
Кыйыны Манас алдында
Кытайынча жүгүнүп:
«Акыл ойлоп куп билем.
Аскерден арга болбосун,
Айтайын азыр алдыңда
Ала турган жолдошум.
Аты – Теке, өзү – бек,
Урушка чыгат жекме-жек,
Сыны Сыргак*, ашык эр,
Атышкан жоону көргөндө,
Ажал, өлүм кайда?! – дээр.
Өлүмдү билбес өзү бар,
Өрт жалындай көзү бар,
Өчтөшкөн жоону көргөндө
Өкүмөт өткүр сөзү бар.
Сундуруп найза тартпаган,
Сурданып жоодон кайтпаган
Султандыгы белгилүү,
Кайратын катуу боюнда
Туткандыгы белгилүү,
Качыргандан токтолбос
Камандан алган мүнөзү,
Кайгырып жоодон шашпаган
Жолборстон алган мүнөзү,
Капаланып күйүнбөс
Кабылан Манас өзүндөй
Жолдоштон алган мүнөзү.
Колунда найза кыйгактуу,
Бир өзүн миңге баалаймын.
Сырттан заада Сыргакты
Жолдоштукка каалаймын.
Болсун Сыргак жолдошум,
Чоң Бээжинден жол болсун.
Иришип душман көптөсө
Ишенерим бир кудай,
Иштетерим эр Сыргак.
Жабылса душман жудайын
Жалынарым кудайым,
Жан аябас эр Сыргак
Кытайды кырып жудайын.
Кытайдан чалгын чалгын – деп,
Кыйын жолго баргын – деп,
Кыйырыңа кыргын салгын – деп,
Кыраанын айтып калганы,
Кылчайып эки келбегей
Кызыталак дүйнө жалганы!
Какандан чалгын чалгын – деп,
Капырга кайра баргын – деп,
Канкорум айтып калганы,
Кайрылып кайта келбеген
Каран дүйнө жалганы!»
Кабылан Алмаң камданып,
Бакбурчундун шаарына
Бармакчы болуп калганы.
Көргөндүн көөнү сүйүнүп,
Көк жалың минсе үстүнө
Көлүктүн бели ийилип,
Көк жал Алма баатыры
Көпкөк темир кийинип,
Жоодон качпас сыягы,
Зоот, чарайна кыягы,
Бет алып Бээжин элине,
Белдемчи тартып белине,
Калкан жаап башына,
Камдап алып жарагын
Кан Сыргак келди кашына.
«Кош болсун десең көөнүңүз,
Колдон тандап көрүңүз,
Кош атты бизге бериңиз».
Алмамбет айтып салганы,
Аял-буял кылбастан
Эр Манас сүйлөп калганы:
«Калкамандын Кара аты,
Кайгуулчу эрдин канаты.
Калкына бар да, айтып кел,
Каалаганда бербесе,
Карсылдатып тартып кел».
Ал сөздү айтып салганы,
«Ал болбос – деп, Алмамбет
Ашыга сүйлөп калганы.
Кара ат деген бар экен,

Карып калган мал экен,
Каражолтой жагына
Чалып калган ал экен».
Кара атка Алмаң көнбөдү,
Казатка макул көрбөдү,
Токтолбой Манас кеп айтат,
Доош салып бек айтат:
«Токотойдун Тору аты –
Тобунан ашык санаты,
Тоорулчул эрдин канаты.
Тобуна бар да, айтып кел,
Тору атын тобу бербесе,
Токмоктоп туруп, тартып кел!»
Буудан Манас баатырың.
Буйрук кылды желдетке,
Бу сөздү айтып акыры,
Муну дагы жактырбайт
Алмамбеттин акылы.
«Арстаным, уксаң арзымды,
Билгенимче айтайын
Мине турган атымды.
Мактап айтпай, чыны ушу,
Бар жылкынын тыңы ушу,
Айгай укса – сүрөөнү,
Ажыбайдын Күрөңү,
Ар кандай сапар минсе да,
Аздырбас эрдин бирөөнү.
Өөдө жерде сайышса,
Өчмөндүү жоого салышса,
Өксүп кийин калбаган,
Чыңк өөдөгө чуркаса,
Шыпырылтып салбаган
Бөктөргөлүү мал экен,
Бөлөкчө сонун жан экен,
Куюшкансыз минсе да,
Куюлма шагыл, кум ылдый
Куюндатып кирсе да,
Кыр аркадан өтпөгөн,
Кыл жалына кетпеген,
Аркасы бийик мал экен,
Ар өнөрү бар экен.
Мээ кайнаган ысыкта,
Белсенишкен кысыкта,
Бок кайнаган сасыкта,
Кырк күн жүрсө чапкылап,
Суу бүтпөгөн жазыкта
Суусабай турган мал экен,
Тулпардык жайы бар экен.
Шибеге бычак – түрпү жол,
Жүрүп барса калың кол,
Караңгылык каран жол,
Кайып баспас арам жол,
Баштап жүрсө колуну,
Кырк күн басса жолуну
Туурдугу туурулбас,
Туурасы түптөн суурулбас
Туягы чулу мал экен,
Тулпардык жайы бар экен.
Алыска кетсе азбаган,
Алты айлык жерден бет алса,
Биз изин жаза баспаган,
Азар түмөн жылкы алып,
Кошуп ийсе жылкыга
Бир жаңылбай баштаган,
Айгай укса шашпаган
Тулпарлык туура жайы бар,
Жумурунун учунда.
Жудуруктай майы бар,
Кыргыз, казак жумушу
Кытайга болсо урушу,
Жал, куйругун чачпаган,
Кылайып чөпту чалдырбай,
Оозунан суулук алдырбай
Жасоого* минсе кырк күнү
Арыктап карды ачпаган,
Азар түмөн жылкы алып,
Астына салып айдаса,
Жаман жолго баспаган
Ар өнөрү бар экен,
Атасы бүткөн кайыптан
Аркар сындуу мал экен.
Алып бергин, баатыр – деп,

Карткүрөң атты бербесең,
Кайгым кетпейт акыр» – деп,
Кан Алмаң айткан мындай кеп.
Алмамбет айтып салганы,
Ажыбайдын Күрөңү
Артык жылкы экен – деп,
Адамдар айран калганы.
Аны уккан соң эр Манас
Ашыккандай кеп айтат
«Ырчы уул менен Боз уул
Аттаныңар – деп, айтат.
Ажекеме бар – деди,
Айтып кабар бер – деди,
Алмамбет каалап калыптыр,
Күчүн сурап Күрөңдүн
Чалгынчыга бер – деди.
Мен бийлеген кеп болсо,
Жакшыларга эп болсо,
Жайын айтып Ажыңа
Карткүрөң алып келиңер,
Кан Алмама бериңер.
Кыраан Алмам болбосо,
Кыйрына келбес элеңер
Кыжылдаган кытайга
Кылым кыргыз элиңер».
Бу сөздү айтып салганы,
Сөз укканга шаттанып,
Ырчы уул, Боз уул аттанып,
Ажынын барды кошуна,
Салам айтып, бүкчүйүп,
Астына барган эки улук
Амандык сурап чүкчүйүп.
Ол экөө тең киргени[1],
А дедирбей Ажакең,
Айттырбастан билгени.
«Келиптирсиз баатыр – деп,
Кебиңер барбы акыр?» – деп,
Ажыбай сурап калганы.
Анда Боз уул кеп айтат,
«Ажакем, уккун – деп, айтат,
Биз билбеген ал экен,
Көрүнбөй жүрүп издерде
Дүйнөдө жок мал экен,
Күлүктүгү башкача,
Бир Күрөң жылкы бар экен.
Байкабаппыз баштатан
Колдо жүргөн малды – деп,
Бадышаңдын астында
Арбагы бийик Алмамбет
Көбүрөөк мактап салды – деп,
Капырга чалгын чалууга,
Казатка минип барууга
Кадырын Алмаң салды – деп,
Кабатыраак мактады,
Карткүрөң деген малды – деп,
Адамдын катарында – деп,
Акыры бизди көрсө – деп,
Кадыр салып жиберди
Карткүрөңдү берсе – деп.
Буйрук кылды бизге – деп,
Муну үчүн келдик сизге» – деп,
Ырчы уул, Боз уул сөздөдү,
Карткүрөң майын берүүнү*
Кан Ажакең көздөдү.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алганы,
«Кандар да бизден сурайт» – деп,
Каткырыгын салганы.
«Бек Алмамбет сураса,
Берен калсын Күрөң ат,
Берүүгө келген кезеги,
Табылабы жылкынын
Мындан артык эсеби,
Каран калсын Карткүрөң,
Капырга кетип окустан,

[1] Ушул ыр сабынан кийин бир сап ыр өчүрүлгөн, эмне деп, жазылганы окулбайт, контекст боюнча божомолдоого да мүмкүн эмес. Бирок окуяда үзүлүү байкалбайт.

Колдон чыкса кокустан
Бир байталдын тезеги.
Чылбыры тутам, боосу жок,
Чын дүйнөгө барганда
Сыңар чака доосу жок.
Арстанга айткан сырынан,
Ашыгы жок, чынынан,
Атымды билген сынынан,
Арстанга айткан сөзүнөн,
Айланайын өзүнөн.
Ал Алмамбет баатырдын
Атымды көргөн көзүнөн,
Артык айтпай чынынан,
Арстанга айткан сынынан,
Атымды билген сынынан.
Эр кадырын эр билет,
Эр билбесе не билет?
Ат адамга тең болор,
Кокустан алсак кытайды
Кол салсам олжом кең болор.
Арам өлсүн Карткүрөң,
Аяп күчүн нетемин,
Башым десе Алмамбет,
Садага чаап кетемин!»
Бу сөздү айтып кубантып,
Буйрук айтып жубантып,
Жүгөнүн алып боштотуп,
Ноктосун салып коштотуп,
Арам өлгөн Күрөңдү
Ач маралга окшотуп,
Ажакең күчүн бергени.
Коштоп алып эки кул
Алмамбет, Манас баатырга
Алар жетип келгени,
Алып келип Күрөңдү
Алмамбетке бергени.
Алдага шүгүр кылганы,
Ат колуна тийген соң,
Алакең көөнү тынганы,
Ажыбайдын сөзү – деп,
Айтканынын баарысын
Кулак салып тыңдады,
Куюндан бүткөн Карткүрөң
Куп колуна тийген соң
Кудайга шүгүр кылганы.
Көргөндөн көңүл ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Үстүнө кийген көк темир
Чопкут, зоот, кыягы,
Үлкөн Алма баатырдын
Үрүстөмдөй сыягы,
Кыргыздын болгон жолборсу
Кыраан Сыргак жолдошу,
Муздай темир кийинип,
Мурунку өткөн эрлердин
Арбагына сыйынып,
Буттай темир курчанып,
Казат десе нурданып,
Каарданып сурданып,
Телкызыл минип болкоюп,
Темирлүү найза койкоюп,
Жез така бутта чойкоюп,
Сырттан Сыргак шаңданып,
Сыр найза колго кармалып,
Кытайдын жерин чалууга,
Кыраандар минтип камданып,
Тандап минип күлүктү
Кылым кытай журтуна
Кылмак болуп түлүктү,
Салмак болуп мүлүктү,
Найза өтпөстөн тон кийип,
Алдасына сыйынып,
Ок өтпөс калкан байланып,
Кайра жаачу булуттай.
Каар жүзүнө айланып,
Казатка чапчу тулпарды,
Айбандын чыккан шуңкарды
Ээр-жарак салышып,
Элинен бата алышып,
Бектериң бүгүн аттанып,
Бет алган жагын өрт салып,
Алмамбет, Сыргак кеткенин,

Аңгемесин угуңар
Арт жагынын неткенин.
Анжы-Манжы, Таңышаң,
Ары жагы Бакбурчун,
Айтып адабиятка
Аңдатайын көп журтун,
Коңко деген шаары бар,
Кооптуу душман баары бар,
Чынмачын бар, Какан бар,
Жыкылдашып жаткан бар,
Сооласа деген жери бар,
Сонун кыйла эли бар.
Дукча деген жери бар,
Алардын баарын Алакең
Билип жүргөн чени бар.
Барып-келип баштатан,
Маш болуп жүргөн жолу бар,
Кызмат кылган бу күндө
Кырк уруу кыргыз колу бар,
Кырааны Манас зору бар,
Аларга багып турганда
Азыркы угуз уулунун
Арылбаган шору бар.
Каканды көздөй бет алып,
Казат кылып жол салып,
Алмамбет, Сыргак кеткенин,
Акылга дыйкан эрендер
Артынын көргүн неткенин.
Кыйкуу, Кенти жол менен
Кытайга кеткен Алмамбет
Кудайдан тилеп көп медет,
Төрө Угуздун балдары
Төрт бөлүнүп калганы,
Тэрттүн бири калмагы,
Динге кирбей, тил албай,
Дин кадырын биле албай,
Калмак болуп алганы,
Калмак эмес, кытайга
Кан Алмаң чалгын чалганы,
Караламан кара журт
Кабары качан келер – деп,
Карашып жолун калганы.
Калабалуу Кыргыл чал
Ордодон оюн салганы.
Ушу жүргөн кыргыздын
Ордо деген ойну бар,
Ошолордон калганы.
Оёндордун баарысын
Чакырып жыйып алганы,
Алмамбет, Сыргак артынан
Абакеси эр Бакай
Кароолго кетип калганы.
Азыгын кылып кийиктен,
Абакеңиз эр Бакай
Кароолун карап бийиктен,
Аскерден алыс бир күндүк
Чаңгүштун улуу тоосуна
Чапкылап чыгып барыптыр,
Көзгө дүрбү салыптыр,
Алыскы жерди эр Бакай
Астында турган эмедей
Айныксыз көрүп алыптыр.
Аларды таштап салыңар,
Аскерден кабар алыңар.
Атып жаткан ордону
Аксакал Кыргыл карыңар,
Абдылда болду башчысы,
Ал жерде калган жакшысы.
Манас күткөн кырк баатыр
Баары өнөрпоз таптакыр,
Жыйырмадан бөлүнүп,
Кумар кызык көрүнүп,
Кыргыл чал байлап төрт байтал,
Кылганына кулак сал,
Азыр төртөөн байлаган
Ажыбайдын байталы,
Атаңардын жомогун
Анык жерин айталы.
Аскерге кирген аралап
Азазилдин шайтаны.
Азгыра турган Азазил,
Азаматтар аңдап бил,

Айтып жаткан биздин тил.
Кыргыл чал барат уттуруп,
Абдылданын жолдошу
Аткычыл экен кутуруп,
Алдык – дешти байталды,
Кетпес – деди, кутулуп,
Кыргыл чалдын жолдошу,
Ордонун болду болбосу,
Бир-экиден чокондоп,
Атып жүрөт топондоп,
Азыр салып ашыгын,
Ажакең жагы атыптыр.
Кыргыл чалдын жолдошу
Оюн жетпей бир-экөө
Ордодон оолак жатыптыр.
Ажыбайдын балдары
Апкаарып атып жүрүшүп,
Аңдабастан калганы,
Көрбөгөнгө таң калды,
Сызыкка жакын четинде,
Көмүскө жерде кан калды.
Ордонун да каны бар,
Оюн үчүн жыйылган
Оёндордун баары бар,
Ойрон Жайнак дагы бар.
Караңгыда кол жүрсө,
Казат кылып жол жүрсө,
Карсактын изин жаңылбас,
Кадыр жайнак Шууту бар,
Кыргыл чалдын жолдошу,
Карап турган ушу бар.
Казатта жүрүп не үчүн
Ойнойт экен ушулар.
Ажыбайдын жолдошу
Атып ойнун болушту.
Абдылда акең балдары
Аткычыл экен бу баары,
Кыргылга кайдан жолуккан
Баары ата албас кубаары.
Тозулган болсо ойнуңар,
Томпойду жерге коюңар.
Апылдап жүрүп баарыңар
Аңдабай таштап салдыңар,
Атылбай калды каныңар.
Каныңарды мен атам,
Карыяңар Кыргылга
Кадыр Алда кудурет
Кайта берет экен го,
Мен атканда бек атам,
Бербердигер бир өзүң
Бере көргүн! – деп, атам.
Бу сөздү айта салганы,
Ал сөзүн кылып келеке,
Түмөн Кадыр деген бар,
Ордунан тура калганы.
Байкап кандай билбейсиң
Башынан жүргөн жолуңду,
Баятадан Жайнагым,
Байладымбы колуңду?
Азыр эле сен, Жайнак,
Аткычыл боло койдуңбу,
Оболдон бери көргөнбүз
Атып жүргөн ойнуңду.
Каадалуу кыйын эр болсоң,
Кан атуучу сен болсоң,
Атып ала койгун – деп,
Сен уткан болсоң биздерди,
Төгүн эмес, чын ушу,
Төрт байталдан тойдум – деп,
Колуна берди томпойду.
Ызаланып эр Жайнак,
Чийинди басып тоңкойду,
Мээлеп туруп бек койду,
Берегөр кудай! – деп, койду.
Намыстанып жан чыкты,
Аткан жерден кан чыкты.
Канга томпой жетиптир,
Катуу тийип томпою
Кан алыска кетиптир.
Кан болуптур аткан ок,
Кайсы бири көрүптүр,
Көбүрөөгү көргөн жок.

Көрбөгөндүн баарысы
Көңүлдөрү шат болуп,
Көбүрөөк күлүп калышты
Ажыбайдын тарабы.
Анда Серек карады,
Кубанбай калгын, куу балдар,
Кужулдаган жамандар,
Атып кетти каныңды,
Кубантпай кал – деп, жаныңды
Айтып Серек салганы,
Кайда? Кайда? Кайда? – деп,
Калабалуу Боз уул
Канга чуркап барганы.
Жылас болгур кайтадан
Жыдымакка салганы,
Буяктан туруп Кыргыл чал
Кыйкырып сүйлөп калганы.
Акбалтанын Чубагы –
Кыргыл чалдын жолдошу,
Арстандын бири бу дагы,
Нойгуттун ойрон Чубагы
Оёндун бири бу дагы,
Кошуунга кеңеш айтмакка
Кошко кеткен убагы.
Колу-башы селкилдеп,
Ордунан Ырчы турганы:
«Өзүңөр чүкө чыгарсаң.
Баштыгыңа салдыңар,
Мактанып суйлөп калдыңар.
Жалгыз канды биз алсак,
Кандайлыктан Боз уул
Жыдымакка салдыңар?
Аткан сайын көбөйөт
Өзүңөрдүн ойнуңар,
Биз бир жалгыз кан атсак,
Жооноёт экен мойнуңар.
Оодардык дейсиң оюңар,
Кылган шертиң чын болсо,
Кычылашпай коюңар».
Ырчы уул айтып бу сөздү
Ынтыгышып калганы,
Ыргып туруп ордунан
Боз уул жетип барганы.
Түзбү? – дебей, түгөнгүр,
Кыйшык аттың каныңды.
Түзбү? – деп, бир ооз айттым – деп,
Безеленбей Ырчы уул,
Бере кой – деп, жаныңды
Боз уул сүйлөп калганы.
Болбогондон чыр чыгар
Бок дүнүйө жалганы.
Аксакал Кыргыл кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Атканда чыкты каныңар,
Ажыбайдын тарабы,
Акыры ушу кан менен
Кошо чыкты жаныңар,
Ордо оюнду, бээлерди
Баарын силер алыңар,
Калбаны коё калыңар!»
Бу сөздү Кыргыл сөздөдү,
Бу сөзүнүн артына
Боз уул кебин көздөдү:
«Кой! Кой! – десе болбойсуң,
Аксакалдуу башыңда,
Алтымыш келген жашыңда.
Арам сөздү койбойсуң,
Атпай элдин баарысын
Акмактан бетер ойлойсуң!»
Ал сөздү айтып Боз уул
Кыргылга көзүн салганы,
«Аксакалдуу адамга
Асылба!» – деп, буяктан
Ырчы уул сүйлөп калганы.
«Жашына келбей жайрайсың,
Кырчыныңда кыйрайсың,
Кабагыңды түйөсүң,
Качан болсо Боз уул
Мыктуусунуп жүрөсүң.
Ачууланган бу кишиң –
Аксакал Кыргыл турбайбы,
Акиси* сени урбайбы!

Уруп кеткен Боз уул,
Урушуп жаткан Кыргылың
Улуу киши турбайбы,
Нукусу* сени урбайбы!
Өңгө журттун баарысын
Өткүр Манас барында
Өбөктөтүп аласың,
Өзүбүзгө дагы сен
Өөдөсүнүп каласың.
Башка журттун баарысын
Баш көтөртпөй саласың,
Башка элчилеп бизди да
Басырыктап каласың.
Баарыбызды тең көрөт
Бадыша, кошто, Манасың.
Бадыраңдап ар качан
Бизге баатырлык сүйлөп каласың!»
Ырчы муну айтканы[1],
Ырчынын сөзүн уккан соң,
Боз уулдун келди шайтаны:
«Атаңдын көрү Ырчы уул –
Апылдаган капыр кул,
Уттуруп туруп кумарга,
Улуу сөз айтат буларга,
Алдырып туруп кумарга,
Артык сөз айтат буларга!
Кетте сөз айтып саласың,
Кесириң көп адамсың.
Ар качандан бир качан
Кербээ* тартып каласың.
Чуулгандуу чуу сөздү,
Ар качандан бир качан
Журтка айтасың куу сөздү.
Куу сөзүң болсо сеники,
Кужурум келет меники.
Арамдык кылган иши жок,
Азыркы турган аскерде
Алмамбет сындуу киши жок.
Ар качандан бир качан
Айтасың абжор* сөзүңдү,
Алмамбет баатыр келгени
Аңдыган сенин өзүңдү,
Ачайын азыр көзүңдү!
Алмамбет сени жектеген,
Айлыңды жакын кондурбай,
Алысыраак кет! – деген,
Ажырап кетер кезинде
Абакем Бакай эптеген.
Ошол Ырчы сенсиң – деп,
Ойротко маалим кемсиң – де,
Баргамын сенин ордуңа,
Баатыр Алмаң куш көрдү,
Сага окшогон капырлар
Барган жерге бата албай
Байдасы жок муш көрдү.
Ошондон кийин сен бардың
Нойгуттун оён Чубакка,
Ушул элдин тентеги –
Ороңдогон чунакка.
Өзүм өөдө өзүңдөн,
Сөзүм өөдө сөзүңдөн,
Байым өөдө байыңдан,
Манаска Алмаң келгенде
Байге болдук кыйла жан.
Жортуулга барып биз жаттык,
Алмамбетке кубанып,
Чоролор шондо ат чаптык.
Талаага барып биз жаттык,
Алмамбетке кубанып,
Тамаша кылып ат чаптык.
Баатыр Алма султаның
Манаска келди токтолуп,
Чапкан аттын баарына
Саярга байге жок болуп,

[1] Ушул ыр сабынан кийинки эки сап ыр такыр өчүрүлгөн, окуу мүмкүн эмес, эмне жазылганы да, өчүрүлүүнүн себеби да белгисиз.

Эрегишкен кырк баатыр
Аттарын чаап салар – деп,
Аттарын сайсак байгеге,
Олжо кылып ойрондор
Алып кетип калар – деп,
Акылман Серек кеп айтып,
Кырк баатырдын жаштарын
Байге болсун – деп, айтып,
Серектен сонун кеп келип,
Манаска бу сөз эп келип,
Он үч жигит бөлүнүп,
Орчун топко көрүнүп,
Башкы атында мен турдум
Кербен менен Дөрбөнгө
Үчөөбүз болуп тең турдум,
Менден кийин Ырчы уул
Жети аттан кийин сен турдуң.
Теңир аткыр болбосоң,
Эми келип бу жерде
Тең кишидей кеп урдуң!
Алмамбет жаңы келди эле,
Миниш атың болсун – деп,
Нардай болгон Сарала ат
Манас жаңы берди эле,
Аркар сындуу Сарала ат
Астына чыгып келди эле,
Аккула аттын иниси,
Атасы мунун Камбарбоз,
Арстан Манас берди эле.
Нак ошондон бери жакка
Айбан чалыш Ырчы уул
Аңдап кара мен жакка,
Алмамбет менен ыркым бир.
Айыл консом кыркым бир,
Чубактын аты Көктеке,
Ар канча тулпар болсо да
Чуу көтөрчү как чеке
Жети болуп барды эле,
Сени келип алды эле,
Ырчы мага тийди – деп,
Акбалтанын Чубагы
Кубангансып калды эле.
Чубак сенин жолдошуң,
Журттун баары куп билет
Чуусуз мунун болбосун!»
Болумдуусу Боз уул
Бу сөздү айтып салганы,
Алиги сөздү Ырчы уул
Аңдап угуп алганы.
«Баарың уккун, кара журт,
Макоонун сөзүн баарың ук!
Кадырың жетик карың ук
Ката дебей, каны ук,
Бузук – деди, биздерди,
Кудай өзү бир билер
Ким жамандык издээрди.
Күлдү журтка билинди,
Кыямат кысылышында
Күбө кылам сиздерди,
Байым Чубак экен – деп,
Башкаңда жүрүп нетем – деп,
Жакыным Чубак экен – деп,
Жамааңда жүрүп нетем – деп,
Ордоң менен ойрон бол,
Ушунчамда кетем!» – деп,
Ашыктын баары чачылды,
Ал жердеги көй баатыр
Ат-атына асылды.
Ырамандын Ырчы уул
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул
Аралда жаткан Чубакка
Айкырып барды мына бул.
«Айтыша келсе, атаң тең
Алакан ачса, батаң тең,
Кыпчактын журту эки уруу,
Кыйбадан жүрөт беш уруу,
Кара калпак, Думара
Атабыз Угуз дегенсип,
Карап жүрөт буларга.
Нойгут менен тейит бар,
Чаркөө менен калча бар,

Кырдагы угуз канча бар,
Ак бараң атса, туз да бар,
Алты ата уулу жүз да бар.
Нойгуттан болгон сен болсоң,
Ойрон тейит мен болсом,
Сени да кудай урбайбы,
Кытайдан келген кызыталак
Алмамбет кулдан кем болсоң!
Бадышалык өкүмөт
Башында бу кул алганы,
Байкасам дүйнө жалганы,
Уругу угуз болгонго
Улуу Чулун боюнда
Кан көтөрүп салганы.
Кан өкүмүн бул алды,
Калмактан келген жай таппай,
Каңгыраган кул алды.
Кыргыздын журтун бул алды,
Кылчуу өнөрдүн баарысын
Кытайдан келген кул алды.
Өкүмүн алды колуңдун,
Өрнөгүн алды жолуңдун,
Эсебин алды элиңдин,
Кутуруп кеткен куу кытай
Кубатын алды белиңдин.
Жол өкүмүн алганы,
Жолго жалгыз кондурбай,
Жоболоңго салганы.
Кол өкүмүн алганы,
Жолду ката кондурбай,
Кордукка журтту салганы,
Улук, кичик уктуңар,
Сөзүмдүн барбы жалганы?
Шылдың кылган немедей,
Жүрүштүү атты бул минип,
Чарчап-чаалып кебелбей,
Уктаган элди үркүтүп,
Убара кылып дүргүтүп,
Ыгы жок жаткан кай бирин
Ыштанына мүргүтүп,
Анда кылган кордугу,
Ар качандан бир качан
Ашык кылган зордугу.
Суу тартам – деп, күн жайлап,
Суу түбүнө таш байлап,
Калбаны катуу баштады,
Калабалуу калмагың
Кара кыргыз тукумун
Ачка өлтүрө таштады.
Жол өкүмүн алганы,
Кол өкүмүн алганы,
Аз келгенсип алары
Чалгынды кытай чалганы,
Аңдасам дүйнө жалганы.
Акыл, кеңеш, кепте жок
Акбалтанын Чубагы
Оорукта* жатып калганы.
Ойлонсом дүйнө жалганы,
Ошолордун баарысын
Не кылайын – деп, жүрсөм,
Боз уул деген немеси,
Жебеген богу калбады,
Жергеңде жүрүп каралаш,
Жээгинде жүрүп аралаш
Мени кудай албады!
Ары түбүң тең тууган,
Тең туугандан кем тууган
Сени кудай албады,
Алмамбетти көтөрүп,
Арбак урган Боз жигит,
Айтпаганы калбады».
Аты Ырчынын Алымжан,
Ал сөздү айтып салганы,
Акбалтанын Чубагы
Аңдап алып бу сөздү,
Ачууланып турганы,
Арстандын бири бу дагы,
Ар кимдин келип калыптыр
Кайрат кылар убагы.
Үкүдөй көзүн жайнаткан,
Үч күн болгон байлаткан,
Жал кулактан артылган

Тайгандай ичи тартылган,
Туягын жерге мылгыткан,
Тумарын көккө ыргыткан
Көрктүү күлүк Көктеке
Айчылык минсе оюбас,
Айбандан бөлөк как чеке,
Көмкөрө ээр, көк токум,
Көсөл Чубак токутуп,
Жолдошунун баарына
Жабырата сүйлөтүп,
Салабатын* окутуп,
Жоого тийчү жарагын,
Жоругун мунун карагын,
Чарайнасын тартынып,
Соот, калкан, кыягын,
Андасаң анын сыягын
Сом темирин артынып,
Аман кантип коём – деп,
Артынан жетип акыры,
Алмамбет кулду соём – деп,
Нойгуттар, атка мингин – деп,
Ойрон болгон кытайды
Оңдурбасты билгин! – деп,
Жайылда мындай ким болгон,
Жасоосу жаңы миң болгон,
Барабанды барс коюп,
Мылтык атып, тарс коюп,
Доолбасты карс коюп,
Акбалтанын Чубагы
Алмамбеттин артынан
Жөнөп калды бу дагы.
«Мен артынан барайын,
Менменсинген калмагын
Белде жетип жайлайын,
Бээжиндиктин жылкысын
Бери карай айдайын,
Айдап келсем жылкысын
Албаган элди көрөйүн,
Айтканымды кылбасам,
Адам болбой өлөйүн,
Алмамбет кулдун артынан
Аламан коюп жөнөйүн.
Кыйырынан азган кытайды
Кыйбаган элди көрөйүн,
Кытайга кылчаң кылганды
Кырып салып жөнөйүн».
Бу сөздү айтып Чубагы,
Камчы салып атына,
Кырк баатырды бет алып
Жөнөп калды бу дагы.
Аскеринин баарысы
Ашыгышып калышты.
Абыр-шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Нойгуттун чаңы буркурап,
Акбалта кылып ураанын,
Ойдон-тоодон чуркурап,
Кутусун тыгып койнуна,
Атынын минип мойнуна,
Албарсты кайрап тонуна,
Атынын конуп жонуна,
Адам тургус жолуна,
Асынып мылтык соңуна,
Найзасын алып колуна,
Адам айран калгандай
Акбалтанын тобуна,
Аламан жөнөп калганы,
Атып жаткан ордого
Алиги Чубак барганы,
Келген бойдон ашыкты*
Кечип туруп алганы,
Жаңы өргүгөн Кыргылдын
Жаалы келе калганы.
Уттуруп турган мурунтан,
Утамын – деп, турганда
Чубак муну куруткан,
Кара бодур чүкөнү
Аттуу кечип турганда
Калктын баары жүдөдү.
Кыйкырып Кыргыл кеп айтат:
«Кызыталак Чубак – деп, айтат.
Оолугуп Кыргыл кеп айтат,

«Ордого кылбай мыктылык,
Оолак тургун» – деп, айтат.
Ошондо Чубак нени айтат:
«Атаңдын көрү кырк чоро,
Кыркың макул эр чоро,
Акылың жок, жер чоро.
Урсун кудай баарыңды,
Кыргыл баштык карыңды!
Жергем нойгут, угуздан[1],
Өкүнчүм тоодон чоң болду
Өлбөй карап туруштан,
Адам өлбөйт экен го
Ардык, кордук жумуштан!
Калмактан келген жай таппай,
Казактан келген бай таппай,
Теги-түбүн ким билди,
Тентиген бир кул сай таппай.
Кытайдын чыгып кыйырынан,
Кыйынсынып не чыгат
Кыргыздын баскан чыйырынан.
Бээжиндин жолу беш бөлөк,
Берерине алганда
Бендесинин баарына
Бербердигер чын жөлөк.
Берсе бирин алармын,
Бербердигер бербесе,
Бендем экен дебесе
Бейажал өлүп калармын.
Анжы, Манжы, Таңшаңга,
Адам арга кыларбы
Азелдеги жазганга,
Кантип тизгин берейин
Туубай кара басканга.
Журтунан тентип[2] азганга,
Толготпой кара басканга*.
Тобумду кантип билдирем
Тобунан өзү азганга,
Сөзүбүз жаман угулар
Соңунда калган дастанга.
Анжы, Какан, Алты-Шаар,
Ар кимдин күткөн эли бар,
Алым келсе алармын,
Алдырбаса кудурет
Армансыз өлүп калармын!»
Ал сөздү айтып Чубагы,
Аскерине кошулуп,
Жөнөп калды бу дагы.
Алыстан келген алты кан,
Адамдардын кыйласы
Айтарын билбей тантыган:
«Кайда барса казатка,
Капырды салып азапка,
Чубак, Сыргак дегени
Журтунун камын жегени.
Кыргынды жоого салат – дейт,
Чубакка кошо барганда
Кызыктуу олжо алат – дейт,
А кошулбай токтогон
Арманда бойдон калат» – дейт.
Ал сөзүн айтып көпчүлүк,
Аскерге түштү көп түлүк.
Калкамандын калкынан,
Как ушундай эрегиш
Кадимден кыргыз наркынан,
Токотойдун тобунан
Тополоңдоп жөнөлдү
Тозоку Чубак соңунан.
Элемандын элинен
Не кыйындар баратыр
Атагы чыккан эринен,
Жамгырчы, Төштүк тобунан,
Көкчө, Үрбүнүн колунан,
Санжыбектин элинен,
Жарагын чечпей белинен,

---

[1] Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелген.

[2] *жентиб.* Жазылыштан маани чыкпайт. Контекст боюнча кылынган сөздүн туура үлгүсү – «тентип».

Ак ала сакал Музбурчак
Аскерине ээ болбой,
А да калды ушул чак.
Калгандын баары карашып,
Кашатка чыгып жардашып,
Калабалуу Чубактын
Кайратына таңдашып,
Аскерге бүлүк салыптыр,
Кароолго чыккан эр Бакай
Карaанын көрүп алыптыр.
Кол бузулган экен – деп,
Койдурбасам, бекер – деп,
Коёнбоз менен тепеңдеп,
Эл бузулган экен – деп,
Эңкейиште тепеңдеп,
Ак сакалды коюндап,
Уларбозду моюндап,
Ак сакалы сеңселип,
Ак күбө тонду белсенип,
Арстан Манас кошуна,
Айкөл эрдин кашына
Акырып Бакай келгени,
«Аскериңден айрылып,
Арманда өлдүң дегени.
Акимдигиң кээ болду,
Арстаным Манас не болду.
Түп көтөрө айдадың
Түмөн түрк көп колду,
Түп-Бээжинге бармакты
Түп кеңешиң бу болду.
Көпчүлүктө нелер жок,
Көп адамдын оозу шок.
Бузуку кулдар барыптыр,
Мындайда бузук сөз айтмак
Мурунтан калган нарыктыр,
Бузуп айтып салыптыр.
Жарыкы кулдар барыптыр,
Жамандап жүрмөк бир бирин
Далайдан берки нарыктыр,
Жарып айтып салыптыр.
Кызматы үчүн кыргыздын
Алмамбет чалгын чалыптыр,
Эли жок элкин кул – дешип,
Не кутурат бул – дешип,
Эрегиш чыгып калыптыр.
Нойгуттун оён Чубагы,
Ойрондун бири бу дагы,
Алмамбеттин артынан,
Албай кепке-кеңешке,
Чалгынга кеткен дартынан,
Белги кылып, туу аштап,
Кырк уруу кыргыз журтунан
Бээжинди көздөй жол баштап
Жөнөп калды акыр – деп,
Жөнүн тапкын баатыр» – деп,
Абасы Бакай айтып кеп,
Манастын келди кашына
Бадышалык кошуна,
Баатырсыган Манасың
Алдырады ушуга.
Айтар сөзүн биле албай,
Алты кандан тил албай,
Апкаарып Манас токтолду,
Кыйынсыган кырк баатыр
Кыңк этер бирөө жок болду.
Ашыккандан кеп айтат,
Абасы Бакай бек айтат:
«Ак саргыл атты жетелеп,
Ашыр датка деген бар,
Астына барсын – деп, айтат.
Дарбазачы Сары сарт,
Ашыр датка кошулуп,
Аксаргылды тартуу тарт.
Акыл-насаат айтсын – деп,
Аскерди бузбай токтотуп,
Акбалтанын Чубагы
Ал бейлинен кайтсын» – деп,
Эр Бакай айтып салганы.
Аксаргыл атты жетелеп,
Ашыгышып энтелеп,
Ашыр датка, Сарысы
Алып жүрдү баарысы,

Алты жайсаң жолдошу,
Айткан Бакай жолборсу,
Аксаргыл атты жетелеп,
Ашыгышып энтелеп,
Астынан тозуп барыптыр.
Акбалтанын Чубагы
Алыстан көрдү бу дагы.
«Теңтушум Ашыр датка – деп,
Жетпей[1] жүргөн экенмин
Аксаргыл сындуу атка» – деп,
Ачуусун жүзүнө алганы,
Дарбазачы Сарыны
Жыга чаап салганы.
Аксаргыл атын албады,
Айгайды бийик салганы.
Алигиден бешбетер
Бу жерде Бээжин тургандай,
Аламан жөнөп калганы.
Ашыр датка токтолду,
Айтарга кеби жок болду,
Алты кан эли бузулуп,
Аскердин көрүп түрүнү,
Көрүп турду көк жалың
Көпчүлүктүн сүрүнү.
Арстан Манас кеп айтат,
Акыл ойлоп бек айтат,
«Абаке Бакай! – деп, айтат,
Акылга дыйкан өзүңүз,
Ар качандан бир качан
Насаат бизге сөзүңүз,
Аскердин болгон бузугун
Көрүп турат көзүңүз,
Аккула атты жетелеп,
Акбалтанын уулунун
Астына баргын өзүңүз.
Так ушундай тар жерде,
Калаба катуу бар жерде
Сөзүң дары ар жерде.
Дары болгон сөзүңүз,
Тартынбаңыз өзүңүз.
Аскерим минтип жүргөн соң,
Аманат жандан тоёюн,
Ат минбесем коёюн.
Айтканым адам албаса,
Адаммын – деп, нетейин,
Аккүбө тонду чечейин,
Ат минбесем кечейин!»
Ал сөздү айтып эр Манас
Капалык толду оюна,
Кайраты толду боюна.
Майдайы жазык, башы кууш,
Бар боюна толду тууш.
Көркү калча, көзү тик,
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Ээрди калың, көзү үңкүр
Эр мүнөзү көрүндү,
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыкса жолу ачык
Алп мүнөзү көрүндү.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең, асты кууш,
Айбаты катуу, заар жүз,
Боюнан чыкты болгон тууш.
Бил мүчөсү билинет,
Ал мүнөзү кармаса,
Ааламдын баары бүлүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну* жазы, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз,
Жооруну калың, жолборс төш
Айбатын көрдү баатырдын.
Аккула атты кындыйтып,
Абакеңиз эр Бакай
Жөнөп калды акырын,

[1] *жетбе.* Катчыдан ката кеткен, туурасы – «жетпей».

Жөнүн билген Чубакка
Айтмак болуп акылын.
Боз жорго атын теңселтип,
Ак сакалын сеңселтип,
Абасы Бакай барганы.
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы,
Абакеси Бакайды
Алыстан көрө салганы.
Коштогону Аккула ат,
Кошчу болгон Ажысы,
Баштарында баарынын
Бадышалык таажысы.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар,
Соорусунун үстүдө[1]
Абу Насыр сылаган
Колунун тийген тагы бар.
Алакандай агы бар.
Аккуланы жетелеп,
Абакеңиз эр Бакай
Астынан чыккан чагы бар.
Аңгемеси бабаңдын
Айтар сөзү дагы бар.
Акбалтанын Чубагы
Аккула атты кындыйтып
Абасы Бакай келген соң,
Апкаарый түштү бу дагы.
Уялбас уул бетиби,
Улугуң Бакай келген соң,
Токтолбой турган көтүбү.
Аламан чапкан көп колду,
Аскерге кайрат жык толду,
Акбалтанын Чубагы
Абаңды көрүп токтолду,
Кайратканып кай бирөө
Өтүп кетип баратыр,
Калың аскер күңгүрлөп
Өсүп кетип баратыр.
Акбалтанын Чубактын
Кадырын билген токтолуп,
Аламанга чапкандар
Акылы башта жок болуп,
Өтүп кетип баратыр.
Тил алганы кайрылып,
Тил албаган жолдошун
Кете бер! – деп, айрылып,
Аламан болгон көпчүлүк,
Акбалтанын баласы
Аскерге салган көп түлүк.
Батчы болгон Чубагы
Бакайды таштап кете албай,
Барып турду бу дагы.
«Ар качандан бир качан
Айдап күттүң көп колду,
Абаке, сага не болду?
Кырк уулу келген угуздун,
Кырдын жери Түркүстан,
Кылайып бузук кылбадым
Кыргыз эли болгонго.
Кыраанын Манас күлүстөн,
Атабыз бирге болгон соң,
Ар кез намыс кылбадым
Айдоосуна жүрүштөн.
Ногойдон – Манас, нойгут – мен,
Ойлонгун Бакай, муну сен.
Башкасы калган Бабылда,
Баарыбыз жүрбүз угуз – деп,
Баатырыңдын камында.
Башкы атасы Багуш – деп,
Бар кудай салган бул иш – деп,
Манас деген канкоруң,
Дүнүйөдөн көрбөдүм
Бенденин мындай анткорун.
Азирети Мусанын

[1] Ушул ыр сабынан тартып төрт сап ыр кызыл карандаш менен тегеректелип, көк сыя менен сызылып салынган. Тексттер калыбына келтирилди.

Байгамбар болгон тушунда
Бабамдын жолун колдойм – деп,
Манжы кандын балдары
Кармайм эски жолду – деп,
Калмак болуп алганы.
Билгенге менин акымдыр,
Калабалуу казактан,
Көтөргөн Көкчө азаптан
Багуш уулу болгонго
Бир атасы жакындыр.
Карагай найза боолайсың,
Калмак дейсиң, жоолайсың,
Угуз уулун жоолаган
Бакай кандай мазагың,
Капыр болсо калмактар
Өзү тартар азабын.
Ногойдон Бакай, сен элең,
Нойгуттан Чубак, мен элем.
Кара калпак, думара
Карап турсаң буларга,
Атабыз Угуз экен – деп,
Ар качандан бир качан
Аскериңе кошулуп,
Бу да жүрөт убара.
Тууганым ушул экен – деп,
Карыябыз эр Бакай
Карабадың буларга.
Каңды, Тейит, муңкушту
Катарыңдан таштабай,
Карайлаттың байкушту.
Найзанын чабат учуна,
Аталашым экен – деп,
Аскерде жүрөт ушунда,
Ар ким дуулайт экен го
Арбак конгон тушунда,
Шыба менен жедигер
Түп атам бирге экен – деп,
Түгөнгөнүн карабай
Түгүн койбой жедиңер.
Чаркөө менен катаган
Баарыбыз бир атадан,
Кыругуздун балдарын
Кыраанын Манас матаган.
Кыргыз уулу нече уруу,
Кыпчак жүрөт жети уруу,
Өтүрүк, чын сөзүңдөн,
Өкүмүңдөн, өзүңдөн
Калмак калды кутулуп,
Калгандардын баарысы
Карап турат көзүңө,
Каарыңда жүрбүз тутулуп.
Канетер экен – деп, койсом
Барган сайын күчөйсүң
Бакай аба, кутуруп.
Аккула атың жетелеп,
Астымдан, аба, чыкпасаң,
Кеттим эле бузулуп.
Алтайда тууган Манасың,
Ар качан кор тутасың
Атпай угуз баласын.
Осолдук бекен ушунум,
Ойрон болгон канкорго
Он үчүмдө кошулдум.
Чыландынын оюнда,
Чылаба кандын тоюнда,
Кытай, кыргыз кысылып
Кылган оюн тушунда
Кырылыштык ушунда.
Кытай турду көпсүнүп,
Кыйырына салдык көп түлүк.
Кыргыздан кытай көп чыкты,
Кылчая албай ошондо
Кыргыздан качты көп мыкты.
Бабаң Ногой баш болуп
Кытайга уруш салды эле,
Атасы бирге түтө албай,
Кара чок калмак болгону
Каптап кирип кытайга,
Карсылдашып калды эле,
Кашында турган Чубак кул
Арбак урган кытайдан
Алты атын сайып алды эле,

Акимсиген канкоруң
Кошой бийдин тобуна
Коркуп кетип калды эле,
Жалган беле, чын беле,
Ушу турган Чубактан
Урганың Манас тың беле?
Ногойдон нойгут кем беле?
Чубактан Манас эр беле?
Шыкайсың жоого ар качан,
Чыгыша койчу эми эле!
Көрбөгөн Бакай сен белең?
Көмүктө калчу мен белем!
Темирдиктин оюнда,
Тейиш кандын тоюнда
Теминишип келгенде
Каткалаңдын Сайкалы,
Калпты кайдан айталы,
Атынан сайып эңкейтип
Ала турган болгондо,
Акыр заман башына
Сала турган болгондо,
Азуулуу жеке камандай
Чала турган болгондо,
Катындан калса сайылып,
Калкка сөзү жайылып,
Кыздан калса жыгылып,
Кылымга сөзү угулуп
Кала турган болгондо,
Кыяматты башына
Сала турган болгондо
Намыстана кеткеним,
Аба, Бакай, ыраспы
Арасына жеткеним?
Алдырбастан Сайкалга,
Жалган беле, чын беле,
Айрып чыгып кеткеним?!
Акылыңа бир албай,
Абаке, Бакай неткениң?!
Кытайдан келген Алмамбет
Жалганбы, чынбы эр Бакай,
Чалгынга жөнап кеткени?!
Угуз кандын уругу,
Жүз миң жүздүн улугу
Байыштын уулу Карача,
Көрүп келген Көйкапты,
Бар кылган иши тамаша,
Сейликандын тушунда,
Самар шонун жаңжуңу,
Өкүмөт кылган ушунда.
Манас деген чыгат – деп,
Көңкү кытай журтунун
Көтөргөн туусун жыгат – деп,
Төрт жүз жыл мурун айтыптыр,
Ал айткандын баарысы
Дүнүйөдөн кайтыптыр,
Акыры калган ошондон,
Айылын бөлүп Кошойдон,
Чамбылда болуп калаасы,
Айчак дөөнүн баласы
Алдыратып Манасты
Ала турган болгондо,
Арманда өлүп арада
Кала турган болгондо,
Аралаш турган өз көзүң,
Айрып чыккан мен өзүм,
Акылдан киши калган соң
Атпай-чаппай өлөсүң,
Аккула тартып, абаке,
Азыр турган сен өзүң.
А да кыргыз уругу,
Атын уксаң, Кыдыршаа,
Анжыяндын улугу,
Атагы бийик Самар кан,
Акырет кеткен бу бир жан,
Сапар кылган бабасы,
Самаркандын баласы
Чайыштын уулу Чегишти
Сандап жаткан кыргызды
Сапырангга жегизди.
Сапар кылып биз бардык,
Каратып калкын алууга,
Кайраттанып түз бардык.

Камбыл балбан дегени
Каршы алдынан келгени,
Канкорду сөзгө жыкканда,
Кыңк эте албай токтолгон
Капталдан Чубак чыкканда.
Көрүп жүргөн көзүң бу,
Көрмөксөн болуп ар качан,
Көз жумган Бакай өзүң бу,
Албай акыл-кеңешке,
Көр – деп, турган кезиң бу.
Алооке канды алганда,
Кашкардын каны Алакун
Капталып уруш салганда,
Алтыны сайып капырдан
Алып келген мен элем,
Акыл айтып, жол баштап,
Жүргөн Бакай сен элең.
Аскерден чыкпай корголоп
Калбады беле Манасың?
Кандайлыктан кордойсуң
Калың нойгут баласын!
Элдин баары куп билген
Эр Жанадил бабасын,
Ташкендеги Панус кан
Нускан дөөнүн баласы,
Каар салып, алаасын
Алып берген мен элем,
Аскер айдап, кол баштап,
Жүргөн Бакай сен элең.
Кабылан Манас канкордон,
Калк чайкаган анткордон
Кайсы жерим кем элем?
Арбагы журтка угулду,
Күлдү баарын караттык,
Күн чыгыштан Кумулду,
Кыйратып бердим төмөнтөн
Кырым менен Урумду.
Оң кол жагың Кара-Кум,
Билимдүү Бакай сен элең,
Бир кудайды карагын.
Калмактан келген жай таппай,
Казактан келген бай таппай,
Тентиген бир кул сай таппай,
Кытайдан келген калмакка,
Кыйшык болгон арбакка,
Калмактан келген казакка,
Кыйырынан азган кытайың
Кыргызды салып азапка,
Каалабай турган Каканды,
Ойлонбой турган ой, аңды,
Бейлебей турган Бээжинди,
Байкалбаган Бакбурчун,
Кызыктырып кыргызды
Кытайдын айтып көп журтун,
Алты кан болуп жолдошуң,
Арстан Манас жолборсуң
Үч айда жеттик Эриме,
Аябай түйшүк салыптыр
Айтпай угуз элине,
Адам айран калгандай
Азгырчу кытай кебине,
Түпкү атаңыз угузду,
Түп Бээжинден келген кул
Түмөндөп жаткан түрккө
Түгөнгүс балаа жугузду.
Билгенге кыйын кордук ко
Минтип кылган жумушу.
Жадоо, Чулун оюнда,
Сары-Өзөндүн боюнда
Өзүңдү алды өкүмдөн,
Баркыңды билген башка журт
Бакайды бааша кылбайт – деп,
Баары бирдей өкүнгөн.
Кадырың билген канча журт,
Кайышпаган киши жок,
Калмактан келген капырың
Сени менен иши жок.
Кызматка туура Бакай – деп,
Кылым түрктүн ичинде.
Кыйып коёр киши жок,
Кытайдан келген кызыталак
Кыйналуу менен иши жок,

Өкүмөт алып кандыгын,
Өзгө журт тутуп жардыгын,
Өзүңүз да көрдүңүз
Кызыталак кытай тардыгын.
Кол бийлигин алганы,
Кордукка журтту салганы,
Кылым кыргыз балдары
Кыраан Манас зарпынан
Кың[1] дей албай калганы,
Уруп кеткен калмагың
Кыйноого салып айдады.
Толкуган түрк[2] кол экен,
Жолу каткан Эриме
Токсон күндүк жол экен.
Кыра жазды кыргызды,
Кыргызды кара тер кысты.
Күн чыгыштын жолуна,
Өлө жаздап биз жеттик
Күрпүлдөктүн шоруна,
Өлтүрөт экен бу кытай
Өкүмөт тийсе колуна.
Кыргыздын колун баштады,
Кызыталак кытайың,
Кылым колдун баарысын
Кырып коё таштады,
Кырылмак эми болдук – деп,
Кыйла журт көзүн жаштады,
Алачтын[3] журтун баштады,
Айдалып жүрүп калмакка
Акылдан көп журт шашканы,
Азаматтын кыйласы
Акиретке кете таштады.
Антип-минтип аз күнү
Калайык тынчтык алганы,
Кан болуп жүрүп куу калмак
Кандай иш чалгын чалганы?
Нойгуттун оён Чубагы
Кеп-кеңештен калганы,
Ушунчалык кордукпу
Ойрон дүйнө жалганы.
Тозбогун, Бакай, жолумду,
Касиеттүү карымсың,
Кармабагын колумду,
Калтырып коюп бул иштен
Кайнатпагын шорумду!
Айдаса кие өнүүчү,
Ажалдуу бенде өлүүчү,
Азаптуу бенде көрүүчү.
Акырында бендеси
Алда Таала кудаанын
Айтканына көнүүчү.
Коё бергин колумду,
Ача бергин жолумду,
Эл агасы эр Бакай
Эркечтей кула ат жетелеп
Не кайнаттың шорумду!
Айтканым келсин оңунан,
Астымды тозбой коё бер
Алмамбет кулдун соңунан!
Аламан коюп жөнөйүн,
Анжыдан келген бир кулдан
Ажалым жетсе өлөйүн!»
Акбалтанын Чубагы
Ардыгынан чыдабай
Ачууланган убагы.
«Ай-ай, балам, токто!» – деп,
Абаң Бакай турганы.
Ар кимдин келип калыптыр
Кайрат кылар убагы.
«Ай-ай, балам, токто! – деп,
Акылым угуп жокто, – деп,
Аңдасаң сонун ушу бар,
Ак Тааланын жараткан
Албан түрдүү кушу бар,

[1] *кын.* Сөздүн талап кылынган туура улгүсү – «кың».
[2] *түрк.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, жогору жагына ошол эле карандаш менен «түмөн» делип жазылып оңдолгон. Оңдоо туура эмес.
[3] *алачтын.* Сөз өчүрүлүп, кызыл карандаш менен «кыргыздын» делип оңдолгон.

Канаты менен учуп жүр,
Калкылдап көктө ушу жүр.
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу
Экөөбүздөн болуучу.
Бузулуш бизден чыккан соң,
Бутунан тартып жыккан соң,
Бил да болсок жыгылдык,
Миң да болсок кырылдык,
Уруп кудай коюучу,
Угуз кан сенин улуу атаң,
Ушундан бери карата
Убараң мындай болуучу.
Кытайдан шагы сынгандыр,
Кыяматтын зарпынан,
Кымындай жандын дартынан
Кыргызга кызмат кылгандыр.
Канчалык айтса тил албай,
Кадырын актын биле албай,
Капырдан шагы сынгандыр,
Калкыңа кызмат кылгандыр.
Чын дүйнөнүн жайынан,
Чымындай жандын айынан,
Чын актын коркуп каарынан,
Чыңалган тозок заарынан
Чыгып келии калыптыр
Чынмачындын шаарынан.
Алданын коркуп каарынан,
Акыреттин заарынан
Азып келип калыптыр
Анжы-Манжы шаарынан.
Коё койгун бу сөздү,
Коржондогон куу сөздү!
Баса койгун бу сөздү,
Баяны жок куу сөздү!
Кыйырыңдан карыш жылган жок,
Кыйыктанба, Чубагым,
Кытайга кызмат кылган жок!
Калкыңдан карыш жылган жок,
Каарданба, кан Чубак,
Карайлап келген Алмамбет
Капырга кызмат кылган жок!
Кылган кызмат өзүңкү,
Кыргызга түйшүк салганың
Кыйшык деймин сөзүңдү.
Баары кызмат өзүңкү,
Башкада жок кырк баатыр –
Бакырайган көзүңкү,
Баштап колду жөнөгөн
Бала деймин өзүңдү,
Байкагын Чубак сөзүмдү!
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз – деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл нак ушу.
Кандыгым кеткен меники,
Калкты бузуп жөнөшүң,
Кандай жумуш – сеники?
Өкүмөттөн айрылсам,
Өзүм, Бакай айрылдым,
Өтүп кеткен бир ишке
Өзөлөнүп кайгырдың.
Кара сакал агымда,
Карып калган чагымда
Кандыгымдан айрылдым.
Карып калган бир чалга
Кандайлыктан кайгырдың?!
Кыйырынан азган бу бир эр,
Алмамбетти көргөндө
Ким да болсо кытай дээр.
Айылынан азган бу бир[1] эр,
Алмамбеттин артынан

[1] *бир.* Түп нускада мындай сөз жок, бирок контекст, муун өлчөмү жана ыр уйкаштыгы үчүн зарыл керек. Кыясы, катчы жаңылып, сөздү жазбай кетсе керек. Буга жогорудагы «Кыйырынан азган бу бир эр» деген сап да далил болуп турат.

Ар ким болсо кытай дээр.
Кыйнады жанын биз үчүн,
Кылган кызмат сиз үчүн,
Кыргызга кызмат кылганга
Кыйкырып чабыш кай күчүң?!
Кызмат кылды эл үчүн,
Кыраанын Манас эр үчүн.
Өкүмөтүн алды – деп,
Кыйналба, балам, мен үчүн,
Аскерди баштап артынан
Аламан чабыш кай күчүң?!»
Ал сөздү айтып эр Бакай,
Акыл берди бир далай.
Айтканын угуп алганы,
Аз гана токтой калганы.
Ал ошентип турганда
Айбанбоз минип золкоюп,
Арстаның Манас барганы.
Каалгадай кашка тиш –
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр,
Кайратын көрүп Чубактын
Каткырып күлүп калыптыр:
«Элким келген кытайга
Элимдин баары тең болбой,
Качып келген бир кулга
Калкымдын баары тең болбой,
Жол билген киши жол билет,
Кол билген киши кол билет,
Өз жамандыгын биле албай,
Өзгөгө кылып чоң милдет,
Чуу кылганың, Чубагым,
Чуу көтөрбөй бу күндө
Султандык кылар убагың.
Калкка салып калаба,
Кыйын жумуш ойлоймун
Бузук кылып турганың!»
Бу сөздү айтып барганы,
Буластаган эр Чубак
Манаска көзүн салганы.
Кирбедим, канкор, ойнуңа,
Анты-шертиң мойнуңа.
Сары атың* азыр миниңиз,
Жанбастык сырым билиңиз,
Ант тонуң берем кийиңиз,
Айтканым чынын билиңиз.
Оболку мурун башында,
Он үч жашар жашымда,
Алтайдын Арал көлүндө,
Ак-Чаңгыл таштын белинде
Кошулушкан жеримде
Айтышканда сөз кана?
Айрышканда бөз кана?
Аттанганда жол кана?
Алышканда кол кана?
Кыл болот мизин жалаштым,
Кызматың бирге талаштым,
Кыямат жайга караштым,
Кыйырыңдан кайда адаштым?
Кызматты, канкор, билбедиң,
Кыргызды качан талаштым?!
Ак брлот мизин жалаштым,
Намысың бирге талаштым.
Ар душман менен салыштым,
Айкөлүм, сенин айыңдан
Ал жетпес жоого алыштым,
Намыстан кайдан калыштым?
Бала күндөн кошулдум,
Макулбу баатыр ушунуң?!
Айтышканда сөздө жок,
Көрүшкөндө көздө жок,
Жакшылыктын баарысы
Көңүлдө жок, эсте жок.
Жолу каткан калмагың
Жол өкүмүн алганы,
Жолго жалгыз кондурбай,
Жоболоңго салганы.
Кандык өкүм алганы,
Кары-жаштын баарысын
Каттап алып бир жолу
Калабага салганы.
Айкалышкан Чубагың

Акыл-насаат кепте жок,
Аскерде жатып калганы,
Аңдасам дүйнө жалганы.
Ал мансабы азсынып,
Бүгүн чалгын чалганы.
Ар качан кирдим оюна,
Ант өзүңдүн мойнуңа.
Жети жашта көрүшүп,
Жергебиз калмак болгон соң
Жысымына* көнүшүп,
Он алты жашка сен келдиң,
Он төрт жашка мен келдим,
Ошондон бери карата
Артыңдан жүрүп сенделдим.
Ким урунат арбакка,
Теңебедиң ар качан
Тентип келген калмакка!
Кыргыздан көрдүң көп пайда,
Кызмат кылдым ар жайда,
Кылайып теңебедиңиз
Кыйырынан азган кытайга!
Кыйын өттү кордугуң,
Кылчайбадым мындайга.
Айбалта, кылыч эгешип,
Ар качан жумуш кыласың
Алмамбет, Манас кеңешип.
Кеңештен Чубак калганы,
Алмамбет тизгин алганы.
Кызмат кылган кырк баатыр
Кытайга бийлик өткөн соң,
Кыңк эте албайт таптакыр,
Кыйынга минтип калганы.
Карап турсам опасыз,
Каран дүйнө жалганы.
Күйбөйүн кантип ишиңе,
Ар качандан бир качан
Күйүт түшөт ичиме.
Чобур жылкы баса албас
Чоң күлүктүн изине.
Күлүгүм, Манас, сен болдуң,
Күймөлгөн чобур мен болдум.
Күйгүзүп, Манас, не болдуң?!»
Ал сөздү айтып оолугуп.
Аша түшүп, соолугуп,
Буркан-шаркан бу дагы.
Бугу чыгып кетсин – деп,
Буудан Манас турганы.
Оолугуп Чубак басылды,
Оңуна салды баатырды.
«Арманың болсо чалгындан
Азыр жүрө койгун» – деп,
Арстаны Манас бастырды.
Акбалтанын Чубагы
Атына салып камчыны,
Жөнөп калды бу дагы.
Барбагын – деп, айта албай,
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
Манас менен жанаша,
Башка элге болду тамаша,
Чубак жөнөп калганы.
Абакеңиз эр Бакай,
Айбаты бар бир далай,
Сырты менен кылычтын
Зыңк дедире салганы,
«Кызыталак, сан талак,
Атыңа минип анталап,
Кытай жакын эмедей,
Кыйкырып жөнөп калдыңар,
Кырылышар душманды
Кайдан таап алдыңар!
Алмамбетке кекенип,
Аламан жөнөп калдыңар,
Алышуучу душманды
Кайдан таба салдыңар!
Кыйкырып алып чаптыңар,
Кана, кытайды кайдан таптыңар!?
Аттанып алып чаптыңар,
Анжыны кайдан таптыңар?!»
Ал сөздү айтып эр Бакай
Имерип тийген жаандай,
Ителги тийген таандай,
Элди кууду дүргүтүп,

Бөрү тийген кой өңдүү,
Бөлүп-бөлүп үркүтүп:
«Кызыталак, сан талак,
Кармашчу жооң каякта,
Аттандыңар анталап!?»
Качып барат Бакайдан
Далай адам таяк жеп,
Чеке, башы канталап.
Эл токтолуп калыптыр,
Ээрчитип алып Чубагын,
Эр Манас жолго салыптыр.
Элчилик сөзүн айтам – деп,
Эр Алмамбет, Чубакты
Элдештирип кайтам – деп.
Кол башкарган Алмамбет,
Кошчу болгон эр Сыргак,
Кошуп берип аларга,
Жолдон Манас кайтмакка,
Алмамбет менен Чубакка
Насаат-акыл айтмакка
Жөнүнө төрө салыптыр,
Ээрчитип Чубак баатырын
Эр Манас жөнөп калыптыр.
Бара турсун бул экөө,
Кийгенинин баарысы
Бадана, соот, күрөөкө.
Аны таштап салыңар,
Арстан Алмаң, Сыргактын
Алда-эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар[1].
Эр Алмамбет каныңар,
Сырттан Сыргак жолборсу,
Сырдаш болгон жолдошу,
Жыгылар жерде колдошу,
Айтышканда сырдашы,
Акыреттик курдашы,
Наалышканда муңдашы,
Айтканын ар кез бурбасы,
Атышкан жоодо билинген
Ажалдан качып турбасы,
Күүлөнүп жүрүп кетиптир,
Аттанганы эми эле
Күнчүлүк жерге жетиптир.
Түйүндү деген кыя бар,
Түп Бээжин дагы кыйла бар.
Аккулжа жаткан бели бар,
Куу өрдөк жаткан көлү бар.
Арстан Алма, Сыргакта
Аңгеменин көбү бар.
Шайың деген көл экен,
Көлдөн ары бел экен.
Ашып түшсө ал белди
Какандын калың эли экен.
Кытайдын кыйла кыйры бар,
Төө менен сыйыр бар,
Уй менен төө, кою бар,
Ушуну чаап алууга
Алмамбеттин ою бар.
Андан ары түшчүлүк
Аңгүштү тоонун бели бар,
Ал жерине жердеген
Кытайдын чыйгуу эли бар.
Аңгүштүнү жайлаган,
Ал жердеги кытайдын
Аяк жарды дегени
Миңден жылкы айдаган,
Шайыңдын кытай, калмагы,
Үч, төрт түрдүү малдары,
Малынан арбын доңузу.
Таш бакадан дагы чоң
Талооту деген коңузу.
Коңузду коңуз дейт экен,
Ал жердеги кытайлар
Табылган болсо талаадан

[1] Ушул ыр сабынан кийин он сап ыр өчүрүлгөн, ким, качан, эмне себептен кыскартканы белгисиз. Өчүрүлгөн ыр саптарын окууга мүмкүн эмес. Контексттеги мааниси боюнча калыбына келтирүү да болжолдоп жоромол айтууга да болбойт.

Шекерден мурун жейт экен.
Жер өлчөөсүн алыптыр,
Жетип Алмаң чалыптыр,
Жетимиш миң үй экен,
Үркүп кетип калыптыр.
Куу өрдөк деген жин экен,
Коң төрөсү кол берген,
Кошуунга бүтүн жол берген
Колдой турган пир экен.
Бир Алмамбет болбосо,
Ал өңдөнгөн душманга
Кол салуучу ким экен?
Аккулжа деген кайыптан,
Азыр анда жок экен.
Адамга бүткөн айыптан.
Бээжинде беш жыл багылган,
Сан* коңгуроо тагылган,
Душман көрсө алыстан
Кашып койсо соорусун,
Каңгыр этип кагылган,
Ойротко салган чуулган,
Коңгуроосун бир какса,
Бери болсо капырай,
Беш күндүк жерге угулган!
Кабарын андан алыптыр,
Калкы кытай, калмагы
Качып кетип калыптыр,
Капырдын кеткен ордуна
Кан Алмаң бүгүн барыптыр.
Өрдөктү таппай көлүнөн,
Кулжаны таппай белинен,
Жалгыз жанды таппады
Шайыңдын калың элинен.
Душмандын баары акыр – деп,
Туюнган экен капыр – деп,
Туташ какан журтуну
Бир чабармын акыр – деп,
Ойлонуп Алмаң ошону,
Түйүндүн Сары-Кыяда
Аз аяңдап токтоду.
Ашайын – деп, белини,
Үчүнчү күндө табармын
Жуңгу кытай элини,
Оодугун алдырып,
Атын чөпкө чалдырып,
Жаадай болгон Сарала ат,
Жан жолдошу эр Сыргак,
Жакын коштоо Карткүрөң,
Жарап калган Телкызыл
Жаңы жөнөп калганы.
Ашып өтүп кетер – деп,
Араң келген Айбанбоз
Аларга кайдан жетер – деп,
Айкырбасам бекер – деп,
Алтындуу доол карс коюп,
Аккелте мылтык тарс коюп,
Аккелте үнү чаңырды,
Алмамбет, токтоп тургун – деп,
Арстан Манас баатырдын
Ач айкырык жадырды.
Не болуп элге кетти – деп,
Эр Манас кайдан жетти?! – деп,
Алмамбет оюна алганы,
Артына көзүн салганы.
Алыс экен арасы,
Алмамбет баатыр караса
Кара десе, каргадай,
Карга десе, бутадай
Караанын көрө калганы.
Оң көзгө дүрбү салганы,
Оолжуп карап калганы.
Айнек оозу кызарган,
Алты имерип чойгондо,
Кылабына койгондо
Кез жарымдай узарган
Тиктегенин өлтүргөн,
Алмамбет чындап караса
Алты күндүк жолдорду
Аркан бою келтирген,
Кармаган Алмаң сабынан,
Суурун алып кабынан,
Оң көзүнө салынган,

Оён Чубак, эр Манас,
Ошол экөөн көргөндө
Ойдо жогу табылган.
Кыйратмакка кытайды
Кыргыз жортуп булуңду,
Кызматын актап кылсам да,
Кытайлыгым билинди.
Журт укса не дейт сөзүмдү,
Душман ойлоп өзүмдү,
Адамга болбос тек туруш
Ишенбеген кишидей,
*Аркамдан чабыш не жумуш!*
Башка жактан жоо чыгып,
Башына түйшүк салганбы?
Баштап Манас зардалды,
Акбалтанын Чубагы
Артымдан жөнөп калганбы?
Күдөрү журту күүлөнүп,
Күчтөп уруш салганбы,
Күүлөнөт эле эр Манас,
Күнү каран калганбы,
Күлүгүнөн айрылып,
Айбанбоз минип алганбы,
Айтмак үчүн биздерге
Ашыгып келип калганбы?
Башы бараң уругу[1],
Баштатан жок улугу,
Өңдөрү сары, көзү көк,
Өзгө журттан өзү көп
Орустан келип калганбы,
Ойронду журтка салганбы,
Ошондой ишин айтмакка
Алып мени кайтмакка
Ашыгып келип калганбы?!
Аны ойлонуп Алмамбет,
Алда кандай болдум? – дейт.
Муну ойлонот Алмамбет,
Буйруганы болор – дейт.
Жаалданып эр Чубак,
Жакын келди ушул чак.
Чубактын калба салганын,
Коюп чабуул кытайга
Кол жөнөлүп калганын,
Жаалын көрүп Чубактын
Жайын билди Алмамбет.
Эрегишип жүргөнүн,
Эл булунтуп сүргөнүн
Эми билди Алмамбет.
*Кагышканы жүргөнүн,*
Калк булунтуп сүргөнүн
Казыр билди Алмамбет.
Сыймык кушу башында,
Сырттан Сыргак кашында,
Сыдырым шамал, сары жел,
Сыртын желге салыптыр,
Түшкөн жери сары бел,
Жүрүп турган сары жел,
Аркасында бута атым
Арстан Манас калыптыр,
Ат бейлине салыптыр,
Өрү калган Айбанбоз
Өксүп артта калыптыр.
Өкүм күлүк Көктеке
Өргүй басып алыптыр,
Өткүр Чубак бастырып,
Мурда келип калыптыр,
Алмамбет менен Сыргакка
Айтып салам салыптыр.
Эр Сыргак алик алыптыр,
Тетири карап Алмамбет
Тек отуруп алыптыр.
Кызыталак, куу кытай,
Кыйырынан азган бу кытай,
Кыйратып ийчү немедей,

[1] Ушул ыр сабынан тартып, 9 сап кызыл карандаш менен тегеректелген. Кыясы, «орус» деген сап жолукканы үчүн кимдир бирөөгө жакпаса керек.

Салам айтсам кебелбей,
Тескери карайт мага – деп,
Табайын буга даба – деп,
Ойлонуп Чубак оюна,
Кайраты толуп боюна,
Аркасын салып Алмаңа,
Капталын салып Сыргакка,
Эр Чубак багып бир жакка,
Олтуруп орун алганы.
Ошонгуча болбоду,
Оён Манас баатыры
Буларга келди акыры.
Алмамбет, Сыргак – эки дөө,
Аттан түшкөн булар жөө,
Кол куушуруп боорунда,
Эр Манастын доорунда
Салам берип салганы,
Арстан эр алик алганы.
Атын байлап эр Сыргак
Астына орун салганы.
Белден алган жайы бар,
Бери жактан чыкканда
Белендеп койгон чайы бар.
Мээ кайнаган ысыкта,
Бер жакта жүрүп кызыкта[1]
Ашыгып жолго салгандыр,
Аңкап-чаңкап калгандыр,
Азыр куйгун чайды – деп,
Суусун алар шайды – деп,
Алмамбет айтып мындай кеп,
Жан кесеге куюптур,
Жайдары Сыргак сунуптур.
Арстан Манас баатырың
Ал экөөнүн мүнөзүн
Аңдап турат акырын,
Ачуу басып кетиптир,
Алмамбеттин акылын.
Аны билип бу жерде
Арстан Манас баатырың
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алганы,
Кара күчкө канкоруң
Каткырыгын салганы.
«Эки баатыр нетти? – деп,
Эми эле жаңы биз келдик,
Не калба болуп кетти? – деп,
Айтыңарчы акыры
Билинип калган кепти?» – деп,
Минтип сурап калганы.
Акбалтанын Чубагы
Андай-мындай сөзү жок,
Жерге карап бу дагы.
Дөбөдөгү төрт баатыр
Жергелешип турганы.
Оён Алма султаны
Ош сөзгө келгенде,
Не болдуңар? – дегенде
Октолуп турганы:
«Ой-ой, Манас, ой Манас,
Айтпасаң да билинди
Аңкоосубай, кой Манас!
Карап турсам шум жалган,
Өтүрүк жалган дүйнөдө
Өлбөй тирүү ким калган?
Карап турсам капырай,
Канкорум ук, жайма-жай.
Капыр да болсо зор экен,
Карап турсам дүнүйө,
Каңгырган эрдин шору экен,
Калкынан азган кор экен!
Кытай да болсо зор экен,
Кыйырынан азган кор экен,
Кыйышкан эрдин шору экен!
Элдүүнүн баары эр экен,
Не деген кеби эм экен.

[1] Ушул ыр сабынан кийинки сап өчүрүлгөн, окулбайт, кыясы, катчы ашык жазып алып, өзү өчүрсө керек. Мазмунда үзүлүү байкалбайт.

Элинен азган мен кургур,
Эгем Таала кудурет
Не түрдүү бендем – деди экен?!
Калктуунун баары эр экен,
Канча айтса кеби эм экен.
Калкынан азган мен шордуу,
Кадыр Алда кудурет
Кай түрдүү бендем – деди экен?!
Эрегиштен кан өлсүн,
Эмгек тартпай жан өлсүн,
Эгемдин иши болбосо,
Элиңдин четин ким көрсүн!
Не түрдүү көрдүк мээнетти,
Эмгегиңе ким көнсүн,
Эсерди жүргөн ээрчитип,
Не түрдүү болгон төрөсүң?!
Алтын так сынсын, кан өлсүн,
Азап тартпай жан өлсүн,
Алдамдын иши болбосо,
Айлыңдын четин ким көрсүн!
Ар түрдүү көрдүк мээнетти,
Азабыңа ким көнсүн,
Айбанды коштой чабышың,
Акылсыз кандай төрөсүң?!
Артыкча кордук көргөнчө,
Азыркы турган Алмамбет
Акыретке жөнөсүн,
Айттырып туруп кордогон
Азабыңа ким көнсүн.
Кан кылгын – дедим, – кимиңди?
Кааладым, келдим диниңди.
Каның экөөң бирикчи,
Каардансам шу жерде,
Калабалуу Чубагым,
Кагайынбы жиниңди!
Улук кыл – дедим,– кимиңди?
Урматтап келдим диниңди.
Улугуң экөөң бирикчи,
Урайынбы жиниңди,
Туюндуруп кол бузуп,
Душмандыгың билинди.
Бек кылгын – дедим,– кимиңди?
Мелжедим, келдим диниңди,
Бел байлашкын, эр Чубак
Чакырсам чындап жинимди,
Билипсиң кытай зилимди,
Кезегиң келди бу күндө,
Кесейинби тилиңди!
Кесип туруп тилиңди,
Мен бузайынбы динимди,
Кызыталак, Чубак, билипсиң
Кытайдан болгон зилимди.
Атадан бездим дин үчүн,
Алда Таала бир үчүн,
Акбалтанын Чубагы
Ардыгасың ким үчүн,
Аскерге кызмат кылдырбай,
Аркамдан чабыш кай күчүң?!
Сенин эрегишиң ким үчүн?
Энеден бездим дин үчүн,
Эгем Таала бир үчүн,
Сенин эрегишиң ким үчүн[1].
Элге кызмат кылдырбай,
Ээрчип келиш кай күчүң!?
Көрөйүнбү күчүңдү,
Баатырсыган эр Чубак,
Чечейинби бучуңду?
Көрөйүнбү көтүңдү,
Жаалым келди бу кезде,
Жарайынбы өтүңдү!
Аста сүйлөп кеп айтам,
Насаат-акыл мен айтам,
Ар качандан бир качан
Апылдаба – деп, айтам.
Атамдан безген бир кулмун,
Акыры мага тийбе – деп,

[1] Ыр сабы ушул эле турушунда үч сап жогоруда бар. Мындай чукул аралыкта сөзмө-сөз кайталануу Сагымбайда болчу эмес эле. Балким, манасчыдан же катчыдан кеткен каталыктыр.

Аста тартып кеп айтам,
Ага-ини болгон кырк баатыр,
Артыкча Чубак сени айтам.
Элким жүрүп элдиреп,
Эсиңде, Чубак, ушубу?
Эл таба албай келди – деп,
Карайлап жүрүп элдиреп,
Калк таба албай келди – деп,
Кадырыңда ушубу?
Каарданса Алмамбет
Каныңды төгөр тушубу[1].
Байкагын, Чубак жолборсум,
Баатырым, Сизге жол болсун?
Ар качандан бир качан,
Балта дөөнүн баласы,
Басташканың койбойсуң.
Азыр саа теңелсем,
Мына шу жерде сойлойсуң.
Баянын айтсам журтумду,
Бар кайрат бойго тутулду,
Манжу, Таңшаң журтунан
Мына шу турган Алмамбет
Баатырлык менен кутулду.
Баатырлыгым бар болуп,
Бадышам Кудай жар болуп
Аман турат жаныбыз,
Асылган какан каныбыз,
Азканакай туруңуз,
Армандуу сөзүм угуңуз,
Атам болбой мусулман,
Арманым арбын ушундан,
Энем болбой мусулман,
Эмгегим арбын ушундан,
Какандыктын каны элем,
Кашымдан аскер үзүлбөс,
Кайратка толук жан элем.
Жолоочу жүрсөм окустан,
Жол жүрөр болсом кокустан,
Барар жерим башка эмес,
Бир калаадан бир калаа,
Ойротко сөзүм билинген
Он алты жашта бир бала,
Мактанат экен дебегин,
Манжу, кытай журтунун
Баянын айтып берейин,
Шолорго өткөн зорлугум,
Акыреттин камы үчүн
Азыркы көргөн кордугум,
Кыргагын алтын чордогон,
Кырк жылы калса кыянга
Кылайып чети оңбогон
Асылдан килем салчу эле,
Ал килемдин үстүнө
Алтындан такта койдуруп.
Олтургузуп алчу эле,
Колмо-колдоп көтөрүп,
Улук көчө шаардан
Учкан куштай өткөрүп,
Талабыма жетчү элем,
Бир айлык жолго бир күндө
Учкан куштай кетчү элем,
Улуктук немей неткеним
Он күндүк жерге бир күндө
Ойноп-күлүп жеткеним.
Ошондой дооран сүргөндө,
Орчун Бээжин журтунун
Ортосунда жүргөндө,
Аркы атам аты Чылаба[2],
Берки атам аты Солобо[3],
Өз атам аты Соорондук,

---

[1] Ушул ыр сабынын аяк жагынан атайын белги коюлуп, Ы. Абдыракманов (кол тамга ошол адамдыкы) латын тамгалары менен «Чубактын сөзү болот» делип жазылган. Бирок Чубактын сөзү эч жерде берилген эмес. Окуянын нугу боюнча да бул жерде Чубактын сөзү болуу ылайыксыз. Катчынын бул жердеги эскертүү белгисинин максаты, себеби түшүнүксүз.

[2] Түп нускада «чылауа» делип жазылган. Туурасы – «Чылаба».

[3] Түп нускада «солоуа» делип жазылган. Туура айтылышы – «Солобо».

Шо жактан болгон биздин жик.
Туңша калаа жеримден
Тумшугум катын келинген.
Кербендерден кеп уктум,
Кенен бир жер – деп, уктум,
Соодагерден кеп уктум,
Сонун жер бар – деп, уктум.
Жетигендин тарабы,
Жеринин аты Салаңгү,
Күн батардын тарабы,
Алтайдын оң кол жагы – деп,
Күбөң-Коюр, Салаңгү,
Илеңмөөнүн чөлү – деп,
Эриме деген жери бар,
Элүү тогуз көлү бар,
Айланасы кесенди,
Ары чети дарыя,
Аягы Алтай тоосу бар,
Күн чыгышы Какан шаар,
Күн жүрүшү Жаяса
Жакын жери Кумулду,
Жайы бизге угулду.
Аркары койдой төлдөгөн,
Алжып, карып өлгөнчө
Адам уулун көрбөгөн.
Жаяны көлдө көлбөгөн,
Жайы-көйүн ал жердин
Жандуудан бенде көрбөгөн.
Бугусу киши таанaбас,
Муңдуу бенде наалыбас,
Аркары киши таанабас,
Арыздуу адам наалыбас.
Жапайы болгон жандар көп,
Жадыма түштү ушу кеп.
Эң артыкча дүйнөдөн
Эрименин жери – деп,
Учуруп кытай жүрсө да
Ушу жерди самадым,
Самаган жерди көрбөсөм
Зади* кетпес арманым,
Саңша деген тоо ашып,
Сапар кылып баргамын.
Барамын – деп, ошого
Барабан урдум босого.
Сегиз жүз шуңкар таптатып,
Сегиз миң найза саптатып,
Зелдей кылып каптатып,
Ашып өтүп Саңшаны,
Алмамбет жөнөйт дегенде
Бүлүндүрүп Таңшаны,
Жапайы калган жер жакка
Жазалуу калың кол болуп,
Жөнөп калдым бер жакка.
Бир миң кулач келгендей
Камыштын чыккан бийиги,
Ай-талаасы карк толгон
Адамдын болгон кийиги.
Жылаңайлак, жылаңбаш.
Кие чөптөн жеген аш,
Мал ордуна оттогон,
Адамды көрсө алыстан
Кача түшүп токтогон.
Анын жайын уктук биз,
Андап уккун төрөм сиз,
Акылы бизден кем эмес,
Аларга адам тең эмес.
Он сегиз жашка жеткенче
Балакатка жетпейт – дейт,
Акыреттин жайынан
Алыс жерге кетпейт – дейт.
Өлүккө болуп аралаш
Өзүлөрү жүрөт – дейт,
Эки дүйнө арасын
Дооран кылып сүрөт – дейт,
Тозок жаман экенин
Тоодо жүрүп билет – дейт,
Ургаачысы, эркеги
Он тогуз жашка барганда
Балакатка* кирет – дейт.
Башта каар көргөндөн
Казан асып, кар салбай,
Катын алса, уй тикпей,

Кулчулук кылып кудайга
Талаада басып жүрөт – дейт.
Эрименин чөлү экен,
Ар жерине карасам
Арал-арал көл экен.
Канаттуунун баары бар,
Карагандар таң калар.
Аңдасаң сонун ушу бар,
Адам тилин сүйлөгөн
Албан түрдүү кушу бар.
Эримени жай кылып
Жүрөт экен ушулар.
Жалгыз канат кушуну,
Экөө учат бир куштай
Сонун көрдүм ушуну.
Дагы ошо жерден көргөмүн,
Адамдүк* деген кишини.
Кишиден болгон кийиктин
Жеп бүтүрөт ишини.
Убара чаркөө, алаткак,
Ушунун баары анда бар,
Ушуларды угуп ал.
Жабырбаян жандары,
Караанын көргөн өлгөндөй
Чыңыроон деген заңгары,
Аюу, жолборс, кабылан,
Арзыгандын баарысы
Как шо жерден табылган,
Шерарстан* деген бар
Куйругу жерге чабылган,
Чабылса жерге куйругу
Арстандын баарына
Ушул экен буйругу,
Баары астынан табылган,
Кесенденин баарысы
Коркуп келип жабылган.
Каалаганын жутат – дейт,
Каарданса ал чиркин
Кара ташты тутат – дейт.
Сийдиги жерди өрттөгөн,
Анын жаткан жеринен
Айбанат аман өтпөгөн,
Туткан ташы бир кыйрайт,
Ачууланса ыркырайт,
Оозунан чыккан илеби
От-жалын болуп шыркырайт.
Ошолорду көргөмүн,
Ит агытып, куш салып,
Оюн менен көнгөмүн.
Ал жерде жүрүп таңыркап,
Ар сонун көрдүм дүйнөдөн,
Аксакалдар мурунтан
Ал сөздү мага сүйлөгөн.
Ордомдон чыгып, ал жерге
Отуз төрт күндө келгемин,
Оюна Кудай не салбайт
Ойрон болгон бенденин.
Суусунда жайнайт кундузу,
Эч керексиз көрүнүп,
Жерде калат мунусу.
Томуктай болгон тоо көрбөй,
Түлкү батар коо көрбөй,
Камыш, жекен, кайың, тал,
Жерге бүткөн киенин
Көптүгүнө айран кал.
Томпойгон дөбө көрсөм – деп,
Айланасын бир карап,
Андан кийин өлсөм – деп,
Күн батышка бет алып,
Туюк жерге жол салып,
Койгон экен кудурет
Дүйнөдө жок чөп кылып,
Ар түрдүү жыгач жасаптыр
Киесинен көп кылып.
Аларды көрүп алгамын,
Жетинчи күндө бир тоонун
Караанын көрүп калгамын.
Чаңгестин кара тоосуна
Чаап чыктым ушунда.
Зумурут саптуу дүрбүнү
Сууруп алып ушуну,
Көзүмө мен да салгамын,

Көрүктүнүн боюнан,
Көкжаңгактын оюнан
Эл өлчөөсүн мол көрдүм,
Элүү миңдей кол көрдүм.
Карап көрүп карасын,
Ат чабымдай жол көрдүм
Эки жолдун арасын.
Кайсы түрдүү калк экен,
Кандай түрдүү нарк экен,
Кытайдан бөлөк эл жок – деп,
Какандан бөлөк жер жок – деп,
Кыялымда бу жүрөт,
Карап көрсөм бу колду
Арасында жаркылдап,
Кызыл алтын туу жүрөт.
Бу да биздей уу кылып,
Бет алган жагын чуу кылып,
Элүү миң киши кол болуп,
Элүү миң колду баштаган
Эр Көкчөдөй зор болуп,
Жаңы келген кези экен[1]
Жаарупа[2] менен толгонуп.
Найзага темир аштаган,
Атышкан жоодон шашпаган,
Ары жагы угуздан,
Айдаркан уулу Көкчө кан,
Кыйырында жолдош кырк миң кан.
Атагы казак болгон журт,
Ар дөөлөткө толгон журт,
Көк күбө чопкут кийгени,
Көгала тулпар мингени,
Кашына жетип мен барсам
Кандыгымды билгени.
Мүнөзүмдөн билиптир,
Бүлүнтөр сөзгө кириптир.
Келбетимден билиптир
Кейитер сөзгө кириптир.
Мен салам айттым коома* – деп,
Ал коомамды айтты ооба – деп,
Улук Какан шаарында
Учкан куштай жүрчү элем,
Мусулман деген бир элди
Мурун дагы көрчү элем.
Бирин бири көргөндө,
Билимине көнгөндө
Салам берип салчу эле,
Анда бири ал дагы
Алик – деп, айтып калчу эле.
Ошонтер бекен ушу – деп,
Оюма келип ушу кеп,
Айтып салдым салам – деп,
Анда Көкчө муну айтып:
Кытайдын салам бермеги
Кыйла бизге алаам*[3] – деп,
Саламдан кеткин садага,
Жаалым менин кармаса
Табылбас сага эч даба.
Аликтен кеткин айланып,
Чочконун санын чортойтуп,
Жүрүптүрсүң байланып,
Бекер өткөн тирдигиң,
Бербердигер Кудаанын
Билбеген соң бирдигин,
Көкүрөктөн жойбойсуң
Көңүлүңдүн кирдигин.
Байгамбар, бар олуя*,
Мактанып капыр жүрөсүң
Баарын албай оюңа,
Текебериң артыкча,
Жер үстүндө жүргөндү

---

[1] Ушул жана кийинки ыр саптары кызыл карандаш менен тегеректелип, кара сыя менен сызылып салынган. Кыясы, «Жаарупа» (европа) менен толгонуп келди деген маани бар үчүн сызылган өңдөнөт.

[2] *йаурупа.*

[3] *алаам* – сөздүн туура үлгүсү «алаамат», же «аламат». Бул жерде ыргактын таламына ылайык сөз кыскартылып, формасы өзгөрүп айтылган.

Теңебейсиң боюңа!»
Жаалданып эр Көкчө,
Жаман тийди бу сөзү,
Ачууланып сүйлөгөн,
Азыр мени сүйбөгөн,
Алиги айткан куу сөзү.
Дөөлөт кушу башында,
Көп жолдошу кашында,
Көкчө экенин билбедим,
Оозуна мурут койбогон,
Айтпай журттун баарысын
Айбанга катар ойлогон
Бу кишиңер ким? – дедим.
Бузук экен мүнөзү,
Мурун жөнүн билбедим?
Минтип сурап турганда
Элимбай деген жигити
Элкин келип кеп айтты:
«Не кыласыз Көкчөгө
Эрегишип – деп, айтты,
Көкчө – деген ушу – деп,
Көп кылган мунун иши – деп,
Көп сөз айтып пайда жок,
Көөдөгүрөөк киши» – деп.
Ал жигити айткан соң,
Каарым бойдон кайткан соң,
Кайтып айттым Көкчөгө:
«Катылган душман катаасыз
Акыры түшөт бөксөгө.
Капыр-капыр дей бербе,
Калжырап бокту жей бербе.
Доңуз-доңуз дей бербе,
Топтотуп бокту жей бербе.
Капыр деген немине,
Кадигин айтчы дегеле,
Мусулман деген немине,
Мунуңду айтчы дегеле,
Артыктыгын көргөзүп,
Анан мени жемеле.
Жашаган кыйла жашыңда
Сапсакалдуу башыңда,
Көргөн жерден Көкчө жан,
Бир арыш журтка сен да кан
Капыр-капыр дедиңиз,
Капырдын кандай экенин
Кабарын айтып бериңиз.
Доңуз-доңуз дедиңиз,
Адам уулу кытайды
Айбанга теңей бердиңиз.
Доңуз деген айбандыр,
Адамды теңеп айбанга
Сени, тобуңда шайтан сайгандыр».
Минтип сурап калганда,
Өлбөгөн адам не көрбөйт,
Өзү кадыр Алданын
Өкүмүнө ким көнбөйт,
Өрттөнгөн дүйнө жалганда,
Аскерде Көкчө көзмө-көз,
Ай-талаада калбасын,
Арбын-узун биздин сөз,
Байгамбар жолун мага айтты,
Машайык* жолун дагы айтты,
Аралаш жүрөт өзүңдө,
Көрө турган көзүңдө,
Айта турган сөзүңдө,
Жаратканың Кудайың
Жайын айтты жудайын.
Эки күнү, эки түн
Эрикпестен бүпбүтүн
Акылымды бүлдүрдү,
Ак бирдигин билдирди.
Бендеден кабар салганын,
Бекердик дүйнө жалганын,
Бербердигер бирдигин
Бериштеден алганын,
Кабар айткан ар ишке
Кабарчысы бериште.
Бар дүйнөгө таралып,
Адамдары жаралып,
Байгамбарлар келишке,
Аты азазил шайтаны,
Анын баарын айтканы.

Эки күн бүтүн уккан соң,
Элим кытай шарынан
Алмамбет көөнү кайтканы.
Дөө менен берини
Билдирди мага баарыны,
Белгисин бекем туйгузду
Беринин турган жерини.
Адам уулу нече урук,
Алыста калып байгамбар,
Аны билбей кытайлар
Биз жүрүппүз кутуруп,
Кеп уккан срң Көкчөдөн
Көңүлүм кетти бузулуп.
Бардыгын угуп Кудайдын
Башымды тарттым жамандан,
Баянсыз жалган экенин
Байкап туруп бу жайдан,
Бешинчи күнгө олтурдум,
Көңүлгө кайгы толтурдум.
Байгамбар жолун мага айтты,
Машайык жолун дагы айтты.
Олуя жолун олда айтты,
Айдаркандын баласы
Ашкере Көкчө молдо айтты.
Көз алдында олтуруп,
Көңүлгө ыйман толтуруп,
Келме келди тилиме,
Ыйман кирди дилиме[1],
Тигилгеним кыямат,
Акбалтанын баласы
Тие бербе жиниме.
Кестешкениң койбосоң
Кесип таштап башыңды,
Кетейинби зилиме.
Эритти Көкчө боюмду,
Көңүлүм сөзгө тоюнду,
Капырлык бейлим коюлду,
Көңүлдөгү жамандык
Көбү ушу жерде жоюлду.
Бүткөнүмдү кетилтип,
Жоюлганды жетилтип,
Кызыталак Чубагым
Кылайынбы тоюнду!
Айдаркан уулу Көкчөгө
Айттым анан убада
Акыреттин камы үчүн,
Аманат курган жан үчүн
Аркаңда жүрүп каралаш,
Айлыңда жүрүп аралаш
Айныбаймын аны үчүн.
Эр Көкчөгө кеп айттым,
Ашыкпа Көкчө, – деп, айттым.
Атама айтып мактайын,
Айткан сенин сөзүңдү
Акылыма сактайын,
Акырет камын мен айтып,
Аталык тузун актайын,
Энеме айтып мактайын,
Эсиме сөзүң сактайын,
Эне сүтүн актайын.
Курбу, курдаш, жар-жоро
Куп баарына айтайын,
Курган бейилден кайтайын.
Ары-бери жүрүшүм
Алтымыш ашык күн болор,
Айрылып чыксам ал жерден
Атама каран түн болор,
Азиз кандын тукуму
Кыргыз болуп кетти – деп,
Кылымга бүтүн дүң болор.
Дүң болгон элдин өзүнө,
Ишендим Көкчө сөзүңө,
Алтымыш күн айтканым,
Алда Таала буйруса
Ага жетпей кайтармын.
Жайыл кытай журтунан,
Жамандык көрүп ушундан
Жалгыздык тартып калбайын,

[1] *диниме*. Катчыдан ката кеткен. Контекст боюнча сөздүн туура үлгүсү – «дилиме».

Жайыңды Көкчө карайын.
Кылым кытай журтунан
Кысталаң көрүп ушундан,
Кыйындык тартып калбайын,
Кырааным Көкчө досум – деп,
Кыядан сени карайын,
Кыяматтын зарпынан
Кыйырымдан кетип барайын
Кылыч, жарак бойго албай,
Кылчайбай мени таштаба
Кыяматты ойго албай.
Айбалта, жарак колго албай,
Анда мени таштаба
Акыретти ойго албай.
Камоосун көрүп кытайдын,
Кайгысын тартып бу жайдын,
Арбынын көрүп кытайдын,
Азабын тартып бу жайдын
Жалгыздык көрүп калбайын,
Жаратканың бардыр – деп,
Жакыныма зардайын.
Элкимдик көрүп калбайын,
Эгең бардыр билгин – деп,
Эл-журтума зардайын.
Элим душман маа болсо
Эр Көкчө сени карайын.
Капырлар камап көптөсө,
Кашайган күнүм өтпөсө,
Аздың динден бекер – деп,
Ажалың көптөн жетер – деп,
Ата-энем айтып кектесе,
Алты арыш кытай жектесе,
Айрармын Көкчө сен деймин,
Ажалым туура жетпесе.
Энем айтып кектесе,
Эли-журтум жектесе,
Эмгегим баштан кетпесе,
Эсиме алам Көкчө – деп,
Көңүлүмө келтирем
Көкчөм түшпөс бөксө – деп,
Бирдигин актын билген соң,
Айрылып ата жолунан
Ак динине кирген соң
Камаласа кантемин,
Капырдын журту көп го – деп,
Кара учар шондо көзгө – деп,
Капырдан көрсөм жалгыздык
Караша көргүн Көкчө – деп,
Айдаркан уулу Көкчөгө
Арманымды айтып айрылдым,
Ата-энем көздөй кайрылдым.
Чиркин дүйнө жалганы,
Эсиме алып кыйланы,
Эскилерден калганы
Миң жашаган жанда жок,
Кара түгүл, канда жок.
Өлүм жакын экенин,
Өкүнчү күндө жетерин,
Ажалдын жакын экенин,
Армандуу күндө жетерин,
Аңдап анык мен билип
Азаптуу дүйнө бекерин,
Капкасы алтын коргонго
Кайта бардым ордого.
Зумурут алтын тактада,
Кырымы була бактада
Олтурган экен Соорондук,
Зуң кытайдан биздин жик.
Эртеси жок кечинде –
Эл жатар жакын кезинде
Таасим кылбай кытайча,
Салам бердим дин үчүн,
Элимден азып жүргөнүм
Эми ойлогун, Чубагым,
Эгем Таала бир үчүн,
Эрегиштиң ар качан
Эмгегим менин ким үчүн,
Эл кызматын кылды – деп,
Ээрчий чабыш кай күчүң?!
Атакем айтты балам – деп,
Бузулган мусулманга окшоп
Айтасың не үчүн салам – деп,

Саламыбыз коома – деп,
Атаңдын жолу турган соң,
Башкага азып, ооба – деп.
Атам сөздү баштады,
Адегенде билгендей
Энем көзүн жаштады.
Мен айттым: – Энем, ыйлаба,
Бекерге жаның кыйнаба,
Бербердигер жар болсо
Сөзүм кетер кыйлага.
Асман алыс, жер жакын,
Акырет кеч – деп, сүт акың.
Айланаңды карагын
Жылдыз да бар, ай да бар,
Жыргалдуу дүйнө кайда бар,
Караңгылык түн да бар,
Жаркырап тийген күн да бар.
Асман канча, жер канча,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Жүргөн түрдүү эл канча,
Шамал канча, жел канча,
Дарыя, деңиз, сел канча?
Селдеги жандар сенден көп,
Көлдөгүсү көп сенден,
Көргөн-билген жумушум
Көп сураба сен менден.
Ээсиз жүргөн мал барбы,
Ажал алса жакадан
Кутуларга ал барбы?
Денеси жок жан барбы,
Баарынын ээси Кудай бар,
*Салганы менен Кудайдын*
Баары жандар куралар.
Кудай деген күч болот,
Кубаты менен Кудайдын
Жан-жаныбар баарына
Куу дүнүйө карк толот.
Көрүнбөйт Кудай көзүңө,
Көрүнбөстөн турса да
Көп жардамчы өзүңө.
Билбейсиң аны эне – деп,
Билип кирдим бир динге,
Кайта жангын дебе – деп.
Энем ыйлап эчкирип,
Эти-боору эзилип,
Күзгүдөй көзү сүзүлүп,
Күдөрү менден үзүлүп,
Кайда барсаң, аман бар,
Айтканыңа түк кирбес,
Ата да болсо душманың
Соорондук деген каман бар,
Тазалайм – деп, жолуңду
Талапты бүлүк кылыпсың,
Алып кел – деп, колуңду,
Колумду кармап боздоду,
Наалып ыйлап, энекем,
Аш бышымдай токтоду.
Айрылдым, балам, кош – деди,
Болсун жолуң бош – деди.
Атамдын бактым түзүнө,
Кан Соорондук карады
Каары толуп жүзүнө.
«Алмамбет, балам, өзүңбү,
Аман жаным кетет – деп,
Айтып турган сөзүңбү?!
Чантууга коё бергенче
Чаап салып өзүңдү,
Тазалайын көзүңдү!»
Айтып муну, Соорондук
Алды кылыч колуна,
Акбалтанын баласы
Анда сөздүн соңуна,
*Арбын калба салгамын,*
Атпай кытай тобуна.
Кыны кызыл, сабы алтын,
Байнектери сары алтын
Кылыч кындан суурганда,
Кыйкырып мен да турганда,
Уялбас ултан*» бетиби,
Урушар капыр кетүбү.
Атам да наалып токтолду,
Асылар бенде жок болду.

Эшигине байлаган,
Эликтей көзү жайнаган,
Окторулуп ойногон,
Ок жыландай сойлогон
Кылжээрен атка мингемин,
Кылчайбай жолго киргемин.
Кент* коңгуроо кагылды,
Таталаган кытайлар
Туш-тушумдан жабылды,
Душмандын баары камынды.
Барабан согуп, баң* тартты,
Көчөнүн боюн чаң тартты.
Кыйгактуу найза, көк түпөк,
Кыйласын сайдым мылгытып,
Көчөдөгү кытайды
Көгүчкөндөй дыргытып,
Колго тийген капырды
Коёндоюн ыргытып.
Бейит* көчө, чоң калаа,
Бетимен келген душманга
Мен салгамын чоң балаа.
Кулаты шаар жолдо бар,
Кужулдап калды капырлар,
Куба чыкты соңумдан
Кытайдан кыйла баатырлар.
Жеткенин жерге жанчтадым*,
Жергеме калба баштадым,
Келгенинин кыйласын
Кесип башын таштадым.
Тозгонго калба баштадым,
Тоздуруп жерге жанчтадым,
Толкуп жаткан кытайды
Тоздурууга баштадым.
Тоз-тоз кылып өткөмүн,
Токтобостон кеткемин,
Тогуз күнү жол жүрүп,
Туңша калаа жеткемин.
Туңшада бар Будаңчаң[1],
Сырты кара, боору көк,
Боору кара, сырты көк,
Болгон колу кумдан көп.
Каргадан экен кабары,
Канаттуудан чабары.
Каргадай кабар алыптыр,
Камданып капыр калыптыр.
Түлөөгөр тулпар миниптир,
Түшүнүп капыр билиптир.
Кыркүрөң тулпар миниптир,
Кытайдын баары билиптир.
Кырк миң аскер кол менен,
Чаңталуштун жол менен
Тозгон душман жолумдан,
Согушуп жүрүп үч күнү
Соңумдан жеткен капырлар
Соо чыкпады колумдан,
Кырылган кытай өлүмү
Кылайып кем болгон жок
Кырдагы кызыл корумдан.
Үстүнө кийген көк темир
Соот менен кыягы,
Үрүстөмдөй сыягы,
Башындагы туулга
Казандай кара темирден,
Карасам түрү кем эмес,
Кара тоонун сеңирден.
Ошондойдон сактаган
Кантип күдөр үзөйүн
Кадыр Алда теңирден!
Качырды менин өзүмдү,
Канкорум уккун сөзүмдү,
Баса мени жыгылса
Кыймылдатар көрүнбөйт

[1] Түп нускада «Бөдөнчүк». Бирок бул ысым кийин Буданчаң» делет (к. 25767-сап ыр). Кыясы, катчыдан ката кеткен, же оозеки айтылган сөздү так уга албай, жаңылыш жазган. Чынында «Буданчаң» туура. Ал ысым тексттердин башка жерлеринде дайым ушул аталышта учураган белгилүү кейипкерлердин бири – «Алмамбеттин окуясы» аттуу өзүнчө чоң бөлүмдө да бул жердеги жоо – «Будаңчаң» делет.

Кызыталак менин өзүмдү.
Кайратым толуп боюма.
Ак таала жардам бергин! – деп,
Алып аны оюма,
Аманат жанды безедим,
Найзамды тутуп кесендим.
Качырып каршы жеткени,
Нак жүрөктүн башы – деп,
Алмамбет найза неткени.
Чалкалаган чоң капыр
Чалкасынан кеткени.
Кыркүрөң аттан жыгылып,
Будаңчанды сайган – деп,
Кылганым журтка угулду.
Кудуреттин бирдигин
Куп ошондо билгемин,
Кутуруп жолго киргемин.
Жолго кирдим кутуруп,
Жоолордон чыгып кутулуп.
Алты күн жүрдүм арада,
Аралап жүрө бергемин
Кара аламан балаада.
Андан кийин жолуктум
Каспаң шаар калаага,
Каспаңдагы кан Коңур
Кайраты толук балаага.
Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда,
Чок табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Жоо дегенде шайланган,
Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке[1] кандын кенжеси,
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга.
Каршы чыкты жол менен,
Кайнаган жүз миң кол менен,
Алгара ат менен алкылдап,
Алтындуу соот жаркылдап,
Найза өтпөс буулум шым кийип,
Багалеги балкылдап,
Качырып капыр калганы,
Карасы жок Алмамбет
Кадыр Алда колдо! – деп,
Жаратканга жалбарды.
Как шо жерде кеп ойлоп,
Калып эрен кырк чилтен
Кайда кеттиң? – деп, ойлоп,
Байгамбардын баарына,
Бар Кудай жардам кылыптыр
Бакырганда зарыма.
Маңдайлашып Коң төрө,
Баркын уксаң Каканда
Бадышадан чоң төрө,
Найзамдын учу жеткени,
Алгара аттын үстүнөн
Алмадай учуп кеткени.
Элким жүргөн Алмамбет
Эрдиги эмей неткени!
Ал капырды жыккан соң,
Албарс кылыч алгамын,
Аркасында аскерин
Астын, үстүн салгамын.
Атаганат дүнүйө
Айтпасам кетер арманым,
Ойротко Алмаң баш эле,
Ошо күндө Алмамбет
Он сегиз менен он тогуз
Ортосунда жашы эле.
Алмамбет аман жөнөлдү,
Асылышкан душмандын
Ажалы жетип көп өлдү.
Орчун жери кытайдын
Ошолор[2] – деп, ойлонуп,

---

[1] *алакцц.* Бул адам атын катчы эмне үчүндүр түрдүүчө жаза берет. Көбүнчө «Алооке».
[2] *ошоло.* Маани чыкпайт. Кыясы, катчы контекст боюнча ката жазган. Бул жерде контекст боюнча же «ошолор», же «ошо эле».

Ок жыландай толгонуп,
Калкка маалим ушул кеп,
Капырдан кутулдумбу – деп,
Журтка маалим ушул кеп,
Душмандан кутулдумбу – деп,
Мен бакыр жолго салгамын,
Менменсиген кытайлар
Бет алалбай калганы.
Мен эрмин – деп, айтпаймын,
Бербердигер жалгады.
Жалгабаса неткени,
Жайнап жаткан капырдан
Кутулуп Алмаң кеткени.
Жарым күндүк келгенде
Жана бир душман жеткени.
Бөлүнгөн жоонун бөрүсү,
Бөгөлдөрдүн төрөсү
Кырмус шаанын Мурадыл,
Кызыларт деген жолу бар,
Кырк миң аскер колу бар,
Кароолчу экен бир чети,
Канга ылайык келбети,
Каркап жүз миң кол баккан,
Бир чекеси жол баккан,
Атам менин Соорондүк
Ага да кабар салыптыр,
Арбак урган Мурадыл
Келген куштан кабары,
Кенттен кабар алыптыр,
Кенде жаткан көп аскер
Жолумдан чыгып калыптыр.
Жолумдан чыккан калың кол,
Кетер жолум жалгыз жол.
Айткан менен сөз жетпей,
Алды-артына көз жетпей,
Камалаган капырлар,
Капырлардын калкында
Канча түрдүү баатыр бар,
Элимден азган мен – дедим,
Эгем жардам бер – дедим.
Кумдай болгон капырдан,
Кужулдаган жакырдан
Куткаруучу сен – дедим.
Көрүнбөй туруп барсың – деп,
Аман куткар капырдан,
Көбүрөөк ушул арзым – деп,
Көңүлгө алып мындай кеп,
Жок кыласың барды – деп,
Көңүлгө түшүп мындай кеп,
Бар кыласың жокту – деп,
Маанам менин жоктур – деп,
Ишенгеним Кудаа – деп,
Капырдан аман мен чыксам
Как шу жерде мудаа – деп,
Ойлонуп аны оюма,
Кайратым толуп боюма,
Андан кийин Алмамбет
Канжар тутуп колума,
Каршы чыктым огуна,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Жебенин огу зыркырап,
Качырып кирип барганда
Мылтыктын оту чыркырап,
Бөлүндү Капыр быркырап.
Алыскысын найзалап,
Кыйрыма келген кытайды
Кылыч менен кайсалап,
Чамбылала чаң кылып,
Кызылала кан кылып,
Астын-үстүн салгамын,
Ал түрдөнгөн душмандан
Аман чыгып алгамын.
Асылган душман бүлүндү,
Түшчүлүк жерге чыккан соң
Амандыгым билинди.
Болжоп көрсөм өзүмдү
Боюмда сакмат* жарам жок,
Куржунда толгон огум бар,
Кудайдан бөлөк карам жок,
Курчалышар адам жок,
Көкүрөккө улуу так

Көптүктөн башка алам жок,
Уругум кыргыз – нойгут – деп,
Улуксунуш кандай кеп?!
Асылым кыргыз – нойгут – деп,
Акимсиниш кандай кеп?!
Кыйырынан элким кытай – деп,
Кыйынсыныш кандай кеп?
Эгем бардыр элиңе,
Не деймин, Чубак, демиңе?
Кадырым бардыр калкыңа,
Кантемин угуз наркыңа!
Кудурет бардыр өзүңө,
Кутуруп кеткен бадырек
Көрүнөмбү көзүңө?
Келипсиң алар кезиңе,
Кедери кеткен бадырек
Түшөйүмбү эсиңе!» –
Ачууланып сурданып,
Алмамбет баатыр кырданып,
Азат боюн чыңданып,
Ар түрдүү сөзгө салганы.
Акбалтанын Чубагы,
Азаада* бектен бу дагы,
Абыдан ачуу чыксын – деп,
Айтканын угуп кулагы,
Кенебей турган эр экен,
Кебелбей турган неме экен,
Байкаганга бардашы
Манасына тең экен.
Алда Таала Кудайың
Ал кезекте түркко
Ыкыбал берген жудайын.
Айтып-айтып Алмамбет,
Ар түрдүү сөздү кетирди,
Ар канча сөкөт кылса да,
Акбалтанын Чубагы
Кенебеди, кечирди.
Буларга да бузуку
Мынчалык кылган кесирди.
Ыктап берген Чубакка –
Ыраазы болду чунакка.
Мойнуна алган Чубакка –
Болду ыраазы чунакка.
Кыймылдабай, кыңк этпей,
Кыраан Чубак былк этпей,
Алмамбеттин күүлөнгөн.
Ачуусун алды мойнуна.
Аңдап көргүн азыркы эл
Арстандардын ойнуна.
Чубакты таштап жиберип,
Султан Манас баатырдын
Өзүнө бакты имерип:
«Арбагы бийик анткорум,
Арстан Манас канкорум,
Алакандай Анжиян
Айыл кылып алгансып,
Алым, зекет* салгансып,
Кочуш болгон Коконду
Койдой багып алгансып,
Коркутуп алым салгансып,
Уругу Кабыл кытайга,
Улуксунуп бир жайга,
Узакка сапар жол келип,
Отуз жүз миң кол келип,
Көпсүнөрсүң көк жалым.
Ой акылга толбойбу,
Каарданса Какандын
Капкасын ачса кокустан
Анча-мынча калаасы
Отуз жүз миң болбойбу!
Жаратканың жардыгы
Жаныңдын тири бардыгы.
Кыйынсып келип кытайга
Кылып келген ишиң буу.
Эрегиштирип эрбейтип,
Ээрчитип келген кишиң бу!
Каканга каар салдым – деп,
Канча журтун алдым – деп,
Кытайга кыргын салдым – деп,
Кылымдын баарын алдым – деп,
Бээжинге мээнет салдым – деп,
Беттешкендин баарысын

Бекер койбой алдым – деп,
Оруска ойрон салдым – деп,
Оюма келген душманды
Ойрон кылып алдым – деп,
Мактангансың, жүргөнсүң,
Байкап эми көрөрсүң
Бакбурчундун дүрбөөнүн.
Аскердин көрсөң көптүгүн,
Алдырап анда жүрбөгүн.
Албаган элим жок дейсиң,
Атканым мылтык топ дейсиң,
Сүрбөгөн элим жок дейсиң,
Жүрбөгөн жерим жок дейсиң,
Как шу жерде, канкорум,
Баскан жериң бар бекен?
Басташкан эриң бар бекен?
Жүргөн жериң бар бекен?
Сүрүшкөн эриң бар бекен?
Турган жериң бар бекен?
Тутушкан эриң бар бекен?
Бээжин кайда, жер кайда?
Кытай кайда, эл кайда?
Кырда отуруш не пайда,
Билгениңди айтчы мындайда!
Туңша калаа жер кайда,
Тутанган кытай эл кайда?
Туйганыңды айтчы мындайда!»
Аны сурап Алмамбет,
Арстан Манас баатырга
Айтып турду албан кеп.
Аны уккан соң эр Манас,
Бир бирине сөзү наз,
Каалгадай кашка тиш
Кашкайып чыгып алганы,
Кабылан Манас баатыры
Каткырыгын салганы.
«Макул, Алмам, баатыр – деп,
Бадырек кытай журтунун
Баянын айтчы акыр – деп,
Кадамым жетип бу жерге
Келгеним жок такыр – деп,
Бу жеринде жүрбөдүм,
Мурун муну көрбөдүм.
Алдам ажал бербесе,
Асылган жоодон өлбөдүм,
Акыр заман журтуна
Айтууга калсын өнөрүм.
Кечээги күнү кечинде
Элим түшүп эсиме,
Эшикке чыгып карасам
Жетиген кетти желкеге,
Үркөрдү көрдүм кут жактан
Үмүтүм үздүм журтумдан,
Чолпонуң тууду чокудан,
Бээжин – жердин чети – деп,
Бендеге толгон экен го
Дүнүйөнүн бети – деп,
Ошондойду ойлонуп,
Токтоло албай толгонуп,
Тоого чыгып карасам,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Томуктай тоо көрүнбөйт,
Тозоду көктөн бөлүнбөйт,
Кашыктай болгон кары жок,
Кайда болот Бээжиниң,
Кара бута шаары жок.
Али да болсо карасам,
Атышар жоону кааласам,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык
Кайда болот Каканың?
Берен калсын Бээжиниң,
Кыргын алсын кытайың,
Ким билиптир мындайын.
Айтуучу эле карылар,
Аздасам, шонун баары бар.
Кулжадан кароол койгон – деп,
Кайыптан кылып кароолчу,
Касташканын сойгон – деп,
Өрдөктөн – деп, кабарчы,
Кийиктен – деп, чабарчы,

Баштатадан анык сөз,
Баары журтка каньк сөз.
Өрттөнүп кеткен кытайдын
Өрдөгү кончу көл кайда?
Кулжасы жатчу бел кайда?
Кызыталак кытайдын
Аскери жатчу жер кайда?
Ойлоп көрсөң Алмамбет,
Отурушта не пайда!»
Ошону сурап калганы[1],
Ошо сөзүн айтканда
Оңдонуп Алмаң алганы,
Одурая бир карап,
Баатырга көзүн салганы.
Ошолор да өтүптүр,
Ойрон дүйнө жалганы[2].
Бакбурчундун баянын
Баатырга сүйлөп калганы:
«Ылаңмөңдүн чөлүнө
Лыкылдап биздер келгенде,
Эрименин чөлүнө
Эндээлеп биздер келгенде
Кооп кылып түрктөн,
«Копшоң» деген жиндер бар,
Кытайга сөздү угузган.
Атасынан бабасы
Мурунтан кылган өрнөк бар,
Куу өрдөк деген өрдөк бар.
Канатынын баарысын
Карк алтынга каптаган,
Куйругунун баарысын
Зумурутка чаптаган,
Душмандын жолун сактаган.
Куу өрдөк көлдөн учкандыр,
Куйрукка мөөр баскандыр.
Кулжасы белден качкандыр,
Мүйүзгө жазуу жазгандыр,
Коңурбайга баргандыр,
Коркутуп кабар салгандыр.
Угуз уулу Манас – деп[3],
Уругун уксаң алач – деп,
Нече түмөн кол алып,
Бээжинди көздөй жол алып,
Арадагы эл байын
Алдыратып далайын,
Амандык бербей калмакка,
Алы келсе Каканга
Алеңгир-дүрбөөн салмакка,
Туунун саны миң – деди,
Душманда мындай ким – деди,
Туюндуруп салгандыр,
Туйганын туура бил – деди.
Кытайлар калса туюнуп,
Кыжылдап кумдай куюлуп,
Карсек менен Арсектен,
Абал менен Сабалдан,
Көбөк менен Шыбырдан,
Коңгуроолуу Кыңгырдан,
Кош Убанды, Добурдан,
Шектебестин четине[4],
Күн чыгыштын бетинен
Аңгубастын азы бар,
Арсалаң журттун өзү бар.
Тоосу токой, ою тал,

[1] Ушул бетте (түп нусканын 528-бети) кесилген кичинекей ак кагазга жазылган «Он бешинчи. Алмамбет баатыр чалгынга жөнөөрдүн алдында кытайдын көптүгүн Манаска айтканы» деген сөздөр бар. Кыясы, жазылган сөздөр темачанын милдетин аткарат. Бирок жазуу тексттер жазылып жаткан учурда айтуучунун көрсөтмөсү, же эч курбаса анын макулдугу менен иштелбей, катчы тарабынан кийин иштелген демилге өңдөнөт. Буга ошол теманын белгилүү жерге жайгаштырылбай, жөн гана тексттер жазылган барактардын арасына өзүнчө салып коюу да далил болуп турат.

[2] Ушул саптан кийин төрт сап ыр өчүрүлгөн, эмне жазылганы белгисиз. Орун бош калтырылган.

[3] Ушул жана кийинки сап кызыл карандаш менен тетеректелип жана сызылып салынган. Буга ыр сабындагы «алач» деген сөз бар экени себеп болсо керек.

[4] Ушул ыр сабынан тартып алты сар өзүнчө баракчага жазылып, 331-бетке жабыштырылган. Жазылган саптар кайсыл жерге киргизилери шарттуу белги менен көрсөтүлгөн.

Толкуп жаткан журту бар,
Түгүн койбой жыйгандыр[1]
Түп Бээжиндин калкыны.
Жети жүз калаа Бээжинге
Жете тийип салганы.
Түрк уулу биле албайт
Кытайдын кылар наркыны.
Түтүнгө салык салгандыр,
Түмөндөгөн кытайды
Түк койбой жыйып алгандыр.
Адамга опоо кылбаган
Акыр дүйнө жалгандыр,
Жыгы-жыгы-жыгы – деп,
Жыкылдаган кытайды
Жыйып алып тургандыр,
Жылас болгон Коң төрө
Жыйырма батман туулга
Кийип алып тургандыр.
Алгара атты токунуп,
Минип алып тургандыр,
Келеринди озунуп,
Билип алып тургандыр,
Күнда үч убак кабарлап,
Тилиң алып тургандыр.
Сан көчөгө кат берип,
Саркер деген ат берип,
Алма шагы күбүлүп,
Аскерин көргөн адамдар
Аманат жандан түңүлүп,
Жийде шагы күбүлүп,
Жигити жандан түңүлүп,
Карагай найза боолайм – деп,
Калаамдан кантип оолайм – деп,
Канкор бурут келди – деп,
Казат кылып жоолайм – деп,
Токсон билге ок артып,
Тогуз билге дары артып,
Тозоңду тоодой карартып[2],
Коңурбай колу азырдыр,
Кооптуу душман – ошодур.
Акбалтанын баласы
Компоңдошуң кусурдур.
Коркутуп жетип баргандай,
Койлууга салык салгандай,
Короодон тандап алгандай
Кокондун колу бул эмес,
Коңурбай арзан кул эмес!
Аксым сөз сүйлөп калгандай,
Аргымак алым алгандай,
Ачууланып ар кандай,
Айдына салык салгандай
Анжыян эли бул эмес,
Анжыдагы чоң Коңур
Адам өлчөөр кул эмес.
Какандан чыккан Коң төрө –
Касиеттүү чоң төрө.
Бээжинден чыккан Коң төрө –
Бели катуу чоң төрө
Беттешкен жерде көрөрмүн,
Бергин, баатыр, уруксат,
Мен шу жерден жөнөрмүн.
Баштап келдим жолуңду,
Башкарып келдим колуңду,
Баатырым, бергин жообуңду.
Кызматын кылдым кыргыздын,
Кыйрымдан азып, тер кыстым.
Намысына талашып
Алтымыш уруу кыргыздын,
Айлымдан азып, тер кыстым.
Байдасын тилеп кыргыздын
Байланып кара тер кыстым.
Ишенериң Чубагың,
Кашыңа жолдош болуптур,
Ышынып карап турбагын.

[1] Ушул ыр сабынан тартып он бир сап өзүнчө ак кагазга (башка кагаздардын өңү саргыч) жазылып, 331-бетке жабыштырылган. Тактоолорду катчы өзү жүргүзгөн (кол тамга ошонун өзүнүкү).

[2] Ушул ыр сабынын аягына кошумча киргизилет деген шарттуу белги коюлган, бирок кошулуу жок. Мазмунда окуянын үзүлүүсү байкалбайт.

Жаныма тилеп амандык,
Жанып кайра кетейин,
Жан сактай албас кишидей
Жабыша берип нетейин.
Башыма тилеп амандык,
Мына шу жерден кетейин,
Басташканым эр Чубак
Барып чалсын чалгынын,
Бар намыстан кечейин.
Баатырым, байкап билдиңби,
Бар кудай салган ак динди.
Бабасы душман түрккө
Баш сала келген мен жинди,
Алда салган ак динди,
Акыры каалап кирген соң,
Атасы душман угузга
Арсып келген мен жинди!»
Ал сөздү айтып сурданып,
Ачууланып кырданып,
Минмекчи болду атына,
Акбалтанын Чубагы
«Аткарбай кармай каргүн!» – деп,
Астыртан айтты баатырга.
Арстан Сыргак баатыры[1]
Аттын бербей чылбырын,
«Асты аткара кербө!» – деп,
Акбалтанын Чубагы
Астыртан айтты шыбырын.
Камчысын Алмаң алганы,
«Канетесиң, баатыр!» – деп,
Каңкор айта салганы.
Алып камчы кете албай,
Атына басып жете албай,
Алмамбет токтоп калганы.
Анда Манас кеп айтат,
«Алмамбет, тында – деп, айтат,
Айта берип Бээжинди
Акылымды бүлдүрдүң,
Албан түрдүү калаасын
Айтып берип билдирдиң.
Бээжиниң бекем жер экен,
Кытайың кылым эл[2] экен,
Кыйыктанып сүйлөөрүң
Кыраан Алмам эп экен,
Кызыталак кытайың
Мен баруучу неме экен.
Чалгынчы болуп чалайын,
Чаркарына* барайын,
Кызыталак кытайдын
Кыйынын көрүп алайын.
Өзү жалгыз Кудаанын
Өкүмүнө көнөйүн,
Жете барып Каканга
Жер сонунун көрөйүн,
Эңсеп кирип кытайга
Эл сонунун көрөйүн.
Басылсын, Алмам, өзүң – деп,
Баштагын жолду өзүң – деп,
Баатырың айтты мындай кеп.
Кыраанды кыйып кете албай,
Ачууланган боюнча
Аттанып жүрүп кете албай,
Аскерди көздөй бет албай,
Эр Алмамбет токтолду,
Э дээрге сөзү жок болду.
Аяды Манас баатырын
Алмамбет айтат акылын:
«Барамын – деп, Бээжинге
Башта ойлосоң, баатырым,
Бас болгон экен акылың,
Билсең айткан датымды,
Мине келсең атыңды,
Аябас элем өзүңдү,
Алып барып Бээжинге

[1] Ушул саптан тартып беш сап ыр өзүнчө ак кагазга жазылып жабыштырылган. Кошумча кайсыл жерге киргизилери шарттуу белги менен көрсөтүлгөн.

[2] *эл.* Текстте мындай сөз жок, бирок контекст боюнча зарыл керек. Кыясы сөздү катчы жазбай кеткен өңдөнөт.

Көргөзбөйт белем көзүңдү.
Боюңда болсо жарагың,
Кызыталак кытайта
Барууга болсо талабың,
Макул көрүп сөзүңдү,
Баштап алып өзүңдү
Барбас белем Бээжинге[1],
Мингениң чабал, шайы жок,
Урушка кирер жайы жок,
Кең сооруда майы жок,
Кез-кезден душман курчаса,
Кенен чуркаар жайы жок.
Өчөшөйүн Чубакка,
Өткүр тууган чунакка,
Таарынбайын Чубакка,
Жай билбеген чунакка.
Жолдошум Сыргак баатырды,
Кол талашкан Чубакты
Жолдош кылып акыры
Барайын Бакбурчунга –
Баягы кытай журтума».
Аяды Алмаң баатырды,
Кызып калган кыраан эр
Алмамбет «барба!» дегенге
Ачуусу келди акыры.
Баткалашта мараган
Кабыланча караган
Кааары келди баатырдын,
Чамынганы жолборстой
Жаалы келди баатырдын,
Жан алчуудай түстөнүп,
Заары келди баатырдын.
«Ой, Алмамбет, токто! – деп,
Оозуңа келди түрдүү кеп.
Ой, Алмамбет, ойлон – деп,
Өзүңдү жалгыз зордойсуң,
Өзгөнүн баарын кордойсуң.
Башыңды жалгыз зордойсуң,
Башканын баарын кордойсуң,
Кудурет ажал салабы,
Кудурет салган ажалдан,
Куу Коңурбай дажаалдан
Куда ат айрып калабы?
Алдам ажал салабы,
Алда салган ажалдан,
Анжынын каны дажаалдан
Алмамбет айрып калабы?
Жазуудан артык жан өлбөйт,
Тактада жатып кан өлбөйт,
Ажал жалгыз, айда өлбөйт,
Адам уулу кайда өлбөйт,
Өлбөсө бенде не көрбөйт,
Өзү Кадыр Алданын
Өкүмүнө ким көнбөйт.
Арбак берсе кудурет,
Өкүмөтүн Алданын
Өзүнан бөлөк ким билет,
Астымдагы Айбанбоз
Канат жасап учпайбы,
Кашымдагы кан Сыргак
Кашкайта сулуу кучпайбы,
Кара коргон дарбаза
Каалгасын бузбайбы,
Карадан канын төкпөйбү,
Кабыргасын сөкпөйбү,
Кайсарды* жакшы кылдың – деп,
Жанында Манас көппөйбү.
Ажал берсе Кудурет
Асмандан булут минсе да,
Очогор огу жетпейби,
Маа окшогон оёнуң
О дүйнө жайга кетпейби.
Арбак берсе Кудурет
Ажалы кулдун жетпейби,
Арстан Чубак баатырым,
Найза менен бир койсо,

---

[1] *баажинге.* Катчыдан ката кеткен, сөздүн туура үлгүсү – «Бээжин».

Аңтарылып кетпейби.
Кашымдагы кан Сыргак
Албарстап башын кеспейби.
Ажал берсе Кудурет,
Арстан Манас баатырың
Акыретке кетпейби!»
Бу сөздү айтып эр Манас
Бууркана калганы.
Бул мүнөзүн көргөн соң,
Баатыр Алмаң бата албай,
Барбагын – деп, айта албай,
Кудай бардыр, Чубак – деп,
Атынын жайы жогунан
Алмамбет баатыр кайгы жеп,
Аргасыз атка миништи,
Алда! – деп, жолго киришти.
Эки күнү, бир түнү
Эринбей жолдо жүрүштү.
Жалынып жапар теңирге,
Сандыргалуу Алмамбет
Баштап келди баатырды
Саястын кара сеңирге.
Саяс деген улуу тоо,
Сансыган кытай улуу жоо.
Кыраан эр кырга чыкканы,
«Аттан түшүп баарыңар
Аз олтура калыңар,
Айнеги жакут дүрбүнү
Колуңарга алыңар,
Оң көзүңө салыңар,
Ойлонуңар баарыңар!»
Алмамбет буйруп салганы,
Төрөсү баштап, төрт баатыр
Дөбөгө түшө калганы.
Төгөрөгүн көрмөккө
Көзүнө дүрбү салганы.
Кадаасын көрүп капырдын
Канкоруң айран калганы.
Текчеден гүлү ачылган,
Жемиши жерге чачылган,
Торгою сайрап чөлүндө,
Бакасы чардап көлүндө,
Күкүгү сайрап көгүндө,
Булбулу сайрап таңшыган
Булагы агып ташыган.
Булар түгүл аңдаган
Муңдуудан адам жашыган.
«Бурчтанып жаткан мунарык,
Булуңдап жаткан тунарык
Мурунку Бээжин жер эле,
Бул олтурган кулуңдун
Белине таңуу эл эле,
Буталач журту дээр эле,
Оң жагында оркойгон
Алтын тоонун кени эле,
Тоосунун аты Бучала,
Чыккан көбү күчала.
Кентун, Какан арасы,
Анча-мынча бу жерден
Көрүнүп турат карасы,
Бер жагында көрүнгөн
Чыңшаанын жазы талаасы.
Бакбурчундан бөлүнгөн,
Бас кайкалаң көрүнгөн
Чоң Бээжиндин кайкысы.
Ушунча журттун бир чети
Мусулман болуп калбаган
Бул олтурган кулуңдун
Ырысынын тайкысы.
Оң жагында оркойгон
Алтын тоонун кени эле,
Күн жүрүш жакта бөлүнгөн,
Күзгүдөй жарык көрүнгөн,
Чырпыгы чыгып чынардай,
Чынарлары кадимки
Шаар салган мунардай,
Торгою тоонун улардай,
Толуп жаткан көп калаа,
Тооктору кунандай,

## Он экинчи

# АЛМАМБЕТ БААТЫР МАНАСКА БЭЭЖИНДИ КӨРСӨТҮП, АРМАН АЙТКАНЫ[1]

Кунандары көрсөңүз,
Куруп салган дубалдай.
Эркини элдин нак ушу,
Күүдөрү Кентун как ушу.
Алмамбетке күйүүчү
Күүдөрү журту дагы ушу.
Канчалык айтса сөз жетпей,
Караган менен көз жетпей,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык
Баш калаасы Бакбурчун,
Байкатайын саа журтум.
Какан калаа, Чынмачын,
Казалдаган Чоң-Бээжин,
Казал деген шаары бар,
Кан төккүчтүн баары бар.
Күрсүлөрү өгүздөй
Күчтүүнүн баары ошондо,
Барскандары өгүздөй
Балбандын баары ошондо,
Басташканын бас кылып,
Алгандын баары ошондо,
Мангүбөнүн уругу,
Зардалдын баары ошондо.
Жетиген жагы тушунда –
Жеринин аты Жыяңча
Кадаасы Туңша, Будача,
Караган калкы бир канча.
Атам менин Соорондук[2]
Алган журту нак ошо.
Каспаң, Бээжин, Туңшаны
Сураган атам дагы ошо.
Эл таба албай элдиреп,
Элкимдиктин айынан
Эр Чубак жүрөт, келди – деп,
Калк таба албай элдиреп,
Калкыңдын баары муну ойлойт
Калжырап жүрүп, келди – деп.
Карарган калкым как ошо,
Каңгылуу[3] Бээжин дагы ошо.
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай,
Салтанаты ушундай.
Мейиздерин сурасаң,
Беш жашар бала муштумдай.
Машаасы бар баштыктай,
Беченди дегени чөбү бар
Беш сугарган аштыктай.
Айбан жесе тойбогон,
Эгер андан бир тойсо,
Алты күнү мингенге
Ачып карды койбогон.
Түйүнчач деген жылан бар

---

[1] Темача ыр саптарынын арасындагы сүйлөм бүтпөгөн жерге коюлган. Буга карап теманы манасчы эмес, катчы өзү берген дешке да мүмкүн. Манасчы айтса окуя бүткөн жерде болот эле.

[2] *Соорондук.* Бул адам атын катчы түрдүүчө жаза берет. Бул жерде салттык кабыл алынган үлгүдө так, туура жазган.

[3] *Каңгылуу.* Сөздүн бул үлгүсүндө туура маани чыкпайт. Кыясы, «канжыгалуу» деген сөздү же манасчы ыр тутумунда ыргак үчүн кыскартып айткан, же катчы ката жазып койгон. Канжыга, жа канжыгалуу Бээжин деген түрдө сөз бөлүктөргө бөлүнгөн, көп бөлүктөрдөн турган чоң Бээжин маанисин туюнтат, же бактылуу шаар, гүлдөгөн шаар, өнүп-өскөн шаар маанисинде да берилген болушу мүмкүн.

Жүз кулач жерге сойлогон.
Кызыгандан айтамын,
Кызыталак Бээжиндин
Кызыгын көргөн тойбогон.
Таңшаң, Бээжин жерим шол,
Сансыган кытай элим шол,
Кашыңдагы калмактын
Кайыша турган кеби ошол.
Саңоорлуу талаа, Чоң-Бээжин
Менин жерим болсо – деп,
Самабай турган жер бекен?!
Сансып жаткан көп кытай
Менин элим болсо – деп
Сурабай турган эл бекен?!
Салтанаттуу Коң төрө
Менин бегим болсо – деп,
Самабай турган кеп бекен?
Элдүүсүп Чубак эч койбойт,
Элиңиз менден көп бекен?
Кашыңдагы кулуңдун
Каңырыгы ушундай,
Түтөбөй турган кеп бекен?!
Сен байкабай туруусуң,
Жер сагынган курусун!
Жеримде аман мен турсам,
Жеткир Чубак баатырдын
Бүтүрбөс белем жумушун,
Жети жылга басылбай,
Болбос беле урушуң.
Анжы-Манжы, Таңшаңы,
Айтылуу Бээжин ушу эле,
Азып менин жүргөнүм
Алданын кылган иши эле,
Акимсиген Коңурбай
Мен шу жерде турганда
Анча-мынча киши эле.
Каспандын кара тоосу ошол,
Капкалуу Бээжин оозу ошол.
Как шо жерде көрүнөт
Каталдын кара бели бар,
Каңгайдын калың эли бар.
Каалап келген жанагы
Кан Коңурбай эри бар.
Кашыңдагы Алмамбет
Кайгыда жүргөн чени бар.
Чет-Бээжиндин жери бар,
Чебе чаап шаанын эли бар.
Чекчеңдеген Чубактан
Кашыңдагы Алмамбет
Кай жеринде кеми бар?
Көргөндөргө бир сонун
Көтөлөктүн чөлү бар.
Бакбурчундун баашасы
Балдан салган көлү бар.
Мага ишенбей турганың
Барып азыр көрүп ал.
Эсеп жеткис элим бар,
Эрдемсиген Чубакка
Не жеримден кемим бар?
Элимдин чети ушунда,
Бир чекеси элимдин
Күн чыгыштын тушунда.
Эгил менен Төгүлдөн,
Эңгил менен Чеңгилден,
Аңгүрөөнүн азы бар,
Аз моюл кытай өзү бар.
Айбандын баары шондо – деп,
Аалымдар айткан сөзү бар.
Ар жагын айтат Аңгир – деп,
Бер жагын айтат Иңгир» – деп,
Алмамбет аны сүйлөдү –
«Арстаным анык билгин – деп.
Көрөр болсоң ар жагы
Көй-Каптын көңкү жери бар,
Күн чыгыштын тарабы
Дөө менен бери бар,
Аңгемелүү кеби бар.
Аңгир, Иңгир арасы
Ташталактын бели бар,
Адам менен беринин
Чек кылып алган жери бар.
Атты алыс кармаган,

Төөнү жаза муштаган
Чоркоктун баары ошондо,
Түндө эшикке чыкпаган
Коркоктун баары ошондо.
Алты казан атала
Ичсе карды тойбогон
Сорготун баары ошондо,
Адамдын жок санында
Айбандын баары ошондо,
Айдап койдой талаага
Жайгандын баары ошондо.
Адамдан бүткөн арбайган,
Алты буттуу сарбайган
Тайгандын баары ошондо.
Заары бар ашында,
Мүйүзү бар башында,
Адам десең айбандай,
Башындагы мүйүзү
Найзадан мурун сайгандай,
Айбан түрдүү жайы бар,
Ачалы деген тоосунда
Алтымыш түрдүү чайы бар,
Арбак урган кытайда
Ар бир түрдүү байы бар,
Асыл таштан күйү* бар,
Алтындан салган үйү бар.
Күмүштөн салган короо бар,
Инжуну көмгөн ороо бар.
Элим элден кем эмес,
Элсиз киши мен эмес!
Калкым калктан кем эмес,
Калксыз киши мен эмес!»
Эр Алмамбет муну айтып
Эр Манасты муңайтып,
Эскиси түшүп эсине,
Карап туруп Каканга,
Жаш имерип көзүнө,
Оболку түшүп оюна,
Алмамбет баатыр жашыды
Ар неме түшүп оюна.
«Киндик каным тамган жер,
Кимге барсам кытай дээр,
Каным менин тамган жер,
Кайда барсам кытай дээр.
Уругу кытай болгон соң,
Бу дүйнөдөн мен жалгыз.
Акыреттен жай бергин
Улугум Кудай колдосоң.
Асилим кытай болгон соң,
Акыреттен жай бергин
Алла Таалам колдосоң!»
Арманын айтып болкулдап,
Наалып ыйлап солкулдап,
Анжыяндан алдырган
Сагаса күлүн салдырган,
Тартса кумар кандырган,
Кара мурчтан буулаган,
Калемпирден суулаган,
Тарткан адам дуулаган
Насыбайды бур тартып,
Алтын канжа бир тартып,
Кайраттанып үшкүрүп,
Кайра баштан түзөлүп
Алда! – деп, атка миништи,
Анжы, Туңша жолу – деп,
Токтолбой жолго кириШти.
Бара жатып Алмамбет
Баатырына кеп айтып,
«Баатырым, токто! – деп, айтып,
Кызыталак капырдын
Кысмагын көрсөк кокустан,
Кыйындык тартсак окустан,
Билип туруп айтпай – деп,
Башында айтсаң[1] мындайын,
Малынбастан кайтпай – деп,
Баатыр сизге жообум бар,

[1] *байкатайын белек.* Жазылуудан маани чыкпайт. Кыясы, катчы ката жазган. Контекстке караганда бул жерде «башында айтсаң» делиш жөндүү эле.

Арбак урган капырдан
Бир кишиден кообум бар.
Маңгубаны[1] жердеген
Сазаңшаң деген эл деген,
Сазаңшанды бийлеген
Макел-Малгун эр деген.
Ошол капыр келбесе,
Орчун кытай көп журту
Озунуп кабар бербесе,
Башкасынын баарысын,
Баштатан кетпей намысым,
Ала жүргөн колумдур,
Аралай жүргөн жолумдур.
Көрө жүргөн көзүм бул,
Өрттөнгөн кытай журтуна
Өкүмөт айткан сөзүм бул,
Көмө чаап балбанын,
Ала жүргөн өзүм бул.
Аралай жүргөн жолумдур,
Ала жүргөн колумдур,
Арстаным Манас, сен жүрүп,
Эми алдырсам шорумдур.
Керегети деген жол,
Келген-кеткен кумдан мол.
Бакалчысы* мол эле,
Базарчынын жолу эле,
Жүргөн-турган мол эле,
Жүргүнчүнүн жолу эле,
Токтоло албай кытайдын
Жүрүүчү жери шол эле.
Керик көрсөм бил кармап,
Кербенчиден тил кармап,
Мал ордуна бил кармап,
Базарчыдан тил кармап,
Айттырып сөзгө канайын,
Анжы-Манжы, Таңшаңдын
Каттай турган жолу бар,
Как шо жерге барайын,
Жоо бөрүсү чунакты –
Жол талашкан Чубакты
Жолдош кылып алайын,
Тобокелге салайын?
Сырттан Сыргак, эр Манас,
Сырдаштан киши аянбас.
Алмамбет, Манас, эр Чубак
Жөнөп калды ушу чак.
Кашында бар кан Сыргак,
Кайраттарын карап бак.
Алмамбет менен Чубагы,
Ар кимдин келип калыптыр
Кайрат кылар убагы,
Маңкандата бастырып,
Деңкеңдете желдирип.
Марал сындуу Сарала ат,
Даңканы жерин каздырып,
Чубактын аты Көктеке,
Айбандан күчтүү как чеке,
Арстан Манас мингени
Айбанбоз сындуу аты бар,
Сыргак минген Телкызыл
Жылкыдан башка заты бар.
Кырга чыгып кыраандар,
Алмадай башын ашырып,
Оно боюн жашырып,
Ээрдей сары элестен,
Кош кайкалаң белестен
Алмамбет көзүн салыптыр,
Андап көрсө капырды
Жол байланып калыптыр.
Базар жолу байланып,
Баскан-турган кытайлар
Башка жак менен айланып,
Кербен жолу кесилип,
Кербендердин жолунан
Келүүдөн үмүт үзүлүп,
Калган экен токтолуп,
Каттоого бенде жок болуп.
Эр Алмамбет эригип,

[1] *маңгуданы.* Сөздүн салттык туура айтылышы – «маңгубаны».

Кашында Чубак зеригип,
Качан келет капыр – деп,
Карап турду желигип.
Кытайдан бар Коң төрө,
Кырмус шаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын эр Ушаң,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Каңылдаган капырдын
Кайсы бирин айталы.
Солоондордун Алооке
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондүк,
Катарлардан Тагылык –
Кайнап жаткан көп улук,
Он жүз миңден кол менен
Калааларын кайтарып,
Аз гана эмес мол менен,
Аскер өтүп туруптур
Аркы-терки жол менен.
Орчун улук кол болуп,
Колдун өткөн жерлери
Казылган кара жол болуп,
Оңу келип сол болуп,
Солу кайтып оң болуп,
Жанагы айткан сун-дуңдар*
Калдай, баңбаң*, доотайга*
Кайрат айтып чоң болуп,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Көргөндө жүрөк болкулдап,
Көк найзалар солкулдап,
Очогор мылтык жаркылдап,
Кылычтын баары шаркылдап,
Калкандын баары калкылдап
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу туулар жаркылдап,
Жебенин огу шартылдап,
Асабалар жалпылдап,
Бир түркүнү кызарып,
Аңдап турса аскердин
Алды, аркасы узарып,
Бир түркүнү саргарып,
Зардабын көргөн таң калып,
Бир түркүнү капкара,
Аскерге толуп ай-талаа,
Бир түркүнү ак болуп,
Каруу-жарак карк толуп,
Бир түркүнү көк болуп,
Кош артканы лөк болуп,
Кужулдаган кытайлар
Кумурскадан көп болуп,
Какандыктын калаасы,
Каспаңдын кара талаасы
Аскер менен карк толуп,
Кара кыргыз Манас – деп,
Кайнап жаткан алач – деп[1],
Уругу кытай болгонуң
Намысыңа талаш – деп,
Манастан коркуп, шек кылып,
Аскерин шаарга чеп кылып,
Аскер менен, кол менен
Айланасын бек кылып,
Жаткан экен акыры.
Көптүгүн көрүп кытайдын
Көңүл айтып үшкүрдү
Көк жал Чубак баатыры.
Эми Чубак кеп айтат,
«Баатыр Сыргак! – деп, айтат,
Түштүк жагын карасам
Түмөндөп кытай жоо алды,
Жетиген жагын карасам

[1] Ыр сабы кызыл карандаш менен тегеректелип, кара сыя менен сызылып салынган. Кыясы, «алач» деген сөздөн коркуу себеп болгон өңдөнөт.

Ашуусу бийик тоо алды.
Күн батыш жакты тарабын
Баятадан байкап мен
Баш-аягын карасам,
Беш-алты терең коо алды.
Көрүп калса нетебиз,
Кай көргө кирип кетебиз.
Эрегишип бу кулга
Ээрчишип экөөбүз
Бекер келген экенбиз».
Күңкүлдөшүп бир бирин,
Бул сөздү айтып салганы,
Күбүрүн угуп экөөнүн
Көк жал Манас баатырдын
Күлкүсү келип калганы,
«Эл ичинде жүргөндө
Эрсинет элең баатыр» – деп,
Эр Манас айтып салганы.
«Кол ичинде жүргөндө
Компоңдойт элең акыр – деп,
Жоо караанын көргөндө
Коркуу кирди баатыр» – деп.
Кашында Сыргак, Чубагы,
Кайраттанып бу дагы
Канкор төртөө турганы.
Аларды таштап салыңар,
Алтымыш урук кытайдын
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.

*Он үчүнчү*

## МАКЕЛ МАЛГУНДУН* АЛМАМБЕТТЕН ӨЛГӨНҮ

Чыкылдаган Чынмачын,
Кайнап жаткан Каканчын,
Баңги шаар Бакбурчун
Байкатайын көп журтун.
Кумул менен Каспаңы,
Кабары угуп кыргыздын
Калансып аскер басканы.
Өкүнчү жок укканга
Өткөндөрдүн дастаны.
Көпчүлүгүн көргөндө
Көк жал Алма султаның
Көзүн шонжо жаштады:
«Намысымдан, арымдан
Айрылганым карачы
Ушунча журттун баарынан,
Карасынан, канынан,
Кабыгынан данынан
Кан жүргүзүп бөлүндүм,
Кайнаган кытай шаарынан.
Айтканда тилди алсачы,
Эч болбосо бир чети
Мусулман болуп калсачы!»
Бу сөздү айтып салганы
Мында турган төрт баатыр
Муңайып токтоп калганы.
Бул сөз эми токтолсун,
Мусулман кеби жок болсун.
Кулжа кабар салыптыр,
Өрдөктөн кабар алыптыр,
Өңкөй улук жыйылып,
Баңдулуну* урдуруп,
Өнөрбантын* турдуруп,
Каргадан болгон кабары,
Канаттуу куштан чабары
Эсенканга көп айтып,
Эң кыйын душман – деп, айтып,
Башы биздин Кумулда,
Аягы Кырым, Урумда,

Күн жүрүшү Гымалай[1],
Күчөсө түрк бир далай.
Бир чети Мухит көлүндө,
Манас деген чыгыптыр
Түгөнгөн түрктүн элинде.
Ат минбеген жөөлөрү,
Алпы менен дөөлөрү,
Балбан менен баатыры,
Немеси калбай акыры
Кытайга кыргын салууга,
Каканды каптап алууга,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Казактардан Көкчөсү,
Калың кыпчак Үрбүсү,
Анжыянда Санжыбек,
Ак сакалы Музбурчак,
Арстан Манас баш болуп,
Аскери кумдай карк толуп,
Келип калды мында – деп,
Кебибиз ушу тыңда – деп,
Бадышабыз Эсенкан
Бар аскерди чыңда – деп,
Манастан кошуун келди – деп[2],
Чөптөй көрдүк элди – деп,
Шакылдата сүйлөгөн
Тили бизден бир башка,
Шашпай кылып ибадат*
Дини бизден бир башка,
Башы Кумул, аягы Урум
Жери бизден бир башка.
Атасы Угуз, Каракан,
Адамынын баарысы
Ар тарапка тараган,
Эли бийден бир башка.
Уругу угуз түрктүр[3],
Үлкөн черүү* жүрүптүр,
Күлдү журту Азия
Күн чыгышка сүрүптүр,
Аңдап көрсөк биздерге
Арылбаган түлүктүр.
Ал сөздү айтып ийиптир,
Айлык жолго кабары
Эки күн калбай тийиптир[4].
Байлаган кагаз катынан
Баянын укту Эсенкан,
Баштарын чайкап калтырап
Баңдулуда канча жан.
Эсенкан баштап элейип,
Эсинен танып селейип,
Тактылуусу далдайып,
Таажылуусу шалдайып,
Урматтуусу умпайып,
Улуктун баары сумсайып,
Көптү көргөн кары бар,
Көсөмдөрдүн баары бар,
Жүргөн журтта нелер жок,
Жүк көтөрчү нары бар.
Токсон калаа Каканды,
Бадышанын үстүнө
Толкута жыйды жеп жанды.
«Жаан кескен эр барбы,
Азып-тозуп алыстан
Көптү көргөн эл барбы?
Атагын уксак түрүктүр,
Каканчынга бет алып,
Калың аскер жүрүптүр,
Караган бизге калмакты
Күн чыгышка сүрүптүр,
А да болсо түрк уулу,

[1] *Гималай.*

[2] Ушул ыр сабынан тарта он эки сап өзүнчө баракчага чапталган, кошумча кайсыл жерге киргизилери шарттуу көрсөтүлгөн. Жазган кол тамга катчынын өзүнүкү.

[3] Ушул ыр сабынан тарта алты сап кызыл карандаш менен тетеректелип, көк сыя менен сызылып салынган. Кыясы ыр саптарындагы түрк, угуз, Азия деген сөздөр үчүн болсо керек.

[4] *Кирилтир.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн. Бирок «тийиптир» делсе контексттеги маани тагыраак болмок. Балким, катчы ката кетиргендир.

Аталган жери калмактыр,
Азыркы турган ченинде
Жалгыз бири калбаптыр,
Колуна тийген жандарды
Койбой тирүү жалмаптыр.
Ушундан барган Алмамбет
Улук болуп алыптыр,
Кытайды көздөй кол алып
Көп черүү жолго салыптыр.
Канетебиз, калкым?» – деп,
Кан Эсенкан айтты кеп.
Чаңгели аттуу дуу-дусу*
Сөз баштады мына ушу:
«Жаан кездим башында,
Көй-Кап жакка бет алып,
Көп жүргөнмүн жашымда,
Сыңша деген тоо деген,
Дүнүйөнү айланган
Тоонун чоңу шо деген,
Бизден кыям* шашкелик*
Күн жүрүштүн тарабы,
Бир чекеси ал жердин
Дөө бериге карады.
Азирети Искендер
Байгамбар деген ушунда,
Бадыша болгон тушунда
Өтпөсүн – деп, жин бери
Чоюндан тоону куйган – дейт,
Сыңша тоонун бер жакта,
Чынмачындан ар жакта
Чогулган бойдон турган – дейт.
Дөө бериси мол деген,
Ушу жерден ар жакка
Төрт айчылык жол деген.
Асили адам уулу – дейт,
Аралаш жин-бериси,
Айбандан жаман муну – дейт.
Алда канча журт болуп,
Нак шо жерге турду – дейт.
Маңгүба[1] деген жер деген,
Сазаңшаң деген эл деген,
Сазаңшаңдын улугу
Макел-Малгун* эр деген.
Атасы кытай долусу,
Энеси ынды жалабы,
Айтылбай сөзү калабы.
Алар келсе жардамчы,
Угуз уулу болмоктон
Ушу жакта мусулман
Баары бүтүн келсе да,
Бизди жеңип аларбы!?»
Айтып аны билдирди,
Каарына мингенде
Кайран Угуз балдары
Каканды минтип бүлдүрдү.
«Андай болсо тез тур – деп,
Тулпар минип, камчы ур» – деп,
Катчыга катын жаздырып,
Калдайта мөөрүн бастырып,
Өз колу менен бадыша
Чабарчыны чаптырып,
Аткарды жети калдайды*.
Ал мүнөзүн көргөн соң
Алат экен бурут – деп,
Адамдын көбү далдайды.
Канатына кат байлап,
Учурду кузгун кушуну.
*Уга, көрө билерсиз,*
Ойлонгун – деп, ушуну.
Аңдаган экен Эсенкан
Кыргыздын кылар ишини,
Аткарган экен Макелге
Жетимиш күнү мурунтан
Жети калдай кишини,
Баашалыктын жумушу
Жетилтет экен ишини.
Кузгундан кабар алыптыр,
Алда кандай жумуш? – деп,

[1] *маңгуца.*

Алдырып турган кезекте,
Желмогуздай өңдөнүп,
Жети калдай барыптыр.
Маңгубанын баашасы,
Бүтүлүү бийик тоо экен
Коргон кылган кашаасы,
Үй ордуна киргени
Үлкөн тоонун үңкүрү,
Кирип, чыгып жүргөнү
Көз учкан таштын чуңкуру.
Кытайча сөзүн окунуп,
Калдайлар каршы турганы,
Каршысында чокунуп.
Макел дөө дегендин
Баянын айтып берейин.
Ант ургурдун өзү бар,
Бакыраят ачылса,
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Адам уулу билгисиз,
Аркы-терки сөзү бар.
Байкаса адам үн өңдүү,
Оозун ачып сүйлөсө,
Обо жарган обозу
Күркүрөгөн күн өңдүү,
Азат бойдон чыккан түк
Апсайган аюу жүнү өңдүү,
Андап көрсө дидаары
Ажыдаар түрү өңдүү.
Чакырганы Эсенкан,
Эч мүнөзү кем эмес
Адам эмес, айбандан.
Тоого чыгып акырды,
Доош салып бакырды,
Жүндөн калың аскерин
Жүрүңөр! – деп, чакырды.
Нече жүз миң кошууну
Мусап* тутат ушуну.
Көбү келди жылаңач,
Көңкү баары жылаң баш.
Басып жүрсе жер сыйпайт
Баштарына чыккан чач.
Кийим ордунда – чачтары,
Таанылбайт кары, жаштары,
Эң кичине дегендин
Даш* казандай* баштары.
Аяк менен буттары,
Ат чабым жерге баргыдай
Коңурсуган жыттары.
Жетимиш кулач карагай
Жеңил-желпи таягы,
Мунарадай аягы.
Бири эмес, баарысы,
Жайы-күйү билинбейт
Жашы менен карысы,
Бир кыйкырык үн менен
Миң саны келип калышы.
Жыланды көрсө жырып жеп,
Кумурскага жолукса,
Эрикпестен кырып жеп,
Суур көрсө сууруп жеп,
Обоодогу канаттуу
Узатпастан уруп жеп,
Бири өлсө, бирин жеп,
Ичи менен жинин кеп,
Бака, жылан, коңузду,
Кашкулак, бөрү, доңузду,
Канжа менен түтүн жеп,
Эчтеме таппай калганы
Карагай, кайың, тал көрсө
Казып түбүн, бүтүн жеп,
Кайда жүрөт бурут* – деп,
Катаалдык кылган биздерге
Бурут деген журут – деп,
Катылганды соо койбой,
Казып түбүн курут – деп.
Мүнөзү бар айбандай,
Кай бирөөсү төрт аяк,
Каргылаган тайгандай,
Байкаганга кай бирөө
Башында бар мүйүзү
Найзадан мурун сайгандай.
Кээ бирөөндө эки баш,

Учку деген уругу
Жергелеше жети баш.
Бузук түрүн ким билет,
Мурункунун сөздөрү,
Кай бирөөнү карасаң,
Мурунунун үстүндө
Муштумдай жалгыз көздөрү.
Айбанга чалыш ал бир журт,
Ар бирөөндө алты бут.
Кай бирөөндө эки кол,
Ар тарапка арбайган,
Айлана чыккан жети кол.
Түрү суук эли бар,
Эгем Таала жасаган,
Не – деп, айтсак эби бар,
Ишенбесең калайык
Издеп чыгып, эми бар.
Макел дөө жүрдү жол менен,
Нечен түмөн кол менен.
Талаага келсе көз жетпейт,
Куруп калсын кай бирөө,
Кулагына айтса сөз жетпейт.
Тар жерге келсе жол бербей,
Булакты көрсө суу койбой,
Анча-мынча булакка
Суусуну канып аа тойбой,
Муздакты көрсө кар койбой,
Жолуккан жолго жан койбой,
Аскери колго салыптыр.
«Келе бергин баарың – деп,
Кетте, кичик карың – деп,
Какандын калкын колоткон
Кайсы түрдүү жоо экен,
Барып мурун акыры
Байкайынчы аны» – деп,
Макел дөөсү жөнөдү.
Аркасынан аскери
Жүз миңден нечен өмөлдү.
Арасы алыс, аска таш,
Андан учуп көп өлдү.
Баягы барган калдайы
Байкап көрүп далдайды.
Атын, өзүн аябай,
Алды-артына карабай,
Кентке кирип турганы,
Коңгуроосун урганы.
Кош барабан* кагылды,
Кошуун чыгып жабылды.
Каң-жуң, сун-дуң – баарысы
Жабылып келип калышты.
Бадышасы Эсенкан,
Баатырлык менен Коң төрө
Көргөн экен арышты.
Калдайлары кеп айтат,
«Макелге барган чабарчы
Каттам болдук – деп, айтат.
Келип калса Бээжинге
Кенендик болбойт элиңе,
Түрлөрү суук дүңгүрөйт,
Түшүнбөйт адам кебине.
Ар канча душман болсо да,
Буруттун журту мунуңдан
Алда канча жакшы – деп,
Агер келсе сазаңшаң,
Эл-журтуңдан какшы – деп,
Мусулман келсе малды алат,
Мусулман келет экен – деп,
Бу журт неге сандалат,
Бул бадирек сазаңшаң
Буудайды оруп, данды алат.
Мусулман келсе элди алат,
Бу доңуз келсе нени алат?
Сени менен мени алат,
Көзгө илинген жандардын
Көңкү баарын жеп алат,
Астыңа минген такты алат,
Башыңда дөөлөт бакты алат.
Карарган дарак, тамыңды,
Кайың, терек, талыңды,
Карап турсак түрүнө,
Кайсагыдай баарыңды,
Анан кимге айтасың

Арзы, датың, зарыңды,
Сан түмөндөп кол келет
Сапыргыдай шаарыңды!»
Бу сөздү айтып салганы,
Улуктардын баарысы
Убайымга калганы.
Андай болсо камдан – деп,
Аскерге буйруп салганы,
Алты сан ит, миң эшек
Союш үчүн камдады,
Тогуз түмөн доңузду,
Тогуз миң төөгө жүктөттү
Бака, жылан, коңузду.
Алты түмөн кызматкер,
Ал кезекте эрлердин
Аңгемесин аңдап көр,
Арада Жантак дайра бар,
Адам ар бир жайда бар,
Ар жак менен бери жагы
Алты жүз таш жерде бар[1],
Алиги көлдүн ичинде
Адыр да бар, бел да бар,
Ал дайранын ичинде
Албан түрдүү эл да бар.
Канча түрдүү калык бар,
Албан түрлүү эл да бар[2],
Жан сактоосу балыктай
Ар бир түрдүү бенде бар,
Бийиктиги дайранын
Бир миң кулач жерде бар.
Тереңдиги миң кулач,
Текшерип эрлер, көзүң ач.
Адам уулу жүрмөккө
Жыйдырып жыгач алдырган,
Түркүк кылып чоюндан,
Бадышалык салдырган,
Дүнүйө малы түтпөгөн,
Түбүн чоюн түптөгөн,
Баашалыктан турган бар
Бекер бенде күтпөгөн.
Байкап көргүн ушуну,
Баары темир устуну.
Тегеретме тээги бар,
Тартып салма жери бар.
Мурунку өткөн эрлердин,
Тамашалуу кеби бар.
Тартууну алып жол тосуп,
Кызматкердин баарысы
Жолунан чыкты жол кошуп.
Артып барган коңузун,
Айдап барган доңузун,
Жетелеген төөсүн да,
Төө башкарган ээсин да,
Алып барган итини
Тамам кылды ишини.
Айбаны түгүл адамын,
Аман койбой бир жанын,
Кылайып бирөөн куткарбай
Кызматка барган тир жанын,
Жүк арткан төө, билин да,
Жалгызын койбой жалмады,
Куткарбады бирин да.
Аңдап көрдү баарысын
Артынан барган жайсаңы,
Жеткен жандын баарысын
Желмогуздай кайсады.
Жайсаңдар көрүп алыптыр,
Ашыгын качып, токтолбой
Аскерине барыптыр,
Ашыгып кабар салыптыр,
Адамдар айран калыптыр.
«Кол чакырбай комур бол,
Карап турсак мүнөзү
Каткан экен биздин жол.

---

[1] Ушул саптан кийинки ыр сабы өчүрүлгөн, эмне жазылганы белгисиз, окуяда, ыр саптарындагы байланышта үзүлүү байкалбайт.

[2] Ыр сабы эки сап жогоруда айтылган. Кайталоо жаңылыштыктан кеткени, же атайылап эле айтылганы белгисиз. Кыясы, кийинки саптагы уйкаштык үчүн атайылап эле айтылган өңдөнөт.

Кызматка барган адамдан
Кылайган бири калбады,
Кызыталак саңшаңдык[1]
Жалгызын койбой жалмады.
Көзү көргөн тутулду,
Көрүнбөгөн көй төрө
Кайра качып кутулду,
Маңгуба журту каптаса,
Баашалыгың бузулду,
Байкап көргүн улуктар
Бадөлөк* дебей ушуну.
Төө менен билини,
Төкпөйт экен жинини,
Жин экен татты тамагы,
Жигиттин баарын жалмады,
Жалаң эле биз эмес,
Жалпы дүйнө жүзүнө
Тие турган зардабы.
Оор тиер салмагы,
Ойлоп көргүн баарыңар,
Ою терең карыңар,
Улук, кичик, каныңар.
Ушуну колго чыкырып,
Убарага салдыңар.
Эгер өтсө бери жакка,
Ушу дүйнө жалган жай
Уйпаланып калдыңар!»
Ал сөздү угуп улуктар,
Акыры жалган дүйнөдө
Албан түрдүү журт бар,
Баңдулуну урганы,
Бачым аттан, желдет! – деп,
Жарлык айтып турганы.
Алты миң аскер барганы,
Асылышып жабылып,
Көпүрөсүн алганы.
Көптөп жатып көпүрө,
Көзүн жаштап кан бирөө,
«Эсенкан, эгер оңбо – деп,
Лаат-манат* колдо! – деп,
Кырдагы угуз балдары
Кытайга черүү баштады,
Кыргызга кылам – деп, туруп,
Кырып коё таштады».
Бу сөздү айтып буркурап,
Улуктардын астына
Көпүрөнү тарткандар
Көргөнүн айтты чуркурап.
Сазаңшанды бийлеген,
Душмандан жарак тийбеген,
Темирден бөлөк кийбеген,
Көпүрөнү билбеди,
Көзүнө көлдү илбеди,
Бийиктиги миң кулач
Бир керик экен мингени,
Көзүн салып, көл дебей,
Көлбөктөп суута киргени.
Кээ жерде тизеден,
Душман десе күчөгөн,
Кээ жери чыгып кериктин
Аркасына, жонуна,
Ал өңдөнгөн наадандын
Адам турбас жолуна,
Кээ жери шыйрактан,
Кармашарга жоо десе,
Кара боюн чыйраткан
Саң керик деген мингени,
Алда канча дайраны
Арыкта суудай билбеди.
Кечип өтүп алганы,
Алда Таала колдосун
Кебимде болсо жалганы,
Капкасына Каканга,
Кадимки тоо жылгандай,
Калдайып келип калганы.
Тар көчөлөр урады,
Табына бенде турабы.
Алыстан көргөн адамдар
Не шумдук? – деп, чуулады.
Бак-дарагы кыйрады,
Базарына сыйбады.
Бадышага күүлөнүп,

---

[1] *Саңшаңдык.* Сасаңшандык деген сөз ырдын ыргагы үчүн кыскартылып айтылган.

www.bizdin.kg



Барып турду сүйлөнүп,
Барып айтты кыйла кеп,
Баатырларың кайда? – деп.
Кылайтып жазбас мергендер,
Кызматын журту көргөндөр,
Өл дегени өлгөндөр,
Өкүмүнө көнгөндөр,
Макелди кудаи урганы,
Барып айтып турганы.
Макелдин үнүн угуптур,
Баашалык таажын кийинип,
Эсенкан өзү чыгыптыр.
«Кызмат кылып, сыйла – деп,
Кыйындар төмөн кыйла – деп,
Кытайды бүтүн бийле – деп,
Кыйындарга барганда
Кылар ишиң сүйлө» – деп,
Бадыша буйруп ийгени,
Бадиректи байкасаң,
Бастырып жолго киргени.
Тар көчөнү уратып,
Күрсү чаап бөлүптүр,
Кейпин көрүп капырдын
Кыйла кытай өлүптүр.
Күндүк андан бери жакта
Туңша калаа эл жакта,
Казат үчүн камданып,
Кан Коңурдун каарына
Калкы чочуп таңданып,
Айланасы аскери
Алты жүз миң жарданып,
Олтурган экен чоң Коңур,
Ойротту бузган оңбогур.
Оң жагында олтурган
Отуз алты дуу-дусу,
Ордону бузуп көп чуусу,
Сол жагында дагы бар
Токсон эки баңбаңы.
Адырайган эр Коңур[1]
Арстандай көркү бар,
Адтындуу жыга* бөркү бар.
Орчун улук баарысы
Отурган экен жанаша,
Иштеринин баарысы
Оюн, күлкү, тамаша.
Сундуң менен калдайы,
Журт билгендин далайы,
Жан-жуң менен дуу-дуусу,
Көпчүлүктүн басылбай
Кулак тунган көп чуусу.
Тыйтай менен чыйтайы*,
Доотай менен баңбаңы,
Өкүмөттөр жыйылып,
Өңкөй улук балдары,
Токсон эки баңбаңы,
Салтанат менен Коң төрө
Такта[2] олтурган жерине
Макел дөө барганы.
Коңурбайың кайсы? – деп,
Колуна айгай сайганы.
Коңурбайдын колу бар,
Кол бийлеген зору бар,
Жаңы келген үстүнө
Саңшаңдын Макел чору бар.
Макелдин үнүн укканы,
Улуксунган эр Коңур
Учуп-күйүп чыкканы,
Таазым кылып бүгүлүп,
Макел дөөнүн астына
Коң төрө турду жүгүнүп.
Анда Макел кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:

[1] Ушул ыр сабынан тартып он алты сап өзүнчө баракчага жазылып, бетке жабыштырылган, толуктоо кайрыл жерге киргизилери шарттуу белги менен көрсөтүлгөн. Кол тамга катчынын өзүнүкү. Мазмун боюнча киргизилген саптар окуяга каршы келбейт.

[2] *Түп нускада «так».* Контекст боюнча сөздүн туура үлгүсү – «такта». Кыясы, катчы ката кетирген өңдөнөт.

www.bizdin.kg



«Адам болбой Коң төрө,
Азыр өлгүн! – деп, айтат.
Коңурбай болбой, комур бол,
Кордуктан чыкты биздин жол,
Калдай болбой катып кал,
Кара жерге жатып кал.
Манас деген ким эле?
Баянымды укпаган
Бадирек кандай жинди эле?
Манасың кандай бөкө? – деп,
Бадиректи көргөзчү,
Байлайын барып жеке! – деп,
Көрө элегин көргөзүп,
Көз алдыңда алайын,
Бутүлүү тоо болсо да
Көмө чаап салайын!»
Макелди көрдү көзмө-көз,
Эр өмүрүн ар качан
Эр кемитпейт деген сөз.
Эр Коңурбай кеп айтат:
«Кеп уккун, Макел! – деп, айтат,
Айтып ада кыла албас
Адам уулу сөөмөтүн,
Айтып сизге туюнтам
Ал Манастын сеөлөтүн,
Буйруп ага бериптир
Бу дүйнөнүн дөөлөтүн.
Манастын уксаң маанисин
Башка бенде тең келбейт
Бадышалык шаанисин.
Сайган найза тешпеген
Эримети* дагы бар,
Чапкан кылыч кеспеген
Керемети дагы бар,
Мылтык атса, ок өтпөс
Эримети дагы бар,
Отко жакса, чок өтпөс
Керемети дагы бар,
Нече жүз миң кол менен
Келип калган чагы бар.
Кылымдан чыккан кыяры,
Ааламдан чыккан аяры,
Өлүмүн билбей иш кылган
Өнөрмөндүн баары бар,
Дөөлөт кушу* башында,
Кырк нөкөрү кашында,
Билип кебим угуңуз,
Бир-эки күн туруңуз,
Келип калар ушунда.
Кырк чоро деген баары кан,
Кылымдын баары караган,
Кызыр аны даарыган,
Кыйын тууган бу бир жан.
Темирден кийим кийинген,
Теңири бар сыйынган».
Буластаган Коң төрө
Бу сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп, Макелдин
Ачуусу келип калганы.
«Манасты айтып, зор – дедиң,
Башканын баарын кор – дедиң,
Манасты айтып мактайсың,
Эгер тирүү мен болсом,
Эч амандык таппайсың!
Душманды айтып, зор – дейсиң,
Тутуп сөзүң мен келсем,
Баркымды билбей кордойсуң,
Бадирек Коңур, оңбойсуң!
Мактап айттың, Манас! – деп,
Байкаганга жаман кеп.
Манасың тирүү тутайын,
Көрсөтүп туруп көзүңө,
Дайындап туруп өзүңө,
Экөөңдү бирдей жутайын!
Оболу барып озунуп,
Жолубуздан кан аксын
Суу ордуна жошулуп,
Мактап турган Манасың
Барып кармап келейин,
Таанытып туруп өзүңө,
Жазаңды анан берейин,

Талпагың ташка керейин!»
Бу сөздү айтып булкулдап,
Жутуп ийе тургандай
Коң төрөгө кулкулдап,
Чатындагы кыстарган
Үйдөй күрсү чоюнбаш,
Үксөйдү башка чыккан чач,
Эрдемсиген Коң төрө
Эр болсоң эми көзүңдү ач!
Коңду кудай урганы,
Коркконунан Коңурбай
Көзүн жумуп турганы.
Таазим кылып бүгүлүп,
Улуктуктун урматы
Эңкейип турду жүгүнүп.
Оздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Жаалданып Макел дөө
Жазгы күндөй күркүрөп,
Эче келди чоң Малгун
Коң төрөнүн кашына,
Күрсүсүн күүлөп башына.
Таазим кылып Коңурбай
Так алдында турганы,
Таазим үчүн урбады.
Таазимде турган адамды
Уруугa заңы жок болду,
Ушун үчүн токтолду.
Таазимин жазбай турганы,
Күркүрөгөн Макел дөө
Ан үчүн күрсү урбады.
Ачуусуна чыдабай,
Акыл ойлоп жайма-жай,
Жанчыкка колун салганы,
Капчыгынан бу доңуз
Канжасын суурул алганы,
Канжасына салганы
Алтымыш чейрек* тамеки,
Аз бөксө болуп калганы.
Акыр анын үстүнө,
Адамдардын баарысы
Айран болду түсүнө,
Жолум үйдөй куу койду.
Жолу каткыр бир сорду.
Капырда мындай бүтүн жок,
Канжасынын оозунан
Кайра чыккан түтүн жок,
Канжанын ичи кызыл чок,
Кашында киши калган жок,
Ысып кетип чекеси
Ыраак качып кетпеспи!
Канжанын өтүп зардабы,
Кара жоро* тургандан
Жанында киши калбады.
Кан Коңур турду кылтыйып,
Катып калган жыгачтай,
Каршы алдында зыңкыйып,
Коң төрө калды бүгүлүп,
Колдун баары качыптыр
Бет-бетине жүгүрүп,
Койбойт тири, жутат – деп,
Коңурбайдан түңүлүп.
Алиги келген бу капыр,
Адырайган куу капыр
Калган экен ал жерде,
Канжа тартып токтолуп,
Качып кеткен туш-тушка
Калктын баары жок болуп.
Коң төрө турган бекинип,
Колдун баары качыптыр,
Коркуп жандан шекинип.
Коё берди түтүнүн,
Коркуратып кекирип.
Оозунан чыгып түтүнү,
Орчун шаар Туңшанын
Бирин бири көрө албай,
Адашты калаа бүтүнү.
Чыккан түтүн буркурап,
Канаттуудан канча бар,
Карга, таан, сагызган
Мурут менен сакалдан

Учуп чыкты чуркурап.
Ачуусу маска тарады,
Ачып көзүн, бул Малгун
Коӊ төрөгө карады.
«Баарыӊ жүрсүӊ бу жерде,
Манас деген не жерде?
Кайда жүрөт Манас – деп,
Караанын мага бир көрсөт,
Каны жерге тамбас – деп,
Бир жашы болсо миӊ жандуу
Бири да тирүү калбас – деп,
Көрсөт мага көзүн – деп,
Бара турган жолумдун
Баянын айткын өзүӊ – деп,
Чантуу Манас дегенден[1]
Жалтанган экен көзүӊ – деп,
Каарданып капыр турады,
Казабын салып сурады.
Коркконунан Коӊурбай
Колуӊ жандап бери жакка,
Алмамбет жаткан бел жакка,
Көрсөткөн жагы Коӊурдун –
Күн батыш тарап – жануптур*,
Күркүрөп жолго салыптыр.
«Малгун, кете турчу!» – деп,
Коӊ төрө токтоп калыптыр.
Кабар берген ушуга
Кандар, эгер оӊбо – деп,
Чакырып ийген ушуну
Чынмачындык, оӊбо – деп,
Кабар берди калкына.
Чынбы[2], анык көз жетпейт
Чыны менен калпына,
Мындайы жок – деп, ким айтат
Мурункунун наркына.
Коӊурбай кентке киргени,
Кол-кошуундун баарына
Кабар берип ийгени,
Жыйылып келип калганы.
Өзүнчө намаз окунду,
Кент демеги буткана,
Жүз миӊ адам чогулду,
Бутканага чокунду.
Макелди чантуу көрсө – деп,
Барган замат соо кылбай,
Бачагар шайтан өлсө – деп,
Тигилип тилек кылышып,
Тизе деген доӊуздан
Бир миӊчесин кырышып,
Мусулман муну көрсө – деп,
Буруттан барып өлсө – деп,
Чабышса чаркын көрсө – деп,
Кызыталак бу шайтан,
Чантуудан барып өлсө – деп,
Тике туруп чогулуп,
Тиленип жатыр чокунуп.
Аларды таштап салыӊар,
Арстан Манас, Алмамбет,
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыӊар.
Сырттан Сыргак, эр Чубак
Чалгынга келген ушул чак.
Аркардан тандап атышып,
Аркардын этин татышып,
Кечинде келип ал жерге
Түндөгү түнү жатышып,
Эртеӊ эрте турушуп,
Акка моюн сунушуп,
Окуп намаз болушуп,
Алакай казып, кол ачып,
Бата кылып коюшуп,
Баатыр Алмаӊ кеп айтат,
«Байка, төрөм – деп, айтат,
Күн чыгыш жагы – улуу тоо,

---

[1] Ушул саптан кийинки сап өчүрүлгөн, окулбайт. Окуяда үзүлүү байкалбайт.
[2] *чылгый.* Балким.ю ушул түрдө айтылышы да мүмкүн. Бирок контекстке караганда «чынбы» делсе маани тагыраак ачылар эле.

Күн жүрүш жагы – тереӊ коо,
Күн батар жагы уч болгон,
Салынып келип токтолгон,
Саяӊдан чыккан сары жел,
Көтөлөктүн Сары-Бел
Он бир жолдун ортосу,
Алты жолдун арасы,
Ар жагына караса,
Кентундун кенен талаасы,
Бакалчысы мол эле,
Базарчынын жолу эле,
Кербенчиси мол эле,
Кедей, байы тыйылбас
Жүргүнчүнүн жолу эле,
Кароолчу келсе капырдан
Токтолчу жери шол эле.
Керик[1] көрсөм, бил кармап
Кербенинен тил кармап,
Жортуулчу жолун алайын,
Жогу-барын чалайын,
Айттырып сөзгө канайын,
Азыр келе калайын.
Бели катуу, бек айбат,
Берекелүү Чубакты
Жолдош кылып алайын,
Жол өлчөөсүн карайын».
Бул сөздү айтып Алмамбет,
Сарала аты кындыйып,
Сыр найзасы зыӊкыйып,
Сарала ат болуп мингени,
Жарагы-темир кийгени,
Самаган жолун бет алып,
Алмамбет жолго киргени.
Акбалтанын Чубагы
Көктеке минип кындыйып,
Көк найза колдо зыӊкыйып,
Кошулуп жолго киргени.
Жолго кирген бул экөө,
Кийгенинин баарысы
Бадана, соот, күрөөкө,
Атырылтып, аргытып,
Артынан чаӊын баргытып,
Алмамбет, Чубак ал экөө
Айткан белге барыптыр.
Атын таштап бер жакка,
Алмамбет басты бел жакка.
Алмадай башын ашырып,
Оно боюн жашырып,
Мергендердей бет менен,
Чекесинин чет менен
Ченеп келип карады.
Алмамбет чыккан белге жөө,
Алиги келген Макел дөө
Канжасын сууруп алыптыр,
Бастырарда бадирек
Күлүн кагып салыптыр,
Бир көчөнү күл бууп,
Адам өтпөй калыптыр.
Ошо бойдон токтолбой,
Оолугуп жолго салыптыр.
Ошо кезде Алмамбет
Кайкаӊга чыгып калыптыр.
Мурун куру талаа эле,
Балакеттей бир тоосу
Пайда болуп алыптыр.
Тоо десе дөбөдөй,
Дөбө экен – деп, караса
Кытайдын кыйын төрөдөй,
Аны көргөн адамдар
Ажалдан коол кылгандай,
Бүтүн бир тоо жылгандай.
Көрбөгөн Какан шаар беле,
Көчмөн тоосу бар беле.
Жыргалдуу Бээжин шаар эле,
Жылас болгон Туӊшанын
Жылуучу тоосу бар беле?

[1] *керек.* Катчы ушул айбан атын «керек», «керик» түрлөрүндө аралаш жаза берет. Туура угулушу – «керик».

Муну ойлонуп Алмамбет,
Алдам өзүң колдо – дейт.
Сабын көрсө сары алтын,
Сарканасы* баары алтын,
Айнекчеси кызарган,
Алтымыш бурап чойгондо,
Кылабына койгондо
Төш жарыдай узарган,
Жакын жерден тиктесе,
Караганын өлтүргөн,
Алты күндүк жол болсо,
Аркан бою келтирген
Турнабай-дүрбү алыптыр,
Туйгун Алма баатырың
Оң көзүнө салыптыр,
Бет ырайы Макелдин
Жанында турган немедей
Көрүнүп көзгө калыптыр.
Карап көрсө мүнөзү
Капырдан чыккан кар өңдүү,
Желкесин кырккан нар өңдүү,
Оозу ачылган көр өңдүү,
Жалгыз көзү жаркылдайт
Ноот-обоз көл өңдүү,
Маңдайынын бырышы
Басыра* жайлоо-төр өңдүү,
Өчтөшкөнүн соо койбос,
Өкүмөттүү эр өңдүү,
Өң-далаатын караса,
Өрттөнгөн кара жер өңдүү,
Азуу тишин карасаң,
Алгыр жолборс шер өңдүү,
Каш-кирпигин карасаң,
Караңгы токой чер өңдүү,
Кан Алмаң көзүн салганы,
Калыбын көрүп капырдын
Айран-азыр* калганы.
Аты бар да, өзү жок,
Адам уккан сөзү жок,
Көрүнүп турган көзү жок.
«Кадыр Алдам сенсиң – деп,
Карып кулуң менмин – деп,
Казат кылып капырга
Ак дин үчүн келдим – деп,
Дүнүйөнүн жүзүнө
Түрдүү жандар бердиң – деп,
Аска бийик ар жерде
Тоо жараттың кудурет,
Капыр менен мусулман
Жоо жараттың кудурет,
Бирди жинди, келесоо,
Кайсы бирин кайраттуу,
Соо жараттың кудурет,
Бир жагы сол, бир жак оң,
Оң жараттың кудурет,
Нечен албан дүйнөгө
Чоң жараттың кудурет,
Ээн чөлдө күйүп жүр,
Эрибеген муз кылып,
Тоң жараттың кудурет,
Ай жараттың, күн кылып,
Кызыл эттен чыгарып,
Кыл аралаш жүн кылдың,
Караганга көз жүрбөй,
Караңгы жасап, түн кылдың.
Курулган кубат-күч болдуң
Адамды баштап ак жолго,
Ийриси жок түз болдуң,
Төрт аягын арбайтып,
Тең жараттың кудурет,
Ушаа окшогон капырды
Мен байкуштун тушунда,
Кайдан келген ушунда
Сен жараттың кудурет,
Өкүмүңдү акыры
Өзүңдөн бөлөк ким билет!»
Мунаажат кылып Кудайга
Бу сөздү айтып салганы,
Аңдап турса бу капыр,
Адиги келген куу капыр
Таш сеңирте такалып,
Туюктанып калганы.

Үйдөй болгон курсусун,
Курсусун колуна алганы,
Күчү менен күүлөнүп,
Сеңирге курсу салганы.
Өтө албай өзү такалды,
Өткөндөр айткан макалды,
Күүлөнүп келип сеңирди
Курсусу менен бир салды.
Таштын көбү кулады,
Тозоңу тоодой булады.
Кантер экен капыр – деп,
Кан Алмаң карап турады.
Он эки канат* ордо үйдөй
Оң колунда чоюн баш*,
Обдулуп келип урганда
Быркырады тоодой таш.
Топосу тоонун бурады,
Тоодой болгон сеңир таш
Томкорулуп урады.
Токтоло албай Алмамбет
Чубакты көздөй чурады.
Акбалтанын Чубагы
Аңтаңдап жетип келгенде
Ашыгыпсыз, баатыр – деп,
Эми Чубак сурады.
Шондо Алмамбет кеп айтат,
«Жолборсум Чубак – деп, айтат.
Көрбөгөмүн, уккамын,
Угуп туруп капырды
Көбүрөөк эсим чыккамын.
Маңгубаны жердеген,
Сазаңшаң деген эл деген,
Сазаңшаңдын баатыры
Макел Малгун эр деген,
Дөө дагы эмес, бери эмес,
Адамзат болгону
Жөнүн билер неме эмес.
Атасы кытай долусу,
Адам түрүн түк билбейт,
Айбанга чалыш доңузду.
Эңкейтип адам аларбы,
Энеси ынды жалабы,
Аны менен алышкан
Аман тирүү калабы.
Алууга бизди бу капыр
Болгон окшойт талабы.
Өтүп жүрөр жолу жок,
Өзү жалгыз, колу жок,
Акылдашар эли жок,
Кайрат кылар эри жок,
Аскар тоодон кем эмес,
Чоңдугунун эби жок.
Какандан кабар алган го,
Кандар элчи салган го,
Каарданып капырың
Бизге жөнөп калган го.
Өлүмүн билбейт бул айбан,
Канча түрдүү жан өскөн,
Каран дүйнө жалган го».
Эми Алмамбет муну айтат,
Эр Чубакты муңайтат.
Акбалтанын Чубагы,
Баатырдын бири бу дагы,
Анда Алмамбет кеп айтып,
Ачууланып бек айтып:[1]
«Жолуна туруп нетели,
Жогололу, кетели,
Жоо бөрүсү Манаска
Жообун айтып жетели.
Карап туруп нетели,
Кайра качып кетели,
Кабылан Манас баатырга
Кабарын айтып жетели.
Баатырыңа биз анын

[1] Ушул ыр сабынан кийин келүүчү сап ага улай эмес, башка кийинки барактын башынан тартып жазылган. Ыр сабынын аягына уландысы башка жерде делген шарттуу белги (жылдызча) коюлган.

Баянын айтып баралы,
Мейли, Манас алабы,
Мейли, Манас баатырды
Балакеттүү Макел дөө
Байлап кетип калабы».
Алмамбет аны сөздөдү,
Акбалтанын Чубагы
Айткан сөзүн көздөдү:
«Катүгүн, Алмам, не дейсиң,
Качуунун камын не жейсиң!
Атасынын көрү капырды,
Ал сөздү айтпа акыры.
Токтолуп уруш салалык,
Тобокел кылып алалык.
Уруш кылып көрөлүк,
Ажал берсе кудурет,
Өкүмүнө акыры
Өзүнөн бөлөк ким билет,
Анан кантип коёрбуз,
Ант ургурду соёрбуз.
Ажал жетсе көрөрбүз,
Ант ургурдан өлөрбүз.
Экөөбүз өлүп калган соң,
Эмине болсо, ал болсун,
Качбай өлгөн эрлер – деп,
Жакшы аттысы саа болсун,
Жолдошу Чубак экен – деп,
Сооп четинен маа болсун!»
Бу сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп Алмамбет
Ыраазы болуп калганы.
«Айланайын өзүңдөн,
Айткан кайрат сөзүңдөн.
Кагылайын өзүңдөн,
Кайрат айткан сөзүңдөн.
Эсим чыгып бүлүндү,
Эрдигиң эми билинди.
Көк жалым Чубак экен – деп,
Көзүм эми жеттим – деп,
Көптөн берки каарымы,
Көсөлүм, сенден кечтим» – деп,
Алмамбет мындай кеп айтып:
«Арбак урган чочкону
Ашыгып көрбө – деп, айтып,
Жүгүрүп барып көрбөгүн,
Чычкыланып көрөм – деп,
Жүрөгүң чыгып өлбөгүн,
Бирок сага айтарым,
Ок менен удаа жөнөгүн.
Алдынан тосуп жатамын,
Алмабаш менен атайын,
Алда Таалам жар болсо,
Ачык жолуң шар болсо,
Ал-кайратың бар болсо,
Өлчөөгө найза сала көр,
Өчүңдү жоодон ала көр,
Өлбөгөн жерде кала көр!»
Бу сөздү айтып Алмамбет
Ойротту бузган Алмабаш,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан*,
Атканга тажаал, огу ажал,
Ашыгыш менен токтоду,
Алмабаш мылтык октоду,
Көк милтени чоктоду.
Айтканын кылып эр Чубак
Көрбөстөн сөзгө токтолду.
Чубактын аты – Көктеке,
Тулпардын бири жепжеке,
Ичке мойну бир кучак,
Тартылып ичи кындыйып,
Жарап калган тобурчак,
Балтыры бала белиндей,
Басканы кырдын желиндей,
Жал, куйругу бир кучак,
Жаадай болгон тобурчак,
Жарактап атын мингени,
Жанына кылыч илгени,
Мылтыгын мыктап октоду,
Милтесин бу да чоктоду,
Көктеке минип болкоюп,
Көсөл Чубак токтоду.

Келе жаткан Макел дөө,
Астын тосуп Алмамбет,
Өңүп калды, өзү жөө.
Жерге кирген зор Макел
Жерге багып күңгүрөп,
Күңгүрөгөн добушу
Жашылдуу* күндөй дүңгүрөп,
Келе жатыр кеңгиреп,
Мас болгон билдей зеңгиреп.
Өңүп турган Алмамбет
Дүңгөр ээр кашы – деп,
Жүрөгүнүн башы – деп,
Анда Алмамбет ойлонду,
Акылы башка толгонду.
Атканым болор бекер – деп,
Алмабаш огу өтө албай,
Түшүп калар бекен – деп.
Оолуктуруп акыры,
Одурайган капырды,
Ооздон ары атсам – деп,
Оюна келди мындай кеп.
Анда Алмамбет дагы ойлойт,
Эр Макел келет тепеңдеп.
Аскар-тоодой капырдын
Эрди калың экен – деп,
Мыкты болсо мылтыктан
Бир тиши ыргып кетер – деп.
Алмабаш огу жетер – деп,
Жеткен менен оозуна
Бир тишке шайы кетер – деп.
Огум жерге калар – деп,
Ошондон кийин бу чочко
Ойрон кылып салар – деп.
Каңылжаар, мурунга
Кароолду Алмаң келтирди,
Каңылжаары каңкайып,
Эни кулач төш жары
Келе жатат заңкайып.
Анда Алмамбет муну ойлойт,
Атканым болор бекер – деп,
Мыкты болсо мылтыгым
Төш жарып кирип кетер – деп,
Андан кийин ажалым
Катасы жок жетер – деп.
Арстан Алма султаның,
Апкаарып коркпой неткени,
Акыды баштан кеткени,
Маңдайда жалгыз көзүнө
Мылтыктан кароол жеткени.
Апкаарып калган экенмин,
Ашыгып калган экенмин,
Ант ургур наадан өзү – деп,
Жалгыз эле көзү – деп,
Жалгыз көздөн айрылса,
Өлүмгө катар өзү – деп,
Оюна Алмаң алганы,
Кароолго көзүн салганы.
Атууга келбей бөлөк – деп,
Артылта түшүп кирпиктен
Чечекейдин чети – деп,
Ак чел менен каранын
Аралашкан бети – деп,
Алмамбет өлчөп алыптыр.
Качан атат калмак – деп,
Акбалтанын Чубагы
Акырайып калыптыр.
Айырбай көзүн кайкыдан
Чакырайып калыптыр.
Чечекейдин түбү – деп,
Ченеп турган Алакең
Машасын ирмеп салыптыр.
Ооз оту жарк этти,
Үнүнөн мурун ок кетти.
Көк милтеден чок жетип,
Алмабаштан ок жетип,
Керигинин үстүнөн
Кез боюдай солк этип,
Ок көзүнө мылгыды,
Чечекейи челектей
Жерди көздөй ыргыды.
Алмабаш огу жеткени,
Башын бузуп кетпеди,

Бузууга күчү жетпеди.
Көк коргошун далп этип,
Ок менен кошо чечекей
Жерге түштү жалп этип.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Эстен капыр танганы,
Зеңгиреп токтой калганы.
Акбалтанын Чубагы
Көктекени чуратып,
Качырып калды бу дагы.
Адам эле – деп, барган,
Аскар-тоодой көргөндө
Айран болду бу дагы.
Тоо экен – деп, томаяк
Токтолбостон жан аяп,
Оозго найза урганы.
Чубактан найза жеткени,
Тоодой кулап кериктен,
Томкорулуп кеткени.
Сарала ат менен Алмамбет
Салган бойдон кеткени,
Жерден башын алганча,
Эшик өңдүү ай балта,
Жетип барып Алмамбет
Чыкыйга чаап кеткени.
Кайраты бойдо жок болду,
Жер кучактап токтолду.
Төрт аяктай калганы,
Артынан жетип эр Чубак
Ай балта менен салганы.
Жанынан Макел түңүлүп,
Эки аягы бүгүлүп,
Эс-акылдан танганы.
Эгем берип салганы,
Эптеп жатып эки дөө
Элүү-кырктай ок атып,
Эптеп муну жалмады.
Алмамбет сынап салганы,
«Кокус тура качпасын,
Баса калгын, баатыр» – деп,
Чубакка айтып калганы.
Акбалтанын Чубагы
Ала көөдөк бу дагы,
Аттан түшө чурады,
Ант ургур эми турабы,
Баш жагынан эр Чубак
Барып баса калганы.
Жанталашып бу капыр,
Оң колун серпип салганы.
Оң колу тийип куланып,
Оолакка Чубак барганы.
Ол кездеги адамдар
Калды бекен арманы.
Коркурап капыр жан берип,
Бойдон кетти дарманы.
Аты Болот эр Чубак
Айран болуп калганы.
Токтолуп туруп нетели,
Башын кесип капырдын,
Байланып алып кетели,
Манас дөөгө жетели.
Кыйын жоого сактасын,
Кыраанын көңүл бизди да
Кыйла журтка мактасын.
Айтканын макул алганы,
Айры шили, кара куш –
Баш менен моюн арасы,
Кесер жериң ушул туш.
Алмамбет айтып салыптыр,
Керилип туруп эр Чубак
Шилиге тартып калыптыр.
Баш кесүүнү ойлоду,
Эшик эндүү ай балта
Кара кушка, шилиге
Уңгусунча бойлоду.
Кайра тартып алам – деп,
Кайрат кылып эр Чубак
Суура албастан койгону.
Ары тартып тырактап,
Алы келбей сырактап,
Бери тартып тырактап,

Күчү жетпей сырактап,
«Айланайын Алаке,
Өлгөнү мунун канаке?
Ооз, омуртка, мойну – деп,
Айбалтамды, ант ургур,
Кайтып бербей койду» – деп.
Өткүр Чубак кеп айтып,
Өлбөптүр чочкоң – деп, айтып,
Ыр Чубак сүйлөп салганы.
Айтканын угуп Алмамбет
Арбын күлүп калганы.
Андай эмес акыр – деп,
Аңдагын муну баатыр – деп,
Эс ойлонуп тапкын – деп,
Этин шылый чапкын – деп,
Айбалта, кылыч алышып,
Аркы-терки салышып,
Маңдай-тескей турушту,
Болжолу жок капырдын,
Дигерге чейин тигилип,
Мойну менен урушту.
Көрүп билген көйкашка
Эр жумушу бир башка,
Дигерде башын кесишип,
Ууртунан тешишип,
Кан Алмамбет кеп айтат,
Кантер экен – деп, айтат:
Башын кестик акыр – деп,
Байлангын башын, баатыр – деп,
Алмамбет буйруп салыптыр,
Акбалтанын Чубагы
Айтканын макул алыптыр,
Көк жал Алмаң баатырдын
Буйругун кыла салыптыр.
Көктекени бет алып,
Көтөрүп алып дагдаңдап,
Көсөл Чубак барыптыр.
Байлады Чубак тайышып,
Байлап баса бергенде,
Көркөм күлүк Көктеке
Байлаган жакка майышып,
Баш жагына кайышып,
Көктеке минтип калыптыр.
Көсөл Чубак баатыры
Көзүн салып акыры,
Алмамбетке кеп айтат:
«Атымдын бели сынбасын,
Ант ургур мага кылбасын,
Алаке, көрчү – деп, айтат.
Көөдөктүгүн билиптир,
Көзүнүн кашы чыкканча
Көк жал Алмаң күлүптүр.
Кериктин тилин билчү экен,
Кез-кезинде сонунсуп,
Кериктен Алмаң минчү экен.
Келтирип Алмаң алганы,
«Алып келгин башты – деп,
Аргамжы кылып чачты» – деп,
Бир жагына баш артып,
Бир жагына кериктин
Башка теңдеп таш артып,
Айдап алып Алмамбет,
Астында Чубак жетелейт,
Арстан Манас, Сыргакка
Ал экөө келди бу жакка.
Кабар келер бекен – деп,
Качан келер экен – деп,
Кайта-кайта кан Сыргак
Карап турган тепеңдеп.
Жол караган сактанып,
Жоо бөрүсү Манаска
Эр Сыргак келди мактанып.
«Кагылайын, канкорум,
Айланайын, айкөлүм,
Жалгап кудай салыптыр,
Алмамбет, Чубак барыптыр
Соодагер чыгып астынан
Сонун олжо алыптыр.
Байкап көрүп ар жолун,
Баатыр, сизге айтмакка
Кайра тартып калыптыр.
Карап турсам эсепсиз,

Калың олжо алыптыр.
Керик менен бил кармап,
Кентундуктан тил кармап,
Келе жаткан кези бар.
Кошко жатып эрикпей,
Колдо жатып зерикпей,
Келгениңиз оң экен,
Коонубу, дарбызбы,
Эсеби жок чоң экен.
Экөөңөр бардың дейлик – деп,
Коон бекен, дарбызбы
Эрикченче жейлик – деп,
Артканын алар жесин – деп,
Арбынын жеген биздерди
Ачыккан экен десин» – деп,
Кеңешин Сыргак бүтүрүп,
Келгенде турду жүгүрүп.
Көз, кулагын көт жакка
Ал экөөнө салыптыр,
Коон – деп, барып кокустан
Башты чечип алыптыр,
Көтөрө албай далк этип,
Жерге түшүп калыптыр.
Жерге түшүп далк этти,
Эрди-башы шалп этти.
«Дарбыз десем ташпы – деп,
Баштык десем башпы, – деп,
Аргамжы десем чачпы» – деп,
Башты оодара салыптыр.
Баатырсыган эр Сыргак
Байкап карап алыптыр.
Айжа берсең алардын
Аңгемелүү сөзү бар,
Ажыдаар түсү бар.
Эки кулач эрини,
Маңдайда жалгыз көзү бар.
Сакалы жүр сарбайып,
Муруту жүр арбайып,
Алачык үйдөй баш экен,
Аргамжы кылып келгени
Нак өзүнүн чачы экен.
Сырттан Сыргак баатыры
Эчтемени эске алып,
Коркпостун бири акыры,
Түсүн көрүп капырдын
Түк калбады акылы.
«Айланайын, Алаке,
Ар бир жерде мындай – деп,
Айткан жериң канаке?
Кыргын алсын кытайың,
Ким билиптир мындайын.
Каран калсын каканың,
Кармашкан жерде бу келсе,
Калктын берер азабын.
Берен калсын Бээжиниң,
Бакалчысы бу болсо,
Башка адамы не болот,
Соодагери бу болсо,
Жортормону не болот,
Жоолошкон кайдан оңолот!?
Жөн кишиси бу болсо,
Дөө кишиси не болот,
Жөөлөшкөн кайдан оңолот?!
Уруп кеткен кытайың,
Укпадым да, көрбөдүм,
Укумчудан мындайын,
Манас баатыр болупсуң,
Кыркка жашың толупсуң.
Тууган жериң Алтайда,
Душмандык кылдың далайга,
Чоңойгон жериң Алтайда,
Чондук кылдың далайга.
Кытайдан алдың, Кумулду,
Кылымга даңкың угулду.
Күн батыштан караттың
Кырым менен Урумду.
Күн жүрүшүң Ымалай[1],
Ындыстан журтун ыйлатып,

[1] *Хималай.*

Күчүңдү салдың бир далай,
Сол кол жагың карасам,
Моор деңиз, Кара кум,
Болжосом жайың мына бул.
Улуктук кылдың башынан,
Урматтуу болдуң жашыңдан.
Эч жамандык көрбөдүм
Ээрчип жүрүп кашыңдан.
Көп жашка келдим мен дагы,
Атымды койгон Жаныгул,
Көп жерди көрүп жүрсөм да
Көрүүгө сонун мына бул.
Баатыр сизге да сонун,
Мына бул жаткан башты көр,
Башына чыккан чачты көр,
Оозуна бүткөн тишти көр,
Оңолбогон кулдардын
Кылып келген ишин көр.
Ушундай ээн журт бар – деп,
Алып келген биздерди
Уруштурчу кишиң көр.
Уруксат бергин кетемин,
Урушат элем буга – деп,
Убара болуп нетемин.
Укпай, билбей бу жерге
Бекерге келген экемин.
Кармашкан менен капырга
Кантип алым жетемин,
Кайтаргын мени кетемин!»
Кан Сыргак айта салганы,
Кашына келип Алмамбет
Каткырып күлүп калганы.
Эми Алмамбет кеп айтат,
«Эр Сыргак, уккун сөзүмдү,
Эми ачайын көзүңдү,
Арзан киши ойлобо,
Айткан менин өзүмдү.
Бээжин деген бекем жер,
Кытай деге кылым эл,
Миңи болсо Бээжинде,
Бири экен – деп билгиниң,
Жүк көтөрчү бир жолу,
Били экен – деп, билгиниң,
Бири болсо Бээжинде
Өзү ушул – деп, билгиниң,
Алмамбеттин айтуучу
Сөзү ушул – деп, билгиниң,
Макел малгун дегендин
Көзү ушул – деп, билгиниң.
Маңгубаны жердеген,
Башынан бенде жеңбеген?
Сазаншаң деген эл деген.
Ажал айдап келгенби,
Ал жердеги айбандар
Айдаса мында келбеген.
Ар жагында булардын
Дөөсү менен бери бар,
Бери жагы туюк улуу тоо
Адам өтпөс жери бар.
Алда кандай келген – деп,
Айран азыр таң болом,
Ант ургурдун атын да
Угуп жүргөн жан болом».
Айтканын Сыргак билгени,
Арсаң-арсаң күлгөнү.
Баары ушундай экен – деп,
Көргөндө чыкты жүрөгүм,
Кеңдигин көрүп Бээжиндин
Келгенде чыкты жүрөгүм.
Караанын көрдүм Какандын,
Кадимден Сыргак атанып
Канын төктүм көп жандын,
Капырыңдын башына
Карап көрүп таңдандым.
Белинде турбуз Бээжиндин,
Белгисин көрдүм элиңдин».
Айтып аны басылды
Арстан Сыргак баатыры.
Акбалтанын Чубагы
Үндөбөдү бу дагы.
Эми Алмамбет кеп айтат,
«Эр Манаска бек айтат:

Бели катуу, бек айбат,
Бейли катуу, кара нээт,
Өзү баатыр, өткүр эр,
Жоругу чогоол, жоого шер,
Жоо бөрүсү Чубакты
Жолдош кылып алыңыз,
Жолго бизди салыңыз.
Кабарын уккун, Сиз муну,
Каралек калмак түрк уулу,
Каспанга жылкы салуучу,
Каканга бүткөн кытайдын
Кадимден байы как ушу.

## *Он төртүнчү*

## АЛМАМБЕТ БААТЫР СЫРГАКТЫ ЭЭРЧИТИП, БЭЭЖИНДИН ИЧИНЕ БАТЫРА ЧАЛГЫН ЧАЛЫП БАРГАНЫ, КҮН ЖАЙЛАП БЭЭЖИНГЕ КАР ТҮШҮРГӨНҮ

Сыяпуш кытай журтунан
Жылкы күткөн эли бар,
Чыңкоо деген жери бар,
Чыдай албай үркүптүр
Какандын Капчын көлүнө,
Бээжиндин Кодол чөлүнө,
Коргонго жакын жерине.
Коога түшүп элине,
Жылкысын бекке салгандыр,
Чынданып капыр калгандыр
Чынданган менен Алмамбет
Чыңыртып кулун, тайларын
Жылкысын тийип алгандыр.
Кан болуп минген тагымда,
Кандыктан кечип дин үчүн
Казакта турган чагымда,
Жылкысын алып бүлдүрүп,
Баатырдыкты билдирип,
Калаасын чаап бүлдүрүп,
Кадырым калкка билдирип,
Баатыр менен балбанын
Кызыл чок ойрот, кытайдын
Чыгарып кыйла далдалын,
Колго байлап түшүрүп,
Кор кылып кыйла зардалын,
Анжы-Таңшаң жолумдур,
Ала жүргөн колумдур,
Арстаным Манас, сен жүрүп,
Эми алдырсам шорумдур.
Кылып жүргөн ишимдир,
Кыйраша жүргөн кишимдир,
Баштатадан бу журтка
Бата жүргөн тишимдир.
Көп чыгардым далдалын,
Көөдөнү бийик зардалын,
Көмө чаап балбанын
Көп өткөн менин зардабым,
Көк жалым Манас сен жүрүп,
Алдырсак эми кытайга
Анда недир арманым».
Ал сөздү айтып салганы,
Калгын деген бу сөзгө
Кабылан Манас баатыры
Капалана калганы.
Анда Манас кеп айтат:
«Ай, Алмамбет! – деп, айтат.
Айткан сөздөн торгобо,
Антип мени кордобо!
Кыйладан болду өнүмүм,
Иришемин кытайга,
Издегеним өлүмүм.
Кайда жүрөт жанагы
Кан Коңурбай тажаалың?
Качанка жүрөт бир жаным,

Каалаганым ажалым.
Айтпагын андай сөзүңдү,
Ажалдын ээси кудурет,
Не кыларын эгемдин
Өзүнөн бөлөк ким билет!
Жазуудан артык жан өлбөйт,
Тактада жатып кан өлбөйт,
Ажал жалгыз, анда өлбөйт,
Адам уулу кайда өлбөйт,
Өлбөгөн бенде не көрбөйт,
Өзү кадыр Алданын
Өкүмүнө ким көнбөйт.
Аяган кепти таштагын,
Алмамбет жолду баштагын,
Сонун шаар Бакбурчун,
Соңундан келдим көрмөккө,
Чогулган Какан көп журтун,
Азым* шаар Бакбурчун,
Артыңдан келдим көрмөккө
Ант урган кытай көп журтун.
Капырдан өлсөм казаттан,
Канчалык кылдык күнөөнү,
Айтпасам да коркомун
Акыреттик азаптан,
Сөзгө коркот экен – деп,
Шек кылбагын менден – деп,
Кууп жылкысын алармын,
Кудурет айтса бендем – деп.
Көрмөккө келдим Бээжинди,
Көп бийлеген бегиңди,
Алда Таала буйруса,
Аламын – деп, келгемин
Ата-бала кегини,
Аядым, баатыр, токто – деп,
Айтпагын мындай кебиңди!»
Байкап көрүп Алмамбет
Баатырына бата албай,
Барбагын – деп, айта албай,
Көрмөк үчүн Бээжинди
Көңүлү бар экен – деп,
Көп торгосом бекер – деп,
Аралоого кытайды
Акылы бар экен – деп,
Аяган менен бекер – деп,
Арманы ичке кетер – деп.
Көрбөгөн кытай бул эмес,
Көрсө баатыр көрсүн – деп,
Көк жал Алма баатырдын
Көөнүнө келип мындай кеп,
Орчун Бээжин журтунун
Ойноо жерин көрсүн – деп,
Оюна келип мындай кеп,
Оён Чубак, оңбо – деп,
Минген аты алы[1] жок,
Билектей бүткөн жалы жок,
Бир чуркаарга шайы жок,
Арманы аттан болор – деп,
Алмамбет ойлоп түрдүү кеп,
Барар болсоң Бээжинге,
Баатыр, эми жүргүн – деп,
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Найзаны салып карыга,
Баарысына эп болуп
Аралап Бээжин барууга,
Кылычты байлап белине,
Кырылышып, урушуп,
Кызык кылып келүүгө
Кытайдын кылым элине,
Айбалта илип белине,
Аралап кытай элине,
Азабын салып келүүгө,
Арстаның Манас муну ойлоп,
Атышкан жоону жеңүүгө

[1] *алы.* Түп нускада мындай сөз жок, бирок ыргак жана муун өлчөмү, маани үчүн да «алы» деген сөз зарыл. Сөз «алы» экендигине кийинки саптагы ага уйкашкан «жалы», «шайы» күбө болуп турат. Кыясы, катчы жаңылып, керек сөздү жазбай кеткен өңдөнөт.

Ок өтпөс темир тон менен,
Ойду коюп жон менен,
Оён Алмаң жөнөдү
Орчун Какан журтуна
Ордого барчу жол менен.
Эки түнү, бир күнү
Эрендер эми жүргөнү.
Көрүндү бүгүн буларга
Көп кытайдын дүрбөөнү.
Төрөсү баштап бу төртөө
Дүрбөөнгө жакын калганда,
Колго жакын барганда
Коркуу кирди Чубак дөө,
Кашында Сыргак баатыры,
Кабылан Манас бул экөө
Кайышпады акыры.
Сырттан Чубак кеп айтат:
«Тында, Сыргак, – деп, айтат.
Бул Алмамбет неткени,
Жүргөн белем түгөнгүр
Түбүбүзгө жеткени.
Жетпегенде неткени,
Түмөндөгөн Бээжинге
Алып кирип кеткени.
Көрүп калса нетебиз,
Кай көргө кирип кетебиз?
Алыс калды колубуз,
Узун экен жолубуз.
Эрегишип бу кытай,
Каканга кирип кокустан
Кайнабасын шорубуз,
Жайылбасын торубуз,
Сап болбосун ордубуз?!»
Эр Чубак айтып салганы,
Эсине ар иш алганы.
Не кыларын билем – деп,
Элейип Сыргак калганы.
Ал экөөнүн сырыны,
Айткан Чубак чырыны
Аңдап угуп эр Манас
Болкулдап күлүп калганы.
Болуп калды булар – деп,
Болжолун көрүп алганы.
Асты жагын караса,
Карарып жаткан багы бар,
Каалагандын баары бар,
Кан отурчу тагы бар,
Кайрылбастан кан Алмаң
Аралай турган чагы бар.
Найзанын учу жылтылдайт,
Аскердин башы кылкылдайт,
Жер союлуп былкылдайт.
Аны көрүп эки дөө
Жүрөктөрү болкулдайт.
Көтөргөнү көк найза,
Көк асманда солкулдайт.
Арстан Алмаң алардан
Асты аянып тартынбайт.
Мылтыктары тарсылдайт,
Асый аттай дөбөт ит
Ар тараптан арсылдайт.
Аны көрүп баатырлар
Азат бою калтылдайт.
Жамандык кылар иш болсо,
Жайын айтар эле – деп,
Арстан Манас тартынбайт.
Акбалтанын Чубагы,
Арстан Сыргак бу дагы,
Кандай болуп кеттик – деп,
Азат бою калтылдайт.
Бараан көрсө мараган,
Каар менен караган,
Жаадай болуп жараган,
Чагарак куйрук чаар тон,
Када билек, коён жон,
Орто жери улуу жол,
Эки жакта жолунун
Уюп каткан калың кол,
Урган таштай Алмамбет
Баатырлардын баарысын
Баштап кирген жери ошол.
Жолдун эки жагында

Жолборс отуз күркүрөп,
Соңунда жүрүп Алмандын
Жоо бөрүсү баатырлар
Жон териси дүркүрөп,
Аскерди көрсөң буркурап,
Айгай салып чуркурап,
Асты жагын караса,
Ажыдаар жатат аркырап,
Айнектей көзү жаркырап,
Айбатын көргөн адамдын
Акылы калбай калтырап.
Алтымыш кулач узуну,
Аңдатпай Алмаң ушуну,
Андан кийин да көрдү
Тогуз канат үйдөй бар,
Чакчаакы деген кушуну.
Тырмагы бар кылычтай,
Чеңгелдеген адамы
Тез өлгөндөй жылышпай.
Кулагы көккө тигилген,
Куйругу жерге бүгүлгөн,
Айбатын көргөн адамдар
Аманат жандан түңүлгөн.
Өрттөй күйгөн көзү бар,
Бир дөбөдөй өзү бар.
Аларды көрүп Сыргактын
Чубакка айтар сөзү бар:
«Башкасы да бирдеме,
Балакет болуп кокустан,
Баатырың айтып чоң жеме,
Окус болуп албайлык,
Ушу турган не жандар?
Койгулашар шайман жок,
Кокус болуп албайлык?»
Аны булар таң көрдү,
Айланып өтүп сеңирден,
Асты жактан дагы бир
Айбаты күчтүү жан көрдү.
Туяктары туюк таш,
Жеке өзүндө жети баш,
Аркандай болгон көк сур чач.
Чачын көрсөң аркандай,
Чамынганы аргандай,
Айбатын көргөн адамдар
Ажалдан мурун ал жерде
Коркуп өлүп калгандай.
Андан өтө бергенде
Аркан бою коо көрдү,
Коону бийик зоо көрдү.
Коого салган көпүрөө,
Чоюндан куйган түркүгү,
Чоң короодой түндүгү,
Темирден салган устуну,
Душман үчүн кытайлар
Кылат экен ушуну.
Көпүрөгө баруучу
Даңгыл таза жол турат,
Коонун эки жагында
Кылыч, найза кармаган
Кыйла калың кол турат.
Мылтыктары октолуу,
Милтелери чоктолуу,
Өйүз менен бүйүздө
Аскер турат токтолуу.
Ал ишти көрүп алганы,
Секирип түшмө жалгыз жол,
Алмамбет жолго салганы.
Көпүрөнү бет алып
Көсөл Чубак барганы,
Көсөл Манас баатыры
Алмамбеттин артынан
Кошо кирди акыры.
Көпүрөдөн өтүүгө
Көк жал Чубак акылы.
Көрүп Алмаң акырды:
«Көмүлгүр, түпкө жеттиң – деп,
Кайта тарт!» – деп, бакырды.
Көк текенин бир колу
Көпүрөгө тийгенде
Топ замбирек туш туштан
Токсон мылтык атылды,
Чагаалалап кытайлар

Тогуз жүзү бакырды,
Шайманын жаман кетирди
Тоготпостон тоң барган
Баякы Чубак баатырды.
Коркуп Чубак шашыптыр,
Кооzо кире качыптыр.
Коодон аман чыкканы,
Коркуп Чубак ыктады.
Кашында Сыргак кеп сурайт,
«Кандай жумуш? – деп, сурайт.
Туңшага кирер жол көрдүк,
Туш-туштан калың кол көрдүк,
Ажыдаар көрдүк, шер көрдүк.
Титинип кирген адамды
Тирүү койбос жер көрдүк.
Карап туруп биздерди,
Катылбады биздерге,
Кандай душманды издеди?
Көк теке минип эр Чубак
Көпүрө кадам салганы,
Аз болгондо жүз мылтык
Атылып боо калганы,
Адамдар атып турду – деп,
Атынын башын эр Чубак
Абыдан шашып бурду – деп,
Айтып бергин муну» – деп,
Анда Сыргак турады,
Алмамбеттен сурады.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Арсаңдап күлүп, бек айтат:
«Чын шу жердин өзүнө
Сырын билген келбесе,
Сынын мурун билбесе,
Сыңар адам келе албайт
Так шу жердин өзүнө
Жайын мурун билбесе,
Дааналап жолго кирбесе,
Жалгыз адам келе албайт,
Тике кирсе көпүрө
Тирүү коё бере албайт.
Өнөр менен чаптаган,
Өздөрү үчүн сактаган,
Жайнап жаткан кол болгон,
Кумурскадан мол болгон
Баары сүрөт, амал – деп,
Байкабаса жаман – деп,
Көпүрөгө ким кирсе,
Көмө чаап салар – деп,
Көптөп келип сүрөттөр
Аманат жанын алар – деп,
Ажыдаар, жыланы
Баары сүрөт, алар да
Ойноп жаткан куланы,
Баары сүрөт билсеңиз,
Туш-тушундан ок атып,
Айгайлаган уланы,
Арыстаны, жолборсу –
Арип, сүрөт булар – деп,
Баарысынын тетиги
Көпүрөдө турар» – деп,
Алмамбет айтып билдирди,
Арстанын баштап күлдүрдү.
Сүрөттөргө кез болду,
Сүйлөшкөнчө кеч болду.
Ал жерде Алмаң кеп айтып,
«Аңдагын баатыр, – деп, айтып,
Калдык жакын калаага,
Кагышып калып капырга
Калбайлык кара балаага.
Сүрдүкпөй турган эр Чубак
Сүрөттөн коркту ушул чак.
Беттен алчу эр Чубак
Белгиден коркту ушул чак.
Өкүмөт болсоң кан татты,
Өлүм жаман, жан татты».
Өткүр Чубак кеп айтты,
«Өнөрүн билбей, адам – деп,
Өлө жаздым» – деп, айтты.
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген
Күңгүрөнүп сүйлөгөн
Кыраан Манас баатыры

Кылайып кулуп акыры,
«Кайда мунун шаары? – деп,
Кармашар душман баары – деп,
Кайда мунун эли? – деп,
Кара шамал – жели – деп,
Карсылдашсак экенбиз
Кандай да болсо мейли» – деп,
Баатыр айтып салганы.
Айтканын угуп Алмамбет
Макул көрүп калганы.
Алмамбет шондо кеп айтат:
«Анжы, манжы, Таңшаң,
Акыр заман журтуна
Айтууга болсун тамашаң.
Кайнап жаткан Каканчын,
Тунуп жаткан Туңша бар,
Түтүнү туман түп Бээжин
Чылан, Дарбаң, Чынмачын
Баш-аягы жыйылып,
Лаанатка сыйынып,
Узун кулак качырын,
Кара соору батылын,
Тотуя деген малы бар,
Соорулары казандай
Сонун жылкы баары бар,
Жыйнап баарын алгандыр,
Чылоочуга салгандыр,
Башы Маран көлү бар,
Аягы Анжы чөлү бар,
Жетиген жагы Кунар тоо,
Жердин сонун көбү бар,
Күн жүрүш жаккы талаасы
Какандын Туңша калаасы,
Бир айчылык жол болот
Айлана жүрсө арасы.
Туюкка жылкы салыптыр,
Туюнсаңыз, баатырым,
Туюнуп душман калыптыр,
Бектикке боюн салыптыр,
Байкап көрсөм, баатырым,
Беленденип калыптыр,
Бери урган кытай калыктыр».
Бу сөздү айтып Алмамбет,
«Бууданым мында токто – деп,
Ат жетпеген жөөсү көп,
Алпы менен дөөсү көп.
Кор болбойлук капырга
Арбын аскер жокто – деп,
Бели катуу бек айбат,
Бейли катуу, кара нээт
Калсын Чубак жолдошуң,
Кайраты бар жолборсуң.
Капкасынан кирейин,
Кайнап жаткан капырдын
Кай түрдүүсүн билейин,
Катылар душман бар болсо
Бир кудайдан тилейин».
Бу сөздү айтып Алмамбет
Бууданга камчы салганы,
Манас, Чубак калганы.
Сырдашы Сыргак баатырды
Кошуп алып акыры,
Кайнап жаткан капырдын,
Кан Алмамбет баш болуп,
Калаасын көздөй кечинде
Жөнөп калды акыры.
Албан түрдүү иш келип
Алакеңдин акылы,
Кайнап жаткан Каканга,
Калаада кытай көп жанга,
Тунган шаар Туңшага
Туштап кирди ошого,
Капкасында коюлган
Карк алтындан босого,
Көрбөгөн жандар шашкандай,
Көрүп турсаң капка үчүн
Көп дүнүйө чачкандай,
Ал-кайраты жык толгон
Алтымыш балбан ачкандай,
Акыл менен тапкандай,
Ал-кайраты карк толгон
Алтымыш балбан жапкандай,

Дарбазасы ачылуу,
Күзөтчүсү жолборстон
Күркүрөгөн азуулуу.
Капкасына бет алып,
Бара турсун акыры
Баатыр Алмаң атталып.
Буларды таштап салыңар,
Кайнап жаткан капырдын
Кайсы түрдүү сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Бадышага караган
Башкача нече каны бар.
Кытайлардын Коңурбай,
Кырмус шаанын* Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактан бар Ушаңы,
Кадырлаган ошону.
Кара жалдуу Бороончу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Кайнап жаткан капырдын
Кайсы бирин айталы.
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз, эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Ошончо улук баарысы,
Ортосунда урматтайт
Ошол экен карысы –
Солобонун Соорондук.
Арасында алардын
Алысты билген аяр бар,
Акылын журтка жаяр бар,
Атышкан жоого даяр бар,
Кылымдан чыккан кыяр бар,
Кыйырына келген душманды
Кызылдай кыргын кылар бар.
Урганын жыккан балбан бар,
Урууну билген зардал бар,
Тилге жүйрүк чечен бар,
Тим билгичтер нечен бар.
Алысты көргөн көздүү бар,
Айтканды жеңген сөздүү бар,
Көөдөнү тамдын бетиндей
Алты кары төштүү бар,
Билеги жоон балбан бар,
Билими артык зардал бар,
Салышканда душманга
Заман акыр салган бар.
Урматтуулар жыйылып,
Ушактын баары тыйылып,
Улуктун баары жыйылып,
Баашаны коюп тагында,
Баарысы маңдай жагында,
Манас, Чубак, эр Сыргак
Баштап алып Алмамбет
Барып калган чагында,
Ыраң Көөдөң келгени,
Ырас көрдү эрлерди,
Жыйылган кытай элдерди.
Чоңдордун баары чогулуп,
Жыйылып турган жерине
Жылас Көөдөң келгени,
Ызат кылып капырлар,
Эсенкан орун бергени.
Көөдөңдүн жайы жазылды,
Көп айтылбай басылды.
Мүрөктүн* суусун ашаган,
Үлкөндөр ызат кылмагы
Үч жүз элүү жашаган,
Урматын көрүп келиптир
Үлкөн кыйла баашадан,
Жалтанып жандан калбаган,
Жашы узарып бу капыр,
Далай дөөсүн жалмаган.
Ката болбойт айткандан,
Кабарчысы шайтандан.
Ыраң Көөдөң кеп айтат:
«Ырас жери бу Манас
Бизди койбойт» – деп, айтат.
Кабарчысы азазил,
Катаа айтпаган биздин тил,
Карап турган улуктар
Кары-жашың, баарың бил.

Маңгулдан болгон түрүктүр,
Башка журттун башына
Түрк баласы түлүктүр,
Басташкандын баарысын
Баш көтөртпөй бүлүптүр.
Андан кийин Кара кан,
Кара кандан тараган
Бөксөнүн уулу Бөйөн кан,
Бөрү жолдуу бу бир жан.
Артынан чыкты Чаян – деп,
Оп тартканын соо койбос
Оонабаган жаян – деп,
Артынан чыккан акыры,
Ааламды баскан акылы
Чабуулдун уулу Угуз кан,
Тукуму кумдан көп болгон
Ырыска толуу бу бир жан.
Кырдагы Угуз уулунан
Кыйын чыккан бу бир жан —
Ойроттон чыккан Ногой кан,
Ногойдон Жакып болуптур,
Ушу күндө Манастын
Дөөлөтү көлдөй толуптур.
Балтыры жоон балбандын,
Басташканын алгандын
Баары ошондо барыптыр,
Күмүштөн күрсү алгандан,
Күчү толук балбандан
Күчтүүнүн баары барыптыр,
Ажыдаар айбаттуу.
Түстүүнүн баары барыптыр,
Беттешкенин мерт кылган
Белдүүнүн баары барыптыр,
Дегени келген ордуна
Демдүүнүн баары барыптыр.
Көрмөйүнчө ишенбес
Көңкү кытай баарысы
Көр кара өскөн калыктыр,
Көрбөсөм да айтайын,
Кеткен Макел дөөндү
Кечээ союп салыптыр.
Аскерине сан жетпей
Ар жагында калыптыр,
Соорондук уулу Алмамбет
Башчы болуп алыптыр.
Манас баштап бу жерге
Өлүмдү билбес баатырдан,
Өзгөчө кыйын акылман,
Төрөсү баштап бу жерге
Төртөө келип калыптыр.
Бет алган бенде соо болбойт,
Бээжинди булар соо койбойт.
Карчашкан бенде соо болбойт,
Каканды булар соо койбойт.
Айтканым макул алсаңар,
Аскерден айла бизге жок,
Айылга салык салсаңар,
Алтымыш миң кыз алып,
Акылга дыйкан уз алып,
Ак боздон жорго мингизип,
Алтындуу торко кийгизип,
Алтымыш миң жамбы алып,
Астынан тартуу киргизип,
Сурансаңар урушту,
Ушундай кылып жумушту,
Урушпастан калсаңар,
Ушул сөздү алсаңар.
Ашык бизден өнөрү,
Арстан Манас дегени
Аз калгандыр өлөрү.
Кылайып барган соо калбайт
Манастын барган жолунан,
Кыраан Манас өлөрү
Кытай сенин колуңан.
Аттанып чыккан соо калбайт
Азыр Манас жолунан,
Акыретке кетерде
Ажалы сенин колуңан».
Ыраң Көөдөң бу сөздү
Ырас айтып турганы,
Чабала деген бир капыр
Аны кудай урганы.

Дуу-ду экен Какан шаарына,
Кайрат айтты баарына,
Карабады карыга.
«Таамай тогуз ай болду,
Камалдыңар шаарыңа.
Үтүрөйүп баарыңар
Үйдөн чыкпай калдыңар.
Кубандың учкан куш үчүн,
Өрдөгүбүз көрдү – деп,
Кужулдадың ушу үчүн.
Кабарчыбыз кулжа – деп,
Качып келди мында – деп,
Кабардыңар баарыңар,
Камалган жериң шаарыңар.
Өзүңөргө эп бекен
Өлчөөсүн көрбөй коркушуң,
Улуктар сага эп бекен
Урушун көрбөй коркушуң.
Ыраң Көөдөң айткандан,
Корксоңор чантуу щайтандан,
Угуңар айткан сөзүмдү,
Узатыңар жол берип,
Уруксат берип өзүмдү!
Аттанайын, барайын,
Айчылык жердин баарысын
Арытып жүрүп карайын.
Сүрөт койгон көпүрөө,
Бурут мында келбейт – деп,
Сүйүнүп келет кай бирөө.
Саят* койгон көпүрө,
Чантуу мында келбейт – деп,
Чапкылап келет кай бирөө.
Ишенимдүү баатырдан
Издеп бирөө барган жок,
Кызмат кылып кытайга
Иштеп бирөө барган жок.
Мен барайын ага – деп,
Беттешпей туруп душманга
Тартуу бериш кандай кеп!?»
Чабала айтып салганы,
Чакчарылып Коң төрө
Ордунан тура калганы:
«Алжыган Ыраң Көөдөң!» – деп,
Сөзүн макул албады.
Сүйбөгөн соң Көөдөңү
Алмамбет, Сыргак эр жакка,
Аттанып алып бери жакка,
Аял кылбай жөнөдү.
Көөдөң менен иши жок,
Көргөн, билген киши жок,
Көөдөң жолго салыптыр.
Көк жал Алма султаның
Калаага жакын калыптыр,
Көз байланар кезинде
Алакеңдин үстүнө
Алиги Көөдөң барыптыр.
Алмамбет көрүп бүгүлүп,
Атынан түшө жүгүрүп,
Коомалашып турушту,
Кобурап кебин урушту.
Аз токтолуп кеп айтып,
Азыр келет Чабала,
Ала көр, балам – деп, айтып,
Кайра тартып кеткени.
Капыр да болсо Көөдөңдүн
Көрбөй билген көп жумуш,
Касиет эмей неткени,
Көчөнү Көөдөң айланып,
Көп жолго узап кеткени.
Көөдөңдүн арка жагынан
Алты дуу-ду кошчу алып,
Чабала чаап жеткени.
Кудай кулду берди[1] – деп,
Кууп ажал келди – деп,
Чок-Камыштын четине,
Мылтыгын кармап бетине,
Сырттан Сыргак токтолду,
Алеңгир жаа, сыр* жебе

[1] *бер.* Катчы жаңылып, сөздүн аягындагы уланды мүчөнү жазбай кеткен. Туура үлгү – «берди».

Асып алып мойнуна,
Алмаңдын кара ойнуна,
Жолуң өңүп калыптыр
Эбак ээси жок болгон
Тегирмендин ордунда.
Алмамбет менен иши жок,
Алмамбет мында турат – деп,
Айта турган киши жок,
Маңкандата бастырып,
Деңкеңдете[1] желдирип,
Каканга дуу-ду Чабала
Кашына келип калганы.
Кыйыгына келгенде,
Кыйып өтө бергенде,
Кыраан Алма баатыры
Кыйкырып чыгып акыры,
Кый сүбөөнүн тушуна
Кыйгактуу найза мылгытты,
Кызыталак капырды
Тегеретип найзасын,
Тебетейдей ыргытты.
Чаңдыбоз деген аты бар,
Чала салып бир талга,
Чапты Алмамбет каркыбар.
Чок-Камыштын четинен
Жоо бөрүсү эр Сыргак
Качырып чыкты бетинен.
Берки барган беш жолдош,
Берен Алмаң султандын
Бет алганы соо болбос,
Ырас бизди аңдабай
Лаанат урган экен – деп,
Бээжинди көздөй бет алып,
Качып берди тепеңдеп,
Бу жерге келип мурунтан
Бурут толгон экен – деп,
Алды-артынан чыккан соң,
Булар качты тепеңдеп,
Кылчайып артын карабай,
Караганга жарабай.
Соорусун жоого салыптыр,
Шоңшоңдоп качып калыптыр.
Жоо бөрүсү эр Сыргак
Жонуна найза салыптыр,
Топ – деп, түшүп калыптыр.
Соңунан жетип Алмамбет
Башын чаап алыптыр.
Сарала менен чуратып,
Алмамбет азыр жеткени,
Дагы калган үчөөнү
Далыга найза неткени.
Тандап туруп бек койду,
Даңкайып аттан кеткени,
Арстан Сыргак артынан
Башын чаап өткөнү,
Жалгызын да куткарбай,
Баарына ажал жеткени.
Экөө жүрүп бешти алган,
Не кылбаган бу жалган.
Алакең көңүл жайлады,
Аралдагы ак токой,
Аттарын аса байлады.
Карынын тилин албаган
Чабала шору кайнады.
Казаттын жолун нээтке алып,
Каспаң тоону бет алып,
Кан Алмаң жөнөп калганы.
Айландырып акылын,
Кайтып ойлоп калганы:
Кытайдын эли кылым кол,
Каспаңдын жолу кыйла жол,
Кайра тартып калайын,
Кабылан Манас, Чубакка
Кабарымды салайын,
Айтып болуп жай-күйүн,
Анан кийин барайын.

---

[1] *деңдете.* Жазылуудан маани чыкпайт, катчы жаңылыштык кетирген, сөздүн туура үлгүсү – «деңкеңдете».

Чабаланын Чаңдыбоз
Эр Чубакка тапшырып,
Эринбей боо бастырып,
Сыртка жылкы салгандыр,
Кан Коңурбай баш болуп,
Кайпаңдын жолун алгандыр,
Карагул деген аяр бар,
Кандай да болсо келет – деп,
Калкына кабар салгандыр,
Кайраты ашык зардалдыр.
Алмамбет аны ойлонуп.
Азыраак жерде артында,
Бар жарагы капырдын
Чаңдыбоздой[1] атында,
Алты атын айдап алганы,
Арстан Манас, Чубакка
Алмамбет, Сыргак барганы.
«Соога, баатыр, соога!» – деп,
Эр Чубак тура калганы.
«Соогатың кабыл болсун – деп,
Чылбырга колуң толсун» – деп,
Алмамбет айтып салганы.
Жаратканга жалбарып,
Жайлаймын күндү баатыр – деп,
Ашыкпастан, шашпастан
Жата бергин акыр – деп,
Алмамбет баатыр муну айтып,
Ал үчөөнү кубантып,
«Кабарын угуп, билип ал[2],
Карагул деген бири бар,
Жылкычы башы чын ошол,
Катуу аярдын бири ошол[3]
Бу сөздү айтып Алмамбет,
Бура тартып бу жерде,
Жалынганы Шаймерден,
Каспаңды беттеп алганы,
Камбылдын кара суусуна
Жай таштын төртөөн салганы.
Касыйдадан кат окуп,
Калмакча кара дуба* жат окуп,
Барайыздан бат окуп,
Баатыр Алмаң турганы,
Айтып ооз жыйганча
Обоону кудай урганы.
Тиктегенин көргөн кул,
Тилегин кудай берген кул,
Тирешкенин көмгөн кул –
Алмамбеттин өнөрү
Артыктыгы мына бул.
Асмандан булут айланып,
Ачып көздү-жумганча
Айдын көзү байланып,
Жылдыздын баары жабылды,
Жылгадан туман табылды.
Тоодон булут толгонуп,
Бөксөдөн булут бөлүнүп,
Кыбыладан күркүрөп,
Кызыл мунар көрүнүп,
Көнөктөгөн немедей
Көктөн көк кашка мөндүр төгүлүп,
Арыктын баары жыгындап,
Аңдын баары тыгындап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак,
Борошосу бургулап,
Адамдын башын көтөртпөй,
Аркы-терки ургулап,
Туурадан туман дүркүрөп,
Каспаңдын улуу тоосунан
Кара шамал күркүрөп,
Айбан менен адамы

[1] *Шаңдакбоздой.* Чабаланын аты мурда бир нече жолу «Чаңдыбоз» делген эле. Кыясы, катчыдан ката кеткен өңдөнөт. Сөздүн туура үлгүсү – «Чаңдыбоздой».

[2] Ушул ыр сабынан тартып беш сап өзүнчө баракчага жазылып, бетке жабыштырылган, толуктоо кайсыл жерге киргизилери шарттуу белги менен көрсөтүлгөн.

[3] *бар.* Ушул түрдө айтылышы да мүмкүн, бирок ыр саптарындагы ыргак, ийкемдүүлүк үчүн «ошол» оңураак. Мазмунга экөө тең каршы келбейт.

Аязына зиркиреп,
Борошосу басылбай,
Жааган күнү ачылбай,
Бирде жамгыр дыбырап,
Бирде келип шыбыргак.
Алакең катуу кармады,
Ак таала бер – деп, тилегим,
Алдасына зардады.
Алты күндүк жолуна
Аркы-терки кардады.
Алтымыш казык, жүз чынжыр,
Токсон баштуу жолум үй
Ар жеринен асылып,
Жылкычылар кармады.
Аңдап туруп Карагул
Акылы башта калбады.
Жылкычы башы Карагул,
Жылмаң, Чакин, Чалыңгыр,
Чоркун, Чыңгыл, Чабыры,
Толук, Шыбан, Шабыры,
Туңшалыктын Атыры,
Жылкычыга баш болгон
Шибендиктин баатыры,
Акыл кылып, кеп айтып,
Аксакалы Карагул,
Аяр экен мына бул:
«Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн кую бузулду,
Аңдап көрсөм ушуну,
Аркы-терки шыбыргак
Алмамбет жайы шекилдүү.
Эки күнү, эки түн
Басылбады бүпбүтүн.
Айтканымды угуңар,
Ала чаамал кулун бар,
Анын баары кырылар,
Аңдап камын кылыңар.
Кар түшпөгөн жайлар бар,
Каран калган жылкыда
Кысырак кыйла тайлар бар,
Кырылып кетчү малдар бар.
Ойго жылкы айдаңар,
Ошентип көңул жайлаңар.
Чөлгө жылкы салалык,
Чөңөрлүү түзгө баралык.
Ар жагы Туңша шаары бар,
Айланасы тең сепил,
Азаптуу жолдун баары бар.
Айтуудан тышкар иш болуп,
Чантуунун баары куш болуп,
Айланып көктөн жетпесе,
Алгыр кара шумкардай
Асмандан илип кетпесе,
Адам жетер жер эмес,
Аңдап турсаң, балдарым,
Жатышыңар эп эмес.
Мөөрүңдү* кырып салбайлык,
Болбогон ишке калбайлык.
Амандык жагын карайлык,
Армандуу болуп калбайлык,
Аңдабай жатып албайлык,
Азапка малды салбайлык.
Ашыкпай турган Алмамбет
Жай ташын суута байлаар – деп,
Жадабастан жайлаар – деп,
Кырылып калып малдары
Кытайдын шору кайнаар» – деп,
Айтып болуп Карагул,
Аксакал экен мына бул,
Алтымыш казык, жүз чынжыр,
Токсон баштуу жолум үй*
Баарын чечип бөктөрүп,
Бартал атка* жүктөтүп,
Кара кумдай жайнатып,
Тогуз жүз экен жылкычы,
Тоодон ойго айдатып,
Чөңөрлүүнүн боюна,
Чөкмө тоонун оюна,
Бир чекесин жылкынын
Чоң-Бээжиндин боюна,
Чоң-Кучканын оюна
Жайнатып жылкы салганы,

Жайланып жатып калганы.
Жаадай Сарала ат менен[1],
Жалынганы Шаймерден,
Салып Алмаң барганы,
Жай ташын суудан алганы,
Күн чыгыштын сары жел
Жаркырап жөнөп калганы.
Чымын учту чыркырап,
Чымчык учту чуркурап,
Жерден булоо буркурап,
Сасык туман, жөө туман
Тарады көккө быркырап.
Күн ачылып алыптыр,
Тоонун башын курчаган
Куу туман туруп калыптыр.
Сайлар ылдый заркырап
Сары жел жөнөп алыптыр.
Аларды таштап салыңар,
Алмамбет, Сыргак – ал экөө
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Эки күнү, эки түн
Жаап күнү бүпбүтүн,
Кысталды кыйла журут! – деп,
Күн жаадырып отуруп,
Кырабы бизди бурут – деп,
Кыргыз-чантуу деген журт
Кыйын аяр экен журут – деп,
Алмамбет кеткен ал элге
Бизди кудай уруп – деп,
Ар тараптын баарына
Ат менен кабар салыптыр,
Атпай Какан журтуну
Аскерге жыйып алыптыр.
Көпчүлүктө нелер жок,
Көтөргөнү саадак, ок.
Таш көтөрүп, тоо кучкан,
Ачууланып тартканда
Он күндүк жерге ок учкан,
Күчүнө киши таңданган,
Күмүштөн күрсү көтөргөн
Күчү толук балбандан,
Үйдөй күрсү саптаган,
Бейууда* жайга чаппаган,
Тула бойдо туушун
Душман үчүн сактаган,
Кас кылганын жуткан бар,
Эң эле чабал дегени
Казандай күрсү туткан бар.
Качырган жоосун сулаткан,
Камыш кыйып улаткан,
Тарамышка каптаган,
Желим менен чаптаган,
Душман үчүн сактаган,
Узундугу миң кулач,
Ушундай найза көтөргөн,
Баатырдын баары мында бар,
Уккандар сөзүн тыңдаңар.
Ободогу булуттай
Оодарылып айланган,
Оно бою мунардай,
Он кулач кылыч байланган
Дөөнүн баары мында бар,
Ат мингенди билбеген
Жөөнүн баары мында бар.
Өлүмдү билбес айбан бар,
Өзөндүү жердин чөбүнө
Мал ордуна жайган бар.
Таш жүрөктүү баатыр бар,
Эч өлүмдү билбеген
Эче түрдүү капыр бар,
Мыктылыктан келген бар,
Мылтыкка андис мерген бар,
Очогор мылтык алган бар.

---

[1] Ушул ыр сабынан тартып он алты сап өзүнчө баракчага жазылып, бетке жабыштырылган. Кайсыл жерге кошулары шарттуу белги менен көрсөтүлгөн.

[2] *журут.* Туура үлгүсү – журт, бирок бул жерде муун өлчөмүн сактоо жана уйкаштыктын так болуусу үчүн манасчы атайын сөз жасап айткан.

Оозу кандуу арстан бар,
Оболку элден калыптыр
Кыргызда кыйла дастан бар.
Жазайыл аткан жандар бар,
Жалпы баары дүрбөгөн
Жайыл кытай, заңгарлар,
Эче түмөн, эче сан,
Эң улугу Эсенкан,
Элин көргөн болор таң.
Баатыр башы Коң төрө,
Башкасынан чоң төрө,
Кытайлардан Коңурбай,
Кырмус шаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардын Ороңгу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы.
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Булардын мусап тутары
Солобонун Соорондук –
Алмамбеттин атасы.
Улуктун баары жыйылып,
Лаанатка сыйынып,
Кабылдан бери калган бар,
Карк алтындан салган бар,
Кадимден берки зыярат
Азазил чынтак салган бар.
Албан түрдүү күңгүрлөп,
Токсон тогуз коңгуроо
Кулак тунуп дүңгүрлөп,
Таталалап буркурап,
Чагалалап* чуркурап,
Кытай деген кылым журт,
Кытайга болгон кызматчы
Кыйындардын сөзүн ук:
«Жааган күнү ачылды,
Жаңы бүгүн басылды,
Келип калды дедиңер
Кыргыздын кыраан Манасы,
Жалпы келди дедиңер
Жапастын[1] болгон баласы,
Бүлүнчүлүк көп көрдүк
Бүтүн Бээжин калаасы.
Куу өрдөк учуп келген – деп,
Кулжа кабар берген – деп,
Куру дарбаан сөз менен,
Көңкү кыргыз келгенин
Көрбөй туруп көз менен
Не үчүн мынча дүрбөдүк,
Эл бүлдүрүп жүдөдүк.
Аскерди арбын жыйнадык,
Колго аттанып жүргүн – деп,
Адамдын баарын кыйнадык.
Куу өрдөк келип калды – деп,
Курун калган кандай кеп,
Өтүрүк шаштык тим эле,
Өрдөктүн түбү жин эле,
Кулжаңдын түбү кайыптыр,
Кумдай аскер жыйышып,
Куру дүрбөш айыптыр.
Башта кетип, кабар жок,
Макелди шайтан саныптыр.
Эрдикке не үчүн болжойм – деп,
Не айткан кепке болбойм – деп,
Угуз уулу болгонун
Эргежели ойлойм – деп,
Чабала кетти жолунан,
Не да болсо Манасың
Эгер эсен калбайт го
Эки дөөнүн колунан.
Ушунда келген көп аскер
Бирин тутуп, бирин жээр,
Урунарга тоо таппай,

[1] *Япыстын.*

Урушарга жоо таппай,
Убарада биздин эл.
Атышар жоону көрсөк – деп,
Ашыгып жүргөн ар бир эр.
Айткан сөзгө көнсөңөр,
Айдап чыгып аскерди
Чантуу жакка коё бер.
Күн батардын тарабын,
Коё берип аскерди
Күчүн байкап карагын,
Жетигендин тарабын,
Аткарып ийип аскерди
Артын баккап карагын».
Ал сөздү айтып жыйылып,
Акылмандын баарысы,
Азазилге сыйынып,
Акылдашып калыптыр.
Арстан Сыргак, Алмамбет
Анжы-Манжы, Туңшага
Аралашып калыптыр.
Аларды таштап коюңар,
Арстан Алмаң не болду,
Кабарынан болуңар.
Ар тарапка аттанса,
Аркасынан түшпөгөн,
Канжыгадан үзбөгөн
Бөктөрүнчөк чабадан*,
Не бар – дешип, ичинде
Элебеген көп адам.
Барчадан болгон чабадан,
Не бар, не жок ичинде
Байкабаган көп адам.
Орчун Бээжин журтунун
Баашасы эле башында,
Он тогуз жашар жашында.
Кытай – деп, билип элини,
Кырк уруу кыргыз баласын
Артык көрүп динини,
Уруш кылып Каканга,
Убайым салып көп жанга,
Кеткенде кийген кийми бар,
Азыркы угуз уулунда.
Ал өңдөнгөн кими бар?!
Кытайча кылган чамба шым*
Аягына салыптыр,
Чобдор өтүк* такасыз
Маазысынын сыртынан
Баса кийип алыптыр,
Торгун чепкен жакасыз
Аркасына салыптыр,
Тубары күрмө, туура жең,
Туюк өтүк, кончу кең,
Малакай койду башына,
Баягы Сыргак баатырды
Жолдош кылып кашына,
Чабала киймин кийгизип,
Чаркын чактап билгизип,
Кылып Сыргак орунун
Кытайча кылып борумун,
Баатыр Сыргак шол жерде
Малакай кийди башына,
Азыр бу да жазанды
Алмамбеттин кашында,
Туулга койду башына.
Туулгасы тултуюп,
Турат Сыргак мултуюп,
Карап көрүп кан Алмаң
Катуу күлдү кутуруп.
Аны көрүп эр Сыргак
Намыстанып ушул чак
«Чынмачынга киргин – деп,
Чын ушуну кийгин – деп,
Кызыталак кытай борумун,
Келиштирип орунун
Кийгизип өзүң саласың,
Кайта баштан, Алмамбет,
Шылдың кылып каласың.
Бузбаймын – деп, көркүмдү,
Киши болбой калсам да,
Кийбейминчи, Алаке,
Бул итиңдин бөркүнү».
Калабаны баштады,

Башындагы малакай
Кайта жерге таштады.
Кайта баштан Алмамбет
Кантесиң! – деп, шашканы.
Каалаганга чоң эрмек
Кадимки элдин дастаны.
Айткан тилге киргизип,
Алдап-соолап Алмамбет
Чабала киймин кийгизип,
Жайнап жаткан кытайдын
Жайын айтып билгизип:
«Эми, Сыргак, үндөбө,
Эсеби жок кытайдын
Элин көрүп сүрдөбө,
Андай-мындай сүйлөбө,
Аскерин көрүп сүрдөбө,
Колун көрүп колобо,
Кооп кылар аяр көп,
Андайга жакын жолобо.
Кытай болуп кымпыйып,
Жүрө көр – деп, зыңкыйып,
Ушу бизди көргөндө
Урмат кылар улук – деп,
Ушу жолу унчукпай,
Боло көргүн дудук» – деп,
Аркасында желбиреп,
Аталасын* сүйрөтүп,
Алмамбет айтып үйрөтүп,
Жоолук салды мойнуна.
Андап көргүн адамдар,
Алмамбет кылган ойнуна.
Кыжылдата сүйлөсө,
Кытайдын тили өзүндө,
Кыйгач тартып караса,
Кытайдын сүрү көзүндө.
Балдырата сүйлөсө,
Манжынын тили өзүндө,
Бапырая караса,
Баашалык сүрү көзүндө.
Туңшанын кирди жолуна,
Душмандын кирди колуна.

Туйгун Сыргак баатыры
Ээрчип жүрөт соңуна.
Ар дуу-дудан жүз миң кол
Азырланган жер ошол,
Анжы кытай эл ошол.
Ушаң балбан баатыры,
Ушуну менен болчу эле
Анжылыктын акылы.
Баатыры кеткен кеңешке,
Башкасы боо иши жок,
Баатыр Алмаң, Сыргакты
Байкай турган киши жок.
Эртеси жок, кеч экен,
Көк жал Алмаң барганда
Көз байланган кези экен.
Сундуңунун кошуна
Туштап келип турганы,
Айтканымды уккун – деп,
Аскер башчың чыккын – деп,
Кытайча доол урганы,
Кыйкырып айтып турганы:
«Буруттун журту келиптир,
Келген менен жазасын
Мырдар Макел бериптир.
Кентунга уруш салыптыр,
Кезиккенин Макел дөө
Алмадай кылып алардын
Баштарын үзүп алыптыр.
Башчылары өлгөн соң,
Башкасынын баарысы
Качып кетип калыптыр.
Кеттекендер айткан сөз,
Дебимди уккун көзмө-көз.
Кеттеси түрк журуттун,
Аркасынан акмалап,
Келери барбы буруттун,
Аскер арбын барсын – деп,
Астын тосуп калсын – деп,
Акимдер айткан ушу кеп».
Аттан, ылдам, бачым! – деп,
Кытайча айтып кыжылдап,

Кылым аскер баарысы
Атка минди быжылдап.
Кентундун журту мол экен,
Туңша, Кентун арасы
Кере күндүк жол экен.
Кетирген жагы күн жүрүш,
Арстан Алмаң баатырдын
Алдаганы шол экен.
«Кытайдан чыккан Коң төрө –
Кызыл чок ойрот журтуна
Кызматы кыйла чоң төрө,
Бадышасы Эсенкан
Барсын – деп, ылдам силерди
Өкүм кылды канча жан».
Бу сөздү айтып салганы,
Бузулуп аскер калганы.
«Жалганы жок мунумун,
Байкатайын өзүмү,
Бакбурчун кандын уулумун».
Колдун баарын айдады,
Аскери койдой жайнады.
Андан өтүп алганы,
Манжуруя колуна.
Барып Алмаң калганы.
Баягыдай сөз айтып,
Кете бер – деп, Кентундун
Кең жолуна салганы.
Андан өтүп Алакең
Аңгүктүн жабай журтуна
Аралап кирип барганы,
Анжы-Манжы туруктур,
Калмак болуп Каканда
Канчадан бери жүрүптүр.
Алдап Алмаң ар жакка,
Кентунду көздөй сүрүптүр.
Аңгүк жабай журтуна,
Ашкере кытай нуркуна.
Аралап азыр кириптир.
Жатканынан турбаган,
Кайсы бири[1] бүгүлүп,
Бүгүлгөн бутун сунбаган.
Айбандын баары мында экен,
Айдап малдай откоруп,
Жайгандын баары мында экен.
Нескара деген баатыры
Кеңешке кеткен акыры.
Алмамбет келип акырды,
Айгай салып бакырды:
«Кентунга уруш салыптыр,
Керик минген дөөлөрдөн
Жүз миңи келип калыптыр.
Анжы-Манжы кетти – деп,
Аңдаңар ушу кепти – деп,
Буйрук угуп, барбасак
Мусулман түпкө жетти! – деп,
Мындай кабар салганы,
Бузулуп алып мынча кол,
Чуркурап жөнөп калганы.
Бакбурчун, Какан, Чынмачын,
Кирешти деген шаары бар,
Айдалып келген бу колго
Кишисинин баары бар.
Кетирип Кентун жагына,
Адам айран калгандай
Алмамбет сындуу баатырдын
Алда берген багына,
Баштап алып Сыргакты
Барды капка жагына.
Көрбөгөн жандар шашкандай,
Көрүп жүргөн зардалдан,
Көнүк болгон балбандан
Алтымыш араң ачкандай,
Арзыганын тапкандай.
Ачылган болсо капкасы
Алтымыш араң жапкандай.
Орчун көчө жолу бар,

---

[1] *бири.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок саптагы муун өлчөмү жана мазмун үчүн да зарыл керек. Кыясы, сөздү катчы жаңылып, жазбай кеткен өңдөнөт.

Ол капканы кайтарган
Он эки миң колу бар.
Капка баккан кошууну
Карап көрсөң ушуну,
Көпкөк темир кийинген,
Көсөлдүн баары мында экен,
Көрүнгөн жоону соо койбос
Көсөмдүн баары мында экен.
Балтыры бала белиндей.
Балбандын баары мында экен,
Басташканды бас кылган,
Алгандын баары мында экен,
Акимдик кылып, журт билген
Зардалдын баары мында экен,
Качырганын камандай
Чалгандын баары мында экен.
Аралап Алмаң турганы,
Ачылуу көрдү капкасын,
Алтындуу доол урганы.
Доолдун угуп доошун,
Ар кошундун улугу
Алмаңды билбей курганы,
Алдына келип Алмаңдын
Аксайып карап турганы.
Анда Алмамбет кеп айтып,
Айбатын салып бек айтып,
«Аттангыла!» – деп, айтып,
Алтындуу тону балкылдап,
Зумураттан жыгасы
Маңдайында жаркылдап,
Таажысы көөкар башында,
Бадыша болуп кытайга
Өкүмөт кылган жашында.
Таажысын көрүп таңыркап,
Чочуду кытай ушунда,
Алакең кылды өкүмдү,
Түккап турган тушунда.
Улуктун баары жыйылып,
Лаанатка сыйынып,
Лаанат бар, манат* бар,
Жайылган биздин канат бар.
«Ар тарапка аскерге
Айтып кабар бердим – деп,
Астыңарга капкалык,
Азыр мында келдим – деп,
Кентунга кетти көпчүлүк,
Кандарыңдын сөзү ушул –
Калганга салат көп түлүк».
Алмамбет айтып ийгени,
Алдоосуна киргени,
Күзөтчүнүн баарысы
Күпчүндөп атка мингени,
Кеңтунду көздөй бет алып,
Күүлөнүп колго киргени.
Атынан калып айрылып,
Каңгайын айтып кайгырып,
Алтоо-бешөө калганы,
Алмамбет, Сыргак эки дөө
Атына камчы салганы,
Кылайган бирин соо койбой,
Кылычтап башын алганы.
Так ошондой ар жерде
Тентиреп жүргөн кытайдын
Кырк-элүүсүн жалмады.
Аркы атасы Чылаба,
Чылаба салган шаар экен,
Чын шу жерге барганы.
Эсирик кытай эл экен,
Сыртынан Туңша дээр экен,
Баң-баң калаа башкы аты,
Энчисине Алмамбет
Эбак алган жер экен,
Баштан аяк күнчүлүк,
Баң базары дээр экен.
Көлдөлөңү туурасы
Көрөр болсоң алты таш,
Көргөн жерден Алмаңдын
Көзүнөн кетти кара жаш.

### *Он бешинчи*

## АЛМАМБЕТ БААТЫР АТАСЫНЫН САРАЙЫН, ЖЕРИ-СУУСУН КӨРҮП, АРМАН КЫЛГАНЫ

Эр Алмамбет бу жерде
Эскиси түшүп эсине,
Жаш имерди көзүнө,
Оболку иш түшүп оюна,
Такааты* турбай боюна,
Төгөрөгүн тең карап,
Төрө Алмаң көөнү сөгүлүп,
Көргөн жерден муңайып,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Өз колу менен сайган бак,
Өксөп барып ошол чак,
Обологон чынарды,
Обозун Алмаң чыгарды,
Аттуу туруп кучактап,
Агып жашы бурчактап,
«Кирди-чыкты жаштыктан
Кишиликке жанган жер,
Дүнүйөсү курусун,
Киндик каным тамган жер,
Адамдыкка турган жер,
Ар ишке моюн сунган жер,
Атадан калган курган жер,
Аз болгондо алты атам
Акимдик кылып турган жер,
Жеке жалгыз мен эмес,
Жети атам өткөн курган жер!»
Ойлонуп Алмаң боздоду,
Оболку дартын козгоду,
Күңгүрөндү, боздоду,
Күлдү боюн боштоду,
Күйүттүү дартын козгоду.
«Жылаңайлак, жылаң баш,
Эки жашар, беш жашар
Ошо кезде биздин жаш,
Көйнөк кийбей жылаңач,
Көзгө жетпей биздин чач,
Ойногон жерим ушу жер,
Оюлган кытай биздин эл.
Орунуна атамдын
Кондурган калды алтын так,
Кучактаган чоң чынар –
Өз колум менен сайган бак.
Өнсө өнүп алар – деп,
Өспөсө куурап калар – деп,
Көңүлкош сайган багым бул, Сыргак!
Кэруп турган чагым бул, Сыргак!
Көмүлүп калган тагым бул, Сыргак!
Чырпыгым чынар болуптур, Сыргак!
Туурасын азыр көрсөңүз,
Төрт кучакка толуптур, Сыргак!
Как ушуну көргөндө
Кан Алмаң көөнү солуптур, Сыргак!
Кадыр Алда кудурет
Каңгырып жүргөн бир кулун
Карайлатып коюптур, Сыргак!
Астымда болгон ага жок, Сыргак!
Ажал жетсе даба жок, Сыргак!
Анжы-Манжы, Туңшаны
Ар канча айтсам мага жок, Сыргак!
Артымда болгон ини жок, Сыргак!
Акыретке бет алсам,
Жайымды билип, жан ачып,
Күйөргө калктын бири жок, Сыргак!
Жергеси жакын жээн жок, Сыргак!
Таянарга тага жок, Сыргак!
Тагдыр жетсе даба жок, Сыргак!
Бөлөктү койдум, бөлө жок, Сыргак!
Эңкейип кетсем жөлөк жок, Сыргак!

Кадырым билер калкым жок,
Ажалдан коркор наркым жок,
Баркымды билер маалам* жок,
Байкасам мындай аалам* жок,
Кайып болсом дүйнөдөн
Кан атам өткөн экен – деп,
Баркырап ыйлаар балам жок,
Боздоп калар ботом жок!
Айлымдан бездим дин үчүн,
Бирок акырет жайда көөнүм ток.
Жергелеш жакын жерим жок,
Жети ата тууган элим жок, Сыргак
Капыр да болсо зор экен, Сыргак,
Карап турсам дүнүйө,
Каңгырган эрдин шору экен, Сыргак!
Оң кылган ишиң сол экен, Сыргак,
Оолаты* бөлөк болгон соң,
Ордуна келбей айтканың,
Оңбогон жериң шол экен, Сыргак!
Кытай да болсо зор экен,
Карап турсам дүнүйө,
Кыйырынан азган кор экен, Сыргак!
Карасам, кыйышкан эрдин шору экен
Кызматын кылсаң сол экен,
Кылсаң түздөп кызматты
Кыйшык чыгар ол экен, Сыргак!
Элдүүнүн баары эр экен,
Нени айткан сөзү эм экен,
Элсиздин баары кем экен,
Эгем Таала кудурет,
Мени, не түрдүү бендем – деди экен!
Калктуунун баары эр экен,
Канча айткан кеби эм экен,
Калксыздын баары кем экен.
Калкынан азган мен шордуу
Кадыр Алда кудурет
Кай түрдүү бендем – деди экен!
Алтын так сынсын, кан өлсүн,
Азап тартпай жан өлсүн,
Ак амири болбосо,
Айлыңдын четин ким көрсүн.
Ар бир жерде күйүт көп,
Азабына ким көнсүн?!
Эрегиштен кан өлсүн,
Эгемдин иши болбосо,
Элиңдин четин ким көрсүн,
Эмгегиңе ким көнсүн!
Жүрөр болсо бир жакка
Жүз миң киши жолумда,
Туткалыгы сары алтын
Баашалык такта колунда,
Учкан куштай көтөргөн,
Колдон колго жиберип,
Урган таштай өткөргөн
Журтум Туңша болгон жер,
Дөөлөткө Алмаң толгон жер.
Калкымдан азып мен барсам,
Кайдан келген кытай дээр.
Билген айтат кытай – деп,
Билбеген айтар калмак – деп,
Минтип жүрүш кандай кеп!
Чын дүйнөнүн жайынан
Чымындай жандын айынан,
Акыреттин жайынан,
Аманат жандын айынан,
Алданын коркуп каарынан,
Анжы-Манжы, чоң Туңша
Айрылыпмын шаарынан.
Кырайдан бөлөк эл жок – деп,
Ойлогон жерим ушу жер,
Кыдыра чуркап өзөндү,
Бойлогон жерим ушу жер,
Жыпжылаңач чардаңдап,
Баш-аякта кийим жок,
Ойногон жерим ушу жер.
Жалган дүйнө кызыкка
Тойбогон жерим ушу жер,
Бала күндө турпакка
Чаңдаган жерим ушу жер,

Башка жер бар – деп, сүйлөсө,
Таңданган жерим ушу жер,
Дуу-дунун кызы Турнаны
Жандаган жерим ушу жер.
Эми келип бир көрүп,
Калбаптыр жерде бир көрүк.
Аралап аңдап карасам,
Кашымда нөкөр көп журттан
Калбаган экен жалгыз жан.
Төр үйүм төрткүл* болуптур,
Көргөндө көөнүм соолуптур,
Сыр үйүм жылас болуптур,
Сыздап көөнүм солуптур,
Темирден кылган үйлөрдү
Жер семирип соруптур.
Бакчам жатыр жыйылып,
Бактарым жатыр кыйылып,
Мына шу жерде мен турам,
Бадышам акка сыйынып,
Баш көтөргөн журтумдан
Баарысы кетип кырылып.
Дубалдар кулап, ор болуп,
Тузум эрип, шор болуп,
Тууганым куурап, кор болуп
Душманым күчөп, зор болуп,
Күл багым кулап, ор болуп,
Күкүртүм эрип, бор болуп,
Күйөрүм куурап, кор болуп,
Күндөшүм дуулап, зор болуп,
Күңгүрөнүп мен турам
Күйүттөн жүрөк чор болуп.
Каны качкан каран журт,
Акими качкан арам журт,
Беги качкан берен журт,
Бейпай Туңша деген журт.
Төрөсү качкан төмөн – деп,
Төгөрөктө кытайлар
Төгүнү жок айтып кеп,
Элиме эмгек салыптыр,
Эч койбой бөлүп алыптыр,
Калкымды каран салыптыр,
Катасыз бөлүп алыптыр.
Ажалдуусу өлүптүр,
Арбып журтум өнүптүр,
Ар тарапка бөлүптүр,
Аздырып элди бөлгөндү
Азыр көзүм көрүп тур.
Кыйырымды кытай бөлүптүр,
Кылмыштуулар өлүптүр,
Кызыталак чочконун
Кылганын көзүм көрүп тур.
Ээрдинен көзөп жырылтып,
Элимдин көбүн кырылтып,
Ар санааны санатып,
Ар тарапка таратып,
Баарысын бузуп, элимди
Башканын көзүн каратып,
Өкүмат менен таратып,
Өзгө элдин көзүн каратып,
Шаарма-шаар сыдыртып,
Таңшаңдын журтун кыдыртып,
Калаама-калаа сыдыртып,
Какандын журтун кыдыртып,
Жолумду бузуп жоюптур,
Жоготуп акыр коюптур.
Уруксат албай жан кирбес,
Кара түгүл, кан кирбес,
Бендеден менмин – деп, кирбес,
Бекер түгүл, бек кирбес
Берен калган Туңшаны
Бейжайлар минтип тутканы!»
Жоругун Алмаң жоктоптур,
Жол боюнда токтоптур.
«Тобумду капыр шоттоптур»,
Тосоңун казып чыгарып,
Торопой, доңуз оттоптур.
Калкым тарап бүтүптүр,
Каран калган кара жер
Калыңдыктан түтүптүр.
Кара шаар Туңшаны

Каран кылып бу күндө[1]
Казатман эрлер күтүптүр».
Ал сөздү айтып Алмамбет
Атаганат, дүйнө! – деп,
Анжияндан алдырган,
Сагаса күлүн салдырган,
Тартса кумар кандырган,
Кара мурчтан буулаган,
Калемпирден суулаган,
Тарткан адам уулаган[2],
Насыбайын алганы,
Алаканга салганы,
Сырттан Алма баатырың
Үшкүрүгү баш жарып,
Үшүнө келип алганы.
Кылжейрен тулпар тери бар,
Кыраан Алмаң жашында
Кыйрашып чыккан жери бар.
Кас тулпардын тери бар,
Калбалашып кан Алмаң
Какандыкты кыйратып,
Качып чыккан жери бар.
Кузбар менен Бороончу
Тосо чыгып жолунан,
Нескара, Жолой – эки дөө
Куба келип соңунан,
Урушта жүрүп Алмамбет
Алтын найлуу канжасы
Кокус түшкөн колунан.
Шоттоп салып ал жолду,
Кабар айтып оң-солду
Баскан жюлу байланган,
Башка жол менен айланган.
Ошо күндөн ушу күн
Оёндор барды так бүгүн.
Башка адам кадам салбаган,
Барган жан аман калбаган,
Багып турган кенсү* бар
Баш-аягы түшчүлүк
Көрүнгөн жанды кармаган.
Кытайдын сырын билген эр,
Кылчайбай жолго кирген эр
Кыраанын Алмаң кеменгер
Ат жарышым барганда
Найзаны салып бир жерге,
Арстаным Сыргак, түшкүн дээр.
Жер семирип алыптыр,
Шибер чайкап калыптыр,
Найза сайган жерине
Эр Сыргак колун салыптыр.
Сыйпалап учун караса,
Алманда акыл бир канча,
Алтын найлуу чоң канжа
Жаткан экен дат басып,
Найын* жарып ат басып.
Алды Сыргак колуна,
Баштап алып Сыргакты
Алмамбет салды жолуна.
Алмамбеттин асынган
Алтындуу саадак жаасы бар,
Алиги алган канжанын
Аз болгондо, капырай,
Он жети байтал баасы бар.
Ойрон Алмаң айтып кеп,
Олжодо, Сыргак, алгын – деп,
Күлүмсүрөп болкулдап,

[1] *карап бу күндө.* Саптагы маани так эмес. Кыясы, жазууда ката кетип, сөз да түшүп калган өңдөнөт. Контекст боюнча бул жерде «Каран кылып бу күндө», же «Каратып алып бу күндө» делиш керек эле.

[2] *уулаган.* Салттык туруктуу мүнөздө көп кайталанып айтылуучу ушул ыр сабында аяккы сөз кээде «дуулаган», кээде «уудаган» түрлөрүндө жазыла берет. Мааниси боюнча эки үлгү тең туура – өтө күчтүү насыбайды тарткан адам «дуулашы» – мас болуп, өзүнчө рахатка батышы да мүмкүн, ошондой эле мас болуп ууланышы да ыктымал. Манасчы өзү туруктуу түрдө кайсынысын айтканын тактоо мүмкүн болбогондуктан түп нускада кайсыл жерде кандай түрдө жазылса ошол үлгү берилди.

Күлүп алып солкулдап,
Алакең жолго салыптыр,
Арстан Сыргак артында
Жылкыны качан көрөм – деп,
Сыргактын ушу дартында.
Каспандын кара суусу бар,
Кара саат ушу бар.
Аяк менен башына
Аргымак салса ойнобойт,
Найза салса бойлобойт,
Тобурчак салса ойнобойт,
Кечүүдөн бөлөк жерине
Тогуз найза бойлобойт.
Шыта кечүү — Таш кечүү,
Алмамбет билген маш кечүү,
Кечүүдөн кечип алганы,
Каршы алдынан Карагул
Каршы чыгып калганы,
Алыстан көзүн салганы,
Алмаңды көрүп алганы,
Айбаты каруу, заары күч
Алмамбетти көрүптүр.
«Билеги жоон, таш жүрөк,
Душманга салган чоң дүмөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Айбаты арстан жолборстой
Алышкан аман болбостой

*Он алтынчы*

## АЛМАМБЕТ БААТЫР КАРАГУЛГА ЖОЛУГУП, КАРТКҮРӨҢДҮ ЖЫЛКЫГА КОШУП, ЖЫЛКЫНЫ АЛГАНЫ[1]

Азыр келген сен кимсиң?
Албарстан кылыч байланган,
Асмандагы булуттай,
Аркы-терки айланган,
Атышкан жоосун жайлаган
Алп мүчөлүү сен кимсиң?
Жулкушканын алгандай,
Журт бийлеген зардалдай,
Кармаганын оң кылбас,
Каруусу толук балбандай,
Карап турган сен кимсиң?
Качыруучу жолборстой
Марап турган сен кимсиң?
Карагулду тутууну
Санап турган сен кимсиң?»
Бу сөздү айтып Карагул,
Бура тартып мына бул,
Кекселикке салганы,
Кетер жагын бет алып,
Кетенчиктеп калганы.
Кытайча сүйлөп кыжылдап,
Кыраанын Алмаң барганы.
Шаарым менин Чынмачын,
Жайымды уксаң тыңдаарсың.
Каңгулардын калкымын,
Бакбурчунга бадыша,
Бир атадан жалкымын,
Жакындабай неттиңиз,

[1] Мурдагылардай эле тема тексттер арасындагы сүйлөм бүтпөгөн жерге киргизилген. Буга карап темачаларды манасчы өзү эмес, катчы эле анын эркинен тышкары жазуу учурунда эмес, кийин кошкон өңдөнөт дешке негиз бар. Ал эми ошол темачалар түп нускада кошумча түрүндө эмес, башка тексттердин арасынан орун алышына карап, балким, түп нуска алгачкы жазуу эмес, кийин көчүрүлгөн дешке негиз бар.

Жалкоо болгон кейпиңиз.
Бурут кайда, эл кайда,
Мындайчылык кезекте
Бу жерге келер эр кайда,
Бурулушта не пайда.
Чантуу кайда, эл кайда,
Туңшага кирер эр кайда,
Саксынышта не пайда.
Айтканымды туюнчу,
Абыгыйым* сүйүнчү,
Куп тыңда менин сөзүмдү,
Абыгый көрдүм көзүңдү,
Кубантууга келгемин
Ушу жерге өзүңдү.
Уругу түрк – улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Дини ислам дининде,
Бизге душман зилинде,
Манас деген чыгыптыр
Бакбурчун, Какан, Бээжин – деп,
Баяндап бизди угуптур.
Баштакы кеткен Алмамбет
Кыдырып тентип казактан,
Кутула албай азаптан
Манаска барып туруптур.
Дайнын айтып бул элдин,
Тамырын тартып ал элдин,
Билем – деп, баштап жолуну,
Алачтын алып колуну
Келип мында калыптыр.
Кентун да кыйла калыктыр,
Кездешип турган жеринде
Кезенип Макел барыптыр.
Макелди көрүп баарысы,
Баарынын кетип намысы,
Көңкү баары көрүптүр,
Көргөндөрдөн көп адам
Жүрөгү чыгып өлүптүр,
Калгандары качыптыр,
Бээжинди чабам – деп, келип,
Өз дүйнөсүн чачыптыр.
Өлгөнүнөн калганы,
Өрттөнүп кеткен чантуулар,
Өзүнө балаа салганы.
Сүйүнчү! – деймин, абыгый,
Сөзүмдүн жок жалганы».
Алмамбет айткан сөзү бул,
Аяр кулдун өзү бул.
Жаадай учкан Торуайгыр
Бура тартып алганы,
Бута бою барганы,
Сырттан Сыргак баатырга
Көзү түшө калганы.
«Кытайбы – деп, ишенип,
Кыла жаздым өзүмө.
Кыйшыктыгы көрүндү,
Жолдош болгон жигитиң
Жоо көрүндү көзүмө.
Атынын мойну бир кулач,
Узун сакал, такма чач.
Келиштирип ат минген,
Кең соорусу бир кучак,
Кара байыр – тобурчак,
Качыргандан токтолбос
Каман сыны бар экен,
Касташканын бас кылып,
Алган сыны бар экен,
Кармаганын катырган
Балбан сыны бар экен,
Калк бийлеген, журт кармап
Зардал сыны бар экен.
Ташты чапса кескендей
Албарс сыны бар экен,
Качырганын соо кылбас
Жолборс сыны бар экен.
Миңди көрсө качпаган,
Миң душмандан бир өзү
Кап экен – деп, шашпаган,
Санды көрсө качпаган,
Сан душмандан бир өзү
Санаасын бузуп шашпаган,
Сундуруп найза тартпаган,

Сумсайып жоодон кайтпаган[1]
Султандык сыны көрүнөт.
Адамга сырын айтпаган,
Атышкан жоодон кайтпаган
Арстандык сыны көрүнөт,
Азар түмөн кол болсо,
Айбаты журттан бөлүнөт.
Койгулашкан душманды
Коёндой жерге жанчтаган,
Каптап келген душманга
Коркуп колтук ачпаган,
Комокойлуу сыр найза
Уңгусун болот аштаган,
Сундурганын сулаткан,
Урушканын кулаткан,
Качырган жолборс сынданган,
Казат десе чыңданган
Кайраты ашык мунуң ким?
Ашык көрдүм сынын – деп,
Айтып берчи сырын?» – деп,
Алмамбеттен сурап кеп,
Карагул каршы турады,
Жакындабай Алмандан
Жайы-күйүн сурады.
Эр Алмамбет кеп айтат:
«Анын жайын менден ук,
Атасы анын зор улук.
Какандан келди тоорулуп.
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Жолукса жоону мыктайт – деп,
Жолу катсын бу жаң-жуң
Кыйкырсаң кулак укпайт – деп,
Сүйлөөгө тили чыкпайт – деп,
Жолуккан жоону мыктайт – деп,
Найзасын канга чыктайт – деп,
Атышкан жоосун мыктайт» – деп,
Алмамбет айтты мындай кеп.
Алдыма каршы жолукса
Акыр заман салсам – деп,
Алмамбет жакын барыптыр,
Жаадай болгон Торайгыр,
Жаалы катуу Карагул,
Жакындабай мына бул,
Алмамбет анык өзү – деп,
Айткандай бирөө шыбыр кеп,
Нарылап жөнөп баратыр.
Кармайын десе жеткирбей,
Кыябына келтирбей,
Кыңгайлап кетип баратыр.
Качар жагын бет алып,
Ыңгайлап кетип баратыр.
Жакындабай кеп сурайт,
Жайы-күйүн бек сурайт,
«Коштогонуң күрөң ат
Кандай жылкы? – деп, сурайт.
Айгай укса шашпаган,
Азар түмөн жылкынын
Астына түшсө баштаган
Ай караңгы түн болсо,
Адашып жолдон азбаган,
Билгендей жолду баштаган,
Бир изин ката баспаган
Тулпардан чыккан буудан – деп,
Желигип кулак жапырбас
Жер жарылган чуудан – деп,
Капталын суугa батырбас
Дарыя чалкар суудан – деп,
Тайгылбаган бийиктен,
Ташка басса кем эмес
Зоодо жүргөн кийиктен.
Ар өнөрү бар экен,
Айбандан шаңдуу мал экен.
Башы Какан, Бакбурчун

[1] Ушул ыр сабынан кийин эки сап өчүрүлгөн, эмне жазылганы белгисиз. Бирок саптар арасында окуяда үзүлүү байкалбайт, тескерисинче, уйкаштык да бири-бирине так, туура келет. Кыясы, катчы туура эмес жазып алып, ашыкча саптарды өчүргөн окшойт.

Баарын көрдүм бу журттун,
Каспаң калаа, Чынмачын –
Каралаган журтум бу
Керешти, Кентун, Туңшаны,
Кездик баарын ошону.
Атагы Бээжин – улуу журт,
Аңдабаган элим жок.
Айбанат болгон жеринде
Малдан мындай керим жок,
Байкабаган малым жок.
Бекер куйрук жал эмес
Бээжиндиктин мал эмес.
Жал-куйругу төгүлгөн,
Туяк тийген жерлери
Туш-тушуна бөлүнгөн,
Чуу укканда күч алып,
Тулпардык шаңы көрүнгөн,
Биздин элдин малы эмес
Коштоп жүргөн атыңыз.
Биздин элдин түрү эмес
Экөөңдүн мүчө затыңыз[1].
Кайдан чыккан мал – деди,
Кабарын айта сал» – деди.
Эр Алмамбет кеп айтат:
«Ээ, абыгый! – деп, айтат.
Кентунга Макел барыптыр,
Кезигип душман калыптыр,
Кезиккенин соо койбой
Кесип башын алыптыр.
Келген чантуу-буруттан,
Чабуулдан түшкөн ат экен
Чантуу деген журуттан,
Соогатка берди бизге – деп,
Жол боюнда кезиктик
Абыгый, азыр сизге» – деп,
Алмамбет сүйлөйт мындай кеп.
Кубанган болуп Алмамбет:
«Куп билесиң, абыгый,
Сонун жылкы дедиң – деп,
Колго кабар берүүгө,
Каспаң, Туңша калаага
Кабар айтып келүүгө
Келген элем өзүм – деп,
Айткан кеңеш сөзүң – деп,
Коржоңдогон каранды
Коштоп жүрүп нетейин,
Кошуп коюп жылкыга,
Колдон кутулганым соң,
Коштоп алып кетейин».
Айтып туруп Алмамбет
Шыпырып алды жүгөндү.
Ар канча кыйын болсо да,
Акимсиген Карагул
Айласы эми түгөндү.
Түгөнбөсө неткени,
Желе басып Карткүрөң,
Жылмаңдаган союлгур,
Жылкыга кирип кеткени.
Аралашты малына,
Аралап жылкаа[1] кошулса,
Алеңгир салар баарына.
«Баятадан кеп айтсаң,
Башканы коюп, мени айтсаң,
Чантууну чаап алдык – деп,
Кыргызга кыргын салдык – деп,
Сүйүнчүлөп кеп айтсаң,
Сүрдүк жоону – деп, айтсаң,
Баары бирдей бар атты,
Сен үчүн даяр кылмакмын
Сексен кылдай кара атты.
Баян кылган өзүңдү,

[1] Ушул ыр сабынан кийинки эки сап ыр өчүрүлгөн, эмне жазылганы белгисиз. Окуяда даана көрүнгөн үзүлүү байкалбайт.

[2] *жылкаа.* «Жылкыга» деген сөз ыр түтүмүндө ыргактын таламына ылайык өзгөртүлүп айтылган. Оозеки сөздө ушул түрдө да айтыла берет.

Башта айтсаң мындай сөзүңдү
Бала окутуп алмакмын[1],
Дасторкон кылып салмакмын,
Кылсам сонун ишим бар,
Туңшанын оң жак четинде,
Кириши деген шаарда
Кырк миң үйлүү кишим бар,
Жакындан жакын көрмөкмүн,
Кырк миң үйлүү адамды
Кызматыңа бермекмин.
Али дагы кур болбой
Аттан болсун тогуз жүз,
Кирештинин элине
Суктанбагын, күдөр үз».
Чылгый балаа Карагул
Кутулуп менден кетсе – деп,
Кутургурга жакындап,
Чылбырга колум жетсе – деп,
Алмамбет барат жакындап,
Айтып сөзүн баркылдап.
*Коё берсе Торайгыр*
Учканы туру закымдап.
Алты карыш куржунга
Аябай кумдан салыптыр,
Аткан октой кетер – деп,
Арышын керсе Торайгыр
Ажалым бөөдө жетер – деп,
Кум салынып кутургур,
Карагул ишин карап тур.
Бекер болду Алмаңдын
Мылтык, кылыч жарагы,
Каталдын уулу Карагул
Мыктылыгын карагын,
Карагулду согууга
Кан Алмамбет баатыры
Камдап жүрү жарагын.
«Абжордун* бири көрүнөт
Айтып турган сөзүң – деп,
Жаадай Сарала ат минген,
Сары алтындан тон кийген,
Санды түмөн кол болсо,
Жазганбай жоого бир тийген
Сандыргалуу сен жигит,
Жаалың катуу эр жигит,
Жакындаба өзүңүз,
Жалындуу турат көзүңүз,
Канкор бурут келди – деп,
Кападабыз өзүбүз.
Оройлук болот мунуңуз,
Шо жерге токтоп туруңуз.
Дагы жайы-көйүңдү
Жакшылардан угурбуз!»
Бу сөздү айтып Карагул,
Булуттай учкан Торайгыр,
Бучкакка камчы салганы.
Буркуратып тозоңду
Кентунга кетти Карагул,
Кетте душман мына бул.
Кулду кудай урду – деп,
Кууганда болбос муну – деп,
Эр Сыргакка кеп айтат:
«Эми туруп иш болбойт
Жылкы тийбей – деп, айтат.
Аныктап бизге ынанбай,
Азыр кетти Карагул,
Аярдын бири мына бул.
Душман азыр келер – деп,
Тутанып өлгөн бадырек
Туш-тушка кабар берер – деп,
Камданса балбан баатыры,
Кайгы салар акыры.
Кан Сыргак сенден кем эмес

[1] *«Бала окутуп алмакмын».* Ыр сабынын контексттеги мааниси түшүнүксүз. Балким, «бал окутуп». Анда деле башка ыр саптарындагы мааниге байланышпайт, жүйөлүү божомол да таба албадык. Жалпы мааниге «бата окутуп алмакмын» деген үлгү жакындашат.

[2] *Угурбуз.* Жогорку саптардагы мунуңуз, туруңуз деген сөздөргө так уйкаштыруу үчүн «угарбыз» деген сөздү бузуп айткан.

Карагулдун акылы».
Бу сөздү айтып салганы,
Мубакүлдүү найзаны
Алмамбет кагып калганы.
Какканда найза күңгүрөп,
Түмөндөп жаткан көп жылкы
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Каспаң тоонун оюнда,
Кара суунун боюнда,
Аяк-башы көз жетпей
Аралда жаткан калың мал,
Алмамбет, Сыргак эрдигин
Аңгемесин карап ал.
Алты жүз экен жылкычы,
Үрккөнүндө жылкысы
Кай бирөөндө аты бар,
Кайсы бири бейкабар,
Бир бирине сүйлөгөн
Кайгысыз уктап жатыңар,
Жолум үйдөн дүргүшүп,
Ыштан салды кылгандар*
Чалбарына* мүргүшүп,
Мүдүрүлүп жыгылып,
Жүрөк оозго тыгылып,
Ычкырларын үзүшүп,
Үстөмөндөн түшүшүп,
Маңдай-тескей жыгылып,
Кочкордон бетер сүзүшүп,
Ашыкпаса не болду,
Акылы баштан жоголду,
Шашып тура калышып,
Чапанынын ордуна
Чалбарын колуна алышып,
Жеңин таппай желбегей –
Жыпжылаңач калышып,
Чочуп тура калышып,
Тебетейим экен – деп,
Байпагын колуна алышып,
Башына кие салышып,
Найза, кылыч анда жок,
Урушту ойлой калышып,
Укуругун алышып,
Укурук колдо короңдоп,
Уйгу-туйгу сороңдоп,
Ушулар минтип калыптыр.
Алар антип жатканда
Алмамбет айгак салыптыр,
Алмамбет үнү жаңырды,
Алмабаш мылтык чаңырды.
Арстан Сыргак, бу дагы
Арстандай чамынды.
Акыл артык табылды,
Сороюп турган капырга
Жонго найза кагылды.
Алмамбет, Сыргак – эки дөө,
Азыркысын аңдаса,
Жылкычынын көбү жөө.
Алмамбет, Сыргак аралап,
Аттууларын жаралап,
Жөө турганын сулатып,
Найза сайып кулатып,
Айдаганы көп жылкы,
Кулун-тайын чуулатып,
Агер жакшы болбос – деп,
Кытайдан чыккан Коң төрө
Кайратына бир келсе,
Кара чаар[1] жолборс – деп,
Каяша кылбай койбос – деп,
Байкасам кыйын биздерге
Малынан албай коюш – деп,
Отуз жүз миң аскерге
Ушу болор союш – деп,
Жүргөн аскер түмөн кол
Камдап берип союшун,
Андан кийин саларбыз
Капырларга согушун,
Ойлогон экен Алмамбет
Ошо түрлүү жумушун

[1] *Каар чаар.* Катчы жаңылыш жазган, туура үлгүсү – кара чаар.

Андан кийин саларбыз
Ойротко орчун урушун,
Аны ойлогон Алакең
Ак доолду карс коюп,
Алмабашты тарс коюп,
Аяк-башы күнчүлүк
Аралдагы жылкыны
Алмамбет айгай салыптыр.
Арстан Сыргак баатыры
Атып мылтык акыры,
Аралдагы жылкынын
Башынан ылдый жапырды,
Тозоңун тоодой сапырды.
Атына минген капырды
Алмамбет найза батырды.
Алмамбет сайып өтүптүр,
Аркасынан эр Сыргак
Башын чаап кетиптир.
Эр Сыргак сайып өтүп жүр,
Аркасынан Алмамбет
Башын чаап кетип жүр.
Баштаганы Карткүрөң,
Баатыр Сыргак, эр Алмаң
Бакырып салып чоң сүрөөн,
Кыраандарың барында
Кытайга салган чоң дүрбөөн,
Айгайын арбын салыптыр,
Астына түшүп жылкынын
Карткүрөң жөнөп калыптыр,
Желип алып бараандап,
Жылкыны баштап караандап,
Айчылык жолдон азбаган,
Ай караңгы түндөрдө
Бир изин жаза баспаган.
Азар түмөн жылкынын
Астында Күрөң баштаган.
Астында мылтык атылса,
Айбандай үркүп шашпаган,
Баштаганы көп жылкы,
Бара жатыр Күрөң ат.
Шыта кечүү – Таш кечүү
Шыпкалып жылкы кечиптир,
Капкага жакын калганда
Карагул чочко жетиптир.
Баштаганы көп жылкы,
Бара турсун Карткүрөң.
Аны коё салыңар,
Алиги кеткен Карагул
Кабарын угуп алыңар.
Торайгыр менен чуратып,
Тозоңун алыс чубалтып,
Карагул жолго салыптыр.
Каран калган Торайгыр
Кайра тартып калк этип,
Үркүп кетти жалт этип.
Торайгырга нетти? – деп,
Эгерде үркпөс союлгур,
Неден үркүп кетти? – деп,
Үстүндөгү Карагул
Жыгыла жаздап делп этип,
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Карагул көрдү кылчайып,
Капка баккан жайсаңдар
Катар жатыр булайып,
Өлүп жатыр сулайып.
Муну көрүп алганы,
Кентунга барсам белем – деп,
Карагул коркуп элеңдеп,
Кайнап жаткан буруттан
Каяктан жетип келер – деп,
Эрдемсиген Карагул
Эси чыгып элеңдеп,
Каспаңдагы кан Коңур
Кайгысыз жаткан оңбогур,
Кабарды ага берем – деп,
Канча түмөн кол жатыр,
Кол ичинде көй баатыр,
Каалаган казат жолум – деп,
Кабарсыз калыш кандай кеп.
Баатырдын башы Көң төрө,
Башкасынан чоң төрө

Баштап алып келем – деп,
Чантуулардын сазайын
Чабышкан жерде берем – деп,
Бура тартып калганы,
Булуттай учкан Торайгыр
Бучкакка камчы салганы.
Шыта кечүү бет алып,
Карагул жөнөп калыптыр
Чылгый ичи от жанып.
Каршы алдынан караса,
Чаң созулуп буркурап,
Тай кулуну чуркурап,
Айдалып келет жылкысы.
Азыр келди Карагул
Жылкыга айла кылгысы,
«Ай-ай, ай-ай, какай!» – деп,
Астынан каршы тосуптур.
Тосконго болбос Карткүрөң,
Жылкыны баштап озуптур,
Бир четин тоссо, бир чети,
Тосулбай жылкы да кетти.
Бир жагын тоссо, бир жагы,
Көт жагы селдей каптады,
Көпчүлүгүн көргөндө
Карагул чыга качканы.
Көпчүлүк менен нетер – деп,
Көп жылкы тепсеп кетер – деп,
Өрөпкүп алган аз малым,
Өлтүрүп түпкө жетер – деп,
Карагул иши арыптыр,
Капканы көздөй барыптыр.
Көрбөгөн бенде шашкандай,
Көп кубатын чачкандай,
Көргөн көнүк балбандан,
Көзү каныk зардалдан
Алтымыш араң ачкандай,
Алтымыш араң жапкандай,
Ага асылган бендеси
Каруусу келбей алдырап,
Капканын даамын таткандай,
Аны көрдү Карагул,
Аярдын бири мына бул,
Бурутка коё бергенче
Мунун баарын кырсам – деп,
Мындай бир ишти кылсам – деп,
Чантууга коё бергенче,
Чабуулу мында келгенче
Жалпы кырып салсам – деп,
Жаным аман калсам – деп,
Жанынан канжар алганы,
Так он алты жылкысын
Жара тартып салганы,
Мал жарылып өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү.
Өлгөнүн айбан билеби,
Арты каптап туш-туштан
Алды-артынан жөнөдү.
«Атаганат дүнүйө,
Алиги келген бир жигит,
Айбаты суук эр жигит
Алмамбеттин өзү экен,
Капылет калган экенмин,
Караган кара көзү экен,
Мен Карагул шордуунун
Кара баскан кези экен».
Муну ойлонуп Карагул
Бура тартты мына бул.
Каспаңды көздөй кетүүгө,
Кара суудан кечүүгө,
Каспаңда Коңур баатырга
Калдык – деп, заман акырга
Кабарын айтып жетүүгө
Карагул ойлоп алыптыр.
Капталынан качырып
Алмамбет найза салыптыр.
Алтындуу кемер чети – деп,
Айдалынын бети – деп,
Арбак урган Карагул,
Ажалы эми жетти – деп,
Алмамбет найза шилтеген.
Жардам тилеп Карагул
Жанында кылыч – тинтеден,

Сыйпалап кылыч алсам – деп,
Найзасын чаап салсам – деп,
Карагул ойлоп калыптыр.
Каары катуу Алмамбет
Далыдан найза салыптыр.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Апкаарыбай канетсин,
Артынан жетип жоо сайып,
Карагул барат калпаңдап,
Эки өңүрү далпаңдап.
Түндүкчүнүн Торайгыр,
Түмөндөн чыккан зер айгыр,
Желмаяндай союлгур,
Желкайыптын баласы –
Жеткирүүчү мал эмес.
Арышын керип чураган,
Артынан чаңы бураган.
Айдаганы көп жылкы,
Кулун-тайы чуулаган,
Барган сайын Торайгыр
Басып кетип баратыр,
Ар чуркаса бир карыш
Ашып кетип баратыр,
Алмамбеттин Сарала
Жетпесин билип, жер өлчөп
Шашып кетип баратыр.
Кууп жүргөн Алмамбет,
Кузгун эле Карагул,
Кууган менен жеткирбей
Торайгыр барат мына бул.
Сарала ат жадап алыптыр,
Каспаңдын Кара суусуна
Карагул келип калыптыр.
Алтындуу кемер четине,
Ай далынын бетине,
Абыгый Карагулундун
Найза кирип этине,
Бир баашадан кем эмес,
Карагулдун сыягы,
Чарайна, соот, кыягы,
Кыпкызыл кан быягы.
Найзанын учу тийиптир
Ай далынын бетине.
Далыдан аккан кызыл кан
Жабылган бойдон этине,
Кан куюлуп көтүнө,
Кечүүсүз жерден салыптыр,
Торайгыр чуркап киргенде
Тоодой болгон Карагул
Түк көрүнбөй калыптыр.
Шып коюп айгыр чыкканда
Аярсыган Карагул
Шыпырылып калыптыр.
Сууда калды Карагул,
Суурулган бойдон Торайгыр
Жолго салды мына бул.
Карагул сууга киргени,
Караңгыда Алмамбет
Кай кеткенин билбеди.
Торайгыр кирди октолуп,
Сарала ат калды токтолуп,
Караңгыда көрүнбөй,
Карагул калды жок болуп.
Сууга кирип арылдап,
Суу ичинде Торайгыр
Сүзгөндөй болду барылдап,
Доошу чыкты бырылдап,
Сүзгөндөй болду кырылдап,
Кутулуп бу кул кетти – деп,
Акыр болду-болбоду,
Капырга кабар жетти – деп,
Карап туруш эппи – деп,
Кайра тартты Алмамбет.
Карагул сууда калганы,
Шыйрагы узун Торайгыр
Шыпырылтып салганы.
Алмамбет аны туйбады,
Аял кылып турбады.
Жылкынын жүрдү артынан,
Шашкелик жолго буйдалды
Торайгырдын дартынан.

Алмамбет кайра салыптыр,
Арстан Сыргак акырып,
Айгай салып бакырып,
Желегин желге жапырып,
Доол согуп, карс коюп,
Мылтык атып, тарс коюп,
Манас менен Чубакка
Жетсем – деп, аман убакта,
Алмамбет, Сыргак – ал экөө
Ашыгып жолго салыптыр.
Айбандан шаңдуу Торайгыр
Араандай оозу ачылып,
Арышын керип союлгур,
Ак көбүгү чачылып,
Колго кирип калыптыр,
Байкабаган башкасы,
Коң төрөгө барыптыр.
Эр Коңурбай баатырга,
Түркүгү алтын чатырга,
Тушуна барып турганы,
Чарадай болгон чоң туяк
Чапчып жерге урганы.
Коркуу менен жатыптыр,
Коңуругун басыптыр,
Айтарына тили жок,
Айгыр жерди казыптыр.
Күрсүлдөп тушу казылып,
Коңурбай көзү ачылып,
Жүгүрүп чыгып эшикке,
Коңурбай жаман шашылып,
Эшикке чыгып караса,
Эл аманын каалаoriginal,
Улутунуп Торайгыр
Турган экен тушунда.
Чамбылала чаң болуп,
Торайгыр келген ушунда.
Адамсыз көрдү айгырды,
Алган экен малды – деп,
Эр Коңурбай кайгырды.
Бар жарагын байланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары жүзүнө айланып,
Этеги жайык Көккүбө,
Ок өтпөгөн бек күбө,
Албарс бөлөт эгетип,
Арасына салдырган,
Сайган найза түк өтпөй,
Кармаган колду талдырган,
Жазайыл атса ок тешпей
Ортосуна калдырган,
Көөкардан топчу муштумдай,
Көркүн көрсөң ушундай,
Көккүбөнү жамынып,
Көрөр болсоң Коң төрө
Көк жолборстой чамынып,
Очогор мылтык асынып,
Октой болгон Алгара ат
Ойку-кайкы бастырып,
Келип Коңур кент урду,
Түн ичинде түмөндөп,
Кент түбүндө эл турду.
Кент дегениң мунара,
Аңдап көрсөң буларга,
Тогуз миң кулач бийиги,
Коңгуроосун бир урса,
Тогуз күндүк жолуна
Ырас экен тийими.
Кол эсинен жаңылды,
Мунарага панар жагылды,
Коңгуроо бекем кагылды,
Уюп жаткан калың кол
Ат-атына жабылды.
Токсон миң аскер толкуду,
Канча капыр калкыды.
Жүз миңи жүзгө толгону,
Эр Коңурбай токсон миң,
Эртелеп жүрмөк болгону.
Алдары арбын күчтүүсү,
Найзасы албарс учтуусу,
Кылычы кыйла курчтуусу,
Калканы болот дөөлөрү,

Ат көтөргүс жөөлөрү
Аламандап жөнөдү.
Аларды таштап салыңар,
Мурункү кеткен аскердин
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Чантууну Макел алды – деп,
Кыргызга кыргын салды – деп,
Ногой уулу оңбоду,
Макел барып ондоду,
Манасын баштап сойду – деп,
Шыгай деген карысын
Шып дедире барганда
Тирүү жутуп койду – деп,
Айткан экен Алмамбет,
Ал сөзүнө ишенип,
Аскердин баары ырас – деп,
Барсканды үйдөй тутары,
Бул бадирек Макелдин
Анык ырас, чын эле
Адамды тирүү жутары.
Кылымдан ашык тың деген,
Кыжылдап кытай баарысы
Калп эмес, ырас чын деген.
Алмамбет алдап кеп айтып,
Кентунга баргын – деп, айтып,
Жолуккандын баарысын
Жолдон айдап жиберген.
Ал аскердин баарысын
Ажал жетип имерген,
Он эки миң кошууну,
Ойлоп көрсөң ушуну,
Кентунда жаткан Оронгу
Келгенде көрдү олорду.
Калмактын чоңу Ушаңы,
Карады, көрдү ушуну.
Алиги барган аскердин
Аты-тону бошоду,
Ушаң менен Оронгу
Уруксатсыз келдиң – деп,
Ушалады олорду.
Ушаланбай неткени,
Кылайган бири калбастан,
Кыргын болуп кеткени.
Кытайдын кара намысын,
Кыргызды билбей келдиң – деп,
Кыйратып кырып салышын.
Аңдасаңчы ага-ини
Алмамбет жылкы алышын.
Бээжин деген бекем жер,
Кытай деген кылым эл.
Өлүгүн ачкан көрүнөн,
Эсеп жеткис жылкысын
Бээжиндин алды төрүнөн,
Арстан Алмаң баатырдын
Ар өнөрү көбүнөн.
Алмамбет деген ал өзү
Ааламга маалим бу сөзү,
Кытайдан болгон ал өзү,
Кыргызга маалим бу сөзү.
Капкадан сүрүп карартып,
Кас тулпар менен жаратып,
Улук күлүк Сарала ат
Урушка сактап кубатын,
Ылоо минип* ортодон
Коң төрөнүн кур атын,
Алмамбет, Сыргак – ал экөө,
Жамынганы, кийгени
Сары алтын, соот, күрөөкө,
Коркуу кирбей жүрөккө,
Манас менен Чубакка
Жылкысын айдап бу чакта,
Жайнатып жолго салыптыр,
Төрөсүнөн кеткени
Төрт күн болуп калыптыр.
Эки күнү, эки түн
Өтүп кеткен бүпбүтүн.
Өткөн күндүн бүтүнү,
Уккандарга улуу сөз
Уруштун болсун күтүнү.

## *Он жетинчи*

## КОҢУРБАЙ ЖЫЛКЫНЫН АРКАСЫНАН КЕЛИП УРУШКАНЫ

Жүз миң баатыр, балбаны
Коңурбай тандап алганы.
Коң төрө жүрдү кол менен,
Алмамбет кеткен жол менен.
Аларды таштап салыңар,
Аскерден кабар алыңар.
Атактуу кыйла каны бар,
Кырмус шаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардын Ороңгу,
Каткаландын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы,
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук,
Судаң, Ачаң – эки дөө,
Ат минбеген алар жөө,
Жайыл, Кудаң, Көдөңү,
Жалпы улуктар жөнөдү.
Он жүз миңден кол алып,
Дүңгүрөгөн көп аскер
Түрк уулуна жол алып,
Атасы Угуз, аты түрк,
Алыстан келген бу бир мүлк.
Уругу Угуз – улуу журт,
Көп жерге кеткен чачылып,
Карасаң арбын кара журт.
Карыясы Кошой бар,
Ошол кезек заманда
Кан заадалар кошо бар,
Байгур-уйгур баары бар,
Бадыша бар, каны бар,
Башкы атасы Алач бар,
Атпай түрк журтунан
Арбактуу арстан Манас бар.
Элемандын Төштүгү,
Эштектен бар Жамгырчы,
Казактардан Көкчө бар,
Кара жаак Үрбү бар,
Калмактан Санжыбеги бар,
Карыядан Музбурчак,
Кырк баатырдын баары бар,
Кыраан Бакай каны бар,
Кырк жигиттин башчысы
Кыргыл сындуу кары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздын беги Кутунай,
Каратоко Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Сарт уруктун Сатайы,
Алчындардын Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргын Каракожосу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү –
Өнөрү журттан бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү –
Ашкере айтып берүүчү,
Топтун башы Токотой,
Эл билгиси Элеман,
Калк бийлеген Калкаман,
Серек менен Сыргагы –
Серпишкен жоого чыйрагы,
Коңгуроолуу байдын кош Абыш,
Кош башкарган эр Ыбыш,

Алымдын уулу Алакен,
Арстан Мажик бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Казатка түрк[1] жол жүрсө,
Карсактын изин жаңылбас
Кадыржайнак Шууту бар –
Калк чайкаган куусу бар.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн алач жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөнжайнак Шууту бар,
Түмөндөн чыккан ушулар.
Казактан бар Жоорунчу,
Кара тейит журтунан
Кайгыл, Бөкөл, Тоорулчу.
Шаңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү.
Бөрү жолдуу Бөгөлү –
Жоону алыстан көргөнү.
Ырчы уул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктысы,
Казат десе камданып,
Каршы чаап чыкчуусу.
Кара түлөө Кабыке,
Жаңгир уулу Жабыке,
Сай төрөнүн баары бар,
Башчысы Кыргыз кары бар,
Бет алган жагы кызыл өрт,
Себилдүүсү сексен төрт.
Бээжиндиктин бектери,
Мунун түрүн ким көрдү –
Мурункунун кептери.
Алтындуу доол карс коюп,
Алмабаш мылтык тарс коюп,
Айдаганы көп жылкы,
Кара кумдай куюлуп,
Алардын андай жумушун
Капырлар калды туюнуп,
Очогор мылтык күркүрөп,
Орчун кара* кол болуп,
Кылым кытай дүркүрөп.
Кыйгыл-чычкыл үн менен,
Кол камданып түн менен
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Адашкан болсо кошунан
Айгайлап жүрүп табышып,
Кылычтын мизи кылтылдап,
Найзанын учу жылтылдап,
Көпчүлүккө көз жетпей,
Жер союлуп былкылдап,
Асаба желек жалпылдап,
Алтындуу туулар жаркылдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Атылса мылтык тарсылдап,
Кагылса доол карсылдап,
Тартылса саадак шаркылдап,
Айбатын көргөн адамдын
Азат бою калтылдап,
Каптаган капыр калың жоо,
Калар эмес андан соо,
Макелди сойгон Базаң тоо,
Базаң тоонун оюнда,
Маралдуу суунун боюнда
Баатыр Манас, эр Чубак
Күтүп турган жолунда,
Күүлөнүшкөн көй баатыр
Күмүштөн күрсү колунда,
Койчагыр мылтык жонунда,
Комокойлуу найза алып,
Карылыктап колуна,
Айбалта кыстап белине,
Кыргыздан чыккан кыраандар
Кытайдын тийип элине,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,

[1] *түрк.* Сөздү өчүрбөй туруп үстүнөн бастыра кызыл карандаш менен «кыргыз» делип жазылган. Алгачкы жазылган түп нускадагы үлгү берилди. Түрк дегенди кыргыз деп оңдоо эпосту оңдоо, редакциялоо аракеттеринин залдары.

Карап турду ал[1] экөө[2],
Кийгенинин баарысы
Кандагай, соот, күрөөкө.
Эки күнү, эки түн
Эр Алмамбет кеткени
Өткөн экен бүпбүтүн,
Алмамбет, Сыргак нетти? – деп,
Не кечигип кетти? – деп,
Канкор Манас кеп айтып,
«Калаасы жакка капырга
Баргын Чубак – деп, айтып,
Кандай түрдүү кечикти,
Калдайтып жылкы алышар
Капырдан буйруса насипти.
Асты жакта тунарык,
А береги көрүнгөн –
Айгыр жал жончо мунарык,
Ошого Чубак, барчы – деп,
Жолуна көзүң салчы – деп,
Жолдошуң – Сыргак, Алмамбет
Шолорду карап калчы – деп,
Жоо көрсөң кайра келерсиң,
Жообузду мага берерсиң.
Бары-жогун билерсиң,
Куугунчусу мол болсо
Кудайыңдан тилээрсиң,
Же кыжылдаган кызыталак
Кытайдын тилин билбейсиң,
Алмамбет менен Сыргакты
Көрсөң көркүн таанырсың,
Көрүнбөсө ал экөө
Көрүнгөнгө уруш саларсың,
Көз көргөн[3] душман бар болсо
Көмө чаап аларсың.
Көрүнсө-көрүнбөсө да
Кайра тартып келегөр,
Кабарды магаберегөр,
Жаныма жаман батыптыр,
Нечен күндөн уктабай
Кирпигим жаман катыптыр.
Катып барат кирпигим,
Көтөрүлбөй ар качан
Көңүлдөгү кирдигим,
Чыканак жерге салайын,
Чырм этип уйку алайын.
Капыр жактан кол келсе,
Кабарын айткын, эр Чубак,
Анан тура калайын».
Арстан Манас акыры,
Айбанбоз минген баатыры
Барып келгин, Чубак – деп,
Барып алып кечигип,
Жата көрбө, чунак – деп,
Эр Чубакты жиберип,
Элик сындуу Айбанбоз
Башын тартып имерип,
Аз гана кырча жалы бар,
Асты жаккы кабакта
Анча-мынча талы бар,
Аттан түшүп эр Манас,
Кырчынын кыйрай жазданып,
Жата кеткен чагы бар.
Чыканак жерге салыптыр,
Эр Чубак кетип калыптыр,
Сырттан Манас баатыры
Чындан уктап алыптыр.
Ар тарабы өз эли,
Атышаары булардын
Эр Коңурбай көзөлү,
Аркасында калың кол,

---

[1] *ал.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок муун өлчөмү, ыргак үчүн «ал», же «бул» сыяктуу сөздүн ушул жерде болушу зарыл эле. Кыясы, катчы жазууда каталык кетирген өңдөнөт.

[2] Ушул ыр сабынан кийин үч сап өчүрүлгөн, жазууну окууга мүмкүн эмес, бирок окуяда үзүлүү жок, тескерисинче, ыр саптары үзүлбөй уланып турат.

[3] *көзүгөрдү.* Катчы ката кетирген. Контекст боюнча бул жерде «каз көргөн» делиш туура болмок.

Алмамбет кеткен Дуңша жол,
Артынан кетти Чубагы,
Сырдашканы Алмамбет,
Сырттан Сыргак бу дагы.
Кытайга кеткен үч баатыр
Кырылбас – деп, таптакыр,
Курганда бири келер – деп,
Кууса кабар берер – деп,
Ашыккан менен бекер – деп,
Ар канча шашып келсе да
Артынан кытай жетер – деп,
Найза менен бир коюп,
Кабар салып кетер – деп,
Канкор Манас муну ойлоп,
Чыканак жерге салыптыр,
Чындап уктап калыптыр.
Уйкуга болуп убара,
Урушта жүрүп уктаган
Не десе болот буларга.
Буларды таштап салыңар,
Эр Коңурбай – чоң душман,
Не бир түрдүү сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Этеги жайык көк күбө,
Эр Коңурбай – улуу дөө,
Топчулугу бир тогуз,
Тоодой болгон чоң доңуз,
Үпчүлүгү бир тогуз,
Үксөңдөгөн чоң доңуз.
Тоодой боюн топчулап,
Тула боюн үпчүлөп,
Нардай болгон Алгара,
Найдай кылып жаратып,
Астындагы кара атты
Асман-көккө каратып,
Алгара атын аргытып,
Алтындуу диңсе* жаргытып,
Өңү суук Калчанын
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалына караса
Сарапты* тешип өткөндөй,
Көзү өгөгөн темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей,
Кайратына карк толуп,
Качырган жолборс баштанып,
Алдын-артын карабай,
Намыс үчүн чоң капыр
Токтолууга жарабай,
Өлгөнүнө ыраазы,
Өңкөй кытай мураасы*
«Өлсөм өлүп жөнөйүн.
Кызыл чок[1] ойрот журтуна
Кызмат кылып көрөйүн,
Кызыталак буруттун
Сазайын сайып берейин,
Сакал менен мурутун
Санап туруп терейин,
Талпагын ташка керейин,
Каарданып мен кирсем,
Катылуучу чантуунун
Кайраты болсо көрөйүн,
Санды түмөн кол келсе,
Сапырып кырып жөнөйүн!»
Бу сөздү ойлоп Коң төрө,
Кытайдан чыккан чоң төрө,
Кыйкырып жолго салыптыр,
Кытайдын журту кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Артынан жөнөп калыптыр.
Аскер чукул келатыр,
Алиги көргөн үч баатыр
Келе жаткан караанын –
Алыстан көрдү бараанын.
Кыйгыл-чычкыл үндөрү,
Кытайдын арбын дүрбөөнү.
Жерге сыйгыс аскерди

[1] *чок.* Түп нускада мындай сөз жок. Бирок адатта бул көп кезиккен ыр сабы «Кызыл чок ойрот» түрүндө жолугуучу эле. Бул жерде «чок» деген сөздү катчы жазбай кеткен өңдөнөт.

Жетимиш дуу-ду сүргөнү.
Арт жагынан Алмамбет
Эр Сыргакка[1] айтат кеп:
«Астынан тосуп алайын,
Жалгыз өзүм калайын.
Чыгарбай чылгый бир добуш,
Баянды-Суу, Жал-Камыш,
Барып тура кала көр,
Сайышпаймын капырга,
Жанынан кечкен жакырга,
Жакын кирип келгенде
Качып берем калдаңдап,
Эки этегим далдаңдап.
Алмамбет менден качты – деп,
Акылы чындап шашты – деп,
Арбагым андан ашты – деп,
Мактанып куур өзүмдү,
Байкай көр айткан сөзүмдү,
Как тушуна келгенде,
Өзүңдөн өтө бергенде
Капталынан жете көр,
Калабалуу капырды
Ыргыта сайып эте көр.
Коңурбай калса жыгылып,
Кол салары аз калар,
Кап да болсо жазганар,
Найза салар аз калар,
Арбын да болсо жазганар.
Ылдам жөнөй бергин!» – деп,
Алмамбет айтып акыл кеп,
Сыргакты жолго салыптыр.
Келе жаткан кытайга
Кез-кездеп өзү калыптыр.
Кыйкырып айдап кыраан эр,
Кыргыздан чыккан кеменгер,
Сыргак жолго салыптыр.
Кытайдын келер жолуна
Алмамбет токтоп калыптыр.
Алмамбет айткан үйрөтүп,
Найзаны жерге сүйрөтүп,
Жал-Камыштын жээгине
Баатыр Сыргак барыптыр,
Найзасын кармап тыгыздап,
Карап турат кан Сыргак
Даярданып ыкыстап.
Аны таштап тура тур,
Айбаты катуу Коң төрө –
Адырайган чоң төрө
Аңгемесин уга тур.
Алгараны моюндап,
Көк кутуну* коюндап,
Очогор мылтык ийиндеп,
Орчун аскер кийнинде,
Алгара ат менен алкылдап,
Багалеги[2] балкылдап,
Ак отого, көк диңсе
Дал ортодо жаркылдап,
Тоту куштун куйругу
Аркасын жаап жалпылдап,
Аркасында алардын
Кылжейрен менен закымдап,
Кырмусшаанын Мурадил
Кызыл желек, сыр найза
Тоо көчкөндөй бир сайса,
Белинде күрсү казандай,
Бет алган жоодон жазганбай,
Ачыгып калган арстандай,
Аркасында Нескара
Чабдар атты чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Чабдар күлүк аты бар,
Азыркысын аңдасам,

---

[1] *Чубака.* Манасчы жаңылып айтканбы, же катчы ката кетиргенби, эмне болсо да бул жерде «Сыргакка» делиш туура эле. Анткени Чубакка чалгынчылар али жете элек да. Бул жерде сөз Сыргак жөнүндө экени Алмамбеттин сөзүнүн аягында да билинет (к. 31239-сапты).

[2] *бакалагагы.* Жазууда ката кеткен. Жазылганды «багалчагы» деп окууга болбойт, анткени сөз ат жөнүндө эмес. Контекстке «багалеги» туура келет.

Дажаалдайын* заты бар.
Нескара деген баатыры
Эл алды болуп акыры,
Эч бир кимден кем эмес
Бу капырдын акылы.
Калмактын Ушаң баатыры,
Өжөрлөнгөн капырлар
Өлүмүн билбей акыры,
Таталалап чуркурап,
Чаң созулуп буркурап,
Күлдү аскер келет дүркүрөп,
Күрсүлүү балбан баарысы,
Жашылдуу күндөй күркүрөп,
Аларды көрүп Алмамбет,
Алдадан сурап чоң медет,
Багалчагы малынган,
Маралдай төшү салынган,
Куюшкандык узарган,
Кулжадай көзү кызарган,
Төрт аягын тик салып,
Белин тартып мекчейип,
Кош кулагы коёндой,
Чокусунда чекчейип,
Сарала ат минип чакчайып,
Сандыргалуу Алмамбет
Эр Коңурбай калчанын
Жолун карап какчайып,
Күтүп турган Алмамбет.
Күркүрөгөн Коң төрө
Күчү артыкча чоң төрө,
Нардай болгон чоң Кара ат
Аябай камчы бир салат.
Ач маралдай бүгүлтүп,
Ач күсөндөй түйүлтүп,
Көкүлдү көккө шүйүлтүп,
Көрктүү баатыр чоң Коңур
Көсөм болгон оңбогур,
Көзүн өрттөй күйүнтүп,
Чагалалап чуркурап,
Аркасында калың кол,
Чаң артында буркурап,
Жаадай Кара ат астында,
Жакын келип калыптыр.
Калмактын Ушаң баатыры
Коңурбайдын жанына
Жетип келип акыры,
Жетик экен акылы:
«Миңди көрсө шашпаган,
Миңди көрсө бир өзү
Көп экен, – деп, качпаган,
Санды көрсө шашпаган,
Санды көрсө бир өзү
Сабыркап жоодон качпаган,
Миңди көрсө көп дебей,
Билген ишин баштаган,
Жолборс билек, таш жүрөк,
Жоодон корккон жан эмес,
Жолу каткан чантуунун
Өзүнөн туутан бала эмес,
Чылабанын тукуму,
Чырга тууган ушуну,
Соорондуктүн тукуму,
Согушка тууган ушуну,
Аяттын кара суусу бар,
Аңгемелүү ушу бар,
Жээгинде жекен камыш бар,
Андай жерде калбасын,
Алмамбет туруп албасын,
Алактап кирип барганда
Аңтара коюп салбасын,
Астараак жүргүн акыр – деп,
Аялдап чапчы, баатыр – деп,
Калмак Ушаң айтат кеп.
Баатыр Ушаң дээр экен,
Калмак да болсо эр Ушаң
Кыжылдап кытай тилине
Машы чыккан эр экен.
Аны уккан соң эр Коңур,
Ачуусу келди оңбогур.
Сенин дагы түбүң түрүксүң,
Алсын кытай журтун – деп,
Айгап менен жүрүпсүң.

Угуз уулу жылкы алса,
Кубаныч кылып күлүпсүң.
Солобонун тукуму,
Соолуп калган Алмамбет
Кылып жүргөн ушуну.
Карга учпаган калаага,
Как ушу тирүү кеткен соң
Калганбыз кара балаага.
Атасы дуу-ду болсо да
Алмамбетти сойбой – деп,
Агер кытай оңбосун,
Карадан көзүн ойбой – деп,
Канын ичип тойбой – деп,
Капкадан өтүп мал алган
Кандай кордук дебейсиң,
Алмамбет тозот дегенче,
Кайратты мага бербейсиң.
Төрдөн барып жылкы алган –
Төгүн кордук дебегин,
Кара жан камын жебегин.
Өлгөнүм артык бу көрө,
Өмүлүп келе жатпайбы,
Өңкөй кытай көй төрө.
Өлсөм акыр өлөрмүн,
Артыма калсын өнөрүм.
Өлбөй тирүү бар болсом,
Алмамбет түгүл ар жагы
Манасы кошо турса да,
Башын кесип жөнөрмүн!»
Бу сөздү айтып эр Коңур,
Кара атка камчы салганы,
Кайраттанып алганы,
Камыштуу-Сууну бет алып,
Коң төрө жөнөп калганы.
Сыр найзаны зыңкыйтып,
Сарала атты кындыйтып,
Күсөгөнү Коңурбай,
Коңурбайды көргөндө,
Баатырсыган чочко – деп,
Эр Алмамбет баатырдын
Күйүккөнү бир далай,
Так тушуна келгенде,
Жаадай Кара ат астында,
Жаалданып Коң төрө
Жандап өтө бергенде
Кыйкырыгы баш жарып,
Кыраан Алмаң качырды.
Ушаң айткан немедей
Ушу жерден чыкканда
Корголдой да калбаптыр
Коңурбайдын акылы.
Оңдуруучу эр беле,
Коңурбайды качырды.
Кара аттын башын бура албай,
Кайрат кылып Коңурбай
Каары катуу Алмаңа
Качырып найза ура албай,
Алмамбетке бет алып,
Асты токтоп тура албай,
Атына камчы салыптыр,
Алапты көздөй бет алып,
Ант ургур качып карыптыр.
Алап деген аз калаа,
Аркасынан Коңурдун
Аскери сыйбайт бир талаа.
Сарала атты моюндап,
Көк кутуну* коюндап,
Арбагын баштан учуруп,
Сыймыгын баштан качырып,
Желегин жерге жапырып,
Баатырсыган Коңурдун
Жонуна найза батырып,
Кара аты күлүк болбосо,
Канын төгүп койбоспу,
Кабырганын бетине,
Как кемердин четине,
Чарайнасы чатырап,
Жарылып кетип быркырап,
Кабырганын кара кан
Чачысына найзанын
Жабылып кетип шыркырап,
Ээрден көтү кылтайып,

Үзөңгүдөн бут тайып,
Алгара мойнун кучактап,
Капталдан аккан кара кан
Жерди көздөй бурчактап,
Алмамбет найза салыптыр,
Кайра тартып Кара аты
Аскерге жакын калыптыр.
Кыйкырыгы баш жарып,
Кызыл жейрен ат минген
Кырмусшаанын Мурадил
Алдынан чыгып калыптыр.
Сыр доолду карс коюп,
Сыр бараңды тарс коюп,
Алмамбетке бет алып,
Арстандай көзү кызарып,
Найзасы колдо узарып,
Мурадил муну беттеген,
Мурунтадан Алмаңдын
Булкушкан жоосу кетпеген,
Коң төрөнү коё берип,
Найзасын тартып алганы,
Мурадилге бет алып,
Алмамбет жөнөп калганы.
Бери тийгендей соолугуп,
Жин тийгендей оолугуп,
Маң* тарткандай кеңгиреп,
Мас болгондой зеңгиреп,
Мурунтадан жоо көрбөй,
Буулугуп калган Алмамбет
Алтын кемер чети – деп,
Айбалканын бети – деп,
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Алмамбет тиктеп калыптыр.
Чукулдан чыгып Алмамбет,
Чубалып артта чаң калып,
Алдынан чыга калганга,
А Мурадил таң калып,
Эсинен танып сандалып,
Алмамбеттин түрүнөн,
Арстандай сүрүнөн,
Мурунтадан камынбай,
Бура тартар жайы жок,
Кайра качар шайы жок,
Капталып калып Мурадил,
«Карууң болсо кайрат кыл!»
Кан Алмамбет бакырды,
Качар шайы жок болуп,
Мурадил буга качырды.
Алтын ээр кашы – деп,
Ал Алмамбет баатырды
Как жүрөктүн башы – деп,
Кылжейрен менен чуратып,
Кыйырынан чаңды буратып,
Бу да жөнөп калганы.
Мурадилдин найзасын
Кагып ийип Алмамбет
Төшкө найза салганы.
Кытайдын кыйла балбаны
Кыйынсынган Мурадил
Кырданып кетип калганы.
Мурадил калды жыгылып,
Чаңга башы тыгылып,
Жыгылган өзү, аты бош,
Алууга Алмаң ою бар,
Ал кезекте эрлердин
Аңгемесин коюңар!
Аркасында кытайдын
Арбын черүү колу бар,
Сырты кара, боору көк
Бороончу деген зору бар.
Үнү күндөй күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Жааган күндөй күркүрөп,
Оздон түтүн буркурап,
Көздөн жалын шыркырап,
Бороончу келип калганы.
Мурадилдин бул атын
Алмамбет илип албады.
Чылбырын сүйрөп союлгур
Чын шу жерде калганы,
Кол асты келген Коң төрө,

Кордук көргөн чоң төрө,
Кабыргадан найза жеп,
Кайда, калкым, кайда? – деп,
Калың аскер көп колдон
Бир көрсөмчү пайда – деп
Ачынып эти калыптыр,
Акылынан таныптыр.
Атаңдын көрү, какандык,
Карма, карма, туткун! – деп,
Айгайды андай салыптыр.
Калмактардын Ушаңы
Жолунан чыгып калыптыр.
Өтпөгүн – дедим, мен – деди,
Өлөт белең сен – деди,
Кой – дегемин, мен – деди,
Коркот белең сен – деди.
Өзгө адам ага бара албайт,
Алмамбетти кетирбей,
Өзүң кармай бер! – деди.
Коңурбай колго баш болду,
Коркпойсуң деген какшык сөз,
Ошондо оозу таш болду.
Илегерлер* ичинде,
Баштатадан айла жок,
Баашалыктын күчүнө!
Дарыкечтер ичинде,
Коңурбай барат кансырап,
Айтарын билбей тантырап,
Акылдан танып алсырап.
Дарыкерлер табышты,
Жети илегер жыйылып,
Жарага дары жабышты.
Кайраты бойго чачылып,
Кайра баштан Коң төрө
Ооруган жери басылып,
Кара атка минип асылып,
Атына камчы салганы,
Аскердин арка жагынан
Коңурбай жүрүп калганы.
Аны таштап салыңар,
Болжолу жок баатыры -
Бороончу деген бир капыр
Алмамбет жалгыз турганда
Качырышып келатыр.
Калың аскер кыжылдайт,
Кара курттай быжылдайт.
Таталаган сөздөрү,
«Кайда, кайда чантуу?» – деп,
Чакчаңдаган көздөрү.
Ушаң менен Бороончу,
Улуктун бири Нескара
Бакырыгы баш жарып,
Айгай үнү таш жарып,
Кыйгыл-чычкыл үндөрү,
Кызып жаман күйгөнү,
Алмамбетке бет алып,
Ат коюшуп жүргөнү.
Андай дөөнү көргөндө
Алмамбет баатыр сүрдөдү,
Сүрдөбөсө неткени,
Аяттын Кара суусуна
Алакең качып жеткени.
Акбалтанын Чубагы[1]
Алда кандай болот – деп,
Аңдып турган бу дагы.
Качырып келип Ушаңга
Капталдан найза урганы.
Чубактан найза жеткени,
Калдайган бойдон Ушаң дөө
Камгактай учуп кеткени.
Буруттун журту бар экен,
Жашынып туруп жоо алчуу
Мусулман журту кар экен.

[1] *Акбалтанын Чубагы.* Чубак эки баатырга качан кошулганы белгисиз. Натыйжада окуянын жүрүшү даана болбой калыптыр. Кыясы, Чубак Алмамбет менен Сыргакка да көрүнбай эле ушул жерде бугуп турган өңдөнөт.

Кардыгы эмей неткени,
Капталдан чыгып Ушанды
Каңтара коюп кеткени.
Муну ойлонуп алыптыр,
Койбоочусу чыгат – деп,
Бура тартып калыптыр.
Муну көрүп Алмамбет
Кайра тартып калыптыр.
Ушанды сайган Чубакка
Бороон дөө найза салыптыр.
Акбалтанын Чубагы
Найзасын сүйрөп бу дагы,
Кайра тарткан убагы.
Алтын кемер четине,
Айдалынын бетине,
Эр Чубактын бу күндө
Кан куюлду көтүнө,
Көктекени түйүлтүп,
Куйругун жерге шүйүлтүп,
Качып Чубак калыптыр.
Каңгайлардан Нескара
«Кулду соё көргүн!» – деп,
Айгайды а да салыптыр.
Как тушунан акырып,
Каарданып бакырып,
Айбатын салып Алмамбет
Угуздап[1] ураан чакырып,
Чубакты сайган Бороонго
Найзанын учун батырып,
Капталга найза салыптыр.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Жыгыла турган болгондо
Чубакка сайган найзасын
Бороон дөө тартып калыптыр.
Найзадан Чубак кутулуп,
Ачуусу келип кутуруп,
Айдаган жылкы артынан,
Жалгыздыктын дартынан
Алмамбет, Чубак жөнөлдү,
Аркасынан кыжылдап,
Кытайдын журту өмөлдү.
Айдаган Сыргак жылкыны,
Азыр айтпайт сырыны,
Акыр заман журт уксун
Арстандар кылган чырыны.
Айдап жылкы өткөрдү,
Арстан Манас баатырдын
Жаткан жерин көз көрдү.
Уктап жаткан баатыр – деп,
Куугандай болуп калды го[2],
Не кылды экен капыр – деп,
Эр Сыргак көзүн салыптыр.
Аскери кара таандай,
Саадактын огун караса,
Асмандан түшкөн жаандай,
«Жабуу, жабуу, жабуу!» – деп,
Жабуулаган андан көп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мөндүлөгөн сандан көп.
Алмамбет, Чубак – ал экөө
Аянбай качып алыптыр,
Аркасынан капырлар
Айгайлап кууп калыптыр.
Аны көрүп эр Сыргак,
Астындагы Көкказык,
Атка камчы салганы,
Мубакүлдүү найзаны
Булгап колго алганы,
Азганакай кабактан
Бугуп, тосо калганы.
Беркилер калган чарчашып,
Алмамбет менен Чубакка

---

[1] *Угуздап.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстүнө «кыргыз» делип оңдолгон.

[2] *го.* Түп нускада мындай сөз жок, бирок ушул жерге «го», же «эле» деген зарыл керек. Ансыз мазмун бузулуп, ыр сабындагы ыргакка да зыян келип, сап ырга окшобой калат. Кыясы, саптагы акыркы сөздү катчы жаңылып, жазбай кеткен өңдөнөт.

Алышып жүрүп карчашып.
Токшукердин Бозкертик,
Кергүлтүк деген аты бар,
Айбандан башка заты бар.
Кергүлтүктү моюндап,
Бат атарды коюндап,
Бозкертик келип калганы,
Эр Алмамбет баатырга
Жетип найза салганы.
Уна тоо деген бел экен,
Ушу бүгүн куугуну –
Уюган кытай эл экен.
Ушунда Алмаң ой ойлоп,
Жалгыздыктан бой-бойлоп,
Уна тоо ашып белде жок,
Уюган кыргыз элде жок,
Аңдабай жоого чабышка
Айбанда мендей бенде жок,
Айбан болбой не болдум,
Акылым баштан жоголдум.
Кошулуп алып Сыргакка,
Кой десе болбой Чубакка,
Эртелеп элге жетпей – деп,
Эсеби жок капырдан
Эбак чыгып кетпей – деп,
Жонуна найза сайылып,
Сарынжынын өңүрү,
Астындагы Сарала ат
Омуроого жайылып,
Кара учуптур көзүнөн,
Эми көрсүн чоң пайда
Сырттан Сыргак өзүнөн.
Найзасын кармап колуна,
Асынган мылтык жонуна,
Алмамбет менен Чубактын
Капырлар түшүп соңуна,
Уруштан алып жайыны,
Кетирген кезде шайыны
Жардам тилеп теңирден,
Салынып келген сеңирден,
Кийим кийген темирден,
Сундурса найза тартпаган
Султан Сыргак баатыры
Жеткен экен акыры
Боз-Учуктан тосуптур,
Алмамбеттин астына
Качып Чубак озуптур.
Чубактын аты Көктеке,
Эл ичинде жүргөндө
Аңгилик кылып жепжеке,
Бычылбаган мал экен,
Он эки чапса бир баспас
Ошондой кашаң жан экен.
Баятадан урушуп,
Бака-шака жулушуп,
Кыйла кыргын салыптыр,
Жаадай учуп Көктеке
Жадыдан кызып алыптыр.
Ок жетпесе Чубакка,
Ойроттон жылкы жеткисиз.
Качырып калса душманды
Куюн минип жүрсө да,
Кутулуп душман кеткисиз.
Кара тер басып камыгып,
Кара бою ымыгып,
Сөөгүнөн суу чыгып,
Этине келген союлгур
Эми арыштап алыптыр.
Чубактын аты тың экен,
Тулпардыгы чын экен.
Ажалы жетип өлбөсө,
Күнү жетип толбосо,
Алдырбас Чубак жоого – деп,
Аркасында Бозкертик,
Эр Алмамбет баатырга
Найза салган бу го – деп,
Кыраан Сыргак акырып,
Кыйгактуу найза жапырып,
Кырдан чыкты бакырып.
Карасын көрүп Сыргактын
Кайра тартты Бозкертик,
Калдаңкерди секиртип,

Качканы менен куткарбай,
Сыргак жетип жыгыптыр
Бозкертикти өкүртүп.
Бозкертик калды жыгылып,
Тоодой болгон бадырек
Топого башы тыгылып.
Койчагыр мылтык чаңырып,
Сырттан Сыргак баатырдын
Ач кыйкырык жаңырып,
Сырбараң мылтык октолду,
Боз сеңирдин учунда
Алдыңкы куугун токтолду.
Алмабаш мылтык атыптыр,
Кан Алмамбет султаның
Капкара чаңга батыптыр.
Бозкертик сайган жарасы
Мойнунда экен караса.
Чамбылала чаң болуп,
Соот, чопкут жакасы
Кызылала кан болуп,
Көрүп алып ал ишти
Көсөл Сыргак таң болуп.
Аялдап токтой калыптыр.
Акбалтанын Чубагы
Астындагы Көктеке
Кызып калган убагы.
«Баатыр, өөдө тургун!» – деп,
Бакырып Чубак барыптыр.
Козголуучу Манас жок –
Коңуругу баш жарып,
Чоюлуп уктап калыптыр.
Чочуп барган эр Чубак,
Ошентпесе ойгонбойт[1],
Кулагына келтирип,
Куру доол кагыптыр,
Коңуругу баш жарып
Козголбой уктап калыптыр.
Баатырсыган Чубагы,
Балбандын бири бу дагы,
«Капырды кудай урду – деп,
Катыгүн төрөм, тургун!» – деп,
Көтөрүп алып көк жалың,
Күч-кубатын кең кылып,
Өжөрлөнүп эр Чубак,
Өз боюна тең кылып,
Коё берсе далк этип,
Өлүп калган кишидей,
Жатты кулап шалк этип.
Аны көрдү Чубагы,
Ашыгып келген бу дагы.
«Аныктап кудай урарбы,
Топурак басып алганбы,
Же ажалы жетип калганбы?
Бул эмине шумдук – деп,
Ар качандан бир качан
Азабын тартып курудук – деп,
Кызыталак кытайдын
Колуна түшүп өлгөнчө,
Кордукту андан көргөнчө,
Азыркысын Манасты
Найза сайып жөнөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Акыры кандай болсо да,
Азабын кийин көрөйүн».
Аны ойлонуп эр Чубак,
Ашыккан кыйын ушул чак,
Атына мине калганы,
Найзаны колуна алганы,
Этегин ача салганы,
Качырып келип кан Чубак
Эки эли ченеп тээгин
Как сооруга малганы,
«Эмине болуп кетти?» – деп,
Эр Манас чапчып алганы.
Маша чаккан эмедей,
Шондо да чочуп кебелбей,

[1] Ушул саптан кийин эки сап ыр өчүрүлгөн, окууга мүмкүн эмес, бирок окуяда үзүлүү байкалбайт.

«Баатыр Чубак, неттиң? – деп,
Эмине болуп кеттиң? – деп,
Найзаң тийип мага – деп,
Жин тийдиби сага? – деп,
Кулжуңдаган чунак – деп,
Кутурдуңбу Чубак?» – деп,
Манас сүйлөйт башка кеп.
Анда Чубак кеп айтат,
Ашыгып сөзүн бек айтат:
«Наалат күн, төрөм – деп, айтат,
Оңолбогон кулдарың,
Орчун кол алыс жатканда,
Ойлонбостон буларың
Оодарып жылкы алыптыр,
Капырга калба салыптыр,
Калабалуу калмагың
Калдайтып жылкы алыптыр,
Кайнап жаткан кытайга
Капилет тийип калыптыр.
Калбаны кыйла салыптыр.
Карсылдашып капырлар
Бул жерге келип калыптыр.
Ушубу менин айбым – деп,
Уктадың, баатыр, ойгонбой
Ушун үчүн сайдым» – деп,
Эр Чубак айтып салыптыр,
Энтелеп чуркап калыптыр.
«Чоң Бээжин сындуу жер болсо,
Чогулган кытай эл болсо,
Согушарың, баатырым,
Чоң Коңурбай эр болсо,
Урпактай көрдүң ушу элди,
Уктай турган шу жерби?
Келген жолуң – алыс жол,
Айдаганың мусулман
Азар түмөн калың кол,
Эчтеме албай оюңа,
Таласыңдын боюнда,
Каныкейдин койнунда,
Колуңду артып мойнуна,
Бейкут жаткан немедей,
Не жатасың кебелбей!
Уктай турган жер эмес,
Ушул уйкуң эп эмес!»
Анда Манас кеп айтат:
«Ашыкпа, Чубак – деп, айтат,
Апкаарыба акыры,
Атасынын көрү капырды.
Урунбай жүргөн тоо барбы,
Урушпай жүргөн жоо барбы,
Азыркысын, Чубагым,
Теги аманат жаның соо барбы?
Жоо болсо нетербиз,
Жолуң болгур, ыйлаба,
Уруша, уруша чыгып кетербиз».
Ал сөздү айтып баатыры,
Ашыгып койбойт акыры.
Кенебейт да, кебелбейт,
Аның үчүн Манаска
Ал жүргөн адам теңелбейт.
Анда Чубак эмне дейт:
«Аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы,
Өзү да Манас турбайбы,
Сөзү да Манас турбайбы!
Манас болсо жолборсум,
Алмамбет болсо жолдошум,
Кол келди – деп, кытайдан
Корксом кудай урбайбы!»
Эр Манас минген Айбанбоз
Энтелеп Чубак жүгүрүп,
Туура тартып калыптыр.
Соорусунан кан чыгып,
Арстан Манас баатырдын
Далысынан жал чыгып,
Айбатынан жан чыгып,
Күңгүрөнүп унчугуп,
Бар жарагын байланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Каар жүзүнө айланып,
Баткалыш көрсө мараган,
Кабыландай караган,

Чагарак куйрук, чаар тон,
Чамынганы соо болбос,
Шаңы чыгып сур жолборс,
Аккүбөнү жамынып,
Атышар жоого камынып,
Арстандай чамынып,
Накери бутта чойкоюп,
Айбанбоз минип болкоюп,
Сырнайза колдо койкоюп,
Аккелте жондо жаркылдап,
Найзасы колдо калкылдап,
Ак асаба, сур желек
Шамал тийсе жалпылдап,
Атка минип алыптыр.
Ал аңгыча болбоду,
Алмамбет менен Сыргакты
Кууп алып кужулдап,
Кытай келип калыптыр.
Кенеп койбойт, элебейт,
Кыжылдаган кытайды
Бенде экен – деп, бейлебейт,
Кебелбейт да, кенебейт,
Келе жатыр калың жоо,
Анда Чубак эмне дейт:
«Кызыталак канкордун,
Кылымды баскан анткордун
Эр экени чын экен,
Элден ашык тың экен!
Каптап келген калың кол –
Кужулдаган куу кытай
Куугуну келди кумдан мол,
Оюна алып койбойт – деп,
Ушунча келген душманды
Чиркейден жаман ойлойт – деп,
Жолборсум Манас бул болсо,
Жолдошум Алмамбет сындуу кул болсо,
Жоодон коркуп бекер – деп,
Жолуккандын баарысы
Жобонбой кантип кетер» – деп,
Мубакүлдүү Сыр найза
Булгап колго алганы,
Астындагы Көктеке,
Бууданга камчы салганы,
Алмамбет, Сыргак баатырга
Астынан тосо барганы.
Айбанбоз минип акырып,
Азырет! – деп, бакырып,
Астыңкы келген аскерди
Алдын кайра жапырып,
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан*
Кароолу дажаал, огу ажал,
Касиеттүү Аккелте
Астынан тосуп бир койду,
Аккелте менен күр койду.
Аламан келген көп аскер
Кайра тартып дыр койду.
Аккелте үнү чаңырып,
Арстан Манас баатырдын
Ач кыйкырык жаңырып,
Алдыңкы келген көп аскер
Акылы кетип жаңылып,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак
Башынан түтүн ачылбай,
Мылтыктын үнү басылбай,
Мөндүрдөй түштү аткан ок,
Милтенин баары кызыл чок.
Бууп жолун алганы,
Буудандар уруш салганы.
Ал аңгыча кеп айтып,
Алмамбет баатыр бек айтып,
Арстан Сыргак баатырды
Жөнөй көр! – деп, акыры,
Мурунку келген жол жакка,
Чаба көр! – деп, кол жакка
Алмамбет айтып салыптыр,
Барбаймын – деп, айта албай,
Алмамбет сөзүн кайтарбай,

Эр Сыргак жөнөп калыптыр.
Алмамбет, Чубак, Манасы,
Көзүнөн учуп көк жалдын
Көңкү кыргыз баласы,
Артынан келген кытайды,
Айтып болгус мындайды,
Артынан келген капыры,
Дүнүйө толуп акыры,
Аны санап билүүгө
Адамзаат бенденин
Жетер эмес акылы.
Аңдап көрсө соңунда
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Очогор аткан он жүз миң,
Ого турар бенде ким.
Жазайыл аткан сандан көп,
Замбирек аткан андан көп.
Жаалары өгүз белиндей,
Аттары сырттын желиндей,
Ар мүчөсү беридей
Алпын көрсөң андан көп,
Баатырлары сандан көп,
Дөөлөрүн көрсөң сандан көп,
Ат минбеген артында
Жөөлөрүн көрсөң андан көп.
Буттары бар мунардай,
Колдоруна карасаң,
Көп токтолгон чынардай.
Ат көтөрбөй жөө баскан,
Айбатын көргөн адамдар
Акылынан чын азган.
Айта берсе жомогун,
Ар бирөө бир дастан.
Алптын зору анда бар,
Айдаган койдой жайнаган
Калктын көбү анда бар,
Күрсүсү үйдөй балбан бар,
Күрөшкөнүн алган бар.
Оозунан тиши оркоюп,
Камандан мурун чалган бар,
Баарысынын баатыры –
Эр Коңурбай зардал бар.
Кытайдан бар Коң төрө,
Кыйла кыйын чоң төрө.
Кырмус шаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Каткаландын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы,
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Колун айдап которгон
Солобонун Соорондук,
Миңди бир – деп, санаган,
Баарын айдап Соорондук
Сүрүп Бээжин калаадан,
Азап көргөн Соорондук
Өзүнөн тууган баладан,
Адамсыз жери эч калбай
Анжы-Манжы, Таңышаң,
Туңшанын жазы талаадан,
Түпөктүү найза кылкылдап,
Дүнүйө жүзү былкылдап
Аскерге толуп алыптыр,
Бирин миң – деп, санаса
Токсон миң толуп калыптыр.
Көптүгүнөн жол тийбей,
Жол тийсе да, мол тийбей,
Шыкалып аскер турушуп,
Атыш, чабыш, калаба,
Өз өзүнөн урушуп,
Шыкырап аскер калыптыр,
Бери жактан барган үч баатыр
Жолун бууп салыптыр.
Алдына келген аскерден
Алты миң киши өлүптүр,

Аркасында жүргөндөр
Аларды кайдан көрүптүр.
Өздөрү жатып өлүшүп,
Баашалык өкүмөтүнө
Баары келген көнүшүп.
Жылдыртып жылкы айдаган,
Баягы келген төрт баатыр
Артынан кууп жеткенде
Алты миңин жайлаган,
Азыр кытай көргөн жок
Адамга бүтөр байдадан.
Туурасы жоон, бою бас,
Дулдугуй беттүү, өңү саз,
Чылгый душман динге кас
Кедердин уулу чоң Жолой
Келген экен жаңыдан,
Кездешкен душман табылган.
Түрк уулунун малы – деп,
Түк койбой баарын алды – деп,
Угуздун калган тукуму
Убарага салды – деп,
Кара калмак калкында
Кара мал калбай калды – деп,
Каражолтой буруттар
Калбаны жаман салды – деп,
Жакыптын уулу Манас – деп,
Кайдан табам аны – деп,
Каршы алдымдан жолукса,
Калбас эле жаны – деп,
Кетер эле саны – деп,
Ачбуудан минип урунуп,
Аскерден чыгып суурулуп,
Ачбуудан атты чуратып,
Артынан тозоң булатып,
Жолго Жолой салыптыр.
Доолбас, мылтык чуусунан
Жылкы үркүп кетип калыптыр.
Кайыптан бүткөн Карткүрөң
Жылкыны баштап алыптыр,
Сызып жолго салыптыр.
Аркасынан көп жылкы
Кулундары куюгуп,
Кунандары жарышып,
Куйругун сыртка салышып,
Аңгинин баары алышып,
Көксөө болгон карысы,
Дарттуусунун баарысы
Көт жагында калышып.
Жылкыга айгай салыптыр
Манас, Чубак баатыры,
Башчы болгон Алмамбет
Бара жатыр акыры.
Жылкынын өзү экен – деп,
Жолойдун шондо акыры:
«Арбак урган кытайлар,
Артына түшүп не айдаар
Айбанга чалыш жакырлар,
Ат минбеген капырлар.
Жылкы минбес жыластар
Жылкынын сырын биле албай,
Кой дегенге тил албай,
Үркүткөн экен акыр – деп,
Мал көрбөгөн бакыр – деп,
Төлдөтүп жылкы өстүрүп,
Жайын билбес жакыр – деп,
Алдынан тосуп жылкыны
Кайта айдайын акыр» – деп,
Жолой жолго салыптыр.
Жоо бөрүсү Алмамбет
Эр Чубакка айтат кеп:
«Атка өбөктөп ала көр,
Айдаган жылкы чаңына
Көрүнбөй кирип кала көр,
Көт жактан Жолой келатыр,
Жолу каткан доңузду
Көмө коюп сала көр,
Жолойду көмө коё көр,
Жоо бөрүсү капырды
Жол боюна соё көр!»
Ал сөздү макул алыптыр,
Аттын түшүп капталга,
Өбөктөшүп алыптыр.

Алды-артына карабай,
Аңдаганга жарабай,
Ачбуудан атты аргытып,
Артынан чаңды баргытып,
Алдынан чыгып тосууга,
Ачбуудан менен озууга
Жолго Жолой салыптыр.
Жоо бөрүсү эр Манас
Жогору четте калыптыр.
Күн жүрүш жактан күркүрөп,
Аркасынан Жолойдун
Алда канча көп аскер
Ат коюптур дүркүрөп.
Кыябыма келсин – деп,
Кыйып өтө берсин – деп,
Кызыталак айбан кул,
Акыретти көрсүн – деп,
Ажалы жетсе өлсүн – деп,
Алмамбет баатыр аны ойлоп,
Атка өбөктөп алыптыр,
Арасында жылкынын
Чаңга кирип калыптыр.
Как тушуна келгенде
Нойгуттун оён Чубагы,
Оёндун бири бу дагы,
Астындагы Көктеке
Аткан октой чурады,
Аял кылып турбады,
Качырып Чубак калганы,
Көрө салып Жолойду,
Атына камчы салганы.
Ачбуудан атты кындыйтып,
Ак найзаны зыңкыйтып,
Качырды бу да Чубакты.
Эми келип калыптыр
Карсылдашар убакты.
Алтын ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Жолойго Чубак жеткени,
Сыр найза менен неткени.
Ачбуудан аттын үстүнөн
Алиги Жолой баатыры
Аңтарылып кеткени.
Жолойго найза салганча,
Жоо бөрүсү эр Чубак
Найзасын оңдоп алганча,
Капырдан Ушаң жеткени,
Көсөл Чубак баатырды
Көмө коюп кеткени.
Калды Чубак жыгылып,
Чаңга башы тыгылып.
Көркөм күлүк Көктеке,
Жылкыдан башка как чеке,
Алда кандай болом – деп,
Жыгылсам кайдай оңом – деп,
Эрлердин кылган иши экен,
Калабалуу Чубагың
Чылбырын белге чалыптыр,
Чырмалып аты калыптыр.
Чылбыры белге байланып,
Көрктүү күлүк Көктеке
Эр Чубактын үстүнө
Тегеренип айланып,
Туягын жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып,
Көктеке күлүк ойноптур,
Көсөл Чубак сойлоптур.
Ошондо да Алмамбет
Орунуна койбоптур.
Чубакка найза салганда,
Баатырдын бирин жыктым – деп,
Мактангансып калганда,
Найзасын оңдоп алганча,
Андистиги ар канча,
Алмамбет ага жетиптир,
Качырып келип Ушаңды
Капталга найза нетиптир,
Калмактын кыйын Ушаңы
Камгактай учуп кетиптир.
Ушаң дөө калды жыгылып,
Ушунусун карасаң,
Топого башы тыгылып.

Сарала ат менен чуратып,
Сандыргалуу Алмамбет
Чаңды артынан буратып,
Ушаңды сайып сулатып,
Бура тартып алыптыр.
Бура тартып караса,
Буйдалып Чубак калыптыр
Көтөрүлүп ойноктоп,
Көктеке күлүк сойлоктоп,
Үзөңгү бутун сала албай,
Урматтуу күлүк Көктеке
Үстүнө минип ала албай,
Апкаарып Чубак калыптыр.
Ал ашыгыш үстүндө
Алмамбет жетип барыптыр.
«Катыгүн Чубак неттиң – деп,
Кайратың кайда кетти? – деп,
Камалап капыр жетти» – деп,
Артынан Алмаң барганы.
Алтын кемер, бото кур
Аткый кармап алыптыр,
Акбалта уулу Чубакты
Арстан Алма султаның
Ат үстүнө салыптыр,
Арстан Манас баатыры
Аларды көздөй бет коюп,
Жөнөп калды акыры.
Аркасынан көп аскер
Каптап келет дүркүрөп,
Кабылан Манас каршы чаап,
Аккелте мылтык күркүрөп,
Аккелте мылтык октолуп,
Машада милте чоктолуп,
Кытайдын кылым аскери
Аялдай калды токтолуп.
Астыңкы келген Жолой дөө
Айрылып калып атынан,
Каңкайып калган, карап жөө.
Жыгылып Жолой сойлогон,
Ачбуудан аты ойногон,
Нескара көрө салыптыр,
Ойноп кеткен ойрондун
Ачбуудан атын алыптыр,
Энтелеп келип Нескара
Жолдо калган Жолойго
Атын бере салыптыр.
Ат койгон кытай баарысы,
Алооке баштап карысы,
Эр Коңурбай баш болуп,
Эми келип калышты.
«Жүрбөй келди атыбыз,
Түшүүгө жакын батыбыз.
Ачбуудан күлүк атыңыз,
Арбактуу Жолой – улуу дөө,
Азыркы жүргөн адамдан
Артык балбан затыңыз.
Аскерден чыгып, озгун – деп,
Арам өлгөн жылкынын
Астын кайра тозгун» – деп,
Коңурбай айта салганы.
Айтканын угуп эр Жолой
Кара калмак малга бай,
Кайтарды жообун жайма-жай.
«Астын тос – деп, жылкынын
Айтканың кандай Коңурбай?
Арзан көрбө бурутту,
Азелден бери көрбөдүм
Абжор мындай журутту,
Жылкы экен – деп, тосом – деп,
Жеке жөнөп мен барсам,
Жеткен жерде курутту,
Алды-артын аңдап карабай,
Арбак мени уруптур.
Бирөө – деп, барсам, миң окшойт,
Баары күчтүү бил окшойт.
Жалгыз – деп барсам, сан окшойт,
Байкап көрсөм баарысы
Жандан тойгон жан окшойт.
Жанымды эптеп сактаймын,
Эми жылкы тосом – деп,
Эгер жалгыз чаппаймын.
Жылкындын ичи жык бурут,

Көрбөдүм мындай куу журут.
Малыңдын ичи-баары жоо,
Барган адам калбайт соо,
Бендеси беттеп баруугa
Таба албадым акыл шоо.
Бирөөн көрүп жетесиң,
Жакын жетип барганда,
Алда кайда жалп этип,
Аттан кулап кетесиң.
Көрбөдүм мындай журутту,
Жылас болгон бурутту.
Жыгылганда билесиң,
Кыйратып салчу немедей
Кыйын турат мүнөзүң.
Артык көрдүк акылын
Аскеринин жүрүшүн.
Акимсинип барып көр,
Жеткен жерде жер кучуп,
Катаасы жок бүлөсүң,
Жолойдун айткан сөзү – деп,
Как ошондо билесиң!»
Бу сөздү айтып салганы,
Улуктардан өтө албай,
Улуу-черүү калың кол
Буйдалып токтой калганы.
Муну коё салыңар,
Мусулмандын аскерге
Мурунку кеткен эр Сыргак
Кабарын угуп алыңар.
Чамбылала чаң болуп,
Кызылала кан болуп,
Жарааты бар боюнда,
Жайнай жаткан аскерге
Кабар бермек оюнда,
Калкына кирип барганы,
Элдин бери четинде,
Улар-Таштын бетинде
Абакеси эр Бакай
Ар деме бар нээтинде,
Кеткени кыйла күн болуп,
Абакеңиз Бакайдын
Ичи кыйла дүм болуп,
Айбалта, кылыч эгешип,
Алмамбет, Манас кеңешип,
Алмамбет чалгын чалды – деп,
Сыргакты жолдош алды – деп,
Чубактын кылган чуусунан
Жолу каткан Манасы
Жоголуп кетип калды – деп,
Кеткен жагын көрмөккө,
Кебелбеген эр Бакай,
Атка минип эрмекке,
Кейиш тарткан бир далай,
Айнек оозу кызарган,
Алты имерип чойгондо,
Кылабына койгондо
Төш жарыдай узарган,
Тиктегенин өлтүргөн,
Абакең чындап караса,
Алты күндүк жолдорду
Ат чабым жерге келтирген
Турнабайын алыптыр,
Туйгун Бакай абаңыз
Оң көзүнө салыптыр.
Бер жагында кыры бар,
Абаң аңдап ойлосо
Капырдын калба чыры бар.
Ары жагында кырынын,
Алеңгир салган чырынын
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Ошончо жерден көрүнөт
Көккө тозоң буралып.
Алмамбет, Манас, эр Чубак
Тозокто калган көрүнөт.
Алчалуу-Кырдын ары жактан
Асманга чаңы бөлүнөт,
Акимсип барган баатырлар
Азапка калган көрүнөт.
Аны көрүп эр Бакай,
Алдырай түштү бир далай.
Канетерин биле албай,

Карап калды бир далай.
Ал аңгыча болбоду,
Аларды Алда колдоду
Колдобосо неткени,
Көкказыкты койгулап,
Сырттан Сыргак жеткени.
Аскерден чыккан урушуп,
Атыш, чабыш ичинен
Араз чыккан жулушуп,
Көңүлгө коркуу жык толуп,
Кайраты бойго жык болуп,
Куруп барган эр Сыргак
Кулагына чаң толуп,
Көзү көрбөй көр болуп,
Көзүнө тозоң да толуп,
Кулагы укпай кер болуп,
Бойдон кетип кара суу,
Оно бою тер болуп,
Оно бою кара суу,
Кытайдын кылым аскери
Ойбойлогон ызы-чуу,
Көтөргөнү кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Көрүп барган Сыргак бу.
Ак сеңирдин жонунан
Апкаарып келген Сыргактын
Абакең тосту жолунан.
Көрөт десе көрбөдү,
Өкүрсө Бакай түк укпайт,
Өкүмүнө көнбөдү.
Кыйкырса Бакай кылчайбайт,
Кыраан Сыргак токтолбойт,
Өтүп кетип баратыр,
Астындагы Көкказык
Даңканы тийген таштары
Өсүп кетип баратыр,
Туягын жерге мылгытып,
Туяк тийген таштарын
Туш-тушуна ыргытып,
Атып кетип баратыр,
Кара жерге туягы
Батып кетип баратыр.
Абаң Бакай акырат,
Токтогун! – деп, бакырат.
Кулагын Сыргак салбады,
Эки жагын бир карап,
Элес-булас албады.
Ачуусу келип эр Бакай,
Кайраты кабат бир далай,
«Кызыталак Сыргак, кул,
Билгенин бир ооз кеп айтпай,
Билгеним мындай – деп, айтпай,
Көңүлүнөн кеп айтпай,
Көргөнүм ушу – деп, айтпай,
Ашыгып жолго салууну,
Алдыргандай Манасты
Апкаарып жөнөп калууну».
Аны ойлонуп эр Бакай,
Астындагы Бозжорго
Аткан октой чуркаган
Азыраак жер болжолго,
Кыйгактуу найза, көк түпөк,
Кыраан Бакай абаңыз
Кылар ишин караңыз,
Тегеретип темирин,
Жардам бер – деп, теңирим,
Түпөктөн кармап алганы,
Астындагы Бозжорго
Атка камчы салганы,
Тепендеген Сыргактын
Сол жагынан эр Бакай
Созултуп чыга калганы.
Качырып келип кан Бакай,
Калабалуу Сыргак – деп,
Бөйрөккө найза салганы.
Капталга найза бек койду,
Кыйкырып жатсам карабай
Канетесиң! – деп, койду.
Калбаны Бакай баштады,
Түбү менен найзанын
Түрткөнүндө Бакайдын
Сырттан Сыргак баатыры

Учуп кете таштады.
Атын жалдан бек кармап.
Алдам, колдо! – деп, кармап,
Акылы башта калбады,
Найзасын улай карады.
Бакайдын көрдү жаалыны,
Улай карап найзаны
Көрө сала тааныды.
Ашыгып калган эби жок,
Аба, аба, аба! – дейт,
Абадан бөлөк кеби жок.
Ашыгып коркуп алыптыр,
Алты-жети которуп,
Абалап сүйлөп калыптыр.
Ошондо келип ачуусу,
Абакеңиз эр Бакай
Оройго камчы салыптыр:
«Ачылып келген көзүң жок,
Аялдап жыйган эсиң жок,
Адамдыктан кетипсиң,
Абадан бөлөк сөзүң жок.
Ээн талаа, эрме чөл,
Эч ким турбайт бул жерде,
Эсиң кимден чыкты – деп,
Эл ичинде жүргөндө
Көптүн баары сени айтат,
Көсөл Сыргак мыкты – деп,
Көрбөй жатып душманды
Көөдөндөн жаның чыкты – деп,
Казатка минсе бурагың,
Караңгы түндө чырагың,
Ыраакты жакын билгизген,
Ыслам динге киргизген,
Уругу маңгул элинен,
Нуска билер эринен,
Атпай маңгул элинен,
Акылга дыйкан эринен
Урматы журтка толгону,
Уругу угуз болгону,
Капкасы болот коргону –
Канкоруң аман-соо барбы?
Кабарын айткын шолордун.
Эрегишкен эки кул
Эсен-аман соо барбы,
Эрмегин айткын олордун».
Эр Бакай сурап калганы,
Анда Сыргак кеп айтат,
«Эмгекке мени салганы,
Ээрчип жүрүп калмакты
Эс-акыл менде калбады,
Кыйырында жүрүп кытайдын
Кылбаганы калбады,
Кыйласын союп жалмады.
Кентун, Туңшаа калаасы,
Көп экен кытай баласы.
Анжы-Манжы, Таңшаң,
Айта берсе көп жатыр
Алмамбетти ээрчийм – деп,
Азыркы көргөн тамашам.
Башы – деди, Бакбурчун,
Чылгый динсиз Чынмачын,
Ортосу орчун Чоң-Бээжин,
Жетиген жаккы тарабы
Жеринин аты Салаңуу,
Каспаны Кара тоо экен,
Кайгайлаган капырдын
Баарысы бизге жоо экен.
Ыңкып жаткан кытайда
Алмамбет деген немеге
Ынтымак санаар жок экен.
Какандын журту – кара курт,
Кайнаган кытай калың журт.
Басканы барпы* чөп экен,
Бадирек кытай ичинде
Маңгулдун журту кеп экен.
Аталган жери түрүктүр,
Анжы-Манжы, Таңшаңы
Азып динден бүлүптүр,
Кытайдан жаман көрүндү
Кыйырынан азган бүрүктүр,
Ошон үчүн Алмамбет
Ойроттон озуп бүлүптүр.

Каспаң тоонун оюнан,
Кара суунун боюнан,
Аяк-башы көз жеткис,
Айланта карап эс жеткис,
Алдык айдап жылкысын,
Айран-азыр таң болдум
Алмамбеттин кылышын.
Кытайга барса кыжылдайт,
Ар канча кылып тыңшасам
Кулагыма илинбейт,
Калмакка барса кажылдайт,
Карап туруп билбедим,
Баштан аяк бажылдайт.
Аралап өтүп алганы,
Азар түмөн көп жылкы
Айдап жолго салганы.
Айдаган жолун аман – деп,
Туюкта жаткан жеринен.
Душман келди, жаман – деп,
Алдаган экен азгырып,
Аны кайдан мен билем,
Өз жолунан жазгырып.
Капкадан чыгып Алмамбет,
Калдайтып жолго салганда,
Туңшанын жазы талаага
Асты келип калганда,
Ажы акемин Карткүрөң
Баштап жылкыны алганда,
Эриме чөлүн бет алып,
Мүнүскө келип калганда,
Чаң жылкыдан суюлуп,
Капырдын журту туюнуп,
Туш-туштан чыкты душманы
Кара курттай куюлуп,
Зиркилдөөчү баатырлар
Сийдиктери куюлуп,
Калбанын калды ичинде,
Канкоруң баштап сыйынып
Кайрат менен күчүнө.
Найзанын калды учуна,
Нак ишен, аба, ушуга,
Мылтыктын калды огуна,
Жазайыл менен тобуна,
Жатып калды баатырың
Жалын менен чогуна,
Барып кабар бергин – деп,
Кара кыргыз тобуна
Айтып баатыр салганы,
Алмамбет айтып калганы.
Не болгонун билбедим,
Эми келдим мында – деп,
Кебим ушу тында» – деп,
Эр Сыргак айтып салганы.
Ашыгып Сыргак сүйлөшүн,
Абакең билди мүнөзүн.
«Кыйынга салчу баласың,
Кытай курчап калды – деп,
Кыйкырып колго барасың.
Бул мүнөзүң барында
Кыраан Манас баатырды
Кыяматка саласың.
Байкабаган баласың,
Басып калды кытай – деп,
Бакырып кирип барасың,
Баатырлардын баарысын
Балакетке саласың.
Кудай кулду берди – деп,
Тилегибиз келди – деп,
Корккондон келген Музбурчак
Кош атын колго албайбы,
Коңторулуп шу жерден
Кайра жөнөп калбайбы,
Ошо бойдон соо кетпей,
Ногой уулу болгонун
Ойрон кылып салбайбы.
Омкоро тартып кадасын*,
Ногойдун жоюп карасын,
Ойбойлотуп баласын,
Ойрон кылып калаасын,
Талап алып кетпейби,
Алакандай Таласын
Журттун көбү кас жүрөт,

Тууган бизге аз жүрөт,
Кыңк этер шайман жогунан
Кыпчактан Үрбү таз жүрөт.
Кылычын байлап белине,
Кыйкырып кыпчак элине,
Айгайды бийик салбайбы,
Аскерин бөлүп албайбы,
Алакандай кыргызды
Азапка минтип салбайбы,
Он үйлүү ногой уругу
Ойрону чыгып калбайбы.
Ар жагы татар уругу,
Артык сөз дебе мунуму,
Ар качандан бир качан
Айдалып жүрүп куруду.
Эштектерден Жамгырчы
Элиң эмес сенин да,
Энтелеп бара жатканда
Эсим чыкты менин да.
Атасы башка Жамгырчы
Аскерин бүтүн жам кылчу,
Алач уулу болгону
Алмак үчүн кам кылчу,
Кош атын* алып колуна,
Журтунун баарын көңтөрүп,
Жунгардын салар жолуна,
Накери өтүк, өкчө бар,
Апылдап жүрөт ушунда
Алты канга сөз берип,
Ак матага бөз берип,
Айдаркандын Көкчө бар.
Казак, кыргыз аралаш,
Айлыбыз жүрөт аралаш,
Кыргызга кыргын салбайбы,
Далактап жүргөн эр Көкчө
Талоонго кетип калбайбы.
Казакка каран салбайбы,
Алыстан келген көй душман
Арзыганын албайбы.
Үйүрүнөн алып көлүгүн,
Үстүңө салып түлүгүн,
Үйүндөн алып мүлүгүң,
Жетпей жүргөн кеби көп,
Жергенден алар кеги көп,
Ала албай жүргөн өчү көп,
Чаба албай жүргөн көчү көп,
Жара албай жүргөн өтү көп,
Жайын өзүм билемин
Жайнап жаткан бул элдин.
Ашыкпа, Сыргак, акыр – деп,
Акылын элдин мен табам,
Алдыраба баатыр – деп,
Каныңды койбой жууп ал,
Белди бекем бууп ал,
Жанагыдай демикпей,
Эсиңди жыйып, сууп ал.
Кылым кытай экен – деп,
Арзыганын албайбы,
Кыңк этпеген бекер – деп,
Ээ эмес экен малына,
Бир эле киши болгудай
Миң кытайдын баарына,
Ээсиз экен малы – деп,
Эсер экен баары – деп,
Алсыз экен алы – деп,
Киши-миши дебеймин
Арбын да болсо аны – деп,
Жылкысын айдап алдык де,
Жылдырып жолго салдык де,
Кимсиң деген киши жок,
Комсунган бойдон калдык де
Айтып барсаң ушинтип,
Алдын-артын жоктобой,
Аламан коюп токтобой,
Капырга каршы барбайбы,
Калабаны салбайбы,
Кадыр Алда жар болсо,
Канкорду айрып албайбы?
Бул сөздү айтып эр Бакай,
Акылы арбын бир далай,
Боз жорго атты аргытып,
Ак сакалын жаргытып,

Артынан чаңды баргытып,
Кыйгактуу найза зыңкыйып,
Кыраан Сыргак кымпыйып,
Жандап алып Бакайды,
Жай бастырып жѳнѳлүп,
Шашпаган киши ѳңдѳнүп,
Билмексен болуп кымпыйып,
Калаба кѳрбѳй келгендей,
Кайран Сыргак зымпыйып,
Карысында караса,
Карагай найза зыңкыйып,
Ээрчишип экѳѳ калыптыр,
Элге кирип барыптыр.
Абакең Бакай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Колго кирип жакындап:
«Ак жѳкѳр мылтык атпай кал,
Айылда жүргѳн немедей
Ала салып жатпай кал,
Койчагыр мылтык атпай кал,
Короодо жаткан немедей,
Которулуп жатпай кал.
Кудай берип салыптыр,
Куруп калган кытайдан
Кууп жылкы алыптыр,
Үргүлтүп айдап жүрѳ албай,
Үч баатыр анда калыптыр.
Мѳѳсүлүн бѳлуп алсын – деп,
Сыргактан кабар салыптыр.
Абакеңиз эр Бакай
Минтип кирип барыптыр.
Айтканын угуп дүрбѳшүп,
Аттана кѳр[1], жүр – дешип,
Биринен бири уулашып,
Миңи, саны чуулашып,
Найзанын баарын учташып,
Албарстын баарын курчташып,
Айбалта ташка кайрашып,
Аскердин баары жайнашып,
Ат, аттарын кармашып,
Баландын аты күлүк – деп,
Бастандын аты күчтүү – деп,
Баланча жылкы жүйрүк – деп,
Айгайды бийик салышып,
Аттарын оттон алышып,
Кылычты кайрап байланып,
Кылымдын кѳѳнү жайланып,
Алда кандай болот – деп,
Акылмандын баарысы
Ашыкпай ичип чайланып,
Калкандуу калкан тартынып,
Каруу-жарак артынып,
Белдемчи белге байланып,
Бектердин кѳѳнү жайланып,
Бет алсак – деп[2], душманга
Бел булуттай айланып,
Доолбасын байланып,
Топ башы кѳѳнү жайланып,
Согушсак – деп, душманга
Тоо булуттай айланып,
Арбып, дарбып дүрбѳшүп,
Аттана кѳр, жүр! – дешип,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Чѳбү чүйгүн, суу тунук,
Чѳлдѳ жаткан кутуруп,
Атынын баары тобурчак,
Агала сакал Музбурчак,
Уругу улуу түрүктүр,
Аскерин айдап сүрүптүр.
Андан мурун озунуп,
Ак куудай мойну созулуп,

---

[1] *ат ала кѳргүн.* Ушул түрдѳ айтылышы да мүмкүн, бирок тексттерде кѳп жолугуучу бул ыр сабы салттык үлгүсүндѳ «аттана кѳр» болуп айтылуучу эле. Чынында, текстке ушул үлгү тагыраак туура келет.

[2] *деп.* Түп нускада бул сѳз жок. Бирок ансыз маани, ыргак бузулуп, ыр сабындагы муун ѳлчѳмү да жетпей калат. Кыясы, сѳздү катчы жазбай кеткен ѳңдѳнѳт.

Анжыяндын Санжыбек,
Атаны көйрөң журт болбос,
Аттанып азыр алыптыр,
Мүнүстү көздөй бет алып,
Буркуратып тозоңун,
Аламан коюп калыптыр.
Куржундарын салынып,
Курун селде чалынып,
Кудайына жалынып,
Асабалар жалпылдап,
Найзалары калкылдап,
Алдына жүрдү аламан
Сарттын баары талпылдап.
Алардын арка жагынан
Туусу туура урунуп,
Чаңы обого бурулуп,
Эштектердин Жамгырчы,
Татардын[1] журту дабырлап,
Аттанып алып көп татар[2]
Аламан койду жабырлап.
Өзөн тартып буркурап,
Өзүң көргөн көп казак
Өлөңүн айтып чуркурап,
Айдаркандап буркурап,
Аламан коюп чуркурап,
Карк алтын доол күңгүрөп
Казактын колу дүңгүрөп,
Найзага найза кагышып,
Атышар жоосу кайда? – деп,
Ар тарапка багышып.
Булардын арка жагынан
Элемандын эр Төштүк
Эли менен өмөлдү,
А да кыпчак журту экен,
Айгай салып жөнөлдү.
Көпкөк темир тон менен,
Көк-Арал деген жол менен,
Жазайыл мылтык октошуп,
Калганын каза жоктошуп,
Элүүдөн, жүздөн топтошуп,
Кыйгачтап калпак кийишип,
Кыйкырып жолго киришип,
Таздын уулу эр Үрбү
Аскери менен жөнөлүп,
Колдун арка жагынан
Койдой чуулап өмөлүп.
Ушунда барган мусулман,
Казатка барган канча жан,
Отуз жүз миң санаты,
Аламан чабуул жүргөндө
Пазылды элдин канаты.
Балбан менен баатыры –
Баары жүрдү акыры.
Аскердин арка жагынан,
Адам ашып өтө албас
Алданын берген багынан,
Салтанаты бир башка,
Сандан чыккан сай кашка,
Кыраан Манас жөкөрү –
Кыргыздан чыккан кырк бөрү,
Абасы Бакай карысы,
Арстандардын баарысы,
Көлүктүн бели ийилген,
Көрсө көңүл сүйүнгөн,
Көй төрөлөр жөнөдү
Көпкөк темир кийинген.
Алтын айчык туу аштап,
Ак асаба буластап,
Абаң Бакай жол баштап,
Кырк баатырдын баарысы
Кырк миң черүү кол баштап,
Аккуланы бош коштоп,
Аргымакты жалпооштоп,
Алдыңкы жүргөн аскерди

---

[1] *татардын.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, үстүнөн ошол эле карандаш менен «Эштектин» делип жазылган.

[2] *татар.* Бул жерде да жогорудагыдай мурдагы жазылган сөз «татар» сызылып салынып, «Эштек» делип оңдолгон.

Ач жолду! – деп, бош-боштоп,
Эр Бакай жолго салыптыр,
Ушунчалык көп аскер
Урушка жөнөп калыптыр.
Тилеген алар урушту,
Берендер жакшы көргөн жок
Тим карап бекер турушту.
Бара турсун ушул кол,
Астыңкы барган эрендер
Ач бөрүдөй жулушту.
Бара турсун ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Айгай-чуудан жан тоюп.
Аларды таштап салыңар,
Арстан Манас, Чубактын
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Кытайдын колу жөнөлүп,
Кыраан Манас, Чубакка
Кыйгыйлап каптап өмөлүп,
Айгайды бийик салыптыр,
Адырайган чоң Коңур
Аскердин арка жагынан
Азыр келип калыптыр.
Көк күбө соот бөктөрүп,
Көк найзаны көтөрүп,
Баданасын жамынып,
Мас болгон билдей чамынып
Баатырды көздөй камынып,
Устундан кыйып улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Жарды сайса кулаткан
Сайган жоосун нураткан,
Өрттөй көзү кызарып.
Өткүр Коңур калчанын,
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Жоон билек, жолборс төш,
Кабагы бийик, каар сөз,
Капталы жазы, бою эңчер
Кан Коңурбай деген эр.
Астындагы Алгара
Ач маралдай шаңкайып,
Кайып түрдүү көркү бар,
Казандай соору даңкайып,
Кумдак жерге оонаткан,
Кудуктуу жерге сугарган,
Куланды кууса куткарбас,
Жалы саяң, куйругу аз,
Салышкан жоого болгон маш,
Туранын сөөгү көпкөк таш,
Каз моюндуу кара атка
Кан Коңур камчы салыптыр,
Кара түпөк найзаны,
Мелтирете сундуруп,
Бет алышып калыптыр.
Көрдү Манас баатыры,
Көргөн жерде Коңурду
Көңүлү тынды акыры.
Тиктегеним келди – деп,
Тилекти кудай берди – деп
Соксоңдогон Калча кул
Соо кылбасмын сени – деп,
Кайраты толуп боюна,
Коңурбай келбейт экен – деп,
Капалык келген оюна,
Башкасынын баарысын
Балача көрбөй калыптыр,
Коң төрөнү көргөндө,
Томого тарткан бүркүттөй,
Жылмайып баатыр алыптыр.
Астындагы Айбанбоз
Атка камчы салыптыр,
Арстан Манас Коңурга
Маңдайлашып калыптыр.
Алтын кемер чети – деп,
Ай балканын бети – деп,
Арстан Манас баатыры
Шилтеди найза акыры.
Калмак ээр кашына,
Как жүрөктүн башына

Асабасын жанганда,
Айкырып төрө сайганда
Найза төшкө так этип,
Чарайнага чак этип,
Алаптаган Коӊ төрө
Нардай болгон кара аттын
Сооруга башы шалк этип,
Ошончо найза сайганда;
Оӊдуруучу эр эмес,
Оён Манас баатырыӊ
Оӊой-олтоӊ неме эмес,
Коӊурбай кулап калыптыр,
Коӊ төрө сайып атынан,
Колуна кылыч алыптыр,
Коӊурбайды чабууга
Даярданып калыптыр.
Ошонгуча болбоду,
Чоктуу кара Бороончу
Манаска найза салыптыр,
Чоӊ баатырдын бири ошо,
Маӊдайлашып калыптыр.
Ачып көзүн-жумганча,
Аны-муну кылганча,
Алмамбет кирди бакырып,
Желегин жерге жапырып,
Жетти Алмамбет акырып,
Жер жайнаган көп колду
Чаӊ асманга сапырып,
Жүргүзбөдү көп колду,
Кылычтады оӊ-солду.
Найза тийип бооруна,
Атынын кетип сооруна,
Эр Манас найза салыптыр[1],
Көмө коюп жиберип,
Көк жорго башын имерип,
Айбанбоз анын атагы,
Кыйын болду баатырга
Кытайдын кылган чатагы.
Жамгырдай кылып жаа тыртып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Мөндү, мөндү, мөндү – деп,
Мөндүлөшкөн андан көп,
Жабуу, жабуу, жабуу – деп,
Жабуулашкан сандан көп.
«Кайраты толук эрде жок,
Капилеттен өлөмбү,
Кара кыргыз элде жок,
Баатыр, балбан менде жок,
Бакылдады капыр – деп,
Коӊ төрөсүн сайсам да,
Койбойт белем акыр» – деп,
Айбанбоз менен болкулдап,
Ак найза колдо солкулдап,
Асты жагы Ит кечпес,
Ит кечпес деген кара суу,
Аргымак тушсө ойнобойт,
Найза сайса бойлобойт,
Тобурчак салса ойнобойт,
Тереӊдиги карандын
Тогуз найза бойлобойт.
Айбанбоз атты калкытып,
Асабасы жалп этип,
Айгайлаган кытайлар –
Аркасынан жоо жетип,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жалгыз эрди жадатып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Жазайыл менен топ атып,
Каптаган капыр калыӊ кол,
Кайнаган душман оӊду-сол,
Арстанга жетип кытайлар
Найза сайып жыга албай,
Көк жал Манас баатыры
Көл-Кечүүдөн чыга албай,

[1] Окуяда үзүлүү бар, Бороончу сайган найзадан Манас кантип кутулганы ачык берилбей калган.

Көк жал эр минтип калыптыр,
Көсөмөлдөп көтүнөн
Алмамбет, Чубак[1] барыптыр,
Алмабаш мылтык чаңырып,
Алмамбеттин Алдалап!
Ач кыйкырык жаңырып,
Тула бою көк темир,
Соот менен кыягы –
Баатыр Алма султандын
Баштагы өткөн заманда
Магпыр, Жемшит, Үрүстөм
Мына ушундай сыягы,
Ташты басса талкалап,
Сарала аттын туягы,
Шам күйгөндөй кулагы,
Жанында Чубак бу дагы,
Каңгайлаган капырга
Аянбай боюн урганы.
Алыскысын найзалап,
Албарс кылыч колунда,
Каршы-терши кайсалап,
Көл-Кечүүнүн оозунда,
Көбүн сайып ушунда,
Жанчканын жыгып кулатып,
Далайын союп сулатып,
Башынан түтүн ачылбай,
Мылтыктын үнү басылбай,
Көк милтеден чок жетип,
Алмабаштан ок кетип,
Ачууланып атканда,
Ат чабым жерге ок жетип,
Алмабаш мылтык күркүрөп,
Ону, беши окко учуп,
Оодарылып жер кучуп,
Жанындагы кытайлар
Жайыла качып дүркүрөп,
Аяк-башы терең суу
Адам боюн салбаган,
Ал суугa түшкөн бендеден
Адам тирүү калбаган.
Мылтыгын мыктап октотту,
Быжылдап келген кытайды
Алмамбет, Чубак токтотту.
Көл-Кечүүдө көк жалың
Чокко байлап өз жанын,
Айбанбоз атты калкытып,
Ак күбө тонду жаркытып,
Соот, чопкут, кыягы,
Капырдын аткан огуну
Мөндүрдөй көрбөй сыягы,
Чолоосу жок боюнда,
Өлөмүнбү мындан – деп,
Эч кообу жок оюнда,
Жан-жагынан ок өтүп,
Жазайыл огу зыркырап,
Астындагы Айбанбоз
Көлдөн сүзүп шыркырап,
Кош таноосу дердейип,
Коёндой кулак сербейип,
Аткан менен капыры
Ак күбө, соот, кыяктан
Ок өтпөстөн акыры,
Кечип суудан чыкты эле,
Кенебес төрөң мыкты эле.
Суудан чыгып султаның
Дүнүйөнү каптаган
Кытайдын көрдү көп чаңын.
Тозоңу тоодой бурулуп,
Мингени керик эрлер бар,
Бир бирине урунуп,
Туңшаа калаа, чыңынан,
Жуда кытай козголгон
Султандын кылган чырынан.
Кара жердин топурак
Казылып даңкан изине,
Калайык айран калгандай

[1] *Сыргак.* Манасчыдан, же катчыдан жаңылыштык кеткен. Бул жерде Сыргак болуусу мүмкүн эмес эле.

Каңкордун кылган ишине.
Катылганы Чоң-Бээжин,
Кантип барган ишенип
Кашында үч-төрт кишиге.
Кентун калаа, Бакбурчун,
Кенебестен кол салып
Каканчындын көп журтун,
Китең, Мудул шаары бар,
Кайнап жаткан капырдын
Кишисинин баары бар,
Моюл, ачаң эли бар,
Болжолсуз кыйла эри бар,
Бодоң төрө беги бар.
Алмамбет, Чубак[1] – эки дөө
Аркасынан Манастын
Кирсек деген кеби бар.
Кытайдын колу кыжылдап,
Аркасынан түрмөгү
Кара курттай быжылдап.
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Турпактан тозоң бурулуп,
Туусу тууга урунуп,
Капкасынан Бээжиндин
Кайнап жаткан аскери
Кара курттан мол экен,
Көл-Кечүү менен калаасы.
Ал экөөнүн арасы
Эки күндүк, бир түндүк –
Үч күнчүлүк жол экен.
Күн батар жагы беш күндүк
Аяңдын аскар тоосу бар,
Аралдын Муют коосу бар,
Күн чыгыш жагы үч күндүк
Туңшаңдын туюк тоосу бар,
Ошончо жерге жык толгон
Кайнаган капыр жоосу бар.
Башчы болгон баатырлар:
Кытай зуңу* Коң төрө –
Кылымдан ашык чоң төрө,
Кырмусшаанын Мурадил,
Кызыл чокту Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардын Ороңгу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Солоон кандын Алооке,
Доңуз кыял эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук,
Жайсаңдардын Жаялы,
Чагаандардын Баяны,
Жүдөө Дөгөн деген эр,
Урушканда душмандын
Жулуп башын жеген эр,
Бериден алган өнөрү,
Кара кыргыз кайда? – деп,
Калың аскер кол алып,
Каптап бу да жөнөдү.
Алмамбет, Чубак[2] – эгиз эр,
Кара кыргыз журтуна,
Кара Ногой нуркуна
Кайраты ашык кеменгер
Каңкорун суудан өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Атка камчы салыптыр,
Аркасынан баатырдын
Ал экөө кирип калыптыр.
Жамгырдан бетер жаа атып,
Жазайыл мылтык дагы агып,
Койчагыр менен топ атып,

[1] *Сыргак.* Бул жерде да Чубак менен Сыргак чаташтырылган. «Балким, ушундай чаташуулардын баары манасчынын өзүнүн оорусунун күчөп баратышынын натыйжаларыдыр.

[1] *Сыргак.* Туурасы – «Чубак». Бул түрдөгү кийин жолугуучу калпыстыктар эскерилбей эле туура үлгү берилет.

Мөндүрдөн бетер ок атып,
Алмамбет, Чубак артынан,
Мурун алып кечүүнү
Жол бербеген дартынан
Кытайдын баары өмөлүп,
Кыйгыл-кычкыл кыйкырык.
Ал экөөнүн артынан
Туталык – деп, жөнөлүп,
Кошо кирди дайрага
Жан жагынан жабылып,
Алмамбет, Чубак баатырга
Айбалта, кылыч чабылып.
Өжөрлөнүп көп капыр
Өмөлүп кирди таптакыр.
Көрдү Манас аларды,
Көзү жетип баатырың
Көптөсө кармап каларды.
Көзү көрдү экөөнү,
Көптөп кытай турушун,
Көңүлүнө муну алды:
Көк жалдардан айрылып,
Кутулганым курусун,
Аскерине жөнөйүн,
Алмамбет менен Чубакты
Ажыратып бөлөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Азелде болгон жазууну
Нак шу жерде көрөйүн!
Аны ойлонуп баатыры
Астындагы Айбанбоз
Камчы салып акыры,
Кайта суугa кириптир.
Катыгүн төрө, келбе! – деп,
Кан Алмамбет баатыры
Айгай салды акыры,
Түгөнгүр, не үчүн кирди – деп,
Түк калбады акылы.
Көл-Кечүүдө кытайга
Көк жал Манас кириптир,
Көз көргөндүн баарысын
Көбүн кырып ийиптир.
Көл-Кечүү болду кызыл кан,
Өжөрлөнүп кытайлар
Көтүнөн келди канча жан.
Кайта сууга киргенде,
Капырды кырып ийгенде
Арстан Манас баатырдын
Астында аты Айбанбоз,
Арам өлгөн бу доңуз,
Мурун тердеп алыптыр,
Кайра сууга киргенде
Тоңуп калып зоңкоюп,
Эти жашып калыптыр.
Кош таноосу дердейип,
Ичи көөп чердейип,
Көл-Кечүүдөн Айбанбоз
Агып кетип баратыр,
Көт жактан келген Коң төрө
Көсөмөлдөп баатырды
Багып кетип баратыр.
Кысык жерге кыраан эр
Аккан бойдон жеткени,
Найза бою келгенде
Бет алдынан баатырдын
Коңурбай найза неткени.
Кулак тунат капырдын
Айгайлаган чуусуна,
Адам айран калгандай
Асаба менен туусуна,
Агып төрө киргенде
Көл-Кечүүнүн куушуна
Султан Манас баатырды
Суу ичине соём – деп,
Жутпай кантип коём – деп,
Коң төрө найза салганы,
Өлүмдү билбес өткүр эр
Канетер экен капыр – деп,
Каршы карап калганы.
Эки көздүн ортосун
Эр Коңурбай өлчөгөн,
Эңкейип найза салганы,
Таш жүрөктүү баатыры

Ирмеп көзүн албады.
Өлчөгөн көзгө найзанын
Учунан Манас кармады.
Коңурбай сайды найзаны
Эр Манасты жутканга,
Бетине найза жеткирбей
Берениң Манас тутканы.
Түпөктөн төрө кармады,
Колуна найза тийген соң,
Түк калбады арманы,
Түрмөгүн кудай жалгады!
Темири Манас колунда,
Сабы баатыр Коңурда.
Сандыргалуу төрөңүз
Жардам тилеп теңирден,
Найзаны тутуп темирден,
Алгара ат менен Коңурбай
Кургакты басып алыптыр.
Айбанбоз менен эр Манас
Сууга сүзүп калыптыр.
Албарсты суuруп кабынан,
Найзасын тутуп сабынан,
Адырайган эр Коңур,
Ачууланып оңбогур,
Атагы чыккан дөөлөрдүн
Аңгемесин ойлоп тур,
Арстан Манас баатыры,
Түртүп ийсе Коңурбай
Арылап кетип акыры,
Каары толгон жүзүнө,
Кабылан Манас баатыры
Калкып суунун үстүндө,
Түртүп ийсе ары жакка,
Тартып алса бери жакка
Ат менен калкып алыптыр.
Ал ошенткен кезекте
Акырганы баш жарып,
Алмамбет келип калыптыр.
Айбаты алгыр жолборстой,
Алышканда душманы
Аман-эсен болбостой,
Өрттөй көзү кызарып,
Өткүр Алма баатыры
Өрдөктөй мойну узарып,
Көл-Кечүүдөн калкылдап,
Аттын жонун ашыртып,
Бел бөксөсүн жашыртып,
Берен Алма баатыры
Кайра тартып суусунан
Качырганда акыры
Ызгаарына чыдабай,
Качып берди кадимки
Кан Коңурбай баатыры.
Аламын – деп, Манасты
Ашыгып найза салыптыр,
Карматып коюп гайзасын,
Кайра тартып алууга
Алы келбей калыптыр.
Акырган бойдон Алмамбет,
Качырып кирип барыптыр.
Алууга алы келе албай
Найзасын таштап салыптыр,
Алдындагы Алгара
Бура тартып алыптыр,
Коңурбайдын найзасын
Жулуп Манас калыптыр.
Жулдурган соң найзасын,
Журтун көздөй бет алып
Коңурбай качып барыптыр.
Коңурбайын качырып,
Колдун четин жапырып,
Алмамбет, Чубак – эгиз эр
Алда Таала колдо дээр,
Жигит пири шаймерден,
Жардам тилеп шол жерден.
Камалап келген капырды
Кайра сүрүп жапырды,
Чаңды обого сапырды.
Бура тартып калыптыр,
Бура тартып бул экөө
Манасты көздөй салыптыр.
Кайран эрдин барында

Кыймылдаткан алачты[1],
Дин ислам намысын
Тигилип алар талашты,
Арбагына дуба кыл,
Тим киши дебей Манасты.
Эрдик менен көгөрүп,
Эки найза өңөрүп,
Коңурбайдын найзасын
Кошо жулуп алыптыр,
Айбанбоз менен калкылдап,
Аккүбө тондун бөксөсүн
Суу кылып алып шалпылдап,
Суурулуп суудан кеткени,
Кырылганбы кыргыз! – деп,
Маңдайга төрө чыкканда
Аскердин асты жеткени,
Азаматын сарпоочтоп*,
Аргымагын жалпоочтоп*,
Аккула атын бош коштоп,
Боз жоргону чайкалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Коштогону Коёнбоз,
Төшөнгөнү баяндос,
Качырганы шаңдуу кул,
Кармаганы кандуу кул,
Урунганы жамбы – бул*,
Абакеңиз эр Бакай,
Айбаты калың бир далай,
Акырып жетип калганы,
Аккуладай тулпарды –
Айбандан бүткөн шуңкарды
Арстан Манас баатырдын
Астына тарта салганы.
Аркасынан кырк баатыр
Аламан коюп келатыр,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштап карысы,
Кыргыз алган шол кезде
Кытайга бербей намысты,
Калың аскер, түмөн кол
Кыйкырып кирип калышты.
Элеман уулу эр Төштүк,
Эштектердин Жамгырчы,
Казактардын Көкчөсү,
Калың кыпчак Үрбүсү,
Кара кыргыз жомогу
Кадимден калган үлгүсү,
Тээжиктен[2] чыккан Музбурчак
Темир жарак бир кучак.
Калмак-кытай жолунда
Санжы деген шаары бар,
Баштап барып Санжыдан
Баатыр Манас бек койгон,
Баатырлардын баары бар,
Анжыян беги Санжыбек,
Аламандап ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Аткычылдар жаа чоюп,
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Доолдун үнү карсылдап,
Саадактын огу шартылдап,
Кылычтын баары жаркылдап,
Асаба желек жалпылдап,
Карап турсаң ушуну,
Кара кыргыз кошууну
Каптап кирип калганы,
Жашы менен карыганы,
Жалгызы бура тартпастан,
Жалпы кирип калганы
Аларды коё туруңуз,
Арстан Манас баатырдын
Алда эмине сөзү бар
Аңгемесин угуңуз.
Маңдайында багы бар
Ай караңгы түн болсо,
Туман баскан жылчыксыз

---

[1] *алачты.* Сөз кызыл карандаш менен сызылып, «кыргызды» делип оңдолгон.
[2] *тээжиктен.*

Жер көрүнгүс күн болсо,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар,
Тумшугунун үстүндө
Ноктонун кескен тагы бар,
Нак соорунун үстүндө
Абунасыр сылаган
Колунун тийген калы бар,
Кондурдай болгон жаныбар,
Мурунтан минбей чалгынга
Буурругуп калган чагы бар,
Айсыз түндө бөлүнгөн,
Караңгыда жол тартса,
Кулагында шамынан
Жол жоголбой көрүнгөн,
Касиеттүү чоң Кула ат
Канкор баса мингени,
Кадимден берки Сыр найза
Карыга баатыр илгени.
Сары камыш кыйдырып,
Саратанга жыйдырып,
Сал устага кылдырып,
Тарамышка чаптаган,
Желим менен каптаган,
Душман үчүн сактаган,
Алда кандай жыгач? – деп,
Акылын адам таппаган,
Камыш, желим, тарамыш,
Сырткы жагын сырдаган,
Өнөрүнө караңыз,
Сайган жоого мылгыган,
Ар түрдүү адам болсо да
Аттан жерге ыргыган.
Тартып алса чоюлган,
Жанчышкан душман сойлогон,
Кармай калган душмандын
Беш манжасы кыйылган,
Ак дүрдүндөн алдырган,
Айланасын тайдырган,
Орто жерин Каныкей
Он ачкычтап сайдырган,
Мүбакүлдүү Сыр найза
Булгап колго алганы,
Астындагы чоң Кула –
Атка камчы салганы.
Бара жатып баатыры
Кытайга кыргын салмакка
Кылычты суурду акыры.
Көмүрүнө чыдабай,
Көп токойлор кыйылган,
Көөрүгү үчүн кылычтын
Как букалар кырылган,
Көөрүкчүсү Каратаз,
Алда кудай, колдо! – деп,
Ач билекке сыйынган,
Сугатына бир катар
Суук булак соолгон.
Кылганына чыдабай,
Кырк алты уста жадаган,
Жатып Мысыр дөөгөрү
Жай-кышында кадаган,
Учун кайкы чыгарган,
Урум шаар колунда
Уу булактан сугарган,
Түн ичинде суурса,
Өрттөй жанып кызарган,
Уруштуу күндө узарган,
Ободогу мунардан
Арып менен сугарган,
Ажыдаар заарына
Үч ай таштап чыңаган,
Тоого чапса таш кескен,
Бойго чапса баш кескен,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Мисирден билип алдырган,
Абунасыр дегенден
Ак байгамбар Мукамбет
Аманатка калтырган
Кылычты кындан алыптыр,
Аккула менен чуратып,
Кытайды беттеп калыптыр.

Ит-Кечпес деген ийри суу,
Мусулман менен капырдын
Маңдайлашкан жери бу.
Айбанбоз менен шалпаңдап,
Араң кечкен Көл-Кечүү,
Ал кезекте эрлерге
Абыдан кыйын бел чечүү,
Алтындан доол карс коюп,
Аккелте мылтык тарс коюп,
Арстаның Манас акырып,
Аскерди көздөй бет алды
Айгай салып бакырып,
Кыйкырып төрө качырса,
Кылычынын мизинде
Кырк душмандын каны бар,
Найзасынын учунда,
Жүрөт кошо айбаты,
Жүз кишинин жаны бар,
Жеке башы баатырдын
Жети миң колдой шаңы бар.
Бет алдына караса,
Ажыдаар түгү бар,
Аз болгондо кийгени
Кара лөктүн жүгү бар,
Өлөмүн деген турбаса,
Өзгө бенде ким турсун,
Ажал жеткен турбаса,
Асылы бенде тургусуз.
Алтымыш кулач найзасын
Карылыктап алыптыр,
Ажыдаар-жыланы
Артынан сойлоп калыптыр,
Көсөө куйрук көк бөрү –
Көк жал эрдин жөкөрү
Көтүнөн ээрчип алыптыр.
Алп кара куш арбайтып,
Асмандан бутун салыптыр,
Айдай сулуу эки кыз
Ат менен жандап калыптыр,
Көк ала кулжа болуптур,
Көтүнөн даңкан коюптур,
Кара чаар жолборсу
Кайыперен, кырк чилтен –
Канкор эрдин жолдошу.
Айбаты башка көрүнүп,
Асманга тозоң бөлүнүп,
Аккула ат менен чуратып,
Айкырып төрө киргенде
Капырдын чети сөгүлүп,
Аккула менен чуратып,
Астына каршы келгенди
Ак найза менен сулатып,
Алыскысын найзалап,
Жакыныраак келгенин
Ачалбарс менен кайсалап,
Оң көзүнөн от чыгып,
Илебинен оп чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Аккелтеден ок чыгып,
Аткан мылтык Аккелте
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан
Кароолу дажаал, огу ажал,
Касиет менен калтырган
Абунасыр замандан
Аракет менен алдырган
Аккелте мылтык күркүрөп,
Астын баштап аскердин
Акырып төрө киргенде
Качты капыр дүркүрөп,
Ат соорусун салганы,
Он жүз миң барган мусулман
Олор каптап киргенде
Уялбас ултан бетиби
Урушар кытай көтүбү,
Капканы көздөй бет алып,
Дин ислам балдары
Казаттын жолун нээтке алып,
Каптап кирди мусулман,
Кан төгүлдү канча жан,

Калаасын көздөй бет алган.
Темири кулач Сыр найза
Теминип кирген баатырлар
Теше сайып мылгытып,
Тебетей сайган немедей,
Таталатып кытайды
Тегеретип ыргытып.
Кыргыз, кытай урушу
Кабылдан бери карата
Кыла келген жумушу.
Качты кытай шаарына,
Каптаганда мусулман
Боло албады кытайдын
Кайрат кылып турушу,
Кайрат кылам дегендин
Каны жерге төгүлүп,
Катаасыз бүттү жумушу.
Бөлөгүнө карабай,
Качты кытай акыры,
Урушууга жарабай.
Канча да болсо жан татты,
Заркыратып жаа тартты,
Карсылдатып ок атты.
Маңдайлашкан капырды
Баатырлар кууп акыры,
Сундуң, жаң-жуң, тыйтайдын
Башында калбай акылы.
Я Алдалап буркурап,
Дин ислам баласы
Жар чакырып чуркурап,
Баабедин! – деп, бакырып,
Кылкандай найза жапырып,
Киргенинде качырып
Тозоңун тоодой сапырып,
Тоз-тоз кылып качырып,
Тополоң уруш салганы,
Токтоло албай капырлар
Созулуп качып калганы.
Баары мусулман шол күнү
Баабедин! – деп, сөздөптүр,
Баатыр Манас ол күнү
Башкасына карабай,
Коң төрөнү көздөптүр.
Көл-Кечүүгө киргенде
Көк жалга найза салыптыр,
Көк жал Манас баатыры
Коңурбайдын найзасын
Колунан сууруп алыптыр,
Ошо бойдон Коңурбай
Алдырып коюп найзасын,
Куру кол бойдон калыптыр.
Кабылан Манас баатыры
Коңурбайды бет алып,
Качырганда акыры,
Башында калбай акылы,
Астындагы Алгара ат,
Атка камчы салганы,
Калааны көздөй бет алып,
Кайра качып калганы.
Тилегени Коңурбай,
Көк жал эр көзүн салганы
Тиктегени Коң төрө,
Какандын калың журтунда
Каары катуу чоң төрө,
Калаасын көздөй бет алып,
Качып Коңур калганы,
Кара атка камчы салганы
Көзөмөлдөп артынан
Көк жалың түшүп калганы.
Арстан Манас баатыры
Арбак урган бу доңуз,
Кайрат кылып беттешпей,
Качты го – деп, акыры,
Качарына Коңурдун
Манастын жетип акылы,
Астындагы Аккула
Этине келген как Кула,
Омурткалуу оң Кула,
Ойроттон озгон чоң Кула
Атына камчы салганы.
Баатырдын аты Аккула
Багалчагы малынып,

Маралдай төшү салынып,
Куюшкандык узарып,
Куюндан бүткөн союлгур,
Кулжадай көзү кызарып,
Аркан бою түйүлүп,
Аягы жерге тийгенде
Аккүбө чаңы күбүлүп,
Төрт аяктап, тик түшүп,
Басып кеткен жеринен
Баладай ташка жик түшүп,
Элик сындуу Алгара ат
Экинчи жерди бастырбай,
Эркин күлүк кара аттын
Кең колтугун жаздырбай,
Аккула менен чуратып,
Артынан чаңын буратып
Арстаның Манас тез жетти,
Найзанын учу кез жетти,
Коң төрөдөн эс кетти.
Алтын кемер чети – деп,
Айдалынын бети – деп,
Кууланат элең Коңурбай,
Куп ажал сага жетти – деп,
Найзаны баатыр бек сайды,
Алдым эми! – деп, сайды,
Оболу эле оёнду
Бир сайганда жеп сайды.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Аттын кетти мойнуна,
Аңдап көргүн арстандын
Кытайга кылган ойнуна,
Аркадан аккан кызыл кан
Жыпжылуу кирди койнуна.
Чарайнасы чатырап,
Жарылып кетип быркырап,
Чачылуу кара түпөккө
Камчы саптай кара кан
Жаба коюп шыркырап,
Шайманы анык кеткени,
Шайманы кеткен кезинде
Шаарына Коңур жеткени.
Арам өлгөн Алгара ат
Адат кылган мурунтан,
Алтымыш бакса* дубалдан
Арыштап чуркап кеткени.
Капкасын кара таш кылган,
Каран калган кара атты
Тай чагында маш кылган,
Бир бакса дубал өндүргөн,
Кайра-кайра чуркатып,
Миң аттатып көндүргөн,
Эртеңки күнү дагы да
Эки бакса өндүргөн,
Эки аттатып көндүргөн,
Үчүнчү күндө үч бакса,
Көнөт экен мал бакса,
Атырылтып октолткон,
Антип жүрүп каранды
Алтымыш бакса токтолткон.
Артынан чаңы бурады,
Алмак үчүн капырды
Арстан Манас баатыры
Алдадан жардам сурады.
Арам өлгөн Алгара ат
Алтымыш бакса дубалдан
Аял кылбай чурады.
Өлчөп чураар жери бар,
Баштатадан көнбөгөн
Баатырдын аты Аккула
Токтоп калган чени бар.
Жазайылдын тобундай,
Замбиректин огундай,
Алгара чуркап алыптыр,
Кызыган жерде чыгуучу
Капталынан кара аттын
Кара жору куш өңдүү,
Канат чыгып ушу өңдүү,
Күркүрөп учуп кетти эми,
Каран калган кара аттын
Күлүктүгү эмей неткени,
Базардын орто жерине

Барып түштү балк этип,
Баатырсыган Коң төрө
Кулап түштү шалк этип.
Алгара аттан кулады,
Мал базарга сулады.
Баатыры минтип барган соң,
Баары кытай чуулады.
Чылбырын кара ат чубады,
Чыркырап кытай чуулады.
Карап көрсө Коң төрө,
Калкына бүтүн чоң төрө
Кан болбогон жери жок,
Кайраттан эме теги жок.
Каны чыгып шоркурап,
Өкүмөттүү Коң төрө
Өңгөчүн тартып коркурап,
Агы чыгып көзүнөн,
Акыл кетип өзүнөн,
Сиркедей неме калбаптыр
Көкүрөктө эсинен.
Көчөдөгү көпчүлүк,
Элине түшүп көп түлүк,
Көргөндүн баары өкүрүп,
Кайдан буга барды – деп,
Көп адамдар өкүнүп.
Кырдагы угуз балдары,
Бирөө эмес бардаары,
Ар качандан бир качан
Кылбаганы калбады.
Кырк угуз болгон атагы,
Кызыталак чантуунун
Ар качандан бир качан
Арылбады чатагы.
Ал сөздү айтып алышып,
Акылмандан кары бар,
Ар түрдүү табып баары бар,
Илегерге барышып,
Айтып кабар беришти,
Отуз алты табыпты
Бу жерге алып келишти.
Кыжылдаган жыйын бар,
Кытайда табып кыйын бар,
Кан токтотор дарысын
Алып келип дарылап,
Аябай дары баарысын,
Эсинен танган эр Коңур,
Эки күн жатып оңбогур,
Эсин араң жыйынып,
Лаанатка сыйынып,
Калган экен кансырап,
Кайраты качып алсырап.
Алсырабай канетсин,
Кара бойдо кан калбай
Калган жерге чачылып,
Эки жарым күн жатып,
Эр Коңур көзү ачылып,
Эл көрүндү көзүнө,
Үшкүрүгү баш жарып,
Үчүнчү күндө Коңурбай
Араңдан келди эсине.
Эсин жыйып кеп айтат:
«Кайда калдай, суң-дуңум,
Кабарын айткын журтумун.
Баң-баң менен чыйтайым,
Бадышалык тыйтайым.
Жаң-жуң, Доотай кайдасың,
Журттун кылсын пайдасын.
Кара кыргыз Манастын
Азыркы адам баласы
Табар эмес айласын,
Калкты бекер кырдырбай,
Кара кыргыз журтунун
Мал менен көөнүн жайласын.
Адамдын уулу Кабылды,
Атабыз жаман киши экен,
Өз инисин өлтүргөн
Өзгөчө балаа табылды,
Түмөндөп жаткан көп кытай
Түркстандан чабылды,
Бомбай менен Кабылды,
Баары журт душман болгон соң,
Батырбай кытай элине

Баштатан сүрүп чыгыптыр,
Баары журт баары бир болуп,
Бабабызды кубалап,
Бакбурчунга тыгыптыр.
Угуз кандын уругу
Уу ичкендей чыгыптыр,
Кара кыргыз атанып[1],
Каканга бизди тыгыптыр,
Карасам менин тушумда
Канкор Манас чыгыптыр,
Кумулду чантуу алыптыр,
Өлтүргөндө Абылды,
Билимдүүлөр ойлосун,
Бизди ошондо акыры
Кудай уруп салыптыр.
Каарданса бул Манас
Какандын баарын каратат,
Калкыңды бүтүн соо койбой,
Капкайда бөлүп таратат.
Күн чыгыштан жай алдык,
Каспаңдын тоосун таяндык,
Казатка келген чантууга
Кармаш, уруш-калбадан
Кай жерде биз аяндык.
Жер дөңгөлөк, томолок,
Адам уулу болгонго
Күнөөкөр болуп баарыбыз,
Көйкаптын көмө четине,
Көптөн бери жай алып
Күн чыгыш жаккы бетине
Адам болдук жөрмөлөп.
Өрттөнүп кетсин түпкү атаң,
Өз тууганын алыптыр,
Өңкөй адам уулуна
Өчмөндүү болуп калыптыр.
Калааңа келген кол тартып,
Канча күнү жол тартып,
Кара кыргыз калыктыр,
Кара ногой тукуму
Калабаны салыптыр.
Кайраттуусун мен барсам,
Карадыңар, көрдүңөр,
Кара журтум көбүңөр,
Каным жерге калыптыр.
Кармаш, уруш, калаба,
Калдык мындай балаага.
Ажалга кандай даба бар,
Нак өзүмдө карасам
Алтымыш төрт ага бар.
Баарысынан шайланган,
Башы өлүмгө байланган
Коңурбай деген мен элем,
Кооп кылчуу душмандын
Кай бирөөнөн кем элем?!
Каптап келген алачтын,
Калайык үчүн токтолбой,
Журт намысын талаштым.
Кайратын көрүп Манастын
Акылымдан адаштым.
Адам өлчөөр неме эмес,
Азыркы жүргөн уластар
Жер жайнаган чантуунун
Желдетине тең эмес.
Көлүктүн бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген
Көзөлдүн баары мында экен,
Көргөнүн көмбөй койбогон,
Көсөмдүн баары мында экен.
Жан чыкканда жаткандай,
Ажалы жетип калбаса,
Алышам деген душмандын
Абыдан шору каткандай.
Угуздун уулу элүү экен,
Ону калып Бабылда,

[1] Кол жазманын ушул 522-бетине өзүнчө кичинекей кагазга жазылып, баракка жабыштырылып коюлган «Он сегизинчи. Кытай Манаска тартуу тартып, жарашканы» делген жазуу бар. Жазуунун милдети тема болсо керек. Бирок ал тема тексттердин кайсыл жерине кошулары көрсөтүлгөн эмес.

Ушундай улук эл экен,
Кыркы чыгып бери жакка,
Түркстан, Алтай жер жакка
Кырк уруу кыргыз баласы,
Күн батыш жакта толуптур
Күлдүү кыргыз калаасы,
Ушунчанын баарынын
Угуз экен бабасы.
Жек көрөт экен биздерди,
Жеринин аты Түркстан,
Элчиликти ойлосо
Не үчүн бизди издеди,
Эми айтам журтум сиздерди,
Аябай малды бербесек,
Аман койбойт биздерди.
Айтамын журтум сөз менен,
Адамдан түрү бир башка,
Айбатын көрдүм көз менен.
Маңдайы жазык, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Колуна тийсе кокустан,
Чыгар эмес биздин жик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Арстандай түстөнгөн
Айбатына карап бак,
Эрди калың, көзү үңкүр,
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, кол ачык,
Аттанып чыкса жол ачык,
Алдасы жардам көрүнөт.
Айбатын ойлоп санасам,
Азат боюм – денемден
Азыр да жаным бөлүнөт.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Жылма кабак, жылдыз көз,
Айбаты катуу, заар жүз,
Ажыдаардай анда түс.
Билгенин бербес бендеге
Бил мүнөзү көрүнөт,
Жолборс моюн, жоон билек[1],
Жооруну калың, таш жүрөк,
Жылма маңдай, жылдыз көз,
Кайраты ашык, каар сөз,
Катылган душман соо калбас,
Кабыландын бири экен.
Жүргөн бир жалган дүйнөгө
Жүк көтөрөр бил экен.
Жүдөгөн кытай журтунун
Манас менен бет алып,
Баруучусу ким экен?
Малдан алтын, күмүш бар,
Дандан буудай, күрүч бар,
Манас тирүү турганда
Бээжиним, – деп, жай алып,
Кытайга кандай жүрүш бар.
Аңдадым кытай алыңды
Аябай бергин малыңды,
Аяп койсоң малыңды
Алек кылат баарыңды,
Кейитет кемпир-чалыңды,
Кетирет эми саныңды.
Жер кылар жектеп калааңды,
Жетим кылар балаңды,
Көрдөй кылар балаңды,
Солго айлантар оңуңду,
Өлтүргөндөн калганын
Тоздуруп иер чоңуңду.
Дүнүйөгө байланып,
Казатка келген калың журт
Малга калсын айланып,
Катардан койбой нарыңды,
Казынада барыңды,
Аябай төгө көргүлө,
Алтын, күмуш, зарыңды.

---

[1] *Жол моюн жоо билек.* Жазууда каталар кеткен, ыр сабынын туура үлгүсү – «Жолборс моюн, жоон билек».

Кызматка бергин кулунду,
Кылча да бирин аябай,
Кызыл кымкап булуңду,
Буулум, бута, соолонду,
Буюм дебе олорду,
Дүнүйөгө көмбөсөк
Жалпы кытай көп журту
Акылым менин жетпеди
Жайың кандай болорду.
Кырмусшаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара
Калмактардын Ушаңы,
Каптап чантуу кирди эле
Биле албадым ошону.
Каңгайлардын Ороңгу,
Каптады эле олорду,
Кайдан билем мен акыр,
Кандай заман болорду.
Каспаңда бийик тоо экен,
Каптап келген биздерди
Кара кыргыз жоо экен,
Кайрат кылар Манаска.
Калкымда менден жок экен,
Кара кыргыз уругу
Асынганы, атканы
Жазайыл менен топ экен.
Күлүк экен мингени,
Күлгүн экен кийгени,
Билбейт экен өлүмдү,
Миңге бири тийгени,
Улуксунган суң-дуңдар
Ушуларды көргөндө
Ыштанына сийгени».
Эсине келип Коңурбай,
Ал сөз менен токтолду,
Андай-мындай сөз айтып,
Үндөгөн адам жок болду.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас не болду,
Кабарын угуп алыңар.
Аккула атты мингени,
Найзаны колго илгени,
Көрбөдүң беле жогортон
Ат коюп жоого киргени,
Коңурбайды сайганы,
Алгара ат чуркап капкадан
Алыс түшүп калганы,
Айбанаттын тайганы,
Коң төрөсүн жутарда,
Алгара чуркап күл бактан,
Аккула токтоп калганы.
Алда билер бул сөздүн
Чыны канча, жалганы.
Кытай качып, түрк кууп,
Кыжылдаган капырга
Кыямат күнүн салганы,
Дини ислам күч болду,
Атканы мылтык түз болду,
Акыр заман журтуна
Айтууга калган иш болду,
Сапарга барган эрендер
Салынганы киш болду.
Найзакерден улугу
Аз болгондо боюна
Алты-жети жара жеп,
Алсырашып куруду.
Кылыч тийип мойнуна,
Кан төгүлүп койнуна,
Көтөрө албай башыны,
Көзүнүн төгүп жашыны
Шылкыйганы андан көп,
Жаны чыгып, дени сууп,
Зыңкыйганы сандан көп.
Эки буту тең сынып,
Шалактаган андан көп,
Эси чыгып уруштан,
Эки көзү ирмелбей
Алактаган сандан көп.
Колу сынып, дени аман,
Шалдыраган андан көп,
Урушту көрүп, эси ооп,
Жалдыраган сандан көп.

Амандык сурап кытайлар
Балдыраган андан көп.
Амандыкты сурашып,
Аман жаның барбы? – деп,
Айгайлашып чуулашып,
Аты кетип, өзү аман,
Келип жүргөн мындан көп,
Баланчабыз өлдү – деп,
Өлгөнүн көзүм көрдү – деп,
Желип жүргөн сандан көп.
Кыргыз, кытай эки журт
Кырылышын салыптыр,
Кыпчактын кыраан Төштүгү
Кыйланы сайып алыптыр,
Кылдай жерде жара жок,
Аман-эсен калыптыр.
Жебенин огу жетиптир,
Эр Жамгырчы баатырдын
Ээрдин жырып кетиптир.
Кайсы бири саламат,
Калың кытай журтунун
Калкына түштү алаамат.
Барган кыргыз баатыры,
Башына тийип айбалта
Кара жаак Үрбүнүн
Карайлатып акылын,
Буурул сакал Музбурчак
Сол карыга ок тийип,
Бул жарадар акыры.
Манас күткөн кырк баатыр
Жан аябай таптакыр,
Өлүмгө чабат өздөрү,
Өткөн ата-бабаңдын
Өөдөтөн калган сөздөрү,
Жайнаган кытай журтуна
Чабуул коюп кирген соң
Жалтанбаган көздөрү.
Кумардын уулу Дебеги
Куп бир баатыр дегени,
Кыжылдаган кытайды
Капкасынын оозуна
Кууп кирип келгени.
Кытайдын Ыраң мергени
Мылтык менен капкадан
Ыраң кармай бергени,
Оң колунун карыга
Ок жаңылтып Дебеги
Кайра качып келгени.
Капкага кирген кутулду,
Канчасы колго тутулду.
Көрбөгөн жан шашкандай,
Көргөн көнүк балбандан
Алтымыш балбан ачкандай,
Жетимиш балбан жапкандай,
Дүнүйөнүн жыгачын
Жоктон издеп тапкандай,
Бээжиндин салган коргону –
Көпчүлүк көптөп койгону,
Гүл багы бийик тоо болгон,
Көз учкан көпкөк зоо болгон.
Кытайдын журту бекинген,
Кыргыздан коркуп шекинген,
Жалаң да болсо бир күндөй,
Гүл багынын кырына
Эки араба жүргөндөй.
Коргонуна камады,
Койдой чуулап кытайдын
Коркуп жаны калбады.
Балбан менен баатыры
Бант* болгон кыйла акыры,
Башында калбай акылы.
Кайрат кылар бир жан жок,
Кайта чыгып урушка
Көңүл коёр тири жан жок.
Капкасы калды бекилип,
Кылым кытай баласы
Кара жандан шекинип.
Камады кыргыз калаасын,
Кан ыйлатып баласын,
Урматтуу Угуз балдары
Уюп жаткан каканга
Убайымды салганы.

Улук-кичик жыйылып,
Арбак урсун кытайды,
Азазилге сыйынып,
Капырдын калкы биле албай,
Канчалык айтса тил албай,
Адамзаат бендеси
Башта жалгыз келдеси,
Башында бүткөн мээси бар,
Мээнин өзү төрт бөлөк,
Төрт бөлөк күткөн ээси бар,
Анын канын жүргүзгөн
Эки көздүн тамыры,
Эче түрдүү бериште
Эгемдин койгон амыры.
Баштан чыккан бөлүнүп,
Байкасаңыз билесиз
Көңүлүңө көрүнүп,
Болгон эки кулагы
Кызматыңда бу дагы,
Ичке-жоон дооштун
Баарын угуп турганы.
Ооз менен мурун бар,
Ошолордун баарына
Бир-бир кызмат буйрулар.
Эгеңди алсаң эсиңе,
Эчен түрдүү бериште
Кызмат кылып башыңда,
Түк көрүнбөйт көзүңө.
Бериштеге жанаша
Мен да ошону кылсам – деп,
Бендени кылып тамаша,
Шайтан аттуу бири бар,
Адамды жолдон бузууга,
Көңүлүндө кири бар,
Көрбөсөң да көй кашка
Азгыраарын шайтандын
Аны туура билип ал.
Көөдөндө жүрөк дили бар,
Көп сүйлөгөн тили бар.
Сүйлөтмөк амыр Алдадан,
Алда жардам берген соң
Сүйлөбөй адам калбаган.
Тил албайт, дини кар дешип,
Тигилип түрк камаган.
Адамдын уулу баарысы,
Карасы менен сарысы,
Кызылы бар, агы бар,
Кылган иши куш келбей
Кырылышар чагы бар.
Он жүз миң барган мусулман
Ой-тоосун басып канча жан,
Басыра шаарын кыйратып,
Байталын кууп туйлатып,
Семизин кошко союшуп,
Арыгын тирүү коюшуп,
Кара коргон кыйратып,
Качырын сайга туйлатып,
Кыжылдатып капырды,
Катын-кызын ыйлатып.
Качканы качып кутулуп,
Канчасы колго тутулуп,
Кыйын жерге жол салган,
Кытайга кыргыз кол салган,
Эчен түрдүү жан өткөн,
Эңгиресин бул жалган,
Доңуз-чочко – какайын,
Тоодо болгон көп жайын,
Тоосун доңуз алыптыр,
Кара кыргыз уругу,
Канкор Манас улугу
Тополоңду салыптыр.
Арыкта суусун аттатпай,
Чынмачын, Какан, Бакбурчун
Бир бирине каттатпай,
Кентун, Тикен, Чоң-Бээжин,
Кадимден Какан чоң элин
Камап алып мусулман,
Казатка барган канча жан,
Кандардан кабар алалбай,
Кайгыланган Эсенкан,
Камоодо журту калганы,
Канаттуу кушка кат байлап,

www.bizdin.kg



Каспаңдыктын Коң төрө
Канына кабар салганы.
Корктум – деди, ушундан,
Коёр эмес мусулман,
Баатыр менен балбаны
Магырыптын* адамы
Баарын айдап алганы,
Манас деген бадырек
Бизге келип калганы,
Кыжылдаган кытайдын
Кыштагынан калбады.
Бу жерде Бээжин жер түгүл,
Бери урган кытай эл түгүл,
Маңгубада сазаңшаң,
Бадышасы Макел кан
Баары да боо барганы,
Макел дөө баш болуп,
Баргандар өлүп калганы,
Азыр камап урушуп,
Аман бенде калбады.
Алтымыш капка шаарды,
Аябай чачып заарды,
Азырминтип камады,
Аргасын тап, каным – деп,
Найза тийген далым – деп,
Акыретке кетүүгө
Аз-аз жерден калдым – деп,
Акыл табар карымсың,
Арбагың бийик канымсың,
Денеме бүткөн жанымсың,
Акыл тапкын бизге – деп,
Арыз айтамын сизге – деп,
Эл бийлеген улугу
Бирин бири көрө албай,
Минтип коркуп куруду,
Камап жаткан биздерди
Угуз кандын уругу.
Андай сөзүн жазыптыр,
Аягына белги басыптыр.
Баштатан сонун ушу бар,
Байласа катты көтөрүп,
Учуп жетер кушу бар.
Куштун аты – Тугалык,
Бир күндө жээри жүз балык.
Баашалыкка бактырган,
Аягына кагаз тактырган,
Тугалык учуп кеткени,
Алты күндүк Бакбурчун
Жарым күндө жеткени.
Тугалык конуп калыптыр,
Коно турган жерине
Коңгуроо байлап салыптыр.
Коңгуроосу шаңгырап,
Эмине кабар келди? – деп,
Эсенкан турду балдырап.
Эсенкан бааша өзү бар,
Эсенкан – деп, айтмакка
Эки түрдүү сөзү бар.
Алда каар салды – деп,
Топондун суусу ташканда
Тоодон-таштан ашканда
Сексен бөлөк бөлүнүп,
Селден эсен калды – деп,
Кайсы түрдүү кеп айтат,
Кабарсыз кетип алыска,
Каттаган киши жок болуп,
Элден эсен калды – деп,
Эсенкан – деп, ан үчүн,
Сиздерди айтып салды – деп,
Аттанып чыгар арга жок,
Адам каттаар жолумдан
Эч бири эсен кайран жок,
Мусулман менен атышып,
Бурчактай түшөт аткан ок,
Не кыларын биле албай,
Эсим ооп калдым – деп,
Куруп калып аскерим,
Куштан кабар салдым – деп,
Күн батыш менен күн чыгыш
Күлдү кытай колунда,
Күчтүү баатыр балбаным
Күрсүлөрүн көтөрүп,

www.bizdin.kg



Чыга албады жолуна,
Азыр орто жолдомун,
Найза тийип жонума.
Ал сөзү чыкты катынан,
Апкаарыды баашасы,
Аскер башчы Коң төрө
Айтып ийген датынан.
Андай болсо каспаңдык
Алып качып жаныны,
Аябасын малыны,
Алтын, күмүш, зарыны,
Жакут, көөкар, лагылы,
Жандар өлүп калган соң,
Аны эмине кылалы.
Зумурут, бермет таштарын
Дүнүйөм – деп, карабай
Сактасын аман баштарын.
Казынада зарыны,
Катардагы нарыны
Каптап келген чантууга
Тартуу кылып чыгарып,
Колундагы баарыны.
Алса бурут тоёр – деп,
Дүнүйөгө чөмүлсө
Асылганын коёр – деп,
Караласаң дүйнөгө
Кан Коң төрө баатырым,
Кара көзүң оёр – деп,
Канынан келди мындай кеп.
Канаттуудан кабары,
Кан Эсенкан баашасы
Каргадан келди чабары,
Аны көрүп алышты,
Зуңдуң менен калдайы
Сүрү качып далдайды.
Канынан кайрат жок болуп,
Аз болгондо аш бышым
Алар турду токтолуп.
Кытайлардын Коңурбай,
Кырмусшаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы
Жан үчүн кылды бермегин,
Кабыл көрдү ушуну.
Каңгайдан бар Ороңгу,
Кан Коңурбай калчасы,
Кашына алды олорду,
Кара жалдуу Бороончу,
Каткалаңдын Сайкалы –
Карындашы Сайкалы,
Кайсы түрүн айталы.
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Токсон эки жашаган
Солобонун Соорондук
Чочунушуп жанынан,
Чокунушуп бутуна,
Жандары тоюп малынан,
Тогуз миң кара нар кылды,
Нар үстүнө артканы
Кызыл дилде зар кылды.
Тогуз миң кызыл нар кылды,
Кызыл нарга артканы
Кыйбат алтын зар кылды.
Сомдоп салган алтын бар
Зоңкоюп төөгө артылар,
Уютуп салган алтын бар
Томпойтуп нарга артылар,
Баарысынын үстүнө
Жибектен аркан тартылар.
Жана арттырып чыгарды
Отуз миң төөгө күмүшүн,
Ак күмүш арткан төө алып,
Амбалдын* көргүн жүрүшүн.
Зумурут, көөкар, лагыл таш
Эки миң төөгө арттырып,
Мусулмандын жолуна
Дүнүйө тартуу тарттырып,
Жылкысын жылас алыптыр,
Миң-миң болгон капырдар
Бир-бир аты калыптыр.

Коюна кылып өкүмөт,
Көйкапка көздөй кетпей – деп,
Толгон кытай өкүнөт.
Тобунан тандап бар атты,
Тогуз миң бирдей кара атты
Сынчылары жаратты.
Тогуз миң байлап сары атты,
Тогуз миң байлап тору атты
Чапса күлүк, минсе көрк
Келишимдүү зор атты,
Тогуз миң байлап кула атты,
Тозоңу тоодой булады.
Тогуз миң байлап боз атты,
Ар мааладан жыйнатып,
Жүз миң жылкы узатты.
Калаасынан каратып,
Кара чачы кундуздай,
Сүзгөргө* чачын таратып,
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Өрдөк моюн, түймө баш,
Орто бойлуу, он беш жаш,
Кобул колдуу, колоң чач,
Как тамактан көрүнөт
Кара мейиз – жуткан аш
Тогуз миң сулуу кыз алып,
Тобунан чыккан уз алып,
Тартууга келди баарысы,
Анжияндан качырган
Алооке баштык карысы.
Мурункудан калган кеп
Тийсин найза, сынсын – деп,
Душман да болсо жыгылса
Кордобо, көөнү тынсын – деп,
Бакай кары, Кыргыл чал
Баатырына барды ал,
Тартууга келген канча мал.
Карыя Бакай кеп айтып:
«Кабыл кылгын тартуусун
Канкор Манас! – деп, айтып.
Капыр да болсо кандуу журт,
Качантан берки камдуу журт,
Кытай да болсо кылым журт,
Кыраанырм менин сөзүм тут.
Кыламын десең залымды,
Кың этпей берди бир күндө
Кырк жылда бүтпөс алымды,
Аңдагын, баатыр, сөзүмү,
Алтын, күмүш ар дүйнө
Тартуу келди өзүңө.
Дүйнөсүн коюп салыңыз,
Жедирдиң белең кытайга
Жети атаңдан малыңыз.
Тобунан чыккан уз экен,
Тогуз миң сулуу кыз экен,
Тартууга келди баарысы,
Алооке баштык карысы.
Коркуу түштү акыр – деп,
Коюңуз эми баатыр!» – деп,
Акылман Бакай айтып кеп.
«Карап берип биздерге,
Алымыңды алгын – деп,
Айтып келсе сиздерге
Угуз уулу ток эле,
Отуз жыл алым алсаң да
Ушундай дүйнө жок эле.
Тартуу берди кызынан,
Жай күнү коркуп кышынан,
Калтырбаптыр, келиптир
Казынада зарынан,
Катардаган нарынан,
Чочугандан жанынан.
Кыжылдаган кытайың
Тойгон окшойт малынан.
Кыздан тартуу берген соң
Кырып ийсек кээ болот,
Алты канды чогултуп,
Кылсак акыл не болот?
Акылдашып алалык,
Жоодуратпай буларды
Жообун берип салалык».
Бу кеңешти чыгарып,
Атагы чыккан эрлерден

Акка кылып тобокел,
Казатты каалап келгенден
Улуу-кичүү кеңешип,
Кызды көргөн боз балдар
Эт жүрөгү дегдешип,
Ушунун бирин алсам! – деп,
Аялуу жери артына
Апсабымды салсам – деп,
Арманым жок дүйнөдө
Ал түнү өлүп калсам – деп,
Кыз көрүшүп кызыгып,
Тер чекеден сызылып,
Суктанганы андан көп,
Сулуусу да курусун,
Узак кылып урушун,
Уйкудан үшүм кетти – деп,
Уктаганы сандан көп.
Арстаны Манас акыры,
Туура келди баатырга
Бакайдын айткан акылы,
Абакеси эр Бакай
Акыл айтып жайма-жай,
Токсон миң төөгө да келди
Качалуу тоонун кара чай,
Качалуу деген жери бар,
Бээжинден чыккан адамдар
Үч айда жетер чени бар.
Жетиген жакки четинде
Жетимиш уруу бери бар.
Бери алганда адам жок,
Бериге калса беттешип
Ал адамда аман жок.
Адам алса, бери жок,
Бир барганда кап барат –
Эчен түмөн, эчен сан.
Көпчүлүктүн эби жок.
Ошондой таза чайы бар,
Чай куткарган бериден
Эче жүз миң байы бар.
Токсон миң төөгө чай келди,
Жана токсон миң төөгө
Атилес, торгун, шай келди.
Тубарды туура бүктөшүп,
Тогуз миң төөгө жүктөшүп,
Отуз жүз миң мусулман
Көптүгүн көрүп дүйнөнүн
Орою чочуп ушундан,
Кылымдан чыккан уз алып,
Кызыкканы кыз алып,
Кайсы бири нар алып,
Оокаты кемчил кай бири
Алтын, күмүш зар алып,
Эки дүйнө жаанда
Эсеп жеткис мал алды,
Элдешип кытай-кыргызы
Жай-жайына таралды.
Үч күн токтоп олтуруп,
Кем-керчигин толтуруп,
Кедейин бай болтуруп,
Сонундап кийим кийишип,
Эче жүз миң жылкысын
Мурун алган тийишип,
Тополоңду салыптыр,
Аскерге барган мусулман
Тогуз миң киши бир жүзү
Согуштан өлүп калыптыр,
Үй үлпөтүн киргизбей,
Улкөндөрдүн колуна
Үч жүздөн жылкы салыптыр.
Ушу күнгө жеткенче
Үлгү болуп калыптыр.
Кытай, кыргыз мусулман
Кырылышкан калыктыр,
Маңгулдан чыгып Тимучун
Бары кегин алганы,
Бадирек дүйнө жалганы.
Арада жүрүп үч айда
Чоң-Бээжинге барганы.
Алты ай кыштап арага,
Тогуз айга толгондо,

Ат кара тил болгондо
Каканга уруш салганы,
Үч айга жатып урушуп,
Акыры жеңип алганы.
Акыр заман журтуна
Айтууга үлгү калганы.
Ата уулунун баарысы,
Ак сакалдан карысы
Өрттөнгөн кытай көп экен,
Өкүмөтүн айтыптыр,
Өлбөй калган адамдар
Өлчөөсү жок мал алып,
Үй, элине кайтыптыр.
Өлгөндөрдүн баарысы,
Өңкөй жашы-карысы
Мурункулар сөз кылып,
Көкүрөккө салышты:
Учмакты көздөп учкан – дейт,
Нур кызынан кучкан – дейт.
Жетимиш капка Какандын
Жетөөн бузуп алган – дейт,
Жетип кытай журтуна
Кыргынды кыргыз салган – дейт,
Он эки айга толгондо,
Бир жыл, бир ай болгондо
Караттык дешип кытайды
Кайра тартып калган – дейт.
Аз жүрбөстөн мол жүрүп,
Бээжинден чыгып көп аскер
Жер-жерине барган – дейт.
Жакыптын уулу эр Манас,
Жан нөкөрү көп алач,
Энеси Шакан болуптур,
Алган мурун Чыйырды,
Катыны үчүн Чыйырдын
Чыйыр атка коңуптур.
Бакдөөлөт аттуу катыны
Жетини тууп акыры,
Абыке менен Көбөшү
Арстан Манас жөлөгү.
Медет менен Седети,
Казат десе камданып
Даяр кылган элетти.
Дебеги менен Кочкорду
Душманга урган чочморду,
Баят аттуу бири бар,
Байкап андан билип ал.
Шооруктун кызы Акылай
Шоодурайт эле капырай,
Эркеги жок, кызы бар,
Кыйла сулуу, узу бар,
Кара кыргыз тукуму
Бабаң Манас баатырдын
Албан түрдүү сөзү бар.
Аман-эсен шаарына,
Алда Таала кудурет
Арбак берген баарына,
Арбак демек айбаттыр,
Арстан Манас барында
Ар душманга белгилүү,
Кылган иши кайраттыр.
Алардын көзү өткөн соң
Бузулуп кыргыз жайнаптыр,
Калгандын шору кайнаптыр.
Тамам болсун казаты,
Аңдаганга билинер
Сагымбай айткан мазааты[1].

[1] Ушул ыр сабынан кийин алты сап өчүрүлгөн, окууга мүмкүн эмес.

# МАНАС

Кыргыз элинин баатырдык эпосу

IX китеп

## КИРИШҮҮ ОРДУНА

*Манасчы Сагымбай Орозбак уулу айткан варианттын академиялык басылышынын бул тогузунчу китеби эң акыркы жыйынтыктоочу том. Ушуга байланыштуу китептин мазмундук курумунда андагы жайгашкан материалдардын тематикасы боюнча да, аткарган милдеттери боюнча да бир кыйла өзгөрүүлөр болду.*

*Албетте, бул китепте да мурдагылар сыяктуу эле Сагымбай манасчынын вариантына тиешелүү тексттердин уландысы – 8-китептен орун алган окуялардын андан наркы жүрүшүн баяндаган материалдар орун алды, б.а., мурдагы томдогу «Чоң чабуул» окуяларынын уландысы болгон «Кичи чабуул» ушул китепке кирип, анын бүтүшү менен Сагымбай манасчыдан жазылган варианттын бардык тексттерине чекит коюлмак. Чынында китеп ошол түрдө даярдалган жана негизинен ошондой эле болду. Бирок такыр ойдо жок жерден бул басылыштагы тексттер «Кичи чабуулдун» бүтүшү менен аяктабай, ага улай «тиркеме» деген тема аркылуу ушул вариантка тиешелүү эки чакан окуянын тексттерин да кошуп берүүгө туура келди. Ал эки окуянын чыгармадагы өз-өз орду бар, мурда жарык көргөн китептерде ошол өз орундарында берилмек, ойлонулган план боюнча жана илимдеги жалпы кабыл алынган салт, илимдик принцип боюнча да ал тексттер даярдалган жерде, ирээтине ылайык жарыяланыусу зарыл эле.*

*Андай болбой ошол эки эпизод бар басылыштын алтынчы китеби терилип бүтүп, эки жолу корректуралары окулуп, жарыкка кол коюлгандан кийин 1990-ж. аягында мамлекеттеги жогорку кызмат орундарынын бирин ээлеген, басма ишине тиешеси бар бир адам жарык көрүүгө даяр китепти таанышам – деп, алдырып кетип, сөз болуп жаткан эки окуянын тексттерин мага жаккан жок, алып салгыла – деп, чийип салыптыр.*

*Басмакананын кызматкерлери айтылган жерлерди алып салбасаңар ишти токтотобуз дешти. Мен илимдик принципти бузуп, бүтүн нерсени бүлүндүрүп, мындай жосунсуз жорукка баргандан көрө басылыштын токтоп калганы жөн – деп, эсептеп, маселени «Борбордун» илимий Кеңешине*

*койсом, анын катышуучулары сиркеге өчөшүп көйнөктү отко салуунун кереги не, узак жылдардан бери жарык көрбөй токтоп турган ишти кандайдыр болсо да жолун таап, алга жылдыруу керек деген бүтүм чыгарышты. Айла кетип, өз ордунда турган нерсени ал жерден алып салып, акыркы томдо тиркеме катары кошолу – деп, жарыкка чыгууга даяр турган китепти кайра иштеп чыгууга жана ошондон кийин жарыялоого туура келди.*

*«Айтылбай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле» дегендей бул жогоруда маалымдалган майда-чүйдө, көрпенделик иштер бул басылыш сыяктуу деңгээлдеги, кадыр-барктуу, салабаттуу иштерде сөзгө алынуучу нерсе эмес эле. Бирок үстүртөн болсо да айрым кыскача түшүндүрмөсүз биздин илим принциптерин бул түрдө одоно, сабатсыздык менен бузууга барышыбыздын себептери ачылбай калып, эч себепсиз токонаалатка калмакпыз. Анын үстүнө ар бир тирүү адамдын өмүр жолунда анын жанын өзгөчө кашайтып, кабыргасын кайыштырган көрүнөө зордук, калыссыздык кезигет эмеспи. Мен узак жашап, көптү көргөн адамдардын биримин. Ошол өмүр жолумдун басымдуу бөлүгүн ушул кыргыздардын илимий, маданий турмушундагы опурталдуу да, чыры да көп маселелердин биринен болгон «Манас» эпосунун изилденүү жана бастырып чыгаруу багыттарында эмгектенүү менен өткөрдүм. Советтик турмуш учурундагы цензура дегенди көрмөк түгүл жакшы билем, башыман далай учурларын өткөргөмүн. Бирок ошол системанын да өз эрежелери, атайын принциптери бар эле. Ошолорду көрсөтүп, бетке кармап, белгилүү даражада жүйөлөшүп иш алып барышар эле. Ал эми мага жакпайт, илимиң менен ишим жок, момунтесиң деген көрүнөө зордукту эч качан баштан өткөрмөк түгүл, уккан да эмесмин. Ошон үчүн эң көп эмгек, акыл, күч жумшап иштеген ишиңе көрүнөө зордук менен мамиле кылынууга айтууга сөз таппай, ары капа, ары ыза да болуп, ушундай деңгээлдеги адамдарга көз каранды кылган заман мүнөзүнө наалат айтып, эмоцияга жеңдирип, салабаттуу иштеги салттык илимдик стилди бузуп, жеңил-желпи мүнөздөгү сөздөргө орун бергеним үчүн жалпы окурмандардын да, айрыкча илим өкүлдөрү болгон кесиптештеримдин алдында кечирим сурайм.*

*Ошентип, басылыштын бул тогузунчу китебине сегизинчи китептен орун алган «Чоң чабуулдун» түздөн-түз уландысы болгон «Кичи чабуул» окуясы жайгаштырылды.*

*Эпизодго тема катары берилген «Кичи чабуул» мурдагы «Чоң чабуул» сыяктуу эле манасчынын жеке эркине байланышкан аталыш.*

*Эпостун сюжеттик курулушундагы мазмундук белгилери, аткарган жүгү, милдети боюнча «Чоң чабуул» да, «Кичи чабуул» да чыгармадагы салттык туруктуу окуялардын катарына кирет жана башка манасчылардагы ушул эпизоддорго негизинен жакын нукта айтылат. Болгон айырмачылык башка манасчылардан жазылып алынып, илимге белгилүү ушул эпизоддор дээрлик бардык учурда «Чоң казат», «Кичи казат» делип аталышат.*

*Сюжети көп бутактуу, татаал, көптөгөн окуялардан куралган, анын үстүнө зор көлөмдүү эпосту эл алдында баштан-аяк дароо аткаруу мүмкүн болбогондуктан ар бир чоң-чоң бөлүмдөрдү өз алдыларынча бүткөн чыгарма катары айтууга ылайыкталып иштелип чыккан «Манастын» бөлүмдөрүнүн аталыштары мурдатадан эле эркин болуп, аларга наам-тема берүү айтуучунун-манасчынын эркине, каалоосуна шартташкандыктан Сагымбайдын өзү айткан варианттагы бири-бирине тыкыс байланышкан эки окуяны өзүнө туура келген тема-ат менен аташы адаттагы иштерден катары бааланышы жөндүү. Бирок ошентсе да ушул аракетте манасчынын өзүнчөлүгү, башкалардан айырмалануу аракети бар экендикти да байкоо кыйын эмес. Анткени «Манас» эпосунун корутунду бөлүмдөрү болгон ушул эки эпизод «Чоң казат», «Кичи казат» катары аталуу узактан бери келе жаткан, салттык белгилердин катарына жатат. Илимге белгилүү маалыматтарга караганда жазуу жүзүндөгү булактарда «Чоң казат» деген термин аталыш XIX кылымдын аягы чендерден баштап жолугат. 1900-ж. кыргыз жергесинде болгон венгер (мажар) окумуштуусу Георг фон Алмаши «Манас» эпосунан жазып алган чакан (72 сап ыр) тексттерге талдоо жүргүзүп, окуяда Манастын кытайларды жеңип, Пекинди ээлегенин, бирок өзү шейит кечкенин эскертет да: «Чоң казат ошондо болодур»– деп жазат. («Кыргыз адабият таануу илими жана сыны». 1-том. Бишкек, 2005-ж. 130-б.) Демек, «Манас» эпосундагы кытайларга, алардын баатыры Коңурбайга каршы күрөштү жеңүүнү баяндаган бөлүм «Чоң казат» аталары XIX кылымдан мурдатадан бери келе жаткан эпостогу салттык белги. Бул салтты, адат катары, көпчүлүк манасчылар бузбай сакташат. Ошондой болсо да элге кеңири таанылган, зор талант ээлери, чоң манасчылык деңгээлге көтөрүлгөн айтуучулар эпостун структуралык курулушуна өзгөртүүлөр киргизип, окуялардын деталдык көрүнүштөрүн тактап, кеңейтип, кошумчалар менен толуктап маалыматтык корду байытып, эпоско анын мазмундук, формалык белгилерине көнүмүш тексттерди жөн салды гана кайталап айткан катардагы аткаруучу эмес, чыгармачылык мамиле кылуу укугуна да ээ боло алышат. Мына ушул абал эпостун мазмунун кеңейтип, маалыматтык корун байытып, көркөмдүк деңгээлин өркүндөтүүгө шарт түзөт.*

*Илимге аты белгилүү манасчылардын ичинен ушул чоң манасчылык укуктан кеңири жана жемиштүү пайдаланган инсандардын бири Сагымбай болуптур. Бул фактыны көптөгөн көрүнүктүү эпос изилдөөчүлөр атайын баса белгилешип, улуу манасчы Сагымбайдан жазылган варианттын мазмунунун тереңдигине, көркөмдүк жогорку деңгээлине көңүл бурушат. Бирок советтик түзүлүш учурунда Сагымбайдын чыгармачыл инсан катарындагы активдүү аракеттеринин белгилерин өзүм билемдик, менменсинүү, өзүнө элдик чыгарманын автордук укуктарын ыйгарып алуучулук катары*

*эсептөөлөр да орун алган учурлары болгон. Айрыкча Сагымбайдын чыгармачылыгына сын айтып, атына, талантына, беделине шек келтиргиси келгендер, же бийлик ээлерине кошоматтануу үчүн манасчыдан кемчиликти көбүрөөк таап, ошол аркылуу жеңил кадыр-баркка жетишүүнү каалагандар арасында чыгарманын сюжетин жаңы бутактандыруудан тартып, салттык окуялар ичиндеги тактоо, өнүктүрүү максатындагы өзгөртүүлөргө чейин бүт чыгармачылык иш-аракеттер терс катары баалануу адатка айланып кеткен. Чынында Сагымбай Орозбак уулунун эпостун өзү айткан вариантына структуралык, мазмундук, көркөмдүк тактоолор, кошумчалар киргизүүсү ал инсандын өзүн жогору баалап менменсинүүсүнүн да, ошондой эле «Манасты» өз жеке менчигине айлантуунун да көрүнүш белгилери эмес, арийне чыгармачыл адамдын өз кесибине ак дилден мамиле кылып, өмүр жолундагы тандап алган айтуучулук өнөрдү өстүрүп-өнүктүрүү, өзү аткарган чыгарманы өркүндөтүү, анын мазмундук, формалык белгилерин өз дараметине жараша пайдалануу, элге жага турган, натыйжада «Манастын» кадыр-баркын дагы жогорулатуучу кошумчаларды киргизүүнүн ар бир манасчыга таандык кайдыгер далалаты эле. Бул өнөр ээси катарындагы анын милдетине жаткан белги. Анткени ансыз эпостун өсүшү, толукталуусу, мазмуну байып, көркөмдүгү жогорулоо касиетинен ажырап калмак. Ошон үчүн адатта үйрөнчүктөн тартып, чоң манасчыга чейин өзүн өнөр ээси эсептеген ар бир инсан «Манас» жалпыга таандык чыгарма экендигин даасын билип турса да өзү айтып жаткан варианттын текстерине өз менчиги, автору катары мамиле кылат, эстеликтин мазмундук, формалык белгилерин өркүндөтүү далалатын көрүп, дараметинин деңгээлине жараша аздыр-көптүр жеке алымча-кошумчаларын киргизет. Маселе андай салттын орун алгандыгында эмес, ошол кошумчалардын бийиктик деңгээлинде, анын кошумчаларынын чыгарманын жашоосун улантуу жолунда канчалык пайда келтире алгандыгында. Бул абалды эске алганда чоң манасчы Сагымбайдын өзү айткан варианттагы бири-бирине тыкыс байланышкан эки эпизодду башка айтуучуларда колдонулган аталыштан башкача тема менен айтып кагаз бетине жаздыруусу манасчылык өнөрдө жолуга бере турган мыйзамченемдүү иш-аракеттерден. Жеке эле ушул факты гана эмес Сагымбай чоң манасчы катары өз варианты аркылуу «Манас» эпосунун окуяларындагы структуралык түзүлүштү жакшырткан, логикалык ырааттуулукту пайда кылган, мазмунду тарыхый көөнө маалыматтар менен байыткан, жаңы шарттардын талабына ылайыктаган бир катар салымдар киргизген. Мисалы, окуялар ичиндеги майда деталдык көрүнүштөрдү эсепке кошпогондо да өзү мурда башка айтуучулар сыяктуу эле эпостун экинчи бөлүгү болгон «Семетейде» айткан «Көкөтөйдүн ашын» чыгарманын биринчи бөлүгүнө – окуялардын фабулалык өнүгүшүндөгү туура ордуна алып келип айтуу, он бир дуу-дунун окуялары деген аталыштагы кыргыздардын*

*тарыхый жолунда кеңири белгилүү учурга тиешелүү маалыматтарды сюжетке киргизүү, Ала-Тоону баскынчы душмандардан бошотууга байланышкан иш-аракеттерди, Алоокени багынтуу, Алмамбеттин жомогу ж.б. эпизоддор менен эпостун мазмунун кеңейтип байытуу иштерин Сагымбайдын манасчылык өнөрүндөгү ийгиликтери катары баалоо оң.*

*Чыгарманын мазмундук тутумуна кирген салттык белгилүү өзгөчөлүктөр менен айтуу жактан да Сагымбай көп манасчылардан айырмаланып турат. Ошондой өзгөчөлүктүн бири – «Чоң чабуулдун» корутунду бөлүгүн башка көптөгөн манасчылар турмак өзү мурда эл арасында чыгарманы аткарган үлгүдөн башкача нукта айтып жаздыруу.*

*Сагымбай айткан варианттын тексттерин кагаз бетине түшүргөн катчы Ыбырай Абдыракманов манасчы менен узак жылдар бирге жүрүп, андан таалим алган Шапак манасчынын эскерүүлөрүнө таянып: «Сагымбай мурда Манасты Кытай жергесинде жара жеп, ошол жарадан өлгөн катары эле, башка манасчылар айткан үлгүгө жакын эле айтчу экен» – деп жазат. Кагаз бетине түшкөн тексттерде «Чоң чабуул» аяктаганда эки эл жарашып, Манас баштаган кыргыз колу жерине кайтат, б.а., Бээжинге кандык кылып, Кытай жергесинде туруп калуу жок. Ушуга ылайык «Кичи чабуулдун» – «Кичи казаттын» окуяларынын ички курулушу да көптөгөн манасчылар айтуучу кеңири белгилүү нуктан такыр башка.*

*Сагымбай манасчынын эпоско кошкон түрдүү мүнөздөгү ар бир чоң жана чакан жаңылыктарын, салымдарын, кошумчаларын жөн салды, кокустук мүнөздөгү, ойго келе калганда гана жасалган иштер катары кароого болбойт. Көлөмүнө, мүнөзүнө карабастан ар бир кошумча ойлонулган, атайын орчундуу максат үчүн кызмат кылган аракеттер. Мисалы, ушул «Чоң чабуулдун» корутунду окуясынын өзү эле башка белгилүү манасчылардан айырмалануу максаты үчүн эмес, чыгарманын илгертеден келе жаткан салттык идеялык маңызын калыбына келтирүүнүн далалаты – жеке эле кыргыздарда гана эмес, жалпы эпикалык салтта оң каармандар жеңген душманынын жерин ээлеп, бийлик жүргүзүп туруп калбайт, согуш бүтүп, эки эл жарашуу менен жеңгендер тиешелүү олжосун алып, өз жерине кайтат. Кытайларды жеңгенден кийин Бээжиндин кандыгын ээлеп, сурак жүргүзүп туруп калуу эпоско кийинки тарыхый шарттын талабына ылайык киргизилген кошумча. Сагымбай аны туура эмес деп эсептеп, чыгарманын мурдатадан келе жаткан үлгүсүн калыбына келтирет. Анын вариантында канчалаган көп душмандар менен кармашса да Манас жеңишке жетип, эки эл жарашкандан кийин дайым туруп калбай дароо элине кайтат (жалпы эле ушул жана жогоруда үстүртөн айтылган ойлорго өзүнчө кенен токтолуп, терең талдоолорго алынуучу маселелерден).*

*Бул китептен орун алган «Кичи чабуул» окуясынын кыскача сюжеттик нугу бул түрдө: коркунучтуу жоосу кытайларды жеңип, көп олжо ме-*

*нен элине кайткан Манас баатыр жашы улгайып баратканын ойлоп, баласы жоктугуна кейип арман кылып, Мекеге барып зыярат кылып, Кудайдан бала тилемекчи болот. Бакай баштаган жакындары бүт жолдун алыс жана коркунучтуулугун айтышып, Манастын Мекеге барышына каршы чыгышат. Жалгыз Кыргыл чал гана бузукулук менен соопчулук иш үчүн баргысы келсе барсын – дейт. Баатырды опурталдуу жолго ыраа көргүсү келбегендер кеңешип, Манастын Мекеге баруудагы негизги максаты тилек тилеп, Жараткандан бала суроо, балким, төрт аялынын биринин боюнда бардыр, эгер андай болсо алыс жерге баруунун зарылдыгы эмне. Баатырдын аялдарын чакырып сурайлы деген бүтүмгө келишет. Каныкей эл алдына келбейт, келген үч аялдын ичинен Акылай Каныкейдин беш айлык боюнда бар, башкабызда эчтеке жок – деп жооп берет. Манас Мекеге барбай, токтоп калат.*

*Ай-күнү жетип, Каныкей төрөйт. Туулган бала эркек экенин укканда сүйүнгөн Манас эси ооп жыгылат. Мындай сабырсыз чабалдыгы үчүн Алмамбет, Серек жемелешет.*

*Туш-тушка кабар айтып, эң көп эл чакырып, чоң той беришет. Тойдо жапайы адамдардын башчысы Шыйгуу деген дөө чыр чыгарып, башка курал-жаракты тоготпогондуктан аны дары менен жарып өлтүрүшөт. Ар түрдүү элдер көп чогулган жыйында чатак чыгып, бузук болбосун деп чочулап, Кошойдун кеңеши боюнча тойду көп создбой, ат чабышат. Багыштын аты Суркийик чыгып келип, баш байгени алат. Алгара менен Чалкуйрук тең келе жатканда кыпчактар сүрөп, Чалкуйрукту чыгарып кетишет. Атымдын жолун тосуп коюшту – деп, наараазы болгон Коңурбай элин чогултуп, тоюна бузук салып, Манасты чаап алмак болуп кеңешишет. Алардын камданып жатканын уккан Манас өз колуна: – Аттангыла – деп, буйрук берет. Бирок аны уккан Кошой Манаска келип: – Үйүңө, өзүңдүн чакырыгың аркылуу келген эл менен чатакташканың болбойт – деп тыят. Манас: – Кап, ыгы келип турганда ушул Коңурбайды сойсом болот эле – деп өкүнөт да, Кошойдун сөзүн кыя албай токтоп калат. Кошой Манасты тыйып токтотуп, кытайлардын кошуна барат. Кытайлардын билерман, акылмандары Коңурбайдын чогоол сөзү, орой аракети үчүн кечирим сурашып, айыбыбыз үчүн кыздан тартуу тарталы, чатак чыкпасын деп өтүнүшөт. Жүз миң кыз бермек болушат. Алмамбет «Чоң казатта» жүргөндө Эсенкандын кызы Бирмыскалды көрүп, жактырып калган экен. Кошой кытайлар кыздан тартуу тартмак болду дегенди укканда кубанып кетет. Аны байкаган Төштүк көп кыздын кереги жок, Мыскалды эле Алмамбетке беришсин – дейт да, кытайлардын көңүлүн жайлаш үчүн көп дүнүйө берели деген сунушун айтат. Кыргыздар макул болушуп, миң кара ат, элүү миң алтын жамбы камдап, Кошой баштаган билермандар барып, кытайлардан бир эле Мыскалды берүүсүн сурашат. Кытайлар таң калышып, бирок Эсенкандын кызын Алмамбет үчүн сурап жатканды укканда ыраазы болушат. Башка элдер той-*

*дон тарап, өзүлөрү калганда сакалдууларды чогултуп, Манас баласына ат коюуну суранат. Балага Абунасир: «Семетей» – деп ат коёт.*

*Той тарап, эл тынч жатып калышат. Калктын көбү байып, мал көбөйүп, жайлоо, кыштоо тарып кеткендиктен Манас журту менен туулган жерим, кенен жай деп, Алтайга көчөт.*

*Семетей үч жашка чыгып, баатыр баласын сүннөткө олтургузуп, той берет. Чогулган элге кайрылып, Мекеге барууга уруксат сурайт. Баатыр алыс, татаал жолго чыкса аман кайра келбейт ко – деп калк кайгырат. Бирок барам деп, айтып койдум эле – деп, Манас кыйылгандыктан уруксат беришет. Манас менен кошо Алмамбет, Сыргак, Токотой да жөнөшөт.*

*Манастын Мекеге кеткенин угуп Коңурбай ал жокто элин чаап алмак болуп, мыктыларын чогултуп акыл курат. Кечээ эле чыр-чатакты токтотолу, тынч жашайлы деп убадалашып, Мыскалды бермек болбодук беле, койгула деген Алоокенин, алыңар жетпейт, бөөдө зыян тартпайлы деген Сооронддуктун калыс сөздөрүнө көнбөй Коңурбай менен Жолой кол топтоп, согушка камдана башташат.*

*Манас баштаган төрт баатыр өзүлөрү билбеген, татаал жол менен көп кыйынчылыктар тартып, Манастын кабарын угуп, аны жок кылуу үчүн жортуулга чыгууга камданып жаткан Көктатар аттуу коркунучтуу дөөнү, алаткак деген аягы бирөө, сегиз көздүү, эти жез, сөөгү чоюн коркунучтуу айбанды өлтүрүп, он тогуз күн кеме менен деңизде, тогуз күн чөлдө жол басып акыры Мекеге жакындайт. Абунасир кожо тосуп чыгып, Мекеге, андан Мединага алып барып, Мукамбет мустапа пайгамбардын камырын көргөзүп, кайра элине кетүүчү оң жолду айтып жөнөтөт.*

*Кытайлардын кастыгы, камы жөнүндө Мыскалдан кат алып, өзү да кабардар болгон Бакай Манастын ордун ээлеп, элге баш-көз эсептелген Медет, Седет аттуу Жакыптын токолунан төрөлгөн балдарына барып, камданалы десе алар сөзгө кулак салышпайт. Камсыз жай жаткан элди каптап келген жоонун көп колу басып калып, Манастын аталаш инилери Медет, Седет, Дебек, Байыт өлүм табышат, айылдары таланып, эли кырылат. Камсыз, жай жаткан кыргыздар жер жайнап каптап келген жоого туруштук бере албай качууга бет алышат.*

*Мекеден келе жаткан Манас Кашкардын сыртында жайланган Чубакка жолугат, Үрбү, Төштүктөр атайын келип учурашышат. Андан аттанып элге жөнөгөн Манастар жолдон качкындардын алдына жолугуп, иштин жайын угуп, Манас камданып, тез келгиле – деп, туш-туштагы баатырларга кабар жиберет.*

*Абыкени кан жарыялап, азыраак жоокерлери менен каптаган жоого каршылык көрсөтүп урушуп жаткан Бакайлар жеңилип, эми качалы деп калганда көп кол менен Манас келип, катуу согуш башталат, Кытайлар катуу кыргынга учурап, адам өлүгүнөн ат жүрө албай калат. Аламан уруш*

*учурунда Алмамбет, Сыргак, Чубак окко учушат. Аккулага замбиректин огу тийип, аты өлгөн Манас жөө калат. Жөө турган Манасты Коңурбай артынан аңдып келип, айбалта менен шилиге чаап, качып кутулат. Токтук аттуу мерген жарадар Манасты атып, жаанын огу оң чекесине тиет. Манас катуу жарадар болгонун көргөн Жолой кыргыздарга жан тартып, өз элин айдап, согушту таштап кетип калат. Кыргыздарга каршы согушта кытайлар гана калып, кармаш басаңдайт. Жарадар Манасты анын үйүнө алып жөнөшөт. Эли, баатырлары менен коштошуп, баласын көрүп, анын жаш калганына арман кылып, Манас баатыр көз жумат. Каныкей кошок кошот. Баатырдын сөөгү Үрүмчү шаарына жакын аймакта Баяндынын талаасындагы Кум-Арык деген жерге коюлуп, күл бótoдон күмбөз салышат.*

*«Кичи чабуул» эпизодун басмага даярдоодо таяныч – негиздин милдетин «Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук Борборунун» кол жазмалар корунда сакталган Сагымбай манасчынын өз оозунан жазып Ыбырай Абдыракманов кагаз бетине түшүргөн, инвентарь № 211 кол жазма дептертом аткарды.*

*Материалды айткан Сагымбай Орозбаков, анын айткандарын кагаз бетине түшүргөн Ыбырай Абдыракманов экенинде эч күмөн жок. Тексттердин жазылган убагы – 1926-жылдын экинчи жарымы.*

*Дептер-томдун сырткы көрүнүшүндө, форма-көлөмүндө, жасалыш ыгында мурдакы дептер-томдордон дээрлик айырма жок – бир сызыктуу жалпы дептерди, же сызыксыз ак кагазды дептер түрүнө келтирип, ортосунан бүктөп туруп жип менен тигип, аларга тексттер жазылып, жазуу иши бүткөн соң пайдаланылган дептерлер бириктирилип тигилип, көгүш түстөгү картон менен желим аркылуу жабыштырылып тышталган дептер-томго айландырылган. Мукабанын сыртына көгүш түстөгү төрт чарчы кагаз жабыштырылып, ага «С.Орозбаков. Манас. Көчүү казаты (кыясы, Кичи казат дегенди ката жазган го) делген сөз кыргыздарда азыр пайдаланып жүргөн тамгалар менен жазылган. Жазуулардын төмөнүрөөк жагына СССР илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын Тил адабият жана тарых институтунун сүйрү эн тамгалары – печаттары басылып, алардын ортосунда 1942- жана 1979-ж. инвентарь номурлар жана даталар жазылган. Ошол эле жерде кызыл карандаш менен жазылып, алды сызылган «т–10» деген жазуу бар (кыясы, качандыр мурда коюлган, онунчу том дегенди түшүндүргөн белги го). Мукабанын ички бети актай жазуу, белги жок. Мукабадан кийинки жука ак кагаздын биринчи бетине сүйрү келген төрт бурчтук штамп басылган, штамптын ичинде «НИИКЯП» (Научно-исследовательский институт киргизского языка и письменности), рукопись, №__, 193__г.» деген печаттык тамгалар бар.*

*Бирок ал жерде колдон жазылган эч маалымат жок. Барактын экинчи бети актай. Негизги дептердин биринчи барагынын биринчи бетинин баш*

*жагында Ыбырай Абдыракмановдун кол тамгасы менен арап тамгасында жазылган «Кичи чабуул» делген окуянын аталыш наамын туюнткан жазуу бар. Теманын асты жагына «онунчу бөлумц», андан төмөн «Айткан: Сагымбай Орозбак уулу, Чийген: Ыбырайым Абдыраман уулу», андан төмөнцрөөктө «1926-ынчы жыл, 18инчи агус, Нарын, Кочкор» делген кабарлар катчынын өз колу менен кыргыз тилинин өзгөчөлцгцнө ылайыкташтырылып, реформаланган арап тамгалары аркылуу тцшцрцлгөн. Ушул эле бетте институттун сцйрц төрт чарчы, сцйрцрөөк тегерек печать-штамптары басылып, алардын ичине рукопись №11, 15 октябрь, 1939 г, инв. №12, 24-декабрь, 46 г. делген маалыматтар жазылган. Беттин аяк жагында кашаага алынып, кызыл карандаш менен чийилген «(оргинал») (орфографиясы кол жазманыкы) делген жазуу бар.*

*Ушул барактын экинчи бетине «Мазмуну» делген тема менен төмөнкц сөздөр – окуянын ички темалары жазылган:*

*1. Манас баатырдын баласы жоктонуна («жоктугуна» деген сөз ката жазылган го – С.М.) арман кылганы – 1–21 (чынында 1-31 болмок – С.М.);*

*2. Семетейдин туулушу – 31–89;*

*3. Коңурбайдын Манаска тартуу тартышы – 89–117;*

*4. Манастын Мекеге жөнөшц – 117–180;*

*5. Кытайлардын кыргыз элине чабуул коюшу – 180–232;*

*6. Манас Мекеден келип, кытай менен согушу – 232–273;*

*7. Согушта Алмамбет, Сыргактын шейит болушу – 273–313;*

*8. Каныкейдин кошогу – 313;*

*9. Манаска кцмбөз салдыруу – 306» жазууларды ким, качан жазгандыгы белгисиз, кол тамга чыныгы катчыныкы – Ыбырай Абдыракмановдуку эмес. Ким жазса да Ыбырай молдокеден айырмаланып өз ишине кайдыгер караган адам экени даана байкалып турат – жазуулардагы темалардын аталыштарын так, толук жазбоо, темалар жайгашкан барактардын беттерин так көрсөтпөө ж.б. мунун далили.*

*Тексттер дептердин 1-бетинен тартып жазылган, тагыраак айтканда, дептерлерге тексттер жазылган беттен тартып катар номерлер коюлган. Том-дептер 313 беттен турат (барактардын арасында катар номерге кошулбаган, негизги бетке желим менен чапталып бириктирилип коюлган барактар, баракчалар кесилген, төрт чарчы кагаздар да бар. Аларга да бир бетине, кээде эки бетине тексттер жазылган. Андай учурлардын ар бири тексттер арасындагы ички комментарияларда атайын чечмеленип эскерилди).*

*Дептер-томдун тексттер жазылган беттери 311 менен бцтөт. 312–313-беттерге «жыйнагы» деген тема менен катчынын өзц жазган мазмун жайгаштырылган:*

**«Жыйнагы»**

*1. Манас баатыр баласы жоктуктан арман кылганы – 1.*

*2. Семетейдин туулганы, дүйүм журтту чакырып, той бергени да, ат койдурганы – 31.*

*3. Той үстүндө чоңураак айтам деп, Коңурбай кайтып тартуу тартып, Манас менен жарашканы – 89.*

*4. Манас баатыр ажыга бармак үчүн кандарды чакырып кеңеш кылып амандашканы да, ажыга жөнөгөнү.*

*5. Манастын ажыга кеткенин угуп элин чаап, өч алмакка кытайлардын кеңешкени – 137.*

*6. Кытай Манастын элине чабуул койгону – 180.*

*7. Кытай урушуп жатканда Манас ажыдан келип калып, урушууга кол жыйнаганы – 232.*

*8. Урушта Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргактын шейит болгону – 273.*

*9. Манаска күмбөз салдырганы – 306.*

*Мазмун деген тема коюлган тизмелердин тексттерден мурдагы берилгени да, аягында жайгаштырылганы да, биздин оюбузча, манасчыга тиешеси жок, анын катышуусусуз, катчы тарабынан иштелген иш. Ошон үчүн алардын экөөн тең тексттердин арасына кошкон жокпуз. Ырас, манасчылар эл аралап жүрүп «Манасты» айтуу учурларында кыска үзүндү аткарылса ошону өз алдынча ат менен атап, ал тексттерден мурда жана кийин келүүчү окуяларды кыскача мазмунун эскертүү кеңири жайылган, белгилүү салттык ык. Бирок айтуучу чоң эпизодду, өзүнчө бөлүмдү баштан аяк айтууда ошол айтылып жаткан окуянын ички курулушун темаларга бөлүү – айтууну токтотуп коюп, темаларды эскертүү адаты бар экендигин биз эч качан эшиткен эмеспиз. Ушуга карап тексттер арасында орун алган темачаларды өз-өз ордунда алып салбай берген, мазмун катары тиркелген темалардын аталыштарын манасчы өзү ушундай айткан – деп, кесе бүтүм чыгара албай, жарыяланган тексттерге кошо албадык. Дептер-томдун аягындагы «Жыйнагы» делген тизме жазылган 312-бет менен 313-беттин арасында беш барак кесилип салыныптыр. Себеби белгисиз. Ал барактарда жазылган сөздөр болгонун, же жөн эле актай экенин да кесе айтуу кыйын. Кесилген барактардан калган дүмүрчөктөрдө жазуунун издери-белгилери байкалбайт. Буга караганда кесилип салынган барактар жазуусуз, актай болсо керек. Бирок анда эмне үчүн катчы «мазмун-жыйнактын» аягын ошол актай беттердин бирине жазбай, алардан кийинки бетке жазды?*

*«Кичи чабуул» эпизодуна тиешелүү тексттердин баарын баштан аяк катчы кагаз бетине кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылып реформаланган арап тамгаларынын жардамы менен түшүргөн-жазган. Ошон үчүн кыргыз сөздөрү, негизинен, дээрлик угулушуна карата туура үлгүдө чийилген. Айрым учурларда гана катчынын мурдагы көндүм ыгы менен жазылган сөздөр кезигет, бирок алар өтө аз.*

*Реформаланган тамгалар пайдаланылганы менен атайын иштелип чыккан орфографиялик эрежелерге таянуу жокко эсе, натыйжада айрым сөздөр маанисине карап эмес, айтылыш-угулуш түрүнө ылайык чийилгендиктен «алып берди», «бара жатат» ж.б. сыяктуу көптөгөн учурларда эки сөз бирге «алперди», «баратат» ж.б. болуп жазылган. Мындай көрүнүштөрдү диалектилик белгиге кошууга болор эле, бирок манасчы өзү кайсыл түрдө айтканына эч ким кепилдик бере албагандыктан ал белгини айтуучугабы, же катчыгабы таандыкташтырууга негиз жок. Мурдатадан макулдашылып, башка китептердеги тексттерди даярдоодо колдонулуп келген ык боюнча андай учурлардын дээрлик баары азыркы кабыл алган орфографиялык эрежелердин талаптарына ылайык берилди. Албетте, сейрек кезигүүчү ыргактын, уйкаштыктын таламдарына тиешеси бар, манасчы өзү ушул түрдө айтканы даана байкалып турган учурлар менен мааниге зыянын тийгизүүчү көрүнүштөр гана жазмадагы үлгүдө калтырылды жана андай учурлардын ар бири ички комментарияларда чечмеленип эскертилди.*

*Ыгы келгенде ушул жерде көңүлгө ала кетүүчү дагы бир жагдай, негизги катчы Ыбырай Абдыракманов өзү болсун же ага жардам берип түрдүү учурларда текст жазуу ишине катышкан башка катчылар болсун мурдатадан эле ыр саптарын чийүүдө сап ичинде, же ар бир сап аягында коюлуучу чекит, үтүр белгилерин жайгаштырууга дыкат мамиле кылган эмес. Ошол адат бул акыркы том-дептердеги тексттерди жазууда да улантылган. Бул багытта мазмун-ойдун маани-маңызы, же кандайдыр ойлонулган эрежеге таянуу жокко эсе. Адатта мааниси, ойдун бүтүшү эске алынбай эле, ыр саптарынын бирине үтүр, экинчисине чекит коюла берет, же үтүр коюу, ойдун бүтүшүнө ылайык чекит коюу зарылдыгы бардыгына карабай ыр сабынын аягы үтүр да, чекит да коюлбай, жайдак калуу учурлары да аз эмес. Андай көрүнүштөрдүн бардыгы бүгүнкү пайдаланылып жүргөн тил илиминин эреже-заңдарына ылайык жөнгө салынып, жарыялоодо туура үлгүдө берилди. Мындай аракетти зарылчылык катары баалап, текстологиялык иш-аракеттердин алкагына кирүүчү тексттердин алгачкы үлгүсүнө жетишүү багытындагы кадам деп түшүнөбүз. Анткени манасчы өз вариантын оозеки аткарып жатканда интонациянын, тынымдын ж.б. иш-аракет, жадаса колдун, өңү-баш, беттин кыймылы сыяктуу тексттерге жардамчы көрүнүш ыр саптарына коюлуучу пунктуациялык зарыл белгилердин милдетин аткарып, тексттердеги маани негизинен бузулбай, түшүнүктүү болуп турат. Демек, жазуу ишиндеги катчынын билим деңгээлине, же ошол тарыхый шарттагы жазуу-сызуу өнөрүнүн абалына байланыштуу туура болбой калган пунктуациялык мүчүлүштөрдү жоюу манасчынын тексттерине кийлигишүү, же аны бузуу эмес, тескерисинче, ыр саптарын түп нускага – манасчы өзү аткарган үлгүгө жакындатуу болмок, б.а., тексттерди басмага*

*даярдоодогу текстологиялык милдеттүү иш-аракеттердин бир көрүнүшүнө жатмак.*

*Тогузунчу китепке кирген материалдарды басмага даярдоо, жайгаштыруу ж.б. ыктарында мурдакы томдорду даярдоодон айырмаланган принципиалдуу өзгөрүүлөр болгон жок. Зарылчылыктан келип чыккан жалгыз жагдай сегизинчи китептен орун алган «Чоң чабуул» бөлүмүнүн көлөмү өтө чоңоюп, андагы жалаң тексттер эле 50 басма табактан канча ашып кеткендиктен бөлүмдүн окуяларын эки китепке бөлбөө үчүн ал китепке жалаң ыр саптарын гана жайгаштырып, аларга таандык илимий аппараттарды (киришүү менен ички комментариялардан башкаларын бүт) ушул тогузунчу китептердеги тексттерге берилүүчү материалдар менен чогуу-бирге берүүнү туура таптык. Ушул максатка ылайык эки китептердеги ыр саптарынын – «Чоң чабуул» менен «Кичи чабуулдун» катар номерлери өз-өзүнчө эмес, бирин бири улай коюлду.*

*Тогузунчу китеп басылыштын акыркы, корутундулук милдетти аткаруучу тому. Ушуга ылайык томдун өзүнчө белгилери да бар.*

*Басылыштын ар бир китеби 40–50 басма табак көлөмдөн турган материалдарын толук окуп, терең өздөштүрүү бир кыйла машакаттуу жумуш болуп калды. Чын-чынына келгенде өлкөбүздө «Манас» деген сөз көп айтылып, кулакка угулуп турган сөздөрдүн бири экендигине карабастан бул тогуз томду бүт турмак, буга чейин жарык көргөн улуу манасчылардын кыскартылган үлгүдөгү варианттарын толук окуп чыгып, карандай эле сюжети – окуялары менен тааныш болгон, керегине жараша Сагымбайын өзүнчө, Саякбайын өзүнчө ирээти менен баштан-аяк айтып бере алган инсандарыбыздын бирин-серин, саны чамалуу экени анча жашырын деле сыр эмес. Ушул жагдайды эске ала басылыштын ар бир китебинде илимий аппараттардын катарында берилген «Киришүү ордуна» делген чакан макалаларды өз-өзүнчө корутунду томго тиркеме түрүндө берүүнү туура көрдүк. Анткени ошол «Киришүүнүн» ар биринде китептен орун алган окуянын кыскача мазмуну, айрым чакан комментариялары менен берилген. Демек, тогуз китептеги тексттерди толук окуп чыгууга чамасы келбеген ар бир адам ушул китептеги чакан статьялар менен таанышуу аркылуу эле жалпы тогуз китептеги мазмунду өздөштүрүп алуу мүмкүнчүлүгү бар.*

*Ошондой эле мурдагы китептердин ар биринин аяк жагында ушул китепте орун алган окуялардын башка белгилүү манасчылардын варианттарында кандай орун алганы жана кандай өзгөчөлүктөр менен айтылары кыскача чечмеленип баяндалган эле. Ошол материалдар да ар бири өз-өзүнчө ушул томдун тиркемесинде берилди. Булар менен көңүл коюп таанышып чыккан окурман кыргыздардын «Манас» эпосунун кыскача мазмуну негизги варианттарындагы айырмалар жөнүндө зарыл керек маалымат ала алмакчы.*

31–1207

*Бул тиркемелердин томдон орун алышы «Манастын» жеке бир варианты эле эмес, али жарык көрө элек башка тексттер – элге кеңири белгилүү манасчыларга таандык кол жазма фондусунда басылып жаткан, качан жарык көрөрү али белгисиз тексттер менен кыскача таанышып, кабар алууга шарт түзүп, жалпы окурмандарга, айрыкча эпостун күйөрмандарына мүмкүнчүлүк берет деген ишенимдебиз.*

*Ошентип, басылыштын корутунду китеби эпос боюнча ар бир «Манас» күйөрманы үчүн керектүү да, маанилүү да маалыматтар топтолгон өзгөчө пайдалуу том болор деген ниеттебиз.*

*Китептен орун алган материалдарды «Соңку сөз» деген тема коюлган чакан макала жыйынтыктайт. Макаланын мазмунун эпостун тексттерин жарыялоонун тарыхына жана ушул бастырылыш сыяктуу аракеттердин маанисине, Сагымбайдын вариантынын кыргыз, дүйнөлүк маданият казынасындагы ордуна байланышкан айрым ойлор түзөт.*

*Китепти басмага даярдоонун бардык милдеттерин С.Мусаев аткарды (мындай абалдын өзүнчө сыры, жүйөлүү себептери бар. Алгач Сагымбай менен Саякбайдын варианттарын академиялык басылышка даярдайлы деген чечим кабыл алып, ишке киришкенде биздин Манастаануу бөлүмүндө эки лаборантты кошпогондо он эки илимий кызматкер бар эле. Ошол коллектив ыгына жараша экиге бөлүнүп ишке киришкенбиз. Бирок андан көп өтпөй замандын шартына жараша улам кыскартууларга дуушарланып, айрымдар бул жыйынтыгы көзгө көрүнбөгөн, өзү көп күч, оор эмгекти талап кылуучу өзгөчө татаал иштен жадап өзүлөрү кетип, эски кадрлардан төрт адамдын көзү өтүп, бүгүн ушул басылыштарды баштагандардан эки эле адам иш үстүндөбүз – мен Сагымбайдын вариантын аяктап бара тканыма Алдага шүгүрчүлүк кылып жүрсөм, Айнек Жайнакова Саякбайдын вариантынын үч бөлүмүнүн үстүндө алектенүүдө. Адегенде Сагымбайдын вариантын басмага даярдаган топко мен баш-көз болуп дегендей даярдалган материалдарга редакторлук милдетти аткарып келсем, кийинчерээк тексттер эле эмес, китептин даярдалуу жүгүн дээрлик жалгыз көтөрүүгө туура келгендиктен өзү даярдаган материалдарга өзү редакторлук кылуу өөн учурайт экен деп, ал милдетти 6-китептен баштап академиялык басылыштарды идея, сунуш кылган институттун директору А.Акматалиевге өткөрүп бергемин. Редакторлук жүктү азыр ошол адам көтөрүп жүрөт).*

**Самар МУСАЕВ**

## ТЕКСТТЕР

# КИЧИ ЧАБУУЛ

### Онунчу бөлүм

### *Биринчи*

## МАНАС БААТЫР БАЛАСЫ ЖОКТУКТАН АРМАН КЫЛГАНЫ

Манас, Манас болуп,
Дөөлөтү көлдөй толуп,
Кытайга түйшүк салып,
Кылымды колуна алып,
Уругу кыргыз болуп,
Урушкандын көңүлү соолуп,
Ааламга даңкы кетип,
Алтымыш жашка жетип,
Кырк жигит күтүп,
Ар жигиттери бир арыштан
Кийиши бүтүп,
Бардыктан дүнүйөсү түтүп,
Башы Кумул, аягы Урум,
Түн жагы Кара-Кум,
Күн жагы Ымалай, Сарыстан,
Кайышпай казатка барыштан,
Өкүмөт тутуп турганда
Жер ортосу – деп, келип,
Таласка дүкөн курганда
Кытайга кылып чоң казат,
Адабият жол үчүн
Акындар айтып, сөз жазат,
Какандын журтун какшатып,
Маңгүбанын баатыры
Макел дөөнү башка атып,
Бозкертик менен Жолойду,
Бой-боздотуп олорду,
Кытайлардан Коңурбай,
Кырмүз уул Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы;
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Каар чалдын Сайкалы,
Кайнап жаткан капырдын
Кайсы бирин айталы,
Солоондордон Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,

Токшугердин Бозкертик,
Солобонун Соорондүк –
Кыйындары кытайдын
Кыргынын көрүп Манастын,
Кысмагын көрүп алачтын
Баарысынан айрылып
Малга жайлуу жеринен,
Батар жери тарылып,
Баргандары жак сурап
Бакбурчундун элинен
Каканга кирип камалып,
Күн батышы жагынан
Канча сонун жер калып,
Кыргыздын жери Алтайды,
Кыраан Манас барында
Кыргыз алып көп жайды.
Амур дария, Энесай[1],
Акең кыргыз жерге бай.
Кытайды кысып Бээжинде,
Кылган иши бир далай.
Эртиш, Уркун эки суу,
Өңкөй кыргыз балдары
Атаңар алган жери бу.
Ит-Ичпестин Ала-Көл,
Аңдап көрсөң аягын
Ар тарапка чачылып,
Ада болгон биздин төл,
Кыргыздан азыр кур эмес
Ындыстандын ысык чөл.
Мурункуңду сөз кылсак
Белгисин айтып көз кылсак,
Кыргызда болгон өкүмөт,
Өткөндөрдөн сөз кылса
Кыйла адамдар өкүнөт.
Толкуп жаткан кытайдын
Чогулган жерин кырыптыр,
Султаның Манас журт бийлеп,
Чоң чабуулду кылыптыр.
Каяша айтар калк калбай,
Согуштан көөнү тыныптыр.
Казаттан баатыр кайтыптыр,
Камап салып кытайын,
Кара калмак журтуна
Канчалык өкүм айтыптыр,
Каратып алып өзүнө
Кал түшүрүп көзүнө,
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кырк баатырдын ичинде
Кыйындары дагы бар.
Алым алып капырдан,
Аттангандын баарысы
Аман келген чагы бар.
Казатка барган канча жан,
Чоң Бээжинге бармакка
Талапкер болгон жети кан.
Кыраан Төштүк кыпчактан,
Кыйрында болгон канча жан.
Элеман уулу эр Төштүк,
Эштектерден Жамгырчы,
Эч калбастан катардан,
Эштек демек татардан.
Казактардан эр Көкчө,
Кара жаак Үрбүңүз,
Үрбү деген да кыпчак,
Адашып калып жүрбөңүз.
Санжы калмак жери экен,
Санжыдан келип бек койгон,
Анжыяндын улугу
Эр Санжыбек – деп, койгон.
Анын аты – Кутулдук,
Барсы тилдин улугу
Музбурчак деген бир улук.
Басташып жүргөн жети кан
Манаска бүтүн карашып,
Баш булгабай жарашып,
Олжону орчун мол алып,
Үлкөн кандар баарысы

[1] *янасай.*

Үй жагына жол алып,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздан кыраан Кутунай,
Каратоко Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Саргыл минген Сатайы,
Шагыл бийдин Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргындардан Кожо бар,
Арстан Бообек ошо бар,
Сарттан Шаабек, Шүкүр бар,
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү,
Топ баштаган Токотой,
Эл башкарган Элеман,
Калк башкарган Калкаман,
Серек менен Сыргагы –
Сезбеген жоого чыйрагы,
Коңгуроолу байдын Кошабыш,
Кош текшерген эр Ыбыш,
Алымдын уулу Алакең,
Аярлыгы бар экен,
Манжурия калмактан
Мажик деген жан экен.
Караңгыда кол жүрсө
Казатка түрк кол жүрсө,
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр, Жайнак, Шууту бар –
Калк чайкаган куусу бар.
Түн ичинде кол жүрсө
Түмөн түрк жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөн, Жайнак, Шууту бар,
Түмөнгө маалим куусу бар.
Казактан бар Жооручу,
Кайгыл, Бөгөөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү.
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Ырчы уул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу.
Кара Түлө, Кабыке,
Жаңгирлерден Жабыке,
Нойгуттан оён Чубагы –
Ойрондун бири бу дагы.
Эл Алмамбет дагы бар,
Эрегишкен кырк баатыр
Кан Алмаңа казаттан
Жыгылып келген чагы бар,
Мурунку өткөн бабаңар
Кылар иши дагы бар.
Кыдыр даарып бабаңды,
Кытайдын журтун кыйратып,
Өкүмөт айткан чагы бар.
Алдык – деп, кытай журтуну,
Айтуу кеп кылып ушуну,
Айыл тигип аралаш,
Арстандардын баарысы
Аттанып чыкса каралдаш,
Аштык куйса ороолош,
Арак ичсе жоролош,
Коюн салып короолош,
Ушак-айың тыйылып,
Кутмандуу кыргыз тукуму
Кудайына сыйынып,
Кайрып алып Камбылды,
Касташкан жоосун нан кылды.
Кара Төлөк баатырды
Камбылдыкка кан кылды.
Куп түзөттү Кумулду,
Төгөрөктүн баарына
Төрөңдүн аты угулду.
Шагыл бийдин Атайга
Кумулдун журту жыгылды.
Терс-Маёодо Текести
Кендирин Манас куп кести.

Абдылда кылды өкүмөт,
Атасынан калган сөз,
Аңдап билген адамдар
Арман кылып өкүнөт.
Аты Абдылда – Ажы бий,
Аяк жагы Ысык-Көл,
Аны сурап ушул эл.
Анжыян тоосу, Алай бар,
Аким болгон эр Сыргак,
Айтсак сөзү далай бар.
Сыргак демек сыны экен,
Серек деген бири бар,
Билимдүүсү чын экен.
Казаттан жанган көй баатыр,
Аяк-башы алты айлык
Акең кыргыз жердеген
Алда канча жай жатыр,
Кытайдан алган олжону,
Кызыл нардан кырк миң – дейт,
Адам билбес болжолу,
Алтынын нарга жүктөшүп,
Атилес, торгун, тубарды
Катар-катар бүктөшүп,
Катындан тандап, уз алып,
Кара көздөн кыз алып,
Карчыга тандап, куш алып,
Капырды көрсө, муш салып,
Кыргыек тандап, куш салып,
Кытайды көрсө, муш салып,
Кыпча бел тандап кыз алып
Ашпаган улуу тоо калбай,
Аңдышкан душман соо калбай,
Ат жетер жерде жоо калбай,
Баспаган улуу тоо калбай,
Басташкан душман соо калбай,
Мал жетер жерде жоо калбай,
Каңгайдын журтун каратып,
Калмакты чаап таратып,
Ыраактан келген жолдорун
Ырасын айтып билдирип,
Ырас дебес капырды
Ным неме койбой бүлдүрүп,
Арстан Манас баатыры
Абунасир саабанын*
Айтканын уккан акыры,
Ар качандан бир качан
Актын жолун куумакка
Болуп жүргөн акылы.
«Алтымыш жашка жеттим – деп,
Алдейлеп бала сүйө албай,
Арманым ушу – кеттим – деп.
Төгүн эмес алганым,
Көтөрдүм кудай салганын.
Төрт катын болду алганым,
Төрт катындан бир перзент*
Дүйнөдө көрбөй калганым.
Акылай менен Алтынай
Адамзаат бендеден
Ай-чырайлуу капыр ай,
Кайыптын кызы Карабөрк –
Катында болбойт андай көрк,
Каракан кызы Каныкей
Аягында алганым,
Аңдадым дүйнө жалганын.
Ай-чырайлуу сулуулар,
Ар канча мээрим канса да
Алдейлеп бала албадым.
Балкытып колго тутпадым,
Мамыкта катып уктадым,
Уктаганы курусун,
Баркыратып ыйлатып,
Баланын үнүн укпадым.
Ааламдын баарын тутканым,
Астымдан душман чыкпады,
Арзыган душман баарысы
Алыска качып ыктады.
Алыстан сапар мен келсем,
Атакем мына келет – деп,
Астымдан бала чыкпады.
Алыстан сапар мен келсем,
Армандуу сөөк сыздады.
Ааламдан минтип өткөнүм,

Адамдан артык көпкөнүм,
Арманым менин тоодон чоң
Алдейлеп бала өппөдүм.
Мага жолдош көй баатыр,
Бадышалык мүлк жатыр,
Жыйылып калган мүлүгүм,
Минилбей калган күлүгүм,
Душманга түшкөн түлүгүм,
Бет алганын соо койбой,
Бээжиндин Коңур бүрүгүн,
Салынбай калган шумкарым,
Чабылбай калган тулпарым,
Арман эмей эмине,
Артымда калган туяк жок,
Аземдүү башым турганым.
Менден коркуп зардады
Бээжин кытай калаасы,
Берсе кемип калабы,
Бербердигер баласы.
Айбатымдан зардаган
Анжы-Таңшаң калаасы,
Арбагы бийик Манасты,
Келтирип койсо дүйнөгө,
Кеңири теңир тааланын
Кемийт беле баласы?!
Артымда туяк калбаса,
Жаратпай койсо нетти эле,
Жалган жайга Манасты.
Баатыр болдум, эр болдум,
Баркыратып бала албай,
Байкап турсам дүйнөдө,
Башым кара жер болдум.
Жалган дүйнө чиркинге
Жан кеткен соң көөдөндөн
Жанып эки келмек жок,
Жалгыз кылдым өкүмөт,
Жанымда персент[1] эрмек жок,
Кызык жалган дүйнөгө
Кылчайып эки келмек жок,
Кылымдын ээси кудурет
Кыздан да персент[2] берген жок.
Алачка тилейм амандык,
Артымда персент калбаса
Абыдан кыйын жамандык.
Кыргызга тилейм амандык,
Кылайган туяк калбаса
Кыйлача кыйын жамандык.
Жамандык эмей неткеним,
Алганым сулуу, акылман,
Айнектей үч-төрт катындан
Бир туякка жетпедим».
Казаттан келген баатыры,
Кайгыланып акыры
Карап болуп акылы.
Казынасын ачтырды,
Карк алтындан жүз төөлүк
Карыптарга чачтырды.
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Төрт түлүктөн мал айтып,
Төөгө кошуп нар айтып,
Бербей койсо кудурет
Персент кыйын дүйнөдө,
Бар кудай кабыл көрбөсө,
Баана кылып бербесе
Бала кыйын дүйнөдө,
Жашынан күткөн өкүмөт;
Башынан бала тилебей,
Баатырың бүгүн өкүнөт.
Кызмат кылдым дин үчүн,
Кытайга чыкты бар күчүм,
Кыраан Манас баатыры
Кыйналды бүгүн бала үчүн.
Казат кылдым дин үчүн,

[1] *мерсет.* Алтымыш төрт сап жогоруда ушул эле маанидеги сөз «персент» түрүндө жазылды эле. Тексттерде ар түркүмдүк болбос үчүн ошол алгачкы үлгү берилди.

[2] *мерсет.* Мындан нары сөз эскертүүсү жок эле «персент» түрүндө берилет.

Кадыр Алда бир үчүн,
Капырга чыкты бар күчүм.
Капилет өтүп кеттим – деп,
Кайгырды бугун бала үчүн.
Кырк баатырдын баарысы;
Кыргыл, Бакай карысы,
Арбагы чыккан алты кан,
Аскерден келген канча жан.
Дүбүртү бийик алты кан,
Түмөндөп жаткан канча жан.
Төрө Манас кеп айтат:
«Төрөлөр, уккун» – деп, айтат.
Кабылан Манас кеп айтат,
«Кандарым уккун – деп, айтат.
Жашым келди алтымыш,
Жалгыз перзент сүйө албай,
Жатып калсам кандай иш.
Жарды, байың кыргыздар
Жамынганың кара киш.
Балкалашкан душмандан
Башымды тартып калбадым.
Барчага жетти дарманым,
Байкап турсам дүйнөдө
Баладан калды арманым.
Босого баскан душмандан
Боюмду тартып калбадым.
Болжогон жерди алганым,
Бойбойлотуп душманды,
Бошобогон дарманым,
Болжоп турсам дүнүйө
Ботодон болду арманым.
Болжодум ажы* сапарын,
Бол ынтымак калганың.
Кудай берсе ынтымак,
Куусаң кетпейт ырыс-бак,
Куралган сага алтын так,
Кудаанын карзы ажы – деп,
Талап кылам ушул чак.
Ыбырайым, Ысактан
Ыраакка кеткен канча жан,
Айып менен Мусадан
Акырет кеткен канча жан.
Байгамбардын баары өткөн,
Баба Өмүр кары өткөн,
Падыша өткөн, кан өткөн,
Караламан эсепсиз
Канча түрлүү жан өткөн.
Капыр менен мусулман,
Артымда калган ага-ини
Насият уккан канча нан,
Туулганда өлмөк бар,
Турган жалган дүйнөдө
Туш-тушунда көрмөк бар,
Жакшылык менен жамандык,
Жараткан жапар кудурет
Жаныңа берди амандык,
Аманыңда баарыңар
Айдоого сыйбайт малыңар,
Кейиште кемпир-чалыңар,
Кең жайга батпайт малыңар,
Бул дүнүйө жалгандыр,
Мурункудан калгандыр,
Куп зыярат кылсын – деп,
Кудурет күчү салгандыр.
Чын дүйнөнүн жайы үчүн,
Чымындай жандын айы үчүн,
Акыреттин жайы үчүн,
Аманат жандын айы үчүн
Калаба кылдым дүйнөгө,
Калка болсо күнөөгө,
Кесир кылдым дүйнөгө,
Кеперет болсо күнөөгө,
Бала күндөн урушка
Батыра чаптым жекеге,
Балта тийди чекеге,
Бар кудай сактап келтирди,
Баашалыкка жеткирди,
Баарыңарга эп болсо.
Барсамбы деймин Мекеге.
Уруудан сурайм уруксат,
Угуз уулу эп болсо,
Уруксат берип мени узат.

Кылымдан сураймын уруксат,
Кыргыз уулу эп болсо,
Жооп берип мени узат.
Ак байгамбар саабасы
Азыр тирүү өзү бар,
Ак жолуңа бек салып,
Айтып кеткен биздерге
Аят-адис сөзү бар.
Казатта жүрдүм кан ичип,
Урушта жүрдүм уу ичип,
Согушта жүрүп соолдум,
Бузукта жүрүп муңайдым,
Кызыгын көрдүм бу жайдын.
Мээнетке белим байлайын,
Кызматы үчүн кудайдын,
Үлгүсүн издеп бу жайдын,
Үйүн издеп кудайдын,
Үлкөн бир сапар кылууга
Кудайдан жардам сурайын,
Азапта болгон башыбыз
Алышкан капыр касыбыз.
Аңдап турсам бу күндө
Алтымыш бирде жашыбыз.
Артымда бала жок болуп,
Акыры жалган дүйнөдө
Арзыбадым токтолуп.
Бербердигер жеткирсе
Бендеси айткан наалышка,
Бел байлайм Меке барышка».
Ал сөздү айтып турады,
Улуктардын баарынан
Урматтап жооп сурады.
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
Баары турган мусулман,
Барбагын – деп, айта албай
Жер көчкөндөй дүңгүрөп,
Жети каны баш болуп,
Жерге багып күңгүрлөп.
«Кара динде калкыбыз,
Калмакча болгон наркыбыз.
Ынтымакка киргенде,
Ислам динин билгенде
Капырга калба салганда
Калкты колго алганда,
Кытайга кыргын салганда,
Кыргызды колго алганда
Кыйын болду бу жумуш.
Олуя-Ата, чоң Ташкен
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө[1], Самаркан
Олордо бар канча жан,
Аяк жагы Букардан
Алым алдык булардан.
Тасталынын көлүнөн,
Сыдырып Сырдын чөлүнөн,
Кара деңиз, Бор арал,
Кара кыргыз уругу
Капкайдан алдык сонун мал.
Кырымдын журту кыңк этпей,
Кыйбанын журту былк этпей,
Басып алдык Барысты
Балдар угуп олтурат
Аят-адис дарысты.
Кебелтпей алдык Кейүүнү,
Аягы шаар Даштаалы,
Адамы көзүн жаштады.
Козголтпой алып Котонду,
Калк урунган малдарын
Кара кыргыз отоду.
Карап турсак бу жумуш,
Калкы кыргыз болгонго
Катыгыраак окшоду.
Жетип алдык Жергенди,
Сарыстан журтун сапырып,
Ындыстан журтун жапырып,
Ымалай тоосун ашкан бар,
Ыштыктын чөлүн баскан бар.
Атыла белин ашкан бар,

[1] *ороң төбө.* Бул топоним адатта «Оро-Төбө» делчү эле.

Анжамы чөлүн баскан бар,
Айбатынан Манастын
Ар душманда шашкан бар.
Мекени көздөй бет алса,
Кекенип жүргөн кесир көп,
Кап сени деген капыр көп,
Капырдын журтун көп чапкан,
Капилет жатып дин тапкан,
Кытайдын журтун көп чапкан,
Кыябы менен дин тапкан,
Кыраан Манас баатыры
Кыямат жолун издейм – деп,
Кылмак болду акыры,
Байкадык айткан сөзүнөн,
Баатырың көчсө дүйнөдөн,
Калган кара кыргыздын
Жашы арылбас көзүнөн,
Эки жылга, үч жылга
Барбай коё тургун – деп,
Баарыбыз тиленелик да,
Баатырыңдын өзүнөн».
Бу сөзүн айтып муңайып,
Мурутун сылап булайып,
Абасы Бакай сөздөдү,
Сөз артына токтобой,
Баштап айткан Бакайга
Ак сакал Кыргыл көздөдү.
Кырданып Кыргыл кеп айтат:
«Кыямат жолун издесе,
Кылайын – деп, турсуңбу,
Дагы эле Бакай» – деп, айтат.
«Жашың жетти жетимиш,
Жандын баарын жедиңиз,
Акырет жолун издесе
Дагы эле барба дедиңиз.
Алган менен тойбодуң,
Ар качандан бир качан,
Ач көздүгүң койбодуң,
Жеген менен тойбодуң,
Ар качандан бир качан,
Жезиттигиң койбодуң.
Аманат жан карыз үчүн,
Аят-адис дарс үчүн,
Алда салган парз үчүн,
Барамын деген Кээбеге*
Башка журт балан дебеди,
Ары барса алты айга,
Акырет күнү кыйын – дейт,
Аманат жанга чын пайда.
Бери келсе алты айга,
Бербердигер жардыгы
Берсе кудай тилекти,
Мээнеттүү жанга бир пайда.
Айнытпасын акыр – деп,
Акыреттин камы үчүн,
Барып келсин баатыр! – деп.
Аскер билип, эл багар.
Алты иниси жатыр – деп,
Абыке менен Көбөшү,
Алардын арбын көп иши.
Медет менен Седети,
Беттешкенге душманга
Бербес намыс келбети,
Дебеги менен Кочкору,
Барамын – деп, Мекеге
Баатырды кудай козгоду.
Бакайдан бөлөк күлдү журт
Манаска күйбөс окшоду.
Бир энеден Байыт бар,
Билден күчү кем эмес,
Баары Ногой балдары
Жүк көтөрчү кара нар,
Кара жан камын кылганга
Барбагын – деп, сөз айткан
Бакайдын ичи кандай тар.
Элеман уулу эр Төштүк,
Эштектен турсун Жамгырчы
Казактан Көкчө сен турсуң,
Калк бийлеген улуктар
Карап баарың тең турсуң.
Кара Таз уулу Үрбү тур,
Калктын баарын аздырбас

Кадимден берки үлгү тур.
Санжыбек менен Музбурчак,
Санаандагы сөздү айтып,
Сүйлөнөрчү ушул чак.
Жедигер уулу Багышсың,
Жеткердин[1] уулу Агышсың,
Жергеңден бир тай бербеген,
Желмогуздай салышсың[2].
Барба деген баатырды,
Бакайдын кеби акылбы,
Айнытып алыс сапардан,
Напсиңе тартып жатырбы?»
Кыргыл чал айтып басылды,
Кылым кыргыз балдары
Кыя албады баатырды.
Алиги сөзү болгон соң,
Абасы Бакай акырды:
«Атаңдын көрү Кыргыл чал,
Ааламды бузган дыңгыл чал,
Адам болбой куруп кал,
Согушкучул мен болсом,
Соолуп калсын дүнүйө,
Сопу киши сен болсоң,
Жегич киши мен болсом,
Жерге кирсин дүнүйө,
Жетик киши сен болсоң.
Бузук кишиң мен болсом,
Бу дүнүйө курусун,
Бурулбаган сен болсоң,
Атпай журттун баарысы,
Ак сакалдан карысы
Аккан жашын тыя албай,
Алда кандай сапар – деп,
Арстан эрди кыя албай
Алдырашып отурса,
Айтар тили байланып,
Жалдырашып отурса,
Мууну бошоп муңайып,
Шалдырашып отурса,
Кайраттуу сөздү айтасың,
Айткан ушу сөзүңө
Аш бышымга чыдабай
Акыры өзүң кайтарсың.
Акыры кебиңди ак кылып,
Аалимдин кебин айтасың,
Ай-ааламды чайкачу,
Азгыруучу шайтансың.
Бул отурган жыйынга
Муңайым кептен айтасың,
Бурулса көзү баатырдын,
Бузукту сүйөр шайтансың.
Кырк баатырдын баарысын
Кыраан төрөң кокустан,
Кыяматка бет алса,
Кыярсың Бакай карысын.
Кыйырда жокту жетелеп,
Талашарсың намысың.
Ойротту бузган залпышым,
Орунсузду жетелеп,
Талашарсың намысың.
Көкчөнү айтып казак – деп,
Көөнүңдө кыйла мазак кеп,
Төштүктү айтып кыпчак – деп,
Төрткө бөлөрсүң кыргызды,
Төгөрсүң жерге жылдызды.
Жедигер дээрсиң Багышты,
Жезит дээрсиң Агышты.
Акыры түбү көрөрбүз
Ааламда сендей салышты.
Атаң бирге тууган – деп,
Айбатыңдан кара журт
Сага карап турган – деп,
Манастан кайсы жериң кем,
Абыке, Көбөш урган – деп,

[1] *Жеткердин.* Бул адам аты көпчүлүк учурларда «жеткир» делет.
[2] *салышсың.* Сөздүн мааниси так эмес. Кыясы, «сараң» деген сөздү уйкаштыктын таламына ылайыктап, сөз жасап айтчу го.

Озунуп айтып сүйлөөрсүң,
Олорду минтип күлөөрсүң.
Дебеги менен Кочкорду
Колуна берип чочморду,
Арстандын көзү өткөн соң,
Алда Таала бир билер,
Ааламдын баарын козгоорду.
Медет менен Седетти
Көтөртөрсүң себетти,
Ак сакалы Байытты,
Байытты айтып байытып,
Баары кыргыз баласын
Ит кыларсың түбүндө,
Инген төөдөй кайытып.
Азыркысын Кыргыл чал,
Ааламды жеңген даңгыл чал,
Калыстык кебиң айтарсың,
Канкордун көзү өткөн соң,
Айткан сөздөн кайтарсың.
Бадыша өткөн, кан өткөн,
Байгамбардын баары өткөн,
Баштатан канча жан өткөн,
Оңуна келген иш кылып,
Олор да өткөн жалган – деп,
Анча-мынча жумуштар
Олордон да калган – деп,
Кырк баатырды кысарсың,
Кылымдын баарын бузарсың.
Төрөлөрдү кысарсың,
Төрөнүн көзү өткөн соң,
Төгөрөк журтту бузарсың.
Жеткирсе кудай залимдик,
Жегенди кайра кусарсың.
Өз күнөөң түшсө мойнуңа,
Ушу жалган дүйнөдөн
Убайым тартып узаарсың.
Мен айтам Кыргыл сага – деп,
Эрегишпе мага – деп,
Эгер кылган жумушуң
Оңуна келбей айланса,
Табылбас сага дабаа – деп.
Уккан, көргөн адамга,
Ушу турган көп жанга
Улуу сөз айтып саларсың,
Урулуу журтту чачылтып,
Убалга минтип каларсың.
Упалуу беттен кан акса,
Убалы болор мойнуңа,
Сурмалуу көздөн суу акса,
Жашы кирер койнуңа,
Жараткан Жапар ээң бар,
Койбос сенин оюңа.
Кадыр Алда кудурет,
Кандай түрдүү экенин
Капилет жайда ким билет.
Баранды менен чаранды
Баарын дүйнө тараткан,
Жалган дүйнө ыраатын
Кайыр динге караткан.
Карап турсам мүнөзүн,
Кайыр диндей сөзүң бар,
Калбаны кабат сүйүүчү
Карыганча өзүң бар.
Азыркыңды аңдасам,
Акылдуудай сөзүң бар.
Алачка бузук иш түшсө,
Ого төтөн күчөтүп,
Оңдурбай турган көзүң бар.
Кеп айтууга калганда
Кеңири баштап, эсиң бар,
Кейиштүү заман иш түшсө
Кесириң тиер кезиң бар!»
Бакай сөздү сөздөдү,
Кырктын башы Кыргылга
Төрө Төштүк көздөдү.
Төрө Төштүк кеп айтат,
Төлгөлөбөй бек айтат:
«Төбөңдөн тийген кырк баатыр,
Төрөнүн көзү жумулса,
Төгүн эмес бузулуп,
Кетериңер!» – деп, айтат.
Баатыр Төштүк кеп айтат,

Байкап сөзүн бек айтат:
«Баатырдын көзү жумулса,
Баарың балаа кыларың
Макул эле!» – деп, айтат.
«Туугандан болгон душманы,
Ичинде болгон бушманы.
Көзкамандын балдары
Көңүлгө кара салганы.
Ак сакалы Көкчөкөз,
Асылып жүрүп Манаска,
Кана орунун алганы?
Ааламга маалим ушу сөз,
Арбалдай менен Дөрбөлдөй
Асылып жүрүп Манаска,
Ааламга салды түйшүктү.
Арбак ургур жөн өлбөй,
Агалдай менен Чагалдай
Акырында калдың го,
Алардан каран-баран таба албай.
Эң кенжеси Токолдой,
Бу бейлиңер барында
Кетет ко дөөлөт токтолбой.
Токтой тургун Кыргыл чал,
Карыяңа октолбой.
Кыркка болгон башчысың,
Кылымга болгон жакшысың,
Байкап турсам мүнөзүң
Жин даарыган бакшысың.
Бузуктуктан пайда жок,
Минте берсең Кыргыл чал,
Бир адамга ээ болбой,
Бир күндө куруп какшыйсың!»
Төштүк айтты бу сөздү,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Ажакең айтты куу сөздү:
«Келтирсе элди кейишке,
Айдаган болсо берište
Алыска барган сапардан
Арзып барып ак жолун
Арстандар кетсе бейишке,
Ак сакал Кыргыл бийлейт ко,
Жалпы жүргөн жакшыңа.
Жалгыз да түтүн тийбейт ко.
Кыргыл чалдан бийликсиз
Кырк баатыр жерге сийбейт ко».
Амалы бий, өзү ажы,
Башында алтын зер таажы
Анык аты – Абдылда,
Амалы арткан ар жылда,
Ажы акең сүйлөп салганы.
Ал олтурган көп жыйын
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калганы.
Кырданып Кыргыл кеп айтат:
«Кыямат камын жегенден,
Барсын дедим – деп, айтат.
Мекеге кеткен Манасты,
Мен билчүүдөй алачты
Бакайы баштап талашты.
Кетип коргону Каканга
Кең аскер алып беттесин,
Күйбөс киши мен болсом
Эч жакка Манас кетпесин».
Какшык айтып карыя,
Калк укту сөзүн жарыя.
Кыргыл минтип токтоду,
Кылым кыргыз баарысы
Кыраан Манас баатырды
Кыйбай турган окшоду.
Карыя Багыш кеп айтат:
«Калайык уксаң бир сөзүм,
Айтар сөзүм айта албай,
Карап турган мен өзүм.
Тутунуп калган туяк жок,
Эркине койсоң эр Манас
Тура турган сыяк жок,
Артында калган бала жок,
Ак ишине чаара жок,
Алыска сапар барбаска
Арстанында санаа жок.
Өкүмөт кылып кыргызга
Өзүм кырк жыл турдум – деп,

Кыргызга кызмат кылсам да
Кылайып перзент көрө албай,
Кыйындык тартып курдум – деп,
Кыялы бекип алыптыр,
Кыяматтын жолу үчүн
Көңүлдөнүп калыптыр.
Барганына баатырдын
Баары ыраазы бекен – деп,
Уруксат баары бербесе,
Ушу кандай деген кеп?
Ногой уулу болгону –
Ойроттун кара коргону.
Орозду менен Бай экен,
Ороздунун он уулу
Ону бирдей соо калбай,
Оболдон кеги бар экен,
Ошонун баары асылган
Оён Манас бала экен.
Бирин бири көрө албас,
Биринин кылган ишине
Билбегени көнө албас.
Көк жал Манас баатырды
Көрө албай жүрүп акыры
Көтүнө түшүп койбоду
Көсөл шум деген капыры,
Кыргын кылдың кырк чоро
Онун да бирдей акыры,
Бир Манасча болбойбу
Ойрот журттун акылы.
Аңдап турсам көпчүлүк,
Акылы артык жандар бар,
Алдам ишин жактырбас
Арамзаада заңгар бар.
Кырып ийип кырк баатыр,
Ороздунун тукуму
Кылайып калбай таптакыр,
Алеңгир салдың алачка,
Айлың келди Таласка,
Тууганын туташ кырды – деп,
Атагы калды Манаска.
Көп ногойдун зардалы,
Көзкамандын балдары,
Ак сакалы Көкчөкөз,
Ааламга маалим болгон сөз,
Агалдай менен Чагалдай,
Арамдык кылган эрлердин
Эч белгисин табалбай
Арбалдай менен Дөрбөлдөй
Ааламга маалим кеп болду,
Ажалы жетип жөн өлбөй.
Асылып жүрүп Манаска
Азабы тийди алачка,
Акыр заман журтуна
Айтууга болду тамаша.
Аны да кырдың кырк чоро,
Айтуусу калды Манаска,
Кенжеси экен Бегалдай,
Кесип башын алардын,
Кетирдиңер жайма-жай.
Жамандыгын көрсөм – деп,
Манаска келсе жамандык,
Жанымды берип өлсөм – деп,
Жакшылыгын көрсөм – деп,
Ырас келсе жакшылык,
Ыраатын көрүп өлсөм – деп,
Кармашканда колу бир,
Казатка чыкса жолу бир,
Бөктөрүнсө тону бир,
Бөксөгө кирсе жолу бир.
Куранды кыргыз турган – деп,
Кутмандуу Ногой балдары,
Кудайым кошкон тууган – деп,
Карыганча кызматкер,
Кара журттун камын жеп,
Канча убакта зарданып,
Кадыр Алда колдо – деп,
Бакай жүрөт карыңар,
Башкача ишти көп кылдың
Ногой уулу баарыңар.
Бейорун сөздү коюңар,
Бербердигер кут кылсын
Берип жаткан тоюңар,

Мекеге Манас барбайт – деп,
Ойлобосун оюңар,
Бекерге сөздү коюңар,
Акылай менен Алтынай,
Акылын сурап жайма-жай.
Каныкей менен Карабөрк,
Канкоруң сапар кеткен соң;
Калбагандай көрүнөт
Кара кыргыз биздин көрк.
Барат-барбайт – деп, айтып,
Башка түрдүү кеп айтып,
Майышпасын белиңер,
Байбичелер кайда экен,
Баарын алып келиңер,
Барбаса экен – деп, ойлоор
Баштан-аяк оюнда
Айымдарын аңдайлык,
Алда кандай бирөөнүн
Болгон болсо боюнда
Узакка сапар барууга
Уруксат бербей тыялык,
Ургаачыбы, эркекпи
Урматын бирге кылалык.
Көрсөтсө кудай баланы,
Көңүлүн көрүп тындырып,
Көрбөгөн жол көйүстөн,
Көй кашканын баарысы,
Көтөрүлө баралы,
Көрбөй кетсе баланы,
Көк жал Манас айткандай,
Көңүлдө калар малалы.
Ак таала берсе баланы,
Арстандын калбас малалы.
Алдейлеп бала сүйгөн соң,
Ата уулудан түк калбай,
Андан кийин баралы».
Карыя Багыш муну айтты,
Калктын көбүн муңайтты.
Катындарын чакырды,
Карабөрк менен Алтынай,
Кайыптын кызы Акылай,
Баары да келди акыры.
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодурайт экен капырай.
Бербердигер бербесе
Бендеде деди не чара.
Акылай катын сүйлөдү:
«Беш айдан бери көрө элек
Каныкей деген бечара,
Башкабызда башта жок,
Бала түгүл, таш да жок.
Сыпсыйда жүргөн өзүбүз,
Жаш тыйылбай көзүбүз,
Жалманып жүргөн өзүбүз,
Жалганы жок чыпачын,
Айткан ушу сөзүбүз!»
Акылай айтты чын сырын,
Аңдады Манас сөз кырын.
Келбеген экен бу топко
Санирабигасы.
Куру эместей сыягы,
Ал катындын кыябы,
Айтты чынын Акылай,
Жалганы жок ырасы.
Башы Кумул, аягы Рум,
Баарын жыйган улугун,
Акылга дыйкан тунугун,
Алдыргандыр бу топко
Атпай түрк улугун.
Кырга чыккан угуз – деп,
Кылымга маалим ушу кеп.
Бабылда калып башкасы,
Кырга чыккан кырк уруу,
Кыр угуз – деп, атанып,
Кылымга маалим сөзү бу.
Качып динден калганы
Калмак болуп алганы.
Арсар айтып калсак – деп,
Артында калды казак – деп,
Казактардын Көкчөсү,
Как ушу жерде баштаган
Калкка жакты бир сөзү:

«Канга нике кыйган соң,
Атасы койгон аты өчүп,
Каныкей – деп, жүр өзү.
Чакырганга не келбейт,
Чаркын айтып не бербейт?
Бала болсо боюнда,
Бала көрбөй кетүүгө
Манастын ар иш оюнда.
Эркекпи, кызбы бир перзент
Эгер көрбөй калдым – деп,
Ээн калган малым – деп,
Ээлер кишим болбосо
Не кыламын баарын – деп,
Баатырың жүрөт муну айтып,
Баары жанды муңайтып.
Казына калган мүлкүм – деп[1],
Каткырып чыкпайт күлкүм – деп,
Баатырың жүрөт майышып,
Бир баланын камын жеп.
Тутунуп туяк калбаган,
Журттун башын кармаган,
Журт көрүнүп бейпайда,
Туяк үчүн зардаган.
Кармап бала албаган,
Калктын башын кармаган,
Калк көрүнүп бейорун,
Каралды үчүн зарлаган.
Каныкейди чакырчы,
Кабар-атар бар бекен
Карындагы баладан.
Куралган журтту кармаган,
Кубат үчүн ар качан
Кудайына зардаган.
Кубанчы барбы билелик,
Курсактагы баладан!»
Бу сөздү айтып эр Көкчө,
Курдаштарын караган.
Макул алды баарысы,
Музбурчак баштык карысы.
Андай болсо акыр – деп,
Табылар таза акыл – деп,
Карап турбай бекерге
Каныкейди чакыр – деп,
Кандар буйруп салганы,
Калдарбек деген бир жигит
Чакырып жатыр сизди – деп,
Каныкейге барганы.
Чакырды чоңдор сизди – деп,
Кабар айт деди бизди – деп,
Калдар желдет барганы,
Калдарды көрүп Каныкей,
Кашкайып күлүп калганы.
«Жерге сайган көк чыбык
Жел болсо турар чайпалып,
Жетип кантип барамын
Жeлeң тон кийип жайкалып.
Калк бийлеген кандар бар,
Каргышы катаа кетпеген,
Как ушу жыйын тобунда
Касиеттүү жандар бар,
Ак сакал бар, кары бар,
Ар уруу журттун каны бар,
Аңдап турсам тобунда
Азыздардын баары бар.
Караса көзү жетпеген,
Катуу сөз чыкса жектеген,
Кайсы түрдүү иш кылса,
Кадыр Алдам эптеген,
Каарданып караса,
Каргышы катаа кетпеген
Карыядан кандар бар,
Кашында канча өкүмөт,
Калкын билген зардал бар.
Улуктардын астына
Уят болор барганым,

[1] *деп.* Мындай сөз түп нускада ток, бирок анын ушул жерде болушу зарыл керек. Кыясы, сөздү катчы жазбай кеткен өңдөнөт.

Ушу жалган дүйнөдөн
Узак болду арманым.
Армандуу катуу иш көрдүм,
Аразат күндөй түш көрдүм.
Алты миң кулач мунардын,
Айтарын билдим булардын,
Башына чыгып турупмун,
Баладай камыр жуурупмун,
Бурала басып турупмун,
Мунаранын башында
Бутунда алтын боосу бар,
Жайнаган жакут оозу бар,
Алтын боолуу ак шумкар
Айланып турду кашымда,
Саңоор* жүнү сары алтын,
Таканак* жүнү баары алтын
Ак туйгун* конду кашыма,
Кудуреттин буйругу,
Ак күмүш экен куйругу.
Канаты алтын, боосу жез,
Калкылдаган ак туйгун
Колума конду ошол кез.
Ала моюн кара куш
Астыма келди жабылып,
Азыр тытып жечүдөй
Аны көрүп түшүмдө
Акылым кетти жаңылып,
Колумдагы ак туйгун
Ал куштарга жутунду,
Боосу колго тутулду,
Желпинсе жели үй учат,
Ал куштардын баарысы
Жерге кирип кутулду.
Тегин түш боло койбос – деп,
Жеткире ойлойм ушуну.
Эркеги, кызын билбеймин,
Эгем берген бир перзент
Мен түшүмдөн кеп ойлойм,
Бекер болбос – деп, ойлойм!»
Ал сөздү айтып Каныкей,
Барбастан өзү калганы.
Мына ушундай иш экен,
Байбичең көргөн түш экен,
Баягы барган Калдары
Баянын айтып барганы,
Байбичең сөзү ушу – деп,
Аянын айтып барганы.
Акимдердин баарысы,
«Атаны жакшы кеп бол!» – деп,
Айтканын макул алганы.
Андай болсо баатыр – деп,
Аял кылып бир жылга,
Ашыкпаңыз акыр – деп,
Ашыгыш менен иш бүтпөс,
Айтпаган менен ич түтпөс,
Топ жыйылган кеп айтып,
Токтолуңуз – деп, айтып,
Өкүмөттөр тарады,
Өз-өзүнүн жумушун
Өзүнчө кылып карады.
Кыш айы өтүп кетиптир,
Кысталып жазга жетиптир,
Болжолун карайт күнү-түн,
Бойго бала бүткөнү
Тогуз ай да, тогуз күн,
Тогуз сааты толуптур,
Толукшуган Каныкей
Толготор күнү болуптур.

*Экинчи*

## СЕМЕТЕЙДИН ТУУЛГАНЫ. ДҮЙҮМ ЖУРТТУ ЧАКЫРЫП ТОЙ БЕРИП, АТ КОЙДУРГАНЫ

Каада билген кемпирди
Канчасын жыйып келтирди.
Акылга дыйкан айымдан,
Айылдагы канча жан,
Бадышалык айымдан,
Мааладагы канча жан
Миңдей киши дүрбөшүп,
Бирин бири жүр – дешип,
Кошоматка жыйылып,
Телим-тентек тыйынып,
Эгем Таала кудурет
Эркек берер бекен – деп,
Эр Бакай баштап, эл-журту
Эгесине сыйынып,
Шаршемби өткөн күнү экен,
Бербердигер бергей – деп,
Бейшембинин түнү экен.
Бенденин баары буркурап,
Бере көр – деп, чуркурап,
Бир кудайга зар айтып,
Миңдеп-сандап мал айтып,
Минтип турса таң атып,
Чымын учту чыркырап,
Чымчыктын баары чуркурап,
Таң атканда жаркырап,
Жесети* жерге түшүптүр
Баланын үнү баркырап.
Айымкүл деген катыны
Алды жерден акыры.
Алтымыш жашка жеткенче
Алдейлеп бала көрбөгөн
Арстан Манас баатыры,
Баласын эркек дегенде
Башында калбай акылы,
Козголуп кетти жүрөгү,
Койдой чуулап көпчүлүк,
Сүйүнчү! – деген сөз жактан
Акылдан танып жүдөдү,
Солкулдап кетти билеги,
Сонун келди тилеги.
Тилегин кудай берген соң,
Баласы эркек деген соң
Өзүн өзү билбеди,
Мууну бошоп былк этип,
Бутун шилтеп баса албай,
Жыгылды баатыр шылк этип.
Айтарга тили келе албай,
Алтын, күмүш дүйнөсүн
Кашында канча жыйылган
Кайырчыга бере албай.
Ачууга келбей кез кетип,
Айтууга келбей сөз кетип,
Акылдан танып, эс кетип,
Атырылчуу баатырың,
Кайраты бойдон тез кетип,
Кара тер басып камыгып,
Кара бою нымыгып,
Сүйлөшүүгө тил келбей,
Сөөгүнөн суу чыгып,
Олтурган бойдон калыптыр,
Орчун ногой уругу
Ой-тоодогу калктыр,
Ошо көйдө турганда
Оёнуң Алмаң барыптыр.
Кубаныч кулак тундурган,
Кутмандын көөнүн тындырган.
Сүйүнчү деген, дүрбөгөн,
Сүйүнбөй бенде жүрбөгөн.
Кубанып көп журт дүрбөгөн,
Кутурбай бенде жүрбөгөн.
Өткөргөн кыйла жашыны,
Өңкөй угуз уулу үчүн

Өлүмгө байлап башыны.
Байлаган менен өлбөгөн,
Ошо күндөн ушу күн
Баланын жүзүн көрбөгөн.
Барып калган Алмамбет
Манасты көздөй жөнөгөн.
Айтса салам, алик жок,
Акылдан анык таныптыр.
Кандай болор экенин,
Кара жандан кадик жок,
Айткандан угуп кубанып,
Акылы калбай кубарып,
Ыңгыранып олтурат,
Ач арстандай буралып.
Алмамбет кирип кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Катының эркек тууганга,
Калк сүйүнүп турганга
Канеткениң» – деп, айтат.
«Алганың эркек тууганга
Айыл кубанып турганга,
Абийир болду көп жанга,
Акылдан баатыр танганга
Бекем калдым мен таңга.
Үзүлдү беле үмүтүң
Үлкөн эгең кудаадан,
Ушу жалган дүйнөдө
Калбады канкор мудаадан,
Берген кудай бир бала,
Жан-жаныбар жараткан.
Жардамчы өзү бир Алда.
Алда билер жашайбы,
Ажал келип кармаса,
Айырып кетип өзүңдөн,
Агызып жашты көзүңдөн,
Арманда кылып таштайбы.
Кудай билет жүрөрүн,
Кубанчта доорон сүрөрүн,
Кудай билет муну үчүн
Куралган кыргыз болорун.
Алда билет аалымбы,
Акыры жашын жашаса
Ак калпактуу түркко
Салмагы тиер залымбы.
Ачса кудай бактысын,
Атанын минер тактысын,
Алса жаны аманат
Айрылып калсаң какшыдың.
Балапан терек шоодурак,
Шамал тийсе жел тийип,
Жалбырагы шоодурап,
Башын ийсем, түбү бек,
Бала көрдүм дегенсип,
Акылдан таныш кандай кеп?
Сен түптөгөн чынарсың
Балта тийсе сынарсың,
Бала үчүн мынча майышып,
Баяны жок жалганга
Наа шүкүрлүк* кыласың.
Алдам өзү бир билер,
Андан бөлөк ким билер,
Баладан пайда көрөрдү,
Ажал келип кармаса
Адам өлчөп билерби
Ал баладан өлөрдү?
Атпай түрк журтуна
Аябадың өнөрдү,
Арстандардын кыйласы
Акыретке жөнөдү,
Алда Таала бир билер,*
Аруу жууп* кепиндеп,
Анткен балаң көмөрдү.
Ата-бабаң каякта,
Адам эмес, ар жандар
Ал дүйнөгө жөнөлдү.
Чаранада* бала үчүн,
Жаңы тууган жан үчүн
Кайратың калбай боюңда,
Кеттиби бойдон бар күчүң?!»
Канетесиң баатыр – деп,
Кан Алмаң айтып канча кеп,
Кулагына акырды,

Кужурланып бакырды.
Бала тапкан катынды
Өөдө бол – деп, чакырды.
Алмамбеттен кеп угуп,
Ачуу сөзүн бек угуп,
Карады Каныш бурулуп,
Калган экен Манастын
Өңү кетип кубулуп.
Каныкей көзүн салганы,
Баатырга кайрат айтканча,
Бакай кан кирип калганы.
Ороп алган Алтынай,
Алтынайдан кол сунуп,
Абакең Бакай озунуп,
Катындан абаң алганы,
Канкор мерсет[1] көрсө – деп,
Канчалык болгон арманы.
Өөп баланын бетинен,
Өбөктөп жатып калганы.
Алар антип жатканда
Өткүр Сыргак барганы.
«Бербердигер кудурет,
Берген экен мерсетти,
Бектерден кандай эс кетти.
Кадыр Алда кудурет
Кайрып берди мерсетти,
Канчалык ишке көз жетти,
Кандардан кандай эс кетти?!
Бир катын эркек тубарбы,
Бир катын эркек тууганга
Минтип карап турарбы.
Кутурду десем, баары соо,
Кудай мындай урарбы!»
Ал сөзгө Сыргак келгени,
Арстан Манас сөз угуп,
Оңолуп жүрөк дегдеди.
Кабар угуп калкынан,
Каратоко келгени.
«Бешик бооң бек болсун!
Берди кудай» дегени.
Жапырагы алтын бай терек
Жаңы келди эр Серек
«Алты жылдык бала үчүн
Акылдан танып не керек!»
Серек деген билгичил,
Барды, жокту көп айтар,
Байкабаса кызыл тил,
Акыретке кетүүгө
Жакын калган биздин зил.
«Кырк баатыр деген кырк улук,
Ырысың кетер кыркылып.
Азыркы кийген жаңы тон
Ийинден түшөр жыртылып,
Шол сыяктуу бендебиз,
Жалган дүйнө жүзүнө
Сынамак үчүн келгенбиз.
Момун менен залимди,
Наадан менен аалимди,
Ачуу менен сабырды,
Алда Таала сүйбөгөн
Жандууга кылган жабырды,
Ырас анык өлөрүң,
Адөөлөттүк иш кылып,
Ыраакка калсын өнөрүң.
Айтууң калсын алыска,
Алда ыраазы болбойбу
Кайыры терең калыска.
Азезил белди байлатар
Ачууланган намыска,
Айтты-койду дебеңер,
Анык болор бекен – дейм,
Акыры ушу балаңар
Атадан жетим калышка.
Жетим калып баласы,
Карайлап калып калаасы,

[1] *мерсет.* Сөздү катчы «перзент», «мерсет» түрлөрүндө аралаш жаза берет. Көбүрөөк жолукканы – «мерсет». Ошон үчүн мындан нары ушул үлгү да берилет.

Жесир калып энеси,
Башкача көрүп мээнетти
Бакай деген немеси,
Төгүлүү болор толгондон,
Көгөрүү болор солгондон,
Нурашы болор коргондун,
Бүлүнгөнү бөлбойбу
Бүтүп иши болгондун.
Отунду жакса от болор,
От бойдон канча токтолор,
Күйүп кызыл чок болор,
Күл болуп акыр жок болор.
Жер үстүнө чөп чыгар,
Жаз болгондо көк чыгар,
Алты айдан кийин куу болор,
Андап муну билсин – деп,
Ак кылган иши бу болор.
Суу аккан жерде сай болор,
Дүйнөдө түрдүү жай болор,
Чуңкур да бар, тоо да бар,
Аска таш, бийик зоо да бар.
Караган менен көз жетпес,
Кабат учуп, жан өтпөс,
Дария бар, көл да бар,
Жылчылык жүрсөң суу таппас,
Какшыган канча чөл да бар.
Асмандан көрдүң булутту,
Айдоочусу шамалдыр,
Шамал да чыгат булуттан,
Бир булуттун шамалы
Бирин айдап куруткан,
Бири өөдө, бири ылдый
Болуп келген мурунтан.
Кылымдын баары жем болуп,
Кылганың журтка эм болуп,
Жараткан Алда жар болуп,
Аттанып чыксаң сапарга,
Ачык жолуң шар болуп,
Абунасир саабадан
Ак динге кирип, бата алып,
Азыркысын турсуңар
Айкөл Манас атанып.
Ушу жалган дүйнөдөн
Убайымсыз кетмек жок,
Ушу бойдон өтмөк жок.
Кайгысыз адам карыбас,
Жамандык сүйгөн жарыбас,
Пайдасыз адам марыбас,
Бир күнү чыкса бөлүнүп,
Жар-жоро болгон кырк баатыр,
Жакындан чыгар биздин кас.
Аягына кез жетпей,
Али да болот башым тел,
Акыр заман журтуна
Аңгеме болор биздин эл,
Санасам жашым болор сел,
Кыш келтирбей жай өтпөс,
Байыган бойдон бай өтпөс,
Улук бойдон эр өтпөс,
Узакка жетпейт биздин көз.
Бүткөн иш калат бүлүнүп,
Көңүлүнө алса – деп,
Көргөнгө калар билинип.
Бирди жакшы жараткан,
Бирди жаман жараткан,
Билдирмекке кудурет
Дүнүйөгө тараткан.
Билимдүүлөр ойлоор – деп,
Бир өзүнө караткан
Жүргөн жан өлөр талашып,
Дүнүйө деген талактан.
Ибарат* алгын ага-ини,
Дариянын ичинде
Жаян менен чабактан,
Бири кичи, бири чоң,
Бир денеңде эки кол,
Бири оң да бири сол,
Билүүчү жериң так ошол,
Ойлонсоңор өзүңөр,
Маңдайда эки көзүңөр.
Ачылса аалам көрүнөт,

Жумулса жуда көмүлөт.
Башында эки кулагың,
Байкасаңар баатырлар,
Баянын айтып турамын.
Канчадан берки калкты
Кара кыргыз сурадың,
Казаң жеткен күнүндө
Кайрыла албай суладың
Кандарың эстен танган соң,
Кайрат айтып турамын.
Бирде оору, бирде соо,
Дүнүйөгө бүтүптүр
Кар кетпеген улуу тоо.
Тоону көрүп, чөлдү көр,
Толкуган дайра көлдү көр.
Булутту көр, желди көр,
Бу дүнүйө карк толгон
Албан түрлүү элди көр.
Кайыпты көр, малды көр,
Капилетке жаралган
Канча түрдүү жанды көр.
Күч кудурет жараткан,
Бендесинин баарына
Белги кылып караткан.
Көгөргөндөн көктү көр,
Көк алдында көптү көр,
Көгөрүп чыккан көктү көр,
Кубарган куусаң чөптү көр,
Жылдызды көр, айды көр,
Жыргалдуу эчен жайды көр.
Жардыны көр, байды көр,
Торкону көр, шайды көр,
Барчаны көр, бөздү көр,
Баяндап айткан сөздү көр.
Баарыны кудай жараткан,
Жылкы ордунда кулан бар,
Аны дагы ээлеген
Албан түрлүү улан бар.
Кой берди кудай биздерге,
Козгоп айтам сиздерге,
Аны да айдап кайтарган
Адам көрбөс ээси бар,
Акыр бир бала көргөнгө
Адашып акыл-эсинен
Мунун да чыгар кээси бар.
Айдадың сыйыр – уюнду,
Кезектүү дүйнө экен – деп,
Акылмандар туюнду.
Мурункунун наркы үчүн
Бузбагын түрк куюнду.
Уюндай марал, бугу бар,
Байкап баарың угуңар,
Ээси бар жан үчүн
Эч ким тутуп ала албай,
Эсен жүрөт мунуңар.
Төө ордунда төө кийик,
Төө кийикке жолуксаң
Төгөр эле каныңды
Төшү менен бир тийип,
Канаттуудан канча бар,
Карга, таан, куш жүрөт,
Тубар жери туюк жар.
Өлчөөсү жок көптүгү,
Өнүптүр алар жер түгү,
Кажыры бар, жору бар,
Канаттуунун зору бар.
Болор-болбос жумушка
Адам уулу кайгырса
Арылбаган шору бар.
Түрдүү-түрдүү канаттуу,
Түрдүү учмак адаттуу,
Канаты жалгыз кушу бар,
Карасаң сонун ушу бар.
Алп кара куш зору бар,
Ар жанга берген ырыскы,
Ак таала берген жолу бар.
Аңдабай окус иш кылган
Азаматтын шору бар.
Бирөөгө кудай бериптир,
Мал менен башы эриптир,
Бирөөнү кудай уруптур,
Мал дагы жок, баш да жок,

Кенен ичкен аш да жок,
Жалгыз өзү туруптур.
Жалган дүйнө жүзүндө
Ай менен Күн тунуктур.
Баары жанды башкарган
Жараткан өзү улуктур.
Акка ынанбай койгондор
Акыретте куруптур.
Алда Таала эс берген,
Эс бергендин баарысы
Ар нерсени эскерген.
Кээ бирөөгө тес берген,
Кээ бирөөгө кеч берген,
Адам уулу күтсүн – деп,
Алтын берген, жез берген.
Айдатты шалы күрүчтү,
Агартып ыраң өң берген
Калай менен күмүштү,
Бербердигер бериптир
Кайгы менен күлүштү.
Жер дүнүйө жараткан,
Жан-жаныбар баарысын
Дүнүйөгө тараткан.
Аңдап-аңдап ойлонсоң,
Адам уулу болгонго
Анын баарын караткан.
Ал адамдын уулусуң,
Насибиң азыр жеткенче,
Ашыгып карап турушуң.
Ашыгыштан пайда жок,
Напси деген курусун.
Асмандаган байтерек,
Тиер болсо чоң керек,
Жарак алып жалпы кый,
Жаның барда напси тый.
Тыйылбаса напсиңиз
Чын Алдага жаздыңыз.
Чыркырап бала ыйласа,
Мынча несин шаштыңыз.
Берген өзү кудурет,
Өкүмөтүн кудаанын
Өзүнөн бөлөк ким билет.
Бадышалардын баашасы,
Бардыгын билсең Алданын
Тирүүлүктүн нашаасы,
Улуктардын улугу,
Ичиң менен тышыңда
Аралаш болор туругу.
Эртели-кечти бергенге
Ашыкканын койбогон,
Адамзаат уругу,
Бербердигер бергенге
Ынаналбай куруду.
Азга да кылса шүгүрдү,
Көпкө да кылса шүгүрдү,
Оозуңдан таткан тамагың
Оно бойго жүгүрдү.
Ар түрлүү берген насибе
Ага шүгүр кылбаган,
Адам уулу болгонго,
Бенделик бекер жазык бар.
Арстан Манас баатырың
Алтымыш жашка жетиптир,
Алда канча ай мен[1] күн
Капилет өтүп кетиптир.
Душманы көп, тууган аз,
Тутуш калба, уруштан
Тынчыбастан кышы-жаз,
Калкына тилеп амандык,
Капырга издеп жамандык,
Элине тилеп амандык,
Эрегишкен душманга
Эрикпей издеп жамандык,
Алган экен төрт катын,
Адам уулу суктанган
Алардын көрсө чын затын.
Бендеден сулуу беттери,
Чүчтөдөн аппак эттери,

[1] *мен.* «Менен» түшүнүгүн ыргактын таламына жараша айтуу.

Андап турсаң кем эмес,
Адамзааттан эстери.
Баарынан бала көрбөптүр,
Эң кенжеси Каныкей,
Эркектен бирди төлдөптүр.
Шүгүр кылбай балага,
Акылдан танып алсыраш,
Найза тийбей кансыраш,
Аазылык* болор Алдага!»
Билгичил экен Сереги,
Минтип айтып бергени.
Миңдеп-сандап көп кыргыз
Бирден-бирден келгени.
Кубанчка келди баарысы,
Куруп калган канкордун
Кудайга жеткен наалышы.
Сүйүнүп келди баарысы,
Сүйүнгөн кыйла карысы,
Бир жумадан бир жума
Дүнүйө чачты жупжуда.
Казыналык жылкы бар,
Карк алтын канча мүлкү бар,
Кайгысы жок күлкү бар,
Казынасын ачтырып,
Көрөр болсоң дүйнөнү
Көчөлөргө чачтырып,
Уругу кыргыз улуу журт,
Көптүгүндө чоло жок,
Көрөр болсоң кара курт.
Күлүктүн баары жарышып,
Күлгүндү кийип алышып,
Буудандын баары жарышып,
Буулумду кийип алышып,
Тик аяктан ат минип,
Тизгини колдо карышып,
Ой-тоодогу баарысы
Оюндан кумар канышып,
Ысылыкка май ичип,
Суусалыкка бал ичип,
Шарапты суудай жутушуп,
Жаканы жалпы тутушуп,
Жаш балдар чүкө утушуп,
Чабылган атын сүрөшүп,
Балбандын баары күрөшүп,
Чечендин баары сүйлөшүп,
Ак сакал айлын бийлешип,
Ал кезекте ынтымак
Атпай кыргыз бир дешип,
Устасы балка чабышып,
Ушак-айың болгондор
Ушу күндө табышып.
Мергендер кийик атышып,
Бу дүнүйө жалгандан
Буюрган даамын татышып,
Чеберлер жыгач чабышып,
Эски кектүү жүргөндөр
Немеси калбай табышып.
Өнөрпоз өнөр салышып,
Каалаганын бир-бири
Капасын сурап алышып.
Калкка болду чоң пайда,
Тамаша күтүп бир айга,
Баласы үчүн той кылып,
Той берүүгө ой кылып,
Союшуна он беш миң
Төгөрөк төрт миң кой кылып,
Кой союлуп он беш миң,
Тойду мындай кылган ким,
Жылкыдан союп жети миң,
Жыргалды мындай кылган ким,
Үч миң санап уй союп,
Ачканын баары чын тоюп,
Төөдөн союп төрт жүзүн,
Ааламдын баарын жыймакка,
Атка токтоор адамдар
Аңгемени кылмакка,
Арбын той баштап акыры,
Арстан эр тынып акылы,
Ат жеткен жерди чакырды:
Асы менен Жөлөктү,
Аягы Ысар, Көлөптү,
Какандагы кытайдан

Катышып келди канча жан,
Башы болгон Бакбурчун,
Баарын тойго чакырып,
Манжурия көп журтун.
Келсин – деди, Кентунду,
Кубайыктын көлүнөн,
Туташ баарын келсин – деп,
Тунжурия чөлүнөн,
Саңсар тоо белинен,
Жандуусу калбай келсин – деп,
Жаяндардын элинен,
Жетигендин тарабы
Кышталак журтун карады,
Бер жагы дайра, асты чөл,
Кышталак деген эл.
Аштык бышпас жерине,
Адам уулу таң калат
Кышталак элине,
Мал ордуна кулан бар,
Сонун эмей эмине.
Үйүлгөн үйдөй жыландар,
Дайрасында балык бар,
Жыланды жеп, күн өткөн,
Кышталак деген калык бар.
Кышы-жайы кийим кийбеген,
Туулгандан өлгөнчө
Боюна көйнөк илбеген,
Ар канча кылып айтса да,
Адамдын тилин билбеген,
Ала чакмак көздөрү,
Айбанга катар өздөрү,
Кыйкыргандай сөздөрү,
Келгени болсо келер – деп,
Келсе тамак берербиз
Ылайыктап белендеп,
Келбесе келбей калсын – деп,
Кышталакты чакырган.
Кыраан Манас баатыр – деп,
Кыямат журту кылсын кеп.
Эртиш, Үркүн эки суу,
Аягы Арал көл болгон,
Анын да баары эл болгон.
Ортосу Орол бел болгон,
Ошол күндө бир түркүн
Орус урук эл болгон,
Базары кейип курулган,
Барлыгы дайын мурунтан
Аты Жагөөр зору бар,
Ал да келсе оңу бар.
Аралда немис эли бар,
Айта берсе улуу сөз,
Аңгемелүү кеби бар,
Айналуп деген беги бар,
Күн батышы жагында
Таталаштын калкы бар,
Белгия журту жалпы бар.
Дария Шор арал бар,
Баш жагында бараң бар.
Ал дайранын ар жагы
Арап деген адам бар.
Ата уругум түрктүр,
Машырыктын жагына
Бар кудай мурун сүрүптүр.
Бабыл менен Кебилде.
Ооп барып тургандан
Ооган болуп жүрүптүр,
Жүргүзүп тирүү дүйнөгө,
Кубат берип баарына
Кудай чачкан мүлүктүр.
Арбындыгы кара курт,
Астаалуу суунун боюнда
Ангилия арбын журт,
Карыя Кошой катаган,
Баары адамдын балдары,
Кара кыргыз атаган.
Күн түштүктүн жагы бар,
Дүбүрө журту дагы бар,
Бербердигер жараткан
Бенденин болгон сонуну,
Кыш көрбөгөн, жай көргөн,
Саңыроо деген оруну.
Эркеги чабал, катыны ур,

Саң саңыроо деген эл.
Адам барса бурулат,
Ар түрлүү болуп кубулат,
Кандай сүрөт кааласа,
Как ошондой болгон эл.
Түштүгү жактан түнүндө
Болот экен кызыл жел.
Желди тосуп кокустан,
Бир бөлөкчө болсом – деп,
Ойлонгон болсо ар бир жан,
Ат болом десе ат болот,
Ачып көздү-жумганча
Аял кылбай бат болот.
Ит болом десе ит болот,
Эрк өзүндө ал элдин
Эгем кылган иш болот.
Куш болом десе куш болот,
Сүрөтүн бузам дегендер
Кызыл желге туш болот.
Самаганы болгону,
Закымдан салган коргону,
Күн чыгыш жагы тоо болгон,
Арасын уксак алты айлык,
Каптын тоо кең жайлык,
Ар жагы дөө-пери – дейт,
Азатчан деген жери – дейт,
Азатчанда жүргөн жан
Асманды көрбөйт деги – дейт.
Жетигендин жагында
Төрт арыш дөбөт эли – дейт.
Азатчан жердин асты экен,
Адам уулу болгонго
Ал жердеги дөө-пери
Самаганы касты экен.
Күн чыгышы жагында
Кышты коңкош эли бар,
Түгөлүк деген жери бар,
Албай түрдүү жыгачы,
Жыгачка бүтөр даны бар.
Ал данынан оокаты
Албан түрдүү жаны бар,
Кырк аяк деген жандар бар,
Үйдөй-үйдөй жыгачын
Жаагы менен жаныса
Кесип түшкөн заңгар бар.
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Өрүгү чирип көң болгон,
Өлүсү чирип дөң болгон,
Көңгөй деген дайра бар,
Өрт балык деген балаа бар,
Өрт балык тутуп алган жан
Балык экен, тамак – деп,
Оозуна салган жан
Катыны болсо катылды,
Катыны колдо жок болсо,
Кас өлүмгө чатылды –
Шаабаты ташып кетүүчү,
Тагдыр ажал жетүүчү.
Андан бери анжы журт,
Айттык кытай баарысын,
Арбындыгы кара курт.
Өнөрпоздор барсыңар,
Өңкөй кыргыз уулуна
Өтүнүп айтар арзым бар.
Бала берди бар кудай,
Баштасам тойду ушундай,
Уламалуу карыдан,
Ушунчалык өтүнөм
Улук-кичик баарыңдан,
Уругу түрк канча жан,
Иш кылбайлык бекерге,
Ушул айткан жерлерге
Учкан куштай жетерге,
Канча дүйнө баарына
Кабар айтып кетерге
Өнөрлүү барбы өзүң – деп,
Өңкөй угуз уулуна
Өтүнүп айткан сөзүм – деп,
Баатыры сөзүн баштады,
Бала көрүп кубанып,
Сүйүнүчтөн көзүн жаштады.

Уругу кыргыз баарысы
Улугу Кошой карысы,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Каар чалдын Үрбүсү,
Как ушундай айтылган,
Кадимки сөздүн үлгүсү.
Ак ала сакал Музбурчак,
Анжияндык Санжыбек,
Көкмөк уулу Керкөкүл,
Көчпөс байдын Жанайы,
Көк жал Манас үстүнө
Көңүл үчүн жыйылган
Көсөмдөрдүн далайы.
Билгичилден миң толгон,
Саркердүдөн сан болгон,
Катыны эркек тууганы
Калкка канча даң болгон.
Маңгыт экен башында,
Саңсардын журтун бет алып,
Кеткен экен жашында
Жүдөөлү деген бир жигит
Жүгүрүп келди кашына.
Күн жүрүш жакка барууга
Уруксат угуп алууга,
Калкына кабар салууга,
Жүдөөлү аяр келгени.
Жүрөмүн баатыр дегени.
Ага баатыр кубанып,
Алтын жамбы бергени.
Байнаңсаң аттуу балбаны
Баатырга басып барганы.
Кытайга кабар салууга
Уруксат угуп алганы.
Алтын берди аябай,
Мал көзүнө карабай.
Алакан жайсаң барганы,
Батышты көздөй барам – деп,
Жай айтып кабар салам – деп,
Барууга орус, немиске,
Маш экен дайра деңизге,
Ушу да алды уруксат.
Уруксат сурап ал алып,
Акысын алтын мол алып,
Атпай батыш жагына
Алакең чыкты жол алып.
Басканы Булгар бел экен,
Барар жагы ушунун
Магырып түштүк эл экен.
Арапка жетип айтууга,
Абунасир саманга
Кабар берип кайтууга
Ыраңкы таз жөнөлдү,
Толкуп тойду берсек – деп,
Уругу кыргыз өмөлдү.
Чакыруучу кеткени,
Жаз кеткенде чакырчу
Күзгө айланып жеткени.
Алтайда түпкү жайыбыз,
Алты миң, он миң жылкы эле
Ачыган кыйла байыбыз.
Эртиш, Уркун эки суу,
Элети кыргыз эл байы
Эзелден күткөн жери бу.
Амур дайра, Жанасай[1],
Андагы кыргыз дагы бай.
Ала-Көл менен Байкалды,
Арстан бермек той үчүн
Атпай кыргыз чайкалды.
Мистели деген жери бар,
Бир түрдүү кыргыз эли бар,
Малга жайлуу Кетелик,
Баарысын айтып нетелик.
Чагалыктын түзү бар,
Чакырчууга болжогон
Парсы жылдын күзү бар.
Өнгөн жагы күн чыгыш,
Өзгөчө кыйын ушул иш,

[1] *йанасат.*

Өңкөй угуз балдары
Жамынганы кара киш.
Айттырдык кабар далайга,
Той бермеги токтолду
Жер ортосу Алайга.
Ак жазганын көрсөк – деп,
Аянбай малдан бөлсөк – деп,
Арканга мамы керсек – деп,
Алайга тойду берсек – деп,
Тоо түгөнгөн, уч болгон,
Жол түгөнүп, түз болгон,
Той болжолу күз болгон.
Алтайдан көчүп сыдырып,
Ала-Тоону кыдырып,
Каркыра тузун кемиртип,
Кара малды семиртип,
Азууларын аркайтып,
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн коркойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп
Төөгө килем жаптырып,
Күлүп-ойноп күлдү журт,
Күндө күлүк чаптырып.
Жамбы байлап аттырып,
Саркердени бош кылып,
Жаш балдарды маш кылып,
Токтолгонун баш кылып,
Ак манат менен үйүн жаап,
Ала-Тоо жайлап, бээни саап,
Күлдү кыргыз күлүк чаап,
Ала-Тоодон ар жерден,
Абыдан сонун бар жерден
Албан түрлүү мүлүк таап,
Алтын, күмүш кенинен
Койбой алып дүйнөнү,
Көңкү көчүп жүргөнү.
Эски мүлкү эсепсиз,
Болбойт дүйнө кезексиз.
Зумурут, көөкар, жакут таш,
Атпай көчкө ээ болуп,
Болду көчкө Жакып баш.
Арадан бир ай өткөнү,
Ала-Тоону кыдырып,
Алайга асты жеткени.
Бала көрүп жаңыдан,
Манас бир той берет – деп,
Ааламга даңкы кеткени.
Көчү барды Алайга,
Даңкы кетти далайга.
Боз үй артып төөсүнө,
Болжол айтып ээсине,
Сабаа толуп кымызы
Сапарда сааган бээсине,
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп,
Жагынага кой союп,
Коколору көнөктөй,
Коңгуроолуу кара нар,
Колго көчү барабар.
Жебилгеси жер чийген,
Жеке саны баш жарган,
Сулуулугун, сымбатын,
Арзан менен кымбатын
Адам өлчөп билбеген,
Перидейин кыз-келин,
Бетине бейжооп бенде кирбеген,
Көркү башка көчтөрү,
Даана, татты сөздөрү,
Аңдаган адам таң калган,
Ак маралдай шаңданган,
Кыз-келини кыял мас,
Окуштан чыкпай кышы-жаз,
Жибекти кийип буралган,
Жигити шаңдуу алардын,
Кара сакал, кер мурут,
Калкы куунак бир журт.
Аралашып ойногон
Ак сакал, кара сакалы,
Айтуу калган бу күнгө
Алардын сөзү – макалы.
Ак сакалы жайкалган,
Баарысынын байкасаң

Аттары жорго чайкалган.
Кутман болгон карысы,
Куп жарашкан баарысы,
Ууктарын учтаган,
Учуга менен тыштаган,
Уруулуу журтту баштаган,
Шаар эмес, көчмөнү,
Алтайдан чыгып бир айдай.
Алайды көздөй көчкөнү.
Аягы Ысар жээги бар,
Атпай кыргыз балдары
Атаңдын шондой кеби бар.
Күн жүрүш жакка кери бар,
Ал керинин аягы,
Барсаң макул көрөсүң,
Тоюлук деген жери бар.
Тоюн баштап салыптыр,
Ошо күндөн ушу күн
Тоюлук атка калыптыр.
Каптал жагы Кашкар – деп,
Кадимден бери калган кеп.
Асты жагы Анжыян,
Аягы Букар, Самаркан,
Аларда турган канча жан.
Күн жүрүш жагы Котонду,
Күлдү шаар баарысын
Тойго кел – деп, которду.
Боз үй тиккен эл байы
Болжолсуз келген далайы,
Кара тегин калчадан
Кызматкер салган малайы,
Кызыкка келген далайы.
Кызыкты көргөн кетпептир,
Алайдын арбын талаасы
Үй тигер жери жетпептир.
Боз үйгө Алай жык толгон,
Болжолсуз кыйла той болгон,
Калаанын келди чатыры,
Камалтып араң батырды,
Баары журт тойго барганы,
Алда билер сөзүнүн
Чыны канча, жалганы.
Соодагер келип туш-туштан,
Базар жүрүп калганы.
Чайчылар чайын кайнатып,
Сонун булдун баарысын
Соодагер жыйып жайнатып,
Күлүктүн баарын байлатып,
Күлгүндүн баарын жайнатып,
Буудандын баарын байлатып,
Буулумдун баарын жайнатып,
Торгун, тубар алдырып,
Кийизинин ордуна
Килем-килче салдырып,
Банардын баарын жандырып,
Барчадан орун салдырып,
Атлес менен шайыны;
Эсебин алып байыны,
Азыр койгон жайнатып
Асылдардын баарыны.
Кымкап, дурдун, дейилде
Кыдырата жыйдырып,
Алайга айлын сыйдырып,
Ашепке жүргөн бейбашты
Насаат айтып тыйдырып.
Ногойдон калган кызыл туу
Оболотуп аштады,
Бейшемби жакшы күндөр – деп,
Баргандан тойду баштады.
Күрөшкө чыкты балбаны,
Күлдү түрк балдары
Күлкүгө кирип калганы.
Капия сөздөн жеңишип,
Атка чыйрак чабандес
Кармалашып эңишип,
Жыгып алган жигиттер
Кана, мөөсүл бергин – деп,
Карыясы Бакайга
Мөөсүл тилеп келишип,
Атка минип алсын – деп,
Баатырсыган жигиттер
Сайышып оюн салсын – деп,

Жыкканы мөрөй алсын – деп,
Жыгылган куру калсын – деп,
Жыккан эрдин байгеси
Бир ат, бир төө пайдасы,
Аттан жерге жыгылса,
Абыдан кетер айласы,
Ички-тышты эки тон
Анын дагы пайдасы.
Жыгылган тонду кийсин – деп,
Экиден сарпай алган соң,
Эл айныбай кирсин – деп,
Ар түрдүү курду аңгеме,
Акыр заман журтусуң,
Аларды кандай жан дебе.
Талапкерлер түшүштү,
Ар тараптан келгенден
Алтымыш таз сүзүштү.
Кызык кылды таздары,
Кызылала баштары.
Караганы аңгеме
Кары менен жаштары.
Алайга айыл конгону,
Бир жумадан бир жума
Аңгеме болду жупжуда.
Той берер жерге конгону
Тогуз күн тамам болгону.
Ишемби күн кечинде,
Дигер жакын кезинде,
Ак сакалы жаркылдап,
Азан айтып баркылдап,
Ак жорго минип чайпалып,
Ак сакалы жайкалып,
Астына сурнай тарттырып,
Атанга жамбы арттырып,
Оозго келме келтирип,
Ачылган напси өлтүрүп
Катагандан кан Кошой –
Касиеттүү чоң Кошой
Обого чаңы буралып,
Оён Манас баатыры
Оңолуп бала көрдүм – деп,
Ошончолук кубанып,
Кошой келди коногу,
Мындай улуу сөз болгон
Мурункундун жомогу.
Арстан Манас баатыры
Астын тосуп акыры,
Айтып салам жөө түшүп,
Абакең менен көрүшүп,
Ысылыкка май коюп,
Суусалыкка бал коюп,
Эттен тандап жал коюп,
Эче түрдөп нан коюп,
Алты миң киши кашында,
Адамынын баарынын
Ак селдеси башында,
Абаң Кошой барганы,
Алмамбет конок алганы.
Отоо тигип жанаша,
Ошолордун эрмеги.
Оюн-күлкү тамаша.
Анын арка жагынан
Жүз алтымыш арабы,
Абунасир барганы.
Сукүттөн бөлөк сүйлөбөй,
Жүрүшүн бенде бейлебей,
Шар айтып шаадат* келмени,
Абунасир келгени.
Абасы Бакай алганы,
Албан түрлүү аш коюп,
Коногуна кой союп,
Бакай күтүп калганы.
Чакыргандан калбаган
Чыраша журтун кармаган,
Дагулук келди миң киши,
Бу жерге чейин келиптир,
Мурункундун бул иши.
Жетимиш желдет кул менен,
Жети атка арткан бул менен
Кошумчасын кошо алып,
Караламан аскерди
Каралашып бош алып,

Алтын Көкүл – Керкөкүл
А да келди тоюна,
Адам толуп кетиптир
Алайдын тоосу-оюна.
Күн жүрүштүн астында
Дубүрөнүн адамы,
Туюнчаң деген барганы.
Кай бирөөсү арстандай,
Каарын көргөн шашкандай,
Ат жетип жүрөр жер эмес,
Арыбы жандан кем эмес,
Кызыл жел тосуп алышып,
Жолборс боло калышып,
Туюнчаңга бир токсон
Жолдош болуп алышып
Алайыңдын оюнда,
Адамы келди тоюна,
Азатчанда адам бар,
Албан түрдүү көп жандар,
Кыйшыңгүү деген бир заңгар,
Адам десең айбандай,
Алкы бузук ар кандай
Атан төөнү жүк менен
Алкымына салгандай,
Он төрт адам ал келди,
Мүнөзүнө карасаң,
Бүтүлүү жылган тоо келди,
Тил билбеген өздөрү,
Тиктесе жалын көздөрү,
Күркүрөгөн күн өңдүү
Сүйлөгөндө сөздөрү.
Тырмактары кылычтай,
Көрсөтүп койсо бир жерди,
Он күнү таштап койсо да,
Олтурат экен жылышпай.
Ак жараткан кудайың
Акыры жалган дүйнөгө
Албан түрдүү жандарды.
Тараткан экен жудайын,
Ол келген он төрт кишини,
Тогузу кой, токсон уй,
Тамам кылып ишини,
Тамагына жалмады,
Аны көргөн адамдын
Акылы баштан калбады.
Кыйшыңгүүнү көрмөккө,
Түрктүн көбү жыйылып,
Кыйласы барды эрмекке,
Таңыркашып турушуп,
Жол бербеген көпчүлүк,
Жолдошу менен урушуп,
Ар түрдүү жанды жараткан
Алда Таалам өзү – деп,
Аңдадыңар, көрдүңөр,
Күркүрөгөн күн өңдүү
Сүйлөгөндө сөзү – деп,
Көйкаптын четки эли – деп,
Көрдүк сонун теги – деп,
Көрүп алып кайтышып,
Көрбөгөнгө көргөндөр
Көп сөз кылып айтышып.
А да келген бу тойго,
Ар түрдүү журт көргөндөр
Акыл ойлоп көп ойго,
Кышты коңгош элинде,
Түгөлүктүн жеринде
Чоюн кулак алпы бар,
Сонун түрдүү калкы бар.
Жору куйрук жоон алп,
Кайчы кулак Каманы,
Киндиги темир Китени,
Кишиден сонун өз эли,
Токсону келди тоюна,
Тойго келген адамдар
Арбып кетип баратыр,
Алайдын батпай боюна.
Алардын арка жагынан
Манжурия журту экен,
Өз жеринде өнөрпоз
Көптүгү кара курт экен,
Себет-Түңша келгени,
Жети жүз экен элдери.

Алардын арка жагынан
Кытайлардан Коң төрө,
Кырмузшаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Караган адам таң калып,
Ойлоп көрүп олорду.
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук,
Токсон миң келди аскери,
Алооке менен Коңурбай
Кытайдын экен эрлери.
Таратып конок алышты,
Кыйшыңгүүнү көргөндөр
Таңыркашып калышты.
Чантуу, түрк, бурут – деп,
Адамдар көрсө өлгөндөй
Жалмогузду чакырып,
Кандай курган журт – деп,
Алыс качып дүргүшүп,
Кытайлардын баарысы
Кыйшыңгүүдөн үркүшүп.
Бурут кыйын экен – деп,
Мынчага күчү жеткен – деп,
Чантуу кыйын экен – деп,
Көрө элеги кай бири
Чапкылашып тепендеп,
Кадырлаш калкы бекен – деп,
Каалап алган экен – деп,
Сырдаш калкы бекен – деп,
Чакырып алган экен – деп,
Жатты кытай конокко,
Жамбы байлап бериптир
Жаа тарткан колокко*.
Жадоо жайсаң келгени
Жаяндардын бектери,
Кышталак калкы бар,
Кыйла сонун салты бар,
Дүңгүлүк аттуу алпы бар.
Дүңгүлүк келген жүз киши,
Жүргөндөн сонун бар иши.
Ат кылып минген куланды,
Аш кылып жеген жыланды.
Аңгемеге жыйылган
Адамдар көрдү буларды.
Алардын арка жагынан
Союлат калкы келгени,
Ошол тойдо көрүптүр
Сонун түрдүү бендени.
Алардын арка жагынан
Орусуя келгени.
Оозу түктүү орус – деп,
Күткөнү күлдү доңуз – деп,
Муну да сонун дегени.
Артынан арман барганы,
Атирет деген бир эри,
Армандын журтун билери.
Андан кийин немиси,
Алайда тойго жыйылган.
Ай-ааламдын тегизи.
Алачак деген беги бар,
Аңгилия эли бар.
Баатырың берген тоюнун
Аңгемелүү кеби бар.
Баашалык туусун аштады,
Улуу тойду баштады.
Тил билбеген Касталык
Тамакка шыкап таштады.
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтарга оозу шоктуу кул
Жар чакырды көбүнө,
Жалпы келген коногу
Салды кулак кебине.
Ат күлүгүн чабасың,
Аты чыгып келгендер
Арбын олжо табасың.

Балбаның болсо саласың,
Байгесин жыксаң аласың.
Эр сайышка саласың,
Жыкканың мөрөй аласың.
Мында тойго келгендер
Мыктыланып жатыңар,
Мылтыктуун жамбы атыңар,
Он күнү болсун ойнуңар,
Ошондон кийин коюңар.
Ол сөздү айтты көбүнө,
Оолактан келген кара журт
Салды кулак кебине.
Орус, кытай орчун журт,
Ортого күрөш салсын – деп,
Балбан жыккан балбаны
Отуздан жамбы алсын – деп,
Оболу кабар салыптыр,
Орус жактан Тымапей
Ороюп басып барыптыр.
Алооке кытай карысы,
Чаңкөдөң деген балбанын
Каалап калкы салганы,
Камданып алып бу дагы,
Калдайып басып барганы.
Экөө жетип бир-бирин
Колдорунан кармады.
Кара журт көзүн салганы,
Адамдар дүрбөп жүргөнгө
Азатчандын Кыйшыңгүү,
Андап көрдү мына бу.
Алиги барган эки адам,
Эки журттун балбаны,
Күрөшкөнүн көргөн соң,
Күркүрөп алып Кыйшыңгүү,
Майданга жетип барганы.
Эки дөөнү бирдей тең
Кыйшыңгүү жетип кармады.
Бирин алып оң колго,
Бирин алып сол колго,
Капырды кудай урганы,
Экөөн алып ортого,
Сүзүштүрүп турганы.
Бирин атты күн жакка,
Бирин атты түн жакка,
Майданда турду күркүрөп,
Байкап көргөн адамдын
Оно бою дүркүрөп.
Дөө бекен, бериби,
Же башка журттан бир чыккан
Балбан-бөкө шериби?!
Ал сөздү айтып алдырап,
Аскердин көзү жалдырап,
Таңыркап турду тал түштө,
Айран болуп бул ишке.
Адамдын көөнү ынабай
Майданга барып киришке.
Ал эл чоочуп алганы,
Ал майданда турганда
Саңыроо деген бир балбан
Туңшалыктан барганы.
Амандык бербес акыр – деп,
Бул алда кандай капыр – деп,
Колуна кылыч алганы.
Билбейт экен кылычты,
Бир балбанды таратып,
Өнөр көрүп бул ишти,
Келе жаткан Дугулга
Каршы чыгып туруптур.
Туңшалыктын балбаны.
Кыйшыңгүү кылыч уруптур.
Кылычтын мизи жеткенин,
Дагы көргүн неткенин.
Кыйшыңгүүнүн оң колу
Шадысынан шалк этип,
Кылычка кошо кеткени,
Колдун түбү калыптыр,
Соо колу менен бир муштап,
Шол жерге союп салыптыр.
Күркүрөшү күн өңдүү,
Оно бойдо түгү бар,
Кара котоз жүнү өңдүү.
Ойрот журттун баарысы

Ол ишке айран калганы
Майдандан мындай чыккын, – деп,
Баашалар айгай салганы.
Айгай үнүн билбеди,
Лайламалуу – деп,
Ачууланып тилдеди.
Оңдурбасын билгени,
Отуз баатыр ат коюп,
Кыйшыңгүүгө киргени.
Туш-туштан кирди найзалап,
Кыйла камбыл эр чапты
Кылыч менен кайсалап.
Тула бою кан болду,
Бенде – деп, билбейт бу капыр,
Ушу түрдүү жан болду.
Сайган найза тешпеген,
Чапкан кылыч кеспеген,
Таң калтырды сан колду.
Бири сайып, бири чаап,
Ал Кыйшыңгүү капырдын
Оно бою дал болду.
Өлбөй бу капыр тынбас – деп,
Өзгө жандар баарысы
Өнөрүн артык кылбас – деп,
Алты чанач дарыны,
Аябай алып баарыны,
Башта олтурган боз дөбө,
Байкап турган көй төрө,
Дөбөнүн башын ойгону,
Алты чанач дарыны,
Аябастан баарыны
Чуңкурга куюп койгону.
Койдой таштан которуп,
Жыйырма, отузун алыптыр,
Алиги дары үстүнө
Үйүп-кыйып салыптыр.
От берер жерин белендеп,
Ушу жерди коргосок,
Кайтарган жерге кас кылып,
Капыр басып келер – деп,
Дөбөгө киши барба – деп,
Төгөрөктөп баарыңар,
Дөбө жакты кара – деп,
Калк караган жагына
Кастыгын ойлойт ага – деп,
Мусулман, капыр мынча журт,
Көпчүлүгү кара курт,
Дөбөгө көзүн салганы,
Эл караган жагына
Кыйшыңгүү карап алганы.
Аялуу кандай жери – деп,
Аңдайын аны деги – деп,
Ант ургур басып калганы.
Үлкөн журт жакка бет коюп,
Үйгөн таштын үстүнө
Олтурду келип көт коюп.
Кай түрдүү кылган ишине
Кара санаа кастыгы
Калк ичине туюлду.
Акылынын аздыгы,
Жети жүз камыш койдурган,
Муунун тешип ойдурган,
Бир-бирине улатып,
Дарга үчүн койдурган
Камыш көңдөй баары бар,
Алты чанач дарыга
От берүүгө камышта
Ичине куйган дары бар.
Кеп билбеген Кыйшыңгүү
Келген бойдон кеңкейип,
Үйгөн таштын үстүнө
Көчүгүн коюп деңкейип,
Тоо дөбөдөй бою бар,
Тойго келген жандарды
Тоздурууга ою бар.
Жалыны чыгып көзүнөн,
Күлдү журт чоочуп таң калат
Күркүрөгөн сөзүнөн.
Заң сүйлөсө дин билбейт,
Мусулман, капыр канча журт
Кыйкырып сүйлөп айтса да
Жалгыз ооз тил билбейт.

Ал ишке айран калганы,
Атай деген бир жигит
Камышынын учуна,
Жетип барып ушунда,
Аскерден жооп алганы.
Камышка барып от коюп,
Кайра качып калганы.
Камышка салган дарысы,
Жарк эткенде баарысы,
Алты чанач дары экен,
Дарынын күчү бар экен.
Күч болбосо неткени,
Он-он беш таш капырдын,
Кара санап турганы,
Капырды кудай урганы,
Ондон артык таш кирип,
Ичеги менен карыны,
Ич этин баарын булгады.
Боорун басып бойлойлоп,
Кардын басып кайгайлап,
От тийген соң дарысы
Күйгүзүп түктүн баарысын,
Кийими жок түк экен,
Ичине кирген таштары,
Эч болбосо капырай,
Эки өгүзгө жүк экен.
Берки көпту карабай,
Караганга жарабай,
Бешим жакты бет алып,
Арбак ургур чурады,
Алтымыш кадам койгондо
Бетинен барып сулады.
Алтымыш кадам жетиптир,
Алайдан ары ошондо
Алты күндүк кетиптир.
Кебилдин бери жагында
Кермелүүнүн бели дейт,
Букардын туура жагында
Кыйшыңгүү деген жери дейт.
Өлгөн жери каапырдын,
Кыйшыңгүү болгон атагы,
Кыйла болду түрккө,
Кытай менен оруска
Кылып кеткен чатагы.
Адисинен ашканы,
Акылынан шашканы,
Дарыга учуп, таш кирип,
Куйкаланып куйругу,
Кутургур минтип өлмөгү
Кудуреттин буйругу.
Кыйшыңгүү өлдү, той калды,
Тойго жыйган көп малды.
Өлсө дагы Кыйшыңгүү
Кыйындык эмей неткени,
Алтымыш кадам жүгүрүп,
Айчылык жолго жеткени.
Жанталашып Кыйшыңгүү
Далай жерге чураган,
Жан чыккан жерде сулаган.
Капырай кайда кетти – деп
Көрбөгөндүн баарысы
Көпчүлүктөн сураган.
Кыйшыңгүү кетти, кеч жетти,
Келген конок канетти,
Жайына жайлап кондуруп,
Жаткан-жаткан жеринде
Тамагын берип оңдуруп,
Ал күнү аскер жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр.
Тогуз жүз бээ, тогуз нар.
Байге кылган малы бар.
Дагы балбан чыксын – деп,
Жар чакырган чагы бар.
Кышталактын калкынан
Санибил деген бир балбан.
Майданга кирген чагы бар.
Каталык деген балбаны,
Кышты-Коңкош журтунан
Жөөлөп чыгып барганы.
Балтыры өгүз белиндей,
Оозунан чыккан илеби
Көйкаптын сары желиндей.

Маңдайлашып жеткени,
Барган жерден бадирек
Кол сунуша кеткени.
Кышты-Конкош балбаны
Кыйынсынып барганы.
Салган жерден Саңынбил
Колун жулуп алганы.
Колу менен кошулуп,
Кызыл кан агып жошулуп,
Таң болду журттун баарысы,
Кошо кетти далысы,
Каталык качты кутулду,
Кара бою бузулду,
Текеберлик кылам – деп,
Теңир урду ушуну.
Кышталак журту кыйкырып,
Мөрөйүн бөлүп алганы,
Кыйынсынып калганы.
Ар түрдүү журттун баарысы
Ар бир күрөш салышты,
Арбын олжо алышты.
Күрөшү тамам болгон соң,
Сайыш оюн салсын – деп,
Токсондон жамбы, тогуз төө
Баатырлары алсын – деп,
Майданга баатыр чыксын – деп,
Кай баатыры жыксын – деп,
Кабар ушул уксун – деп,
Айттырып азыр салыптыр,
Ангилия журтунан
Керебил аттуу балбаны
Кесенип чыгып барганы.
Жаяндыктын элинен,
Таңшаңдыктын жеринен
Сообол аттуу баатыры,
Согушка чыгып акыры,
Чарайна, соот, кыягы,
Дажалдайын сыягы,
Көкүлүн көккө түйдүргөн,
Көзүн оттой күйдүргөн,
Куйругун жерге шүйдүргөн,
Ат сонунун минишип,
Найзаны колго илишип,
Шашкеде чыгып калышып,
Күн батканча салышып,
Шашкеде шашып чыкканы,
Бир күн тамам салышып,
Бирин бири жыкпады,
Кеч болгондо тарашып,
Жаткан жайын карашып,
Алар кайтып барганы.
Таңыркашып көпчүлүк,
Жашы менен карыганы.
Ал күнү антип жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр,
Эл жыйылган баарысы,
Эр Манастын кашына
Келди Кошой карысы.
«Сайыш менен балбаны,
Жакшылап жыгып албады,
Өнөрпоздун баарысы
Өзүндө болду арманы.
Не кылсам дейсиң оюңда,
Ат чабар болсоң тоюңда,
Ат чабар жолуң караткын,
Балаңдын тоюн тараткын,
Өңкөй түрк аманда,
Өтүп кеткен заманда,
Көп жыйындын кашында,
Көк жалым Манас жашыңда
Көкөтөйдүн ашында
Мусулман, капыр болушуп,
Мында да сайыш салды эле.
Аяк жагы көп коога,
Бузук чыгып калды эле.
Кошой, Жолой күрөштүк,
Койгулашып сүрүштүк,
Коогасыз качан жүрүштүк.
Тойго тозок салбасын,
Кезенишкен шектүү көп,
Кекенишкен кектүү көп,
Айтышарга кептүү көп,

Алеңгир бузук болбосун,
Акыр заман журтуна
Айтууга жаман болбосун.
Акылды баатыр ойлонсоң
Ат чаап, тоюң тарат – деп,
Аңдышкан экен капырлар,
Албан түрдүү талак!» – деп.
Эр Кошой келди акылга,
Манас да киши жиберди
Төрө Төштүк баатырга.
Жамгырчы келди карыя,
Сөз айтышты жарыя.
Айдаркан уулу Көкчөнү,
Ак ала сакал Музбурчак,
Акылга жыйды ушул чак.
Бала үчүн берген той – деди,
Башы беш жүз кой – деди.
Жылкынын саны жүз болсун,
Баары семиз түз болсун.
Келеден* сексен байласын,
Сегиз төө, сегиз нар,
Он алтыны жайласын
Чыккан аттын байдасын.
Экинчи атка шол малдын.
Тең жармындай байласын,
Тойго келген көпчүлүк
Шончолук көрсүн байдасын.
Тогуз атка байге алсын,
Баатырлардын ою – деп,
Бала үчүн берген тою – деп,
Кеңешти кылып болушуп,
Келгендер ашка тоюшуп,
Аты болсо чапсын – деп,
Аты жоктун баарысы
Аңгеме менен жатсын – деп,
Күлүгү бары чапсын – деп,
Күлүгү жоктун баарысы
Күлүп-ойноп жатсын – деп,
Айттырды тойго келгенге –
Албан түрлүү элдерге.
Жүз карагат улатып,
Байлатып берди жамбыны
Мылтыгы андис мергенге.
Доолду катуу кактырып,
Дооштоп баарын айттырып,
Ысардын берки белине –
Ат чубатар жерине
Барып калды көпчүлүк,
Той бергенге көп түлүк.
Мылтыктуу жамбы атышып,
Тойдун даамын татышып,
Түшүрүп алса жамбыны
Олжо кылып алышып,
Ойноп-күлүп калышып,
Күчтүүлөр жаа тартышып,
Күлкү менен жатышып,
Байлаган шаншуур жамбыны,
Кээ бири атып экини,
Ата албаган адамдар
Мылтыгым менин тийбейт – деп,
Мылтыкты көрүп шекиди.
Кай бири учту атышып,
Күлдү журттун баарысы
Күлкү менен жатышып,
Толкуган тойдо ургаачы
Той бергенде белгилүү
Токтолуп карап турбасы.
Жарактуу тонун кийишип,
Тамашага киришип,
Көкүрөгү кирилдеп,
Көзү-башы ириңдеп,
Өлчөлүү тонун кийишип,
Тизеге ээги тийишип,
Колунда кылар иш калбай,
Оозунда жалгыз тиш калбай
Кемпир келген бу тойго,
Кырк-отуз жашка баргандар
Кылып жүргөн күнөөдөн
Кыябы өтүп калгандар
Буулум, бута, баашайы
Баса кийип алышып,
Башына дастар* чалышып,

Катын келген бу тойго.
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Алма моюн, түймө баш,
Он бештен өткөн жыйырма жаш,
Келин келди бу тойго.
Сурайылдай* суналган,
Суу чыбыктай буралган,
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз
Кыз жыйылган бу тойго.
Ургаачы журту бир бөтөн,
Ушундай – деп, биздин жөн.
Отоо тиккен жанаша,
Отурганы, турганы,
Оюн-күлкү тамаша,
Кете тон кийип алышып.
Кете тон деген дейилде
Кереге илип салышып,
Кымкапты кийип алышып,
Каткырып күлкү салышып,
Кыз жыйылган бу тойго.
Алай жери кең болот,
Аяк-башы тең болот.
Бай-жардысы белгисиз,
Мейманкана үйлөргө
Бекерче бенде киргисиз.
Олтурарга жай даяр,
Чайнаарына май даяр,
Май басууга чай даяр.
Ачыган кымыз сабаада,
Артык дөөлөт аларда.
Кара калк тойго калганы,
Карыясы кан Кошой,
Канзааданын бардаары,
Кашында жигит зардары
Ат чабар жайга барганы.
Чубатууга ат салды,
Чабар аты аз дешип,
Адамдар ага таң калды.
Токсон эки бууданы –
Жылкыдан тулпар тууганы,
Кадиктүү аттар барыптыр,
Кара журт көзүн салыптыр:
Бакбаягы баладай,
Төрт туягы чарадай,
Карап көрсө туягы,
Туягынын сыягы,
Бастырып чоюн куйгандай,
Башындагы кулагы
Мазар Ойсул атанын
Шамы күйүп тургандай.
Көй күлүктүн баарысын,
Жашы менен карысын
Чубатууга салганы,
Токсон эки ат болуп,
Арбый албай калганы.
Тулпарлар кирди бүгүлүп,
Анча-мынча күлүктөр
Ал байгеден түңүлүп.
Жети жүз экен келген ат,
Жеңилдин баары калганы,
Жеңил-желпи күлүктү
Токтотуп ээси салганы.
Кара байыр каны зат[1],
Калбыр өпкө, жез канат
Буудандан чаап калганы.
Каттабаган калаага,
Тай жарышкан талаага,
Жалаңдан күрмө кийгизип
Ат чабуучу балага,
Байдасын баатыр тийгизип,
Бала бүткөн баарына

[1] *каньızат.* Сөздүн мындай үлгүсү мурда жолукkан жок эле. Адатта, бул ыр сабы «кара байыр казанат» катары айтылчу. Бул жерде катчы ката жазганы, же манасчы ушул түрдө айтканы белгисиз. Балким, катчы сөздүн түпкү үлгүсү болгон фарсы тилиндеги «хане зад» (хане – үй, зад – бала) деген үлгүнү билип, манасчы айткан «казанат» дегенди «оңдоп», түпкү маанисине жакындатуу үчүн ушундай жазгандыр.

Барчадан күрмө кийгизип,
Чапкан атын ким билет,
Болбойт экен болжоосу,
Кийген күрмө баарысы
Ат чапкан балдар олжосу.
Көкүлдөрүн түйдүрүп,
Көзүн оттой күйдүрүп,
Куйруктарын шүйдүрүп,
Ат чабуучу балдарга
Күрмөлтүп күрмө кийдирип,
Жети-сегиз чубатып,
Ат кай жерден кайтат – деп,
Адамдын баарын чуулатып,
Кайтаар жерин уксак – деп,
Кайтаар жерин уккан соң,
Ат сүрөр жерин тутсак – деп,
Азыр болуп турсак – деп,
Ат чапкан адам дегдешип,
Акылмандар кеңешип,
Ат кай жерден кайтарын,
Анығын айтып бер дешип,
Карыясы Кошойдон
Калк сурады ошондон.
Оогандан кары Акун кан,
Ойроттон чыккан канча жан
Кайтар жерин сурашты,
Калк жыйылып чуулашты.
Манас күткөн кырк бөрү,
Бадышалык нөкөрү –
Бакай, Кыргыл карысы,
Алмамбет, Сыргак баарысы,
Кутмандуусу Кутунай,
Акылга дыйкан Ажыбай,
Чакчарылган Чалыбай,
Улуктардын баарысы
Шо жерде туруп жайма-жай
Кай жерден кайтат ат – деди,
Ат азыраак болгон соң
Келсин кайтып бат – деди,
Эки күн ары айдатып,
Келептен кайра тарт – деди.
Ат айдоочу жөнөп бар,
Сол жагында Көлөп бар,
Оң жагы Букар, Самаркан
Талапкер тойдон канча жан,
Сырдын боюн сыдыртып,
Келептин түзүн кыдыртып,
Маймылдуу тоонун учунан.
Ат кайтарсын ушундан.
Атты айдатып ийгени,
Анда барган адамдар
Аргымак, бедөө мингени,
Ак бөкөндөн кубалап,
Аңгемеге киргени.
Алар жатсын ат күтүп,
Тойдо калган көпчүлүк
Барлык менен мал түтүп,
Арбындыктан нан түтүп,
Алар тойдо туруптур,
Кыйшыңгүүнүн жолдошун,
Аны да арбак уруптур.
Ойлосоң дүйнө жалганы,
Он үч экен калганы,
Жөнөп бара жатканда
Тарса, жөөт жолунан,
Тойго келген колунан
Жетимишин жалмады,
Жетимишин жеп алып,
Кыйшыңгүүбүз өлдү – деп,
Кетмек үчүн кек алып,
Келген жолдон адашып,
Айбанга катар өздөрү,
Ат чабар жерге жыйылган
Адамды көрүп көздөрү.
Барып калды тобуна,
Барганда баары жыйылып,
Күч келди мылтык огуна.
Капыр менен мусулман,
Ат чабышкан канча жан,
Ортого алып турушуп,
Он үчү менен урушуп,
Жазайыл менен топ атып,

Замбирек менен ок атып,
Кууп сүрүп алганы,
Наамутту суунун боюна,
Алаңгир тоонун оюна
Алар кирди жапыска,
Аралашып кириптир
Аралдагы камышка.
Камышты өрттөп ийишип,
От көрбөгөн журт экен,
Тоодой жалын отторго
Токтолбой качып киришип,
Отко күйүп жүндөрү,
Обону жарып үндөрү,
Көпчүлүк көзүн салганы,
Көл дайрага бой уруп,
Баары да өлүп калганы.
Ушундай журтту чакырган
Уруп кеткен Манас – деп,
Аны көргөн адамдар
Ушагын айтып калганы.
Алар менен алышып,
Миңи капыр, мусулман
Бир жарым күн калышып,
Ат келер маал болду – деп,
Ашыгып жолго салышып,
Аягынан Алайдын
Ат айдаган кең жайдын,
Тоо түгөнгөн учунан,
Сардын талаа тушунан
Карап турса канча жан,
Аркардай шаңы көрүнгөн,
Артынан чаңы бөлүнгөн,
Кулагын басып жапырып,
Куюндай чаңын сапырып,
Багыштын аты Суркийик
Адырмактуу талаадан
Анда-санда бир тийип,
Астына чыгып алыптыр.
Аркасынан караса
Алкара менен Чалкуйрук,
Бирде бири озуптур,
Туягы тийген таштары
Талкаланып тозуптур,
Эликтей мойнун созуптур,
Чаң илешпей Чалкуйрук
Алкарадан озуптур.
Коңурбайдын Алкара
Коржоңдогон бир күлүк,
Коёндоюн бүгүлүп,
Аркардай мойнун созуптур,
Өөдө жерге келгенде
Арышын керип Алкара
Чалкуйруктан озуптур.
Той берген баатыр күзүндө,
Арышын керип Чалкуйрук
Арабанты түзүндө.
Дагы чыкты кара аттан,
Алда Таала кудурет
Ал кезекте жылкынын
Баарын тулпар жараткан.
Карап кара кыргыздар,
Өөдө жерге келгенде
Кара ат жетип да кыстаар,
Кыпчактын баары кыйкырып,
Кыргыздын баары бакырып,
Төбөйлөп ураан чакырып,
Көтөрмөлөп көңкү журт,
Кыйкырышып сүйлөшүп,
Кыябын таап сүрөшүп,
Астына озгон Суркийик,
Аркардай шаңы көрүнүп,
Аягы анда-санда бир тийип,
Экинчиси Чалкуйрук,
Өмөлүп кыргыз алганы,
Атымдын жолун бууду – деп,
Өкүмөттүү Коң төрө
Өжөрлөнүп калганы.
Үчүнчү болгон Алкара ат,
Төртүнчү болуп караса
Ачбуудан деген мал барат.
Бешинчисин караса
Кошойдун аты Тоокара

Коржондогон бечара.
Алтынчысы Көкала
Эр Көкчөнүн малы экен,
Чукул жерге чуркабай,
Ыраакчыл жайы бар экен,
Жетинчиси Желкызыл,
Музбурчактын малы экен,
Буудандыгы бар экен.
Сегиз болду Тоотору,
Алоокенин аты экен,
Арышын керип чуркашы
Ар айбандан бат экен.
Тогуз болуп токтолгон
Жамгырчынын Жабуукер,
Ат санаты болду дээр.
Байгесин берип баарынын,
Батасын алып калмакка
Баатыр Кошой карынын,
Олжосун берип баарынын,
Оң батасын алсам – деп,
Олуя Кошой карынын
Аккелте мылтык аттырды,
Алтындуу доол కактырды.
Той тарады кайткын – деп,
Тойдон карлык көргөнүң
Токтоо кылып айткын – деп,
Аяк-башын Алайга
Жар чакыртты далайга.
Эр Коңурбай күүлөнүп,
Эрегишип сүйлөнүп,
«Алтайдан көчүп томаяк,
Кытайдан качып жан аяп,
Жер түбүнө келгени,
Жетим уул, тул катын,
Артык эмес андан да,
Азоолок бир той бергени,
Той берет экен Манас – деп,
Ааламдын баары келгени.
Берген тою ушубу,
Манас деген эмеңер
Баштатан кылар ишиби,
Бейлин көрсөм ар качан
Берекесиз кишиби,
Дүнүйө жүзүн чакырып,
Бенденин кылар ишиби.
Алкара ат чыгып алды – деп,
Алдын тосуп кыргыздар
Кийиндетип салды – деп,
Баашаларды чакырып,
Байге кылып сайдым – деп,
Анча-мынча малды – деп,
Тоюна тозок кылбасам,
Тоодон-ойдон кырбасам,
Кордук көрдүм мунусун,
Коңурбай атым курусун».
Бу сөздү айтып күүлөнүп,
Буркан-шаркан сүйлөнүп,
Кырмуз уулу Мурадил
Кызыл чоктуу Незкара,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Калкына кабар айтканы.
Солоондордун Алооке.
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солоон башы Соорондук,
Карыясы Соорондук,
Кара кыргыз журтунан
Кайдан чыкпайт биздин жик.
Жүз он беш миң адамын
Жүргүн – деп, жыйып алганы.
Андан кыргыз бейкабар,
Кой бардыктан түтүшүп,
Конокторун күтүшүп,
Бээ барлыктан түтүшүп,
Меймандарын күтүшүп,
Малчылары мал багып,
Топ жандырып, той тарап,
Бейкабар бойдон калыптыр,
Кытайдын журтун бакалап
Кыраанын Алмаң барыптыр.

Алмамбетти таанызбас,
Айбаты кем, акылы аз
Караламан кытайлар,
Алмамбетти билбеген
Канча түрдүү капыр бар.
Тоюн той – деп, келген соң,
Эрибеди ичтен тоң.
Кандай-андай дебесек,
Калабалуу чантуудан
Какайдын этин жебесек,
Тойго келди дебеди,
Торопой көшүн бербеди.
Суур менен кашкулак,
Кызыталак чантуунун
Кылган ишин карап бак,
Таттыдан даам таттырбай,
Сарайлап үйгө жаткырбай,
Чантуунун көрдүк кордугун,
Кылымдан бенде көрөрбү
Кыргыздын кылган зордугун.
Чыгар атты тосушуп,
Өмөлүшүп өздөрү
Биринен бири озушуп,
Кызыл чок ойрот кытайга
Орустан балбан салганы,
Кыйшыңгуу деген немеден
Балбан өлүп калганы.
Кубанабыз – деп, келип,
Куурап кантип кетели,
Эч болбосо элин чаап,
Кунубузга жетели.
Тамаша көрсөк – деп, келдик,
Так ушуга жеткенче
Өзүбүздөн жеп келдик.
Чакырып алып тоюна,
Чындын журту кытайды
Бир албады оюна.
Ал сөздү айтып кыжылдап,
Ар кайсы тобу быжылдап,
Кеңешин кылып калганы,
Кебин угуп Алмамбет
Кеттелерге барганы,
Атпай кытай жыйылып,
Акылын кылып калганы,
Айтканын угуп Алмамбет,
Акимдерге барганы,
Айтпай туруп баарыга,
Алмамбет барып айтыптыр
Ак сакал Бакай карыга.
Ак сакалы жаркылдап,
Абакеси эр Бакай
Катуу күлдү баркылдап.
«Какай менен доңузун,
Карматып бере бербей – деп,
Кашкулак менен бөрүсүн,
Ага тамак экен го
Адырдагы бөрү – деп,
Андай десе кытайдын
Атасынын көрү – деп,
Кыйынсынып айткан сөздөрү,
Кыргын болор өздөрү.
Кырк уруу кыргыз балдары
Көрүп туруп көздөрү,
Алаке, ага ардыкпа,
Көөп айткан сөздөрү.
Укпасын улук Манасың,
Атын бүгүн койдуруп.
Албайт бекен баласын».
Ал сөздү айтып салганы,
Алтай кайда, жер кайда,
Ага чейин кытайдан
Аман кетер эл кайда.
Катылган менен кытайың
Кыргыздан таппас эч пайда.
Бу сөздү айтып салганы,
Аны менен Алмамбет
Абамдын сөзү акыл – деп,
Айтканы ырас, макул – деп,
Алмамбет барды кошуна,
Аскеринин кашына.
Арстан Манас баатыры
Ат койсун – деп, акыры,

Ата уулудан түк койбой
Ак сакалын чакырды.
Акун кан, Кошой карысын,
Атактуунун баарысын,
Динге балбан эшенин,
Тилге жүйрүк чеченин,
Кашына бүгүн жыйдырып,
Канзааданын эченин,
Урмат кылып жолдошун,
Уламалуу молдосун,
Кол тапшырган пирини,
Кош арттырган билини
Чакырткан экен үстүнө,
Жыйылып алып баарысы,
Азыр келди улуктар
Абунасир жүзүнө,
Салам берип баарысы,
Зардалдын баары барышты,
Абунасир заманга,
Азиздиги белгилүү
Көп жашаган бир жанга,
Беш жүз сексен жашаган,
Урмат көргөн ар жайда,
Улук болгон баашадан,
Баани дүйнө жалган – деп,
Баары журт изат кылуучу
Байгамбардан калган – деп.
Алтындан жамбы бир тогуз,
Аруудан токсон тон менен
Ар асылдан бир тогуз
Астына кирди жол менен,
Ат коймок үчүн балага,
Алтымыш бээ байлатып
Ал бала үчүн садага,
Кедик койдун тармал жүн
Кесе басып кылдырган.
Ак кийизге оротуп,
Ак чүчтөгө бөлөтүп,
Ак сакалы Чыйырды,
Алты кемпир жөлөшүп,
Алып кирди баланы,
Абунасир замани
Астына аны алганы,
Байкамакка баланы
Батын көзүн салганы.
Сээ дегени үч болгон,
Мээ дегени күч болгон,
Тай деген сөз өкүмөт,
Кырк жылга жашы жетер – деп,
Отуз жыл кылса өкүмөт,
Ашепке сөз бекер – деп,
Кыркка жашы жеткен соң
Кыяматка кетер!» – деп,
Атасы берген көп тойду,
Семетей деген ат койду.
Семетей аты коюлуп,
Көк жал Манас баатырдын
Көңүлү тынып тоюнуп.
Казынаны карк кылып,
Карк алтын канча дүйнөсүн
Баласы үчүн зарп кылып,
Ат койгонго жол кылмак
Калгандарга нарк кылып,
Ат коюлду баласы,
Колунда барын аябай
Кокон, Ташкен калаасы,
Анжиян журту алынып,
Арстан Манас ал сайын
Алдасына жалынып.
Жата турсун баатыры,
Чаап алам деген Коң төрө,
Анын да болуп акылы,
Акылдашкан баарысы,
Анын дагы бар экен
Алооке менен Соорондук
Ак сакалдан карысы,
Коң болгонго компоңдоп,
Коңурбай – деп, койгонго
Жерге батпай домпоңдоп.
Күүлөнөсүң каласың,
Күмүрөй болчу адамсың.

Адамга артык кеп угуш,
Азыркы жайың күн чыгыш,
Какан, Бээжин жериң бар,
Кардут кытай элиң бар,
Кара кыргыз журтунун
Как ортодо олтуруп,
Катылам деген демиң бар.
Азиянын жерине,
Атпай чантуу элине
Келгенде көзүң ачасың,
Каар салып Маканга
Канкор Манас барганда,
Суракссыз алса зарыңды,
Сулайтып салса баарыңды,
Анда кайрат сенде жок,
Алда кайда качасың,
Камап барса калааңды,
Кан ыйлатып барганда.
Катын менен балаңды,
Анда сени көмдүмбү,
Атпай чантуу ичине,
Малынып келип алган соң,
Лайламалууга
Жалынып келип калган соң,
Манасты жаңы көрдүңбү,
Аманат жандан тойгондой,
Арстан Манас канкорду
Азыр көрө койгондой
Аскериң араң бир жүз миң,
Алсырасаң чантуудан.
Саа болушар кишиң ким?
Ар качандан бир качан
Аргасын аргез таппаймын
Кыла турган ишиңдин,
Билдин жүгүн кийишкен,
Бири миңге тийишкен,
Жарагын темир кийишкен,
Жангызы санга тийишкен,
Болотту жарак кылдырган,
Болжолсуз дөөнү сындырган,
Тутушканда бир катар
Душмандын көөнүн тындырган,
Карагай найза сундурган,
Калкынын баарын тындырган,
Калаба сүйгөн душманын
Кайсап жутуп тындырган,
Айткани арам болбогон,
Аттанып чыкса жол болгон,
Атышкан жоосу оңбогон,
Алдасы азыр колдогон,
Кайрыдин – деп, биздерди,
Казаттын жолун издеди,
Каканга чейин какшатып,
Кумулду алып курутуп,
Төрөңдү төөдөй тиздеди.
Кытайдын журту эски журт,
Көрүп турсуң өлчөөсүн,
Көптүгүң бар кара курт,
Ар качандан бир качан
Көпмүн дейсиң, ойлойсуң,
Көтөрүлгөн сөзүңдү
Көп ичинде койбойсуң,
Көсөм Манас баатырды
Көөпай киши ойлойсуң.
Көбүнө келип катылсаң,
Көпкөрүнөө сойлойсуң.
Бээжин кайда, жер кайда,
Бекер сөздө не пайда.
Кытай кайда, эл кайда,
Кырылууда не пайда.
Упалуу беттен кан акса,
Убалы калар мойнуңа,
Сурмалуу көздөн суу акса,
Жашы кирер койнуңа,
Жандан тойгон адамдай,
Койбоймун сенин оюңа.
Курт кайнаган мусулман,
Катылып коюп канкорго,
Кутулуп көрчү ушундан.
Кайнап жаткан мусулман,
Катылып коюп канкорго,
Калып көр аман ушундан.

Күн батыштан, күн чыгыш,
Күлдү ислам динине
Катылам деш кандай иш.
Чымын жандан тойгондой,
Чынмачын журту чыгарып,
Күнөөкөрлөп койгондой,
Кара жандан тойгондой
Какандын журту качырып,
Кылмышын кылып койгондой
Чантуунун келип чаркына,
Кара кыргыз калкына
Катылууну ойлойсуң,
Катылмак түгүл Манаска
Катыгыраак сүйлөсөң
Капилет өлүп сойлойсуң.
Жүз он беш миң кишиңди
Көпсүнөсүң каласың,
Көңүлүң көөдөн карасың,
Көңкү журтуң алдырган
Көрүп жүргөн Манасың.
Көп чогулган кашында –
Көкөтөйдүн ашында
Көрбөдүм беле сени мен,
Мындан дагы мыктыраак
Көтөрүңкү жашында.
Камыштан найза кармадың,
Канкор Манас баатырга
Кайраттанып барганың,
Калган араң тири жаның,
Калды беле арманың?!
Жекеме-жеке сайышып,
Кабылан Манас канкорго
Качан келди дарманың?
Торкодой сууң сыгылдың
Тоодой болгон кара аттан
Тоңкоюп барып жыгылдың.
Ак бөздөй сууң сыгылдың,
Аңгекке башың тыгылдың,
Нардай болгон кара аттан
Арбайып барып жыгылдың.
Жети урук кытай баласын
Жердей кылып салгансың,
Ошол ушу Манасың.
Келип алып үйүнө
Кеттелик сүйлөп саласың,
Кезигип көрчү канкорго,
Келген кытай журтуна
Кесириң тийбей Коңурбай,
Кенетип кантип каласың.
Какан кайда, сен кайда,
Калбадан чыгат не пайда?
Чынмачын кайда, жер кайда,
Чырдан чыгат не пайда?
Кокустан буга кол салсаң,
Ушу келген кишиңди
Ойрон журттун баарысы
Оң көрбөс кылган ишиңди,
Оозуңдан күбүп тишиңди.
Алтайдын жери алыста,
Аягына келип кыргыздын,
Айран таң болуп мен турам
Азыркы уруш салышка.
Чактасаң түрк канча жан,
Он төрт, он беш атасы
Оболдон берки эски кан,
Ушу кылган ишиңе
Мен боломун айран-таң.
Кыйынсынып Коңурбай,
Уруш сала кетесиң,
Кармашкан менен Манаска,
Кадимден ишиң белгилүү,
Канткенде алың жетесиң?
Алтайдан өтүп, Бээжинге
Аман кантип кетесиң?
Азыр айткан бу сөзүң,
Адам болсоң сен өзүң,
Айбандан жаман экенсиң!»
Ал сөздү айтып кырданып,
Айбатын салып сурданып,
Алооке айтты карысы,
Насаат, акыл кеп – деди,
Адамынын баарысы,

Соорондук сундуң кеп айтат.
Той деп келсек кытайды
Союуга келген экен го
Коңурбайың – деп, айтат.
Андан бөлөк олтурган.
Орчун кытай нени айтат:
«Калабалуу бурутка,
Кайнаган түрк журтка
Кандай адам тийишет,
Казаттын тонун кийишет,
Казбай көргө киришет,
Канкор Манас өлбөсө,
Кандай адам иришет?»
Ал сөздү айтып салышты.
Алооке менен Соорондук
Айнытты көбүн типетик.
Эгер буга кол салса,
Чынмачын калкын көрбөйбүз,
Чыкпай калат биздин жик.
Ал сөздү айтып баарысы,
Жактырбады карысы.
Ат койгон тоюн таратып,
Жалпы журттун баарысын
Жансактоого каратып,
Кырк чоро деген кырк улук,
Кызматынан кутулуп,
Өзүнчө өнөр кылышып,
Ойноп-күлүп кутуруп,
Олтурганда бир катар,
Орчун жыйын көй баатыр
Абакеси Бакайдан
Кайтмак болуп камданып
Калкы кытай калыптыр,
Арада жүргөн канча жан
Калды – деп, кытай таарынып,
Кеңеш кылат кээ бирөө
Кетпейлик – деп, чабынып.
Кытайдын тилин ким билет,
Ар түрлүү тилди билмегиң
Адамдарга чоң милдет.
Айтканын угуп алардын,
Абакеси Бакайга
Алмамбет айтып келген кеп.
Айныган кытай журту – деп,
Уланышып ушу сөз,
Улук Манас баатырга
Угулган экен ушул кез.
А дегенче болбоду
Күн шашкеге толгону,
Ак келте үнү чаңырды,
Арстан Манас баатырдын
Аттангын! – деп, акырып,
Ач кыйкырык жаңырды.
Айгайын уккан адамдар
Ат-атына камынды.
Жан жетпес анын датына,
Дагы эмне болду – деп,
Жар-жоросу кырк баатыр
Жалпы минди атына.

*Үчүнчү*

## ТОЙ ҮСТҮНДӨ ЧОҢУРААК АЙТАМ ДЕП КОҢУРБАЙ КАЙТЫП ТАРТУУ ТАРТЫП, МАНАС МЕНЕН ЖАРАШКАНЫ

Мубакүлдүү сыр найза
Карыга боосун салышып,
Казатман эрдин баарысы
Кайраты толуп алышып,
Алтын наал, жез өкчө
Накери бутта чойкоюп,
Найза колдо койкоюп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Найзалар колдо зыңгырап,
Асабалар жалпылдап,
Найзалары калкылдап,
Ат койчуудай шартылдап,
Арстан Манас баатыры
Ачууланып баркылдап,
Адамынын баарысы
Атын издеп талпылдап.
Мүлүк түштү элине,
Не болду – деп, эч бир жан
Айталбай Манас эрине.
Азап түшүп элине,
Алар антип алганы,
Абакеси Кошойго
Алакен аттуу бир чоро
Айтып кабар салганы.
«Тиктешкенин көргөндө,
Тирешкенин көмгөндө,
Айтканы кабыл келгенде,
Алдам тилек бергенде
Алтайдан көчтүк той үчүн,
Арстан Манас канкордун
Азыр көрдүк чоң күчүн.
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Кандалчынын* кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Көз айбаты жалындай,
Хан жутуучу кайраты
Кармап калды, аба – деп,
Карыябыз сен элең,
Табарсызбы даба» – деп,
Алакен айтып барды кеп.
Жакшылык издеп турарбы,
Жакшылыкта жүргөн соң,
Кудай мындай урарбы.
Барайынчы ага – деп,
Баянын айтар мага – деп,
Баатыр Кошой карыя,
Акылы терең дарыя
Боз жорго атын моюндап,
Ак сакалды коюндап,
Эр Кошой келип калганы,
Эшиктеги желдеттер
Эңилтип атын алганы,
Салам айтып сарбайып,
Ак сакал менен арбайып,
Абасы Кошой киргени,
Киргенин Манас билгени.
«Ак сакал Кошой аба – деп,
Акыл айтчу немедей,
Ашыгып келдиң мага – деп,
Бирок сизден сураарым,
Ажалга барбы дабаа – деп,
Дабаа болсо ажалга,
Талкалашып көрөйүн
Коңурбай деген дажаалга.
Жазуудан артык жан өлбөс,
Тактада жатып кан өлбөс,
Аттанса куру түшпөгөн,
Акжолтой эрдин жолунан.
Ажалым менин экен го
Коңурбайдын колунан.

Корголоп жүрсөм коёрбу,
Кол салсам көзүм оёбу.
Качып жүрсөм каламбы,
Ар качандан бир качан,
Арам кул кылат ааламды.
Зындандан адам качарбы,
Бенде көрбөй бетинен,
Чыккан соң элдин четинен
Каргадан башка жан көрбөй,
Карыны каркап ачарбы,
Каптала түшүп бир бенде
Кайыр кылып тамак бергенде
Кардыгып ичип тоёрбу,
Карды тоюп алган соң,
Жакшылыгын көзгө илбей,
Тамак берген кишини,
Тамам кылып ишини
Ач жүргөн адам соёрбу,
Жакшылыкка чакырдым,
Түмөн кытай каны – деп,
Дүнүйөмдү сапырдым.
Дүнүйө жанга эм экен,
Түбү душман эл экен.
Адамга дүйнө эм экен,
Атагы кытай болгон журт
Эзелден душман эл экен.
Дүнүйөдө зарурат*,
Лагыл, көөкар, жакут таш,
Бир күнү өлөр биздин баш,
Түмөндөп жаткан көп капыр
Түбүнөн бери бизге кас,
Дүнүйөдөн бир өтсөк,
Түрмөгү угуз балдары
Түк кургабас көздөн жаш.
Кыруудан кыргыз тозулбас,
Кызыл кан акпай жошулбас,
Кызмат күнү болсо да
Кырк жылы бирге кайнатса,
Кызыталак кытайга
Кыргыздын каны кошулбас.
Көөдөндөн чыкса жаныбыз,
Көмүлсө жерге денибиз,
Көөкөргө куйса каныбыз
Аралашып жүрүү жок,
Аманат жанга бир өлүм,
Акыр заман болгончо
Өлбөй жүргөн тирүү жок.
Ажал деген аткан ок,
Балан күнү тием – деп,
Адамдарга айткан жок.
Атылса тийди бир өлүм,
Арадан ажал кайткан жок.
Атпай угуз уулуна,
Асылганын койбогон,
Коңурбайдай шайтан жок.
Кокус келген колума.
Коңурбай сындуу душманым,
Иришип бир иш кылбасам,
Ичимде кетер бушманым!»
Эр Манас муну сөздөдү,
Алиги сөздүн аягын
Абасы Кошой көздөдү,
«Абакең келген мында – деп,
Аксымдыкты кылба – деп,
Ачууңду коюп Манасым
Насиятым тыңда – деп,
Атышар болсоң капырга
Азат боюң чыңда – деп,
Айлыңдан душман өлтүрүп,
Наа шүкүрлүк кылба – деп,
Ал салса да, сен салба
Айыл үстүндө калба – деп,
Артыңды ойлоп кара – деп,
Айлыңа келген коногуң,
Азыр кой, баатыр, домогуң.
Коногун койдой кырган – деп,
Акыр заман журтуна
Айтууга жаман койбогун
Аркаңды артык ойлогун.
Жарашып келген душманың,
Жайлап бөөдө салбагын.
Жакынын жат кылган – деп,

Жакшылыкка келтирип,
Жайкап туруп кырган – деп,
Жаман атка калбагын!
Алсаң алгын душманды,
Асманга дайрып учкаңды
Найза сайып, уч менен,
Албарс чаап курч менен,
Билектен болгон күч менен,
Замбирек менен, топ менен,
Жазайыл атып, ок менен.
Сезбеген жүрөк эрликтен,
Селдей болгон кытайды
Үмүтүң үзгүн элдиктен,
Адамдан бери канча жан,
Адаа болгон канча кан,
Бадыша өттү, кан өттү,
Баштатан канча жан өттү,
Берген теңир ырыскы
Насибасын жеп өттү,
Мен кыйынмын – деп, өттү.
Калбаңыз дүйнө кээсине,
Кадыр Алда бир салган
Кай түрлүү бенде эсине.
Азбаңыз дүйнө кээсине,
Алда Таала бир салар
Ар бенденин эсине.
Анжылыктын Коң төрө
Ар жерде келер кезиңе.
Улуксуң Манас бадыша,
Урматыңда көй кашка,
Ушунчалык жеңилсиң,
Уруштун жөнү бир башка.
Жалпы кытай келиши
Жакшылык сенин тоюңуз,
Жакшылыкка жакшылык,
Жайылдыкты коюңуз,
Жалпы келген кытайды
Жанын кыйып ийүүгө
Турган экен оюңуз,
Тушуңда тойго келген соң,
Душмандыкты коюңуз».
Бул сөздү Кошой баштады,
Таштан катуу эр Манас
Ошондо көзүн жаштады.
«Сүйлөдүң Кошой аба – деп,
Сөзүңө барбы дабаа – деп,
Эзелден душман эл экен,
Эрегишкен неме экен.
Эмгек үчүн жаратып,
Эгем Таала кудурет
Мени не түрлүү бендем деди экен.
Калкы көчмөн уругум,
Карыя Кошой улугум,
Качан да болсо дүйнөдөн,
Кайгыда жүрүп курудум.
Жаңы көрдүм бир бала,
Жалпы Азия жерине
Салдырбадым бир калаа,
Сапарга кетсем дүйнөдөн
Жардам берсин бир Алда.
Урунуп турган кырк баатыр,
Ушу да душман таптакыр.
Жалгызым калып өлбөсө,
Чака бул колдон өнбөсө,
Кайрыларга кара жок,
Кадыр Алда жазууна
Канеткен менен даба жок.
Камкадан тонун кийишер,
Карысы да, жашы да
Каалаган эрге тийишер.
Кылымда баары бир жоро,
Катаалдык түшкөн күндөрдө
Кайрылбай кетер кырк чоро.
Жакшылыкта бир жоро,
Жамандык түшсө башыма
Жакындабас кырк чоро.
Көбөйгөн бойдон көп өтпөс,
Көтөрүп жүгүн лөк өтпөс.
Аз жүргөн бойдон аз өтпөс,
Мас жүргөн бойдон мас өтпөс,
Кас жүргөн бойдон кас өтпөс,

Эпкини тийбей жел өтпөс,
Эл жүргөн бойдон эл өтпөс,
Элдин түбү жоо болор,
Не кылса бенде соо болор.
Жоонун түбү эл болор,
Тоонун түбү бел болор,
Жолборсуң Манас өткөн соң
Жолдоштун баары не болор.
Билерсизби, аба – деп,
Бир кудаанын жазууна,
Бузууга жетпес дабаа – деп,
Кезеги келген күнүндө
Кесип башын алар да,
Кылмак элең мага – деп,
Кылбаганда неткениң,
Кыйкырып мага жеткениң.
Албасам тилди нетер – деп,
Арамдык жумуш бекер – деп,
Ак сакалдуу карымсың,
Акисин уруп кетер – деп,
Акыры менин өлүмүм
Кытайыңдан жетер – деп,
О дүйнө кетип окустан,
Омурулсам кокустан
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Кылычын кын байланар,
Кыялын тапкан кай бирөө
Кылчайбай ага айланар.
Саадагын сая байланар,
Санаасын тапкан ким болсо,
Сай кашканын баарысы
Так ошого айланар.
Калганым калар кайгыга,
Канча дүйнө мал чачып,
Кас кылгандын айбына,
Арманда калар алганым.
Арылбай кетер арманым,
Абыке Кошой өзүңдү.
Армандуу калган элиме
Айтпассың ушу сөзүңдү.
Айтсаң да албас тилиңди,
Арбак урган кытайдын
Азыткысы билинди.
Ала-Тоодо аска таш,
Ак амыры болбосо,
Алты эли жерге жыла албас,
Айткан насиятыңды
Асылы апы кыла албас.
Кадырыңды биле албай,
Каршылык кылса тил албай,
Канетер элең карыя,
Канча сузса түгөнбөс,
Калк да бир аккан дарыя.
Капа кылбайм өзүңдү,
Кабыл кылдым сөзүңдү.
Алса душман жакадан,
Абакебиз эр Кошой,
Ача көр анда көзүңдү».
Арстан Манас баатыры,
Ал сөздү айтты акыры.
Алеңгир дүрбөөн кыларын,
Алы келсе кыраарын
Айтпаса да билиптир
Алооке деген капырың,
Калкы кытай кылкылдап,
Кайнардын түзү былкылдап,
Буулумун кийип күбүнүп,
Буудандын бели бүгүлүп,
Бу дүйнөдө турбайбыз,
Бура тартпай сулайбыз,
Муну айтып жандан түңүлүп,
«Ар бир жерде салыштык,
Аз болгондо кыргызга
Алтымыш жыл алыштык,
Алдырбастан чаңтууга,
Аман кайда калыштык.
Кырк жылдан бери кыйраштык,
Кыргыз уулу болгонго
Кырк күндөн бери сыйлаштык.
Оосарлыктан Коң төрө
Окусунан кеп айтып,

Осол экен – деп, айтып,
Оёндун тийдик ачууна,
Орун таап кутулуп,
Жол бербеген качууга!»
Ушу сөздү айтышып,
Кайратынан кайтышып,
Камалышып калыптыр,
Как ушинтип турганда
Карыя Кошой барыптыр.
Капырдын колу курт кайнап,
Каршы тосуп жык жайнап,
«Кара кыргыз журтунун
Карыясы келди – деп,
Караанын карап биз көрдүк
Кайнап жаткан элди – деп,
Найзанын учу чабышты,
Адамдын башы кагышты,
Аңдап турсак кыргызга
Артыкча балаа жабышты.
Найзанын башы жылтылдап,
Адамдын башы кылкылдап,
Дүнүйө толуп былкылдап,
Мылтыктын учу жылтылдап,
Тобурчак токуп минишип,
Жоо-жарагын кийишип,
Аргымак токуп минишип,
Аземдүү тонун кийишип,
Чарайна, соот, кыягы,
Бизге чабуул кылчудай.
Бузулуп алып сыягы,
Не болгонун билбедик,
Ээрдеп атка минбедик,
Аралашкан эл элек,
Эриш менен аркактай.
Арка бериш неме элек.
Дин талаштык мурунтан,
Ата жолдон азгырып,
Арстаның Манас куруткан.
Эңшерип элди алганы,
Эч жерде барбы жалганы,
Кайтарып калкты алганы,
Кай жерде бар жалганы.
Чакырып алып тоюна,
Жамандык алып оюна,
Бул эмине кордугу,
Минтип кылган зордугу,
Сураса жообун айталык,
Угулган болсо биздин саз,
Уруксат болсо кайталык.
Тойго келип томаяк,
Кыйшыңгүү кылды тентекти,
Тентек кылган бадырек,
Аябай жеди келтекти.
Ушу дүйнө нааданы,
Он төрт экен адамы,
Алардан бири калбады,
Ойроттун баары жыйылып,
Орунун таап салганы,
Жеке кытай биз эмес,
Жер дүнүйө жүзүнөн,
Жетпеген бенде калбады.
Тарса, жөөт, сакалат,
Капталдан келди канчасы,
Иш ордуна такалат.
Тоюңарга чогулган,
Дүнүйөнүн канчасы,
Аты уккан элден калбады,
Немис, бараң, арманы.
Орус менен ооганы,
Ойротто кай журт соо калды.
Ат артында калыптыр,
Калдайдын уулу Коң төрө,
Талабы таштан чоң төрө
Бир сөз айтып салыптыр,
Бир сөз болуп миң сөздөй,
Чактын көрдүк алачтын,
Миң көзү болуп бир көздөй.
Эки жүз миңдей адамы
Ээрлеп атын алганы,
Ушу бизге бет алып,
Урушканы калганы.
Кыргызга не сөз айтады,

Кызыкпасын биздерге,
Кырылышпай кайталы.
Коң төрөнүн сөзү үчүн,
Кыздан тартуу тарталы.
Адамдан тартуун берели,
Жок, атышам десе көрөлү,
Ажалдуубуз өлөлү.
Ак сакал Кошой сен келдиң,
Акылдашып көрөлү!»
Кырмуз уулу Мурадил
Кыйла сөз айтып салганы.
Ак сакалы Алооке,
А да сүйлөп калганы.
«Айтпай турган кеппи – деп,
Аты көттө калганга,
Козгоп жаман кеп айткан,
Коңурбай иши эппи?» – деп,
Алооке сүйлөп калганы.
«Эми келдим сиздерге
Эсендик сөздү айтууга,
Узаар кези болду – деп,
Учурашып кайтууга.
Жанып эми кайтармын,
Жараштын сөзүн айтармын,
Кордук сөздү не койбойт,
Коңурбай деген шайтаның?!»
Койдой чуулап кытайлар,
Корккондугун билгени,
Кошой атка мингени.
Кашына барды кан Кошой,
Казактан келди эр Көкчө,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Анжиянда Санжыбек,
Ак ала сакал Музбурчак,
Көкмөктүн уулу Керкөкүл,
Көчпөсбайдын Жанайы,
Көңкү калган жыйылып,
Көсөмдөрдүн далайы,
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыргыздын колу кылкылдап,
Кытайга уруш салууга
Даярданып лыкылдап,
Азырданып алыптыр,
Алар антип турганда
Абасы Кошой барыптыр.
«Сая болор ысыкта
Түркүгү күмүш көк чатыр,
Салкыны тиер кыргызга
Сандыргалуу көй баатыр,
Чакырып алып тоюна,
Чыр сүйдүңбү көй баатыр
Жамандык алып оюңа,
Орто Азия, Түркстан
Ойротко маалим элдирсиң,
Ойлонбостон иш кылган
Ойрон кыргыз сендирсиң.
Мурункулар кеп айткан,
Кеп айтканда нени айткан,
Үйдө баатыр, жоодо жок,
Үлгүсү ушу – деп, айткан.
Камданып баарың калыпсың,
Канкор Манас баш болуп,
Кайраттанып алыпсың,
Алакандай кытайга
Ат койгону калыпсың,
Жолоочу тосуп алуучу,
Кай түрдүү баатыр болсо да,
Кармашканы жолоочу,
Каракчы атка калуучу.
Изди тосуп алуучу,
Издегени жолоочу,
Урушуп жүрүп алса да,
Ууру атка калуучу.
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Эрдик менен эл алчуу.
Баштуулуктан баш алып,
Баштатан келген эл болсоң,
Туу түбүнө турушуп,
Туу көтөрүп урушуп,
Арманың жок болгун – деп,

Алышчу болсоң майданга,
Азыр келе койгун – деп,
Кабарды катуу салышып,
Анан алсаң болбойбу.
Карсылдашып чабынып,
Өлүшүп өттү жарышып,
Өнөрлүүнү салышып,
Таш жүрөктүү баатыры
Талкалашып акыры,
Тайыбаса акылы,
Кылычты кындан чечишип,
Кызылдай жандан кечишип,
Ай балта белден алышып,
Аркы-терки чабышып,
Арзыганды табышып,
Анан алсаң болбойбу,
Армансыз уруш салышып.
Короого келген конокко
Компоңдоп карап турарбы,
Колду курап ал үчүн,
Ата, мындай кудай урарбы!
Айылга келген адамга
Ат коём – деп, турабы,
Чакырып итти урбайбы,
Ар канча капыр болсо да,
Аңдагыла баатырлар,
Адамдын уулу турбайбы,
Чакырып алып кырган соң,
Кыдырың кошо жүрсө да,
Кыргызды кудай урбайбы.
Көрүнбөгөн көзүңө,
Сай жакшылар турсуңар,
Салсаңар кулак сөзүмө,
Ар бир түрдүү ишинде,
Тышың менен ичинде
Аралаш жүргөн жандар бар,
Атагын уксаң азезил,
Акылманың ойлоп бил,
Шайтан деген заңгар бар.
Эркек менен ургаачы,
Экөө да өз-өз боюнда,
Адам уулу болгонго
Жамандык кылмак оюнда.
Аңдасаң айткан сөзүмө,
Аралаш жүрөт өзүңө
Ар канча тиктеп карасаң,
Түк көрүнбөйт көзүңө.
Карасаң көзгө илинбейт,
Кармасаң колго билинбейт,
Душмандык кылат бурулбайт,
Тутсаң колго урунбайт.
Бир башында миң көзү,
Ачууңа болуп жоролош,
Напсиңе болуп каралаш,
Нак өзүңө аралаш
Кас кылмакка калгандыр,
Капырды жолго салгандыр.
Карайлатып капырды,
Алданын жазган жолунан
Адаштырып акыры,
Душмандыкка санаасы,
Көңүлдө болуп аласы,
Шаштырган шайтан шарыдыр,
Кытай да адам баласы
Жараткан жапар ээңе
Душман кайсы, эл кайсы
Байкап балдар карачы.
Бир жандары бериште[1],
Бизден алыс ал качат,
Ынабайт жакын келишке.
Эки ийниңе конуптур
Эки калыс бериште,
Анын конуп жүрмөгү
Алданын жазган өкүмү,
Адамга буйруп койгон соң
Алда канча өкүндү,

[1] *берише.* Жазылыштан тиешелүү маани чыкпайт. Сөздүн талап кылынган туура үлгүсү – «бериште». Каталык катчыдан кеткен.

Ушундан алыс кетсем – деп,
Ак Тааладан өтүндү.
Өтүнгөн менен болбоду,
Өлгөнчө кошо койгону.
Жазып жүргөн өзү бар,
Бир-бир дептериңизде
Жаанга сыйгыз сөзү бар.
Өзүңдү көргө көмгөндө,
Көмгөнүн көзү көргөндө,
Кутулдум – деп, кетүүчү,
Кылган күнөө, сообуңуз
Кудуретке жетүүчү.
Бериште да актын бендеси,
Белгилүү бизге жакындап
Бекерлери келбеси.
Анык жери чукулу,
Азезилдин тукуму,
Белгисин анык айталы,
Бериштени жеңбеси.
Кудурет демек кубат[1]-күч,
Бир иш кылбай турат түз.
Туудурар ата шеги жок,
Тууган эне теги жок,
Асман-жерди көргөн соң,
Ак Тааланы акыры
Жок – деп, айтыш эби жок.
Ага да жок, ини жок,
Ай-ааламдын баарында
Ага окшош жандын бири жок.
Дүнүйөнү көргөзгөн
Жүргүзүп эки көзүңө,
Не кылсаң өзүң кылгын – деп,
Эрк берген эгем өзүңө.
Азезил менен бериште,
Ар канча күн карасаң,
Көрүнбөйт эки көзүңө.
Адамдан калган кытайды,
Анжы-манжы, Таңышаң,
Какан, Бээжин көп жайды,
Базар кылып Бакбурчун
Башкы атасы салгандыр,
Байгамбардын баарынан
Ыраак болуп калгандыр.
Аксаганын тың кылып,
Амыр санап, чын кылып,
Азезил уулу баргандыр.
Кылчайбай шариятыңа,
Кытай бойдон калгандыр.
Ак Тааланын кулудур,
Ал дагы адам уулудур.
Ар качандан бир качан
Азгыргандыр шайтаны,
Ага кылбай жамандык,
Жакшылыкка кайталы.
Айткан тилге кирбесе,
Ак бирдигин билбесе,
Ага не сөз айталы».
Абасы Кошой кеп айтып,
Ачууланып бек айтып,
Кытайдын сөзү ушу – деп,
Ушу күндө кытайлар
Кысылып турган тушу – деп,
Кысылып айтты кыйла кеп
Коңурбайдын өзү үчүн,
Коркуп айткан сөзү үчүн,
Кыздан тартуу берсек – деп,
Аман-эсен кайтсак – деп,
Аттарга бутту артсак – деп,
Айтып жатыр кытайлар,
Адамдан тартуу тартсак – деп,
Кошой сөздү баштады,
Айтканын угуп Алмамбет,
А да көзүн жаштады,
Чоң казатка барганда,
Согушту кабат салганда,
Жери кабат Кумулдун
Жетимиш шаарын алганда,
Аярлык кылып аралап,

[1] *кубач.* Сөздөн маани чыкпайт. Адатта, бул жердеги сөз «кубат-күч» түрүндө айтылат.

Ар шаарын заралап,
Өнөрү менен жүргөндө,
Өрттөнгөн кытай өз журтун
Өкүмөт кылып сүргөндө
Капкасына Бээжиндин
Караңгыда барыптыр,
Эсенкан кызы Мыскалды,
Элесин көрүп калыптыр.
Дүйнөдө жок ыраңы,
Кайнаган Какан калкынын
Жанып турган чырагы.
Тиши жакут, көөкар көз,
Тили таттуу, шекер сөз,
Акак тиштүү, кыйган каш,
Короз моюн, түймө баш,
Тамагынан көрүнгөн
Даам чайнап, жуткан аш.
Ошо Алмамбет көргөндө
Орто бойлуу, он үч жаш,
Кубулган кундуз чачы бар,
Куралган он үч жашы бар,
Кыйылган кылдан кашы бар,
Сүбөөсү бар, жүүнү жок,
Беш манжада мууну жок,
Тырмагы көөкар, зумурут,
Жеткен жанды жели урат
Жыты жыпар оруну,
Бери заттан, бендеден.
Беш кабат артык боруму.
Жаан кезген Алмамбет
Жаңгыз ушу дүйнөдөн
Көргөн ошо сонуну.
Илкер Алмаң башыны,
Көздөн артып жашыны,
Кубанып күлүп кеп айтат,
Куп болот аба – деп, айтат.
Айтканын угуп алышты,
Алмакең көңүлдөнду – деп,
Ата уулунун баарысы
Акун кан, Кошой карысы,
Алар да күлүп калышты.
Капталдан Төштүк кеп айтат:
«Калайык уккун – деп, айтат.
Калкы кыргыз тың болсо,
Кажылдаган капырың
Камалганы чын болсо,
Элиң кыргыз тың болсо,
Эркин кытай капырың
Эс ооганы чын болсо,
Не кылалык миң кызын,
Эр Алмамбет төрөмө
Берип көрсө болбойбу,
Эсенкандын бир кызын.
Каалабадык миң кызын,
Кан Алмамбет баатырга
Кармап берсе болбойбу,
Кан Шуңгоонун бир кызын.
Ат болгондо жал барбы,
Акыры өлбөс жан барбы,
Суусузга өнөр тал барбы,
Жуда келген кытайлар
Кан Шуңгоонун бир кызын
Как ушу жерге келтирип,
Алып берер ал барбы.
Алып келсе бу жерге,
Албай Алмаң каларбы.
Ар жаракка уруучу,
Урганын уучтап туруучу,
Мыгын билген Алмамбет,
Аким болуп Бээжинге
Ыгын билген Алмамбет.
Кытайдын кылым уругун
Зилин билген Алмамбет.
Кыжылдаша сүйлөсө,
Тилин билген Алмамбет.
Топураган кытайлар
Тойдон аман кайтар – деп,
Толуп жаткан Какандан,
Аз болгондо ант ургур,
Токсон кыз тартуу тартар – деп,
Токсон кызы курусун,
Ким билет анын жумушун.

Ата уулулар аларбыз,
Ары-бери түрткүлөп,
Кызматка антип саларбыз.
А да кудай бендеси,
Убалына каларбыз».
Эр Төштүк айтып салганы,
Элдин баары бу сөзгө,
Макул болуп калганы.
Андай болсо, абаке,
Жүз миң экен жүргөнү,
Кытайдын кыйла дүрбөөнү.
Кыйналбай тойго келген соң,
Кылганына карайлы,
Кызматына жарайлы,
Кырк миң жамбы санайлы.
Кара аттан бир миң байлайлы,
Каргашалуу капырдын
Көңүлүн минтип жайлайлы.
Бу сөздү айтып салганы,
Букарасы, улугу,
Акылга дыйкан тунугу,
Акун кан, Кошой карысы,
Арстандардын баарысы
Бу сөздү макул алганы.
Кырк миң жамбы чыгартып,
Кара аттан бир миң ыйгартып,
Алооке менен Соорондүк,
Ал экөө – деп, карысы,
Карыя Кошой баш болуп,
Астына алар барышты.
Калган эле кытайлар
Кара жандан түңүлүп,
Калдайтып Кошой барганда,
Кандарынын баарысы
Каршы келди жүгүнүп,
Кабыргасы бүгүлүп.
Лайламалуу – деп,
Өз дининче окунуп,
Өкүмөт Кошой абаңа
Ызат кылып чокунуп.
Чоң Кошой кары кеп айтат:
Чоңкондогон кытайлар
Чокунбаңар – деп, айтат.
Кырк миң жамбы алганы,
Калдай, зундуң кашына
Кырка коюп салганы.
Алып келген миң кара ат
Акимдери бөлүшүп,
Кадырлап атты көрүшүп,
Мурунтан кыргыз наркы экен,
Тойго келген адамга
Толуп жаткан мал берген,
Жуда жакшы калк экен.
Кырк миң кыз – деп, тартуу айттык
Кысталганда жаныбыз,
Төгүлөрдө каныбыз,
Кыйла бул алып биз кайттык.
Канча кыздан тартуу айттык
Камалганда баарыбыз,
Калбайт ко – деп, жаныбыз,
Кара аттан алып биз кайттык,
Азия артык жер бол – деп,
Атаны жакшы эл бол – деп,
Түркстан артык жер бол – деп,
Дүйнөдө жок эл бол – деп,
Кыйынсыган Коңурбай,
Кырмуз уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Незкара.
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Орońгу
Катканаңдын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы.
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз дөө Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондүк,
Чогулган экен баарысы,
Алооке баштык карысы,
Барып калган кыргызды,
Кытайды кара тер кысты.
Тер кыспаса неткени,

Нескара сүйлөй кеткени:
«Кызыл чок ойрот журтуна
Кызматты кылып салдыңар,
Кылымга толук кытайдан
Кыз алмак болуп калдыңар.
Калмак менен кытайга
Калың мал берип салдыңар,
Какандын калың журтунан
Кадыр жетсе канча кыз
Алмак болуп калдыңар.
Алжайышты коёлук,
Ага-тууган бололук,
Аралаш айыл конолук.
Куугун менен сүргүндү,
Куру жыйып дүрбөөндү,
Кутурбайлык, коёлук,
Курчалып куда бололук.
Кыз беришип, кыз алып,
Кызматына батышсын,
Кытай, кыргыз кыңк этпей
Кыйыры бирге жатышсын.
Кадырлашып калышсын,
Какандын калың журтунан
Каалаган кызын алышсын,
Камдандан даам татышсын,
Катарлашып жатышсын!»
Ал сөздү айтып Незкара,
Кечетен бери кейиште,
Алсыраган бечара,
Кубанып сүйлөп калганы.
«Эче кыз алар экен – деп,
Санатын угуп барбасак,
Сапарыбыз бекер» – деп,
Алооке айтып салганы.
Алда билер бу сөздүн
Чыны канча, жалганы.
Мусулманы, капыры,
Бу сөздү айтып акыры,
Орчун улуу топтордун
Ордуна келип акылы.
Улуктар баары кеп кылып,
Убадасын бек кылып,
Кытайдын журту кеп кылып,
Жүз миң кыз болсо берүүгө
Сөзүн байлап бек кылып,
Баары ушинтип калыптыр,
«Аларыңар канча кыз,
Атагын уксак экен – деп,
Болжогун – деп,– бу сөздү»,
Бороончу айтып салыптыр.
Айтканын угуп Агыш дөө,
Ордунан тура калыптыр.
«Каалабайбыз миң кызды,
Кадыр салып айтабыз
Канга ылайык бир кызды.
Ылгабайбыз миң кызды,
Ырастап туруп айтабыз,
Ыгы келсе бир кызды.
Кашыңа келген канча жан,
Баашалыкка көтөргөн
Башчыңар экен Эсен кан,
Калкына кара жар экен,
Каныңардын колунда,
Кастарлуу кызы бар экен.
Как ошону алсам – деп,
Каалайт экен Алакем!»
Азыркысын бул сөздү.
Агыш дөө айтып салганы,
Атпай кытай улугу,
Жергелешип олтурган,
Жер карашып калганы,
Күбүрлөшүп өздөрү,
Тышка угулбай сөздөрү,
«Мусулмандын неткени,
Эч болбосо чантуулар
Элүү кыз айтар бекен – деп,
Эркине коюп турганда,
Жалгыз кыз айта кеткени.
Кете тон кийсе кең көрбөй,
Кейитет минтип чантуулар,
Теги өзүнө тең көрбөй,
Буулум тон кийсе кең көрбөй,

Бузук экен мусулман,
Мурунтан жүрөт тең көрбөй.
Аз ойлойбу кытайды,
Кытай басып жатпайбы
Күн чыгышта көп жайды.
Акыры Бээжин, Бакбурчун.
Айланасы алты айлык,
Ага кытай толгон жык.
Эчен чалкар көлү бар,
Ай жармына жол жүрсө,
Эч бир тамар суу таппас,
Не биябан чөлү бар.
Жайнап жаткан кара журт,
Казаа жеткен өлүптүр,
Калганын санап ким билет,
Кара курттай өнүптүр.
Баян досу жибектен,
Баш калаасы Бакбурчун,
Байкасам Бээжин көп жүргүн,
Кайнап жатыр Каканым,
Каканда канча көп жаным,
Чылк өлчөөсүз Чынмачын,
Күдүң калаа, кең Кентун,
Саңылоо, Байман сан жетпейт,
Кадырласа калк кетпейт,
Ашыккыч эли четинде,
Кубайыс, Кумул бетинде,
Кудай урган кыргызды,
Жүз миң кыз сурайт экен – деп,
Жүрөт элем нээтимде.
Сапарга келдик жайы-кыш,
Сан жеткисиз мал берип,
Дагы биздин кытайдан
Самаганы жалгыз кыз.
Бенделик жетиш оңойбу,
Бербесе Бээжин оңорбу,
Суук көрбөй суу тоңорбу,
Суктанып сурап калган соң,
Жукпаган бенде оңорбу.
Каралаштык баарыбыз,
Капыр менен мусулман
Аралаштык баарыбыз.
Жашка аралаш карыбыз,
Жарашкан соң баарыбыз,
Кара кыргыз болгонуң
Каалаганың жалгыз кыз.
Эсен кан кызы Мыскалды,
Не түрлүү кыйла иш калды,
Айткан сөзүң тим экен,
Күйөөнүн атын угалы,
Алуучуңар ким экен?»
Калмактын Жолой балбаны
Калктан сурап калганы.
«Алмамбет баатыр алат» – деп,
Акбай дөө айта салганы.
Атпай кытай көп журту
Анык орду келди – деп,
Жер дүңгүрөп калганы.
Кыргыз, кытай жарашып,
Токтолбоду бир адам,
Тойдон кайтты тарашып.
Башка журттун баарысы,
Алыстан келген аскер бар,
Өңүнө чыгып сарысы,
Жашы менен карысы,
Жалпы кайтты баарысы.
Абунасир заманы,
Алар да кайтты тамамы.
Арбагы кеткен далайга,
Жай токтолуп Алайга,
Алтайдын жери алыс – деп,
Анжиян жери калыс – деп,
Кыштамакка кыялы,
Кырк чоро баары чогулуп,
Кышка аракет кылалы.
Самаркан менен Букарга,
Самаган барсын буларга,
Арабанты, Ак-Дөбө,
Акыл ашкан көй төрө,
Анжиян менен Маргалаң,
Абыдан жыргайт барган жан.
Кыштап алып чыгарбыз,

Кыйыкка тийсе кокустан,
Кыйбанын туусун жыгарбыз.
Кыйба жерин аябас,
Кыйналып Кыйба баратса,
Кыргыз да токтоп соо калбас.
Барстар жерин аябас,
Барстар жерин аяса,
Балдыраган бадирек,
Балакеттен соо калбас.
Ал сөзүн айтып тарашып,
Душманы менен жарашып,
Буудандын баарын байлашып,
Кайсы бирөөн караса,
Букардын тоосун жайлашып.
Аземдүү күлүк байлашып,
Арбыны Алай жайлашып,
Журт бөлүнбөй токтошуп,
Чубуртуп жылкы жоктошуп,
Азыраагы элинин
Ашып Ала-Белинен,
Суусамыр келип оттошуп,
Ала-Тоонун жеринен,
Асты бири соо калбай
Акең кыргыз элинен,
Терс-Маёо менен Ак-Сайды,
Тебелеп оттоп көп жайды.
Ара жери Ысык-Көл,
Тоосу салкын, оюу чөл,
Сары-Өзөн менен Илени,
Самаган жердеп бу жерди,
Арадан эки жыл өтүп,
Аргамжыдан кыл өтүп,
Кулуну өсүп тай болуп,
Курамасы бай болуп,
Кунан болуп тайлары,
Кутуруп кутман байлары.
Кубат толуп алачка,
Куралган дүкөн Таласта.
Эки жайлап, үч кыштап,
Кайрат толуп Манаска,
«Атамдан калган Алтайды,
Аны не үчүн таштайын,
Ал өңдөнгөн кең жайды.
Ботболоктун бою бар,
Бордуу тоонун оюу бар,
Куушунда жаткан кыргыздын
Бириңде миңден кою бар.
Амур дайра, Жанасай,
Абыдан жери малга жай.
Эртиш, Уркун эки суу,
Эне-атам өскөн жери бу.
Эми кайра барайын,
Эндекей жаткан эл калган,
Эч кимге опа берген жок
Эңгиреген бу жалган,
Карасы жок калк калган,
Карманып калган адам жок,
Каран калсын бу жалган.
Салуулуу калган салык бар,
Сабыркап калган калык бар,
Бүлүнбөй калган мүлүк бар,
Уругу кыргыз журтуна,
Кара ногой нуркуна
Канчалык түшкөн түлүк бар.
Алдага шүкүр кылайын,
Асмандап чыккан ак терек,
Ар иш кылса куп керек.
Айбалта чаап кыяйын,
Атпай алач журтунун
Аяк-башын жыяйын.
Көрбөй калган көп журт бар,
Көзүнүн жашын тыяйын».
Бу сөздү айтып баатыры,
Кырк баатырдын баарысы,
Көчүрсүн – деп, акыры,
Көчүп Алтай жерине,
Бармакка келип акылы
Жергемден киши койбо – деп,
Жеткен жерге баатыры
Жетимиш желдет чаптырды.
Асы менен Жөлөктөн,
Азиреттин Кара-Тоо,

Ысар менен Көлөптөн,
Керме-Тоо кеткен элинен,
Кенептин чөптүү жеринен
Айдаркан уулу Көкчөгө
Шар көчкөн бойдон келсин – деп,
Шарпылдактын бөксөгө,
Куландыда Төштүккө,
Кенжуттагы Кошойго,
Кетирип кабар ошого,
Баатыр көчүп Алтайга,
Бармак үчүн самаган
Бабасы өткөн кең жайга.
Эки ай көчүп арада,
Эл Алтайга барганда,
Баш-аягы жыйылып,
Бар кудайга сыйынып.
Сөөнгөн жалгыз баласын,
Элдешип алган эл үчүн,
Эр Коңурбай эр үчүн
Чакырып Бээжин калаасын,
Он жети күнү той берди,
Орчун кытай көп журтун
Ыраазы кылып коё берди.
Капырдын калкын таратып,
Кара кыргыз уругун
Кадырдуусун санатып,
Ойротко кабар салмакка,
Баласы келген үч жашка,
Отургузуп алмакка,
Ыраакка кабар салмакка,
Ислам диндин баарысын,
Кошой баштап карысын.
Тоюна жыйып алмакка,
Акылы шого токтолуп,
Ата уулулар жоктолуп,
Катарлаш болгон кандардан,
Кадыры жеткен жандардан
Калтырбастан чакырып,
Токсон бөө сойдуруп,
Томаягын, карыбын
Тобунан жыйнап тойдуруп,
Олтургузду баласын,
Ар жагынан чакырган
Орчун Кумул калаасын.

*Төртүнчү*

## МАНАС БААТЫР АЖЫГА БАРМАК ҮЧҮН КАНДАРДЫ ЧАКЫРЫП КЕҢЕШ КЫЛЫП АМАНДАШКАНЫ, АЖЫГА ЖӨНӨГӨНҮ

Эл-журтунун баарысын,
Эски жолдон бездирип,
Казактын Төлөбегине
Чочогун чорто кестирип,
Каадасын кылып калыктын,
Атадан калган нарыктын,
Адамдын баары тоюшуп,
Сары казы, кыйма жал
Дасторконго коюшуп,
Келме шаадат* айтышып,
Кетмек болду кайтышып.
Бата кылып болгон соң,
Баатырың элге кеп айтат:
«Байкагыла – деп айтат.
Ойдон алдык Ооганды,
Оолак жерде жаткандан
Орус качан соо калды.
Кыйраттык Кыйба Ооганды,
Кытай качан соо калды.
Капталдан алдык калчаны,

Кан кустурдук канчаны.
Бар кудай берген багы экен,
Ыслам дини ак экен,
Жан бир жүргөн карз экен,
Каржысы келген бендеге
Мекеге бармак парз экен.
Сапардан санаам тынсам дейм,
Жараткан айткан сөз үчүн
Кээбеге тооп кылсам дейм.
Уруксат берсең баарыңар,
Улуу-кичүү карыңар,
Урматтуу Кошой каныңар,
Кадалган жооң мен элем,
Казактан Көкчө сен элең,
Канчалык жамандашсак да,
Кыябына келгенде
Кыйбай турган неме элең.
Эштектин болгон беги элең,
Эр Жамгырчы сен элең,
Эртели-кечти асылып,
Көрө албаган неме элең.
Анжиянда Санжыбек,
Заманга карай кеп кылдым,
Санжы суунун боюнан
Алып барып өзүңдү
Анжиянга бек кылдым.
Атаңдын аты Таз эле,
Алтымыш жетпей түтүнүң
Айылың шондой аз[1] эле,
Кайры динде турганда
Көңүлүң мага кас эле.
Ыслам динин билген соң,
Ынтымакка кирген соң,
Жакын болдук өзүбүз,
Талаада калбай сөзүбүз,
Сапар тилеп турамын
Уруксат берсең өзүңүз.
Жамгырчы жакын бөлөсүң,
Акун кан, Кошой карыя,
Арыз-арманым сиздерге
Айтпасам бекер көрөсүң,
Эгем кошсо жылдызын,
Акун сенден угамын
Эки жашта бир кызың,
Кечээ Каңгайга каран салганда,
Калчанын журтун алганда,
Аскер алып, жол тосуп,
Астымдан келип жол кошуп,
Кызматың мага ак болуп,
Көңүлүм сенден чак болуп,
Кадыр сыйлап жүрүшүп,
Капырлар менен сүрүшүп,
Көңүл жакын жүрүшүп,
Көп душманга сүрүшүп,
Байгамбар ак, кудай бир,
Айланышып алты жыл,
Көңүлдө калбай калдай кир,
Жоолаштык бирге жоо дешип,
Достун түбү доо дешип,
Дос кудаанын аты – деп,
Антка урунган каты – деп,
Курбу-курдаш болгон соң,
Кудалашсак акыр – деп,
Менде да перзент бала жок,
Бербесе теңири чаара жок,
Сенде да перзент бала жок,
Жетпеген соң дабаа жок,
Ойротко маалим башыбыз,
Отузга келген жашыбыз,
Катының тууса окустан,
Эркек болсо кокустан,
Мен кызымды бермекке,
Катының кокус кыз тууса,
Сен кызыңды бермекке,
Эки катын тең бирдей
Эркек тууп таштаса,

[1] *аз.* Түп нускада мындай сөз жок. Бирок ушул сөз мазмун, уйкаштык, муун өлчөмү үчүн зарыл керек. Кыясы, катчы сөздү жазбай кеткен өңдөнөт.

Эгем Таала кудурет
Оң жолуна баштаса,
Акыреттик дос кылып,
Айкаштырып алмакка,
Насаат акыл кеп айтып,
Жайгаштырып салмакка,
Бел куда* болдук бек жерде,
Мен айтамын бу жерде,
Талап кылдым Кээбеге,
Дагы канча сүйүндүм
Сен шу жерге келгенге,
Кызып боюм басылган
Кыз тууду зайыбы дегенде,
Сыйынам жалгыз жапарга,
Чыксам алыс сапарга
Алда билет келерди,
Ак тилекти берерди,
Алда билет өлөрдү,
Алда Таала бир билер
Аман үйдү көрөрдү.
Кыямат жолу ол деген,
Кыйыныраак жол деген,
Барса келбес жер деген,
Анда-санда болбосо,
Адамдын көбү келбеген.
Аманат болгон бир жолго,
Арбагым Манас атанып,
Ак сакал элден бата алып,
Кылчайбастан оң-солго,
Кыямат жайы чоң жолдо,
Өлөңдүү жерди өрттөдүм,
Өлүмдүү жайдан өткөнүм,
Туландуу жерди тутанттым,
Турганы ушу мудаамдын,
Кара сууга кан куйдум,
Каз өлүмдү чын туйдум,
Суу ордуна кан төктүм,
Конч ордуна, кол сөктүм,
Бөрк ордуна баш кестим,
Бөз ордуна, көз тештим,
Азыркысын карасам,
Айландыра санасам,
Өлүм жакын калгандай,
Өтүрүк жалган дүйнөгө.
Өнөрүм болгон ар кандай.
Кетте жолго салайын,
Кээбени көздөй барайын.
Артымда калган бир перзент
Кет кудаа айтып салайын.
Уруксат айтып угузгун,
Ушунчалык кубанат.
Ушу жерге келип турушуң,
Жооп сизден укмакка,
Ушул элдин көзүнчө.
Укканды бекем тутмакка
Талабым бардыр сизден – деп,
Калк ичинде айта кой.
Кадырың калса бизден – деп,
Берер болсоң кызыңды,
Бербердигер күбөдүр,
Акыры бенде болгон соң
Аманат жан жүргөндүр,
Кадимден калган нарк уксун,
Кан Акун берет экен – деп,
Карап турган калк уксун,
Улуу-кичүү баары уксун,
Урматтуу Кошой кары уксун.
Акыры адам билет ко
Улук-кичик жыйылып
Күндө келип турбасын,
Урматтуулар астында
Тиленемин дубасын.
Бата кылсын баарысы,
Кара кыргыз журтунда,
Катагандын нуркунда
Кабылан Кошой карысы,
Кайыпка бата бир кылсын
Кары-жаштын баарысы».
Ал сөздү айтып олтурду,
Алтымыш жамбы, миң дилде
Жоолукка үйүп толтурду.
Отузу кара, отузу ак

Тобурчак жайлап ушул чак.
Отузу жалаң сур болду,
Баары семиз кур болду.
Токсон ат байлап салганы,
Калың берип, кыз алмак
Кан Акун, Манас экөөнөн
Калкка үлгү калганы.
Казак, кыргыз калкы бар,
Калың берип, кыз алган
Кан Акундан наркы бар,
Өлбөсө да, өчпөсө
Байчечекей гүл өчүп,
Акыретке көчпөсө
Кошулсун – деп, балдарды,
Олтурган орчун көп жыйын,
Ойлогонго иш кыйын,
Кол көтөрүп салганы,
Кол көтөрдү буркурап,
Койдой маарап чуркурап.
Аягы Айчүрөк ыр болгон,
Акыр заман журтуна,
Ааламга маалим сыр болгон.
Урматтуулар кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Улук Манас баатырды
Ушу барган колунан
Келбейт ко – деп, шек кылып.
Каска талдын калаасы,
Кара кыргыз баласы,
Кара Ногой сарасы,
Көпчүлүгү күңгүрөп,
Кайры тийген кары-жаш
Көзүн жаштап дүргүрөп,
Аркасы тийген адам бар,
Калкасы тийген калкы бар,
Кайгырып баары каркыбар,
Бай Жакыптын сарасы,
Бакдөөлөттүн баласы,
Чыйырды деген байбиче
Эр Манастын анасы.
Алар да келип калбаспы.
Бакдөөлөттүн тууганы,
Манастан кийин эл бийлеп,
Башчы болуп турганы
Медет менен Седети,
Бендеден башка келбети.
Дебеги менен Кочкору,
Жер дүнүйө козголду.
Байит деген бири бар,
Бакдөөлөттүн балдары,
Байкап баарын билип ал.
Көтөрүлө сүйлөгөн
Көбөш деген бири бар,
Көңкү баарын билип ал.
Динге балбан ар качан,
Эшендиги белгилүү,
Тилди жүйрүк сүйлөгөн,
Чечендиги белгилүү,
Угуп калса убада,
Бекемдиги белгилүү,
Баш байласа өлүмгө,
Баатырдыгы белгилүү.
Кара нээт, бир кыял,
Капырлыгы белгилүү.
Ары жагы бүт болгон,
Даярлыгы белгилүү,
Айтпаса да билгичил,
Аярлыгы белгилүү,
Бар кудаанын бендеси,
Баштатадан белгилүү
Басташканда душманга
Намысын колдон бербеси,
Бакдөөлөттүн кенжеси,
Атын уксаң Абыке,
Анын баары келбеспи,
Келди баары буркурап,
Кейип-кепчип чуркурап.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Бел байлашып Мекеге
Барарыңар бөлүн – деп,
Калк ичинде каралап,

Каларыңар бөлүн – деп,
Карыя Кошой, Акун кан,
Тойго келген канча жан –
Султандар сурап калганы.
Карадан тууп, ак болгон,
Арамдан тууп, пак болгон,
Айрысын таштап, так болгон,
Ак ыслам дин каалап,
Атасынан жат болгон,
Эгизин таштап так болгон,
Эгем Таала дин үчүн
Энесинен жат болгон,
Таштап Бээжин журттарын,
Талак кылган буттарын,
Келме келип тилине,
Ыйман кирип дилине[1],
Ыклас менен баш койгон
Алда Таала пирине
Алмамбет турду ордунан.
Ата-энемден безгемин
Акыреттин камы үчүн,
Аманат курган жан үчүн
Агамдын башын кескемин,
Эне-атамдан безгемин,
Эрегишкен капырдан
Эчендин башын кескемин.
Не турайын жалганга,
Анык мойнум сунайын
Ал жерге жатып калганга.
Алмамбет тура калганы,
Ага дагы көпчүлүк,
Кол көтөрүп салганы.
Күмөн аттуу баласы
Күңгүрөнүп калганы.
Жана турду Жаныгул,
Баатырсыган мына бул,
Сыны Сыргак, өзү эр,
Кара кыргыз журтунда
Кайраты толук кеменгер,
Уруксат алды ушу да.
Токтолбостон тобунан,
Токотой деген бу бир жан,
Кырк баатырдын бири экен,
Кыраандар барса ажыга
Бармак үчүн жүрү экен.
Алмамбет, Сыргак, Токотой,
Алардын алган дүйнөсүн,
Эсепсиз мал, айтпай кой,
Төрөсү баштап төрт баатыр,
Ажылыкка аттанып,
Жөнөмөккө болду акыр.
Буудандан тандап минишип,
Буулумдан тонду кийишип,
Бул дүнүйө жалган – деп,
Бизге окшогон залимден,
Билими бар аалимден
Миң санынан калган – деп,
Күндүн аты дүйшөмбү,
Дүйшөмбү күнү түйшөлдү.
Жеңил күн дешип шейшемби,
Шейшемби күнү жүрөт – деп,
Жерге жээги сезденди.
Токсонго келген жашы бар,
Топтогон аппак чачы бар,
Ак чач болгон Чыйырды,
Арбын душман чагында
Кыйла баскан кыйырды.
Баштап алган баарысын,
Бакдөөлөт баштык карысын.
«Саясы тийген чынарым,
Таканагы алтын тынарым[2],
Бу беле муңдуу кыларың.
Көзүмдүн бүткөн карасы,
Көңкү кыргыз сарасы.
Тишимдин бүткөн арасы,
Тула боюм тунугум,

[1] *динине.* Балким, манасчы ушул түрдө айткандыр. Бирок сөздүн туура үлгүсү – «дилине».
[2] *чынарым.* Катчыдан жаңылыштык кеткен. Сөздүн туура үлгүсү – «тынарым».

Тул казанат кулунум,
Аман барып, соо кел» – деп,
Насаат айткан канча кеп.
Каралдым – деп, какшанып,
Кабылан Манас баласын
Кайып болчу баштанып,
Эки көзү жашталып,
Эркин жалган дүйнөдөн.
Эми эле көчөр баштанып,
Кош бөйрөгү болкулдап,
Коңгурап ыйлап солкулдап,
Бенделикке белин бууп,
Аккан жашы бетин жууп,
Алтымышта баласын,
Алкымын жыттап Манасын,
Айтпайын десе ичи көөп,
Алмамбеттин бетин өөп,
Сыргак үчүн сыздады,
Чын дүйнө кеткен эмедей
Чымын жанын кыстады.
Токотой менен коштошуп,
Токтоло албай баарысы,
Ботосу өлгөн төөдөй,
Болкулдашып боздошуп,
Астына келген Бакдөөлөт
Арстан эрге бет алып,
Наалып ыйлап жөнөлөт.
«Үч жашар болгон баланды,
Үшкүртүп шаар калааңды,
Үшкүртүп кандай таштадың
Үшү кеткен ананды!»
Ал сөздү айтып салганы,
Кадыры жеткен кары, жаш,
Кайгырбай адам калбады.
Өксөгөн жандар көп болду,
Өлүмдөн жаман кеп болду.
Башкасы да бир неме,
Байбичеге эп болду,
Баарына жаман кеп болду,
Басып жүрүп талаада,
Бакырган жандар көп болду.
Кайыптын Карабөркү бар,
Кансырады каркыбар,
Кадимден бери Кээбеге
Каалап адам аттанса,
Как ушундай баркы бар.
Айгандын кызы Алтынай,
Ар сөөлөтү шайма-шай,
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай.
Үч эжесин астына
Каныкей карып салыптыр,
Үч жашар болгон баласын
Колтугуна алыптыр,
Байбичелер болгон соң,
Катындар келип калыптыр.
Таянган жалгыз төрөсүз,
Талап кылган сапардан
Ай жүзүн анык көрөбүз.
Алтынай менен Акылай,
Наалып ыйлап жайма-жай.
Бербердигер бербеди
Перзенттен бирди бизге – деп,
Ыраакка сапар жөнөлдүң,
Ыраазыбыз сизге – деп,
Урматы артык төрөсүз,
Узакка сапар жөнөпсүз,
Узап кетсең дүйнөдөн,
Уруксат болсун бизге – деп,
Учураша биз келдик
Урматтуу төрөм сизге – деп,
Карабөрк менен Алтынай,
Катындар айтып канча кеп,
Кашына келип калганы,
Карады баатыр аларды.
«Кайгырбаңар жеңелер,
Канкоруң аман-соо келер».
Алмамбет сүйлөп калганы,
Ошондуча соңунан
Каныкей кирип барганы.
Баласын алып койнуна,
Ботосун артып мойнуна,

Баатырын көрүп буркурап,
Баласы ыйлап чыркырап.
Ыйлаган соң баласы,
Ыңгыранып Манасы:
«Тулку боюм тунугум,
Тутканда жалгыз кулунум,
Ак Таала салган парзы үчүн,
Аманат жанга карз үчүн
Аттандым алыс жолго – деп,
Аманат калган бир перзент,
Алда Таалам колдо – деп,
Өзүң кубат, өзүң күч,
Элкимимди тапшырдым,
Эңшерилген биздин ич,
Кармалып калган каралдым,
Кадырыңа карадым,
Караңгы жайга барганда
Кайдан айрып сени алдым.
Аманат курган жан үчүн,
Ажылыкка жеткен соң,
Дүнүйөм арбын ан үчүн
Ажылыкка бармакка
Байкасам толук бар күчүм,
Мекеге коюп бетимди,
Ажыга койдум нээтимди,
Жаратканга тапшырдым
Артымда калган жетимди.
Чалгыным өсүп жетилди,
Жетилген менен чалгыным
Бутакка тийип кетилди.
Көзүмдүн болгон карасы,
Көңүлүмдүн аласы,
Ала болбой неткеним,
Алдейлеп аны сүйө албай,
Алыска сапар кеткеним!»
Баласын көрүп болкулдап,
Баатырдын бою солкулдап,
Ботосун көрүп майышып,
Боздоп ыйлап кайышып,
Ажыдан аман келсем – деп,
Атпай журтту бир көрүп,
Андан кийин Алданын
Аманатын берсем – деп!
Арстан Манас муну айтып,
Атпай журтун муңайтып.
Ботосун басып бооруна,
Жеңилин чактап ооруна,
Баласын басып ичине,
Барбастыкка чара жок
Бар кудаа салган ишине.
Кутулмакка карзынан,
Кудаанын салган парзынан,
Үч бакырып үшкүрүп
Баласынын дартынан,
«Боюңду ыйлап жаш кылдың,
Заар ууну аш кылдың,
Зардабачы Каныкей,
Жаратканга тапшырдым!»
Ал сөздү айтып баатыры,
Аттанмак болду акыры.
Аларды көргөн адамдын
Боюнда калбай акылы.
Аккан жашы бурчактап,
Кайсы бирөө эс танып,
Кара жерди кучактап,
Күңгүрөндү дүйнөсү,
Баашасы бара жаткан соң
Адамдын барбы күйбөсү.
Кара Ногой уругу
Кайгыланып куруду,
Кайтпас жолго жөнөлүп
Канкор Манас улугу,
Бай Жакып ыйлап балкылдап,
Баары журттун мүнөзү
Кайгы менен калкылдап,
Эшик ачып, жол түзөп,
Арстан Манас аттанып,
Ажылыкты куп күзөп[1],

[1] *түзөп*. Катчыдан ката кеткен, талап кылынган сөздүн туура үлгүсү – «күзөп».

Акборчук атты жетелеп,
Ажыбай менен Чалыбай
Астынан тартып энтелеп,
Атка минди баатыры,
Атпай угуз уулуна
Кыйын болду жумушу,
Кыямат түштү акыры,
Кыйрында турган кыргыздын
Башында калбай акылы.
Алмамбет, Сыргак, Токотой
Ажыга жүрмөк боймо-бой,
Садагага жетелеп,
Аксарбашыл жети кой,
Ак борчук минип болкоюп,
Накер кийип чойкоюп,
Аттанган жерде баатырга
Сексен миң киши кашында,
Селдени чалып башына,
Акка моюн сунду – деп,
Аттанып алып турду – деп,
Көпчүлүк көзүн салганы,
Көк жал Манас баатырдын
Көңүлүнө бир жумуш
Оюна түшүп калганы.
«Сапардын жөнү бир башка,
Салтанаттуу сай кашка,
Ажынын жолу бир башка,
Азыркы турган көй кашка,
Саясат күттүм жашымдан,
Сыймыгым кетпей башымдан,
Улуктук күттүм жашымдан,
Урматым кетпей башымдан,
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Өткүрдүн баарын урундум,
Өчтөшкөнүн жалмаган
Жеткирди багып курудум.
Жээк-жерге кара журт
Жалганы барбы мунумдун.
Кара сууга кан куйган
Канкордун баарын урундум,
Калайыкка чаң салган,
Анткорду багып курудум.
Суу ордуна кан төккөн,
Канкорду багып урундум,
Конч ордуна кол сөккөн,
Анткорду багып курудум.
Калайык карап турасың,
Катасы барбы мунумдун.
Колуңдан алып бир булуң,
Которуп кайра бере албай,
Кол-кошундун ичине
Коркуу менен келе албай,
Жедиргениң барсыңбы?
Кокустан билбей сөзүңдү,
Манас кылды баландай
Дедиргениң барсыңбы?
Күткөн ишим өкүмөт,
Өкүмөттүн ишине
Өзгө адамдар өкүнөт,
Капа болгон калк болсоң,
Канкоруң минтип өтүнөт.
Аңдабастан артылтып,
Камчым тийген барсыңбы?
Ажал өлүм башаарат,
Тонун кийген барсыңбы?
Жамандык жетип бизгерден,
Жапалуу болгон барсыңбы?
Карк мудааңа жете албай,
Капалуу болгон барсыңбы?»
Баатыры сурап калганы,
Кырк чоро шондо буркурап,
Кынайган адам чыкпады,
Кыргыздын баары чуркурап,
«Залимдик сизден көрбөдүк,
Жамандык ишке көнбөдүк,
Аркаңыз тийген айылбыз,
Калкаңда жүргөн калкыбыз,
Ээрчип жүргөн элиңбиз,
Не сурайсыз бизден сиз.
Азирет менен кайгырдык,
Алыска сапар сиз кетип,
Арман менен айрылдык.

Аман келгин, баатыр – деп,
Кара кыргыз журтуна.
Калкаң тийген акыр – деп,
Көпчүлүк айтты көңүлдү,
Көңүлү бирге кырк баатыр,
Көзүнүн жашы төгүлдү
Карап турган кары-жаш
Кабыргасы сөгүлдү.
Ал аңгыча караса,
Ачылыптыр дарбаза,
Атилес көйнөк булайтып,
Най тамагын кылайтып,
Акылга дыйкан Каныкей
Аста келди муну айтып:
«Ыңкыган кыргыз эл – деди,
Ырастык сурап сен – деди.
Ыраактан кайта келбесең,
Ырысы катар мен – деди.
Атпай кыргыз эл – деди,
Насаат сурап сен – деди,
Алыстан аман кел – деди.
Алыстан аман келбесең,
Арманда калган мен – деди.
Жаш калды жалгыз карагың,
Жарашкан шайман жарагың.
Жанып кайра келбесең,
Жазасын тартып калармын
Жалгыз караан баландын,
Алыска сапар карадың,
Аземдүү артык жарагың,
Айлантып артың карагын,
Алыстан аман келбесең,
Азабын тартып калармын
Ардактуу жалгыз баландын».
Каныкей катын муну айтып,
Калктын көбүн муңайтып,
Эчкирип ыйлап үшкүрүп,
Эликтейин бүгүлүп,
Эр Манастан түңүлүп,
Мууну бошоп сөгүлүп,
Бурчактап жашы төгүлүп.
Ургаачынын уругу,
Ушу жерде кыйласы
Бөлүнүп алып топтошуп.
Бөрүдөйүн улуду.
Алмамбеттин Аруукe
Катындарга кеп айтып:
«Кайрат бербей биздерге
Кантесиңер – деп, айтып.
Мында келип баарыңар
Муңканып ыйлап калдыңар,
Мурдагыдан бешбетер
Муунубузду алдыңар.
Буралып ыйлап калдыңар,
Аман туруп баарыңар,
Наалып ыйлап калдыңар,
Акылды бизден алдыңар,
Нары турчу баарыңар».
Арууке айтып салганы,
Айпас кебин капырай,
Алсыратты катындар
Анык артык экен го
Аруукенин акылы ай.
Көпчүлүк сүйлөп бу сөздү,
Көбөйтпө – деп, куу сөздү,
Жер көчкөндөй күңгүрлөп,
Сексен миң адам дүңгүрлөп,
Баатыр аман келсин – деп,
Бата кылды баарысы,
Бабаң Кошой карысы.
Акборчук экен мингени,
Ак дастар башка илгени,
Айкөл Манас султаның
Алда! – деп жолго киргени.
Алмамбет, Сыргак, Токотой,
Атка минип токтобой,
Ордодон узап алганы,
Оолак жайга барганы.
Караламан кара журт
Кайрылып токтой карады,
Өз жерине бет алып,
Өз алдынан тарады.

Өткүр Манас баатырдын
Ажыдан болуп талабы,
Ат чабым узап барганы,
Кан зааданын баары бар,
Казактан Көкчө дагы бар.
Карыясы Кошойдон
Канкор Манас жол сурап,
Токтой калган чагы бар.
Аттанып чыктык Алтайдан,
Атабыз өскөн кең жайдан,
Акыры кайтып келсем – деп,
Амандык тилейм кудайдан.
Жанып, жунуп эки жол,
Жакыны кайсы болор – деп,
Кошойдон сурап мындай кеп,
Баатыр Манас турады,
Кеңеш салып кеп айтып,
Бабаңыздан сурады.
Абасы Кошой кеп айтып:
«Аман бол баатыр – деп, айтып,
Түркстанда бир жол бар,
Типти жакшы аман жол,
Жануптун жагы жаман жол,
Ашуусу бийик, тоосу көп,
Асылар душман жоосу көп.
Төмөндөп чөгүп барарсың,
Дөбөт жолго саларсың.
Кагалактын жери бар,
Калчадан капыр эли бар.
Катагандан угушум,
Алаткак бар – деп кеби бар.
Андай жолду аңдап бак,
Адам эмес, бери эмес,
Адам уккан кеп эмес.
Жолугуп калса алаткак,
Аягы жалгыз, колу беш,
Тиши болот, оозу жез,
Кылбасын ага[1] кудай кез.
Күлүктүгү куштан тез,
Кырк күн сапар жүрөсүң
Дагстандын чөлүнө,
Кыйналганда жетерсиң
Шор дайранын көлүнө,
Өтсөң барып Кээбеге
Зыяратын кыларсың,
Башаарат кылса байгамбар,
Баатырым шондо тынарсың.
Аман жолду бет алсаң,
Алтайдан чыгып жөнөрсүң,
Муздуктун тоосун көрөрсүң.
Ак мөңгүлүү тоо менен,
Арадан Суңшоо суу менен,
Сырдын боюн сыдырып,
Түркстанды кыдырып,
Кебилдин жолун сыдырып,
Дагы Шордон кечерсиң,
Талабыңа жетерсиң.
Карыяңдын сөзүн бил,
Кай жол менен жүрөрүң
Канкор Манас өзүң бил».
Бу сөздү айтып салганы,
Ажыбай шондо кеп айтат:
«Абаке, Кошой – деп, айтат.
Капырлар айткан анткор – деп,
Калк ичинде жүргөндө
Кадырлаш айткан канкор – деп.
Адамдын көөнү толбойбу,
Акылды терең ойлойлу,
Азыркы күндө баатырды
Ажы десең болбойбу».
Ал сөздү айтып салганы,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Каткырып күлүп калганы.
Ошондо Манас кеп айтат:

[1] *ага.* Түп нускада бул сөз жок. Бирок ыр сабындагы муун өлчөмү жана маани аны талап кылат. Кыясы, катчы жаңылып, сөздү жазбай калтырып кеткен өңдөнөт.

www.bizdin.kg



«Абаке, Кошой – деп, айтат.
Болжолум журттан бөлүндү,
Мойнума алып өлүмдү,
Так жануптун жолуна
Жаман да болсо салайын,
Жакын жак менен барайын.
Жаратканга жалбарып
Жамандык кылган жан болсо,
Жайы-күйүн карайын.
Бу сөздү айтып салганы,
Бу баргандар коштошуп,
Мурунку сөздөн башташып,
Муңайып көзүн жашташып,
Айрылып алар калганы,
Коштошкон жерде кол сунуп,
Абакеси Бакай кан
Айгайды бийик салганы.
Алмамбет, Сыргак болкулдап
Наалып ыйлап солкулдап,
Сырттан Манас баатыры
Сыр алдырбай акыры,
Сото* кармап колуна,
Дөбөттүн салып жолуна,
Урматтуу улук баатыры
Узады минтип акыры.
Белгилүү дөөлөр кеткенге
Лайлама берди – деп,
Бээжиндиктин капыры.

### *Бешинчи*

## МАНАСТЫН АЖЫГА КЕТКЕНИН УГУП, ЭЛИН ЧААП, ӨЧ АЛМАК ҮЧҮН КЫТАЙЛАРДЫН КЕҢЕШКЕНИ

Кыргызга кыргын салууга,
Кылайтпай кегин алууга,
Алачка азап салууга,
Арттырып кегин алууга.
Чантууну чаап алсак – деп,
Түркстандын журтуна
Дүрбөлөңдү катуу салсак – деп,
Ойдон-тоодон жыйсак – деп,
Ногой уулу болгондон
Он киши койбой кырсак – деп,
Сыйлаган Манас элдешип,
Сыр бербей кытай кеңешип,
Аты Манас болгону
Атпай кытай оңбоду.
Адырга малдар жуушабай,
Адамдар тынчып уктабай,
Бөксөдөн малдар жуушабай.
Бөксөртүп уйку уктабай,
Короого малдан жуушабай,
Коюнга бала уктабай.
Кара калмак элинен,
Канча жылкы алдырдык
Каз уянын белинен.
Кызыл чок кытай элинен
Кырк миң жылкы бир алды
Кыяндуунун белинен,
Алтайда кыргыз туругу,
Анжы калмак уругу
Чаптырып жүрүп ар качан,
Чаркы келбей куруду.
Баатыр Жолой балбаны,
Манжы, калмак журтунун
Баштатан чыкты далдалы.
Башчы болгон баарына
Баатыр Манас зардалы.
Кейишке коюп элини,
Кемерге коюп белини,
Алтын эмес, зерине,
Арзып алып кетиптир
Медийна, Меке жерине.

www.bizdin.kg



Ар качандан бир качан
Кытайга өткөн кордугу,
Кылчаярга бир жан жок,
Кыйлага өткөн зордугу.
Ажалдуулар өлүүчү,
Азаптуулар көрүүчү,
Атпай алач баарысы
Айтканына көнүүчү.
Болбой калбай айтканы,
Мындан барып кошулду
Сoорондуктүн шайтаны.
Келген сайын кыйратып,
Кетте калмак зубунун,
Келин-кызын ыйлатып,
Кериден бээсин туйлатып,
Керегесин кыйратып,
Боз үйлүүсүн боздотуп,
Тамдагысын талкалап,
Аргасы кетип калганы,
Анжы-манжы калмагы
Кыргынынан чыдабай,
Көбү кыргыз болуп барганы.
Кыргыз болуп кыйласы,
Түркко кетип кутулду.
Манас деген чыкканы
Түрк тукуму кутурду.
Кыргыз менен казагын.
Колуна берип азабын
Үркүндөн чаап көч алып,
Ушунетип өч алып,
Кетирбей кекти алууга,
Кетиптир Манас ыраакка,
Калганына, канкорго
Кесирет кылып салууга
Акылдашсак экен – деп,
Албасак өчтү бекер – деп,
Кытайлардан Коңурбай,
Кырмуз уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Незкара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Капилет болуп ушагы,
Каңгайдан бар Ороңгу,
Каткаландын Сайкалы,
Кайнап жаткан капырды
Кайсы бирин айталы.
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик
Сундуңдары жыйылып,
Солобонун Соорондук,
Чогулуп алып чоңдору,
Чоң масилет болгону.
Ар качандан бир качан
Аскер келет түрктөн,
Эгер кытай баласы
Кутулбадык түлүктөн,
Сатарга калбай бир булу
Сакталуу асыл мүлүктөн.
Кесири тийип кыргыздын
Кейибеген эл барбы,
Кеңешин таап кыргыздын,
Кек алуучу эр барбы,
Согушунан кыргыздын.
Соо калган эл барбы?
Согушуп жүрүп түрктөн,
Союлбаган эр барбы.
Кармалып кетип чантууга,
Канзаада кетти кул болуп,
Канча-канча жан өлүп,
Катыны калды тул болуп.
Урушуп жүрүп ногойго,
Улуктар түшүп колуна,
Ушу бойдон жоголду,
Урматтуулар кул болду,
Ургаачысы тул болду.
Кырк жылы көрүп кыргынын,
Кытайдын журту кор болуп,
Такалган жери шол болду.
Манасы кетип Мекеге,
Баары кытай журтуна
Байкасаң жакшы жол болду.

Атпай кытай журтунда.
Азаптуу арман мол болду,
Алмамбет кетип кошулуп,
Абыдан жакшы жол болду.
Билеги жоон балбандан,
Миңди бирөө алгандан,
Маңдайы ачык баатырдан
Каканда бардыр канча жан,
Айландырган акылман
Анжыда бардыр канча жан.
Өлүмдү билбес өжөрдөн,
Калбаган кийин өнөрдөн,
Сезбей турган себилден,
Сегиз миң урук элинен
Аскерди арбын жыялык,
Абжордун баарын тыялык.
Алысты көргөн көздүүдөн,
Айтарга даңгыл сөздүүдөн
Аскер башчы кылалык
Акылга дыйкан эстүүдөн.
Күчү толук балбандан,
Күүлөнүп жүргөн балдардан,
Какандан чыгар канча жан,
Аскерди арбын табалык,
Алачтын журтун чабалык.
Казак менен кыргызы
Түшсүн жерге жылдызы,
Ырас жери бизге жок
Ырайым-керим кылгызы,
Талкаланган чантуунун
Талабы болгон Бээжинде,
Чарпышып көрсөк канетет,
Эмерегин эңшерип,
Артышып көрсөк канетет.
Жүктөп алып өлүүсүн,
Жүдөтө чаап өрүүсүн,
Көсөп чаап чантуунун
Көчүн алсак канетет,
Көп чапкандын биз да бир
Өчүн алсак канетет.
Боорун жарып кыргыздын,
Өтүн алсак канетет,
Казына бузуп канча алды,
Калдыраган жамбынын,
Өзүн алсак канетет.
Кыргыздын түбү түрктүр,
Кыйладан бери биздерге
Кыйынсынып жүрүптүр,
Миңден жамбы бир жүктөйт,
Бизден алган мүлүктүр.
Жылас болгон кыргызда
Жылкы, төө, кою бар,
Бээжинге беш бул койбоско
Санаган санаа ою бар.
Алтын, күмүш ак жамбы,
Андайдын баары биздики.
Намыс барбы кытайда,
Урунганы, күткөнү,
Асылдын баары сиздики.
Торгун, тубар, дүрүйө,
Толуп жаткан дүнүйө,
Ар сонунду мол алды,
Ар качандан бир качан
Алачтан келип кол алды.
Баштагысын билебиз,
Башаламан эл эле,
Баш болуп алып Манасы,
Балакет кылды эми эле.
Мурункусун сурасаң,
Бузук жүргөн эл эле,
Бу Манасы чыккан соң,
Букта* болду эми эле.
Кеңешке келген баарысы
Кетте-кичик карысы.
Алооке кары кеп айтат:
«Ай, калайык – деп, айтат,
Курчалып куда болсок – деп,
Куушканды койсок – деп,
Сүйүшүп куда болсок – деп,
Сүрүшкөндү койсок – деп,
Бизди Манас сыйлады,
Жамандык далай кылдык – деп,

Жакшыларын жыйнады.
Айтканды макул көрсө – деп,
Эсенкан кызы Мыскалды –
Алмамбетке берсе – деп,
Унуттуңбу калайык,
Убада кылган кебиңди.
Так ушинтип кутулдук,
Же болбосо чантуулар
Таппайт беле эбиңди.
Жамандыкты сүйбөйлүк,
Чабыша кетсек чантууга
Да бүлүнүп жүрбөйлүк.
Бузуктукту сүйбөйлүк,
Мусулмандын балаасын
Дагы тартып жүрбөйлүк.
Кыдырлуу кыргыз журтудур,
Кыйындары кетти – деп,
Кызыкканың ушудур.
Кутмандуу кыргыз журтудур,
Кубаттуусу кетти – деп,
Кууланганың ушудур.
Манас келип окустан,
Өлбөй барган жеринен
Өзү келип кокустан,
Атагы Меке жер кайда,
Андан берки эл кайда,
Түрк уулунан түк койбой,
Бараңдан алып башчысын,
Урумдун алып жакшысын,
Оогандын алып озгонун,
Калчанын алып канчасын
Калабаны салбасын.
Көмөктөн ары чегиң жок,
Көчүп качар жериң жок,
Чечилерге түйүн жок,
Жүктөп качар үйүң жок,
Там үйүңдү талкалап,
Таш үйүңдү кыйратып,
Көчөңдүн боюн кан кылып,
Көрүнгөндү нан кылып,
Калааңдын ичин кан кылып,
Как жериңди чаң кылып,
Бузукту көрүп албайлык,
Мырдарлык ишке калбайлык.
Калкы чын менин колумда,
Катылбас менин оюмда
Карасам кытай сүйрөлүп,
Кайратың аз боюңда.
Чабышсаң чантуу не кылат,
Убагы жок урушуп,
Убара кылып кээ кылат.
Бир күнү көрсөң, бир күн жок,
Жүктөп кеткен үйү бар,
Төрт аяктуу мал иштейт,
Үй артканы баары нар.
Карасам Какан жериң тар,
Журту калат, өзү жок,
Жыйылып кытай атканың
Баштан аяк жыгач ок.
Уругу алач атканы
Кой чагыр, бараң жана топ.
Койсоңорбу – деп, ойлойм,
Коркуу кыйла кеп ойлойм,
Кокус калба салышсак[1]...»
Алооке айтып бул сөздү,
Акылмандар ук – деди.
Коң төрөдөн башкасы,
Макул айттың, куп – деди.
Коңурбай, Жолой күүлөндү,
Ачууланып сүйлөндү:
«Каран калсын Каканың,
Карыя – деп, олтурсак,
Кандай бу сөз айтканың.
Ортосу Бээжин жер экен,
Оң тарабын карасак,
Ууталык, Шаңкай эл экен.

[1] Ушул ыр сабынан кийин бир же бир нече сап ыр жазылбай калган өңдөнөт, ой бүтпөй калыптыр. Эгер «Кор болорбуз – деп, ойлойм» деген бир сап кошулса Алоокенин сөзү жыйынтыкталмак.

Токтолуп жүрсө бир атка
Тогуз айлык неме экен.
Башкы атагы мар экен,
Күн шашкелик жагында
Мангүү журту бар экен.
Күн чыгыш жагы Саяң да
Күлдү кытай жан экен.
Жетигендин тарабы.
Жер атагы Чынмачын,
Жетип чантуу барарбы.
Күн жүрүшү жагында
Бакбурчундун базары,
Баары көзгө көрүнбөй,
Алооке мындай шашарбы.
Кентун, шаар Тагалак,
Алдырып ийсек бурутка
Кетериң ырас табалап,
Элиңди көрчү чамалап,
Какан калаа, Чынмачын,
Кап ортосу чоң Бээжин,
Карылар буга не дейсиң.
Түрк уулу жүргөн кийиктей,
Типти баарың олтурсуң,
Биз айткан кепке ийикпей.
Коркконуң колду салбаңар,
Атка артып алтын биз алсак,
Чака булун албаңар.
Туулганда өлгөнбүз,
Туш-тушунда көргөнбүз,
Мусулман менен мурунтан
Урушуп жүрүп көнгөнбүз.
Коңурбай, Жолой атагым,
Коюлбайт менин чатагым,
Атабыз Адам уулубуз,
Артык эмес мунуңуз.
Бөлүнүп кеткен тилибиз,
Эче миң жылдан бер жакка,
Биздин эски динибиз.
Азган динден мусулман,
Ар качандан бир качан
Жалтанасың ушундан.
Эсен жатыр Эсен кан,
Чантууга чабуул койсом – деп,
Жулунуп жүргөн эчен жан,
Аз көрүнбөйт биздин төл,
Аягы мурун жериңдин
Арал деңиз, Муют көл.
Самардын каны чегибиз,
Сан жетпеген элибиз,
Жалтанып жүрүп чантуудан,
Омурулду белибиз.
Даңгылдын кара тоосуна
Жабыла барган жерибиз.
Кейүү, Котон базары,
Элибиз кылган зиярат
Кумарайым мазары,
Кумулга чейин алдырып,
Бизди кара базарбы.
Кумулду алды каратып,
Кууратты кытай далайын,
Каканга кууду таратып,
Калмакты алды каратып,
Каңгайды чапты таратып.
Кармашпайт деген эмине,
Көп алгандын биридир,
Алдырсак анан жемеле».
Ал сөздү айтып салганы,
Ал сөз менен Алооке
Ачууланып мейлиң – деп,
Аттанып кетип калганы.
Соорондук кары кеп айтат:
«Соо турганда күүлөнбөй,
Балдар, соңуна кара – деп, айтат.
Жамандык түшсө башыңа,
Кайкайлаган көп аскер
Камалап келсе кашыңа,
Жебенин огу кыркырап,
Мылтыктын огу зыркырап,
Жетсе душман чуркурап,
Обого тозоң буркурап,
Кол салып келсе душманың,

Өзүңдө болуп бушманың,
Кайгыга толуп карының,
Алыска жетпей арымың,
Нак ошондо кантем – деп,
Өзүңдү өзүң таанысын.
Өкүнүч менен өлбөңөр,
Өлүм жакын кезинде
Өзгөдөн билип көрбөңөр.
Баатырлык менен баш бийлеп,
Балбандык менен иш бийлеп
Өкүм өскөн өзүңөр,
Өөдө-төмөн иш көрүп,
Өкүнүчтүү болуп бир кезде.
Өксүбөсүн сөзүңөр,
Мусулман болуп бузулуп,
Кетти менин бир балам,
Ал бала үчүн кыйрады
Кент курушу чоң калаам.
Койбоймун – деп, кектештиң,
Биябан түздө чектештиң,
Азар түмөн кол алып,
Алмамбет менен беттештиң.
Атып мылтык жебени,
Аралашып келгени,
Арманы жок туруштуң,
Ач бөрүдөй жулуштуң,
Алмамбет менен уруштуң.
А дегенде жыгылып,
Абыдан бүттү жумушуң.
Акимсип азыр жеткениң,
Аңдап туруп билбедим,
Анда кайда кеткениң.
Жолой менен Бозкертик,
Жоо бөрүсү Незкара,
Жолунан чыктың жекеге,
Баарыңды жыгып кыйратып,
Аман кеткен Алмамбет
Кеткен экен Мекеге,
Зиярат үчүн мусулман,
Акыреттин камы үчүн,
Барат экен канча жан.
Аман келсе кокустан,
Баякыдай басташып,
Түрк уулуна касташып,
Маңдайлашсаң кокустан,
Бузуктук камын жейсиңби,
Мурункудан Алмамбет
Мууну кетти дейсиңби.
Мусулманга зиярат
Кээбесине барат – дейт,
Кээбени көргөн адамдар
Кейишти сүйүп калат – дейт.
Өтүрүк жалган дүйнөдөн
Өтүнгөндөн барат – дейт.
Өзүн көргөн Кээбенин,
Өлүмдү сүйүп калат – дейт.
Келип калып бу жерге,
Кейишти салып бул элге,
Күйбөй дүйнө кайрылып,
Күнөөмдөн келдим айрылып,
Тирүүлүк камын кылганча,
Күнөөнү кайра жыйганча,
Же өлтүрүп, же өлүп,
Кытайдын журтун кырк бөлүп,
Жанынан минтип кечпесин.
Жаалы катуу жан эле,
Жаман кылып кетпесин,
Калбанын камын жейсиңби,
Кайтып келсе Алмамбет,
Картайып калды дейсиңби,
Кадимкиден бешбетер,
Кандай түрдүү болушун,
Кайдан ага көз жетер.
Мусулманды, капырды,
Мурунтадан акыры,
Көкө теңир бөлүптүр,
Намысташып урушуп,
Арасынан экөөнүн
Адамдар канча өлүптүр.
Кандай кетти билбеймин
Каралдым жалгыз Алмамбет,
Кашайган дүйнө жалган – дейт,

Канча миң жылдан бер жакка
Өлүм ырас калган – дейт,
Өлөрүң анык болгон соң,
Өтүрүк дүйнө жалган – дейт.
Жалганы чын – өтүрүк,
Жалгызым – дедим,– өкүрүп.
Койгун ата, тоспо – деп,
Өзүмдөн сурап өтүнүп,
Кеткен балам ал эле,
Ошо күндөн ушу күн
Кейиште жаным бар эле.
Узаган балам ал эле,
Ушу күнгө жеткенче
Убайымым бар эле».
Бу сөздү айтып Соорондук,
Балам колдон кеткен соң
Соолгон – деп, биздин жик.
Өзүңөр билгин, балдар – деп,
Өтүнүп айтып кыйла кеп,
Өлгөнүңдөн калганың,
Өз баламсың дагы – деп,
Соорондук кетти шаарына,
Согушмагы эп келди
Бөлөгүнүн баарына.
Айтар сөзгө чынынан[1],
Ар тараптан кол жыйнап
Айбаты бар тыңынан,
Урушту сүйгөн желдүүдөн,
Уйгу-туйгу демдүүдөн,
Калбаны сүйгөн желдүүдөн,
Кайраты толук демдүүдөн.
Аскерди арбын жыйышып,
Аябай доорук кылышып,
Канжанын оту жылтылдап,
Капырдын калкы кылкылдап,
Түмөн-түмөн кол жыйып,
Дүнүйө жүзү былкылдап,
Соорондук менен Алооке
Жолободу ал экөө,
Элинен жалгыз жан бербей,
Адам түгүл элинен
Жарым мыскал дан бербей
Жатып калды бул экөө,
Жамынганы күрөөкө.
Аны таштап коюңуз,
Эсен кан кызы Мыскалдын
Не бир түрдүү сөзү бар,
Кабарынан болуңуз.
Төгүн-чынын ким көрдү
Төрөлөрдүн жумушун,
Ошолордон бир жан жок,
Төгүн дүйнөң курусун.
Калпы-чынын ким билет
Кандарыңдын жумушун,
Кайра келген бир жан жок,
Капилет дүйнө курусун.
Тоюна келип Манастын,
Токтугун көрүп алачтын,
Маарекеге келишип,
Балкып бою эришип,
Жараштын сөзүн айтышып,
Жакшылашып кайтышып,
Элдиктин сөзүн айтышып,
Эрип бою баарынын,
Эрмектешип кайтышып,
Барган экен шаарына,
Баян болду сөздөрү
Кылым кытай баарына,
Атаган экен миң кызды,
Миң кыздын кечип баарысын,
Алмак экен бир кызды.
Атаган экен Мыскалды,
Алмамбет келбей[2] кеткенге
Армандуу болуп кыз калды.

[1] Ушул ыр сабынан кийин келүүчү кол жазманын 149-бети дептерди түптөгөндө баш-аягы болуп түшүп калыптыр. Натыйжада 148-беттен кийин 150-бет келип, ал барак бүткөндө 149-бет кайра башталат.

[2] *кетпей.* Сөздөгү маани контексттин талабына туура келбейт. Талап кылынган сөз – «келбей».

Кыз дегендер эр каалайт,
Эр кааласа не каалайт?
Атагы чыккан арстанды,
Арбагы чыккан баатырды.
Сүйөт экен акыры
Алмамбет келсе көрсөм – деп,
Мыскал кыздын акылы.
Уламалап угуучу,
Уккан сайын Мыскал кыз
Убайым тартып куруучу.
Ашыктыгы артуучу,
Алмамбетти көрө албай,
Азабын ар кез тартуучу.
Кызыл сакал, нур жүздүү,
Арстан кыял, эр түстүү,
Көзү кара, кыйган каш,
Кырк ичинде келген жаш.
Кылымына белгилүү
Кытайдан качып чыкканы,
Кызыл чоктуу кыйынын
Кыйрашкан жерде жыкканы.
Кара чоктуу капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Кан жөткүртүп акыры
Кызыл чоктуу ойротту
Кыйласын кырып сойлотту.
Эми туруп Бирмыскал
Эрлигин санап нез болуп,
Көрбөдүм – деп, дүйнөдөн
Көк жал эрге кез болуп.
Кандыгын санап кайгырып,
Калдымбы – деп, айрылып,
Аташканын көрө албай,
Айтканын кылып, көнө албай,
Ажалы жетип, өлө албай,
Кылайып жүзүн көрө албай,
Кызматын кылып көнө албай,
Кыямат кетип өлө албай
Айтканын угуп, өзү жок,
Атадык – деди Мыскалды,
Алмаңды көргөн көзү жок.
Ашыктыктын зарпынан,
Алмамбеттин дартынан,
Алыска кетти деген соң,
Жетер эмес артынан.
Бирде ооруу, бирде соо,
Мыскал кыз болуп келесоо,
Үшкүрүгү баш жарып,
Баашанын кызы болсо да,
Башкача болду бир карып.
Түркстандын жерине,
Түмөн кыргыз элине
Аман келди – деп, уксам,
Адамдардан кеп уксам,
Аябас элем барымды,
Алтын, күмүш зарымды,
Аныктап жүзүн бир көрсөм,
Андан кийин мейли өлсөм.
Аташып калган жарымды.
Аны ойлонуп кыз жатыр,
Алмамбет түгүл Манасын,
Түгүн койбой кырмакка,
Дүмөктү кыйла кылмакка
Камданып жатыр көй баатыр.
Аман-эсен бир келсе,
Таркатар эле кебиңди,
Табар эле эбиңди,
Кезер эле демиңди
Кыжыры кайнап кыз жатыр,
Кырабыз – деп, кыргызды.
Кытайдан чыккан көй баатыр.
Кызга алар иши жок,
Кыздын жүргөн мүнөзүн
Кылайып билген киши жок,
Аскери кумдай арбышып,
Алтайдан бери дарбышып,
Кылычты бүлөп курчутуп,
Кылымды жыйып кутуртуп,
Айбалтаны миздешип,
Алдырбайбыз биз дешип.
Мылтыкты камдап түздөшүп,
Мыктынын баарын издешип,

Канжарды бүлөп миздешип,
Кайраттуусун издешип,
Кара мылтык түздөшүп,
Найзасын оңдоп учташып,
Баланга балан бет келсе,
Жыгат ко – деп, тушташып,
Күлүгүн байлап тапташып,
Күрөөкө тонун сакташып,
Күчтүүлөрдөн сапташып,
Чарайна, соот, кыягын,
Даяр кылып быягын,
Балбандар киер калканын,
Калкалашып куу жанын,
Чантуунун журтун чабууга,
Чамгарагын чагууга,
Кеңешин бутун кылышып,
Кейиштин баарын тыйышып,
Кенебеген дөөлөрүн
Кең-кесири жыйышып,
Лайлама окунуп,
Зияратка чогулуп,
Дүрбөп кытай көп журту,
Сүрөтүнө чокунуп,
Жата турсун камынып,
Лаанатка жалынып.
Аны таштап коюңар,
Айкөлүң Манас не болду,
Кабарынан болуңар.
Салган Дөбөт жолуна,
Карабай оңу-солуна.
Түштүктүн тоосун кыдырып,
Эзеттин суусун сыдырып,
Тезектин белин ашыптыр,
Байнанын чөлүн басыптыр.
Кенжутка келген соодагер
Дөбөттүн жолу ушу дээр.
Кылчайбай жүрүп кырк күндө
Айыктын суусун сыдырып,
Азаттын журтун кыдырып,
Тоо түгөнүп уч болду,
Жол түгөнүп түз болду.
Суу түгөнүп чөл болду,
Адам түрүн көрбөгөн
Албан түрлүү эл болду.
Асты жагын караса
Айыктын аккан дайрасы,
Алыска жүргөн баатырлар
Өкүм кылбай атына,
Азыр барып калыптыр
Айык шордун чатына.
Эки тоо келди урунуш,
Эки суу келди куюлуш.
Көктатар деген баатыры
Көңкү Сая журтунан
Чыккан экен акыры.
Кайрыдин экен баарысы,
Катуу келген намысы.
Жетигендин жагында,
Күн чыгыш жакка бабында
Уругу түрк эл деген,
Ушу күндө чыгыптыр
Нускасы журттан бир башка,
Аты Манас эр деген.
Үч жылдан бери угуптур,
Ушуга барсам экен – деп,
Кумарланып туруптур.
Ана барам – деп, жүргөн,
Мына барам – деп, жүргөн,
Жоо шайманын жеп жүргөн.
Ардеме түшкөн оюна,
Ырайым кирип боюна,
Ажылык түшүп мойнуна,
Ак байгамбар камырын*
Акыры кучуп өлсөм – деп,
Жаш төгүлтүп койнуна
Баатырың жолго салыптыр,
Машалак аттуу бир балбан
Жолунан чыгып калыптыр.
Байкап көрүп сүрүнөн,
Бадышалык түрүнөн,
Келбетин көрүп кеп сурап,
Алмамбеттен бек сурап,

Арстан сындуу бул адам,
Ким деген болот? – деп, сурап,
Машалак сурап калганы,
Барар жери ажы – деп,
Баянын уксаң Манас – деп,
Ар уругу алач – деп,
Алмамбет айтып салганы.
Аңдап алып Машалак,
Айрылып алып ушул чак
Көрүп алып Манасты
Көктатар көздөй салганы.
Узактан издеп жүргөнүң,
Урууга салган дүрбөөнүң,
Алыстан издеп жүргөнүң,
Ааламга салган дүрбөөнүң
Өз үстүңдөн табылды,
Өкүмөткө минесиң
Өңкөй дилде тагыңды.
Арзыганың бу күндө
Айыл үстүнөн табылды,
Элегениң бу күндө
Эл ичинен табылды,
Койбой турган сен болсоң
Канкор Манас келиптир,
Издеген экен өлүмдү,
Өлүм үчүн бел байлап
Келгендей кейпи көрүндү,
Кулак уккан, көз көргөн,
Уругу уксаң угуз – дейт,
Элин багып өскөргөн,
Ат жеткен жерди алган – дейт,
Ааламга түйшүк салган – дейт,
Ажылыкка бел байлап,
Азыр келип калган – дейт.
Изине дөңгөч кагылды,
Издегениң табылды,
Капилет келип кабылды,
Каарлагың табылды.
Кантесиң – деп, Көктатар,
Машалак айтып салганы.
Машендик демек бир сөз бар,
Баары журтка калганы.
Көктатары угуптур,
Көтөрүлүп туруптур,
Көзүнөн жалын чыгыптыр,
Ачуу менен караса,
Көз кирпиги сыныптыр.
Алыска кетет экен – деп,
Таңталуу деген керикти
Мингенче шашып зерикти,
Ажал кууп бадирек,
Ачууланып желикти.
Ар качандан бир качан
Атагы чыккан алптарга,
Андан мурун урушту,
Аңдап көр сонун жумушту,
Найза, кылыч анда жок,
Ал капырга мурунтан,
Каяша кылар жан да жок,
Каары катуу санда жок.
Мылтык жарак мында жок,
Мындан мурун өткөндөр
Мыктылык андай кылган жок.
Котос эмес, жылкы эмес,
Коркойгон жүз кез мойну бар,
Керик эмес, бил эмес,
Эл көргөн жандын бири эмес.
Кейпи жаман коюңар,
Таңталуу деген жан экен,
Эки кулач төш жары
Мойнуна чыккан жал экен.
Таноосуна, мурдуна
Таз иттер* чуркап киргендей,
Жеке өзүн ал аттын,
Жетимиш киши мингендей,
Кулачтан артык көрүндү
Кулагынын бийиги,
Таңталуу деген бир тоо бар,
Башы жапан жүрүүчү
Таңталуунун кийиги.
Билдерге окшош сыягы,
Бир жарым карыш туягы,

Туягы жерге сайылган,
Куйругуна караса,
Кулачтан артык жайылган.
Душманга уруш салчу экен,
Карагайды бүпбүтүн
Камчы ордуна алчу экен.
Тиет – деп койгон кереги,
Мааласында бар экен
Жүз он кулач тереги,
Жоондугу кырк кучак
Жолу каткан капырдын
Жарагына карап бак.
Эл-журтуна карабай,
Таңталуу минип ошол чак,
Терекке жетип барганы,
Теңир ургур теректи.
Капшырып катуу кармады.
Адамдан бөкө Көктатар
Алп күчүнө салганы,
Астындагы Таңталуу,
Ат күчүнө салганы.
Короо ордундай чым менен,
Коңторуп жулуп алганы.
Баштап алып Машалак,
Манасты көрдүң кайдан? – деп,
Көктатар сурап мындай кеп,
Баштаганы Машалак,
Манасты көөдөй анталап,
Бара жатыр сан алак.
Бербердигер колдо – деп,
Мээнет чыкпа жолдо – деп,
Бар кудайым колдо – деп,
Балакет чыкпа жолдо – деп,
Улук өскөн эр үчүн,
Узактан көргөн эл күчүн,
Бадыша болгон эр үчүн,
Баш күндөн көргөн эл күчүн,
Каралды жок кашында,
Карашканы үч киши,
Катуу жумуш жол иши,
Душманчылык эсте жок,
Туташкан шаар көздө жок,
Камышы чыккан бакандай,
Жыгачын көрсөң ар кандай,
Кум жошулган жери бар,
Эки дайра аралга
Жакын келген чени бар.
Таңга, таңга, таңга – деп,
Артынан айгай чыкты кеп,
Таңгалап антип кыйкырган
Көктатардын өзү экен,
Таңгалап айгай салганы
Токто деген сөз экен.
Токтогун – деп, күүлөнүп,
Келе жатыр соңунан.
Тоодой неме сүйлөнүп.
Даш казандай башы бар,
Комдонгон кара дөбөттөй
Эки кара кашы бар.
Аргамжыдай чубалган,
Алты кулач чачы бар,
Мурунү тоонун кырындай,
Муруту билдин кылындай,
Көзү кайнар кудуктай,
Эриндерин караса,
Эки жашар тананын
Саман тыккан тулуптай.
Астындагы таңгалуу
Жүгүргөнү, басканы,
Кандайлыгы билинбей,
Кара жерге туягы.
Келе жатыр илинбей.
Колундагы күрсүсү
Коңторгон терек бүтүнү,
Обоону көздөй буркурап,
Оозунан чыккан түтүнү,
Машалак болуп жолдошу,
Мына шу жерде кез болду
Адамдын айбан жолборсу.
Алмамбет баатыр кеп айтат:
«Атасынын көрү капырды,
Мен тозоюн акыры.

Өлүм үчүн бел байлап,
Талап кылдым Мекеге,
Дардаңдаган айбанга
Мен барайын жекеге».
Алмамбет айтып салганы,
Арстан Сыргак а болбой,
Алеңгир саадак алганы,
Акчамбыл менен ат коюп,
Каршы жөнөп калганы.
Кол көтөрдү урууга,
Болбоду Сыргак туруугa,
Сыргак чукул жеткени,
Баягы урган тереги
Башынан алыс кеткени.
Тутамын – деп, бу капыр,
Умтулуп жакын жеткени,
Арстан Сыргак жаа менен,
Көзгө тартып кеткени.
Жебенин огу мадалып,
Оң көзүнө мадалып,
Суурайын – деп, калганы,
Саадактын огун кармады.
Ал буйдалып жатканда
Сандыргалуу Алмамбет
Сол көзгө коюп калганы.
Эки көзү тең агып,
Эки жакка тең багып,
Тегеренип калыптыр,
Теминип барып эр Манас,
Капырга кылыч салыптыр.
Айкожо берген ач албарс
Бир кулак менен бир колун,
Катары менен алыптыр.
Ийнинен түшүп калганы,
Аркасынан эр Сыргак
Айбалта менен салганы.
Токтолуп турбай Токотой,
Тогошуп ушу калыптыр.
Тоодой болгон Машалак
Токотой менен бу дагы
Токмоктошуп калыптыр.
Арстан Манас баатыры
Кылыч менен кыйкырып,
Атын чапты акыры.
Кылыч тийди мойнуна,
Адам айран калгандай
Кыраандардын ойнуна.
Шилисин кести, сөөк аман,
Асты жагы көп жаман.
Аты да калды айланып,
Кылыч тийген сол колу,
Бу капырың оңбоду,
Азыр аман оң колу,
Эки көзү тең көрбөй,
Оң колун ачып оңдоду.
Колуна тийсе кокустан
Кутулар эмес тирүү жан.
Кыраан Алмаң жеткени,
Кылыч менен чапканда
Оң колун кесип шадыдан,
Шалк этип жерге кеткени.
Эмеси калды айрылды,
Кол, көзүнөн айрылды,
Айгайын салып кайгырды.
Алмамбет, Сыргак эки дөө,
Арага алып токмоктоп,
Аш бышымда жай кылды.
Атына булар таң болду,
Аттан аккан шаркырап,
Бир арык суудай кан болду.
Атын, өзүн өлтүрүп,
Азабына көндүрүп,
Машалактай капырды
Кармады тирүү акыры.
Баштап барган Машалак
Калбады башта акылы.
Өлтүрөлүк дагы – деп,
Өткүр Сыргак айтты кеп.
А болбоду баатыры,
Дарыянын жай-күйүн
Угалык – деп, акыры,
Түркү тилди билчү экен,

Машалак деген капыры.
Кол-аягын байлады,
Коржоңдотуп капырды,
Кошуп алып айдады.
Элинин түрүн да сурап,
Мусулман сага бармакка
Жаттык эле кол курап.
Төрө баштап төрт баатыр
Жеринин жайын да сурап,
Жетмек элек кол курап,
Куралуу калды колубуз,
Кургады минтип шорубуз,
Кутуруп келип бөөдө өлдү
Көкүн Татар зорубуз.
Кайсы жакка барасыз,
Сапардан болгон жолуңуз.
Антип сурап калганы,
Бирдигин айтып билдирип,
Бардыгын айтып баяндап,
Баатырлар жолго салганы,
Бара жатып Машалак
Мусулман болуп алганы.
Коркконунан жанынан,
Баштап барып айрылды,
Көктатардай канынан.
Муют деңиз, Шор экен,
Ары жагы четинде
Баянды калаа зор экен.
Саянын эли арбыган,
Өнөргө кирген ар бир жан.
Чычалак деген тоосу бар,
Тоодон бийик зоосу бар.
Жапан чыккан ташында
Бүдүрөк аттуу коону бар,
Эң ичкеси беш кучак
Жыгачынын жоону бар.
Тал, тереги, кайыңы,
Уксаңыз ушу дайыны.
Сая журту бир кезек
Усталарын жыйышат,
Узун жыгач жоонунан
Арбын кылып кыйышат.
Аяк-башы миң кулач,
Сал дегенди кылышат.
Дариянын жээги бар,
Шол дария боюнда
Шондой-шондой сал байлап,
Коё турган жери бар.
Кунаса деген сеңир бар,
Дариянын ичине
Кирип барган жери бар,
Ошондой салдан бешөөнү
Коюп коймо чеги бар,
Дария да соо эмес,
Суу адамдын эли бар.
Арымы анын мусулман,
Жарымы капыр экен – деп,
Калктын айткан кеби бар.
Кезигип калса капыры,
Адамзаат баласы
Аман өтпөйт акыры.
Аман чыккан киши жок,
Мусулманы жан кыйбайт,
Канча жүрсөң иши жок,
Ол сөзүн айтып салганы,
Түшчүлүккө бет алып,
Түнү, күнү барганы.
Кунаса тоонун оюна,
Куланды суунун боюна,
Төрөсү баштап төрт баатыр,
Машалак баштап келатыр.
Суусунан кечкенде,
Карагайлуу, токойлуу
Черге кирип кеткенде,
Сүрөтүнө караса
Нар сыяктуу өзү бар,
Түктүү кара башында
Айланасын аңдаса,
Алты, жети көзү бар.
Сөөгү чоюн, эти жез,
Ар тиши албарс кылычтай,
Бир-бир тиши жарым кез.

Куйрук жүнү тикендей,
Кулагы узун сүйрөлгөн,
Токойлуу тоо таштарды
Жапайы жүрүп үйрөнгөн,
Кичирейсе муштумдай,
Адамды көрсө үйдөн чоң,
Айбатын салса ушундай.
Дүнүйөдө жандардан
Окшоштурбай бөлгөндөй,
Орою суук, айбаттуу,
Жүз миң адам болсо да,
Жүргөнүн көрсө талаада,
Жүрөгү чыгып өлгөндөй.
Алаткактан экини
Ал Машалак көргөнү,
Аманат жандан шекиди.
Машалак шондо кеп айтат:
«Баатырлар байкап көрүңөр,
Мага ынанса көөнүңөр,
Кандай арга кылабыз,
Катасы жок өлдүңөр».
Машалак айтып салганы,
Баатыр баштап төртөбү
Дөбөнү карап калганы.
Бара турган жолунда,
Каруу-жарак мүлктөн
Эч нерсе жок колунда.
Бирөө оң жол тараптыр,
Бирөө сол жол тараптыр,
Экөө бирдей аңкайып,
Жүрөр жолун караптыр.
«Кез келди бизге тири – деп,
Кезенденин бири – деп,
Келбейт сөзгө тили – деп.
Аңдап көргүн борумун,
Аягынын тиги – деп.
Аягы жалгыз, көзү көп,
Аңгемелүү бу бир кеп.
Ичи сөөк, тышы түк,
Эти темир, сөөгү таш,
Аягы жалгыз, доңуз баш,
Аргабыз кандай болот – деп,
Асылып калса бул экөө.
Арман менен соёт – деп.
Кайсы жери адамдын
Оозуна илинсе,
Канынын баарын сорот – деп.
Кара бойго кан койбойт,
Кан кеткен соң жан койбойт,
Карк жүз киши болсо да,
Карыны чыгып эч тойбойт».
Ал сөздү айтып Машалак,
Арстан Манас, Алмамбет
Атасынын көрү – дейт.
Токотой, Сыргак кеп айтат:
«Токтоңорчу – деп, айтат.
Ант ургур экен шеги жок,
Атууга мылтык теги жок,
Карандай бойдон болгон соң,
Кармашуунун эби жок».
Кандай кылсак болот – деп,
Акылдаша калганы.
Алеңгир жааны Алмамбет
Белден чечип алганы,
Белсенип алып ок кездеп,
Бет алып жүрүп калганы.
Сыргак да саадак алганы,
Огун кездеп а дагы,
Жолго жөнөп калганы.
Жакын жетип калганда,
Жарым бута барганда,
Алмамбеттин жебеси
Так башына жеткени,
Чекесине ок тийип,
Тегеренип кеткени.
Сол тарапта турганга
Сыргактын огу жеткени,
Ок тийгенде боюна,
Кичирейип кеткени.
Оң жагында турганы
Тегеренген кезинде
Жетип барып эр Манас

www.bizdin.kg



Башына кылыч урганы.
Кылыч тийип шак этип,
Кылыч тийсе башынан
Кызыл от күйдү жарк этип.
Сол жагында турганды
Атырылып Алмамбет,
Ай балта менен урганда,
Ай балта тийип шак этип,
Алигиден бешбетер,
Ак жалын чыкты жарк этип.
Буйдалышып бу төртөө,
Ооздорун жеткирбей,
Буйдалышып калыптыр.
Бул аңгыча Машалак,
Угуучу экен мурунтан,
Суу тийгенде нетет – деп,
Суудан болот өлүмү,
Турпаты учуп кетет – деп,
Чаначка суу алыптыр,
Оң жагында турганга
Машалак чачып калыптыр.
Кыйкырыгы бир башка,
Кыйкырып барып жыгылды.
Эки чанач суу менен
Эптеп жыгып алганы.
Эр от жагып тоо кылып,
Отко ал экөөн салганы.
От күйгөндө дүркүрөп,
Оголе жаман доошу,
Обо жарды күркүрөп.
Изи чыгып албасын,
Издеген ажал өлүмүн,
Иттерден болуп калбасын.
Жыты чыгып кетпесин,
Оору кылып жыластар,
Минтип түпкө жетпесин.
Машалак айтып салганы,
Бат жүрөлүк баатыр – деп,
Машалак айтып мындай кеп.
Дагы жолго салганы,
Өтүп алып ал жолдон,
Кужулдашып сөздөшүп,
Ал экөөнүн жүрүшү
Алда канча кеп болгон.
Бара жатып баатыры,
Арман кылып акыры,
«Амур менен Жанасай[1]
Аягы куят Муютка,
Азар түмөн көл болуп,
Түштүк жакка келгенде,
Түрдүү, түрдүү көл болуп,
Аягы дайра Шор экен,
Шор дария дегениң
Эсеби жок зор экен,
Аяк-башы жылчылык,
Алда Таала көл кылып,
Көл боюнда көп экен
Түрдүү жандар эл кылып,
Өзүмдөн бөлөк эр жок – деп,
Орус, кытай о жакта,
Барандан башка эл жок – деп.
Бастырып жүргөн экенбиз
Түркстан менен Азия,
Андан башка жер жок – деп.
Мындайын билсем мурунтан,
Өкүмүмө караган
Өнөрү артык канча жан,
Байкап билсем баштатан,
Балбандыгы артык канча жан,
Азиядан жол алып,
Азар түмөн кол алып,
Асаба менен, туу менен,
Айгай менен, чуу менен,
Замбирек менен, топ менен,
Жазайыл менен, ок менен
Өнөрпоздон мол алып,
Келбес белем ажыга.
Кеңири жүз миң кол алып.

[1] *Янасай.*

www.bizdin.kg



Күн чыгыш жолго салыпмын,
Жарагым жок боюмда,
Жамандык жок оюмда,
Түштүк жолго салам – деп,
Дайранын ичке жеринен
Тимеле кечип алам – деп,
Адамдыгым билинди,
Айкожодон сурабай,
Наадандыгым билинди.
Байкап билбей баштатан,
Мындайын билбей мурунтан,
Адамдан бөлөк жан жок – деп,
Какандан бөлөк кан жок – деп,
Капырдан бөлөк жоо жок – деп,
Каптан бөлөк тоо жок – деп,
Ойлонуп жүрсөм ошону,
Ойрон дүйнө жүзүндө
Душман кабат окшоду.
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраак-жакын ылгабас,
Ортосу болот оозу албарс,
Аманат келген Аккелте,
Абунасир келтирген,
Ак мустапа берди – деп,
Аманатын жеткирген,
Аткан жанын өлтүргөн
Аккелте мылтык албадым,
Акыры Меке жеткенче
Арылбайт экен арманым.
Оорсунуп жаракты,
Орто жолдон көрдүк го,
Көктатар менен Алаткак,
Көркү бузук талакты.
Жаракты мыктап албай – деп,
Жаманчылык кандай – деп,
Асылган душман ар жерде.
Амандык бербейт кандай кеп».
Арстан Манас баатыры
Наалыш кылды акыры.
Кан Алмамбет султандын
Кайраты толук акылы:
«Берген кудай өзүңө,
Бекер жалган дүнүйө
Көрүнбөгөн көзүңө,
Теги баатыр ойлончу,
Текеберлик болбосун,
Ушул айткан сөзүңө.
Пайгамбардын баарысы,
Нук байгамбар карысы,
Уккан сөздүн калысы,
Бул дүйнөдөн кечиптир,
Акыр заман далили
Ак пайгамбар жетиптир,
Эки жүз жыл болгондо,
Жана калган санаты
Жетимиш бешке толгондо,
Уругу түрктүн нуркунан,
Урматы кыргыз журтунан
Манас деген чыгат – деп,
Бээжинге чейин кубалап,
Капырдын туусун жыгат – деп,
Кадимден маалим ушу кеп.
Төрт жүз жашап алыптыр,
Абунасир замани
Аманатын жеткирип,
Аккелте мылтык келтирип,
Ыслам болду динибиз,
Абунасир Айкожо
Азыркы туткан пириңиз,
Алаткакты өлтүрдүк,
Кайсыга келди жиниңиз?
Мынчалык болбой мусаапыр,
Мусулман кантип болосуз.
Азабы артык экен – деп,
Муңкана баатыр коёсуз.
Кең Азия жерде жок,
Өзүбек өскөн элде жок,
Тентитип койсо теңири,
Дүнүйө жүзү кеңири,
Канетер элең канкорум,
Тобо кылгын баатыр – деп,
Байгамбарлар өткөн жер,

Тооп кыларбыз акыр» – деп,
Ал сөздү айтып салганы,
Алты жарым күн жүрүп,
Машалак айткан сеңирге,
Салга түшчү жерине.
Баатырлар жетип барганы.
Ар бир түрдүү жандарды
Ал жерден көрүп алышты,
Айран-азыр калышты.
Таштан терип жеп жагат,
Булдурук саян коону бар,
Айтканындай жыгачтын
Албан түрдүү жоону бар.
Адамдары жыланңач,
Апсайып жүрөт жылан баш.
Тамандары караса
Атан төөнүн бутундай,
Адамдын көрдү сонунун
Албан түрдүү ушундай.
Чымындарын караса,
Азиянын жеринин
Чымчык, торгой кушундай.
Канчадан бери токтолуп,
Каттаган бенде жок болуп,
Дария четин айланып,
Салдарынын баарысы
Калган экен байланып,
Машалак баштап барганы,
Көктатарды сойду – деп,
Көзүн анын ойду – деп,
Билген ишин кылат – деп,
Каарданса ушулар
Биринди койбой кырат – деп,
Баштатадан баарыңар
Көктатарга карайсың,
Көктатардан бу кыйын,
Кармашууга буларга
Канеткенде жарайсың.
Айтканына көнгүн – деп,
Айтканына көнбөсөң,
Ажалдан мурун өлдүң – деп,
Машалак айтып мындай кеп,
Машалак айтып билдирди,
Баштан-аяк бүлдүрдү.
Сал кемесин алганы,
Аяк-башын караса,
Алты жүз кулач кемеге
Ат-тону менен салганы.
Байлалуу турган танабын
Баашалыктан чечиптир,
Баягы түрдүү дайраны
Машалакты баш кылып,
Баатырларың кечиптир.
Ободо аптап чөл менен,
Он тогуз күнү дайрада
Өмүрү өтүп көл менен,
Сүзүп кетип баратыр,
Карып жандан күдөрүн
Үзүп кетип баратыр.
Көз жеткен жери көл болуп,
Көргөндө башы тел болуп,
Көл ичинен көрүндү
Көркү башка эл болуп,
Башы адамдын башындай,
Жаркыраган көздөрү
Баяндын жакут ташындай.
Куйругу балык куйругу,
Бу түрдүү жан жасаган
Кудуреттин буйругу.
Кай бирөөнө караса,
Башы балык башы бар,
Башкасы баары адамдай,
Башка түрдүү жандар бар
Дарияда ар кандай.
Көрүп барат көй баатыр,
Көбүктөрдү жастанган,
Тептегерек сөөк жатыр.
Машалагы кеп айтат:
«Мына мындайды көргөндө
Сүйлөбөңөр – деп, айтат.
Доош укса нетет – деп,
Доошу жаман чыркырап,

Көз ирметпей жетет – деп,
Тегеренип кырданып,
Адамга тийип кетет – деп,
Мейли адам, мейли айбан
Түпкө ошентип жетет – деп,
Албарстан мурун кесет – деп,
Тийген жердин баарысы
Талкаланып кетет – деп.
Он тогуз күндүн ичинде,
Күндүз менен кечинде,
Томуктай тоо көрө албай,
Ажалы жоктон өлө албай,
Жең учундай жер көрбөй,
Жай сураарга эл көрбөй,
Көлкүлдөгөн көл болуп,
Көз жетпеген сел болуп,
Көк жалдар минтип тел болуп,
Байкаса барып күн батат.
Баягы көргөн көлүнөн,
Баатырларың таң калып
Көл, дария көбүнөн.
Таң атканда күн чыгат,
Ал дайранын ичинде,
Көз байланган кечинде
Адамдай сүйлөп ар түрдүү,
Айбаттуу доош үн чыгат,
Таң атканда караса,
Дайрадан жаркып күн чыгат.
Арстан эрлер баарысы
Акылынан жаңылып,
Адам уулун көрүүгө
Атасы кеткен балдардай,
Алдырашып сагынып.
Кургак жерди көрсөк – деп,
Кудайга болуп ыраазы,
Андан кийин өлсөк – деп.
Бир кезекте биздерге
Кургак жер берип салганбы,
Биз дайрага жеткенче,
Дүнүйө жүзүн баарысын
Топон[1] каптап калганбы.
Кургакты көрбөй курудук,
Шамалды көрүп шаштык – деп,
Кайрат бойдон качтык – деп,
Булут көрбөй муңканып,
Туюктанып алдык – деп,
Туманды көрбөй калдык – деп,
Ал сөздү алар уруптур,
Машалак угуп туруптур.
Машалак анда кеп айтат:
«Баатырлар, токто – деп, айтат.
Самай көрбө шамалды,
Шамал жүрсө дайрага,
Ал кетирет амалды.
Өлүм анда жетер – деп,
Бороон кандай болбойт – деп,
Самаганың бекер – деп.
Дариянын жээгине
Энеңер Жийде өткөн бар?
Так ошо жердин өзүнө
Үч жарым күндө жетер» – деп,
Калкытып агып алыптыр,
Эки күндө, бир түндө
Чыга турган жерине
Ошолор жакын калыптыр.
Эртеңки күндө таң атып,
Баатырлар көзүн салыптыр,
Байкап турса бозоргон
Жер көрүнүп калыптыр.
Айбалта, кылыч эгешип,
Алда, кудай бер! – дешип,
Алмамбет, Манас кеңешип,
Тегигинде көрүнгөн
Жерге окшойт бу дешип,
Жүргөн экен баатырлар
Жер көрө албай жүдөшүп,
Дүнүйө жүзү суу экен,
Бети курсун, тү! – дешип.

[1] *тупан.*
[2] *жеде.*

Жер көрүндү кубарып,
Көргөнүнө кубанып,
Антип бара жатканда
Суу жарылды буралып.
Жарылган дайра суу болду,
Машалак ыйлап жиберди,
Тагдыр ажал бу болду.
Алмамбет баатыр кеп сурап,
Коркуу кирди Машалак,
Не көрүндү – деп, сурап.
Баатырлар тыңдап турады,
Машалактан сурады.
«Ойлоном – деп, ушуну,
Он миң кулач узуну,
Лаган чаян жетер – деп,
Көзү түшсө биздерге,
Сал-мал менен сап кылып,
Жутуп алып кетер – деп.
Көрбөсө жандан өтөр – деп,
Ошонун тийсе бир жери
Ойрон болуп кемебиз,
Оодарылып кетер» – деп,
Ол сөздү айта салганы,
Толкуну тоодой бөлүнүп,
Жаян жандап калганы.
Көрбөгөн экен аларды,
Шары тийип толкундун,
Сал кеме күчөп калганы,
Кутулдук кудай берди – деп,
Машалак айта салганы.
Баягыдан жакындап,
Жер көрүнүп калганы.
Ошол күнү кечинде,
Дигер жакын кезинде
Жээгине барганы.
Танап таштап Машалак,
Сал танабын байлады,
Көк жалдар көңүл жайлады.
Аман-эсен чыгышып,
Алты дилде бир тонго,
Сатып алып бир тайлак,
Аксарбашыл жыгышып.
Кургак жерди бастык – деп,
Жыйырма үч күндөн бер жакка
Куп алдырап шаштык – деп,
Көш бышырып, тоюшуп,
Көй баатырлар бу жерден
Бата кылып коюшуп.
Саянын сансыз элинен
Ат үчүн алган кулазык,
Ат азыгы түгөнүп,
Ошо күнү чыкпаса,
Калмак экен куп шашып.
Тойгузуп атын алышты,
Токтолбой жолго салышты.
Ар жагы ара бел экен,
Атагын уксаң ал жердин
Жийде маарак дээр экен.
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык.
Кургак[1] жерге келгенге
Көк жалдар калды кубанып.
Жыйырма үч күндөн бер жакка
Өмүр өтүп суу менен,
Суу ичинин баары журт,
Албан түрлүү чуу менен.
Дайранын көргөн мазагын,
Түкүрүктөй суу көрбөй,
Алты күнү жүргөн соң,
Арстандарың бу күндө
Суунун тартып азабын,
Жыйырма үч күнү чыга албай,
Көлдүн көрүп зордугун,
Алты күнү жүргөндө,
Бир тамчыдай суу таппай,
Абыдан көрдү кордугун.
Жыйырма үч күнү көл көрдүк,
Алты күндөн бер жакка

[1] *курганга.* Балким, «куруганда». Контекстке тагыраак «кургак» деген маани жооп берет.

Аңкыган кургак чөл көрдүк.
Бербердигер Мекесин
Бек жерге койгон экен – деп,
Берендер айтып мындай кеп,
Алар жолго салыптыр,
Араптын журту таңыркап,
Айран-азыр калыптыр.
Таңыркашы эп экен,
Ат көрбөгөн эл экен.
Аттарын көрүп тандашып,
Адамдын баары жардашып,
Жылкы үчүн көбү жыйылып,
Ар түрдүү жандар кылган – деп,
Ак таалага сыйынып,
Урунганы мал экен,
Байкап көрсө малына,
Уй менен кою бар экен.
Топостуу тоонун кыйры бар,
Түрдүү сонун сыйыры бар.
Мингендери төө болгон,
Төө минбесе баарысы
Аттан ылдам жөө болгон.
Буйругу менен кудайдын
Ыбырайым салыптыр,
Ыраактан бери Меке – деп,
Зияратка калыптыр.
Эки күндүк калганда
Абунасир заманы
Астынан тосо барганы.
Азыздар тосуп ызаттап,
Атаңарды жүргөн соң
Алардын недир арманы.
Обо эненин орунун
Он жети күнү жаткырып,
Булуң-бурчун түк койбой,
Мурункунун борумун,
Окутуп намаз Мекеде,
Абунасир заманы
Өзү болуп жекеге.
Ыйлап көзүн жаштады,
Жезиттер кылган душмандык,
Жети күн кебин баштады.
Айткан кудай үйүм – деп,
Азелден бери калган кеп,
Как ушу жерге турса да,
Капырлар калба салган – деп.
Айттырып туруп сөз менен,
Ар керемет баарысын
Көрүп туруп көз менен,
Ошондо да ишенбей,
Ойго алып түшүнбөй,
Капырлар калба салган – деп,
Капыр, мусулмандардан
Канча жан өлүп калган – деп,
Абунасир ыйлады
Кашайсын ушу жалган – деп.
Мусаапыр болдуң баатыр – деп,
Мусаапыр болбой бендеси,
Мусулман болбос акыр – деп,
Маараждыдан* орооюң
Баарын көргөн такыр – деп.
Дүнүйө жалган болду – деп,
Төрт жүз жылга кудайдан
Жашымды сурап койду – деп.
Аманатын алдым – деп,
Арстан Манас сен үчүн
Төрт жүз жашап калдым – деп.
Актын туттуң амырын,
Акыры көрбөй койбоңуз
Ак мустапа камырын.
Жесети жерде тирүү – деп,
Жума сайын Мекеден
Зияратка жүрү – деп.
Медийна баргын баатыр – деп,
Жети күндө жетебиз
Ат менен жүрсөң акыр – деп,
Айтып ыйлап көз жаштап,
Абунасир жол баштап,
Дагы жолго салыптыр,
Араптын журту ызаттап,
Алда канча мал союп,
Албан түрдөп аш коюп,

Ызат менен кетиптир,
Арасынан булардын
Алты күн тамам өтүптүр,
Алты жарым күн жүрүп,
Медийнага жетиптир.
Алмамбет, Сыргак, Токотой
Айгай салып токтобой,
Баатыр Манас, Машалак,
Барган экен ошол чак,
Камырын кучуп ыйлашып,
Машырыктан келген – деп,
Баары араптар сыйлашып,
Мустал, кайыр журту бар,
Мустапанын уругу,
Атагы арап ушулар.
Анжам менен бедөө экен,
Адамдары жөө болгон,
Урунганы төө болгон.
Жайын айтып туйгузуп,
Төрөсү баштап бешөөнү
Төрт күн тамам тургузуп,
Шо жерден Абунасири
Узатып жолго салганы.
Жолду ката Айкожо,
Жолдош болуп кеп айтып,
Жалган дүйнөгө алынба,
Жакшы сөздөн бек айтып,
Жамандыкка чалынба.
Кылганың кыйла жумуш – деп,
Кытайга салдың уруш – деп,
Далайды жолго салдың – деп,
Жакшы атакка калдың – деп,
Ыслам динге кирдиң – деп,
Ырас жайды билдиң – деп.
Шарият жолдун шарыны,
Тарийкат жолдун баарыны,
Акыйкат жолду билдирип,
Акылына илдирип,
Маарипатты баштады,
Баары жалган дүйнөнүн
Болгонун айтып таштады.
Дариянын жээгине,
Баштагы өткөн жеринен,
Он күндүк төмөн жерине
Алып келип баатырды,
Багдат, Мисир, Шам экен,
Алардын жолу шар экен,
Адамды көп каттаткан
Алтымыш кеме бар экен.
Кемечиге келгени,
Келгенин кылып баяндап,
Кебин айтып бергени.
Ызаттап Абунасирди,
Кемеге салып баатырды,
Беш күн, беш түн болгондо
Аман чыгып акыры,
Кадимкидей жер менен,
Кайнаган калың эл менен,
Шаары бар, эл байы
Баягыдай болбостон
Таза суусу, жер жайы,
Узак жолго салыптыр,
Түштүк жак менен баатырлар
Урумдан өтүп алыптыр.
Түштү Дөбөт жолуна,
Түк кылчайбай соңуна,
Шо жерде Ооган эли – деп,
Аркасы Кебил жери – деп,
Башкы уругу катаган,
Бабаң Кошой эли – деп.
Өтсөң Ысар бели – деп,
Оң тарабы Ындыстан,
Самасаң түрктүн жери – деп,
Азияңа келдиң – деп,
Адамдар айтып салыптыр.
Арстан Манас баатыры,
Барган, келген мээнетин
Баарын ойлоп акыры,
Башында калбай акылы,
Абунасир келе элек,
Анда Манас муну ойлоп,
Алыстан бүткөн эл элек,
Ырас жолго кире элек,

Ислам динин биле элек,
Мажусу динде турганда
Күнөөнү билбей күбүлдүк,
Мени кудай урганда,
Абунасир кеп айтты,
Атадан сызып алгандай,
Энең эми эле тууп салгандай
Пак болдуң – деп, күнөөдөн,
Баянын айтып сүйлөгөн,
Ак мустапа билдирген
Аянын айтып сүйлөгөн,
Бар кудайым буюрса,
Пак болупмун күнөөдөн.
Калкты кайтып көрсөм – деп,
Каркап бир жыл толтурбай,
Казаам жетип өлсөм – деп.
Бу дүнүйө чолок – деп,
Айылга түшүп аттанып,
Мейман кеткен эмедей,
Биз дагы бир конок – деп,
Узун дүйнө кыямат,
Болбосун шондо домок – деп.
Кыямат жайы узун – деп,
Кыйналчу жай ушу – деп.
Кыяматты көрөм – деп,
Кылган күнөөм кыйла бар,
Кыйноо тартып өлөм – деп,
Өлүмүн тилеп өзүнө,
Жалган дүйнө бир булча
Көрүнбөгөн көзүнө.
Артык – деп угам аалимден
Акыреттин азабын,
Аңдап-аңдап олтурсам,
Акылымдан шашамын,
Өкүмөттүн ээси,
Адамдан артык дөөсү
Искендер менен Сулайман,
Эртели-кечти бир[1] убак
Элчи келген кудайдан,
Бадышалык өкүмөт
Баш күнүнөн күтүптүр,
Как ушундай болсо – деп,
Каалаган иши бүтүптүр,
Байгамбарлык саясат
Баштарына жетиптир,
Баянсыз жалган дүйнөдөн
Кирпик ирмеп токтобой,
Барар жайга кетиптир.
Алар эмес аңдасам,
Албан түрлүү эл кана,
Тоону жулса томкоргон
Эчен түрдүү эр кана.
Капырда Шытдат, Намурут,
Анын баары канаке –
Алар күткөн көп журт,
Алакандай Азия,
Андан өзүм туудум – деп,
Аягында Түркстан,
Таласка келип турдум – деп,
Азыркысын бу күндө
Акка моюн сундум – деп.
Баашадан калар алтын так,
Байкап турсам өлүм ак,
Тирүүлүккө сүйүнбөй,
Баягы курган бир башка
Кайтадан күнөө үйүлбөй,
Өлбөй тирүү калганым,
Өкүнчүм бар бир тоодой,
Өзгөчө турат арманым.
Бул сөздү ойлоп муңайып,
Ар сөздү ойлоп арданып,
Акыретти санаса,
Эр Манастын бу күндө
Эки көзү жаштанып,

[1] *бир.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок анын болуусу зарыл. Ансыз мазмунга зыян келип, ыр сабындагы муун ченеми жетпей, сап ырга окшобой калат. Кыясы, катчы жаңылып, сөздү жазбай кеткен өңдөнөт.

Өтүрүк жалган дүйнөдөн
Өлбөй калчуу баштаныш,
Эскиси түшүп эсине,
Жаш имерип көзүнө,
Оболку иш түшүп оюна,
Оён Манас баатыры.
Таскагы турбай боюна,
Канкор бүгүн бет алып
Кашкарга барчуу жолуна,
Бара турсун баатыры,
Баары кытай жыйылып,
Кыргызга кыргын салууга,
Кылайганын түк койбой,
Кыйратып чаап алууга
Жатпады беле жайлашып,
Жаратып бедөө байлашып.

*Алтынчы*

## КЫТАЙ МАНАСТЫН ЭЛИНЕ ЧАБУУЛ КОЙГОНУ

Албарсты бүлөп курчташып,
Найзаны бүлөп учташып,
Айбалтаны саптапшып,
Албарстан кылыч тапташып,
Соот, чопкут, чарайна,
Сыйынышып аларга.
Баш калкасы туулга,
Баары кытай болгусуз
Башын тартып турууга.
Карыпчы деген бири бар,
Калганын угуп билип ал.
Ырастап жоонун жарагын,
Манас кетип болду – деп,
Токтолбой Манас кеткени
Тогуз айга толду – деп,
Тоз-тоз болуп мусулман,
Ынтымаксыз болду – деп,
Кантесиң менен иши жок,
Казыр ушу кезекте
Каяша кылар киши жок.
Өлгөн окшойт Манасы,
Өлгөн болсо Манасы
Өксөбөй калбас алачы.
Кеткенге окшойт Манасы,
Кеткен болсо Манасы
Кемибей кантет алачы,
Кетилбей кантип соо калат
Кереге кылган агачы.
Талоондон кийин калбайлык,
Тартынып жатып албайлык.
Олжодон кийин калбайлык,
Оонабай жатып албайлык.
Көп мусулман быякта,
Көкчөсү жатыр тиякта.
Капталда жаткан казагын,
Кабардашып келгенче,
Кара кыргыз журтунун
Кайтарып берип азабын,
Өзүбек бар, катаган,
Өздөрү бир атадан,
Түрк жыйылып келгенче
Түгөтөрбүз мунусун,
Калкы бүтүн келгенче
Кашайтарбыз мунусун.
Кеңешти кылып алышып,
Кетте-кичик баарысы
Бирдей болуп калышып,
Алооке менен Соорондук
Кеңешке кирбей карысы,
Көрөрбүз алганыңды – деп,
Былтыр кетип калышты.
Башкалары чук болуп,
Басташууга калышты.
Баскан менен тургандан,

Баштатан моюн сунгандан,
Калмак, тыргоот калкынан,
Камданып аткан салтынан
Кадимден бери кабардар
Кара кытай наркынан.
Кармашы катуу кайрыдин
Кабарын угуп алыптыр,
Карыясы эр Бакай
Кайгыланып калыптыр,
Аксакал Медет, Седетке
Абасы Бакай барыптыр.
«Алтайга келдик, жай алдык
Оркундун тоон таяндык
Атабыздын жери – деп,
Азыр жаман угулат
Анжи-манжи эли – деп,
Кытайга баатыр Коңурбай,
Кырмуз уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Кабарын уктум олорду.
Каткаландын Сайкалы,
Капырлар сөзүн айталы,
Жылкынын минип күлүгүн,
Жыйнап алып мүлүгүн,
Жыкылдаган бүрүгүн,
Агынан минип бууданын,
Тонунан кийип буулумун,
Топураган урганың
Коргошун койбой ок кылып,
Жазайылын топ кылып,
Жабдыксыз калган адамын
Жалпы өлтүрүп жок кылып,
Мындай түрдүү кеби бар,
Мурунтадан белгилүү
Мусулманда кеги бар,
Там коргону ар жерде
Талкаланган жери бар,
Кум үйлөрү ар жерде
Куйкаланган кээри бар.
Башкарылган алач жок,
Баштатадан алынган,
Бадыша болгон Манас жок,
Окус болуп албайлык,
Ойлоп көргүн Медет бек,
Осол ишке калбайлык,
Кызыл ээк чалдарга,
Кызыл муштум балдарга
Кыйын кылып салбайлык,
Кыяматтын журтуна
Жаман атка калбайлык.
Жайылып жаткан кол да жок
Ачылуу жаткан жол да жок,
Арстан Манас зор да жок.
Ал баатырлар жогунда
Асылып кытай кол салса,
Бизде арылып кетер шор да жок».
Бу сөздү айтып ийгени,
Бакайдын айткан бу сөзү
Кулагына кирбеди.
«Кадимден алач элсинип,
Канкоруң экөөң эрсинип,
Карап турсам Бакай чал,
Калкты баккан сенсинип.
Кажылдаган капырды,
Кара кытай бакырды
Мен ойлонбойм теңсинип,
Каптаса кадыр түн кана,
Кажылдаган капырлар
Катылышар күн кана.
Тигилсе кадыр түн кана,
Селпилдеген бүрүктөр,
Тийише турган күн кана.
Манас деген баатырың,
Бакай чал кайда акылың,
Жакыптан тууган балабы,
Жанында Медет, Седетиң
Жат бирөнөөн калганбы.
Мурунтан кытай, Бакай чал,
Жүрөгүндү алганбы?!

Урунса тоосун көрөйүн,
Ушу жерге келсинчи,
Уйпап салып жөнөйүн.
Жыйылганын көрөйүн,
Чын ушу жерге келсинчи,
Жылас кылып жөнөйүн».
Бу сөздү айтып күүлөнүп,
Буурканып сүйлөнүп,
Ага менен иниси
Артыксынып Бакайдан
Ал экөөнүн билиши.
Кабар салды калкына,
Жан-жакасы жалпыга:
«Суудан аккан тал жүрөт,
Оттоок жерге мал жүрөт,
Ушу жерде бир шукшуңдап,
Бакай деген чал жүрөт.
Айткан тилин албаңар,
Арманда өлүп калбаңар.
Кырып ием баарыңды,
Бу дүйнөдө дабааң жок,
Кыяматта албасаң
Кыргын көргөн зарыңды.
Уратып салам жарыңды,
Ушу жалган дүйнөдөн.
Узатамын баарыңды».
Бу сөздү айтып салганы,
Айыл менен апасы
Ичинен чыгып капасы,
Алакандай бир жерин
Ыраа көрбөй калар – деп,
Ыкчыл Бакай капыр чал
Алтайды жердеп алар – деп,
Кетирип ийип биздерди,
Амурду жердеп калар – деп.
Амурду жердеп алууга
Кытайдан кошуун келет – деп,
Айдап жолго салар – деп,
Жердөөгө жүргөн көңүлү
Амур дайра боюна,
Ак сакалдуу болгончо
Арамдык жүрөт оюнда,
Жайытка малын салышты,
Он миң үйлүү кишиси
Оонабай жатып калышты.
Касиет менен карганы
Медет, Седет бектерден
Жанасай көздөй барганы.
Байыт менен Дебеги
Бакай абаң келгени,
«Баатырлар мындай – дегени,
Дебеги, Байыт инимсиң,
Дегенде сөздү билерсиң,
Аяк-башы жылчылык,
Анжы-манжы, Таңышаң,
Бакбурчун башы Каканчын,
Капталы Кентун шаары бар,
Каалагандын баары бар,
Чырмалган түштүк жагында
Чын калаасы дагы бар,
Ошонун баары оолугуп,
Кеңеш кылган чагы бар.
Түпкү уругу маңгул – деп,
Түрк деген эл чыкты,
Дүмөккө болгон даңгыл – деп,
Калбага болгон камбыл – деп,
Тилегени уруш – деп,
Кайсы жакка бет алса,
Калаба, коога жумуш – деп.
Калаабыз араң калды – деп,
Карандай жердин баарысын,
Калмакты сүрүп кубалап,
Чаңкуугa чейин алды – деп,
Кумулдан өттү элибиз,
Куурулуп калды жерибиз.
Мусулмандан өлдүк – деп,
Кыргыздан кыргын көрдүк – деп,
Күүлөнүптүр баарысы,
Ынтымакка кирбептир
Алооке менен Соорондүк
Эки суңдун карысы.
Бадышасын баш кылып,

Азыгын көөкар таш кылып,
Кыйындардын кыйласы,
Канзааданын канчасы,
Сундуң, жаңжуң, калдайы
Журтунан жыйып далайды,
Как жыгачтан ок кылып,
Калдыр таштан чок кылып,
Кайыр айтарын жок кылып,
Эсен кан кызы Мыскалды
Өлтүрүүгө кыйбаптыр,
Өзгөчө аскер жыйнаптыр,
Какайдан союп эт кылып,
Кармашууга нээт кылып
Жатат – деп, уктум жаңыдан.
Мындайын айтып Мыскал кыз
Бу жакка кабар салыптыр,
Акысына кабарчы
Алты жамбы алыптыр.
Бекерге кылбай оюңду,
Бекке салгын боюңду.
Жатырсың жоонун бетинде,
Жердейсиң элдин четинде».
Ал сөздү айтып салганы,
Байит деген балбаны:
«Атасынын көрү капырды.
Чакырсам келбес акыры.
Өңгөлөрү коркок – деп,
Кетти дешип баатыры,
Кеңешсе кеңеш кылгандыр,
Келе албас – деп, акыры.
Кенебей калды анысы,
Беш күн өтүп ортодон,
Белгилүү Бакай карысы
Кырк баатырдын баары бар,
Кыйдысы Кыргыл дагы бар.
Кыргыз беги Куту бий,
Кыяңгысы Ажыбай
Абдылдага барайын,
Аңгемесин кытайдын
Аларга айтып салайын.
Абасы Бакай муну ойлоп,
Кайгы менен бойбойлоп,
Төмөнкү жолго салыптыр,
Чаталак суунун боюнда
Төлөккө келип калыптыр.
Уругу Үйшүн казагы,
Абаңды көрүп а дагы,
Астын тосуп барганы.
Эр Бакайды түшүрүп,
Эбил, Жебил жүгүрүп,
Эңилтип атын алганы,
Эшик ачып калганы,
Эр Бакай сөзгө киргенче,
Кочкор да Жакып баласы,
Кошо кирип калганы.
Бакай сөздү баштады,
Макул – деп, кулак салганы,
Төрө Бакай кеп айтат:
«Төгүнбү-чынбы көз жетпейт,
Ой, ботом, төлгө салчы – деп, айтат.
Төлгөчү Кара Төлөгү,
Төлгө тарта жөнөдү.
Кырк бир ташын кийизге
Кырка коюп салыптыр,
Кыйын аяр жан экен,
Төлгөсүн карап алыптыр.
Карап көрсө төлгөсүн,
Карарыптыр төбөсү.
Көрдү келди төлгөдөн,
Ал жоодон аман калбады
Арстан Манас төрөсү.
Көрдү көзүн жаштады,
Төлгөсүн төгүп таштады.
Кайдан тарттым муну – деп,
Кайдан тарттым жашымдан
Төлгө деген кууну – деп.
Балдын* түрү бузулду,
Байкаткын элге муну – деп,
Төлгөчү Төлөк турганы.
Дөбөгө чыгып күрсө-күрс,
Барабан доол урганы.
Ар качан кылар иши экен,

Ага карап жүргөнү
Жети миң беш жүз киши экен.
Төөнүн баарын бакыртып,
Дөңдө-ойдо жүргөнүн
Ар тараптан чакыртып,
Төлгөчү үркүп алыптыр,
Төмөндөп көчүп калыптыр.
Бар кудаанын бендеси,
Бай Жакыптын кенжеси
Абыке менен Кочкору,
Ааламдын баары козголду.
Көчкөн үркүп көпчүлүк
Көбөш көрүп алыптыр,
Көрбөй, билбей бу дагы
Көтөрүлүп калыптыр.
Көч үркүнгө каралап
Көп адамдар калыптыр,
Көсөмдөрдөн бир кыйла
Кытай жакка барыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл экен карысы.
Ажыга кеткен төрт баатыр
Алмамбет, Сыргак, Токотой
Кытайдан кабар уккан соң
Кыргыздар үркүп токтобой,
Төлгөдөн билди Төлөгү,
Аман экен кырк баатыр
Ал үчөөнөн бөлөгү.
Абасы Бакай келгени,
Агыдай далы дегени,
Айтканыма көнчү – деп,
Ачып далы көрчү – деп,
Айткан Бакай бу дагы.
Аярлыгың башка эле,
Мажик баатыр сурады.
Алды аркардын далысын,
Далыны көрсө далычы
Алдырган журттун баарысын.
Аркар далы – куу далы,
Кайдан далы билдим – деп,
Кайгыланды бу дагы.
Төгүн эмес аярлык,
Төрөм Манас келди – деп,
Кылымдын баарын кыйратып,
Кытай кууду элди – деп,
Агыдай далы аны айтты,
Адамдын баарын далдайтты.
Кайдан келсин баатыр – деп,
Кыргыл чал, Серек айтат кеп.
Кыраандар аман бир келсе
Кытайга кыргын салар – деп.
Ал сөздү айтып салганы,
Аргын Каракожо – деп,
Алты миң үйгө болгон бек,
Ажылдаган итиңдин
Атасынын көрү – деп,
Атыш-чабыш, уруштан
Эзелден көөнү калган – деп,
Ишенбедим мунуңа,
Далычы сөзү жалган – деп.
Кожосу сүйлөп калганы,
Кырк чоронун кыйласы
Кошо сүйлөп калганы.
Көрүшпөй жүргөн капырбы,
Көмө чаап кыйласын,
Алуучу элек акыры,
Артып калды дейсиңби
Мурункудан акылы,
Урушпай жүргөн капырбы,
Урушкан менен уйпалап
Алуучу элек акыры.
Манастан кийин баарыбыз
Жалтанып кантип калалы,
Жатып кантип алалы.
Акылга дыйкан, кең бейил
Абыкени Манас – деп,
Кан көтөрө салалы,
Каалаган болсо бузукту
Капырлардын көзүнөн
Кара учуруп алалы.
Бабырашып баарысы,
Кыргыл, Үмөт карысы.
Баатырлык айтып салганы,

Байкап туруп эр Бакай,
Башын чайкап калганы,
Байтайлак деген инисин
Бар – деп айтып салганы.
Энтелеп алып Байтайлак
Эл четине жетиптир.
Карарган жандын баарына.
Кабар бере кетиптир.
Уук, кереге кыйрашып,
Узактан малын жыйнашып,
Узак жолго салганы,
Үркүндүн асты үч күндүк
Муңдуусай келип калганы.
Кырк чородо кырк миң кол,
Кыңкайтпай жыйып алды ошол.
Отуз миңи ордодон,
Оён Манас баатырдын
Өз коңшусу болгондон.
Азырланып жыйылып,
Алдасына сыйынып,
Жата турсун эрендер,
Жараткан колдо дегендер.
Найза, кылыч жарагын
Азырлады карагын.
Күлүктүн баарын тапташып,
Күрсүнүн баарын сапташып.
Аспаптын баарын бүлөшүп,
Алдасынан тилешип,
Мылтыктын баарын түздөшүп,
Мыктынын баарын издешип.
Албарстын баарын курчташып,
Найзанын баарын учташып,
«Албадык беле кыйласын
Ант ургур менен мушташып.
Аралап жүргөн чаңыбыз,
Ала жүргөн аңыбыз.
Көрүнөө жүргөн шаңыбыз,
Көнүк болгон чагыбыз,
Ачыла жүргөн багыбыз.
Атаңдын көрү капырды
Бузук сүйсө бу дагы,
Мурункудан бешбетер,
Бу күндө болгон табыбыз».
Бул сөздү айтып дуулдап,
Букарасы, төрөсү,
Бура тартпай чуулдап,
Кайратты белге байлашып,
Ат көлүгүн жайлашып,
Найзага желек тагышып,
Какандын жолун багышып,
Чалыбай, Серек баш болуп,
Он бир жолдош алыптыр,
Түштүк жагын сураса
Эрименин чөлү бар,
Күн батышы жагында
Ала-Көлдүн көлү бар.
Күн чыгышы жагында
Каюңдун кара бели бар.
Каюңду деген тоо болгон,
Каюңдун белин ашкан соң
Бээжинге таба* жери бар.
Чалыбай, Серек чапкылап,
Ал белге барган чени бар.
Белин барып чалалык,
Бекер болсо кайтадан
Жайланып жатып калалык.
Козголуп кытай чыр болсо,
Кол жыйганы чын болсо,
Батбалакта жылкысын.
Барып тийип калалык,
Бар кудайым жар берсе,
Башына балаа салалык.
Муну ойлонуп алыптыр,
Буркуратып тозоңун,
Булар жолго салыптыр,
Каюңдуунун белине.
Токтолбой чыгып барыптыр
Түн түгөнүп таң менен,
Арты тозоң чаң менен
Күн чыгардын астында,
Таң аткандын артында
Чапкылап чыгып белине,

Бээжинге таба жерине,
Намаз окуп болушуп,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып коюшуп,
Булгаарыга каптаткан,
Бурамалуу каркыттан,
Оозуна жакут орноткон,
Оң имерип толготкон.
Болоттон тутка сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар.
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып койнунан,
Чалыбай, Серек ал экөө
Турнабай көзгө салышты,
Туташып жаткан капырдын
Аскерин көрүп алышты.
Көтөрбөй көлүк* ийилген,
Көпкөк темир кийинген,
Алтындуу соот жаркылдап,
Асабасы жалпылдап,
Күмүштүү соот жаркылдап,
Күн тийгендей жалтылдап,
Аяк-башы айчылык
Аскерге карк толуптур,
Түрк уулуна бет алып,
Жөнөлөр кези болуптур.
Караан көрсөң келгин – деп,
Кабарды бизге бергин – деп,
Кайыптан кароол коюптур.
Чыгырык мүйүз кулжа бар
Баш күнүнөн бактырган,
Бала экенден маш кылган
Чын кароолчу мында бар,
Анарлуу суунун боюнда,
Кайкылуу тоонун оюнда.
Жаткан экен кулжасы,
Чалыбай, Серек көргөнү,
Мурунтадан булардын
Мылтыкка мыкты көнгөнү.
Чалыбайы кеп айтат:
«Баатыр Серек – деп, айтат,
Үйдө олтурган кезекте
Өтүмдүү өкүм сөзүң бар,
Бул кулжага өзүң бар».
Чалыбай аны каалады,
Чакчаң этип эр Серек,
Чалыбайга карап алганы.
«Шашылыш жерде, Чалыбай,
Керектигим белгилүү,
Кысталыш жерде ар качан
Кыяп менен сөз тапкан
Серектигим белгилүү,
Не үчүн мени жумшайсың,
Капия кепти табышка
Керектигим белгилүү.
Кароолго мыкты көзүң бар,
Кайыпка бар – деп, Чалыбай,
Кандай чогоол сөзүң бар?»
Чалыбайды жумшап салганы.
«Жакшы болот, Серек, – деп,
Колуна мылтык алганы.
Коржоңдоп алып Чалыбай,
Туруп жөнөп калганы,
Кокту менен салганы.
Бөөт жер менен бөгүптүр,
Кокту менен чөгүптүр.
Кароол болгон кулжаны
Көрүп алып баратыр.
Жетип атар жылганы,
Алмадай башын ашырып,
Тула боюн жашырып,
Чалыбай өңүп алганы,
Жарым бута калганы.
Өлчөлүү жери – тушу – деп,
Өпкө, боор ушу – деп,
Чалакең ирмеп ийгени,
Чоргодой болгон кызыл чок
Казанчыкка киргени.
Ооз оту жарк этип,
Койчагыр үнү тарс этип,
Белде турган Серекке
Койчагыр үнү угулду,

Тура албай кулжа жыгылды.
Кайып кулжа бул – деди,
Жаш күнүнөн маш кылып,
Кароолго койгон куу – деди.
Асманга түтүн булатып,
Ак кулжаны сулатып,
Артында калган баарысы.
Серек баштап барышты.
Аскерин кытай жыйган жер
Анжы-тыян Бээжин дээр.
Аны менен арасы
Үч күнчүлүк үлкөн жер.
Түштүк жагы улуу тоо,
Баталактын сырты дээр.
Кара калмак калкы экен,
Зубунун* жуда бийлеген
Ушаң, Жолой алп экен.
Аскерге кеткен алары,
Шуучаң деген үй тигип
Анча-мынча калганы.
Бадышалык малынын,
Эсен кан баштап канынын
Аркасы бийик аргымак,
Тоодой болгон тобурчак,
Кермаралдай заңкайган,
Кең соорусу даңкайган,
Кундактай бели бүгүлгөн,
Кулагы шамдай тигилген
Казыналык аттары
Он эки миң бар экен,
Ою, тоонун баарында
Ар түрдүү жылкы мал экен.
Чыйырчыктай карала,
Чыпка куйрук сарала,
Көгүчкөндөй көк ала,
Жылкыга толуп жер талаа,
Торусу тобу жазылбай,
Чуулганы басылбай.
Малдарын көрүп алганы,
Аскерге кабар бергин – деп,
Дагылды жолго салганы.
Дагылбек деген кыпчактан,
Атка жеңил, тайга чак,
А да шондой сонун жан.
Эки түнү, эки күн
Кош ат минип койгулап,
Жолдо жүрүп бүпбүтүн
Жетип бу да келгени,
Ак сакал Бакай карыга
Айтып кабар бергени.
Абасы Бакай кеп айтып,
Азыркы каның Абыке,
Ага чапкын – деп, айтып.
Абыкеге келгени,
Ээн экен малы – деп,
Айтып кабар бергени.
Бээжин ичи кол экен,
Аяк-башы айчылык
Кара курттан мол экен.
Дагылбек чабар кеп айтып,
Чапчаңыраак болбосо,
Жаман жумуш – деп, айтып.
Аскер жыйып алыптыр,
Эки күндүк, бир күндүк
Араң эле калыптыр.
Тоодон көрдүк малын – деп,
Кулжасын атып кулатып,
Бейкабар бойдон таштадык
Тозокунун баарын – деп,
Анталап айтып барганы,
Жүз миң аскер күңгүрлөп,
Жүрүп калды дүңгүрлөп.
Көтөрүлүп Көбөш дөө,
Атырылып Абыке,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл экен карысы
Кылкылдап жолго салышты.
Эки түн өтүп үчүндө,
Көлүктүн салып күчүнө,
Эки түн бүтүн болгондо,
Үчкө күнү толгондо
Кайкылуунун белинен

Ашып аскер алыптыр.
Кулжаны сойгон жеринен
Түштүктү көздөй салыптыр.
Баталакка бет алып,
Кырк миң адам барганы.
Алтымыш миң бел жакта,
Кулжасын аткан жер жакта.
Жата турсун жайлашып,
Жаадай күлүк байлашып.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Баталак деген тоо экен,
Күн чыгышы жагында
Таш-көз учкан зоо экен.
Түштүк жакта Ала-Тоо,
Башында мөңгү кары бар.
Дүнүйөнүн кийээси,
Кемчилик жок баары бар.
Күн батышы жагында
Эрименин чөлү бар,
Баталактын жеринде
Эчен түрдүү чөбү бар,
Караган Какан калкынын
Жылкысынын көбү бар.
Калдар-Баян баатыры
Отуз миңдей кол менен,
Кол ичинде Каралөк,
Кай бирөө айтат Карагул,
Карагулдай зор менен.
Каралөк деген аты бар,
Кара тажаал баштанган
Адамдан башка заты бар.
Анардын суусун бойлоду,
Кырк миң киши кылкылдап,
Чапмак үчүн ойлонду.
Жер чөбүнөн жан тойду,
Анардын чыгып белинен,
Жаа Алда! – деп, ат койду.
Атты мылтык тарса-тарс,
Какты доол карса-карс.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба кызыл туу,
Көк жаңырды улуу чуу.
Тийгенден жылкы дүңгүрлөп,
Дүбүртүн көрсө тоо жарып,
Күлдү баатыр күлдүрлөп,
Чаң уюду асманга,
Көп аскер мылтык атканда,
Дүнүйө жүзү баарысы
Жыттанып мылтык дарысы,
Туман болуп түтүнү,
Кыйкырып келип тийгенде
Кырк миң киши бүтүнү,
Кой чагыр мылтык чаңырып,
Жазайыл үнү жаңырып,
Кайгысыз жаткан капырлар
Каалаганы табылып.
Отуз миң экен аскери,
Он миңи аттуу болуптур,
Ой-тоого жылкы толуптур.
Дагыл баатыр дөө калды[1],
Жыйырма миң жөө калды.
Бөрү жолдуу көй баатыр
Бөксөдөн жылкы үркүтүп,
Калмак менен кытайын
Калаба кылып дүргүтүп,
Айгайлашып айдашып,
Найзага желек байлашып,
Чакыр-чукур чаң кылып,
Асман-жердин арасын
Кулак тунган даң кылып,
Айгайлап жолго салыптыр,
Арт жагынан караса,
Келкүмөн деген бир баатыр
Артынан куба келатыр.

[1] *кагылды.* Жазылыштын мааниси контекстке туура келбейт. Кыясы, катчыдан ката кеткен. Талап кылынган туура сөз – «калды».

Келе жаткан Күмөндү
Коржоңдоп алып Көбөш дөө,
Койбостой болуп күүлөндү,
Адистерден барсын – деп,
Абыке ага сүйлөндү.
Ага болбой эр Көбөш,
Найзасын колго сүйрөдү.
Ала көөдөн, эси пас,
Арамзаада неме эле,
Мындай уруш көрбөгөн,
Жүрөгү тайкы кем эле.
Алда кантер экен – деп,
Аңдабасам бекер – деп,
Наркызыл менен тепеңдеп,
Абасы Бакай жеткени,
Кездешип каршы барганда
Келкүмөн мылтык алыптыр,
Көбөшкө атып салыптыр.
Чотала огу жетиптир,
Туулганын төбөсүн
Жулуп алып кетиптир.
Туулгасы шарк этип,
Октун өткөн куусуна,
Суртелки аттын үстүнөн
Сулады Көбөш жалп этип.
Көктаргыл менен жетерде,
Камыштан найза колунда,
Калдаң жайсаң соңунда,
Көбөшкө найза нетерде,
Кезине келип калганы,
Акмалап калган эр Бакай
Качырып чыгып тушунан
Күмөнгө найза салганы.
Сайганы сая болбогон,
Сайышкан душман оңбогон
Бакайдан найза жеткени,
Таргыл аттан тарбайып,
Келкүмөн кулап кеткени.
Атын абаң алыптыр,
Нардай болгон Таргылдын,
Чылбырын белге чалыптыр,
Атка Күмөн сүйрөлүп,
Ала салып калыптыр.
Кырка чаап чылбырды,
Кыраан Бакай жөнөлдү,
Абаке Бакай өлдүм – деп,
Көбөш жөөлөп калыптыр.
Көсөл Бакай карыя
Таргылды тарта салыптыр.
Кылчайып көтүн карабай,
Караганга жарабай,
Колду көздөй коржоңдоп,
Жөнөп качып алыптыр.
Жылкынын көрүп бараанын
Чаңдык көрүп караанын,
Алтымыш миң аскери
Аламан коюп калыптыр.
Жекеге чыккан Көбөштү
Жерге жанчтап салыптыр.
Жеткен амал жок экен,
Эр Бакай айрып калыптыр.
Тиледи Бакай амандык,
Жакшылык түбү жамандык.
Аскери көргөн көзмө-көз.
Ааламга маалим ушул сөз.
Көбүрөөк тарткан азабын,
Абакеңиз эр Бакай
Көбөштүн көргөн мазагын.
Кулундары куюгуп,
Кунан, бышты жарышып,
Куйругун сыртка салышып,
Аңгинин баары алышып,
Кайкылуу белди ашышып,
Маралдын жерин басышып,
Кытайдан кабар барбы – деп,
Кылчайып тыңшашып,
Кыраандардын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Казатка боюн чыңдашып,
Капырдан кабар тыңдашып,
Жата турсун жарандар,
Жайнап жаткан капырдын

Кабарын утуп караңар.
Баталак журту бүлүнүп,
Бар малынан айрылып,
Байбайлашып кайгырып,
Кулан түрдүү бөлүнгөн,
Куйрук, жалы төгүлгөн,
Тоодон барып жай алган,
Мөңгүгө жакын таянган,
Куюгуп кеткен кулан бар,
Баланда жүрөт эле – деп,
Кийикке барган уландар
Аны кармап минишип,
Ат кадырын билишип.
Адашып кеткен асый бар,
Быяктан барган бышты бар,
Мындайынан уулашып,
Төрт, беши төрдө жүрөт – деп,
Бир-биринен сурашып,
Жыйналышып алыптыр,
Жыйырма миң ат минип,
Жыргаган болуп калыптыр.
Аскерден он миң жөөсү бар,
Эримеге барсак – деп,
Элине кабар салсак – деп,
Эч болбосо эки-үч миң
Жылкыдан сурап алсак – деп,
Кеңешин алар куруптур,
Тийдирип ийип жылкысын,
Кейиш менен туруптур.
Жаа, саадагын жебелеп,
Өз журтун өзү жемелеп.
Кытай курсун акыр – деп,
Кымындай жок акыл – деп.
Кайыптан кароол кылды – деп,
Кара жер сорсун кайыбын,
Кадиксиз бизди кырды – деп.
Кароолун ар кез чыңдабай,
Каз баатырдан тыңдабай,
Айбаты толук акылман,
Акылга толук баатырдан
Кароолго койсо эмине,
Кара кыргыз азабын
Тартат белек тегеле.
Аскери кумдай жабылды,
Баталактын адамы
Баштан аяк чабылды.
Үйдүн баары кыйрады,
Урматтуу жандар ыйлады.
Калаба менен кан жутуп,
Калкты кудай сыйлады.
Өкүнчү болуп өзүнө,
Өкүмөт ээси муну айтып,
Өзгөлөрүн муңайтып,
Уу болуп ичкен аштары,
Убайым тартып кары, жаш,
Калдар-Баян кеп айтып,
Кайгырбаңар – деп, айтып.
Эрименин элине
Эртелеп киши чабыңар,
Шылоон деген баатыр бар,
Барып шону табыңар.
Чантуунун кылган кылыгын,
Укса өзү да токтобос,
Аскерин арбын алыңар,
Калдайлык калкы бар эле,
Шылоон деген баатыры
Кайраты ашык жан эле.
Азаттын белин ашыңар,
Аман болсо башыңар
Кайгырба кары-жашыңар,
Шылоонго чейин токтолбой,
Ылдамдап ырас шашыңар.
Аскери тийсе колуңа,
Адамы кирсе астыңа
Азаттын түшүп жолуна,
Акыры ылдам барыңар,
Ал сөздү айтып өмөлдү,
Алтымыш жети киши алып,
Кара Лөк, Дугул жөнөлдү.
Аз жүрбөдү, мол жүрдү,
Арасында токтолбой,
Тогуз күн тамам жол жүрдү.

Эрименин элине
Энди булар барганы.
Кабарын угуп Шылоондун,
Калаасын көздөп калганы.
Кент Чыңоолу дейт экен,
Келди Шылоон эрине,
Улук Шылоон олтурган,
Урматы бар бегине,
Аттан түшүп бүгүлүп,
Лайламалуу – деп,
Баары бирдей жүгүнүп,
Ордонун көрүп четини,
Жерге коюп бетини,
Алтымыш жети адамы,
Каралөгү баш болуп,
Катары менен жүгүнүп,
Боорун коюп боз жерге,
Эси келбей э дээрге,
Түрктөн көрдүк кордукту,
Дүйнөдө жок зордукту.
Кыргыздан көрдүк кыргынды,
Алачтан тарттык азапты,
Абыдан артык мазакты,
Чантуудан көрдүк чабуулду,
Баштан аяк билбедик,
Баабедин – деп, бакырат,
Манастап ураан чакырат,
Жыпжылас алды жылкыны,
Батбалактын элине
Башкача тийди салкыны.
Малсыз калдык жөө болуп,
Бадышабыз курусун,
Башыбызга ээ болуп,
Кийиктен кароол коюптур,
Кароол койгон кайыбын
Чантуулар атып союптур.
Бейкут жаткан биздерди
Мээнеттүү бурут издеди.
Топурак толду көзүбүз,
Томаяк болдук өзүбүз,
Өзүңүзгө биз келип,
Өтүнүп айткан сөзүбүз.
Аргабыз анык кеткен – деп,
Кетпегенде неткен – деп,
Өч алсак – деп, чантуудан
Өзүңүзгө жеткен – деп,
Калкы менен жыла албай
Калдар-Баян калды – деп,
Карарган малдын баарысын
Каптап бурут алды – деп.
Арзын айтып аңкады,
Датын айтып такылдап,
Муңун айтып буркурап,
Алтымыш жети адамы
Каралөк баштап чуркурап,
Учун өптү бутунун,
Убайымын кордугун
Анык билди ушунун.
Шылоон буга күүлөндү,
Чымырканып сүйлөндү.
Жүз миң экен адамы,
Жетимиш бир миң экен
Аскеринин барары.
Кабар салды калкына,
Карап көргүн капырдын
Кадимден кылган наркына.
Камандан токсон алдырды,
Айткан ача туякка
Алты жүзүн чалдырды.
Суур менен кашкулак,
Лайламалуу – деп,
Жалынышын карап бак.
Алда билер бул иштин
Чыны канча, жалганы.
Жетимиш бир миң кишинин
Ону калды ат жетпей.
Алтымыш миңин алганы,
Топоз менен төө экен
Айдап күткөн малдары.
Узун куйрук кою бар,
Алтымыш миңим барсам да,
Чантуу журттун бир четин

www.bizdin.kg



Чабам деген ою бар.
Кара Лөк баштап алганы,
Азаттын белин бет алып,
Алар жөнөп калганы.
Калдар-Баян жол алып,
Отуз миң аскер кол алып,
Бу да жөнөп калыптыр.
Тогуз күн жүрүп токтолбой,
Азаттуу тоонун оюнан,
Аңгүрөө суунун боюнан
Эки колу кошулду,
Кошулган жерин карасаң
Чаң обого созулду.
Калдар-Баян кайгырып,
Наалыш кылып бу дагы,
Акылынан айрылып.
Арман кылып кайгырып,
Шылоонду көрүп эреркеп,
Чын кордукту көрдүм – деп,
Аягына баш коюп,
Зарлыгын көрсө жан тоюп,
Айгайды бийик салганы,
Наалып ыйлап калганы.
Чантууну соо койбоско
Калдар-Баян, Шылоону
Касам кылып салганы.
Токсон миң экен толугу,
Кайраттанып алганы.
Чалгынга барган адамы,
Арадан жети күн өтүп,
Сегизинчи кечинде
Чапкылап келип калганы.
Мурунтадан жердеген,
Кызыл чок ойрот журтуна
Кылайтып орун бербеген.
Баштатадан жердеген,
Баары кытай журтуна
Батырып орун бербеген,
Атагы Алтай жер деген,
Энесай менен Амурда
Жайнап жаткан эл экен,
Ушунун баарын сурасак
Ногой эли дээр экен.
Көрүп келдик аны – деп,
Кырк миңге жакын көрүнөт
Кыргызынын саны – деп,
Биринин аты Байит – дейт,
Билерманын сурасак
Биринин аты Дебеги,
Дебеги, Байит дегени,
Амурда жаткан ал экен,
Анысын да карасак
Акимсинген жан экен.
Энесай жагын карасак
Эки адамы эр экен,
Медет, Седет дээр экен,
Кыргыз болгон жеринде
Кырк миңчеси бар экен.
Башка кыргыз болгонун.
Байкабадык бараанын,
Көрө албадык караанын.
Миң-миң болгон кыргыздын
Билбедик кайда барганын.
Бу сөздү айтып билдирди,
Аздыгын угуп кыргыздын,
Адамдарын күлдүрдү.
Алиги жерден токтолбой,
Батбалак мекен Эриме,
Байкасаң капыр элине.
Токсон миң толук кошууну,
Токтолтпостон ошону,
Шылоон, Калдар-Баяны,
Эки күнү, бир түнү
Токтолбой жолго салганы.
Үркүн суунун тушунда,
Уюп жаткан ушунда.
Жаңгактуунун оюнда,
Энесайдын күн батыш,
Амур суунун боюнда,
Медет менен Седеттин
Белинен чыгып ат койду,
Каңгайлап ураан салганы,

www.bizdin.kg



Капырлар чыгып калганы.
Менменсинген Медети
Аяк-башын жыя албай,
Аккан жашын тыя албай,
Жабуукер атын миниптир,
Жазганбай колго кириптир.
Найза менен мылгытып,
Айылдан сүрүп дыргытып,
Он төртүн сайып өтүптүр.
Ошонгуча болбоду,
Каралөк капыр жетиптир,
Качырып келип калганы,
Жаткан койдой күрсүнү
Жаалы менен Медетке,
Оройдон ары салганы.
Күрсү катуу чабылды,
Туулгадан от жагылды.
Берен Медет кулады,
Мээси күрсө жабылды.
Күрсүгө мээси жабылды.
Кайрат калбай боюна,
Ажыга кеткен Манасты
Алды ошондо оюна.
Болсочу Манас ушунда,
Каарданып Каралөк
Күрсү чапкан тушунда.
Кабылан Манас бактырдын
Кадырын билди ушунда.
Мээге аралаш кан чыкты,
Медетбектен жан чыкты.
Айгайлап тийип калыптыр,
Сезбеген Седет баатыры[1]
Селдей каптап капыры,
Атып мылтык ок менен,
Капырдын четин жапырды,
Алтымыш төртүн өлтүрүп,
Абыдан шорун катырды.
Кыйын мерген бар экен,
Кызкыял аттуу капыры,
Очогор мылтык бир атып,
Седеттин жолун катырды.
Седет өлдү окко учуп,
А жыгылды жер кучуп.
Энесай, Жаңгер боюнда,
Жаңгак тоонун оюнда
Седетти койгон бейит – деп,
Ушу күндө мусулман
Зиярат кылып өтөт – дейт,
Седет баатыр шейит – деп.
Айылы кетти талоонго,
Айгайлаган капырлар
Аламан койду оң-солго.
Бакыт менен Дебеги
Барсылдаша келгени,
Ал экөө да өлгөнү.
Алты жүз жети киши өлүп,
Айдап алып малдарын.
Капырлар жөнөп калганы.
Ал сөздү таштап салыңар,
Абаң Бакай кары бар,
Абыке сындуу каны бар,
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Баталак журтун алыптыр,
Бар мусулман жыйылып,
Акылдашып калыптыр.
Абасы Бакай кеп айтат:
«Ага-ини уккун – деп, айтат,

[1] Бул кол жазманын 206-бетинин эң акыркы ыр сабы. Бирок түп нусканын кийинки барагы 207-бет эмес, 227-бет ушул жерге кол жазманын дептерлерин мукабага бириктиргенде бир барак – 227–228-беттер жаңылыш ушул жерге келип калыптыр. 207-беттин башы 206-беттин уландысы «Селдей каптап капыры» деген ыр сабы. Тексттер оңдолгон үлгүдө берилди (1936-жылы машинкага бастырылып көчүрүлгөндө жаңылыштык байкалбай, тексттер чаташкан түрдө көчүрүлгөн. Ошол чаташуу бүгүнкүгө чейин байкоосто калып келиптир).

Акыры болду-болбоду,
Ант урган капыр оңбоду.
Каканга барчуу кабарын,
Каттай турган чабарын,
Ортосун биз алган соң,
Ойрону чыгып калган соң
Бээжинге беттеп кете албай,
Бээжин алыс, жете албай.
Каканга каттап өтө албай,
Кабарчысы кете албай,
Камалып капыр калгандыр,
Кашайган дүйнө алгандыр.
Акыры болду-болбоду,
Эриме журтун ойлоду.
Эримеге баргандыр,
Элине кабар салгандыр.
Шылоондон аскер алгандыр,
Чантуунун журту кайда? – деп,
Акыры болду-болбоду,
Амур дайра, Энесай,
Нак ошого баргандыр.
Аңдабаган жамандар
Бейкут жатып алгандыр.
Аскер барып, кол барып,
Тундура чаап салгандыр.
Канчасы өлүп калганын
Кадыр Алда бир билер,
Андан бөлөк ким билер.
Кошуунду мыктап алалы,
Кол байлоо болуп жүргөндө
Койдой кыргын салалы.
Азат деген бели бар,
Астын тосо биз барсак,
Кутулбай турган жери бар».
Бу сөздү айтып турду эле,
Кыргылды кудай урду эми,
«Байкабайсың, сүйлөйсүң,
Баары журтту бийлейсиң.
Жок сөздү айтып саласың,
Жоголгонун билбейсиң
Бийлеп жүргөн Манасың,
Күн чыгыштын жагында
Кайнаган калың кол жатса,
Кан Коңурбай зор жатса,
Каспандан чыккан жол жатса,
Койгун мындай сөзүң – деп,
Компоңдоп бийлей коём – деп,
Кор болбогун өзүң» – деп,
Кыргыл чал айтып салганы.
Кыраан Бакай ал кепке
Кыйыктанып калганы,
Кырк чоронун кыйласы
Макул көрүп салганы,
Барсак дешип калганы,
Абыке датка кеп айтып,
Ачууланып бек айтып,
Абакебиз Бакайдын
Айтканы акыл – деп, айтып,
Ушу жердин өзүндө
Кырк-элүү киши калсын – деп,
Какан, Бээжин жолуна
Кароолчу болуп алсын – деп.
Кой чагыр октоп алсын – деп,
Элүү, кырк киши калсын – деп,
Козголсо Бээжин калаасы,
Ыйласа кытай баласы,
Кабарын бизге берер – деп,
Кароолчулар келер – деп.
Бу сөздү айтып салганы,
Азаттын жолун бет алып,
Аскер жөнөп калганы.
Жүргөн аскер мол экен,
Жүз он бир миң кол экен.
Калп айтпаган чынынан,
Кайраты ашык тыңынан.
Жер өлчөөсүн чалмакка,
Туңша, Какан арасын
Каттатпай кармап алмакка
Жетимиши калганы,
Жер жайнаган мусулман
Азатты көздөй салганы.
Аз жүрбөдү, мол жүрүп,

Төрө Абыке башчысы,
Төрт күн таман жол жүрүп,
Азаттын алыс жерине
Амур суунун кериге,
Азыр барган жеринде
Асты жагын караса
Айгайлашып баарысы,
Төө жетелеп боздотуп,
Төрттөн, бештен топтошуп,
Уй айдаган мөөрөтүп,
Саалбай сүтүн көлдөтүп,
Кой айдаган мааратып,
Ар бир канча адамды
Кол аягын байлатып,
Коржондотуп айдатып,
Кишинетип жылкысын,
Кыргызга салып чоң кысым,
Кай бирөөнү карасаң
Чокчойтуп төөгө мингизип
Он алты, он беш жашында
Көзгө токтом чоң кызын,
Боздогон төө буркурап,
Кишинеп жылкы чуркурап,
Мөөрөгөн уй күңгүрөп,
Маараган кой дүңгүрөп,
Адашкан иттер улушуп,
Азаматтын кыйласы
Аман-эсен кутулган
Ач бөрүдөй жулушуп.
Жанын аяп калганы
Калмак, кытай кармады,
Кармаганын байлашып,
Кара малын айдашып,
Сандыктан алып мүлкүнү,
Жайыттан алып жылкыны,
Куржундан алып шайыны,
Бай Жакыптын төрт уулу
Кетириптир шайыны.
Шаңшытып бүркүт кондуруп,
Калгандардын баарына
Карманарга неме жок,
Камыштан эрмек жондуруп,
Олжого орчун батыптыр,
Как ушулар барганда
Алар кайра тартыптыр.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыргыздар да кытайга
Кыя тартпас чагы бар,
Кылар иши дагы бар,
Кыргынынан капырдын
Кайтпай турган табы бар.
Орто Азия, Түркстан,
Оолагыраак кетпей – деп,
Кыжылдаган кытайга
Кыйырына жатып бетте – деп,
Кылган экен Медет – деп,
Абасы Бакай кеп айтып,
Ачууланып бек айтып.
«Жан аяп бириң калбаңар,
Жазганып туруп албаңар.
Өлтүрбөй бириң өтпөңөр,
Өлсө сөөгүн өрттөңөр.
Карасын коюп, канын – деп,
Тирүү койбой жанын – деп,
Кез келгенден соо койбой,
Кетириңер санын – деп.
Канын суудай төгүңөр,
Кабырга, колун сөгүңөр.
Жинин суудай төгүңөр,
Жилигин койбой сөгүңөр.
Убайым кепти айтпаңар,
Уруштан кайра тартпаңар.
Кайгылуу кепти айтпаңар,
Казаттан башың тартпаңар.
Өткүрдөн кылыч чечиңер,
Өлтүрүп казы* кетиңер,
Өлгөнүң шейит кечиңер.
Уруму тийсе чекеге,
Урушка чыксаң жекеге
Шо жерде шейит болгонуң,
Узаганың Мекеге.

Ак бараң кийип чекеге,
Алыша чыкса жекеге
Ажал жетип өлгөнүң
Аттанганың Мекеге.
Учмакты көздөп учарсың,
Нурдун кызын кучарсың.
Жаннатты көздөй жанарсың,
Берсе кудай өлүмдү,
Бейиште чырак жанарсың».
Бу сөздү айтып ийгени,
Мусулман атка мингени,
Жоо-жарагын кийгени.
Олжолуу келген капырга,
Ойдо-тоодо жакырга,
Алда! – дешип, буркурап,
Ат коюп калды калың кол,
Азиреттеп чуркурап.
Желектин баары желбиреп,
Кайдан жетип келди – деп,
Капырдын баары элбиреп.
Үмүт үздү жанынан,
Көргөн жерде көпчүлүк,
Мусулмандын шаңынан.
Кулак тунуп куруду
Аткан мылтык адамдын
Айгайлаган даңынан.
Адамдын үнү даан-даан,
Жазайыл үнү заан-заан,
Тозулбаган тозоң чаң.
Тартылган керней бапылдап,
Кагылган доол дапылдап,
Тартылган сурнай такылдап,
Атпай журту мусулман
Аламан коюп шаркылдап,
Көтөрүлгөн туу болду,
Кулак тунган чуу болду.
Алган Азат бир жолду,
Кыргыздын баарын кыйратып,
Олжо кылган көп колду.
Астынан чыгып мусулман,
Айта турган кеп болду.
Келе жаткан капырды
Кейишке салып акыры,
Тозоңун тоодой сапырды,
Кетти баштан акылы,
Акылынын кеткени,
Ажалынын жеткени,
Боордон сайган найзалар
Сыртынан чыгып кеткени.
Артылган бойдон кош калды,
Аттардын баары бош калды.
Кесилген жерге баш калды,
Төгүлгөн жерде жаш калды.
Аламанды түрк уулу
Коюп кетип баратыр,
Айбалталап чокусун
Оюп кетип баратыр,
Алтымыштан, элүүдөн
Союп кетип баратыр,
Кара канга камбылдар
Тоюп кетип баратыр,
Заманасы капырдын
Тарып кетип баратыр,
Карындарын ар жерге
Жарып кетип баратыр.
Азиреттеп мусулман
Чуулап кетип баратыр,
Ичегисин иттердей
Чубап кетип баратыр.
Кара көзүн капырдын
Тешип кетип баратыр,
Кара башын ар жерге
Кесип кетип баратыр,
Кардын жарып ар жерге
Эшип кетип баратыр,
Качкан капыр туш-тушка
Безип кетип баратыр,
Кууп жетип келдесин
Кесип кетип баратыр,
Кара боорун капырдын
Эзип кетип баратыр.
Кызыл канын кыяга

Жошуп кетип баратыр,
Качкандардын алдынан
Тосуп кетип баратыр.
Колдон чыккан айбандар
Бозуп кетип баратыр.
Таң ата келип салышкан,
Ошондой жорук ойдо жок,
Ойдо, тоодо калышкан,
Олжону мыктап алышкан,
Былк этпей жаткан жеринде
Мындан мурун барышкан,
Мыкмырылып калышкан.
Эң албадым дегени
Эки-үчтөн жылкы алышкан,
Кыябы менен кыз кармап,
Мыктысынып калышкан.
Мыктылык чыкты көтүнөн,
Каралды учуп көзүнөн,
Көп аскер чыгып бетинен,
Ар бир түрдүү иш болмок,
Адамдардын нээтинен.
Тандалган көттө калмагы
Так дигерге калганы,
Токсон миң келген адамдар,
Тогуз миң араң калганы,
Тоз-тоз кылып баарысын,
Тоодон-ойдон кармады.
Тогуз миң элүү үч кишиси
Ажалы жок кутулду,
Өлүм болуп башкасы
Тозок жакка тутулду.
Каддар-Баян, Карагул
Катар өлдү мына бул.
Шылоонго Кыргыл кез болду,
Шылоондон Кыргыл тез болду.
Тездик эмей неткени,
Кыргыл чалдын найзасы
Шылоонго мурун жеткени.
Сол кулактын көнчөгүн
Жарган бойдон Шылоондун
Найзасы алыс кеткени.
Кый сүбөгө келтирип,
Кыргыл чал найза салыптыр,
Оң бөйрөктөн оркоюп,
Найзасы чыгып коркоюп,
Өлдү Шылоон тоңкоюп.
Азиреттеп укканда,
Алачтап айгай чыкканда
Колго түшкөн ургаачы
Кубанбай барбы турбасы
Баары бирдей баатырлап,
Баатырлардын баарысы
Ат койгон бойдон чатырлап,
Каптап кирип келгенде
Кадыр Алда жар болуп,
Каяктан жетип келдиң? – деп,
Катыгүн, аке, менмин – деп,
Алып жүргөн капырды
Коё бербей акыры,
Ордуна келип акылы
Жармашканы дагы бар,
Эркектен колго түшкөндөр
Мындай кудай бербес – деп,
Кармашканы дагы бар.
Баталак менен Эриме,
Баш балакет түшүптүр
Манжылыктын элине,
Көлүктөн түшүп түйүлүп,
Көпчүлүктү көргөндө
Көп адамдар сүйүнүп,
Бактыбыз бар экен – деп,
Басып жүргөн дагы бар,
Баландын эли элем – деп,
Айлынан киши издешип,
Азып жүргөн дагы бар.
Капырдын жоосун көрдүм – деп,
Карк алтын мынча жамбыны
Мына шу жерге көмдүк – деп,
Олжо кылбай калмакка
Ошону кайтып алмакка
Казып жүргөн дагы бар,
Адашып калып салыктан,
Жазып жүргөн дагы бар.

Нак ушу жердин өзүнө
Алты күнү токтошуп,
Миңден, жүздөн топтошуп,
Өлүктөрүн көрүшүп,
Өкүрүшүп көмүшүп.
Бакдөөлөттүн балдары,
Бай Жакыптын зардалы
Төртөө өлүп калыптыр,
Аны көрүп Абыке
Айгайды кыйла салыптыр.
Козголуп көчүк ордунан
Кочкор тирүү калыптыр.
Кызышып калдык кытайга,
Кагышып калдык Каканга,
Каза жетти көп жанга,
Беттешип калдык Бээжинге,
Аскерин арбын алсын – деп,
Азыр келип калсын – деп,
Кол жыйылсын алачтан,
Капыр менен мусулман
Калк намыска талашкан,
Айбаты журттан бөлөкчө
Айдаркан уулу эр Көкчө
Карагай найза боолаштык,
Капырга кайра жоолаштык,
Жардамга жайың барбы? – деп,
Жайдары Манас келе элек,
Алышар алың барбы? – деп,
Карашар кадыр барбы? – деп,
Абыке катты жаздырып,
Кырк чоро мөөр бастырып,
Он жети киши чакырчу
Оролду көздөй чаптырып,
Кызмак көрдүк бу жайдан,
Кыргын көрдүк кытайдан.
Кара туттук сизди – деп,
Озунуп кайрат кылбасаң,
Ойрон кылар бизди – деп,
Кыпчактын болгон кыйыны,
Кырк миңге толгон жыйыны,
Атаңдын аты Таз эле,
Азелден айлың аз эле.
Дугул кыпчак баш элең,
Кагышып калдык Каканга,
Болушарың барбы? – деп,
Болушар жайың бар болсо,
Ортого койдук малды – деп.
Эгер жардам бербесең,
Алды кытай, алды – деп.
Жарагы бойго карк толгон,
Сайганы журтка дүң болгон.
Жасоосу жети миң болгон,
Жайсаңда мындай ким болгон
Акбалтанын Чубагы
Аралдын боюн жердеген,
Арстан Манас кеткени
Акылга ар кез келбеген,
Кагышып калдык Каканга,
Казаа жетти көп жанга.
Кырк баатырдын бирисиң,
Кыйналганды билерсиң.
Келбесең кесир кылдың – деп,
Келдени бөөдө кыйдың – деп,
Аскерди арбын жыйгын – деп,
Ага да кабар салганы.
Анын ары жагында
Көкмөктүк уулу Керкөкүл,
Ат жеткис жерде калганы.
Анжиян, Букар арасы,
Бир чекесин караса,
Самаркандык талаасы,
Жабайыны жердеген
Жанай баатыр эр деген,
Кабар катуу тийген соң
Бачымыраак кел деген.
Ат кеткен жерге кабарды,
Ар тарапка чаптырды
Алтыдан, бештен чабарды.
Аны таштап салыңар,
Кызыл чок кытай кабарын
Айтуудан угуп алыңар.
Баталактын калкынан

Бармак үчүн Бээжинге
Төрт жүзү жөнөп калыптыр,
Өткөрбөстөн төрт жүзүн,
Кароолчу тосуп алыптыр.
Кароолчуга каралап,
Канча кыргыз барыптыр.
Өз жеринен жол бербей,
Өңкөй кыргыз балдары
Өжөрлүгүн салганы,
Өткөрбөй тосуп алганы.
Алда билер бул иштин
Чыны канча, жалганы.
Эрименин элинен,
Баталактын жеринен
Жети ай он үч күн болду,
Кабар тийбей тим болду,
Алардын аты ким болду.
Көп калайык быякта,
Көмүлдүбү – деп, ойлойм,
Көрүнбөй жатып тыякта.
Кайкылуунун бели бар.
Кайкылуу белин кармаган
Кара кыргыз эли бар.
Кабар андан алмакка
Каяктан барар жери бар.
Күн чыгыштын жанубу,
Көлдүү дайра туругу,
Муют кара көлү бар,
Күн чыгышы жагынын
Жана түштүк жагында
Жабайы жапан эли бар.
Аны менен айланып,
Адам барып келгенче
Алты айчылык кеби бар.
Акылдашып алганы,
Кан Коңурдук агасы,
Какан шаар калаасы,
Заңгыр дөө баласы
Заңзал деген кыз экен,
Самаганы куш экен.
Ар түрдүүдөн куш баккан
Аярдын бири ушу экен.
Өзүнүн баккан өрдөгү
Өзгөчө кыйын өрнөгү.
Баш күнүнөн маш кылып.
Бир-эки күндүк жолдордон
Кат байласа көтөрүп,
Кабар алып келгени.
Кытайдын баары ыйгарды,
Каз өрдөгүн чыгарды.
Баталак жолу бек күндүк,
Андан ары Эриме,
Он үч күндүк жерине
Өлчөп өрдөк учурду.
Учуп куш жолго салганы,
Эки күндө, бир күндө,
Эримеге барганы.
Баңсаң деген калмагы,
Калмагынын жанына,
Ат байлаган мамыга
Барып конуп калганы.
Ат агытам – деп, барып,
Баңысаңдын баласы
Өрдөктү көрө салганы.
Агыта турган аты бар,
Мамыда турган бир өрдөк,
Моюнунда каты бар.
Катын көрүп каркыбар,
Баңызандын өзүнүн
Калдайган жакын баркы бар,
Окуп катын алганы,
Ойрон болгон биздер – деп,
Катка жазып салганы.
Балыңбаң деген бир даны
Өрдөктүн жээр жеми экен,
Жеп алган соң бул аны,
Учту өрдөк көк жакка,
Келди Бээжин көп жакка.
Каттан алып кабарын,
Куштан кылып чабарын,
Мусулмандын мазагы,
Берсе болот жазааны,

Калбасын бүтүн казаны.
Эр Коң төрө баатыры,
Кыйындын баары кыйналып
Эчен түрлүү акылы.
Кырмуз уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Незкара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Бир жарым айлык жолдо экен
Каңгайлардан Ороңгу,
Эки айлык жолдо эли бар
Каткаландын Сайкалы,
Солоондордун Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Алыскы жолдо бу күндө
Солобонун Соорондук,
Алооке менен Соорондук,
Ал экөөн таштап салыптыр,
Башкалары баш болуп,
Бадышасы Эсен кан,
Кызматына караган
Кытайдан бар эчен жан.
Сундуң менен калдайы,
Журт бийлеген далайы.
Түгөтүп түрктүн тукумун,
Койбостукка бел байлап
Ыраак менен жуугунун,
Саркердеге жан жетпей,
Өкүмүнөн жат кетпей,
Колду койдой айдады,
Жаракты мыктап жайлады,
Миң кишинин бирине
Алтындан диңсе байлады.
Билимдүүлөр карады,
Биле албай кытай эсебин,
Миңин бир деп санады.
Санаты миңге толуптур,
Сапарга чыкмак болуптур.
Камданган бойдон кандары,
Кара кытай заңгары
Түмөн-түмөн кол алып,
Жүрмөк болду а дагы.
Аларды таштап салыңар,
Арстан Манас баатырдын
Алда эмне сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Ажыдан кайра жаныптыр,
Алда! – деп жүрүп калыптыр.
Кашкардын сырты Сары-Жол,
Нойгуттун журту анда мол.
Акбалтанын Чубагы
Баатырын угуп бу дагы
Тогуз кызыл нар алып,
Токсон миң дилде зар алып,
Көрүшмөккө баатырга,
Көп жайды көргөн бакырга
Кашкардан чыкпай бой кошуп,
Как ушу жерде жол кошуп,
Амандашып алышып,
Айтуу сөздөн канышып,
Ал олтурган кезинде
Тейиттин келди Жанайы,
Кабарын уккан канкордун,
Как ушу жерде жолугуп
Кара кыргыз далайы,
Төрө Төштүк жолугуп,
Төрөлөрдүн баарысы
Ажы болуп келди – деп,
Арстан эрге барышты.
Таптык журттун четин – деп,
Көрдүк элдин бетин – деп,
Ар кептин айтып орунун,
Айтып ада кылганча

[1] *деб.* Түп нускада мындай сөз жок. Бирок бул жерде анын болушу зарыл. Ансыз саптагы ыргак бузулуп, муун ченеми өксүп, мазмунга да зыян келет. Кыясы, катчы жаңылып, сөздү жазбай кеткен өңдөнөт.

Ажылыктын сонунун,
Кара жаак эр Үрбү
Астына келди бу дагы.
Тогуз желдет кул алып,
Торгун, тубар, шайыдан,
Тогуз төөгө бул алып,
Ак жамбыдан жүздү алып,
Алтындан жамбы үчтү алып,
Бу да келип калганы,
Аларды көрүп ажысы,
Ак дастар болуп таажысы,
Тобурчактан мингизип,
Тонун торко кийгизип,
Азат кылып кулдарын,
Айдап ийип буларын,
Арстан Манас жөнөлүп,
Аксы менен Турпаны,
Турпандын туура жагы бар,
Турукту деген сайы бар,
Өз элине караган
Ботолук деген жайы бар,
Ботолукка бет алып,
Баатыр колго салганы,
Улуктардын урматы,
Ошол жолдон кошулуп,
Он миң болуп калганы.
Төштүк,Үрбү башында,
Төрө Манас кашында,
Аяндынын чатында,
Жакын келе жатканда,
Чамбылала чаң болуп,
Кызылала кан болуп,
Колу сынып карыдан,
Коркуп кара жанынан,
Колун катып койнуна,
Кан куюлуп мойнуна,
Эштектердин эли экен,
Эмки караар жакшысы
Эр Жамгырчы дээр экен,
Чеге деген бир жигит
Жетип келип калганы.
Ажынын баары селейип,
Адамдын баары делдейип,
Алар токтоп калыптыр.
Не болгон адам сенсиң – деп,
Эр Манас сурап салыптыр.
Чеге жигит кеп айтат:
«Козголду Бээжин калаасы,
Ажыга кетип калды – деп,
Кыргыздын кыраан Манасы,
Кытайдын баары жам болуп,
Баштаган Эсен кан болуп,
Койбойбуз – деп, буларды,
Козгоймун – деп, Букарды,
Сапырам Самарканын – деп,
Так эгерде койбойбуз
Түрк уулунун жанын – деп.
Түрк уулунан түк койбой,
Түгөтөбүз аны – деп,
Келе жатат акыр – деп,
Кейпи жаман такыр – деп,
Алды-артына көз жеткиз,
Кежиреген капыр – деп.
Ал ишин билип эр Бакай,
Алтайды таштап салыптыр,
Алтайдан элин көчүрүп,
Аксыны көздөп калыптыр.
Тил алган көсөм жөкөрү,
Ала-Тоонун чеги экен,
Ат-Ойнок менен Көкбөрү,
Баяндынын чөл жакка,
Теңи өтүп Терс-Маёодон,
Ыктап алач барыптыр
Аягы Ысык-Көл жакка,
Көсөм Бакай карысы,
Көчкүн мындан ылдам – деп,
Көп айткан экен баарысы.
Айтканына болбоптур,
Абыкенин агасы
Медет, Седет, Дебеги,
Жана да Байит дегени.
Төртөө болбой калыптыр,

Болбогон менен аларды
Төбөдөн уруп салыптыр.
Жердеген экен Амурду,
Жетип өлүм табылды.
Караган кырк миң үй экен,
Кайгысы жок жүр экен.
Камданып кытай калаасы,
Жарагын бойго толтуруп
Каргаша кандын баласы,
Как ушинтип жатканда,
Мында калган кырк баатыр,
Ушу күндө бир жүз миң.
Кайкылуунун жолунда,
Каруу-жарак колунда,
Тосуп жатыр көк баатыр.
Аргасы кетип ал колдон,
Көңүлү айнып көп колдон,
Басты Байкал көл менен,
Манжурия чөл менен.
Бир чекесин сурасак
Керме тоонун учу – дейт,
Семендинин тушу – дейт.
Бир чекеси – түштүгү
Терс-Маёнун музу – дейт,
Ортосунда оюнда,
Дагалак талаа боюнда,
Чолосу жок кол – деди,
Каптаган кытай бер жакка
Кара курттан мол – деди.
Уккан, көргөн жумушум
Угар болсоң шол» – деди.
Уккан жерде баатыры –
Ачууланып акыры,
Башта калбай акылы.
«Көрбөгөн Бээжин кытайбы,
Көөлөгөн экен бу жанды.
Тунуп калам – деп, жүр го,
Душман тутат кудайды.
Жакшылар жалпы камдангын,
Кудайдан жардам сурайлы!»
Ал сөздү айтып акыры,
Ачууланып баатыры.
Асы менен Жөлөктөн,
Аягы Ысар, Көлөптөн,
Узактан колду чакырды,
Урум журттан бөлөктөн.
Күн жүрүш жагы акыры
Тагылыктын калкы бар,
Жаалданып каркыбар,
Катчыга катын каздырып,
Калдайта мөөрүн бастырып,
Дин ыслам калкынан
Эмесин койбой чакырып,
Ашыгып колго салыптыр,
Алты карым күн жүрүп,
Астын көрдү үркүндүн,
Камбылга келип калыптыр.
Үркүндүн астын көргөнү,
Ачуусунан ал жерде
Ажалы жоктон өлбөдү.
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып
Кандалчынын кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Ызгаары көздүн жалындай,
Камбылдын кара суусуна
Канкор конуп калыптыр.
Кабарын канык уккан соң,
Каныкейге чапкылап
Кадыр Жайнак барыптыр.
«Айтканымды туюнчу,
Апаке – деди, сүйүнчү.
Алда тилек берди – деп,
Ажыдан баатыр келди – деп.
Кудайым тилек берди – деп,
Кутмандуу төрөм келди!» – деп.
Ал сөздү айтып киргени,
Андан мурун Каныкей
Алты күн мурун билгени.
«Жапырагы сары алтын,
Тамырынын баары алтын,
Бутагынын мууну алтын,

Оно бою жуда алтын,
Көлөкөлөп калыпмын
Ошондой алтын чынарды,
Кармап бутак түбүнөн
Кара кашка тынарды.
Баркылдаган доошу,
Колумдагы тынардын
Кулагыма угулду,
Кыян кара сел каптап,
Чынар терек жыгылды.
Катарында кара тал,
Канчасы кетти кыянга,
Как ушу жерде таң болом,
Бул өңдөнгөн аянга.
Алыска кеткен төрөм – деп,
Андай болсо ат току,
Ажынын жүзүн көрөм!» – деп.
Акыр көрүп бир калсам
Арманы жок өлөм – деп,
Бу сөздү айтып ийгени,
Байбиченин боз жорго,
Баса минип ошого,
Дастар салып мойнуна,
Баласын салып койнуна,
Делбегинин Бегимжан,
Атакулдун Алымкан,
Алар менен кошулуп,
Алты катын кошчу алган,
Арманы жок жан өтпөй,
Калбаган кимден бу жалган,
Калк жыйылып келсин – деп,
Капкайда берип кабарын,
Катуулатып чабарын,
Аз гана эмес молдо – деп,
Каран Бээжин, Бакбурчун
Айлыктан алыс колдо – деп,
Түрүлүп кытай келгенче
Кара ногой тукумун
Кадыр Алда колдо – деп,
Кара жанда кайгы жок,
Калың журттун камын жеп.
Төгүлөрмүн толсом – деп,
Кайгырбастан сүйүнөт
Казаттан шейит болсом – деп.
Урматтуу көлдөй толсом – деп,
Убайым жок олтурат,
Уруштан шейит болсом – деп.
Ойлонгон ою ал болуп,
Олтурган оён баатыры
Ок жыландай толгонуп,
Каралдымды көрсөм – деп,
Атасынын көрү капырдын
Казатынан өлсөм – деп.
Перзентимди көрсөм – деп,
Пейили бузук капырга
Беттешип жүрүп өлсөм – деп,
Олтурган экен жайында,
Камбыл суунун сайында.
Кирип-чыккан кишилер
Бир-бирине кеп айтып,
Бир топ катын көрүнөт,
Бу не шумдук – деп, айтып,
Ойлоруна алганы
Ошонгуча Каныкей
Отоого келип калганы,
Астына келгени апаңыз
Атынан түшө салганы.
Аңдоосуз турган төрөңүз
Аягын кадам салганы.
Кирген  жерден баатыры
Амандык сурай калганы.
Кутмандуу болсун таажыңыз,
Куттуу болсун ажыңыз!
Каныкей аны сүйлөдү,
Үч жарым жаш жашында.
Баатырга Каныш киргенде
Эр Манастын кашында
Бала баркырап ыйлап ийгени.
Баланы көрүп бакырып,
Баатыр алды колуна,
Байкагын сөздүн соңуна,
Талабы артык эрлердин

Кылым айран калгандай
Кылганынын чоңуна.
Атка арткан ак сандык,
Төрт булуңдуу чак сандык,
Төрөң оозун ачтырып,
Төрт тараптын баарына
Садагага чачтырып.
Баланы көрүп сүйүнүп,
Баатырлардын баарысы
Ызат кылып Каныштты,
Курбу-курдаш баарысы
Көк жалды көрүп жашоорup,
Көсөм баатыр Алмамбет
Калган экен башы ооруп.
Каныкей үчүн кайышып,
Семетей үчүн майышып,
Баланы көрүп кубанып,
Баатыр Алмаң буралып.
Найзадан болгон желек – деп,
Арстандан болгон белек – деп,
Жандашпас буга бөлөк – деп.
Тулпардан калар туяк – деп,
Туйгундан калар чунак – деп,
Баркыраган бала үнүн
Угар бекен кулак – деп.
Караңгы кара кечинде
Капкада жанган чырак – деп,
Алмамбет айгай салганы,
Токтоло албай Токотой,
Баланы колго алганы.
Баягыдан бешбетер
Бакырыгын салганы.
Сыргак баатыр зыңкыйып,
Оң бетинен бир сүйүп,
Сол бетинен бир сүйүп,
Караса көздөн өрт күйүп,
Азыркысын аңдасам,
Ызатта өскөн бала – деп,
Ырыскы канча кара – деп,
Кубанчта турган бала – деп,
Кубаты канча кара – деп,
Жаш кыйлага жеткенде,
Жарак бойдон кеткенде
Көрсөткөн көзгө Алда – деп.
Көп жыгачтан бийиктир
Көк бутактуу алча – деп,
Алда Таала бир билер
Көрөр күнү канча – деп,
Сыргак колуна алганы,
Сырттан эрлер бир-бирден
Өөп-жыттап калганы.
Абасы алып баланы,
Алар антип турганда
Алтынай менен Акылай,
Алар жетип барганы.
Амандашып баатырга,
Кайыптын кызы Карабөрк,
Катында болбойт андай көрк,
Бу да кирип келиптир,
Кара ногой уругу
Жуда келип калыптыр,
Ошо жердин өзүндө
Он беш күн орун алыптыр.
Ар тарапка чаптырган
Аскери келип калыптыр.
Көпкөк темир жамынган,
Көк жолборстой чамынган
Көсөмдөр келип калыптыр.
Көргөн жоону соо койбос,
Ак күрөөкө жамынган,
Арстандай чамынган,
Ажал десе сагынган
Баатырлар келип калыптыр.
Баяндап сөзүн сүйлөгөн,
Баары журтун бийлеген
Акылман келип калыптыр.
Кайраты каркап толушуп,
Кайра тартпас болушуп,
Көсөмдөр келип калыптыр.
Кармашкан моосун оң кылбас
Көсөлдөр келип калыптыр.
Кара жанын карч урган
Караңгы түндө чарк урган
Эшен келди бу колго.

*Жетинчи*

## КЫТАЙ УРУШУП ЖАТКАНДА МАНАС АЖЫДАН КЕЛИП КАЛЫП, УРУШУУГА КОЛ ЖЫЙГАНЫ

Кара тилин бүлөгөн,
Кан алдында сүйлөгөн,
Кызыл тилин бүлөгөн,
Кысталышта сүйлөгөн
Чечен келди бу колго.
Кылыч чабар адистен
Эчен келди бу колго,
Отурса оонап турбаган,
Бечел келди бу колго.
Менменсиген бектерден
Эчен келди бу колго.
Аксы, Турпан арасы
Адамга толуп бир жолдо.
Арстан Манас келгени
Кабар тийип оң-солго.
Өз алдынча жол алып,
Жетимиш миң кол алып,
Сасык айран, көк курут
Көкөтөйдүн Бокмурун.
Өзүбектен кол алып,
Аскердин аяк жагында
Бу да келип калыптыр.
Каратегин калчасы
Жуда келип калыптыр.
Жер дүнүйө карк толуп,
Он бир жүз миң кол болуп,
Жеркент, Котон, Кейүүсү
Арбын экен келиши.
Аты жокту билишип,
Аты жоктун баарысы
Акырган эшек минишип,
Качыр минген канчасы,
Канзаада бедөө минишип,
Каратегин калчасы,
Тагырма менен Таш-Коргон,
Кенжуттан келген аскерге
Карарган шаар карк толгон.
Суу балык сууну бойлошуп,
Кытайга кыргын салмакты
Кыйындын баары ойлошуп.
Кан жээни Жүгөрү
Казатка беттеп жүргөнү.
Бара турсун баарысы,
Мына ушундай түрдө[1] өткөн
Бадышалардын намысы.
Оён Манас баатыры
Ойлонуп туруп акыры,
Ондурбай коёр бекен – деп,
Оболдон душман капырды.
Калктын баарын кайтарып,
Казатка тандап эл алып,
Кайраты ашык эрди алып,
Жоо жооларга эл алып,
Жоругу башка эрди алып,
Калың аскер айдатып,
Каптаган кытай кайда? – деп,
Казаттын камын бүгүн жеп,
Кайраттуулар жүргүн – деп,
Какалык деген жери бар,
Камбылдан өөдө чени бар,
Жаңыдан Манас болгондо
Кытай менен кыргыздын
Кылып койгон чеги бар,
Чектен өтүп бир күндүк,

[1] *түрдө.* Мындай сөз кол жазмада жок, бирок ушул, же ушуга жакын сөздүн ыр сабында болушу зарыл. Ансыз ыргак, муун өлчөмү бузулат, мааниге да зыян келет. Кыясы, катчыдан ката кеткен.

Токтолук тоонун оюна,
Тойдун суунун боюна
Аскери конуп алыптыр,
Кытайдын кыйры кайда – деп,
Күн жүрүш жагын чалыптыр.
Кылайган бенде көрө албай,
Баргандар айран калыптыр.
Күн чыгыш жагын чалыптыр,
Төрт күнчүлүк жол басып,
Жүрө албады аттары,
Адамдын шору катканы,
Наспайга салар суусу жок,
Адамдан бирин таппады.
Бияктын жери бул экен,
Былкылдаган кум экен,
Мындан эме таппады.
Чалгынчылар кеп айтып,
Козголгону кытайдын
Жалган окшойт – деп, айтып.
Чалгынчы кайтып келиптир,
Күн-түн алты болгондо
Адам таппай келдик – деп,
Аскерге кабар бериптир.
Көрсө кытай аскери –
Көз жетпеген көп эли
Азиянын чети – деп,
Ала-Тоонун бети – деп,
Атагын уксак түрк – деп,
Асты тынчтык бербеди
Ала-Тоодо жүрүп – деп,
Айдап ийип келелик
Ары карай сүрүп – деп,
Муздукту көздөй салыптыр,
Мурунку келген көй баатыр
Каптап келген капырды,
Кайраты ашык баатырды
Көзү көрүп акыры,
Көөдөнгө сыйбай акылы.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Өңүнөн чыгып сарысы,
Өмөлүп кирип келгенде
Өңкөй кытай баарысы,
Тозуп-тозуп турушуп,
Тозот менен урушуп,
Кез-кез жерде турушуп,
Кезектешип урушуп,
Арстандай кырк баатыр
Амал менен капырга
Алдырбастан келатыр,
Оёндор уруш салыптыр,
Ошенетип олтуруп
Ошпурдун ойдуң талаага
Оёндор келип калыптыр.
Оболку жаткан жеринен,
Кайкуунун кара белинен
Капырлар сүрүп алыптыр.
Каптаган экен көп капыр,
Карсылдашып көй баатыр,
Кайраты качып келатыр.
Ошпурдун оюу талаада
Көпчүлүгү көмүрдөй
Калдык – деп, кара балаага.
Канзааданын баарысы
Кайгы кирди санаага.
«Аркада Алтай калды – деп,
Аны да капыр алды – деп,
Дин мусулман уулунан
Динге балбан кулунан
Жардам тийбей калды – деп,
Күн батыш күлдү мусулман,
Азия жерин азсынып,
Не келдик экен ушундан.
Канча атабыз өтүптүр,
Калабалуу капырлар
Азыр келип калыптыр.
Ала турган табына
Арстан Манас болгону
Асылганын койбоду,
Анжы-манжы, Тыңшаңды
Аламын – деп, ойлоду.
Капырдын алдык колунан

Кара шаар, Камбылды,
Кайраттуусун нан кылды.
Кууп сүргөндө Кумулду,
Кыраан Манас баатырдын
Кыйын жайга кеткени
Кытайга кандай угулду».
Бу сөздү айтып буркурап,
Жүз он бир миң аскери
Жүдөп ыйлап чуркурап,
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Төрөлөр минтип зар айтып,
Төөгө кошуп, нар айтып.
Көзүнө айнек салышат,
Турнабайлуу тургандар
Көрүп айран калышат.
Не кыларын биле албай,
Тешип жерге кире албай,
Көк ала жашыл тондору,
Көпчүлүктөн жери жок,
Бир айчылык жолдору.
Жашылала тондору,
Жер көрүнбөйт жолдору.
Кара күрмө, жеңи жок,
Калдайы бар, беги жок,
Караса өлчөп капырды
Кармашуунун эби жок.
Жашыл күрмө, жеңи жок,
Жаң-жуңу бар, беги жок,
Санат жеткис капырга
Сайышкан менен эби жок.
Торгун күрмө, жеңи жок,
Доотайы бар, беги жок.
Тосту кандай мусулман,
Толкуган көлдөй капырга
Согушкан менен эби жок.
Канжадан түтүн буркурап,
Каңгайлашып чуркурап,
Ооздон түтүн буркурап,
Ойбой салып чуркурап.
Көкүлү аттын жалындай,
Көсөлдөрдүн муруту
Чак балканын сабындай.
Айдарынын жоону
Алты жашта баладай,
Алды-артына карабай,
Ар биреөнүн башы бар
Алты карыш чарадай.
Сакалы колдун салаадай,
Асты өлүмүн санабай,
Балбандардын күрсүсү
Эки жылдык танадай.
Байкап көрсө ушуну,
Баатырлардын найзасы
Бери болсо беш жүз кез
Бери ургурдун узуну.
Камыштан кыйып каптаган,
Таш желим менен чаптаган,
Бөрү тил учун чыгарган,
Заар менен сугарган
Ар биреөнүн найзасы,
Андайды көрсө куурулар
Атпай угуз айласы.
Мурун жүргөн дини бир,
Булдурашкан тили бир.
Абунасир келген соң,
Аманатың ушу – деп,
Аккелте мылтык берген соң,
Түркүнүн сөзүн башташкан,
Кытайдын тилин курсун – деп,
Түк айтышпай таштboard.
Аралаш өсүп мурунтан,
Ар жерде сөзүн башташкан.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Кытайлардын балбаны,
Кыйла күчү барлары
Моюнга саадак илишет,
Кыйындары кыргыздын
Кытайдын тилин билишет.
Колуңдан келсе койбо – деп,
Өлтүрмөктү ойло – деп,
Кайратың каркап толор – деп,

Чабышкан менен чантуулар
Бири минди кырган соң,
Өзү да, өлүп болор – деп,
Айткандары мындай кеп.
Алты таш жерге жаа тиет,
Саадакчысы нетер – деп,
Каа тарткандын жанында
Мылтыктын огу бекер – деп,
Апийимин сорушуп,
Сарканасы алтын канжага
Нашааны салып коюшуп,
Арылдата сорушуп,
Айбатына толушуп,
Алда Таала кудурет
Адам жасап ар кандай,
Ар бир түрдүү кытай бар,
Башындагы мүйүзү
Найзадан мурун сайгандай,
Кай бирөөнүн көчүгү
Тыйтайган алгыр тайгандай.
Кан бирөөнө караса,
Көзү бүтүп жаакка
Кулагына жанаша,
Көрсө ошондой тамаша.
Кай бирөөнө караса,
Каңылжаары каңкайып,
Бир жарым кез мурду бар
Кара кырдай заңкайып,
Кай бирөөнүн кулагы
Капталда жүрөт залкайып,
Кай бирөөнүн эмчеги
Наабайчынын дандырдай,
Төшүндө тур даңкайып.
Албан түрлүү капырлар,
Оён-оён баатырлар.
Кайсы бири жөө жүрөт,
Өмүрүнүн ичинде
Айбан аттан минбеген,
Аягын атка илбеген.
Миң түрлүү кытай баары бар,
Сүдөң урук кытай бар,
Кытайлар тилин билбеген,
Кыяңды деген калкы бар,
Өздөрүнүн өлүгүн
Өзү жеген каркыбар.
Атасы өлсө баласы,
Баласы өлсө бабасы,
Лайлама – деп алган,
Ыпым неме таштабай,
Өзүлөрү жеп алган.
Талкуу деген калкы – дейт,
Өмүрүнүн ичинде
Жыйып алып жылан жейт.
Бадирегиң чоң Коңур,
Баарысына кабарды
Сегиз айдан бер жакка
Салган экен оңбогур,
Кытайыңдын аскери
Кырдан, ойдон кыжылдап,
Каптап келип калыптыр
Кара курттай быжылдап.
Жүз миң жана он бир миң
Жүдөгөндөн шашыптыр,
Бир-бир, бир-бир адамы
Жүз элүүдөн өлтүрүп,
Чыккан аскер көбүнө
Чыдай албай качыптыр.
Ошпурдун ойдуң талаада,
Кандайлыктан капталдык,
Кара кытай балаага.
Кара жанга бир өлүм,
Ажал келди санаага.
Аскерден чолоо көрүнбөй
Адыр, түзү, талаага,
Жаратканы болбосо,
Жардамы жок мусулман,
Жаалы катуу капырдан
Жан кутулбас ушундан,
Бербестикке амандык
Бээжиндин журту бузулган.
Арты үзүлүп калган жок,
Арбындыгы жалган ок.

Куюлуп келет кум өңдүү,
Эч журт болбос бул өңдүү.
Бул сөздү айтып салышып,
Муңканышып калышып.
Алмамбет, Сыргак анда жок,
Андан кийин кырк баатыр
Акылы качып таптакыр.
Чочубай турган жан да жок,
Атагы кырк болбосо,
Айтылбаган андан көп.
Саркердеси сандан көп,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Башы Баба – кары бар,
Күлдүр чагаан дагы бар,
Түрк уулунан түк калбай,
Үркүп чыккан чагы бар.
Кумулдун шашке жагында
Куту бий калаа дагы бар.
Жетиген тарап жагында
Куюндуу калаа дагы бар,
Ошолордун баарысы
Кыргыздын шаары чагы бар.
Калаасына калк калбай,
Кара малдан салт калбай,
Каралашкан сарт калбай
Качып чыккан чагы бар.
Санжы шаар, Токолу,
Сансып жаткан Ажы бий,
Баба-Кары баары бар.
Баш жагында Кумулдун
Байдын шаары дагы бар.
Сыны Сыргак – Жаныгул
Күмөн калаа тургузган,
Күлдү кыргыз баары бар.
Кылайганы түк калбай,
Кыргыз үркүп жөнөлүп,
Кыйгыйлаган чуу менен,
Кытай сүрүп өмөлүп.
Калаасына түк калбай,
Казак үркүп жөнөлүп,
Кайгайлаган чуу менен,
Капыр сүрүп өмөлүп.
Туюктуу тоонун оюнда,
Толкундуу суунун боюнда
Токотойдун шаары бар.
Толкуп кытай чыкканда
Түрк уулуна каары бар,
Ишенбеген эл болсоң,
Издеп барып көрүп ал.
Ушу азыр да баары бар.
Кытай салган дүрбөөндү,
Кыргызды кууп сүргөндү.
Кадамы жетпей башкага,
Качкыны кирип Кашкарга.
Малчысы тоого таянды,
Орто Азия журтуна
Үркүп келип жай алды.
Аягы Алай, Сарколго,
Айтуу болгон оң-солго.
Токтолду деген кеби бар,
Токтолуп тоюнгандан соң,
Кашкарга катар тоосунда
Тоюн аттуу жери бар.
Ал заман жоктур келгиси,
Ар бир жерде көп жатыр
Атаңардын белгиси.
Кырк баатырдын баары бар,
Кытайга чейин шаары бар.
Ошпурда жаткан аскерге
Кылар иши дагы бар.
Адамдын баарын үркүтүп,
Калаанын журтун дүргүтүп,
Төөнүн баарын бакыртып,
Эшектин баарын акыртып,
Калаалуунун баарысы
Тоокторун чакыртып.
Көлүккө жүгүн арттырып,
Алсыздардын баарысы
Арабалап тарттырып.
Алар антип алыптыр,
Эр Манастын журтунан

Неме калбай калыптыр.
Кутулганча үркүнү
Жүз миң аскер кол менен
Жүргүзбөй тосуп алыптыр.
Жүз миң жүдөп турганда
Эчен түмөн кол алып,
Эр Манас кирип барыптыр[1].
Айбан чалыш кытайын,
Айдап жолго салыптыр.
Атактуусу капырдын
Аркасында калыптыр.
Өлтүргөндөн жадашып,
Өз жанына карашып,
Кете турган болгондо,
Кейишке каркап толгондо.
Кача турган болгондо,
Кайгыга каркап толгондо.
Күн батыш жагы күңгүрлөп,
Добуштары сүкүттүү,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Найзанын учу кылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Кыргыздар арзан эл эмес,
Кытайдан саны кем эмес.
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро төбө, Самаркан,
Орол, Эдил, Жайыктан,
Аягы Балык, Бадакшан,
Ушу күндө ошол жер
Куру эмес кыргыз, кыпчактан,
Ажы Манас баш болуп,
Аскери кумдай карк толуп,
Каптап келип калганы.
Кыжылдап келген капырды
Кыргыз уулу болгону
Кырып кайра жапырды.
Башчылары, балбаны
Башынан орун алганы.
Элемандын Төштүгү,
Эштектердин Жамгырчы,
Жедигердин Багышы,
Жеткир чалдын Агышы,
Кара жаак Үрбүңүз,
Кан жээни Жүгөрү,
Көкмөк уулу Керкөкүл,
Көчпөс байдын Жанайы,
Анжияндын Санжыбек,
Ак ала сакал Музбурчак,
Алар келип ушул чак
Койчагыр мылтык октотуп,
Колду сүрүп токтотуп,
Толкуп келген кытайды
Топонун тоодой үйүлтүп,
Топосун үйдөй жыйылтып,
Күрмөсүн чечип кийишип,
Күлүгүн кармап минишип,
Чоркосун тоноп кийишип,
Тополоң салып киришип,
Тобурчак атын минишип,
Аскердин минген көлүгү,
Ат жүрбөгөн тоо болуп
Кытайдын кыргын өлүгү,
Кыргыздан өлгөн көп жандар,
Арбын алып кытайдан,
Айбан чалыш көп заңгар
Корум болгон өлүгү,
Бир кадам да коё албай
Баатырлар минген көлүгү.
Кол сөгүлгөн андан көп,
Коркурап башын жан чыкпай
Жерге урганы сандап көп.
Жаны чыкпай коркурап,
Кан жошулуп шоркурап,

[1] Ушул ыр сабынан кийин сегиз сап ырдын орду бош калтырылган. Эч кандай белги, эскертүү жок. Эмне үчүн мынча жер бош калтырылганы белгисиз. Балким, ушул жерге жазыла турган саптар бардыр. Окуяда үзүлүү анча байкалбайт, бирок сөздөр кошууга болор.

Анжы-манжы, Таңышаң
Аскерге келген эл болуп,
Аяк жагын ат кечпей,
Аккан каны сел болуп.
Андай өлүм көргөндө
Акыры биз да ушу – деп,
Адамдын башы тел болуп.
Өңкөй кытай журтунда
Өжөрлүгү бар экен,
Өлүмдү билбес жан экен.
Уругу угуз балдары
Урушуп үшүн алганы.
Баштатан жүрүп аз болгон,
Адамдар көбү кас болгон,
Калаба-коога көп кылып,
Ушундайда көп жүрүп,
Урушка булар маш болгон.
Камбылдык менен кан төгүп,
Андистик менен кол сөгүп,
Мергендик менен ок атып,
Беттешкенин жоготуп,
Кайрат менен жаа тартып,
Ок тийген кытай аа тартып,
Кыргыз бөрү, кытай кой,
Кытайга түшүп кыйла той.
Той болбосо неткени,
Тозокко жаны жеткени.
Найза тутуп, ат минип,
Албарс кылыч белге илип,
Андистердин баарысы
Уруштан жанбай тез кирип,
Найзадан өлүм болорун
Сайганда кытай да билип.
Найзаны билбес нааданы
Найза кирип бооруна,
А тартып барып жыгылып,
Кан жошулуп сооруга.
Астыңкы келген аскерин
Койбой кырып салган – дейт,
Комур болуп өлүгү,
Эки-үч жылга калган – дейт.
Өткөрбөстөн мусулман,
Өмөлүп келип канча жан,
Колду кырып салды – деп,
Кыргынынан ат жүрбөй,
Жол байланып калды – деп,
Талаага өлүк толду – деп,
Таза кырды колду – деп,
Барган жандын баары өлүп,
Балакет кандай болду – деп,
Көңкүш аттуу аяры
Көт жагына барганы,
Көңкү Бээжин кара курт,
Көп жагына барганы.
Кумулдан өтпөй курудук,
Камбылдан өтпөй кашайдык,
Канеткенде жашадык?
Атыш-чабыш билбеген,
Арбайып атка минбеген
Айбандарды жиберип,
Азезил шайтан мурунтан
Сайгандарды жиберип,
Жарайбы жаткандарың – деп,
Көңкүш аяр көбүнө
Айтып барды мындай кеп.
Айтканын угуп алышты,
Акимдердин баарысы
Калкка кабар салышты.
Бекер жанды айдаба,
Бейорун жерге жайлаба.
Наадандын баарын айдаба,
Армандуу бөөдө жайлаба.
Көптүгүнө ишенип,
Көөзөрдүн баарын айдаба,
Көзүңөр жетпей турабы,
Залал менен пайдага.
Арбындыкка ишенип,
Наадандын баарын айдаба,
Акылың жетпей турабы,
Арты залал пайдага.
Чагаандын журту чачылып,
Шаңкайдан капка ачылып,

Көйкап жактан көп келип,
Айбанга чалыш лөк келип,
Акылы жок, өзү чоң,
Алардын иши болбой оң,
Буйрук кылган Эсен кан,
Бу дүйнөдөн кетиптир
Мындан барган нечен жан.
Озунуп кылыч чапкандан,
Ойлонуп акыл тапкандан,
Ошондойдон жибербей,
Ойрон болду канча жан.
Үйрөнүп атка мингенден,
Үстүнө кийим кийгенден,
Чантуунун жайын билгенден,
Саадагын моюнга илгенден,
Өлүмүн билген эстүүдөн,
Өткүр айткан сөздүүдөн,
Алысты көргөн көздүүдөн,
Акылга толук эстүүдөн
Айдап колго жыйсын – деп,
Наадандын баарын тыйсын – деп,
Эстүүнүн баарын жыйсын – деп,
Баатырдан жыйып алсын – деп,
Балбан, бөкө, макоонун
Баарын таштап салсын – деп,
Акылманды жоктотуп,
Айбанга чалыш балбанын
Азыркысын токтотуп,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Жарагын жалпы окшотуп,
Кытайда баатыр Коңурбай,
Кыялат уулу чоң Калдай,
Кызматкер жыйды бир далай,
Кырмуз уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Незкара,
Калмактан Ушаң суңдуңу,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Карап көрсөң олорду
Көлүктү минсе ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Тулпардын бели ийилип,
Туюк темир кийинип,
Калканың болот камынып,
Капырдан чыккан көй баатыр
Кабыландай чамынып,
Чарайна, соот, кыягы,
Дажаалга окшоп сыягы,
Билге кошун арттырып,
Минтип жолго тартышып,
Бир-бирине капырлар.
Билген кебин айтышып,
Ачалаң деген жол менен,
Айдап алып жөнөлдү
Алты түмөн кол менен.
Эл айдады Ороңгу,
Эр Коңурбай зор менен,
Күшөңдү жайы күн чыгыш
Күдүрлөгөн шор менен.
Күнү болду он сегиз,
Түнү болду он сегиз,
Жолго конбой тептегиз,
Отуз алты күн жүрүп,
Күн карабай түн жүрүп,
Капырлар жолго салыптыр,
Жол боюнда жобогон
Жарадар жатып калыптыр.
Колу сынган, буту бар,
Жолду ката караса
Кордук көргөн журту бар.
Кай бирөөнү караса,
Булар мындан баратса
Буту сынган, колу бар,
Ар бир жерде өлүктөн
Буулуп калган жолу бар.
Өлгөнү өлүп калыптыр,
Өлбөгөнүн дарылап,
Канын жууп аруулап,
Өкмөт жолго салыптыр.
Кай бирөөнү караса,
Азат бою жарадар,
Акылынан таныптыр,

Аларды көрүп алыптыр,
Наалышы тоодон чоң болуп,
Атактуу улук баарысы
Ачууланып калыптыр.
Кумандын кара белине,
Кумулга жакын жерине
Куюлуп кирип барыптыр,
Бээжинден булар келгенче
Калбаны капыр салыптыр.
Уюган чаңы жазылбай,
Урушу *күн-түн басылбай,*
*Андистер каршы турушуп,*
Жаткан экен мусулман
Наадандар менен урушуп.
Кытайдын четин майтарып,
Кыргын салып кайтарып,
*Аламан уруш токтолуп,*
Аттарын жайып откоруп,
Азык-түлүк ичишип,
Канын жууп бойдогу,
Кара сууну кечишип.
Орунун оңдоп алышып,
Оңуп жыргап калышып,
Ойрон кылып капырды,
Он беш күн уруш салышып.
Келгенин кырып кемитип,
Кеңтун, Бээжин алсак – деп,
Кээ бирөөсү демитип.
Жата турсун мусулман,
Бээжинден чыгып бер жакка
Каптап чыккан канча жан.
Аларды таштап салыңар,
Эсен кан кызы Мыскалдын
Кабарын угуп алыңар[1].
Кобур болуп жаш-кары,
Козголуп кытай журттары,
Атагы чыккан канча жан,
Атасы бааша Эсен кан,
Айтышканда сөздөрү
Алмамбет менен Манастан
Манастын кебин башташат.
Кордугу – деп, кыргыздын
Көсөмү көзүн жашташат.
Алмамбетти Манастан
Аңдап турса кай бирөө
Арттырып айтып ташташат.
Жатык тилдүү, ширин сөз
Чечендигин айтышат,
*Калкынан кетип, дин туткан.*
*Эшендигин айтышат.*
Өлүмдөн башын тартпаган
Баатырлыгын айтышат.
Айтканынан кайтпаган
Катуулугун айтышат.
*Кытайда кызык кеби бар*
Миңи үчүн бир кызды
Тартуу бермек жери бар.
Мыкты Кошой катаган
Миң кыз үчүн бир кызды
Атын Мыскал атаган.
Наркын бузбай бек айткан
Акылмандар кеп айткан
Колго тийсе Мыскалды
Алмамбет алат – деп, айткан.
Ал Алмамбет нетти – деп,
Ар тараптан угулгаң
Алмамбет, Манас ал экөө
Зияратка кетти – деп,
Уруштан кабар угулган.
Дагы Манас, Алмамбет
Түбүбүзгө жетти – деп,
Түгөттү кара кентти – деп,
Кыйындар келип калды – деп,
Кыргынды бизге салды – деп,
Өрүшкө койбой малды – деп,
Батбалактын журтуну

[1] Ушул ыр сабынан кийин сегиз сап ырдын орду бош калтырылган. Белги, эскертүү жок. Мындай аракеттин себеби белгисиз.

Баарын чаап салды – деп,
Угулуп турган ушу кеп.
Мыскал бала кеп ойлоп,
Аташканды көрбөсөм,
Арман болор – деп, ойлоп.
Он сегизде жашым – деп,
Оролгон кара чачым – деп,
Атам бааша болгон соң,
Билинбес жакын, касым – деп,
Жашым жетти он сегиз,
Куруп калган дүйнөнү
Кубанып күттүм тептегиз.
Лагыл-жакут, зумурут
Казынамда карк турат.
Ургаачы бенде болгон соң
Эркекке тиймек нарк турат.
Түпкү атабыз Кабылды,
Обо эне тийип Адамга,
Ушундай нарк табылды.
Алмамбетти ойлонсом
Акылым баштан жаңылды.
Мусулман, капыр болушуп,
Бу күндө коога толушуп,
Мурунку заңды коюшуп,
Баары адамдын баласы
Байкуш менин тушумда
Балакетин карачы,
Баары өлүмгө бел байлап,
Аракетин карачы.
Аталып калган жайы бар,
Алмамбетти көрсөм – деп,
Арманым жок дүйнөдө,
Андан кийин өлсөм – деп.
Суңсаң деген аярын
Чакырып алып келгени,
Акысына аябай
Зумурут, көөкар бергени.
Кумулга жакын Каталаң,
Алып анда кел – деди,
Аянбагын сен – деди,
Арзыганың дүйнөбү,
Аябаймын мен – деди.
Укса сонун ушу бар,
Ал аярдын багуучу
Курсаңды деген кушу бар.
Канаты жазы чатырдай,
Куйругунун үстүнө
Отоо тиксе баткыдай.
Билеги жоон, мойну узун,
Орун кылып өзүнө
Жай кылып куштун соорусун,
Тилмеч кылган куш экен,
Тим сонуну ушу экен.
Көп дүйнө, көөкар алыптыр,
Көтөрүп алып куш учуп,
Каталаңдын калаага
Суңсан аяр барыптыр,
Канатына дем берип,
Кара кушка, жем берип,
Эки түн өтүп болгондо,
Бээжинден бери учушу
Беш күнгө саны толгондо
Келип конду Болорго.
Болор деген тоо экен,
Болордун түштүк жагында
Капыр менен мусулман
Карсылдашкан жоо экен.
Орундатып кушуну,
Адам уулу ишенгис
Аңдап көрсөң ушуну,
Суңсаң аяр сол жакка,
Кадам коюп жөнөлүп
Кармашып жаткан кол жакка,
Аярлык менен бет алып,
Алмамбетти нээтке алып,
Кабар берип кайтам – деп,
Кайдан жетип айтам – деп,
Аяр антип калыптьр,
Келген кытай кырылып,
Аз күндөн бери кармашкан
Калабасы тыйылып,
Он беш күн жатып токтолуп,
Жайып көлүк откоруп,

Жатып калган кезинде,
Күн эңкейген бешимде
Аярлыгын салыптыр,
Аралап алач колуна
Ант урган Суңсаң барыптыр.
Не бир түрдүү мусулман,
Аскерге келген канча жан,
Канчасы бек, канча кан,
Алмамбетти таба албай
Ант урган Суңсаң чарчаган.
Чарчаганда бу Суңсаң,
Айбатын адам көргөндөй,
Көрө сала жүрөгү.
Айрылып кетип өлгөндөй,
Ал акылды ойлоду,
Ажыдаар болду да,
Аттарин көздөй сойлоду.
Адамдары  акырып,
Айгай салып бакырып,
Аңдап турса бу Суңсаң,
Аскердин төмөн четинде
Алакелеп чакырып,
Дабышын бийик салганы.
Шол тарапта экен – деп,
Суңсаң аяр бул иши
Кош жагына көз түштү.
Аярлыгын ал Суңсаң,
Азыр коё салганы.
Аярдык кылган өнөрүн,
Дубасын чечип алганы.
Жайнап адам келатыр,
Жайын көрүп бу капыр
Адам боло салганы.
Айтпадың беле баарыңар,
Ажыдаар көрүп алдык – деп,
Айбатынан көбүбүз
Өлө жаздап калдык – деп.
Өкүмөттөр айтып кеп,
Атчыларын жемелеп,
Аскерлер токтоп калганы,
Адамдар менен кошулуп
Алиги Суңсаң аяры
Алмамбеттин кошуна,
Кытайча айтып кооманы,
Келди кирип кашына.
Алакең азыр олтурган
Ак селде чалып башына.
«Кытайча айтып саламды,
Кылдың кыйла ааламды,
Аярсың го акыр – деп,
Кайдан келдиң капыр?» – деп,
Алмамбет айтып салганы.
«Кызматка буюрган бизди – деп,
Кыз чакырды сизди – деп,
Алар болсоң келгиндей,
Аманат башын бергиндей.
Ажыга кетип сиз калып,
Армандуу бойдон кыз калып,
Зиярат кетип сиз калып,
Сыздаган бойдон кыз калып,
Башымды байлап өлүмгө,
Бадышанын кызы үчүн,
Балакетке биз калып.
Келип турбуз мында – деп,
Кебим ушу тыңда – деп,
Белгиси бар мына – деп,
Көөкардан танап көз айнек,
Кыйда сонун заты бар,
Кыздын Мыскал аты бар
Көргөн жерде Алмамбет
Көңүлү ооп каркыбар,
Барбы, жокпу ушу – деп,
Ойлонбогон оёндун
Кардына кирди канча кеп.
Көңүлгө түшүп көп сөзү,
Кыйындары кытайдын
Кылып кеткен убада,
Убада кылган сөзү үчүн,
Кыз болгон экен убара.
Кыздын өзү катын – деп,
Ургаачы кайрат кылган соң
Качпайынчы акыр – деп.

Белегин берген[1] бу кыздын
Бу кандай иши баатыр – деп,
Манаска барып айтат кеп.
Кыйындардан кыйла бар,
Канзаададан канча бар,
Калдар түмөн калча бар.
Калдар түмөн кеп айтат:
«Кейиштир түбү – деп, айтат,
Кылайып кылыч чабылбай,
Кылычтуунун колуна
Кытайдын башы табылбай,
Айбалта, кылыч чабылбай,
Аспаптуунун колуна
Ал элдин бири[2] табылбай
Кезенип жүрсө кектешип,
Бирин бири жектешип,
Анын кызын Алмамбет
Кантип алат эптешип?
Эби келсе баатырлар,
Элиңе айтар кебим бар.
Кыраан Алма дегениң
Кызга көңүл салбасын,
Кызга көңүл салам – деп,
Кыйын ишке калбасын.
Катынга көңүл салбасын,
Катышамын – деп туруп,
Калабага калбасын».
Айтып турду бу сөздү
Калдар түмөн калчасы,
Акыл – деди ушуну
Улуктардын канчасы.
Орчун топко бек айтат,
Оёну Манас кеп айтат:
«Ой, жакшылар! – деп, айтат,
Акылмансың өзүңөр,
Ар ишке жетет көзүңөр,
Алмамбетти барба – деп,
Аяп айткан сөзүңөр.
Аяганың болобу,
Алданын келген ажалы,
Албай жанды коёбу.
Өлчөп билгин өзүңөр,
Өлүмдөн качкан оңобу.
Жай жаратты кыш үчүн,
Алмамбет өлсө не болот
Ашык болгон кыз үчүн.
Санды түмөн адамдар,
Ушуну албай, мени ал – деп,
Садага болсо биз үчүн.
Албай жанды коёбу,
Өлүмдөн калсам дегенсип,
Өтүнгөн адам оңобу,
Бир дем кийин, илгери
Ажал жетсе коёбу».
Ал сөздү айтып салганы,
Аңдап угуп Алмамбет
Айран азыр калганы.
Ошондо Алмаң муну ойлоп,
Ойлобой кыйын тим коймок.
«Олтурбайын, турайын,
Кыздын жайын кай түрлүү
Азыркы аяр Суңсаңдан,
Аныгын канып сурайын».
Ойлонуп аны алганы,
Кошуунда Суңсаң аярга
Алмамбет аны барганы.
«Кыйланы көргөн башым бар,
Кырк сегизде жашым бар.
Кыз кызыгар көркүм жок,
Кытайдан азып келгемин,

[1] *берген.* Мындай сөз түп нускада жок. Ушул же ушуга маанилеш сөздүн бул жерде болушу зарыл. Ансыз ыр сабындагы маани бузулуп, ыргак да, муун чени да аксап калат. Кыясы, катчыдан ката кеткен.

[2] *бири.* Мындай сөз түп нускада жок. Балким, бул жерде «башы» деген сөз болушу да ыктымал. Катчы эки муундан турган сөздү жазбай кеткен. Контекстке каршы келбей турган эки муун сөздүн бул жерде болушу зарыл.

Кыргыздан мага төркүн жок.
Кытайдан мени кууган жок,
Кыргыздан мага тууган жок.
Кытайда дугул уругу
Кыргызга мени кууган жок.
Жаттап келме тил үчүн,
Жандан кечип келгемин
Жараткан айткан дин үчүн,
Ашык болуп Мыскал кыз
Азап тарткан ким үчүн?
Оң санабай кытайды
Ойрон салдым ар жайда.
Кыянат кылып кытайга
Кыргын салдым ар кайда.
Бу жерден Бээжин алыс жол,
Бетимде жаткан канча кол.
Какандын калкы алыс жол,
Каршымда жатыр канча кол.
Камбыл, Кумбул жерибиз,
Кара кыргыз элибиз.
Кыргызды эл деп ойлобой,
Кытайдан элек өзүбүз.
Кыйыла барып ажыга,
Кыйланы көрдүк көзүбүз.
Кыздын айтып кабарын,
Кыйнады айткан сөзүңүз.
Кыз не түрдүү сүйлөдү,
Айтыңыз – деп, өзүңүз».
Алмамбет айтып ийгени,
Суңсаң аяр токтолбой,
Сөздү баштап киргени:
«Сулуулугун, сымбатын,
Арзан менен кымбатын
Айтып адам билбес – деп,
Беш капкалуу үйү бар,
Бейжооп бенде кирбес – деп,
Каалабады Бээжинге,
Казыр келет бу жерге,
Чакырбады Бээжинге,
Чындап келет бу жерге.
Кумулга жакын үч күндүк
Каталаңдын калаага,
Карап турсун бу кыздын
Как Алмамбет өзүңө
Кара жаны садага.
Ашыктыгы ашкандан,
Акылынан шашкандан,
Өлүмгө жакын калгандан,
Өңүңдү көрүп өлсөм – деп,
Өтүрүк дүйнө жалгандан.
Мейлиң баргын, мейлиң кой
Барса деген биздин ой».
Аяр Суңсаң муну айтып,
Ал заманда басылды.
Каталаңда дегенде
Алмамбет көөнү ачылды.
Аяк-башы айчылык
Аскер жаткан мусулман,
Атагы кыргыз канча жан.
Каталаңга барайын,
Корккондой болбой ушундан.
Бу сөзүн Алмаң ойлонуп,
Буйрук айтып толгонуп,
Ат токутуп ийгени,
Алда! – деп, жолго киргени.
Желдеттен алып жетини,
Элбегиден экини,
Бадышалык улуктан
Байматты кошуп алыптыр,
Каталаңдын жолуна
Алмамбет азыр салыптыр.
Бара турсун Алмамбет,
Бары-жогун ким билет,
Баштатадан калган кеп.
Суңсаң аяр ушунда,
Ушу да жетип кушуна,
Кушу учуп куркурап,
Булуттуу көктө буркурап,
Көрүп алып көз менен,
Беш күн калбай барыптыр
Мыскал кыздын өзүнө
Түрдүү сонун сөз менен.

Алмамбетти санаса
Акылы баштан бүлгөн кыз,
Арбагы бийик, эрлигин
Аярлыктан билген кыз,
Ашык болуп жүргөн кыз.
Кытайча даңса* окунуп,
Атасынын кашына
Азыр кирди чокунуп.
Насаат кылып кеп айтып,
«Аскерди токтот – деп, айтып,
Коң төрө баштап баатыры,
Журт бийлеген сундуңдан
Бири да калбай акыры,
Кылым кытай уругу
Кыргын таап куруду.
Мен да, сенин балаңмын,
Балалыгым чын болсо,
Мээнетимди ойлон карагын,
Үч-төрт айдын урматын
Сизден сурап карадым,
Сурадым уруш жумушун».
Кыз кысылып сөздөдү
Эмки кылар урушун.
Байкап туруп Эсен кан,
Макул көрдү жумушун.
«Ырас балам, айтканың,
Урушу да курусун.
Кара да өлдү, кан өлдү,
Канча түрдүү нан өлдү,
Кары-жаштын баары өлдү.
Бекер да өлдү, бек өлдү,
Мээнет тарттык – деп, өлдү.
Балам Мыскал өзүң – деп,
Кандайлыктан кайгырып,
Айтып турган сөзүң?» – деп,
Кан сурады кызынан,
Карап турса Мыскал кыз,
Кеп чыкпады тышынан.
Алмамбетти айта албай,
Айтар сөзгө бата албай
«Урматтуу улук кансыз – деп,
Кайнаган кытай калкына
Касиеттүү жансыз – деп.
Сурадың Бээжин чоң жайды,
Айтпасам да билесиз
Акыл менен мындайды.
Кытайың кумда толбойбу,
Кырылышпай кыргызга,
Урматы кыздын деген сөз,
Үч-төрт ай турса болбойбу.
Лайлама жар болсо,
Кыргын кылбай кылымды,
Ырайым кылса кыргынды,
Кыргын түгүл баарысын
Кыңк эттирбей койбойбу.
Кызматында турамын,
Кыргын басыларбы – деп,
Атам сизден сурадым».
Эсен кан угуп кеп алды,
Айтканын кыздын эп алды,
Аскерге кеткен эрлерде
Аламын – деп, сөз каткан
Ашыгы барбы – деп алды.
Айтпай туруп кызына,
Чыгарбастан тышына
Убада кылган бирөө бар
Убара болуп ушуга,
Өкүнүч менен көп ойлоп,
Өлүп калат – деп, ойлоп,
Өтүнөт менден балам – деп,
Кайнаган Какан калкына
Канчалык түшкөн алаам – деп,
Калкым кыргын болгон соң
Кайдан пайда табам – деп.
Кытайда кыйла баатыр бар,
Баатырда кайда акыл бар,
Баатырга моюн сунбайт – деп,
Баатырдык кирсе көөдөгө
Башына акыл турбайт – деп.
Балбандык кирсе ичине,
Ишенип жүрүп күчүнө
Байланбайт акыл бүчүгө.

Баатыр менен балбаным,
Маа болбогон экен го
Баштатан тилим алганым.
Кыргын менен түгөтүп,
Кытайдын кыйла зардалын,
Кыяматка жиберип,
Кыйындардын жандарын.
Айтканы кыздын акыл – деп,
Ушу жолку урушун
Токтотоюн акыр – деп.
Доңдоңдорду чакыр – деп,
Доңдондор деген эмине,
Ажайып бакчуу эл эле.
Кулак уккан, көз көргөн
Не түрдүү сонун жандарды
Колго багып өстүргөн,
Жети доңдоң адамы
Жетип келип калганы.
Чакыртып алып кан аны,
Бир айлык колго бир күндө
Кабар айтып бир түндө,
Келериңер барбы – деп,
Бизден кабар ар тушка
Берериңер барбы – деп,
Ажайыпчы адамдан
Азыр сурайт Эсен кан.
Баашалыкта ажайып
Бар экен го эчен жан.
Марал да бар, бугу бар,
Байкап сөзүн угуңар.
Аркар да бар, кулжа бар,
Ар түрдүү сонун мында бар.
Көйкаптагы көп жүргөн
Чакчаакы деген кушу бар.
Байкалдуу көлдөн алдырган
Башы кызыл өрдөгү,
Баштатан кылар эрмеги.
Доңчулардын бири айтат:
«Айлык жолго бир күндө,
Кабар берет» – деп, айтат.
Азыр туруп Эсен кан,
Кызматында канча жан,
Даңсадан катын жаздырып,
Танаптуу мөөрүн бастырып,
Бадышалык туусу бар,
Баш күнүнөн маш кылып,
Туугa кончу кушу бар.
Сунса мойну кез болгон,
Оболоп алып жөнөсө,
Аткан октон тез болгон.
Башка куш учса ушундай
Бар түгүнөн айрылат.
Байкалдуу көлдүн өрдөгү
Канатынын чалгыны
Баары бирдей жез болот.
Мурункудан калган кеп,
Өнөрү артык кытайда,
Жез канаттуу өрдөк – деп,
Катты өрдөккө байлады,
Кан кызы көңүл жайлады,
Камбылды көздөй айдады.
Бир күн жарым болгондо,
Баашалык туунун башына
Барып өрдөк конгондо,
Улуктар көзүн салыптыр,
Урматтап кушка чокунуп,
Улуу-кичүү чогулуп,
Кагазын чечип алыптыр.
Окуп көрсө ошолор,
Эсен кандын кеби бар,
Урушпагын, койгун – деп,
Ушундай айткан жери бар.
Кабарын угуп кыргыздын
Кан Коңурбай баш болуп,
Камалып калган чени бар.
Уруштан коркуп алышып,
Өлүгүн көрүп кытайдын
Убайымга калышып.
Өлүгүн көрүп өкүнүп,
Өлүптүрбүз биз да – деп,
Өнөрсүздөр өкүрүп.
Орчун Бээжин журтунан,

Ошолор чыгып ушундан,
Отуз алты күн жүрүп,
Күн түгүл айлап түн жүрүп,
Токолуктун тоосуна,
Токтосок – деп ошондо.
Аскер кечээ келиптир,
Аскер башчы эрлерде
Уруш кылар эриктир.
Бир түнөп, эртең күнүндө
Жез канаттуу өрдөгү
Жетип мында келиптир.
Катынан кабарды алыптыр,
Кайыңкынын шаарына
Калкы токтоп калыптыр.
Эки жагы ээн экен,
Түштүк жагын караса
Ангелең тоосу дээр экен.
Ангелеңдин тоосунда
Ар түрдүү жандар ушунда.
Укпаган аны кулагың,
Узун сөздөн курадым.
Көрбөгөн аны көзүңөр,
Манас деген бардыр – деп,
Байыртадан баары журт
Айта келген сөзүңөр.
Не түрдүү аңдан уулашып,
Адамдары ар түрдүү
Айгай салып чуулашып.
Урушу мындан токтолуп,
Уруксат кандан жок болуп,
Баашадан жок уруксат,
Барган аскер тынчып жат.
Аскеринде эсеп жок,
Аз көрүнсө мол экен,
Алты жүз миң кол экен.
Токолук, Камбыл арасы
Тогуз күндүк жол экен.
Өрдөктүн барган өзү бар,
Канатына кат байлап,
Жиберген экен улуктар,
Токтолдук деген сөзү бар.
Токолук тоосун таяндык,
Согушпадык, жай алдык.
Өрдөгүнөн кат алып,
Кат сөзүн Мыскал жат алып,
Алтымыш нөкөр кыз алып,
Араба менен суйсалып,
Кырк бир желдет кул менен,
Кызыл дилде бул менен
Бадыша кызы акыры,
Баарыга маалим акылы,
Токсон нөкөр кошчу алып,
Жөнөп калды акыры.
Канчасы катын, канча кыз,
Кан сөөлөтүн байкаңыз.
Ал калаага барам – деп,
Андай-мындай карайм – деп.
Бул калаага барам – деп,
Бул-бутасын алам – деп.
Удаама-удаа шаары бар,
Уккан сонун баары бар.
Бадышалык катындар
Баары тейтей капырлар.
Казык аяк, солку бел,
Баашанын кызы келген соң
Кызмат кылып кылым эл,
Ийилип жолго салыптыр,
Издегени Алмамбет,
Токолуктун тоосуна
Кыз Мыскал жетип барыптыр.
Кайыңкынын калаага,
Канча күн жүргөн арада,
Өлчөөсүн билген өзү бар,
Аяр Суңсаң кеп айткан
Алмамбеттин сөзү бар.
Кайыңкынын шаарына,
Кабар айтпай баарына,
Түк кап кирип түн бою,
Ал шаардын элине
Билдирбесте кыз ою,
Жолдошун жолго баштады,
Кайыңкынын шаарына

Катын-кызды таштады.
Бадыша кызы келди – деп,
Башка жанга айтпайсың,
Айтканың аман кайтпайсың.
Кара жандан шекитип,
Кашына келген жолдошун
Ооздорун бекитип.
Кайыңкы журту биле албай,
Кайнап келген көпчүлүк,
Калкына түшкөн көп түлүк.
Кимсиң деген киши жок,
Миңден-сандан кол барып,
Бир-бири менен иши жок.
Оокатын кылып ойлонуп,
Ойрон жан үчүн толгонуп,
Олор жатып калыптыр,
Шайыңгы деген жоргосу,
Шайы, тубар торкосу,
Жем баштыгы буулумдан,
Беш күндүк жерди бир күнү
Баса турган бу бир жан,
Жекшемби өткөн күнүндө,
Дүйшөмбүнүн түнүндө,
Ыраңы чабдар, куйругу ак,
Жоргонун жайын сурап бак,
Алиги Мыскал мингени,
Аргытып жолго киргени.
Жоргону жолго салыптыр,
Каталаңдын калаага
Шашкеде кирип барыптыр.
Эки күн мурун алдында
Эр Алмаң келип алыптыр.
Эч кабарын таба албай,
Эр Алмамбет эригип,
Эч кабар таппай зеригип,
Кайыңкыга бармакка,
Каршылык кылган жан болсо,
Капырга калба салмакка
Сарынжы кийип зыңкыйып,
Сарала ат минип кындыйып,
Байматын жолдош алыптыр,
Күн чыгышка бет коюп,
Бастырып чыгып калыптыр.
Шашкелик жактан шаркырап,
Жарагы алтын жаркырап,
Чаң обого буркурап,
Этек-жеңи дыркырап,
Төрт туяктан аткан таш
Төбөсүндө чыркырап,
Тозоңу тоодой тосулган,
Токтолбой келген бу бир жан.
Алыстан көзүн салганы,
Кыз окшойт – деп, Алаке,
Баймат айтып калганы.
Айтып оозун жыйганча,
Алмамбет менен Байматка
Алиги Мыскал барганы.
Арзын айтып наалыды,
Айтпай-дебей Мыскал кыз
Алмамбетти тааныды.
Аттан түшүп бүгүлүп,
Астын тосо жүгүрүп,
Кытайча кылды таазимди,
«Кылба мындай, Мыскал» – деп,
Кыямат жолун ойлонуп,
Кыраанын Алмаң жашыды.
«Ажылык кылган биз – деди,
Ашыкпаңыз сиз – деди.
Көрүп калган көз үчүн,
Көпчүлүк айткан сөзү үчүн,
Токтолуп калган сен – деди,
Жоголуп келген мен – деди.
Калаа да жок, эл да жок,
Кашыбызда бенде жок,
Көңүлүң түздөн сен келдиң,
Көрмөк үчүн мен келдим.
Дурустуктан санааңдын
Турбай издеп сен келдиң,
Тупатуура мен келдим.
Кылса насип кудурет,
Өкүмөтүн Алданын
Өзүнөн бөлөк ким билет.

Келишимди бу жерге
Мен кылбайын саа милдет,
Сен кылбагын маа милдет.
Мусулмандын шаарында,
Бири эмес баарында
Нике деген чоң илдет».
Ал сөздү айтып ийгени,
Мыскал кыз тилге киргени.
Ынанып Алмаң тилине,
Ырас кирип динине,
Мусулман болуп бу жерде
Алмамбет тилин алганы,
Каталаңга бет алып,
Кайра жөнөп калганы.
Буудандан бирин токутуп,
Музбурчактын эли экен,
Молдокулу дээр экен,
Никенин шартын окутуп,
Айбаты айдай толушуп,
Астын-үстүн болушуп.
Баашанын кызы Мыскалды,
Баары кытай журтунан
Аманатын кызганды.
Атагын уккан эрине,
Аташып калган жерине
Саргарганда келгени,
Сактап жүрүп бергени.
Эмне дейсиң, калайык,
Ал кездеги элдерди?
Кыз мусулман болгону,
Кыраан Алма султандын
Кызматка көөнү толгону,
Тамаша, оюн-күлкүдө
Кырк эки күн болгону.
«Кытайга кантип көнүшүм,
Кыргындан окус болсоңуз
Кыямат жайда көрүшүм,
Осолго кантип көнүшүм,
Окус болсоң уруштан,
О дүйнөдө көрүшүм.
Алдырсаң да, алсаң да,
Асты койбо кабарсыз,
Тирүү болсоң тигилип,
Чоң Бээжиндин шаарынан
Кабарымды табарсыз».
Бу сөздү айтып салганы,
Кайыңкынын шаарына
Кыйырына киргизип,
Кытайча кийим кийгизип,
Кырк жети күн токтоду.
Алар антип жатканда
Кызды Эсен кан жоктоду:
«Кызым Мыскал неткен – деп,
Кыйладан бери көрүнбөй,
Кайсы жакка кеткен?» – деп.
Уккандардын баары айтып,
Улуу-кичүү кары айтып,
Жаан кезип алам – деп,
Күн батышты бет алып,
Кеткен сенин балаң – деп,
Дүйнөнү кабат алган – деп,
Дүмөктү канча салган – деп,
Канча калаа кыдырып,
Кыяңга кетип калган – деп,
Калкы кабар бериптир,
Кайтсын, балам Мыскал – деп,
Кабары кандын келиптир.
Ушуну Мыскал ойлонуп,
Урушса ушуну алар – деп,
Урушуп жеңсе султаным,
Ушунда кабар салар – деп.
Кармашса бешин алар – деп,
Кармашып жеңсе кандарым,
Кабарды мага салар – деп.
Кайып болсо дүйнөдөн
Акыреттен табар – деп,
Узап Мыскал кеткени,
Тагдыр ушу жазууда
Мураадына жеткени.
Жетип кыздын датына,
Кыяңгурдун шаарынан
Алмамбет жөнөп кеткени.
Алып жолдош-жоросун,

Камбыл менен Ошпурга.
Кан Алмамбет жеткени.
Кыз барыптыр шаарына,
Аскерге барган адамдар
Урушпаса тарасын,
Эси чыккан чантуудан,
Эсендик тилеп карасын.
Ат кетирди жалды – деп,
Эр кетирди алды – деп,
Эки ай-үч ай карк толду,
Не үчүн жатып калды – деп,
Канга Мыскал билгизди,
Кат менен сөзүн киргизди.
Кан сөзүнө туюнуп,
Кент коңгуроо урулуп.
Камбыл Кумул калаасы
Карааның да койбосун
Кара кыргыз баласын.
Куштан келди кабары,
Арстандан келди чабары.
Ал кезекте карасаң,
Лаанатка сыйынып,
Ыраак-жуугу жыйылып,
Баатырынын баарысы
Намыс кылып калышты,
Атка минип алышты.
Качырлуусу канчалык,
Кайнаган кытай көп калык.
Каталаңга бет алып,
Каптады капыр көп калык.
Канкор Манас кашында,
Калың аскер ушунда,
Ат семиртип, тон жасап,
Арстандар жаткан тушунда.
Күн чыгышы шашкелик,
Шашкелик жакка тушунда,
Даң-дуң болуп ушунда.
Туусу тууга урунуп,
Обого чаңы бурулуп,
Асаба, туу, желеги,
Аскер кумдай келгени,
Убадабыз толду – деп.

*Сегизинчи*

## УРУШТА МАНАС, АЛМАМБЕТ, ЧУБАК, СЫРГАКТЫН ШЕЙИТ БОЛГОНУ, КАНЫКЕЙДИН КОШОГУ

Урушаар маалы болду – деп,
Уруксат тийди кандан – деп,
Урушар болсоң камдан – деп,
Алеңгир жааны чоюшуп,
Каптап капыр киргени
Аламанды коюшуп.
Карaанын көрүп калганы,
Каршы чыгып мусулман,
Калбаны катуу салганы,
Аял-уял кылбастан
Эки жүз миңин алганы.
Төрт жүз миң аскер кол менен,
Төрөлөр эми барганы.
Кызыл чок ойрот Коңурбай,
Кылымын билген эр калдай,
Кырмус уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Каткаландын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы.
Кара кыргыз эл экен,
Үч жүз миң жарым кол экен,

Кайраты бойдо толо экен.
Кабылан Манас өзү бар,
Калпы-чыны аралаш,
Кадимден келген сөзү бар.
Айдаркандын Көкчө бар,
Айбаты журттан өзгө бар.
Элеман уулу Төштүк бар,
Эштектерден Жамгырчы,
Таздын уулу Үрбү бар.
Айтылып келген мурунтан,
Ар түрлүү жомок үлгү бар.
Санжы деген беги бар,
Замана акыр журтуна
Сагымбай айтар кеби бар.
Ак ала сакал Музбурчак,
Айгай салып аскерлер
Аралашкан ушул чак.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдү чоро баары бар.
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кара токо Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Саргыл аттуу Сатайы,
Шагыл бийдин Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргын Каракожо бар,
Арстандын баары кошо бар.
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Уруштан болуп пикири.
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы.
Төлгөчү Кара Төлөгү –
Өнөрү журттан бөлөгү.
Агыдай далы көрүүчү –
Ашкере айтып берүүчү.
Топ башысы Токотой,
Калк башкарган Калкаман,
Эл башчысы Элеман,
Серек менен Сыргагы –
Сезбеген жоодон чыйрагы.
Коңгуроолуу байдын Кош Абыш,
Кош текшерген эр Ыбыш.
Алымдын уулу Алакең,
Арстандын бири ол экен,
Баатыр Мажик бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Кара кыргыз жол жүрсө
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр, Жайнак куусу бар,
Калк жадаган Шууту бар.
Казатына бет коюп,
Каптап кирген ушулар.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн алач жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөн, Жайнак, Шууту бар –
Түмөндөп чыккан куусу бар,
Түрсүлдөшкөн душмандан
Түк айнывас ушулар.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Ырчы уул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктысы –
Ушундайга чыкчуусу.
Көтөргөнү туу болуп,
Көк жаңырган чуу болуп,
Азабалуу туу болуп,
Айгай салган чуу болуп,
Аккан каны суу болуп,
Айгайлашып эки кол,
Аралашкан жери ошол.
Замбирек атып күркүрөп,
Чабуул коюп дүркүрөп,
Мылтык атып тарса-тарс,
Добул кагып карса-карс.
Ай балта башка шак тийип,

Найза төшкө так тийип.
Кылычты кындан чечишип,
Кыраандардын баарысы
Кызылдай жанын кечишип,
Кыйгыйлаган кытайдын
Кыйырына кирип кетишип.
Ай балта белден чечишип,
Аманат жандан кечишип,
Айгайлаган капырды
Аралап кирип кетишип.
Туу түбүнө турушуп,
Туусуна карап урушуп.
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп.
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп.
Ээриндин баары кесилип,
Найза тийип тышынан,
Эмчектин баары эзилип.
Тизенин баары сүзүлүп,
Тизгиндин баары үзүлүп.
Чылбырдын баары кыйылып,
Чыр басылбай тыйылып.
Топуракка көз толуп,
Уруш көргөн эрлерге
Улуу сөөбөт сөз болуп.
Капталдан канга батышып,
Капыр менен мусулман,
Казатка барган канча жан
Аралаш жүрүп атышып,
Ээси өлгөн аттар бош калып,
Кулаган жерде баш калып,
Кылыч тийип чекеден,
Кыйылып кыйла баш калып.
Ат өлүп, ээси жөө калып,
Азык арткан төө калып,
Өнөр менен жүрүшүп,
Өөдө көздөй сүрүшүп,
Ыкчылдын баары жүрүшүп,
Ылдый карай сүрүшүп,
Киндигине ок тийген
Кишинин баары бүрүшүп.
Кол сынгандар шалактап,
Коркоктун көзү алактап.
Бут сынгандар булаңдап,
Жүрө албай атка бураңдап.
Кылыч тийген кылкыйып,
Шилиге кылыч тийгендер
Жерге карап шылкыйып.
Окко учкандар жыгылып,
Оздон каны сыгылып.
Көз чыккандар карайлап,
Эли, жоосун биле албай,
Калабаны аралап.
Бир адам бекер тура албай,
Аралашып алыптыр,
Эки күнү, эки түн
Уруш менен бүпбүтүн
Аралаш уруш салыптыр,
Ушундай уруш ичинде
Уруму тийип чекеге,
Урушуп жүрүп жекеге
Урууда жок Алмамбет
Узаган экен Мекеге.
Кыраанга ажал жетиптир,
Кыраан Алма көк жалың
Кыяматка кетиптир.
Ок жаңылып окустан,
Оён Алма баатырың
О дүйнөгө бет алып,
О да кеткен кокустан.
Очогор огу тыгылып,
Ортодо жүрүп уруштун
Он бир жүзүн өлтүрүп,
Оёнуң Сыргак жыгылып.
Капырлардын канынан,
Калк бийлеген жагынан,
Кызыл чоктуу Незкара,
Кыяматка кеткени.
Кара жалдуу Бороончу

Канзаададан бул өлдү.
Каңгайлардан Ороңгу
Караңгы жайга жөнөлдү.
Туш-тушунан келген туу,
Тунган кулак ызы-чуу.
Кара Калдар жагынан
Туталаш колу өмөлдү,
Ошону көрүп туурадан
Нойгуттун эли жөнөлдү.
Туталаштан Деңдароо.
Текдагулук баатыры
Кара кыргыз колуна
Каршы чаап акыры,
Казат ушул урушта
Карсылдашып киргендин
Калбады башта акылы.
Арстандай чамынып,
Алма баш үнү жаңырып,
Акбалтанын Чубагы
Камчы берип атына,
Каршы жүрдү бу дагы.
Текдагулук жеткени,
Акбалта уулу Чубакка
Алеңгир жаа, сыр жебе.
Кыйгап өтө берерде
Чубакка тартып кеткени.
Жаанын огу мадалып,
Жамбашына кадалып,
Ачынып эти калыптыр,
Акбалтанын Чубагы
Ачууланып бу дагы,
Ай балта белден алганы,
Текдагулук капырды
Оройдон ары салганы.
Айбалта башка чабылды,
Балтага мээси жабылды.
Жалпы кыргыз өмөлдү,
Текдагулук капыры
Жааннамга жөнөлдү.
Айбалта Чубак салыптыр,
Айбалта тартып алганча,
Акбалтанын Чубакка
Жандай түшүп Деңдароо
Жазайыл атып калыптыр.
Жазайыл огу жаңылды,
Акбалтанын Чубагы
Аттан жерге чабылды.
Ок үзүптүр мойнуну,
Ойлоп көргүн, калайык,
Оёндор кылган ойнуну.
Кыйгый чуусу өмөлүп,
Кыйындардын көбү өлүп,
Акбалтанын Чубагы
Кыяматка жөнөлүп.
Көтөргөнгө туу болду,
Кулак тунган чуу болду,
Адамдын каны суу болду.
Капырда мерген Деңдароо
Чубакка мылтык атканда,
Окко учуруп Чубакты,
Атынын башын тартканда,
Жапырагы алтын байтерек
Сандыргалуу эр Серек,
Атын Серек дээр экен,
Найзага адис эр экен.
Оң тараптан жеткени,
Ол Деңдароо капырды
Найза менен неткени.
Алиги капыр Деңдароо
Оң көзүнө тийгенде,
Октогер деген атынан
Оодарылып кеткени.
Жерге түшүп калганы,
Жыгылып жерден Деңдароо
Баш көтөрүп алганы,
Каталаң аттуу бир нойгут
Капырга кылыч салганы.
Кылыч тийди мойнуна,
Кан төгүлдү койнуна.
Байкап көр кыргыз баласы
Бабаңдын кылган ойнуна.
Калмак калкы бөлөкчө,

Калмак менен салышып,
Казактардан эр Көкчө
Алты адырдын оюнда,
Аңырлуу суунун боюнда
Алар жаткан бир башка,
Айгайлаган көйкашка,
Аңдаганга бир кыргын
Аңгемелүү тамаша.
Акырет кеткен көй баатыр,
Азыркы күндө барсаңыз
Ат ташыркап сөөк жатыр.
Катагандын Кошою
Каңгайдын журтун кыйратып,
Кайгылантып ошону.
Каңгайга каарын салыптыр,
Ошол абаң Кошойдон
Катамбыл деген баатыры
Каттам болуп акыры,
Өлүп бу да калганы.
Кытайдан калды Коңурбай,
Кырмуз шаанын Мурадил,
Калмактан калды Жолою,
Канча суңдуң, жаң-жуңу
Казаа жетип солойду.
Дуушаңдардын Ушаңы
Төрө Төштүк баатырдан
Бу да өлүп узады.
Адамдар кечкен жанынан,
Ат жүрө албай канынан,
Бири да аман кала албай
Миңи менен санынан.
Жарасы жок жанда жок,
Калкы бүтүн канда жок.
Эки күнү, эки түн
Эл урушкан бүпбүтүн.
Шаңкайдын Азат жаң-жуңу,
Али кыргын басылбай,
Кулак тунган даң-дуңу,
Кыяңгуунун калаага,
Себеп ко – деп балаага,
Беш канат үйдөй ичи бар,
Тоо томурар күчү бар
Суңсаң аттуу замбирек,
Оолак жерге ок учкан,
Ошондой бир бадирек.
Чоң өгүздөй огу бар,
Кыяңгууга жаткырган.
Кыргыз үчүн аттырган,
Аркырап огу жетиптир,
Арстаның четте жүргөндө,
Нардай болгон Кула аттын
Башын жулуп кетиптир.
Аккуланы окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Арстаның Манас дөө калды,
Аты өлгөн жерде жөө калды.
Аспаптын баары бойдо жок,
Ажыдан келип жаңыдан,
Андай жумуш ойдо жок.
Кадимки жарак бойдо жок,
Катыктык дүйнө ойдо жок.
Аттан жөөлөп алыптыр,
Аңдоосуз турган жеринде
Кызыл чоктун чоң Коңур,
Кытайдан чыккан оңбогур
Айбалта менен салыптыр,
Ак келмесин келтирип
Арстан Манас тилине,
Ай балта тийип шилиге,
Алда Таала жар берсин
Ак ыслам динине,
Албарс кылыч колунда,
Кылычы албарс колунда,
Кылчая түшүп соңуна,
Кыраан эр шилтеп калыптыр,
Алгара менен чуратып,
Өтө берген жеринде
Коң төрөнүн бир бутун
Үзө чаап салыптыр.
Бутунун кетти шадысы,
Мунун да кетти каруусу.
Башманчасы түшкөн соң,
Аягынын жармысын,

Албарс кылыч үзгөн соң,
Каны буттан шорголоп,
Каңгайлаган ураанга
Качып кирди корголоп.
Кызыл кыргын, күн дигер,
Кыргын болду шол жерде
Кыргыз, кытай кыйла эр.
Шол кезде келип калыптыр
Кыяңгуунун Токтук дээр,
Асылы кара калмактан,
Саадакка кыйын бу бир эр.
Бөрү тил мизин чыгарган,
Албарска үчүн сугарган
Жааны кездеп алыптыр
Жаалданып бу капыр
Жакын келип калыптыр.
Балбан Жолой бакырды,
Токтуктун уулу капырды
Атпагын – деп, акырды.
Жазганып андан калыптыр,
Жааны тартып жиберсе,
Оён Манас баатырдын
Оң чекесин жарыптыр.
Ошонгуча акырып,
Чалыбай, Мажик бакырып,
Каңкор өлдү, кокуй – деп,
Эр Бакайды чакырып.
Толук баатыр эр Чалы,
Толгоп найза алганы,
Токтук дөөнү качырып,
Чалыбай найза салганы.
Найза тийип жонунан,
Тизгини кетип колунан,
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Аралап колун качыптыр,
Акылынан шашыптыр.
Ар жагынан акырып,
Айгай салып бакырып.
Кыраан Кыргыл кеткени,
Кыйкырып кылыч чапканда,
Тоодой болгон Токтугуң
Тобурчак аттын үстүнөн
Тоголонуп неткени.
Токтукту союп калмагын,
Кыргыл менен Чалыбай
Кыя тартып калганы.
Боз уул менен Ырчы уул
Карт күрөңдү жетелеп,
Жарадар болгон баатырга
Жаңы келди энтелеп.
Токтуктун уулу Кедериң,
Ким билиптир не дээрин,
Кедердин уулу эр Жолой
Жыгылды – деп, медерим,
Кыйыры бөлөк көрүнгөн,
Кыргыздан калмак бөлүнгөн,
Душмандашып жүрсө да,
Туйгун Манас баатырды
Кармаша кетсе кытайга
Медер кылган акыры,
Токтуктун огу тийген соң,
Баатыр Жолой балбаны
Акылы башта калбады
Манжурия калмагын
Майдандан сүрүп айдады.
Кырылышкан майданда
Кытай, кыргыз калыптыр,
Кыраан Манас алсырап,
Акылы кетип кансырап.
Ал үшүнтүп алыптыр,
Карт күрөңдү жетелеп,
Туура тартып салыптыр.
Атка минер жайы жок,
Алсыраган шайы жок.
Ал ошентип турганда
Ажыбай, Бакай барыптыр.
Кызыл кан көрдү таажысын,
Абаң Бакай көрүптүр
Кыраан Манас ажысын.
Кан сакалдан сеңселип,
Жыгыла жазып теңселип,
Ак күбө тонун чече албай,
Оң жакы жеңин белсенип,

Аткаргыла, аткар! – деп,
Карыяң Бакай сүйлөнүп,
Канкорунда шайман жок,
Карт күрөң атка сүйөнүп.
Карсылдашкан уруштан
Кан Жолой кайткан жумуштан,
Урушу солгун тартыптыр.
Аткаргын! – деп, баатырды
Абасы Бакай айтыптыр.
Алы келбей баатырга,
Мингизе албай атына,
Адам жетпей датына.
Башы бош бенде мында жок
Барсылдактын ичинде
Мылтык аткан, жаа тарткан
Тарсылдактын ичинде,
Айбалта, кылыч чабышкан
Карсылдактын ичинде,
Үйүлүшүп үч чоро
Көтөрүп араң алыптыр,
Көк жал эрдин денесин
Топурак тартып калыптыр,
Чамбылала чаң болуп,
Кызылала кан болуп,
Кытайга кыргын салыптыр
Кутмандуу баатыр Кутубий
Баатырын көрө салганы.
Бакырыгы баш жарып,
Манаска жетип барганы.
Адам болбой куруңар,
Баарың мындай туруңар.
Көсөм Куту барганы,
Көтөрүп атка салганы.
Карт күрөң атты жетелеп,
Боз уул жөнөп калганы.
Ырчы менен Мажик бий,
Эки колдон алганы.
Уруштан кайра бир чыгып,
Абакеси эр Бакай
Арстанга көзүн салыптыр,
Алсырап бара жатканын
Азыр көрүп алыптыр.
Сакалын сабап ыргытып,
Мурутун булкуп дыргытып,
Айгайын Бакай салыптыр,
Көргөн жерде Көбөш дөө
Байбай салып өкүрүп,
Майданга кирбе баатыр – деп,
Айттым эле акыр – деп,
Өткөн ишке өкүнүп,
Өзгөчө ыйлап өкүрүп,
Бу да жөнөп алыптыр,
Ногойдон калган кызыл туу,
Обологон узун туу,
Тууну жерге жыгыптыр,
Султанды коштоп чыгыптыр.
Кошой дөө көрүп алыптыр,
Корпоңдогон боз жорго,
Санга камчы салыптыр.
Заңкылдап Кошой кыйкырып,
Майданга кирип барыптыр.
Ал кезекте күн батып,
Көз байланып калыптыр.
Калмактан Жолой акырып,
Катаган Кошой бакырып.
Амандык тилеп ойбойлоп,
Урушпа – деп, койгойлоп.
Караңгы болуп түн жетип,
Калың аскер баарынан,
Капыр менен мусулман,
Баарысынан эс кетип.
Көрүүдөн калып, көз кетип,
Айтуудан калып, сөз кетип,
Айрылган эки балбаны,
Акыры бир жан калбайт – деп,
Кырылууга көз жетип,
Адамдын баары кансырап,
Айтуудан калып тантырап,
Акылы кетип алсырап.
Капыр менен мусулман,
Казатка келген канча жан
Кайдасың – деп, акырып,
Бирин бири чакырып.
Майданда калган өлүгү,

Кай бир жерде карасаң
Баспай калган көлүгү,
Өлгөндөрдүн үстүндө
Чарайна, соот, кыягы,
Аны чечип алууга
Адамдын жок зыягы.
Күрсүлөрүн жазданып,
Күн чыгышка баштанып,
Ай балтасын жазданып,
Ар бир жерде мусулман
Күн батышка баштанып,
Өлгөндөр жатыр солоюп,
Ойдо-кырда кай бирөө
Олтуруп калган короюп,
Кай бирөөсү көрө албай,
Көзү чыккан олоюп,
Кай бирөөсү калыптыр
Кулагынан айрылып.
Кулагы жок молоюп,
Кай бирөөсү калыптыр
Колу сынып чолоюп.
Айрылбаган баш да жок,
Алжайбаган каш да жок.
Кай бирөөнү караса,
Ооздон тиши күбүлүп,
Кай бирөөнү караса,
Ойрон жандан түңүлүп.
Кан бирөөнү караса,
Карысына ок тийип,
Ач күзөндөй бүгүлүп,
Аңдабастан кай бири
Аскерге кирип сүрүлүп.
Айбалта тийип мурдуна,
Талкаланып былчыйып,
Кай бирөөнү караса
Чоюн баш тийип ууртуна,
Торсуктай болуп чурчуюп.
Шаршембинин түнүндө
Чабышкан өлүм тыйылып.
Эртеңки күн шаршемби,
Алсыраган аскердин
Аяк-башы жыйылып,
Алдасына сыйынып,
Аккан каны сыгылып,
Аскерин аман көргөндөр,
Айбат менен жүргөндөр
Элимди эми көрдүм – деп,
Эстен танып жыгылып.
Калганын кайра бөлүшүп,
Казаттан эрлер өлүшүп,
Калганын карап көрүшүп.
Уругу кыргыз, чантуу – деп,
Ушу чантуу журтунун
Урушу кыйын катуу – деп,
Өлгөнүнөн калганы,
Жүз кишиден бир киши
Жүрө албай кошко барганы.
Кыргын болгон кыйла жан,
Кыяндай аккан кызыл кан.
Уруштан барган капырлар
Ыраң-жүзү бузулган.
Кыргын тапкан кылым жан,
Кайра тартып калганы,
Капчак калаа четине
Кан жөткүрүп барганы.
Токтолуп калган мусулман,
Токтуктун кара тоосуна
Томсоруп келген канча жан.
Кан Алмамбет өлүгү
Каталаңдан табылган.
Бейшемби келген кечинде
Берениң эстен жаңылган.
Акылдан баатыр таныптыр,
Ажал кыстап калыптыр,
Арстандын шайы кетти – деп,
Акылга кабар салыптыр.
Жалбарганы теңири,
Жай алып жаткан жери экен
Күн батышы Амурдун
Жайдак тоонун сеңири.
Алтынай менен Акылай
Алар да минип атына,
Ашыгып жолго салганы.

Кара журт жетер датына,
Карабөрк аттуу катыны
Кан ыйлады акыры.
Баласынан кеп угуп,
Байкуш Чыйыр бакырды
Мааниси жаман – деп, угуп.
Ботосунан кеп угуп,
Болбоду шайы – деп, угуп,
Боз жоргосун моюндап,
Аккан жашын коюндап
Энекеси Чыйырды
Сый тонун чечип сыйырды.
Ушундай белең жалган – деп,
Ушунча журттун баарысын
Нускалуу жолго салган – деп,
Урматын күтүп алсам – деп,
Нур жүзүн көрүп калсам – деп,
Атынын оозу жыйылбай,
Агып жашы тыйылбай
Энеси жолго салыптыр.
Эң кенже алган зайыбы,
Алда билер аз чыгар
Ар ишинин айыбы,
Калктан ашык уз эле,
Кан Урумдун кызы эле
Санирабигасы,
Зарлыкка кирип кыясы,
Айкожодон бата алган,
Кан никеге өттү – деп,
Каныкей болуп атанган,
Ажыга баатыр кеткени
Жыл маалына жакындап,
Оролуп он ай жеткени.
Келбей үйгө калганы,
Кесирет дүйнө жалганы.
Тагдырга ырас көнсөм – деп,
Укумда мындай сөз барбы,
Нур жүзүн барып көрсөм – деп,
Арстанды колго тутпадым,
Ак мамыкка уктадым,
Тутпаганы курусун,
Ажыдан келген айкөлдүн
Алты ооз сөзүн укпадым.
Беренди колго тутпадым,
Менменсинип уктадым,
Уйпалсамчы уктабай,
Мекени көргөн берендин
Беш ооз сөзүн укпадым,
Кара кашка аргымак,
Ат борумун аңдап бак,
Куранды ээр токутуп,
Кундуздуу бокчо байланып,
Кудайына жалбарып,
Өңөрүп алып баласын,
Өңүн көрүп калса – деп,
Өтө электе бабасын,
Аргымагын моюндап,
Аккан жашын коюндап,
Кара кашка аргымак
Каршы-терши камчылап,
Кара жашы тамчылап,
Отуз катын жол баштап,
Ойбоюн салып көз жаштап,
Копшотуп кокуй алатын,
Колтуктап алып баласын,
Зарлатып Токтук калаасын
Канышы келип калыптыр,
Катындар баары барыптыр.
Солуп жаткан баатыры
Солбуп башын алганы.
Байбиче үнүн укканда,
Үч жарым жаш баланын
Баркырап үнү чыкканда
Көтөрдү баатыр башыны,
Көзүнөн төгүп жашыны.
Айтар тилге келсем – деп,
Андан кийин өлсөм – деп.
Көңүлүндө кудаага
Жеткиргей – деп, мудаага
Арбыта кылды наалышты,
Баатыр башын алганда
Баркыраган ызы-чуу

Басылып, токтоп калышты.
Ажы Манас баатыры
Наалыш кылып акыры.
Азат боюн чыңдады,
Адамдар сөзүн тыңдады.
Кучакка алды баланы,
Курчап турган көпчүлүк
Кудай берер бекен – деп,
Куп баарысы зардады.
Кучакка бала келгени,
Кудурет кубат бергени.
«Каралдым жалгыз сен элең,
Кайрыкер атаң мен элем.
Кайрыкер атаң узады,
Кадыр Алда кудурет
Каралдымды тушады.
Тушады кудай аягың,
Азирет менен өсөрсүң
Ар кимдин жеп таягын.
Барса-келбес бир жолдон
Бабаңдын болду жолу – деп,
Байланды, балам, колуң – деп.
Байланган колуң чечерсиң,
Байланган колуң чечкенче
Байкуштун кунун кечерсиң.
Ботом жалгыз сен элең,
Боорукер атаң мен элем.
Боорукер атаң болбодум,
Бозортуп сени койгонум,
Болжолсуз жалган оңбогур.
Талаада калды талабым,
Кызырак тайга мингизип,
Кызыгын көрбөй баланын,
Кыямат көздөй барганым,
Кылайып чыкпай арманым.
Жер боорунда мен калдым,
Жетилбестен каралдым,
Жетим болуп сен калдың.
Жер жазданып мен калдым,
Жаш кадырын көргөзбөй,
Жаңгыз бойдон сен калдың.
Кунандан токуп мингизбей,
Кутмандуу тойго киргизбей
Куруган бойдон сен калдың,
Кубанчың көрбөй мен калдым.
Тагдыр ажал бербесе,
Талабыңа жетерсиң.
Тагдырың жетсе дүйнөдөн
Талпынып учуп кетерсиң.
Куда ажал бербесе,
Кубатыңа жетерсиң,
Курган өлүм да келсе,
Кууураган бойдон кетерсиң.
Тагдырың жеткен күн болсо,
Таакаты жок өлөрсүң,
Тагдырды Алда бербесе,
Таалайыңдан көрөрсүң.
Бар кудай берсе өлүмдү,
Багым башка көрүндү,
Башынан кудай бир кылган
Баатырларым көмүлдү.
Бар кудай берген өлүмгө
Баана таппай өлөрсүң,
Бар болсо жаның аманат,
Бактыңдан, балам, көрөрсүң.
Акырет кетип мен калдым,
Айталбай кепти сен калдың.
Тиги жай кетип мен калдым,
Тил сүйлөбөй сен калдың.
Арылбай кеткен арманым,
Караны киер алганым.
Канетейин чиркин ай,
Кашайган дүйнө жалганын.
Куп көтөрөр бендеси,
Кудурет башка салганын,
Көтөрбөсө не чара
Курган дүйнө жалганын.
Көрөргө көзүм карасы,
Көңүлүм болсо аласы,
Тишимдин болсо сарасы,
Санаанын чыкты жарасы.
Муунумдун кылтасы,

Жүрөгүмдүн толтосу.
Тула боюм тунугум,
Тул казанат кулунум.
Ата – деп, тилиң уга албай
Арманда өлүп курудум».
Ал сөзгө баатыр келгени,
Армандуу дүйнө дегени.
Баянсыз – деп, баа тартып,
Кашында турган канча жан
Кайгырыгы күчөптүр,
Каңырыгы түтөптүр.
Каныкей турду аа тартып:
«Качырганын куткарбас,
Кара кашка тынарым,
Кайнаган ысык күндөрдө
Саясы салкын чынарым,
Качантан ойлоп билгемин
Чынарымдын сынарын.
Чынары сынып аларбы,
Чырпыгың өспөй каларбы.
Капталы бийик кайыңым,
Саянда сан журт корголоп,
Кайып болуп дүйнөдөн,
Калайык таппай дайының,
Какшаган бойдон калабы
Карабет менден зайыбың.
Бутагың өспөй буралып,
Ыраакка кетип ыраатым,
Мээнетим жетип куралып,
Кейишсиз жүрсө кээ болор,
Жаныңды алып сен кеттиң,
Жайым менин не болор.
Көтөрүлүш кээ болор,
Көрүстөн жайга сен кеттиң,
Көргөн күнүм не болор.
Санатың журтка жоктолор,
Сай буудандын баарысын
Саркердең минип ноктолоор,
Замандан, төрөм, сен кеттиң,
Санаам кантип токтолор,
Кас буудандын баарысын
Кара журт байлап ноктолоор,
Кадырың калкка жоктолор,
Караган төрөм сен кетсең,
Каныштың кайда токтолор.
Текебер башка кээ болор,
Тулпарды тууган бээ болор,
Туйгунум колдон учкан соң,
Тутунганым бир туяк,
Караганым бир чунак,
Жалгыздын алы не болор?!
Аштан-тойдон эл кайтар,
Арзынган бойдон тим кайтар,
Артыңда калган жалгызың,
Атакем – деп, кимди айтар.
Жараткан башка салбасын,
Жашынан бала калбасын,
Жашынан калган бала үчүн,
Мендей жакының бейбак зарласын.
Кудурет башка салбасын,
Кубатсыз бала калбасын,
Кубатсыз балаң калган соң,
Курдашың мендей зарласын.
Өксүгөн өксөп тим болот,
Өтсөң жалган дүйнөдөн
Өкүмүң ээси ким болот.
Кемиген кейип тим болор,
Кеп ачкычы тил болор,
Кеттиң жалган дүйнөдөн,
Кеңешиң тапкан ким болор.
Жараткан жапар кудайым,
Жандын баарын жудайын,
Бендеге бербей койсочу
Меникиндей убайым.
Алтынга колум урундум,
Алтыным кетсе колумдан,
Арман кылып курудум.
Алтыным агып жез болсо,
Жез колума кез болсо,
Алымсынып акыры,
Ага кантип туруумун.
Үңкүргө колум сунурмун,
Күмүшкө колум урундум,

Күмүшүм эрип жок болду,
Калай болуп токтолду,
Калайды кантип урундум,
Катасы болбос мунумдун,
Кайгыңды тартып курудум.
Тушуңда туйгун салганың,
Тумшуксуз мени алганың.
Тумшуксуз болбой не болдум,
Туйгунум сенден калганым.
Карчыга каалап салганың,
Кайгырды мендей алганың.
Кашыңда жалгыз каралдың,
Кайрылбай таштап салганың.
Азуусу болот арстаным,
Акырет жолду  баштадың,
Аташкан мендей бейбакты
Артыңда каран таштадың,
Аңдасам көзүм жаштадым.
Баксасы бийик мунарым,
Байкабастан көмүлдүң,
Мурунтадан биле албай
Мунарымдын кулаарын.
Кулап калды мунарым,
Куурап калды чынарым,
Кайып болуп колумдан
Кара кашка тынарым.
Дария, деңиз, көл элең,
Албан түрдүү жан өткөн
Ала-Тоо – аскар бел элең.
Соолучу дайра сел белең,
Солуп калар мен белем.
Кургаган дайра сен болдуң,
Кууураган чынар мен болдум.
Аскар тоо чөгүп, бел болдуң,
Артыңда калып не болдум?!
Жамы жандар көрдүбү,
Өзү кадыр Алданын
Өкүмүнө көндүбү.
Жараткан жазуу чийгеним,
Жарыгың күндөй тийгеним.
Адам уулу көрөбү,
Көргөнүнө көнөбү
Ак Тааланын чийгенин.
Айдай шоола тийгеним,
Айым батып, түн болор,
Айтууга сөзүң дүң болор,
Наалып калкың тим болор,
Калк ичинде караган
Канышың аты ким болор?!
Күн батканда түн болор,
Күлпөңүң журтка дүң болор,
Күлдү кыргыз баласы
Күйүтүң тартып тим болор,
Күкүктөй күндө какшаган,
Күңүңдүн аты ким болор?!
Ободо чолпон жылдызым,
Ордуңду жоктоор кыргызың.
Ордунда калган жалгызың,
Ойрот кыргыз көп журтуң,
Ордуңду издеп тим болор.
Ордунда калган бир жалгыз,
Ошонун аты ким болор?!
Ажалы жетпей өлүүгө,
Аргасыз сени көрүүгө,
Жаратканы жар болуп,
Жанына берсе амандык,
Жакындан жетер жамандык.
Шумурай жалган дүйнөгө
Тургузуп берсе амандык,
Туткага колун тийгизбей,
Тууганың кылар жамандык.
Жамандык жетсе башына,
Жан кайрылбай кашына,
Сала көргүн көзүңдү
Сандалып аккан жашына!
Каргылык жетсе башына,
Кайрылары жок болуп,
Калк келбесе кашына,
Караша көргүн бадыша
Катарлап аккан жашына,
Кайрылар алың болбосо,
Капалык жетер башына.

Алтындан терек кыйылар,
Адамзаат баласы
Арбагыңа сыйынар,
Арбагың алы келбесе,
Аккан жаш кайдан тыйылар!
Кургаса баабап кыйылар,
Кубаты жетпей калгандар
Кудуретке сыйынар.
Кудурет кубат бербесе,
Курган жаш кайдан тыйылар.
Өткөн төрөм сен болдуң,
Өксүгөн бейбак мен болдум,
Мен болбосом не болдум,
Кеткен төрөм сен болдуң,
Кейиште калган мен болдум,
Мен болбосом не болдум.
Чайпалбас чалкар деңизим,
Чаалыкпас буудан семизим,
Арыганбы бууданым,
Аныкпы менин курганым,
Аманат жаным кыя албай,
Наалып карап турганым.
Өткөн төрөм сен болуп,
Өксүгөн жарың мен болуп,
Өлө албай карап турармын
Өз курбумдан кем болуп.
Кеткен төрөм сен болуп,
Кейиген бейбак мен болуп,
Кейиш менен турармын
Жар-жоромдон кем болуп.
Алтындан куйган сакаңды
Ашыкка кимиң атар – деп,
Адамга жетсе катар – деп,
Артыңда калган жалгызың
Атага көзүн сатар – деп.
Тобурчагың куйругун
Тогуздан өрүп чалар – деп,
Топ ичинде жалгызың
Томсоргон бойдон калар – деп,
Соңунда калган мен шордуу,
Тозогуң тартып алар – деп.
Аргымагың куйругун
Алтыдан өрүп чалар – деп,
Артыңда калган жалгызың.
Наалыган бойдон калар – деп,
Аташканың мен бейбак
Азабың тартып алар – деп.
Тартылар төрөм азабың,
Жаанга кетер мазагым,
Таянган төрөм, сен өтсөң,
Мазактан кайда тазамын.
Кыйналып тартам азабың,
Кылымга жетер мазагым,
Кырааным көзү өткөн соң
Кыйноодон кайда тазамын.
Тозулду төрөм, дөөлөтүң,
Тоодон улук сөөлөтүң,
Толгонор төрөм сен өтүп,
Тосулбас айтса сөөмөтүм.
Азайды төрөм, дөөлөтүң,
Ала-Тоодой сөөлөтүң,
Айланар төрөм кеткен соң,
Айтып адаа кыла албас,
Азирет арман сөөмөтүм.
Башыма бүткөн маанайым,
Маанайымдан айрылып,
Бактысы кеткен таалайым.
Чөлдөгөн жерде суусунум,
Чөөлүккөн жерде кайратым,
Алсырасам айбатым,
Камсыксам бойго кайратым,
Кайратым качып боюмдан,
Кара көзүм жайнаттың».
Каныкей айтып чыркырап,
Калкынын баары чуркурап,
Карып калган Чыйырды
Каралдым – деп, чыңырды.
Кейишти кемпир баштады,
Кетте-кичик, кары-жаш
Келгендер көзүн жаштады.
Байбайын айтып бакырып,
Бай Жакып келди акырып.

Бакдөөлөт сөздү баштады,
Байбиче көзүн жаштады.
Баатырыңыз шондо бир
Үзүлүп кете жаздады.
Ачып көзүн алганы,
Абыке айгай салганы,
Арстан эрди кучактап,
Аккан жашы бурчактап,
Арманда калды элиң – деп,
Ажыдан аман келдиң – деп,
Талабыңа жеткин – деп,
Мага окшогон байкушту
Талаага таштап кеттиң – деп,
Төрөгө келип кол сунуп,
Төгүлгөн жашы жошулуп.
Төрөм кандай жүрбөдү
Төрт айга бирге кошулуп.
Көбөшү келди өкүнүп,
Көк букадай өкүрүп.
Көпчүлүктүн баарысы,
Көргөнүн айтып өкүнүп.
Каработк менен Акылай
Айгайын салып жайма-жай.
Алтынай наалып ыйлаптыр,
Агып жашын тыйбаптыр.
Баатырдын шайы кетти – деп,
Жан чыгарга жетти – деп,
Угулган экен калкына,
Урматтуу Кошой алпына.
Ушу күнчө биз келдик
Ошолордун наркына.
Урматтуу Кошой угуптур,
Угуп алып чыгыптыр.
Боз жорго атты моюндап,
Ак сакалды коюндап,
Арстаным – деп, акырып,
Баатыр сага нетти – деп,
Бетин ачып бакырып,
Берени Кошой чакырып,
Жаш бурчактап чачылды,
Кошойдун үнүн бир угуп,
Баатырдын көзү ачылды.
Ачкан менен көзүнү,
Айталбады сөзүнү.
Абакенди бир көрүп,
Күн дигерде кечинде,
Кечки дигер кезинде
Акыретке жөнөлүп.
Кыямат жайын бет алып,
Кыраанын кетти аттанып.
Кыргыздын Манас баатыры
Кыямат кетип акыры,
Кыргыз түгүл карасаң,
Кылымдын кетип акылы.
Ногойдун Манас баатыры
О дүйнө жөнөп акыры,
О дүйнөгө кеткен соң
Ойроттун кетип акылы.
Жакыптын Манас баласы,
Чайпалды бүткүл калаасы,
Калкка кайта көрүнбөс,
Кабылан эрдин карасы.
Күлдү журту күңгүрлөп,
Жер көчүрүп дүңгүрлөп,
Ыйлоодо калды балдары,
Жыйылбай калды малдары,
Жашы менен карысы,
Жалпы кыргыз баарысы
Боорун коюп боз жерге,
Эси келбей ээ дээрге.
Сыртын коюп сыз жерге,
Казаттан өткөн баатыры,
Кайып болуп акылы,
Кара кыргыз журтуна
Караңгы түштү акыры.
Бакай, Кошой карысы,
Баш көтөрбөй баарысы.
Кырк баатыры буркурап,
Кыз-катындар чуркурап,
Көшүлүп ыйлап алыптыр,
Көпчүлүк антип жатканда
Көкчө келип калыптыр.

Төөдөй боздоп буркурап,
Төрт миң киши кашында
Төштүк келди чуркурап.
Буудайык уулу Музбурчак,
Беш жеринде жара бар,
Берендерди караңар,
Эки миң беш жүз кол менен,
Эми келди бу дагы
Эркечтүү кыя жол менен.
Үрбү келди үч миңи,
Улуктун баары келгени,
Келген жандар кейиште,
Уккандар кылсын бир дуба
Урматы ашык эрлерди.
Кайрат кылып Кыргылы,
Калк өткөргөн дыңгылы:
Өкүрүктү коюңар,
Өкүргөндө эр Манас
Турат дейби оюңар.
Өттү Манас баатыр – деп,
Жесетин жерге салуунун
Акылын кылгын акыр – деп,
Кыргыл чал айтып салганы,
Кылымдын баары эп алып,
Кырк баатыр туруп калганы.
Бир жумадан бир жума,
Баш көтөрбөй жупжуда,
Эстен танган эли бар,
Эңкейип калган бели бар.
Баш көтөрүп баары журт
Эсин жыйган чени бар.
Акылын жыйып алышып,
Ак сакал Кошой баш болуп,
Акылдашып калышып.
Алтай кыргыз жери бар,
Ар жагы кытай эли бар.
Капталы бар Кара-Кум,
Караткан жери мына бул.
Башы болгон Кумул – деп,
Аягы Кырым, Урум – деп,
Күн жүрүшү Ымалай,
Кара Мүют деңизи,
Караткан жери бир далай.
Кумарык менен Ындыстан
Кутулбаган кыргыздан.
Токсон эки Котон – деп,
Тобуңар сөздү котор – деп,
Жетимиш эки Жеркенди
Жер ортосу дегени.
Түн жагы Иле, Сары-Өзөн,
Суңшоо менен Ысык-Көл,
Ошонун баары мусулман,
Ойдо-тоодо биздин эл,
Таз чечендин баласы
Бу күндө жаңы салыптыр,
Үрбүнүн салган калаасы,
Баскыямы жагында
Баяндынын талаасы,
Мына ушуга коёлук
Бадышаңыз Манасты.
Бу сөздү айтып тундуруп,
Баарынын көөнүн тындырып.
Алты жүзү алып кетменди,
Көр казганы кеткени.
Эрендер акыл таптырып,
Жерге кетмен чаптырып,
Жери дөңсөө кубаңкы,
Жетимиш кез каздырып.
Казганына канча мал,
Кызматына сойдуруп,
Казынасын ойдуруп,
Камырды казып болду – деп,
Казынасын ойду – деп,
Каттагандар айтып кеп.
Бу кабарды салганы,
Кара кыргыз зардалы
Карыя Кошой баш болуп,
Жуумакка кирип калганы.
Катагандын Кошою,
Казактардын Көкчөсү,
Элемандын Төштүгү,
Эштектердин Жамгырчы,

Кара жаак Үрбүсү,
Как ушундай жуудурмак
Кадимден кыргыз үлгүсү.
Музбурчак менен Жүгөрү
Суу куймакка жүргөнү.
Берендер белин бууганы,
Бекзаадалар жууганы.
Азыздар аңдып турганы,
Ажыдан келген жаңыдан
Абу замзам суусунан
Аябастан куйганы.
Медийнадан алдырган
Абу замзам суусуна
Беш кайтара салдырган.
Кемин болсо казасы,
Тайпы болсо тазасы,
Көйнөгүн көпкө бычтырып,
Көп ортого түшүрүп,
Көңкү кыргыз баласы
Көзүн жаштап үшкүрүп.
Мисирден келген бир адам,
Ар канча аңдып жүрсө да
Ыраңын көрбөйт тирүү адам,
Абу Жааңгер кожону,
Алып келип ошону,
Акыреттик кепинин
Арстан эрге ороду.
Кепинге ороп салганы,
Кейишке көп журт калганы.
Көтөрүп сөөгүн баатырды,
Табытка салып акыры.
Баянды менен Алтайдын
Арасы алыс жол экен,
Аз болгондо арасы
Он беш күндүк ол экен.
Адамдар мурда кетиптир,
Көр казган жерге жетиптир,
Көчүгү Манас үйүндө,
Кылым ага барыптыр,
Өйүз менен бүйүзгө
Кырка туруп калыптыр.
Аскер алды жолду – деп,
Адамдар азыр болду – деп,
Кабар келди карыга,
Кан Кошой баштап баарына.
Көтөргөнү көп улук,
Бурак атын токутуп,
Абу Жаангер кожого
Жаназасын окутуп.
Мурун кылган даярдап,
Буракка буудан токутуп,
Азуулары аркайган,
Астыңкы ээрди шалпайган,
Өркөчтөрү коркойгон,
Өрдөктөй мойну койкойгон
Төө байлады тогуз жүз,
Соорусу бийик, жону түз,
Ат байлады тогуз жүз,
Асыйы төрткө толгондон,
Ай мүйүздүү болгондон
Тогуз жүз байлап өгүздү,
Тогуз миң кой айдатты
Казыналык семизди,
Токсон миң дилде алдырып,
Тогуз миң толук ак жамбы,
Чабаданга салдырып,
Токсон миң шишек кой болду,
Баатырыңдын коймогу
Томаякка той болду.
Уламасы, молдосу
Дүнүйөгө ээ болбой,
Жүдөдү далай жолдошу.
Доорону берип таратып,
Табыттын башын карматып,
Кылымды кырка турдуруп,
Алып тышка чыкканда
Кыйкырык кулак тундуруп.
Колмо колдоп көтөрдү,
Бири сунуп бирине
Ажыңыздын жесетин
Аткан октой өткөрдү.

Кызматына кыраандын
Түрк уулу түмөн жеткени,
Колмо колдоп көтөргөн,
Учкан куштай кеткени.
Эртеси шашке түш ченде
Жесети жерге жеткени.
Сексен бээ сойдуруп,
Жесетин жерге койдуруп,
Кол аягын чечкени.
Жалган дүйнө чиркиндин
Жайынан баатыр кеткени.
Шарият ишин кылдырып,
Жайсаңдар ишин тындырып,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Азиянын калкына,
Акылдашып калышты.
Каяша кылар кан калбай,
Сексен урук капырда
Сен – деп, айтар жан калбай.
Чабылбай калган күлүк бар,
Ачылбай калган мүлүк бар.
Ар жерде бар казына,
Адам барбайт кашына.
Жерди терең ойдурган,
Жети жүз жерге бу баатыр
Казына катып койдурган.
Зери забар, зумурут,
Жер үстүндө бу турат.
Лагыл таш, көөкар дагы бар,
Казынанын далайы
Кайып болгон чагы бар.
Манаска опа кылбаган,
Бадирегиң бу жалган,
Баштатадан казына
Баашалардан көп калган.
Акыры бу да биридир,
Атпай кыргыз журтунда
Атан эмес, билидир.
Мээнет башка жетер – деп,
Белгисиз калса бекер – деп,
Аземин артык салсын – деп,
Акыр заман журтуна
Айтуу бойдон калсын – деп.
Белгиси калса дүйнөдөн
Бенденин баары тартынбас
Беш ооз аят сүйлөөдөн.
Айтуусу калса дүйнөдөн
Адамдын баары тартынбас
Алты ооз аят сүйлөөдөн.
Кылымга дүйнө кыянат,
Акыры болор кыямат.
Кыяматка калсын – деп,
Кыргыздын болгон уругу
Дуба кылып салсын – деп,
Атабыз мындай деген сөз
Айтуусуна калсын – деп,
Топурактан түк кошпой,
Күл бótoдон алсын – деп,
Кылымдан чыккан устанын
Кыйындары салсын – деп,
Кылымга сөзү калсын – деп,
Акылдары токтолуп,
Устанын баары жоктолуп.

### *Тогузунчу*

## МАНАСКА КҮМБӨЗ САЛДЫРГАНЫ

Билермандан алдырып,
Ат жеткен жерде күлбото.
Ар тараптан чалдырып,
Азыр экен ушунда,
Анжияндын тоосунда
Күлүш экен атагы,
Дандыр үчүн алчу экен
Кокондуктун сырттары.
Дүнүйө жүзүн каратып,
Күлдү кыргыз болгону
Күлүшаны жаратып,
Күлботосун чалдырып,
Күлүшаны алдырып,
Алты миң атан комдотуп,
Акылманга оңдотуп,
Алты миң эркеч майына,
Куп келтирип жайына
Садык уста салдырып,
Башчы кылып Садыкты,
Башкарып канча калыкты.
Садыктын сөзү барсы тил,
Мага ишенбей барып бил.
Келе молдо келтирип,
Тилегин кудай жеткирип,
Арабы сөздөн аштатып,
Барсы менен баштатып,
Түркү тилди ортого
Түрмөгү менен таштатып.
Алты миң эркеч майына
Кыш бышыртып бек салып,
Алты кылым өткөнчө,
Айныбасын – деп, салып.
Жети миң эркеч майына
Кыш бышыртып бек салып,
Жети кылым өткөнчө
Жете турсун – деп, салып.
Көсөмдүн баарын алдырган,
Көкбөрүнүн Көккоён
Көп дүйнөнү чалдырган.
Көөкар менен көздөтүп,
Арасын аят сөздөтүп,
Кыябы менен салдырган,
Кызматына баарына
Кыргыз тилден калтырган.
Таштан түптөп орунун,
Жаны тирүү чагында
Жараштырып борумун,
Кылыч, мылтык жарагын
Кызыл таштан койдуруп,
Кыябына келтирип,
Кырк миң аят ойдуруп,
Жоругуна карагын,
Жоого кийген жарагын
Туулганын борумун
Тунук таштан ойдуруп,
Койгон – деди, орунун.
Чарайна, соот, кыягы
Так ошонун өзүндөй
Ушу күндө сыягы[1].
Баяндынын талаага
Манасты коюп салыптыр,
Акыр заман журтуна
Атагы Манас калыптыр,
Баары кыргыз тукуму
Маңгыттан калган калыктыр.
Баштагы аты Кум арык,

[1] Ушул ыр сабынан кийинки он эки сап өзүнчө кичинекей баракчага жазылып, бирок өз орду болгон 307-бетке эмес, 308-бетке жабыштырылган. Анын ордун коюлган шарттуу белгиге (:) карап аныктоого болот.

Таласта Манас экен – деп,
Таппай айткан бу калык.
Барып көрсөң Манасты
Кандай наадан болсоң да
Калар элең кубанып.
Калыбы бойдон калыптыр,
Так жетимиш күнүндө
Камырына баатырдын
Каныкей жеңең барыптыр.
Жер астында калдың – деп,
Жеткен болсо абалың
Жесир койбой алгын – деп,
Кыргызды кыйла ыйлатып,
Кызматы үчүн баатырдын,
Кызыл дилде, ак жамбы,
Кыйла дүйнө жыйнатып,
Кызматкерге шайлатып,
Көөкар, жакут, зумурут
Күмбөздүн ичин жайнатып,
Курдашын эстеп үшкүрүп,
Тогуз жүз молдо бейшемби
Тогуз жүз кайра түшүрүп,
Бата кылып коюшуп,
Токсон семиз союшуп,
Казы менен жалына
Канзаадалар тоюшуп.
Үч жарымда баланы
Кубат кылып алганы,
Курган катын Каныкей
Үшкүрүгү баш жарып,
Үйгө кайтып барганы.
Ошолордун баары өткөн,
Опасыз дүйнө жалганы,
О дүйнөгө кетиптир
Оён кыргыз зардалы.
Кыргыз деген улуу журт,
Кыйындар болсоң мунумду ук.
Билбейсиң ата-бабаңды,
Адабият жагынан
Табат элең дабаңды.
Арстан Манас баатырдын
Аягы болду тамамы.
Акыны бербей толуктап,
Кетирдиңер чамамы.
Жазуу жазган Ыбырай,
Калем тартып жадады.
Айткан акын Сагымбай,
Ала берип карыздап,
Ар бир адам талады,
Жүдөп катын, балдарым
Түсүн суук карады.
Адабият чыгыптыр
Акындардын сөзүнөн,
Жазган молдом Ыбырай
Жаш акты эки көзүнөн.
Айткан акын Сагымбай
Адашкан акыл-эсинен,
Өзгөчө кирдик мээнетке
Өкмөттүн сөзүнөн.
Ат-Башы менен Кочкордун
Алты бекет арасы,
Адабият алгандар
Аңдап сөзүм карачы.
Сиздерге айтпай кимге айтат
Арзы менен датыны,
Алдырып ийди ууруга
Кула кашка атыны,
Куру калды шол бойдон,
Кудайга айтып датыны.
Ээрчитип жүрүп Бишкекте
Бир боз бала уланды,
Мыкты болор – деп, жүрдүм
Бышты чыкма кунанды.
Кунаны өлүп ал бала,
Акыры сен кылдың – деп[1],
Ачууланып кубарды.

[1] *деп.* Мындай сөз түп нускада жок, бирок болушу зарыл. Ансыз мааниге доо кетет, ыр сабындагы ыргак, муун өлчөмү бузулуп, сап ырга окшобой калат. Сөздү катчы жаңылып, жазбай кеткен өңдөнөт.

Кунанга бышты төлөдүм,
Кудай кылды кантем – деп,
Кууураган бойдон жөнөдүм.
Талабыбыз чоң эле
Өкүмөтчү сиздерден,
Он жети кой кетиптир,
Ушу күндө биздерден.
Абдылда Жаанбай баласы
Ал бир жылы колдогон,
Так алты кой союлуп
Жазуу жазган молдодон.
Эң болжолсуз көп сөзүм,
Таамай он бир кой сойдум
Эки жылда мен өзүм.
Эмгекке билген куу сөзүм,
Чай-чамекке, кагазга
Элүү сом төлөп дагы өзүм.
Болжоп көрсөм артында
Борумсуз болгон жайы бар,
Канча экенин билбеймин,
Молдонун канты, чайы бар,
Жазган менен айткандын
Бошоп калган шайы бар.
Эч жоктур сөздүн жалганы,
Маалимдиктен Ыбырай
Эки жыл бүтүн калганы.
Эки барып Ташкенге,
Анча-мынча алганды
Ат киреси жалмады,
Ары-бери жүрүштөн
Артып акча калбады.
Эсер болуп эзилдим,
Эп келсе бергин кунумду,
Берип жатып молдого,
Жедирдим беш бут унумду.
Жалган десең өкүмөт,
Жан берсем да ишентем,
Талап кылам мунумду.
Кара сакал агында,
Карып калган чагында
Санды түмөн сөз жазып,
Сагымбайың куруду.
Уругу кыргыз журтуна
Улук экен эр Манас,
Он бир китеп жазылды,
Жазылган качан басылды?!
Өнөрүңдү катпа – деп,
Өкүмөттөр асылды.
Өнөрдү билер – деп, жүрүп,
Өз дүмүрүм казылды.
Дөгөбөр деп алганы,
Жазбасаң сотко берем – деп,
Жаалдарын салганы,
Кылган ушу арзыбыз,
Кыпындай жок жалганы.
Уурулук жок биздерде,
Сотко бере коём – деп,
Уят жокпу сиздерде.
Каршылык жок биздерде,
Каршылык жок иш кылсак,
Кана ынсап сиздерде.
Эң башында кармады
Эшенаалы, Кудайкул,
Эмки турган өкүмөт
Сиздерге арыз, датым бул.
Көңүлүңө алыңар,
Көпчүлүктүн үстү экен,
Көзүңөрдү салыңар,
Жазып арзын айтат – деп,
Жаман көрбө баарыңар.
Алсырады, арыз айтты
Сагымбайдай карыңар,
Зарлуулардын сөзү – деп,
Санааңарга алыңар.

# ТЕКСТТЕРГЕ ТИРКЕМЕЛЕР[1]

Акырет кеткен Ленин
Аз гана жоктоп коёлу.

## 1. ЖОЛДОШ ЛЕНИНГЕ ЫЛАЙЫК[2]

Ырамандын асили[3]
Ырас жери казактан,
Бадыша болуп тукуму
Орто Азия келгени
Казак менен кыргызды
Куткарбады азаптан.

---

[1] Тексттерге тиркемелер катары ушул бастырылыштын алтынчы китебине кирбей калган эки чакан окуя берилди. Алардын ар биринин ошол алтынчы китепке кирген окуялардын арасында өз орду бар: биринчи окуя болгон Ленин жөнүндөгү кошокту манасчы Алмамбеттин окуясынан кийин, Манас Каныкейге үйлөнүүдөн мурда айтып жаздырган эле (кара 6-китеп, 459-бет). Материал басмага манасчы кандай айтса ошол үлгүдө, айтуучу жайгаштырган жерге берилип, даярдалган болчу. Бирок Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен алып салганбыз. Бул жерде окуянын тексттерине өзүнчө катар номерлер коюлуп берилди.

Тиркемеге кирген «Манас» баатырдын бешинчи казаты айтуу чакан эпизоддун тагдыры да жогоркудай. Манасчы айтып жаздырган тексттеги анын орду ошол эле 6-китептеги ыр тексттеринин аягына улай келмек (кара: 6-китеп, 620-б.)

[2] *жолдош Ленинге ылайык.* Эпостун тексттеринин арасына киргизилген кыстырынды материалдын темасы. Азыркы үлгүсүндө эпоско эч тиешеси жок бул бөлүмчөнүн мазмуну белгилүү саясий ишмер, Советтер Союзун куруучулардын өзгөчө көрүнүктүүлөрүнүн бири В. И. Ленинге арналып, анын иш-аракеттеринен кабар берет. Ошону менен бирге эле падышалык Россия, анын жүргүзгөн колониялык саясаты, ошонун натыйжасында кыргыздар өзгөчө оор абалга туш келгени да баяндалат.

Бөлүмчөнүн мазмуну «Манас» эпосуна эч тиешеси жок болсо да жалпы эле түпкү тегинде чыгарманын кандай түрдө өсүп-өнүгүшүнөн, жаңы окуялар кошулуп, көлөмү көбөйүп, мазмуну байышынан кабар берген айкын мисал боло алат. Ушул түрдөгү манасчылардын эпоско киргизген кошумчалары элге жагып, жалпы угармандардын талабына жооп берсе кийинки айтуучулар тарабынан кабыл алынып, жомоктун өз окуясы катары айтыла баштаган. Ошону менен бирге эле керектүүлүгүнө жараша иштелип чыгып, мазмуну өзгөртүлүп, же кеңейтилип, чыгармадагы башка окуялар менен байланыштырылып, жалпы мазмунга сиңирилген түргө келтирилген.

[3] *Ырамандын асили.* Бул жерде манасчы орус падышасынын тагын ээлеген Романовдордун тукумунун түпкү теги казактардан деген ойду берип жатат. Эпостогу белгилүү каармандардын бири Каратай – Ырчы уул казактардан, Ыраман деген адамдын уулу делет. Ошол версияга ылайыктап Сагымбай Романовдордун түбү казактан (Ыраман – Роман) деп түшүндүргүсү келип жатат (Ленин кошогу бара-бара эпостун окуяларына сиңишип, аралашып кетүүсү мүмкүн экендиктин далилин ушундан да байкоого мүмкүн).

Аттан тандап керди алды,
Айдап Шибер жибер – деп,
Акылга дыйкан эрди алды,
Арт жагынан карасак,
Арканга ченеп жерди алды.
Ырасийдин орусун
Тартып берип төрөгө
Тарылдырып конушун,
Түркстанга баргын – деп,
Түк койбой айдап орусун,
Аңдап көргүн калайык,
Артынын кандай болушун.
Өкүматы басылды,
Түгү калбай казактан,
Дүмүрлөрү казылды,
Жүргүзбөдү кудурет
Эр Ленин асылды,
Адабият сөзүнө
Адилдиктен жазылды.
А дегенде биздерге
Агитпробу[1] ачылды,
Аркасынан теңчилик —
Уруяты[2] чачылды,
Арманда жүзүн көрбөдүк
Ушу өңдөнгөн асылды.
Бакырды байдан өткөрдү,
Бар кылганын көз көрдү,
Жетимдердин баарысын
Жебелеп* багып өстүрдү.
Мусулманды, капырды
Бирдей көрүп акыры,
Байкуштардын баарысын
Маарыпатка*[3] батырды,
Баш залимдин баарынын
Абыдан шорун катырды.
Саратан чилде ысык күн,
Зарласак кайдан табабыз
Саясы салкын чатырды.
Байдасы тийген ааламга,
Баанаты тийген ар жанга,
Мажусу, жүүт, тарсага,
Пуруяга[4], сыйгага[5]
Боштондук кылган кыйлага,
Орус, немис, татарга,
Кыргыз менен казакты
Киргизген бирдей катарга.
Сарт, өзүбек, баргана,
Кеңчилик берген бар жанга,
Кетти – деп, угуп Ленин,
Кейиштен калдым мен таңга.
Аз гана айтып бу сөздү,
Акырет кеткен Ленин
Агамдан жакын билемин,
Азыраак айтып жоктодум,
Аза күтүп ан үчүн,
Ай жарымдай токтолдум.
Падибага[6] – оруска,
Башы жаңы жеткенде
Бадышалык олутка
Барып калды Ленин
Барса-келбес конушка,
Адам көзү жетерби
Азган казак, кыргыздын
Арты кандай болушка.
Адам жетпес жакында
Ал өңдөнгөн олутка.
Басып алып турганда
Бадышалык орунун,

---

[1] *атноробу.* Жазылыштын мааниси белгисиз. Кыясы, манасчы же катчы «агитпроп» (агитация-пропаганда) дегенди ушул түрдө айтып жатат го.

[2] *хрийты.*

[3] *мгрфтка.*

[4] *порияга.* Кыясы, эл аталышы. Кимди айтып жатканы белгисиз. Балким, Прусия?

[5] *сыйгага.* Эл аталышы өңдөнөт. Ким жөнүндө сөз баратканы белгисиз. Балким, Сирия?

[6] *падийуга.* Сөздүн мааниси белгисиз. Кыясы, орус сөзү, же мансаптык белги жөнүндө окшойт.

Бакырларды колдогон
Башкача кылып борумун,
Чын залимди жоготуп,
Чыгарып сурак сонунун,
Урууга чачып турганда
Уруяттын борумун,
Караган калмак, маңгулу
Кайран Ленин өлдү – деп,
Калкыңдын баары кайгырды.
Ырас бирдей көрчү элең
Ыраак менен жакынды,
Арбын окуп илимди,
Ар тарапка чыгарган
Адылдык менен акылды,
Азатка чыккан мусулман
Арганды тапчы акыры.
Бакыр менен байыңды
Бирдей көрүп баарыңды,
Мурунку бузук адамдар
Заманасы тарылды,
Өтө жеткен залимдер
Өлүп эби табылды.
Сүттөн тапкан малыны*,
Жүдөтүп анын алыны,
Дүкөндөрү жабылды.
Каңгыртты сүткор байыны,
Казак менен кыргыздын
Ордуна кайра тийгизди
Орус алган жайыны,
Түркстандын орусун
Түгөткөндө шайыны,
Никалайдын[1] тушунда
Күчөп жасоол ушунда,
Бечаралар мине албай
Бир-бир жалгыз тайыны,
Эркелетип кутчуу эле
Элдеги сүткор байыны.
Бай жардыга теңелип,
Бакырлар атын мингенде,
Баркын жаңы билгенде,
Бастырганда кеңелип,
Окугун – деп, илимди
Ар кайсынын өз тилин
Акыл ал – деп, билимди,
Үйрөнгүн – деп, өнөрдү,
Минтип жардам кылганда
Билбедик минтип өлөрдү.
Уруятын ачканда,
Улук, залим токтолбой
Ар тарапка качканда,
Наалыбай кантип коёлу
Эр Ленин арстанга.
Баштагы орус конушу
Маскөө менен Петербор,
Башыбызды ачканда
Байкуш болду биздин доор.
Адилет кылган сурагын
Абыдан журтуң көрбөдү,
Алты жылдан бер жакка
Арамзаада кай бирөө
Аралап бизге жөнөдү.
Ана-мына – деп, кетти,
Алтын менен күмүштү
Алаш болгон жеринен
Алып далай жеп кетти,
Бадыша элең Ленин,
Башта болгон залимди
Маскөөдө жатып кекетти.
Залимдигин койдуруп,
Жуда залим кай бирөөн
Суракчыга сойдуруп,
Ачка жүргөн кедейди
Аш-тамакка тойдуруп,
Эсебин элдин алганда,
Эки-үч жылы жүрбөдүң
Эркин дүйнө жалганда.
Кайратың ашык кан элең,
Бир кылымдын ичинен

[1] *никалайдын.*

Билимиң ашык жан элең.
Акылың деңиз дайра элең,
Азгандарга айла элең,
Бадышадан артыгың,
Башка журтка пайда элең.
Өнөрүң арткан далайдан,
Өлдү – деп, угуп кайран кан
Өбөктөп ыйлап канча жан,
Акылың артык далайдан,
Алкыштар тийбей малайдан,
Айрылдык табарыштан* – деп,
Наалып калды канча жан.
Кылымды алган колуна,
Кылчая албай кеттиңби
Кыяматтын жолуна.
Ааламды алган колуна,
Асылын көрбөй элиңдин,
Аттанып сапар кылдыңбы
Акыреттин жолуна,
Айтып дастан кылалык
Арстан эрдин соңуна.
Ушу быйыл укканым
Элүү төрттө жаш элең,
Урууга ачып боштондук,
Уруяттын башы элең.
Кадырың калкка көрүндүң,
Кадырыңа калк жетип,
Касиеттеп турарда
Капилет өлүп көмүлдүң.
Акылың ашык көрүндүң,
Наркыңды аалам туйганча
Арман менен көмүлдүң.
Текшере албай суракты,
Жетип ажал кулатты,
Куруттуң эле дүйнөдөн
Куйрук менен кулакты.
Башын ачып малайды,
Балкыттың эле далайды.
Бай кылып бакыр-мискинди*,
Баары түрктүн уулуна
Колуна берип тизгинди,
Бел болуп бечарасына,
Береке болуп ашына,
Бейли бузук залимдер
Тура албады кашыңа,
Казынаңыз толгондо
Калийпанын[1] көөкар ташына.
Мурунтадан караткан
Кырым менен Палекти[2],
Салмак элең Кытайга
Сандуу түмөн алекти.
Бузуп алдың Букарды,
Баштатадан колуңда
Маскөө менен Петербор,
Басканыңда буларды,
Орустун жери Ырасий
Олуту менен алганда,
Он жыл кандай жүрбөдүң
Ойрон дүйнө жалганга!
Кайгыңыз өттү калганга,
Карап аз жыл турбадың
Каран дүйнө жалганга!
Арга жок экен акыры
Алда башка салганга.
Отун-суусун каратып,
Оңдурган далай чалдарды,
Ойдо жогун билгизип,
Окуттуң далай балдарды.
Ойбойлоттуң кылымды,
Олуту кандай билбедим
Жалган дүйнө заңгарды,
Жазып адабиятка,
Сагымбайың зарлады.
Ыйлап жазды Ыбырай,
Күткөн бизди Абдылда
Күйүт тартты бир далай.

[1] *хлыгенин.* Мааниси белгисиз.
[2] *палакти.* Мааниси белгисиз.

Карайлаттың калааңды,
Бары-жогун билбедик
Катын менен балаңды,
Көчүп кетип дүйнөдөн,
Көзү ачылган кыйланын
Көөнүнө салдың аланды*.
Урматтадың жетимди,
Уруятың жетилди,
Тулпарлардын туягы
Ташка тийбей кетилди.
Жетилер кайра туягы,
Тил айткан менен «өлдү» – деп,
Тиридей болуп көрүнөт
Лениндин сыягы.
Ыраа көрбөй өлүмгө,
Алаш уулу болгону
Арбагыңды сыйлады,
Агып жашын тыйбады,
Эски орустун баарысы
Эми тийип намысы
Тужурке тонуна
Денелери сыйбады.
Ыйлап көзүм жаштадым,
Жобогондон Сагымбай
Жоктоо сөзүн баштадым.
Өкүмөттө тургандар
Өлдү – деп, айтып Ленин,
Өрнөктү жаман баштадың.
Кайран Ленин өлдү – деп,
Кайратым жок боюмда,
Кантип өлүп кетсин – деп,
Ынанбаймын оюмда.
Банктен алдым жүз миң сом
Накта миңге ................[1]
Узун өмүр тилейлик
Эр Ысталин баатырга,
Луначарскейиң[2]
Жеткен экен акылга,
Ачып күрсүн*[3] чыгарган
Абразаванияны*[4],
Ааламдын баарын окушка
Алгын деген кыялы,
Болгон өкмөттөргө
Эр Ленин эсен – деп,
Элдин оозун тыйбады.
Табарыш Ленин өлдү – деп,
Калкы кара кийгенде
Капалык ичке сыйбады.
Алы чабал бакырлар,
Батырактар майышты,
Беспартия эстүүлөр,
Бери болсо беш күнгө
Аза күтүп кайышты.
Партия менен камунус
Өкүмөттөн таткан туз,
Баары кара кийгени,
Манап менен байына
«Ленин өлдү» деген сөз
Кулакка майдай тийгени,
Адал жүрөк кээ бирөө
Катуу ыйлады кайгырып,
Кадырың анык билгени,
Билимсизин бир кезек
Билгендери тилдеди.
Мусулманды, капырды
Бирдей көргөн акыры,

---

[1] *накта мнге (же тактамнге).* Ыр сабынын аяккы сөзү окулбайт. Контекст боюнча жоромол айтуу кыйын. Жалпы эле кол жазманын акыркы 616, 617, 618-беттери кагаз эскирип, жыртылып, жазуулар өчүп калгандыктан өтө начар окулат. Айрым сөздөрдөгү окууга мүмкүн болгон тамгалардын жардамы менен гана божомолдоп эмне чийилгенин билүүгө мүмкүн.

[2] *Луначарскейин.* Саптагы биринчи сөз белгисиз. Эски барактын айрылган жерин чаптаган кагаздын алдында калган.

[3] *курсун.* «Курс» маанисинде.

[4] *абразаубияны.* «Образования» маанисинде.

Билими артык акылы,
Өлдү – деп, угуп турасың
Эр Ленин баатырды.
Күйбөйсүң анын үчүн – деп,
Ал Ленин болбосо,
Алаш уулу көрүнгөн
Абыдан сенин күчүң – деп,
Эстүүлөрү муну айтып,
Эсерлерин муңайтып.
Кайгырды кедей баласы,
Каран болуп калдыбы
Петербордун калаасы.
Атка минген өкүмөт
Алар бекен борумун,
Напси эрге алдатпа[1]...

## 2. МАНАС БААТЫРДЫН БЕШИНЧИ[2] КАЗАТЫ

Орус жакка барганы. Ошол сапарында орустан алган аскерлердин олжолоруна Орозду кандын Чагатай башчы он уулу зордук кылып, андай кылбагыла десе Манаска жамандык кыла башташып, Манас алардын баарын да өлтүргөнү.

Э с к е р м е: Серек, Сыргак ушул өлтүрүлгөндөрдүн балдары болсо да, аталарыбызды өлтүрүп салды деп, кектебей, Манас менен күйүшкөн тууган болушуптур. Акылдары артык, булардын өз аттары башка, бул сын аттары. Сыргактын өз аты Жаныгул экен[3].

Ар жагы Жапас[4] тунугу,
Ариядан* уругу,
Жаян-Жаңса улугу,
Кара-Моор, Муз-Көлдө
Калкынын бүтүн турагы,
Мишириктир кытайча,
Турган экен бу дагы.
Куралта албай калаасын,

[1] *алдатпа.* Ыр сабындагы ой бүтпөй калган, жалпы эле ушул барактын (618-бет) аяк жагына жазылган (эки колонкада төрттөн сегиз сап ыр) тексттер окулбайт – эскилиги жетип, упурап калган баракты бекемдөө үчүн чекелерине сызыкча түрүндө кесип жабыштырылган, жазылыгы 2,5–3 см ак кагаз басып калган. Бaрактын тигил бетинде да (619-бет) болжол менен 7–8 сап ыр жазылган. Ал жазылгандан «болып тамамы», «азыркыны» деген айрым сөздөрдү гана окууга мүмкүн. Ыр тексттеринин аяк жагына даана кылып (кыясы, жаңы жазылган, же мурда жазылып өчүп калган сөздөрдөгү тамгалар үстүнөн чийилип жаңыртылган) «аягы болып тамамы» деген сөздөр жазылган. Ал жазуунун төмөн жагында «1924-жыл 25 жаныбар» делген жазуу бар. Андан ылдыйыраакта мурда жазылган, чала өчкөн «1924 инчи жыл 25 йануар» делген чийүү турат. Ошол чийүүнүн алды жагына жазылган бир нече сөз бар, бирок алар окулбайт. Андан ылдыйда азыркы тамга менен «1924-ж.» деп жазылган.

[2] *төртинчи.* Кол жазма дептердин 1-бетиндеги биринчи тема катары берилген сөздөрдө «Манас баатырдын төртинчи уакыйгасы Атемирдин кызы Каныкейди алганы» – делип жазылган эле. Бул жерде кол жазманын 148-бетиндеги экинчи тема «Манас баатырдын төртинчи казаты – орус жакка барганы» делиптир. Кыясы, манасчыдан ката кеткен, улам эле төртүнчү боло бербей, бул окуя бешинчи делиши жөндүү.

[3] *экен.* Темадан кийинки кара сөз түрүндөгү тексттер бaрактагы (148-бет) эки колонка түрүндө жазылган ыр саптарынын айланасындагы ачык жерлерге тегерете жазылган. Буга караганда сөздөрдү манасчы атайылап айтып берип жаздырбастан, анын темага берген түшүндүрмөсүнө таянып катчы өз демилгеси менен өзү түшүнгөнгө ылайык жазган болуусу да ыктымал.

[4] *яфыш.*

Курман* чалып* баласын,
Слабыян*[1] – деп, ат коюп
Турган экен бабасын.
Тундура жаккы тушунда
Толкуган калың эл болуп
Жаткан экен ушунда.
Уругу орус ария,
Жердеген жери дария,
Лийоморт*[2] баатыры,
Алмамбет анда турганда
Маңгулга барып урушуп
Кеткен экен акыры,
Канчадан бери камсыгып,
Лийомортко урушмак
Алмамбеттин акылы.
Орустун андай бардыгын
Ойлонбогон, укпаган
Оён Манас баатыры.
Албарстан кылыч миздетип,
Ак бараң мылтык түздөтүп,
Алмамбет келген күнүнөн
Атакеси Жакыпка
Анжияндан – Букардан
Аземдүү кызды издетип,
Чолосу тийбей калышкан,
Арууке менен Каныкей
Сонундан кызды алышкан.
Жыргап-куунап жылышып,
Аңгемесин кылышып,
Карк болгондой дүйнөсү,
Катындан көңүл тынышып,
Үйдүн көрүп кызыгын,
Үч ай үлпөт кылышып,
Тамаша-таңын атырып,
Күлкүсү күндү батырып,
Бейшемби күн жумада,
Өңкөй баатыр жудада
Зерлуу селде чалынып,
Таң атканча зар кылып,
Жаратканга жалынып,
Арбакка кылып дубаны,
Атпай кыргыз турганы,
Барып алып Алтайдан,
Баргана дүкөн курганы.
Калган маңгул, кытайды,
Каратып динге мындайды,
Жаман динден тарт – деди,
Магшарда болгун март – деди.
Аяк жагын уласак,
Аалимдерден сурасак
Арабын да сарт деди.
Динге салып калганын,
Алоокеден алганын,
Алда билер сөзүмүн
Чыны менен жалганын.
Алоокени качырып,
Жерин алып окшотуп,
Анын кыйла калмагын,
Араникте калганын
Айдап жолго салганын,
Казатта Манас жүргөндө
Каарынан бабаңдын
Кан Алооке зор бааша
Качып кетип калганын,
Тагрып* кылып дагы айттык
Каныкейди алганын.
Туу-Куйрук суунун боюнда,
Тулпар тоонун оюнда,
Кыштап чыгып шаарда,
Жаздын асты баарда
Байлары токтоп Алайга,
Кара кыргыз журтунун
Башчысы токтоп сарайга,
Алоокенин орунун,
Алып кыйла сонунун,
Адам өлчөп боло албас

[1] *ыслауан.*
[2] *лийомортс.*

Ал кезекте кыргыздын
Ар иш кылган борумун,
Жердин жүзү көк болуп,
Ар түрдүү чымчык сайрашып,
Ачылган гүл көп болуп,
Тай даакысын түшүрүп,
Жалама кымыз ичирип,
Аз эле бээден байлашып,
Адырга малын жайлашып,
Арбын байдын баарысы
Алайга малын айдашып,
Ал кезекте алым жок,
Алып-алып дүйнөнү
Казынага сактаган
Кара кыргыз журтунда
Катаалдык кылар залымы жок
Эркинде жүргөн элиңиз,
Эртегинин сөзү экен,
Эрмегин тыңдай бериңиз.
Сыртка жылкы төлдөтүп,
Сабага кымыз көлдөтүп,
Адырга коюн туудуруп,
Азаматтын баарысын
Ар кызматка турдуруп,
Алашты минтип тундуруп,
Уй мөөрөтүп төлдөтүп,
Төө төрөтүп көлбөтүп,
Батырбай сүтүн көлдөтүп,
Ырысын Алда жөнөтүп,
Жылкыдан союп тайын жеп,
Козудан союп майын жеп,
Ажал жетсе өлүм ак,
Өлөрүбүз дайын – деп,
Өргүсүн журттун байы – деп,
Тартып алган Баргана
Атабыздын жайы – деп,
Өзөндү көздөй конушуп,
Өңкөй Ногой уругу
Өз алдынан болушуп,
Өзөнгө малы толушуп,
Жандоону көздөй конушуп,
Жалпы кара кыргыздар
Жай-жайына болушуп,
Жайытка малы толушуп,
Кашкар жакы башына
Шыгайдын уулу Жапакты
Чыңгоол* улук* коюшуп,
Жаныбы Кенжут, Алай бар,
Жай алган жери далай бар.
Тагырма менен Ташкотон,
Кой көчүрүп нече отон,
Кара тегин, калчаны,
Салайма менен Сары-Алма,
Каратып алган канчаны,
Кундуз менен Талканды,
Кубалап сүрүп Ооганды,
Мойнуна тагып арканды,
Суратып абаң Кошойду,
Оогандын каны Түлкүнү
Оодарып жердин мүлкүнү,
Чөөлүгүп Дөбөт оюнан[1],
Артылып Намут боюнан,
Өткүрсүгөн кыйланын
Өкүмүн алып колунан,
Оён кыргыз уругу,
Орто Азия турагы,
Ошол кезде кыргыздар
Дуулаган экен бу дагы.
Анда башы Кумулду,
Кумулу кайда билбейбиз,
Атагы араң угулду.
Күн жүрүшү* Ымалай[2],
Ушуну да жердеген
Угуз уулу бир далай.

[1] *добет ойынан.* Ыр сабынын аягында барабар белгиси коюлуп туруп «тибт» деген сөз жазылган. Кыясы, «Дөбөт» деген топонимге катчынын берген түшүндүрмөсү өңдөнөт.
[2] *хымалай.*

Бир чети бар Ындыстан[1],
Кур калаасы Дагалак
Кур эместир кыргыздан,
Алтайда калган эли бар,
Арал көл менен Сары-Арка,
Аягы Шибер жери бар,
Калсак болуп атанган,
Кара кыргыз эли бар,
Көкчөсү Көкчө тоону алып,
Көпкөн экен кыргыздар
Көп жердеги жоону алып,
Калмагын чаап каратып,
Каңгайды чаап таратып,
Алты шаар уйгурду
Алсыратып кургурду,
Бээжинге сүрүп маңгулду,
Беттешкенин нан кылды,
Бербердигер кудая
Берген экен аябай,
Не жеринен жаңылды?
Аягы Арал көл, Оролду,
Алып турган олорду,
Алмамбет баатыр ойлоп жүр
Оруска казат болорду.
Күн батыштан Кыйбаны,
Күркүрөгөн кыргыздар
Күбүп ышын кыйланы,
Алып келди кыздарын,
Баары кыштап, жаз чыгып,
Баргананын кыштагын.
Атактуулар Алайда,
Аттанып казат кылам – деп,
Арстан Манас, Алмамбет
Айтты кабар далайга.
Дүңгүрөтүп жылкы айдап,
Түмөндөтүп кой айдап,
Малчысы малын жайлаган,
Кыйгач калпак боз балдар
Кындыйтып күлүк байлаган.
Кылайып кылбайт жумушту,
Жаштарынын баарысы
Жалпы тилейт урушту.
Атагы капыр бар болсо,
Атышып жүрүп алсак – деп,
Ак динине салсак – деп,
Ажал жетсе окко учуп,
Кан төгүлүп, жер кучуп,
Шейит болуп калсак – деп,
Күүлөнүп жүргөн чагы бар,
Күлпөңүн күндөй тийгизген
Күлүстөн Манас дагы бар,
Абунасыр – Айкожо,
Азыздардын баары бар.
Урунарга тоо[2] таппай,
Урушарга жоо[3] таппай,
Басарына жер таппай,
Басташарга эр таппай,
Казылбаган жер таппай,
Кармашарга эр таппай,
Кытайды салып кыйынга,
Кызын алып каратып,
Кыйбаны алып быйыл да,
Дөөлөтү ташып толуптур,
Кел деген күнү дапдаяр
Үч жүз миң аскер болуптур,
Көлдөлөңдүн оюнда,
Көк жайыктын боюнда
Алайдын жүзүн алыптыр,
Аскер толуп калыптыр.
Асаба менен туу болду,
Азандын үнү чуу болду,
Дамбылда, Жакып карысы,
Дагы кайда барат? – деп,
Таңыркады баарысы.

---

[1] *хндстан.*
[2] *тоо.* Катчы сөздү буга чейин дайым «тау» түрүндө жазчу.
[3] *жоо.* Мурда дайым «жау» түрүндө жазылуучу бул сөз да ушул жерден тартып «жоо» делип туура үлгүдө жазыла баштаптыр.

Бердике менен Саламат
Бербердигер кудая,
Кыргыз уулу болгонго
Кылар – деп, кыйла алаамат,
Акбалта менен Ошпуру,
Алар да ойлоп ушуну,
Жалпы кыргыз аттанып,
Дагы кайда копшуду,
Мажусу динде жүргөндү
Басып далай копшоду,
Баштап мынча кошунду,
Ат жетер жерде душман жок,
Алыска барар окшоду.
Байжигит, Шыгай баары айтып,
Бай Жакып баштап кары айтып,
Алар антип токтоду.
Дүйшөмбү күнү кол жыйып,
Ар тараптан чакырып,
Жиберген экен кишисин
Эки ай мурун чаптырып,
Дүйшөмбүнүн күнүндө,
Үч жүз миң аскер көй баатыр
Тамам жыйып сап кылып,
Эсебин санап так кылып,
Агыш менен Кожош бар,
Акбай менен Мамбет бар,
Абыке менен Көбөш бар,
Көкбөрү уулу Көккоён,
Кыргыздан чыккан көп оён,
Каңгайлыктын Керкөкүл,
Кан жээни Жүгөрү,
Кайсы жакка барышын
Калкы билбей дүрбөдү.
Баймырза менен Жанай бар,
Баатырлары далай бар.
Көкөтөй туусун көтөрдү,
Көй төрөлөр жыйылды,
Бири миңден качпаган
Билими артык көй баатыр
Бир кудайга сыйынды.
Кырк чоронун баары бар,
Кыраан Бакай кары бар,
Эр Алмамбет дагы бар,
Не кыйындын баары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыз беги Кутунай,
Каратоко Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Саргыл аттуу Сатайы,
Сабайлардын Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргын Каракожосу,
Арстан эрдин чын досу.
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Арстан эрге пайдалуу
Албан түрлүү пикири.
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгө билер Төлөгү —
Балгерликке бөлөгү.
Агыдай далы көрүүчү,
Топтун башы Токотой,
Эл башкарар Элеман,
Калк үстүндө Калкаман,
Кырк башчысы Кыргыл чал,
Ороздун уулу Чагатай,
Оён Сыргак, Сереги,
Ойротко тиер кереги.
Коңгуроонун Кошабыш,
Кош башкарар эр Ыбыш,
Алымдардын Алакен,
Алооке уулу Бооке,
Арстан Мажик бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Казатка улуу жол жүрсө
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр жайнак Шууту —
Калк чайкаган куусу.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн алаш жол жүрсө

Түлкүнүн изин жазбаган,
Түндө адашып баспаган
Түмөн жайнак Шууту —
Түмөндөн чыккан куусу,
Казактардын Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Аты Баймат, өзү тез,
Алты шаар журтунан
Арстан эрге болгон кез.
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтарга оозу шоктуу кул,
Оргодон калган оён бул.
Каңгайдан келген Боз уул,
Кара кыргыз журту бул.
Ушулардын баарысы,
Урматтуу Бакай карысы,
Бири миңден качпаган,
Алтындуу туудан аштаган,
Аз дегени бир миңди,
Асты он миңден баштаган,
Арстан жүрөк көй баатыр
Атышкан жоодон шашпаган.
Аттары бедөө тобурчак,*
Жал-куйругу бир кучак.
Үртүктөп атын минишип,
Үстүнө темир кийишип,
Чарайна, соот, кыягы,
Чамынган жолборс сыягы.
Туулга менен калканы,
Кыргыздын өңкөй дарканы.*
Жабдыктын баары карк алтын,
Жарактын баары чылк күмүш,
Жоого ылайык ушул иш.
Жай киери жалбагай,*
Жамынчысы кара киш,
Кыш кийгени кандагай,
Аты-боюн түзөтүп,
Арстан эрлер баарысы
Азырланды жайма-жай.
Кабылан Манас баатыры
Кадообекти чаптырды,
Карыялар келсин – деп,
Кашына баарын чакырды.
Кыргыздын жыйып карысын,
Кылымдын жыйып баарысын,
Оюна алып оёндор
Орусту жоолап барышын,
Эркегинин баарысын
Нээти казат караткан,
Ургаачысын ар жерде
Уруш-кыстоо тар жерде,
Үлкөн калба бар жерде
Ак түлөөгө жараткан
Камбар боздун үйрүнөн
Кармап келип тогузду,
Кадыр Алда жар бер! – деп,
Бек чыгарып добушту,
Бай Жакып баштап баркырап,
Карылардын жаштары
Бетин жууп жаркырап,
Ай туякка бээ чалып,
Ботогур салып мойнуна,
Болкулдап ыйлап карысы,
Жашын төгүп койнуна,
Айры өркөчкө төө чалып,
Азаматтар кеткенге
Айылдагы кары-жаш
Алдага зарлап көп наалып,
Ай мүйүзгө уй чалып,
Айымдар наалып буралып,
Атпай кара кыргыздар
Аскерге жүрүп куралып,
Баатырлардын баарысы
Бармак үчүн кубанып,
Аксарбашыл кой чалып,
Азаматтын баарысы
Казат үчүн бой салып,

Каныштардын баарысы
Кандай заман болот – деп,
Каршы басып суй салып,
Алаштан чыккан көп туусу,
Азыркы кубат кылганы
Көкөтөйдүн көк туусу.
Көтөрдү туунун баарысын,
Кол үстүнөн каратып
Көкөтөй сындуу карысын,
Келгенде аскер бийлетип
Көк жалдын көргүн калысын.
Жүз жылы мурун кетишкен,
Аз жылдан бери жетишкен,
Түркстанга турган – деп,
Түбү бирге тууган – деп,
Атаган каны Көкөтөй,
Аскер билген Алмамбет,
Алдадан тилеп чоң медет,*
Көкөтөйдүн артынан
Көтөрдү Үрбү баатырды
Көп аскерди башкар – деп,
Билимдүү кылып акыры.
Минтип турган кезинде
Бизге бир тийип өтсүн – деп,
Жаңы келин Каныкей
Жакшыларын чакырды,
Калк башкарган карысы,
Кара кыргыз журтунда
Канзааданын баарысы,
Баатырларга кошулуп
Кары-жаштан жыйылган
Карк миң киши барышты.
Он эки келин кенизек,
Оромолу жубарлуу
Озгон мыкты келинчек
Астынан чыгып ат алып,
Ат алса да бат алып,
Көгала майдан шиберди,
Ай төгөрөк салдырып
Үч жүз кийиз жиберди,
Кийиздердин үстүнө
Көз айныган түсүнө
Кырмызы килем салдырып,
Ал килемдин үстүнө
Атилестен баяндос
Эки жүзүн алдырып,
Эр олтурар жерине
Не түрлүү орун салдырып.
Кымызына бал чайкап,
Кызматында жайкактап,
Сексен түрлүү жемишин,
Дасторкону тубардан,
Элге төгүп тегизин,
Жылкынын союп байталын,
Жыргалдуу элди айтамын,
Койдон союп козуну,
Тамактан түрлүү бышыртып,
Даярланткан ушуну,
Жүз чанач кымыз куйдуруп,
Жүргөн кызматкерлерин
Жүгүртүп элге сундуруп.
Балоо басып, бал берип,
Багылан* козу, ширин баш,
Казы, карта, жал берип,
Калк жүрө албай тамактан,
Карап турган жеринде
Жаңы келген Каныкей,
Жанган чырак Арууке,
Кошо келген кырк нөкөр,
Кудайдын берген кезинде
Кошулган жарын карап көр,
Атемирден алдырган,
Адам ачып көрбөгөн
Алты куржун салдырган,
Аста сүйлөп кеп айтып,
Арачы салып бек айтып,
Аттанчуусу канча экен,
Арасын ачып бөлсө – деп,
Калары канча болорун
Каныштар баарын көрсө – деп,
Каныкей айткан мындай кеп.
Аттангандан каларын

Келиндер көрөт экен – деп,
Кенизектер тепеңдеп,
Айтып кабар салыптыр,
Ашка тойгон карысы,
Аксакалдын баарысы
Арасын ачып алышты,
Төгөрөк тартып олтурган
Төрт жүз болуп калышты.
Барбасы төрт жүз болуптур,
Баш-башына бир-бирден
Барпаша* кара чапандан
Бирден чапан коюптур.
Төрт жүзү турду кубанып,
Төрө Манас баш болуп,
Кызмат кылып буралып,
Кызматын көргөн карылар
Ыракмат[1] айтып кубанып.
Касиеттүү кары – деп,
Кадыр Алда жар берсе,
Капырды жеңер баары – деп.
Баатырлар үчүн бата алган,
Кадыры калкка жеткенден
Каныкей болуп атанган.
Санирабийга өз аты,
Сарамжалга токтолгон
Баштатадан өз салты,
Калгандары алты жүз,
Каныкей ага көз салды,
Кашына алып канкорун,
Канча түрлүү сөз салды:
«Тулпардын тайбас такасы,
Соот болсо жакасы,
Кыргыздын кылар сакасы,
Өзүңдү уруп азапка,
Өмүрүң өтүп казатта
Кайып болсоң дүйнөдөн,
Казылыкка ким жетсе
Калас[2] болор күнөөдөн,
Алтындуу туудан аштапсыз,
Жетим уул, тул* катын,
Жергенди каран таштапсыз,
Нечен албан эр жыйып,
Элиңди кайда баштапсыз?
Ушу быйыл жазында
Отуз үч келди жашыңыз,
Обдулупсуз кол баштап,
Ооду кайда башыңыз?
Оролгон кара чачыбыз,
Окус болсоң дүйнөдөн
Кургабай агар жашыбыз.
Кутмандуу кандар туу алып,
Урматтуу улук башыңыз,
Көтөргөнүң кызыл туу,
Көбүңүзгө сөзүм бу.
Колго алганың кызыл туу,
Коштошуп айткан сөзүм бу.
Ургаачы эрдин жарагы,
Уругу кыргыз көп журтуң
Улуу черүү барабы?
Эшик бар жерде төр болор,
Эгер ажал бир жетсе,
Адамдын жайы көр болор,
Ылдый бар жерде өр болор,
Бара турган жолунда
Не бир жерде чөл болор,
Канаттуудан куш өтпөс
Кара дайра көл болор,
Кубаттуу кылган тирлигин,
Кудаанын билген бирлигин
Төмөнкү арап эл болор.
Байгамбар чыккан өзүнөн,
Байкайбыз аалым сөзүнөн,
Чалыяр* чыккан өзүнөн,
Шариятын угабыз
Жакшылардын сөзүнөн.
Бер жагынан угабыз

[1] *рхмт.*
[2] *хлас.*

Дария Шор, Урумду,
Андап ук, арстан, мунумду.
Мисир менен Көбөнү,
Биздерди мурун көрбөдү,
Кудус менен Шамыңды,
Күн чыгышта сен жүрүп,
Кудайың жеген камыңды.
Дан-Дан менен Жабаны,
Торусуна, Арийра,
Кубаты жетпей баарына,
Муздарийба, Сымука
Мурунку бузук көп калкка,
Шырын, Норан шаарына,
Айтып динди баарына,
Кабашдарга аралап,
Алакандай арабы
Ар жинстеги капырга
Айтып динин каралап,
Орто Азия, Түркстан
Оюна албай жериңди
Оолакта жаткан кыргызсың,
Оболку атаң Угузсуң,
Кырга келип жай алып,
Ала-Тоого таянып,
Кыругуз болуп турупсуң,
Кыйбадан барып кыз алып,
Мээнеттүү мени жугуздуң.
Беш ай болбой келгеним,
Кандай бир кепти угуздуң.
Байгамбардын өткөнү
Үч жүз жылга толгон жок,
Урматың үйдө болгон жок.
Шаа Жемшиттин тушунда
Самар атаң ушунда,
Атагы болуп Самаркан,
Аа караган канча жан,
Орто Азия, Түркстан,
Оолакта калган Ындыстан,
Ошондон бери үзүлбөй
Чынжыры келген кыргыздан.
Жакында өткөн бир бабаң
Жанадил болгон атагы,
Азирет Аалы шер кудаа[1]
Салынган буга чатагы.
Бакатыл аттуу балбаны,
Азирет Аалы[2] дарбайлап,
Арбын калба салганы,
Катаасы жок алганы.
Азирет Аалы[3] кеткен соң,
Атабыздын жолу – деп,
Мансук динге жанганы.
Бар кудаанын буйругу,
Угуз кандын куйругу,
Уругуң кыргыз элисиң,
Урматың ашык бегисиң,
Өзүнөн чыккан жынсы үчүн
Ыслам динге жеңипсиң.
Ак Мустапа байгамбар,
Андан мурас калыптыр,
Абунасыр заманы
Акыры келип өзүңдү
Ак динине салыптыр,
Арбагыңа жыйылып,
Арстандар сага багыптыр.
Айта берсем узун сөз,
Акылы чолок ургаачы
Аташкандын ырысын
Арамдык менен булгачу.
Бейкарар жарың мен элем,
Бербердигер буюрган
Аташканым сен элең.
Дүнүйөнүн жарагын[4]

---

[1] *Азирет Аалы* кудаанын шерри маанисинде.
[2] *азирет глы.*
[3] *азирет аалы.* Катчы кээде бир эле маанидеги сөздү эки башка түрдө чие берет. Буга ушул «Аалы» деген адам атынын жазылышы да күбө.
[4] *жарагын.* Жаралышын маанисинде.

Ой жиберип карагын.
Жокту бар кылып жаратып,
Жаман менен жакшыны
Дүнүйөгө таратып
Билдиң ээси теңирди,
Миздеп жарак кылдыңыз
Далбар албарс темирди,
Жараткан жалпы бир теңир,
Жатыр жерде бир темир,
Жыртылыптыр аягың,
Бигиз* кылып жанчсам* – деп,
Кече күндүз карадың.
Бигиз кылып албадың,
Шибеге кылып алсам – деп,
Тикирейип карадың.
Караган менен көзүңө,
Бигиз болуп бербеди
Ал жаткан темир өзүңө.
Жыгач алып иштедиң,
Тишиң менен тиштедиң.
Колуң менен уучтадың,
Койгуладың, муштадың,
Таш менен чаптың болбоду,
Талкалап канча толгондуң.
Өзүнүн жынсы болбоду,
Чарчаганда койгону,
Бардың балка, төшүгө,
Тил алдырчу бир адам
Көрүндү сенин көзүңө.
Кыл – деп, бердиң колуна,
Ачып көздү-жумганча
Салды өзүнүн жолуна.
Сандыргалуу төрөсүң,
Өз жынсынан чыгарып
Кырдагы угуз балдарын
Берген экен колуңа.
Атаң кары, иниң жаш,
Арбагыңа байланып,
Кашыңда жүр көп курдаш,
Көмүрдөй жерде жаткан таш,
Көзүңдү ачып карасаң,
Көрүнбөйбү көөкар таш.
Көөкар да таш, таш да таш,
Боростой ташта не пайда,
Көөкар болду ташка баш,
Азыркысын өзүң жаш,
Алашка болдуң сиз да баш.
Мизи оюлган, тагы жок,
Бир тутамча сабы жок
Бир балтаны таптыңыз,
Уңгусунан бек кармап,
Өгүздөй кара жыгачты
Кесемин – деп, чаптыңыз,
Ооруп болду колуңуз,
Сапсыз балта кесерби,
Чарчаганда койдуңуз.
Бир жыгачты сап кылсаң,
Үйдөй болгон теректи
Үч-төрт уруп сойдуңуз,
Өз жынсыңан болгондон
Орто Азия, Түркстан
Оюп алып койдуңуз,
Оолак жерге баруугa
Ооптур көңүл оюңуз.
Башыңда дөөлөт багың бар,
Басташкандын баарысын
Бас кылуучу чагың бар.
Кыргызга келген мүсүрөт,*
Ар уруктун баарысы
Артыкча доорон бир сүрөт.
Абалдан акыр кан болуп
Ойлонсоң, төрөм, ким жүрөт?
Келет бирде, кетет бир
Кезегинде бир дөөлөт.
Зилиңе карап иш кылгын,
Тийип өткөн бир нөөмөт.
Барсаң, баатыр, аман бол,
Басар жолуң кайсы жол?
Эниң жатыр Эртиште,
Капталың жатыр Каңгайда,
Жаш күнүңдөн атанып
Арбагың жатыр далайда.

Жануп четиң Ындыстан,
Бадакшан бар, Балык бар,
Баста жаткан калык бар,
Баары чочуп кыргыздан,
Башыңа кудай бак берип,
Өкүмөткө ээ кылып,
Өзүңдү кудай тургузган,
Барар жериң сурадык,
Башыбыз аял курган жан».
Каныкейдин сөзүнө
Айран болду турган жан.
Баатыр турду үндөбөй,
Башкасы турду сүйлөбөй,
Барар жоосу ушул – деп,
Манастын ишин бийлебей,
Адеп сактап баарысы,
Ак сакал Бакай карысы,
Асталап токтоп калышты.
Сарынжы* тонун зымпыйтып,
Сарала атты кындыйтып,
Кара кыртыш муруту,
Каалап келген бу журтту,
Карап Алмаң туруптур,
Казатка моюн сунуптур.
Кан Алмаң сөзүн уруптур,
Казатка туулган көй баатыр
Кашында карап туруптур.
Ат туягы тийбеген,
Ак бирлигин билбеген,
Күбөлүктүн жеринде
Күлдү орустун элине,
Башкы журту тундура,
Кычалы деген кушу бар,
Иттен бөлөк малы жок,
Кызык сонун ушу бар.
Аягы чокчу, кетиске,
Алар жакын Эртишке,
Жаныбы Токток тоосунда,
Каңгайдын кара журту бар,
Аңгирдин Сүйөө коосу бар,
Самайиттин эли бар,
Жай ысыгын көрбөгөн
Тамашалуу кеби бар,
Шибердин ары четинде
Сары алтындан кени бар.
Араба менен чанасын,
Ат кылып кийик баласын,
Аралап шаар калаасын,
Жер жүзүндө чолоо жок,
Ар жагы Мухит көлү бар,
Шашкелиги* Салаңгүү,
Түрк уулунан тараган
Маңгул, татар эли бар,
Боштолу*[1] деген жандар бар,
Тула бою чылгый май,
Туура күчтүү заңгар бар,
Аралында Мухиттин
Айды-күндү көрбөгөн
Албан түрлүү жандар бар.
Түлөндөн[2] бөлөк майы жок,
Адамдар турар жайы жок,
Туруп адам боло албас,
Күн тийбеген, айы жок.
Жылдыз көрөт түнүндө,
Жылдыз тарап жок болот
Күндүз деген күнүндө —
Шамга жакын маалдай,
Багымдат жакын таңындай,
Аралда бүткөн жерлери,
Атагы орус эли бар,
Алмамбет айткан ушундай
Аңгемелүү кеби бар.
Жылдыздан бөлөк белги жок,
Жылуулук издеп, жыргалга
Быякы жерге келги жок,
Турганча кыш, жайы жок,

[1] *бошталы.*
[2] *тулинден.*

Түлөндөн бөлөк майы жок,
Түркүчө аты боштолу[1],
Дүнүйөгө теңебейт,
Жердеп турат ошону.
Муздан салган тамы бар,
Мындай дүйнө дагы бар.
Жай белгиси буудa бар,
Жандарда сонун суудa бар,
Сибиния*, түндүк сыйыр*
Көл ичинде жуда бар,
Көз айныган ак түлкү,
Аппак аюу бу да бар.
Чилеңгир деген жандар бар,
Атагын суюн атаган
Суу адамы заңгар бар.
Нечен албан эли бар,
Эл бийлеген бу күндө
Күн батыш жаккы четинде
Илиямор эри бар,
Мардыба менен кория,
Сыйга, санам эли бар,
Күн деген бар, чыгат – деп,
Жыйылып барып жылдыздай,
Күндүн көрүп чекесин
Жылда бир келер жери бар.
Ошо жакта тек жаткан
Он уруу орус эли бар,
Башка журттан малынса
Барса-келбес жери бар.
Кинемир аттуу чычканы,
Ал жерден эгер көрбөйсүң,
Биздин куштан да бөлөк,
Канаты бар учканы,
Башка тилде сөздөрү,
Ак урук* – деп аталат,
Ачык сары өздөрү.
Калкында кара көзү жок,
Айрандай аппак көздөрү.
Ак найза жонуп боолоого,
Андай бир журтту жоолоого,
Ак берсе динге салмакка,
Алып келип бер жакка,
Аралаш кылып жай берип,
Маңгул, татар, калмакка,
Келтирип түрктүн жерине,
Кез келсе дүктүн элине,
Сапар кылдык акыр – деп,
Самады шону баатыр» – деп,
Алмамбет айтты аңдай кеп.
Жанында Манас баатыры,
Жаңыдан алган шол жылы
Санирабийга катыны,
Алмамбетке кеп айтат:
«Аяшым, тыңда – деп, айтат.
Самаганың журт болсун,
Сапарың, аяш, кут болсун!
Арбын черүү колуңуз,
Арасы канча болду экен
Баса турган жолуңуз?
Айды-Күндү көрбөсө
Урушуучу эриңиз,
Узак экен жериңиз.
Улуу черүү кол жүрдүң,
Ак[2] таалам аман сактаса
Кайтып келер маалыңыз
Калкыңа айтып салыңыз.
Ары карай жүрүшүң
Айдын болор нечеси?
Жоголуп кайып болсоңор
Калганыңа болбосун
Караңгылык кечеси.
Сурабасак тындыкпы,
Айлык бекен, жылдыкпы?
Канча күндө барасыз,
Кара жан тирүү турганда
Казаттын жолун караарсыз,

---

[1] *бошалы.* Бул айбандын аталышы жогоруда (26180-сап ыр) «бошталы» түрүндө жазылды эле.
[2] *ак.* Катчы сөздү буга чейин дайым «хк» түрүндө жазып келген.

Канча күндө келерсиз?
Калган катын-балага
Ушунчада келет – деп,
Угузуп койсоң медерсиз!»
Ушуну сурап калганы.
Баатыр Алмаң кеп айтат:
«Байка, жеңе,– деп, айтат.
Улук болуп Бээжинде
Учуп турган чагымда,
Дүнүйөгө мас болуп,
Кучуп турган чагымда,
Албан ат дейт кытайча,
Алтымыш канат байлаган,
Алмамбет көөнүн жайлаган,
Аягында тетиги,
Канатта жок кетиги,
Кырк таш жерге бир конот,
Кытайда өнөр бу болот.
Кагазы жибек албан ат,
Көтөрүлсө көк жакка
Жүз кулач учуп айланат,
Эки колун камчылап,
Эки жакка тең урат,
Анын жаман жери бул –
Албан атка кирген жан
Аягы менен тик турат.
Жатамын десең өлөсүң,
Кырданып кетсең жыгылып,
Кыяматты көрөсүң,
Үйрөнөм десең үч жылда
Учуп-конуп көнөсүң.
Он үч жарым жашымда,
Баашалык таажым башымда,
Албан атка киргемин,
Алтымыш күнү көп учуп,
Пория – дүктүн арасын,
Муздан ары Чорнай көл,
Көлүнүн көрүп карасын,
Сууктун тартып балаасын,
Аралап анык көрбөдүм
Мардубанын калаасын.
Үч айда көрдүм үйүмдү,
Үч айда тирүү келгенге
Атам-энем, эл-журтум
Келгениме сүйүндү.
Барган жагым күн жүрүш,
Бет алган жагым жетиген,
Саякат кылып, жер кезип,
Алмамбет антип тентиген.
Казат кылып кайтууга,
Оруска ойрон салган – деп,
Калгандар накыл айтууга
Бара жаткан бир жумуш,
Баатырыңа жакшы эмес
Бастырбай үйгө тим туруш.
Козголуп алган бир жумуш,
Элге макул эч болбойт
Кол жүрбөй үйгө тек туруш.
Алда билет аларды,
Алда билет алдырып,
Калкты кайра көрө албай,
Кабарсыз жатып каларды.
Ойго алыппыз бу күндө
Жаян балбан Мөтүрүк[1],
Илияморду издөөгө
Баатырың калды өтүнүп.
Кештибан деген аяры,
Мөтүрүк аттуу балбаны,
Кезигип калса капырга
Жар берсе жапар кудурет
Заман акыр салганы,
Талап кылдык ага – деп,
Ат менен жүрүп көрбөдүм,
Анық үчүн жеңеке,
Ай аркандап, күн күрмөп
Айталбаймын сага – деп,
Бир жылдан бери келбезпиз,
Билгеним ушу кеңешсиз,

[1] *метурик.*

Кеткен бойдон келе албай,
Кайып болсок не дейбиз?
Тирүү болсок келербиз
Түйүндөй кара башыбыз,
Кыяматка бет алсак
Кызыл кан болуп ашыбыз,
Кары өлсө да, жаш келер,
Калбай баары өлбөс – деп,
Кары менен жашыбыз».
Алмамбет аны сөздөдү,
Сөз артынан токтолбой
Каныкей жеңең көздөдү:
«Куш танабы боо болот,
Жер танабы тоо болот,
Эл танабы баатыры,
Эр танабы катыны,
Эрге боо такканы —
Алып катын бакканы,
Боосуз учат жапан куш,
Болжосом аяш ушул иш,
Карылардан бөлүнүп
Казатка барар алты жүз,
Кадырга каның алса түз,
Кашыңдагы алты жүз
Аяш сизге эп болсо
Асталай тартып аттан түш.
Алып наар тамактан,
Ачка бойдон жүрбөсүн
Апкаарыган канча жан.
Өрөпкүп жүргөн өткүр бар,
Желигип жүргөн жеткир бар,
Бууругуп жүргөн буудан бар,
Бат жүрсөк деген баатыр бар,
Үйүмдөн наар татса – деп,
Биз жеңеңде акыл бар.
Бышылуу турган ашың бар,
Карың менен жашың бар,
Артылуу турган кошуң бар,
Аялдап наар алыңар,
Алыстан талап тилеген
Арстандансың баарыңар».
Ал сөздү айтып Каныкей
Арстан Манас баатырын,
Аста басып акырын,
Ат чылбырын алыптыр,
«Ырас айтат жеңем!» – деп,
Ыргып түшүп Алмамбет,
Үйгө беттеп калыптыр.
Каныштын сөзүн кайтарбай,
Түшпөгүн – деп, айта албай,
Баатыр да түштү атынан,
Баары жүрдү көй баатыр
Баатырынын артынан.
Астына салып Бакайды,
Артынан салып Кыргылды,
Арстан эр жолго салыптыр.
Эшик ачкан үч желдет,
Артынан кирип кырк баатыр,
Ата уулдашып киришип,
Азыркы жашын билишип,
Алты жүз экен калганы,
Ак сарай үйдүн төрүнөн
Сексен төрт орун алыптыр.
Катар-катар карк толуп,
Канча катар сап болуп,
Ордого толуп алыптыр,
Ошондо да батпаган
Отуз-кыркы калыптыр,
Оолжуй басып Каныкей
Кесе сунуп алыптыр.
Кызматкерге куйгузуп,
Кызыл гүлдүү сары аяк,
Кызматкерин сунгузуп,
Туу байталдан сойдурган,
Алты байтал бээ союп,
Азырлатып койдурган.
Арбын келер бекен – деп,
Ар канча болсо жетер – деп,
Койдон сойгон канчаны,
Табак жасап жаткандар
Ашкана үйдө чарчады.
Экиден табак тарттырып,

Ашка чабал кай бирөө
Аппак майын арттырып,
Кишмиш салган кымызы,
Кишиден башка кылышы,
Арак эмес, бозо эмес,
Мисалдаш шарап кошо эмес,
Каныкей кылган бу кымыз
Арзан тамак ушу эмес.
Маскүлөң тартып балкышып,
Баатырлар көөнү жаркышып,
Башта өткөн кебин айтышып,
Баарысы минтип калыптыр,
Баштатадан Каныкей
Башка үйгө коюп салыптыр,
Жүргөн жигит айылда
Жүз азамат алыптыр,
Алты жүз келген кишини,
Аңдап көргүн ага-ини
Арууке менен Каныкей
Ал экөөнүн ишини,
Миң эки жүз тонуну,
Баары суптун сонуну,
Экиден тон кийгизип,
Эч бирин куру койбостон,
Бири чапан, бир чепкен
Баарысына тийгизип,
Экиден ыштан, кош көйнөк
Эр башына кийгизип,
Жайдары Манас төрөңдүн
Жан багары сексен төрт,
Ондон көйнөк, он дамбал,
Оруска салсаң чоң жаңжал,
Өлүп калсаң окустан,
Өрттөй күйгөн кырк баатыр
Өчүп калсаң кокустан,
Жер очоктой бир жерди
Кемире чаап оёр – деп,
Аалы*[1] шейит ушу – деп,
Кызылала боюнча
Кийими менен коёр – деп,
Кепин* тону болор – деп,
Бей* ыйманга бурак* жок,
Суп* кийгенге сурак жок,
Ондон көйнөк, он дамбал
Оромолго түйүптүр,
Быйыл келген жеңеңиз
Көй төрөнү сүйүптүр,
Мурунтадан бул ишин
Даяр кылып жүрүптүр.
Бирден чопкут, бирден соот,
Жалпы чоро жанган от,
Чалбарлары* кандагай,
Жалпы баарын камдаган,
Эрге ылайык буюмдан
Ңемесин койбой жамдаган.
Букардан чыккан буулум тон,
Булу оор карала*,
Анжияндан согулган
Аркагы жибек сарала*,
Кырк чоронун башына,
Кыдырып келип жанагы
Кырк баатырдын кашына,
Тогуздан сарпай кийгизип
Ар бирөөнүн башына,
Сексен төртүн чыгарды
Белдемчи, соот-кыягын,
Бери уулундай көргөздү
Баатырлардын сыягын.
Кызматта жеңең бүгүлүп,
Арууке менен Каныкей
Киерине тон берип,
Узасаң уруксатың – деп,
Киргендерге жол берип,
Барып турду босого,
Балдарым, эркек төрө – деп,
Бакай баштап баарысы
Бата кылып ошондо.
Эшикке чыгып көй баатыр,

[1] *ыглы.*

Айылдагы жаш балдар
Аткармакка атына,
Аттарын алып келатыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кырааны Манас, Алмамбет
Атка минип алышты.
Арууке менен Каныкей
Арстандарын аткарып,
Алыска сапар жиберип,
Аман келгей элең – деп,
Агызып жашын имерип,
Ак сарайга бет алып,
Амандыгын нээтке алып,
Алар кирсин үйүнө,
Аңдап кулак салыңар
Арстан эрлер жүрүүнө.
Көкөтөй болду карысы,
Көкөтөйгө караган
Көңкү аскердин баарысы.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Аргымак аттар арымдап,
Алтындуу керней барылдап,
Асаба-желек дарылдап,
Найзалар желге доолдоп,
Арстандар жолго зоолдоп,
Кыйгактуу найза кылактап,
Желектер желге булактап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Сур желектер жалпылдап,
Комуздун үнү шаңкылдап,
Кош ооз* кагып даңкылдап,
Жезнай үнү ызылдап,
Сыбызгы, чоор тызылдап,
Доол согуп күңгүрлөп,
Доорон келген кезекте
Толкуган кыргыз балдары
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Тубарды туура бүктөшүп,
Тулпарга кошун жүктөшүп,
Туштап жолун тиктешип,
Камканы* кайрып бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Кармашар жоосун тиктешип,
Анжиян басып кетишип,
Арадан Нарын кечишип,
Наманген тоосун ашышып,
Арадан Абаң басышып,
Учун ашып Улаанды,
Илебин кандын жери – деп,
Айтып өтүп буларды,
Терсмаёону кечишип,
Тарбагатай тоосунун
Учу кирип сайылган,
Сол тарабын караса
Деңизди көздөй жайылган
Аты Балкаш арбын көл,
Ал кезекте кыргыздын
Аңгемесин аңдап көр,
Бөкөнүн* бөлүп атышып,
Бөксөлөй тартып жатышып,
Куланын кууп атышып,
Кудуктуу жерге жатышып,
Кубанчка минтип батышып,
Барып көлдү таңыркап,
Балкаштан балык уулашып,
Баатырлардын баарысы
Барабан согуп чуулашып,
Барар жолу каяк? – деп,
Бир-биринен сурашып,
Эңкүүдөн элик атышып,
Эриккен жерге жатышып,
Аткандары кийик, куш,
Аңгемеге батышып,
Кумдан кулан атышып,
Кубанчына батышып,
Кур аттын баарын тартылтып,
Кулагын жалдан артылтып,
Өргүтүп атын жатышып,

Баатырлар минтип аттанып,
Байкалдын көлүн бет алып,
Сары адыр келген жери бар,
Саян-Арыш бели бар,
Ашып өтүп жол жүрсө
Кыл Эртиштин жери бар.
Дайра Эртиш боюнда
Не жыгач бар оюнда.
Самбила деген жыгач бар,
Кескенде аккан каны бар,
Аз-аз буурчак даны бар,
Айтайын десе тили жок,
Жыгачтан аруу жаныбар.
Майта суунун боюна,
Бал-Токойдун оюна
Мына ушуну кыйба – деп,
Баянын айтты Алмамбет
Барча кыргыз колуна.
Колдун баары жай алып,
Боз дөңгүл тоого таянып,
Атыңды жат – деп откоруп,
Нак ушу жерде турабыз
Аз-маз күнү токтолуп.
Бир жумадан, бир жума
Жатасың – деп, жупжуда,
Чатырдын баарын бүктөңөр,
Чатыр тигем дегениң
Айрылдык андан шүк деңер.
Отоонун баарын бүктөңөр,
Отоо тигем дегениң
Ойбойлодук шүк деңер.
Кайың менен терегиң,
Калкыңа тиер кереги.
Кара жыгач-тазалы,
Чотала деген жыгач бар,
Сая* кылсаң мазалуу*[1],
Жапырагы чапандай,
Эндүү жапырактарын
Эки адамга жапкандай.
Кош-кош болуп жыйыл – деп,
Кошунга жүрдүң быйыл – деп,
Жаратканга жалбарып,
Жай саратан ысык күн,
Жайлаймын күндү кыйын – деп,
Алмамбет айтып салганы,
Аскер башчы баарысы
Айтканын угуп алганы.
Аалимсиген кай бирөө
Алда Таалам паанабы,
Алдам өзү болгон соң,
Адамдын тилин алабы?
Алда кандай мекери*,
Ашкере болгон кыргызга
Алмамбет аяр экени.
Артың андап карайлы,
Ар мекердүү дубадан
Алмамбет билген далайды,
Тал чыбыктын узуну,
Кыркып алып ушуну,
Алмамбет сонун иш кылып,
Жоон жагын шиш кылып,
Батырып жерге сайганы.
Баары кийимин кийинип,
Бар кудайга сыйынып,
Токсон эки миң затын,
Миң бир эки бар атын,
Асман-жердин тышынан,
Барлыгыңдан бир кудай
Паана кылдың ушундан,
Көзгө илинбес жандар бар,
Чоңсунган канча заңгар бар,
Барчага тийген баанайың,
Бар кудай өзүң бересиң
Бактылуу жигит таалайын.
Асман менен жер – деди,
Акыл жетпес кемелиң[2],*

[1] *мазалы.* Жакшы, мыкты маанисинде.
[2] *кмалиң.*

Алып турган сен – деди.
Жылдызың канча, дүнүйө,
Айды, Күндү тең жасап,
Жылдырып койдуң күнүгө.
Баранды менен чаранды,
Баары сенин күчүңдөн
Макулуктар[1] таралды.
Жаратып адам, айбанды,
Акыл берип адамга,
Муктажы кылдың көп жанды.
Тышта десем, ичтесиң,
Көңүл менен санаанын
Ыкласын издейсиң,
Эстесе эсиңе аласың,
Эстебеген жандарды
Не балаага саласың.
Эки дүйнө баарына
Эгем өзүң баанасың,
Билбеген бир нерсең жок,
Билимиң артык даанасың.
Толуп жатыр азабың,
Дозоктун тилейм баанасын,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .[2]
Тосо көр – деп, дозоктон
Толгонуп сураар Алдамсың.
Ыракат издеп бейиштен,
Ыраак кыл – деп, тилеймин
Жайы жааннам кейиштен,
Бир башымда тогуз жүз
Багып турган мыланик
Толуп жатыр бериштең,
Кирпигимди батырып
Катып алар жерим жок,
Ажалымдан кутулуп,
Жатып алар жерим жок.
Улугумсуң зул жалал,
Көпчүлүктүн көөнүнө
Ар жерде салам чоң мылал».
Алмамбет айтып мунаажат,
Дариядан кечмекти
Актан тилеп чоң ажаат,
Тегеренип терс окуп,
Кешмирче дуба кесе окуп,
Барайыз дуба бат окуп,
Кажылдап берди кан Алман
Калмакча кара дубаны
Канча түрлөп жат окуп.
Кытайча билген кыйла өнөр,
Кыйынды мындай ким көрөр,
Кырк кулач жерден табылган,
Жай таш издеп жашында,
Алмамбет баатыр сабылган.
Кырк кулач жердин астынан
Кыйындык менен табылган.
Жер астында оту бар,
Отко жакын жеринде
Сел дария суусу бар,
От менен суунун ортодо
Ойлоп турсаң ушу бар.
Отко суу калса катышып,
Ошо жерден буу чыгып,
Абаны көздөй атышып,
Жер силкинип бузулар.
Атылып чыккан таштардан
Жай таш деген ушу бар,
Жер үстүндө калат ал,
Адам аны тааныбайт,
Жеп алат экен көргөн мал.
Уругу кыргыз улуу журт,
Казатта барган жолунда
От менен суунун ортодон
Бүткөн таштан жетөө бар
Алмамбеттин колунда.
Ташын санап бириндеп,

[1] *мглокдар.*
[2] Бир сап ырдын ордуна көп чекит коюлуп, бош калтырылган. Балким, жазылбай калган ыр сабы болушу мүмкүн (кол жазманын 175-бети).

Куптан* маал кечинде,
Аскердин жатар кезинде
Түштө окуган Алмамбет
Тегеренди дирилдеп,
Адамдын баары от жагып,
Муздап, тоңуп зирилдеп,
Чырмалып Алмаң ушунда
Чыбыктын чыгып учуна,
Жөө чымчык деген таранчы,
Таранчынын ордуна
Алмамбет конду карачы,
Чыбыктын башы ийилбей,
Күчү менен дубанын
Не болгону билинбей,
Алмамбет антип турганы
Не болгону билинбей,
Тегирмендин барадай
Тегеренип тушунда,
Билген кешмир дуба окуп,
Алмамбет азыр туруптур
Бир чыбыктын учунда.
Жааганча жамгыр куюлуп,
Бөксөгө мөндүр урунуп,
Тополоң келген шамалдан
Тоорагы түптөн суурулуп,
Учуруп өлтүрөбү – деп,
Ушунча кол көпчүлүк
Заманасы куурулуп.
Аккан суулар жыгындап,
Адырда аңдар тыгындап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак,
Борошолоп бургулап,
Кар аралаш муз учуп,
Каршы-терши ургулап.
Колдун баарын көрсөңүз
Коёнотко атын чалдырып,
Кошко кайтып жеткенче
Кол-аягын алдырып,
Супа-саадак чалганы,
Таң атарда Алмамбет
Чыбыктан түшүп алганы,
Жети жай таш колдогу
Ташка салып молтону,*
Жети күнгө болжоду,
Жан казанга суу куюп,
Жети ташын салганы,
Ал таштагы от деми
. . . . . . . . . . . . . . . .[1]
Суу буркурап кайнады.
Суук күчүнө алганы,
Кылым кыргыз баарысы
Кыяматтай суукка
Эми кирип калганы.
Ич кийими тыш болду,
Кырк күн сырттын суугундай,
Кыяматтай кыш болду.
Кыш кийгени ич болуп,
Көргөндөрдүн баарына
Көңүлдөн кеткис иш болуп,
Ишемби* күндү жайлаган,
Бир жумадан бир жума*
Ачылбастан жупжуда,
Күн бүркөлгөн тутушуп,
Аскердин жаны кысылып,
Ысытып тамак жутушуп,
Жана келди жумасы,
Аскер колдун баарысы
Өлө жазды жудасы,
Өткүр Алмаң баатырдын
Ушул экен мудаасы.
Суудан алды жай ташын,
Журтка кылды байдасын.
Чыбыкты жерден сууруптур,
Көк тезекке дем салып,
Отту көздөй уруптур.
Тезеги отко түтөгөн,

[1] Бир сап ырдын ордуна көп чекит коюлуп, бош калтырылган. Балким, катчы жазбай кеткен сөздөр болушу мүмкүн (кол жазманын 177-бети).

Тегеректин баарысын
Кумсарган туман бүтөгөн.
Түтүн көккө жетиптир,
Түтүн чыккан шол замат
Басып турган булуттун
Баары тарап кетиптир.
Туман көккө тараптыр,
Турган аскер баарысы
Туш-тушуна караптыр.
Чымын учуп чырылдап,
Чымчык учуп чурулдап,
Жерден булоо бурулдап,
Күн ачылып алыптыр,
Курчап тоонун башына
Куу туман туруп калыптыр.
Сайлар ылдый заркырап
Сары жел жүрүп алыптыр,
Бир куурайга билектей
Муз токтолуп калыптыр,
Камыштын башы казандай,
Жапырылып алыптыр,
«Жалпың атка мингин!» – деп,
Алмамбет айгай салыптыр.
Абыр-шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Этекке топо салыңар
Кары-жашың баарыңар,
Топону жолго төгүңөр,
Жараткан жалгыз Алданын
Кудурет күчүн көрүңөр,
Аягың сууга малынбай
Азыр өт – деп,– көбүңөр
Алмамбет буйруп ийгени,
Бет-бетинен көп аскер
Топурагын этектеп,
Музга төгүп өтмөккө,
Минген атын жетектеп,
Үч жарым таш жер экен,
Үлгүлүү сөз мурунтан
Үлкөн дайра дээр экен.
Үстү менен кол өтүп,
Ар жагына барышып,
Аман чыгып алышып,
Ат откоруп багышып,
Ашыкпаган эрди көр,
Алиги дайра музунун
Калыңдыгы канча – деп,
Кайта келип чагышып,
Жети сөөм экен – деп,
Калыңына музунун
Калайык айран калышып,
Андан өтүп аскериң
Алмалуу Жая жери бар,
Күн жүрүшү жагында
Башында маңгул эли бар.
Кучунаш деген суусу бар,
Кум биябан ушу бар.
Жүлөө*, жото*, жемиштүү,
Көрбөгөн бир көк жемиш
Жүргөн элге жегизди.
Неңиз, Азар жери бар,
Байкалга жакын келдик – деп,
Баатырлар айткан кеби бар.
Жаныпта Дуң-Дуң тоосу бар,
Тар капчыгай коосу бар,
Көз учкан бийик зоосу бар,
Тар капчыгай, туура суу,
Адам кечкис суусу бар,
Күн жүрүшү жагында
Дуңша кытай журту бар,
Чатыраш аттуу бир жерге
Жатыңар – деп, жар салды
Эр Алмамбет көп элге.
Жануп жагы бийик тоо,
Жайыл кытай бизге жоо,
Орустун журтун ойго алдык,
Оор жарак бойго алдык.
Күн жагынан* өткөндө
Күрмөлөбүз жолуна,
Түн жагынан* жол жүрсөк
Издегениң табылар.
Башынан өтөт Байкалдын,

Убийдин улуу суусу бар,
Айланып жүрсөк тескейде,
Ат жаратып жол жүрсөк
Айчылык жол ушу бар,
Байкалдын башы Күнчыгыш,
Анда куштун сонуну —
Алачык үйдөй куусу бар.
Байкалга өсүп көлбөгөн,
Балдарын багып төлдөгөн,
Барбаган бенде көрбөгөн
Куу сонуну ушунда,
Жер өлчөөсүн карасаң
Кумулдун туура тушунда,
Түгөнүп калган түрк уулу
Түк билбестен ысламды
Түмөндөп жатыр ушунда.
Жетиген жагы* – шымалы,
Дагы ойлонуп Алмамбет,
Кетип турат амалы,
Лина дайра суусу бар,
Ашкере мээнет ушу бар,
Ардалы деген тоосу бар,
Арасында туура суу,
Самбилскей коосу бар,
Базана деген чөбү бар,
Мына ушу жердин өзүндө
Балакеттин көбү бар.
Алма, жийде аралаш,
Бири үйдөй ар агач,
Суңал деген аюу бар,
Сур аюунун баары бар.
Алмалуу жерде аюу бар,
Эгер турсаң токтолуп
Аңгеменин баары бар.
Ошондон жүрсөң он беш күн
Убу дайра жетерсиң,
Он беш күнү жол бассаң
Уюп жаткан орустун
Элине кирип кетерсиң,
Мээнет кылсак аз күнү
Лина суудан кечерсиң.
. . . . . . . . . . . . .[1]
Лина деген дария,
Башы Байкал көлүндө,
Аягы барып кошулган
Кийнак жердин өзүнө.
Кийнак деген жеридир,
Муз деңиздин жээгидир.
Оруска кийнак улуу сөз,
Чоң деген кийнак сөздөрү,
Улугун айтат киназ* – деп,
Урматтап айткан өздөрү.
Муз Мухиттин көлү бар,
Мунун да шымал жагында
Түгөнгөн түрктүн эли бар,
Атагын айткан чокчу – деп,
Анда дагы түрүк бар,
Ак динине ынабас
Айбанга чалыш бүрүк бар.
Бер жагында орус бар,
Бекемдеп алган конуш бар,
Уругун уксаң Жапостан,
Айта берсе чоң дастан.
Ыраңы сары, көзү көк,
Балдырашып сүйлөшсө,
Баш кошкон жерде сөзү көп.
Жарупанын аягы,
Чокчу болор ар жагы,
Кытайга жакын жери бар,
Кырында кыр ур эли бар,
Күн чыгышы жапандыр[2],
Кара моор жакалап
Калың орус жаткандыр.
Ак урук – деп, аталган,

[1] Бир сап ырдын ордуна көп чекит коюлуп, бош калтырылган, балким, жазылбай калган сөздөр болушу мүмкүн.
[2] *япандр.*

Түбүнөн бери жоолашып,
Түн жагына жамалган,
Түрктөн коркуп камалган.
Киши жүрбөс жайы бар,
Түлөнү[1] бар суусунда,
Тула бойдо майы бар,
Ыспурут[2] деген жандар бар,
Аягы сегиз, башы чоң,
Адамды көрсө жутуучу,
Чырмап кетер заңгар бар,
Адамга душман дайрада
Албан түрлүү жандар бар.
Суу айгыры тилек[3] бар,
Бир түрлүү жандар кирек бар,
Сак болуңар дайрадан,
Сууну көрсө түшмөккө
Куштар болот баары адам.
Сууда түрлүү калык бар,
Суушу[4] куш деген балык бар,
Качырып тиет адамга,
Кастыгы бар көп жанга.
Канаты чапкан кылычтай,
Эки бөлөк болосуң
Кадам басып жылышпай.
Дариядан сак бол – деп,
Эр Алмаң айтты элге кеп.
Линанын дайрадан,
Издеп барып канча жан,
Ат жакшысын салышып,
Сууда жүрүп ойношуп,
Ойноп жүргөн алышып,
Алмамбеттен угушуп,
Ашыгып качып чыгышып,
Аскер антип конгону,
Алиги күнү Алакең
Күн жайламак болгону.
Жай таш сууга байлады,
Алты күнгө өлчөйм – деп,
Алмамбет күндү жайлады.
Дем салганы түз болуп,
Линанын дайрага
Аскер калган туш болуп,
Алты күндө ал дайра
Алты карыш муз болуп,
Баштап аскер өтүптүр,
Кийнакка аскер чыгыптыр.
Медүрүш Күшкө деген кан,
Кол келди жерге сыйбаган,
Билбейт кайдан келген жан.
Кабарын калкы угуптур,
Кандай жүргөн кол дешип,
Көргөндөрү көп айтат
Аскер кумдан мол дешип.
Айтору, арзан эл эмес,
Оңойлук менен адамга
Оодарылар неме эмес.
Бир нече күнү суук болду,
Кыш чилдеге* жуук болду.
Лина көлүн муздатып,
Издеп чыккан эл окшойт,
Ким да болсо түрк ко,
Каны ташкан эр окшойт.
«Жакуттагы Айла мор,
Айтып кабар салыңар,
Ыскөл менен Кештибан
Аярдан экөөң барыңар,
Аралап колун кириңер,
Алда кандай эли бар,
Кай түрлүү баатыр эри бар,
Түрктүн түмөн эли бар,
Байкап көрүп алынар,
Арзан келсе колуңдан

[1] *тулыны.*
[2] *ысыйрут.* Башка жерлерде «ыспырут» (к. 27140-сап ырды).
[3] *тлек.*
[4] *суушы.*

Баашасын бантка* салыңар,
Байлап келип калыңар,
Колдон келбес жоо болсо,
Калкка кабар салыңар,
Тундурага, Бырпурга[1]
Качып үрккүн баарыңар,
Калсын каран шаарыңар.
Кабылан Манас барында
Кара кыргыз журтунун
Капырга катуу каары бар,
Как ошонун нуркунан
Карап турсуң баарыңар».
Медүрүш күшкө муну айтып,
Бекзаадасын муңайтып,
Жаян-Жаңса, Метүрүк,
Баатырларга кат жазды
Бат келсин! – деп, өтүнүп.
Метүрүшкө Савилий,
Тимапий аттуу баатырын
Аярлыгы ашкере,
Тапсын – деп, журттун акылын,
Жалпы орусун чакырды
Көңүлдөгү баатырын,
Көөдөнүнө токтотпой
Жеткен жерин акылын.
Найза, кылыч жарагын
Азырлады, карагын.
Үркөр аттуу замбирек
Атмак үчүн белендеп,
Алты батман дарысын,
Ага салып баарысын,
Кыйын экен бактасы,
Кысылып жанга күч келсе
Бактаны барбы таппасы,
Аяк-башын орустун
Айтып кабар салыптыр.
Элүү батман* кебезди
Элинен жыйып алыптыр.
Кадактап* кебез ийир – деп,
Калкындагы катындын
Баарына кабар салыптыр.
Элүү батман кебезди,
Немесин койбой баарысын
Милте кылып бербеспи,
Күчтүү дары алдырып,
Кебезден кылган милтенин
Дарыга баарын малдырып,
Канды кудай кыйнады,
Он жети болуп аягы,
Отуз жети жашынан
Ылдый карай жыйнады.
Кырк жашты бөлүп алыптыр,
Элүү жаштан төмөнкү
Отузу кем кырк миңге
Карысы толуп калыптыр.
Отуз жети, он жети,
Орто жерин алыптыр.
Жүз миң жана он беш миң
Аскер болуп калыптыр.
Сары орус – деп, салты бар,
Кармашууга түрүк – деп,
Камдана турсун каркыбар.
Илиямортс[1] баатыры
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Муз деңиздин көлүнөн
Көлбөктөп жаян көрүнгөн,
Катылмакка жаянга,
Катусту деген аты бар,
Бийиктиги сексен кез,
Айбандан башка заты бар,
Кармап минип атыны,
Көлдө жүргөн жаянга
Көрө салып ат коюп,

[1] *лийомортс.* Бул адам атын катчы «Илиямор», «Илиямортс» түрлөрүндө жаза берет. Кыясы, Илья Муромец деген ысымды манасчынын айтуусу, андан укканын катчы өз билгениндей жазуусу ушул түрдө өңдөнөт.

Илиямор баатыры
Жаянга каршы барыптыр,
Жарыла түшүп көл жагы,
Жаян тартып алганы.
Илиямордуу соргондо
Аяк-башы ат чабым
Көл оозуна барганы,
Тайыз болуп дайрасы
Жаянга кирип кетиптир,
Жутулуучу жерине
Илиямор жакын жетиптир.
Кырк кез экен кылычы,
Кандай дейсиң калайык,
Илиямордун кылышы.
Башка кылыч салыптыр,
Башы бөлөк жаяндын
Дарыяда калыптыр.
Танап таштап Илиямор,
Жаянды сүйрөп алыптыр,
Жаян жуткан көлү бар,
Сууга кошо жутулган
Суу жандардын көбү бар.
Ыспурут[1] менен думанич,
Түлөн деген жандыктын,
Балык куштан канчасы
Кардынан чыкты балыктын.
Канча бир жандар көбү бар,
Жансаралда жакуттук
Тамашасын көрүп ал.
Кайратым каркап толду – деп,
Кайда душман бар болсо,
Кармашар кезим болду – деп,
Эки ай калган кышына,
Таң болосуң ал элдин
Тамашалуу ишине,
Кылыч тийген балыктын
Башын сүйрөп чыгарып,
Бөлүп берди элине –
Мияса* алчуу кишиге,
Эмки калган чалабек*
Эки ай тамам чыда – деп,
Чыгарган менен балыкты
Чымын чычып сасыса
Карап* кылар калыкты,
Эки айга тамам коюңар,
Эт сасыбас кезинде
Тышка сүйрөп союңар,
Жети ай жаткан кышында
Балыктан болсун тоюңар.
Ал сөздү айтып салыптыр,
Кесилген башын талашып,
Орустар кетип калыптыр.
Ошоңгуча болбоду,
Күн чыгышы тарабы,
Убий жакы калкынан
Кабар айтып баатырга
Азыр бири барыптыр.
Тумгак деген ак аюу
Жутуп койду далайды.
Мардубанын нуркунан
Элүү бирин өлтүрдү
Порийанын журтунан,
Кайдан чыккан билбейбиз,
Залал көрдүк ушундан.
Кылычтай бар тырмагы,
Музга басса тайгылбайт,
Ташты жердей тырмады.
Ташты тилет туягы,
Жаман капыр сыягы.
Беш кулач бар узуну,
Бенде жеңбес ушуну,
Үч кулач бар бийиги,
Айбатынан ашышып,
Байкалды көздөй качышып
Кийнактин бүткөн кийиги.
Аткан мылтык өтпөйт – деп,

[1] *ыспырут*. Мурда сөз «ысыйрут» (26987-сап) түрүндө жазылган эле. Жандыктын жалпы кабыл алынган аталышына ушул жердеги чийилиши жакынараак.

Аткан киши кутулуп,
Аман андан кетпейт – деп,
Ал ак аюу тумгакка
Адам кайдан беттейт – деп.
Бу сөздү угуп алыптыр,
Даңгараны токунуп,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . [1]
Сүрөтүнө чокунуп,
Кандай жан болсо жутайын,
Ажалы жеткен тумгак ко,
Азыр барып тутайын.
Илиямор[2] муну ойлонуп,
Чокчудан алган чоң бараң,
Асынып алып мойнуна,
Аңдап көргүн ага-ини
Илиямордун ойнуна,
Көрктөн алган көк саадак,
Жоондугу бир кучак,
Жонуна коюп ошол чак.
Эки кулач төш жары
Ата турган огу бар,
Коломсогун колго алып,
Таамай бир миң ок салып,
Миң бут чоюн күрсү алып,
Жоо көргөндөй түр салып,
Улуу суугa бет алып,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Алты күндүк аралык
Бир күн жарым жол жүрүп,
Күн батышы тарабы
Байкал дайра-көл экен,
Жануп жагын караса
Аңгиренин бели экен,
Анын түштүк жагында
Зуң кытай маңгул эл экен,
Ар жагынан имерген
Муз Мухиттин көлү экен,
Күн чыгышы Тундура,
Күн жүрүшү жеринде,
Байкалдын баш жак жээгинде
Түрктөн калган эл экен,
Саамайит Нурку дээр экен,
Чана салган бугуга,
Тамаша кеп угууга,
Баары келет уу кылып
Байкал көлдүн аралга.
Уй ордуна жүк артат
Бугу менен маралга,
Издеп барып Илиямор,
Саамайит элден кеп сурайт:
«Адам көрсө койбогон
Тумгак деген ак аюу,
Бүлүндүрүп кетиптир
Биздин элден далайды,
Билдиңерби?» – деп, сурайт.
Чымчак деген бир адам
Жаңы келип туруптур
Убу деген дайрадан,
«Ушу жакка кетти – деп,
Уккан эле кулагым,
Азыр мында келбептир,
Айран болуп турамын,
Ит баккан эл эскимос,
Ошо жактан сурагын».
Илиямордой баатырды
Аны айтып Чынчагы,
Жолго салды акыры,
Жолукса койбос элем – деп,
Илиямордун акылы,
Убуга жакын барыптыр,
Балгам деген камыштан,
Эскимостун элинен,

---

[1] Бир сап ырдын ордуна көп чекит коюлуп, бош калтырылган. Балким, жазылбай калган сөздөр болушу мүмкүн.

[2] *илиямор.* Адам атын катчы туруктуу түрдө ушундай жаза баштады. Демек, такталган үлгү катары ушул чийилүүнү эсептесе болор.

Дайрага жакын жеринен,
Акырганы арстандай,
Айбаты аалам баскандай,
Азуусу жерге караган,
Арыстайын жараган,
Астыңкы азуу аркайып,
Асман жакка караган.
Үстүңкү азуу тийип жүр,
Жердин бетин чийип жүр.
Оозун ачпай кысып жүр,
Үстүнөн чыккан азуусу
Жердин жүзүн сызып жүр,
Таманы тийген жерлерин —
Музду, ташты бузуп жүр.
Тумгак аюу акырып,
Илиямор баатырды
Тура сала качырып,
Баш салууга жеткени,
Миң бут күрсү чоюнун
Башка салып кеткени.
Күрсүнү күчтүү салыптыр,
Эсинен тумгак таныптыр,
Күрсү тийип, күч алып,
Дагы тура калыптыр.
Ажалы анын кан экен,
Кан чыкпай канча урса да,
Өлбөй турган жан экен.
Даңгара менен Илиямор
Качып берсе куткарбас,
Качырып берсе жеткирбес,
Каары катуу жан экен.
Илиямор эми алсырап,
Ак аюуга күч жетпей,
Акылы кетип тантырап,
Карап тура калганы.
Кайтып аюу акырып,
Колун аюу салганы.
Кол саларда Илиямор
Коюп кылыч калганы.
Кылыч барып чабылып
Үстүңкү азуу тишине,
Таң каласың тумгактын
Ар бир кылган ишине.
Кырк кез кылыч чабылды,
Кесилип түшүп мурунну,
Каны жерге жабылды.
Тумшугун кесип, кан чыкты,
Күр-шар этип жыгылып,
Ак аюудан жан чыкты.
Азыр муну соёюн,
Асыл экен териси,
Апарып үйгө коёюн,
Илиямор муну ойлоп,
Атын байлап жыгачка,
Алардын иши бир башка,
Аюуну союп алууга
Аракет кылып калыптыр,
Ал ошенткен кезекте
Эскимостук дүңгөктөн
Элүү-кыркы барыптыр.
Туңгак аюу – ак аюу
Булүндүрүп жогортон
Далай-далай жандарды,
Бал-Камышка барыптыр,
Барганын көрүп алыптыр.
Батына албай башкасы,
Баашасын айткан Чоюн – деп,
Алачык үйдөй моюн – деп,
Айтып барган көргөнүн,
Дариянын жээгинен
Кийик издеп келгенин.
Катыла албай тумгакка,
Барып кабар бергени,
Баштап алып Чоюнду,
Ак аюуга келгени.
Элүү киши жолдошу,
Башчы Чоюн жолборсу,
Баарысынын мингени
Баштары бар казандай,
Семиздиктен баса албай,
Аркыраган үнү бар,
Аркы-терки жүнү бар,

Аз болгондо узуну
Алты бершөк* түгү бар,
Аюу десе, ит өңдүү,
Ал-кубаты бүт өңдүү,
Чамга даңгыт ити экен,
Аа бакканда Илиямор
Айбан жылкы – ат минген
Бизге окшошкон киши экен.
Ал аюунун өтү бар,
Жети кабат кетменден
Өтө турган жаман заар.
Өтүн алып Илиямор
Илди жыгач башына,
Элүү балбан жолдошу,
Келди Чоюн кашына.
Илияморго кеп айтып,
Жериме келген аюуну
Сен не кылып өлтүрдүң
Уруксатсыз – деп, айтып,
Ачууланып күүлөнүп,
Айгай салып сүйлөнүп,
«Өлтүрөйүн сени – деп,
Өзүмдүкү тери» – деп,
Талашты келип терисин,
Балакет кылмак болушту
Бал-Муздуктун керисин.
Күрсүсүн күүлөп турганы,
Жоптубаймат сөккөн! – деп,
Илиямор күрсү урганы.
Аты Чоюн баатырга
Күрсүнү катуу салыптыр,
Башына тийген күрсүсү,
Кан боюна жабылды,
Чоюнга урган күрсүсү
Илиямордун өзүнө
Кайра келип чабылды.
Күмүштөн кылган күрсүсүн.
Күүлөп Чоюн алганы,
Күч менен келип бу дагы
Илияморго салганы,
Аман калып күрсүдөн,
Кылычты суурул алганы.
Алиги элүү балбаны
Туш-тушунан жаа тартып,
Илияморго жабылды,
Илиямордун кылычы
Эскимостукка чабылды,
Даңкара башын имерип,
Баатырлык кылып Илиямор
Кырк бирин кырып жиберип,
Кырк бирин кыргын салыптыр,
Кызыталактын аттары –
Ат кылып минген иттери
Ээлери өлүп кетпеди,
Илиямор баатырга
Аркырашып беттеди,
Ортосуна алышып,
Тегеректеп кеткени.
Чокчудан алган чоң мылтык
Оттукка* колун салыптыр,
Бул эмине кылат – деп,
Дүктөр айран калыптыр.
Балык кулак таш кармап,
Баркыратма куу* кармап,
Чок милтеге байланды,
Истирилайт* кылууга
Илиямор баатыры
Ок атууга шайланды.
Күркүрөп турган Чоюнду,
Өлчөгөн экен моюнду,
Чоң мылтыгы тарс этти,
Чамгуу даңгыт* үстүнөн
Чоюн кулап жалп этти.
Албан түрлүү жан жасап
Актын көргүн буйругун,
Ат болгон иттин баарысы
Кыпчып алып куйругун,
Качты үнүнөн мылтыктын,
Союп салды Илиямор
Чоңсунуп келген мыктысын.
Ала албады атынан —
Ат кылып минген итинен,

Анча-мынча олжо алып
Өлүп жаткан кишиден,
Ак аюунун терисин
Артынып алып атына,
Айран азыр таң болуп
Чоюндун кылган дартына,
Алып өтүн аюунун,
Аракетин кылыптыр
Калаасына баруунун,
Эки конуп арага,
Ак аюу издейм – деп, барып,
Кез болуп кыйла балаага
Келе жатыр Моруңуз,
Аны ошо жерге коюңуз.
Арстан Манас, Алмамбет
Алда эмине сөзү бар,
Кабарынан болуңуз.
Аскерге башчы Алмамбет,
Агала сакал Көкөтөй,
Үч жүз миң аскер черүүсү,
Үч ай жарым жол жүрүп,
Байкалдын шымал жагына
Азыр келген жери ушул.
Кинанинин тоосуна,
Эми жакын келдик – деп,
Орустун орчун жоосуна
Аттын баарын бапташып,
Найзанын баарын сапташып,
Кылычтын баарын кайрашып,
Андис* баатыр баарысы
Найзага желек байлашып,
Мылтыктын баарын октошуп,
Милтенин баарын чоктошуп,
Калаага чабуул койсок – деп,
Ат өргүтүп токтошуп,
Кыргыздар токтоп калыптыр,
Токтоп турган чагында
Ыскөл менен Кештибан
Аңдымакка жакындап,
Ал экөө азыр барыптыр.
Кошунга жакын жүргөнү,
Бир маалда адамдар
Арбып-дарбып дүрбөдү,
Дүрбөгөнү не? – дешип,
Карап турду кеңешип,
Кыбылага карашып,
Кырка турду жанашып,
Окуган экен бешимди,
Келген экен капырлар
Бешим маал кезинде,
Адамдын үнүн угушту,
Алда кандай бул журт? – деп,
Айран болуп турушту.
Кабарын кантип аларын,
Акылын таппай алдырап
Кай иле менен барарын,
Кеңеш кыла калганы.
Кештибан туруп кеп айтат:
«Кеп уккун Ыскөл – деп, айтат!
Күн батыштын тарабы,
Күлдү журту бар деген
Сам уругу арабы.
Байгамбар чыккан эл деген,
Башынан адам жеңбеген,
Күн чыгыштан нени издеп,
Не үчүн мында келди экен?»
Кештибаны кеп айтат:
«Кептен бирди укпапсың,
Сонундар бар – деп, айтат.
Алтайда бар желең суу,
Туулган жери мына бу,
Түрк уулунун балдары,
Кара кыргыз зардалы,
Уругун уксаң түрүк – дейт,
Ар тарапка бет алса,
Ашкере түшкөн түлүк – дейт.
Уругу кара кыргыз – деп,
Айбат менен сүрүнө
Адам бенде тургус – деп,
Кытайга кыргын салды – деп,
Орто Азия, Түркстан
Ойрон кылып алды – деп,

Уламыштан уккамын,
Ойлонуп эсим чыккамын,
Арбын деген аяры,
Кыйын деген кыяры,
Башкача деген баатыры,
Басташкандын башына
Салган заман акырды.
Артык деген балбаны,
Ойротко маалим угулган
Орто Азия журтуну
Ойрон кылып алганы,
Араптын динин куш көрүп,
Элин жолго салганы.
Басташып бенде болбогон,
Бет алышкан бенденин
Башын жутпай койбогон,
Издегени өлүм – дейт,
Ичип канга тойбогон,
Аты Манас эр деген,
Атышып адам жеңбеген,
Болду, акыр болбоду,
Болжолун көрүп коёлу,
Аярлары туюнуп,
Аңдып тутуп албасын,
Азапка бизди салбасын.
Колуна кокус биз тийсек,
Белгилүү го Ыскөл жан
Бир башыңда миң жаның
Бири да аман калбасын.
Катылып буга нетели,
Медүрүш Күшкө каныңа
Качып алып жетели.
Этегин жыйып элиңдин
Чарылбас ишин кылалык,
Чачкынын койбой жыялык.
Түрккө дүмүр каздырбай,
Сарамжалын кылалык.
Кештибан аны айтыптыр,
Батына албай аскерге
Баякы экөө кайтыптыр.
Апсун окуп салышып,
Качыр боло калышып,
Кайтып жолго салышып,
Барып калды аярлар
Медүрүш шаа канына,
Канга жакын барганда
Апсун окуп, дем салып,
Адам болуп кызматкер
Баашанын барды жанына.
Медүрүш күшкө кеп сурап,
«Кайдан келген калк экен,
Билдиңерби?» – деп сурап.
Кештибан менен Ыскөлдөн
Кебин сурап турушту,
Аярлары сүйлөдү
Көзү көргөн жумушту.
«Аскерине көз жетпейт
Аяк менен башына,
Байкап көрүп алыстан,
Бара албадык кашына.
Эртиш менен Лина
Экөөнөн кантип өткөнүн,
Не иле менен бу жерге
Биле албадык жеткенин.
Азели ашар белибиз
Тундурага кетпесек,
Жок эле качар жерибиз.
Мукит дайра – муздак көл,
Күн чыгышы жагынан
Качсак качып кетебиз,
Жалаң муздун үстүндө
Үч-төрт ай жүрсөк нетебиз?
Он беш күндүк, он күндүк
Азыкты камдап жетербиз,
Он-он беш күн болгон соң
Айбандан тамам айрылып,
Ачкадан өлөр бекенбиз.
Сибиния*, лошат*
Сыйдам* болуп айрылып,
Кайтып жерге жете албай,
Кемпир, чалдын баарысы
Муздан буту тайгылып,

Чаты кетип айрылып,
Бербулут* бизде деги жок,
Карап турсак ушундан
Качыштын да эби жок.
Көрөба* деген малың бар,
Бел байласаң беш күндүк
Музга жүрөр алың бар,
Беш күндөн кийин нетербиз,
Бекеринен кырылып,
Арманда өлүп кетербиз».
Ал сөздү аяр айтканы,
Медүрүшкө канынын
Аярлардын сөзүнө
Мойнуна минди шайтаны.
«Яптыбошамат* аярсың,
Чалабектин баарысын
Акыл-үшүн аласың,
Караанын көрүп душмандын,
Аныктап сурап биле албай,
Алдырап келип каласың.
Музга бүтпөйт чөп дейсиң,
Мусулмандын аскерин
Кумдан арбын көп дейсиң.
Урушам – деп, камдансам,
Үшүмдү минтип аласың,
Качайын – деп, камдансам,
Муз жаман – деп, саласың,
Кара жердин тешигин
Кайдан издеп табасың.
Эки жакта чачкын эл,
Эселүктүн[1] калаасын
Эки-үч күндөн бери жакка
Үркүн басып айланды,
Келгин десем кабар жок,
Илиямор баатырдын
Мындан жолу байланды.
Келбей жатып кесилди,
Илиямор бадирек
Кылмак болду кесирди.
Кейигенден байда жок,
Амал-иле айла жок,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Чабылбаган кайда жок,
Качып муздан өлгөнчө
Кайраттан бөлөк калган жок.
Отуздагы катыны,
Жарак алып колуна
Он миңи чыкты акыры.
Алтымыш жаштан ылдыйкы,
Он сегиз жаштан жогору
Жүз кырк беш миңге толгону.
Кара-Моор талаасы,
Кеселүктүн калаасы
Аскер басып болгону.
Каар угуп канынан,
Аярлар чочуп жанынан,
Калкты аралап калганы.
Он эки тайпа орусту
Оодара карап алганы.
Батырот деген бар экен,
Илиямордун элинен
Жаңы келген жан экен,
Аралашып маңгулга,
Аярлыгы бар экен.
Жолдош кылып алганы,
Апсун окуп салганы,
Алты күндүк жолуна
Аш кайнамда барганы.
Жерде жаткан жыгачын
Терип-тепчип алышып,
Байкалдын шымал тоосуна
Мудебилский коосуна
Чоң-кичилүү жыгачты,
Жыйып алып жыласты,
Аяк-башын төрт күндүк
Чубата таштап өтүштү,
Апсун окуп ар жерге
Дуба салып кетишти.

[1] *эселүкдин.*

Кыйылып жаткан жыгачтар,
Кызык иши мунун бар,
Өлүгү болду адамдын,
Өнөрү ашты алардын,
Денеси бар, башы жок,
Башы калган, дене жок,
Куурай менен чөбүнөн,
Адам ашып өткүсүз
Өлүгүнүн көбүнөн.
Кырылып жаткан жан болду,
Аркырап аккан кан болду.
Кырылып калган жоо болду,
Өлүгү бүтүн тоо болду,
Ар тарапка шаркырап
Аккан каны суу болду,
Аяктуу турган жыгачтар
Ураалаган чуу болду,
Түрктүн барар жолуна
Чоң балакет бу болду.
Шымалды көздөй агуучу,
Муз деңизге баруучу
Исеми деген суусу бар,
Иштеткени аярлык
Азыр келген ушулар.
Аккан сууга дем салды,
Аккан бу суу аркырап,
Аккан суудан от күйүп,
Асманга чыкты жаркырап.
Бийиги тоодой көрүнүп,
Жаркыраган жалыны
Суудан кетпей бөлүнүп,
Аярдын иши бир башка,
Кештибан барып дем салган
Жаткан койдой бир ташка,
Аккан суусу жогортон,
Жогору жагы капчыгай,
Ат жүрөр жерин жоготкон.
Агып ташка жетиптир,
Ташка тийген суулары
Отко тийген дарыдай
Жалындап күйүп кетиптир.
Адам кылып жыгачты,
Өлгөн өлүк тоо болуп,
Кыргын болгон жоо болуп,
Арасы бар алты таш,
Аккан суусу от болуп,
Ар кандай аскер болсо да,
Өтө албастан калар – деп,
Жанынан чочуп токтолуп,
Кештибан менен Ыскабөл
Өнөр кылып өздөрү,
Өтүрүк-чынын ким билет,
Мурунку элдин сөздөрү,
Барайын – деп, калкына,
Батырот элин көздөдү.
Медүрүш Күшкө барайын,
Келгис кылып салдык – деп,
Канга кабар салайын,
Беш күндүк жерде калаа бар,
Кандай болсо түрк уулу
Кароолчу болгон сиздерден
Кабарды кантип алайын.
Батырот муну сөздөдү,
Айтканын угуп Ыскабөл,
Макул – деп, жерге көздөдү.
Отуз мыскал* топурак
Жерден уучтап алыптыр,
Топуракка дем салып,
Батыроттун колуна
Көбүрөөгүн салыптыр.
Алган бойдон ушуну,
Билер-билбес учуруп,
Бир айлык жерге жетсең да,
Бир ай түгүл бир жылдык
Узак жолго кетсең да,
Уучтап ушу топону,
Кулагың ага саласың,
Ар кандай сөз болсо да
Тополон угуп аласың.
Бу сөздү айтып салганы,
Апсун окуп, дем салып,
Алиги турган Батырот

Ала канат куш болуп,
Учуп кетип калганы.
Батыротту жиберип,
Кештибан, Ыскөл калганы.
Аларды таштап салыңар,
Арстан Манас баатырдын
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
«Кан көтөргөн Көкөтөй,
Кара кыргыз Чагатай,
Карыядан кыйласы
Как ушу жерде калыңар,
Кайтып биздин келишти
Күтүп жаткын баарыңар,
Орчун жылкы мында жок,
Олжо алсак, бөлүп алыңар,
Алалбай калсак орусту,
Аман сиздер калыңар,
Ат-көлүгүң тынчытып,
Аман жаткын баарыңар.
Качып келсек орустан
Кайгырбай бизди багыңар.
Алда билет аларды,
Алда билет алдырып,
Кайгырып качып каларды.
Качып келсек капырдан
Билиңер бизди багарды.
Жүз миң аскер калыңар,
Суугу кыйын эң жаман,
Жүдөсөңөр баарыңар
Кеселик деген шаары бар,
Кең талаанын баары бар,
Сумбула* айда суугу күч,
Кудаанын чачкан каары бар,
Журт болгон соң ысыкта,
Мындан ары карата
Сууктун кыйын заары бар,
Калыңдап кийим кийинип,
Камдуу болуп барыңар».
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Аскерге кабар салганы.
Барбастары бөлүнүп,
Баруучунун баарысы
Атка минип көрүнүп,
Алмамбет кебин тыңдашып,
Азат боюн чыңдашып,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Эки жүз миң отуз миң
Эрендерден бөлүнүп,
Жетимиш миң аскери
Калды мында көрүнүп,
Калк жөнөдү сөгүлүп,
Мылтыгын асып жонуна,
Найзасын алып колуна,
Арстандайын ар бирөө,
Денеси сыйбай тонуна,
Мылтыкка кошо жаа алып,
Мыктынын баары шайланып,
Коломсоктун баарысын
Кол канжыга байланып,
Колдой көргүн кудай! – деп,
Жаратканга жалбарып.
Киседе огу-дарысы,
Кездешкен жоодон кайтпаган
Өңкөй баатыр баарысы,
Белге чалып кылычты,
Оюн ордуна ойлошуп
Ол кезде кыргыз урушту,
Алда кандай болом – деп,
Амыр санаа болбостон,
Арзан ойлоп бул ишти.
Айбалта байлап жанына,
Айбаты толуп каарына.
Азыркы жүргөн арбын кол
Орустун орчун канына,
Бара жатыр көй баатыр,
Аз гана эмес, мол жүрүп,
Арасында тынбастан,
Он сегиз күн жол жүрүп,
Ат өргүтүп конуптур,
Алты күндүк, беш күндүк

Арасы жакын калды – деп,
Чалгын чалып Алмамбет
Дагалактын Бегүшүн
Жолдош алып кашына,
Өзү бармак болуптур.
Көкөтөйдүн тобунан
Көңүлгө толук аярын,
Көрбөгөн жолго бararын,
Эбей менен Матуштук
Эки аярын алыптыр.
Аярдын алып жолдошун,
Алмамбет баатыр жолборсуң,
Баштап алып үчөөнү,
Алмамбет жолго салганы,
Жүрүштөрү күчөдү.
Томуктай болгон тоо көрбөй,
Жолугуп жолдон жоо көрбөй,
Жалкыны бийик жар көрбөй,
Жайылып жаткан мал көрбөй,
Мелтиреп аккан булагы,
Белден чыккан тулаңы,
Оруну калган, өзү жок,
Орусту көргөн көзү жок.
Журту калган, өзү жок,
Жураатты орус болгондун
Токтой турган кези жок.
Качкан экен камалып
Кеселиктин калаага,
Журтунун баары тыгылып
Суук-Көлдүн талаага.
Дүнүйө бизге тар болду,
Кабар кайдан угулган
Түрк уулу деген балаага.
Түбүбүз бирге Жапастан,
Түгөнгөн түрктүн баласы
Кайдан бизге катышкан,
Бу дүйнөгө түк калбайт
Уругу орус уулунан
Муз үстүнө качыштан.
Жапас түпкү бабабыз,
Мындан ары чылгый муз,
Качкан менен карайлап,
Жакшылык кайдан табабыз.
Урааны кыргыз түркко,
Бел байлап жонду тозолу
Башка түшкөн түлүккө.
Кайратка каркап тололу,
Кылчайбай качып өлгөнчө
Кырылып кыргын бололу.
Бу сөзүн айтып салышып,
Урук-урук болушуп,
Баатырын башына алышып,
Бөдүрөшкө, Метирей
Элинде эки баатыры,
Кайрат кылып акыры,
Качпай өлүп бергин – деп,
Элине айткан акылы.
Уруш жагын кеп кылып,
Калкын коюп ортого,
Камыш жыйып чеп кылып,
Туюктап алып жолуну,
Азырлап алып колуну,
Камданып орус алыптыр,
Кандай заман болот – деп,
Кары-жашы баарысы
Кайгыланып калыптыр.
Тышы менен айланса,
Жыйырма төрт күндүк жол болду,
Ичи менен айланса,
Он сегиз күндүк ол болду,
Айбаны менен адамы
Ортосуна карк толду.
Камыштан байлап үй кылып,
Кармашмакка бел байлап,
Калкынын баары дуу кылып,
Жаага жыгач ок кылып,
Жамбурдан жагып чок кылып,
Жаңылдап бирөө унчукса,
Жандан чочуп турганда
Жаман ыроолойсуң – деп,
Жаман көрүп, сот кылып,
Жата турсун орусуң

Муз көлдүн жээгин чеп кылып
Бу күндөгү олутун.
Аны таштап салыңар,
Алмамбет барган төрт киши,
Алда эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Бегүш аяр, Матуштук,
Эбей аяр, эр Алмаң
Эки күн жолго салыптыр,
Үчүнчү күндө астынан
Үлкөн тоо чыгып калыптыр.
Тоо – деп, келип караса,
Тоо болгон адам өлүгү,
Аралаш жатыр көлүгү,
Атайы кыйын көрүндү.
Азыркысын көрүүгө
Адамдын сөөгү тоо болуп,
Аккан каны суу болуп,
Аңгемеси бу болуп,
Токойдон чыгып дабышы
Ураалаган чуу болуп.
Денеси жаткан, башы жок,
Башы жаткан, дене жок,
Башы кара, буту айры
Баарын кырып адамдын,
Дүнүйөдөгү адамдын
Түгүн койбой кырса да,
Кырып баарын жыйса да,
Азыркы анын тоосуна
Теңей турган неме жок.
Аккан каны суу болгон,
Акыйбаты[1] бу болгон,
Үйүлгөн өлүк тоо болгон.
Аны көрүп Алмамбет,
Жолдошуна кеп айтат:
«Не дейсиң, балдар? – деп айтат.
Илекердин иши – деп,
Орустан мынча кырылбайт
Азыркы жүргөн киши – деп.
Аярдын кылган иши – деп,
Азыр мындай кырылбайт
Ашепке өлүп киши» – деп,
Алмамбет айтып мындай кеп,
Аярдын кылган иштигин
Азыр эле билем – деп,
Ашмакка тоого кирем – деп,
Астындагы Сарала ат
Санына камчы салганы,
Апсун окуп алганы,
Алты кадам баспастан,
Асмандаган тоосунан
Ар жакка түшүп калганы.
«Билдиңерби сырын?» – деп,
Билими артык Алмамбет
Мажусуну көп окуп
Илими артык Алмамбет
Минтип жолго салганы,
Бир күн тамам жол басып,
Отко келип калганы.
Жалындаган жанган от,
Жакын келип кеп айтып,
«Жар-жоролор – деп, айтып,
Аярдын кылган оту – деп,
От башынан кетпестен,
Жаткандыр окуп ушу – деп,
Отунан өтүп кетели,
Ушундан коркуп нетели».
От өчүргөн дуба бар,
Ою терең Алмаңда
Апжип* илим жуда бар,
Апсун окуп, дем салып,
Алмамбет отко кириптир,
Учкан куюн баштанып
От Алмаңа тийиптир.
Атка камчы салганы,
Оттон өтүп жер менен,
Өңкөй аяр эр менен,
Алмамбет жөнөп калыптыр,

[1] *акыйбаты*. Абалы, турушу, көрүнүшү, болгону маанисинде. Сөздүн туура үлгүсү – акыбалы.

43–1207

Жануп жагы бир дөбө
Алмамбет арстан барыптыр,
Көзгө дүрбү салыптыр.
Дүрбү салып караса,
Исеми суунун башында,
Чок камыштын кашында
Алиги жаткан эки аяр,
Жаткан экен дапдаяр,
Каман болгон бирөөсү,
Бирөөнө бирөө сүйөөсү,
Кештибан деген жолдошу,
Кашында жатыр жолборсу,
Бири жолборс болуптур,
Кашындагы Искабөл
Каман болуп алыптыр,
Карап жатып зеригип,
Капилет уктап калыптыр.
Аярлар мында жатыр – деп,
От күйгүзгөн капыр – деп,
Каман, жолборс болгону,
Канынын ташып толгону,
Атайын – деп, Алмамбет,
Мылтыгын ала койгону.
Бөгүш аяр кеп айтып,
Бекер окту коротуп,
Не кыласыз – деп, айтып,
Апсун окуй калганы,
Боюна бир дем салганы,
Кара чаар кабылан
Өзү боло калганы.
Кашындагы Эбейи,
Сырты кара, бою көк
Тайбас боло калганы.
Уктап жаткан жеринен
Жолборсту басты кабылан,
Чукулдан ажал табылган.
Каманды алды тайбасы,
Ал экөөнөн белгилүү
Аман жаны калбасы.
Ошондо да Кештибан
Аярлары тутту – деп,
Анык бизди жутту – деп,
Алаканда топосу,
Ага бир дем салганда
Батыроттун[1] кулакка
Барып тийди обосу.
Кармалдык, тирүү болбодук,
Капилет уктап оңбодук,
Ыйбогу,* ырас өлдүк – деп,
Алмамбетти көрдүк – деп,
Аярлардан өлдүк – деп,
Андан артык сүйлөтпөй
Матуштук тилин байлады,
Кештибан менен Ыскабөл
Аярдын көзү жайнады,
Азыр колго түшкөн соң
Экөөнүн шору кайнады.
Кайнабаса неткени,
Өзүнүн арып отуна
Өздөрүн жага кеткени.
Өз отуна өзүн салыптыр,
Майга салган жыгачтай
Шаркырап күйүп калыптыр.
Көңүл менен жандырып,
Көп кыйналып Кештибан,
Көзүнүн жашы тамыптыр.
Койдой ташка тамганы,
Апсун окуп, дем салып
Койгон ташка тамганы.
Жер дүңгүрөп кыйкырып,
Дүнүйө жүзү көчкөнү,
Аяк-башы айчылык
Жалындап күйгөн тоодой от
Неме калбай өчкөнү.
Оболку эрлер тушунда,
Ойлоп көргүн ушунда,
Ошондой заман өткөнү,
Алты күндүк Батырот

[1] *батыроттын.*

Аралаш турган немедей
Сөз кулакка жеткени.
Кештибан менен Ыскабөл
Колго түшүп, кор болуп,
Ал экөө калды торголуп,
Ар бир түрлүү кыйнады,
Айгайы жерге сыйбады.
Ал экөөн азыр байлады,
Аскерин көздөй бет алып,
Өлүк тоого барганы.
Жаалданып кеп айтып,
Дагалактын Бегүшү,
«Жандыр муну! – деп, айтып,
Кылалык улук өзүңдү,
Аяймын – деп, өлбөгүн
Анча-мынча сөзүңдү,
Эгер муну жандырсаң,
Өлтүрбөйлүк өзүңдү».
Ал сөздү айтып салганы,
Алмамбет, Бөгүш баатырлар
Жандыр – деп, сүйлөп калганы.
«Мен кылбадым бул ишти,
Башыма кыйын иш түштү,
Батырот деген бирөө бар
Апсун дуба эң күчтүү.
Айтып турган сөзүмдүн
Маанисине жет – деди,
Кошумча менин кылганым
Денедеги эт – деди.
Сөөгү менен канынан
Биз эчтеме билбейбиз,
Батырот кылган кеп» – деди.
Ал сөздү айтып Кештибан,
Апсун окуп салыптыр,
Эттин баары жок болуп,
Кырк жылдагы сөөктөй,
Кырданып сөөк токтолуп,
Каны агып шалдырап,
Сөөгү калды калдырап.
Жоготууга Кештибан
Аракет кылып салыптыр,
Ар канча апсун окуса
Аккан каны басылбай,
Агып туруп алыптыр.
Алган бойдон аярын,
Алмамбет колго барыптыр.
Түштүк жерге кол келип,
Алмамбет келер бекен – деп,
Күлдү журту мусулман
Күйүп жатып калыптыр.
Эртеси жок кечинде,
Күн батар жакын кезинде
Алып келди аярды.
Абыр-шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Атка баары минишип,
Шам* окуп, жолго киришип,
Азыркысын Манасты
Адам жеңбес иришип.
Көкөтөйдүн кызыл туу
Көтөрүлтүп аштатып,
Көңкү колдун баарысын
Муз көлдү көздөй баштатып,
Баатырлар жолго салыптыр,
Барганча күүгүм кеч болуп,
Эл жатар маал кез болуп,
Өлүк тоонун үстүнө
Өткүр Алмаң барыптыр.
Өзгөсү муну көргөн жок,
Калдыраган таштуу тоо,
Таш түбүндө кылдырап,
Агып жатыр кызыл кан
Ар тарапка шылдырап.
Жан адамга сыр айтпай,
Эр Алмамбет элге баш,
Ак мөңгүлүү тоо – деди,
Ашар жериң шо – деди,
Ар жагы орус жоо – деди.
Калдыраган таш басып,
Таш басса да бат басып,
Адам баспай, ат басып,
Ар жеринде Алмамбет

Апсун окуп салыптыр,
Аш бышымда аскери
Ашып өтүп алыптыр,
Эртеси жок кечинде,
Күн батар жакын кезинде
Аярды туткан жерине
Алып кирип барыптыр.
Эрте көчүп таң менен,
Көпчүлүктүн тозоңу
Көз айныган чаң менен
Эр Алмаң баштап кол жүрүп,
Эки күн тамам жол жүрүп,
Бейик деген бир жерге,
Кайнап чыккан кара суу,
Калың аскер, түрк уулу,
Кара кыргыз тукуму
Жаткан жери так ушу.
Оруска барып урушуп,
Кол салар жери как ушу.
Көзгө аткан мерген маштары,
Көп жалтанбас баштары,
Көңүлгө тунук акылы,
Көзгө саяр баатыры,
Билеги жоон балбаны,
Билими артык зардалы,
Миңди бири алганы
Үч жүз баатыр бөлүнүп,
Эми жөнөп калганы.
Кашында Бакай кары бар,
Кыраан Кыргыл дагы бар,
Кырк чоронун баары бар.
Алмамбет менен Манасы,
Аярдан бар Матуштук,
Атыланын баласы,
Эбей менен Сүлөтү,
Эр Ардалык дагы бар,
Бөгүш, Көйүш аярлар
Кошо жүргөн чагы бар.
Алмамбет менен Боз уул,
Аярлары дагы бар.
Үч жүз баатыр, балбаны,
Отуз аяр кошулуп,
Оруска жөнөп калганы.
Жарым күнү жол жүрүп,
Жан адам кармап албады,
Кеселиктин калаага
Келип жакын калганы,
Адам өтөр жери жок
Туюк кылып салганы.
Камыштан кылган тоосу бар,
Как жарып аккан калаасын
Караныс деген суусу бар.
Аңдап турса ушулар,
Камыштан сепил кылбаган
Ачык жери ушу бар.
Суугa салган көпүрө,
Көрүнүп турат ачыгы
Султандардын көзүнө,
Көпүрөнүн үстүнө
Кадам койсо нетүүчү,
Балалуу чычкан жүгүрсө,
Бил баскандай дүңгүрөп,
Бир күндүк жолго кетүүчү.
Карагай жапкан жолу бар
Кадам басса бир адам
Калдырап добуш салгандай,
Балалуу мышык жүгүрсө,
Ботолуу төө баскандай
Түндө-күндө дүбүртү
Түштүк жерге баргандай,
Аярында иле бар
Айчылыктын кабарын
Аш бышымда алгандай.
Ал ишин көрүп алыптыр,
Айланасын камыштан
Коргон кылып салыптыр,
Кандай кылып киререрин
Калайык билбей калыптыр.
Кула чолок ат минип,
Куйруктуу койдун терисин
Кууураган куур тон кийип,
Бою бийик, бото баш,

Көзү чекир, өңү саз,
Ээрди желки, башы таз,
Добуске деген аяры
Аскерине акырып,
Айгай салып бакырып:
«Кара кыргыз түрк уулу,
Катаа дебе эл муну,
Алмамбет, Манас чалабек
Азыр келди мында – деп,
Ыскабөл менен Кештибан,
Ал экөөндөй бейкабар
Нааданчылык кылба – деп,
Азат боюң чында – деп,
Аргасын таппайт кирүүгө,
Айтканымды тыңда» – деп,
Жар чакырып элине,
Жарылдап жүрөт кыйкырып.
Жайын угуп алыптыр,
Жасоосун жыйып капырлар,
Камданган болуп калыптыр.
Ал ишин көрүп эр Манас,
Кырк баатырга кеп айтат:
«Кыжылдаган кызыталак,
Кылганын кара – деп, айтат.
Бекинсе бекер койбосмун,
Бекерге кетсем оңбосмун,
Жасанса жанын койбосмун,
Чаң салбай кетсем оңбосмун.
Тийип алар жылкы жок,
Тили башка бадирек,
Тикийген экен уйку жок.
Бекинсе белин бүктөйүн,
Мен да муну тиктейин.
Эки жүз миң отуз миң,
Аскерге кабар салыңар,
Алып келип калыңар.
Атыла уулу Матуштук
Аткан октон тез жүргөн
Аярлыгы дагы бар,
Жетимиш миң кол менен,
Көкөтөй келген чагы бар.
Жетимиш киши калсын – деп,
Кош кайтарып, ат багып,
Ал жерге жатып алсын – деп.
Аскери менен Көкөтөй
Эртелеп жолго салсын – деп,
Оңдонуп орус алыптыр,
Оңбогондой иш кылып,
Даярланып калыптыр.
Арбын экен аяры,
Кыйын экен кыяры,
Беттешпей кетсек бу сапар,
Белгилүү бирди кылары.
Ылдам жөнөп, бат бар – деп,
Эки жүз миң аскерди
Эртелеп бери аткар» – деп,
Эр Манас буйруп ийиптир.
Апсун окуп, дем салып,
Баягы турган Матуштук
Ат сүрөткө кириптир.
Кулжадай саны түрүлүп,
Куландай бели бүгүлүп,
Шашкелик жерде аскерге
Алам-салам жүгүрүп,
Азыр жетип келгени,
«Аттангыла ылдам!» – деп,
Айтып кабар бергени.
Өтүп андан алыптыр,
Эртесинде шашкеде
Көкөтөйгө барыптыр.
Он сегиз күндүк жолуна
Күнү-түндө жеткени,
Аярлыгы эмей неткени,
Жетимиш миң кол менен
Көкөтөй жөнөп кеткени.
Кош кайтарып, ат багып,
Жетимиш киши калганы.
Тамактанып кошунан,
Эки күнү, бир түнү
Уктап алып ушундан,
Матуштук жөнөп кеткени.
Аяк-башы беш күндө

Арстан эрге жеткени.
Матуштугун жөнөтүп
Манас туруп калыптыр,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо
Эки жүз миң отуз миң
Аскер жетип барганы.
«Түн боюнча барыңар,
Күн-түнү жүрүп калыңар.
Камыштан экен коргону,
Калдайып жатыр тоо болуп,
Караган менен көз жетпейт
Канчалык жерге койгону,
Эртеңки күнү бешимде,
Дигерге жакын кезинде
Жеткен жерге туруңар,
Жердин жүзүн танаган
Жезит* экен мунуңар.
Камышка дары төгүңөр,
Алыстан туруп от берип,
Аңгемесин көрүңөр.
Жүз-жүздөн болуп туруңар,
Туш-туштан өрттөп кирбесең,
Түгөнгүр окшойт мунуңар.
Күнү кыска, түнү узун,
Ойлонгула мунусун.
Алмамбет дуба байласын,
Бороон үчүн жайласын,
Арылдаган жел кылсын,
Жалынды шамал айдасын,
Кетирсин минтип айласын,
Кенебей жаткан капырды
Өз кылган чеби жайласын».
Бу сөздү айтып салыптыр,
Аскердин баары күңгүрлөп,
Ат койгон бойдон дүңгүрлөп,
Кайратка каркап толушуп,
Калабалуу орустан
Каршы чыккан жан болсо,
Кайра тартпас болушуп,
Түмөн аскер түрк уулу
Дүңгүрөп жолго салышып,
Түн боюнча барышып,
Эртеңки дигер болгончо
Эч токтолбой жарышып,
Күн чыгыш жак шашкелик,
Асты ошого жетиптир,
Аскер ага барганда
Аркыраган сары жел
Шамал боло кетиптир.
Камышка дары төгүшүп,
Кайраттуусун бөлүшүп,
Калмак үчүн капырга
Карсылдашып өлүшүп,
Эрендер оолак кетишип,
Дарыга от беришип,
Өрттөнүп кетти камышы,
Өнөр кылып салышы.
Ар жагында беш катар
Койгон экен музуну,
Туш-тушунан мусулман,
Токтолбоду музунан,
Бузуп кирди ушуну.
Баатыр Бакай жыгыптыр
Күшкө кандын туусуну,
Адам уулу көрбөсүн
Кеселиктин чуусуну.
Орустун баары ойбойлоп,
Ураалап уруш салышып,
Узун найза алышып,
Төшкө шилтеп калышып,
Ай балта менен кылычты,
Аңдап көрсөң бул ишти
Маңдай-тескей турушуп,
Майдан тартып урушуп,
Кыйкырып кылыч чабышып,
Кыжы-кыйма салышып,
Өлгөндүн баары солоюп,
Кылыч тийип кулагы,
Башы калып молоюп,
Найза тийип кай бирөө
Көзү чыгып олоюп,

Колу сынып кай бирөө
Шалактаган дагы бар,
Буту сынып кай бирөө
Салактаган дагы бар.
Курсу тийип ууртуна
Чулчуйганы дагы бар.
Ай балта тийип мурдуна
Былчыйганы дагы бар,
Жануп жагы кармашып
Уруш кылган чагы бар,
Күн батышы жагында
Кырк баатыр менен кыраан эр
Манас баатыр дагы бар.
Камышын өрттөп ийишип,
Музун бузуп киришип,
Булдурлатып кыйласын
Кыргын кылып ийишип.
Жетиген жакка ык салып,
Үркүп орус калыптыр,
Күн чыгышта Илиямор
Эми жетип барыптыр.
Сакалы чырмоок токойдой,
Астыңкы эрди албайып,
Аштыкчынын чокойдой.
Даңкара деген аты бар,
Азыркысын Илиямор
Дажаалдайын заты бар.
Кулакка жеткен чачы бар,
Алтымыш төрт жашы бар.
Артында аскер канчасы,
Тамеки салган бир батман
Колундагы канжасы,
Өрттөнгөн чөптөй буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Алеңгир жаасын асынып,
Астындагы Даңкара ат
Атырылта бастырып.
Чоң мылтыгын асынып,
Коросонго* кол салып,
Кой боорундай кууну алып,
Милтени чокко бир малып,
Сакалы калың бакжайып,
Даңкара минип бакчайып,
Туздай болгон эки көз
Чекесинде чакчайып,
«Күн батыштан бу жерге
Не чүн келген жүрүп – деп,
Ат-жөнүмдү укпайбы
Ажалы жеткен түрүк – деп,
Аман калбай бири да
Азыр кетсин бүлүп!» – деп.
Илиямор күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Түштүктөн кирген аскерге
Түгөнгүр кирип калыптыр,
Он бир киши өлтүрүп,
Найзага илип алыптыр.
Аны көрүп акырып,
Арстан Сыргак бакырып,
Сол жактан найза салыптыр.
Ээрден көтү кылтайып,
Мени сайган бу ким? – деп,
Карап алды кылчайып.
Эрдигине кара – деп,
Эркин келип кол салып,
Турушун кара мага – деп,
Эвенамат* не үчүн
Кол коротом сага – деп,
Каарданып бакырып,
«Эрбеңдеп келип турушун,
Коркпой келип кол салып,
Мага найза урушун!»
Какырып катуу түкүрүп,
Бүтөйүн – деп, жумушун,
Оңолуп атка олтуруп,
Оозу менен толтуруп,
«Эвенамат сөккөн» – деп,
Эр Сыргакка түкүрдү.
Какырык каршы жетиптир,
Кан Сыргак баатыр нетиптир.
Калканды тозо бергенде,
Калканга тийди чалп этип,

Калканы башка чабылып,
Сыргактын мойну шалк этип.
Ат жалын кармап токтолду,
Арстан Сыргак найза алып,
Саймак үчүн октолду.
Оңдоп найзаны алыптыр,
Оң тараптан Алмамбет
Келип найза салыптыр.
Катуу тийип найзасы,
Капырдын кетип айласы,
Ат капталга жетиптир,
Эшик эндүү ай балта,
Качырып келип кан Сыргак,
Оройго тартып кетиптир.
Илиямор балбаны
Туулганын чыгып далдалы,
Даңкара атка оңолуп,
Дагы минип алганы,
Алмамбетке бет алып,
Качырып жүрүп калганы.
Кууп бара жатканда,
Артынан келип эр Сыргак,
Куйруктан найза салганы,
Эки карыш, төрт эли
Этине кирип калганы.
«Эвенамат, сени!» – деп,
Эр Сыргактын артынан
Дагы кууп калганы.
Беттегенде Сыргакты
Бер жактан Алмаң жеткени.
Алтын кемер чети – деп,
Ай далынын бети – деп,
Алмамбет найза салыптыр,
Алмамбеттин артынан
Медүрүшкө балбаны
Акырып жетип калганы.
Акбалтанын Чубагы
Майдан жерге бакырып,
Жаңы кирген бу дагы,
Медүрүшкө жеткени,
Алмаңа найза салдырбай
Капталдан чыгып кан Чубак
Ыргыта коюп кеткени.
Өрттөтүп өтүп чебини,
Өзгөнү коюп угуңар
Эр Манастын кебини.
Ар жактан келип жол басып,
Алты түнү түн катып,
Уктабаган бир жатып.
Түрк уругу Угуз – деп,
Кара кыргыз баласын
Түк жеңе албас уруш – деп,
Тамактанып барам – деп,
Талкалап, кырып салам – деп,
Астырып казан салыптыр,
Эригип кетип эр Манас
Чыканактай калыптыр,
Чырым этип турам – деп,
Чындап уктап калыптыр.
Илиямордун караанын,
Алмамбет менен Сыргакты
Шаштырып келип калганын,
Он эки желдет жан багар,
Ичинде Боз уул дагы бар:
«Кокуй Манас, тургун!» – деп,
Айгай салган чагы бар,
Коңуругу баш жарып,
Козголбос уйку дагы бар.
Сырын билген сырттандар
Кулагына акырып,
«Курутту, Манас тургун!» – деп,
Кужурланып чакырып,
Айгайды алар салыптыр,
Алтындаган добулун
Кулагына кагыптыр.
Баш көтөрөр Манас жок,
Ачуусу келди Боз уул,
Аяр чалыш өткүр кул.
Андан бетер керилип,
Уктап Манас калыптыр.
Анжыяндан алдырган,
Алтын толто салдырган

Бычагын Боз уул сууруптур,
Төрт элиге куп ченеп,
Кара санга уруптур.
Төрт эли кирди санына,
Санына бычак сайылып
Ачуулук түштү жанына.
Көтөрүп башын алыптыр,
Күн чыгыш жагы тунарык,
Кан булоосу мунарык.
Найзанын баары короктоп,
Адамдын башы сороктоп,
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Добулдун үнү барсылдап,
Кылычтар колдо жаркылдап,
Баатыр үнү баркылдап,
Урушуп жүргөн эки журт,
Алмамбет, Сыргак, эр Чубак
Илиямор менен турушуп,
Ортого алып урушуп,
Манаска жакын калыптыр.
Тайыз сууда жаяндай,
Жандан коркуп аянбай,
Келе жаткан келбетин
Көрдү көк жал баатырың.
Көзүн сыйпап ордунан,
Көк жалың туруп акырып,
Нардай болгон чоң Кула ат,
Оңдоп атын токунуп,
Олуттап ээр салдырып,
Он эки жарак шайманын
Баарысын коштон алдырып,
Бар жарагын байланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары жүзүнө айланып,
Кадыр Алда колдо! – деп,
Жаратканга жалбарып,
Тоодой болгон чоң Кула ат
Токтолуп баатыр миниптир,
Токтолбостон майданга
Чоң Кула ат менен кириптир.
Илиямор баатыры
Манасты көрүп акыры,
Оңдурбас неме ушу – деп,
Эртеден жүргөн теңсинбей,
Ордуна келип акылы,
Даңкара атка камчы уруш,
Илиямордо не туруш,
Манасты көздөй бет алып,
Ураалады бакырып,
Орус бабам колдо! – деп,
Өз арбагын чакырып.
Астындагы чоң Кула
Манас камчы салыптыр,
Угуз бабам колдо! – деп,
Урaанын айтып калыптыр.
Мелтиретип найзаны,
Бет алышып жеткени.
Орус ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Манас найза салганы.
Алтын ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Илиямор найза салганы.
Найза төшкө такалды,
Айтса сөзү макалы,
Ат үстүндө турушуп,
Найзаларын сунушуп,
Тегеренип кетишти,
Кайра тартып бул экөө,
Теминишип жетишти,
Кылычты кындан алышты,
Кыйкырышып барышты.
Үзөңгүнүн тээгине
Найзанын түбүн илишип,
Боосун байлап белине,
Кылыч менен киришип,
Кыйкырып кылыч салышты,
Орустан чыккан көй баатыр,
Алар да келип калышты.
Мансук, Күшкө, Метирей
Алмамбет, Чубак, Сыргакка

Алар да уруш салыптыр,
Арстан Манас Илиямор
Кылычташып калыптыр.
Илиямор каршы туруптур,
Көтөргөнчө оң колун
Эр Манас кылыч уруптур,
Илиямор эми куруптур.
Курубаса неткени,
Оң далыга жеткени,
Кабат кесип калканын,
Колтукка жакын кеткени.
Оң колунан айрылып,
Оңбодум – деп, кайгырып,
Сол колу менен Даңкара ат,
Атын санга салганы.
Туш-тарабы дария,
Барган менен өтө албайт,
Шымал жагы Муз көлгө
Качып адам кете албайт,
Күн чыгышы жагында
Тундуранын эли бар,
Чоюн канын өлтүрүп,
Жамандык кылган жери бар,
Санаасына бу келет —
Самайиттин эли бар.
Самаган менен Самайит,
Байкалдын улуу көлү бар,
Көл тарабын кармаган
Кыргыздын кылым эли бар.
Кош жылдыз батар тарабын,
Акырын аңдап карагын,
Немистин элин эске алып,
Кош жылдызды бет алып,
Астындагы Даңкара ат
Аябай камчы салганы,
Аркырап алып союлгур,
Анда-мында бир тийип,
Илиямор качып калганы.
Куткарамбы кулду – деп,
Кудай муну урду – деп,
Аккула камчы салыптыр,
Арам өлгөн Даңкара
Арышын керип алыптыр,
Бир таш жерге бир тийип,
Арыштап чуркап калыптыр.
Үч чакырым* бир таш жер,
Астындагы Даңкара
Аягы сынып кетпесе
Аман кеттим эми дээр,
Артынан кууп эр Манас
Айныбаган өжөр эр.
Аккулага камчы уруш,
Арстан эрде не туруш,
Аягы узарган көп жумуш.
Жер түбүнө жетсең да,
Амурия дайрага
Азыр кирип кетсең да,
Артыңдан жетип соём – деп,
Аман кантип коём – деп,
Азыркы элге айчылык,
Андагы атка күнчүлүк,
Арасы кыйла жер болуп,
Астындагы Илиямор
Агып каны сел болуп,
Кансырап өзү калыптыр,
Карарып көзү алыптыр,
Жери менен суусуну,
Айра билбей ушуну,
Акылынан таныптыр,
Алсыраган кезинде
Лининын дайрасы
Муз көлгө куяр жерине
Даңкара качып барыптыр.
Жаадай учкан Даңкара ат
Жалын жастык кылыптыр,
Жүнүн бакта кылыптыр,
Жонун такта кылыптыр,
Суугa жакын калыптыр.
Арышын керип чоң Кула ат,
Тар колтуктан суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Тери чыгып сызылып,

Деми чыгып кысылып,
Даңкан тийген таштары
Талкаланып бузулуп,
Нардай болгон чоң Кула ат,
Төрт аяктап тик түшүп,
Туяк соккон дөбөлөр
Туш-тушуна жик түшүп,
Аккула чуркап жетиптир,
Айдалынын тушу – деп,
Арстан найза нетиптир.
Алты таш жерге дайрадан
Арам өлгөн Даңкара
Алыс чуркап кетиптир.
Арткы жакы бакайы
Аяктап барып түшкөндө
Кумга кирип мылгыптыр,
Туулга менен шапкеси*
Башынан сууга ыргыптыр.
Төбө чачы соксоюп,
Даңкара менен бокчоюп,
Даа-дага* араң тил келип,
Эңкейгенде мурдунан
Кан аралаш зил келип,
Илиямор эстен таныптыр,
Кайып экен Даңкара ат,
Немистин элин бет алып
Даңкара ат жолго салыптыр.
Каландия, немистин
Барайын – деп, бирине,
Бар болсо жаны Илиямор
Кылар деп кыргыз зилине,
Айбан да болсо Даңкара ат,
Аны ойлонуп бу барат.
Илиямордун артынан
Келген Манас кубалап.
Линанын дайрага
Алыстан көзүн салыптыр,
Агар бекен сууга – деп,
Арстан эр ойлоп алыптыр,
Арам өлгөн Даңкара
Аттап кетип калыптыр.
Намыстанып Аккула,
Даң аттын көрүп куулугун,
Качыра тиштеп суулугун,
Башты жерге салыптыр,
Куткарбай турган кезине
Кула ат да келип калыптыр,
Аттаарын билбей эр Манас
Алп күчүнө салыптыр,
Күүлөнүп барган Аккула ат
Күп – деп, барып дайранын
Четине түшүп калыптыр.
Эки кулак эрбейип,
Кош таноосу дердейип,
Суу жонунан ашырып,
Тулпар күлүк Кула аттын
Тула боюн жашырып,
Кылкылдатып кыраан эр
Кайра тартып калыптыр.
Кара кашат курбудан
Каргытып чыгып алыптыр.
Коё бербей мени – деп,
Абыдан келген дарманы,
Оозумду тартып салды – деп,
Айбан да болсо Аккула
Ичинде калып арманы,
Ийсеңдей басып жаныбар,
Кайтып жолго салганы.
Жолго түшүп онжоңдоп,
Сууга түшпөй чоң Кула ат
Жорголой басып конжоңдоп,
Калкын көздөй бет алып,
Кан Манас жолго салыптыр.
Күн-түнү кууган жолуна
Алты күнү, жети түн
Араң жүрүп барыптыр.
Үч жүз миң эле мусулман,
Үч миң алты жүз киши
Өлгөн экен ушундан.
Оруска ойрон салыптыр,
Жүз элүү миң аскерден
Кырк жети миң өлүптүр,

Олжо кылып, чек таштап,
Миңден, жүздөн бөлүптүр,
Медүрүш Күшкө бет алып,
Майданга уруш салам – деп,
Эр Бакайдан өлүптүр.
Баш көтөрөр балбаны,
Баатырынан калбады,
Аярлык менен кутулуп,
Чокчунун элин бет алып,
Батырот жолго салганы.
Башкасын айдап көчүрүп,
Божолдатып* орусун,
Бөлө чаап доңузун,
Арабасын ал кезде
Жаңыдан чыккан өнөрү,
Ат, өгүзгө сүйрөтүп,
Акең кыргыз жөнөдү.
Ак буйругу ушу – деп,
Өлгөндөрүн көрүшүп,
Үч миң алты жүз киши,
Арстан Манас келгенде
Акыреттеп көмүшүп,*
Бурак атын токушуп,*
Жаназасын* окушуп,*
Өлгөндөрүн көмүшүп,
Орус журту кыргыздын
Өкүмүнө көнүшүп,
Көч кылып айдап алыптыр,
Бир жарым ай жүргөндө
Линанын дайрага
Азыр келип калыптыр.
Ак сакал Бакай кары бар,
Акылмандын баары бар,
Эр Көкөтөй байы бар,
Баймырза, Жанай баары бар,
Ороздун уулу Чагатай
Ойрон болгур дагы бар,
Линага келгенде
Суук болгон чагы бар.
Суук болуп муз турду,
Муз үйөрлөп бузулду,
Мусулмандар кутурду,
Айдап жүргөн жаштардын
Напсилери бузулду,
Тасма бел келин-кыздарын
Талаага баскан шекилдүү.
Нике кыйбай иш кылып,
Нукусу бизге тийгени,
Белен болуп турсун – деп,
Өкүм кылып жаштары,
Өрнөгүн жаман баштады,
Он күндөн кийин корккондон
Бутуна дамбал кийбеди.
Лина деген дайрага
Эр Алмаң жайга киргени.
Эр Алмаң суук жайлады,
Кылайып тешик калбады.
Арбыны өтүп дайрадан,
Азыраагы калганы,
Башынан Байкал бузулуп,
Үч миңче үркүн орусту
Үйөр каптап алганы.
Бер жагында дайра бар,
Мээнет буга далай бар.
Кыл Эртиштин суусу бар,
Кыйын катар ушу бар.
Линанын өйүздө
Он жети миң калыптыр,
Жүз отуз миң түтүнү
Аман чыгып алыптыр.
Кесир болот жолго – деп,
Жаштарын жалпы токтотуп,
Карылар тыйып салыптыр.
Бей нике барып жигиттер,
Ургаачы жупту болбо – деп,
Кесир болор жолго – деп,
Токтотуп жүргөн андан көп.
Жашынып барып иш кылып,
Баланча кайда кеткен? – деп,
Жоктотуп жүргөн сандан көп.
Эрте өлгөн жанмын – деп,
Орустарга сөктүрүп,

Боктотуп жүргөн андан көп.
Тилдегенин орустар
Сөккенсан* – деп, салыптыр.
Сөк деген сөздү орустан
Ошондо кыргыз алыптыр.
Ачууланып бир-бирин
Ата-энесин тилдесе,
Сөктү мени деген сөз
Бизге мурас калыптыр.
Баатырлардын баары өлүп,
Бадышасы кан өлүп,
Балбандары дагы өлүп,
Аяры качып жөнөлүп,
Токсон миңдей карысы,
Чогулуп алып баарысы,
Башкөрүп деген баш болуп,
Оён Манас баатырдын
Астына тартуу барышты.
Үч жүз сулуу кыз алып,
Орун алган жайы жок,
Үшүп жаны кысталып,
«Атабыз Жапас бир – деди,
Атабыздан бери жакка
Аарылар болуп бөлүндүк,
Алыбызды бил – деди.
Атабыздан калды – деп,
Уучтап акыр жүрүбүз
Мажусу динди дин – деди.
Кыш келгенде бизди айдап,
Азап менен өлтүрбөй,
Алыбызды бил – деди.
Уругуң туран улуу журт,
Ажыдаар экенсиз,
Биз бир жүргөн кара курт.
Атабыз бир Жапастан,
Алысташып бир-бири
Азып кеткен канча жан.
Кырсаң мына туруппуз,
Жапастан болгон тунукпуз,
Абалды билген улуксуз,
Тартуу кылдык үч жүз кыз,
Ал аз келсе шайман жок,
Өзүбүз да туруппуз,
Ар кандай өкүм кылсаң да,
Мойнубузду сунуппуз».
Бул сөздү айтып чогулуп,
Эңкейишип чокунуп,
Колдорун алып төбөгө,
Кошомат айтып төрөгө,
Бапылдап келди чалдары,
Ар кайсы отоо кошунда
Түрк десе типти жан чыгып,
Бакырып ыйлап балдары.
Жетимиш күнкү мээнетиң,
Жеткирип кудай кезегин,
Жергеси түрктүн уулунан
Жетимиш жылы алганы,
Депке* менен маржасы*
Теги жаны калбады,
Арстан эрге арыс кылып
Тогуз жүз кемпир зарлады.
Ак сакалдын баарысын
Арстан Манас чакыртып,
Азыр жыйып алганы,
Акылын тапкын мунун – деп,
Көбүнө кеңеш салганы.
Көкөтөй кары кеп айтат:
«Көрсүңөр орус – деп, айтат.
Жапастан туулуп тарадың,
Жайсыз жерди карадың,
Дарыянын жээгинен,
Жан жүрбөстөй жеринен
Билбей орун алганың,
Өңүң сары, көзүң ак,
Өзгө журтту карап бак,
Жердеген жердин сарасын,
Ыраңы ак бар, кызыл бар,
Көрүп акыр турасың
Көздөрүнүн карасын,
Өзгөчө суукка койгонбу
Өңкөй орус баласын.
Тартуурга бердиң кызыңды,

Тартуу тартып зарлабай,
Тарлыктан чыгар өзүңдү.
Кээде күндү көрөсүң,
Кээде күндү көрбөстөн
Кейиште жүрүп өлөсүң.
Суруң кетип жүзүңдөн,
Суукта жүрүп өлөсүң.
Шымал жагың Муз деңиз,
Муздакка көнгөн журт үчүн
Жер кылууга куп деңиз.
Астыңда Эртиш суусу бар,
Андан өтүп кеткенде
Айнам жери ушу бар,
Күн жүрүшү Сары-Арка,
Күн батышы Арал-Көл,
Акылың болсо аны көр.
Шымал жагы Муздак-Көл,
Эскимоз жердеп жүргөнчө
Текширээк жерден өлбөйбү,
Уругуң жапас биздин төл.
Каспиде Орол тоосу бар,
Калкың муну ойлоп ал,
Дайралуу жерден кеткенде
Айланар болсо башыңар,
Каспи көлүн бойлоп ал.
Мурунку өткөн бабаңар
Дүнүйөнү көп бөлгөн,
Көптөн келип сомосу,
Атактуусун төрт бөлгөн.
Биринчиси Азия,
Аягы Меке, Медийна,
Башы кытай, Кырпур бар,
Арасында көп жандар.
Апирийка бир бөлөк,
Адам болсоң билип ал.
Акыл ойлоп үргүлөп.
Жана бар Абыстыралия,
Жакын бизге Жарупа,
Оролдон өтсөң окустан,
Уругуң издеп кокустан
Жарупанын жери бар,
Жайнаган ария эли бар,
Жакын келсең биз жакка
Тыян-Шан тоо жери бар.
Уругу Кабыл улуу журт,
Күн чыгышы жагында
Күлдү кытай эли бар.
Багдатка чейин байкасаң,
Түрк уулунун кени бар.
Баш жагында Тундура,
Бар кудайым коюптур
Чылгый музга көндүрө.
Бер жагында Самаит,
Бейли бузук курган журт,
Асили* биздин түрктүр,
Арбак атып, ант уруп,
Эски Музда жүрүптүр.
Эски Муз экен жериңиз,
Күн батыштын тарабын
Ар кандай жүрсөң жол ачык,
Барып жердей бериңиз.
Ашып өтсөң Оролду
Аарылар тууган элиңиз,
Азыр айтар убакты аз,
Бирок биздин айтар кеп —
Ак динине келиңиз,
Кудай жалгыз, куран чын,
Куп ынана бериңиз!»
Бай Көкөтөй ак сакал,
Оруска айткан көп макал.
Анда Манас кеп айтып:
«Каным, айтам сиздерге,
Караган болсо биздерге
Ашырып Орол белини,
Эмдиги жылы жаз келип,
Динге үндөйлүк элини,
Жайын көрсө барышып
Жарупанын жерине,
Эгер булар дин билсе,
Асылып жолго салбайбы
Аарылардын элини».
Аны менен эр Манас

Ада* кылды кебини.
Эр Алмамбет кеп айтат:
«Тартууга келген кыздарын,
Карааары бизге чын болсо,
Таратыңар» – деп, айтат.
Баймырза туруп кеп айтып,
«Баатырлар тыңда – деп, айтып,
Куру кол кантип калалык,
Кудай берген олжодон
Бир жүзчөсүн алалык».
Бул сөздү айтып салганы,
Баймырза сөзү макул – деп,
Кыйласы чуулап калганы.
Анда Алмамбет кеп айтат:
«Ай, калайык! – деп, айтат.
Орус болду тууганың,
Ойлонуп мен да турамын.
Мейлине кыздын салыңар,
Каалаганың алыңар.
Каалабастан кеткенге
Капа болбо баарыңар».
Алмамбет айткан өзү – деп,
Насият айткан сөзү – деп,
Мейлине кыздын салганы,
Он сегиз жашта кыздардан
Түрк уулуна бармакка
Отузу чыгып калганы,
Ошондон бери орустар
Үлгү кылып алганы.
Кайтар болду кыргыздар,
Кайтып кетти көп кыздар.
Союшун орус камдады,
Тобуна салык салганы.
Сивиния – доңузду
Жаман көрөт экен – деп,
Элүү миң өгүз камдады,
Жүз миңче кой айдады.
Оруска берип амандык,
Оёндор жолго салганы.
Кечинде союш бөлөрдө
Орозду кандын он уулу
Ороңдоп чыга калганы.
Улуусу экен Чагатай,
Экинчиси Бабатай,
Үчүнчүсү Бөбөтөй,
Төртүнчүсү Бекебай,
Бешинчиси Кабатай,
Алтынчысы Сабатай,
Жетинчиси Чигитай,
Сегизинчи Бөкөбай,
Тогузунчу Тоботай,
Онунчусу Ордобай.
Жүз миң келген коюна,
Атадан жаман туугандын
Ар нерсе келет оюна,
Жаман ишти көп кылат
Чактабастан боюна,
Салып чыккан бери жакка
Түркстандын жолуна,
Жүргөн аскер үч жүз миң,
Жалгыз козу бербестен
Манас күткөн колуна,
Койдун баарын алам – деп,
Кой бер – десе Манасты
Койбой союп салам – деп,
Кою түгүл элүү миң
Өгүзүн кошо алам – деп,
Бергин деген ким болсо,
Бет алдынан салам – деп,
Бейли жаман бузулду,
Бербеди – деп, тууганың
Кол союштан кысылды.
Суугу катуу жер экен,
Күз айлары жетиптир,
Кыйын экен суугу,
Кышка айланып кетиптир,
Кылдырап аккан суу калбай,
Суусу муздап кетиптир.
Элүү миң өгүз, жүз миң кой
Айдатып алып элине,
Ороздунун он уулу
Олжо бербей кетиптир,

Айтсак өтпөй датыбыз
Оруста жылкы деги жок,
Баш коюп карап берген соң
Батырыштын эби жок.
Минген аттан соёбуз,
Кош башына бир киши
Жөө канетип коёбуз.
Учкаштырып алабыз,
Кокустан чыкса бир коога
Урушту кантип салабыз,
Учкашып жүрүп урушуп,
Кимди жеңип алабыз?!
Бул сөздү айтып буркурап,
Улуу-кичүү, кары-жаш
Эр Манастын үстүнө,
Эли келди чуркурап.
Айтканын угуп эр Манас:
«Ажыбай, Сыргак бар – деди,
Айтып кабар бер – деди.
Айдап өгүз, коюну,
Аскерге алып бер» – деди.
Сыргак жакын тууганы,
Ороздунун балдарын
Сырын билет бу дагы.
«Бар десең баатыр барамын,
Айткан кепти түк билбейт,
Азыр алар мүнөзү
Адам го – деп, көзгө илбейт,
Айтып жатсаң ар канча,
Кулагына сөз кирбейт.
Зордугуна салат – деп,
Согушуп Сыргак калат – деп,
Барбаймын ага баатыр – деп,
Барып калсам соо калбайм,
Айбаның менен такыр – деп,
Алсаң өзүң алып бер,
Аныңа барбайм акыр» – деп,
Сыргак баатыр болбоду,
Сырттан Манас толгонду.
«Акбалтанын баласы
Болот кайда, карачы».
Чубакка кабар бергени,
«Келди мына Болот» – деп,
Чакырып алып келгени.
Шондо Манас кеп айтат:
«Уккун Чубак – деп, айтат,
Ажыбай, Болот барыңар,
Атам Жакып колунда
Азар түмөн малы бар.
Кедейлик тартып кемисе,
Жакыптын малын бөлөйүн,
Колдун берсин союшун,
Өз малымдан төлөйүн.
Тууганга жалган айтканча,
Туурасы ушул – өлөйүн!
Колдун берсин малыны,
Суугу кыйын жер экен,
Сумсайтпасын баарыны.
Элүү миң өгүз, жүз миң кой,
Көптүкү экен калыбы».
Бул сөздү айтып салганы,
Ажыбай, Чубак аттанып,
Ороздунун уулуна
Салам айтып барганы.
Саламга алик албады,
Арачы болуп келгенин
Айта электе билиптир:
«Кызыталак думара,
Карагын – деп, буларга,
Канкор Манас – деп, жүрүп,
Орозду кандын он уулу
Оболдон акыр убара.
Орустан алган малыбыз,
Олжосуна тең болбой
Не жүрөбүз баарыбыз!
Кызыталак нойгут – деп,
Нойгут кулду сойлот – деп,
Барган жерде буларга

Барсылдатып киргени,
Ону чыгып он жактан,
Карсылдатып киргени.
Ажыбай, Чубак кайрылып,
Жаагы-башы айрылып,
Жанып келди Манаска.
«Ороздун уулу тууганың,
Ойлоп көр кылып турганын».
Баатырдын көзү көрүптүр
Барган экөөнү урганын.
Баткалашта мараган
Кабыландай караган.
Кара кыргыз журтунун
Башын тутуп кармаган
Баатырдын ачуу келгени.
Чагарак куйрук, чаар жон,
Чамынганы соо болбос,
Шаңы чыгып сур жолборс:
«Аккуланы минейин,
Аккүбө чындап киейин,
Айбандардын абалын
Азыр барып билейин!»
Ал сөздү айтып оолугуп,
Аттанмак болуп алыптыр,
Абакеси эр Бакай,
Акылы көп бир далай:
«Улуксунба Манас сен,
Урматыңды биле албас,
Ургандарың тил албас,
Уруша кетсе соо кылбас.
Аларга өзүм барайын,
Акыл айтып карайын.
Кылымга болгон ак сакал,
Кыргылды кошуп алайын,
Кызыталак тууганды̇н
Кызматына карайын».
Ал сөздү айтып салганы,
Аскер макул алганы,
Кыргыл чалын ээрчитип,
Бакай жөнөп калганы.
Койдун баарын мааратып,
Уйдун баарын мөөрөтүп,
Кишинетип жылкысын,
Кишиси бар эки жүз,
Анжиянды бет алып,
Жөнөп барат айдатып.
Бакай, Кыргыл барганы,
«Балдар, мындай кылба – деп,
Байкап сөздү тыңда – деп,
Элдин баары ач жатса,
Эркинчилик кылба – деп,
Түбүң Түбөй, Бабыр кан,
Аскер жүрөт кашыңда,
Түмөн кыргыз канча жан,
Союшту бербей соолтуп,
Дүмөгүң ашты баарыдан».
Бакай сөздү сөздөдү,
Бакырайып Чагатай,
Бакай канга карады:
«Байдын уулу не дейсиң?
Башыңды салып Манаска
Басып жүргөн кедейсиң.
Көрбөгөндү көрөсүң,
Көп сүйлөбө, өлөсүң.
Элдин-жердин ээси ким?
Не жүрбөйсүң өзүң тим.
Кыймалайын бетиңди,
Кыспайсыңбы көтүңдү,
Көтүңө куюп жүрбөйүн,
Жарып алып өтүңдү!»
Чагатай турду чамынып,
Бекебай турду камынып,
Кыйкырып Кыргыл кеп айтат,
Кыргылга булар нени айтат:
«Кызыталак калмак – деп,
Кызыталак найман – деп,
Кыжылдаган айбан – деп,
Кыңк эте албай Манаска

Шайтан сени сайган» – деп.
Бөбөтөй менен Сабатай
Кыргыл чалга беттеди,
Кыргылдын аты Айнакул,
Кыйла чогоол мына бул.
Айнакулу кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Сенин минтип турушуң,
Тууганчылык жумушуң,
Ороздун уулу – деп, койсо,
Ороңдоп келип турушуң,
Ошондугуң болбосо,
Бүтөр эле жумушуң».
Бул сөздү айтып салганы,
«Береги кулдун сөзүн!» – деп,
Бекебай тура калганы,
Белинен кылыч алганы,
Ак сакал болгон Айнакул
Андан мурун озунуп
Айбалта менен салганы.
Бекебайы чабылды,
Мээси балта жабылды,
«Бери ургурду өлтүр!» – деп,
Беш-алтоосу камынды.
Качты Кыргыл кол жакка,
Кайра салды жол жакка.
Бакай атка миниптир,
Тоботай атып Бакайды,
Алыс атып ийиптир.
Сол ийнин жырып өтүптүр,
Топко Бакай жетиптир,
Бакай кандын аскери
Тополоң салып кетиптир.
Манастын жакын тууганы
Балакет кылып турганы.
Атка минип эр Манас,
Айгайлап барып турганы,
Качырып келип Манаска
Чагатай найза урганы,
Кагып ийип найзасын,
«Не болду?» – деп, турганы.
Нээтинде жүргөн алардын
Манас кылган бизбиз – деп,
Баштаган жүргөн кыргыздар
Ар түрлүү бузук иш иштеп.
Баштатан жүргөн кеңешип
Манастын башын жутууну,
Барча кара кыргызды
Бадыша болуп тутууну,
Шылтоо кылып олжону,
Талашкан экен ушуну.
Кой-койлоп Манас барыптыр,
Азыр келип баарысы
Арстан жалгыз Манаска
Найза, мылтык салыптыр.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кыйратып иер чагы жок,
Кызыталак жакын тууган – деп,
Кыңк эте албай калыптыр.
Тогуз бөрү ортого
Токмоктошуп алыптыр,
Көрүп чыдап тура албай
Көбөш кирип барыптыр.
Абыке кирди акырып,
Ал экөөнү көргөндө
Айбатын салып эр Манас
Айбыкпай кирди бакырып.
Кылычты кындан алыптыр,
Бир чапканда үчөөнү
Бөлө чаап салыптыр.
Көбөшкө найза коюптур,
Көбөштү сайып турганда
Бөбөтөйдү Абыке
Бөлө чаап союптур.
Чагатайын эр Манас
Чаап кылыч салыптыр,
Карагай жарган отундай

Как бөлүнүп калыптыр.
Ордобайы жетиптир,
Оён Манас баатырга
Мылтык ата кетиптир.
Белдемчиге чабылып,
Ок темирге жабылып,
Кайра дүрмөт урганча
Абыке карап турабы,
Абыке найза салганы,
Чалкасынан жыгылып,
Жаны тирүү калбады,
Орозду кандын он уулу
Ошо жерде жайланды.
Көптөп баары киргенде
Көк жалдын кеткен дарманы,
Каарынан коркуп Манастын
Кара кыргыз эки жүз
Качып кетип калганы.
Чагатай жаңы тууганда
Ташкенде чарбак курганда
Чагатайга энчилеп
Бир капканы салыптыр,
Кытай күчөп басканда
Чагатай капка атанып,
Панус канга калыптыр,
Баш күнүнөн кыргыздар
Бирине бири баш койбос,
Баш аламан калыктыр,
Канзаададан айрылып,
Караламан калыптыр,
Качып эки жүз киши,
Карайлашып Ташкендин
Калаасына барыптыр,
Кыргыз затын өчүрүп,
Кыямат доор болгончо
Сарт ураанга көчүрүп,
Ушу күнчө калыптыр.
Манас болсо жолборстой,
Орозду уулу бөрү экен,
Илгери басса көрө албас
Мурунтадан кыргыздын
Бузукчулук жөнү экен.
Кеткенде баатыр дарманы,
Ороздун уулу көптөшүп
Ок, кылычка алганы,
Шайманы кетип шашканда
Абыке, Көбөш барганы.
Ачууланып чорого:
«Аргымак жыйдым, ат жыйдым,
Астымдагы чоң Кула ат,
Бир бууданча болбоду,
Азамат жыйдым, эр жыйдым,
Арбын мынча не жыйдым,
Бир тууганча болбоду!»
Линада оруска,
Оңдоп-жайлап баарысын
Кондурам – деп, олутка
Алмамбет кетип калыптыр,
Абакеси Бакайга
Аны айтып Манас наалыптыр.
Калбаны кыргыз баштаган,
Кабылан Манас туугандан
Өлүп кала таштаган.
Алты жери жаралуу,
Алган жары Каныкей
Кала жазды каралуу.
Элүү миң өгүз, жүз миң кой,
Элге бөлдү улуу той.
Эсиң барлар муну ойлоп,
Эзелден жаман туугандын
Эрегишин ойлоп кой.
Бурак атын токутуп,
Жаназасын окутуп,
Ак жазган – деп, көндүрүп,
Тең тууган өлбөйт жөн жүрүп,
Үч жүз миң келген аскерге
Үйдө өлгөндөй көмдүрүп,
Бир жумадан бир жума

Окутуп куран жупжуда.
Аскер тынчтык алыптыр,
Өлгөндөн кийин үч күндө
Алмамбет келип калыптыр.
Өлгөнүн угуп өкүнүп,
Өбөктөп ыйлап өкүрүп,
Оруста болдум убара,
Ороздунун тукумун
Оруска кан кылмакка
Кылдым эле убада.
Эртесинде чакыртып,
Орусту жыйып алыптыр,
Ариянын эли бар,
Мистариш деген жери бар,
Оролдун оюн алыңар,
Туташып четиң түрк менен
Тууган болуп калыңар,
Кудай жалгыз, куран чын,
Бирок буга ынаныңар.
Канча-канча жан өлдү,
Көзүң көрдүң баарыңар.
Эскимузду көрдүңөр,
Муз менен карда жүргөндөн
Не калбаган көөнүңөр.
Орол тоонун басы бар,
Бербердигер буюрса,
Беш айда келер жазы бар.
Ыраатын жердин көрүңөр,
Алыс экен кыргыз – деп,
Айныбасын көөнүңөр.
Арстандар айткан бу сөзү
Оруска дары болуптур,
Кыштай көчүп олтуруп,
Мыстарышка толуптур.
Жаздын көрүп кызыгын,
Жайдын көрүп ысыгын,
Муз көлдө жүргөн мурунтан,
Муздакта өсүп куруган,
Кайда жүрсө суугун
Ала жүргөн кандай жан,
Качып ысык күнүнөн
Каспийге барды бакалап,
Калаа салды жакалап.
Мыстарышка барыптыр,
Келип шаар салгандан
Кийип[1] атка калыптыр.
Салды Кийип калаасын,
Акең кыргыз баштаган
Сары орустун баласын.
Дон, Динепир сууларын,
Жуда көрдү буларын.
Уулганын дайрасын,
Уругу кыргыз балдары
Орустун айтып байдасын.
Дайралар башы шымалдан,
Аягы куйган акыры
Кара деңиз, Каспийге,
Каспий, Кара деңизи
Карга учпаган көл экен,
Ал заманда ошолор
Баары да ысык чөл экен.
Азыркысын сууктур,
Кадамы жетсе кай жерге
Артынан суук кууптур.
Баштагы жери Эскимуз,
Баянын байкап уктуңуз.
Муздан кармап чеп кылып,
Мусулмандан шек кылып,
Камыштан кылып коргонун,
Өрттөп ийип камышын,
Түгөл барып түрк уулу
Аламанды койгонун,
Медүрүш күшкө баашасын
Бет алган жерде сойгонун,

[1] *кийф.*

Аңдадыңар, уктуңар
Аярын кармап алганын,
Баатыр менен балбанын
Баарын кырып салганын,
Илиямор жарадар,
Качып кетип калганын,
Тундурага бет алып
Батырот аяр барганын.
Көрбөдүк аны көз менен,
Көңүлгө кудай салганын
Көбүңө айтып салганым,
Алда билет бул сөздүн
Чыны канча, жалганын,
Чын билиңер калайык
Кадамы жеткен жерине
Суук кошо барганын.
Айтканын уккан орустар
Арстан Манас төрөнүн,
Артынан суук жүрүшүн
Ыйба жок катын-кызында,
Нак ушундан көрөмүн.
Мусулман айтат карлык – деп,
Мун үчүн орус жеринен
Мурунтан кетпейт тарлык – деп.
Жердеп турган жерине
Өнбөгөн мөмө-чөмөсү,
Мешке коюп бышырган
Бөлкө деген көмөчү.
Кызы менен катыны
Жигиттерге кошулуп,
Жүрө берет акыры,
Басып орус алганы
Баргана журту такылды.
Бу кайсындай иш болду,
Букарга орус жыш толду,
Мурун болгон бир ай суук,
Бу күндө үч ай кыш болду
Кар токтолуп калаасы,
Бузулбагын сен дагы
Мусулмандын баласы.
Бир оруста айтыптыр,
Каалайт экен динди – деп,
Дин дүйнөнүн чырагы,
Напси тый – деп, айтканды
Жаман көргөн бул орус
Алда кандай жинди – деп.
Акырет кеткен Ленин,
Анык жайын билемин[1].
Аалимдиги илими,
Артык экен билими.
Агарткан экен дилини,
Атабыз айтып жай берген,
Кайтып келип ачам – деп,
Ачалбай кеткен динини.
Мурункуңдун тарыхы
Бул жомоктон билинди.
Оён кыргыз барганы,
Оруска уруш салганы
Аягы болсун тамамы.
Арстан Манас баатырдын
Тууганы кылган душмандык,
Анын кебин табалы.
Он бешинчи март күндө
Кар кетирди чаманы.
Кытайга жери чек ара,
Кыргыз эли бечара,
Ар жагы кыргыз эл экен,
Азыр турук алганы

[1] *билемин.* Ушул ыр сабынан кийин жети сап ыр атайылап өчүрүлүп салынган. Натыйжада окуяда – ойдо үзүлүү пайда болгон. Жөн эле чийилип салынбай бычактын учу менен жиги билинбей өчүрүлгөндүктөн эмне сөздөр бар экенин тактоого такыр мүмкүн эмес. Кыясы, бул жерде Ленинге, орустарга байланышкан сөздөр болсо керек.

Ат-Башы деген жер экен.
Малдары чөпкө зар болду,
Бир жарым кез кар болду.
Мал жалдырап карап тур,
Басылбастан кардап тур.
Суук катуу, кар калың,
Жутатып жүр бар малын,
Жайкын жазып жатуудан
Кетип туру дарманым.
Бизди күткөн Абдылда
Жутабаган ар жылда,
Жагар отун жок болуп,
Карагайчы деген бар,
Белет бербей отунга
Бейилин бузуп токтолуп,
Бей белет отун алгандар[2]...

[2] *алгандар.* Ыр сабы ушул түрдө ой аягына чыгара айтылбай токтолгон. Чынында эпостун өз мазмунуна түздөн-түз тиешеси жок болгон менен манасчынын өз турмушуна, ошол кездеги тексттерди жазуу ишине таандык маалыматтар болгону күмөнсүз. Анткени ушул жерде дептердин бир барагы түбү менен жулунуп айрылып салынган. Бул абал бaрактын айрылгандан калган дүмүрчөгүнөн – кагаздын калдыгынан да даана көрүнүп турат. Ал айрылган баракта жазылган тексттердин бар экендиги кол жазманын барактарына коюлган катар номерлерден да байкалат. Кол жазманын ар бир бетинде эки катар номерлер бар – бирөө мурда тексттер жазылып жаткан учурда ошол ыр саптарын жазган сыя менен коюлган, экинчиси кара карандаш менен жазылган. Ошол сыя менен коюлган катар номер боюнча тексттердин аягы бүтпөй токтогон бет 237, ал эми кийинки бет 239. Демек, ушул жердеги айрылган барак мурда беттелген (кара карандаш менен коюлган беттелүү номерлеринде андай айырма жок, биринчиси 237, кийинки бет 238). Эгер текст жазылбаган болсо актай баракка катар номер коюп, анан ага эч нерсе жазбай бош таштап кетүүнүн зарылдыгы жок эле да. Айрылган баракта канча көлөмдөгү тексттер жазылганы жана ошондой эле алардын мазмуну жөнүндө божомол да айтуу мүмкүн эмес.

## АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

ААЗЫ –

(Аазылык болор Алдага – 36246)

– (ар.) – күчсүздүк, пенделик, начарлык, билимсиздик, түркөйлүк.

ААЛАМ –

(Байкасам мындай аалам жок – 30252)

– (ар.) Бүткүл дүйнө, дүйнө жүзү. Жогоруда келтирилген саптагы маани контекст боюнча «алаамат» маанисинде айтылып, мүшкүл, кайгы, оорчулук деген маңызды туюнтуп турат.

ААЛЫМ (аалим) –

(Бу дүйнөлүк аалымга – 766)

– (ар. алим-билимдүү, илимпоз). Окумуштуу, илимпоз. Кээде билимдүү, адам маанисинде да колдонула берет.

АБАЙЫ –

(Абайы үртүк жаптырган – 6910)

1. Баасы кымбат, одуракай, калың кездеменин түрү. 2. Саймаланып, түр түшүрүлүп, коохдолуп тигилген ат жабуу; абайыдан тигилген ат жабуу.

АБЖООР (абжор, абжор) –

(Айтасың абжоор сөзүңдү – 23925)

– (ир. эбжор) Митайым, эки жүздүү, куу. Абжор сөз – бузуку сөз.

АБУ ЗАМЗАМ –

(Абу замзам суусунан – 770)

– (ар. – об – суу, замзам – кудуктун аты) 1. Замзам кудугунун суусу. 2. Өтмө мааниде: дарылык касиети бар суу.

АБЫГЫЙ –

(Абыгыйым, сүйүнчү! – 30539)

– (калм.) – аба, абаке.

АДАМДУК –

(Адамдук деген кишини – 25622)

Жөө жомоктук, мифтик жандык. Чоң киши, кээде дөө маанисин туюнтат. Жапайы адам катары да айтылат. Адамдук, адамноо, убарачаркөө маанилеш, же бири-бирине жакын сөздөр катары аралаш колдонула берет.

АДАМНОО –

(Адамноо деген жандар бар – 3336)

– (ар. ног – тур). Адамдардын өзүнчө түрү – жапайы адам маанисин туюнткан сөз.

АДИС (адыс, хадис) –

(Аят, адис сөзү бар – 19320)

– (ар. хадич – жаңылык, кабар, аңгеме). Мукамбет байгамбардын ишмердиги жана анын насаат сөздөрү жөнүндөгү уламыштар.

АЖААПЫ (ажафы) –

(Ажаапы сепил жары бар – 17855)

– (ар. ажаф). Таң каларлык, укмуштуу, сонун.

АЖАЛ –

(Ажал жеткен окшоду – 277)

– (ар. ажал – аяктоо) өлүм, адамга, жалпы эле жандууларга чектелген тириликтин, жашоонун бүтүшү.

АЖАЧ (ажес) –

(Ажач урук кытайга – 19953)

Өжөр, көк.

АЖЫ –

(Ажылык кылган жолдо бар – 2056)

– (ар.) Мекеге – Мекедеги Каабага зыярат кылып кайткан адам.

АЗААДА –

(Азаада бектен бу дагы – 28334)

– (ир.) Таза, сыпаа. Кээде белгилүү, атактуу маанисинде да жолугат.

АЗАЗИЛ (азезил) –

(Ал ачуунун өзүндө
Азазилдин тили бар – 872–873)

– (ар. азезил – алдамчы, азыткы). Адамдарды туура жолдон чыгарып бузуучу күч – шайтан.

АЗАН (асан) –

(Азан айтып заңкылдап – 5411)

– (ар. азина – кабарлоо, жарыялоо, билдирүү). Беш убак намаздын болгон убактысын жарыялаган кабар. Бала төрөлгөндө да бул кубанычтуу кабарды элге угузуу үчүн азан чакырылат.

АЗАР ТҮМӨН –

(Азар түмөн мал калды – 1413)

– (ир. хазар – миң; түрк. түмөн – он миң) Миң-миң дегенге жакын, өтө көптүктү билдирген туюнтма.

АЗАТ –

(Азат деген дагы бар – 3299)

– (ир.) эркин, ыктыярдуу, бош.

АЗИЗ (азыз) –

(Азизден бата алыңар – 7352)

– (ар. азиз). 1. Ардактуу, сыйлуу, кымбаттуу, ыйык. 2. Өтмө маанидe: олуя, касиеттүү, ыйык. 3. Эки көзү тең көрбөгөн арам. 4. Кээде бечара, байкуш.

АЗИРЕТ (азырет) –

– (ар. хазрат – ыйык, касиеттүү) Касиетинен, ыйыктыгынан.

Байгамбарлардын, кээде халифтердин аттарына кошо айтылуучу мансаптык мааниге ээ атайын сөз.

АЗМИ (азым, азим) –

(Азми керим заты бар – 15465)
(Азым шаар Бакбурчун – 28857)

– (ар. эзим – улуу, урматтуу, даңктуу, даражалуу) – белгилүү, атактуу, даңктуу. Кээде чоң, кооз, сыйлуу.

АЙДАР –

(Алтын айдар, чок белбоо – 17975).

Эркектердин өрүлгөн төбө чачы.

АЙРАН –

Айран азыр калганы – 28164)

– (ар.) таң калуу, оозу ачылып карап калуу, таңдануу.

АЙРЫ –

(Айры менен нар калды –1412).

Төө – эки өркөчтүү төө.

АЙТУЯК –

(Ак боз бээден алышып,
Айтуягын чалышып – 14256–14257)

Жылкы – түлөөгө арналып союлган жылкы.

АЙЧЫК –

(Айчыктуу туулар жаркылдап – 2424)

Жарым ай түрүндө жасалган белги – эмблема. Көбүнчө туу бетине бекитилет, же сүрөтү тартылат.

АК –

(Үйрөнүп актын аттарын – 1398)

– (ар. хакк – чыныгы, таза, чын, туура, күнөөсүз, айыпсыз). 1. Алданын негизги 99 сыпаттама аттарынын бири, маңызы Алда бар, чын дегенди туюнтат. 2. Чыныгы, таза. 3. Өтмө мааниде: күнөөсүз, адал.

АКИМ –

(Акимдер куру калар – деп – 2119)

– (ар. һакем – чечүүчү). 1. Калыс, акыйкат өкүм, бүтүм чыгуучу. 2. Өтмө мааниде: улук, бийлөөчү, башкаруучу.

АКИС –

(Акиси сени урбайбы – 23885)

– (ар.). Кусур, касиет, урмат. Адатта «ур, уруу, урат» маанилериндеги этиш сөз менен кошо айтылып, улуунун, ата-эненин, жалпы эле урмат-сыйга ээ адамдардын касиети, кусуру урат маанисин туюнтат.

АК КАҢКЫ (ээр) –

(Ак каңкы ээр салганы – 11261)

Ээрдин түрү – алдыңкы кашы жазы, тегерек ээр. Кээде моңгол ээр делип да аталат.

АКЫРЕТ –

(Акырет кеткен мен үчүн – 397)

– (ар. ал – ахира – бүтүшү, акыры, аягы). 1. Тиги дүйнө, о дүйнө. 2. Өтмө мааниде: өлүү, тиги дүйнөгө кетүү.

АКЫР ЗАМАН –

(Айтуу калсын басылбай
Акыр заман журтуна – 2154–2155)

– (ар. ахер – акыры, соңу, кийини, бүтүүсү; ир. заман – доор, мезгил). 1. Жашоонун, тирүүлүктүн бүтүшү. 2. Акыр заман доору – кыямат кайым жакындагандагы доор –

акыркы доор. 3. Кээде кыямат кайым маанисинде да айтыла берет. 4. Өтмө маанide: булгун, алаамат, кыйроо.

АЛААМ (алаамат, аламат) –

(Кыйла бизге алаам – деп,– 25741)

– (ар.) 1. Кыйынчылык, тополоң, бүлгүн, бүлгүнчүлүк. 2. Кээде белги, жышаан, көрүнүш.

АЛАҢ –

(Көңүлгө салды алаңды – 314).

Кайгы, капа, кооптонуу, тынчсыздануу, капалануу.

АЛА ТАБАК –

(Ала табак тарттырбай – 16245)

Аш-тойлордогу атайын конокторго тартылган эттин анча семиз эмес малдын эти болушу, же семиз этке арык малдын этин аралаштырып берүү.

АЛАТКАК –

(Жин менен бар алаткак – 455)

1. Адамдарга зыяндуу – деп, эсептелген жомоктук-мифтик жандык. 2. Кээде жапайы адам маанисинде да айтыла берет.

АЛЕҢГЫР ЖАА –

(Алеңгер жааны кездешип – 5278)

Жаанын өзүнчө түрлөрүнүн бири. Кээде өзгөчө жаа, баатырлар жаасы, же сүрдүү, коркунучтуу жаа маанисинде туюнтат.

АЛЛО АКБАР (Алдо акпар) –

(Алло акбар кеп угуп – 7353)

– (ар.). Улуу Алда, улуу кудай.

АЛМАБАШ –

(Алмабаш мылтык аткандай – 4970)

Эски мылтыктын түрлөрүнүн бири. Кээде бул же тигил баатырдын урунган мылтыгына тиешелүү энчилүү ат.

АЛП КАРА КУШ –

(Алп кара куш учканда – 17704)

Жомоктук, мифтик учуучу жандык. Аталыш өтө чоң, күчтүү куш маанисин туюнтат.

АЛЧЫН БАЙЫР –

(Алчын байыр, атилес – 3297)

– (ир. арш – чыканак) – кездеме өлчөгүч аспап – чыканактан колдун башына чейинки аралыкты билдирген узундук өлчөмү. Байыркы фарсы тилинде сонун, чыгаан, мыкты дегенди туюнтат. Эпосто сөз алгачкы маанисин өзгөртүп баалуу кездеменин бир түрүн билдирип калган. Балким, сөздөрдүн түпкү маңызын билбеген, же чала билген манасчы ага ушундай жаңы маңыз бергендир.

АЛЫП КОЮУ (өлүктү) –

(Алып койгон заманда – 1450)

Өлгөн адамдын сөөгүн атайын даярдыктар менен белгилүү жерге жаткыруу. Атайын жерге коюлгуча өлүктү жоктоо, ыйлоо ж.б. салттык ырым-жырымдарга уруксат берилбейт.

АМАНАТ ЖАН –

(Аманат жанды копшоду – 229)

– (ар. эманат – убактылуу сактоого берилген, калтырылган нерсе; ир.– жан -тын). Алда тарабынан ар бир адамга бул дүйнөдө жашаш үчүн убактылуу берилген тын, кут, адамды кыймыл-аракетке келтирген күч-кубат.

АМБАЛ –

(Амбалдын көргүн жүрүшүн – 34789)

– (манжу – анбаль – чоң киши, улук киши, мансаптуу адам) Аскердик мансап. Эпостогу мааниси боюнча генералга жакын. Кээде башкаруучу, улук дегенге жакын да айтыла берет.

АМБАР –

(Амбар толгон алтын калды – 232)

– (ир.) Кампа, эгин сактагыч жай. Эпосто алтын, баалуу мүлк сактай турган атайын жай, үй катары да айтыла берет.

АМИН –

(Аминине буруттун – 11867)

Ургаачылардын жыныстык белгиси. Эпосто, адатта, кытай, калмактар балит сөздөр менен сөгүп, тилдөөдө колдонулат.

АМИР –

(Амири менен Алданын – 821)

– (ар. эмр) Буйрук, өкүм.

АНЖЫ –

(Анжы Бээжин чоң Коңур – 6242)

Бөлүк, бөлүм. Келтирилген ыр сабындагы маани-бөлүктөргө бөлүнгөн, же көптөгөн бөлүктөрдөн турган Бээжиндин билерманы чоң Коңурбай дегенди туюнтат.

АПТАМА (аптаба) –

(Аптама чыкты алтындан – 7402)

– (ир. афтибе) Узун моюндуу, кооздолгон кумган. Көбүнчө колго суу куюуда колдонулат.

АПТОРОЙ –

(Апторой журт көрүптүр – 7431)

– (ар. афт. – бет, кебете, рун – жүз, өң) 1. Жер бети, жер жүзү, бүткүл дүйнө. 2. Өтмө маанидe: бүт, көпчүлүк, карап турган эл.

АРАМ –

(Арамдан тууп, пак болгон – 17952)

– (ар. харам – тыюу салынган, уруксат кылынбаган) Ислам дини боюнча аткарууга, жасоого уруксат берилбеген, тыюу салынган жорук-жосун, жүрүм-турум, иш-аракет, ичишке, жешке тыюу салынган тамак-аш, ичимдик, урунууга болбой турган буюм-тайым, мал-мүлк. 2. Өтмө маанидe: тескери, бузук, жаман, ыпылас.

АРБАК –

(Арбагымды сыйлатып – 788)

– (ар. арбах – жан, тын) 1. Өлгөн адамдын руху, куту. 2. Өтмө маанидe: атак-даңк, бедел.

АРГЫМАК –

(Аргымактан бир канча – 6897)

Күлүктүгү, сымбаттуулугу менен айырмаланган таза кандуу жылкынын түрү.

АРУУ –

(Аруу жууп, кепиндеп – 35909)

Таза.

АРЫП (арип) –

(Арып менен көндүргөн – 458)

– (ар) Сыйкыр, дуба, амал.

АСАБА –

(Асабасы жалпылдап – 2423)

– (ар. аса-таяк) 1. Түпкү мааниси таякка байланган чүпүрөктү чогуу түшүндүрүп, туу желекти туюнткан. 2. Желек, туунун чүпүрөгү.

АСТАПЫРАЛДА (астапурулда) –

(Астапыралда сөздөшүп – 5279)

– (ар. ыстыгфар – өкүнүү, кечирим суроо; Алда-кудай) 1. Оо, кудай кечире көр! 2. Өтмө мааниде: ачуулануу, жини келүү, ызырынуу – ушунуку өтүп кетти, ушуну эмне кылсам маанилеринде.

АТАЛА –

(Аркасынан желбиреп
Аталасын сүйрөтүп – 29970–29971)

Жука жибек кездемеден тигилген кең, узун сырт кийим.

АТ КАРА ТИЛ БОЛУУ –

(Ат кара тил болгондо – 19991)

Жайдын толук убагы – өнгөн шиберди деген аттын тили чөптүн даты – боёгу менен карарып калган мезгил.

АТПАЙ –

(Атпай кыргыз журтуна – 439).

Бүткүл, бардык, жалпы.

АТИЛЕС –

(Атилес, тубар, торгунга – 2377)

– (ар.) – баалуу жибек кездеменин түрү.

АЧАЛЫК –

(Ачалык деген заңгар бар – 17742)

Жомоктук, мифтик жандык, балким, манасчы ойдон чыгарган болушу да мүмкүн. Эпосто бул жандык адамга окшош, алды-артында көзү бар, эки баштуу, тиши болот, эти жез, таш жеген айбан делип сүрөттөлөт.

АШ –

(Адамдын баары жыйылып
Ашыма келип калбасын – 437–438)

1. Тамак, даам. 2. Өлгөн адамдын зыйнаты үчүн мал союп, элге атайын тамак, даам берүү салты.

АШЫК –

(Келген бойдон ашыкты
Кечип туруп алганы – 24193–24194)

Чүкө. Ыр сабындагы маани ордо оюнундагы пайдаланган чүкөлөр жөнүндө.

АЯК-БАШЫН БУУШ –

(Аяк менен башымды
Кымкап менен буудуруп – 401–402)

Өлүктү көмөр алдындагы жосундардын бири – өлүк оролгон кепиндин аяк-башын буул, туюктоо расмиси.

АЯР –

(Аярлар өнөр салышып – 13770)

– (ар. эййари – сак, өнөрлүү, амалдуу) 1. Куу, амалдуу, шылуун, митайым. 2. Сыйкырчы, дубакөй, атайын дубанын күчү менен каалаганын болтуруу жөндөмүнө ээ адам.

АЯТ –

(Аят, адис сөзү бар – 19320)

– (ар. ая – жышаан, сыр, белги, аян. Өтмө мааниде: ыр). Курандын сүрөөлөрүнүн ичиндеги өз алдынчалыкка ээ бөлүктөрү.

АЯТИЛ КУРСУ –

(Аятил курсу дубаны – 19147)

Курандагы Алданын тактысы жөнүндөгү аят.

БААНЫ (баани) –

– (ар. фани) – жалган, өтүп кете турган, түбөлүк эмес.

БААШАЙЫ (башайы) –

(Башайы бар, барча бар – 2385)

– (ир.) Жибек кездеменин бир түрү.

БАГЫМДАТ –

(Эртеңки намаз багымдат – 16106)

– (ир. бамдат) 1. Таң, таң жарыгы. 2. Беш убак намаздын биринчиси – эртең менен күн чыга электе окула турган намаз.

БАДАНА –

(Бадана тонду кийгизип – 415)

– (ир. баден – дене, бүткөн бой) 1. Денени кынаптап, чаптап туруучу ок өтпөс кийим-соот. 2. Кээде кымбат баалуу, коозделуп тигилген сырт кийим.

БАДИК –

(Бар кудай берсе бадикти – 13950)

1. Эм-домдук дарымдоо ырымындагы атайын дубанын аталышы. 2. Өтмө мааниде: ийгилик, кел-кел, жакшылык.

БАДИРЕК –

(Баштатадан билгемин
Бадирек дүйнө опосуз – 800–801)

– (ир. бэдрэг – теги жаман). 1. Кара нээт, орой, айбан, бузуку. 2. Тексиз, теги жаман. 3. Оңбогур. 4. Өтмө мааниде: кээде баатыр, мыкты.

БАДӨЛӨК –

(Бадөлөк дебей ушуну – 27872)

1. Шашып-бушуп айтылган, байланышсыз, башаламан сөз. 2. Негизсиз, чындыгы жок сөз.

БАДЫША –

(Бадыша атам кетти – деп,– 703)

– (ир. пати – өкүмдар, ир.– шах – бийлик ээси, өкүмдар).

Бийлик ээси – эң жогорку мансаптык наам.

БАЙГАМБАР (пайгамбар) –

(Ак байгамбар мустапа – 2696)

– (ар. пэйгэмбэр – өкүл, элчи) 1. Кудайдын элчиси, өкүлү – дин таратуу үчүн жиберилген адам. 2. Өтмө мааниде: бардык нерсени алдын-ала билген олуя, көзү ачык. Кээде даанышман, акылдуу адам маанисинде да жолугат.

БАЙНЕК –

(Байнеги алтын кылычты – 10793)

– (ир.) Кылычтын сабынын шакек түрүндөгү кооздугу.

БАЙТАЛМАН –

(Ачыган экен байталман – 15385)

– (ир.) 1. Эч кимге керексиз, баары кечип кеткен, эч нерсеге арзыбаган. 2. Өтмө мааниде: ой оңбогур, ой түгөнгүр оой! – маанилерине айтылуучу сөз. Ыр сабындагы маңыз: ой кудай урган оой, ачыган экен! – дегенге жакын.

БАКАЛ –

(Көчөдөгү бакалга – 19456)

– (ар.) 1. Бакалея – майда дүкөн – майда буюм-теримдер сатылуучу дүкөнчө.

БАКАЛЧЫ –

(Бакалчысы мол эле – 27079).

Майда соодагер.

БАКАР –

(Бакардын сүтү колдосун – 3235)

– (ар. пада) 1. Уй. 2. Уй жылы.

БАКСА –

(Алтымыш бакса дубалдан
Арыштап чуркап кеткени – 34115–34116)

– (ир. пакса) 1. Сокмо дубал. 2. Сокмо дубалдын катмарлары.

БАКЫЛ –

(Бакылдыгы башкача – 2159)

– (ар.) Сараң, катуу баш.

БАКЫР –

(Бакырлары бакырып – 17021).

Куландын эркеги – айгыры.

БАЛ –

(Балдын түрү бузулду – 41976)

– (ар. фал – сыйкыр, төлгө) 1. Сыйкырдуулук касиети бар деп эсептелген китеп. 2. Төлгө тартуу, далы көрүү ж.б. сыяктуу ырым-жырымдар.

БАЛАКАТ –

(Он тогуз жашка барганда
Балакатка кирет – дейт – 25602)

– (ар. балыг). Иштеген иштерине, кылган күнөөсүнө өзү жооп берүүчү курак, бойго жеткен, жетилген кез.

БАНДИ –

(Аяктууда бар бекен
Адамга банди болбосу – 814–815)

– (ир. банд – туткун) 1. Колго түшүү, туткун болуу. 2. Түрмө, камак, камалган, түрмөгө түшкөн.

БАНДУЛУ –

Бандулуну урдуруп – 27268)

– (кыт. бан – жарыя, жар; дул – барабан, дабыл) 1. Кабар, белги берүү максатында пайдаланылган коңгуроо. 2. Коңгуроо орнотулган бийик мунара.

БАНТ (банд) –

(Бант болгон кыйла акыры – 34538)

– (ир. банд – туткун). Колго түшүү, туткун болуу, камалуу.

БАҢ –

(Барабан согуп, баң тартты – 26093)

Сурнай, керней түрүндөгү үйлөмө музыкалык аспаптардын жалпы аталышы – чыккан катуу добуш.

БАҢБАҢ –

(Калдай, баңбаң, доотайга – 27162)

– (кыт. ван – князь) – жогорку мансаптык орундардын бири.

БАҢЗАТ –

(Баңзаттан алып жолдошко – 5396)

Согуштук майда мансаптардын бири.

БАПИК –

(Ычкырыгы бапик кырк муун – 2773)

– (ир. попик – чок, чачык) – жиптен жасалган чок, чачык.

БАРАБАН –

(Кош барабан кагылды – 27552)

Урма музыкалык аспап.

БАРАЙЫЗ –

(Барайыздан бат окуп – 6972)

– (ар.) Диндик эрежелер баяндалган китептин аты.

БАРАҢ –

(Балдарым бараң октосун – 1652)

Өз убагында мыкты деп эсептелген кара мылтыктын түрү.

БАРГЕК –

(Баары да баргек чоктолуу – 19058)

– (ир.) Алтындан, күмүштөн жасалган кооздуктун түрү.

БАРПЫ –

(Басканы барпы чөп экен – 32961)

Чөптүн аты – жумшак, майда чөп.

БАРТАЛ (ат) –

(Бартал атка жүктөтүп – 29702)

– (ар. бардэр – жүк жүктөөчү) – жүк жүктөөчү ат. Москоол, күчтүү ат.

БАРЧА (парча) –

(Баашайы бар, барча бар – 2385)

– (ир. парче) 1. Бөлүк, кесинди, үзүндү. 2. Саймаланып токулган баалуу кездеменин түрү.

БАСЫРА –

(Басыра жайлоо – тар өңдүү – 28153)

Кичирээк, чакан, анча чоң эмес, бөксө.

БАТА –

(Батасын кылды чуркурап – 14255)

– (ар. фатиха – куран китебин ачуучу) 1. Куран китебиндеги биринчи сүрөө. 2. Кудайга ыклас кылуу. 3. Тилек, каалоо айтуу.

БАТМАН –

(Алты батман данды жеп – 8502)

Оордук өлчөмү, так саны белгисиз, көбүнчө өтө оор өлчөм маанисин билдирет.

БАТЫЛ –

(Баштатан батыл дини бар – 23273)

– (ар. туура эмес, опасыз) Туура эмес, жалган, пайдасыз, опасыз.

БАТЫН –

(Батын көзүн салганы – 8612)

– (ар. батин – жашыруун, жабык, ич жагы) 1. Жашырын сырды көрө билүү – көзү ачыктык. 2. Өтмө мааниде: көрөгөч, акылман.

БАШАРАТ (бишарат) –

(Башараты болду – деп,– 1988)

– (ар. бешарат – белги, сыр) Сырдуу белги, касиеттүү аян.

БАЯНДОС –

(Баяндостун үстүндө – 16129)

– (ир.) 1. Ээрдин үстүнө салынуучу мамык төшөк – көрпөчө. 2. Баалуу кездемеден тигилген алдыга салынуучу калың төшөк, кээде килем – килемче.

БЕДӨӨ –

(Бедөөлөрү алкылдап – 15033)

– (ар. бедиуин – чөлдүктөр, чөлдүн жашоочулары) 1. Арабдардын көчмөн уруулары. 2. Көчмөн арабдар өстүргөн күлүк, чыдамдуу, сулуу жылкынын түрү. 3. Өтмө мааниде: күлүк ат.

БЕЙ –

(Бейорун өкүм салыптыр – 6467)

– (ир.) Сөздүн аягына уланып жоктукту билдирүүчү мүчө. Бейорун – орунсуз, жөнсүз.

БЕЙИТ –

(Бейит көчө, чоң калаа – 26101)

– (ар.) 1. Үй, адам жашоочу жай. 2. Өтмө мааниде: өлүк коюлган жай – моло, көр.

БЕЙКАСАМ –

(Беш тамга толо бейкасам – 2382)

– (ир.) Эриши жибек, түр салынган бышык кездеменин түрү.

БЕЙУУДА –

(Бейууда жайга чаппаган – 29755)

Кезексиз, жөнсүз, ыгы жок, зарыл болбогон, мезгилсиз, убактысыз, бөөдө.

БЕК –

(Бекзаададан бешөө бар – 14839)

Жогорку мансаптардын бири – уруунун, топтун, аймактын башкаруучусу.

БЕЛБОО –

(Алтын айдар, чок белбоо – 17975)

Кур, жибек кездемеден жасалган кур. Чок белбоо – үч жагы чачы, чок менен кооздолгон жибек кур.

БЕЛДЕМЧИ –

(Белдемчисин байланып – 6191)

1. Аялдардын белден ылдый жагына тартынып кийүүчү баалуу кийими. 2. Баатырлардын жоо кийиминин түрү – белден ылдыйкы тарапты калкалап туруучу ок, найза өтпөс калканч кийим.

БЕЛ КУДА –

(Бел куда болдук бек жерде – 39277)

Төрөлө элек балдарды кудалашуу жосуну. Адатта мен эркек балалуу, сен кыздуу болсоң, же тескерисинче болсо куда бололу деп убадалашып, ырым түрүндө бири-бирине белек, мал ж.б. беришет.

БЕНДЕ (пенде) –

(Бендеге окшош бир эмес – 1165)

– (ир. бенде – кул). 1. Кул (кудайдын кулу) маанисинде. 2. Адам, киши. 3. Бечара, күчсүз, мусаапыр, байкуш.

БЕРБЕРДИГЕР (барбардигер, парбардигер) –

(Бербердигер кудурет – 1422)

– (ир. парбардигер – жаратуучу). Алданын негизги эпитет ысымдарынын бири.

БЕРИ (пери) –

(Бериден эмес, жин эмес – 1164)

– (ир. пери – учуучу). 1. Учуу, кубулуу, көрүнбөй жүрүү жөндөмдөрүнө ээ, кебете-түспөлү, жашоо-тиригиги адамга окшош жандык. 2. Өтмө мааниде: өзгөчө сулуу кыз, аял.

БЕРИШТЕ (периште) –

(Төрт мукарап берииште – 15484)

– (ир. фереште – жиберилген) 1. Алданын буйругун аткаруучу кызматкерлери. Напсиси өлүк – эч нерсеге муктаж эмес. Саны өтө көп, төртөө Алданын өзгөчө ишенимдүү жардамчылары (ар. могеребб – жакын, ынак, ишеничтүү. Алар Жебирейил, Азирейил, Мекейил, Ысрафил. 2. Өтмө мааниде: айыпсыз, күнөөсүз, таза.

БЕТТИ КЫБЫЛАГА КАРАТУУ –

(Кыбыла кылып бетимди – 739)

Өлгөн адамды көргө коюуда мойнун буруп, жүзүн кыбылага каратып коюу жосуну.

БЕШИМ –

(Бүгүнкү бешим кезинде – 2833)

– (ир.) 1. Күнүгө окулуучу беш убак намаздын экинчиси. 2. Убакыт мезгили – түш ооган убак – бешим намазы окула турган убак.

БЕШ КӨКҮЛДӨП ЧАЧ ӨРҮҮ –

(Кыздарынын чачтарын
Беш көкүлдөп өрдү – деп, – 421–422)

Эски салттардын бири – өлгөн адамдын күйөөгө чыга элек кыздарынын чачтарын майда, тарам-тарам кылып өрүү адаты.

БИДИЯ –

(Бидиясын өткөрүп – 2712)

БИЛЕЗИК –

(Билериги баары алтын,
Билезиги сары алтын – 19344–10345)

Түпкү мааниси – билек жүзүк – билекке салынуучу шакек-билерик. Ыр сабындагы маани – доолдун кабын басып, бекитип турган билерик түрүндөгү алкак металлды кооздоо үчүн пайдаланылган орнамент, же гүл, жалбыракча түрүндөгү металл оюучийүүлөрдүн жалпы аталышы.

БИЯБАН –

(Көрдү чөлдү биябан – 22106)

– (ир. би – жоктукту билдирүүчү мүчө – сыз, аб – суу) – суусуз жай, чөл, какшыган кумдуу талаа.

БОЗ КӨБӨӨН –

Боз Көбөөн отту чалганы – 21815)

Чөптүн аталышы – кургак, суусуз жерге өскөн суюк чөп.

БОКЧО –

(Арттырып бокчо катпаңар – 3280)

– (ир. бугча) 1. Баалуу, аяныччтуу буюм-керимдер салынган баштык, таңгак. 2. Сандык.

БОРО –

(Мурду анын бородой – 6143)

– (ир. бори) 1. Суу жүргүзүүчү жоон түтүк. 2. Өтмө мааниде: чоң, же мормогой, моржойгон.

БОТО –

(Шалдыркан кисе, бото кур – 3655)

– (ир. пута). 1. Пахтадан алтын жип кошуп токулган баалуу кездеменин түрү. 2. Кооздолгон, баалуу жибек кур.

БӨГӨЛ (бөкөл) –

(Отуз бөгөл жолдошу – 5318)

– (калм. бөк) – балбан, күчтүү, алп.

БӨЗ –

(Кадек да бар, бөз да бар – 3288)

Колго токулган адыракай, кебез кездеменин түрү.

БӨКӨ –

(Дөө жеңбеген бөкөдөн – 8213)

– (калм. бек) – балбан, алп, күчтүү.

БУКТА –

(Букта болду эми эле – 40131)

Бышык, тың, чыйрак.

БУЛАН –

(Кутулас, булан, били бар – 825)

Бугу, багыш сымал айбан жандыктын түрү.

БУЛГУН –

(Булгун, киштин терисин – 21028)

Териси баалуу жаныбардын бири. Кээде бугунун музоосунун ийлеген терисин булгун атоо учурлары да кезигет.

БУЛКАК –

(Булчуңу жатыр булкактай – 8446)

Көөкөр сымал, андан чоңураак териден жасалган суюктук куюлуучу идиш – шириден тигилген чака.

БУРАК АТ –

(Бурак атын токутуп – 755)

– (ар. албурак – жаркылдоочу). 2. Мифтик канаттуу тулпар. 2. Мукамбет байгамбар минип, асманга чыккан канаттуу ат. 3. Өлгөн адамга арналган молдого берилүүчү жабдыктуу ат. 4. Өтмө мааниде: күлүк, чарчабас ат. 5. Кээде жалпы эле мингич, унаа маанисинде да айтылат.

БУРКАН –

(Бурканына чокунун – 9882)

1. Кытай, калмактардын касиеттүү эсептеп сыйынуучу сүрөтү, айкел. 2. Калмак, кытайлардын кудай маанисин туюнткан термини.

БУРУТ (мурут) –

(Мусулмандын – буруттун – 5663)

– кыт. бу-ли-ти – күнөөлүү, чыккынчы, же динсиз).

Эпос боюнча кытай, калмактардын кыргыздарды мазактап, кемсинтүү үчүн атайын айткан аташы.

БУТ –

(Карк алтын сүрөт буту бар – 9881)

– (ир. бут – идол, айкел, сүрөт) Калмак, кытайлардын сыйына турган сүрөт айкели.

БУТА –

(Буулум да бар, бута бар – 295)

Баалуу жибек кездеменин түрү.

БУТКАНА –

(Бутканага чокунуп – 10973)

Бутка (Буддага) табынуучу атайын жай.

БУУЛУМ –

(Буулум да бар, бута бар – 295)

Баалуу калың кездеменин бир түрү. Кээде ошол кездемеден тигилген кийим.

ДАЕК –

(Аттарды даек кармасын – 2762)

Байге, сыйлык. Байгени, адатта, калыс, сыйлуу адам кармап алып туруп, бөлүштүрүп берген. Ал киши даекчи аталган.

ДАЕК КАРМОО –

(Аттарды даек кармасын – 2762)

Даек кармаган адам, байгени ээлерине бөлүп берген калыс адам.

ДАЖААЛ (тажаал) –

(Дажаалдайын заты бар – 31682)

– (ир. ал-дажжал – алдамчы, жалганчы). 1 Кыямат кайым жакындаганда чыгуучу көк эшек минген, өзүн кудаймын деп, адамдарды азгырып, тескери жолго үндөөчү алдамчы. 2. Өтмө мааниде: адепсиз, жаңжалчыл, бейжай, уятсыз, долу, урушчаак маанилеринде.

ДАҢГЫТ –

(Эки бетин караса
Эки даңгыт тойгондой – 8293–8294)

Дебөт ит, чоң ит, кээде көк жал карышкыр.

ДАҢКАН –

(От ордундай даңкандан – 16239)

– (кыт.) – үч буттуу казан.

ДАҢСА (даңза) –

(Кытайча даңса окунуп – 44699)

– (кат. даңьцзы – тизме кагазы, каттоо кагазы). Китеп. Кээде касиеттүү атайын китеп.

ДАП –

(Аркасынан дап какты – 17091)

– (ир. деф). Жаргак менен капталган урма музыкалык аспап.

ДАСТАР –

(Башына дастар чалышып – 37381)

– (ир. дэстар – селде) – селде, баш оромо, чалма.

ДАТКА –

(Саалай датка, Сынчыбек – 2673)

– (ир. – датхоһ – дат, арыз айтуучу). Согуштук, көбүнчө административдик, жогорку мансап дарамаларынын бири – чоң аймактын башкаруучусу.

ДАШ КАЗАН –

(Даш казандай баштары – 1152)

– (ир. даш – чоң). Чоң казан.

ДЕЙИЛДЕ –

(Дейилдеден сексен миң – 296)

– (ир.) Алтын зым аралаштырылып согулган баалуу кездеменин түрү, же ошол кездемеден тигилген кийим.

ДЕПКИР –

(Депкир айтып калганы – 17070)

– (ар.) Кудайды даңазалоо. Алло акбар! – деп кайталап айтуу.

ДИЛДЕ –

(Дилдени санап сан кылып – 385)

– (ир. тилле – алтын). 1. Алтын, көбүнчө, алтын акча. 2. Өтмө маанидe: алтындан жасалган кооздуктар.

ДИН –

(Биринин дини Мусада – 1989)

– (ар.) Ишеним, ишенимдин белгилүү системага салынган жыйындысы.

ДИҢСЕ –

(Алтындуу диңсе жаргытып – 31569)

– (кыт. диңсе – мончок). Баш кийимдин төбөсүнө тагылган мончок – чоң мончок, мончоктон тизилип, атайын жасалган тоголок шарча – мансаптык белги.

ДИРАМ –

(Андагы теңге дирамдыр – 2511)

Металлдан жасалган акча бирдиги.

ДООЛ –

(Доол согуп күңгүрлөп – 5309)

– (ар.) Урма музыкалык аспап – барабан.

ДООЛОН (доолан) –

(Доолон, чүчтө бу да бар – 2380)

Баалуу кездеменин бир түрү.

ДООРАН –

(Тогуз миң дооран сур байлап – 772)

– (ар.) Өлгөн адамдын күнөөлөрүн көтөрүп алуу – күнөө ордуна берилген мал, акча,

ДООТАЙ –

(Калдай, баңбаң, доотайга
Кайрат айтып, чоң болуп – 27162)

– (кыт. доо – округ, аймак; тай – урматтуу, ардактуу) – округдун ардактуусу, башчысы, башкаруучусу – аймактын губернатору.

ДӨӨ –

(Күн батышта Кызыл дөө – 495)

– (ир. дев – кара күчтөр ээси). 1. Алп денелүү, зор кара күчкө ээ, кээде жалгыз көздүү адам түспөлүндөгү жандык. Кээде учат делет. 2. Жалаң дөөлөрдөн турган эл (мисалы, кызыл дөө).

ДӨӨЛӨТ КУШУ –

(Дөөлөт кушу башында – 27860)

– (ар.) 1. Мамлекет. 2. Байлык, сыймык, бакыт. 3. Өтмө маанидe: дөөлөттүү, сыймыктуу (бакыт апкеле турган куш башына конгон).

ДӨӨТ –

(Калем, дөөт жылтылдап – 18316)

– (ар.) Сыя челек.

ДУБАНА (думана) –

(Дубана бар, эшен бар – 2057)

– (ир. дийвана). 1. Келесоо, акылы кем, акылдан ажыраган. 2. Өтмө мааниде: тилемчи, кайырчы, суранып оокат кылган адам. Кээде дүнүйөдөн кечкен, аскет.

ДУҢЧУ –

(Дуңчулардын баарысы – 18410)

– (кыт. туң – билдирүү) – 1. Тилмеч, котормочу. 2. Өтмө мааниде: билерман, акылман, көптү билген, кыраакы.

ДУУ-ДУ –

(Чаңгели аттуу дуу-дусу – 27357)

– (кыт. ду-ду) – административдик жогорку мансаптардын бири.

ДҮКӨН КУРУУ –

(Аш кудайы берүүгө
Ойлонуп дүкөн курганы – 3429–3430)

– (ар.) 1. Соода үйү, аны-муну сата турган жай, үй. 2. Ишкана, мастерской. 3. Өтмө мааниде: аңгеме, маек.

ДҮРДҮН –

(Соолан да бар, дүрдүн бар – 3294)

– (кыт. чоң – жибек; дули – жылтырак) – жибек кездеменин бир түрү.

ДҮРҮЙӨ –

(Буулум, бута, дүрүйө – 697)

– (ир. до – эки; рун – өң, түс, бет) – эки беттүү – эки жагы тең өң кылып согулган жибек кездеме – баалуу жибек кездеменин түрү.

ЖААН –

(Жаандан, баатыр, көчкөнү – 1875)

– (ир. жаһан) – аалам, бүткүл дүйнө жүзү.

ЖАБИЙИНИН ЖЫГЫ –

(Жабинийин жагы – деп – 5688)

– (кыт. жаван) 1. Сандык, шкаф. 2. Өтмө мааниде: көздүн чуңкуру.

ЖАБУУ –

(Жабуу, жабуу, жабуу – деп – 6683)

– (монг. жабы – кел, жүр!) Кел! Жүр! Бол! Калмактардын согуштук урааны.

ЖАБЫРБАЯН –

(Жабырбаян бир жандар – 818)

– (ир. жаен – каардуу, сүрдүү; бабр – жолборс) Жомоктук, мифтик айбан. Эпос боюнча азуулуу жырткыч айбандардын эң күчтүүсү жана коркунучтуусу.

ЖАГЫНА –

(Жагынага кой союп – 2689)

– (ир.) 1. Бир нече күнгө – узак убакка милдеттүү конок болуучу адамдарга күндүз берилүүчү тамак. 2. Күндүзгү жеңил тамак.

ЖАЖУЧ-МАЖУЧ (жажуж, мажуж) –

– (ар.) Искендер Кан тоосунун ары жагына камап салган зыяндуу, коркунучтуу мифтик эл.

ЖАЗАЙЫЛ –

(Жазайыл мылтык тобундай – 3147)

– (ар. ал – жазаир – арал) 1. Алжир мамлекетинин арабча аталышы. 2. Алжирде жасалган мылтык. 3. Төөгө жүктөп жүрүп пайдаланууга ылайыкталган кичирээк замбирек – төө мылтык. 4. Өтмө мааниде: кайгы-капа, күнөө; азап, бүлгүн, айып.

ЖАЙСАҢ –

(Алтымыш жайсаң көтөрүп – 5302)

– (кыт. цзай-сян) 1. Топ, уруу, аскер башчысы – орто даражадагы мансаптардын бири. 2. Кээде жигит, жасоол.

ЖАЙ ТАШ –

(Сууга жай таш салганы – 6977)

Күн жаадыруу өнөрүндө пайдаланылуучу өзгөчө таш – кара койдун ичинен чыгат делет.

ЖАКУТ –

(Лагыл, жакут, мариат – 291)

– (ар. якут). Асыл таш.

ЖАЛГАН ДҮЙНӨ –

(Жалган дүйнө жүзүнө – 416)

Азыркы адамдар жашап жаткан убактылуу дүйнө.

ЖАЛПООЧ –

(Аргымагын жалпоочтоп – 33765)

Атты коолдолгон жабуу жаап, кооздоо. Ээр токулбаган аттын кооздуктары. Жалпоочтоо – атты кооздоо – жабуу жаап ж.б. кооздуктарды тагуу.

ЖАМБЫ –

(Кызыл дилде, ак жамбым – 728)

– (кыт. юаньбао – юань – уюткан; бао – асыл, кымбат баалуу) Койдун, жылкынын ж.б. малдардын туягынын формасындагы уютулган күмүш, алтын – ири өлчөмдөгү акча бирдиги.

ЖАНАЗА –

(Жаназасын окутуп – 2708)

– (ар. жэнэза – өлүк, сөөк, жесет) – көргө коюларда өлүккө окулуучу намаз – дуба.

ЖАННАТ –

(Ал жаннатка барганы – 15117)

– (ар. жэннэт – бак). Бейиш.

ЖАНУП –

(Күн батыш тарап жануптур – 28001)

– (ар. жэнуб). Түштүк, түштүк тарап.

ЖАНЧТОО –

(Жеткенин жерге жанчтадым – 26108)

Жанч – сай, жанчтоо – союу. Ыр сабындагы маани – сайып жерге жыктым.

ЖАҢ-ЖУҢ –

(Алты жаң-жуң ээрчитип – 5790)

www.bizdin.kg



– (кыт. цзянцзюнь – цзян – команда беруучу; цзюнь – аскер, кол) – кытай аскерлеринин жогорку мансаптарынын бири – генерал.

ЖАПАР –

(Колдосун жапар Алда – деп – 13029)

– (ар. жаббар – кудуреттүү, өзгөчө күчтүү) Алданын 99 сыпаттама негизги ысымдарынын бири – баарынан күчтүү, баары колунан келген (Алда) маанисин туюнтат.

ЖАСОО –

(Жасоого минсе кырк күнү – 23475).

1. Жүрүш. 2. Аскер кол.

ЖАШЫЛ –

(Жашылдуу күндөй күркүрөп – 28372)

Чагылган.

ЖЕБЕЛӨӨ –

(Жакшы жылкы болот – деп,
Жебелеген сандан кап – 2232–2233)

1. Атты сылап-сыйпап, бапестеп кароо, жакшылап багуу. 2. Конок күтүүдө көп эл чогулган жерде ирээти менен тамак берүү, табак тартуу.

ЖЕБИЛГЕ –

(Жебилгеси жер чийип – 3816)

Кооздолгон ат жабуунун, же төөнүн жабуусунун чачылары менен салаңдатылган түймөлөрү.

ЖЕБИРЕЙИЛ –

(Жебирейил актан жеткирген – 4377)

– (ар. жабрайл – кабарчы) – кабарчы. Алданын сөзүн, буйругун жеткирүүчү кабарчысы – Алдага жакын төрт периштенин бири.

ЖЕЗ –

(Жыпар күңкүп, жез бурап – 18769)

Кийимге бекитилген кооздуктар (жакасы алтын, жеңи жез).

ЖЕЗИТ –

(Жезиттигиң койбойсуң – 3987)

– (ар.) 1. Иезид аттуу адам Кербаланын чөлүндө Хусейинди (Мухамбеттин жээни, Аалынын уулу) кыйнап өлтүргөн. 2. Өтмө мааниде: шерменде, бетпак, митаам.

ЖЕЗНАЙ –

(Жезнай тартып такылдап – 2121)

Үйлөмө музыкалык аспап.

ЖЕЗТУМШУК –

(Жезтумшук жүрөт желбиреп
Жаңы келген келиндей –...)

Жомоктук, мифтик жандык. Жаш аял түрүндө, тумшугу жез делип сүрөттөлөт.

ЖЕКЕ –

(Коңгуроолуу көк жеке – 19280)

www.bizdin.kg



1. Баатырлардын жазы, кайыш куру. Жекеге чакыруунун, же жеке беттешүүгө даяр экендигин билдирүүчү белги. 2. Баатырлардын жекеме-жекеге беттешүүсү. 3. Баатырлар кийүүчү кооздолгон өтүк.

ЖЕКЕНДОС (жекейдос) –
(Жекендостун үстүндө – 16133)
– (ир.) – отурган, же жаткан жерге төшөлүүчү шырыган төшөк – көрпөчө.

ЖЕКЕСАН –
(Жекесан үнү баш жарып – 3817)
1. Кербендер төөнүн мойнуна тагуучу коңгуроо. 2. Баатырлардын кооздолгон, ок өтпөс өтүгү.

ЖЕЛДЕТ –
(Он эки желдет бош коштоп – 5323)
– (ар. желлад). 1. Баш кесер, баш алуучу (өлүм жазасын аткаруучу кызматкер). 2. Жан жигит, сакчы. 3. Жигит, жасоол, кызматкер. 4.Өтмө мааниде: залим, катаал.

ЖЕЛМАЯН –
(Желмаянды чөгөрүп – 5696)
– (түрк. маян – төө). 1. Күлүк төө, желдей учкан төө. 2. Инген төө.

ЖЕЛПИНИШ –
(Желпиништен жай алган – 443)
1. Жердин чети. 2. Ыраак, белгисиз, коркунучтуу жер.

ЖЕСЕТ (жасат) –
(Жесети жерге түшүптүр – 35792)
– (ар.) Дене, тулку бой, сөөк, өлүк.

ЖЕТИГЕН ЖАК –
(Жетиген жакка кетеби – 3668)
Жетиген жылдызы жак – түндүк, түндүк тарап.

ЖИН –
(Жин менен бар алаткак – 455)
– (ар. жин – көрүнбөөчү) – көзгө көрүнбөй жүрүү, кубулуу, учуп жүрүү ж.б. жөндөмдөргө ээ, акыл-эстүү жандык.

ЖОЛУМ ҮЙ –
(Токсон баштуу жолум үй – 29700)
Кичирейтилген боз үй – жоокерлер жортуул учурунда, же малчылар пайдаланууга ылайыкташтырылган чакан боз үй.

ЖОРО –
(Кара жоро тургандан – 27950)
1. Жолдош, курбу, теңтуш. 2. Кызматкер. 3. Жакшы санаалаш жакын адамы. 4. Ымалалаш адамдардын уюшуп ичкен тамагы.

ЖООРУН –
(Жооруну жазы, таш жүрөк – 2443)
1. Далы. 2. Далынын сөөгү. 3. Жалпы эле арка тарап, жон.

ЖӨКӨР –
(Кыраан эрдин жөкөрү – 7905)

– (монг. нөкөр – кызматкер) 1. Кызмат адамынын, баатырдын жакын жардамчысы, кызматкери. 2. Жолдошу, ынак адамы, досу, жакыны. 3. Кандын аялынын, кызынын бирге жүргөн, кызматын кылган жакын кыздары, жаш келиндер. 4. Өтмө мааниде: кошоматчы, жазакер.

ЖУДА –

(Сонундардан жуда бар – 294)

– (ир.) 1. Баары, бүт, такыр. 2. Эң, абыдан, өтө.

ЖҮЗҮК (жүздүк) –

(Жүзүктөй жүздү сойдуруп – 5805)

1. Шакек. 2. Өтмө мааниде: мыкты, жараган, сапаттуу, келишимдүү, семиз.

ЖҮЗДҮК –

(Жүздүктөй жүз бир мал болду – 10404)

Мыкты, жараган.

ЖЫГА –

(Алтындуу жыга бөркү бар – 27784)

1. Эн, тамга. 2. Кандык белги – таажы, же баш кийимге сайылуучу, тагылуучу асыл таш, канат, үкү. 3. Кыздардын коолдолгон баш кийими. 4. Куштун чокусундагы таажысы.

ЖЫГЫ –

(Жыгы, жыгы – деп, – 26553)

– (кыт.) 1. Согуштук ураан. 2. Буйрук – кел, бол, бат.

ЖЫДЫМАК –

(Жыдымак сызык арасы – 6338)

1. Ордо оюнундагы канды жаткыра турган жай. 2. Ордо оюнундагы тегерете сызылган чийин.

ЖЫСЫМ –

(Жергебиз калмак болгон соң,
Жысымына көнүшүп – 24998–24999)

1. Үрп-адат. 2. Өтмө мааниде: ыңгай, шарт.

ЗААДА –

(Кан заадабыз ушу эле – 1515)

– (ир.) Бала, тукум.

ЗААР –

(Заар менен сугарган – 11031)

– (ир.) 1. Уу, ууландыра турган зат. 2. Өтмө мааниде: ачуу, каар.

ЗАБАР –

(Забарың менен зериңдин – 3330)

– (ир.) 1. Асыл таш, асыл таштын түрү. 2. Кымбат баалуу коолдуктар, өзгөчө баалуу мүлк.

ЗАДИ –

(Самаган жерди көрбөсөм
Зади кетпес арманым – 25563–25564)

– (ир.) 1. Тек, түп. 2. Өтмө мааниде: акыры, түбү.

ЗАМЗАМ –

(Замзам менен жуудуруп – 405)

– (ар.) 1. Мекедеги ыйык кудук, булактын аталышы. 2. Ошол кудуктун суусу.

ЗАҢГАР –

(Убарачаркөө заңгар бар – 3339)

– (ир. зен – катын; гер – бузук) 1. Катыны бузук – кемсинтип тилдөө максатында айтылуучу сөз. 2. Өтмө мааниде: ант ургур, шүмшүк, кебетеси бузук. 3. Кээде өлөрүн билбес, коркпос маанилеринде да айтылат.

(«Санга тийген заңгар бар» – 15145)

ЗАРДАЛ (сардал) –

(Баштап Манас зардалды – 25242)

– (ир. зардал) 1. Алп, күчтүү, балбан. 2. Өтмө мааниде: мыкты, билерман, бийлөөчү.

ЗАРУРАТ –

(Дүнүйөдө зарурат
Лагыл, көөкар, жакут таш – 38184–38185)

– (ар.) Зарыл, керек, кымбат баалуу.

ЗЕКЕТ (секет) –

(Алым зекет салгансып – 26368)

– (ар.) 1. Малдан, мүлктөн кырктан бирин бечара-карыптарга берүүчү садага. 2. Салык.

ЗЕРИ ЗАБАР –

(Зери сабар бу да бар – 298)

– (ир. зер – алтын) 1. Алтын, асыл буюмдар. 2. Кымбат баалуу коолдуктар, мүлктөр.

ЗУБУН –

(Зубунун жуда бийлеген – 42244)

– (калм.) Топ, уруу, бөлүк.

ЗУЛЖАЛАЛ –

(Зулжалалдан бир амир – 3691)

– (ар. зу-л-жалал – улуулуктун ээси) Алданын сыпаттама аталыштарынын бири – теңдешсиз улуу, эң улуу маанилерин туюнтат.

ЗУМУРУТ (зумурат) –

(Зумуруттан токсон бар – 289)

– (ар. зоморoд) – баалуу асыл таштардын бири.

ЗУҢ –

(Кытай зуңу Коң төрө – 33551)

– (кыт. цзун – башкы, башчы) – башкаруучу, бийлөөчү.

ЗЫМЫРЫК –

(Бир жылдык жолго бир күнү
Учкан экен зымырык – 8631)

Жомоктук, мифтик чоң канаттуу. Кээде алп кара куш делип да атала берет.

ИБАДАТ –

(Шашпай кылып ибадат – 27303)

– (ар. ибадат – сыйынуу, табынуу) Алдага сыйынуу.

ИБАРАТ –

(Ибарат алгын ага-ини – 36067)

– (ар. ибрет – нуска, жакшы – мисал, үлгү) – тарбия-таалим, үлгү.

ИЛАЯ ШҮГҮР –

(Илая шүгүр, шүк – деймин – 21138)

– (ар. эллахи – кудаага; шукир – алкыш) – кудайга ыраазы, Алдага алкыш кылуу, айтуу.

ИЛЕГЕР –

(Илегерлер ичинде – 31952)

– (ар.–ир. – хиле гер – иш) 1. Айла-амалдуу, куу, кытмыр, арамзаа. 2. Өтмө маанидe: дарыгер, табып, оорунун, жаракаттын сырын, амалын билген адам.

ИМАМ (ымам ) –

(Айкожо арап ымамы – 4382)

– (ар.) 1. Мусулмандардын (шийиттерде) диний башчысы. 2. Мечитте намаз окууда жетекчилик кылуучу адам.

ИНЖИ (инжу) –

(Инжи, маржан шурумду – 688)

– (кыт. – инпин) Баалуу асыл таштардын бири. Эпосто көбүнчө баалуу ак бермет – акак катары түшүнүлөт.

ИНЖИР –

(Инжирден таяк алдырып – 2540)

– (ир.) 1. Жемиш жыгачынын бир түрү. Жемишинин дарылык касиети бар. 2. Ошол инжир жыгачынын бутагынан жасалган таяк. Андай таяк касиеттүү эсептелип, жогору бааланат.

ИСЛАМ –

(Аз заманда биз кирдик
Исламдын динине – 1995–1996)

– (ар. эслам – кудайга берилүү, моюн сунуу) мусулмандар тутунган дин.

КАПЫР –

(Капыр менен мусулман – 345)

– (ар. кафыр) 1. Динсиз, мусулман эмес. 2. Өтмө маанидe: митаам, абийирсиз, нысапсыз ж.б. жалпы эле терс кыял-жорук, тетири иштер иштеген адамга карата айтыла берет.

КАБЫРГАДАН КАГЫНУУ –

(Кабыргадан кагынып – 208)

Оорунун аталышы – өпкөсүнө суук тийүү.

КАДЕК –

(Ак кадек менен ороткон – 1466)

– (ир.) Кездеменин түрү – ак болотнай.

КАДЫР –

(Кадыр Алда кудаанын – 1279)

– (ар. ал – Кадыр – күчтүү, кудуреттүү, баарысы колунан келген) Алданын негизги сыпаттама аттарынын бири. Күчтүү, кубаттуу, кудуреттүү маанилерин туюнтат.

КАЗА (казаа) –

(Каза жетсе өлөлүк – 9402)

– (ар.) 1. Өтүү, өлүү. 2. Окулбай калган намаз. 3. Жибек кездеменин бир түрү (Каз элечек оронуп).

КАЗАНАТ –

(Кара байыр казанат – 4117)

– (ир. хал – үй, зад – бала) 1. Колдо туулган ат; колдо асыралган ат – сырдана, жакшы билген өз жылкы маанисинде. 2. Чыдамкай, күлүк ат. 3. Өтмө мааниде: кең пейил, айкөл.

КАЗАТ (касат) –

(Казатка алыс жол жүрсө – 7974)

– (ар. газва – кол салуу, чабуул) 1. Дин үчүн согуш. 2. Чабуул, жортуул. 3. Согуш.

КАЗЫ –

(Өлтүрүп казы кетиңер – 42941)

– (ир. кадий, казий). 1. Шарияттын негизинде сурак жүргүзүп, өкүм чыгаруучу адам. 2. Дин үчүн согушка катышкан адам. 3. Казаттагы эрдик иштери үчүн берилүүчү наам.

КАЗЫНА –

(Казыналап койдуруп – 366)

– (ар. хазина) 1. Кымбат баалуу мүлк, байлык – асыл, кымбат заттар. 2. Кымбат баалуу зат, мүлк сактоочу жай. 3. Көмүлүп катылган асыл мүлктөр. 4. Өлгөн адамдын сөөгү – өлүк коюлуучу жай – төрт бурч түрүндө казылган терең ордун түбүнүн бир жагын – көбүнчө батыш-кыбыла тарабын көөлөп оюп, өлүктү узунунан жаткырууга ылайыктал-ган жай.

КАЙГЫЛ –

(Кайгылчуу эрдин канаты – 10318)

Чалгын, көзөмөлдөө, душманды тосоттоо, байкоо.

КАЙСАР –

(Кайсарды жакшы кылдың – деп – 26755)

Ала көөдөк, аңкүдүк, аңды-дөңдү карабаган, алабарман.

КАЙЫП –

(Кайып болуп калыптыр – 2162)

1. Жапайы жаныбарлардын жалпы аталышы. 2. Жапайы жаныбарлардын ээси – колдоочусу. 3. Көзгө көрүнбөй жүрүү касиетине ээ оң маанидеги кереметтүү күчтөр.

КАКАЙ –

(Какайдан канча сойсун – деп – 12674)

– (монг. гахай) – доңуз, чочко.

КАКЧЕКЕ –

(Какчеке болгон тайлардан – 1738)

1. Жылкы оорусунун түрү – жүдөгөн, арык, ооруган маанисинде.

КАЛ –

(Казылган кал ороодой – 8296)

Төрт бурч кылып казылган чоң ороо.

КАЛБА (калаба) –

(Не калба чыгып калды – деп,– 15899)

Чыр, жаңжал, чатак, уруш.

КАЛДАЙ –

(Биздин калдайды кудай уруптур – 6030)

Кытай, калмактардын жогорку мансаптарынын бири.

КАЛЧА –

(Токсон алты калча бар – 2387)

1. Тоолук адам. 2. Сүрдүү. 3. Жигит, сакчы.

КАМКА –

(Катынга камка кийгизип – 3783)

– (ир. кэмка). 1. Алтын, күмүш жип аралаштырылып согулган баалуу жибек кездеме. 2. Ошол кездемеден тигилген сырт кийим.

КАМЫР –

(Ак байгамбар камырын – 40609)

– (ар). Көр, өлүк коюла турган жай – өлүк коюлган, өлүк көмүлгөн жай.

КАН –

(Канзаадабыз ушу эле – 1515)

– (кыт. какан). Эң жогорку мансаптардын бири – уруунун, элдин башкаруучусу.

КАНАТ –

(Он эки канат ордо үйдөй – 28222)

Боз үйдүн керегесинин бөлүктөрү.

КАНДАГАЙ –

(Кандагай таап берчи – деп, – 9024)

– (монг. хандагай – багыш) 1. Тоо текенин, багыштын – бугунун терисинен ийленип, тигилген шым. 2. Согуштук ат жабуу. 3. Жоо кийимдин бир түрү – ич кийимдин сыртынан кийилүүчү чыптама түрүндөгү соот – чарайна.

КАНДАЛЧЫ (кандалча) –

(Кандалчынын кабындай – 3812)

Кылычтын түрү – уч жагы жазы, ортосу кайкы кылыч.

КАНДЫК ТУУ –

(Кандык туусун аштагын – 1988)

Өлкөнүн, мамлекеттин негизги туусу – кандык белгини туюнтуучу туу.

КАНКОР (каңкор) –

(Бу бадирек канкордун – 15280)

– (ир. кункор) 1. Өкүмдар, мамлекет башчысы. 2. Айкөл, баатыр. 3. Кан ичкич – кыйраткыч баатыр, кан төккөн баатыр, канга тойбос баатыр. 4. Жалтанбас, сүрдүү баатыр – дегенди туюнткан ардактуу наам – титул.

КАНОО –

(Канкорду канап бермексиз – 13839)

1. Багынтуу, байлап-матоо, корголотуу, чаап алуу, тоноо. 2. Кысымга алуу, коркутуу.

КАП –

(Жазийра, Кап турагы – 1175)

1. Мифтик өткөөлсүз бийик тоо. 2. Мийтик жерди курчап турган тоо. 3. Өтмө мааниде: алыс, белгисиз, коркунучтуу жай – тоо.

КАР –

(Капырдан чыккан кар экен – 10349)

– (ир. хер – эшек). 1. Эшек. 2. Жек көрүндү, эч нерсеге жараксыз, жаман. 3. Өтмө мааниде: жапа чегүү, кем болуу, азап тартуу.

КАРА –

(Орчун кара кол болуп – 31426)

Чоң, күчтүү, көп.

КАРА АШ –

(Кара ашын токсон сойдуруп – 730)

Өлүктү жерге койгон күнкү чогулган элге берилген тамак-аш. Кара аш анча чоң эмес, шаан-шөкөтсүз өткөрүлгөн аш.

КАРА БАЙЫР –

(Кара байыр казанат – 4117)

Кыргыздар өздөрү өстүргөн жылкынын таза тукуму – жылпынын түрү. Кара – мал, чоң мал, байыр – үйүр, жакын, сырдана. Ханезад – фарсыча – үйдө туулган – кара байыр казанат – аргымак менен кыргыз жылкысынын ортосунан кыргыздар өздөрү чыгарып, өстүргөн жылкы.

КАРА БАРПЫ –

(Кара барпы дарысы – 17734)

Дарынын түрү.

КАРА БАСУУ –

(Толготпой кара басканга – 24240)

Боюнда бар аялдын төрөт учурундагы оорусунун аталышы – төрөп жатып эси оогон аялды кара басты, же албарсты басты – деп, эсептеп, андан кутулуу, айыгуу үчүн ырым-жырымдар жасалган.

КАРА ДУБА –

(Калмакча кара дуба жат окуп – 29599)

Сыйкырлуу, күчтүү дубалардын биринин аталышы. Эпос боюнча көбүнчө күн жайлоо өнөрүндө колдонулат делет.

КАРА КИЙҮҮ –

(Кара кийип олтуруп – 903)

1. Адам өлгөндө аза күтүү. 2. Эри өлгөн аял – кара кийген катын маанисинде. 3. Өтмө мааниде: мүшкүл, оор кайгы, оор абалга, кыйын күнгө туш болуу.

КАРК –

(Карк алтын, кара малымды – 353)

– (ар.) 1. Жалаң, өңчөй, кошулмасы жок. 2. Жетилген, толгон. 3. Өтмө мааниде: жыргоо, толуп ташуу, жыргалга батуу.

КАРМАТУУ (сөөктү, өлгөн адамды) –

(Сай төрөгө карматып – 403)

Өлгөн адамды коёр алдында салтка ылайык жууп-тазалоо жосунуна ылайык милдеттерди аткаруучу адамдар.

КАРСАК –

(Карсактын изин жаңылбас – 2475)

1. Түлкү, суусар, ач күзөн ж.б. сыяктуу айбандардын жалпы аталышы. 2. Кара түлкү – калтар.

КАРЧЫГА –

(Карчыга кара куш эле – 1514)

Алгыр, жырткыч куштардын түрүнүн бири.

КАРЫ –

(Ак куранды жатка айткан
Эче түрдүү кары бар – 14815–14816)

– (ар.) 1. Окуучу (китепти, куранды), окуп берүүчү. 2. Куранды жатка билген адам.

КАРЫП –

(Бечара карып тилендик – 19477)

– (ар.) 1. Тентимиш, эли-журтунан ажыраган. 2. Байкуш, кедей, бечара.

КАРЫПЧЫ –

(Карыпчысын байланып – 6194)

Жоо кийиминин түрү – жең кап. Колду – карыны жоо куралынан сактоо үчүн пайдаланылган соот.

КАС (каса) –

(Кас буудандын баарысын – 14379)

– (ар.) Өзгөчө, чыныгы, мыкты, башкача.

КАСИДА (касийде) –

(Касидадан кат окуп – 6970)

– (ар.) Жин оорусуна каршы окула турган күчтүү дубанын аталышы.

КАТАЛГА МҮРЗӨ ОЙДУРУУ –

(Катаалга мүрзө ойдуруп – 734)

Ачуусу чукул, мүнөзү катуу, сараң кишиге мүрзө каздырса, жерден таш чыкпай, топурак жумшак болот деген элдик ишеним.

КАТЕП –

(Туулганын катебин – 11395)

1. Кооздук үчүн пайдаланылуучу жиптен, жибектен, түрдүү металлдардан жасалуучу тоголок шарча. 2. Туулганын төбөсүнө, маңдайына, калкандын бетине бекитилген жумуру шарча.

КАТТАМ –

(Каттам кылам өзүңдү – 22867)

1. Өлүү, өлүм болуу. 2. Кыйроо, бүтүү, талкалануу.

КАТЫН АЮУ –

*(Катын аюу, алаткак – 17636)*

*Мифтик, жөө жомоктук жандык. Эпосто* бою*н жаап,* чүмкөнүп жүрөт, аны саамайынан гана таанып билүүгө болот делет.

КАШКА –

(Шыпты кашка Дөрбөнү – 2487)

1. Башкаруучу, билерман башчы, акылман, баатыр. 2. Өтмө мааниде: тайманбас, бетке айткан, улуу-кичүүдөн ийменбеген аял.

КЕДИК –

(Кедик койдун тармал жүн – 19011)

Уяң жүндүү кичине кой – койдун түрү.

КЕЗ –

(Кырк кез темир сандыгым – 725)

– (ир.) Узундук өлчөмү. Төш жары, же 105 сантиметрге барабар.

КЕЛЕ –

(Келеден сексен байласын – 37319)

– (ир.) Уй, сыйыр.

КЕЛЕ МОЛДО –

(Түшүрсүн келе молдо – деп,– 2958)

– (ар. келам уллох: келам – сөз; аллах – жаратуучу) Куран – Алланын сөзү.

КЕЛМЕ –

(Келмеси кулак тундуруп – 5272)

– (ар. кэлемэ – сөз, сөз айтуу) – ислам дининин негизги маңызын туюнткан маанилүү атайын формула – Лаилаха иллаллохи, ва мухаммадин расулу Аллахи – Алдадан башка Алла жок, Мухамбет Алданын элчиси. Келме айтуу мусулман болуунун, ислам динин кабыл алуунун негизги белгиси.

КЕЛМЕ ШААДАТ –

(Келме шаадат айтышып – 39184)

– (ар.) 1. Мусулман экенин күбөлөө – далилдөө. Бул үчүн жария, үн чыгара келме келтирүү. 2. Кандайдыр фактыга далил берүү үчүн күбөлөндүрүүчү көрсөтмө.

КЕМЕР –

(Алтын кемер чалынып – 7998)

– (ир. кэмэр) 1. Жоо кийиминин бир түрү – баатырлар курчана турган жазы кур. 2. Алтын, күмүш, асыл таштар менен кооздолгон жазы кур.

КЕНИЗЕК –

(Кырк кенизек жүгүрүп – 18832)

– (ир.) 1. Малай кыз. 2. Күң абалындагы эрксиз кыз, кыздар.

КЕНСҮ –

(Багып турган кенсү бар – 30446)

– (ир.) Малай, сакчы, жигит, күзөтчү. Кенизек ургаачы болсо, кенсү эркек, экөө маанилеш сөздөр.

КЕНТ –

(Кент коңгуроо кагылды – 26089)

1. Шаар, кыштак, эл отурукташкан жай. 2. Үй, там, сепил. 3. Чоң коңгуроо орнотулган мунара – атайын жай.

КЕПЕРЕТ –

(Кеперетин чыгарып – 2704)

– (ар.) 1. Өтөсүн чыгаруу, төлөп берүү – орозо кармабай калган адам ар бир күн үчүн акы берүү. 2. Өтмө мааниде: азабын тартуу, кыйноосун көрүү.

КЕПИН –

(Абу замзам суусунан
Кепиниме септирип – 770–771)

– (ар.) Өлүктү жерге коёрдо оролгон таза чүпүрөк (көбүнчө ак кездеме) – өлүктүн кийими.

КЕРБЭЭЛ –

(Кербээл тартып каласың – 23915)

Кыйык, өжөр. Кербээл тартуу – кыйыктануу, тил албай тескериленүү.

КЕРЕГАР –

(Керегар ишин иштейин, төрөм – 20207)

Артка кеткен иш, болбос жумуш, кетенчиктөө, тескериленүү.

КЕРИК –

(Керикке кошун арткандай – 4972)

– (ир. карк) Тумшугунда мүйүзү бар, териси калың, күчтүү, зор жаныбар.

КЕРИМ –

(Адамга түрдүү керим бар – 9419)

– (ар.) 1. Алданын кеңири колдонулуучу негизги сыпаттама аталыштарынын бири – мээримдүү, боорукер Алда маанилерин туюнтат. 2. Мээримдүүлүк, боорукерлик.

КЕРНЕЙ –

(Керней үнү бапылдап – 2420)

– (ир. кэр – сап; най – түтүк – саптуу түтүк) – жоон жана күчтүү үн чыгуучу учу жоон келип, түп жагы ичке узун, түз түтүк – үйлөмө музыкалык аспаптардын бир түрү.

КЕРЭЭЗ –

(Айттырбай керээз сөзүңдү – 1485)

Адамдын өлөр алдында артында калган жакындарына калтырган акыл-насаат, кеңеш сөздөрү.

КЕСЕНДИ (кесенде) –

(Кесендисин кыйратып – 17605)

– (ир. гэзендэ – чагуучу, тиштөөчү) – чага турган жан-жаныбарлардын жалпы аталышы.

КЕТЕ –

(Келинге кете кийгизип – 356)

Баалуу жибек кездеменин түрү. Ошол кездемеден тигилген кийим.

КЕТЕЛИК –

(Кетелик деген бири бар – 824)

Жомоктук, мифтик жандыктардын бири.

КЕШТЕ –

(Кештелүү кыпчак журтунун – 3178)

– (ир. кэште – сайма, тур). Кооздук үчүн түшүрүлгөн түр, сайма.

КИЕ –

(Кай бир кие карасаң – 4014)

– (ир. гийар) 1. Чөп, көк чөп. 2. Жалпы эле жерден өсүп чыккан өсүмдүктөр.

КИСЕ –

(Шалдыркан кисе, бото кур – 3655).

1. Курга тагылып коюлуучу кооздолгон кайыш баштыкча. 2. Кайыш кур – бычактын кыны, кайыш баштыкча ж.б. тагылган кур.

КИШ –

(Катыны кийген кара киш – 3441).

1. Териси баалуу, кара күрөң түстөгү, мышыкка түспөлдөш жаныбар. 2. Өтмө мааниде: кылдары ичке, жумшак, келишимдүү мурут.

КИШИ КИЙИК –

(Киши кийик, төө кийик – 17634)

Жомоктук, мифтик жаныбар. Кээде жапайы адам маанисинде да айтыла берет.

КОДҮК (кодик) –

(Күдүктөрү акырып – 17022)

– (ир.) Кулandын кулуну.

КОЖО –

(Кожосанга кол берген – 14034)

– (ир. хаджe – ээ, башчы) 1. Мукамбеттин, алгачкы халибдердин тукумдары. 2. Дин башчыларына берилүүчү наам. 3. Өтмө мааниде: касиеттүү, акылман, жөн билги адам.

КОЙЧАГЫР –

(Койчагыр үнү жаңырып – 6670)

Милтелүү мылтыктын түрлөрүнүн бири.

КОЛОК –

(Жаа тарткан колокко – 36927)

Жебе, саадактын огу.

КОМУЗ ТИЛИ ШАЙЫ –

(Комуз тили шайы бар – 3289)

Жибек кездеменин түрү.

КООМА –

(Мен салам айттым коома – деп, – 25725)

– (кыт.) кома) – саламатсызбы, жакшысызбы – кытайча учурашуу, саламдашуу расминде айтылуучу сөз.

КОР БАШЫ –

(Корбашынын баарына – 15902)

1. Корду – баалуу мүлктү башкарган адам – курал-жарак сакталган жайды башкарган адам. 2. Куралдуу топтун башчысы – бир аймактын ички тынчтыгын көзөмөлдөгөн кызмат адамдарынын (полициянын, милициянын) башчысы. 3. Өтмө мааниде: басмачылардын башчысы.

КОРОСОН –

(Коросон оттук чактырып – 390)

1. Оттук таш, куу сакталуучу кайыш баштык. 2. Өтө курч, абдан өткүр. 3. Күчтүү. 4. Өтмө мааниде: чечек оорусунун ээси.

КОШ –

(Кошуңа жатып алсаңчы – 5959)

1. Убактылуу жашоо үчүн ылайыкталган кичине боз үй, жеңилдетилген боз үй. 2. Жүрүш-жортуул учурунда, жалпы эле үйдөн-айылдан тыш жерде жүргөндө адамдардын өз ынтымагына жараша бөлүнгөн анча чоң эмес тобу.

КОШ АТ –

(Кош атын алып колуна – 33077)

1. Кош – өзүнчө топтун буюм-тайым, эмерегин жүктөө үчүн дайындалган ат. 2. Коштоп жүрүүчү ат, жетек ат – жоокердин жардамчы, запастагы аты.

КӨЙ –

(Аңдап турган көй төрө – 3175)

– (ир. гуй – мыкты, чыгаан) 1. Мыкты, чыгаан, тандалган, ылганган. 2. Өңчөй, жалаң, абдан. 3. Жалпы.

КӨЙКАП –

(Көйкап тоонун кериден – 454)

– (ир.– кух – тоо; каф – «к» тамгасынын аталышы – жарым чарага окшош белги). 1. Миф боюнча бутун дүйнөнү курчап турган бийик тоо. 2. Бийик тоо, же аска менен курчалган жай. 3. Өтмө мааниде: туңгуюк же жердин түбү, чети.

КӨК ЖЕКЕ –

(Ордо шайы, көк жеке – 2668)

Баатырлар кийүүчү кооздолгон өтүк, өңүнө карата көк жеке делет.

КӨКӨ –

(Көкө теңир колдо – деп, – 8352)

– (монг. кэкэ – асман) Көк – көк кудай, же кээде көкө теңир түрүндө – көктүн кудайы, көктөгү кудай маанилерин туюнтат.

КӨЛҮК –

(Көтөрбөй көлүк ийилген – 42163)

1. Жүк жүктөлүүчү жылкы. 2. Мингич.

КӨН –

(Булгаарысын кеп кылып – 4295)

Уйдун терисинен ийлеп жасалган булгаары.

КӨӨКАР (көөр, кавкар, көөхар) –

(Көөкар таштан миңи бар – 288)

– (ир. гоуһар). Өзгөчө баалуу асыл таштардын бири. Караңгыда нур чыгарып, жарык берип турат делет.

КӨСӨЛ (көзөл) –

(Көсөл кыргыз баласы – 2398)

Азамат, баатыр, шайдоот, мыкты.

КУБААРЫ –

(Адамдан туулган кубаары – 851)

1. Түпкү ата – бир уруунун, элдин түпкү атасы. 2. Өтмө мааниде: эч нерсеге керексиз, жараксыз, өлө жаман.

КУДАА –

(Кадыр Алда кудаанын – 1279)

– (ир. худа) Алда деген сөздүн ирандарда аталышы. Алда, кудай, кудаа маанилеш сөздөр.

КУДАЙЫ –

(Акыры кылган кудайы – 1313).

Алда жолуна, Алда үчүн – соопчулук иш, садага-кайыр, алсыздарга берилүүчү жардам.

КУДУРЕТ –

(Напсини берген кудурет – 834)

– (ар. годрет – күчтүү, бардыгы колунан келген) Алданын кеңири тараган сыпаттама аталыштарынын бири. Алда, кудай маанилеринде колдонула берет.

КУПА –

(Купасы кумган түбүндөй – 29641)

– (ир. гоббе) 1. Курулуш жайлардын кооздолгон, тегерек шар түрүндөгү төбөсү (күмбөздө, мечитте ж.б.). 2. Курал, буюм-терим, жабдык ж.б. бетине кооздук үчүн жабыштырылган жарым шар түрүндөгү жасалга.

КУР –

(Баарысын семиз кур байлап – 773)

Атайын семиртилген, абыдан семиз мал.

Куран –

(Үч ай куран окутуп – 767)

– (ар. ал – Куран – үн чыгарып окуу, жатка айтуу) 1. Ислам дининин негиздери баяндалган мусулмандардын ыйык китеби. 2. Өтмө мааниде: курандын сүрөөлөрүнөн жатка айтып, дуба кылуу.

КУТУ –

(Көк кутуну коюндап – 31660)

– (ир.) 1. Соот, сандыкча, үкөкчө. 2. Ок, дары салынуучу тери баштык. 3. Калмак, кытайлардын сыйынуучу сүрөтү – айкел, тул.

КУТУЛАС –

(Кутулас, булак, били бар – 825)

Эпос боюнча сүт эмүүчү жапайы айбан.

КҮБӨ –

(Ок өтпөс олпок күбөнү – 4223)

– (ар. габа – көлбөөрүгөн кеңири, узун жеңдүү сырт кийим) 1. Кооздолгон, сөөлөткө кийилүүчү сырт кийим. 2. Кооздолгон, ок өтпөс сырт кийим.

КҮБӨК –

(Суусарга койгон күбөктөй – 6002)

– (монг. хавх – кап) – кап түрүндөгү аң. Суусарга коюлуучу таш капкан – терең чуңкур.

КҮЛДҮ –

(Күлдү журтка кылганы
Үлгү болуп калбасын – 432–433)

– (ар.) Бүткүл, бардык бүтүн.

КҮН ЖҮРҮШ ЖАК –

(Күн жүрүш жагын кыдырып – 506)

Түштүк, түштүк тарап.

КҮҢКҮҮ –

(Жыпар күңкүп, жез бурап – 18769)

Жыт, жыттануу, буркурап катуу жыт чыгып туруу.

КҮРӨӨКӨ –

(Ак күрөөкө сооттон
Аркасына бөктөрүп – 5287–5288)

– (байыркы түрк – ургаачы аюу) 1. Аюу, же баалуу аң терилеринен тигилген тон-ичик. 2. Өтмө мааниде: калың тери, булгаарыдан коуздоп тигилген – жасалган жоо кийими.

КҮРСҮ –

(Алтын күрсү көтүндө – 6360)

– (ир. гурз) 1. Согуштук курал – сабы бар, уютулган чоюн. 2. Так, орундук, отурууга ылайыкталган атайын жай. 3. Доолбас, доол (барабан). 4. Бийлик белгиси.

КЫБЫЛА –

(Кыбыла кылып бетимди – 739)

– (ар. гэбла – теке маңдайында турган). 1. Меке шаары, Мекедеги Кааба, Каабанын ичинде турган касиеттүү кара таш тарап. 2. Күн батыш тарап – Меке шаары тарап.

КЫЗЫР (Кыдыр) –

(Кызыр чалган Көкөтөй – 1985)

Адамдарга жакшылык алып келүүчү касиеттүү күчтүн ээси.

КЫЗЫРАК –

(Кызырак тайдан сойбосун – 337)

Үйүргө жаңы кошулган, али тууй элек ургаачы жылкы.

КЫЗЫТАЛАК –

(Кызыталак бул канкор – 14073)

– (ар. талэг – ажырашуу) – кызы талак болгон – күйөөсү менен ажырашкан – кемсинтүү, кордоо максатында айтылган тилдөө сөзү.

КЫЙГАК –

(Кыйгактуу найза, көк түнөк – 7903)

Найзанын болот учу – жыгач найзанын учуна ашталып бекитилген курч учтуу металл бөлүгү.

КЫЛЫМ –

(Кылымга бүтүн чачпасын – 729)

– (ар. иклим) 1. Доор, кылым (жүз жыл). 2. Аалам, дүйнө, жер жүзү. 3. Өтмө мааниде: баары, бүт, эң көп, бүткүл.

КЫЛЫЧ МЕНЕН КЫРДЫРУУ –

(Кылыч менен кырдырып,
Кымыз менен жуудуруп – 399–400)

Кыргыздардын өлүк коюудагы эски салттарынын бири – өлүктүн этин сөөктөн бөлүп, тазалап, анан аны булгаарыга ороп туруп көмүү жосуну.

КЫМКАП –

(Кызылдан кымкап жуда бар – 297)

– (ир.) 1. Алтын, күмүш жиптер кошулуп согулган баалуу кездеменин түрү. 2. Ошол кездемеден тигилген кийим.

КЫРК АШЫ –

(Кылмак болду кырк ашын – 2965)

Өлгөн адам коюлгандан кырк күн өткөндө маркумду эскерип эл чакырып даам, тамак-аш берүү, куран окутуу.

КЫРК ЧИЛТЕН –

(Кырк чилтен колго тутулбас – 822)

– (ир.) Кырк адам. адамдарды колдоочу касиеттүү күч ээлери.

КЫРМЫЗЫ –

(Кырмызы килем жаптырып – 3770)

– (ир.) 1. Кызыл өң, чымкый кызыл. 2. Кызыл жибек, кызыл өңдүү жибек килем.

КЫЯБЫН –

(Кыябын кымкап буудуруп – 745)

Катарлашкан, үстү-үстүнө.

КЫЯК –

(Соот, чарайна, кыягы – 6530)

– (монг. куяк) 1. Согуштук жоо кийимдин түрү. 2. Өтмө мааниде: таяныч, жөлөк, жардамчы. Кээде жанбагар (телохранитель) маанисинде да айтылат.

КЫЯЛ –

(Накышы кыял түрүндөй – 11300).

Оюу-чийүүнүн түрү.

КЫЯМ –

(Бизден кыям шашкелик – 27365)

– (ар.) 1. Түштүк жак, күн жүргөн жак. 2. Кыйгачы – туура туш тарабы эмес, андан кыйгачыраак жагы.

КЫЯМАТ –

(Кылганым калсын бир өнөр
Кыяматтын калкына – 2148–3149)

– (ар. гийамет – тике туруу, тирилүү) 1. Өлгөндөр кайра тирилип, сурактан өтүүчү күн. 2. Өтмө мааниде: оорчулук, мүшкүл, алаамат, бүлгүн.

КЭЛ (кал) –

(Кызыталак кэл кул – деп, – 7214)

Таз.

КЭЭБЕ (кааба) –

(Барамын деген Кээбеге – 35184)

– (ар. кааба – сандыкча, төрт бурчтук) Меке шаарындагы төрт бурчтук түрүндө салынган чоң мечит. Ошол мечиттин ичинде касиеттүү кара таш бар.

ЛААНАТ –

(Лаанатка сыйынып – 10821)

– (ар. ал – лат, манат) – ислам динине чейин арaптар сыйынган көп кудайлардын аталыштарынан. Тескери, азгыргыч күчтөрдүн ээлери. Эпосто көбүнчө калмак, кытайлардын сыйынуучу жалган кудайлары катары түшүнүлөт.

ЛАГЫЛ –

(Лагыл, жакут, мариат – 291)

– (ир. лэл) Асыл таштардын бир түрү.

ЛАЙЛАМА (лаайламалуу) –

(Лайламага сыйынып – 11612)

– (монг. далай – океан, деңиз; өтмө маниде: ааламдык, эң улуу; тибет – лама – жогорку). Улуу лаама – ламаизм дининдегилердин башкы башкаруучусу. Эпос боюнча калмак, кытайлардын кудайы катары түшүнүлөт.

ЛӨК –

(Кош арткыны кара лөк – 5703)

– (ар. лук) 1. Нардын – бир өркөчтүү төөнүн эркеги – буурасы. 2. Өтмө мааниде: күчтүү, балбан. 3. Бийик даражалуу кадырман адам.

МААЛА –

(Баркымды билер маалам жок – 3025)

– (ар.) 1. Квартал, кыштак. 2. Чөйрө, айлана, жакын ара. 3. Өтмө мааниде: жакыным, күйөрүм, каралашарым, жардам берерим.

МААРАЖЫ (миграж) –

(Мааражыдан ороюң

Баарын көргөн такыр – деп, 41486–41487)

– (ар.) Мукамбет мустапа байгамбардын асманга көтөрүлүп, Алда менен сүйлөшүүсү – ошондо белгилүү адамдардын рухун көргөндөрү.

МААРАКЕ –

(Мааракеге келишип – 40439)

– (ар.) 1. Эл чогулган жай. 2. Эл чогулган майрам, шаңдуу чогулуш. 3. Өтмө мааниде: той, тамаша.

МААРИПАТ (маарыпат) –

(Башы болор маарипат – 2736)

– (ар. мэрэфэт) 1. Билим, окуу, агартуу иши. 2. Өтмө мааниде: бакыт-таалай, жыргал. 3. Жыргалга батып магдыроо, жаны жай алып жыргоо.

МАГЫРЫП –

(Магырыптын адамы – 34638)

– (ар.) Батыш, батыш жак, күн батыш тарап.

МАЖИЛИС –

(Болуп калса мажилис – 1967)

– (ар. мажлис) Жыйын, кеңеш.

МАЗААТ –

(Мазаат кылсак канетет? – 17233)

Кеңешүү, акылдашуу, сүйлөшүү.

МАЙЫН БЕРҮҮ –

(Карткүрөң майын берүүнү

Кан Ажакең көздөдү – 23545–23546)

Убактылуу пайдаланууга күчүн берүү.

МАКАН –

(Быштыбы – деп, маканың – 5869)

– (монг.) Эт.

МАЛГУН –

(Макел малгун эр деген – 27388)

– (ар. мэ лун) 1. Кудайга жүзү кара болуп куулган шайтан. 2. Өтмө мааниде: каргыш тийген, бетпак, жүзү кара. 3. Жапайы, орой, наадан, айбан мүнөз. 4. Дөө, адам сымал өтө чоң жандык.

МАМОНУТ –

(Кармашары мамонут – 17710)

Мамонт – чоң, күчтүү, териси калың, сүт эмүүчү жандык.

МАНАТ –

(Ак манат менен жаптырган – 5601)

Түктүү, калың кездеме.

МАНАТ –

(Лаат, манатка сыйынып – 11240)

– (ар.) Ислам динине чейин араптар сыйынган көп буттарынын биринин аты.

МАҢ –

(Маң тарткандай кеңгиреп – 31873)

– (ир.) 1. Меңдубана, меңдубананын уругу. 2. Өтмө мааниде: нашаа.

МАРЖАН –

(Инжи, маржан шуруму – 688)

– (ар. мержан) Бермет шуру.

МАРИАТ –

(Лагыл, жакут, мариат – 291)

Бермет, баалуу шурунун түрү.

МАШАЙЫК –

(Машайык жолун дагы айтты – 25819)

– (ар.) 1. Кадырлуу кары адам. 2. Уруу башчысы. 3. Дербиштердин башчысы. 4. Мусулмандардын дин башчысынын ардактуу наамы.

МАШЫРЫК –

(Машырыкты көрбөс – деп, – 4419)

– (ар.) Чыгыш, күн чыгыш.

МАЮТ –

(Маютка келген эл толду – 2679)

– (ар.) Өлүм, өлүк.

МЕЧИТ –

(Чоң мечиттин бурчуна – 16813)

– (ар. мэсжед – жерге тизелеп жүгүнүүчү жай) – мусулмандар кудайга сыйынуучу – намаз окулуучу атайын жай.

МЕШ –

(Мешке сууну куюңар – 22524)

– (ир.) 1. Туюк союлуп, жүнү алынган эчкинин териси. 2. Чоң чанач. 3. Кээде териден тигилген кап.

МИЛТЕ –

(Милтенин баары чоктолду – 6550)

– (ар. фэтиле – от бергич, маша). Эски мылтыктардын тетиктеринин бири – октолгон мылтыктын дарысына от берүү үчүн ылайыкташтырылган бат тутануучу кебезден, буладан эшилген атайын жип.

МИСАЛДАШ –

(Арак, шарап, мисалдаш – 18885)

– (ир.) Вино сымал ичимдиктин түрү.

МОЛДО –

(Улама бар, молдо бар – 2053)

– (ар. моулана – менин кожоюнум) 1. Бала окуткан адам, мугалим. 2. Дин жетекчиси, динге кызмат кылган адам. 3. Өтмө мааниде: сабаттуу адам.

МӨНДҮ –

(Мөндү, мөндү, мөндү – деп,– 6645)

– (монг. мөнд. – ден соолук, жакшылык, бакыбаттуулук) 1. Калмак, моңголдордун саламдашканда айтылуучу сөзү. 2. Калмактардын согуштук урааны.

МӨӨРҮН –

(Мөөрүндү кырып салбайлык – 29686)

– (монг.) жылкы.

МӨӨСҮЛ –

(Абам Бакай мөөсүлү – 17486)

– (ар.) жоодон түшкөн олжонун канга, сыйлуу адамдарга тиешелүү бөлүгү.

МУБАКҮЛДҮҮ –

(Мубакүлдүү сыр найза – 5294)

– (ар.) колдоочусу бар, касиеттүү, жөнөкөй эмес.

МУБАРЕК –

(Шейиттердин мубарек
Сызылган кызыл каны үчүн – 19467–19468)

– (ар.) ыйык, касиеттүү.

МУЖТАЙЫТ (мужтахит) –

(Мужтайыттар кеткен соң – 15470)

– (ар.) Өзгөчө терең билимге ээ дин окумуштуусу – Курандын, хадистердин маанисин чечмелей алган дин окумуштуусу.

МУКАРАП –

(Төрт мукарап периште – 15464)

– (ар.) Алданын төрт жакын, өзгөчө ишенимдүү жардамчы кызматчылары, периштелери (Жебирейил, Азирейил, Мекейил, Ысырафил).

МУНААЖАТ –

(Мунаажат кылып кудайга – 28204)

– (ар.) Сыйынуу, тилек кылуу, жалынуу-жалбаруу.

МУРАА –

(Өңкөй кытай мураасы – 31582)

– (ар.) Тилек, көксөө, максат, үмүт.

МУСАП (масхаб) –

(Мусап тутат ушуну – 27460)

– (ар.) 1. Тармак, өзүнчө багыт. 2. Өтмө мааниде: насаатчы, жол, багыт көрсөтүүчү.

МУСТАПА –

(Мустападан кийинки – 4381)

– (ар.) 1. Тандалган, ылганып алынган, чыгаан. 2. Мукамбет байгамбардын энчилүү сыпаттамасы – Алда тандаган, жактырган маанисинде.

МУСУЛМАН –

(Капыр менен мусулман – 345)

– (ир. муслим) – ислам дининдеги адам, ислам динин туткан адам.

МҮНСӨК –

(Кызыл мүнсөк, кымча бел – 18763)

– (ар.) 1. Кездеменин түрү. 2. Өтмө мааниде: ошол кездемеден тигилген кийим.

МҮРӨК –

(Мүрөктүн суусун ашаган – 29307)

– (ир.) 1. Суусун ичкен жандуу өлбөс болуп кала турган касиеттүү булак.

МҮРҮ –

(Беш мүрүчө пайда жок – 1310)

– (ир.) Майда тыйындын аталышы – беш тыйын.

МҮЧӨ –

(Байдап мүчө алдым – деп, – 2197)

1. Өлгөн адамды коюу – көмүү расмисине катышкан уруу өкүлдөрүнө, кадырлуу адамдарга берилүүчү үлүш. 2. Өтмө мааниде: садага-кайыр катарында өлүктү коюуга катышкан адамдарга таратылган акча, мал ж.б.

МЫРДАР (мурдар) –

(Мырдар экен Бокмурун – 6055)

– (ир.) 1. Тарп, өлүмтүк. 2. Өтмө мааниде: арам, булганч, ыплас.

МЫРШАП –

(Жети мыршап астында – 5324)

– (ир.) 1. Түн кароолчуларынын башчысы. 2. Өтмө мааниде: жигит, жасоол.

МЫСКАЛ –

(Бир мыскал эти миң дилде – 8636)

– (ар.) Оордук өлчөмү – беш граммга жакын оордук.

НААЛ –

(Алтындан наал, жез өкчө – 1363)

Өтүктүн, же кепичтин такасына урулган айчык темир.

НААМА –

(Наамасы жок, молдосун – 19137)

– (ар.) 1. Жөнөкөй, жоош, түркөй адам. 2. Өтмө мааниде: кат таанybаган, сабатсыз адам.

НАА ШҮКҮР (найшүкүр) –

(Баяны жок жалганга
Наа шүкүрлүк кыласың – 35896–35897)

– (ар.) Наа, же най – жоктукту билдирүүчү мүчө. Наа шүкүр – шүкүрлүксүз, шүкүрчүлүк кылбоо маанисин түшүндүрөт.

НАБИ –

(Алтымыш төрт наби бар – 15467)

– (ар.) Өкүл– Алданын өкүлү – Алдадан ачылыш сыр алган адам – өзүнчө дин жаратпай, мурдатадан келе жаткан динди үгүттөп, жайылткан адам.

НАЙ –

(Найын жарып ат басып – 30463)

Түтүк.

НАКЕР –

(Накери бутта чойкоюп – 10325)

– (ар. нэкэрэ) 1. Сыйга кийилүүчү коездолгон, кайкы тумшук, кончу узун өтүк. 2. Жоо кийиминин түрү – баатырлар кийүүчү ок өтпөс атайын жасалган өтүк.

НАМАЗ –

Салооту намаз жаназа – 2713)

– (ир. намез – тизе бүгүү, жүгүнүү) Кудайга ибадат кылуу жосуну.

НАПСИ –

(Напсини берген кудурет – 834)

– (ар.) Алк, кулкун, ач көздүк.

НАРЫН –

(Нарын тартып койдуруп – 18861)

Тамактын түрү – майда тууралган бышкан эт.

НООТ (набыт) –

(Баланы ноот нылар – деп, – 6932)

– (ир.) өлүү, өлүк. Кыйроо, талкалануу.

НООТ –

(Ноот көлдөй чык калып – 15269)

Чоң жасалма көл.

НӨКӨР –

(Кырк нөкөрү мунун бар – 2585)

1. Мансаптуу адамдын жардамчысы – кызматкери. 2. Мансаптуу ургаачынын жанында жүргөн, кызматын аткарган кыз-келиндери. 3. Өтмө мааниде: аскер, жоокер.

НУКУС –

(Нукусу сени урбайбы – 23889)

– (ар.) Ант, шертти бузуу, каргышка калуу, салтты бузуу.

НЫЛ –

(Ууктарын нылдаган – 2508)

1. Боёктун түрү. 2. Көк түс.

ОЁН –

(Оёнду кудай урганы – 6503)

– (монг.) 1. Баатыр, уруу башчысы. 2. Башчы, башкаруучу, мырза. 3. Салабаттуулук, мыктылык. 4. Өтмө мааниде: ала көөдөн, мактанчаак.

ОЛПОК –

(Ок өтпөс олпок күбөнү – 4223)

Жоо кийиминин бир түрү. Кебезден, жүндөн, тыбыттан кабатталып жасалган калың кийим.

ОЛУЯ –

(Байгамбар бар, *олуя* – 25753)

– (ар.) 1. Аким, бийлөөчү. 2. Касиеттүү, ыйык, көзү ачык.

ООЛАТ –

(Оолаты бөлөк болгон соң – 30265)

– (ар.) Тукум, урук, тукум-жураат.

ООРУК –

(Оорукта жатып калганы – 24098)

1. Элдин туруктуу жашаган негизги жайы. 2. Жортуулда, согушта жүргөн жоокерлердин негизги бөлүгү жайгашкан жайы.

ОРДО ШАЙЫ –

(Ордо шайы, көк жеке – 2668)

1. Кокон шаарынын сыпаттама аталышы. 2. Мыкты, сапаттуу шайы.

ОРОЙПО –

(Оройпо жебе чалганы – 7793)

1. Жаанын кергич жиби – киричи. 2. Жаа.

ОТОГО –

(Ак отого, көк диңсе – 31664)

– (монг. отго – куштун канаты). Мансап белгиси. Бийликтеги адамдар баш кийимине сайынган куштун канат-куйругу.

ОЧОГОР –

(Жазайыл бар, очогор – 7527)

– (монг. соцагиур – милте) Милтелүү мылтыктын бир түрү.

ӨГӨРӨК –

(Жалгыз калат өгөрөк
Кушту көргөн барсыңбы? – 17632–17633)

Эпос боюнча жалгыз канаттуу куш.

ӨКҮРГӨНДҮ СЫЙЛОО –

(Өкүрүп келген адамга
Тубардан сарпай кийгизем – 532–533)

Эски салттардын бири – өлгөн адамды сыйлап өкүрүп-жоктоп келген кадырлуу адамга сый берүү – кийим, мал ж.б.

ӨКЧӨ –

(Алтындан наал, жез өкчө – 1363)

1. Бут кийимдин – өтүктүн апкыты. 2. Бут кийимдин апкытынын сырты.

ӨНӨРБАНТ –

(Өнөрбантын турдуруп – 27269)

Өнөрлүү, жөндөмдүү, бир өнөрдү мыкты билген.

ӨТҮРҮК (дүйнө) –

1. Жалган дүйнө, убактылуу дүйнө. 2. Бул дүйнө.

ПАК –

(Арамдан тууп, пак болгон – 17952)

– (ир.) 1. Таза, ыпылас эмес. 2. Күнөөсүз, күнөөсү жок.

ПАҢ (баң) –

(Башкы атасы паң болгон – 11308)

– (кыт. баң – князь) Калмак-кытайларда жогорку наамдардын, же жогорку кызмат даражаларынын бири.

ПАРЗ (парыз-барыз) –

(Алда салган парз үчүн – 35183)

– (ар.) 1. Ислам дининдегилер милдеттүү түрдө аткара турган эрежелер – Алданын бардыгына ишенүү, намаз окуу, орозо кармоо, зекет берүү, колунда барлар Мекеге баруу. 2. Өтмө мааниде: милдет.

ПЕРЗЕНТ (парзант, берзент, мерсет) –

(Төрт катындан бир перзент
Дүйнөдө көрбөй калганым – 34878–34879)

– (ир.) Бала, туяк, тукум.

ПИР –

(Ак мусулман пирине – 17964)

– (ир.) 1. Карыя, карыган адам. 2. Шайык, дин башчысы, дин жетекчиси. 3. Өтмө мааниде: касиеттүү, өзгөчө кадырга ээ адам. 4. Колдоочу, жол көрсөтүүчү, касиеттүү.

СААБА –

(Абунасыр саабанын
Айтканын уккан акыр – 34867–34868)

– (ар. ас-сахаби – жактоочу, талапташ). 1. Мукамбет байгамбар ислам динин тарата баштаганда аны менен тилектеш, максатташ болуп жардам бергендер. 2. Өтмө мааниде: Байгамбардын көзүн көрүп, аны менен мамилелеш болгон адамдар.

СААДАК –

(Тарткан саадак огундай – 3145)

Жаанын жебесин салуучу баштыкча. Кээде жалпы эле жаа, же жаа менен жебе маанисинде да айтыла берет.

САБАА –

(Көрөңгөлүү сабаа – деп,– 8670)

Кымыз ачытыла турган идиш – атайын иштетилип, ышталган жылкы терисинен (кээде төө) тигилген, түбү төрт бурч, узун мойну – оозу бар идиш.

САБЫЛ –

(Сабыл менен саптаган – 10790)

Ыргай сымал катуу жыгачтын түрү.

САГАСА (Загаса) –

(Сагасанын ашындай – 17735)

– (ир.) Куурай сымал өсүмдүктүн бир түрү – чекенде.

САДАГА ЧАБУУ –

(Сары башыл коюнан
Садагага чаптырган – 1473–1474)

Оорудан арылуу, жолдуу болуу ж.б. учурларда ак тилек, жакшылык үмүт үчүн курмандык чалуу.

САЙ –

(Сай төрөгө карматып – 403)

– (монг. сайн – эң, абыдан, мыкты, жакшы) 1. Абыдан, мыкты, таза, тандалган, иргелген, жалаң. 2. Белгилүү, атактуу.

САКМАТ –

(Боюмда сакмат жарам жок – 26307)

Тырмактай, кичинекей.

САЛАБАТ –

(Салабатын окутуп – 24134)

– (ар. сэлэбэт) Кудайга табынуу ыктарынын бири – кудай колдо, кудай ырайым кыл!

САЛООТУ (жаназа) –

(Салооту намаз жаназа – 2713)

– (ар.) Өлүккө окулуучу намаз.

САМБУР (самбыл) –

(Самбур шымын шымданып – 10797)

Жоо кийиминин бир түрү – кытай баатырларынын шымы.

САН (санды) –

(Санды түмөн журт келип – 426)

1. Он миң. 2. Коңгуроо, чоң коңгуроо.

САНДЫРГАЛУУ –

(Сандыргалуу кырк бөрү – 426)

1. Салабаттуу, белгилүү, келишимдүү, сүрдүү. 2. Даражалуу, бийликке ээ, мыкты сапаттары бар баатыр.

САНТАЛАК –

(Кызыталак, санталак – 25054)

– (ар. сэнг – аял, телаг – ажырашуу) 1. Сөгүү, кемсинтүү, тилдөө максатында айтылган сөз – аялы менен ажырашкан, же аялың менен ажырашып кал маанисинде. 2. Өтмө маниде: шерменде, бети жок, уятсыз, оңбогур.

САҢООР –

(Саңоор жүнү сары алтын – 35713)

Куштардын буттары менен куйругунун арасындагы жумшак майда жүнү.

САПСАЛГА –

(Сапсалгалуу сан ачкыч – 18987)

1. Кыскыч, кыстыргыч, атты быча турган жаак жыгач. 2. Адамды жасалоодо колдонулуучу курал. 3. Ачкычты бириктирип коё турган кыстыргыч.

САРА –

(Падышанын сарасы – 20309)

– (ир.) Таза, мыкты, тандамал.

САРАП –

(Сакалына караса
Сарапты тешип өткөндөй – 31572–31573)

– (ир.) Жоо кийиминин түрү – соот, чарайна.

САРАТАН –

(Жай саратан чилгир күн – 16142)

1. Жыл мезгили – жаздан кийинки төртүнчү ай. 2. Жайдын толуп турган кези – эң ысык убакыт.

САРБАА –

(Сарбап менен буудуруп – 404)

– (ир. зар – алтын; бафт – токуу) 1. Алтын, күмүш жиптер кошулуп токулган баалуу кездеменин түрү. 2. Жибек кездеме, барча.

САРКАНА –

(Сарканасы баары алтын – 28131)

– (ир. сар – баш, кана – уй) Башындагы кабы.

САРКЕР –

(Саркерделүү кан менен – 14162)

– (ир.) Аскер башы, кол башы.

САРКЕРДЕЛҮҮ –

(Саркерделүү кан менен – 14162)

– (ир.) Карамагында кол башылары бар.

САРПАЙ –

(Тубардан сарпай кийгизем – 535)

– (ир.) Сый тон, сыйга кийгизилүүчү кийим, кийит.

САРПАШТОО –

(Кол аягын сарпоштоп – 21519)

1. Өлгөн адамды, же атка жүрө албаган оорулууну атка таңып, жолго алып жүрүүнүн өзүнчө ыгы. 2. Колго түшкөн ууруну, же туткунду да ошол ык менен таңып, өзүлөрү менен кошо алып жүргөн. 3. Өтмө мааниде: бекемдөө, чыңдоо (Азаматын сарпочтоп – 33764).

САРЫ –

(Талаасында сары бар – 17665)

Кулаалы, күйкө сымал канаттуу куш. Кээде кулаалы менен күйкөнүн жалпы аталышы.

САРЫ АТ МИНҮҮ –

(Анты-шертиң мойнуңа
Сары атың азыр минициз – 24949–24950)

Ант-убада шерттен кайткан адамга карата күнөө сенде, күнөөнү мойнуңа ал делген талап, эски салттык жосундардын бири.

САРЫНЖЫ –

(Сарынжы тонду белсенип – 16285)

Кымбат баалуу кездемеден тигилген коoздолгон сырт кийим.

САЯСА –

(Саяса деген жандар бар – 3338)

Мифтик-жомоктук айбан.

САЯТ –

(Саят койгон көпүрө – 29435)

1. Тосмо. 2. Кыраан куштарды кармоо үчүн атайын тосулган тор.

СЕБИЛ –

(Себилдүүсү сексен төрт – 5349)

1. Жоо кийими – ок өтпөс сырт кийим. 2. Курал-жарак. 3. Өтмө мааниде: алгыр, кыраан жырткыч, куштарга карата сыпаттама.

СЕЖИДЕ (сежде) –

(Сежидесиз намаз окушуп – 2719)

– (ар.) 1. Намаз окуудагы атайын эреже-жосундардын бири – чекесин жерге тийгизип кудайга табынуу. 2. Өтмө мааниде: жүгүнүү – баш ийгендикти, сыйлагандыкты билдирүүнүн жышааны.

СЕЙИН –

(Сейиндейин жаратып – 14376)

1. Катуу жыгачтын түрү. 2. Өтмө мааниде: териси сөөгүнө жабышып арыктоо. 3. Таптагы аттын көрүнүш белгиси – эти майынан арылып, териси катып, тыкан болуп, табына келип турган учур.

СЕЛДЕ –

(Алтындуу селде бир кучак – 15418)

– (ир. салла – чалма, баш оромо) – мусулмандардын баш кийимдин сыртынан тегерек түрүндө оролуп коюлуучу атайын чүпүрөк.

СООЛАН –

(Соолан да бар, дүрдүн бар – 3294)

Баалуу кездеменин түрү.

СООТ (зоот) –

(Соот, чарайна, кыягы – 6530)

Жоо кийиминин түрү – майда темир төңөлөктөрдөн илиништирилип жасалган, найза, ок ж.б. өтпөс кийим.

СОПУ –

(Сопу чоро дагы бар – 18877)

– (ар. суф – жүн, түк) 1. Өзүнчө диндик багыттын өкүлдөрү – бул дүнүйө кызыгынан, жыргалынан кечип, акыреттин гана камын кылган адам. 2. Такыба адам. 3. Мечиттеги өзүнчө мансап – азанчы – азан чакыруучу адам. 4. Өтмө мааниде: теспенин мончоктоголок шарчаларынын ичиндеги чоң мончогу.

СОТО –

(Сото кармап колуна – 39931)

Жүгөрүнүн мардеги – жүгөрүнүн даны жайгашкан уядан чогулган бачек.

СӨКӨТ –

(Көп сөкөт бизге коёр – деп,– 19071)

Нааразы болуу, таарынычы, каршы болуу.

СӨӨБӨТ –

(Ушул көргөн эрлерге
Улуу сөөбөт сөз болуп – 45281–45282)

– (ар. сукбат) – кеңеш, сүйлөшүү, акылдашуу, кеңешүү.

СӨӨКТҮ ЧЫГАРБАЙ КОЮУ –

(Чыгарбай таштап сөөгүмдү – 413)

Өлүктү көмбөй жерге койбой келүүчү сыйлуу адамдарды күтүү, элдин чогулуусун күтүү.

СУҢ-ДУҢ –

(Суң-дуң болбой куруп кал – 5953)

– (кыт. цзун – башкы; түн башкаруу) – Мамлекеттин, чоң аймактын башкаруучусу – калмак, кытайлардагы жогорку мансаптардын бири.

СУП –

(Суп кийгенге сурак жок – 19076)

– (ир.) 1. Ак төөнүн жүнүнөн токулган баалуу кездеме. 2. Ак жибек кездеме.

(Супа саадак чалганда – 6777)

– (ар. собы – таң; садек – чыныгы, анык) Таң сүрүү, таңдын үрүл-бүрүлү, таң агаруу.

СУПСООРУН –

(Супсоорун учуруп – 13731)

1. Байге, байгеден таратылуучу үлүш. 2. Салттык оюн-байге сайылган оюн.

СУРАЙЫЛ –

(Сурайылдай суналган – 37387)

1. Ач күзөн, суусар сымал келишимдүү, териси кымбат жандык. 2. Өтмө мааниде: келишимдүү, сымбаттуу, керилген.

СУРНАЙ –

(Сурнай кулак тундуруп – 2416)

– (ир. зурна) Үйлөмө музыкалык аспап.

СУУЛУК –

(Кара болот суулугу – 2847)

Жүгөндүн бөлүктөрүнүн бири – аттын оозуна кемечтеп салынып коюлуучу металлдык бөлүк.

СҮЗГӨР –

(Сүзгөргө чачын таратып – 34814)

Чачтарач – чач алуучу, чач тароочу адам.

СҮКҮТ –

(Сүкүттөн бөлөк сөзү жок – 15158)

– (ар. сокут – ойго батуу, унчукпоо, ичтен тынуу) Кудайга тобо келтирүүнүн өзгөчө түрү – терең берилүү, терең ойго батуу.

СҮРӨӨ (ат сүрөө) –

(Сүрөөнү алар билбеген – 2811)

Чабылган ат марага жакындаганда жолдон тосуп туруп чарчаган атты көтөрмөлөө – чылбырдан тартып, жанынан коштоп жардам берүү.

СЫЙЫР –

(Баласын байлап, сыйыр саап – 1658)

Уй.

СЫҢАР –

(Сыңар чака доосу жок – 18395)

Жалгыз, түгөйү жок, бирөө эле.

СЫР –

(Алеңгир жаа, сыр жебе – 29483)

Өзүнчө турбай, көбүнчө жебеге, найзага кошо айтылат, мааниси – жылмаланган, же сырдалган.

СЫРГАК –

(Сыны сыргак, ашык эр – 23329)

1. Кыраан бүркүттүн түрү. 2. Өтмө мааниде: кыраан, чыгаан.

ТААЖЫ –

(Алтындан таажы башында – 6133)

– (ир. тож) Кандын мансаптык даражасын туюнтуучу атайын белгиси бар баш кийим – жыгалуу бөрк.

ТААЛА –

(Алда Таала аябай – 13848)

– (ар. тала – эң жогорку) Алданын негизги сыпаттама аталыштарынын бири. Адатта, Алда дегенге кошо айтылып, Алда баарынан жогору турат маанисин туюнтат.

ТАБА –

(Бээжинге таба жери бар – 42123)

Туташ, катар, чектеш.

ТАЗ (тазы) –

(Таноосуна, мурдуна
Таз иттер чуркап киргендей – 40691–40892)

Тайган, тайган ит.

ТАК –

(Астына алтын так кылып – 394)

– (ар. тахт) Кандардын бийлик белгилеринин бири – кан отура турган атайын жай, же өзгөчөлөнүп жасалган атайын орунтук.

ТАКААТ –

(Такааты турбай боюна – 30185)

– (ар.) Сабыр, кайрат, чыдам, туруктуулук.

ТАКАНАК –

(Таканак жүнү баары алтын – 35714)

Жырткыч куштардын буттарындагы жүнү.

ТАЛАК –

(Талак кылып буттарын – 17960)

– (ар.) 1. Аялы менен ажырашуу. 2. Өтмө мааниде: кечүү, баш тартуу, таштап кетүү.

ТАЛАП –

(Боз талабын бөктөрүп – 11020)

Сырт кийим, чепкен – жука, кең сырт кийимдин түрү.

ТАРСА –

(Тарсадан келген кул калды – 323)

1. Христиан динindeги элдер. 2. Өтмө мааниде: батыш тарап, батыш элдери.

ТАСМАЛ –

(Тасмалдатып кырктырып – 19013)

1. Жоолук – таза чүпүрөк. 2. Эчкинин терисинен жасалган жаргак. 3. Кайыш, тери.

ТА-ТА –

(Кытайдын баары та-талап – 12759)

– (кыт. та – ур; та-та – ур-ур). Согуштук ураан – ур, сок, өлтүр!

ТАШ –

(Жети таш жерге тигилген – 643)

Аралык өлчөм, чен. Болжол менен сегиз-тогуз километр аралыгы.

ТЕКБИР (текпир) –

(Текбирин айтып коюшуп – 2718)

– (ар.) 1. Кудайды даңазалоо, мактоо. 2. Аллоху акбар! деген формуланы кайталап айтуу.

ТЕКӨӨР –

(Текөөрү болот – темирим – 1516)

Канаттуу куштардын буттарынын сырткы чыгып турган курч, катуу учтуу бөлүкчөсү – бутагы.

ТЕҢ АТА –

(Тең атанын уулубуз – 13819)

Бир атадан тарагандар, же ата-бабалары бирдей укуктагы адамдар – тектеш, укукташ адамдар.

ТЕҢГЕ –

(Алты там толгон теңгесин – 2905)

1. Акча бирдиги – металл (күмүш, жез ж.б.) тыйын. 2. Өтмө мааниде: жалпы эле акча.

ТЕҢИР –

(Жеткирген ажал теңирим – 1518)

1. Асман. 2. Асман кудайы. 3. Кудай – Алда.

ТЕСПЕ –

(Сопусу алтын сур теспе – 16121)

– (ар.) Алдага ибадат кылууда пайдаланылуучу атайын курал – жипке тизилген 99 мончок жана сопу деп, аталган чоң мончок. Теспе тартууда 33 жолу «Супахан Алда» (субаханалла). – Алда эң таза, «Алхамду лиллаа» (даңаза Алдага болсун!) 33 жолу «Аллохуакбар» (Алда баарыдан улуу, баарыдан жогору) – деп, кайталап айтып, кол чоң мончокко урунганда кайра башынан тартып кайталайт.

ТИНТЕ –

(Эки миздүү тинте бар – 19343).

1. Учтуу, кичирээк кылыч. 2. Канжар.

ТОБУРЧАК –

(Тобурчак бар бир канча – 6895)

1. Таза кандуу асыл тукум жылкынын түрү. 2. Өтмө мааниде: күлүк, сымбаттуу ат.

ТОЗОК (дозок) –

(Тозоктон келген зили бар – 875)

– (ир.) 1. Тирүүсүндө иштеген күнөөлөрү үчүн адамдарды тиги дүйнөдө жыйноочу атайын жай. 2. Өтмө мааниде: азап, кыйноо, жапа чегүү.

ТОП –

(Жазайыл мылтык тобундай – 3147)

Ок. Чоң мылтыктын, замбиректин огу.

ТОПУРАК САЛУУ –

(Салыңар – деп, топурак – 425)

Өлгөн адамды көмүүдөгү салттык жосундардын бири – казылган көрдүн уучталган топурагына дуба айтып жаткан өлүктүн жан жактарына себүү жосуну.

ТОРГУН –

(Торгун, тубар, шайы бар – 1260)

Баалуу жибек кездеменин түрү.

ТОРКО –

(Торкодон тандап шайы берген – 1470)

– (монг.) Жибек кездеме, же жибек кездемеден тигилген кийим.

ТӨБӨДӨН СЕЗГЕНҮҮ –

(Как төбөдөн сезгенип – 211)

Суук тийип ооруган оорулардын бир түрү – мээден сезгенип ооруу.

ТӨӨ КИЙИК –

(Киш кийик, төө кийик – 17634)

Жапайы төө.

ТӨӨ МЫЛТЫК –

(Төө мылтык атып күрсүлдөп – 6668)

– (иран. шотор – төө; нал – мылтык) 1. Кичирээк замбирек – төөгө жүктөп алып жүрүп пайдаланууга ылайыкталган замбирек. 2. Чоң мылтык.

ТӨРӨ –

(Сай төрөгө карматып – 403)

Жогорку бийлик мансаптарынын бири.

ТӨРТКҮЛ –

(Төр үйүң төрткүл кылам де – 4573)

1. Үйдүн, шаардын уранды калдыгы. 2. Төрт бурч, төрт булуң. 3. Дубал, үйдүн негизи («Төрт күлүн төрт кат уруптур – 14044)

ТУБАР –

(Тубардан – сарпай кийгизем – 535)

Жибек кездеменин түрү.

ТУЙГУН –

(Ак туйгун конду кашыма – 35715)

Кыраан куштардын бир түрү – ителгинин эркеги.

ТУЛ –

(Көкөтөй зайбы болгон тул – 3081)

(«Калдайтып тулга салбасын» – 692)

1. Өлгөн адамдын сөлөкөтү. 2. Эри өлгөн аял, каралуу аял. 3. Өтмө мааниде: өлгөн адамдын кийим-кече, буюм-терим, мүлкүн жайып элге көрсөтүү.

ТУУ –

(Кандык туусун аштагын – 1988)

Атайын белги – эн – узун жыгачтын, найзанын учуна тагылган чүпүрөк, кийиз, тери, куйрук ж.б.

ТУУЛГА –

(Туулгасы болоттон – 6533)

Ок өтпөс баш кийим.

ТУУСАРЫ –

(Малды кыл – деп, туусары – 1665)

Малды нык семиртүү, атайын семиртүү, эркине коюп багып семиртүү.

ТУУШ –

(Бар боюнда турат тууш – 11057)

Күч, кубат, ал.

ТҮККАП –

(Түккап калдык дебеңер – 20826)

Аңдоостон, капыстан, күтпөгөн жерден, кабарсыздан.

ТҮМӨН –

(Санды түмөн журт келип – 426)

1. Он миң. 2. Көп, өтө көп, эң көп. 3. Өтмө мааниде: жалпы, баары.

ТҮРК –

(Козусун саабай түрк кылсын – 1392)

Чоң жана семиз кой. Ыр сабындагы маани-энелерин саабай, козуларын кошо коё берип, эркин эмизип, абыдан семиртсин.

ТҮРПҮ (жол) –

(Шибеге бычак – түрпү жол – 23450)

Одуракай түрп жол – өөдүк-сөөдүк, таштуу, татаал жол.

ТЫЙТАЙ –

(Тыйтай, суң-дуң баарысы – 6163)

– (кыт. титай) Аскердик наам – генерал.

ТЫНАР –

(Кара кашка тынардай – 8310)

Алгыр куштардын бир түрү.

УБАЗИР –

(Казы, убазир, молдосу – 14813)

– (ар. вазир – жардамчы). 1. Мукамбет байгамбардын жардамчыларына карата айтылган сөз. 2. Кандын, бадышанын мамлекетти башкарууда жардам берген кызмат адамы.

УБАРА ЧАРКӨӨ –
(Убара чаркөө заңгар бар – 3339)
Жомоктук, мифтик жандык.

УЖУТ (ужуд) –
(Ужутуңдан үрөнүң – 15499)
1. Жатын. 2. Өтмө мааниде: жатындаштык, туугандык, бир журт, журту бирге.

УЛТАН –
(Уялбас ултан бетиби – 26079)
1. Өтүктүн, чокойдун таманы. 2. Өтмө мааниде: калың бет – уятсыз.

УЛАМА –
(Улама бар, молдо бар – 2053)
– (ар.) 1. Дин окумуштуусу. 2. Окумуштуу, аалым. 3. Өтмө мааниде: көптү билген адам.

УРУМ –
(Уландар урум атсын – деп,– 1650)
– (ар.) 1. Рим шаары. 2. Рим шаарынан чыккан мыкты мылтык.

ҮПЧҮН (үпчүлүк) –
(Үпчүлүгү бир тогуз – 10837)
(Үпчүн кийген эр келгин – 15519)
1. Сырт кийимдеги топчу ордуна пайдаланылуучу байлагыч жиптер. 2. Ат жабуунун кооздуктары. 3. Өтмө мааниде: жоо кийими – үпчүндүү кийим маанисинде.

ҮТҮК –
(Үтүгүңө шоодай – деп, 5892)
– (монг.) Аялдын жыныстык белгиси.

ЧАБАДАН –
(Бөктөрүнчөк чабадан – 29890)
Сүйрү келген төрт бурчтуу буюм сала турган булгаары баштык, кээде калың, бышык кездемеден, бир бети килемден тигилген, буюм салуучу баштык да чабадан деле берет.

ЧАГА –
(Чагалалап чуркурап – 29821)
1. Мааниге ээ болбогон чочуганда, коркkондо айтылуучу сырдык сөз. 2. Калмактардын согуштук урааны.

ЧАКА –
(Сыңар чака доосу жон – 18395)
1. Майда жез тыйын – эң кичине акча бирдиги. 2. Өтмө мааниде: эң төмөнкү баа – өтө арзан, ит бекер, жөн эле бекер.

ЧАЛБАР –
(Ыштан салды кылгандар
Чалбарына мүргүшүп – 30849–30850)
Кооздолуп тигилген тери – булгаары шым.

ЧАЛЫЯР –

(Төрт чалыяр дагы бар – 15468)

– (ир.) Мукамбет байгамбардын эң жакын төрт жолдошу – Абубакир, Омор, Осмон, Аалы.

ЧАМБА –

(Кытайча кылган чамбы шым – 29906)

Кытайлардын кийиминин түрү – жука кездемеден тигилген кең шым.

ЧАНТУУ –

(Кызыталак чантуунун – 13405)

– (кыт. чань – ороо; тоу – баш) – баш оромо. Башын ороп алган. Мусулмандарды кемсинтип мазактоо үчүн айтылган сөз – башы оролгондор – селдечендер.

ЧАР –

(Токоюнда чары бар – 17666)

Карганын бир түрү.

ЧАРАЙНА –

(Чарайнага чаптатып – 406)

1. Жоо кийиминин бир түрү – төшкө, далыга тартына турган темир такта, же ичтен кийиле турган соот. 2. Калың булгаары.

ЧАРАНА –

(Чаранада бала үчүн – 35914)

Челим. Ичтеги баланын сыртынан капталып турган жука, жабышкак ыйлаагы – кабы.

ЧАРКАР (чаркана) –

(Чаркарына барайын – 26663)

1. Чарбак. 2. Үй, номната, сарай, короо.

ЧАТЫРАШ –

(Чатыраш ойноп, даң салып – 16242)

Шахмат.

ЧЕЙРЕК –

(Канжасына салганы
Алтымыш чейрек тамеки – 27935–27936)

– (ир. чехар – төрт; йек – бир). Бир нерсенин төрттөн бир бөлүгү. 2. Оордук өлчөмү. (4–6 кг.)

ЧЕРҮҮ –

(Үлкөн черүү жүрүптүр – 27312)

1. Аскер, кол, кошун. 2. Өтмө мааниде: жортуул, жүрүш, согуш.

ЧИЛГИР (чилбир) –

(Жай саратан чилгир күн – 18142)

Абыдан, таамай. Чилгир күн. Күн абыдан тийген убак, күн таамай тийген убак – жай саратан мезгили.

ЧИЛМАРДАН (чылмардан) –

(Чилмардан чалынып – 13727)

– (ар.) Барабан түрүндөгү кичирээк урма музыкалык аспап.

ЧОБДОР (өтүк) –

(Чобдор өтүк такасыз – 18027)

– (ар. жуппе – соот; дар – бар болуу – соottуу, сооту бар). 1. Баатырлардын жоо кийими – ок өтпөс кылып сооттоп, сыртына темир бекитип тигилген өтүк. 2. Кээде чобдор өтүк кытайлардын өзүнчө өтүгү маанисинде да жолугат.

ЧОКУНУУ –

(Бурканына чокунуп – 9882)

1. Христиан дининдегилердин кудайга табынуу учурундагы ишараты. 2. Капырлардын өз кудайына табынуусу маанисинде да учурайт. 3. Баш уруу, жүгүнүү. 4. Өтмө мааниде: жагынуу, жазакерленүү, кошомат кылуу.

ЧОПКУТ –

(Көккүбө чопкут жамынып – 10829)

1. Жоо кийиминин бир түрү. 2. Коoздолгон, ок өтпөс сырт кийим.

ЧОР –

(Жети жүз миң чору бар – 1116)

1. Кул, күң. 2. Өтмө мааниде: томаяк, эң кедей.

ЧОТАЛА –

(Чотала уну чопулдап – 7529)

Кыска, жеңил мылтык – атчан жоокерлерге ылайыкталган мылтык.

ЧОЮНБАШ –

(Он эки канат ордо үйдөй
Он колунда чоюн баш – 28222–28223)

Согуштук куралдын бир түрү – катуу жыгачка сапталган урчуктары бар тоголок чоюн.

ЧҮЧТӨ –

(Доолон, чүчтө бу да бар – 2380)

1. Жука ак кездеме – батист. 2. Өтмө мааниде: эң ак, аппак.

ЧЫЙТАЙ –

(Тыйтай менен чыйтайы – 27794)

– (кыт. титай – генерал) Аскердик жогорку наамдардын бири.

ЧЫН ЖАЙ (чын дүйнө) –

(Бааны дүйнө, чын жайды – 419)

Тиги дүйнө, түбөлүктүү дүйнө.

ЧЫҢЫРОО –

(Чыңыроо тартып жез найдан – 15570)

Ичке үндүү үйлөмө музыкалык аспап.

ЧЫҢЫРООН –

(Алаткак бар, чыңыроон) – 3335)

Жомоктук, мифтик жандык.

ШАА –

(Кырмус шаанын Мурадил – 29255)

Жогорку мансаптык наамдардын бири – кандан кийинки, кээде укукташ даража.

ШААДАТ –

(Шар айтып шаадат келмени – 36792)

– (ар.) Күбөлүк, күбө болуу – келме келтирүү.

ШАЙИНГИ –

(Шайингиге каптатып – 407)

Тери – булгаарынын түрү – шири – жүнү алынган бышык тери (жылкынын, төөнүн териси).

ШАЙМЕРДЕН –

(Шаймерденге жалынып – 11314)

– (ир.) 1. Баатырлардын бадышасы. 2. Өтмө мааниде: азирети Аалынын сыпаттама аталышы. 3. Жигиттердин колдоочусу.

ШАЙТАН –

(Азазилдин шайтаны – 23721)

– (ар.) Алдага, адамдарга каршы кесепеттүү күч – азазил, азгыруучу. 2. Өтмө мааниде: бузуку, азгыргыч, алдамчы.

ШАЙЫК –

(Түркстөндүн шайыгы – 7351)

– (ар.) 1. Карыя, кадырман адам. 2. Дин башчысы. 3. Пир, касиеттүү адам.

ШАҢШУУР –

(Аты шаңшуур жамбынын – 3068)

– (кыт.) Жамбынын түрү – чоң жамбы, кээде алтын жамбы – уютулган күмүш, же алтын.

ШАПААТ –

(Шапаат кылса байгамбар – 4385)

– (ар.) Коргоо, колдоо, жардам болуу, кубаттоо.

ШАРАБАН –

(Шарабан татар күн да бар – 16513)

1. Бейиштеги арашан суунун аты. 2. Өтмө мааниде: таттуу, жагымдуу, пайдалуу ичимдик, суусундук.

ШАРИЯТ –

(Ак шарият бай терек – 1418)

– (ар. шариа – туура жол). Ислам дининин атайын мыйзамдык эрежелери.

ШЕЙИТ –

(Шейиттердин мубарек
Сызылган кызыл каны үчүн – 19467–19468)

– (ар. шахид – азап чеккен) 1. Ислам дини үчүн күрөштөгү согушта курман болгон жоокер. 2. Күнөөсүз жерден өлтүрүлгөн адам.

ШЕРАРСТАН –

(Шерарстан деген бар – 25634)

Мифтик, жомоктук айбан – арстандардын бадышасы.

ШИКИРА –

(Султаным, бадышам, шиктирам – 17982)

ШООДАЙ –

(Аспап шоодай урайын – 11868)

– (калм.) Эркектин жыныстык белгиси.

ШОТТОО –

(Тобумду капыр шоттоптур – 30402)

Жазалоо, жаманаттылоо, айыпка жыгуу, күнөөлөө, тыюу салуу.

ШУҢКАР (шумкар) –

(Текөөрү болот шуңкарга – 1517)

Ителги, ителгинин кыраанын.

ШҮГҮР (шүкүр) –

(Илая шүгүр, шүк деймин – 21138)

– (ар.) Кудайга ыраазы болуу, ыракмат айтуу.

ШЫМАЛ –

(Шымал жагы эскимус)

– (ар.) Түндүк, түндүк жак, түндүк тарап.

ШЫПТЫ –

(Шыпты кашка Дөрбөнү – 2487)

Анык, таамай, чыгаан.

ШЫТА –

(Шыта кечүү – таш кечүү – 30088)

– (кыт.) Таш.

ЫЖЫК –

(Ыжыктарга сактатып – 409)

Көлөкөлүү, салкын, серүүн, жел тийип турган атайын жай – буюм-терим, эмерек, сактоочу атайын жай.

ЫЙБАРАТ –

(Ыйбарат алсын ушундан – 15480)

– (ар.) Таалим, үлгү, мисал.

ЫЙМАН –

(Ыйманы жок капыр кул – 8382)

– (ар.) 1. Ишенүү, кубаттоо, макул болуу (кудайга). 2. Өтмө мааниде: уят, ар-намыс, кишичилик, адамгерчиликтүү сапат.

ЫЛОО –

(Ылоо минип ортодон – 31299)

Ат, мингич, унаа.

ЫМАМ (ыймам, имам) –

(Айкожо ымам дагы бар – 6852)

– (ар.) 1. Мусулмандардын диний башчысы. 2. Мечитте намаз окууда жетекчилик кылуучу адам.

ЫСПАН –

(Түтүнү туман, түбү ыспан – 28344)

– (ар.) 1. Исфахан шаары. Ыр сабындагы маани – атактуу Исфахан шаарында жасалган дегенди туюнтат. 2. Өтмө мааниде: мыкты, сапаттуу.

ЫСТАМПУЛ –

(Ак ыстампулга оротуп – 395)

Кездеменин түрү.

ЫЧКЫРЫК –

(Ычкырыгы бапик кырк муун – 2773)

Жиптен эшилип даярдалган шымдын, дамбалдын куру – белге байланып, кийимди кармап туруучу жип.

ЫШТАН САЛДЫ –

(Ыштан салды кылгандар
Чалбарына мүргүшүп... – 21850–21851)

Талаа жерде жүрүп, кийимчен уктоого туура келгендер уктаганда денени жеңилдетүү максатында шымын бутуна түшүрүп коюп уктаган.

ЭГЕ –

(Нээтибиз эгеме жагып – 13821)

1. Ээ, кожоюн. 2. Өтмө маанide: Кудай, Алда.

ЭГЕЙ-ШЫГАЙ –

(Эгей-шыгай көр төрө – 7184)

Жалпы, бардык, орой көз-чарай.

ЭГИЗ –

(Тербелди тоонун эгизи – 16016)

1. Бийик, бийиктик, бийик жер, чоку. 2. Өтмө маанide: төр, жайлоо.

ЭШЕН –

(Дубана бар, эшен бар – 2057)

Дин кызматкери – дербиштер менен суфийлердин башчысы.

Я (жаа) –

(Я зулжалал! – деп, айтса – 4761)

Оо, оой!

## СЕГИЗИНЧИ, ТОГУЗУНЧУ КИТЕПТЕРГЕ КИРГЕН ОКУЯЛАРДА КЕЗДЕШКЕН АДАМ АТТАРЫ


ААЛЫ (Азирети Аалы) – баатыр, Мукамбет байгамбардын күйөө баласы – 1792, 11315, 14016, 18528.

АБДЫКАДЫР – Көкөтөйдүн тууганы – 3920, 4045, 4097.

АБДЫЛКАДЫР – тажик элинин каны – 1229.

АБДЫЛДА – Ажыбайдын өз аты – 20567, 23708, 23726, 23758, 34824, 34828, 35425, 41937.

АБДЫЛДА – манасчыны үйүнө жаткырып, баккан адам – 46620.

АБДЫРАМАН – кабарыштын каны – 8410.

АБУНАСЫР – Айкожонун өз аты – 13746, 24455, 33830, 33900, 34867, 36034, 36533, 36789, 36793.

АБЫКЕ – Манастын аталаш иниси – 5320, 9329, 9662, 19197, 19699, 34997, 35198, 35295, 39426, 41991.

АБЫЛ – Нук пайгамбардын уулу, Кабылдын иниси, Абылды Кабыл өлтүргөн – 34240.

АБЫШ – кырк чоронун бири – 2468, 7968, 15936, 31385, 34766, 45214.

АГАЛДАЙ – Көзкамандын балдарынын бири – 35395, 35504.

АГЫДАЙ – кырк чоронун бири – 2449, 7958, 15929, 31378, 34859, 42011, 42027, 45207.

АГЫШ – уруу башчыларынын бири – 2971, 3465, 5403, 6324, 12111, 12579, 13644, 13884, 38935, 38952.

АДАМ – адамдардын түпкү атасы – 5432, 5436, 19486, 34227, 34595, 38253, 40251, 44394.

АЖЫБАЙ – кырк чоронун бири – 2433, 3191, 7679, 7764, 7785, 7932, 9150, 9160, 9167, 9184.

АЗАТ – Шаңкай шаарынын жаң-жуңу – 45452.

АЙГАН – кан, Манастын кайнатасы – 39557.

АЙГАНЫШ – Көкөтөйдүн аялдарынын бири – 1414.

АЙГАНЫШ – Жолойдун аялы – 13406.

АЙДАР – Бокмурундун жигиттеринин бири, чабарман – 949, 1238, 4101, 4102, 4104, 5127, 5134, 5144, 5149, 5173.

АЙДАРКАН – кан, Көкчөнүн атасы – 1364, 2103, 2612, 2975, 3657, 5045, 9063, 16373, 25713, 25862.

АЙКОЖО – дин таратуучу – 1993, 2699, 4382, 4412, 5107, 5337, 6852, 11321, 11546, 40813.

АЙНАЛУП – немис элинин улугу – 36371.

АЙЧАК – дөө, кан, Кошойдун түпкү аталарынын бири – 24655.

АЙЧҮРӨК – Акун кандын кызы – 39372.

АЙЫМКҮЛ – Манастын айылындагы аял, Семетей төрөлгөндө жерден алат – 35794.

АЙЫМКҮЛ – Көкөтөйдүн аялы – 233.

АЙЫП – байгамбар – 35020.

АКБАЙ – уруу башчыларынан – 2870, 3466, 3675, 8676, 8382, 8698, 8710, 10191, 10198, 12580.

АКБАЙ – кары адам, кыргыз – 11643, 11648, 11670.

АКБАЛТА – нойгуттардын каны, Чубактын атасы – 5132, 12241, 16480, 23821, 24000, 24097, 24115, 24152, 24178, 24189.

АКДӨӨ – Жазыйра каптоосунда жашаган дөөлөрдүн улугу – 1182, 4796.
АКЕРКЕЧ – Көкчөнүн аялы – 9067.
АКУН – кан, Оогандын каны – 304, 3002, 3469, 3666, 4833, 5115, 14232, 37477, 38760, 39333.
АКЫЛАЙ – Манастын аялы – 18097, 18593, 35006, 34880, 35545, 35584, 35588, 35598, 35604, 39559.
АЛАКАН – жайсаң, кабарчы – 36519, 36528.
АЛАКЕН – кырк чоронун бири – 2470, 7970, 15938, 31387, 34767, 38109, 38127, 45216.
АЛАКУН – Кашкардын каны – 24690.
АЛАЧ – кан, Манастын түпкү аталарынын бири – 31350.
АЛАМАН – Манастын жигити, чабарманы – 2532.
АЛАЧАК – Англия элинин беги – 36954.
АЛАШБЕК – көптүн бири, жай адам – 10910.
АЛМАМБЕТ – негизги каармандардын бири – 2430, 6938, 6942, 6945, 6965, 6976, 7044, 7161, 7169, 7665.
АЛООКЕ – белгилүү кан, кытайлардан – 71, 980, 1030, 1034, 4667, 4674, 4986, 5661, 6039, 6750.
АЛТАЙ – кырк чоронун бири – 2445,7953, 15925, 31374, 34755, 45203.
АЛТЫНАЙ – Манастын аялы – 34880, 35545, 35581, 35932, 39557, 39570, 39582, 43649, 45748, 46185.
АЛТЫНКӨКҮЛ – думара уруусунун башчысы – 11156, 11164.
АЛЫМБЕК (Алым) – Алакендин атасы – 2470, 15938, 34768, 45216.
АЛЫМЖАН – Ырчы уулдун өз аты – 24113.
АЛЫМКАН – Каныкейдин жан-жөкөрү – 43539.
АЛЫМСАРЫК – бий, уруу башчыларынан – 11216, 11219, 11224, 11225.
АЛЫМСЕЙИТ – казак, уруу башчы – 2975.
АЛЫМСОК – өтүкчү – 19262.
АЛЫМШАА – Алакендин атасы – 7970.
АРБАЛДАЙ – Көзкамандын балдарынын бири – 35390, 35507.
АРУУКЕ – Алмамбеттин аялы – 9346, 9577, 9653, 16213, 19857, 19859, 19867, 39798, 39811, 39815.
АСКАР – Жумабектин атасы – 12666.
АТАЙ – кырк чоронун бири – 2438, 7937, 15919, 34749.
АТАЙ – жигит, дарыга от коёт – 37137.
АТАКУЛ – Алымкандын күйөөсү – 43539.
АТАЛА – дөбөт элинин каны – 4621.
АТАЛАБЕК – бек – 12123.
АТИРЕТ – баатыр, арман журтунун улугу – 36949.
АТЫР – кытай жылкычысы – 29650.
АЧАҢ – дөө, кытай баатыры – 31333.
АШЫР – датка, белгилүү адам – 24348, 24351, 24360, 29369, 24380.
БАБА – кары, сыйлуу адам – 44004.
БАБУР – кыргыздардын түпкү аталарынын бири, кан – 3.
БАГУШ – Манастын түпкү аталарынын бири – 24508, 24523.
БАГЫШ – уруу башчысы, жедигерлердин улугу – 2652, 2653, 2841, 2970, 4862, 4929, 4946, 4956, 6323, 12119.
БАЙ – Жакыптын агасы, Бакайдын атасы – 35472.

БАЙ – Көкөтөйдүн тууганы – 217, 222, 518, 3960.
БАЙГУР – Манастын түпкү аталарынын бири – 31348.
БАЙИТ (Байыт) – Манастын аталаш тууганы – 35208, 35305, 35306, 39401, 41866, 41869, 41923, 42679, 42682, 42767.
БАЙМЫРЗА – Көкөтөйдүн тууганы Байдын уулу – 219, 222, 518, 650, 893, 1382, 1538, 1720, 1726, 1730.
БАЙНАҢСАҢ – балбан, баатыр – 36513.
БАЙСАБАЙ – Серектин өз аты – 23013.
БАЙТАЙЛАК – Бакайдын иниси – 42067, 42069.
БАЙЫЗ – Көкөтөйдүн туугандарынын бири – 3923, 4048.
БАЙЫШ – Карачанын атасы – 24640.
БАКАЙ – акылман, негизги каармандардын бири – 2429, 2590, 2873, 5714, 5754, 5800, 7652, 7659, 7714, 7722.
БАКАТИЛ – Көкөтөйдүн чоң атасы – 2396.
БАКДӨӨЛӨТ – Жакыптын кичи аялы – 34994, 39390, 39394, 39402, 39425, 39503, 39535, 43117, 46162.
БАКУРУШ – батыш элдеринин биринин каны – 5111.
БАКЧА – бий – 12118.
БАЛТАМАТ – бараң элинин улугу – 4513.
БАҢСАҢ – калмак баатыр, башкаруучуларынан – 43251, 43256, 43262.
БАЯН – баатыр, чагаан уруусунун башчысы (кытай) – 33564.
БАЯТ – Жакыптын кичи аялынан туулган баласы – 35004.
БЕГАЛДАЙ – Көзкамандын балдарынын бири – 35516.
БЕГИМЖАН – Каныкейдин жанындагы аял – 43538.
БЕДӨӨҢ – чыраш уруусунун башчысы – 11815.
БИРМЫСКАЛ – Кара: Мыскал.
БОДОҢ – төрө, баатыр (кытай) – 33524.
БОЗКЕРТИК – белгилүү калмак баатырларынын бири – 1002, 4990, 7134, 8070, 10639, 11371, 11467, 11813, 11827, 12335.
БОЗ УУЛ – кырк чоронун бири – 2490, 15031, 15950, 20560, 20573, 21033, 21042, 21044, 21046, 21082.
БОКМУРУН – Көкөтөйдүн уулу – 242, 268, 299, 325, 429, 521, 741, 793, 899, 1391.
БОРООНЧУ – кытай, калмактардын белгилүү баатырларынын бири – 950, 4705, 4994, 6748, 8064, 10435, 10939, 10948, 11809, 27140.
БООБЕК – кырк чоронун бири – 2443, 7951, 15924, 31373, 34753, 45201.
БӨГӨЛ – кырк чоронун бири (кыясы, кырк чоронун ичинде эки Бөгөл бар, бул Бөгөл «Бөрү жолдуу Бөгөлү» делет): 2488, 15030, 15958, 31401, 34786, 45237.
БӨГӨЛ – кырк чоронун бири – 2485, 7985, 15027, 15955, 31401, 34783, 45234.
БӨЙӨН – кан, Манастын түпкү аталарынын бири – 29331.
БӨКСӨ – Бөйөн кандын атасы – 29331.
БУДАҢЧАҢ – кан, калмак-кытайлардын белгилүү баатырларынын бири – 11370, 11467, 12077, 12331, 12517, 12589, 26120, 26167.
БУУДАЙЫК – Музбурчактын атасы – 1247, 4175, 5078, 8743, 14290, 15710, 15771, 16470, 18582, 22829.
БУУРА – кыргыздардын түпкү аталарынын бири, кан – 3.
ГҮЛКАНЫШ – Көкөтөйдүн аялдарынын бири – 695, 902.
ДАГУЛУК – Көкөтөйдүн туугандарынан – 3920, 4045, 4097, 36800.
ДАГЫЛ – баатыр, дөө, кытай жылкычыларынан – 42372.

ДАГЫЛБЕК – кыпчактардан, кароолчу, чалгынчы жигит – 42269, 42270, 42288.
ДЕБЕГИ – Коңурбайдын жигити – 6119, 6123.
ДЕБЕГИ – Жакыптын кичи аялынан туулган баласы – 35002, 35203, 35298, 39999, 41866, 41869, 42681, 42682, 42767, 43429.
ДЕБЕГИ – кыргыз баатырларынан – 34506, 34515.
ДЕЛБЕГИ – Бегимжандын күйөөсү – 43538.
ДЕҢДАРОО – кытай баатыры, мерген – 45344, 45377, 45392, 45401, 45403, 45408.
ДОҢГОК – Чоюн алптын атасы – 445.
ДӨГӨН – баатыр (кытай) – 33565.
ДӨГҮШ – эл, уруу башылардын – 2998.
ДӨМҮЛ – дөбөй элинин каны – 4813, 9092.
ДӨРБӨҢ – Төртайдын атасы – 7954.
ДӨРБӨЛДӨЙ – Көзкамандын балдарынын бири – 35390, 35507.
ДӨРБӨН – кырк чоронун бири – 2487, 7987, 15957, 23973, 31403, 34785, 45236.
ДУГУЛ – балбан, кытайлардан – 37038, 42547.
ДҮҢГҮЛҮК – алп, кышталак калкынын улугу – 36932, 36933.
ЖААНБАЙ – Абдылданын атасы – 46620.
ЖААНГЕР – кожо, касиеттүү адам – 13749, 46349, 46373.
ЖАБЫКЕ – кырк чоронун бири – 31411, 34790.
ЖАГӨӨР – орустардын улугу – 36366.
ЖАДИГЕР – Багыштын атасы – 4862.
ЖАДОО – жайсаң, жаян журтунун улугу – 36928.
ЖАЙДАР – Акбайдын атасы – 3675.
ЖАЙНАК – кырк чоронун бири – 2476, 7976, 15948, 23747, 23779, 23781, 23762, 31392, 31397, 34775.
ЖАЙНАК – Бакайдын жардамчы жигити – 20439, 20439, 20440.
ЖАЙСАҢ – кырк чоронун бири – 2440, 7939, 15921, 31371, 34751, 45198.
ЖАЙЫЛ – кытай баатыры – 31335.
ЖАКЫП – Манастын атасы – 18, 21, 200, 524, 1355, 5705, 9662, 29344, 32494, 34989.
ЖАМГЫРЧЫ – кан, уруу башчысы – 2635, 3039, 4838, 5055, 5402, 6922, 8041, 8429, 10467, 11540.
ЖАНАДИЛ – Көкөтөйдүн атасы – 76, 892, 1874, 2395, 24701.
ЖАНАЙ – уруу башчысы, кырк чоронун бири – 3044, 5009, 8051, 36493, 38521, 34184, 43338, 44119.
ЖАНЫГУЛ – Сыргактын өз аты – 28700, 39469, 44023.
ЖАҢГИР – Жабыкенин атасы – 31411.
ЖАҢЫБАЙ – жылкычы – 5794.
ЖАПАК – Шыгайдын уулу – 24, 25.
ЖАПЫШ (Жапас) – адам баласынын түпкү аталарынын бири – 20379, 29830.
ЖАЯЛА – баатыр, жайсаң уруусунун башчысы – 33563.
ЖЕБИЛ – Төлөктүн жигити – 41949.
ЖЕДИГЕР – Багыштын түп атасы – 4860, 5402, 6323, 8042, 35226.
ЖЕМШИТ – легендарлуу баатыр – 3346.
ЖЕТКИР – чал, Агыштын атасы – 2971, 5403, 6324, 35227, 44115.
ЖОЛОЙ – кан, белгилүү баатырлардын бири, калмак – 995, 4581, 4899, 5762, 5765, 5767, 5769, 5771, 5779, 5833.
ЖООДАРЫ – Чегиштин атасы – 8395.
ЖООН АЛП – дөө, перилерден – 4780, 5095, 36876.
ЖООРУНЧУ – кырк чоронун бири – 2484, 6557, 7984, 13068, 13108, 14875, 14880, 14884, 14885, 14890.

ЖУМАБЕК – Жолойдун жигити – 12666, 12683, 12703.
ЖҮГӨРҮ – уруу башчы, кан – 2878, 3042, 4840, 5001, 5405, 6325, 43720, 44117, 46329.
ЖҮДӨӨ – баатыр (кытай) – 33565.
ЖҮДӨӨЛҮ – аяр, Семетей төрөлгөндө эл чакырган жигит – 365804, 36509.
ЖҮЗГӨН – Каманбектин атасы – 9754.
ЖЫЛМАҢ – кытай жылкычысынын бири – 29467.
ЗАҢГЫР – дөө, Коңурбайдын агасы – 43231.
ЗАҢЗАЛ – аяр кыз, Заңгыр дөөнүн кызы – 43232.
ЗЫЯНДАШ – Акбайдын колуктусу – 8704.
ИСКЕНДЕР – легендарлуу баатыр – 5438, 27369, 41628.
КААР – Үрбүнүн атасы – 36487.
КАБЫКЕ – кырк чоронун бири – 31410, 34789.
КАБЫЛ – кытайлардын түпкү атасы – 29813, 34227, 44393.
КАДЫР – кырк чоронун бири – 2476, 7976, 15948, 23775, 31392, 34775, 45222.
КАДЫРСЕЙИТ – молдо – 23061.
КАЙГЫЛ – кырк чоронун бири – 2485, 7985, 15027, 15123, 15955, 31401, 34783, 45234.
КАЙЫП – кан, Карабөрктүн атасы – 34883, 39552, 43652.
КАЙЫП – Аруукенин атасы – 9346, 9577.
КАЛДАЙ – баатыр, балбан (кытайлардан) – 44250.
КАЛДАР – казактардан, уруу башы – 9845.
КАЛДАР – түмөн башы, калча – 44547, 44548, 44570.
КАЛДАР-БАЯН – кытай баатыры, жылкы кайтаргандардан – 42335, 42414, 42524, 42598, 42637, 42646, 42657, 42704, 43060, 45340.
КАЛДАРБЕК – чабаганчы жигит – 35668, 35673, 35674, 35742.
КАЛКАМАН – кырк чоронун бири – 2454, 7962, 11116, 12107, 15933, 23392, 24267, 31382, 34763, 45210.
КАЛЧА – уруу башылардан – 3198.
КАМАН АЛП – дөө, кан – 448, 4782, 5096, 36877.
КАМАНБЕК – катардагы адам, калмак – 9754, 9768.
КАМБАР (Камбарбек) – Чаликтин атасы – 2436, 7935, 15917, 31367, 34747, 45194.
КАМБЫЛ – балбан, Сапырандын баатыры – 24679.
КАНЫКЕЙ – Манастын аялы, негизги каармандардын бири – 9145, 9146, 9210, 9250, 9258, 9277, 9313, 9423, 9426, 9479.
КАНЫШАЙ – Түлкүнүн кызы, Бокмурундун колуктусу – 306, 1453.
КАРАБӨРК – Манастын аялы – 34883, 35547, 35581, 39552, 39582, 43652, 45752, 46183.
КАРАГУЛ – кытайлардын жылкычыларынын баштыгы – 29566, 29589, 29644, 29654, 29697, 30491, 30515, 30517, 30633, 30654.
КАРАКАН – Каныкейдин атасы – 9207, 9250, 18697, 34885.
КАРАКАН – кыргыздардын түпкү аталарынын бири, кан – 13, 27307, 29329, 29330.
КАРАКОЖО – кырк чоронун бири – 2441, 7949, 15922, 23008, 31372, 34752, 42034, 45199.
КАРА ЛӨК – кытайлардын жылкычыларынын башчысы, Карагулдун лакап аты – 42337, 42340, 42547, 42565, 42605, 42634, 42725, 42739.
КАРАМАР – калмак башчыларынын бири – 11774.
КАРАТАЗ – көөрүкчү, уста – 33876.

КАРАТОКО – кырк чоронун бири – 9475, 35958.
КАРАЧ – кыргыздардын түпкү аталарынын бири, кан – 15.
КАРАЧ – уруу башчыларынын бири – 12091.
КАРАЧА – Каткаландын өз аты – 12337.
КАРАЧА – жүз уруусунун башчысы – 24640.
КАРАЧА – бек, кан – 8144.
КАРАШАК – Жүгөрүнүн атасы – 5405.
КАРЫНБАЙ – легендардык бай – 2153, 5506.
КАСБАЙЫР – мыкты аты бар белгилүү адам – 20476.
КАТАЛ – Карагулдун атасы – 30788.
КАТАЛАҢ – баатыр, нойгуттардан – 45410.
КАТАЛБЕК – молдо, Бакайдын катчысы – 20450.
КАТАЛЫК – балбан, кышты-коңкош калкынан – 37212, 37229.
КАТАМБЫЛ – баатыр, каңгайлардан – 45433.
КАТКАЛАҢ – Сайкалдын атасы – 4998, 8066, 11810, 12332, 12715, 24612, 27142, 29260, 29803, 31327.
КАШАЛАК – кан, батыш элдеринин биринин зору, улугу – 1114, 1121.
КАШЫМ – Баймырзанын атасы – 1970, 4044.
КАШЫМБЕК – кары адам, Көкөтөйдүн тууганы – 3918.
КЕДЕР – Жолойдун атасы – 8771, 32492, 45551, 45553.
КЕЙКУБАТ – дөө, башкаруучу – 9090.
КЕЛКҮМӨН – кытай баатыры, жылкычы – 42345, 42347, 42403, 42419, 42424, 42428.
КЕМЕЛ – мысыр менен Көпөнүн каны – 4304, 5106, 8142.
КЕРБЕН – кырк чоронун бири – 2486, 7986, 15956, 23973, 31402, 34784, 45235.
КЕРЕБИЛ – балбан, ангилия журтунан – 37248.
КЕРКЕ – орустардын каны – 4471.
КЕРКӨКҮЛ – уруу башчысы, баатыр – 2109, 3043, 3184, 5007, 8050, 8423, 12085, 36492, 36808, 38520.
КЕТЕЛИК – эл, уруу башылардан – 2998.
КИЕҢКЕС – дөө, кан – 4751.
КИТЕП АЛП – жең тумшуктардын чоңу – 4783, 5067, 36878.
КИШИДАШ – дөө, перилердин улугу – 4752, 4753, 4758.
КОЖОШ – уруу башчыларынан – 3465, 3696, 13644, 13883.
КОҢГУРООЛУУ – бай, Абыштын атасы – 2468, 7968, 15936, 31385, 34766, 45214.
КОҢУРБАЙ – кытайлардын негизги баатыры – 1035, 4673, 4963, 4978, 6035, 6038, 6042, 6045, 6072, 6106.
КОЧКОР – Жакыптын кичи аялынан туулган баласы – 35002, 35203, 35298, 39999, 41953, 41991, 43123.
КОШОЙ – кан, белгилүү баатырлардын бири – 648, 2099, 2969, 3036, 3216, 3463, 3523, 3574, 3576, 3609.
КӨБӨШ – Манастын аталаш иниси – 9662, 19699, 34997, 35198, 35295, 39405, 41994, 42301, 42388, 42392.
КӨГӨЙ – Манастын чоң аталарынын бири, кан – 4, 5.
КӨГҮШ – Керкөкүлдүн атасы – 3043.
КӨДӨҢ – дагыр уруусунун башчысы – 11817.
КӨДӨҢ – кытай баатыры – 31335.
КӨЗКАМАН (Үсөн) – Манастын аталаш туугандарынан, Жакыптын агасы – 35384, 35501.

КӨКБӨРҮ – Көккоёндун атасы – 8649, 46508.
КӨКДӨӨ – Кап тоосунда жашаган дөөлөр калкынын улугу – 1184, 1202, 4796.
КӨККОЁН – султан, эл, уруу башылардын бири – 3467, 8649, 8655, 8671, 8673, 13646, 13885, 46508.
КӨКМӨК – Керкөкүлдүн атасы – 2109, 5007, 8050, 36492, 38520, 43178, 44118.
КӨКӨКТӨЙ – бай, кан, белгилүү каармандардын бири – 76, 96, 103, 126, 131, 152, 166, 177, 188.
КӨКТАТАР – сая журтунан чыккан дөө, баатыр – 40589, 40629, 40657, 40661, 40718, 40726, 40751, 40878, 40889, 41138.
КӨКЧӨ – кан, белгилүү баатырлардын бири – 1364, 2103, 2108, 2612, 2615, 2858, 3037, 3464, 3657, 3665.
КӨКЧӨКӨЗ – Манастын аталаш туугандарынын бири – 35386, 35502.
КӨҢКҮШ – аяр, баатыр, кабарчы (кытайлардан) – 44197, 44200.
КӨПӨК – тайып уруусунун беги – 4418.
КӨТӨЛӨК – дөө, кан – 8140.
КӨЧПӨС – бай, Жанайдын атасы – 2110, 3044, 5009, 8051, 12112, 36493, 38521, 44119.
КУДАЙКУЛ – советтик кызматкер – 46675.
КУДАҢ – кытай баатыры – 31335.
КУЗБАР – кытай баатырларынан – 30431.
КУМАР – Дебегинин атасы – 34506.
КУТАН АЛП – дөө, перилерден – 4782.
КУТМАН – бай, кадырлуу адам – 9844.
КУТУБИЙ – кырк чоронун бири – 45609, 45615.
КУТУЛДУК – Санжыбектин өз аты – 34734.
КУТУНАЙ – кырк чоронун бири – 2434, 12615, 15915, 16450, 31365, 34745, 37485, 41935.
КҮЛАЙЫМ – Көкөтөйдүн аялдарынын бири – 7484.
КҮЛДҮР – Чалыбайдын атасы – 2432, 7676, 15913, 16448, 31363, 34743, 44005, 45190.
КҮЛЖАР – Көкөтөйдүн аялдарынын бири – 1414.
КҮЛЧОРО – Алмамбеттин уулу – 9656.
КҮМӨН – Алмамбеттин жигити – 39467.
КҮШӨҢ – кары адам, кытайлардан – 11641, 11642, 11645.
КҮШӨНДҮ – жети мурук журтунун улугу, башкаруучусу – 486.
КҮСАЙШЫН – Түрмө-Карыш деген аралдагы элдин улугу – 1081.
КЫДЫРШАА – Анжыяндын илгерки улугу – 24667.
КЫЗКЫЯЛ – кытайлардын көзгө атар мергени – 42753.
МЕДЕТ – Жакыптын кичи аялынан туулган баласы – 34999, 35200, 35303, 39397, 41745, 41782, 41814, 41864, 42688, 42712.
КЫЗЫЛДӨӨ – жин-перилерден – 4796.
КЫЙШЫҢГҮҮ – дөө, Азатчан деген жердин улугу – 36827, 36853, 36907, 36915, 37000, 37005, 37008, 37041, 37044, 37062.
КЫРГЫЗ – кан, кыргыздардын түпкү аталарынын бири – 2393.
КЫРГЫЛ – кырк чоронун бири – 2452, 2590, 3195, 5346, 6345, 6347, 6953, 7645, 7661, 7714.
КЫРМУС – Мурадилдин атасы – 930, 4622, 4979, 6746, 8062, 10430, 10645, 12328, 12713, 21945.

КЫЧАР – кан, кытайлардан – 12337.
КЫЯШ – Жолойдун аялы – 12671.
КЫЯЛАТ – Калдай баатырдын атасы – 44250.
МААМЫТСУЛТАН – Балык менен Бадакшандын каны – 4251, 5105, 8139.
МАГПЫР – легендарлуу баатыр – 3346.
МАЖИК – кырк чоронун бири – 2435, 3472, 7577, 7538, 7934, 15939, 31366, 31388, 34746, 42016.
МАЗАБЫЛ – курайыш уруусунун башкаруучусу – 1210.
МАКЕЛ-МАЛГУН – дөө, кан – 27060, 27388, 27417, 27437, 27523, 27541, 27751, 27801, 27807, 27812.
МАМБЕТ – уруу башчыларынан – 2870, 3466, 3681, 13645, 13883.
МАНАС – эпостун башкы каарманы – 21, 26, 31, 60, 80, 100, 104, 116, 123, 125.
МАНЖЫ – кан, калмактардын түпкү атасы – 24516.
МАҢГУЛ – кыргыз менен калмактын түпкү атасы – 579, 580, 8555, 13443.
МАҢГЫТ – кыргыздардын түпкү атасы – 46535.
МАРДЫКЕЛЕҢ – таз, дөө – 10251, 10259, 10401, 10432, 10438, 10445, 10448, 10450, 10482, 10494.
МАШАЛАК – балбан, Көктатар дөөнүн жардамчысы – 40613, 40621, 40626, 40658, 40724, 40727, 40777, 40821, 40855, 40858.
МОЛДОКУЛ – молдо – 45038.
МУЗБУРЧАК – уруу башчысы, кан – 1257, 2868, 3048, 4175, 5078,7149, 8743, 12080, 13925, 13936.
МУКАМБЕТ – байгамбар – 33901.
МУРАДИЛ – белгилүү калмак баатырларынын бири – 930, 4622, 4979, 4746, 7147, 8062, 10430, 10645, 12328, 12713.
МУСА – байгамбар – 1989, 11983, 13415, 14086, 24513, 35020.
МЫСКАЛ – Эсенкандын кызы – 38727, 39013, 40144, 40426, 40452, 40461, 40463, 40481, 40494, 40501.
НАМУРУТ – байыркы өткөн легендарлуу башкаруучулардын бири – 41644.
НЕЗКАРА – калмак баатырларынын бири, белгилүү кадырман адам – 936, 4623, 4982, 6744, 8063, 10431, 40646, 11807, 12329, 12712.
НОГОЙ – Манастын чоң атасы, кан – 6, 18, 7991, 29343, 29344, 35210, 35740, 35530, 36709.
НУК – байгамбар – 41155.
НУРГАБИЛ – дөө, перилер башкаруучусу – 12036.
НУРКАБЫЛ – Көкөтөйдүн тууганларынан – 3923, 4048.
НУСКАН – дөө, Панустун атасы – 24703.
ОБО – адамдардын түпкү энеси – 41459, 44394.
ОРГО – кан, калмактардан – 69.
ОРОЗДУ – Жакыптын агасы – 35472, 35473, 35494.
ОРОҢГУ – кан, балбан аял – 958, 959, 4708, 4996, 6749, 7078, 8065, 8073, 10348, 10374.
ӨМҮР – легендарлык белгилүү адамдардын бири, кары – 35023.
ПАНУС – кан, кытайлардан – 79, 89, 102, 112, 119, 1777, 2496, 24702.
СААЛАЙ – датка, кадырлуу адам – 2673.
САБАЙ – бий, Атайдын баласы – 15919.
САГЫМБАЙ – манасчы – 35025, 145184, 46583, 46592, 46654, 46684.
САДЫК – уста, Манаска күмбөз салган адам – 46488, 46489, 46491.

САЙКАЛ – баатыр, балбан кыз – 4998, 8066, 11810, 12332, 12715, 24612, 24630, 27142, 29260, 29804.

САМАР – кан, легендарлуу адамдардын бири – 24644, 24669, 24672.

СААНИРАБИЯ (Санирабига) – Каныкейдин өз аты – 35601.

САНЧЫБЕК (Санчы, Сынчыбек, Санжыбек) – кан, уруу башчыларынын бири – 1271, 2673, 2866, 3047, 3205, 9034, 9041, 12124, 13661, 14228.

САҢИБИЛ – балбан, кышталак калкынан – 37210, 37223.

САҢЫРОО – балбан, баатыр, туңшалыктардан – 37030.

САПЫРАҢ – кыргыздарга кордук көргөзгөн улуктардын бири – 24675.

САРГЫЛ – уруу башы, Баймырзаны чаап алган адам – 3968.

САРГЫЛ – бий, Сатайдын атасы – 2437, 7936, 15918.

САРЫ – дарбазачы, уруусу сарт – 24350, 24360, 24373.

САРЫДӨӨ – Сакалаттын башкаруучусу, каны – 5088.

САТАЙ – кырк чоронун бири – 2437, 7936, 15918, 31368, 34748, 45195.

САЯТ – Абдырамандын атасы – 8410.

СЕБЕТ-ТУҢША – манжуриялык улуктардын бири – 36888.

СЕДЕТ – Жакыптын кичи аялынан туулган баласы – 34999, 35200, 35303, 39997, 41745, 41814, 41864, 42688, 42712, 42746.

СЕЙИТ – уруу башчыларынан – 2876, 3193.

СЕЙИТ – Кемелдин атасы – 4304.

СЕЙЛИКАН – кан, легендарлуу адамдардын бири – 24643.

СЕМЕТЕЙ – Манастын уулу – 9652, 9659, 37836, 37837, 43611.

СЕРЕК – кырк чоронун бири – 2459, 2461, 2466, 5129, 5168, 7965, 15934, 16346, 16351, 16362.

СОЛОБО – Соорондуктун атасы – 1012, 4992, 8071, 10460, 11814, 17971, 17972, 25522, 27148, 29269.

СООБОЛ – баатыр, жаян элинен – 37252.

СООРОНДҮК – кан, Алмамбеттин атасы – 1012, 4990, 104600, 11814, 12336, 17972, 17973, 25523, 25985, 26051.

СУДАҢ – дөө, кытай баатыры – 31333.

СУКАЛ – кары, сыйлуу адам, калмактардан – 11825.

СУКАН – дөө, сыйкын журтунун башчысы – 968.

СУКТУР – Карачанын атасы – 8144.

СУКУМБЕК – Бокмурундун жигити – 5860.

СУЛАЙМАН – байгамбар – 4540, 5438, 22284, 41628.

СУЛТАКАН – уруу башчыларынын бири – 12109.

СУҢСАҢ – аяр, Мыскалдын кабарчысы – 44410, 44433, 44447, 44464, 44469, 44470, 44479, 44484, 44486, 44501.

СУРКАН – кары, кадырлуу адам, калмактардан – 10658.

СЫРГАК – белгилүү баатыр, кырк чоронун бири – 2464, 2466, 5129, 5138, 5168, 12611, 15228, 15934, 16193.

ТАГЫЛЫК – кытай баатырларынын бири – 27149.

ТАЗ – Үрбүнүн атасы – 6403, 8435, 11136, 13972, 16306, 17390, 33250, 35220, 39221, 43152.

ТАЗБАЙМАТ, же БАЙМАТ – кырк чоронун бири – 2491, 15032, 15951, 19373, 22944, 22945, 22854, 22966, 23026, 23030.

ТАТАР – Маңгулдун бир тууганы – 580.

ТЕЙИШ – уруу башчыларынан – 3200.

ТЕЙИШ – кан, Текестин иниси – 24610.
ТЕКДАГУЛУК – кытай баатырларынын бири – 45345, 45356, 45367, 45372.
ТЕКЕ – Сыргактын өз аты – 23327.
ТЕКЕС – кан, калмактардан – 68, 3727, 12376, 34822.
ТИМУЧУН – легендарлуу баатыр, кан – 34952.
ТОКОЛДОЙ – Көзкамандын балдарынын бири – 35397.
ТОКОТОЙ – кырк чоронун бири – 2451, 3202, 7961, 15931, 23409, 24270, 31380, 34761, 39476, 39480.
ТОКТУК – баатыр, саадакчыл, Кыянгуу шаарынан – 45508, 45517, 45529, 45541, 45544, 45561.
ТОКШУКЕР – Бозкертиктин атасы – 4990, 8070, 11813, 12335, 27147, 29265, 29807, 31331, 32078, 32453.
ТОЛТОЙ – Багыштын уулу – 4934.
ТОЛУК – кытай жылкычысы – 29649.
ТООРУЛЧУ – кырк чоронун бири – 2485, 7985, 15027, 15955, 31401, 34783, 45234.
ТОРУМ – чебер уз, акылмандыгы менен атагы чыккан кыз – 5596, 5650.
ТӨБӨЙ – кыргыздардын түпкү аталарынын бири, кан – 4.
ТӨЛӨБЕК – табып казактардан – 39177.
ТӨЛӨК – кырк чоронун бири – 2447, 7955, 15927, 31376, 34757, 34815, 41944, 41960, 41978, 42007.
ТӨРТАЙ – кырк чоронун бири – 2446, 7954, 15926, 31375, 34756, 45204.
ТӨШТҮК – белгилүү баатырлардын бири – 1261, 4837, 5023, 6321, 6623, 8040, 8545, 8548, 8553, 8565.
ТУЛУС – кан, баатыр, калмактардан – 70.
ТУРНА – Алмамбет жаш чагында жактырган кыз – 30331.
ТУЮНЧАҢ – дүбүрө журтунун улугу – 36814, 36821.
ТҮЛКҮ – Акундун агасы, Оогандын каны – 304, 306.
ТҮМӨН – кырк чоронун бири – 2482, 7982, 15943, 31395, 34780.
ТҮНДҮКЧҮ – кытай Карагул минген Торайгырдын ээси – 31082.
ТЫМАПЕЙ – орус балбаны – 36989.
УГУЗ – кыргыздардын түпкү аталарынын бири, кан – 9, 1365, 1890, 2404, 22875, 22891, 23673, 24638, 24845, 27307.
УЙГУР – Манастын түпкү аталарынын бири – 31348.
УШАҢ – белгилүү баатырлардын бири, калмак – 4581, 4984, 6747, 10653, 11774, 11808, 11828, 11859, 12261, 12330.
УЮК – Багыштын атасы – 4832.
ҮЙШҮНБАЙ – бай, кадырлуу адам – 9823.
ҮМӨТ – уруу башчыларынын, кырк чоронун бири – 3466, 7938, 12115, 15920, 31371, 34750, 42063.
ҮМӨТ – Жайсаңдын атасы – 2440, 7939, 15921, 31371, 34751, 45198.
ҮНДҮЧАК – дөбөт элинин каны – 4622.
ҮРБҮ – кан, кыпчак уруусунун башкаруучусу – 1323, 2643, 3041, 3179, 4839, 5061, 5404, 6320, 6403, 6406.
ҮРҮСТӨМ – легендардык баатыр-каарман – 11341, 23610, 26143, 33446.
ЧАБАЛА – Какан шаарынан дуу-ду, кытай баатырларынан – 29404, 29445, 29467, 29487, 29494, 29547, 29856, 29953.
ЧАБУУЛ – Угуз кандын атасы – 29338.
ЧАБЫР – кытай жылкычысы – 29648.
ЧАГАЛДАЙ – Көзкамандын балдарынын бири – 35395, 35504.

ЧАГЫРАЙ – Алооке кандын уулу, сынчы – 5669, 5671, 5674, 5678, 5689.
ЧАЙЫШ – Чегиштин атасы – 24673.
ЧАКИН – кытай жылкычысынан – 29647.
ЧАКШАЙЫШ – эргежээл элинин уругу – 1071.
ЧАЛИК – кырк чоронун бири – 2436, 7935, 15917, 31367, 34747, 45194.
ЧАЛЫБАЙ – кырк чоронун бири – 2432, 7676, 7933, 9150, 9160, 9167, 9184, 9227, 9272, 9302.
ЧАЛЫҢГЫР – кытай жылкычысынан – 29647.
ЧАНАК – Чоюн (кытай балбаны) баатырдын атасы – 10667.
ЧАҢГЕЛИ – дуу-ду, кытай мыктыларынын бири – 27357.
ЧАҢКӨДӨҢ – кытай балбаны – 36992.
ЧАТАҢАЙЫШ – бараңдардын каны – 4802.
ЧАЯН – кан, Манастын түпкү аталарынын бири – 29333.
ЧЕГЕ – эштектерден, жоодон качкан жигит – 43359, 43369.
ЧЕГИШ – кан, Бадакшандын улугу – 2979, 4840, 8395, 12110, 13887.
ЧЕГИШ – Самаркандын тукуму – 24673.
ЧОРКУН – кытай жылкычысы – 29648.
ЧОЮН – балбан, дөө (кытайлардан) – 10667, 10670.
ЧОЮН АЛП – кан, дөө, Желпиништин башкаруучусу – 445, 4435, 4441, 5094.
ЧОЮНКУЛАК – алп, Кубайыс чөлүндө жашаган элдин улугу: – 1090, 36874.
ЧУБАК – эпостогу негизги баатырлардын бири – 5132, 5168, 12241, 12611, 16480, 23821, 23824, 24019, 24021, 24031.
ЧЫЙЫР – Көгөйдүн кенже уулу – 8, 34992, 34993.
ЧЫЙЫРДЫ – Манастын энеси – 34994, 37820, 39499, 45755, 45761, 46155.
ЧЫЛАБА – Коңурбайдын, Алмамбеттин түп аталарынын бири – 12858, 17970, 24579, 25521, 30168, 30169, 31743.
ЧЫЛАНТУУ – баатыр, кытайлардан – 12716.
ЧЫНГЫЛ – кытай жылкычысы – 29648.
ЧЫНКОЖО – Жапактын уулу – 26, 28.
ЧЫНООНЧҮК – балбан, баатыр, дөбөт элинен – 11597, 11622, 11652, 12125.
ШААБЕК – кырк чоронун бири – 2443, 7951, 15924, 31373, 34754, 45201.
ШАБЫР – кытай жылкычысы – 29649.
ШАГЫЛ – бий, Атайдын атасы – 7937, 34749, 34820, 45196.
ШАГЫЛ – боёкчу сарт – 9341, 19209.
ШАКАН – Манастын энеси – 34991.
ШАҢДӨӨГӨР – балбан, кытайлардан – 11585, 11588, 11591, 11620, 11644.
ШИБЕН – кытай жылкычысы – 29652.
ШИШ – байгамбар – 5436.
ШООРУК – кан, Акылайдын атасы – 35006, 35584, 39559.
ШУҢГОО – кытайлардын түпкү атасынын бири, кан – 38777, 38782.
ШУУТУ – кырк чоронун бири – 2476, 2482, 7976, 7982, 15943, 15948, 31392, 31397, 34775, 34780.
ШҮКҮР – кырк чоронун бири – 2443, 7951, 15924, 31373, 34754, 45201.
ШЫБАН – кытай жылкычысы – 29649.
ШЫГАЙ – Көгөйдүн ортончу уулу – 7, 24, 2662, 12120.
ШЫЛКЫМ – Коңурбайдын жигити – 6119, 6123.
ШЫЛООН – Эриме жериндеги улук – 45528, 42534, 42539, 42553, 42556, 42557, 42609, 42650, 42657, 42704.

ШЫҢГЫ – Кербендин атасы – 2486, 7986, 15956, 31402, 34784, 45235.

ШЫГДАТ – легендарлуу байыркы башкаруучулардын бадышалардын бири – 41644.

ЫБЫРАЙ – «Манастын» тексттерин жазган катчы – 46581, 46590, 46637.

ЫБЫРАЙЫМ – байгамбар – 35018, 41450.

ЫБЫШ – кырк чоронун бири – 2469, 7969, 15937, 31386, 34767, 45215.

ЫЙБАНКУЛ – орус каны – 5110.

ЫЙСА – байгамбар – 1990.

ЫРАМАН – Ырчы уулдун атасы – 2772, 6868, 8167, 8176, 11567, 20607, 22883, 24028.

ЫРАҢ – мерген, кытай – 34511, 34513.

ЫРАҢ-КӨӨДӨҢ – көп жашаган билгич, акылман адам – 29297, 29302, 29317, 29402, 29424, 29448, 29450, 29454, 29456, 29461, 29470.

ЫРАҢКЫ – таз, кабарчы жигит – 26535.

ЫРЧЫ УУЛ – кырк чоронун бири – 2490, 2772, 6868, 8167, 8176, 11567, 15031, 15950, 20607, 22883.

ЫСАК – байгамбар – 35018.

ЭБИЛ – Төлөктүн жигити – 41949.

ЭЛЕМАН – Төштүктүн атасы, бай – 1257, 2617, 2856, 3038, 4837, 5400, 6321, 8040, 10466, 11539.

ЭЛЕМАН – кырк чоронун бири – 2453, 7963, 15932, 31381, 34762, 45211.

ЭЛИМБАЙ – Көкчөнүн жигити – 25774.

ЭСЕНКАН – кытайлардын башкы каны – 84, 6198, 12340, 27272, 27297, 27321, 27324, 27356, 27415, 27452.

ЭШЕНААЛЫ – Советтик кызматкер – 46675.

ЭШТЕК – Жамгырчынын атасы – 5055.

## СЕГИЗИНЧИ, ТОГУЗУНЧУ КИТЕПТЕРГЕ КИРГЕН ОКУЯЛАРДАГЫ ЭЛ – УРУУ АТАЛЫШТАРЫ

АБАЙ – эл – 436.
АЖАМ – эл, уруу – 12303.
АЗАТ – эл, уруу – 40575.
АЗМОЮЛ – эл, уруу – 26962.
АЛАЧ – эл, уруулар бирикмеси – 23, 125, 1771, 1788, 2976, 5741, 7613, 9096, 12387, 13410.
АЛЧЫН – уруу, эл – 31369.
АНЖАМ – уруу, эл – 41524.
АНЖЫ – эл, элдер бирикмеси – 36460, 39965.
АҢГИЛИЯ – эл-журт – 36390, 36955, 37247.
АҢГҮРӨӨ – эл, уруу – 26961.
АРАП – эл – 566, 756, 1206, 6851, 12303, 13746, 36378, 36532, 36788, 41432.
АРБАН – уруу, эл – 2445, 7953, 15925, 31374, 37755, 45203.
АРГЫН – уруу (калмактарга таандык) – 5778.
АРГЫН – уруу (Каракожонун уруусу) – 2441, 7949, 15622, 23008, 31372, 34752, 42034, 45199.
АРДАЛЫК – (Абайдын уруусу) уруу, эл – 2428.
АРМАН – эл, журт – 36948, 36950, 38470.
АТАЛАТ – уруу, эл – 12303.
АЧАҢ – уруу, эл (кытайларда) – 33522.
АШЫККЫЧ – эл, уруу – 38992.
АЯТ – эл, сууда жашоочу эл – 567.
БАГЫШ – уруу – 584.
БАЙГУР – эл, элдер бирикмеси – 13655.
БАРАҢ – эл, элдер бирикмеси – 1097, 4512, 4800, 13742, 17165, 25253, 36376, 38470, 41089.
БАРС – эл, уруу – 39054, 39055.
БАЯНДАС – сууда жашаган эл – 605.
БЕДӨӨ – уруу, эл – 41524.
БЕЛГИЯ – журт, эл – 36374.
БӨГӨЛ – уруу, эл (Мурадилдин эли) – 26246.
БУТАЛАЧ – уруу, эл – 26817.
ДАГЫР – уруу, эл – 11817.
ДАҢГЫТ – уруу, эл – 4434, 4435, 4447.
ДӨБӨТ – эл, уруу – 4813, 9092, 11597.
ДӨГӨӨН КЫПЧАК – кыпчак уруусунун бир бутагы, Төштүктүн эли – 13889.
ДӨРБӨН – уруу, эл – 2446, 15926, 31375, 34756, 45204.
ДУГУЛ – эл, уруу – 4745, 43154, 44615.
ДУМАРА – уруу, эл – 576, 2001, 11154, 13105, 24037, 24533.
ДУУШАҢ – уруу, эл (калмак урууларынан Ушаңдын уруусу – 45541.
ДҮБҮРӨ – журт, эл, уруу – 36395.
ЖАБАЙ – эл, уруу – 17608, 18003, 21010, 30055, 30062, 43224.
ЖАДОО – уруу, эл – 13735.
ЖАЖУЧ-МАЖУЧ – дөө, перилер эли – 449, 4748.
ЖАЙСАҢ – уруу, эл (кытайларда) – 33563.

ЖАҢШАА – кытай урууларынын бири – 10668.
ЖАҢГИР – уруу, эл – 34790.
ЖАПАН – эл – 4546, 13735, 17185.
ЖАЯН – уруу, эл – 36929, 37250.
ЖЕДИГЕР – уруу – 576, 2652, 2653, 2844, 2970, 12567, 13886, 24550.
ЖЕТЕЛЕК – суу адамдарынан, эл – 607.
ЖЕТИ МУРУК – журт, эл – 470.
ЖӨӨТ (жуут, жөөт) – эл –3032, 6842, 8349, 11910, 12301, 17167, 20033, 22291, 37518, 38464.
ЖУҢГУ – уруу, эл – 24044, 24639.
ЗУБУН – уруу (калмактарда) – 5778, 12776.
ЗУҢ – эл, уруу – 25986.
ИНДИ (ынды) – эл, уруу – 22291.
ИТААЛЫ – эл, өзүнчө калк – 568, 1067, 3340, 4790, 13601.
КАБЫЛ – эл, уруу (Кабыл тукуму маанисинде) – 26372.
КАЗАК – эл – 178, 192, 575, 1375, 1360, 1376, 2001, 2108, 2405, 2484.
КАЗ МОЮЛ – журт, эл – 468.
КАЙЫР – эл, журт – 41521.
КАЛМАК – эл, уруу – 34, 68, 578, 587, 985, 1027, 1369, 1433, 1434, 1999.
КАЛЧА – эл, уруу – 2993, 3033, 3629, 12301, 17169, 20033, 24041, 36673, 39194, 39240.
КАҢГАЙ – эл, уруу – 35, 4709, 4996, 6749, 7077, 12714, 17179, 20037, 26936, 27141.
КАҢГ – кытай урууларынын бири – 30526.
КАНДЫ – уруу, эл – 24542.
КАҢЫР – уруу, эл – 584.
КАРАКАЛПАК – эл, уруу – 583, 24037, 24533.
КАРАЛӨК – уруу, эл (калмак урууларынын бири) – 28781.
КАРАТЕЙИТ – уруу, эл (Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчунун уруусу) – 31400.
КАРАТОКО – уруу, урук – 2435, 7934, 15916, 31366, 34746, 45193.
КАРАТҮЛӨӨ – уруу, эл (Кабыкенин уруусу) – 31410, 34789.
КАРДУТ – уруу, урук (кытай эли) – 37866.
КАТАГАН – уруу, эл – 575, 2968, 3036, 3463, 5398, 6234, 8038, 10585, 11734, 12583.
КАТАР – эл, уруу (Тагылыктын уруусу) – 27149.
КАЧЫРКЫ – уруу, эл – 17770.
КИТЕН – перилерден – журт, эл – 451.
КӨЙӨК – журт, эл – 3344.
КӨШӨҢГҮР – эл, уруу, дөөлөрдүн калкы – 1163.
КУРАЙЫШ – эл, уруу – 1207.
КУТУРУК – өзүнчө журт, эл – 600.
КҮБӨЙ – эл – 432.
КҮДӨРҮ – уруу, эл – 25245, 26847, 26849.
КЫЗАЙ – уруу, эл – 13108.
КЫЗЫЛБАШ – эл – 3635, 6844, 20036.
КЫЗЫЛ ДӨӨ – өзүнчө журт, эл – 495.
КЫЙБА – эл – 6844, 20035, 34036.
КЫПЧАК – уруу, эл – 1255, 1323, 3038, 3178, 5065, 8547, 13107, 13111, 13680, 24035.

КЫРГЫЗ – эл – 2, 10, 12, 17, 23, 40, 45, 54, 59, 74.
КЫРУГУЗ – эл, уруулар биримдиги – 17923, 24556.
КЫРЫМ – эл, уруу – 13743.
КЫТАЙ – эл – 77, 119, 201, 559, 590, 922, 928, 1024, 1065, 1369.
КЫШТАЛАК – эл-журт, уруу – 36331, 36333, 36336, 36342, 36355, 36930, 37209, 37233.
КЫШТЫ КОҢКОШ – эл, уруу – 36436, 36872, 37213, 37221.
КЫЯҢДЫ – кытай урууларынын бири – 43951.
МАНЖЫ – эл, уруу – 12172, 25474, 25497, 29981, 30049, 39969, 43095.
МАҢГУЛ – уруу, эл, кыргыз менен калмак тараган уруу – 579, 1929, 16088, 17179, 29324, 32963, 34952, 41880.
МАҢГҮҮ – эл, уруу – 40222.
МАҢГЫТ – эл, уруу – 36501.
МАР – эл, уруу – 40220.
МОЮЛ – уруу, эл (кытайларда) – 33522.
МУҢКУШ – уруу, урук – 24542.
МУСТАЛ – эл, журт – 41521.
НЕМИС – эл – 5074, 6846, 10566, 12309, 13739, 36368, 38470.
НОГОЙ – уруу, урук (Манастын өз уругу – Ногой уулу маанисинде) – 12475, 13363, 15790, 17427, 20384, 20499, 24503, 24531, 31243, 33045.
НОГОЙ – эл, уруу – 19135.
НОЙГУТ – уруу – 576, 13651, 23824, 23942, 24040, 24045, 24144, 24178, 24214, 24325.
ОЁН – уруу, эл – 13652.
ОЙРОТ – эл, уруу – 927, 957, 6034, 6251, 6846, 8656, 10567, 11704, 13170, 13740.
ООГАН – эл-журт – 3627, 7066, 13742, 20041, 36384, 38471, 41575.
ОРУС – эл – 559, 1217, 4470, 4509, 5074, 6846, 7065, 10566, 11907, 12309, 13738.
ӨЗҮБЕК – эл, уруу – 115, 193, 2282, 3783, 3904, 41183, 41720, 43699.
ПАРСЫ – эл – 2988.
САЗАҢШАҢ – эл, уруу – 27058, 27059, 27386, 27387, 27569, 27574, 27664, 27710, 27807, 28241.
САКАЛАТ – уруу, эл – 10746, 11910, 12305, 38464.
САҢСАР – журт, эл, уруу – 36502.
САҢЫРОО – эл, уруу – 36399, 36401.
САРТ – эл, уруу – 3204, 3256, 3953, 14089, 31368, 33220, 34754.
САЯ – эл, уруу – 40893, 40903, 40590, 41397.
СОЛООН – эл, уруу – 980, 4986, 8068, 10458, 11811, 12333, 12336, 18247, 27145, 29263.
СОЮЛАТ – калк, уруу – 36940.
СУРУК – суу эли – 623.
СУУ АЙЫС – эл – 623.
СУЯ – перилердин журту – 4747.
СҮДӨҢ – кытай урууларынын бири – 43949.
СЫЙКЫН – эл-журт – 968, 972.
ТАЖИК – эл – 1228, 2990, 33795.
ТАЙЫП – перилердин уруусу – 4416, 4418.
ТАЛКУУ – кытай урууларынын бири – 43959.
ТАҢШАҢ – эл, уруу – 25474.

ТАРАНЧЫ – уруу, эл – 13825.
ТАРСА – эл – 323, 2988, 3032, 3635, 6842, 8348, 11910, 12301, 17167, 20033.
ТАТАЛАШ – калк, эл, уруу – 36373.
ТАТАР – эл, уруу – 580, 3628, 16554, 33065, 34725.
ТЕЙИТ – уруу – 584, 24040, 24047, 24542, 43338.
ТОКШУКЕР – уруу, эл – 1000.
ТОРУ КЫПЧАК – уруу, Үрбүнүн уруусу – 13934, 13971.
ТӨШӨЛҮК – уруу, дөө калкынын бир уруусу – 1176.
ТУҢША – уруу, эл (кытайлардан) – 11307, 11586.
ТУТАЛАШ – уруу, эл (кытай) – 45341, 45344.
ТҮРК – эл, элдер биримдиги – 4444, 10737, 11849, 11885, 13688, 18268, 24307, 24742, 24757, 24772.
ТЫРГООТ – уруу, эл – 587, 41737.
УГУУ – эл, уруулар биримдиги – 1365, 1694, 1768, 3582, 5486, 10566, 13832, 18937, 23663, 24038.
УЙГУР – эл, уруу – 13656, 16088, 16209, 19229, 16556.
УРУМ – эл, уруу – 13741, 43477.
ҮЙШҮН – уруу – 583, 2439, 7938, 15920, 31370, 34750, 41945, 45197, 45197.
ЧАГААН – уруу, эл (кытайларда) – 33564, 44217.
ЧАРКӨӨ – уруу, эл – 24041, 24554.
ЧЕГИШ – эл, уруу – 3334.
ЧЕРИ – эл, уруу – 3334.
ЧОҢ ТАРАҢ – эл, уруу – Кубайыс чөлүндө жашаган эл – 1099.
ЧЫЙГУУ – эл, уруу – 25133.
ЧЫН – эл, калк (жалпы кытай эли маанисинде) – 40186.
ЧЫҢЫРОО – жез тумшуктар калкы – 4785.
ЧЫРАШ – уруу, эл – 11815, 36799.
ШИБЭЭ (шибээн) – эл, уруу – 587, 10746.
ШЫБА – эл – 3334, 24550.
ЫНДЫ – эл, уруу – 12305, 27390, 28251.
ЭГИШ – уруу, эл – 13652.
ЭРГЕЖЭЭЛ – эл, калк – 568, 1067, 1070, 3340, 4790, 13601.
ЭСИРИК – уруу, эл (Алмамбеттин уруусу) – 30170.
ЭШТЕК – уруу, эл – 2627, 3039, 4638, 5401, 6322, 8041, 10467, 11540, 13585, 13643.

## СЕГИЗИНЧИ, ТОГУЗУНЧУ КИТЕПТЕРГЕ КИРГЕН ОКУЯЛАРДА ЭСКЕРИЛГЕН ТОПОНИМДЕР

**Абал** – шаар, аймак – 26532.
**Агылык** – аймак, чөлкөм – 11771.
**Агыяз** – ашуу, жол – 11667.
**Ажы бий** – шаар, аймак – 44019.
**Азат** – бел, ашуу, тоо, аймак – 42536, 42543, 42635, 42641, 42814, 42852, 45863, 42867, 42983.
**Азатчан** – жер, аймак (жердин астындагы жер) – 36426, 36427, 36431, 36825, 37000.
**Азирет Айып** – аймак, чөлкөм – 3749.
**Азиреттин Кара-Тоо** – тоо, аймак – 5930.
**Азия** – аймак, материк – 13648, 13709, 13846, 16360, 27313, 38296, 41091, 41098, 41209, 41582.
**Айкым** – талаа, аймак – 2320.
**Айык** – суу, аймак – 40574, 40582, 40586.
**Айым-Мүнсөк** – аймак, чөлкөм – 9325.
**Ак-Дөбө** – дөбө, аймак – 3173, 3451, 39044.
**Аксай** – жайлоо, аймак – 2350, 3449, 39073.
**Ак-Сеңир** – аймак, кыр, жон – 32831.
**Аксы** – өрөөн, аймак – 2332, 2671, 15747, 43366, 43416, 43691.
**Ак-Чаңгыл** – бел, аймак – 24957.
**Ала-Бел** – ашуу, бел, аймак – 39068.э
**Алай** – аймак, өрөөн – 2308, 2346, 3447, 3678, 3682, 13891, 15706, 34831, 36565, 36569.
**Ала-Көл** – көл, аймак – 56, 34687, 36549, 42120.
**Алаңгир** – тоо, аймак – 37539.
**Алап** – калаа, аймак – 31826, 31828.
**Ала-Тоо** – тоо кыркасы – 49, 4856, 5113, 5205, 36574, 36590, 36592, 36604, 39070, 42325.
**Алмалуу** – аймак, өрөөн – 15970.
**Алмалуу-Суу** – суу, өрөөн – 12494.
**Алматы** – аймак, чөлкөм – 1638, 3853.
**Алтай** – аймак – 1, 11, 51, 60, 80, 1775, 2499, 3661, 11770, 12644...
**Алтай-Тоо** – аймак, тоо – 17595, 22504, 25541.
**Алты-Адыр** – адыр, аймак – 45419.
**Алтыбай** – аймак, бөксө тоо – 1641.
**Алты-Шаар** – чөлкөм, шаар – 16209, 16226, 16253, 16556, 24245.
**Алчалуу-Кыр** – аймак, кыр – 32800.
**Амур** – аймак, суу – 51, 34680, 36547, 39096, 41075, 41852, 41853, 41857, 42683, 42711.
**Анарлуу** – суу, аймак – 42180, 42343, 42347.
**Аңгелең** – тоо, аймак – 44874.
**Анжамы** – чөл, аймак – 35140.
**Анжы** – аймак, өлкө – 4621, 17218, 17552, 19119, 19582, 22507, 23214, 233201, 23644, 24234...
**Анжы** – чөл, аймак – 29188.

**Анжы-Манжы** – шаар, аймак – 29171, 32462, 32944, 32965, 39997, 41751, 41872, 43823, 44147.
**Анжы** – тыян – аймак, чөлкөм – 42238.
**Анжыян** – шаар, аймак – 71, 2132, 2839, 3047, 3283, 3640, 3748, 3942, 4857, 5152.
**Анжыян** – тоо, аймак – 34831.
**Аңгеле** – аймак, коо – 21003.
**Аңгир** – аймак, чөлкөм – 26965, 26974.
**Аңгубас** – аймак, чөлкөм – 26539.
**Аңгүк** – аймак, чөлкөм, шаар – 30055, 30062.
**Аңгүрөө** – суу, аймак – 42642.
**Аңгүштү** – тоо, аймак – 25131, 25134.
**Аңырдын сазы** – саз, аймак – 13892.
**Аңырлуу** – суу, аймак – 45420.
**Арабакты** – түз, талаа, аймак – 37591, 39044.
**Арал** – көл, деңиз, аймак – 15694, 40264.
**Арал** – талаа, жайыт – 715, 717, 4798.
**Арал** – көл, аймак (Алтайда) – 24956, 36359, 43166.
**Арал** – аймак, тоо (кытайда) – 33545.
**Арап** – өрөөн, жайлоо – 2352, 3449.
**Арс** – аймак, суу, чөлкөм – 18362.
**Арсек** – шаар, аймак – 26531.
**Арсы** – аймак, жайлоо – 3454, 5199.
**Артыш** – жол, аймак, тоо – 15742.
**Астаалуу** – суу, аймак – 36389.
**Асы** – аймак, шаар, чөлкөм – 36316, 39129, 43474.
**Ат-Башы** – аймак, өрөөн – 46596.
**Ат-Ойнок** – аймак, чөлкөм – 43419.
**Атыла** – бел, ашуу, тоо, аймак – 35139.
**Ачалаң** – жол, аймак – 44271.
**Ачалы** – чай өскөн тоо – 26999.
**Ашмара** – аймак, чөлкөм – 15969.
**Ашмара** – аймак, бел – 16309.
**Аягүз** – аймак, чөлкөм – 17590, 20987.
**Аянды** – тоо, аймак, суу – 43378.
**Аяң** – чоң тоо, аймак – 33544.
**Аят** – суу, аймак – 31747, 31990.
**Баба-Кары** – шаар, аймак – 44020.
**Бабыл** – шаар, аймак – 4107, 24504, 34309, 35613, 36382.
**Багдат** – шаар, өлкө – 43, 555, 2093, 41554.
**Багылан** – шаар, аймак – 19256, 19260.
**Бадакшан** – аймак, жер, шаар – 44, 556, 754, 1226, 2092, 2978, 4249, 44101.
**Базаң** – тоо, аймак – 31448, 31449.
**Бай** – шаар, аймак (Кумулдун баш жагында) – 44022.
**Байкал** – көл, аймак – 36549.
**Байкалдуу** – көл, аймак – 44810, 44828.
**Байман** – шаар, аймак – 38990.
**Байна** – чөл, аймак – 40570, 43449.
**Бакбурчун** – шаар, аймак – 17186, 17209, 17293, 17831, 17944, 18664, 23173, 23200, 23373, 23645.

**Балчакай** – бел, аймак – 9827.
**Балык** – аймак, шаар – 44, 556, 557, 754, 1226, 2092, 2649, 4106, 4241, 13890.
**Баң-Баң** – калаа, шаар (Алмамбеттин өз шаары – энчисине тийген калаа жана аймак) – 30172.
**Бараң** – өлкө, аймак (барандар жашаган өлкө маанисинде) – 40169.
**Баргана** – өрөөн, чөлкөм – 16436.
**Бар-Көл** – көл, аймак – 57.
**Барыс** – шаар аймак – 35122.
**Басыра** – шаар, аймак – 34602.
**Баталак** – жайлоо, тоо, аймак – 42242, 42314, 42322, 42331, 42470, 42513, 42778, 43093, 43193, 43207.
**Батбалак** – жайыт, тоо, аймак – 42133, 42579, 42700, 44376.
**Баянды** – калаа, аймак – 40892.
**Баянды** – суу, аймак – 31615.
**Баянды** – чөл, аймак – 43420.
**Баянды** – талаа, аймак – 46301, 46357, 46530.
**Бишкек** – шаар, аймак – 46596.
**Боз-Учук** – тоо, сеңир – 32121, 32169.
**Боло-Кайың** – аймак, чөлкөм – 20999.
**Болор** – тоо, аймак – 44439, 44440, 44441.
**Бомбай** – шаар, аймак – 19113, 34233.
**Бор** – арал, аймак – 35117.
**Борду-Тоо** – тоо, аймак – 39093.
**Боролдой** – аймак, чөлкөм – 1638.
**Ботболок** – өрөөн, аймак – 39092.
**Ботолук** – аймак, чөлкөм – 43370, 43371.
**Бөкөй** – бел, аймак – 18614.
**Бөкөн** – аймак, чөлкөм – 11772.
**Бөксө-Жол** – жол, аймак – 18614.
**Будача** – шаар, аймак – 26870.
**Бузулган-Чамбыл** – шаар, аймак – 4171, 5071.
**Букар** – шаар, аймак – 1242, 4170, 5070, 15711, 15772, 21886, 35113, 36666, 37173, 37497.
**Букарай-Шарып** – шаар, аймак – 16468.
**Булгар** – бел, жол – 36529.
**Буртабаң** – аймак, чөлкөм – 17181.
**Буурул-Түн** – аймак, чөлкөм – 17593, 20990, 20997.
**Бүчала** – тоо, аймак – 26820.
**Былкылдак** – саз, аймак – 17591, 20988.
**Бээжин** – шаар, аймак – 83, 1013, 4670, 6097, 6193, 6240, 6242, 6459, 6461, 10969.
**Дагалак** – талаа, аймак – 43457.
**Дагыстан** – чөл, аймак – 39875.
**Даңгыл** – тоо, аймак – 40269.
**Даңдуу-Баш** – тоо, аймак – 9326, 19192, 19194.
**Дарбаң** – шаар, аймак – 29177.
**Дардак** – аймак, өрөөн – 13543.
**Даркан** – аймак, чөлкөм – 17575, 20974.
**Дарыя** – суу, аймак – 2646, 4433.

**Даштаалы** – шаар, аймак – 35126.
**Добур** – шаар, аймак – 26535.
**Дөбөт** – жол, аймак – 39861, 39932, 40565, 40572, 41573.
**Дөгдүр** – аймак, чөлкөм – 7129.
**Дукча** – аймак, чөлкөм – 23654.
**Дуңша** – жол, аймак – 31533.
**Жаруупа** – аймак, чөлкөм – 25709.
**Жабайы** – аймак, чөлкөм – 43183.
**Жадоо** – аймак, суу – 21612, 21884, 22960, 23042, 24746.
**Жазыйра** – шаар, аймак – 48, 4859, 8998.
**Жазыйра** – аймак, дөөлөр жашаган чөлкөм – 1175, 1185.
**Жазыйра** – чөл – 444.
**Жазык** – аймак, чөлкөм – 2089.
**Жайдак** – тоо, сеңир, аймак – 45747.
**Жайык** – аймак, суу – 44100.
**Жал-Камыш** – аймак, суу (Баянды сууда) – 31615, 31650.
**Жанасай** – аймак, суу – 36547, 39096, 41075, 41865.
**Жаңгактуу** – тоо, аймак – 42709, 42759.
**Жаңгер** – суу, аймак – 42758.
**Жаңша** – тоо, аймак – 17184.
**Жаяса** – аймак, чөлкөм – 25543.
**Желкек** – аймак, өзөн – 16153, 16159.
**Желпиниш** – аймак, чөлкөм – 443, 564, 1128, 4426.
**Жемси** – аймак, шаар, чөлкөм – 8398.
**Жеркент (жеркен)** – шаар, аймак – 554, 14370, 35134, 43696, 46291.
**Жет-Кайт** – бел, аймак – 4859.
**Жийде** – аймак, тоо, чөлкөм – 41329, 41406.
**Жөлөк** – аймак, чөлкөм – 2089, 2671, 3454, 2199, 36316, 39129, 43474.
**Жумгал** – аймак, өрөөн – 14383.
**Жунгар** – аймак, чөлкөм – 33079.
**Жүгөн-Таш** – аймак, өрөөн – 17580, 20977.
**Жүгүрүк** – аймак, өрөөн – 17580, 20977.
**Жүйүрмө** – өрөөн, аймак – 17581, 20978.
**Жүлгар** – тоо, аймак – 22500.
**Жүлүн** – аймак, кыр, ашуу – 17583.
**Жүлүн** – суу, аймак – 22501.
**Жызак** – аймак, чөлкөм – 3748.
**Жыйранты** – жол, аймак – 5002.
**Жыяңча** – аймак, чөлкөм – 26869.
**Закым** – аймак, чөлкөм – 3171.
**Иле** – суу, аймак – 3730, 7342, 11979, 11988, 12145, 17568, 20963, 21889, 39077, 46293.
**Илебин** – аймак – 50.
**Илеңмөө** – чөл, аймак – 25546.
**Иңгир** – аймак, чөлкөм – 26966, 26974.
**Иркистан** – шаар, өлкө – 19116.
**Итичпес** – көл, суу – 56, 11781, 34687.
**Иткечпес** – чоң суу, аймак – 33415.

**Каар** – Сайкалдын атасы Каткаландын ылакап аты – 34659.

**Кабарыш** – аймак, чөлкөм – 8408.

**Кабыл** – шаар, аймак – 757, 24233.

**Кагалак** – аймак, чөлкөм – 39862.

**Казал** – шаар, аймак – 26858.

**Казуя** – бел, аймак – 39960.

**Кайкуу** – бел, аймак – 43799.

**Кайкылуу** – тоо, аймак – 42181, 42310, 42459, 43214, 43215, 43444.

**Кайнар-Кашат** – аймак, чөлкөм – 11663.

**Кайыңкы** – шаар, аймак – 44870, 44927, 44933, 44939, 44947, 44975, 45068.

**Какалык** – аймак, чөлкөм (Камбылдын жогор жагында) – 43438.

**Какан, Каканчын** – өлкө, аймак – 202, 467, 11677, 11801, 11805, 11841, 11880, 14138, 17188, 17208.

**Какан** – шаар, аймак – 26822, 26856, 28123, 29406, 30639, 30685, 43230.

**Калкан** – аймак, чөлкөм – 17576, 20975.

**Камбыл** – шаар, аймак – 17174, 19120, 34814, 43488, 43497, 43739, 43826, 44202, 44630, 44836.

**Камбыл** – шаар, аймак – 17174, 19120, 34814, 43488, 43497, 43739, 43826, 44202, 44630, 44836.

**Камбыл** – чоң суу (Каспаң тоодо) – 29596.

**Камбыл** – суу, сай, аймак – 43571.

**Канар** – тоо, аймак – 18368.

**Каңгай** – өлкө, аймак – 8065, 14339, 15657, 16772, 18616, 39239, 40280.

**Каңгар** – тоо, аймак – 4666.

**Каңкуш** – шаар, аймак – 17849.

**Кап** – тоо, аймак – 1175, 1185, 6367, 11345, 36424, 41121.

**Капал** – тоо, аймак – 11980.

**Капчак** – калаа, аймак – 45731.

**Капчын** – көл, аймак (Какандын жанында) – 28790.

**Кара-Деңиз** – деңиз, көл, аймак – 3128, 35117.

**Кара-Дөбө** – дөбө, аймак – 3171.

**Кара-Көл** – көл, деңиз, аймак – 3116.

**Кара-Кулжа** – тоо, ашуу, аймак – 15703.

**Кара кум** – чөлкөм, аймак – 41, 11964, 17921, 24716, 28693, 34639, 43280.

**Кара-Кырчын** – өрөөн, суу, аймак – 18364.

**Кара-Саз** (Жуйүрмөнүн Кара-Саз) – саз, аймак – 17581, 20978.

**Кара-Саз** (Эгизектин Кара-Саз) – саз, аймак – 17592, 20989.

**Кара-Суу** – суу аймак (Каркырада) – 11662, 12317.

**Кара-Суу** (Кашыктагы) – суу, аймак – 20097, 20277, 20279.

**Кара-Суу** – суу, аймак (Каспаңдын Кара-Суусу) – 30480, 30837, 31057, 31103.

**Каратегин** – аймак, өрөөн – 3033, 3677, 36673, 43702, 43713.

**Кара-Тоо** – Каспаңдын Кара-Тоосу – аймак, тоо – 4669.

**Кара-Шаар** – шаар, аймак – 6099, 6195, 15748, 17174, 177771, 19120, 43825.

**Каркыра** – өрөөн, аймак – 3735, 3743, 3867, 3898, 4181, 4262, 4452, 7470, 11661, 12481.

**Карсек** – шаар, аймак – 26531.

**Каспаң** – тоо, аймак, чөлкөм – 4669, 13306, 17222, 17790, 18811, 26933, 27190, 28782, 29549.

49–1207

**Каспаң** – шаар, аймак – 26178, 26179, 27242, 30687, 30726, 30980, 31056, 31058, 34634.

**Каста** – аймак, чөлкөм – 36960.

**Катал** – бел, аймак – 26936.

**Каталаң** – шаар, аймак – 44414, 44432, 44653, 44666, 44671, 44681, 44968, 45034, 45133, 45737.

**Катасты** – аймак, чөлкөм – 17922.

**Качалуу** – тоо, чайлуу тоо – 34902.

**Кашкар** – шаар, аймак – 2097, 2350, 14372, 14908, 15712, 15727, 21885, 24690, 36663, 41674.

**Кашык** – тоо, өрөөн, аймак – 20098.

**Каюң** – тоо, бел, аймак – 42122, 42123, 42124, 42140.

**Кебил** – шаар, аймак – 36382, 37171, 41576.

**Кейип** – базар, шаар – 43, 36364.

**Кейүү** – суу, өрөөн, аймак – 13893, 14361, 35125, 40271, 43696.

**Келеп** – аймак, чөлкөм – 37494,37500.

**Кендегер** – коо, аймак – 12590.

**Кенди-Бадаң** – аймак, чөлкөм – 2837.

**Кенеп** – аймак, чөлкөм – 39133.

**Кенжут** – аймак, чөлкөм – 39138, 40571, 43715.

**Кенти** – жол, аймак – 23670.

**Кентун** – шаар, аймак – 26822, 28061, 30029, 30030, 30052, 30061, 30075, 30089, 30148, 30155.

**Кент** – Чыңоолу – Шылоондун шаары – 42555.

**Керегети** – жол, аймак – 27077.

**Кер-Көл** – көл, аймак – 57.

**Кермелүү-Бел** – аймак (Букардын туура жагында) – 37172.

**Керме-Тоо** – тоо, аймак – 15354, 39132, 43452.

**Кетелик** – аймак, тоо – 13289, 36554.

**Кетмен** – бел, тоо – 5741, 11664.

**Кетмен-Төбө** – аймак, өрөөн – 2356.

**Кирешти** – шаар, аймак – 30086, 30689, 30762, 30769.

**Китең** – шаар, аймак – 33519.

**Кобулдуу** – өзөн, аймак – 21766.

**Кодол** – чөл, аймак (Бээжинге жакын) – 28791.

**Кожонт** – шаар, аймак – 551.

**Козу-Башы** – аймак, чөлкөм – 1636, 3845.

**Кокон** – шаар, аймак – 47, 549, 1431, 2669, 2766, 2835, 3733, 3891, 3942, 9034.

**Коңко** – шаар, аймак – 23648.

**Копо** – чөлкөм, аймак – 1636, 3845.

**Кордой** – аймак, чөлкөм – 17565, 20946, 20961.

**Короготу** – аймак, чөлкөм – 12146, 12149, 18366, 21613, 22960.

**Котон** – шаар, аймак – 552, 1258, 15355, 35128, 36668, 40271, 43696.

**Кочкор** – аймак, өрөөн – 5209, 46596.

**Кош-Арал** – аймак, чөлкөм – 3169.

**Кош-Артыш** – жол, аймак – 14129.

**Кош-Дөбө** – Каркырадагы жер аталышы – 6718.

**Кош-Көл** – көл, аймак – 12146, 12149.

**Кош-Мүрү** – аймак – 52.

**Кош-Убан** – аймак, чөлкөм – 26535.

**Көйкап** – тоо, аймак – 451, 491, 1187, 8582, 16333, 16901, 24641, 27360, 37217, 44219.

**Көйүстан** – өлкө, шаар – 19115.

**Көк-Арал** – жол, аймак – 33244.

**Көк-Аргын** – жол, суу, кыя, аймак – 22109,22512.

**Көк-Арт** – бел, ашуу, аймак – 3780.

**Көкбөрү** – аймак, чөлкөм – 43419.

**Көк-Жаңгак** – тоо, аймак – 25689.

**Көлдүү-Дайра** – аймак, суу – 43220.

**Көл-Камыш** – аймак, көл – 17566, 20947, 20962.

**Көл-Кечүү** – кечүү (Иткечпесте) – 33435, 33479, 33539, 33621, 33625, 33639, 33654, 33710, 33910, 34033.

**Көлөп** – аймак, чөлкөм – 2088, 2672, 3453, 5200, 36317, 37494, 37496, 39131, 45475.

**Көмөсара** – бел, тоо – 21293.

**Көмөк** – калаа, аймак – 2650.

**Көмөк** – деңиз, аймак – 40174.

**Көнгөйлүк** – шаар, аймак – 23266.

**Көңгөй** – дайра, аймак – 36450.

**Көпө** – шаар, аймак – 4300.

**Көрүктүү** – суу, аймак – 25688.

**Көтөлөк** – чөл, аймак – 26948.

**Көтөлөк** – тоо, аймак – 28057.

**Кубайык** – көл, аймак – 36324.

**Кубайыс** – чөл, аймак – 1089, 4393, 4396, 38993.

**Кудус** – шаар, аймак – 572.

**Куланды** – аймак, чөлкөм (Төштүктүн жери) – 39137.

**Куланды** – суу, өрөөн (Кунаса тоосунда) – 40933.

**Кулжа-Тоо** – тоо, аймак – 9843, 12642, 13289.

**Кулусун** – аймак, айыл – 9834.

**Куман** – бел, тоо, аймак – 44295.

**Кумар-Айым** – мазар, чөл, аймак – 14363, 40273.

**Кумарык** – аймак, чөлкөм, Манас коюлган жер – 46287, 46536.

**Кумбул** – шаар, аймак – 44630.

**Кумсара** – бел, тоо, аймак – 21583.

**Кумул** – чөл, аймак – 55, 11771, 25544, 40274.

**Кумул** – шаар, аймак – 546, 16307, 17917, 19121, 24713, 27242, 27274, 27305, 26686, 34638.

**Кунар-Тоо** – тоо, аймак – 29189.

**Кунаса** – сеңир, жарым арал – 40913, 40932.

**Кундак** – суу, аймак – 12653.

**Курдум** – суу, аймак – 12691, 12801, 12812.

**Куу-Жекен** – арал, аймак, саз – 11915, 11921.

**Куту бий** – калаа, аймак – 44009.

**Куюндуу** – калаа, аймак – 44011.

**Күбө** – аймак, өлкө – 4744.

**Күбөк** – шаар, аймак – 26533.

**Күбөлүк** – суу, өрөөн, аймак – 20757.
**Күбөң-Коюр** – аймак, чөлкөм – 25545.
**Күдүң** – калаа, шаар, аймак – 38989.
**Күйүк** – аймак, коо – 12652.
**Күлсар** – аймак, шаар – 17918.
**Күлтөк** – аймак, шаар – 17917.
**Күмүш** (Күлүша) – аймак, күлбото бар жер – 467476, 46481, 46483.
**Күмөн** – шаар, аймак (Сыргактын шаары) – 44024.
**Күркөө** – аймак, өрөөн – 12652.
**Күрпүлдөк** – шорлуу жер, аймак – 20758, 24779.
**Күшөңдү** – аймак, чөлкөм – 44276.
**Кызыл** – тоо, аймак – 4713.
**Кызыл-Кыя** – ашуу, бел, аймак – 5222, 5235, 5436, 11665, 12290, 14072.
**Кыйба** – шаар, аймак, кээде эл – 6844, 11794, 17161, 35121, 39050, 39051, 39052, 39192.
**Кыйкуу** – жол, аймак – 23670.
**Кыйша** – тоо, аймак – 14359.
**Кыйшыңгүү** – жер, аймак (Кыйшыңгүү дөө өлгөн жер) – 37174, 37176.
**Кыңгыр** – шаар, аймак – 26534.
**Кырым** – шаар, аймак – 557, 6365, 7064, 24715, 27275, 28688, 35120, 46280.
**Кытмыр** – көл, суу, чөл, аймак – 14368, 15696.
**Кыяндуу** – бел, аймак – 39963.
**Кыяң** – аймак, өлкө – 13743, 45085.
**Кыяңгур** – шаар, аймак – 45102.
**Кыяңгуу** – шаар, аймак – 45455, 454563, 45508.
**Кээбе** – Мекедеги чоң мечит – 35184, 39203, 39279, 39317, 39554, 39888, 40348, 40349, 40353.
**Лоп** – суу, дарыя, аймак – 596, 1085.
**Маймылдуу** – тоо, аймак – 37501.
**Манас** – аймак, чөлкөм Манас коюлган жер – 46533,46539.
**Манжурия** – аймак, чөлкөм – 34770,36322, 36885, 43450, 45564.
**Манжы** – аймак, шаар – 17218, 17552, 19119, 19582, 23214, 23644, 24234.
**Маңгу** – аймак, чөлкөм – 17208.
**Маңгүба** – аймак, чөлкөм – 27057, 27385, 27427, 27669, 28240, 28740, 34646, 34649.
**Марал-Башы** – жайлоо, аймак – 19222.
**Маралдуу** – тоо, аймак – 42460.
**Маралды-Суу** – суу, аймак – 31450.
**Маран** – көл, аймак – 29187.
**Маргалаң** – шаар, аймак – 47, 549, 1431, 2669, 3891, 15764, 16422, 35110, 39046, 44098.
**Медийна** – шаар, аймак – 1205, 39977, 41500, 41510, 436737.
**Меке** – шаар, аймак – 1205, 35058, 35090, 35143, 35204, 35434, 35542, 39200, 39432, 39616.
**Мерки** – аймак, шаар – 16308.
**Мисир** (Мысыр) – калаа, аймак – 572, 757, 4300, 4302, 33883, 33899, 41554, 46346.
**Мистели** – жер, аймак – 36552.
**Моор** – деңиз, көл, аймак – 28693
**Мудул** – шаар, аймак – 33519.

**Муздук** – аймак, тоо – 43776.
**Муңдуу-Сай** – суу, сай, аймак – 42077.
**Мухит** – көл аймак – 27278.
**Муют** – коо, аймак, көл – 33545, 40264, 40890, 41076, 43221, 46285.
**Мунус** – аймак, чөлкөм – 33001, 33211.
**Мыргап** – аймак, чөлкөм – 4858, 15709.
**Наамутту** – суу, аймак – 37538.
**Наманген** – шаар, аймак – 2319.
**Намут** – чөл, аймак – 14367.
**Нарын** – суу, өрөөн – 14382.
**Олуя-Ата** – аймак, калаа – 46, 547, 1429, 2094, 2330, 3836, 35109, 44097.
**Ооган** – өлкө, аймак – 304, 1885, 3002, 3469, 5115, 14232, 17156, 17162, 37477, 39189.
**Оркуп** – тоо, суу, аймак – 17611, 17620, 41748.
**Орол** – аймак, чөлкөм, тоо, суу – 1216, 2331, 5046, 14079, 36361, 43144, 44100.
**Оро-Төбө** – аймак, калаа – 551, 1430, 2670, 16423, 35111, 44099.
**Орто Азия** – чөлкөм, аймак – 14018, 20718, 38539, 42917, 44047.
**Орто-Чаткал** – аймак, жер – 1244, 4172, 5072.
**Ошпурдун-Ою** – ойдуң талаа, аймак – 43796, 43804, 43976, 44060, 45105.
**Оюк** – өзөн, суу, аймак – 956.
**Өгүз-Кечүү** – суу, аймак – 17576, 20975.
**Өгүз-Өтмөк** – аймак, өрдөш, суу – 21143.
**Өзгөн** – шаар, аймак – 3891.
**Өрмө-Өтөк** – аймак, жайыт, өтөк – 22038.
**Өткөрмөлүү** – аймак, чөлкөм – 17575.
**Сабал** – аймак, шаар – 26532.
**Сагыра** – сай, кургак жер – 459.
**Сайрам** – аймак, чөлкөм – 2331, 3456, 3783, 3837.
**Сакалат** – аймак, чөлкөм, өлкө – 5088.
**Салаңгу** – аймак, чөлкөм – 22516, 25532, 25545, 329525.
**Самаркан** – шаар, аймак – 550, 1271, 1430, 2670, 3733, 7272, 12440, 14093, 16423, 35111...
**Санжы** – шаар, аймак (калмак жери) – 33798, 34730, 34731, 39218, 44018.
**Саңсар** – тоо, бел, аймак – 36327.
**Саңша** – тоо, аймак – 25564, 25571.
**Саңылоо** – шаар, аймак – 38990.
**Саңыроо** – аймак, чөлкөм – 36399, 36401.
**Сардын** – талаа, аймак – 37564.
**Саркол** – ашуу, аймак – 2656, 44049.
**Сары-Арка** – аймак, өрөөн, жер – 1359, 1635, 3660, 5026, 8476, 15757, 16366, 21887.
**Сары-Бел** – бел, жол, аймак (Көтөлөк тоосунда) – 28057.
**Сары-Жол** – аймак, чөлкөм (Чубак жашаган жер) – 43325.
**Сары-Жаз** – аймак – 12147.
**Сары-Кол** – аймак, өрөөн – 13894, 21887.
**Сары-Кыя** (Жүлүндүн Сары-Кыя) – кыя, аймак – 17583.
**Сары-Кыя** – кыя, аймак (Түйүндү деген жерде) – 25184.
**Сары-Өзөн** – аймак, өрөөн – 24747, 39077, 46293.

**Сарыстан** – чөлкөм, аймак – 34640,35135.
**Саяң** – аймак, тоо – 17208, 28056.
**Саяң** – аймак, чөлкөм – 40223.
**Саяс** – тоо, аймак – 26786, 26787.
**Сезин** – аймак, тектир, дөбө – 21479.
**Семенди** – аймак, чөлкөм – 43453.
**Соң-Көл** – көл, аймак – 2352, 3449.
**Сооласа** – аймак, чөлкөм – 23652.
**Суңшоо** – суу, аймак – 46294.
**Суубалык** – суу, аймак, өрөөн – 43717.
**Суук-Дөбө** – аймак, чөлкөм – 12151.
**Суусамыр** – аймак, өрөөн, жайлоо – 3447, 3692, 5208, 14384, 39069.
**Сүмбө** – аймак, чөлкөм – 12634.
**Сыймун** – арал, аймак – 4548.
**Сыңша** – тоо, аймак – 27362, 27374.
**Сыр** – чөл, аймак – 35116.
**Сыр** – дарыя, аймак – 2335, 3455, 37499.
**Сыябуш** – аймак, чөлкөм – 11773, 28786.
**Сыямун** – аймак – 1.
**Табанды** – суу, өзөн – 21820.
**Тагалак** – шаар, аймак – 40232.
**Тагылык** – аймак, чөлкөм – 11772, 43479.
**Тагырма** – аймак, чөлкөм – 43714.
**Тай-Өтмөк** – аймак, өрдөш, суу – 21143.
**Талас** – өрөөн, аймак, жер – 1273, 1276, 1794, 2100, 14306, 15364, 15637, 15762, 15766, 33052.
**Талыгур** – тоо, аймак – 17777, 17779.
**Таңталуу** – тоо, аймак – 40636.
**Таңшаң** – шаар, аймак – 25573, 26901, 27090, 32965, 37251, 43823.
**Таңышаң** – шаар, аймак – 29171, 32944, 41872, 44147.
**Таңшаң** – тоо, аймак – 17771, 17218, 17552, 19582, 23214, 23644, 24234, 26926.
**Тарбагатай** – тоо, ашуу, аймак – 17586, 20984.
**Таш** – бийик зоо, тоо – 42324.
**Ташкен** – шаар, аймак – 46, 75, 80, 118, 196, 223, 547, 715, 1429, 1495...
**Таш-Коргон** – аймак, чөлкөм – 43714.
**Ташталак** – бел, аймак – 26975.
**Тезек** – бел, ашуу, аймак – 40569.
**Текес** – аймак, суу (мурдагы аты Терс-Маёо) – 12379, 12383, 12582, 12648.
**Тек-Турбас** – аймак, тоо – 16374, 13382.
**Темирдик** – тоо, аймак – 24609.
**Терс-Маёо** – суу, аймак – 12373, 12374, 12378, 12381, 12454, 12460, 34822, 39073, 43421, 43455.
**Терс-Суу** – аймак, суу – 3727.
**Тескей-Тоо** – тоо кыркасы, аймак – 12643.
**Тикен** – шаар, аймак – 34625.
**Тобокел** – жол, аймак – 14362.
**Тойдун** – суу, аймак – 43745.
**Токол** – шаар, аймак – 44018.

**Токолук** – тоо, аймак – 44861, 44893, 44899, 44926.
**Токотой** – шаар, аймак (Толкундуу суунун боюнда) – 44036.
**Токтолук** – тоо, аймак – 43744.
**Токтук** – калаа, аймак – 45816.
**Токтуктун тоосу** – тоо, аймак – 45734.
**Толкундуу** – суу, аймак – 44035.
**Тологой** (Сары-Тологой) – аймак, чөлкөм – 12291,12294.
**Тоюлук** – аймак, чөлкөм – 36659, 36662.
**Тоюн** – аймак, чөлкөм – 36660, 44054.
**Төгүл** – шаар, аймак – 26959.
**Төтө** – бел, аймак, саз – 7130, 11670, 12682.
**Тундура** – аймак, чөлкөм – 17159, 17732.
**Тунжурия** – чөл, аймак – 36326.
**Туңша** – шаар, аймак – 25525, 26119, 26120, 26418, 26870, 26874, 27043, 27769, 28126, 29175.
**Туңшаң** – туюк тоо, аймак – 33547.
**Тур-Көл** – көл, аймак – 57.
**Турпан** – аймак, чөлкөм – 43366, 43691.
**Турукту** – сай, аймак (Турпанда) – 43368.
**Туюктуу** – тоо, аймак – 44034.
**Түгөлүк** – аймак, чөлкөм – 36437, 36873.
**Түйүндү** – кыя, аймак – 25115, 25185.
**Түп-Бээжин** – шаар, аймак – 11587, 11753, 14094, 17236, 17646, 17825, 24308, 29176.
**Түргөндү** – аймак, чөлкөм – 3856.
**Түркүстөн** – чөлкөм, өлкө – 93, 967, 1008, 1096, 7345, 7351, 7361, 11739, 11750, 11914.
**Түрмө-Карыш** – жер, арал – 1084.
**Тыртыш** – чөл, аймак – 22021.
**Убаң** – тоо, аймак – 12689.
**Улаан** – аймак, өрөөн – 11964.
**Улабас** – тоо, аймак – 5734.
**Улан** – тоо, аймак – 7344.
**Улар-Таш** – кыр, тоо, аймак – 32761.
**Улуу-Өзөк** – аймак, өрөөн – 13328.
**Улуу-Чат** – аймак, жайлоо, өрөөн – 2660.
**Уна-Тоо** – бел, аймак – 32086, 32091.
**Ургаңкы** – шаар, аймак – 23268.
**Уркун** – суу, аймак – 53, 1973, 11777, 19970,19973, 21013, 21764, 21942, 21961, 21980.
**Урум** – шаар, аймак – 11793, 17918, 24715, 27276, 27305, 28688, 34638, 40170, 41572, 46280.
**Ууталык** – аймак, чөлкөм – 40217.
**Үкүрчү** – аймак, чөлкөм – 9821.
**Үргөнч** – шаар, аймак – 30, 1881.
**Үрүмчү** – шаар, аймак – 13973, 15748.
**Үч-Алматы** – суу, өрөөн, аймак – 12285.
**Үч-Башат** – аймак, чөлкөм – 11664.

**Үч-Булак** – аймак, жайыт – 12287, 12317.
**Үч-Каркыра** – суу, аймак – 3862.
**Үч-Капкак** – суу, өрөөн – 9822.
**Үч-Булак** (Каркырадагы) – аймак, өрөөн – 3863, 4949.
**Үч-Булак** – аймак, өрөөн – 1673.
**Үч-Каркыра** – аймак, өрөөн – 1668, 1672, 4950.
**Чабдар** – бел, ашуу, аймак – 3859, 5080, 7341, 11669, 11905, 11990, 12142.
**Чагалык** – түз, аймак – 36556.
**Чаган** – аймак, чөлкөм – 11771.
**Чакмак** – бел, ашуу, аймак – 14380.
**Чамбыл** – шаар, аймак – 1243, 16496, 24654.
**Чапак** – аймак, жайлоо – 12668, 12688.
**Чаңгес** – тоо, аймак – 25683.
**Чаңгүш** – тоо, аймак – 23698.
**Чаңкуу** – аймак, чөлкөм – 41890.
**Чаңшаң** – тоо, аймак – 17764.
**Чардак** – аймак, өрөөн – 13508, 13541.
**Чарын** – суу, өрөөн – 5738, 12283.
**Чаталак** – аймак, суу, жайлоо – 13320, 41943.
**Чаткал** – аймак, өрөөн – 3015, 16426, 16434, 21884.
**Чатыр-Көл** – көл, аймак – 14381.
**Чебечаап** – шаа, Чет-Бээжиндин чоңу – 26943.
**Челек** – аймак – 12283.
**Чеңгелди** – аймак, өрөөн – 4180.
**Чеңгил** – шаар, аймак – 26960.
**Чер-Доол** – аймак, чөлкөм – 20999.
**Чет-Бээжин** – 26942.
**Чиге** – аймак, чөлкөм – 17763.
**Чок-Табылгы** – жайлоо, аймак – 4671, 17224, 18813, 26183.
**Чолпон-Ата** – аймак, суу – 5211.
**Чоңкой** – суу, аймак – 5212.
**Чоңкучка** – тоо, жайыт – 29710.
**Чөкмө-Тоо** – тоо, аймак – 29697.
**Чөмүч** – тоо, аймак – 20095.
**Чөңөрлүү** – аймак, чөлкөм – 29696.
**Чук-Терек** – аймак, өрөөн – 17590, 20987.
**Чулун** – аймак, суу – 21612, 21884, 22960, 23042, 24054.
**Чүй** – өрөөн, аймак, суу – 94, 2132, 15702, 15756, 21889.
**Чүмүш** – тоо, өрөөн, аймак – 20147.
**Чыйраша** – Багыштын турган калаасы – 4932.
**Чылан** – шаар, аймак – 29177.
**Чыланды** – аймак, тоо – 24578.
**Чылоочу** – жайыт, өзөн, суу – 29186.
**Чымыгент** (Чымкент) – аймак, чөлкөм – 1630, 2330, 3456, 3783, 3836.
**Чын** – калаа, аймак – 41877.
**Чыңкоо** – жайыт, аймак – 28788.
**Чынмачын** – аймак, шаар – 17188, 19121, 19749, 22509, 22510, 23175, 23650, 24861, 26856, 27238.

**Чыңшаа** – талаа, аймак – 26826.
**Чычалак** – тоо, аймак – 40895.
**Шайың** – көл, аймак – 25121, 25138, 25178.
**Шакак** – аймак, чөлкөм – 17612.
**Шакшак** – аймак, тоо – 21014.
**Шам** – шаар, аймак – 41554.
**Шаңкай** – шаар, аймак – 40217, 44218, 45452.
**Шараты** – жол, аймак – 17788.
**Шарпылдак** – аймак, чөлкөм – 17588, 20986, 39136.
**Шарып** – бел, кыр, аймак – 21706.
**Шектебес** – аймак, чөлкөм – 26536.
**Шор** – дарыя, аймак – 596, 4395, 4798, 36375, 39877, 39890, 40890, 41080, 41081.
**Шыбаң** – суу, өрөөн, аймак – 15697.
**Шыбыр** – шаар, аймак – 26533.
**Шыйкуу** – аймак, чөлкөм – 15698.
**Шыта-Кечүү, (Таш-Кечүү)** – кечүү, аймак – 30488, 30947, 30995.
**Ыйык-Көл** – көл (Ысык-Көл) – 49.
**Ылаңмөн** – чөл, аймак – 26495.
**Ымалай** – чөлкөм, тоо, аймак – 36, 27276, 28689, 34640, 35137, 46284.
**Ындыстан** – аймак, өлкө – 38, 592, 19118, 28690, 34692, 35136, 41580, 46287.
**Ысар** – аймак, чөлкөм – 2088, 2672, 3453, 5200, 36317, 36653, 37345, 39131, 41579, 43475.
**Ысык-Көл** – көл, өрөөн, аймак – 3726, 34829, 39075, 43423, 46294.
**Ыштык** – чөл, аймак – 35138.
**Эгизек** – аймак, өрөөн – 17592, 20989.
**Эгиз-Кара** – аймак, чөлкөм – 17591, 20988.
**Эгил** – шаар, аймак – 26959.
**Эдил** – аймак, суу – 44100.
**Эзет** – суу, аймак – 40568.
**Эки-Кемин** – аймак, чөлкөм – 5058, 6401, 7190, 15702, 15752, 16304, 17837.
**Эки-Чат** (Эчкиликтин Эки-Чат) – аймак, өрөөн – 12455.
**Элөөмас** – чөл, аймак – 19975.
**Эмил** – суу, аймак – 1020, 11772.
**Эмилди** – аймак, өрөөн – 13553.
**Энесай** – аймак суу – 52, 34680, 42672, 42686, 42710, 42758, 42802.
**Эңгил** – шаар, аймак – 26960.
**Эңсерим** – чөл, аймак – 17643.
**Эриме** – аймак, чөл – 11779, 22517, 22541, 27435, 25537, 25559, 25608, 25616, 26497, 33000.
**Эркечтүү** – кыя, жол, аймак – 46252.
**Эртиш** – суу, аймак – 53, 11777, 15699, 17593, 17599, 17611, 19970, 20990, 20997, 21013...
**Эскимус** – аймак, чөлкөм – 17761.
**Эчкилик** – тоо, аймак – 12455.
**Эшик** – аймак, чөлкөм – 3856.

## СОҢКУ СӨЗ

*Төрт жылдан ашуун убакытка созулган ары кыбыр, ары машакаттуу, көп эмгек жумшалып, азап-тозок менен ар кимден тил, жеме угуп, үй-жайдан безип, акы албай иштелген оор жумуштун жемиштүү бүткөн ийгилигине бир жактан ыраазы болуп кубануу, сыймыктануу менен, экинчи жактан ушундай машакаттуу эмгектин натыйжасы кандай болоруна күдүктөнүп, эмгеги жарык көрүп, китеп түрүндө элге жетсе деген тилегинин жүзөгө ашарына көзү жетпей, сарсанаа тартып, Сагымбай манасчы өзү айтып, кагаз бетине түшүртүп жаткан вариантынын акыркы саптарындагы корутунду ойлорунда:*

*«Он бир китеп жазылды,*
*Жазылган качан басылды?!» – деп өкүнгөн экен.*

*Гениалдуу манасчынын ошондогу кообу, шектенүүсү бекер болбоптур. Манасчынын эскерген он бир китебинин* толук басылып жарык көрүүсү бир кылымга жакын убакыттан кийин гана жүзөгө ашып жатат. (Ошондо да буюрса дейли. Мына бүттү – деп, ойлогон ой орду менен ишке ашпай калуу учурларын далай көргөнбүз.)*

*Деги эле жалпы «Манас» эпосунун, анын ичинде, айрыкча, Сагымбай айткан варианттын жолу катуу. Жеке эле биздин өмүрдө гана эмес, жалпы тарыхый жолунда ойлонулган ой бир да жолу шыдыр кетпептир, ал турмак жөн эле жерден иш-аракет кан буугандай токтоп калуу учурлары да арбын болгонуна илимге белгилүү көптөгөн маалымат-фактылар күбө өтүшөт.*

*«Манас» эпосун, тагыраак айтканда, Сагымбай манасчы айткан варианттын кагаз бетине түшүрүлгөн тексттерин жарыялап, басмадан чыгаруу жөнүндө ошол кездеги Кыргыз автономиялуу облусунун өкмөтү 1926-жылдын аягына жакын (3-сентябрда. Кара: Кол жазмалар фондусу, инв. № 84, 6-бет) токтом токуган экен. Бирок ал чечим ишке ашпай, кагаз бетинде кала бериптир. Андан кийинки отузунчу жылдардын баш чендеринде өзү өкмөттүн агартуу тармагын башкарып турганда «Манасты» бастырып чыгаруу, орус тилине көркөм которуу багытындагы Касым Тыныстановдун жан үрөгөн аракеттеринен да майнап чыкпаптыр. Тескерисинче, пайда алып келмек түгүл таланттуу окумуштуунун жашында жайрап, күнөөлөнүп атылып кетишинде ушул багыттагы аракеттери, «Манаска» мамилеси негизги себептерден болгон өңдөнөт.*

*1937-жылдын 25-сентябрында Кыргызстан Коммунисттер партиясынын Борбордук Комитетинин бюросунда «Манас» эпосун бастырып чыгаруу жөнүндө маселе каралып, басмага даярдалган тексттерди карап чыгаруу үчүн комиссия түзүлөт (Султанбеков, Камбаров, Шамурзин), ошол эле маселе 5-ноябрда дагы каралып, «мурдагы иштелген иштер душмандык менен алып барылгандыктан «Манасты» басмадан чыга-*

* Сагымбай Орозбаковдун эсеби боюнча Академиялык басылыштар толук жарык көрдү.

*руу атайын түзүлгөн комитет редакциялап чыгып, бекиткенге чейин токтотулсун» деген чечим кабыл алынат. Бюродо «Манастын» үстүндө иштөө жана бастырып чыгаруу үчүн Султанбековдун председателдиги астында мүчөлөрү Салихов, Камбаров, М. Токобаев, Жакишев, Алымов, Ашубаев, Жаналиев болгон атайын комиссия түзүлөт. Бул документтердеги маалыматтарга караганда мурдагы түзүлгөн комиссия эпосту басмага даярдагандардын арасында эл душманы аталган адамдар да болгондугуна байланыштуу иш атайын душмандык менен жүзөгө ашырылган деген жыйынтыкка келип, ошого ылайык бастырылуу иштери токтотулуп, тексттерди бастырып чыгаруу үчүн атайын комитет түзүлүптүр. Ал комитеттин аракетинен майнап чыкмак турсун, деги эле ишке киришкени жөнүндө илимде маалымат жок. Ошентсе да Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Кеңеши 1938-ж. 20-декабрда токтом кабыл алып, «Манас» эпосун кыргыз тилинде басмага даярдоо үчүн редакциялык комиссия түзөт (М. Чойбашев, Ө. Жакишев, К. Маликов, Т. Шамшиев, Т. Үмөталиев). Ошол эле жылы 28-сентябрда Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Т.Кулатов «Манасты» орус тилине көркөм которуп жаткан адистер менен өткөргөн, кыргыз интеллигенттеринен бир кыйла адам катышкан кеңешмеде эпостун орус тилине которулган тексттеринин биринчи китеби жарык көргөн учурда кыргыз эстелигине көңүл буруу, анын кадыр-баркын көтөрүү максатында чыгарманын миң жылдык юбилейин өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынат. Ушул чечимге ылайык «Манастын» академиялык толук басылышын даярдоого киришүү, чыгарманын жаралыш доорун белгилөө боюнча окумуштууларга тапшырма берүү ж.б. практикалык айрым иш-чаралар пландаштырылып, аракеттер көрүлө баштайт.*

*1939-жылдын 9-декабрында Кыргызстан Коммунисттер партиясынын Борбордук Комитетинин Бюросу өтүп, анда «Манас» эпосунун 1-томунун редколлегиясынын составы каралган жана ага Жакишев, Маликов, Бөкөмбаев, Токомбаев, Жумабаев бекитилген.*

*1940-жылдын 23-мартында Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Кеңешинин «Кыргыз элинин баатырдык эпосу «Манастын» юбилейин өткөрүү маселесине арналган атайын жыйыны өткөрүлүп, кеп маселелерди ичине камтыган атайын кеңири токтом кабыл алынат. Анда эпостун Академиялык басылышын даярдоо боюнча 1938-ж. башталган ишти улантуу жана кыргыз, орус тилдериндеги 1-китептерин жыл аягына чейин басмадан чыгаруу, экинчи китептерин 1941-ж. бастыруу, 1940-ж. эпостун айрым элге кеңири белгилүү эпизоддорун өз-өзүнчө массалык тираж менен жарыялоо, «Манас» менен «Семетейдин» кыскартылган эки томдук вариантын даярдап, аны 1942-ж. басмадан чыгаруу, бул ишке акындар А.Токомбаев менен К.Маликовду тартып, аларга ар ай сайын келишим боюнча калем акы төлөп туруу, ушул жылдын 1-майына чейин эпостун датасын тактоону «Тил жана жазуу иши» институтуна тапшыруу, юбилейди өткөрүүнүн планын 1-майга чейин иштеп чыгууну тийиштүү мекемелер менен уюмдарга тапшыруу, бул иш-чараларды жүзөгө ашырууда зарыл керек каражаттарды бөлүү ж.б. маселелер камтылып каралган.*

*1940-ж. 25-ноябрында Фрунзе шаарында «Манастын» дата-доорун тактоо боюнча Жалпы Союздук кеңешме чакырылып, ага Москвадан, Ленинграддан, башка союздук республикалардан белгилүү адистер катышкан.*

*Окумуштуулар «Манас» эпосу миң жылдан бери келе жаткан чыгарма деген жоромолго токтолгону менен юбилей өткөрүү маселесине байланышкан иштер дээрлик жүзөгө ашпай, согуш башталганга байланыштуу токтоп калган. Пландаштырылган иш-чаралардан эпостун айрым белгилүү окуяларын өз-өзүнчө кыскартып жарыялоо багытында гана ийгилик болуп, 1940–1943-жж. аралыгында «Манас» сериялары деген ата-*

*лыштагы он чамалуу чакан китепчелер басмадан чыккан: «Манастын балалык чагы», Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу боюнча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов, Фрунзе, 1940; «Алооке хан» С. Орозбаковдун айтуусу боюнча басмага даярдаган Н. Абдыракманов. Фрунзе, 1941», «Макел дөө» С.Орозбаковдун айтуусу боюнча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов, Фрунзе, 1941; «Каныкейдин Тайторуну чапканы» С.Каралаевдин айтуусу боюнча. Редактор Ө. Жакишев, Фрунзе, 1941; «Манастын өлүмү» С.Каралаевдин айтуусу боюнча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов, Фрунзе, 1941; «Семетейдин Букардан Таласка келиши» Байымбет Абдыракмановдун (Тоголок Молдо) айтуусу боюнча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов. Фрунзе, 1941; «Үргөнч» А.Ырысмендеевдин айтуусу боюнча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов, Фрунзе. 1941; «Алгачкы айкаш» айтуучу Орозбаков Сагымбай, басмага даярдаган Ж. Бейшекеев, Фрунзе, 1942; «Майдан» («Семетейден») Айтуучу Б. Абдыракманов (Тоголок Молдо), басмага даярдаган Ж.Бейшекеев. Фрунзе, 1942; «Биринчи казат», С. Орозбаков. Басмага даярдаган К. Рахматуллин. Фрунзе, 1944.*

*Ар бири 1–3 басма табак көлөмүнөн ашпаган бул чакан китепчелерде жарык көргөн тексттерди басмага даярдоонун жалпы кабыл алынган илимдин негизинде иштелип чыккан атайын эреже-принциптери деле болбогон өңдөнөт. Албетте, саясий каталар кетпесин деген багыттагы жалпы көрсөтмө болду дечи. Андай аракеттин белгилери жарыяланган тексттерде даана байкалат (ислам, түрк ж.б. сыяктуу сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштыруу, ислам дининин канондоруна тиешелүү намаз окуу, кудайга сыйынып тобо келтирүү ж.б. жерлердин сызылып салынышы ж.б.). Ошентсе да китепчелердеги тексттер кандай принциптерге ылайык даярдалганы илимге белгисиз. Кыясы, атайын иштелип чыккан жобо болбой, ар бир даярдоочу жалпы саясий көрсөтмөнү эске алуу менен өз-өзүнчө, өз билгенине жараша аракеттенген өңдөнөт. Анын үстүнө тексттердин басымдуу көпчүлүк бөлүгүн басмага Ы.Абдыракманов даярдаптыр. Бул адамдын эпостун түрдүү варианттарынын тексттерин өзү кагаз бетине түшүргөнү жана чыгарманын сюжетин мыкты билгени жалпыга белгилүү чындык. Бирок, ырамытылык молдоке илимден алыс адам эле. Ага кошумча көк, өжөр, өз оюн бербеген кыялы да бар болчу. Ошонун кесепетинен ал адам институтта иштеген жылдардын бардык учурларында кол жазмага оңдоолор киргизүүгө болбойт деген эң жөнөкөй чындыкты жаш-кары дебей какшап жатып ишендире албай коюшкан. Натыйжада ошол өткөн кылымдын кыркынчы жылдарынын баш чендеринде жарык көргөн «Манастын» тексттери көптөгөн илимдик принциптер бузулуу менен жарыяланган. Алардын ичинде элементардык тексттерге кийлигишүүлөр – сөздөрдү өзгөртүү, бир сөздү башка сөз, сөздөр менен алмаштыруу, адам, жер-суу аттарын бузуп жазуу, манасчыда жок ыр саптарын кошуу ж.б. да арбын. Ошентсе да 1925-ж. арап тамгалары менен Москвада жарык көргөн Тыныбек манасчынын айткан «Семетейинен» чакан үзүндүнү эсепке албаганда кыркынчы жылдарда жарыяланган тексттер «Манас» эпосунун кыргыз жергесинде өз тилинде, өз тамгасы менен басмадан чыккан, элге кеңири тараган алгачкы үлгүлөрү эле.*

*Ушул жерде көңүлгө алып коё турган бир учур «Манастын» тексттерин басмадан чыгаруу маселеси коюлуунун кайсыл убагында болбосун эң алды менен Сагымбай Орозбаков айткан вариантка көңүл бурулуу. Мунун далилин жогоруда көрсөтүлгөн китепчелерден да көрүүгө болот. Ошол кездеги эпостун үч бөлүмү боюнча илимге белгилүү элүүгө жакын варианттардан тандалып алынып, жарыкка чыккан тексттердин басымдуу көпчүлүгү Сагымбайдын вариантынын тексттери.*

*Согуш бүткөн жылдын аягына жакын – 1945-ж. 8-сентябрда – Кыргызстан КП БКнын Бюросу «Манастын» юбилейин өткөрүү маселесин карап, эпостун 1100 жылдык*

*юбилейи 1947-жылы өтсүн – деп чечим кабыл алат, юбилейдик комиссия түзүлүп, ага Т.Кулатов төрагалыкка бекитилет.*

*1946-ж. Москвада орус тилинде «Манас» («Манас», Кыргызский эпос «Великий поход») жарыяланат.*

*Китепте чыгармадагы кеңири белгилүү болгон «Чоң казат» эпизодунун окуялары жети темага бөлүнүп, кыскартылган түрдө берилген. Негиз катары Сагымбай менен Саякбай айткан варианттар алынып, ар бир окуя өз-өзүнчө бир манасчыдан берилип, мазмунда тексттер кимге таандык экендиги көрсөтүлгөн. Бирок «Чечүүчү кармаш» («Решительный бой») аттуу эң акыркы окуя Сагымбай боюнча делип көрсөтүлгөнү менен чынында эпизоддун баш жагы гана Сагымбайдан алынып, калган көпчүлүк сюжет Саякбайга таандык.*

*Китепке кирген тексттер орус тилине атайын конкурс менен тандалып алынган бүт Союзга белгилүү адис котормочулар тарабынан жүзөгө ашырылган.*

*Котормого негиз болгон кыргызча тексттерди ким, же кимдер даярдаганы белгисиз, китептин эч жеринде эскерилбейт. Анын үстүнө кыргызча тексттердин мазмунунун канчалык даражада түп нускага жакын берилгенин көзөмөлгө алып, текшерүү иши да болбосо керек. Натыйжада, айрым эпостун салттык белгилери одоно бурмаланып калуу учурлары аз эмес. Мисалы, кыргызча тексттерде көп жолугуучу туруктуу салттык «Чатыраш ойноп, даң салып» делинген ыр саптары котормодо «Воины Манаса плясали и танцевали» катары которулган. Чатыраш ойноп, даң салуу ойноп-күлүп, көңүл ачууну туюнтуп, түпкү мазмуну жактан котормодогу маңызга жакын, көркөм котормодо мындай берилүүгө да жол коюлат, бирок кеп башкада – кыргыз турмушу менен терең тааныш эмес котормочу бул жерде өтө орой каталык кетирген – кыргыздардын турмушунда бийлөө, айрыкча «плясать» деген түшүнүк да жок, мындай көрүнүштөр эпостун варианттарынын эч жеринде жолукпайт. Ошондой эле эпостогу салттык туруктуу көрүнүш болгон Коңурбай менен Манас беттешкенде жеңилерин сезген Коңурбай качуу жана ал шаарына жетип, алтымыш бакса дубалга атын секиртип өтүп кутулуп кетүү учуру котормодо»:*

*«Не выдержал Коңурбай, струхнул,*
*Вдоль реки за скалу свернул,*
*Юркнул, как лиса, в тростники»*
(«Великий поход, стр. 357)

*делип берилген. Эпостун варианттарында Манастан качкан Коңурбайдын камыш аралай качып, таптырбай кетүүсү да эч жерде учурабайт.*

*Ошого карабастан «Манастын» өзгөчө кеңири жайылган чоң эпизодунун окуялары баштан-аяк ирээти менен жарыялануу, болгондо да орус тилдүү окурмандарга бул маанилүү бөлүмдү тааныштыруу орчундуу иш эле. Натыйжада, китеп коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынып, бастырылышка тиешеси бар адамдар ошол кездеги сыйурматтын жогорку баскычы болгон Сталиндик сыйлыкка көрсөтүлөт. Бирок көп узабай өлкөдө саясый кырдаалдын багыты өзгөргөндүгүнө байланыштуу «Манас» катуу сынга алына баштайт. Ошол себептен улам эпостун юбилейи да, ага байланышкан иш-чаралардын баары токтойт, ал турмак Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Бюросу 1952-ж. 27-июнда өткөн жыйынында эпостун мурда жарык көргөн үч китебин («Манас» 1941-ж., «Великий поход» 1246-ж., «Манас великодушный», 1947-ж.) пайдалануудан алынсын» деген токтом кабыл алат.*

*СССР илимдер академиясынын Президиумунун демилгеси менен 1952-жылы «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасына арналган Жалпы Союздук илимий конференция уюштурулуп, форум жайында Фрунзеде өтөт.*

*Конференцияда эпостун илимге белгилүү варианттарынын дээрлик баары сынга алынып, айрыкча Сагымбай Орозбак уулунун вариантына өзгөчө катуу дооматтар коюлат. Атайын баяндама жасагандардын арасынан деги эле Сагымбай манасчы деле эмес, ар кимдерден үйрөнүп, жаттап алган жерлери болбосо, өзү айткан тексттери ырга да окшобойт дегенге чейин баргандар болот. Ошентсе да конференция эпостун колдо болгон варианттарынын баары өз алдынча жарыялоого жараксыз, бирок ар бир манасчыда алгылыктуу жерлери да бар. Ошон үчүн чыгарманы түрдүү варианттардан кошуп, кыскартып, бириктирилген үлгүдө даярдап жарыялоо зарыл деген чечим кабыл алынат.*

*Конференциянын ушул бүтүмүн жүзөгө ашыруу үчүн 1954-ж. 23-июлунда Кыргыз Республикасынын өкмөтү «Манас» эпосунун тексттерин басмага даярдоо жөнүндө» деген маселе карап, СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалына 1954–55-жылдар ичинде «Манас» эпосунун тексттерин 80 миң сап ыр көлөмүндө басмага даярдоону тапшырган токтом кабыл алат жана ошол эле токтомдо бул иш-чараларга зарыл керектелүүчү каражат, иштеген адамдарга төлөнүүчү калем акы бекитилет.*

*Натыйжада, «Манастан» эки (1958, 1959-жж.), «Семетейден» бир (1959-ж.), «Сейтек» бир (1960-ж.) кыскартылып бириктирилген вариант деген аталышта жарык көрөт. Эпостун «Манас» бөлүгүн басмага К. Маликов, «Семетейди» А. Токомбаев, «Сейтекти» Т. Сыдыкбеков даярдаган. Атайын редколлегия түзүлүп, башкы редактордун милдети Б. Жунушалиевге (Юнусалиев) жүктөлгөн.*

*Жарык көргөн китептерди басмага даярдоодо илимдик принциптерге туура келбеген одоно каталар кетирилген. Чынында каталар кетип жаткандыкты негизинен түзүүчүлөр да, редколлегия мүчөлөрү да билишкен дешке негиз бар. Мунун ачык далилин басылыштын башкы редактору Б. Жунушалиев кийин эпостун тексттерин орус тилине которуу маселеси козголгондо даяр төрт томдун материалын эле берүү керек деген ошол томдордун түзүүчүлөрүнүн сунушуна каршы чыгып, башка, илимий принципке туура келе турган ыкта кайра даярдоо зарыл деген «Манас» секторунун пикирин колдоп кеткенинин өзү да далил болуп турат.*

*Кыскартылып, бириктирилген вариантты даярдоонун эң башкы максаты «Манас» эпосун ошол кездеги кыйын шартта коргоп калуу болчу. Жарык көргөн төрт китеп ошол милдетти жүзөгө ашырууда өз алдынча орчундуу кызматты аркалаган.*

*1965-жылы «Манас» редколлегиясынын кеңири жыйынында сектордун жетекчиси С.Мусаев эпостун тексттерин илимий принциптерди так сактап бастыруу демилгесин көтөрүп, материалдарды аралаштырбай, ар бир вариантты өз-өз алдынча басмага даярдоо ишине киришүүнү сунуш кылат жана бул аракетти варианттары кагаз бетине түшүрүлгөн манасчылардын арасындагы жашы жактан улуусу, айткан тексттери башкаларга караганда биринчи болуп жазылып алынган мазмунунун кеңдиги, көркөмдүк деңгээлинин жогорулугун көпчүлүк изилдөөчүлөр баса белгилеп жүрүшкөн Сагымбай Орозбак уулунан жазылып алынган тексттерден баштоо туура экендигин айтат.*

*Реакционер Сагымбайдан эмес, Саякбайдан баштоо зарыл – деп, Т.Сыдыкбеков катуу каршы чыкканына карабастан, жыйындын көпчүлүк катышуучулары Сагымбайдын вариантынан баштап бастырууну туура табышып, 1966-жылдан тартып 1-китепти басмага даярдоого киришүү чечими кабыл алынат.*

*1966-ж. Москвадагы Дүйнөлүк адабияттар институтунун дирекциясынан «СССР элдеринин эпостору» сериясында эки тилде бастыруу үчүн «Манастын» тексттерин даярдап берүү сунушу келип түшөт.*

*Бул маселе талкууга алынганда сектордун каршы болгонуна карабастан «Манас» редколлегиясы бириктирилип, кыскартылган варианттын түзүүчүлөрүнүн сунушу боюнча Москвадан эки тилде чыгуу үчүн «Манастын» бириктирилген кыскартылган төрт китеби сунуш кылынсын деген чечим кабыл алат.*

*Мындай чечимге каршы болгон сектордун илимий кызматкерлери С.Мусаевдин сунушу боюнча Борбордук партия Комитетине атайын кат менен кайрылып, эпостун кийинки жарык көргөн кыскартылып бириктирилген вариантынын төрт томдугу басмага илимдик принциптер одоно бузулуу менен даярдалганын, эгер ошол китептер орус тилине которулуп, эки тилде Москвада жарык көрүп, дүйнө элдерине тарап кетсе илимий коомчулук алдында Кыргызстан, кыргыз эли уятка калары эскертилген жана жарык көргөн төрт китептин ар биринин бардык беттериндеги өзгөртүүлөр, кошумчалар, оңдоолор варианттардын түп нускалары менен салыштырылып, ыр саптары боюнча жазып көрсөтүлүп, кат менен кошо жиберилген. Натыйжада, эки тилде жарыялоо үчүн чыгарманын тексттери илимдик негизде жаңыдан даярдалуу жөнүндө көрсөтмө келип, секторд о эки чоң манасчынын – Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынан өз-өзүнчө аралаштырбай, жарактуу тексттер тандалып алынып, басмага даярдоо бүтүмү кабыл алынат. Бирок иш үстүндө редколлегия менен сектордун, айрыкча А.Токомбаев менен Т.Сыдыкбековдун пикир келишпөөчүлүгүнүн натыйжасында иш ордунан жылбай, сектор «Манас» редколлегиясын жоюп, сектордун илимий кызматкерлерине иштөөгө шарт түзүп берүү өтүнүчү менен Кыргызстан Компартиясынын БКне кат менен кайрылууга аргасыз болот. Редколлегия жоюлуп, сектордун өтүнүчү боюнча мурдатадан эле сектордун пикирин колдоп келген Б.Жунушалиев «Манас» секторуна илимий консультант катары бекитилет.*

*Эпостун тексттерин басмага даярдоонун илимий принциптерин иштеп чыгуу сектор тарабынан С.Мусаевге жүктөлүп, даярдалган инструкция-принциптер алгач секторд о жактырылып, андан кийин Тил жана адабият илим изилдөө институтунун окумуштуулар Кеңешинде талкууланып бекитилет. Ошондон кийин Москвадагы Дүйнөлүк адабияттар институтуна жөнөтүлүп, Мусаевдин катышуусу менен «принциптер» талкууланып, ошондон көп узабай өткөн «эпос жана аны бастыруу» деген темада өткөн эл аралык илимий конференцияда докладдардын бири катары угулуп, талкууланып, бардык талкууларда айтылган ой-пикирлер эске алынуу менен такталып чыккан инструкция-принцип илимий кеңеште дагы бир жолу угулуп, бекитилген.*

*Ушундан тартып кийинки бардык эпостун тексттеринин басмага даярдалууларында ушул макулдашылган ыктар, иштин жүрүшүндөгү айрым өзгөрүүлөр менен негизги таянычтын милдетин өтөдү.*

*Ал принциптердин дайым так сакталуу талап кылынган негизги учурларынын ичинде булар бар эле: ар бир варианттардын тексттерин бири-бирине аралаштырбай, өз-өзүнчө адрестүү – кимдин варианты экендигин так көрсөтүп жарыялоо; тексттерге кошумчалар киргизип, оңдоп, сөздөрдү алмаштырып ж.б. кийлигишүүлөргө жол бербөө; варианттардын көлөмү өтө чоң болуп, аларды бүт жарыялоо мүмкүн болбогон учурларда эпикалык атайын көркөм ыкка кирбеген ыр саптарындагы, же окуялардагы ыксыз кайталоолорду, мааниге ээ эмес деталдык көрүнүштөрдү кыскартууга макул болуу, ошондой кыскартуулардын катарына кыргыздардын тарыхый жолундагы турмушунда орун албаган панисламизм – ислам динине үгүттөө, же пантюркизм – түрк*

*элдерин башка элдерге каршы коюу сыяктуу түшүнүктөр да кирген. Ошону менен бирге эле элдин практикалык жашоо тиричилигинде орун алган ислам дининин Кудайга ишенүү, намаз окуу, тилек тилеп Алдага кайрылуу сыяктуу жөнөкөй белгилери жана кыргыздар түрк тукумуна кирерин белгилеген, моюнга алган ишенимдер кыскартылбай сакталуу зарыл.*

*Пландаштырылгандарды иш жүзүнө ашыруу аракеттеринин учурунда түрдүү пикирлерди жаратып, узак талаштарды туудурган маселе ыр тексттеринин арасындагы кыскартылган сап, окуялардын ордун толтуруу, окуяда үзүлүү пайда болгон учурларды эмне кылуу эле. Эң оңой жол катары ар бир кыскартууга дуушарланган жерлерде кандай мүнөздөгү, канча сап ыр эмне үчүн кыскартылганын комментария түрүндө эскертмелер берүү болчу. Бирок мындай ык эпостун тексттерин шыр окуп, окуяларды бир бүтүн катары жеңил кабыл алууга тоскоолдук кылып, китеп окурмандары үчүн ыңгайсыздыктарды жаратмак. Ошон үчүн көп эмгекти талап кылгандыгына, татаалдыгына карабастан тексттердеги кыскартуулар билинбегендей, окуяда үзүлүү сезилбегендей түрдө иштөө зарыл деген бүтүмгө келип, бул үчүн басмага бир адам даярдаган текстти башка кызматчылар да окуп чыгып, ар бири кыскартылган жерге макул, же каршы экендигин ошол жердин өзүндө жазып белгилөө, ошондон кийин гана көпчүлүктүн пикирине карата бир адам кыскартуу жүргүзүп, ал кыскартууну жеке эле кереги жок делген саптардын алкагы менен гана чектебей, зарыл керегине жараша кыскартууга кеткен саптардан мурдагы, же кийинки ыр түрмөктөрүн да кыскартуу жолу менен окуялардын үзүлбөй өнүгүшүнө жетишүү милдети коюлган. Мындай ишти баштан-аяк бир гана адам иштөө зарыл эле. Анткени бир эле эпизод эмес, башка окуяларда да кыскарган ыр саптарына тиешеси бар тексттер карама-каршылык түзүлүп калбас үчүн алынып салуу-кыскартылуу зарыл болчу. Эпостун жарык көргөн китептериндеги чоң-чоң окуялар басмага түрдүү адамдар – сектордун илимий кызматкерлери тарабынан даярдалса да тексттерди акыркы редакциядан өткөрүп, кыскартуулардын окуянын үзүлүп калбагандай түргө келтирилишине бир адам контролдук кылып, жоопкерчилигин көтөргөн. Бул милдет сектор мүчөлөрүнүн макулдугу менен бөлүм башчысы, басылманын жетекчиси – иштин ийгилиги үчүн юридикалык да, моралдык да жоопкерчилик көтөрүүчү С.Мусаевге тапшырылган.*

*Ушул ык менен түзүлгөн «Манастын» тексттери Сагымбайдын варианты боюнча төрт, Саякбай боюнча эпостун үч бөлүмү, беш китеп болуп кыргыз тилинде, ал эми Сагымбайдын вариантынын тексттери окуялардын башынан тартып, «Чоң казаттын» («Чоң чабуулдун») аягына чейин кыргыз жана орус тилдеринде Москвадан төрт китеп болуп жарык көрдү. Эпостун «Кичи казат» бөлүмү Саякбай боюнча даярдалган эле. Бирок Союздун кулап, бытырап кеткенине байланыштуу ал тексттер жарык көрө элек.*

*Манастаануу илиминин алдында турган негизги милдеттердин бири эпостун варианттарынын эч курбаганда өзгөчө маанилүү тексттери менен, аларды толук жарыялоо аркылуу коомчулукту, окумуштуулар дүйнөсүн тааныштыруу эле. Бул орчундуу маселе идеологиялык тоскоолдуктардын кесепетинен советтик түзүлүш убагында колго алынган эмес. Ошон үчүн Кыргыз Республикасы өз алдынчалыкка ээ болгондон тартып «Манас» бөлүмү ушул ишке киришип, 1995-ж. өткөрүлгөн улуу эстеликтин миң жылдык маарекесине карата улуу манасчылар Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынын тексттери академиялык басылышта басмага даярдалып, ошол кезде бүткөн тексттери жети китеп-томдор түрүндө басылып чыккан. Бирок ишти 2000-ж. чейин бүтүрүү жөнүндөгү өкмөттүн токтому бар экендикке карабастан каражат жок делген шылтоо менен он жылдан ашуун убакыт бастырылыш токтоп калды, көптөгөн уюм-мекемелерге кайрылуу, өкмөттөн суроо, өтүнүчтөрдөн майнап чык-*

*пады. Качан өлкөнүн жаңы президенти өз фондусунан каражат бөлгөндө гана 2006-ж. баштап кайра колго алынды.*

*Жалпы «Манастын» тексттерин, айрыкча академиялык бастырылыш түрүндөгү толук үлгүсүн бастырып чыгаруунун керегi, зарылдыгы барбы?*

*Бул жөн-салды эле айтылган сөз эмес.*

*Элдин тарыхый өнүгүш жолунун бүгүнкү шарт-учурунда «Манас» али активдүү жашоо белгилеринин айрым көрүнүштөрүн сактап (улгайган муундар эле эмес, жаш жеткинчектер арасында да журт алдына чыгып, анын тексттеринен үзүндүлөр айтуу-аткаруу салтынын али турмушта орун алышы) турганына карабастан бул чексиз океандай казынаны, ким-кимдер болбосун кенен пайдаланып, өз керегине жаратууну камсыз кылуунун жалгыз туура жолу анын тексттерин китеп түрүндө жарыялап, элге таратуу. Демек, эпостун тексттеринин китеп түрүндө өмүр сүрүшү тарыхый шарттын талабынан келип чыккан зарылчылык. Ансыз бул улуу мурас элден ажырап, анын керегине жароо, кызмат кылуу мүмкүнчүлүгү мүчүп калат.*

*«Манас» – улуттук дөөлөт. Анын жаралышынын өзү да кокустук көрүнүш эмес. Ар бир эл, айрыкча түптүү, уюткулуу байыркы элдердин баары дээрлик өсүп-өнүгүш тарыхый басып өткөн жолунда ошол жолдун мерчемдүү баскыч учурунда турмуш зарылчылыгына жараша пайда болуп, өзүн жараткан эл менен кошо жашап, керегине жарап, бара-бара эстелик мураска айлануучу маданий табылгасы болот. «Манас» кыргыздардын ошондой мурастарынын бири. Башкалар сыяктуу эле кыргыз элинин өнүгүш жолунун атайын учурунда зарылчылыкка ылайык жаралып, калк жашоосун коштоп, турмуш тажрыйбасынан алынган жыйынтык маалыматтарды мазмунуна сиңирген, эстетикалык керектүүлүккө жарап, элдик табылгалардын казынасына айланган «Манас» эпосу мазмуну идеологиялык курал, таалим-тарбия берүүчү нуска катарында активдүү роль ойноп, зарыл керектүүлүк доору узакка созулуп, чагылдырылган тема күндөлүк турмушта дайым үлгүлүк милдет аткарып, зарылдыгы, керектиги бөксөрбөй, кадыр-баркы төмөндөбөй, тескерисинче, күн санап артып, жогорулап, бара-бара көлөмү кеңейип, мазмуну байып, натыйжада жамы калктын туткан туусуна, чакыраар ураанына, салттык үлгүсүнө, карманар таянычына-туткасына айланган. Мындай абал ошол чыгарманын түпкү уюткусу жашоодогу өзгөчө мааниге ээ, дайым талап кылынып турган орчундуу маселеге – жашоо үчүн күрөш, Ата Мекенди баскынчы, зордукчул душмандардан коргоо темасына арналгандыгы менен түшүндүрөт. Бул ыйык да, зарыл керек да максат максатташ элдер, кандаш уруулар бир бүтүнгө, уюшкан күчкө айланганын, биримдешкенде – урааны да, максаты да бир, ынтымактуу, бири-бирине кыйынчылык башка түшсө дароо жардамга келер, жөлөк таяныч болор, баскынчы жоого бир кишидей каршы туруп, жай турмушта жогуна бары каралашып жашаган күчтүү, ынтымактуу элге айлануу тилеги, идеясы менен шарттташкан. Мындай тилек журттун басып өткөн тарыхый жолундагы өтө узак мезгилди камтыган учурундагы дайымкы өзөк максаты, негизги умтулуусу, жете албаган бийик кыялы болуп кала бергендиктен ушул ойду аркалаган «Манас» эпосунун керектүүлүгү да бөксөрбөй, тескерисинче, күн санап артып олтуруп, анын бүгүнкү өзгөчө уникалдуу абалына жетүүсүнө түрткү болгон.*

*Өзү сыяктуу эле эстелик-мурастардан айырмаланып «Манас» эпосунун өзгөчө кеңири мазмунга, дүйнөдө теңдеш болбогон көлөмгө, көркөмдүктүн кол жеткис бийик деңгээлине жетип, калк турмушунда болуп көрбөгөндөй кадыр-барктуу орунду ээлеп, кыргыздардын ыйык туткан улуу мурасына, улуттук сыймыгына айланышынын себеби, жөнү эмнеде?*

*Окумуштуулар арасында ынандырарлык, ишенимдүү жообу табылбай, өзүнчө эле түшүнүксүз сырга айланган бул маселенин жообу, биздин терең ишенимибизде, кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолунун өзгөчө мүнөзү менен ошол журт жараткан эстеликтин мазмунунун айкалыш кошундусунда.*

*Узак жол баскан байыркы, түптүү элдердин бири, бирок саны аз, өмүрүнүн басымдуу көпчүлүгүн көчмөн турмушта өткөргөн, уруу түзүлүшүнүн таасири күчтүү болуп, анын салт-санаасы жашоо-тиричилигинде негизги таянычтын милдетин аткарган кыргыздардын тирилигин сактап, жашоосун улантып, атын өчүрбөй тукумун улап, дайым болуп турган сырткы баскынчылардан коргонуш, каршы туруш үчүн умтулган башкы максаты, идеал туткан кыялындагы ой-санаасы уруулардын башын кошуп биримдешкен, ынтымактуу, күчтүү топко – бир күчтүү элге айлануу болгон. Көчмөн турмуш да, уруулук түзүлүш да, сырттан басып алуу коркунучу да, ушулардын натыйжасында аз сандуу элдин изи өчүп, аты жоголуп кетүү реалдуулугу да кылымдарга айланган мезгил курамында дайым өкүм сүрүп, бороондуу кара булут катары калк башында каптап тургандыктан элдин биримдешүү, баш кошуу тилеги өзүнүн реалдуулугун жоготпой, дайым керектүүлүк баркы артып: – Мен кыргыз! – деген ар бир инсандын күндөлүк да, түпкү да башкы максатына айланган. Ошон үчүн ушул тилекти, мүдөөнү көркөм-элестүү чагылдырып, эл идеалынын өзүнчө булак-таянычы болгон «Манас» эпосу, сырттан басып кирген коркунучтуу саны көп душманга ийгиликтүү каршы туруп, журт башын кошуп, көп уруу, элдерден уюмдашкан, ынтымактуу, күчтүү бир эл жаратуунун идеалдык үлгүсүн көрсөтө алган Манас баатыр – анын эл кыялына, үмүтүнө дал келген көркөм элес – образы узак убак – көп кылымдар бою үлгү катарындагы зарылчылыгын төмөндөтпөй сактап, мындай чыгармадагы башкы идея, ошол жүктү аркалап, өз үлгүсү менен мисалдык милдетти аткарган баатырдын, чынында көркөм элес, бирок эл үчүн реалдуулуктун көрүнүшү катарындагы иштеген иштери, жүрүм-туруму бүт калк үчүн тутунган туу‍га, үлгүлүк эталонго айланган. Ушундай кадыр-баркка ээ чыгармага жамы журт, анын таланттуу өкүлдөрү көркөм сөз ээлери – манасчылар эл башынан өткөргөн ар бир окуя, көрүнүштөрдүн урунттуу учурларын, журт көргөн, билген, тажрыйбасында иштелип чыккан табылгалардын мыкты үлгүлөрүн бүт чогулткан казынага айлантып, натыйжада эпостун мазмуну, анда баяндалган маалыматтардын чеги болжолсуз кеңип, мурдагы кабар-окуялар кийинкилери менен байып, толукталып, дүйнөдө көлөмү боюнча теңдеши жок уникалдуу чыгарма жаралган. «Манастын» кадыр-баркы, эл турмушунан алган өзгөчө орду, ага көңүл буруунун сыры мына ушунда!*

*Айрым топтун, элдин, көбүнчө урууну‍н кызыкчылыгын коргоп, кыйынчылык учурда башында туруп, кызматына жараган баатырлар, алардын үлгүсүн көркөм сыпаттаган чыгармалар – баатырдык эпостор көп. Алардын мисалын башка элдерден да, ал турмак кыргыз турмушунан да көп эле көрсөтүүгө болот. («Курманбек», «Эр Табылды», «Жаныш-Байыш» ж.б.). Бирок «Манас» эпосундагыдай этникалык топтордун, уруулардын, элдердин башын кошуп, бир бүтүмгө, уюмдашкан күчтүү топко айландыруунун жолун-үлгүсүн кеңири мисалдар менен деталдаштырып айкын сыпаттоо сейрек көрүнүш, чынында «Манастын деңгээлиндеги үлгү кыргыздардын өзүндө да, башка элдерде да жок. Мына «Манастын» Манастык артыкчылыгы, өзгөчөлүгү ушунда!*

*Майда топторду, урууларды, ал эле эмес өзүнчө кандык аталган бөлүктөрдү бириктирип, бир бүтүнгө айлантуу зарылдыгы адам баласынын тарыхында көп эле жолуккан көрүнүш-белгилерден. Мындай аракетти аркалаган, айрыкча жүзөгө ашырган реалдуу турмуштук инсандар зор кадыр-баркка ээ болуп, артыкча легендага айланган атак-даңк калтырган, көчмөн элдердин андай көрүнүктүү өкүлү катары Чыңгыс кан-*

*ды атаса жарашар. Кыргыздарда бул идея Манастын образындагы идеал элес менен чектелип, канчалаган узак кылымдар бою кыял, тилек бойдон кала берген өңдөнөт...*

*Кылымдар карытып, узак убакыттар бою кыргыздардын жашоо, өмүр, өз атын сактап калуу, жоголуп кетпөө үчүн аёосуз жанталашкан тынымсыз күрөштөрү жеке эле «Манас» эпосу гана эмес, түрдүү көлөм, мазмундагы көркөм чыгармалардын, айрыкча баатырдык эпостордун түрлөрүнүн жаралышына шарт түзүп, түрткү бериптир. Мунун мисалы адамдардын жылкыны колго үйрөтүп, мингич унаа катары пайдалана баштаган учурлардан мурдагы тарыхый шартта жаралган жөө баатыр – кайберен менен күрөшкөн Кожожаш, атасынын алы жетпей койгон тотемди жөө кубалап кармап, оңой эле жеңген жана өзүнө баш ийдирип, кызын аялдыкка алган андан кийинчерээкки учурлардын элеси Молдожаш, мыкты атты өз иш-аракеттерине пайдалана баштоо учурларынын көрүнүштөрүн чагылдырган Чалкуйрук тулпардын ээси, бирок али аны тотем тутуп, акыл-кеңешин угуп, өзү алы жетпеген уулуу көлдүн түбүндөгү жандуу, коркунучтуу күч кырк кулактуу Касанга атын жиберип, жардамын алган Төштүк баатырлардан тартып, баатырдык эпостордун классикалык үлгүлөрү болгон «Манас» баш болгон «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаныш-Байыш», «Эр Солтоной» ж.б. же «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» ж.б. сыяктуу баатырдык-лирикалык түркүмгө жатуучу чыгармалардан даана көрүнөт.*

*Элдик оозеки көркөм чыгармачылыктын айрым жанрлары бул, же тигил элде жашоо тиричилигинин, басып өткөн тарыхый жолунун өзгөчөлүгүнө жараша өзгөчө өнүгүшкө ээ болуусу илимде мурдатадан эле кеңири белгилүү көрүнүштөрдөн. Байыркы гректердин мифтери, же биздин коңшубуз казактардагы акындардын айтыш өнөрү мунун мисалдары боло алышат.*

*Баатырдык эпос жанры кыргыздарда канча өнүккөнү менен алардын арасындагы «Манастын» орду өзгөчө.*

*«Манасты» кыргыздар өз ата-бабалары басып өткөн тарыхый жолдун баяны, турмушта болгон реалдуу чындык көрүнүштөрүнүн сүрөттөрү катары кабыл алышат. Демек, ар бир кыргыз үчүн илгертен бери бул эпостун мазмунунда баяндалган окуялар көркөм элес, көркөм чыгарманын материалдары эмес, болгон чындык, ал эми анда аттары эскерилген каармандар ойдон чыгарылган образ эмес, болгон, жашап өткөн адамдар катары түшүнүлүү салтка айланган. Ошон үчүн калк арасында кылымдар бою бул эстеликтин тексттеринде маалымдалган түшүнүк кабарлар оозеки айтылып, укумдан тукумга өткөрүлүп сакталуучу жана турмушта кенен пайдаланылуучу конституциялык бузулбас баа-баркка ээ эрежелердин, заң-закондук бүтүмдөрдүн, жалпы калк ыйык туткан салттык жосундардын милдетин аткарган, журт ичиндеги ар бир чоңдон майдага чейинки талаш-тартыштардан тартып, жашоодогу көптөгөн көрүнүштөр, ырым-жырымдарга чейин ошол калк кадырлаган мурас-эстеликтин булактарына ылайык чечилген, жөнгө салынган, аткарылып жашоо-тиричиликте пайдаланган. «Манастын» кылымдар бою эл табылгаларынын баарын чогулткан казыналык мааниси эң алды менен так ушунда! Ушул түрдө дайым жогору бааланып асдектелген, керектүүлүккө жарап турган үчүн «Манас» калк ичиндеги кадыр-баркы эч качан бөксөрбөс ата-бабалардан калган улуу мурас, улуттук сыймыкка айланган. Жамы журтчулугубуз кылымдар бою бардык табылгалары менен билгендерин бүт чогулткан бул казынаны жалпы эл да, ошондой эле анын ар бир өкүлү өз-өзүнчө жеке да соолбос булак катары керек учурда сузуп алып пайдалана алат. Бул мурдатадан келе жаткан салт. Бул чыгарманын элдиги, элге жакындыгы ушунда. «Манасты» билбеген, эч курбаганда эле бир нече сап ыр тексттерин жатка айтпаган кыргызды табууга болбойт деген корутунду куру сөз эмес, реалдуу турмуш чындыгы. Мына ушул жагдайды эске*

*алганда да мурдатадан келе жаткан эпос менен аны жараткан элдин биримдик жакындыгын бузбас үчүн бүгүнкү тарыхый шарттын деңгээлиндеги шартта – чыгарманын оозеки түрдө жашап, калк арасына таралуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелген учурунда анын тексттерин басмадан чыккан китеп түрүндө журт ичинде кеңири жайылтуу зарыл милдеттерден. «Манас» деңгээли, мааниси боюнча дүйнөлүк укмуштардын катарындагы эстелик-мурас. Бирок Египет пирамидаларынан башкалары дээрлик жоголуп кеткен ошол жети укмуштан айырмаланып, кыргыз эпосу убакытка да, табигат кубулуштарына да моюн бербей, өз мазмунун, көркөмдүк касиеттерин, эстетикалык таасирин түбөлүк бир калыпта бөксөртпөй бийик деңгээлде, мыкты сапатта сактай ала турган эстелик. Анткени анын курулуш материалдары-кирпичтери элдин жандуу тили – сөз. «Манастын» өлбөстүгү, түбөлүктүүлүгү – китеп түрүндө сакталары менен шарттакан.*

*«Манас» жеке эле кыргыздар эмес, бүткүл адам балдары үчүн керектелүүчү зор чыгарма. Башка элдердин биринде да жолукпаган теңдешсиз көлөмү, мазмунуна тете келген кол жеткис бийик көркөмдүк деңгээли ага түрдүү элдердин өкүлдөрүнүн көңүлүн буруп, натыйжада дүйнө жүзүнүн булуң-бурчтарына чейинки белгилүү окумуштуу адистер бул эпосту изилдөөгө дилгирленүүсү жана бул эпостун тексттеринин көптөгөн белгилүү тилдерге которулушу анын атак-даңкынын, кадырынын далили. «Манаска» болгон дүйнө окумуштууларынын кызыгуусунун сыры фольклористика, айрыкча эпостаануу илиминдеги көптөгөн теориялык маселелерди, биринчи иретте эпос айтуучулардын чыгармачылыгы, ушул эпостун, андагы бай маалыматтардын мисалында чечилерине байланышкан.*

*Түрдүү элдердин басып өткөн тарыхый жолунун тажрыйбаларын эске алганда теория боюнча ар бир эл, айрыкча түпкү теги байыртадан келе жаткан эл, фольклордук чыгармалар, ошолордун ичинде эпостун түрлөрүн да жаратканы күмөнсүз. Бирок бардык эле элдерде маданий байлыктын ошол үлгүлөрү сакталып калбаптыр. Мунун мисалын саны арбын, же чакан бүгүнкү элдердин арасынан арбын келтирүүгө болот. Мындай көрүнүштүн негизги себебин бул, же тигил калктын басып өткөн тарыхый жолу, андагы өсүп-өнүгүүнүн өйдө-ылдыйлуу жагдайлары менен түшүндүрүү оңдур, б.а., бир эл эпостук байлыктарын сактап калып, кагазга жазуу мүмкүн болгон шарттарга жеткире алса, айрымдары сактай албай унутулуп, ата мурасынан ажырап калган.*

*Ушул жагдайдан алып караганда оозеки жүзүндө жаралып, алгачкы өмүрүн оозеки жашоо менен өткөргөн эпостун материалдарын түбөлүк сактап, кийинки муундарга жеткирүүнүн дүйнөлүк практикадагы негизги жолу чыгарманын тексттерин кагаз бетине түшүрүү экени күмөнсүз.*

*Кагаз бетине түшкөн тексттин жашоо мөөнөтү-өмүрү узарарында шек жок. Бирок андан да артыгыраак, түбөлүктүүлүктү камсыз кылуучу ык – китеп түрүндө басмадан чыгарылуу жана андай материалдын улам кайталанып басылып, жаңыртылып туруусу.*

*Ал эми «Манас» эпосу, анын ичинде Сагымбай манасчыдан бизге мураска калган тексттер жөнүндө сөз кылсак бул өзгөчө бай, баалуу мурасты китеп түрүндө, айрыкча академиялык бастырылыш үлгүсүндө сактап, келечек муундарга жеткирүүдөн башка жол жок. Анткени Сагымбай манасчыдан өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарынын ичинде жазылып алынган тексттер ошол кездеги тарыхый шартка жараша сапаты өтө начар кагаз бетине түшүрүлгөн. Анын үстүнө пайдаланылган сыянын өңү, сапаты ар түркүн – кара, көк, кээде кызыл сыя менен жазылган. Кээде сыя, же жөнөкөй карандаш менен жазылган жерлер да бар.*

*Ошол кол жазмалардын сакталуу мөөнөтүн узартуу багытындагы өз учурундагы биздин аракетибизден майнап чыккан эмес – микрофильм түрүндө сүрөткө тарттырылган тексттер кызыл сыя, карандаш менен жазылган жерлер сүрөткө түшпөгөндүктөн көчүрүлүү толук болбой калган.*

*Ошентип, «Манас» эпосунун, анын ичинде Сагымбайга таандык варианттын текстеринин өмүрүн узартып, сактап калуунун ыңгайлуу да, ишенимдүү да ыгы – академиялык басылыш.*

*Биздин кол жазмалар үстүндө иштеген көп жылдык тажрыйбабызда байкалгандарды эске алганда түп нуска укугундагы кол жазмаларга караганда сапаттык белгилери боюнча жана манасчы айткан үлгүгө жакындыгы жактан академиялык басылышта жарык көргөн тексттер алда канча сапаттуу, артыкчылыкка ээ. Анткени биринчиден – жазуу ишине түрдүү учурларда катышкан ар башка катчылардын көпчүлүгүнүн билим деңгээлинин өтө төмөндүгүнөн, экинчиден, жазуу иштери кыргыздардын өз тилине ылайыкташкан тамгалары жок, сөздөрдү жазууга байланыштуу орфографиялык, пунктуациялык, грамматикалык эрежелер иштелип чыга элек кездерде жүргүзүлгөндүктөн бул же тигил сөздү ар бир катчы өз билгениндей жазгандыктан жана ушул жагдайлардын натыйжасында туура эмес жазылуу, элементардык эле грамматикалык каталардын көп кетирилиши, сөздөрдү бузуп, туура эмес жазуу иштери арбын.*

*Тексттерди академиялык басылышка даярдоо ишинде кол жазмалардагы ошол кемтиктерди жоюп, текстологиялык иштер жүргүзүү аркылуу ыр саптарын манасчы өзү айткан үлгүгө жакындатуу максаты мойнуна жүктөлгөн атайын адис-айтуучу менен катчынын арасындагы калыс адам турду. Натыйжада, түп нускадагы ар бир күдүк туудурган же эки ача кабылдана турган учурлар атайын белгиленди, комментарияланды, өз сунушу айтылды.*

* * *

*«Манас» – көп варианттуу чыгарма. Бүгүн илимге анын үч негизги бөлүгүнүн сексенден ашуун варианттары белгилүү. Бирок ошол көп материалдардын көлөм, көркөмдүк сапат, эпоско таандык салттык туруктуу окуялардын ирээти менен берилип, толук камтылышы жактан баары бир кылка эмес – чаканы, көлөмдүүсү, кээде чыгармадагы калкка кеңири белгилүү болгон эпизоддордун бирин, же бир нечесин гана баяндагандары да бар. Ошондой эле көркөмдүк деңгээли боюнча да варианттар бири-биринен кандайдыр өлчөмдө, айрым учурларда орчундуу айырмачылыктарга ээ.*

*Көп материалдардын ичинен бирин бастыруу зарылчылыгы туулганда айрыкча академиялык бастырылыш сыяктуу өзгөчө орчундуу иш-аракеттерде, албетте, артыкчылык тандалуучулардын маанисине, баалуулугуна карата берилери адаттагы көрүнүш. Мындай учурларда баа-баркы жактан бир катарда турган үлгүлөрдүн арасынан айтуучунун жаш өзгөчөлүгү, тексттери кагаз бетине түшүрүлүү учурундагы айырма эске алынуу аркылуу артыкчылык берилүү бардык элдер арасында кабыл алынган илимдик салт.*

*Айткан вариантынын тексттерин академиялык басылышта тогуз китеп түрүндө жарыялоо иши аяктап жаткан чоң манасчы Сагымбай Орозбак уулу ошол илимдик салтта кабыл алынган негизги талаптардын баарына туура келип, биринчилик орунду ээлөө укугуна татыктуу адам. Манастаануу илимине белгилүү маалыматтарды эске алганда Сагымбай манасчы айткан вариантынын тексттери ирээти менен баштан-аяк кагаз бетине түшүрүлгөн биринчи айтуучу.*

*Ырас, эпостун окуяларынын сюжеттик нугу ирээти менен кагаз бетине түшүрүлүү, ал эле эмес китеп түрүндө жарыялануу, башка тилге которулуп басмадан чыгуу мурда да болгон – орус окумуштуусу академик В.Радлов кыргыз жергесинде болгон бир нече илимий экспедицияларында «Манастын» тексттерин жазып алып, ошол жазгандарын 1885-жылы транскрипцияланган орус тамгаларынын жардамы менен кыргыз тилинде Санкт-Петербургда жарыялаган. Ал тексттердин В.Радлов өзү немец тилине көркөм которгон үлгүлөрү ошол эле жылы Лейпцигде басылып чыккан. Бирок академик В.Радлов жарыялаган тексттер бир киши айткан вариант эмес, бери эле болгондо үч башка айтуучудан жазылып алынып, эпостун сюжетиндеги окуялардын жүрүш ыңгайына ылайык окумуштуу өзү бириктирген кошмо вариант (В.Радлов китептин кириш сөзүндө «Калевала» эпосун кайра түзүп жараткан окумуштуу Ленроттун эмгегин жогору баалап, кыязы, өзү да ар кимден уккан үзүндүлөрүнүн негизинде «Манастын» окуяларын толук камтыган үлгүсүн даярдоо аракетин көрсө керек).*

*Эпоско таандык андан мурда жана 20-кылымдын 20-жылдарына чейинки кийин кагаз бетине түшкөн башка тексттердин дээрлик бардыгы айрым эпизоддордун үзүндүлөрү. Демек, 1922-жылы башталып, төрт жылга уланып, 1926-жылы аяктаган аракеттин натыйжасы болгон Сагымбайдан жазылган тексттер эпостун биринчи бөлүмүнүн – «Манастын» окуяларынын кагаз бетине ирээти менен түшүрүлгөн илимдеги биринчи үлгүсү.*

*Ошондой айткан текстти толук жазылган манасчылардын арасында Сагымбай жашы жактан да улуусу. Ал эле турмак кийин өз вариантын айтып берип жаздырган манасчылардын басымдуу көпчүлүгү анын түздөн-түз ишин уланткан окуучулары.*

*Булардан башка да «Манас» эпосуна тиешелүү өз ойлорун айткан түрдүү элдердин өкүлдөрү болгон окумуштуулардын дээрлик бардыгынын бир ооздон айткан пикирлери боюнча эпостун бүгүн колдо болгон тексттеринин ичинен Сагымбайга таандык материалдар өзгөчө баалуусу жана өзгөчө зор көлөмдөн турган көптөгөн варианттардын арасындагы классикалык үлгүсүнө жатат.*

*Ушул жагдайлар эске алына эпостун илимге белгилүү варианттарынын ичинен айрыкча алгылыктуусун тандап, академиялык басылышта толук жарыялоо маселеси козголгондо биринчилерден болуп Сагымбай манасчы айткан тексттерге көңүл бурулган эле.*

*Кыргыздардын арасында ысымдары унутулбай кылымдар бою сакталып, таланты, атак-даңкы өзгөчө жогору даңазаланып, легендага айланган манасчылар аз эмес. Мисалы: «Манасты» биринчи жолу түрдүү кошоктордон курап, бүтүн чыгармага айланткан адам катары эскерилген Токтогулдан (ал адам Толубай сынчы, Жээренче чеченден да мурда жашап өткөн делет, аты Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол, Жээренчедей чечен бол – деген накылда бүгүн да кеңири айтылат) тартып, XIX–XX кылымдар аралыгында жашаган Акылбек, Келдибек, Чоңбаш (Нармантай), Чоюке, Тыныбек, Сагымбай, Саякбай ж.б.*

*Калк арасында чоң манасчы – чоң жомокчу наамына татыган ушул айтуучулардын ичинен кийинки экөө гана биздин учурубузга чейин жашап, айткан варианттары ирээти менен толук кагаз бетине түшүрүлгөн (билген адамдардын кыбө өткөнүнө караганда Сагымбай «Семетейди» өз колдоочусу катары эсептеп, эпостун бул баатырдын иштерине байланышкан экинчи бөлүгүн көркөмдүк жактан «Манастан» да алда канча жогору деңгээлде, окуяларын өзгөчө кызыктуу кылып айтчу экен, бирок ооруп калганына байланыштуу ал материалдар жазылбай калыптыр).*

*«Манас» эпосунун үч бөлүмүнүн сексенге жакын илимге белгилүү варианттары бар экендиги да, ошол варианттардын ар биринин илим, кыргыз калкынын маданияты, оозеки чыгармачылыгы үчүн өз орду, мааниси бар экендиги талашсыз чындык. Бирок*

*бизге белгилүү чоң жомокчулардын эң акыркыларынан болгон Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынын кагаз бетине түшүрүлүп калышын маданият, адабиятыбыздагы өзгөчө чоң ийгилик, кыргыздардын бактысына туш келген ырыскы катары баалоо оң. Анткени бул эскерилген эки текст болбогондо «Манас» эпосунун көлөмү, мазмунунун кенендиги, көркөмдүк өзгөчө деңгээли жөнүндөгү маалымат бааларды көрсөтмөлүү, кадиксиз фактыларга таянып, ишенимдүү далилдөө мүмкүн эмес эле, ар кандай айтылган сөз, берилген баа ишенимдүү фактыларга таянылган талашсыз чындык болбой, куру мактоо, көтөрө чалып көңүл үчүн айтылган жоромол ойлор түрүндө калмак.*

*«Манас» бүгүн биз билген деңгээлдеги көркөм чыгармалык курулушка жетишүүдө өзүнө тиешелүү өтө узак тарыхый жолду басып өткөн. Ушуга ылайык анын мазмунунда калктын башынан кечирген ар кыл окуялары, түрдүү доор – мезгилдердин уруттуу белги-көрүнүштөрү, издери чагылдырылган. Анын үстүнө оозеки айтылып, оозеки жашап сакталып келгендиктен окуялары болсун, сюжеттик курулушу болсун түрдүү чыгармачылык дареметтеги, ар башка шарт-учурдун өкүлдөрү болгон айтуучулардын иш-аракетине, эркине көз каранды абалдын таасири менен өзгөрүүлөргө дуушарланып, толукталып, же кыскартылып ж.б. түрдөгү «жаңылануу» процессин да баштан кечирген. «Манас» өзү бир чыгарма, бирок анын көп варианттуулук мүнөзү ушул жагдай менен шартташкан.*

*Көп варианттуу «Манастын» окуялар куруму жактан бирдигин камсыз кылып, бир чыгармалык мүнөзүн бекемдеп турган башкы түйүн анын сюжетиндеги туруктуу өзөк окуялардын тутумунун орун алышы.*

*Чыгармадагы жайгашуу ордун фабулдук принципке ылайык ирээти менен бергендеги «Манастын» биринчи бөлүмүндөгү туруктуу өзөк окуялар булар: акылман, баатыр жетекчисинен айрылган кыргыздарды күчтүү душманы басып алып, элдин чабылып-чачылганы; Алтайга айдалып барган Жакыптан Манас аттуу баатыр бала төрөлүшү, Манастын балалык учуру, алгачкы эрдиктери, Ала-Тоону баскынчы душмандардан бошотуу; Алмамбеттин окуясы; Манастын Каныкейге үйлөнүшү; Көзкамандар окуясы; Көкөтөйдүн ашы; Чоң казат, Кичи казат.*

*Туруктуу өзөк окуялардын чыгарманын ар бир вариантында бүт орун алышы да жана ошондой эле дайым бирдей ирээтте берилиши да милдеттүү шарт эмес, айрым окуялар бул же тигил вариантта орун албашы, кыскартылып айтылышы, же өзгөргөн үлгүдө берилиши да мүмкүн.*

*Илимге белгилүү варианттардын ичинен Сагымбай айткан вариант өз сюжетинде эпоско таандык туруктуу өзөк окуяларды дээрлик бүт камтыгандыгы жана ар бирин негизинен салттык үлгүдө кенен бергендиги менен айырмаланат.*

*Эпостун туруктуу өзөк окуялары камтылган жана башка чоң, чакан эпизоддор да кошулуп берилген Сагымбай манасчынын вариантынын сюжеттик схемасы бул түрдө: акылдуу, баатыр каны Ногой өлгөндөн кийин анын ордун ээлеген уулу уулу Орозду жөнсүз чыгып, элди тың башкара албай, эндекей жатып алганынан пайдаланып кыргыздардын мурдатадан өчмөндүү жоосу кол салып басып алат да, эл чабылып-чачылат. Ногойдун балдарын чогуу коюудан чочулап, туш-тушка бөлүп айдашат. Ногой кандын кичи уулу Жакып Алтайга айдалып барат.*

*Белгилүү манасчылардын илимге белгилүү варианттарынын басымдуу көпчүлүгүндө, негизинен, бири-бирине жакын баяндалган бул туруктуу салттык сюжет Сагымбайда окуялар башында кыска түрдө кара сөз түрүндө эскерилген. Бирок окуянын жүрүш нугу түрдүү учурлардагы Жакыптын, Байдын, Үсөндүн эскерүүлөрү аркылуу толукталып, башка варианттардакы сюжеттик нуктун жүрүшү толук көз алдыга тартылат.*

*Алтайга айдалып барган Жакып узак жылдар баласыз жүрүп, улгайып калганда жеңе аялы Шакан – Чыйырдыдан эркек балалуу болуп, аты Манас коюлат. Көптөгөн*

*жышаандар менен төрөлгөн Манас жашынан эле баатырдык сапаттары байкалып, кытай-калмак башкаруучуларына каршылык көрсөтүп, эрдик иштер жасайт. Натыйжада айылдаштары менен жакындары жана Манастын пайдасын көргөн айланадагы түрдүү уруу -элдердин өкүлдөрү чогулуп, аны кан шайлашат.*

*Бул сюжет да туруктуу өзөк окуялардын бири – ички деталдык белгилерде айрым өзгөчөлүктөр, айырмалануулар болгону менен негизги нук көпчүлүк учурларда бирдей. Мисалы, Манастын кан шайланышы Сагымбайда Алтайдагы көптөгөн уруу-элдердин чогулушунда жайчылык учурда өтсө, Саякбайда аны Алооке менен согуштун аягында Кошойдун сунушу боюнча ошол согушка катышкан эл шайлайт. Деталдык белгиси жактан айырмаланган менен көпчүлүк эл жаш баатырды кан шайлоо негизги белги катары эки вариантта тең сакталат. Башка варианттарда да ушул түрдө.*

*Жаңыдан кан шайланган жаш Манас анча көп эмес адам менен таятам Эштек менен учурашып, сары ногой элине таанышып келем – деп, аттанат да жолдо Манастын кабарын угуп, аны жок кылууга аттанган он бир дуу-ду калмак-кытай башкаруучуларынын көп колуна жолугуп, элине киши чаптырып кол чакырып, жоону жеңип, душмандардын курчоосунда калган таятасын эли менен куткарат жана он бир дуудунун үстүнө баса барып, аларды бүт бир-бирден жеңип, белгилүү башкаруучу Кайып даңдын баатыр, мерген кызын согушта жеңип туткунга алып, кыздын атасы менен жарашып, Карабөрккө үйлөнөт. Ушул окуялар учурунда катагандардын каны Кошой баатырга жолугат, ушундан тартып эки баатыр дайым бири-бирине жардамдаш болушат.*

*Бул сюжет Сагымбайдын вариантындагыдай деталдаштырылган кеңири мүнөздө баяндалбаса да көпчүлүк белгилүү тексттерде орун алган салттык белгилерден. Мисалы, Манастын Карабөрккө аны согушта жеңип үйлөнгөндүгү В.В.Радлов жазган тексттерде да:*

*«Кайып кызы Карабөрк*
*Кармап алдым талаадан» –*

*деген түрүндө эскерилет. Ал эми Кошой баатырдын Жаангердин уулу Билерикти туткундан бошотуусу жөнүндөгү маалымат көлөмдүү тексттер эле эмес чакан үзүндүлөрдө да көп эскерилген маалыматтардан.*

*Манас эли менен кеңешип Ата Мекени Ала-Тоону баскынчы душмандардан бошотуу үчүн атайын даярданып, көп кол алып аттанат. Ысык-Көлдүн (эпосто Кер-Көл делет) башы Текестеги Текес канды, Көлдөн Оргону, Чүйдөн Акунбешимди, Ташкендин каны Панусту жеңет. Панус менен согушта жергиликтүү кыргыздардын билерманы Көкөтөй бай кол курап келип, Манаска жардам берет. Алтайга колу менен кайткан Манас эл менен кеңешип, баары Ата Мекенине көчүп келишет. Анжияндын каны Алоокени багынтып, өзү келип кол салган Шооруk канды жеңип, тартууга келген Акылай аттуу кызын аялдыкка алат.*

*Бири-бирине тутумдаш, байланыштуу болгон окуялардын бул топтому да ички деталдык белгилеринде өзгөчөлүктөр болгону менен белгилүү манасчылардын тексттеринде да орун алган туруктуу сюжеттерден.*

*Сагымбайдын вариантында ушуларга улай ирээти менен айтылуучу Алмамбеттин баяны, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көзкамандар окуясы сыяктуу чоң-чоң эпизоддор да эпостогу кеңири белгилүү окуялардан. Ушул топтомго кирүүчү Айган кан менен согуш аттуу чакан бөлүм кийинки манасчылардын тексттеринде айтылбайт, бирок XIX кылымдын орто чендеринде кагаз бетине түшкөн В.В.Радлов жазып алып, жарыялаган тексттерде бул бөлүмдөгү окуянын сюжеттик курулушу эле эмес, көптөгөн майда деталдарына, ал турмак ыр саптарына чейин Сагымбайдын вариантына окшош. Демек, бул бөлүмдү да ушул негизге таянып туруктуу окуялардын бири деш жөндүү.*

*Советтик түзүлүш учурунда узак убакыттар боюнча Сагымбай манасчынын адресине катуу сындар айтылып, өз оюнан чыгарып эпоско кошуп койгон делип келген Манастын түндүк, батыш тараптарга барган жүрүштөрү да илимге белгилүү болгон кийинки маалыматтарга караганда мурдатадан эле айтылган сюжеттер өңдөнөт. Анткени Тыныбек манасчыга таандык деп эсептелген жакында кол жазмасы табылган тексттерде Алмамбет менен Чубактын жол талашкан чатагында Чубак Манаска карата айткан таарынычында бул турган кытай кул жокто эле мен жардам берип, каратып бербедим беле деп саналган эл, жер-суу, каармандар арасында ошол түндүккө, батышка жүрүштөгү көптөгөн аталыштар кезигет. Демек, Тыныбек айткан вариантта эскерилген окуялар, каармандар андан таалим алган Сагымбайда да эскерилсе, же деталдаштырылган сюжет катары кенен айтылса кийинки айтуучу аларды ойдон чыгарбай эле мурдатадан келе жаткан салтты улантткан, балким кеңейтип, толуктап, өз «редакциясында» айткан болушу да мүмкүн.*

*Сагымбай айткан вариантты жыйынтыктаган окуялардын топтому болгон «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң чабуул» («Чоң казат»), «Кичи чабуул» («Кичи казат») айтылган ар бир вариантта орун алган, же өзүлөрүнчө вариант түрүндө айтылып, эл арасына кеңири тараган.*

*Жогоруда кыскача саналуудан таасын көрүнүп тургандай, чыгармада орун алган окуялар мүнөзү жактан ар кыл, көп жактуу, бирок алар бир бүтүн катары кабыл алынып, бирдиктүү берилет. Аларды бирин экинчисине кошуп, бириктирип турган сызык Манастын өмүр жолу – варианттын тутумуна кирген ар бир окуя Манас, анын иштери менен байланышкан, Манас өзү түздөн-түз катышпаган эпизоддордо да сөз анын жакындары, жардамчылары жөнүндө болуп, негизги нукка Манастын өмүр жолуна баш ийдирилип турат. Ошон үчүн эпостогу башкы каарман – Манас.*

*Сагымбайдын вариантынын сюжеттик нугуна кирген окуяларды мүнөзүнө жана сырткы белгилерине карата согуштук аракеттер жана жай турмуш көрүнүштөрү – деп, эки чоң топко бөлүүгө болот (бул сөз болуп жаткан бир эле вариантка мүнөздүү белги эмес, эпостун материалдарынын баарына таандык көрүнүш).*

*Чыгарманын материалдарын бул түрдө бөлүү, албетте, шарттуу. Анткени эпос реалдуу турмуш көрүнүштөрүн чагылдырат. Ал эми эпос негизделген, калыптанган тарыхый шарттагы турмуш чындыгында элдин жашоосу жай турмуш, согуштук аракеттер делип кескин ажырымдалбай, аталган көрүнүштөр бири-бирине аралашып, тез жана күтүүсүз алмашып, бирин бири улап турган. Анткени ошол кездеги эл жашаган доор – баатырдык доор, согуш адамдардын кесиби, калктагы бүт эр бүлө, ал гана эмес зарыл болгондо ургаачылар да колуна курал алып, жоокердин милдетин аткарат.*

*Согуштук аракеттерди да мүнөзүнө, сырткы белгилерине карата бир нече топторго бөлүүгө болот. Эпосто көбүрөөк орун берилгендери алардын ичиндеги баскынчылыкка каршы туруу жана Мекенди бошотуу, потенциалдуу душмандын мизин кайтаруу үчүн алдын-ала каршы туруу. Булардан башка да жортуул – олжо алуу үчүн аттануу, майда чыр-чатактар, өч алуу, күчүн көрсөтүү ж.б. түрдөгү аракеттер арбын.*

*Баскынчылыкка каршы туруу аракеттери чыгарманын башталышындагы Ногой өлгөн соң кыргыздарды кытайлар басып алуудан башталат. Бирок кыргыздардын өздөрүнүн биримдиги жоктугунан жана эл башкаргандардын жөндөмсүздүгүнөн жоого каршы тура албай жеңилип, чабылып-чачылат. Качан Манас баатыр төрөлүп, эрезеге жетип, бой тарта баштаганда гана анын элине зомбулук көрсөткүсү, өзүн жоготуп, же туткундап кеткиси келген алтайлык калмактар, Нескара, Нуукер, Шооруk, Алооке ж.б. баскынчыларга жаш баатыр баштаган эли каршылык көрсөтүп, тиешелүү жообун берет. Өзгөчө көп адамдар катышкан кандуу согуштарга варианттагы эки чоң эпизод мүнөздүү: Ала-Тоону душмандардан бошотуу жана өчмөндүү жоо Коңурбайдын*

*мизин кайтаруу үчүн «Чоң чабуулга» аттануу. Олжо алуу үчүн аттанган жортуул-жүрүштөрдүн катарына түндүккө, батышка аттануу, Айган канга каршы согуш ж.б. кирсе, өч алуу, күч көрсөтүү максатындагы майда чыр-чатактардын катарына «Көкөтөйдүн ашындагы» кытайларга чабуул, же ошол эле аштын аягындагы байгени тартып кеткен кытай-калмактарга каршы эч алуу үчүн кубалап барып согушуу, же кайындарына таарынган Манастын Кыйбага чабуулу ж.б. сыяктуу аракеттерди кошсо болот.*

*Ар бир согуштук аракеттердин, айрыкча алардын көптөгөн адамдар катышкан, чоң окуя катары кеңири деталдаштырылып берилген үлгүлөрүнүн курулуш структурасы – өнүгүш жолу, туруктуу белгилери бар. Жоого аттануу зарылчылыгы туулса ал маселе атайын жыйында жалпы элдик, эч кур дегенде эле ата уулулар, аксакалдар, уруу-уруk башчылары катышкан топто талкууга алынып бүтүм чыгарылат, кол топтолуп, жыйылган эл эсептен өтүп, жүрүшкө жарактуулар тандалып алынат – оорулуулар, майыптар, жашы жете электер менен карылар элине кайтарылып, калган кол өзүнө атайын согуштук кан шайлап, жолго аттанат. Колдун ички түзүлүшү туугандык, же ымалаштык белгилерине карата топ-кошко бөлүнүп, баарыга таандык негизги белгиси – кандык туу. Душмандардын туругуна жеткүдөгү ыраак жана татаал жол, андагы тоскоолдуктар менен кыйынчылыктар, жоонун кароолчуларын жазгыруу, же жок кылуу, адатта, айтуучунун баяндамасы, же катышуучулардын башынан кечиргендерин сүрөттөө жолу менен жүзөгө ашырылат.*

*Душман менен беттешүү – согуштук аракеттердин да өзүнө жараша салттык белгилери бар. Кармашуу бетме-бет жайгашкан эки тараптан айрым баатырлар жекеге чыгып, беттешүүдөн башталат. Адатта, катардагы анча белгилүү болбогон баатыр, балбандар согушуп, бара-бара улам кыйыныраактар чыгып, акырында Манас, же өзгөчө белгилүү баатырлардын бири менен душмандын мыкты баатыры кармашат. Аракеттин кульминациялык чеги эки колдун аламан урушуна айланат жана ошол чечүүчү кармашта ким үстөм болсо жеңишке жетет. Ар бир кармаш – согуш эки элдин жарашуусу, жеңилгендер жеңгендерге тартуу түрүндөгү олжо берүү менен аяктайт.*

*Бул курулма – түзүлүш Ала-Тоону душмандардан бошотуу, же «Чоң чабуул» сыяктуу кеңири пландагы, деталдаштырылып берилген чоң-чоң окуяларда эле эмес, салыштырмалуу чакан согуштук аракеттерде деле негизинен сакталат. Ал турмак мүнөзү боюнча башка болгон баскынчылык аракеттерде да башталышы, аягы өзгөчөлөнгөнү менен көптөгөн элементтер бирдей, мисалы, душман басып киргенде ымалалаш, туугандык жайы бар эл, урууларга кабар айтылып, жардам суралат. Куралып келген кол менен баскынчылардын беттешүүсү жалпы кабыл алынган нукта, ал эми окуя, адатта, жеңилген жоонун кыргын тапкандан калганы качып кетүү, же сага эл болобуз – деп Манаска кошулуу менен бүтөт.*

*Сагымбай манасчы вариантында согуштук аракеттердин бардык деталдарын дайым бир калыпта, бири-бирине коёндой окшош түрдө кайталабайт, чыгармада ар бир окуянын ички деталдары өзгөртүлүп, аракеттердин нугу да айырмачылыктар менен, мурдагы көрүнүш кийинкисинде кайталанбай, өзүнчө белги – көрүнүштөргө тушуктурулуп берилет. Бул аркылуу окуялардын кызыктуулугу арттырылып, чыгармадагы көркөмдүк деңгээлдин арбышына жетишилет.*

*Варианттагы жай турмуш көрүнүштөрү да ар кыл, көп жактуу. Чыгарманын мазмунунда орун алган маалыматтар мал чарбачылыгы менен жан сактаган көчмөн эл кыргыздардын майдадан чоңго чейинки бардык жашоо тиричилиги жөнүндө кабар берет. Бетеге белден бураган, элиги эркин сулаган, чөбү калың, суусу тунук: будур-будур жерлери, будурмак артыш белдери, будурдун чөбү суюлган, бугусу кумдай куюлган, адырдын чөбү суюлган, аркары кумдай куюлган жерлерди туруктап:*

*«Өзөндү бойлой конушуп,*
*Өз алдынча болушуп,*
*Жайлоого жакын конушуп,*
*Жай-жайынча болушуп,*
*Өлкөдөн ую өкүрүп,*
*Өтөктө төөсү бакырып,*
*Ар кайсысы ата уулу*
*Өз ураанын чакырып»,*

*бай, жыргалдуу жашоо эпостогу идеалдуу жай турмуш картиналары. Албетте, буга карама-каршы келген баскынчылардан кордук көрүп, чабылып, чачылып, туш-тушка айдалып, бири кетип Иренге, бири түшүп кетип тереңге кыйыңга калуу элестери да бар.*

*Жай турмуш көрүнүштөрүнө кирген мал багуу, айрыкча жылкы, кой багуунун элес көрүнүштөрү деталдаштырылып сүрөттөлүү учурлары да аз эмес. Ошондой эле кийим, үй жасалгалары ж.б. тиккен уздардын, жыгач, темир уста, зергерлердин чеберчилиги кеңири сүрөттөлөт. Мыкты курал-жарак жасаган усталар жогору бааланып, ардакталат.*

*Элдин жашоосундагы жай турмуш көрүнүштөрүнө жата турган кубанычтуу ишке байланышкан тойлор менен адам өлүмүнө тиешелүү аш берүү жосундарын сүрөттөөгө чыгармада кенен орун берилген.*

*Той, адатта, бала төрөлүүгө, түлөө түрүндө ийгиликтүү аяктаган маанилүү ишке, кубанычка (Манастын төрөлүшү, ат коюу, Манастын Карабөркке, Каныкейге үйлөнүшү, Алмамбеттин Манаска келиши ж.б.), аш адам өлүмүнө (Көкөтөйдүн ашы, Манастын өлүмү ж.б.) байланыштуу өткөрүлөрүнө карабастан бул эки топко кирген салттык жосундардын уюштурулуш, жүрүш белгилери боюнча бир кыйла жакындыктары да бар. Мисалы, экөө тең жакындар, ымалалаштар менен кеңешүүдөн башталып, даярдык көрүү, эл чакыруу, конок күтүү, ат чабыш, башка оюндар көргөзүү, сый тамак берүү, келген элдин тарашы ж.б. сыяктуу жөрөлгөлөр эки учурда тең орун алат. Ошондой эле ар бир топтогу жосундардын даярдалыш, аякташ жана жүрүшүндө өзүнө ылайык белги-көрүнүштөрү да бар.*

*Варианттын сюжеттик курамына кирген окуялардын алкагы ушул кыскача саналган нук менен эле чектелбейт, санакка кирбей калган көлөмдүү, чакан сюжеттер алда канча арбын.*

*Сагымбай айткан варианттын мазмунун терең талдоого алуу, өзүнчө, атайын иштин милдети. Бул чакан макалада бастырылыштын негизги максатына байланышкан проблеманын айрым багыттары гана учкай белгиленип, үстүртөн сыпатталды. Чыгармада берилген баа бүтүндүк мүнөзгө ээ болуш үчүн жеке эле анын мазмуну гана эмес, формасы – көркөмдүк касиеттери да эске алынуу шарт.*

*Эпос боюнча пикирлерин айтышкан изилдөөчүлөрдүн дээрлик баарысы Сагымбайдан жазылган тексттердин көркөмдүк деңгээли башка варианттарга салыштырмалуу жогору экендигин баса белгилешет.*

*Мындай баа-бүтүмдүн ырастыгын далилдөө көп күч, терең, кеңири талдоолор жүргүзүлгөн атайын эмгекти талап кылар эле. Анткени чыгарманын, айрыкча элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнө жата турган эпостун, көркөмдүк касиети түшүнүгү көп кырдуу, өзгөчө татаал проблемалардын бири. Анткени эпостун, ошонун ичинде бул, же тигил варианттын көркөмдүгү жөнүндө сүйлөөдөн мурда ал тексттеги мындай касиеттердин жекелик жана салттык маңызынын башын ачып, кайсыл белги – көрүнүштөр тексттин ээси – жеке айтуучуга, ал эми кайсылар мурдатадан келе жаткан салттык – жалпылык мүнөздөгү табылгаларга жатарын ажыратуу, эч кур*

*дегенде экөөн чаташтырбай, бири-бирине оодарып жибербей сак, калыс, кылдат мамиле кылуу зарыл. Мисалы, Сагымбайдын вариантында элестүү, таамай айтылган сөздөрү ийкемдүү – кооз ыр саптары арбын. Ошол эле учурда андай ыр саптардын аз эмес бөлүгү манасчы өзү туула электе кагаз бетине түшүрүлгөн Ч. Валиханов, В.В. Радлов жазган, жарыялаган тексттерде сөзмө-сөз кайталанган түрдө жолугат. Андай, же аларга жакын ыр саптардын үлгүлөрү башка, Сагымбай менен доорлош, же андан кийин жашаган айтуучуларда да кездеше берет. Айрым клише түрүндөгү портреттик сыпаттамалардан тартып, чыгарманы көркөмдөөтүнүн ыктары менен каражаттарына жата турган көптөгөн белгилер бир нече манасчыда эле эмес, дээрлик бардык айтуучуларда бирдей, окшош болуу кеңири жолугуучу, адаттагы көрүнүштөрдөн. Мындай абал жалпы оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү, айрыкча эпостордун жаралыш, айтылыш, жашаш процесстеринде салттуулук мүнөздүн өзгөчө ролу, мааниси менен түшүндүрүлүүчү нерсе. Ошентсе да «Манастын» бардык варианттарынын көркөмдүк деңгээли бир кылка, бирдей эместиги талашсыз чындык. Демек, салттуулук мүнөз канчалык чоң роль ойноп, чечүүчү мааниге ээ болсо да, жеке таланттын өзүнчө салымын, аз эмес үлүшүн эсептен чыгарып салуу мүмкүн эмес. Буга Сагымбайдын варианты таасын күбө.*

*Сагымбай чоң жомокчу – улуу манасчы катары өз вариантын жаратууда мазмунда болсун, формада болсун эпостун көптөгөн таланттар тарабынан иштелип чыгып, калыптанып, үзбөй пайдалануудан салтка айланган белгилерди кеңири пайдаланганы талашсыз чындык. Анын вариантынын ийгилиги эң алды менен ушуга шарттunion.*

*Ошентсе да биринчиден, салттык мыкты белгилерди туура тандап, ыгы менен зарыл учурда пайдалана билүүнүн өзү зор чеберчиликти, талантты талап кылган чоң ийгилик. Анын үстүнө Сагымбай жана Саякбай сыяктуу жогорку деңгээлдеги жомокчулар салттык белгилерди устаттык менен пайдалануудан башка да аларды тактап, кеңейтип, байытып өркүндөтөт, өз табылгаларын кошот. Мисалы, чыгарманы көркөмдөөтүнүн ыгы жактан да, көркөм каражаттары жактан да Сагымбай башкаларга үлгү болуп, анын табылгалары салтка, салттык туруктуу белгиге айланган учурлар арбын. Алсак, мурдагы манасчылар «Семетей» бөлүмүндө айтышкан «Көкөтөйдүн ашын» Сагымбай биринчи болуп «Манас» бөлүмүнө, логикалык өз ордуна алып келип айтып жаздырган. Бул ык андан кийинки айтуучуларга кенен жайылып, башкалар турмак чоң манасчылардын бири Саякбай да өз вариантын кагаз бетине жаздырганда эпостогу бул белгилүү эпизодду «Семетейдин» сюжетине киргизсе, кийинчерээк ал айткан тексттерди экинчи, үчүнчү жолдору магнитофондук лентага түшүргөндө Сагымбай айткан үлгүдө айтып берген. Же ошондой эле жалпы кыргыз поэзиясында салыштыруунун классикалык үлгүсү катары бааланып калган Сагымбайдын Манастын портретин түзүүдөгү «Алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй, Айың менен күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй...» делген атактуу ыр саптары мурдагы айтуучулардын тексттеринде эч жерде жолукпаса Сагымбайдан кичүү, кийинки манасчылар Саякбай баш болуп кеңири, болгондо да эпостогу салттык белги катары кеңири колдонушат. Экинчиден, Сагымбайдын вариантында улуу талант, чыгармачыл инсан катары айтуучунун даана байкалып, көзгө урунуп турган өз табылгалары да арбын. Мисалы: Сагымбайдын вариантынын кагаз бетине түшүрүлгөн тексттерин кунт коюп окуган ар бир адамга дароо көзгө урунуп, даана байкалып турган белги сөздөрдүн тактыгы, ыр саптарында ашыкча, же керексиз, мазмундун ачылышында жүк көтөрүп, атайын милдет аткарып турбаган, ошондой эле ыксыз кайталанган сөздөрдүн, саптардын жоктугу.*

*Сагымбай айткан тексттердеги көңүл коюп баамдаган адам оңой байкай алуучу көркөмдүк касиетке жатуучу белгинин дагы бири ыр саптарындагы ийкемдүүлүк – ыргак менен уйкаштыктын жатыктыгы, натыйжада саптар куюлушуп, шар айтылып, өзүнөн өзү күүгө келип – музыкалуулук жаралып туруушу, ыр саптарындагы ыргакка*

*так, толук туура келген жумшак, ийкемдүү уйкаштыктын бап келип, бирин бири коштоп туруусу.*

*Ыр саптары синтаксистик курулушу жактан ойдун бүтүшүнө жараша сырткы курулушу боюнча эмес, ички мазмун жактан байланышып турган топтордон турат. Топко кирген саптар формасы боюнча өлчөм, сан-ченге баш ийбейт, ошондой эле жөн гана уйкаштыкты ээрчип, ал бүткүчө созула берүү, натыйжада айтылуучу маңыз-мазмундун чаржайыт, көп жактуулугу да, уйкаштык да, ыр топтомдорунун сандык өлчөмү да ой-маанинин так ачылышы үчүн кызмат кылып, мазмунга баш иет. Ыр топтомундагы саптар ар түрдүү болгондуктан көпчүлүк учурда уйкаштыктын аралашма, көп жактуу, көп түрдүү формасы кенен учурайт. Бирок бул так эреже эмес, анткени бир мазмунду баяндаган ыр топтомуна кирген саптардын саны да ар түрдүү – кээде кош саптан тартып, төрт, алты, сегиз ж.б. болушу мүмкүн. Ыр саптарынын жуп сандагылары эле эмес, сейрек болсо да кээде так сандагы ыр топтору да кездешет.*

*Чыгарманын мазмунун түзгөн окуяларды – кыймыл-аракеттерди, көрүнүштөрдү чагылдырууда Сагымбай манасчынын вариантында сүрөттөө, баяндоо, окуяга катышуучулардын сөзү менен берүү каармандардын атынан сүйлөө ыктары өзгөчө кеңири жолугат.*

*Сагымбай көркөм каражаттардын кеңири тармагынын дээрлик бардык түрлөрүн чебер ыгы менен көп колдоно алган сүрөткер. Айрыкча анда салыштыруунун түрлөрү көп кездешет.*

*Сагымбай манасчынын вариантынын көркөмдүк касиеттерин терең, кеңири мисалдар менен коштоп талдоо өтө узакка созулуучу, ары татаал, ары арбын убакыт талап кылуучу, көлөмдүү эмгек түрүндө жүзөгө ашырылуучу иш. Бул уникалдуу тексттин мазмуну менен формасын бирге карап, кеңири талдоого алуу кезеги да келер. Азыр басылыштын мүнөзүнө ылайык пикир айтылуучу чакан макаланын максаты да, алкагы да терең талдоо милдетин аркалай албайт.*

*Ошентип, калкыбыздын улуу мурасынын мыкты тексттеринин биринен болгон чоң жомокчу Сагымбай айткан варианттын академиялык мүнөздөгү толук тексттеринин жарыяланышы кыргыз маданиятында, көркөм сөз өнөрүндө олуттуу, бүткүл жумуруятыбызга зарыл керек иш эле. Ушундай иштин азап-тозогуна, машакаттуу, татаал эмгегине карабай жүзөгө ашканы үчүн Аллага шүгүрчүлүк кылабыз!*

*«Манастын» манастык баа-наркынын таасын ачылышында чечүүчү ролдордун бирин ойноочу ушул варианттын кагаз бетине түшүрүлүп, келечек муундарыбыз үчүн сакталып калышында тексттерди жазуунун демилгечиси болгон Кайым Мифтаковдун, катчы Ыбырай Абдыракмановдун, айрыкча ошол өзгөчө маанилүү иштин баркын, келечегин туура түшүнүп, материалдык да, моралдык да колдоо көргөзүп, ошол азаптуу иштин аягына ийгиликтүү чыгышы үчүн чечүүчү роль ойногон кыргыздын белгилүү, мыкты уулдарынын бири Ыбырай Тойчуновдун арбагына баш ийип, таазим этип, Жараткандан аларга ырайым тилейбиз.*

*Кыргыз журтчулугуна, келечектеги урпактарыбызга калкыбыздын улуу мурасын, анын үлгүлөрүнөн болгон бул басылыштын китептерин урматтай билип, кылдат, этибар мамиле кылып, терең үйрөнүп, анда кезинен асыл ойлорду жадыда сактап, адеп-ахлактын мыкты салттарды жогору баалап, жашоо тиричиликте кеңири пайдалана билүүгө кеңеш берер элек.*

*Басылыш кыргыз илиминде эле эмес, дүйнө элдеринин көбүндө кезикпеген, же сейрек учуроочу жаңы кадамдардан. Мындай иште кемчилик-мүчүлүштүктөрдүн болуусу адаттагы нерсе. Бул багытта кеп-кеңеш айткандарга ыракматтан башка дообуз жок.*

**Самар МУСАЕВ**

# МАЗМУНУ

## «МАНАС» – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БААТЫРДЫК ЭПОСУ


**8-КИТЕП**

*Акматалиев А.* Манастаануучуга таазим! ......4
*Мусаев С.* Киришүү ордуна........................ 5
**Көкөтөйдүн ашы**
Көкөтөй ооруп, өлөрүндө айткан керээзи ....10
Көкөтөй өлгөндө уулу Бокмурун Манаска кеңешке барганы ....................................36
Бокмурун элге кабарга жибергени. Көкөтөйдү койгону ................................38
Бокмурун Көкөтөйгө аш берүү үчүн элди чогултуп, кеңеш кылганы ......................58
Бокмурун Көкөтөйдүн ашын берүүгө элин жалпы көчүрүп Каркырага барганы ........61
Бокмурун Мааникерди мингизип, Айдарга эл чакыртканы ..........................64
Көкөтөйдүн ашына элдин келип түшкөнү ..............................................77
Көкөтөйдүн ашына Манастын келгени........82
Коңурбай Бокмурундан Мааникерди өкүм менен сураганы ....................................88
Аттарды чубатууга салганы, байгени элге угузганы............................................ 103
Жамбы атылганы .................................. 112
Кошой менен Жолойдун күрөшкөнү. Жолойду Кошой жыкканы ................... 121
Ороңгунун төө чечип алганы, таз чабышканы .................................. 149
Манас менен Коңурбайдын сайышы. Манас Коңурбайды сайганы.................. 153
Эр эңишкени.......................................... 167
Чапкан аттардын келгени........................ 169
Кытай-калмак байгеге зордук кылып, уруш болгону ...................................... 177

**ЧОҢ ЧАБУУЛ**

Манас баатырдын Чоң Бээжинге барганы ............................................. 195
Жети кан куралып Манаска кылмак болуп кеңешкени................................ 195
Элчилердин Манаска барып учураганы ..... 206
Манас баатырдын астына барган элчилердин кайтып, көргөн-билгендерин өздөрүнүн кандарына айтып барганы..... 213
Кандардын Манаска барып жолугушканы, аларды Манас кандай күткөнү ........................................ 220
Кандарды жыйып алып, так үстүндө Манастын айткан сөзү.......................... 237
Манас баатыр өзүнүн жылкыларын колго талатканы, колдун аттанып Бээжинге жөнөгөнү ............................................ 253
Манас баатырды кырк чоросу менен үйүнө кайта түшүрүп, Каныкейдин айткан сөздөрү жана кырк чорого берген кийим-кечелери ........................ 258
Алмамбет баатырды кан көтөргөнү, Алмамбет аскерди башкарганы ............ 277
Аскердин жолдо бара жатканы. Кыргыз чалдын атка жүрө албаганы ..... 288
Алмамбет баатырдын чалгынга Сыргакты ээрчитип барганы ........................... 312
Алмамбет баатыр Манаска Бээжинди көрсөтүп, арман айтканы ...................... 364
Макел Малгундун Алмамбеттен өлгөнү..... 369
Алмамбет баатыр Сыргакты ээрчитип, Бээжиндин ичине батыра чалгын чалып барганы, күн жайлап Бээжинге кар түшүргөнү ................................ 389
Алмамбет баатыр атасынын сарайын, жери-суусун көрүп, арман кылганы ...... 407
Алмамбет баатыр Карагулга жолугуп, Карткүрөңдү жылкыга кошуп, жылкыны алганы ............................... 411
Коңурбай жылкынын аркасынан келип урушканы.......................................... 422

**9-КИТЕП**

*Мусаев С.* Киришүү ордуна ...................... 470
Тексттер
**КИЧИ ЧАБУУЛ**
Манас баатырдын баласы жоктуктан арман кылганы ................................... 483
Семетейдин туулганы. Дүйүм журтту чакырып той берип, ат койдурганы ....... 498
Той үстүндө чоңураак айтам деп Коңурбай кайтып тартуу тартып, Манас менен жарашканы ..................... 527
Манас баатыр ажыга бармак үчүн кандарды чакырып кеңеш кылып амандашканы, ажыга жөнөгөнү ........... 540
Манастын ажыга кеткенин угуп, элин чаап, өч алмак үчүн кытайлардын кеңешкени...................... 550
Кытай Манастын элине чабуул койгону .... 572
Кытай урушуп жатканда Манас ажыдан келип калып, урушууга кол жыйганы ..................................... 597
Урушта Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргактын шейит болгону, Каныкейдин кошогу ............................ 615
Манаска күмбөз салдырганы................... 632

**Тексттерге тиркемелер**
1. Жолдош Ленинге ылайык.................... 635
2. Манас баатырдын бешинчи казаты ....... 640

**Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү**........... 695
Сегизинчи, тогузунчу китептерге кирген окуяларда кездешкен адам аттары ........ 749
Сегизинчи, тогузунчу китептерге кирген окуялардагы эл – уруу аталыштары ...... 761
Сегизинчи, тогузунчу китептерге кирген окуяларда эскерилген топонимдер......... 765
*Мусаев С.* Соңку сөз.............................. 778

*Көркөм-адабий басылма*

# МАНАС

**Кыргыз элинин баатырдык эпосу**

**САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВДУН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА
АКАДЕМИЯЛЫК БАСЫЛЫШЫ**

**8- жана 9-китеп**

Даярдаган ***Самар МУСАЕВ***

***Абдылдажан АКМАТАЛИЕВДИН жалпы редакциясы астында***

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Мукабасын көркөмдөгөн *Рахим Төлөбеков*
Компьютерде терип, калыпка салган *Рая Терибаева*

Терүүгө 16.04.2014-ж. берилди.
Басууга 25.07.2014-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $84x52^1/_8$.
Көлөмү 50,0 басма табак.
Заказ № 1207. Нускасы 1000.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1